**Кыргыз Республикасынын Билим жана илим министирлиги**
**Кыргыз Республикасынын И.Раззаков атындагы**
**Мамлекеттик техникалык университети**

**Башкаруу жана бизнес институту**

**Абдымаликов Кыдыр**

# Кыргызстандын экономикасы

*(өткөөл мезгилде)*

**“Улуу тоолор”**
**Бишкек–2016**

УДК 338
ББК 65.9 (2 Ки)
А13

**Абдымаликов Кыдыр**

А13 Кыргызстандын Экономикасы (өткөөл мезгилинде) Б. “Улуу тоолор” 2016, 756 б.

Расмий рецензенттери: э.и.д., профессор И.А.Атантаев
э.и.д., профессор Ж.Ж. Жумабаев

ISBN 978–9967–13–711–0

Рыноктун шартына өтүү мезгилинде Кыргызстандын экономикасынын негизги маселелери толук түрүндө каралган. Бул окуу китебинде рынокко өтүү жолдору, менчиктештирүү процесси жана алардын формалары, экономиканын макроэкономикалык абалы, өндүрүш тармактарынын экономикасы, башкаруу тутуму, финансы көрсөткүчтөрү, суу жана эмгек ресурстары, жумушсуздук, ишкерчиликтин өсүшү, социалдык саясаты, ден соолукту сактоо, билим берүү ж.б. маселелер толук берилген.

Окуу китеби экономика адистиги боюнча студенттерге, аспиранттарга, мугалимдерге, ошондой эле илимий жана практикалык кызматтагыларга арналган.

Окуу китеби “Экономика жана финансы” кафедрасынын КМТУ И.Раззаков атындагы Башкаруу жана бизнес институтунун Окумуштуулар Кеңешинин чечимдеринин негизинде басмадан чыгарылган.

А 0605010411–10
УДК 338
ББК 65.9 (2 Ки)
ISBN 978–9967–13–711–0
© К.Абдымаликов, 2016

# КИРИШ СӨЗ

Өндүрүш ресурстарын эффективдүү пайдаланууда аралаш рынок тутуму практика жүзүндө толук көрсөттү. Ошондуктан Кыргызстан 25 жылдан бери ушул рынок тутумуна өтүүнүн үстүндө. Бирок, бул рынокко өтүүдө көп орчунду экономикалык проблемалар толугу менен чечиле элек.

Бул окуу китебинде рынокко өткөөл мезгилинде Кыргызстандын экономикасына иликтөө жүргүзүү жана анын келечек багытын талдоо бүгүнкү күндүн орчундуу маселеси. Экономикалык реформа мезгилинде улуттук экономика болуп көрбөгөндөй каатчылыкка кабылган. Акыркы жылдарда, Кыргызстан Өкмөтү каатчылыктын тийгизген таасиринен кутулуу жана экономиканы турукташтыруу иштеринин негизинде, калктын жашоо–турмушу оңоло баштады. Экономикада тармактар арасында жана социалдык–экономикада орчундуу өзгөрүүлөр жүрдү жана жүрүп жатат.

Республиканын экономикасын өркүндөтүүдө өнөр жай, айыл–чарба тармактары, транспорт–байланыш, курулуш, каржы бюджети, банк тутуму, акча–каражаттын кыймылы, мамлекеттик башкаруу, эмгек ресурстарын пайдалануу, ишкерчиликти арттыруу, социалдык саясатты жакшыртуу жана башка проблемалар – негизги маселелер.

“Кыргызстандын экономикасы” окуу китеби республиканын экономикасынын өткөөл мезгилде өнүгүүү тенденциясын, рынокко өтүү жолдорун түшүндүрүүнү жана чет өлкөлүк аралаш рыноктун жакшы жагдайларын иш жүзүндө колдонууну кеңири камтыган.

Окуу китеби ар түрдүү максатта багытталган: студенттерди окутуу, лекциялык практикалык сабакка даярдануу, курстук жана дипломдук иштерин аткарууда кеңири колдонулат.

Ошондой эле экономикалык жогорку окуу жайлардын мугалимдерине, аспиранттарга, квалификациясын жогорулатуу курстарына, практика жүзүндө иштеп жаткан чарбалык адистерге арналган.

# БАП I

# ӨТКӨӨЛ МЕЗГИЛДЕ МЕНЧИКТИН ӨЗГӨРҮШҮ (ТРАНСФОРМАЦИЯСЫ)

## §1. Экономикалык катнаш тутумунда менчик жөнүндө

Адам адамдар менен тыгыз биргелешкен байланышта. Эмгектин жыйынтыгы пайдаланат жана өндүрөт. Мына ушунун негизинде, менчик экономиканын категориясы– бул элдин өз ара катнашынын негизинде материалдык байлыкта өзгөчө формадагы менчиктештирүү, айрыкча өндүрүштүк каражатты менчик–тештирүү.

Коомдук катнаш системасында менчик жөнүндө толук түшүнүш үчүн менчиктин ордун табуу абзел:

**Биринчиден,** бардык коомдук катнаштын негизи– менчик. Менчиктин бекитилген мүнөздүү формасына жараша, пайдалануу, бөлүштүрүү, алмаштыруу формалары бири–бирине түз байланыштуу. Демек, рыноктун экономикада өздүк менчик басымдуулук кылат.

**Экинчиден**, коомдо бөлүнгөн топтордун, класстардын, катмарлардын абалы менчикке байланыштуу, ошондой эле бардык өндүрүш факторлорун пайдаланууга мүмкүнчүлүк алат.

**Үчүнчүдөн**, менчик историялык өнүгүүнүн жыйынтыгы. Анын формасы өндүрүш ыкмасынын өзгөрүшү менен өзгөрүп турат. Демек, бул өзгөрүүлөрдүн негизги себеби эмгек өндүрүмдүүлүгү болуп эсептелет.

**Төртүнчү**, кайсы гана экономикалык системасы болбосун менчиктин басымдуулук түрлөрү кездешет. Ошондой эле ага жараша менчиктин башка түрлөрү болууда. Менчиктин ар түрдүү формасынын негизинде жана алардын бири–бири менен байланышы коомдун өнүгүүшүнө түздөн–түз таасирин тийгизет.

**Бешинчи**, менчиктин бир формасынан экинчи формага өтүшү ар түрдүү жол менен жүрүшү мүмкүн:

**Эволюциялык жол**– атаандаштык жол менен менчиктин негизги формасына акырындык менен өтүү;

**Революциялык жол–**менчиктин формасына зордукчулук жол менен өтүү. Мисалы, Кыргызстанда–өздүк менчик форма–сына өтүү.

1917–жылдан баштап биздин өлкөдө жана мурунку союзда, бардык экономикалык тармакта өздүк менчик таптакыр жоюлган. Мисалы, айыл чарбасында кооперативдер жана өнөр жайында, транспорт байланышта, соода жана тейлөө тармактарында коомдук менчиги түзүлгөн.

Жыйынтыкта коомдук чарбалык тармакта, негизги менчиктин формасы мамлекеттик болгондуктан анын эффективдүүлүгү рыноктук экономикага караганда бир кыйла төмөн болгон. Жыл өткөн сайын эмгек өндүрүмдүүлүгү төмөндөп, фондто кайтарымдуулук төмөндөп, продукциянын материалдык сыйымдуулугу өскөн. Административдик органдары бардык менчик түрлөрүн өз билгендей башкарган. Ошонун негизинде колхоздук (кооперативдик) менчик демократиясы формалдык мүнөздө болгон. Колхоз өзүнүн өндүрүлгөн продукциясына ээ болгон эмес.

**Менчиктин экономикалык кызыкчылыктары**. Менчик проблемасы экономикалык кызыкчылыктар менен тыгыз байла–ныштуу. Кайсы гана коом болбосун экономикалык кызык–чылыктын чаташкан түрлөрү орун алган. Мисалы, өздүк менчик, продукциясын өздүк наркын, эмгек акынын төмөндөтүүнүн, продукциянын баасын жогорулатуунун негизинде жогорку (максимум) пайда алышы керек болсо, ал эми жалданып иштеген жумушчулар пайданын көлөмүнө карабастан, эмгек акыны жогорулатуу кызыкчылыктары үстөмдүк кылат. Мындай эконо–микалык кызыкчылыктын карама–каршылык мүнөздөрү атаан–даштыктын бардык түрлөрүндө кездешет. Бирок, өздүк менчик (ишкерчен), керектөөчүлөрдүн кызыкчылыгын көздөбөстөн, өзүнүн кызыкчылыгын көздөшү – рыноктун түздөн–түз мыйзамы.

Өткөөл экономикалык шартта ар түрдүү кызыкчылыктар кездешет:

- жеке менчиктик кызыкчылык;
- коллективдик же топтоштук кызыкчылык;
- региондук жана зоналык кызыкчылык;
- элдин же жалпы коомдук кызыкчылык.

Менчик кызыкчылык дайыма өндүрүштү кеңейтүү, техниканы жана технологияны жаңыртуу менен тыгыз байланышта, ал эми коллективдүү чарбаларда иштеген жумушчулардын кызыкчылыгы эмгек акыны көбөйтүү. Бирок, менчик жана коллективдик кызыкчылык коомдук кызыкчылыктан келип чыгышы керек.

Ошондуктан, экономикалык кызыкчылык экономиканы алдыга жылдыруучу, өндүрүштүн өсүшүнө көмөк түзүүчү, демек, региондордун, жалпы коомдук муктаждыгын канааттандыруучу кыймылдаткыч күч.

## §2. Менчикти трансформациялоо – экономикалык реформанын өзөгү

Рынокко өткөөл мезгилде өздүк жана мамлекеттик менчиктер бири–бири менен алака түзүп жашай берет. Рыноктун шартында өндүрүштүк жана коммерциялык ишмердүүлүк эркиндиги жана кандайдыр бир формадагы менчик басымдуулук кылбашы керек.

Кайра жаралуу мезгилде мамлекеттик менчик чарбачылык иште өзүнүн маанисин жана функциясын сактап калат. Элдик чарбада кээ бир тармактарды майдалап, бөлүп жиберүүнүн кажети жок. Мындай тармактарга – энергетика, транспорт, уран рудаларын жана суу чарбасын пайдалануу, байланыш, ошондой эле айыл чарбасында – асыл тукум, үрөн чарбалары, сорттор, өсүмдүктөрдүн гибриддери ж.б. кирет.

Кээ бир экономисттердин сунушу боюнча мамлекеттик менчик негизги фондунун курамы 30–50% чейин кыскарат. Мамлекеттик менчиктин өндүрүштө монополиясын төмөндөтүү кымбат жана мөөнөттүү процесс. Мындай учурда мамлекеттик монополияны кыскартуу өндүрүштү (продукция өндүрүү) диверсификация жолу менен жүрүшү мүмкүн.

Рыноктун шартында монополияны кыскартуу же багымдатуу үчүн бүткүл дүйнөлүк мамлекеттерде монополияга каршы мыйзам бар. Мисалы, АКШда 1890–жылы Шерман (экономикалык эркиндик) мыйзамы, 1914–жылы Клейтон мыйзамы – фирмалардын түз биригүүсү жөнүндө, 1950–жылы

Целлер мыйзамды бузгандар үчүн башкаруучулар үчүн 100 миң доллар жана үч жылга чейин камакка алуу каралган. Мындан тышкар монополиядан кордук тарткан жактарга үч эсе жогору чыгымды төлөө сот чечими бекитилген.

АКШда эгерде рынокту 90 % га чейин монополизациялоо болгон болсо, ал фирманы күч менен бөлүштүрүү каралган, ал эми 60% фирманы мамлекеттик көзөмөлдөө кылат. Германияда майда жана орто ишкерчилик рынокто өндүрүлгөн продукциянын 30% га чейин, эки–үч фирма– 50%, төрт беш фирма– 70% га чейин ээлөөгө акысы бар. Англияда монополдук фирмага рыноктун 20% га чейин, Норвегияда жана Индияда–25% га чейин уруксат берилген.

Рыноктун шартында менчикти трансформациялоодо мамлекеттик менчик негизинде жеке менчиктик мекеме, акционердик коом, кооперативдер, ассоциациялар түзүлөт. Бүткүл рынокко өткөн мамлекеттерде өлкөнүн күчү негизинен ачык акционердик коомдун колунда. Алар юридикалык жак катары болгон активдерин жана ресурстарын түз эмес кыйыр жолу менен ээлеп алышкан. Акционердик коомдо – акциянын ээси мекеменин ишин көзөмөлдөбөйт, ал толугу менен менеджерге өткөрүлгөн, ал эми менеджер менчиктин ээси эмес, ал жалдама жумушчу. Компаниянын юридикалык менчиктин ээлери, бирок алар менчикти өзү каалагандай бөлүштүрүүчү эмес, бул функция толугу менен менеджерге өткөрүлгөн. Демек, менчик капитал менен капиталдын функциясынын ортосундагы байланыш акырындык менен жоюлганга дуушар.

Мындан тышкары, акционердик коомдо акциянын ээлери өндүрүшкө түздөн–түз катышышпайт, ал эми кооперативде болсо, алар өзүлөрүнүн эмгеги менен катышат, фермердик чарбада – менчик мекеме толгондуктан, менчиктин ээси түздөн–түз өндүрүшкө катышат.

## §3. Мамлекеттик менчикти приватташтыруу – экономиканы трансформациялоодогу негизги шарты

Жаңылануу шартта социалдык–экономикалык реформаны ишке ашырууда приватизация жөнүндө мамлекеттик программалар кабыл алынышы менен өлкөнүн экономикасын жана мыйзамын өркүндөтүүдө эң орчундуу мезгили болуп калды.

Мамлекеттик мекемелерди приватташтыруу принциптери – менчик өздүк секторду түзүү, менчикти сатып алуу, активдерди лизинг аркылуу алуу, өздүк же чет шериктер менен биргелешкен мекемелерди түзүү ж.б. Мындай учурда потенциалдык пайда – мекемелердин эффективдүүлүгүн жогорулатуу, мамлекеттик бюджеттин чыгымын азайтуу, менчик секторлорго ички капитал–га жол ачуу, ошондой эле мамлекеттик – өздүк экономиканын секторлоруна ачыктык жана ишенимдүүлүктү жогорулатуу.

Приватташтыруу боюнча Европа мамлекеттеринде жана АКШда бай тажрыйба топтолгон. Алсак, Англияда 80–жылдарда 51 мамлекеттик корпорациянын 16сы сатылган, мамлекеттик сектордо иштеген адамдардын саны 2 млн 300 миң төмөндөгөн. Акциянын негизги бөлүгү банк жана камсыздоо компанияларына сатылган, ал эми өздүк салым ээсине болгону 20%га чейин акция тийген. Бул өлкөдө бардык акциянын ээлери болуп 11 млн же 24%дан жашы жогорку калкка таандык.

Францияда приватташтыруу 1985–жылы башталган жана 5 жылдын ичинде 29 мамлекеттик өндүрүштүк фирмалар жана банктар менчиктештирилген. Мамлекет өзүнүн менчигин жогорку баада сатып 71 млрд. франк түшүрүп, анын негизги бөлүгү мамлекеттик карыздан төлөө үчүн жумшалган. Мунун негизинде акционерлердин саны өсүп, 6 млн. адамга чейин жеткен. АКШ мамлекетинде приватташтыруу акырындык менен жүргүзүлүп, 5 жылдын ичинде мекемелерди сатуу пайданын эсебинде жүргүзүлгөн. Башталгыч төлөмү мекеменин наркынан 10–20% гана түзөт.

Германияда жана Венгрияда мекемелерди сатуу рыноктук баа менен жүргүзүлгөн. Эки жылдын ичинде чыгыш Германияда 25миң майда жана 11,5 миң орто жана чоң мекемелер, ал эми Венгрияда –15 миң майда жана 100 чоң мекемелер сатылган.

Приватташтыруу процессинде мамлекет насыяга берүүнү колдонгон, б.а. мекеменин 50% га наркы төлөнгөн болсо, ал эми 50% га узартуу, 15% жылдык проценти менен.

Чехославакияда, Румынияда, Польшада, Болгарияда, Орусияда, Кыргызстанда эл арасында бекер теңдешүү бөлүштүрүү жүргүзүлгөн: купондор, чек, ваучер аркылуу аларды мекемелердин акциясына алмаштырылган. Бирок, мекемелер накта акчалай каражат алган эмес, демек өндүрүштү кеңейтүүгө, жаңы техника жана технологияларды алып келүүгө мүмкүнчүлүк болгон эмес.

Югославакияда мекеменин өзүндө иштеген адамдарга гана акция сатылган. Мекеменин наркын 30% га төмөндөтүп, 10 жылга чейин сатып алууга мүмкүндүк түзүлгөн. Мындай шартта мекеме өндүрүштүн көлөмүн күчөтүүгө каражат топтогон.

Кыргызстанда мамлекеттик мекемелерди приватташ–тырууда акциянын көп үлүшү, кээ бир учурда 50% га чейин мамлекеттин колунда калган. Мындай методдун артыкчылыгы:

- мамлекет менен экономикалык иш жүрүшүн чектөөгө мүмкүнчүлүк алган;
- мекеме толук эркиндик жана жоопкерчилик алган;
- аралашма системада мекемени дасыккан башкаруусу сакталган;
- жумушчулар (акционерлер) мекемени активдүү башка–рууга катышат.

Жыйынтыктап айтканда, өнүккөн мамлекеттерде приват–таштыруунун ар түрдүү формалары колдонулган, б.а. бекер же мекеменин жумушчуларына, өлкөнүн элине акцияларды сатуу түрүндө.

Мамлекеттик менчик өндүрүштү жана тейлөө ишинде монополия болууга мүмкүнчүлүк болгон. Ошондуктан прива–тизация процессинде, биринчиден, мамлекет эмес менчиктерде өндүрүштүн салыштырма көлөмү өсүүдө, экинчиден, менчик секторлорун экономикалык чечимдерди кабыл алууда, улуттук экономикасынын өсүшүнө бир кыйла таасирин тийгизүүдө.

Приватизация процессинде башкаруу деңгээли ар түрдүү:

- макродеңгээлде улуттук экономиканын өнүгүүсүндө өздүк секторлордун салымы өсүүдө жана экономиканы чектөөдө

мамлекеттик саясат курамына негизги элемент катарында кирүүдө;

- микродеңгээлде мамлекеттик мекеменин менчиктерин толук жана толук эмес обьектик укугун акционердик коомдорго жана өздүк менчикке өткөрүп берүү.

Практика жүзүндө приватташтыруу эки жол менен жүргүзүлөт:

Биринчиден, мекеменин коллективине бекер берүү, экинчи–ден, мамлекеттик мүлктү сатуу, б.а. финансылык каражатты топтоого мүмкүнчүлүк түзүлөт. Ошондуктан, приватташтыруу процессинде менчиктин түрлөрүн алмаштырууга шарт түзүлүп, капиталдык рынокту түзүүгө радикалдуу жол ачылат.

Жаңылануу мезгилинде, белгилүү болгондой инвестиция–нын көлөмү өтө эле аз жана кыскарат, же акырындык менен өсөт. Жыйынтыгында, инвестицияга болгон суроо–талап кескин кыскарат. Инвестициянын келиши үчүн жана мамлекеттик бюджеттин кирешесинин азайышынын негизинде приватташтыруу жана ар түрдүү менчиктерди түзүү муктаждыгы пайда болот. Бул болсо айрыкча ички инвестициянын көлөмүн күчөтүүгө мүмкүнчүлүк түзөт.

Бирок, республикада ички инвестициясынын тез өсүшү байкалган эмес, анткени реформаторлор эң негизинен социалдык багытталган мамлекеттен ажыратуу жана приватташтыруу, менчиктин укугун коргоо маселелери көз жаздымына калтырып, рыноктук атаандаштыкка чоң маани берилген. Ал эми атаан–даштык рыногу түздөн–түз менчиктердин катнашын чектөөсүнүн, мамлекеттик мекемелерди приватташтыруунун негизинде эркин ишкерчиликти системасын уюштурууга, өндүрүшкө чыныгы менчиктердин пайда болушуна чарбачылык чечимде материалдык жоопкерчиликтин жана жаңы новациянын өсүшүнө шарт түзүлөт.

Мисалы, Кытайда менчиктик реформалаштыруу мамлекет–тик мекемелерин коммерция жолу аркылуу акырындык менен рыноктун атаандаштык механизмин түзүүдө тез приватташ–тырууга байланыштуу, ал эми акырындык приватташтыруу – экономиканын эффективдүүлүгүнө жана экономикалык реформа–нын жүрүшүнө тескери таасирин тийгизет деп эсептешкен.

Практика жүзүндө жүргүзүлгөн приватташтыруу экономи–канын эффективдүүлүгүн жогорулашына алып келген жок. Жаңы менчиктер эффективдүү менеджменти жүргүзө алган эмес, ал эми ишкерлер тез рыноктук атаандаштыкты өздөштүрүүгө мүмкүнчү–лүгү аз болгон. Тездетилген приватташтырууда автоматикалык жол менен өндүрүштө эффективдүү чарбачылыкка жана инвес–тиция тартууга алып келген эмес. Негизинен жаңы менчиктер, мекеменин саясатында кыска мөөнөттөгү маселелерди жана өздүк пайданы көздөгөн. Бул болсо атаандаштык рынокко өндүрүшкө жаңы капиталды алып келүүнү кыскартууга жана бизнестин техникалык базасын уюштурууну жаңылатууга мүмкүндүк түзгөн жок.

Көп мамлекеттерде мекемелерди акырындык менен жана массалык приватташтыруу жүргүзүлөт. Кыргызстанда приват-таштыруу процессинде элдин массалык катышуусу менен купондун негизинде жүргүзүлгөн. Жыйынтыкта, биринчи акционерлер болуп жеке эле адамдар эмес, акциянын бир бөлүгүнө ээ болгон мекемелер жана приватизациялык купонду бөлүштүрүүдө пайда болгон убактылуу инвесторлор менчиктин ээси болушкан. Азыркы учурда биригүүнү жана корпоративдик башкарууну уюштуруу, приватташтырылган мекеменин курамын жакшыртууга багытталган. Экономикалык жагдайда приват-таштырылган компаниялар пассивдүү инвесторлорго эмес, активдүү менчиктерге жана кайра түзүү мотивациясын жүргүзүүгө муктаж.

Массалык приватташтырууну жакшыртууда, ачык жана айкын рынокту түзүүдөгү негизги шарттары:

- приватташтырылган компанияларда жана приватташ–тырылган фондуларда акционерлердин укугун коргоо;
- массалык приватташтыруу аяктаган жана менчиктин биригүүсү бүткөн мезгилде майда акционерлердин укугун коргоо;
- айкын рынокто ачык компаниянын акциясын сатууда инвесторлордун укугун коргоо;

Массалык приватташтыруунун жыйынтыгында менчик–тердин майдаланышы, компанияларды стратегиялык эффектив–дүү башкарууда жана мекемени кайра түзөмүн курууда жетишсиз жардам көрсөтүү орун алган. Менчиктин биргелеши экинчи

операциянын негизинде ачык жана жабык компанияга өтүшү кеңири орун алган. Көп приватташтырылган мекемелер формал–дык түрдө ачык компания болгон менен ал өзүнүн экономикалык маңызы боюнча жабык коомдук түзүлгөн. Уюштурулган инсайдердик топторду көзөмөлдөө, ал эми аутсайдер чектелүү добуш укугуна ээ болгон. Ошондуктан мамлекеттик органдардын артыкчылыгы массалык приватташтырылган мекемелерде акция ээлеринин укугун коргоо. Мындай шартта бардык акционерлер көзөмөлдүк пакеттин ээси эмес, ири жана майда инсайдерлер, аутсайдерлер бирдей укуктуу болуп калат.

Кайра жаратуу экономиканын өзгөчөлүгү көп мамлекеттик мекемелер акционердик коомго айланып, алардын жарандары акционердик капиталдын ээси болушкан. Ошол эле учурда иштеген адамдардын жана эмгек коллективинин кызыкчылыгы экиге бөлүнгөн. Биринчиден, капиталдын ээси пайданын көлөмүнүн өсүшүн көздөгөн болсо, ал эми иштеген адамдар – айлык маянанын өсүшүнө кызыктар. Жалпысынан, бул кызыкчылык бир жан башына таза продукция өндүрүүнү көбөйтүүгө багытталган.

Кыргызстанда приватташтыруунун максаты – эң башында эле экономиканын түзүмүн кайра өзгөртүүгө багытталган инструменти болгон. Бул процесс республикада үч мезгил менен жүргөн.

**Биринчи мезгил 1991–1993–жж.** Мамлекеттик мекеме-лерди мамлекеттен ажыратуу жана приватташтыруу 1991–жылы мамлекеттик мүлктү башкаруу комитети түзүлгөндөн башталган. 1991–1993–жылдары республикада 40% мамлекеттик менчиктер приватташтырган. Биринчи программанын жаңылыгы жана орчундуулугу, мыйзамдын жана нормалык–методикалык базанын жетишсиздигинин негизинде жүргүзүлгөн. Айрыкча мындай приватташтыруу өзгөчө чоң мекемелеринде орун алган. Мам–лекеттик мекемелердин чоң бөлүгү эмгек коллективтерине льготалык шартта берилип, инвестициянын тартылышына, өндүрүштү жаңылоодо, чыныгы менчиктердин пайда болушуна тоскоол кылган. Салыштырма түрүндө соода, тейлөө, коомдук тамак–аш тармагында кайра жаңылануу обьектилери, “Кичи приватташтыруу” түрүндө жүргүзүлгөн. Бул экономиканын

секторлорунда приватташтыруу жөнөкөй ыкма аркылуу, б.а. аукцион, конкурс же түз сатуу жолдору колдонулган.

“Кичи приватташтыруу” оң жыйынтыгы соода жана тейлөө тармактарында мамлекеттин монополияны кыскартуу, атаандаш–тыкты түзүү, товардык жетишсиздикти жоюу болгон. Биринчи мезгилдин аягында көп формадагы менчиктердин пайда болушу менен көп укладтуу экономикага жол ачылган. Жыйынтыкта мамлекеттик менчик 50% ды түзсө, кооперативдик – коомдук 7,7%, колхоздук – 9,2%, эмгек коллективи – 9,3%, мамлекеттик жана эмгек шериктеш коллективине – 14,3% жана менчик тарапка 0,5% үлүшү туура келген.

Тармактардын өзгөчөлүктөрүнө жараша приватташтыруу, мисалы, өнөр жайда 79%, курулушта – 72%, транспортто – 87% түзүп, негизинен акционердик коомдорго айланган. Соода тармагында акционердик коом бардыгы болуп 12,4% ды түзгөн, ал эми– 30,1% коллективдик менчикке сатылган. Биринчи мезгилдеги приватташтыруу жогорку ылдамдыкта өткөрүлгөн. Бирок, кээ бир кемчиликтер да орун алган. Негизинен, мамлекеттик мекемелер акционердик коомго айланып, эмгек коллективдеринде негизги форма менчиги болуп калган.

Мындан тышкары, өнөр жай мекемелери эмгек жамаатына ошол кездеги мыйзамга ылайык символикалык баа менен берилген. Демек, приватташтыруу өндүрүштүн өнүгүүсүнө көмөк түзгөн. Эмгек жамааты мекеменин оор өнөр жайынын келечеги үчүн кам көрбөстөн, каражаттын басымдуу бөлүгүн маяна катарында жумшашкан. 1992–жылы массалык приватташтыруу башталып, практика көрсөткөндөй, майда мекемелер мамлекеттик ири мекемелерге караганда, рыноктун жаңы шартында өндүрүш–түк жана финансылык ийгиликтерге ээ болушкан.

**Экинчи мезгил 1994–1995–жж.** Талапка жараша мыйзам–дын жаңы базалары, приватташтыруунун жөнөкөй жолдорун жана тартиби иштелип чыккан.

Мамлекеттен менчикти ажыратуу жана приватташтыруунун жаңы концепциясы иштелген. Чоң приватташтыруу башталган. Жаңы программада мурун жүргүзүлгөн приватташтыруунун кемчиликтери эске алынып жана эл аралык эксперттердин (БДФ, Дүйнөлүк банк) сунуштары колдонулган. Республикада приват–

таштыруу саясатына биринчи мезгилдеги кемчиликтерди жана карама–каршылыктарды эске алуу менен рыноктун шартында жаңы системаны түзүү эле. Приватташтыруунун негизги жолу мамлекеттик мүлктү аукцион жаңы конкурс аркылуу сатуу жана өздүк капиталды бул процессине активдүү катышуусу, б.а. чакан өнөр жай мекемелери 100 жумушчуга чейинкисин аукцион аркылуу приватташтырылат. Орто өнөр жай мекемелери 100дөн 1000 жумушчуга чейин конкурстук жол менен каалаган физика–лык, юридикалык жана чет элдик фирмага приватташтырууга мүмкүндүк берилет.

Приватташтырылган өнөр жай мекемелердин 5% акциясы эмгек жамаатына бекер берилет. Мекеменин мүлк менчигинин бир кыйла бөлүгү, ошондой эле чет мамлекеттик инвесторлорго жакшы конкурстук проект аркылуу ыйгарылат.

1994–1995–жж. жаңы концепцияда жана программада масса–лык приватташтыруу саясатын улантууда купонду пайдалануу аркылуу элге менчикти бекер берүү каралган.

1995–жылдын май айында Кыргыз фондолук биржасы ачылып (КФБ), 1996–жылдын башында купон менен 11489 келишим 2,5 млн. сом өлчөмүндө приватташтыруу жүргүзүлгөн. Жылдын ичинде 90 купондук аукцион өткөрүлүп ага каттал–гандардын 25% үлүшү сатылып, 536 өнөр жай мекемелери 48 млн. сомго бааланган. Республикада баалуу кагаздын экинчи рыногу иштей баштаган.

1995–жылдын 5–айында 295 мамлекеттик менчиктин 47,1 млн. сомдук негизги фонддорун кайра куруу жүргүзүлгөн. Приватташтыруу жогорку темп менен өндүрүш тармагы болгон өнөр жайда – 62 жана курулушта – 34 обьектиси өткөрүлгөн. Эң эле төмөнкү деңгээлдеги приватташтыруу – айыл чарба продук–циясын кайра иштетүүдө – 2,6%, коммуналдык, материалдык – техникалык камсыздоо, бүтө элек курулушта– 2,8% түзгөн.

“Кыргыз жал”, “Кыргыз авторемпром”, “Кыргыз автотранс” холдинг компаниялары монополиядан ажыратылган жана чоң жүк ташуучу транспортунун 10 мекемеси приватташтырылган.

1991–1995–жылдардын аралыгында республикада 5896, же болбосо 59% мамлекеттик өнөр жай мекемелери приватташ–тырылган. Бардыгы болуп, приватташтырылган сектор өнөр

жайда 76,7% айыл чарбасында – 40,2%, курулушта – 53,5%, транспортто – 46,4%, соодада жана коомдук тамак ашта– 95,5% тиричиликте тейлөөдө – 100% га чейин жеткен. Бирок, приватташтыруунун негизги мезгили аяктап калса дагы, анын негизги максаты болгон экономикада накта атаандаштык түзүлгөн эмес. Экономикада көп укладтуу менчиктер түзүлгөн. Жалпысынан акционердик коомдун, өздүк жана аралаш формадагы менчиктердин саны жетээрлик болсо дагы, рынокто кеңири атаандаштык пайда болгон жок.

**Үчүнчү этап – 1996–ж. жана кийинки жылдары**. Мамлекеттик мекемелердин дагы бир бөлүгү приватташтырылып алардын ордуна акционердик коом түзүү каралган. Кээ бир туруктуу мекемелерге ички жана чет элдик инвестициялар кеңири тартыла баштаган.

1997–жылдын жаз айында купондук акциянын топтолушу менен чоң капиталы бар мекемелер тартылган.

1991–жылдан тартып мамлекеттик менчиктер негизинен өнөр жай тармагында болгон. 1991–1997–жылдардын ичинде бардыгы болуп 7125 мамлекеттик менчик приватташтырылган, же анын жалпы санынын 71,3%, анын ичинен өнөр жай тармагында – 87,9%, курулушта – 58,9%, транспортто – 59,3%, соода жана коомдук тамак – ашта – 97,5% тиричилик тейлөөдө – 99,8% жана өндүрүш эмес тармакта– 47,6% түзгөн.

Приватташтыруунун жыйынтыгында өздүк менчиктин институту түзүлүп, рыноктук жагдай калыптанып, мамлекеттик бюджетке бир өлчөмдөгү финансы каражаты түшкөн. 1993–жылдан 1999–жылга чейин приватташтырылгандан түшкөн каражат ИДПнын 1,2% түзсө, ошол эле убакытта Грузияда– 18,3% жана Казакстанда– 8,5% га жеткен.

Республикада 1991–2002–жылдары жалпысынан 9548 мамлекеттик мекеме приватташтырылган, анын ичинен өнөр жайда– 677, айыл чарбасында – 415, курулушта – 586, социалдык тармакта – 512. Интенсивдүү жол менен приватташтыруу төмөнкү тармактарда, б.а. тиричиликти тейлөөдө – 3138, соода жана коомдук тамак – ашта 2745 мекеме менчиктерилген (табл 1). Мындай приватташтыруу республикада ар түрдүү жолго коюлган.

1-таблицада **Кыргыз Республикаксынын экономикасында тармактар боюнча приватташтырылган мекемелердин саны**

| | 1991 | 1992 | 1993 | 1994 | 1995 | 1996 | 1997 | 1998 | 1999 | 2000 | 2001 | 2002 | Всего за 1991-2002 гг. |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **Мекеменин бардыгы** | 174 | 2358 | 4428 | 702 | 703 | 327 | 177 | 175 | 146 | 168 | 88 | 102 | 9548 |
| **Өнөр жай** | 9 | 117 | 529 | 57 | 137 | 23 | 46 | 3 | 4 | 8 | - | 14 | 677 |
| **Жеңил өнөр жай** | 4 | - | 42 | 6 | 9 | 1 | - | 1 | 1 | - | - | - | 64 |
| **Тамак-аш өнөр жайы** | - | - | 77 | 31 | 87 | 4 | - | 1 | 1 | 1 | - | 1 | 203 |
| **Машина куруу жана металл иштетүү** | 1 | - | 56 | 3 | 9 | 1 | 2 | - | - | - | - | - | 72 |
| **Курулуш материалдары** | 1 | - | 37 | 5 | 14 | 2 | 2 | - | - | - | - | - | 61 |
| **Өнөр жайдын башка тармактары** | 3 | - | 47 | 12 | 18 | 15 | 42 | 1 | 2 | 7 | - | 13 | 147 |
| **Айыл жана токой чарбасында** | - | 53 | 235 | 84 | 22 | 10 | 1 | 1 | 3 | 5 | 1 | 11 | 415 |
| **Курулуш** | - | 89 | 223 | 76 | 74 | 39 | 5 | 15 | 23 | 24 | 6 | 12 | 586 |
| **Транспорт** | - | 16 | 82 | 21 | 33 | 7 | 14 | 4 | 2 | 2 | - | 5 | 186 |
| **Тиричиликти тейлөө** | - | 1231 | 1811 | 37 | 19 | 15 | 6 | 16 | - | 2 | 1 | - | 3138 |
| **Соода жана коомдук тамак-аш** | - | 811 | 1626 | 123 | 50 | 87 | 15 | 11 | 4 | 9 | 8 | 1 | 2745 |
| **Материалдык техникалык камсыздоо** | - | - | - | 12 | 30 | 6 | 59 | 2 | 2 | 2 | - | - | 113 |
| **Коммуналдык чарба** | - | - | - | 24 | 31 | 23 | 8 | 36 | 28 | 24 | 3 | 3 | 180 |
| **Ден соолук, физкультура, жана соцкамсыздоо** | - | - | - | 174 | 170 | 7 | - | 6 | 23 | 22 | 10 | 17 | 429 |
| **Билим** | - | - | - | 7 | 2 | 2 | 3 | 7 | 3 | 6 | 1 | - | 31 |
| **Маданият жана искусство** | - | - | - | 4 | 6 | 7 | 3 | 7 | 10 | 9 | 4 | 1 | 51 |
| **Илим жана илимий тейлөө** | - | - | - | 1 | - | - | - | - | - | - | - | - | 1 |
| **Башка тармактар** | - | 41 | 192 | 82 | 129 | 101 | 16 | 67 | 44 | 55 | 54 | 38 | 819 |

Мисалы, 1995 – жылы 703 мекемелердин 51,8% акциясы конкурс аркылуу – 2,3%, 14,2% аукцион аркылуу сатылууда 1%, жамааттын менчике сатуу – 19,1% өздүк менчикке – ж.б. жолдор менен приватташтырылган.

Республикада чыгашалуу мекемелерди кайра куруу иштери улантылып, көпчүлүгү акча аукциондорунда сатуу пландаштырылып, бирок алардын көзөмөлдөө пакети мамлекетке калтырылган. Ошондой эле мурунку приватташтырылган мекемелердеги мамлекеттик пакети аукциондо сатуу каралган.

Кийинки жылдарда дагы мамлекеттик менчиктер приватташтырылып жатканын байкоого болот. Мисалы, 2008–ж. бардык приватташтырылган 7284 мекеме болсо, анда 2012 – ж– 7347 чейин, же 0,8% өскөн. 2012 – жылы бардык мекеменин ичинен калкты тиричилик жактан тейлөө боюнча 1936, өнөр жай тармагында – 565, өндүрүш эмес чөйрөдө – 641, объектилер приватташтырган (2 – табл.).

2–Таблица**. Кыргыз Республикасында негизги тармактар боюнча приватташтыруу**

| | **2008** | **2009** | **2010** | **2011** | **2012** |
|---|---|---|---|---|---|
| **Бардыгы** | 7284 | 7321 | 7333 | 7342 | 7347 |
| **Өнөр жай** | 546 | 548 | 549 | 550 | 565 |
| **Айыл чарба** | 389 | 391 | 391 | 391 | 391 |
| **Курулуш** | 435 | 435 | 435 | 435 | 420 |
| **Транспорт** | 184 | 184 | 186 | 187 | 192 |
| **Калкты тиричилик жактан тейлөө** | 1936 | 1936 | 1936 | 1936 | 1936 |
| **Соода жана коомдук тамактануу** | 1916 | 1918 | 1918 | 1918 | 1918 |
| **Өндүрүштүк эмес чөйрө** | 618 | 631 | 636 | 641 | 641 |
| **Башка тармактар** | 1260 | 1278 | 1282 | 1284 | 1284 |

Статистикалык маалыматы: “КР статистика жылдыгы”, 2013.

Республикада 2012 – ж. бардык менчиктештирилген мекеменин (7347) ичинен акционердик коомго айланганы – 1694 мекеме, же 23,0%, коммерциялык конкурс боюнча сатылганы – 1296 мекеме, же 17,6%, эмгек жамаатына тике сатуу боюнча – 1629 мекеме, же 22,1%, жеке адамдарга тике сатуу – 1633 мекеме, же 22,2%, аукцион аркылуу сатылганы – 659 мекеме болгон, же 9,6% ды түзгөн.

Кыргызстанда 1997–жылы мамлекеттик компания түзүлүп, приватташтыруунун жүрүшүн нормативдик укуктук базасын, атайын кетирилген кемчиликтерди жоюу жана ошондой эле мамлекеттик мүлктүн наркын атайын төмөндөтүү жөнүндө тапшырык берилген.

Приватташтыруу процесси ушул күнгө чейин жүрүп жатат. 2001–2003–жж. Кыргыз Республикасынын "Кыргыз Республикасында мамлекеттик менчикти приватташтыруу жөнүндө" мыйзамдын негизинде концепция жана программа иштелип приватташтыруу процесси уланууда.

Азыркы кезде өлкөдө өздүк менчиктин институту бекитилип чарбачылыктын негизин түздү. Мамлекеттик менчикти приватташтыруу саясаты төмөнкү багытка багытталган:

- өздүк менчик институтун бекитүү жана ишкерчиликти кызыктыруу;
- экономикада жылуулук – энергетикалык, тоо – кендерди иштетүү, телекоммуникация жана аба транспорт мекемелерин приватташтыруунун негизинде атаандаштык тутумун түзүү;
- кыймылсыз мүлктүн рыногун түзүүдө баалуу кагазды эффективдүү пайдалануу приватташтыруунун тездетүүдө финансылык булагы;
- өндүрүштө, тейлөөдө кооперативдик башкарууну жакшыртуу үчүн мекендик жана чет мамлекеттик инвестицияны тартуу;
- калкты жумуш менен камсыз кылуу;
- мамлекеттик менчикти приватташтыруу программасынын негизинде мамлекеттик бюджетке каражат тартууну күчөтүү ж.б.

Приватташтыруунун негизги багыты–өздүк сектордун экономикасын жана мыйзамдык нормалык укуктук базасын жакшыртуу, телекоммуникацияга энергетикага, аба транспортуна, мунай газ тармагына мамлекеттик менчикти башкаруу жана мекемелердин иштерин оңдоо үчүн инвесторлорду кеңири тартуу.

Жыйынтыктап айтканда, өткөөл мезгилде социалдык–экономикалык көрсөткүчтөр төмөндөп, ар формадагы менчиктердин эффективдүүлүгү ылдыйлап кеткендигинин себеби, кайра жаралуу мезгилдин өзгөчөлүктөрүн эске албастан, укуктук шартты рынок

экономикасынын иштешине туура келбегендиктен, жаңы түзүлгөн өздүк менчиктердин эффективдүүлүгү кескин төмөндөгөн.

Кыргызстанда жүргүзүлгөн реформанын негизги ыкмасы – “шок терапия” концепциясы болгон б.а. экономиканы кескин түрдө либерализацияга өткөрүү болгон. Бирок, бул ыкма да атаандаштыкты өркүндөтө алган жок. Республиканын өнүгүү потенциалы 1991–жылга салыштырганда кескин төмөндөп, элдин жашоо турмушу начарлаган. Элдин суроо–талабы негизинен эң керектүү минимумга чектелип, өндүрүштү диверсификациялоо (бөлүштүрүү) мүмкүнчүлүгү болбой калган. Бирок, рыноктук суроо–талап экономиканын негизги өзөгү деп эсептелет.

Жыйынтыктап айтканда биринчи мезгилде приватташтыруунун негизинде ар түрдүү формадагы менчиктер пайда болуу менен улуттук валюта чыгарылган. Экинчи жана үчүнчү мезгилде экономикалык реформанын жалпыланышы, экономикалык активдештирүүдө, рыноктун инфра түзүмүн түзүүдө, өндүрүштүн эффективдүүлүгүн бир кыйла жогорлатууга мүмкүндүк түзүлдү.

# БАП II

# УЛУТТУК ЭКОНОМИКА ЖАНА ӨТКӨӨЛ МЕЗГИЛДЕ АНЫН МАКРОЭКОНОМИКАЛЫК КӨРСӨТКҮЧТӨРҮ

## §1. Өткөөл мезгил шартында улуттук экономиканын өнүгүүсү жана анын динамикасы

Социалдык–экономикалык реформанын жүрүшүндө мамлекеттик менчик тез трансформацияга учурап, анын түзүмү жана мүлктүк катнашы кескин өзгөргөн. Республикада рыноктук катнашты чектөөчү туруктуу экономикалык система түзүлүп, мамлекеттик менчиктердин санынын үлүшү көп азайган. Өздүк менчиктик формага 1991–жылдан тартып мамлекеттик менчиктин 70% өтүп кеткен. Мамлекеттик мекемелердин көбү муници-палдык менчикке берилген.

Бирок, административдик системадан рыноктук системага өтүү процессине өтө эле кыйын, карама–каршылык жана саясаттык шартта жүрүүдө. Экономикалык реформанын акыркы 15–20 жылынын ичинде өндүрүштүн түшүп кетиши, каатчылык абалы, инфляциянын жана жумушсуздуктун күчөшү, элдин жашоо турмушунун төмөндөшү менен коштолуп келген. Ошого карабастан социалдык–экономикалык багытта, республикада жүргүзүлгөн реформанын негизинде, рыноктук катнаштын өсүшүнө туруктуу шарттар түзүлүүдө. Өлкөдө мамлекеттик жана кооперативдик мекемелердин монополиясы жокко чыгарылып, ишкерчиликтин жана өздүк бизнестин багыттуу өнүгүүсүнө жол ачылган.

Ошондой болсо да, өндүрүштүн төмөндөп кетишинин негизги факторлору:

- союз убагындагы бирдей экономикалык аймакта чарбалык байланыштардын үзүлүшү;
- өнөр жай комплексинде мамлекеттин чектөө ролунун начарлашы;
- приватташтыруу процессинин начар деңгээлде иштелиши жана кетирилген кемчиликтери;
- өнөр жай өндүрүшүндө жергиликтүү жана өздүк чийки зат ресурстарын тартууда кызыкчылык механизмдин жоктугу;

- мекемелерди маркетинг ишмердүүлүгүнүн жана илимий иштердин начардыгы;
- тышкы соода иштердин эркиндиги, мекендик продукциясынын атаандаштык сапатынын төмөндүгү, жергиликтүү товар өндүрүүчүлөрдү коргоо үчүн протекционистик саясаттын жоктугу;
- чоң адистештирилген мекемелерде жабдуулардын физикалык жана моралдык эскириши, аларды жаңыртууда инвестициянын жоктугу;
- салыктын процентик ченеминин бийиктиги ж.б.

Жогоруда келтирилген факторлордун негизинде, республикадагы экономиканын катаалдаштыгына, өндүрүштүн тартыштыгына, инфляциянын өсүшүнө жана суроо–талаптын деңгээлине караганда жогорулашына алып келген. Кайра жаралуу мезгилинде оор абалга дуушар болгон экономикада жаңы менчиктер ээси чарбачылык иштеринде оң жыйынтыкка жетишкен эмес. Мунун негизги себептери:

- биринчиден, жаңы менчик ээлеринде рыноктук жүрүш–туруш калыптанган эмес;
- экинчиден, алардын иши жана ой жүгүртүүсү өткөн борборлошкон системадан ажыраган эмес;
- үчүнчүдөн, менчикке керектөөчү катнаштын сакталышы, алардын кирешесинин негизги бөлүгүн топтоого эмес, керектөөгө жумшалган;
- төртүнчүдөн, менчиктердин материалдык–техникалык төмөн деңгээли продукциянын сапатынын дүйнөлүк стандартка ылайыктуу болгон эмес;
- бешинчиден, менчиктердин өздүк финансылык каражаттын жетишсиздиги жана насыя алууда мүмкүнчүлүктүн жоктугу;
- алтынчы, салык деңгээлинин бийиктиги товар өндүргүчтөрдү көмүскө ишке түртүп, суроо–талап жана сунуштун ажырымдуулугун күчөтүү ж.б.

Мына ошентип, көп мекемелер рыноктун жолу менен барбай, товарларды товарга (бартер) алмашуусу күч алууда, төлөмдөрдүн мөөнөтүн узартуу, мамлекеттен субсидия жана жеңилдеткен салыкты талап кылуу, баанын өсүшүнүн негизинде менчик ээлери өздүк чыгымдарды сатып алуучулардын эсебинен жабуу ж.б. иштери кеңири орун алган.

Реформанын башкы этабында (1991–1993-жж.) республиканын өкмөтү экономика тармактарынын жана өндүрүштүн эффективдүүлүгүн жогорулатуу үчүн бир катар комплекс жумуштарды жүргүзгөн. Бирок, Кыргызстан менен мурунку союздагы эл чарба комплекси менен тыгыз байланышынын тескери жактары байкала баштаган.

Кыргызстан эгемендүү мамлекет болгон менен финансылык саясатын өзүнчө жүргүзө алган эмес, ошондуктан өнөр жай мекемелердин көбү мурунку союздук региондорго көз каранды эле. Өлкөдө экономиканын кыйын абалын мурунку союздук республикалар менен өнөкөт болуп калган чарбалык байланыштардын үзүлгөндүгү менен түшүндүрүүгө болот.

Буга карабастан, Кыргызстанда 1991–жылдан тартып экономиканы рыноктук жолго салуу үчүн бир катар иштер ишке ашырылган. Алсак, инвестицияны, насыяны жана жаңы технологияны тартуу, укуктук базаларын түзүү, соода жана тамак–аш тиричилик тармакка чакан мекемелерин ачуу, ал эми жергиликтүү өнөр жай, автотранспорт жана башка тармактарда насыя–финансылык мекемелер, коммерциялык банктар, соода жана фонд биржасы ж.б. уюштурула баштаган. Бирок, бул иш чаралар мекемелердин чарбалык ишинде жагымдуу жыйынтык бербестен, тескерисинче, реалдык экономикалык секторлордо өндүрүш дайыма төмөндөгөн. Мисалы, 1991–1995-жж. өндүрүштүн төмөндөшү 50%га жетип, ал дайыма гиперинфляция менен коштолгон. Айрыкча оор абал өнөр жай тармагында, машина куруу, металл иштетүү, жеңил өнөр жайында байкалган. Негизги экономикалык кыйынчылыктын себептери өндүрүлгөн даярдалган продукция сатуу, мекеменин өздүк айланма фондусунун аздыгы, төлөмдөрдүн өсүшү, сатып алуучулардын сатып алуу мүмкүнчүлүгүнүн төмөндөгү болгон. Жыйынтыкта 1995–ж. 146 дан ашык мекемелер чарбачылык ишмердүүлүгүн 94,2 млн. сом чыгым менен аякташкан. Республикада 1994–1995–жж. жыл аягында чыгаша менен чыккан 27 мекеме Бүткүл дүйнөлүк банк аркылуу PESAS программасы боюнча кайра куруу иштери жүргүзүлгөн.

Республиканын өкмөтү жер реформасынын негизинде, чыгымдуу жана төмөн рентабелдүү колхоз менен совхоздун ордуна дыйкан (фермердик) чарбаларды түзүү болгон.

Реформанын жүрүшүндө материалдык–техникалык ресурстардын баасы өтө эле жогору болгондуктан бир кыйла кыйынчылыктарды түзгөн. Системасы жок айыл чарба мекемелерин приватташтыруу жана салыктын жогорку проценттик ченеми жана банктын оор насыясы айыл чарба продукциясын өндүрүүнүн төмөндөшүнө алып келген. 1991–1995–жылдары дүң продукциясы 37%га төмөндөп кеткен. 1995–жылы капиталдык салымдын негизги фондуга киргизүү коэффициенти 0,64 төн 0,21 чейин төмөндөгөн. Өнөр жай тармагында да негизги фондулардын эскириши 50%га жеткен. Бул болсо технологиянын артта калышына шарт түзгөн.

Белгилүү болгондой, өндүрүшкө капиталдык салым мамлекеттин бюджеттик ресурстары менен тыгыз байланыштуу. Мисалы, бюджеттин киреше бөлүгү ИДП продукцияга салыштырганда 1991 жылы 23,4% болгон болсо, 1995 ж– 17,6%, ал эми чыгым бөлүгү ошол эле убакытта 30,5%, 29,6% жана калдыгы (сальдо)– 7,1%, 12,0 % болгон.

Экономикада каатчылык абал элдин социалдык жашоо турмушуна таасирин тийгизүүдө. 1992–1993–жылдары тамак–аш жана биринчи керектелүүчү товарлардын баасы орто эсеп менен 5 эсеге өскөн. Маянанын өсүшү баанын өсүшүнөн 3 эсеге артта калган. Маянанын чыныгы (реалдык) сатып алуу деңгээли да 40% төмөндөгөн. Жумуш орундары кыскарып, жумушсуздук күч алган. Жумуш орундарынын саны 40% кыскарган. Орточо бир жумушчуга эсептегенде айлык маянасы тиричилик минимумунан 1,7 эсеге төмөн болгон.

Элдин кирешесинин түзүмүнүн ичинде керектелүүчү буюм үчүн 80%, анын ичинен тамак–аш үчүн 61% чыгымдалган. Социалдык коомдун ичинде бөлүнүү процесси жүрүп байлар жана жакырлар пайда боло баштаган. Мисалы, 1993–жылы 40% жакырларга 10% чыгым туура келсе, ошол эле учурда 10% байларга– 40% түзгөн. Чыгымдардын жыйынтыгы боюнча (Джини коэффициенти) 1993–ж 0,548 деңгээлде болсо, 1996–ж– 0,461 төмөндөгөн. Демек, байлар менен кедейлердин ортосунда киреше чыгымдардын туура эмес бөлүштүрүүсү байкалууда. Өткөөл мезгилдин биринчи жылдарында гиперинфляциянын негизинде элдин көбү кедей сызык деңгээлинен төмөн калган, б.а. 1996–ж.– 70,7% га жеткен.

Республикада экономикалык реформаны ишке ашырууда 1994–ж. Кыргызстан Бүткүл дүйнөлүк банк (БДБ) менен үч жыл мөөнөткө, келишим түзүлгөн. Келишим программанын негизинде 1994–1995–жж. экономикалык реформанын жүрүшүндө инфляциянын деңгээлинин төмөндөшү, улуттук валютанын турукталышы, бюджеттин жетишсиздигинин азайышы, тышкы төлөмдү чектөө, ири чыгашага учураган чарбалардын түзүмүн кайра куруу, экономикада тышкы соода–сатыкка жана баага эркиндик берүү, элди социалдык коргоосун жана укуктук базасын жакшыртуу ж.б. иштер каралган.

Кыргыз Өкмөтү 1997–жылы “Адамдын туруктуу өнүгүүшү Улуттук стратегиясын кабыл алынган, анын негизги маселелери элдин жакырчылыгын төмөндөтүү турмушун жакшыртуу, аларга толугу менен билим берүүнү жана ден соолугун тейлөөнү камсыз кылуу болгон. Бул болсо УУБ (ООН) Социалдык өнүгүү боюнча Капенгаген декларациясынын негизинде кабыл алынган.

1997–2006–жылдары УУБ жакырчылыктын тамырын үзүү декларациясы жарыяланган. Бул Кыргызстандын Улуттук стратегиясынын негизинде элдин жашоо турмушун оңдоого багытталган.

Кыргызстанда реформанын жүрүшүндө бири–бири менен айырмаланган эки мезгилди байкоого болот. Биринчиден, 1992–жылдан баштап 1994–жылдан аягына чейин экономикалык абал кескин ылдыйлап кеткен, экинчиден, 1995–жылдан экономиканын ылдыйлашы токтогонсуп, акырындык менен жандана баштаган.

Биринчи мезгилде, союздун кулашы, Кыргызстандын акырындык менен рынокко көнүгүүшүүсү, ички жана тышкы соода катнаштын бузулушу менен өндүрүштүн төмөндөшү байкалган. Бул мезгилде экономикалык көрсөткүчтөр төмөндөп, өндүрүш жыл сайын кыскарганга дуушар болгон (1993 – ж – 16%, 1994 – ж – 20%). Айрыкча, товар өндүрүүчү тармактарда өндүрүш кескин төмөндөгөн. Ички керектөө суроо–талап кыскарышы төлөмдүн балансында жүрүүчү утурумдук операциядан 1993–1994–жж. 85 млн АКШ доллары жетишсиз болгон. Капиталдын дүң топтолушу ИДП салыштырганда 1993–ж. 8,3%, 1994–ж.– 2,6% деңгээлге ылдыйлаган. Дүң улуттук акча үнөмдөө ИДП салыштырганда 6,7% же болбосо 1993–ж. деңгээлинин араң жартысын түзгөн, 1993–ж.– жумуш менен камсыз болушу 155,3 миң адамга 1994–ж– 35,2 миң адамга кыскарган.

Инфляциянын басымынын күчөшү менен, республика рубль зонасын таштап, 1993–жылы улуттук валюта – сомду ишке киргизип, акча–салык саясатын өзүнчө жүргүзө баштаган. Бирок, банк системасы сом менен ишти тез жүргүзбөгөндүктөн, бартердик товар алмашуу жана доллар менен эсептешүү кеңири орун алган. 1995–жылы Бүткүл дүйнөлүк фонд (БДФ) Кыргыз валютасын конвертирдик (алмашуу) валюта деп жарыяланган.

Ошол эле мезгилде, Кыргызстанда эки деңгээлдеги банктык тутуму иштей баштаган. Кыргыз Республиканын Улуттук банкы 1994–жылы чыгаша мекемелер үчүн бюджеттен каржылоону токтотууну жана банкрот (кудуретсиз) деген биргелешкен чечим кабыл алынган.

Жыйынтыкта 1991–1995–жж. экономикалык реформада жыйынтык болгон эмес, ага экономикалык каатчылык да себеп болгон, бирок, ага карабастан мамлекеттик менчикти массалык түрдө жеке менчике берүү менен убакыт өткөн сайын рыноктук шарт түзүлө баштаган.

1996–жылдан тартып өндүрүштүн түшүп кетиши акырындык менен токтотулуп, экономикада алдыга жылыш болгон. Буга инфляциянын төмөндөшү, улуттук валютаны туруктуу алмашуусу, социалдык төлөмдүн азайышына алып келген. Бирок 1997–1998–жж. Кыргызстан кайра экономикалык катаалга дуушар болгон. 1997–жылы өнөр жай продукциясынын “Кумтөрдү” эсептебегенде 1996–жылга салыштырганда 6%, анын ичинен электрэнергетикага– 7,7%, жылуулук берүүчү өнөр жайында – 17,9%, жеңил өнөр жайында– 33,7% төмөндөп кеткен. 1998–ж. аягында 134 мекеме иштебей калган, ал эми 195 мекеме өсүш темпин төмөндөткөн, тышкы соода– 13,3% кыскарып, ички соода– 20,2% га өскөн.

Кыргызстанда 1999–2003–жж. мамлекеттик сектордун үлүшү 17,3% дан–14,9% га ылдыйлаган, ал эми өздүк сектордун үлүшү– 82,7% тен– 95,1% га өскөн. 2003–ж. орточо айлык маяна 1999–ж. салыштырганда 1,8 эсеге өскөн, ИДП дефилятору (жалпы баасы) 137,7%дан 104,0%га төмөндөп, керектелүүчү баанын индекси– 135,7% тен 103,1%, жакырчылыктын деңгээли– 55,8% тен 40,8%, анын ичинен терең жакырчылык 23,3 тен 9,4 гө төмөндөгөн. Бирок, жумушсуздуктун саны 54,7%дан 57,4%, ИДП көлөмү– 103,7%дан– 107,0%га, өлкөнүн тышкы карызы 1647,7 млн.– 1965,7 млн. АКШ долларына өсүш болгон.

2005–жылы экономиканын төмөндөшү улантылганы менен, баа областында эркин баага өтүү жана чет элдик экономика жагдайында бир катар оң жылыш байкалып, массалык приватташтыруу аяктап, агрардык сектордо жана социалдык жагдайда финансылык тутуму күч алууда.

Жыйынтыктап айтканда, өткөөл мезгилде Кыргызстан өзүнчө мамлекет болгону менен социалдык–экономикалык процессинде анын ичинде, экономика каатчылык заманга дуушар болду. 1992–1995–жж. ИДП номиналдык (утурумдук баа менен) өскөнү менен, товар өндүрүү жана тейлөө ишинин көлөмү кыскарган. Ички дүң продукциянын (ИДП) өсүшүнүн азайышы 1993–жылы өткөн жылга салыштырганда 84,6%, ал эми 1995–ж. баштап анын төмөндөшү кыскарып, 1996– ж. – реалдык (салыштырма баа менен) ИДПнын туруктуу өсүшү байкалган. 1996–2000–жж. бир жан башына эсептегенде ИДП реалдык өсүшү 22,0% ды түзгөн.

Кыргызстанда экономикалык реформа мезгилинде ИДП өндүрүү көлөмү 5,7 млрд сомдон (1993 ж.) 94,4 млрд сом (2004ж.) жеткен. Мындай номиналдык өсүшү негизинен бааны либералаштыруу (эркин баа) аркылуу жана экономикада инфляциянын өсүшү менен түшүндүрүүгө туура келет. 1996–2008–жж. бир жан башына эсептегенде ИДП 5,6 миң сомдон – 35,1 миң сомго же 6,2 эсеге өсүш берсе, ал эми АКШ доллары менен алганда 391 ден– 980 чейин же 2,5 эсеге өскөн. Белгилүү болгондой, бардык өнүккөн өлкөлөрдө акча системасында инфляция жүрүп турат, ошого карабастан ИДПны АКШ доллары менен бир жанга эсептөө динамикасы чындык мүнөзгө ээ (8–табл.).

Кыргызстан 1990–жылы ИДПны бир жанга эсептегенде 1220 АКШ долл. менен Орто Азияда, Казакстандан (2160 долл) кийинки экинчи орунду ээлеген. (Түркменстан (130 доллар), Таджикстан (780 долл), Өзбекстан (980 долл). Ал эми 1995–ж. Кыргызстан ИДПны бир жанга эсептегенде Өзбекстандан 52,4%, Түркменстандан– 51,8%, Россиядан– 42,5% га артта калган.

Акыркы он жылдын ичинде республикада ИДПнын көлөмү 83,8 млрд. сомдон 350,0 млрд. сомго (рыноктук баа менен), же 4,1 эсеге өскөн. Ошондой эле бир жан башына эсептегенде 16,5 млн сомдон 60,5 млн сомго, же 3,6 эсеге, ал эми АКШ доллары менен эсептегенде 342 ден 1120 чейин, же 3,2 эсеге өскөнү байкалат. (3–табл.).

Кыргызстанда ИДП түзүмүн анализ кылган учурда жыл өткөн сайын улуттук экономикада товар өндүрүүнүн үлүшү азайып, көмөк көрсөтүү кызматынын үлүшү өскөнү байкалат.

Мисалы, 2000–ж. республиканын ИДПда өндүрүлгөн товарлардын үлүшү 63,4%, көмөк көрсөтүү кызматынын– 29,6% жана таза салыктын үлүшү– 7,0% болгон. Ал эми 2012 ж. жыйынтыгында, товар өндүрүүнүн үлүшү 38,4% чейин төмөндөсө, көмөк кызмат көрсөтүнүкү– 48,0% га чейин өскөн, б.а. 2000–2012–жж. ичинде ИДП товардык үлүшү– 24,5% га төмөндөсө, көмөк кызмат көрсөтүнүкү– 18,4% га жогорулаган. ИДП мындай түзүмү экономикада боло турган көрүнүш, анткени бардык эле өнүккөн мамлекеттерде ушундай абал (4– табл.).

3– Таблица**. Кыргызстанда ИДП бир жанга эсептегенде**

| | Бардыгы утрумдук баа менен, млн сом | Бир жан башына эсептегенде | |
|---|---|---|---|
| | | млн. сом. | АКШ долл |
| **1996** | 23,4 | 5,6 | 391 |
| **1997** | 30,7 | 6,5 | 374 |
| **1998** | 34,2 | 7,1 | 343 |
| **1999** | 48,7 | 10,0 | 257 |
| **2000** | 65,3 | 13,3 | 278 |
| **2001** | 73,2 | 14,9 | 308 |
| **2002** | 75,4 | 15,1 | 327 |
| **2003** | 83,8 | 16,5 | 342 |
| **2004** | 94,3 | 18,4 | 461 |
| **2005** | 100,7 | 19,6 | 474 |
| **2006** | 113,8 | 21,9 | 574 |
| **2007** | 141,9 | 27,1 | 763 |
| **2008** | 180,9 | 35,1 | 980 |
| **2009** | 201,2 | 37,1 | 865 |
| **2010** | 220,3 | 40,2 | 874 |
| **2011** | 285,9 | 51,5 | 1116 |
| **2012** | 310,5 | 54,8 | 116 |
| **2013** | 350,0 | 60,5 | 1120 |

Статистикалык маалыматы: “Кыргызстан цифрада” 1995–2014.

4– Таблица. **Кыргыз Республикасында өндүрүлгөн ИДП түзүмү**


| Жылдар | ИДП | | Товарлар | | Көмөк кызматы | | Таза салыктар | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | млн сом | % | млн. Сом | % | млн. сом | % | млн. сом | % |
| **2000** | 653557,9 | 100 | 41428,4 | 63,4 | 19374,1 | 29,6 | 455,4 | 7,0 |
| **2001** | 73883,3 | 100 | 45344,9 | 61,4 | 23182,1 | 31,4 | 5356,3 | 7,2 |
| **2002** | 75366,7 | 100 | 41993,2 | 55,7 | 26817,2 | 35,6 | 6556,3 | 8,7 |
| **2003** | 83871,6 | 100 | 45177,6 | 53,9 | 30904,8 | 36,8 | 7789,2 | 9,3 |
| **2004** | 94350,7 | 100 | 48684,9 | 51,6 | 36118,0 | 38,3 | 9553,6 | 10,1 |
| **2005** | 100115,5 | 100 | 49264,6 | 49,2 | 40259,7 | 40,2 | 10591,2 | 10,6 |
| **2006** | 113840,0 | 100 | 51455,6 | 45,2 | 47471,2 | 41,7 | 14913,2 | 13,1 |
| **2007** | 141930 | 100 | 61881,4 | 43,6 | 60887,9 | 42,9 | 19160,7 | 13,5 |
| **2008** | 187991,9 | 100 | 82531,5 | 43,9 | 80836,1 | 43,0 | 24693,3 | 13,1 |
| **2009** | 201222,9 | 100 | 85318,1 | 42,4 | 93769,4 | 46,6 | 22152,8 | 11,0 |
| **2010** | 220369,3 | 100 | 109523,3 | 43,7 | 101590,0 | 46,1 | 22582,4 | 10,2 |
| **2011** | 285989,1 | 100 | 125835,1 | 44,0 | 128695,0 | 45,0 | 31567,6 | 11,0 |
| **2012** | 310471,3 | 100 | 120773,2 | 38,9 | 149026,0 | 48,0 | 40748,0 | 1,3 |


Статистикалык маалыматы: “КР Социалдык өнүгүүнүн тенденциясы”, “Кыргызстан цифрада”, 2005, 2010, 2014

Кийинки жылдарда продукцияны өндүрүүдө калк өзү инвестор боло баштаган, инвестициянын дагы бир булагы– банкта сакталуучу акча–каражаты. Ошондуктан банктар жана башка финансылык институттары калктын кирешесинин бир бөлүгүн банкка сактоого маалымат беришүүдө. Негизинен элдин кызыкчылыгы банкта сакталган акчанын процентик ченеми канчалык жогору болсо, ошончолук акча сактоого көп түшмөкчү. Сакталган акча, банк аркылуу өндүрүшкө инвестиция аркылуу берилет, дагы кошумча жумуш орду, суроо–талаптын, кирешенин өсүшүнө мүмкүндүк түзүлөт. Мультипликатор теориянын маңызы, инвестиция өскөн сайын, өндүрүштүн өсүшү, элдин жумуш менен камсыз болушу жана кирешеси жогорулайт, б.а. коомдун улуттук кирешеси өсөт.

1–Сүрөт. **Кыргыз Республикасынын ИДП түзүмү, % менен**

**2000–ж. (100%)** **2013–ж. (100%)**




Инвестициянын негизи–илимий–техникалык прогрессти өнүктүрүүгө жана рыноктук экономиканын элементи катарында багытталат. Бирок, рыноктук экономиканы жөнөкөй жана өзүн-өзү чектөөчү механизм катарында түшүнүүгө болбойт. Рыноктун механизми менен экономиканын инновацияга багыт алышы, мамлекеттик чектөө аркылуу активдүү кийлигишисиз – концепциясыз жаңы техниканы жана технологияны өркүндөтүү мүмкүн эмес. Ошол эле учурда, экономиканын түзүмү, анын азыркы абалы, иштөө шарты, ж.б. экономиканын өнүгүүшүндө негизги фактору – инвестиция эффективдүү пайдаланбай калууда. Мындай кырдаалдардын себебинен экономикалык реформа бир кыйла кыйынчылыктарга дуушар болууда.

- өндүрүштүн техникалык абалы жана төмөнкү деңгээлдеги сапаты товарлардын, жумуштун жана тейлөөнүн атаандаштыкка туруксуздуктугун алып келүүдө;
- финансылык жана финансылык эмес секторлордо жана элде төмөнкү деңгээлде кирешесинин жана капитал топтоонун негизинде, убагы менен төлөмдөрдү жүргүзүү, ички рынокко багытталган олуттуу инвестиция долбоорун, киргизүү, узак мөөнөттөгү насыя алуу мүмкүнчүлүгүнүн жоктугу себеп болууда;
- күндөлүк керектөө суроо–талабын канааттандырууда элдин кирешесинин деңгээлинин жетишсиздиги;
- рыноктук инфраструктуранын жетишсиз өнүгүүсү ж.б.

Жыйынтыкта Кыргызстандын экономикалык бардык тармактарында каатчылык убагында республикада инфраструктуралык базасын түзүү, улуттук экономиканын өнүгүүсү үчүн өздүк ички ресурстардын тийиштүү булагын табуу жана капиталдык салымды күчөтүү ойдогудай болбой жатат.

## §2. Өткөөл мезгилдин шартында экономика секторлорунун өнүгүүшү

Республикада 90 жылдардын биринчи жарымында эркиндик жана боштондук ачыктан ачык керек экендиги айкындалган, бирок, коомдун социалдык–экономикалык туруктуу өсүшүнө тийешелүү шарт түзүлгөн эмес. Анткени, социалдык–экономикалык калктын жашоо турмушу өлкөнүн экономикалык деңгээлинин көрсөткүчү.

Экономикалык реформа шартында ички финансылык ресурстардын жана банк системасында сактоого салынган акча каражатынын аздыгы, бюджеттин жана төлөм балансынын жетишсиздиги, банк системасынын жана банкка финансылык мекемелердин начар өсүшү, субвенциянын өндүрүшкө тартылышынын жоктугу, чет өлкөлөр менен байланыштын бузулушунун негизинде тышкы соода иштеринин кыскарышы, ж.б. экономиканын кааттылык абалдан чыгышына жана аны турукташтыруу толук мүмкүндүк болгон жок. Негизинен экономикада чет элдик экономикалык жардам, инвестиция жана грант аркылуу иш жүргүзүлгөн.

Бардыгы болуп жогорку иштердин аркасында макроэкономикалык жана чыныгы экономиканын туруктуулугуна өзүн тескери таасирин тийгизгүүдө: биринчиден, эл чарбасында кээ бир экономикалык секторлору жана тармактары жакшы өнүккөн эмес, экинчиден, өндүрүштүн бир катар тармактарында жана мекемелеринде техника–технология деңгээли төмөнкү деңгээлде калган.

Демек, мамлекетке макроэкономикалык туруктуулук өлкөнүн экономикасында негизги проблема. Экономикалык туруктуулук деген өндүрүш менен керектөөнүн, сунуш менен суроо–талаптын, өндүрүштүн чыгымы менен жыйынтыгы, материалдык–мүлк менен финансылык салымдын теңдештиги жана пропорционалдуулугу деген түшүнүк. Практикада мындай теңдештиктер болушу мүмкүн эмес жана жокко эсе, анткени, экономиканын цикл өнүгүүшүндө бир канча тоскоолдуктар, түзүмдүк бузулуштар жана инфляциялар кезип турат. Мына ушул факторлор экономи-канын туруксуздугуна алып келүүдө. Ошондуктан, жаңылануу этап экономиканын түзүмүнүн тең салмакта болбошуна мүнөздүү. Демек, макроэкономикалык деңгээлде түзүмдүк туруксуздук себеби обьективдүү жана субьективдүү факторлорго байланыштуу.

Белгилүү болгондой экономиканын түзүмүнүн өзгөрүшү ар деңгээлдеги темпте жүрөт. Кайра жаралуу мезгилинин максаты экономиканын эффективдүү түзүмүн түзүү жана анын төмөндөп кетишин токтотуу, социалдык маселени чечүү жана рыноктук катнаштын калыптанышына көмөк көрсөтүү. Мындай максат, чыгымдуу мекемелерди жана өндүрүштүү кыскартуу, жаңы жумушчу орундарын түзүү, экспортко жана атаандаштыкка туруштук берүүчү продукцияны өндүрүүдө чет элдик жана ички инвестицияны колдонуу жолдору аркылуу ишке ашырылмакчы.

Экономикалык реформага өтүүдө республикада өндүрүштүн төмөндөшүү менен коштолгон. Экономиканын төмөндөшүнүн жогорку деңгээли 1992–1997–жылдарда болуп өнөр жай өндүрүшү 1,7 эсеге кыскарган. Өнөр жайында өндүрүштүн төмөндөп кетиши тармактарга жараша болот. Мисалы, электр энергетикада жана түстүү металл чыгаруу өндүрүшүндө экономиканын төмөндөшү туруксуз деңгээлде, ал эми жеңил жана машина куруучу тармактарда байкалат. Албетте, машина куруучу тармактын өсүп өнүгүүшү экономикага тийгизген таасири өтө эле чоң. Мисалы, 2004–ж. өнүккөн мамлекеттерде машина куруу тармактын өнөр жай продукциянын түзүмүндө Японияда 43,7%, Германияда – 39,3%, АКШ–36,7%, Орусияда –19,8%, ал эми Кыргызстанда – 4,7% ээлейт.

Кыргызстан эгемендүү мамлекет болгондон тартып, кайра жаралуу мезгилинде эл чарба экономикасынын түзүмүндө бир кыйла өзгөрүүлөр болду. 1990–жылга салыштырганда экономика секторлордун үлүшү бир кыйла өзгөрүүгө учураган. Мисалы, өнөр жай тармагынын үлүшү ИДП 35,0% болгон болсо, 2005–ж. –14,9%, курулушта –8,0%дан 3,0% га чейин төмөндөгөн, ал эми айыл чарбасынын үлүшү тескерисинче 27,0%дан– 31,9%га, соода жана тамак аш –10,0%дан– 20,0% га чейин өскөн. Акыркы жылдарда тармактар дагы бир катар өзгөрүүлөргө дуушар болууда. Мисалы, 2012–ж. өнөр жайдын үлүшү 12,9%, айыл чарбасыныкы– 16,7%, курулуш –6,5%, транспорт жана байланыш– 9,1%, соода жана коомдук тамак аш–15,9% да түзүп бир кыйла жогорулаган (5–табл.).

5– Таблица. **Кыргыз Республикасында экономика тармактарынын ИДП болгон үлүшү, %**

| | 1990 | 2005 | 2009 | 2010 | 2011 | 2012 |
|---|---|---|---|---|---|---|
| **ИДП бардыгы** | 100 | 100 | 100 | 100 | 100 | 100 |
| **а.н Өнөр жайы** | 35.0 | 14.9 | 14.7 | 17.6 | 19.1 | 12.9 |
| **Айыл чарбасы** | 27.0 | 31.9 | 18.8 | 17.5 | 16.6 | 16.7 |
| **Транспорт жана байланыш** | 4.6 | 7.3 | 8.8 | 8.6 | 8.1 | 9.1 |
| **Соода жана коом. тамак аш** | 10.0 | 20.0 | 16.8 | 16.0 | 15.2 | 15.9 |
| **Курулуш** | 8.0 | 3.0 | 6.7 | 5.5 | 4.96 | 6.5 |
| **Башкалары** | 24.0 | 22.9 | 34.2 | 34.8 | 43.9 | 38.9 |

Статистикалык маалыматы: “КР улуттук эсеби” 1995–2014.

Өнөр жай тармагында 1992–1993–жж. Өндүрүш төмөндөп кеткен. Эң жогорку төмөн деңгээли 1995–жылга туура келген, б.а. ИДП жалпы көлөмү 1990–ж. караганда 50,3%ды. Анын ичинен өнөр жайда–35,0%, айыл чарбасында–57,0% ды түзгөн. 1996–ж. өндүрүш секторлордо жандануу башталган. Бирок, экономикада катаал процессинин негизинде жалпы суроо–талап менен сунушту теңдештирүүгө мүмкүнчүлүк болгон эмес. Айрыкча, экономиканын башкы сектору болгон машина куруу, металлды иштетүү, жеңил өнөр жай, энергетика тармактарынын үлүшүнүн төмөндөшү байкалган.

Өндүрүштүн басаңдап түшүп кетишинин бирден бир себеби, даяр өндүрүлгөн продукцияны сатууда мүмкүнчүлүктүн аздыгы жана жоктугу, мекеменин бири–бирине болгон төлөм карыздардын өсүшүнүн негизинде өздүк каражатын топтоо шартынын жоктугу. Бул болсо иштеген адамдардын маянасына жана анын сатып алуусуна түздөн–түз таасирин тийгизген. 1995–ж. башында дебитордук жана кредитордук мекеменин карыздары 4,5 млрд. сомго жеткен. Сактоо жайларда өнөр жай мекеменин сатылбай жаткан даяр продукциялардын көлөмү 540 млн. сомду түзгөн. Жыйынтыкта ар бир үчүнчү мекеме чыгымдуу–кудретсиз (банкрот) деп эсептелген.

Өткөөл мезгилдин 2000–2014-жж. өнөр жай тармактарында өндүрүш бир кыйла жанданган. Мисалы, 2000-ж. өндүрүлгөн өнөр жай продукциясынын көлөмү 41,7 млрд. сом болсо, 2004-ж.– 55,1

млрд. сомго, же 32,1%га өскөн. Ошул эле убакытта тоо–кен өнөр жай тармагында, электр энергиясын, газды, сууну өндүрүү жана бөлүштүрүү 7,4 млрд. сомдон 9,9 млрд. сомго, же 33,8% өсүш болгон.

Бирок, өнөр жай тармактардын өнүгүүшү 2005–2006-жж. басаңдап, 2004–ж. караганда 2005–ж. 5,3% төмөндөгөн. Айрыкча кайра иштетүү өнөр жайында жана металл өндүрүүдө өндүрүш кескин кыскарган (6–табл.).

Акыркы жылдарда (2010–2013–жж) өнөр жай өндүрүшү бир кыйла жанданып, өндүрүлгөн продукциянын көлөмү өсүүдө. Мисалы, 2000–жылга салыштырганда, 2010–ж өндүрүш көлөмү 4,1 млрд. сомдон 126,5 млрд. сомго чейин, же 30,0 эсеге өсүш болгон, а.и. тоо–кен тармагы– 42,0 эсеге, кайра иштетүүдө – 3,1 эсеге жогорулаган.

Ошондой эле өнөр жай тармагынын түзүмү өзгөрүп, өндүрүлгөн продукциянын көлөмү өсүүдө. Мисалы, 2013–ж. жалпы өндүрүлгөн продукция 169,5 млрд. сомду түзгөн болсо, аны 2000–жылга салыштырганда 4,1 эсеге, 2008–ж– 3,2 эсеге, 2010–ж– 1,3 эсеге өсүш болгон.

6– Таблица**. Кыргыз Республикасында өнөр жай тармактын түзүмү.**

| | **2000** | **2005** | **2010** | **2011** | **2012** | **2013** |
|---|---|---|---|---|---|---|
| **Өнөр жай тармактын бардыгы, млн сом<br>% менен** | 4140,9<br>100 | 52216,6<br>100 | 126588,1<br>100 | 164623,9<br>100 | 136967,6<br>100 | 169520,1<br>100 |
| **а.и. тоо–кен өнөр жайы, млн. сом<br>% менен** | 558,8<br>1,4 | 959,2<br>1,8 | 2399,7<br>2,0 | 3683,0<br>2,3 | 6062,4<br>4,5 | 5067,6<br>3,0 |
| **Кайра иштетүү өнөр жайы, млн. сом<br>% менен** | 33467,5<br>80,8 | 40999,3<br>78,5 | 103074,2<br>81,4 | 135943,6<br>82,5 | 106159,4<br>77,5 | 14187,2<br>83,4 |
| **а.и. токуу жана тигүү өндүрүш, млн. сом<br>% менен** | 2032,5<br>4,9 | 2261,8<br>4,3 | 6508,7<br>6,3 | 7594,4<br>5,5 | 9482,9<br>8,9 | 8300,8<br>5,8 |
| **Машина жана жабык өндүрүшү, млн. сом<br>% менен** | 333,2<br>0,8 | 1139,1<br>2,1 | 897,9<br>0,8 | 1669,3<br>1,2 | 1258,2<br>1,2 | 1022,9<br>0,7 |
| **Мунай өндүрүшү млн. сом<br>% менен** | 1108,3<br>2,7 | 554,5<br>1,0 | 1250,1<br>1,2 | 1202,0<br>0,8 | 1368,8<br>1,2 | 1154,3<br>0,8 |
| **Металл өндүрүшү** | | | | | | |

| | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| **млн. сом**<br>**% менен** | 14433,0<br>44,5 | 19660,2<br>37,6 | 64729,2<br>62,7 | 90922,6<br>66,8 | 53810,3<br>50,6 | 84352,6<br>59,6 |
| **Электр энергиясын газды жана сууну өндүрүү жана бөлүштүрүү, млн сом**<br>**% менен** | 7381,6<br>17,8 | 10158,1<br>19,4 | 21114,2<br>16,6 | 24997,3<br>15,2 | 24745,8<br>18,0 | 23065,2<br>13,6 |

Статистикалык маалымат: "КР өнөр жайы", 2005–2014

Акыркы төрт жылдын (2010–2013–жж.) аралыгында өнөр жай продукциясынын ичинен металл өндүрүшү бир кыйла өскөнү байкалат 2010 жылы анын үлүшү 62,7%, ды 2011–ж.– 66,8% түзгөн, ал эми кийинки эки жылда анын үлүшү– 50,6% жана 59,6% га төмөндөгөн.

Инфляциянын жогорку деңгээлде болушу жана макроэкономикалык багытты такталбаган шартта экономикалык реформа өзүн–өзү толук көрсөтө алган эмес. Бирок, ага карабастан, экономика канчалык кыйын абалда болсо дагы, Кыргызстан Өкмөтү экономиканы турукташтыруу программасын иштеп чыккан. Рынокко өткөн шартта административдик башкаруу тутумунун начарлашы айрыкча өнөр жай тармагынын экономикасына терс таасирин тийгизген. Ошонун негизинде өнөр–жай тармагында өсүү темпи да туруксуз болгон. Мисалы, өнөр–жай өндүрүшүндө 2000–2013–жылдардын ичинде ар деңгээлде өсүү темптери байкалган. 2005– жылы мурунку жылга салыштырганда 87,9%, 2012–ж.– 79,8% ды түзгөн. Ушул келтирилген жылдарда тоо–кен, иштетүү тармактарында, айрыкча машина жана жабдууларды куруу, мунайзат өндүрүү, металл чыгаруу тармактарында өсүү темптери төмөндөп кеткен. Ал эми 2019–жылы тоо–кен казуу, текстиль жана тигүү өнөр жайы, машине жана жабдууларды куруу, мунайзат өндүрүү, электр энергиясын, газ, суу өндүрүү жана бөлүштүрүү тармактардын өсүш темпи мурунку жылга караганда төмөндөгөн (7– табл.).

7– Таблица. **Кыргыз Республикасында өнөр жай продукциясынын өсүү темпи (мурунку жылга), % менен**

| | 2000 | 2005 | 2010 | 2011 | 2012 | 2013 |
|---|---|---|---|---|---|---|
| **Бардык өнөр жай** | 106,0 | 87,9 | 109,8 | 111,9 | 79,8 | 134,4 |
| **Тоо кен казуу** | 100,6 | 86,1 | 99,6 | 124,6 | 122,5 | 95,4 |

| | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| **Иштетүү өнөр жайы** | 103,4 | 84,4 | 110,1 | 109,8 | 72,8 | 145,4 |
| **Текстиль жана тигүү өнөр жайы** | 103,3 | 113,3 | 143,3 | 149,5 | 112,5 | 83,5 |
| **Машине жана жабдуулар** | 102,0 | 93,4 | 92,1 | 173,7 | 66,5 | 87,0 |
| **Мунайзат өндүрүү** | 80,8 | 72,1 | 69,7 | 79,3 | 99,5 | 86,1 |
| **Металл өндүрүү** | 105,2 | 76,2 | 106,7 | 103,6 | 66,0 | 185,7 |
| **Электр энергиясына, газ, суу өндүрүү жана бөлүштүрүү** | 113,9 | 101,6 | 111,0 | 122,4 | 105,2 | 98,3 |

Статистикалык маалыматы: “КР өнөр жайы”, 2005–2014.

Мекемелердин төлөм карыздарынын топтолушу, салыктын жогору болушу, банктык насыя карыздарынын көлөмүнүн өсүшү, өнөр–жай өндүрүшүнүн өсүү темпине жана экономиканын түзүмүн турукталышы тоскоол болууда.

Өнөр жай тармактардын арасында кыйынчылык абал жеңил өнөр жайына туура келген. Өндүрүштүн көлөмү 1990–ж. салыштырганда 2008–ж 10% ды түзгөн. Чет мамлекеттерден келген импорттук жеңил өнөр жай буюмдары жергиликтүү мекемелердин продукциясынын атаандаштык туруксуздугуна алып келген. Жалпы өнөр жай продукциясынын оор абалы, рыноктук шартта башкаруу жакшыртууга мажбурлап, ички улуттук экономикалык кызыкчылыкты башка өлкөлөрдүн кызыкчылыгына ылайыкташтыруу маселеси келип чыккан. Эгерде мындай эффективдүү башкаруу болбосо анда экономикалык реформанын тобокелге салып, жыйынтык чыгаруу кыйын эле. Мисалы, машина куруу жана тамак–аш тармактары жалпы өнөр жайдын продукциясынын 76,8% түзүп, республиканын бюджетинин калыптандырууда негизги булак болгон. Ошондой эле жеңил өнөр жай тармагында өндүрүлгөн продукция жалпы өнөр жай продукциясынын түзүмүнүн 1990–ж. 28,8% ды ээлеп, республикалык бюджетке чоң салым кошкон. Бирок, кайра жаралуу мезгилинде бул тармактардын жалпы өндүрүш көлөмү жана үлүшү кескин кыскарган, экономика каатчылыкка дуушар болгон. Өнөр жай тармактарынын ичинен станок жана айыл чарба машинасын куруу, радиоэлектроника прибор өндүрүү жана бир катар жеңил өнөр жайдын мекемелери толугу менен иштерин токтоткон.

Жыйынтыкта каатчылык экономиканын негизинде Кыргызстан индустриалдык өнүккөн мамлекеттен агрардык– чийки зат өлкөсүнө айланган.

Бирок, ошол эле учурда республикада алтын өндүрүү, электр энергетика тармагы жана айыл чарбасы кандайдыр жанданып акырындык менен экономиканын калыптануусуна мүмкүндүк түзүлө баштаган. Экономика секторлор, өнөр жай тармагы каатчылык мезгилге дуушар болушуп, ички жана чет элдик рынокто продукцияны сатуу кыйынчылыкка учураган. Республикада электр энергиясын, жеңил өнөр жай продукциясын сатуу кескин кыскарган.

Өнөр жай тармактарында сапаттуу өндүрүлгөн продукциянын ордуна чийки–заттарды сатуунун негизинде мекемелердин экономикасына тескери таасирин тийгизген. Экономиканын оор абалынын негизги себептеринин бири негизи өндүрүш фондуларды моралдык жана физикалык жактан эскериши, б.а. алардын жешилип (износ), жараксыз деңгээли 75–90% га жеткен. Кээ бир мекемелерде өндүрүш негизги фондулардын, жабдуулардын жаңырышы өндүрүлгөн продукциянын сапатын суроо–талаптын деңгээлине жеткен эмес. Бул болсо өндүрүлгөн продукциянын атаандаштыгынын төмөндүгүнөн жана өндүрүш тармактарынын туруксуздугунан келип чыккан.

Реформанын кийинки жылдарында өнөр жайдын кээ бир тармактардын экономикада өзгөчө орду бар. Бул жагдайда электр–техникалык тармактарында продукцияны өндүрүү көңүлгө татыктуу. Мисалы, АК "OREM" компаниясы оор электро техникаларын чыгарууда адистештирилген. Заводдо микроэлектростанциясы үчүн индукциондук жөнгө салуу, үй тиричиликте иштетүүчү трансформаторлор, ток трансформаторлор ж.б. буюмдарды чыгарган. Бул продукцияны керектөөчүлөрү Кыргызстан, Орусия, Казакстан, Украина, Таджикстан ж.б. өлкөлөр болгон. Убагында АК "ОКЕАН" бир трансформатордун наркы дүйнөлүк рынокто 3 төн 5 миң АКШ долларына туура келсе, ошондой эле Франциядан Туркиядан даярдалган продукция 7 ден 12 миң АКШ долларга, же 2–3 эсеге кымбатка сатылат.

Өткөөл мезгилде өнөр жай көп субьектилердин финансылык алсыздыгы, алардын бири–бирине болгон чоң төлөмдөрү, эмгек акысын жана салыкты убагы менен төлөй албагандыгы

экономиканын каатчылыгына алып келген. Жыйынтыкта, өнөр жай мекемелеринин финансылык тутуму берген сайын начарлаган. Мисалы, 2005–жылы 1972 өнөр жай мекемелеринин рентабелдүүлүгү төмөн болгондордон 3444,6 млн. сомго балансылык чыгымга, дебитордук төлөм– 28,0 млрд сомго жана кредитордук төлөм 36,9 млрд. сомго жеткен, ал эми 2010–2019–ж мекеменин, жалпы балансалык чыгым 3,4547 млн., дебитордук төлөм – 29,4 млрд. кредитордук төлөм – 30,0 млрд. сом болгон болсо, 2013–ж– мекеме 1854, балансылык чыгым – 4556,6 млн. дебитордук төлөм– 42,0 млрд кредитордук төлөм – 37,9 млрд сомго жеткен. Жыйынтыкта жаңылануу мезгилде жыл өткөн сайын, республикасынын бир катар өнөр жай тармактары чыгаша менен иштешкен. Мисалы, 2013–жылы тоо–кен тармагында (жылуулук–энергетикалык) пайдалануу кендерди казып алуу) 152,7 млн. сом, а.и. мунай өндүрүүдө– 292,8 млн. сом терс сальдо (чыгым) менен аяктаган.

Республикада агрардык–сектор экономикада негизги тармактын бири. Анткени, элдин 65% айыл жергесинде жашашат жана ИДПнын 16,7% бул тармакка туура келет. Ошондуктан экономикалык реформанын жүрүшү да ушул тармакка тыгыз байланыштуу. 1991–жылдан баштап агрардык сектордо мамлекеттик чарбаларды менчиктештирүү иши кескин түрдө жүргүзүлө баштаган. Адегенде, чыгымы көп чарбалары, андан кийин бардык колхоз менен совхозду менчикке өткөрүп, толугу менен чарбачылык көз карансыздыкка өткөрүү болгон. Мисалы: 2005–ж. айыл чарбасында 257,3 миң чарба уюштурган. Ал эми 2013–ж. дыйкан (фермердик) чарбалары 382,8 миңге, же болбосо жалпы мекеме–чарбанын 99,8% түзгөн.

Айта турган нерсе колхоздор менен совхоздорду тез приватташтырып, алардын ордуна натуралдык майда чарбалары түзүлүп мамлекеттик көзөмөлдөөнүн жоктугунан айыл чарбасынын экономикасы тез төмөн түшүп кеткен. Буга кошумча, дыйкан (фермердик) чарбалардын жаңы жетекчилери, менчиктин ээси катарында психологиялык жактан тийиштүү деңгээлде иш жүргүзө алган эмес. Мындан тышкары айыл чарба техникалардын, күйүүчү майлоочу майдын, финансы каражаттын жетишсиздиги, өнөр жай товарларга болгон баанын өсүшү, банк насыясынын оорчулугу, ж.б. бул тармактын эффективдүүлүгүнө терс таасирин тийгизген.

Кыргызстан эгемендүүлүк жолуна түшкөндөн тартып, өткөөл учурда айыл чарбасы өтө кыйынчылык процесстерге дуушар болуп, менчиктин жана чарбанын эффективдүү формаларынын, түрлөрүн издөөгө мажбур болду. Агрардык реформаны иш жүзүнө ашырууда практикалык тажрыйбанын, мыйзамдык жана материалдык нормативдердин жетишсиздиги, социалисттик өндүрүштүк тутумунан рынокко өтүү дүйнөлүк тажрыйбанын жоктугу көп кыйынчылыктарды туудурган. Мына ошонун негизинде айыл чарба реформасын жүргүзүүдө кыйла катачылыктар жана кемчиликтер коштолуп, анын эффективдүүлүгүнө жана өнүгүүшүнө өбөлгө түзгөн эмес. Реформанын алгачкы жылдарында (1991–1994–жж) айыл чарбасынын экономикасы кескин төмөндөгөн, малдын башы тез азайып, айдоо аянттар толугу менен, тийиштүү агротехникалык деңгээлде иштелбей, малдын жана эгиндин түшүмдүүлүгү жана продуктуулугу 1990–жылга салыштырганда кыйла азайган.

Бирок, максаттуу саясаттын негизинде агрардык жана жер реформасы туруктуу процесске акырындык менен айланган. 1995–жылы айыл чарба продукциясын өндүрүү алдыңкы жылга салыштырганда 13,1%, ал эми кийинки жылдарда– 4%дан 10%га чейин өсүшү аныкталган, 2008–жылы айыл чарбасында республикалык ИДП 26,9% ды түзгөн.

Жалпысынан айтканда, айыл чарбасы реформанын кийинки жылдарында туруктуу мүнөзгө ээ болду, анткени рыноктук тутуму орун алып, жерге менчик формалары киргизилген. Ошол эле мезгилде, айыл чарбасынын каатчылык абалы, эффективдүүлүктүн төмөн деңгээлинин, мекемелердин, фирмалардын өндүрүш технологиясы болгон негизги фондулардын эскериши жана капиталдык салымдын жетишсиздиги, кадрлардын квалификациясынын төмөндүгү, башкаруу тажрыйбанын жоктугу, жумушсуздуктун күчөшү, айлык маянанын аздыгы ж.б. себеп болгон. Бул жогоруда көрсөтүлгөн себептердин бардыгы өндүрүлгөн продукциянын атаандаштык сапатына түздөн–түз таасирин тийгизген.

Улуттук экономиканы өткөөл мезгилде туруктуу өркүндөтүш үчүн төмөнкү иштерди жүргүзүү зарыл:

- экономика проблемалардын экономикалык саясат эң керектүү жана маанилүү маселелерине багытталышы керек, б.а. эл чарбасынын түзүмүн жакшыртуу, суроо–талап жана сунуштун

өзгөрүштөрү боюнча экономикалык потенциалдын атаандаштыгын күчөтүү;

- экономиканы жандандырууда жана ага накта көмөк түзүүдө, өркүндөтүүдө жогорку технологияны жана алдынкы тажрыйбаны кеңири колдонуу үчүн чет мамлекеттен инвестицияны тартууну активдештирүү;
- мамлекеттик башкаруу институтун жакшыртуу, мыйзамды жана укук тартибин чыңдоо, өндүрүш секторун эффективдүүлүгүн жогорулатууда экономикалык кылмыштуулук жана мафиялаштырылган топтор, коррупция менен тынымсыз күрөшүү;
- мамлекеттин жардамы аркылуу максаттуу түрдө рыноктун түзүмүн жана инфраструктурасын жакшыртууда, чакан жана орто ишкерчиликти өркүндөтүүгө финансы, насыя ресурстарын жана фискалдык саясатын кеңири өркүндөтүү;
- рыноктун шартында кесипкөйлүү кадрларды даярдоо жана кайра даярдоо системасын жакшыртуу;
- финансылык иштерди чыңдоо жана төлөмдөрдү тездетүү, мыйзамдарды колдонууда мамлекеттин катуу көзөмөлүү, иштеген адамдардын материалдык кызыкчылыгын туудуруу эмгек өндүрүмдүүлүгүн күчөтөт.

Жыйынтыкта, экономикалык реформа республикада ачык, айкын жана демографиялык негизинде жүрүүдө. Кыргыз Өкмөтү эл чарбасында жүрүп жаткан реформага дайыма жардам берүү менен көзөмөлгө алууда. Бирок, ошого карабастан республиканын экономикасы дагы эле болсо да тийиштүү деңгээлге өнүкпөй, көп кыйынчылыктарга дуушар болууда. Ошондуктан, өндүрүш секторлордун ишин жакшыртуу үчүн мамлекет комплекс иштерди жүргүзүү зарыл:

Мекемелердин басымдуу бөлүгү финансы–каражаттары максаттуу пайдалануу үчүн көп кыйынчылыктарга дуушар болушууда, анткени:

- айлантма каражаттын жоктугу;
- негизги фондулардын жана жабдуулардын моралдык жана физикалык эскиришин жаңылатуу;
- ички жана тышкы рынокторго товарларды өндүрүүдө жаңы технологияларды колдонуунун негизинде сапатты жогору жана наркы төмөн болгон продукцияларды өндүрүү;

• өндүрүштүн эффективдүүлүгүн жогорулатуу үчүн иштеген жогорку квалификациялуу кадрларды инженер–техникалык персоналдарды жана менеджерлерди даярдоо жана кайра даярдоо иштерин жолго кою ж.б.

Акыркы жылдарга чейин сектордогу мекемелердин эффективдүүлүгү насыя проценттик ченеми жогору болсо, ал эми азыркы учурда пайдадан алынган салык 10%, кошумча нарктык салым – 12% га чейин төмөндөгөн. Мындай салыктар, албетте мекемелердин өндүрүшүн өркүндөтүп кеңейтүүгө, сапаттуу продукция өндүрүүгө көмөк түзөт. Өнүккөн мамлекеттерде мекемелердин пайдасынан алынган салык орточо эсеп менен 30–35%, ал эми КАС– 20% ды түзөт. Мекеме өндүрүшүнүн эффективдүүлүгү банктардан алынган насыяларга түз байланыштуу. Бирок, банк насыялардын процентик жогорку ченеми өндүрүшкө көп тоскоол кылууда. Мындай ченем насыялар негизинен соода–сатык мекемелерине ылайыкташтырылган. Демек, мамлекеттин фискалдык жана финансылык саясаты экономиканын өндүрүш секторунда ылайыктуу мүмкүн болушунча туура багытталышы керек.

Өткөөл мезгилде, эл чарбасында айрыкча оор өнөр жай тармагында орун алган каатчылык кырдаалдарды жеңиш үчүн төмөнкү проблемалык маселерин чечүү зарыл:

1. Өлкөнүн экономикасын өнүккөн индустрияга айландыруу үчүн мүмкүн болушунча программаны иштеп чыгуу, айрыкча машина өндүрүүнү күчөтүү, химиялык жеңил жана кайра иштетүүөнөр жайларын жаңыланган технологиялык базасынын негизинде өркүндөтүү. Бул программалар республикада 2014–2017–жылдарга иштелип чыккан стратегиялык программалардын негизин камтышы керек. Бул программа жеке эле мамлекеттик башкаруудан тышкары, рыноктук механизми төмөнкү региондук илимий өндүрүштүк класстер бизнесинен башталышы керек.

2. Өнөр жай тармагында жана анын түзүмүндө активдүү кайра куруу иштери экспортко чыга турган чийки зат эмес, сапаттуу продукцияны өндүрүүгө багытталышы керек. Мүмкүн болушунча экспорттун пайдасына ылайыктуу экономикада туруктуулук алган дисбаланс кескин түрдө азайышы керек.

3. Атаандаштыкка туруштук бере турган жана инновацияга багытталган алдыңкы мекемелерге жана фирмаларга олуттуу

жардам көрсөтүү менен, тескеринче, банкрот болгон мекемелерден кутулуш керек. Инновациялык багытта экономиканын стартегиялык моделин иштеп чыгуу зарыл.

4. Экономиканын эффективдүүлүгүн жогорулатууда, мүмкүнчүлүк болушунча, атаандаштыкка туруштук бере турган тармактарга жардам көрсөтүү жана өнүктүрүү абзел. Атаандаштыкка туруктуулук бере турган жаңы жана сапаттуу продукция үчүн керектөчүүлөр эле төлөбөстөн, мамлекет дагы дотация, льгота жана башка жолдор менен көмөк көрсөтүүнү жүргүзүшү керек.

5. Инновациялык жана атаандаштыкка туруштук бере турган өнөр жай тармактарынын үлүшүн көбөйтүүдө чет мамлекеттен келе турган инвестицияларга жагымдуу шарттарды түзүү.

6. Республикада жумушсуздуктун жогорку деңгээли учурда инфраструктураны жана жашоого ылайыктуу курулуштарды, жолдорду, ж.б. масштабдуу программаны иштеп чыгуу абзел.

7. Жумушсуздуктун деңгээлинин өсүү шартында жана элдин жашоо тиричилигин көтөрүүдө мамлекет бизнес аркылуу социалдык коргоону чектөөнү жана социалдык саясатты жогорку деңгээлде жүргүзүү.

8. Финансы–банк тутумунда колдоо көрсөтүүнүн, модернизациялаштыруунун деңгээли жана эффективдүүлүгү алиге төмөн болгондуктан ага жардам көрсөтүү өзгөчө маселе. Азыркы прогрессивдик бизнести колдоодо жана аны төмөнкү процент ченеми менен каржылоодо өзгөчө инвестициондук фондусун түзүү.

9. Улуттук валюта девальвацияга учурап турганда, мүмкүнчүлүк болушунча бардык шарттарды колдонуп, аны токтотуу зарыл, анткени өлкөнүн экономикасынын туруктуулугуна жана чыңдалуусуна таасирин тийгизет.

## §3. Экономиканын азыркы абалы жана анын өсүшүнүн проблемалары

Экономикалык реформанын жүрүшүндө экономика кааттчылык кыйынчылыктарга дуушар болду. Анткени республикада экономикалык трансформация башталганга чейин (1990–ж.) өлкөдө ИДПнын көлөмү 13 млрд.руб. болгон, же болжол эсеп

менен – 17 млрд. АКШ долларын түзгөн (1 долл.=65 тыйын), ал эми 2000–жылы ИДП көлөмү – 65,3 млн. сом, же болбосо 1,3 млрд. доллар (1дол.= 47,47е.), 2005–ж–100,7 млрд. сом, же 2,4 млрд. доллар (1 долл.=41,41е.), 2013–ж. –350 млрд. сом, же 7,1 млрд. долл. (1 долл.=49,10) болгон. Демек, республиканын экономикасынын деңгээли 1990–ж. салыштырганда 2000–ж.–13 эсеге, 2015–ж.–7,0 эсеге, 2013–ж.– 2,3 эсеге төмөн дегенди түшүндүрөт.

Экономиканын каатчылык абалынын себептери болуп, административдик тутумунун уландысы, мамлекеттик тапшырыктын (заказдын) жоктугу, инфляциянын күчөшү, финансылык ж.б. каражат ресурстарынын жетишсиздиги, жумушсуздуктун өсүшү, маянанын аздыгы, мыйзам базаларынын төмөндүгү, рыноктун түзүмүнүн жана инфраструктуранын начардыгы, мекеме жетекчилеринин жоопкерсиздиги, мамлекеттик түзүмүндө паракорчулуктун жана коррупциянын күчөшү.

Акыркы учурда Кыргызстанда экономикалык өсүш жөнүндө көп сөз жүрүүдө. Белгилүү болгондой, экономиканын динамика өсүшү үчүн тынчылык, социалдык–саясаттын туруктуулугу, тийиштүү мыйзам базалары, коомдо эл аралык макулдашуу жана мыйзамдарды толугу менен аткаруу керек. Практика жүзүндө экономикалык өсүш көп кырдуу жана өтө эле татаал. Бул жагдайда экономикалык тармактын бири–бирине болгон татаал тутуму бар. Ошондуктан, биринчиден, “экономикалык өсүшү” жана “экономикалык өнүгүүсү” деген түшүнүктөрдү билүү зарыл. Эгерде экономикада өсүш байкалбаса, анын өнүгүүсүнө кандайдыр базасы түзүлүшү керек. Экинчиден, өнүгүү процесси экономиканын түзүмүн эффективдүү алмаштыруу, же жаңы инновация экономикалык өсүштү түздөн–түз камсыз кылбайт. Үчүнчүдөн, экономиканын өнүгүүсү төмөндөп кеткен сызык түрүндө да жүрүшү мүмкүн, мындай учурда экономикалык өсүш эмес продукциянын сапаты жана анын касиети да төмөндөшү ыктымал.

Коомдо өндүрүштү кайталап өндүрүү (воспроизводство) маңызы экономикалык өсүш жыйынтык деген менен өндүрүштө өз белги (атрибут) катарында жүрө албайт. Албетте, экономикалык өсүштүн башталышы ушул баскычта (стадияда) өтөт жана экономикалык бөлүштүрүү жана алмаштыруу процесстери аркылуу өзүн көрсөтө алат. Бирок, өндүрүш менен керектөөнүн ортосунда татаал динамикалык байланыш бар. Анткени, өндүрүш канчалык маани-

лүү болсо дагы ал суроо–талапка көз каранды. Башкача айтканда, экономикалык өсүш өндүрүштөн пайда болгон менен, анын накта маңызы качан гана өндүрүлгөн продукция сатылганында жана керектелгенинде.

Экономикалык өсүштү иликтөөдө жана ага баа берүүдө методдоруна өзгөчө көңүл буруу зарыл. Экономикалык өсүш татаал жана комплекстик көрүнүш катары экономикалык өнүгүү-нүн критерия катарында каралганы менен ал процесс катарында, экономикалык жана социалдык жыйынтыкты баяндаган көптөгөн сандык жана сапаттык көрсөткүчтөрү бар. Жеке эле коомдук өндүрүштүн көлөмүн көрсөтпөстөн, экономикалык көрсөткүч өсүштүн сандык жана сапаттык өлчөө катары колдонулат. Буларга, эмгек өндүрүмдүүлүктүн өнүгүү деңгээли жана социалдык көрсөткүчтөр, ж.б.

Жыйынтыкта, экономикалык өсүш кыска мааниде–бул өндү-рүш стадиясында пайда болгон процесс жана кийинки коомдук өндүрүштө туруктуу мүнөзгө ээ болот. Экономикалык өсүш эмгек өндүрүмдүүлүгүн, продукциянын сапатын жана санын өзгөрүүгө алып келип, коомдук өзгөрүштү бир учурда көбөйтүүгө жана элдин турмушун жакшыртууга шарт түзөт. Экономикалык өсүш кеңири түшүнүк боюнча экономиканын өнүгүүсүнүн критериясы жана өзүнүн маңызы боюнча коомдун өнүгүүсүнүн эң башкы жана жалпы траекториясы. Жалпылап айтканда, ал социалдык, саясат-тык, демографиялык мүнөздө коомдун кыймыл багытын тастыктап жалпы коомдун өнүгүүсүндө прогрессивдик, регрессивдик жана инерциялык жайда белгилейт.

Экономикалык өсүштүн параметри (мүнөздөгүчү) улуттук чарбанын өнүгүү динамикасын жана экономикада мамлекеттик чектөөнү мүнөздөө үчүн пайдаланат. Өлкөнүн жарандары жогорку чарбалык жана мамлекеттик оргaндарын (мисалы, парламент, президент, өкмөт) иштерине экономиканын өсүш динамикасы жана элдин жашоо деңгээли боюнча көрсөткүчтөр аркылуу баа беришет.

Экономикалык өсүш жана анын өсүү темпи, сапаты жана башка көрсөткүчтөр жеке эле улуттук чарбанын потенциалы менен көз каранды болбостон, тышкы экономикалык жана тышкы саясат факторлорго да байланыштуу. Экономикалык өсүштү кандайдыр бир өлчөмдөгү убакытта өндүрүлгөн товарларды жана көмөк

кызмат көрсөтүүнү түшүнүүгө болот. Аны экономиканын азыркы өсүшүн өткөөл мезгилге (жылга) салыштыруу менен абсолюттук (жалпы көлөмү, тонна же млн. сом) жана салыштырма (относительный) пайыз менен эсеп жүргүзсө болот. Экономикалык өсүштүн негизги максаты суроо–талапты канааттандыруу жана элдин жашоо турмушун жакшыртуу.

Экономикалык өсүштүн олуттуу көрсөткүчтөрү болуп ИДПнын өсүшү, инфляциянын өсүш тенденциясы, жумушсуздуктун деңгээли, бюджеттин дефицити, жакырчылыктын жана мамлекеттик карыз деңгээли. 2002–2013–жылдардын арасында ИДПнын продукциянын өсүшү да ар түрдүү деңгээлде экени байкалат. Мисалы, 2003–2004–жж. ИДПнын өсүшү 7,0% түзсө, ал эми 2005–2006–жж. кескин –0,2–3,1%га төмөндөгөн. Кийинки жылдарда анын өсүшү7,0–8,5% чейин, ал эми 2012–ж.–12,7% өскөн. Ошондой эле инфляциянын өсүш деңгээли 2006–ж. чейин туруктуулугу байкалат дагы, 2007–2008–жж.–20,1–21,0 өсүш болгон, кийинки жылдарда төмөндөп, 2013–ж.–6,6% түзгөн. Албетте, инфляциянын бирде өсүшү жана ылдыйлашы экономиканын туруксуздугун баяндайт. Экономикасы өнүккөн мамлекеттерде инфляциянын деңгээли 2–3%, а.и. Японияда 0,5–1,0% ды түзөт.

Улуттук экономиканын чыңдалышына жана өсүшүнө, айрыкча ИДПнын көлөмүнө жумушсуздуктун деңгээли түздөн–түз таасирин тийгизет. Статистикалык маалыматы боюнча анын деңгээли 12,5% (2002–ж.) 8,3% (2013–ж.) чейин төмөндөгөнү байкалат. (8–табл.).

8– Таблица. **Кыргыз Республикасынын экономикасынын негизги өсүш көрсөткүчтөрү**

| | ИДП, % менен | Инфляция, % менен | Жумушсуздук, % менен | Бюджеттик дефицит ИДП, % | Тышкы карыз ИДП, % менен | Жакырчылык | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | | | | Барды гы, % менен | а.и. өтө жакыр чылык, % |
| **2002** | 0,0 | 2,3 | 12,5 | –5,1 | 96,7 | 44,4 | 13,8 |
| **2003** | 7,0 | 5,6 | 9,9 | –4,3 | 91,4 | 35,5 | 13,7 |
| **2004** | 7,0 | 2,8 | 9,5 | –3,4 | 86,0 | 45,9 | 13,4 |

| | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **2005** | –0,2 | 4,9 | 8,1 | –4,2 | 77,0 | 43,1 | 11,1 |
| **2006** | 3,1 | 5,1 | 8,3 | –3,0 | 66,3 | 39,9 | 9,1 |
| **2007** | 8,2 | 20,1 | 8,2 | –1,6 | 52,8 | 35,0 | 6,6 |
| **2008** | 7,7 | 21,0 | 7,7 | –2,0 | 48,6 | 31,7 | 6,1 |
| **2009** | 7,0 | 6,8 | 5,2 | –1,5 | 58,3 | 31,9 | 6,1 |
| **2010** | 9,5 | 8,0 | 8,9 | –4,9 | 59,7 | 33,7 | 5,3 |
| **2011** | 2,9 | 16,6 | 8,6 | –4,8 | 50,1 | 36,8 | 4,1 |
| **2012** | 8,5 | 2,8 | 8,4 | –6,5 | 50,5 | 38,0 | 4,4 |
| **2013** | 12,7 | 6,6 | 8,3 | –0,7 | 50,7 | 37,0 | 2,8 |

Статистикалык маалыматтары: “Кыргызстан цифрада”, “КР–жашоо деңгээли”, “КР социалдык өнүгүү тенденциясы”, 2005–2010, 2014.

Экономиканын өсүш деңгээлине мамлекеттик бюджеттин киреше булактары чоң ролду ойнойт. Анткени, канчалык кирише бөлүгү көп болсо, ошончолук мамлекет эл чарбасына инвестиция жана субсидия берүүгө мүмкүнчүлүк алат. Республикада акыркы үч жылда (2010–2012–жж) бюджеттик дефицит ИДПга салыштырганда 4,9–6,5% га чейин жеткен бюджеттик дефицит менен мамлекеттик карыздар (айрыкча чет элдик) менен тыгыз байланыштуу. Канчалык мамлекеттик тышкы карыз көп болсо, ал бюджеттик дефицитке алып келет. 2002–ж. мамлекеттик карыз ИДПга салыштырганда 96,7% түзүп, андан кийин акырындык менен 2013–ж.–50,7% төмөндөгөн.

Көп экономикалык маалыматтарга караганда, эгерде тышкы мамлекеттик карыз ИДПга салыштырганда 50% га жогору болсо, ал мамлекеттин экономикасында каатчылыкты (кризисти) алып келет. Экономиканын өсүш деңгээлинин бирден бир көрсөтүүчү бул жакырчылыктын деңгээли. Анткени, экономиканын өсүшү экономика үчүн иштебейт, анын негизи жыйынтык багыты– элдин жашоо турмушун жогорулатуу, жакырчылыкты азайтуу. 2002–2013–жж. ичинде республикада жумушсуздуктун деңгээли 12,5%дан 8,3% га чейин, анын ичинен өтө жакырчылык 44,4%дан 37,0% га чейин кыскарган. Бирок, республикада жакырчылыктын деңгээли дагы эле жогору (37%–2003–ж.), башкача айтканда элдин үчтөн бир бөлүгү жакырчылыкта жашайт.

Жыйынтыктап айтканда, ички дүң продукциянын (ИДП) өсүшү өндүрүштө иштеген жарандардын ишмердүүлүгүн акыркы көрсөткүчү. Бул көрсөткүч өлкөдө өндүрүлгөн товарлардын жана көмөк кызматтын наркын көрсөтүүчү көрсөткүч.

Жалпы ИДПнын нак өсүшү мамлекеттин өнүгүүсүн жана экономикалык потенциалдын баалоо боюнча абсолюттук көрсөткүч болгон менен, ал элдин жашоо турмушунун деңгээлин толук мүнөздөбөйт Ошондуктан, ИДПнын салыштырмалуу канча товар жана көмөк көрсөтүү кызматы бир жанга эсептегенде туура келет. Бул көрсөткүчтүн да кемчилиги бар. Албетте, элдин турмушунун деңгээли калктын өсүшү темпи менен тыгыз байланыштуу, анткени канчалык элдин саны өскөн сайын жумушка жарактуу адамдын саны да өсөт, ал түздөн–түз ИДПнын өсүшүнө таасирин тийгизет. Бирок, ИДПнын менен калктын санын өсүшү менен байланышын алсак, эгерде ИДПнын өсүү темпи, калктын өсүү темпинен жогору болсо анда экономиканын өнүгүүсүнө алып келет. Тескериче, калктын саны өсүү темпи, ИДПнын өсүү темпинен жогору болсо, анда экономиканын өнүгүүсүнө алып келбейт. Экономиканын өнүгүүсү өнүккөн мамлекеттерде байкалат, анткени ИДПнын өсүү темпи калктын өсүү темпинен жогору, ал эми экономикасы начар мамлекеттерде–тескериче.

Экономикалык өсүштүн эки түрү бар. **Биринчиси**, эффективдүү жол менен, б.а. өндүрүштүн өсүш–кеңейиши – кошумча эмгек, табигый ресурстарды колдонулган технологияны өзгөртпөстөн экономиканын масштабын (көлөмүн) жогорулатуу. Мындай учурда экономикада өндүрүштү кеңейтүү шарты акырындык менен начарлаганы байкалат, анткени иштеп жаткан мекемелерде техникалар жана жабдуулар моралдык жана физикалык жактан эскире баштайт. Жыйынтыкта өндүрүштүк чыгымдар өсүп, ар бир – өндүрүлгөн продукциянын наркы өсө баштайт да пайданын көлөмү төмөндөйт. Демек, экономикалык өсүш чыгымдуу мүнөзгө ээ болот.

**Экинчиси**– интенсивдүү жол экономиканын өсүшү, б.а. өндүрүштө эмгек өндүрүмдүүлүгү жогору болгон жаңы техникаларды, жабдууларды, технологияларды, илимий–техникалык жаңылыктарды пайдалануунун жана кадрлардын квалификациясын жогорулатуунун негизинде экономиканын өсүш масштабын жогорулатуу. Мындай факторлорду колдонууда жаңы продукция-

лардын түрүн жана сапатын жакшыртууга мүмкүндүк түзүлөт. Эмгек өндүрүмдүүлүгү өсүп, материалдык–техникалык ресурстарды пайдалануу үнөмдөлөт.

Экономиканын интенсивдик жол менен өсүшү, эл чарбасынын түзүмүнүн терең өзгөртүүнүн жана активдүү, демилгелүү кадрлардын негизинде жүрөт. Бирок, интенсивдик жол менен экономиканын өсүшүндө жана сапаттуу продукцияны өндүрүүдө, жумушсуздук пайда болот.

Жыйынтыкта, экономикалык өсүш мамлекетин эл чарбачылыгында жүргүзгөн ишинин жыйынтыгы, бейпилдиктин индикатору жана көз карандысыздыкка эмес экономиканын жана улуттук коопсуздуктун гаранты. Демек, экономикалык өсүштү камсыз кылуу–өкмөттүн негизги проблемалары жана максаты.

Өткөөл мезгилде, экономикалык тармактын түзүмүндө бир кыйла муктаждык өзгөрүүлөргө алып келет да рыноктун шартына туура багытталган тармактар өнүгө баштайт. Мындай учурда көп тармактар индустриалдык жолдон кетип, негизги фондулары тездик менен эскирип, илимий–техникалык прогресс үчүн чыгымдар кыскарат жана инвестициянын жетишсиздигине алып келет. Экономикада өндүрүштүн ылдыйлашы жумушсуздукту күчөтөт, элдин сатып алуу шарты төмөндөйт, өлкөдөн капиталдын чыгып кетүүсүнө алып кетет.

Мындай экономикалык абал, республикада реформа башталгандан тартып, ушул мезгилге чейин уланууда. Өлкөнүн жетекчилери, реформаны жүргүзүүдө, чет элдик финансылык институттарга көз каранды болуп, алардын айткан сунуштарын чындык катарында кабыл алышкан. Бүткүл дүйнөлүк банк жана Эл аралык валюталык фонд узак убакытта каражатты насыя берүү менен, экономикада баанын жана тышкы сооданын эркиндигин сунуштап, өкмөттүн тармак түзүмүн токтотуп, кийлигишип, тоскоолдоп Кыргызстанды марионеттик республикага айландырган. Алардын сунуштары менен Кыргыз Өкмөтү өнөр жай, айыл–чарба мекемелерин тез арада приватташтырууга, рентабелдүү завод–фабрикаларды, колхоз–совхоздорду жок кылууга, талап–тоноого алып келген. Айрыкча республикада айыл чарбасы боюнча тездик менен ири колхоз–совхоздорду, сүт комплекстерин (86 комп. –800–1200 саан уй) малды бордоп семиртүү, кунажын комплекстери (50 жакын), 11 жогорку өнөр жай технологиядагы канаттуу фабри-

каларын, Иванов атындагы 25 миң чочкону бордоп семиртүү комплекси ж.б. ушундай эффективдүү чарбаларды, жүн жуучу ири фабрикаларды, эт комбинаттарын талкалатып, тонотуп, алардын ордуна майда натуралдык менчик чарбаларды сунушташкан.

Эл аралык финансылык институттардын сунуштары, республикада экономикалык өсүштүн ордуна “экономикалык башаламандыкка” алып келип, экономиканы пландоого жана башкарууга Өкмөттүн мүмкүндүгү болбой калган. Жыйынтыкта, республиканын экономикасы кескин төмөнкү деңгээлге түшүп, жумушсуздукту күчөтүп, элдин жашоо турмушун жакырчылыкка дуушар кылган. Эл аралык финансы институттардын сунуштарын, Кыргыз Өкмөтүн жетекчилери, (айрыкча А.Акаев терең түшүнбөстүктөн) “Алтын сунуш” катарында көрүп, экономиканы толугу менен талкалаган. Мунун кесепети Кыргызстандын эгемендүүлүгүнө 25 жыл болсо дагы Акаевчылардын “Жасаган эмгектери”, дагы эле уланып тескери таасирин тийгизүүдө.

Практикада экономикалык өсүш, элди жумуш менен камсыз кылуу жана көп пландуу процесс аркылуу экономикалык прогрессти камсыз кылуу. Экономикалык прогресс деген эмгек өндүрүүмдүлүгүн арттыруу. Эмгек өндүрүүмдүлүк жана жумуш убагын экономдоодо коомдун байлык критериялык, көрсөткүчтөрү, анын ар түрдүү материалдык жана жан дүйнөсүнүн булагы. Демек, экономикалык прогресс жан башына эсептегенде улуттук кирешени көбөйтүү жана социалдык жагдайда элдин жашоо турмушунун жакшырышы (тиричилик жашоонун индекси, билим деңгээлинин индекси, ж.б.) деп түшүнсө болот. Канчалык индекстин мааниси бир бирдикке жакындаса, адамдын өнүгүү деңгээли ошол өлкөдө жогору жана коомдо экономиканын өнүгүүсү алдыга койгон максатка жакындайт. Жогоруда айтылган көрсөткүчтөрдүн негизинде, экономикалык өсүштүн маңызы социалдык–экономикалык стратегиясын иштеп чыгуу, б.а. жакынкы жыл аралыктарында өлкөнүн эл чарбасын индустриалдык жол менен өнүктүрүү. Бул үчүн төмөнкү проблемаларды чечүү зарыл:

- экономикада жогорку өсүш темпин, айрыкча энергетикада, жылтырак кендерди казып алуу, айыл чарбасын жандандырууда товар өндүрүүчүлөргө болушунча жагымдуу шарттарды түзүү;

• негизги фондуларды тездик темпте жана экономикалык түзүмүн жаңыртуу, ресурстарды коромжусуз пайдалануучу технологияларды ишке киргизүү;

• өндүрүш секторлорго инвестицияны активдүү тартуу жана финансы– акча–салык саясатын чындоо;

• экономиканын өсүш шартын түзүүдө мамлекеттик чектөөнүн кошумча инструменттерин (салык аркылуу баанын түзүмүн башкаруу жана акча эмиссия аркылуу чектөө) пайдалануу ж.б.

Жыйынтыктап айтканда, ар бир өлкө, менчиктин түрлөрүнө жана башка факторлорго карабастан экономикалык өсүштү максат кылат. Экономикалык категория "Экономикалык өсүш" төмөнкү максаттарды камтыйт:

• **биринчиден**, иштөөгө макул жана жөндөмдүү адамдарга толугу менен иш менен камсыз кылуу;

• **экинчиден**, чектөөнү пайдаланууда экономикалык эффективдүүлүгүн, б.а. аз чыгымдан максималдуу пайда табуу;

• **үчүнчүдөн**, рыноктук бааны турукташтыруу, баанын тез которушуна же түшүп кетишине жол бербөө;

• **төртүнчү**, экономикалык боштондук: мекемелер, менеджерлер, жумушчулар, керектөөчүлөр өзүнүн чарбачылык иштеринде жогорку деңгээлде боштондукта болушу абзел;

• **бешинчи**, кирешени акыйкат менен бөлүштүрүү, б.а. кээ бир катар жарандар байлыкта, кээ бир катар жарандар өтө эле жакырчылыкта болбошу керек;

• **алтынчы**, оорулуу, эмгекке жараксыз, кары–картаң жана ушуга окшош жарандарга ченемдүү(нормалдык) жашоо үчүн экономикалык камсыздоо көрсөтүү;

• **жетинчи**, эл аралык соода сатыкта жана эл аралык финансылык операцияларда соода балансын кармап туруу ж.б.

Бул максаттарга жетиш үчүн атаандаштыкка жарактуу сапаттуу продукцияны өндүрүп, ички жана тышкы эл аралык рынокко сатуу. Бул жагдайда, албетте,өндүрүш секторлорго чоң–чоң инвестицияны тартуу, бирок мамлекеттик карыз 3,5 млрд. ашып турганда инвестицияны кеңири тартууга тоскоол кылууда. Ата мекендик товар өндүрүүчүлүктөрдүн продукциясын тышкы соодага чыгарууда ар бир мамлекет эл чарбасында адистештирүү процессин жүргүзөт, б.а. арзан жана сапаттуу өндүрүлгөн продук-

ция экспортко чыгаруу, ал эми кымбат өндүрүүчү продукцияларды чет жактан сатып алуу. Мындай адистештирүү ар бир мамлекеттик эмгекти эл аралык деңгээлде бөлүштүрүү дегенди түшүндүрөт. Мисалы, Япония – автомобиль, Канада, Казакстан – эгин өндүрүү, Кыргызстан – мал чарбасын, Кипр– туризмди өркүндөтүү ж.б.

Республиканын экономика өнүгүүшүнө формалдык эмес (көмүскө) экономиканын секторун ачыкка чыгаруу. Ар кайсы маалымат боюнча көмүскө экономика республиканын ИДП продукциясын 40–50%ын ээлейт.

Көмүскө экономиканы ачыкка чыгаруу, жаңы жумушчу орундарды түзүүдө, инновацияны пайдаланууда, киреше жана пайданы көбөйтүүдө чоң факторлордун бири. Көмүскө экономиканы ачыкка чыгаруу үчүн жагымдуу салык базасын түзүү, бизнести өстүрүүдө каттоо жана салык чыгымдардын азайтуу, ж.б. жеңилдетилген жардам көрсөтүү иштерди жүргүзүү абзел.

Экономикалык өсүштү камсыз кылууда, макроэкономикалык көрсөткүчтөрдү жакшыртуу үчүн эл чарбасында, айрыкча бюджет толтуруучу мекемелерде модернизация иштерин жүргүзүү. Айрыкча артыкчылыка ээ болгон тармактарда, модернизация иштери экономиканы чындоого көмөк түзүп, республиканы орто жана жакшы өнүккөн мамлекеттерге чыгарууга мүмкүндүк пайда болот. Бирок, республикада түзүлгөн ачык экономика жагдайы, ички рынокту чет элдик сапаттагы жогору болгон продукциялар ээлеп, өзүбүздөн чыккан улуттук продукцияга болгон суроо–талапты кыскартууга жана экономиканын төмөндөшүнө алып келүүдө. Чет элдик товарларга караганда, өндүрүлгөн улуттук продукциянын наркы жогору, анткени жаңы техниканы жана технологияны киргизүү өтө чоң чыгымды же инвестицияны талап кылат.

Жыйынтыктап айтканда, республиканын өндүрүш тармактарында атаандаштыкка туруштук бере турган сапаттуу продукцияны өндүрүү абзел. Экономикасы өнүккөн мамлекеттер мындай абалга жүз жылдап жеткен, ал эми биздин реформаторлор 10–15 жылдын ичинде жетүүнү каалашкан. Азыркы мезгилде экономиканын өсүш деңгээлин бийик деңгээлге жеткизиш үчүн аябай чоң убакытты жана финансы каражатын талап кылат, анткени республика илимий – техникалык прогресс боюнча өнүккөн мамлекеттерден көп артта калган.

Ошол эле мезгилде Кыргызстанда жалгыз жана кайталангыс өзгөчө товар бар – адамдык капитал, адамдык ресурстук потенциал. Бул боюнча Кыргызстан башка мамлекеттерге атаандаштыкка бара алат. Адамдык капиталды (билимдүү кадрлар) менен башка өндүрүштүк ресурстарды толук жана эффективдүү пайдалансак, экономиканын өнүгүүсүнө чоң көмөк түзөт.

## §4. Экономикалык өсүштүн проблемаларын чечүүдө мамлекеттин ролу.

XX кылымдын 80–жылдарында союз кулагандан кийинки өлкөлөрдө коомдук өнүгүү жолунда кайрадан түп тамыры менен ойлонууга туура келди. Экономикалык өсүштүн концепциясында өндүрүштүн масштабын өстүрүүдө сандык көрсөткүчтөрдү баалоо экинчи планда калган. Бул көрсөткүч табигый ресурстарга өндүрүштүк иштердин таасири анчалык болбогон учурда колдонулган. Азыркы кезде көп мамлекеттер экономикалык өсүш проблемаларын кеңири контекстте, б.а. экономикалык иш жүргүзүүнү коомдук өнүгүүсүнүн курамы катарында карайт. Мына ошонун негизинде табигый ресурстарды экеномдоо жана айлана чөйрөнү сактоо, эмгектин чыгармачылык мүнөзүн өнүктүрүү, ж.б. экономикалык өсүштүн эффективдүү жана сапаттуу проблема-лары.

Практика жүзүндө мамлекеттик экономикалык саясаты өндүрүштүн көлөмүнүн жогорку өсүш темпине жана социалдык–экономиканын рыноктук эффективдүү өнүгүүсүнө багытталыш керек. Экономиканы либерализациялаштыруу жана өсүү насыя экспансиясы, эмгек өндүрүмдүүлүгүн жана продукция чыгарууну күчөтүү үчүн кайсы гана тармакта болбосун, эффективдүү пайдалана турган болсо, ресурстарды ошо тарапка жумшоо рыноктун талабы. Бирок, практика жүзүндө инвестициялык товардын кыскарышы мамлекеттин көзөмөлүнүн кескин начарлашына өлкөнүн ички жана тышкы суроо–талапты бөлүштүрүүдө рынокко кеңири жол берген. Инвестициянын мамлекет тарабынан кыскарышы мекемелер, фирмалар жана иштермендер аркылуу толтурулган эмес.

Административдик командалык системада өндүрүштү жана продукцияны бөлүштүрүүнү толугу менен мамлекет өзүнө алган, ал эми рыноктун шартында бардык процесстер мекемелерге,

фирмаларга үп, рыноктук механизмин өз алдынча чечүү жана ишке киргизүү болгон. Бирок жаңы товарларды чыгаруу, маркетингдик изилдөөнү жүргүзүү, өндүрүштү модернизациялаштыруу, адистерди жана жумушчуларды окутуу үчүн кыйла убакыт жана ресурстарды талап кылат.

Мамлекеттик менчиктин аркасында административдик пландоо тутуму жана монополиясы илимий–техникалык прогрессти өркүндөтө алган эмес. Мындай шарт жабык экономиканы, рыноктун катнашынын өнүкпөгөндүгүн, ишкерчиликтин демилгесин басмарлоого алып келген.

Экономиканын өсүшүндө эң маанилүү глобалдык проблемаларына төмөнкүлөр кирет:

- мекемелердин, фирмалардын илимий–техникалык жетишкендиктерге жогорку деңгээлде баа берүү жана кабыл алуу;
- экономиканын ар түрдүү тармактарында алдыңкы техника–технологияларды, тажрыйбаларды өндүрүшкө тездик менен киргизүү.

Бул проблемаларды чечүү процесси экстенсивдүү экономикалык өсүштөн интенсивдүү жолго өтүү зарыл. Интенсивдик өсүш жолу, эл чарбасына инвестицияны жана жаңы технологияны тартуу дегенди түшүндүрөт. Акыркы экономикалык жаңылануу жылдарда кыргыз өкмөтү эл чарбасына бир кыйла чет элдик инвестиция алып келди. Мисалы, 2013–ж. негизги фондуларга капиталдын суммасы 79,7 млрд. сом инвестиция салынган, а.и. мамлекеттик менчиктер үчүн– 11,3%, муниципалдык – 3,6% жана жекече менчикке – 84,7%. Акыркы беш жылдын ичинде (2009–2013–жж.) негизги фондуларга салынган инвестициянын көлөмү 52,9% өскөн. Ошондой эле, инвестициянын жалпы көлөмүнүн 64,1% ички инвестиция, тышкы инвестиция– 35,9% түзгөн.

Акыркы жылдары республиканын экономикасына тышкы инвестициянын тартуу көлөмү бир кыйла өскөн. Мисалы, 2002–2013–жж. ичинде чет өлкөлүк түз инвестициялардын көлөмү 512,6 млн. АКШ доллардан– 5487,1 млн. долларга, же болбосо 10,1 эсеге өскөн, а.и. түз инвестициялар–115,6 млн. долл.– 964,5 млн. долларга чейин, же 8,4 эсеге, башка инвестициялар–381,3 млн. долл.– 4474,9 млн. долларга чейин, же болбосо–11,7 эсеге өскөн (9– табл.).

Келтирилген 13– табл. маалыматтары боюнча тышкы чет элден келген түз инвестициялардын үлүшү 22,6%дан 17,5%га төмөндөгөн, ал эми башка инвестициялардын көлөмү– 74,3%дан 81,5%га өскөн. Ошондой эле 2005–2013–жж. гранттардын жана техникалык жардамдардын үлүшү– 0,3%дан– 0,8%га өскөн.

2013–жыл экономиканын тармактары боюнча тышкы түз инвестициялардын жалпы көлөмүнүн 77,9% өнөр жайга, 9,4%– электр энергиясын, газ менен сууну өндүрүү жана бөлүштүрүү– 6,7%, транспорт жана байланышка, 1,3% курулушка жумшалган. Чет элдик тышкы инвестициялар менен республикада 2601 мекеме анын ичинен 535 өнөр жай тармагында 535, тоо кен жана кайра иштетүүдө– 517, 194–курулушта– 194, транспорт менен байланышта– 243 ишмердүүлүк кылышат.

Эгерде түз инвестициянын түзүмүн карасак, анда 2013–жылы 4,6% үлүшү акционердик капиталга, 17,1%– кайра инвестициялык кирешеге, 78,3% башка капиталга туура келет.

Жыйынтыкта, экономика секторуна инвестицияны тартуу өлчөмдүү өндүрүштүн ресурстарын эффективдүү пайдалануунун негизинде сапаттуу, атаандаштыкка туруктуу продукцияны өндүрүп, экономикалык өсүштү камсыз кылат. Республикада табигый ресурстардын жетишсиздигине байланыштуу, инвестицияны адам капиталы үчүн жумшоо абзел. Адам капиталы адамдын жөндөмдүүлүгү менен киреше алып келүүчү ресурс. Инвестицияны адам капиталы үчүн салуу убакыт өткөн сайын адамдын өзүнө жана жалпы коомго алып келүүчү пайда. Мындай учурда жеке адамга келтирүүчү айлык–пайда маянанын өсүшү жана аткарылган жумуштун негизинде коомго канагат алып келет дагы, кошумча көлөмдүү сапаттуу продукцияны өндүрүүнү жана көмөк кызмат көрсөтүүнү өркүндөтөт.

9–Таблица.**Тышкы чет өлкөлүк инвестициянын түзүмү (миң АКШ долл. менен)**

| | **2002** | **2005** | **2006** | **2007** | **2008** | **2009** | **2010** | **2011** | **2012** | **2013** |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **Баӷрдыгы** | 512,6 | 2170,8 | 2514,0 | 3158,0 | 4397,7 | 4564,8 | 3572,4 | 4948,0 | 4335,8 | 5487,1 |

| | | | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **Түз инвести–циялар** | 115,7 | 175,6 | 210,3 | 335,6 | 866,2 | 660,9 | 660,1 | 849,2 | 590,7 | 964,5 |
| **Портфелдик инвести–циялар** | 115,6 | 2,6 | 0,5 | 9,7 | 8,0 | 1,5 | 0,1 | 5,5 | 0,0 | 2,5 |
| **Башка инвести–циялар** | 381,3 | 1952,3 | 2127,0 | 2056,0 | 3464,6 | 3640,2 | 2688,2 | 4001,1 | 3665,5 | 4474,9 |
| **Гранттар, техникалык жардам** | – | 5,6 | 50,9 | 55,5 | 58,9 | 262,2 | 218,0 | 92,2 | 79,6 | 45,2 |
| **Бардыгы,%** | 100 | 100 | 100 | 100 | 100 | 100 | 100 | 100 | 100 | 100 |
| **Түз инвести–циялар** | 22,6 | 9,7 | 13,4 | 13,8 | 19,7 | 14,4 | 18,4 | 17,1 | 13,6 | 17,5 |
| **Портфелдик инвести–циялар** | 3,1 | 0,1 | 6,02 | 0,3 | 0,2 | 0,3 | 0,3 | 0,5 | 0,0 | 0,2 |
| **Башка инвести–циялар** | 74,3 | 89,9 | 84,6 | 84,1 | 78,8 | 79,7 | 75,2 | 80,8 | 84,5 | 81,5 |
| **Гранттар, техникалык жардам** | – | 0,3 | 2,0 | 1,8 | 1,3 | 5,6 | 6,1 | 1,6 | 1,9 | 0,8 |

Статистикалык маалымапты:”КР инвестициялары”, 2004–2014–жж.

Рыноктун шартында өндүрүштүн көлөмүнүн өсүшү жеке өндүрүштүк ресурстарынын эмес, өндүрүлгөн продукцияга болгон суроо–талаптын жана бөлүштүрүүнүн жетишсиздигине тыгыз байланыштуу. Республикада рыноктун өткөөл мезгилинде, эркин баанын жана тышкы соодaнын өсүшү, өндүрүлгөн продукциянын көлөмүнүн, ошондой эле ага болгон жалпы суроо–талаптын түзүмүнүн өзгөрүшүнө алып келди. Азыркы учурда суроо–талап негизинен сапаттуу импорттолгон продукцияга багытталган. Мындай учурда өлкөнүн товар өндүрүүчүлөрү продукцияны сатууда жана төлөмдөрдөн кутула албай чоң проблемаларга дуушар болуп,

көбү кудуретсиз (банкрот) болушууда. Ошондуктан, мамлекет өздүк товар өндүрүүчүлөргө финансылык, техникалык, технологиялык жардам көрсөтүп туруусу зарыл. Буга бардык товар өндүрүүчү мекемелери муктаж.

Рыноктук мезгилде, өнүгүүп келе жаткан экономикада продукцияны сатуу проблемасы мекеменин өндүрүш жана инвестициялык ишмердигин түп тамыры менен өзгөртөт. Анткени, экономикада өзгөрүлүп турган рыноктук конъюнктурада туруктуу киреше алыш үчүн мекемеде өндүрүлүп келе жаткан продукцияны сатуу эмес, суроо–талапка жооп бере турган товарды өндүрүшү зарыл. Макроэкономикалык деңгээлде бул багытта экономиканын өсүшү үчүн инновациондук типтеги концепцияны иштеп чыгуу.

Инновациондук экономиканын өсүштү рыноктун шартында ишкерчиликтин өнүгүүсү илимий–техникалык жана уюштуруу–экономикалык ишмердиктин базасынын негизинде түшүндүрүүгө болот. Инновациондук экономикалык өсүш интенсивдүү типке жакын, анткени экөөтең өндүрүш факторлорунун сапаттуу жаңылануунун негизинде аткарылат.

Өнүккөн мамлекеттер инновациондук экономикалык өсүшкө XX кылымдын 70–жылдарында, ал эми жаңы индустриалдык мамлекеттер (Корея, Бразилия, Мексика ж.б.) 80–90 жылдарда эле өтүшкөн. Мындай өтүүнүн негизи болуп:

- Илимий–техникалык революциянын жаңылап өнүгүүсү;
- Эл аралык экономиканын пайда болушу ж.б.

Инновациялык экономикалык өсүш рыноктук реформанын негизинде ааламдык өзгөрүшкө, коомдо ишкерчиликти активдүү кызыктыруусуна жана ишкерлердин өндүрүштө демилгелүү чыгармачылыгына байланыштуу.

Жыйынтыктап айтканда, рыноктун шартында экономиканын өсүшүндө мамлекеттин чектөө ролу өтө маанилүү. Экономикалык төмөнкү деңгээлде өсүш процессинде мамлекет кейнсиандык саясатты көздөп, суроо–талап факторун негизги маселе катары карайт, б.а. жалпы чыгым ИДП мүмкүнчүлүк өсүшүн камсыз кыла албайт. Ошондуктан алар насыянын төмөнкү процессине тийиштүү баа берсе ИДП өсүшүн (“арзан акча” саясаты) жана капиталдык салымга кызыгууну туудурат. Финансылык–бюджеттин саясаты өкмөттүк чыгымды жана керектөөнү сарамжалдуу

пайдалануу жана капиталдык салымды көбөйтүү инфляцияга алып келбейт.

"Сунуш экономикасы" деген багытты жактагандар экономиканын өсүшү үчүн өндүрүштүк потенциалды жогорулатуу факторуна чоң көңүл бурушкан. Алар, айрыкча салыктын төмөндөшүн көздөшкөн, анткени ал аркылуу банк мекемелери акча чогултуп сактоону жана капиталдык салымын күчөтүүүчүн кызыктыруучу фактор деп эсептешкен. Ошондой эле эмгек ресурстарын жана ишкерчиликти жандандырууга чоң көмөк түзүүчү фактор. Демек, акча финансы тутумунда акча сактоочу жайларда салыкты көбөйтсөк, анда ички инвестициянын азайышына алып келет. "Сунуш экономикасын" жактагандардын көз карашын боюнча келечек убакытка, элди толук жумуш менен камсыз кылуу, өндүрүштүн мүмкүнчүлүгүн толук пайдалануу, коомдо экономикалык өсүштүү камсыз кылат.

Ошондой эле экономикалык өсүштү камсыз кылуу индустриалдык саясат аркылуу өнөр жай тармактын түзүмүн калыптандырууну мамлекет өзүнө алууну сунушталат. Мамлекет эмгек өндүрүмдүүлүгү артык болгон тармактарга ресурстарды, каражаттарды, эффективдүүлүгү начар болгон тармактардан жылдыруу зарыл. Ошол эле убакытта мамлекет фундаменталдык илимий–техникалык иштерге тийиштүү көңүл бурулушу керек, анткени техникалык прогресс аркылуу гана экономиканын өсүшү жана өнүгүүсү болот. Кыргыз коомунун жарандарынын жалпы квалификациясын көтөрүү жана ага тийиштүүдеңгээлде мамлекет аркылуу жардам көрсөтүү, келечекте адам ресурстардын эффективдүү пайдаланууга жана экономиканын өсүп–өнүгүүшүнө жол ачат.

Экономикалык өсүш темпин жогорулатуу кайсы гана жолдорун тандабайлы, баары жөнөкөй маселе эмес, анткени ар бир жол өзүнчө кымбат жана татаал болгондуктан мамлекет чектөөсү аркылуу капиталдын көлөмүн көбөйтүү жана акча сактоону күчөтүү жеңил проблемалардан эмес.

Жыйынтыктап айтканда, экономикалык каатчылык жана ачык экономиканын алгачкы өсүү шартында анын өсүшүн жана өркүндөшүн камсыз кылууда мамлекет жеке ишкерчиликке жана жеке инвестицияга эң ылайыктуу шартын түзүп берүүсү керек. Бирок, мындай сунуш мамлекет рыноктун эркин болушуна карабастан, мамлекеттик саясат жана ар түрдүү жардам

экономиканын артыкчылык секторлоруна карата багыт алышы керек. Өткөөл мезгилде экономиканын өсүшүнө түз жана кийлигишүү программасын ишке ашырууда мамлекеттик инвестициясынын жана тапшырмасынын (госзаказ) мүмкүнчүлүгү өлчөмдүү, анткени мамлекеттик бюджеттин көлөмү чектелүү.

# БАП III

# ӨТКӨӨЛ МЕЗГИЛ ШАРТЫНДА ӨНДҮРҮШТҮК СЕКТОРДУН ЭКОНОМИКАСЫ

## §1. Өнөр жай комплекси– өндүрүштүн экономикалык эффективдүүлүгүнүн өнүгүүнүн негизи

Өнүккөн мамлекеттердин тажрыйбасы көрсөтүп тургандай экономиканын өнүгүүсүнүн жана анын эффективдүүлүгүн өркүндөтүүнүн негизи бул өнөр жай тармагы. Совет убагында Кыргызстанда өнүккөн өнөр жай тармагы болгон. Жалпы өндүрүлгөн коомдук продукталардан өнөр жай тармагынын үлүшү 60% түзгөн. Ага 130 тармак биргелешип жылына 4 миң түрдүү өнөр жай товарларын өндүрүп турган.

Өткөн кылымдын 80–жылдарында жылына 6 млрд. руб. өнөр жай продукциясын өндүрүлгөн, б.а. 67 тыйын 1 АКШ долларга барабар) 8 млрд. долларды түзөт. Өндүрүлгөн өнөр жай товарлары Европанын 19, Азиянын–18, Латын Америка жана Африканын–16 мамлекеттерине экспортко чыгарылган. Ошол кезде республиканын жана союздук өзгөчө мактана турган машина чыгаруучу заводдору болгон: “Кыргыз электр кыймылдаткыч”, “Ореми”, “Сетунь”, ЭВМ, “Ленин атындагы завод”, “Физприбор” жана башка көптөгөн заводдор коргоо–өнөр жай комплексине комплекстүү товарларды берип турушкан. Бул мекемелердин бары рынокко өткөн шартта “Санацияга” (тазалоо) жана “реабилитацияга” туш келип, аягында банкрот (кудретсиз) жагдайга кабылган.

Кайра жаралуу мезгилинде өнөр жай өндүрүшүндө реформанын негизинде кандайдыр бир оң тарапка багытталган иштер жүргүзүлгөн. Финансылык каражаттын жетишсиздигине карабастан экспортко багытталган өндүрүштөрдү, айрыкча жергиликтүү чийки заттар менен иштей турган кайра иштетүү, айыл–чарба жана продукциясын өндүрүү жана республиканын экономикасына стратегиялык чоң мааниси бар мекемелерге даректүү жардам көрсөтүү саясаты жүргүзүлгөн. Ошол эле мезгилде мекемелерди приватташтыруунун негизинде менчиктердин түзөмүндө өзгөрүүлөр жүрүп, кээ бир мекемелердин рынокко багыттарын өзгөртүүгө

туура келген жана санациянын аркасында банкрот механизми ишке ашырылган.

Банкрот (кудретсиз) саясаты республиканын экономикасына чоң чыгымдарга дуушар кылган. 1993–1994–жылдарда союздук республикалардын ортосунда, айрыкча Орусия менен экономикалык байланыш үзүлгөндүктөн, Кыргызстандагы ири өнөр жай мекемелердин базасында майда чакан чарбаларды түзүүгө багытталган. Мындай саясат рыноктун шартында мекемелер эптеп көнүгүү иштерин жүргүзүү жана суроо–талапка ылайыктуу керектелүүчү продукцияны чыгаруу болгон.

Акыркы учурда мекемелердин көп бөлүгү рыноктун шартында “жашоо” булактарын иштетип бүтүшкөн. Алдынкы планда атаандаштык күрөшкө катышуу маселеси бүгүнкү күндүн суроо–талабы. Өнөр жай мекемелердин багытын адистештирүү менен ар түрдүү байланыштарды тездетүү жана кыска мөөнөттөгү инвестиция аркылуу чыгарылуучу товарлардын ассортименттерин жаңыртуу республиканын Өкмөтүнүн саясаты. Буга, албетте техника–жабдыктар үчүн жана жаңы технологияны колдонууга каражаттарды өндүрүшкө салуу керек болгон.

Өнөр жай өндүрүшүн кескин төмөндөп кетишинин жана өндүрүш комплексинин жаңылануусунан тоскоол кыла турган негизги факторлору төмөнкүлөр:

- мурунку союз экономикалык аймагында чарбалык байланыштарынын бузулушу;
- өнөр жай комплексинде мамлекеттик чектөө ролунун төмөндөшү;
- мамлекеттик мекемелерди приватташтыруунун жүрүшүүдө бир катар кемчиликтер жана катаалыктар менен коштолгон;
- өнөр жай өндүрүшүндө менчик чийки–зат ресурстарын пайдаланууда кызыктыруу механизминин жоктугу;
- мекемелерде маркетинг иштеринин жана аларда илимий изилдөөнү, конструктивдик иштердин начардыгы;
- ата мекенди өндүрүлгөн продукциянын атаандаштык сапатынын төмөндүгү;
- жергиликтүү товар өндүрүүчүлөрдүн кызыкчылыгын коргоодо тышкы соода эркиндигинин күчөшү жана протекциялык саясаттын жоктугу;

- чоң адистештирилген мекемелерде негизги фондулардын моралдык жана физикалык эскириши жана жабдууларды жаңыртуу боюнча инвестициалык каражаттардын аздыгы;
- өнөр жай тармагын инвестициялоодо банк насыянын жетишсиздиги;
- өнөр жай тармагында салыктардын өтө катаалдыгы ж.б.

Өнөр жай мекемелериндетехнологияны жаңыртууда жана чарбалык иштерин жөнгө салууда, алардын чоң карыздары жана өздүк каражаттардын жетишсиздиги бирден бир негизги проблема. Мамлекеттин жана анын субъектеринин, өздүк бюджетинин дайыма жетишсиздиги, өндүрүштү инвестициялоодо жана жаңы технологияны колдонууда, атаандаштык продукцияны чыгарууда дагы бир проблеманы түзүүдө. Өнөр жай тармагында узун мөөнөттөгү инвестициянын тез жыйынтыгы болбогондуктан комерциялык банктан каражат алууга мүмкүн болбой калган. Коммерциялык банктар жогорку инфляциянын жана жумушсуздуктун шартында кыска мөөнөткө жана жогорку процент чемеми менен негизинен каржылоону соода тармактарында жүргүзүүдө. Ошондуктан өнөр жай мекемелери төмөнкү максаттары үчүн каражат ресурстарына муктаж:

- айлануу каражаттарын толтуруу;
- жыртылган жана моралдык жактан эскирген жабдыктарын, өз убагында жаңыртуу жана технология процессин механизациялаштыруу жана автоматизациялаштыруу;
- жогорку сапаттагы жана атаандаштык товарларды өндүрүүдө, усулдук көрсөтүүдө аларды ички жана тышкы рынокко сатууда жаңы технологияны, ноу–хау колдонуу;
- өндүрүштүн өсүп өнүгүүшү үчүн жумушчулардын, инженердик–техникалык кадрлардын жана ар деңгээлдеги менеджерлердин квалификациясын жогорлатуу жана кайра даярдоону жүргүзүү рыноктун талабы ж.б.
- өндүрүш ишмердүүлүгү менен аракеттенген мекемелер ишкерчилик жана инвестициялык активдештирүүдө жогорку деңгээлде салык мүмкүнчүлүгүн чектөө. Мындан тышкары, өнөр жай компаниялардын атаандаштыкка туруктуу продукция өндүрүшүүдө жана аларды тышкы рынокко чыгарууда төмөнкү факторлор таасирин тийгизүүдө:

- жогорку эффективтүү чийки зат жана материалдык ресурстарынын жетишсиздигинен, өнөр жай өндүрүшүндө технология жабдуулары, кара жана түстүү металдары, металлопрокаты, токой жана химия продукциясы, пласстмасса жана цемент үчүн чийки заттары, газ, мазут, мунай продукталары, химия жиптектери, жип, жасалма тери, тыбыт жана башкалары импортко чоң көз каранды;
- республиканын негизги чарбалык борборлоруна чийки заттарды, материалдарды жана жабдууларды жеткирүүдө алыстыгы, ошондой эле даярдалган товарларды тышкы рынокко чыгарууда транспорттук кошумча чыгымдары бир кыйла кымбат болууда;
- ар түрдүү Орусиялык жана башка мамлекеттердин мекемелеринин ортосундагы кооперативдик байланыштын үзүлүшү.

Союз убагындагы мамлекеттер ортосундагы мекемелердин ортосундагы байланыштын үзүлүшү өнөр жай өндүрүшүнүн эффективдүүлүгүн дагы төмөндөтүү. Мекемелер өнөр жай продукцияларын сатуу рыногун жогото баштаган, ошондой эле жабдууларды берүүчүлөргө, банктарга, бюджетке жана жумуш иштегендерге алардын карыздары өсө баштаган.

Экономикалык реформанын негизинде менчиктин жана чарбачылык субъектердин түзүмү өзгөрүлдү. Ошонун негизинде республикада 2004–жылы мамлекеттик менчик жалпы мекемелердин санынын 5–7% ээ болгон, ошол эле мезгилде бардык өнүккөн мамлекеттерде мындай үлүш 25–40% барабар. Жыйынтыкта мамлекет менчикти трансформациялоо убактысында көп рентабилдүү жана бюджет куруучу мекемелерден кол жууган. Менчик (кооперативтүү) менчиктерге өтүүдө, өнөр жай мекемелери коп сандагы майда, аз эффективтүү фирмаларга айланган. Бул болсо ири өндүрүштөрдүн талкаланышы, жогорку өндүрүмдүү техникаларды, жабдууларды башка мамлекеттерге же менчик сатып алуучуларга металлолом катарында сатылган, анын негизинде өндүрүштүн деңгээли төмөндөп жана көп жогорку квалификациялык кадрлардын бошоткон. Кийин жогорку билимдүү кадрлардын көп бөлүгү Орусияга жана Казакстанга миграцияланган.

Жыйынтыктап айтканда, өнөр жай секторунда өндүрүштүн токтоп калышы ИДП өсүү көлөмүн төмөндөттү.

Реформанын баштапкы этабында, б.а. 1990–ж. Салыштырганда өндүрүш деңгээлинин кыскарышы 1991–жылы 99,7%, 1992–ж.–73,6%, 1994–ж.–72,1%, 1995–ж.–87,5% болгон. 1991–1995 жылдары өнөр жай сектору өтө кыйынчылыка учураган, ал эми 1996–жылы өнөр жай товарын өндүрүү кандайдыр бир жандануу жылы болгон. Кийинки, б.а. 1997–жылы өндүрүштүн өсүшү иш жүзүндө алтын иштетүү жана эки мунай иштетүү мекемелерге байланыштуу болгон.

Республика жүргүзүлгөн саясаттын негизинде макроэкономикалык көрсөткүчтөрдү турукташтыруу менен төмөн түшүп кеткен мекемелерди татаал шарттан чыгаруу жолдору иштеген. Бир катар мекемелерде финансы каражаттарын турукташтыруу жана өндүрүштүн көлөмүн жогорлатуу иштери ишке ашырыла баштаган. Буларга, мисал, болуп “Майлы–Суу электр лампа заводу”, “Канттагы цемент–шифер комбинаты”, акционердик коом “Жанар”, “Кыргыз жука мата току комбинаты”, “Бишкек кенаф фабрикасы”, “ОККО”, “Кыргызэлектранзолит” жана башка мекемелер.

Кыргыз Республикасынын Өкмөтү өнөр жай комплексинин жандандырууда мекемелерге бир катар мамлекеттик жардам көрсөтө баштаган. Бул жагдайда заманбап жабдууларды алыш үчүн жана айлантма каражаттарын толтурууда бюджеттик ссудаларды жана чет элдик насыяларды бөлүп берүү каралган. Андан тышкары 1992–1996 жж.салык жазалоо санкцияларды жана пенияларды, кыскартуу жана мекемелерди социалдык сферасындагы объектилерден ажыратуу, айыл чарба чийки заттарын сатып алуу жана экспортко чыгууга багытталган мекемелерге каражаттарды бөлүп берүү ишке ашырылган. Мындай иш чаралар көп өнөр–жай мекемелерин рыноктук шартта тез көнүүгүгө жана өндүрүш багытын өзгөртүүгө жардам болду.

Республикада каражат–экономикалык каатчылыгына байланыштуу 1998–жылы өнөр жай өндүрүшү тез төмөндөп кетиши байкалган. Бул сектордо 1997–ж. салыштырганда өндүрүш темпи 34,4% кыскарган. Анча–мынча өндүрүштүн өсүшү алтын өндүрүүчү компаниясы “Кумтор”, Кант цемент–шифер комбинаты жана арак–тамеки өндүрүүдө аркылуу болгон. Республикада

каатчылыка айрыкча электр энергетика, машина куруу, жеңил жана тамак аш өнөр жайы, химия тармагы ж.б. учурашкан. Ошондой эле 1999–жылы да өндүрүш мекемелердин ишмердүүлүгү жакшырган жок. Түстүү металл өнөр жайында, цемент–шифер өндүрүшүндө, курулуш материал секторунда кайрадан өндүрүш төмөндөгөн. Мунай иштетүү өнөр жайында кандайыр бир аз жандануу байкалган, анткени 1997–жылы Кыргыз Петролиум Компаниясы биргелешкен мекеме “Восток” ишке киргизилген. Ошол эле мезгилде республикада бир катар секторлордо прибор, станок, айыл чарба машина ж.б. куруу тармактары жоголуп кеткен.

2000–2004–жылдары экономиканын өнөр–жай секторунда бир аз жаңылануу мүнөздөлгөн. Мисалы, анча–мынча өсүштөр электрэнергетикада, от жагуу (топливный) өнөр жайында байкалууда. Өндүрүштүн төмөндөшү машина куруу жана металлдарды иштетүү тармактарында уланууда. 2004–жылы 1990–жылга салыштырганда өндүрүштүн көлөмү бул тармактарда 4,5 эсеге жеңил, өнөр жайда–11,0 эсеге төмөндөгөн. Мындай көрүнүштүн негизги себеби өнөр жай мекемелердин чийки заттарды жана материалдарды сатып алуу үчүн айлантма фондунун жетишсиздиги жана импорттук товарлар өндүрүүчөлөрдүн атаандаштыгын алып келген.

Ошол эле мезгилде, тоо–кен өнөр–жай мекемелеринде кыйла жылыш байкалган. Мисалы, 1994–жылы өндүрүлгөн продукциянын көлөмү 1114,8 млн. сомду, же болбосо 1993–жылга салыштырганда–37,8%, ал эми 1999–ж.–42,7%өсүш болгон. Ошондой эле чипс жана акиташ өндүрүү 3 эсеге, бор жана доломат–2,8 же, шагыл (гранул), мрамордун жана таштын күкүмү (порошок)– 2,5 эсеге өскөн, ж.б.

2000–2001 жылдары республикада таш көмүр өндүрүүнүн өсүшү байкалган, бирок 2002–2003 жж. төмөндөп, ал эми 2004–жылы 2003–ж. караганда 11,1% өсүш берген.

2004–ж.республикада 2003–ж. салыштырганда мунай өндүрүү 3,9% кыскарган, ал эми жалпы көлөмү 74,1 миң тоннаны түзгөн. Ошондой эле өндүрүлгөн мунайды кайра иштетүү да мурунку көлөмдө калган, анткени анын эффективтүүлүгүнүн төмөндөшү негизги фондулардын, мунай өткөрүүчү түтүктөрдүн, мунай чыгаруучу жабдуулардын, көлөмдү сактоочу жайлардын өтө эле эскирип кетишине байланыштуу болгон. Газ өндүрүү 2004–ж.

2000–ж. караганда төмөндөгөн, же болбосо 28,9 млн.$м^3$ өндүрүлгөн. Көмүр жана мунай өндүрүү өнөр–жай тармагында өндүрүштүн кубаттуулугун пайдалануу коэффициенти 39,3% түзгөн. Кайра иштетүү өнөр–жай өндүрүштүк мекемелеринде 2004–ж. жалпы өндүрүлгөн продукциясынын көлөмү 44,0 млрд. сомду, же болбосо жалпы өнөр жай тармагынын–79,9% туура келген.

Республикада беш жылда (2000–2004жж.) өнөр жай мекемелеринин саны 2173төн 1938ге чейин, же 10,1% кыскарган. Бирок, буга карабастан өнөр–жай өндүрүшүнүн өсүш темпи негизинен ири мекемелердин ишмердүүлүгүнүн негизинде болгон. Булар АК “Кыргызнефтигаз”, АК “Бишкексүт”, АК “Каинды–Кант”, АК “Ийгилик”, ЖАК “Кока–Кола Бишкек Кыргызстан”, АК “Кант цемент–шифр комбинаты”, АК “Реемстма Кыргызстан”, КМ (СП) “Күмтөр Голд Компани”, филиал АК “Кыргызалтын”, АК “Майлуу-Суу ЭЛЗ” жана башкалар.

Республикада 2000–2005–жж. өнөр–жай мекемелеринин кыскарышына (120) карабастан өндүрүштүк көлөмү 41,2ден 52,2 млрд. сомго, же 26,0% жумушта иштегендердин саны 72,0% чет элдик инвестицияны көлөмү–2,4 эсеге көбөйгөн. (10–табл.)

10–Таблица. **Кыргызстанда өнөр –жай өндүрүшүнүн өнүгүүсүнүн негизги көрсөткүчтөрү**

| | **2000** | **2005** | **2010** | **2011** | **2012** | **2013** |
|---|---|---|---|---|---|---|
| **Өнөр–жай мекемелердин саны** | 2173 | 1972 | 2039 | 1931 | 1883 | 1854 |
| **Өндүрүлгөн продуциянын көлөмү, млрд.сом** | 41,4 | 52,2 | 126,6 | 164,6 | 136,9 | 169,5 |
| **Өндүрүш көлөмүнүн өсүшү, % менен** | 100 | 126,0 | 305,7 | 397,5 | 330,6 | 409,4 |
| **Иштегендердин орточо саны, миң адам** | 126,5 | 217,6 | 268,6 | 162,2 | 151,0 | 142,5 |
| **Негизги капиталга инвестиция салуу, млрд.сом** | 4,6 | 3,5 | 19,2 | 15,1 | 38,5 | 42,9 |
| **Чет элдик түз инвестиция, млн. АКШ долл.** | 48,6 | 119,1 | 332,4 | 517,3 | 282,9 | 357,1 |
| **Негизги фондулардын эскириши, % менен** | – | 46,7 | 42,3 | 45,1 | 44,6 | 47,2 |
| **Негизги фондуларды жаңыртуу, % менен** | – | 13,0 | 33,2 | 21,3 | 53,1 | 60,7 |

| | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| **Негизги фондулардын пайдалуу коэффициенти (отдача)** | – | 0,9 | 1,1 | 1,3 | 0,9 | 0,9 |
| **Дебитордук карыз, млрд. сом** | 10,3 | 17,4 | 25,2 | 29,4 | 31,5 | 42,0 |
| **Насыялык карыз, млрд.сом** | 9,5 | 20,4 | 30,0 | 28,0 | 32,0 | 37,9 |
| **Экспортко продукцияны чыгаруу, млн. АКШ долл.** | 431,5 | 598,3 | 1335,5 | 1791,0 | 1476,1 | 1560,6 |
| **Импорт продукциясы, млн. АКШ долл.** | 509,7 | 1069,6 | 3112,9 | 4147,4 | 5437,3 | 5838,3 |

Статистикалык маалыматы: "КР өнөр–жайы"–2000–2014.

Республиканын өнөр–жай тармагында акыркы төрт жылда (2010–2013 жж.) продукция өндүрүү жана башка экономикалык көрсөткүчтөрү боюнча бир кыйла жылыш байкалууда. Мисалы, бул убакытта мекемелердин саны 2038ден 1854кө, же 184 бирдике кыскарган менен, өндүрүлгөн продукциянын көлөмү 126,6 млрд. сомдон 169,5 млрд. сомго, же 33,8%га, негизги капиталга инвестиция салуу–19,2 млрд. сомдон 48,9 млрд. сомго, же 2,5 эсеге, чет элдик инвестициянын тартуу көлөмү–332,4 млрд. АКШ долл. 357,1 млрд. долларга чейин, же 7,4%га, дебитордук карыз–25,2 млрд. сомдон 42,0 млрд. сомго, же 66,6%га, насыялык карыз – 30,0 млрд. сомдон 37,9 млрд., же 26,3% өскөндүгү байкалат.

Ошол эле убакытта, өнөр–жай мекемесинде иштеген жумушчулардын саны 268,6 миң адамдын 142,5 миң адамга, же 47,0%га кыскарган. Чындыгында жумушчу орундардын кыскарышы жакшы көрүнүш эмес. Ошондой эле негизги фондулардын эскириши (жешилиши) 42,3–47,2% түзүүдө, ал эми алардын жаңылануусу – 30,0–37,9% түзүүдө, б.а. жаңылануу деңгээли алардын эскиришине 10–12 пунктка төмөн.

Республиканын өнөр–жай тармагында экономикалык тескери көрүнүш – экспортко чыккан продукциянын көлөмү жыл сайын импорттун көлөмүнөн аздыгы. Мисалы, 2000–2013 жж. ичинде экспорттун көлөмү 431,5 млн. АКШ доллардан 1560,6 млн. долларга, же 3,6 эсеге, импорттун көлөмү– 509,7 млн. доллардан 5838,3 млн. долл., же 12,5 эсеге өскөн. 2013–жылы импорттун көлөмү экспорттун көлөмүнөн 3,7 эсеге көп болгон.

Бул көрсөткүч өнөр–жай тармагында өндүрүлгөн продукция өзүнүн сапаты боюнча чет элдик продукцияларга салыштырганда

атаандаштыгы төмөн, б.а. тескери каржылык “сальдо” өнөр–жай мекемелерин өнүгүүсүнө тескери таасирин тийгизүүдө, анткени, өнүккөн мамлекеттердин бул көрсөткүчү тескеринче (экспорт импортко караганда жогору). Качан гана республиканын өнөр–жай тармагы экспортко чыккан продукциясынын көлөмүн кескин түрдө өспөсө, анда чет өлкөлүк экономикалык көз каранды дагы эле уланышы анык, б.а. экспорт жана импорт продукциялардын көлөмүнүн катнашы–экономиканын өнүгүүсүнүн же өнүкпөгүнүн “күзгүсү”. Негизинен республиканын экспортко чыккан продукциясынын чоң көлөмү “Кумтөр” компаниясына тиешелүү, эгерде аны эсеп–чоттон чыгара турган болсок, анда өнөр–жай тармагынын үлүшү дагы төмөндөйт.

Республиканын региондору боюнча өнөр–жай өндүрүшүнүн өнүгүүсү жана эффективдүүлүгү мекемелердин адистештирүү жана топтоштуру деңгээлине, чийки–зат жана материалдык, эмгектик ресурстарына тыгыз байланыштуу. Региондор боюнча 2000–2013 жылдардын аралыгында өнөр–жай продукциясын көпөндүрүү негизинен Чуй областында, Бишкек, Ош ж.б. шаарларында байкалат. (11–табл.).

11–Таблица. **Өнөр–жай продукциясын өндүрүү республиканын региондору боюнча, млн. сом.**

| | **2000** | **2005** | **2009** | **2010** | **2011** | **2012** | **2013** |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Кыргыз Республикасы | 44816,7 | 51216,6 | 50,0 | 126,5 | 164,6 | 136,9 | 169,5 |
| а.и. областары: Баткен | 1,0 | 0,5 | 25,8 | 20,7 | 20,7 | 30,3 | 49,4 |
| Жалал–Абад | 10523,6 | 6507,6 | 9356,7 | 11355,2 | 14325,3 | 15454,0 | 13017,8 |
| Ыссык–Көл | 9633,1 | 10198,2 | 24719,1 | 34281,3 | 44258,8 | 27232,2 | 41723,5 |
| Нарын | 475,4 | 774,8 | 847,1 | 1042,2 | 1177,1 | 1242,3 | 1254,0 |
| Ош | 2753,5 | 611,5 | 1601,2 | 2122,8 | 2853,3 | 2996,5 | 3376,3 |
| Талас | 264,3 | 310,1 | 428,2 | 507,5 | 750,9 | 772,6 | 841,7 |
| Чүй | 13905,3 | 17905,8 | 38145,6 | 47346,1 | 65018,2 | 48990,9 | 67315,2 |
| Бишкек ш. | 6209,4 | 12750,7 | 20745,1 | 25975,4 | 30522,3 | 33262,4 | 33527,1 |
| Ош ш. | – | 1593,1 | 1697,4 | 1738,3 | 2180,9 | 2471,9 | 2538,8 |

Статистикалык маалыматы: “КР өнөр–жайы”, 2000–2014.

Иликтөөнүн негизинде, республикада өнөр–жай продукциянын–2013-ж. негизги көлөмү Чүй областында (7,3 млрд.сом), Ысык–Көл обл. (41,7 млрд.сом), Бишкек шаарында (33,5 млрд. сом), Жалал–Абад обл. (13,0 млрд. сом). Жалпы өндүрүлгөн өнөр–жай продукциясынан Чүй областынын үлүшү 39,7%, Ысык–Көл област –24,6%, Бишкек ш.–19,7%, Жалал–Абад област–7,6% туура келет.

Акыркы 2000–2013-жылдардын аралыгында республикада өнөр–жай продукциясынын жалпы көлөмү эсеге, анын ичинен Чүй областында–эсеге, Ысык–Көл обл.–эсеге, Бишкек шаары–эсеге, Жалал–Абад обл. – эсеге өсүш болгон. Бирок, жалпысынан алганда республиканын өнөр–жай тармагы каатчылык процессинен чыгалбай жатканы байкалат. Буга күбө катары экспортко чыккан продукциянын көлөмү импортко болгон катнашына түздөн–түз мисал. Демек, каатчылык процесстен жана анын таасиринен чыгыш үчүн мамлекет конкреттүү экономикалык эффективдүүлүгүн жогорулатуу үчүн төмөнкү иш– чараларды көрүү керек:

- улуттук экономиканын, анын ичинен өнөр–жай тармагын өркүндөтүү жана атаандаштыгын күчөтүү үчүн рыноктун суроо–талабына шарт түзүү;
- рыноктук–каражаттар аркылуу чектөөнү кеңири колдонуу жана кызыктыруу, б.а. салык, акча–насыялык саясатын өндүрүштүн өсүү деңгээлине жараша жүргүзүү;
- чакан жана орто ишкерчиликти өркүндөтүү үчүн бардык жактан жардам берүү жана шартын түзүү;
- кадрларды даярдоо жана кайра даярдоону жүргүзүү, алардын квалификациясын жогорлатуу үчүн даярдоо борборлорун түзүү;
- өнөр–жай өндүрүшүн өркүндөтүү үчүн өзүнчө министрлигин ачуу жана ага мамлекет аркылуу жардам көрсөтүү;
- жакынкы мамлекеттердин мекемелеринин ортосунда чарбалык байланышты күчөтүү, айрыкча жаңы техника–технология колдонуу үчүн инвестиция тартуу ж.б.

Мына ошентип, өнөр–жай тармагында экономиканы каатчылыктан чыгаруу үчүн конкреттүү комплекстик иш чараларды жүзөгө ашырууда, мекемелердин иштерин жакшыртууда экономика–каражаттык аркылуу жардам жана кызыктыруу иштерин

жүргүзүү. Айрыкча, мурунку союздук республикалар боюнча, айрыкча Орусия менен чарбалык жана тармак аралык өндүрүштүк–кооперативдик байланышты тереңдетүү жана жөнгө салуу чоң мааниге ээ. Акыркы жылдарда мамлекет аралык карым–катнаштын аркасында мекемелер ортосунда түз байланыштар күч алууда. Бул болсо, өнөр–жай тармагын жандандырууга бир кыйла көмөк көрсөтүүдө. Учурда көп өнөр–жай мекемелеринде, негизги өндүрүш фондулардын эскириши эмгек өндүрүмдүүлүгүн төмөндөтүү менен чыгашаны жогорулатып продукциянын өзүнүн наркын өстүрүүдө.

Ошондуктан экономикалык каатчылык мезгилинде мекемелерде техникалар жана тезнологияларды жаңыртуу жана айланма фондусун толтуруу үчүн өздүк капиталын салуу же инвестиция тартуу негизги мааниге ээ. Мисалы, республиканын өнөр–жай тармагында 2006–жылы 4394 мекеме чыгаша менен иштеген, алардын жалпы суммасы 5,6 млрд. сомду түзгөн болсо, ал эми 2013–жылы–3786 мекеменин чыгашасы–12,8 млрд. сомго жеткен, б.а. бул аралыкта жалпы чыгаша– 2,3 эсеге өскөн. Чыгаша менен иштеген мекемелердин негизги себеби– өндүрүлгөн продукциянын өзүнүн наркынын өсүшү, б.а. өндүрүштүк чыгымдардын көбөйүшү чийки–заттардын, материалдардын жана комплектештирүү товарлардын баасынын өсүшүнө, өндүрүлгөн продукциянын өздүк сыйымдуулугуна (емкость), салыштырма өлчөмдө салык менен бажы салыктын жогорулашына тыгыз байланышта болгон. Ошондуктан, продукциянын өздүк наркын төмөндөтүш максатында өндүрүштүк чыгымдын түзүмүнүн элементтери боюнча изилдеп жана талдап чыгуу зарыл.

Республикада өнөр–жай секторунун түзүмүн кайра карап чыгуу үчүн Кыргызстандын Өкмөтү Дүйнөлүк валюталык фондунун катышы аркылуу PESAC программасынын ишке ашырган. Бул максатта республикага 35 жылдык узак мөөнөттөгү карыз катары 60млн. АКШ доллары берилип, 10 жылдык төлөм каникулы макулдашылган. PESAC программасын багыты экономикада мамлекеттин ролун төмөндөтүүүчүн мамлекеттик мекемелерди приватташтырып, чыгаша менен иштеги мекемелердин экономикалык–каражаттык басымдуулугун азайтыш максатында аларды жоюу же түзүмүн кайра карап чыгуу болгон.

PESAC программасын иш жүзүнө ашыруу үчүн республикада алардын диагностикалык ишмердүүлүгүн такташ үчүн 28 мекемени бөлүштүргөн. Бул мекемелердин 1994–жылы дебитордук карыздары менен 446 млн.сомду, башка мекемелерге чийки–заттары жана материалдары, энергия боюнча төлөмү–330 млн. сомду, банктарга– 45млн. сомду, бюджеттик карызы–50 млн. сомду, төлөнө эсеп эмгек акысы–33 млн. сомду, социалдык фондуга–75 млн. сомду түзгөн. Буга карабастан, бул мекемелер өндөрүнүн ишмердүүлүгүн уланта берүүнүн негизинде жогорку келтирилген карыздарын дагы көбөйтөберген. Программанын жүрүшүнүн негизинде, алардын ичинен 8–10 мекеме гана ишин улантууга, 19–түзүмүн кайра карап чыгуу жана 5–жоюга аныкталган.

Жыйынтыктап айтканда, өнөр–жай тармагында мекемелерди кудуретсиз (банкрот) (жоюу) активдүү механизими аркылуу алардын түзүмүн кайра карап чыгуу болгон. Бул программаны ишке ашыруу үчүн 313,1 млн. сом же 26 млн. АКШ доллары чыгымдалып, практика жүзүндө эффективдүү жыйынтык берген эмес.

Кыргызстан мамлекети, келечек мүмкүнчүлүгү бар мекемелерге насыя каражаттары менен жардам көрсөтүү саясатын жүргүзө баштайт. TACIS программасы аркылуу жеңил өнөр жай тармагында бир кыйла жылыш башталган. Бардык өнөр–жай секторлорунун 46 мекемелерине мамлекет пландуу түрдө бул субъектилерге жардам көрсөтүлгөн. Бул мекемелерге чет мамлекеттерден, алсак Франциядан, Италиядан, Германиядан, Япониядан жана башка өлкөлөрдөн жаңы технологиялык жабдууларды киргизүү каралган.

Жыйынтыктап айтканда, республикада кыска мөөнөттөгү реформа жүргүзүүнүн мезгилинде, өнөр–жай тармагында рыноктук өтө эле жогорку деңгээлде эмес шарттар түзүлгөн: алардын бардык тармактарында ишмердүүлүгүн кызыктыруу, ишкерчиликти арттыруу, жеке менчиктин формаларын түзүү, мамлекеттик жана корпоративдик монополияны жок кылуу, менчик, акционердик, мамлекеттик–акционердик, биргелешкен жана чет элдик мекемелерди уюштуруунун негизинде атаандаштыкка шарттар түзүлгөн.

Республиканын Өкмөтү мамлекеттик чектөөнүн механизмин киргизген. Өнөр–жай тармагында макроэкономикалык чектөөдө

өнүккөн рыноктук чет өлкөлөрдө негизинен кеңири колдонулган монетардык саясатын колдоно баштаган: салык–бюджеттик (фискалдык) саясат, насыя–акча (монетардык) саясат, чет элдик соода–сатык жана кирешени калыптандыруу мамлекеттик саясат ж.б.

Бирок, өнөр–жай комплексин чектөөдө мамлекеттин ролунун начарлашы, кыйын өткөөл мезгилде рынокко өтүүдө, мекемелердин ишмердүүлүгүн жакшыртуунун аркасында, товар өндүрүү мүмкүнчүлүктөрүн кандайдыр бир деңгээлде жоготууга мажбурлап, көп рыноктук багыттарды жоготууга жана бир катар мекемелердин ишмердүүлүгүн токтотууга алып келди. Жаңыдан пайда болуп жаткан рыноктун институттук түзүмүндө монетардык макроэкономикалык ыкмасын колдонуу, өнөр–жай тармагында өзүн–өзү чектөөдө оң натыйжа алып келген жок. Өнөр жай өндүрүшүн жандандырууда максималдуу түрдө иштеп жаткан өндүрүш күчүн пайдаланып, жакынкы мамлекеттердин рыногуна туура келген продукцияларды өндүрүп жана сатуу рыноктун талабы болгон.

Бул максатта тез аранын ичинде ар бир мекемени деталдуу түрдө инвентаризация жүргүзүп, түзүмүн кайра карап эң пайдалуу жана эффективдүү ыкмаларын изилдеп таап, өнөр–жай комплексинде ири адистештирилген мекемелер менен чакан жана орто мекемелердин аркасында, жогорку эффективдүү механизмдерди пайдаланууга мамлекеттик жана рыноктун өзүн–өзү чектөөнүн негизинде, башкаруу ыкмаларын колдонуу маселени оң тарапка чечүүгө мүмкүндүк түзмөкчү.

## §2. Машина куруу жана кайра иштетүү өнөр–жайын өнүгүүсү жана экономикасы.

Совет убагында Кыргызстанда индустриалдык сектор көп тармактуу, сапаттуу суроо–талапка жооп берген продукцияларды чыгаруучу. Булардын ичинен станок–куруу (товардык станоктор программдык башкаруусу менен), автоматтык ротардук линиялар–нормалдык жарык кылуучу жана кичинекей (минаткордук) лампалар, пресс–автоматтар, металл–кесүүчүү инструментер, стандартка туура келбеген жабдуулар, айыл–чарба машинасын куруу (Союз боюнча жалгыз пресс–подборщиктерди өндүрүү), жарым өткөргүч күчтүү приборлор, ири электрикалык машиналар, электр

кыймылдаткычы, прибор–куруу (физприбор заводу), радио-электроника, авточогултуу заводу (автосамосвалдар) жана чоң жүк ташуучу прицептер ж.б.продукциялар өндүрүлгөн.

Экономикалык реформа мезгилинде өнөр–жай тармагында мурунку Союздук республикалар, айрыкча Орусия менен экономикалык байланыштар толук токтогон. Машина куруу жана кайра иштетүү өнөр–жай өндүрүшдө көп мекемелердин бири негизги өндүрүштү токтотушуп, алардын ордуна жөнөкөй турмушта кеңири колдоонуучу буюмдарды чыгарууга багыт алышкан, экинчиси–банкрот же жоюу коркунучтун алдында калышкан.

Машина куруу жана кайра иштетүү тармагында реформанын башкы жылдарында өзүлөрүнүн ишмердүүлүгүн токтотуунун негизинде өндүрүлгөн продукциянын түрлөрү жана көлөмү кескин азайган. Көп мекемелер иштерин толук токтотушкан, калганы жаңылануугa умтулган менен мүмкүнчүлүктөрү болгон эмес. Мисалы, 1990–1995 жылдардын аралыгында республикада электр кыймылдаткычын, электр лампаларды өндүрүү кескин азайган, ал эми металл кесүүчү станоктор, кузнечно–пресстик машиналар, пресс–подборщиктер, центробеждик насостор ж.б. толугу менен токтогон (12–табл.).

1995–жылы машина куруу жана кайра иштетүү тармактарында электр кыймылдаткычтары – 5,6 эсеге, электромашиналары–2,3 эсеге металл кескич станоктор–49,7 эсеге, прессподборщиктер–11,6 эсеге, ири электрмашиналары–19,7 эсеге кыскарган. Акыркы жылдарда (2010–2013 жж.) электр кыймылдаткычтар, станок чыгаруу, ири электрмашина куруу ж.б. өндүрүштөрү толугу менен токтогон.

Рыноктун шартында Банк насыялар жана алардын жогорку пайызы жана кыска мөөнөткө берилиши өнөр–жай мекемелердин техникаларын жана технологиясын жаңыртууга мүмкүн болбогондуктан, өндүрүлгөн товарлардын сапаты эл аралык атаандаштыкка туруштук бере албай камсыз кылалбай өндүрүштүн өнүгүүсүн кыйла төмөндөткөн жана төмөндөтүүдө. Өнөр–жай өндүрүшүнүн мындай төмөндөшү жогорку квалификациялуу кадрларга болгон суроо–талапта кыскарып, алардын кыйла бөлүгү чет өлкөлөргө миграцияга дуушар болушкан жана болушууда.

Учурда дүйнөдө өнүгүүп жаткан экономиканын материалдык–техникалык базасынын дүркүрөп өсүшү, айрыкча, биринчи

иретте машина куруу тармагы бардык өнүккөн мамлекеттердин экономикасынын туруктуу өсүшүндө жана өндүрүш каражаттын жаңыртууда негизини маселе экени белгилүү. Мисалы, өнүккөн мамлекеттерде өнөр–жай өндүрүлгөн продукцияда машина куруу секторунун үлүшү 35%дан 45% чейин ээлейт. Демек, мындай деңгээлдеги үлүш өнөр–жай тармагын техникалык жактан жаңыртууну ар–бир 7–10 жылда жүргүзүп турууга мүмкүнчүлүк түзөт.

12–Таблица. **Республикада машина куруу жана кайра куруу өнөр–жай тармактарында өндүрүш абалы**

| | 1990 | 1995 | 2000 | 2005 | 2010 | 2011 | 2012 | 2013 |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **Электр кыймыл–даткычы, миң бир** | 275 | 49 | 12 | 0,05 | 3,0 | 1,0 | – | – |
| **Электро–лампа–лары, млн.бир** | 319,8 | 137,7 | 212,6 | 198,9 | 166,9 | 173,4 | 173,5 | 183,7 |
| **Металл кескич станоктор, бир** | 1342 | 27 | – | – | – | – | – | – |
| **Кузнечно–прессалык машиналар, бир** | 317 | – | – | – | – | – | – | – |
| **Пресс–подбор–щиктери, бир** | 27400 | 201 | – | – | – | – | – | – |
| **Центробеждик насостор, миң бир** | 48,5 | 12,1 | 1,4 | 0,8 | 6 | 20 | 4 | 20 |
| **Жүк ташуучу автомобилдер, бир** | 24300 | 8 | – | – | – | – | – | – |
| **Ири электр–машиналары, бир** | 1263 | 64 | 20 | – | – | – | – | – |
| **Цемент, миң т.** | 1387,3 | 309,6 | 286,3 | 972,8 | 759,7 | 1016,6 | 1239,8 | 1682,7 |
| **кирпичи, лн.бир** | – | – | – | – | 50,6 | 69,9 | 70,4 | 85,9 |
| **Темир–бетон конструкция–сын курамасы, миң.м(2005ж. миң т.)** | 1251,3 | 69,2 | 61,3 | 98,6 | 102,3 | 128,0 | 126,5 | 179,3 |

| | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **Автомобил. радиаторлору** | – | – | – | 25 | 64,2 | 107,1 | 117,6 | 136,7 |

Статистикалык маалыматы: “КР өнөр жайы”, 1990–2014.

Дүйнөлүк практикада акыркы 25–30 жылда өндүрүш объектиси болгон машиналардын татаалдашканы 4–5 эсеге өсүп, жасалуучу буюмдардын деталдарын (бөлүктөрүн) даярдоодо жана чогултууда өтө тактыка талап күчөгөн. Ошондой эле техникалык буюмдардын даярдоо, чыгаруу убактысы узарып жана алардын номенклатурасы бир кыйла кеңейди.

Өнүккөн мамлекеттерде машина куруу бир канча этапты басуудa. Азыркы учурда, негизинен төртүнчү жана бешинчи технологиялык баскычын пайдаланышууда, ал эми бешинчи этабы жаңыдан кирип, алтынчы баскыч технологиясы пайда болууда. Эгерде, өнүккөн орус мамлекети неизинен 4–баскыч көндүмүш технологиянын деңгээлинде жүрсө, ал эми биздин республикада машина куруу технологиясы кайсы деңгээлде экени белгилүү да.

Ошондуктан, акыркы жылдарда республикада экономика кандайдыр жандануу байкалган менен машина курууда рыноктук инновация (жаңычылык) башталгыч абалда калууда. Мындай абалда бир канча себептерди келтирүүгө болот:

- машина куруу технологиясына негизинен үчүнчү баскыч технологиясында жана кийинки көнүмүш технологиянын суроо–талабы алиге чектелүүдө;
- өнөр–жай тармагында өтө эле эскирген өндүрүш деңгээли рыноктун суроо–талабына жооп бербеген көлөмдөгү продукцияларды өндүрүп чыгарууда;
- рынок инновациясынын инфраструктурасынын начар өнүгүүшү, өндүрүшкө илимий–техниканын жетишкендигин иш жүзүнө киргизүү институттардын жоктугу ж.б.

Республикада машина куруу өнөр–жай тармагынын экономикасы негизги багыты болгон, бирок, экономикалык реформанын шартында, акыркы 20 жылдын ичинде өндүрүш деңгээли жана чыгарылган продукциянын көлөмү 4–5 эсеге азайган. Бул болсо, мыйзамдык көрүнүш, анткени, республикада металлдарды иштетүү толугу менен тышкы чийки–заттар базасына жана продукциянын тышка сатуу толугу менен Оруссиядан, КМШ мамлекеттердин

мекемелеринен түзүлгөн кооперативдик байланышына көз каранды болгон.

Азыркы мезгилде экономиканын өсүү шартында, машина транспорттун, электротехникалык жана электрондук жабдууларды, даяр металлдан жасаган буюмдарды иштеп чыгаруу орто жана ири заводдор саналууда. Булардын ичине АК “Дастан”, “БМЗ”, “Электротехник” жана башкалар. Көп мекемелер, өзүлөрүнүн ишмердүүлүк мүмкүнчүлүгүнүн 20–50% иштешүүдө. Мисалы, Бишкектеги машина куруу заводу союз мезгилинде республикалык бюджеттин жарым шартын камсыз кылган болсо, азыркы рыноктун шартында заказдан–заказга (тапшырма) чейин иштеп калган. Ага карабастан, бул мекемеде 350 ашык станокторду кайра ордуна келтирип, күндөн энергия алуучу батерияларды, кичи ГЭСтерге комплектүү агрегаттарды чыгарышууда.

Ошондой эле АК “OREMI” копаниясында иштер жандануудa жана оор электротехникалык продукция чыгарууга адистештирилген. Анткени, биздин ички рынокто мындай продукцияга суроо–талап жетиштүү деңгээлде. Завод индукциондук чектөөлөрдү, осинхрондук кыймылдаткычтарды, физиорегуляторлорду, үй тиричиликке ширетүүчү трансформаторлорду, кичи гидроэлектрстанцияны, синхрондук генераторлорду, ток трансформаторду үй жылытуучу батареяларды ж.б. буюмдарды иштеп чыгарууда. Трансформаторлорду пайдалануу үчүн негизинен Кыргызстандын, Орусиянын, Казакстандын, Таджикстандын, Украинанын ж.б. мамлекеттердин бөлүштүрүү энергокомпаниясы сатып алышууда. Ар түрдүү маалымат боюнча 72% бул заводдун продукциясы ички рынокко, 28% КМШ мамлекеттерине жөнөтүлөт. Кийинки жылдарда трансформаторлор боюнча Пакистан, Бангладеш, Афганистан ж.б. мамлекеттер менен байланыш түзүлүүдө.

Учурда АК “OREMI” 1000 заманбап жана 1000 бардык чордондор үчүн комплектүү трансформаторлорду жаңы проект менен ишке ашырууда. Бул проектин наркы 5,5 млн. АКШ доллары аны Ислам банкы каржылоодо.

Ошондой эле республикада бир катар өнөр–жай мекемелери өздөрүнүн өндүрүш ишмердүүлүгүн жандандырып продукция чыгарышууда. Булардын катарына АК “Кызыл–Кыя машина заводу”, АК “Майлы–Суу электролампа заводу”, АК “Силикат” (Иваново п.), АК “Хайдаркан сымап заводу”, ж.б.киришет.

Өткөөл мезгилдин шартында өнөр–жай тармагында кээ бир мекемелер рыноктун багытында тез жана эффективдүү өнүгүүшүп, өзүлөрүнүн ишмердүүлүгүн арттырууда. Бул жагдайда, мисалга, ТНК "Дастан", ал өзүнүн ишмердүүлүгүн союз кулагандан тартып ушул күнгө чейин улантууда. Мекемеде уникалдуу технологиялык базасы менен иштеп жаткан квалификациялуу кадрларын толук сактап калган. Мекеменин акционердик капиталын түзүмү төмөнкүдөй: мамлекетке 37,7%, иштеген жумушчу тобуна–35,3%, физикалык жакка–7,0%, менеджер тобуна–15,0% жана анын 5% сатылган.

Келечекте бул мекеме рентабилдүү жана эффективдүү иштегенге багыт алган. Буга LMMERSION HI TECH LTD компаниясы менен биргелешкен проект аркылуу Индияга продукция сатууга контракт түзүлгөн. Мунун бары, албетте, мекеменин ийгиликтүү келечегин өнүктүрүүдө, өндүрүштүн көлөмүн көбөйтүүдө жана анын рентабелдүүгүн жогорулатууда чоң мүмкүнчүлүк түзүлмөкчү.

"Өткөн XX кылымдын 70–жылдарында Майлы–Суу электр лампасын чыгаруучу заводу түштүктө чакан шаарды шаарга айландыруучу мекеме болгон. Учурда бул мекемеде 4миң жумушчу орундар түзүлгөн жана жылына 24–25 млн. лампа чыгарууга, же акча менен эсептегенде 80 млн. сом көлөмүндөгү продукция чыгарат. Заводдун негизги проблемасы өндүрүлгөн продукцияны ички жана тышкы рынокко чыгаруу жана сатуу. Ички рынокто заводтун продукциясы Кытайдан жасалган ушундай продукциясы менен ийгиликтүү атаандашдыкты жаратууда.

Машина куруу жана кайра иштетүү тармактары каатчылыка дуушар болгондуктан, башка мамлекеттер, айрыкча Орусия менен тыгыз инвестициялык байланыш болбосо анда бул экономиканын сектору кыйынчылык абалда калышы ыктымал. Ошондуктан, Орусия менен эки жактын кызыкчылыгын коргоо үчүн биргелешкен мекемелерди түзүү, товарларды өндүрүүдө кооперация уюштуруу, табийгый кен байлыктарын пайдалануу, чийки–зат ресурстарын кайра иштетүү, эмгек жана энергетикалык ресурстарын, өндүрүштүк потенциалын толук пайдалануу ж.б. республиканын экономикасы үчүн чоң мааниге ээ.

Тышкы эл аралык Европанын, Американын, Япониянын жана башка өнүккөн мамлекеттердин рыногуна экспортко багыт-

талган продукцияны өндүрүү үчүн өнөр–жай тармагында, айрыкча машина куруу секторунда алардын потенциялын терең кайра карап чыгууну, эскирген техника–технологиялардын, жабдуулардын ордуна жаңы заманбап технолоягины колдонуу жана жогорку сапаттагы, атаандаштыкка туруштук берүү товарларды өндүрүүдө өтө эле чоң инвестиция тартууну талап кылат. Бирок, өнүккөн чет өлкөлөрдөн ири деңгээлде инвестиция тартуу бир катар кыйынчылыкты жаратууда. Ошондуктан Кыргызстандын негизги экономикалык, техникалык, инвестициялык шериктештери Орусия жана көз каранды эмес (КМШ) мамлекеттери. Республиканын бүгүнкү экономикалык стратегиясына туура келет.

Республикада машина куруу тармагы экономиканын прогрессивдүү технологияны камсыз кылуучу эң негизги өндүрүш багыты. Өндүрүш процессинде артыкчылык жана мобилдик модернизация жүргүзүү шартында гана бул маселе аткарылышы мүмкүн. Өнөр–жай тармагында, бүгүнкү күндө техникалык каражаттар толугу менен жешилип, эскиришине дуушар болгондуктан, алар аркылуу атаандаштыкка туруктуш бере турган продукцияны өндүрүү мүмкүн болбой калган. Бул проблеманы чечүүдө мамлекеттин жеке эле чектөө жагдайда гана эмес, активдүү инвестиция тартуу жана аны аткарууда эффективдүү саясатты иштеп чыгуу.

Ошондуктан мамлекеттен илимий–техникалык саясатын иштеп чыгуу, мамлекеттик максаттуу программаны ишке ашыруу, инновациялык бороборлорду түзүү, салык жана насыя саясатын туура жүргүзүү ж.б. бир катар комплекс иштерди эффективдүү аткаруу керек. Мамлекет энергетикалык, мунай–химиялык, прибор куруу, электротехникалык станок куруу өндүрүштөрүнүн өнүгүүсүн жана өркүндөөсүнө мүмкүнчүлүк болушуна жардам көрсөтүү.

Машина курулуш тармагында атаандаштыкка туруктуу продукция чыгаруу максатында тармакта комплекс түрдө өндүрүштөгү негизги каражаттарын жана жабдууларын алмаштырууда шартын түзүү, капиталдык салым кылып, мүмкүн болушунча өнүккөн чет өлкөлөрдүн заманбап техника–технологиясын алып келип ишке киргизүү азыркы рыноктун талабы. Өндүрүштү инновациялаштыруу жана модернизациялаштыруу, жакынкы келечектен экономиканын стратегиясы. Мындай иштерди ишке ашыруу илимий–техникалык иштелип чыккан жетишкендиктерди ишке

киргизүү жана коммерциялаштыруу, көп чыгымдуу илимий–технологиялык жана табийгый ресурстарын аз коромжу өндүрүш аркылуу ийгиликке жетишсе болот.

Бул жагдайда илимий–изилдөө, тажрыйба–конструктивтик иштерди мүмкүн болушунча чечүүдө жана чектөөдө мамлекет жардам бериши зарыл. Айрыкча мындай иштерге энергетикада, тоо–кен өндүрүшүндө, байланыш жана телекоммуникацияда, биотехнологияда, өндүрүштү компьютердик программаны кеңири колдонууда чоң көңүл буруу керек. Учурда, мисалы, Кытайда инновациялык технологияны өндүрүшкө киргизүү үчүн 5–6 млн. АКШ доллары, Казакстанда–10 млн. доллар бөлүнөт. Бирок, Кыргызстандын экономикасы өнөр–жай тармагында мындай шартты түзүү мүмкүн болбой жатат. Мисалы, Япония өлкөсүндө бир илимий жаңылык 300 адамга туура келсе, Кыргызстанда–30 миң адамга туура келет. Республика акылдуу, тажрыйбалуу, илимдүү инженерлер, өкумуштуулар ж.б. жетиштүү, бирок алардын ойлоп тапкан жаңылыктары көп учурда патенттелбей калууда.

Жыйынтыктап айтканда, экономиканын өнөр–жай секторунда негизги өнүгүү багыты: илиммий–техникалык базасын жаңыртуу, өндүрүшкө тез түрдөө илимий–техникалык жетишкендиктерин киргизүү, өнүккөн чет өлкөлөрдөн суроо–талапка кеңири жооп бере турган технологияны алып келүү, квалификациясын жана тажрыйбасы жогору болгон кадрларды даярдоо ж.б. Машина куруу жана кайра иштетүү өнөр–жай тармагын көтөрүш үчүн илимий–техникалык жаңылыктарды иштеп чыгуу жана өндүрүшкө эмгек өндүрүмдүүлүгү жогору жана энергия үнөмдөөчү технологияларды колдонун негизинде гана дүйнөлүк рынокко интегреция кылууга мүмкүндүк түзүлөт. Ошондой эле бул тармакта жаңы иштелип чыккан жаңы илимий жаңылыктар үчүн эксперимент жасай турган цехтерди түзүү азыркы замандын талабы. Бул үчүн ири заводдорду уюштуруу жана ишке киргизүү эмес, чакан ишкана түзүп, ага жогорку квалификациядагы инженер–кадрларды топтоштуруу менен иш жүргүзүү. Мындай системалар Кытайда, Турцияда, Германияда, Японияда ж.б. жакта кеңири таралган. Мисалы, Түштүк Кореяда ар тараптуу багытта технологдор иштешет, аларга ким кааласа өзүнүн иштеп чыккан илимий–техникалык иштерин сунуш кылышат. Мындай цехтерде 3–4 күндүн ичинде тажрыйба түрүндө илимий–техникалык сунуш-

тар боюнча чыккан приборлор, аппараттар жана башка тетиктердин нускаларын даярдашат. Эгерде жаңы иштеп чыккан жаңылык өзүнүн жакшы жагын көрсөтө алса, анда анын нускасын көбөйтүү үчүн өндүрүшкө сунушталат. Ал эми товар өндүрүүчүлөр бул компаниядан патентин гана сатып алышат. Демек, жаңы иштелип чыккан идеядан өндүрүшкө киргизүү убактысы бир жылга чейин кыскарат жана эмгек өндүрүмдүүлүгү жогору болгон технологиялар иш жүзүнө ашырылат.

## §3. Эркин экономикалык аймак–өнөр–жайын модернизациялоодо бирден бир негизги багыт

Дүйнөлүк экономикада акыркы ондогон жылдардын ичинде эркин экономикалык аймак (ЭЭА) кандайдыр жаңы көрүнүш болуп калды. Дүйнөлүк практикада алар өткөн кылымдын 50–жылдардын аягында 60–жылдардын башында пайда болуп, көп мамлекеттерде кеңири таркаган. Дүйнөдө 90–жылдарда ар кимдин баамдосу боюнча миңден ашык эркин экономикалык аймактар эсептелген. Булар аркылуу дүйнөдө сооданын 1/10 катышы жүрүп турат да, жумушчу күчүнүн 3,0 млн. ашык адамы иштешет.

Дүйнөлүк жана ата мекендик экономикалык адабияттарда эркин экономикалык аймак боюнча бир ойдогудай же жалпы мүнөздөгү түшүнүк орун ала элек. Жалпы формасы боюнча эркин экономикалык аймак–географиялык мааниде өзүнчө аймак, ошол мамлекетте кабыл алынган жалпы чарбалык ишмердүүлүк тартибине салыштырганда өзүнүн льготалык саясаты бар борбор. Башкача айтканда бул өзүнчө анклав, экономикалык процесстерге мамлекеттик кийлигишүүсү кыскарган, б.а. улуттук экономикалык өзгөчө бөлүгүн түзүүчү арал болгондуктан ошол мамлекеттин башка аймактардын экономика тутумуна караганда өзүнчө льготанын тутуму колдонулат.

Биринчи жолу эркин экономикалык аймактар жөнүндө официалдуу конкреттик түрдө 1973–жылдын 18–майында Кноттук конвенцияда такталган. Конвенцияда экономикалык эркин аймак–мамлекеттин өзүнчө аймагы деп түшүнүү керек. Бул аймакка алып келинген товарлар, импортук товарларга караганда льготалык товарлар деп каралат жана бул товарлар бажы көзөмөлдүгүнө дуушар болбойт.

Бирок, мамлекеттин бөтөнчө эркин аймагынын, эркиндиги абсолюттук эмес ал салыштырмалуу. Бул аймактык эркиндигин өтө толук эмес, б.а. ташып келген товарлары импорт катарында бажы салыктан бошотулган, бирок, бажы мыйзамдын негизинде өлкөнүн ички башка аймактарына товарларды чыгарууда импорттук льготасын жоготот. Демек, эркин экономикалык аймакка тышкы чет жактан ташылып келген товарлар, кабыл алган мамлекеттерден декларация кылынбайт. Ошол эле мезгилде иштеп жаткан мыйзам товардын ээлерин жана инвесторлорду иштеп жаткан улуттук мыйзам тартибинен толук бошотпойт, бирок кандайдыр бир деңгээлде жеңилдетет.

Дүйнөлүк практикада уюшулган жана иштеп жаткан адистештирилген экономикалык аймактын түрдүү максаттары бар:

**Биринчиден,** башкы максаты эл аралык өнүгүүп жаткан эмгек бөлүштүрүү процессине мамлекеттин катышуусун тереңдетүү. Кыскача айтканда, экспортко атаандаштык продукцияны чыгарып, валютанын түшүшүн көбөйтүү жана камсыз кылуу. Эгерде мамлекет кандайдыр себеп менен чет мамлекеттик ишкерчилик капиталын же болбосо экспортук экспанциясын колдоо жүргүзүү үчүн ачык экономика абалын түзө албаса, анда өкмөт инвестиция салуучуларга жагымдуу климат түзүү үчүн эркин экономикалык аймактарын уюштурат.

**Экинчиден**, эркин экономикалык аймакты түзүү мамлекет ички рынокко жогорку сапаттагы атаандаштык продукция менен импорттолуучу товарлардын ордун толтуруу. Бул максатка эркин аймакта чет элдик катыштар аркылуу чет элдик товарлардын ордуна жетиштүү түрдө товар чыгаруу.

**Үчүнчүдөн**, атайын адистештирилген аймак түзүүдө багытында жеке эле эл аралык эмгекти бөлүштүрүү максатта эмес, туризмди өнүктүрүү, маданияттык жана санаториялык–курорттук багытты өнүктүрүүнү көздөйт, анткени бул жагдайда да валютаны көбөйтүү мүмкүнчүлүгү пайда болот.

**Төртүнчүдөн**, эркин экономикалык аймак чет элдик жана ата мекендик илимий–техникалык иштелип чыккан жетишкендиктерди тез убакытта өндүрүшкө киргизүүгө жана өлкөнүн улуттук экономика–өнүгүүшүнө көмөк түзөт.

**Бешинчи**, эркин экономикалык аймактын бирден бир максаты өнүгүүп келе жаткан мамлекет үчүн жогорку квалифи-

кациялуу жумушчуларды, инженерлерден, чарбалык жана башкаруу кадрларды окутуу жана даярдоо.

**Алтынчы**, эркин экономикалык аймактын дагы бир максаты экономикасы боюнча артта калган аймактардын же тармактык экономикасын өнүктүрүү. Мисалы АКШ жана Англияда адистештирген мындай аймактар өткөн кылымдын 80–жылдарында экономикасы начар аймактарда кичи жана орто ишкерчиликти жандандыруу үчүн түзүлгөн. Мындай аймактарда өлкөнүн башка аймактарына караганда иштермандарга эркин ишмердүүлүктү жана жеңилдетилген каражаттар менен камсыз кылынган. Бул программа чет элдик капиталды тартууну көздөгөн эмес.

Начар өнүккөн мамлекеттерде айрыкча орто калган региондордун тынымсыз экономикалык өнүгүүшү үчүн эркин экономикалык аймактарды уюштурушкан. Мындай учурда өнөр–жай өнүккөн мамлекеттерге караганда экономикалык адистештирилген аймакка негизинен чет элдик инвестицияга басымдык кылат.

**Жетинчи**, кээ бир мамлекеттерде эркин экономикалык аймактарды түзүүдө экономика административдик экономиканы башкаруудан рыноктук жолго өтүүдө регионалдык экономиканы модернизациялоо жолу деп айтса болот. Мисалы Кытайда ЭЭА эксперименталдык социалдык мүнөздө түзүлгөн. Бул мамлекетте бардыгы тез административдик тутумунан рыноктук тутумуна өтүү принциби туура эмес деп кабыл алынган, анткени калк жана экономика үчүн мындай тез өтүү чоң тескери жыйынтыка алып келет. Ошондуктан бул өлкөдө рыноктук экономикасынын эффективдүүлүгү эркин экономикалык аймактар аркылуу текшерүү жүргүзүлүүдө. Тажрыйба көрсөткөндөй рыноктун принциби административдик менчике негизделеген карым–катнашка караганда эффектүүлүгү туруктуу жогору экендигин көрсөттү.

Экономикалык аймакты түзүүдө алдыга койгон максат айкын жана так болушу керек. Ошого жараша негизинде субъектилердин чарба ишмердүүлүгүнүн негизинде льготалык тутумун талдоого болот. Көп максат каралганда бардык сферада б.а., айыл чарбасынан банктык операцияга чейин каралган жана көп тармакка льготалык тутуму бөлүштүрүлүп, алардын эффективдүүлүгү төмөндөйт. Анткени бул аймакта ар түрдүү субъектер, биргелешкен мекемелер, жеке жактан тартып транс улуттук корпорация-

ларга чейин ишмердүүлүк кылгандыктан көп максаттуу льготалык тутумунун эффективдүүлүгү начарлайт.

Бардык мамлекеттерде ЭЭА түзүү максаттары, негизинен бири–биринен көп деле айырмаланбайт. Адистештирилген аймактардын экономикалык максаты төмөнкүлөр:

- экономиканы эл аралык эмгек бөлүштүрүү тутумуна тартылышы, экспорттун же импортко өнүгүү багыты аркылуу факторуна байланышкан;
- өлкөнүн атайын белгилүү региондорунун өнүгүүсүнө кызыктырууну күчөтүү;
- эркин өндүрүшүн аймагын өнүүгүсү рынокко өзгөчө механизмине пробациядан өткөрүү;
- тармактуу адистештирилген өндүрүштүн каражатын жакшыртуу;
- экономикага кыйыр модернизациянын таасири экономикага демонстративдик жана окутуу эффектиси каралган аймактан тышкары да таасири байкалат;
- улуттук экономиканын түзүмү өнүгүү же өсүү борборлору аркылуу болот ж.б.

Тактап айтканда, бардык келтирилген максаттар тез эле жыйынтык бербеши мүмкүн. Ошондой эле мындай максатка жетүү үчүн умтулуу дайыма милдет эмес. Мисалы, экономика өнүгүү жолундагы мамлекеттерге рыноктун жолуна түшүү учурунда бир аз артыкчылыгы бар максатка гана жетиш үчүн багыт алышы керек. Өлкөгө чет элдик капиталды тартууда иш чараларды тандап, тактап ишке ашырууну талап кылат.

Адистештирилген эркин экономикалык аймактардын жалпы максаттары окшош, бирок алардын ишмердүүлүгү ар түрдүү. Адистештирилген эркин экономикалык аймакта илимий жактан алганда 30дай түрү кездешет. Булардын түзүлүшүнө жана өнүгүүшүнө ар түрдүү көп экономикалык фактордун таасири бар. Эркин экономикалык аймактын пайда болушуна көп убакыт өтсө да, жалпы колдонуучу типологиясы (модели) алиге жок, б.а. экономикалык феномендин таркалышы ар кандай.

Эркин экономикалык аймак өзүнүн классификациялык өзгөчөлүгү боюнча ар түрдүү:

- эркин соода зонасы (СЭЗ):

- тышкы соода зонасы;
- эркин бажы зонасы;
- эркин экономикалык көп тармактуу зонасы;
- ачык адистештирилген район;
- эл аралык эркин экономикалык зонасы.

Өнүккөн батыш мамлекеттерде, учурда эркин экономика аймактын саны 250 ашык, анын ичинен Батыш Европада–90, ошондой эле Азия мамлекеттерин да кеңири таркалган. Мисалы, Сингапур эркин экономикалык аймагында 220 миңден ашык жумушчу күчү, Гонкогдо–100 миң адам, Түштүк Кореяда–150 миң адам иштейт ж.б.

13– Таблица. **Эркин экономикалык аймактарда өндүрүлгөн өнөр–жай продукциясынын көлөмү млн. сом.**

| | 2000 | 2005 | 2008 | 2009 | 2010 | 2011 | 2012 | 2013 |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **Бардык өндүрүлгөн продукция** | 1103,0 | 2302,5 | 2772,5 | 1751,4 | 2583,4 | 3604,8 | 3630,1 | 3434,0 |
| **а.и.: ЭЭА “Бишкек”** | 1014,0 | 2198,3 | 2683,9 | 1647,2 | 2519,6 | 3542,0 | 3608,2 | 3403,2 |
| **ЭЭА “Каракол”** | 39,7 | 25,6 | 27,8 | 57,4 | 1,1 | 53,9 | 14,3 | 20,8 |
| **ЭЭА “Нарын”** | 49,3 | 78,6 | 60,8 | 46,8 | 62,7 | 8,9 | 7,6 | 9,9 |
| **ЭЭА өндүрүлгөн продукция жалпы өнөр–жай продукциясынын үлүшү, % менен** | 2,5 | 4,5 | 3,1 | 1,8 | 2,0 | 2,2 | 2,6 | 2,0 |

Статистикалык маалыматы: “КР өнөр–жайы”, 2005–2014

Кыргыз Республикасында эркин экономикалык аймактар да түзүлгөн: ЭЭА “Бишкек”, “Каракол”, “Нарын”. Бул аймактарда 200–2008-жылдарда өнөр–жай продукциясынын көлөмү 1103,0

млн. сомдон 2772,5 млн. сомго чейин, же 2,5 эсеге өсүш болгон, а.и. "Бишкек" аймагында–1014,0 млн. сомдон 2683,9 млн. сом, же 2,4 эсеге, "Нарын"–49,3 млн. сомдон 60,8 млн. сомго чейин, же 23,3%, "Каракол"–тескерисинче продукциянын көлөмү азайган–39,7 млн. сомдон 27,8 млн. сомго чейин, же 30,0%. Жалпы өндүрүлгөн продукциянын көлөмүнөн "Бишкек" айманынын үлүшү 96,7%, "Нарын"–2,7%, "Каракол"–1,0 болгон (13– табл.).

Жогорку келтирилген (13–табл.) маалыматтын негизинде 2000–2010-жылдарда 2008-жылга караганда өндүрүлгөн продукция кескин түрдө төмөндөп кеткен: 2009–ж.–46,9%, 2010–ж.–6,9%. Негизги өндүрүлгөн продукциянын көлөмүнүн кыскарышы ЭЭА "Бишкек" аркылуу болгон. 2010–жылдан баштап өндүрүлгөн продукциянын көлөмүнүн өсүшү байкалган. 2013–жылы өндүрүлгөн продукциянын көлөмү 3434,0 млн. сомду түзгөн, анын ичинен "Бишкек" аймактын үлүшү 99,0% болгон. Бирок, жалпы өнөр–жай тармагында өндүрүлгөн продукциядан ЭЭАнын болгон үлүшү 2000–ж.–2,5%, ал эми 2013–ж.–2,0% түзгөн. Эркин экономикалык аймактарда өндүрүлгөн продукциянын ар түрлөрү бар. Негизинен: дан эгиндеринен жасаган ар түрдүү тамак–аш продукциясы, пачка чайлар, тигилүү кийимдер, буюмдар, пластика бөтөлкөлөр, компьютерлер, эмерек буюмдары ж.б.

Кийинки жылдарда жогоруда келтирилген продукциянын түрлөрүнөн башка эшик–терезе, терезе рамалары, пластмасса терезе жабкычтары (жалюзи) электр жылыткычтары, радио приемниктери, телевизорлор, муздаткычтар ж.б. (14–табл.).

Адистештирилген экономикалык аймакты административдик көз караш боюнча бир канча кыйынчылык туудурат анан ал үчүн бир кыйла каржылык чыгымдар жумшалат. Мисалы, Орусиянын Илимий Академиясынын 28 мамлекет боюнча изилдөөсүнүн негизинде, чет элдик АКШ долларын, өндүрүшкө тартыш үчүн 4 долларга чыгым болот экен. Кытайда 80–жылдардын аягында 4 эркин экономикалык аймакты түзүш үчүн 22 млрд. АКШ долларын жумшаган болсо, ал эми чет элдик инвестициянын көлөмү 4 млрд.доллар болгон. Демек, эркин экономика аймактарын иштешип, башкаруу үчүн өкмөт аркылуу атайын административдик түзүлүшү же мамлекеттик компаниялар аркылуу жүргүзүлөт. Ушундай иштердин негизинде мүмкүн болушунча жетиштүү көлөмдө инвестиция салууга болот.

14– Таблица. **ЭЭА мекемелеринин өнөр–жай товарларынын өндүрүлүшү.**

| | **2000** | **2005** | **2008** | **2009** | **2010** | **2011** | **2012** | **2013** |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **Дандан жасалган ун, миң т.** | 3,7 | 9,8 | 7,6 | 6,0 | 7,9 | 6,7 | 9,0 | 7,0 |
| **Пачкаланган чай, т.** | 2749,5 | 3402,3 | 3274,9 | 2925,10 | 2883,9 | 3040,3 | 3175,2 | 3174,8 |
| **Тигилүү буюмдар, миң сом** | 66528,4 | 64025,8 | 79558,9 | | | | | |
| **Пласмасс бочкалар, млн. бир.** | 95,6 | 267,1 | 192,5 | 137,8 | 163,8 | 201,3 | 208,4 | 398,4 |
| **Санариптик машиналар, (компьютер), бир.** | 492 | 601 | 57,0 | – | – | – | – | – |
| **Ковролин,миң м$^2$** | 2637,8 | 3949,9 | 741,9 | – | – | – | – | – |
| **Мебель, млн. сом** | 71,6 | 38,2 | 65,8 | 51,2 | 31,8 | 37,4 | 58,4 | 50,5 |
| **Эшик, терезе, жалюзи, м$^2$** | – | – | – | 7436,5 | 7893,4 | 9038,4 | 2621,2 | 4127,2 |
| **Витриндер, муздаткычтар, бир.** | – | – | – | 359,0 | 320,0 | 201,3 | 427,0 | 399,0 |
| **Электр жылыткычтар, бир.** | – | – | – | 1718,0 | 2803,0 | 5711,0 | 4241,0 | 4821,0 |
| **Радио приемниктер, телевизорлор, миң бир.** | – | – | – | 41,1 | 48,3 | 6,2 | 5,7 | – |
| **Краскалар, лактар, т.** | – | 3612,0 | 3890,5 | 2154,5 | 4589,0 | 4962,0 | 5822,1 | 5870,2 |

Статистикалык маалыматы: “КР өнөр–жайы”, 2000–2014.

Өлкөнүн экономикалык процесстерин активдештирүүдө чет элдик инвестиция тартуудан тышкары, эркин экономикалык аймагы маселелерге байланыштуу болот:

- өнөр–жай тармагында товарларды экспортко чыгарууну күчөтүү жана ошонун негизинде валюта алуу;
- жумушчу күчтөрүн көбөйтүү жана өстүрүү;

эркин адистештирилген аймакты жаңы чарбалык методдорун ишке киргизүү жана улуттук чарбаны өркүндөтүү полигонуна айландыруу.

Мындан тышкары, эркин экономикалык аймакты мамлекет чет элдик инвестиция тартуу үчүн түзбөйт. Бирок, адистештирилген аймакка, экономиканын ачыктыгы боюнча бир кыйла инвестиция алып келүүгө мүмкүндүк болот.

Кыскасы, эркин экономикалык аймактын бардык түрлөрү боюнча жагымдуу инвестициондук климат түзүлүп бажы, каржылык, салыктык льготалары болот. Демек, ишкерчиликке өтө жакшы шарт түзүлөт. Бардык льготалык жеңилдиктер жалпысынан окшош болгону менен өлкөнүн аймактары боюнча өзгөчөлүктөрү бар.

Эркин экономикалык аймактарды түзүүдө, бир типтеги эркин региондор үчүн өзүнчө каралган льготалары бар. Алар экономика илиминин негизинде 4 топтогу жеңилдиктерге бөлүнөт:

1. тышкы соода кылуу льготасы, б.а. тышка соода кылуу операциясында жөнөкөйлөнгөн тартип же экспорттук–импорттук салык алынып салынат.

2. каржылык льготасы, б.а. коммуналдык кызматка төмөнкү баа коюу, жер пайдалануу жана өндүрүштүк курулуштар үчүн төмөнкү ижара акысын төлөө, бюджет аркылуу ар түрдүү формадагы субсидий берүү жана узун мөөнөткө льготалык насыя ыйгаруу ж.б. жеңилдиктер.

3. административдик льготалар, б.а. мекемелерди жөнөкөй түрүндө каттоо жүргүзүү, ЭЭА администрациясына чет элдик жарандарга келип–кетүү тартибин жана башка көмөк көрсөтүү кызматын жөнөкөйлөтүү.

4. өзгөчө региондорго өзүнчө льгота кызыкчылыктары: транспорт тутумун өнүгүүп өсүшүндө, экспортко товарды чыгарууда, жергиликтүү чийки заттарды жана материалдарды

колдонуууда жана конкреттүү маселени чечүүдө кичи же ири инвестицияларды тартуу ж.б.

Жогору көрсөтүлгөн льготаларды ар түрдүү комбинациялар менен колдонууга болот. Бирок, бардык льготанын түрлөрү аталган региондун экономикалык салыштырма артыкчылыгын ишке ашыруу үчүн колдонуу инструменти болушу керек. Ошол эле убакытта, жеңилдетилген салык чет элдик инвестиция тартууда негизги чечүүчү фактор болбошу керек. Азыркы учурда эркин аймактын таралышында инвестициянын кепили, инфраструктура-нын сапаты, жумушчу күчтүн квалификациясы ички рыноктон арзан насыя алышы жана административдик жөнөкөйлүгү эң негизги факторлору.

Эркин экономикалык аймакка чет элдин инвестиция капита-лын тартууда, адистештирилген аймакта саясий туруктуулуктун болушу да негизги фактор. Инвестиция салуучу ээси эркин экономикалык аймакта ар түрдүү бюджеттен берилүүчү субси-дийи, мекеменин улуттук жагдайы, мекемени каттоо тартиби, банктык жеңилдетилген насыялары, валюталык операциянын толук эркиндиги жөнүмдө толук маалымат алышы керек. Мындай жана башка шарттарды чет элдик ишкерчиликтери эркин зона борборунан толук маалымат менен таанышуусу мүмкүн болушу керек.

Эркин экономикалык аймактын өнүгүүсү жана уюштуруу маселеси боюнча республиканын борборунда жана жергиликтүү жайгашкан региондо эффективдүү тутумун иштеп чыгуу. Биринчиден, иштелип чыккан тутуму, жергиликтүү кызыкчылыкка болгон инвестицияны тартуу, заманбап башкарууну жакшыртуу жана чет элдик рынокко чыгуу маселесин камтышы керек. Экинчиден, экономикалык аймакта, республиканын өкмөтү каржылык ресурстарды жана жардамды жеке эле жергиликтүү эмес жалпы улуттук кызыкчылыкты да көздөшү керек. Ошондуктан эркин экономикалык аймакты түзүүдө эки жакты канааттандырган, бири–бирине байланышкан балансасы негизги маселе. Бирок, макроэкономикалык жана жергиликтүү деңгээлде болбосун, адистештирилген экономика аймагы жөнүндө башкаруу тутумун иштеп чыгуу менен бардык уюштуруу маселесин чечүү инвестор үчүн эффективдүү инструменти болушу зарыл.

Жыйынтыктап айтканда, эркин экономикалык аймактын спецификалык (өзгөчө) ролу, экспортко чыгуучу багыттарын жана импорттук товарларды алмаштыруу жагдайда, эл аралык экономикалык байланышты күчөтүү болуп эсептелет. Ошондой эле аймакта техника–технологиялык инновацияны кызыктыруу жана күчөтүү жана азыркы рыноктун механизмин киргизүү ага көмөк берүү.

# БАП IV

# КЫРГЫЗСТАНДЫН ЭЛЕКТРОЭНЕРГЕТИКАЛЫК КОМПЛЕКСИНИН ЭКОНОМИКАСЫ

Кыргызстандын аймагында чоң электроэнергетикалык потенциалдык ресурстары көп.(көмүр, суу энергетикалык ресурстары, мунай, газ, уран жана башка энергиянын булактары). Бирок, аларды пайдалануу деңгээли абдан эле төмөн, болгону 1% бир аз жогору, ал эми суу энергетикалык жана башка жаңыланып туруучу (шамал, күн) энергиясы–8%. Мындай деңгээлде өзүбүздүн энергетикалык ресурстары пайдалануунун негизинде, республиканын суроо–талабын канааттандыруу үчүн тыштан энергия булактарын ташып келебиз. Мисалы, рынок реформасы башталгандан тартып кийинки жылдарга чейин республикага 10 млрд.м$^3$ газ, 300 миң т. суюлтулган газды, 2,5 млн.т. мазутту жана 5–7 млн. т. көмүр ташылып келген. Демек, бул ресурстарды сатып ташып келүү үчүн Кыргызстандын валюталык агымы чет мамлекеттерге кетип жатат, б.а. мындай шартта республиканын экономикасынын каржылык абалы, соода–сатык балансына тескери таасирин тийгизүү менен өндүрүлгөн товарлардын өздүк наркынын өсүшү менен атаандаштык сапатынын төмөндөшүнө алып келүүдө.

Экономика реформанын жүрүшүндө энергетика ресурстарын пайдалануу түзүмү бир кыйла өзгөрүүгө учураган. Мисалы, 1990–жылы республикада 9679,5 кВт/саат электр энергиясы, 2176,0 млн.м$^3$ газды, 3841,4 миң т. көмүр, 1028,0 миң т. мазут, 3,0 миң т. мунай жана 14303,0 миң Гкал жылуулук энергиясы өндүрүлгөн. Республикада 2013–жылы электроэнергиясы 14011,4 кВт/саат өндүрүлгөн, же 44,7% өскөн, ал эми калган энергия булактары боюнча 1990–жылга салыштырганда өндүрүш көлөмдөрү кескин төмөндөгөн: газ–70,1 эсеге, көмүр–27,2 эсеге, мазут–25,0 эсеге, жылуулук энергиясы (миң Гкал.)– 4,9 эсеге азайган (15– табл.).

Республикада электроэнергетикалык түзүм балансынын калыптанууда мүмкүн болушунча сатып алынып келүүчү энергия булактардын наркын ички рыноктогу мүмкүнчүлүктөр менен салыштыруу керек: алардын чыгымы, эффективдүүлүгү (пайдасы), социалдык жагдайга жана экологияга тийгизген таасири, турак–жай үйлөрдө колдонууда коопсуздугу, жагымдуулугу ж.б.

## §1. Электроэнергетикалык ресурстардын өнүгүүсү жана эффективдүүлүгү


Электроэнергетикалык сектор Кыргызстанда эң бир артыкчылыгы бар экономиканын багыты жана экономиканын негизи булагы. Азыркы учурда Орто Азия аймагында (Казакстан, Кыргызстан, Өзбекстан жана Таджикстан) жылына 125 млрд. кВт/саат электр энергиясы өндүрүлөт. Адистердин болжолдоосу боюнча жакынкы жылдарда суроо–талап боюнча 170 млрд. кВт/с чейин өсүшү керек. Булардын ичинен электрэнергиясы башка энергия булактарына караганда бир кыйла арзан.

Кыргыз Республикасынын Президентинин 2002–жылдын 8–январында чыккан жарлыгы боюнча "Энергетика тармагын башкаруу тутумун жакшыртуу" жана Кыргызстан Республикасынын Жогорку Кеңешинин 2004–жылдын 24–мартындагы токтому жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин эл өкүлчүлүктүн 2003-жылдын 6–ноябрдагы жыйынын токтому "АК "Кыргызэнерго" мамлекеттен башкаруучу ажыратуу жана приватташтыруу программасы" боюнча бир катар АК коом түзүлгөн. (16–табл.).

15– Таблица**. Кыргызстанда электр энергия комплексинин керектелүүчү түзүмү**

| | Электро энергия (млн. кВт.ч.) | Газ (млн.м$^3$) | Уголь (тыс.т.) | Тепло–энергия (тыс. Гкал) | Мазут (тыс.т.) | Нефть (тыс.т.) |
|---|---|---|---|---|---|---|
| **1990** | 9679,5 | 2176,0 | 3841,4 | 14303,0 | 1028,0 | 3,0 |
| **2001** | 11747,2 | 726,3 | 533,4 | 3721,0 | 77,0 | 80,0 |
| **2011** | 11185,4 | 323,1 | 839,0 | 2928,41 | 37,2 | 80,0 |
| **2013** | 19011 | 32,5 | 1407,9 | 2875,9 | 41,4 | 83,5 |
| **2013–ж. в % менен 1990–ж.** | 50,9 | 0,14 | 36,6 | 20,1 | 0,4 | 127,8 |






16–таблица. **АК “Кыргызэнерго” компаниясынын түзүмү**

| | **Уставдык капиталы, млн. сом** | **1 акциянын номиналдык наркы, сом** | **Мамлекеттин үлүшү, % менен** | **Акционерлердин үлүшү, % менен** |
|---|---|---|---|---|
| **АК “Улуттук электростанциясы”** | 4428,3 | 4,58 | 80,49 | 6,35 |
| **АК Кыргызстандын улуттук электр тармагы** | 1597,4 | 1,65 | 80,49 | 6,35 |
| **АК “Түндүк электри”** | 454,6 | 0,47 | 80,49 | 6,35 |
| **АО “Чыгыш электри”** | 182,7 | 0,18 | 80,49 | 6,35 |
| **АО “Ош электри”** | 182,5 | 0,18 | 80,49 | 6,35 |
| **АО “Жалал–Абад электри”** | 212,6 | 0,22 | 80,49 | 6,35 |
| **АО “Бишкек жылуулук түйүнү”** | 366,8 | 0,38 | 80,49 | 6,35 |

Кыргыз Республиасынын Өкмөтүнүн алдындагы энергетика жана өнөр–жай министрлиги монополиялык ишмерчиликке жол бербес үчүн электр энергия боюнча катышуучуларынын ишмердүүлүгүнө чектөө жүргүзүп турат.

Энергетика секторунда инвесторлорунун капиталдык салымы үчүн өтө жагымдуусу АКА “Электрстанциясы”, АКА “Кыргызстандын улуттук электр тутуму” жана АК “Түндүк-электр”.

АКА “Электр станциясынын” курамына электр станциялардын каскаддары кирет: Токтогул суу электр станциясы, Ат–Башы суу электр станциясы, Бишкек электр жылуулук борбору, Кара–Балта суу электр станциясы жана Ош электр жылуулук борбору. АКА “Электр станциясынын” уставдык капиталы 4428,3 млн. сомду түзгөн, анын ичинен 80,5% акциясы мамлекеттик мүлкүнө, 13,2%–социалдык фондусуна, 4,0%– юридикалык катарга жана 2,3%– физикалык жактарга бөлүнгөн.

АКА “Электр станциясы” мекеменин 2006–жылы 960 млн. сомдук акциясын чыгарган, анын ичинен бир аз бөлүгү эркин сатууга багытталган. Биринчи рыноктун шартында акциянын баасы–5 сомду, ал эми экинчи рынокто мындан төмөн болгон.

Азия банкы Кыргызстандын энергетика сектордун реабилитация кылуу үчүн 55 млн. АКШ долларын бөлүп берүү үчүн 2013–жылдын сентябрь айында кол коюлган. Бул суммадан 40 млн. доллары грант катары жана 15 млн. насыя түрүндө, кайтаруу убактысы 32 жылга чейин, биринчи 8 жыл льгота мезгили, ставкасы 1%, андан кийин 1,5%. Бул каражаттары “Электр станциясы” ААК белгилүү эсеп борборун түзүүгө жумшалмакчы.

Өткөн 19 жылдын ичинде Кыргызстандын энергетикасына 370 млн. АКШ доллары жумшалган. Анын ичинен ААК “Электрстанциясына” 130 млн. же болбосо 38,7% чыгымдалган. Бул каражат кайда жумшалганы боюнча конкреттүү маалымат жок (газ. Веч. Бишкек, 9 июль 2013г. №5).

Республикада Камбар–Атанын ГЭС–2 экинчи суу агрегатын ишке киргизүү үчүн энергетика министрлигинин маалыматы боюнча 120 млн. АКШ доллары керектелет. Биринчи агрегаты Орусиянын финансы–каражатынын жардамы менен ишке киргизилген. Электростанция ААКны маалыматы боюнча аталган суу агрегаты менен 1,5 млрд. кВ/саат энергия чыгарылган.

Камбар–Ата ГЭС–1дин техник–экономикалык тактоо ишин SMC– LAVALIN консорциуму иш жүргүзүүдө. Бул ГЭС Камбар–Ата 2 ГЭС менен бирдикте иштегенде туура өндүрүштүк жыйынтык бермекчи.

Жогорку Нарын ГЭС каскады 943 млн. кВт/саат электр энергиясын өндүрөт. Бул үчүн Оруссия менен бирдикте курулмакчы. Келечекте 2016–жылы биринчи агрегаты, ал эми 2019–жылы толугу менен ишке киргизилет.

Жогорку Нарын каскад ГЭСи, Орусиянын ААК “Русгидро” иш алып барат. Биринчи этапта 2016–жылга, ал эми бардыгы – 2019-жылы курулуш аяктайт. Нарын электр каскадасынын кубаттуулугу 234 МВт, (Токтогул ГЭС нин -1200, Камбар–Ата 1 ГЭСтики - 1900 мВт), же жылына 5 млрд. кВт/с электрэнергиясын берет. Бул проекти ишке ашырууга биргелешкен мекеме түзүлөт, анын уставдык капиталында үлүшү ЖАК “Жогорку–Нарын” ГЭС 75% (Русгидро). Кыргыз жагы 25% акциясын түзөт.

Жалпы электрстациялардын кубаттуулугу 2013–жылы 4368,3 миң кВт, аны ичинен суу электр стациялардыкы–3571,5 миң кВт, ал эми алардын жалпы өндүрүлгөн электр энергиясы–14011,4 миң кВт/саат болот. Ошол эле учурда өндүрүлгөн электр станциясы 10,097,9 млн кВт/сааттан (2009 жылы) 13096,7 млн. кВт/саатка (2013–жылы), же болбосо 29,1% өскөн (17–табл.)

17– Таблица. **Электр станциянын кубаттуулугу жана электр энергиясын өндүрүү**

| | 2009 | 2010 | 2011 | 2012 | 2013 |
|---|---|---|---|---|---|
| **Электр стациялардын бардыгынын кубаттуулугу, миң кВт** | 3739,9 | 3859,4 | 3866,7 | 3868,4 | 4368,3 |
| **Электр энергиясын өндүрүү, млн. кВт/с анын ичинен:** | 11083,2 | 12062,9 | 15158,0 | 15168,3 | 14011,4 |
| **Сууэлектр станциялардын күчтүүлүгү, миң кВт** | 2944,4 | 3064,2 | 3071,5 | 3071,5 | 3571,5 |
| **Электр станциясын өндүрүү, млн. кВт/с** | 10097,9 | 11254,7 | 14309,1 | 14179,0 | 13096,7 |

Эгерде ААК Электр станциясынын экономикалык жагдайын карап көрсөк, 2013–жылы компаниянын жалпы активи 21,1 млрд. сом болгон. Сатуудан түшкөн кирешеси 51810,4 млн. сом, же 2011–жылга салыштырганда 910 млн. сомго азайган. Компаниянын дүң пайдасы 565,3 млн. сом жана башка кирешелери–359,0 млн. сомду түзгөн.

Республикада суу электрстанциясынын келечеги боюнча бир катар иш чаралар каралууда. Мисалы, жакынкы 2020–жылга карата Кабар–Ата 2–ГЭСинин курулуш наркы 280 млн. АКШ доллары, Камбар–Ата–1, ГЭС–1900 млн. долл., булардын кубаттуулугу экинчисиники–360 мВт, биринчисиники–1900 мВт. Келечекте Сары–Жаз дарыясына Кытай Республикасы менен биргелешкен бир катар суу электр станциялары курулмак. Ошондой эле кичи суу электр станцияларын куруу боюнча бир катар иш чаралар жүрүлмөкчү.

## §2. Кыргызстандын Улуттук энергетикалык тармагы жана өндүрүлгөн электр энергиясын пайдалануу

Улуттук энергетикалык тармагынын уставдык капиталы 1597,4 млн. сомду түзгөн. 2005–жылы бул мекеме 965 млн.сом акция чыгарган, анын аз бөлүгү экинчи рынокко чыгарылган. 2006–жылы фонд биржасында акциясын чыгарып, 8–жолу сатуу иши болгону 15,6 млн. сомго сатылган. Ар бир акциясын баасы 0,3–0,4 сомду түзгөн.

Улуттук энергетика тармагы 110–500кВ электр чубалгысын пайдалануу жана техника жагындагы иштерди алып барат. Электр энергиясы иштелип чыккандан бөлүштүрүү компанияларына, ири өнөр–жай мекемелерге чейин жана мамлекет аралык электр энергиясынын жүрүшүн, ошондой Кыргыз Республикасынын бардык түзүмдүк мекемелериндеги диспедчердик башкаруу тутуму боюнча иш жүргүзөт.

Улуттук энергетика тармагынында электр энергиясын берүүчү чубалгынын (зымдын) узундугу 2010–жылы 6635 км жеткен жана аларды иштеш үчүн 189 подстанция, аларга коюлган трансформаттардын кубаттуулугу 878,4 МВатын түзгөн. Республикада акыркы жылдарда электр энергиясына суроо–талаптын күчөшү менен бул мекемеде өтө татаал абал пайда болгон. Негизинен мындай шарт электр энергиясына өнөр–жай жана башка экономика тармактарынын суроо–талааптарынын өсүшү, ошондой эле жашоо–тиричилик жана башка социалдык керектөөлөр, болгон жылуулук, тамак–аш ж.б. керектөөлөр күч алууда.

Кыргызстанда 2005–жылы жаңы, кубаттуулугу 220 кВ “Фрунзе–Ала–Арча” электр чубалгысы жана үчүнчү автотрансформатор кубаттуулугу 125 МВА жана “Кара–Балта” подстанциясы 220 кВ ишке киргизилген.

Кыргыз мамлекетинин экономикасынын артыкчылык багыты энергетиканы өнүктүрүү үчүн зарыл шарттарды түзүү жана энергетикалык коопсуздукту камсыздоо болуп саналат. Кыргызстанды өнүктүрүүнүн улуттук стратегиясынын программасында энергетика тармагы боюнча 16 долбоор камтылган. Алардын 12си ушул мезгилде иш жүзүнө ашырылып, энергетикалык коопсуздукту бекемдөөгө, экспорттук мүмкүнчүлүктөрдүн өркүндөтүүгө багытталган. Алсак, 2013 жылы Жалал–Абад областында Базар–

Коргон районундагы Акман айылында 500 кВт болгон “Датка” көмөк чордону (подстанциясы) курулган. Мындан тышкары: 110 кВт кубаттуулуктагы “Айгүл таш–Самат” электр өткөрүүчү узундугу 248 чакырым 220 кв кубаттуулуктагы электр өткөрүүчү чубалгынын курулушу бүткөн. Ошондой эле “Кристалл”, “Төрөбаев”, “Узловая”, “Алай” жана “Айгүл таш” көмөк чордондору жаңыртылып, түштүк областтарынын жашоочулары электр энергиясы менен ишенимдүү камсыздоого жетишкен.

Ал эми 2015–жылы өлкөбүздүн түндүгүндөгү “Кемин” чордону курулду. “Датка”көмөк чордонунан “Кемин” көмөк чордонуна чейинки 500 кВ кубаттуулуктагы жогорку чыңалуу чубалгы ишке киргизилди.

ААК “Түндүкэлектр” компаниясынын уставдык капаталы 451,6 млн. сомду түзгөн. Бул компания башка бөлүштүрүү компаниясына караганда рентабилдүү, б.а. ишмердүүлүгү жылына пайда менен бүтөт. Компания 2005–жылы 970 млн. акций чыгарып, ар бир акциянын наркы 0,5 сом болгон. Ошол жылы фонда биржанын экинчи рыногунда 8 жолу акцияны соодага чыгарып 1,9 миң сом болсо, ал эми 2006–жылы 17 жолу соодага чыгарып– 8,5 миң сомго жеткен. Компаниянын карызы көп болгондуктан инвестиция тартуу бир кыйла кыйынчылыктарды жаратууда. Бирок, компаниянын менеджментинин ишин жакшырта турган болсо, анда мекеме түшкөн пайданын негизинде ички каражат ресурстары бир кыйла өсмөк. Компания жоготууну жана уурулукту кескин түрдө кыскарта турган болсо, жылына орто эсеп менен 1,0 млрд. сомго чейин майда түшмөк, демек башкаруу тутумун жана эсеп–кысапты жакшыртуу дегенди түшүндүрөт.

Электр энергиясын бөлүштүрүүнү башкарууну жана бул тутумду оңдоо үчүн бир катар капиталдык салымдар практика жүзүндө аткарылган. Мисалы, 2007–жылы “электр бөлүү тармагын эффективдүүлүгүн жогорлатуу” деген долбоор боюнча 21,4 млн. евро насыя жана 2,8 млн. евро грант берилген. 2009–жылы “Бишкек ш. боюнча жергиликтүү бөлүштүрүү тармагын жакшыртуу” жана “электр бөлүштүрүү тармагын эффективдүүлүгүн жогорулатуу” долбоорун “Түндүкэлектр” жана “MVV CmbH 8c AE–Co–enco Ltd” компаниясы менен консультация кызматы боюнча 1,021 млн. еврого долбоор түзүлүп ишке киргизилген. Республикада 2011–жылы да электр бөлүштүрүү тармагын

жакшыртуу үчүн бир катар долбоорлор: "Түштүк Кыргызстанда электр энергиясын берүүнү модернизациялаштыруу", "Энергетика секторун жакшыртуу", Бишкек жана Ош шаарларын электр менен камсыздоону жакшыртуу, "Өтө тез жардам көрсөтүү" ж.б. ишке киргизилген. Ошондой эле 2011–жылы "Түндүкэлектр" компаниясы үчүн "Электр бөлүштүрүү тармагын эффективдүүлүгүн жогорулатуу" долбоору, электр энергиясын жоготуну азайтуу үчүн эсептөөчү счетчиктерди сатып алуу жана төлөө акысын жакшыртуу үчүн иштей баштаган. 2012–жылы "Электр бөлүштүрүү тармагын эффективдүүлүгүн жакшыртуу" долбоорун "Түндүкэлектр" компаниясы менен "АК–АУ Elektrik Dis. Tie. Koll. Sti" компаниясы менен макулдашылган.

Акыркы он жылдын ичинде энергетикага 380 млн. АКШ доллар инвестиция тартылган. Ошого карабастан электр бөлүштүрүү тутумунун негизги фондулары өтө эскирип кетиши дайыма айтылып келүүдө. "Түндүк электр" компаниясынын финансылык ресурстары да негизги фондуларды жана жабдууларды жаңылоого жетишсиз түрдө жумшалууда.

Республикада электр энергиясын өндүрүүнү жана аны бөлүштүрүүнү 2000–2013-жылдардын аралыгы боюнча иликтөө жүргүзүп көрөлү. 2000–жылы Кыргызстанда 14931 млн. кВт/саат электр энергиясы өндүрүлгөн, ошол эле учурда–6395,0 млн. кВт/саат сатылып келген болсо, жалпы керектөө үчүн–11918,0 млн. кВт/саат сарпталган, анын ичинен жоготуу–3834 млн. кВт/саатты, же 25,7% түзгөн. Электр энергиясын жоготуу жыл сайын акырындык менен өсүшү байкалган, мисалы 1991–ж.– 1064 млн. кВт/с, 2000–ж.– 3839 млн. кВт/с, 2005–ж.–4793 млн. кВт/с, 1996–жылы–4667 млн. кВт/с, 2007–ж.–4582 млн. кВт/с, 2008–ж.– бир аз төмөндөп–3693 млн. кВт/с түзгөн.

Бирок, 1990–жылы техникалык жана коммерциалык жоготуулар деген болгон эмес. Мындай жоготуулар 2001–жылдан башталган: техникалык жоготуу 2605 млн. кВт/с, же жалпы өндүрүлгөн электр энергиясын 16% түзгөн, коммерциялык жоготуулар–2197 млн. кВт/с, же 19,1% жеткен. Жалпы жоготуулардын көлөмү 2001–жылы– 35,1%, 2005–ж.– 34,3%, 2006–ж.– 31,8%, 2007–ж.– 31,3%, 2008–ж.– 32,2%, 2009–ж.– 24,7%, 2010–ж.– 24,9%, 2011–ж.– 24,8%, 2012–ж.– 23,8%, 2013–ж.– 20,7%. Булардын ичинен улуттук электр станциясынын орточо жылдык

жототуусу 7,8%, ал эми электр энергиясын бөлүштүрүү компаниясыныкы– 16–18% түзөт (1,7 млрд. кВт/с.). Өнүккөн мамлекеттерде жоготуунун жогорку деңгээли жогорку чыңалуу линиясында (зымдарда)– 5% чейин, жана төмөнкү чыңалууда– 3% ашпайт.

Республикада электр энергиясын жоготууларды мындай деп түшүнүүгө болот: техникалык жоготуу негизинен негизги фондулардын, жабдуулардын моралдык, физикалык эскиришинен жана башкаруу тутумунун начардыгынан, ал эми коммерциялык жоготуу– бул түздөн–түз коррупция схеманын иштеши деп түшүнсө болот. Жыл сайын коммерциялык жоготуунун негизинде республикада 1,9–2,0 млрд сом (2800–2900 млн кВт/с * 70 т.) бюджетке жетпей калууда.

Кыргызстанда орто эсеп менен 14–15 млрд. кВт/саат электр энергиясы өндүрүлөт. Ал эми керектөө үчүн кеткен электр энергиясы 2000–ж.– 11,9 млрд. кВт/саат болсо, 2013–ж.– 13,6 млрд. кВт/саатка, же болбосо 24,2% өскөн (18–табл.).

18– Таблица. **Кыргыз Республикасынын электр балансы (млн. кВт/саат).**

| | 2000 | 2005 | 2010 | 2011 | 2012 | 2013 |
|---|---|---|---|---|---|---|
| **Өндүрүлгөн электр энергиясы** | 14931,0 | 14982,0 | 12062,9 | 15158,0 | 15168,3 | 14011,4 |
| **Республиканын сыртынан алынды** | 6395,0 | 0,2 | 76,3[1] | 6,6 | – | 29,6 |
| **Керектелген электр энергиясы** | 11918,0 | 12230,0 | 10503,8 | 12370,4 | 13579,8 | 13615,8 |
| **а.и.: Өнөр жайга[2]** | 1398,0 | 3895,0 | 4152,1 | 4898,6 | 5599,4 | 5905,3 |
| **Айыл чарбага** | 3318,0 | 2167,0 | 1718,2 | 2138,8 | 2467,6 | 2357,6 |
| **Транспортко** | 102,0 | 106,0 | 51,5 | 57,8 | 56,3 | 51,0 |
| **Курулушка** | 31,0 | 39,0 | 39,3 | 65,5 | 77,2 | 81,1 |
| **Социалдык чөйрө мекемелерге** | 3230,0 | 3452,0 | 1516,3 | 2135,2 | 2137,0 | 2235,5 |
| **Жалпы жоготуулар** | 3839,0 | 4973,0 | 3026,4 | 3074,5 | 3242,3 | 2841,3 |
| **Экспортолгону** | 9409,0 | 2661,0 | 1635,4 | 2794,2 | 1588,5 | 375,2 |

Статистикалык маалыматы: “КР өнөр–жайы”, 2000–2014.

Республиканын электр өндүрүү жана керектөө балансында, калктын керектөөсү чоң үлүшкө ээ (60%). Ал эми калганы (40%) экономика тармактарына бөлүштүрүлөт. Акыркы жылдарда

өндүрүш тармактарында электр энергиясын колдонуу жыл өткөн сайын өсүүдө. Мисалы, 2000–2013– жылдардын ичинде, өнөр–жай тармагында электр энергиясын колдонуу 4,2 эсеге, курулушта– 2,6 эсеге өскөнү байкалса, калган экономиканын тармактарында азайган. Негизинен электр энергиясын суроо–талабын жана колдоонунун өсүшү уурулук менен коррупцияга байланышкан. Кыргыз мамлекетинин эгемендүүлүгүнө 25–жыл болсо дагы уурулук менен коррупция барган сайын күч алууда. Ошондуктан электр энергия тутумунда кардиналдуу реформаны жүргүзүүнү талап кылат, б.а. бардык акционердик коомду улутташтырып мамлекеттик башкарууга өтүшү керек. Ошондой эле эчен жылдан бери коррупцияга малынып бүткөн иштегендерди жаш, таза адистер менен алмаштырбаса алдыга жылышты күтүүгө кыйын. Бул тутумда ар түрдүү кесиптеги адамдардын ордуна профессионалдуу, билим–илимдүү кадрлар келиши керек. Анткени, республиканын бардык социалдык–экономика тармактарынын негизги артыкчыл багыты, б.а. экономиканын өнүгүүсү электр энергиясына түздөн–түз көз каранды жана байланыштуу.

Электр энергиясын жоготуу, негизинен республиканын Түндүк, Ош, Жалал–Абад электр компаниясынын көзөмөлдөө иштеген адамдары аркылуу уурулук болууда, айрыкча күз–кыш айларында жылуулукка, тамак–аш жасоого, суу жылытуу үчүн колдонуу учурунда байкалат. Эгерде орточо бир айга бир абонементке 250–300 кВт/саат, ал эми тоолуу райондордо бул деңгээл 500–700 кВт/саатка чейин барабар, б.а. мындай нормадан ашканы башка жогорку тариф менен төлөнөт. Ошол эле мезгилде экономикасы өнүккөн Англияда бир айда керектелүүчү электр энергиясы 300 кВт/с ашпайт.

Кийинки жылдарда электр энергиясынын жоготууну азайтуу үчүн эсептегич приборлор үйлөргө жана өнөр жай мекемелерине коюлууда. Мисалы, энергетикалык эсептегич АИИСКУЭ автоматташтырылган эсептегичтер азыркы учурда эң келечектүү электр энергиясын чыгымын тактоочу прибору болуп саналат. Бул прибор аркылуу алыста туруп эле электр энергиясынын чыгымын аныктоого болот. Менчик секторлорго 93 миң эсептөө приборлорду коюу каралган, анын ичинен 2,5 миң көп кабаттуу жана жер үйлөргө, 14,6 миңи өнөр жай ишканаларына коюлмакчы. Бул боюнча, Бишкек шаарында эки инвестициялык долбоорлор

“жергиликтүү сетти оорудан айыктыруу”, “электр бөлүштүрүү тутумунун эффективдүүлүгүн жогорулатуу” ишке киргизилүүдө.

Турциянын компаниясы “Ай–Ай электрик” менен 110136 электр эсептегич жөнүндө келишим түзүлгөн. Жыйынтыкта бул “аркылуу” электр эсептегичтер көптөгөн көзөмөл жасаган жумушчуларды азайтат. Бул эсептегичтерди киргизүү менен ар бир микрорайондор, райондор боюнча канча электр энергиясы жумшала тургандыгын тастыктап билүүгө мүмкүндүк түзүлөт.

ААК “Электростанциясы” бир системадагы маалыматы киргизгенден кийин, коррупциялык схемалар жоголуп, ошонун эсебинен 2011–ж., акыркы 10 жыл ичинде биринчи жолу 2,3–млрд. сом пайда тапкан. Кийинки жылдарда, башкаруу системасына мурунку “бардык жагынан” тажрыйбалуу “адистер” келип, мурунку кебетесин кийип калганы, анын экономикасы күбө.

Кийинки жылдарда ортончу фирмалар түндүк электр бөлүштүрүүчү компания аткара албай калган секторлордо, Бишкектин көбүнчө жаңы конуштарында иштешет. 2013–жылы бул багытта 17 ортончу фирма иш алпарган. Булардын электр энергиясын жоготуусу 3,9% түзгөн болсо, республикада бул жоготуу–20,2% жеткен.

Электр энергиясын пайдаланууда жана анын эффективдүүлүгүн жогорулатууда жазгы–жайкы айларда электр бөлүштүрүүчү жана турукташтыруу үчүн негизги фондуларды жана жабдууларды ондоо, жаңыртуу иштерин сапаттуу жүргүзүү керек. Айрыкча күз–кыш айларында электр энергиясын берүү тез–тез өчүрүлүп, социалдык–экономика жагдайына тескери таасирин тийгизүүдө. Негизги себептеринин бири башкаруу, уюштуруу иштердин начардыгы, электр кабелинин эскириши жана алмаштыруу процесси. Бул жагдайда төрт жылдык тыныгуудан кийин Кайыңды кабель заводу 2013 ишке киргизилген. Бул завод республикада энергетикалык компаниялардын 3 млн. сомдук продукция өндүрүлөт. Негизинен заводдун продукциясы “Ош–электро” “Чыгыш–Электро”, “Жалал–Абад электро” бөлүштүрүү компанияларынын тейлейт. Келечекте завод 4,8 млн. сомдук 10 тонна кабель өндүрүшмөкчү. Азыркы кезде завод “Түндүк–электро” компаниясынын суроосу боюнча 6,4 млн. сомдук 40 тонналык кабель продукциясын аткаруунун үстүндө.

Акыркы жылдарда чет өлкөлүк мамлекеттерге электр энергиясын экспортоо да барган сайын кыскарууда. Мисалы, 2000-ж. 9409 млн. кВт/саат сатылган болсо, 2010–ж.–1469, 2012-ж.-1502 млн. кВт/с, чейин азайган. Энергиясын Казакстанга экспорттолуп, 1 кВт/с 4 центтен сатылып 15 млн. долларга жакын каражат түшкөн.

Электро энергиясын тышкы базарга сатылышы Токтогул Суу сактагычынын толушуна жараша болот. Мисалы, 2011 – жылы 2,6 млрд. кВтсаат электр энергиясы экспортко сатылган. Мурунку жылдары 1 кВт сааттын баасы 2,8 центтен, ал эми 2013 жылы 375,2 млн. кВт/с 4 центтен сатылган.

Тышкы мамлекттерден, электр энергиясын ири керектөөчү болуп Казакстан. Жыл сайын Казакстанда 68–70 млрд. кВт/саат электр энергиясы өндүрүлөт, мунун ичинен–80% жылуулук станцияларынан алынат. Алар негизинен республиканын түндүк региондорунда жайгашкан. Ал эми түштүк региондорго электр энергиясын жеткирүү бир кыйла кымбат болууда. Казакстанда электр энергиясы толугу менен приватташтырылган, мамлекеттин менчигинде транзит чубалгысы толугу менен калган. Электр энергия тутумунда 60 тан ашык компания иш алып барышат. Мисалы, AESкорпорация АКШда 70–80 жылдан бери негизделип иштейт. Бул корпорацияда 114 электр энергия өндүрүүчү мекемелер жана 17 бөлүштүрүү компаниялары иштешет. AES корпорациясы дүйнөлүк 27 мамлекетине электр энергиясын жеткирүүдө. Казакстанда бул компания электр энергетика рыногунда 15 жылдан бери иштейт “бардык иштегендердин саны 65 адам, анын ичинен чет элдик 6–адам”. Казакстанда электр энергетика рыногу толугу менен иштөөнүн негизинде пайдалануучулар төлөмдү 100% төлөшөт.

Казакстан 2008–жылы “түндүк–түштүк” деген эки жогорку чыңалуу чубалгысын курган, ошонун негизинде түштүк региондорунда электр энергиясынын дефицити жоголмокчу.

Кошуна Узбекстан өлкөсү электр энергиясын толугу менен өзүн өзү камсыз кылат. Сырттан бул мамлекет электр энергиясын импорттон баш тарткан.

Таджикстан электр энергиясын 100% суу электр станциясы аркылуу алат. Суу электр станциясынын потенциалы Кыргызстанга караганда 3 эсеге ашык жана жыл сайын 15–16 млрд. кВт/с

электр энергиясы өндүрүлөт. Жай айларында өлкөдө электр энергиясын ашыктыгы байкалып, аны арзан баага сатууга мажбур болсо, кыш айларында, тескерисинче-жетишсиз болгондуктан Кыргызстандан сатып алат. Учурда Таджикстан Орусия жана Иран мамлекеттеринин инвестициясы аркылуу өтө эле ири суу электр станциясын курууда.

Кытай Республикасы (СУАР) электр энергиясын өзүн өзү толугу менен камсыз кылууда.

Кыргызстан жыл сайын электр энергиясын кошуна мамлекеттерге экспортко, орто эсеп менен 1,0–1,5 млрд. кВт/с сатууда. Сатылган электр энергиясыны жалпы өндүрүлгөндөн үлүшү 4,7% (2008–ж.) 10,0% чейин (2012–ж.) чейин өскөн (19–табл.).

19– Таблица. **Кыргыз Республикасынан экспортко чыккан электр энергиясы**

| | 2008 | 2009 | 2010 | 2011 | 2012 | 2013 |
|---|---|---|---|---|---|---|
| **Экспортко чыгарылган электр энергиясы, млрд. кВт/с** | 0,543 | 0,864 | 1,469 | 2,634 | 1,502 | |
| **Жалпы өндүрүлгөн электр энергиясына болгон үлүшү, % менен** | 4,7 | 7,9 | 12,3 | 17,7 | 10,0 | |

Энергетика министрилигинин маалыматы боюнча.

Кыргызстан CASA–1000 долбоору боюнча Таджикстан, Пакистан, Афганистан өлкөлөрүнө электр энергиясын экспортко чыгарууга мүмкүндүк алат. Биринчи фазада Борбор Азия менен Түштүк Азиянын ортосунда энергетика рыногу түзүлмөкчү.

Техник–экономикалык негиздөөдө жалпы ЛЭП (электр энергиясын берүүчу балгысы) узундугу 1770 километр болгондуктан 253 млн. АКШ доллары жумшалмакчы. Кыргызстандын аймагынын ичинде 400 км узундукта электр зымдарын тартуу үчүн 200 млң. доллар, ошондой эле Пакистанда - 200млн., Таджикстанда - 250 млн. доллар, Афганистанда - 300 млн. доллар керектелет. Негизинен, бул долбоор боюнча жазгы–күзгү убактарда (май–сентябрь) электр энергиясын экспорттоонун көлөмү 5 млрд. кВт саат болот. Бул долбоор боюнча азырынча көп сүйлөнгүүлөр жүрүүдө. Долбоорду каржылоо маселеси Бүткүл дүйнөлүк банк, Ислам банк жана Орусиялык банктары аркылуу жүргүзүлмөкчү.

Энерго тутумунун финансы–экономикалык өзгөчөлүгү өндүрүлгөн товар ошол эле убакытта керектөөгө жумшалат. Ошондуктан электр жана жылуулук энергиясына төлөм тарифтери оптималдуу жана туура болушу керек, б.а. иштеген компаниялар пайда табыш үчүн иштешет. Эгерде бул тарифтер инфляциянын өсүш темпинен, улуттук валютанын курсунан жана дүйнөлүк рыноктогу башка товарлардын баасынын өсүшүнөн төмөн болсо, анда компаниялар ченелбеген чыгымга учурашат. Буга кошумча болуп техникалык жана коммерциялык уурулук менен төлөмдөрдү убагында төлөбөй коюу, энергетика тутумуна бир кыйла финансылык түйшүк жаратат.

2001–жылы бирдиктүү мамлекеттик тутуму болгон “Кыргызэнерго” бир канча чарба субъектерге бөлүүдө жалпы карызы 1 млрд. сомду түзгөн болсо, ал эми акыркы жылдарда 8–10 эсеге өскөн. Демек, бардык бөлүнгөн субъектерди мамлекеттин карамагына алып, мурунку «Кыргызэнерго» тутумун кайра ордуна келтирүү керек. Анткени жоготуунун бир кыйла бөлүгү 5–6 акционердик коомдун жетекчилерине (директорлор кеңеши), айлык майана алары 40–60 миң сомдон, кызматкерлерине (аппарат абдан көбөйгөн) 30–40 миң сомдон, (бул дагы сыйлыктарынан тышкары) б.а. олуттуу чыгым. Канчалык аппаратта иштегендер көп болсо, ошончолук бюрократия жана коррупция, уурулук өсөт.

Республикада азыркы учурда экономиканын энергетика чыгымы жыл сайын жогорку деңгээлде калууда. Мисалы, энергия сыйымдуулугу (емкость) 1000 АКШ долларына эсептелгенде Кыргызстанда ИДП 1,1 тонна мунай эквивалентин түзөт, ал эми өнүккөн мамлекеттерде бул көрсөткүч 0,10–0,74 барабар.

Электр энергетика тутумун эффективдүүлүгүн жогорулатуу жана рыноктун шартына ылайыктуу шартын түзүп берүү үчүн керектөөчүлөрдүн төлөмүн жакшыртуу, уурулуктуу жана жоготууну азайтуу, айрыкча коммерциялык жоготууну 3–5% чейин жана ички дебитордук төлөмдү төмөндөтүүнү, ж.б. проблемаларын ишке ашырууну талап кылат. Бул иш чараларды практика жүзүнө колдонууда төмөнкү иштерди жүргүзүү:

- бардык электр энергиясын колдонгондор үчүн эсептөөчү приборлорду орнотуу;

- төлөм тутумдарын жана төлөмдөр механизмин дайыма жакшыртуу;
- бюджеттик карызды убактысы жана тактык менен которуп туруу;
- электр энергиясын пайдаланууда тартиптүү жана тартипсиз клиенттерге, сыйлык жана жазалоо (айып) механизмин иштеп чыгуу ж.б.

Майлуу–Суу электро лампалык завод ишмердүүлүгүн улантып энерго үнөмдөөчү лампаларды чыгара баштаган. Бул лампалар энергия керектөөнү бир кыйла төмөндөтүп, дайыма колдонулуп жаткан электр лампа 1200 саатка ылайыкталган болсо, үнөмдөөчү лампа 6–8 миң саатка чейин чыдайт. Өндүрүлгөн биринчи партия лампалары экспортко чыгарылмак, бирок бардык керектелүүчүлөрдүн суроо–талабын канааттандыруу үчүн финансылык каражат менен мамлекет жардам көрсөтүүсү керек. 2013–ж. Майлы–Суу заводу 1,4 млрд. сомдук продукция өндүргөн. Заводдо 3,0 миңден ашык жумушчулар иштешет.

Өлкөнүн экономикасын, ошондой электр–энергия тармагынын эффективдүүлүгүн жогорлатуу үчүн инвестиция тартуу проблемасын чечүү бүгүнкү күндүн маселеси. Мына ошонун негизинде, экономиканын реформасы башталгандан тартып, бүгүнкү күнгө чейин электр энергетикасынын проблемаларын кординалдуу чечүүдө чечкиндүү жылыш көрүнбөйт.

Электр энергиясын өндүрүү жана аны керектөөчүлөргө убагы менен үзгүлтүксүз жана сапаттуу жеткирүүдө негизги фондулардын жана жабдуулардын мааниси өтө эле чоң. Анткени, жыл сайын өндүрүлүп сатылган продукциянын кирешесинен 25% кем эмес капиталдык салым катарында жумшалып, негизги фондуларды жаңыртууга жана заман бап жаңы технология үчүн, сарпталган болсо, электр энергетика тутумунун эффективдүүлүгүн жогорулатууга мүмкүндүк түзүлөт.

Энергетикада Ачык коомдордун капиталдык салымдарынын каражаттык булагы–бул өздүк ички ресурстар, б.а. биринчиси негизги фондулардын амортизациясы, экинчиси– сатуудан түшкөн пайда. Бул жагдайда амортизация капиталдык салымдын бирден бир –негизги булагы. Бирок, 90–жылдардын башында негизги фондулардын төмөн наркы жана туура эмес баа берүү менен

амортизациялык чыгымды азайтып, алардын жалпы үлүшүн жана пайыз менен кескин төмөндөтүү.

Электр энергетиканын ишмердүүлүгүнө инвестиция тартуу–анын эффективдүүлүгүн жогорулатууда чечкиндүү жана кординал-дуу багыттын бири. Электр энергетика тармагына капиталдык курулуш жана технологияны мурунку деңгээлинде эмес жана иштеп жаткан ишин улантпастан, жаңы техника, жабдуулар менен толуктап, айрыкча башкаруу тутумун жакшыртуу, өндүрүштүн эффективдүүлүгүн артырат. Эгерде ушундай иштер жүргүзүлбөсө, анда коомду электр энергия менен камсыз кылуудагы маселелери болгон, сапаттуулук, тарифтерди оптималдаштыруу, башкарууну жакшыртуу, коррупцияны жана уурулукту кыскартуу, энергияны үзгүлтүксүз берүү, курчап турган табийгый жаратылышка зыян келтирбөө ж.б. ишке ашпай калуусу ыктымал.

Электр энергетика тутумунда тартылган инвестициянын жана капиталдык салымдын экономикалык эффективдүүлүгүнүн критериясы– эмгек өндүрүмдүүлүгүн арттыруу, 1 кВт энергия өндүрүү үчүн келтирилген чыгымды жана андан түшкөн пайданын өлчөмү сапаттуу электр энергегиясы менен (220в) үзгүлтүксүз камсыз кылуу, ресурстарды эффективдүү пайдалануу, өндүрүш чыгымдын түзүмүн жакшыртуу, негизги фондулардын кайрымын (фондоотдача) жогорлатуу ж.б.

Жыйынтыктап айтканда, электр энергетика тутуму республикада негизинен суу ресурстарына түздөн–түз байланыш-туу, ошондой эле өндүрүлгөн энергияны бөлүштүрүү компания-ларга үзгүлтүксүз жана сапаттуу жеткирүү, башкаруу реформасын жүргүзүү, кадрларды даярдоо жана кайра даярдоо иштерин жолго коюу, техникалык жана “коммерциялык” жоготууларды алдынкы өнүккөн мамлекеттеринин деңгээлине жеткирүү, илимий–техникалык жетишкендиктерди өндүрүшкө тынымсыз киргизүү, ички жана тышкы финансы булак–каражаттарын үнөмдүү жана эффективдүү пайдалануу ж.б. маселерди ишке ашыруу.

## §3. Кыргызстандын суу энергетика ресурстары жана аларды пайдалануу

Кыргызстанда 236 ири жана орто суу ресурстары эсепке алынган, алардын кубаттуулугу 15,5 млн. кВт жана иштечү энергиясы– 135,5 млрд. кВт/саат. Чакан суулардын суу потенциалы 0,8 млн. кВт жана иштеп чыгуучу кубаттуулугу–7 млрд. кВт/саат. Бардык суулардын суу ресурстарынын кубатуулугу 16,3 млн. кВт жана 142,5 млрд. кВт/саат. Кыргызстан суу энергетика менен борбордук жана Түштүк Чыгыш Азияны камсыз кылууга мүмкүнчүлүгү бар.

Кыргызстандын дагы бир олуттуу көрсөткүчү бул экономика потенциалы, б.а. республикада, региондо, райондо ГЭСти долбоорлоо технология прогрессинин деңгээлине тыгыз байланыштуу. Ошондуктан экономикалык потенциалы эл чарбасынын суу энергетикалык баалуулугун аныктаган көрсөткүч.

Кыргызстандын сууларынын энергетика потенциалы адистердин эсеби боюнча жылына 162 кВт/саатка барабар. Союз убагында Нарын дарыясы жана ага куйган чакан сууларына 16 суу станция куруулары белгиленип, алардын жалпы кубаттуулугу 48 млрд. кВт/саатка барабар деп эсептелген. Алардын ичинен союздун убагында 6 суу станциясы курулуп, алардын кубаттуулугу 11 млрд. кВт/саатты түзгөн. Ошол эле мезгилде жетинчи жана сегизинчи Камбар–Ата суу станцияларынын курулушу башталган, ал экөөнүн кубаттуулугу 2260 кВт жана жылдык иштеп чыга турган энергиясы-6 млрд. кВт/саатка барабар. Бул суу станциялардын курулушуна 80 млн. АКШ доллары сарпталган. Кыргызстандын 20 жылдык эгемендүү убагында Камбар–Ата–2 курулушунун үчтөн бир бөлүгү гана мамлекеттин бюджети менен аткарылган. Камбар–Ата–1, Камбар–Ата–2 суу станцияларын толук курулуп бүтүшү үчүн 2 млрд. АКШ доллары керектелмек. Мындан тышкары бөлүштүрүү компаниясына жана жабдуулар үчүн дагы 200 млн. АКШ доллары чыгымдалышы ыктымал.

Камбар–Ата–2 суу станциясынын плотинасын көтөрүш үчүн 17 секундалык чоң жардыруу менен үч миллион тонна таш–жер породасы 60м бийиктикке сууну бөгөп салган. Бул ишти иш жүзүнө ашырыш үчүн долбоорун ААК “Нарынгидрострой” түзгөн, ал эми Орусиянын ЖАК “Спецстройу” ишти аткарган.

Камбар–Ата–2 ГЭСтин курулушу үчүн 2500 жумушчу күчү тартылган. 2007–жылдын ноябрь айынан 2009–жылдын декабрь айына чейин курулушүчүн 5,5 млрд. сом сарпталган. Долбоор боюнча Камбар–Ата–1, Камбар–Ата–2 бир убакытта курулушу керек, анткени бул экөө каскад түрүндө иштеши каралган. Камбар–Ата–2 ГЭСтин суу сактагычынын көлөмү 800 млн. $м^3$ түзөт, ал эми Камбар–Ата–1 ГЭСинин плотинасы курулбаса, анда Камбар–Ата–2 суу сактагычы тезинен кумга чайкалып толуп калат. Камбар–Ата–2 ГЭСи план боюнча жылына 4–5 ай гана иштеши мүмкүн, айрыкча кыш айларында электр энергиясынын жетишсиздигин толуктайт, анткени суу сактагычынын көлөмү 3,6 млрд. $м^3$ түзөт. Эгерде Камбар–Ата–1 ГЭСи каралбаса, анда ЛЭП–500 кВт тартып иштетүү маанисиз (Веч. Бишкек, 11 декабрь 2009–ж.).

Кыргызстан бардыгы болуп 15 суу станциясы иштеп жатат. Нарын дарыясынын төмөнкү агымында 5 суу станциясы каскад түрүндө иштешүүдө. Токтогул ГЭСи уникалдуугу жана ирригация боюнча чоң маанидеги курулуш, ал 1976–жылы курулуп ишке киргизилген, анын кубаттуулугу 1200 кВт. Энергия тутумун эки аба жогорку вольтогу (500 кВ) чубалгысы менен байланышкан. Дагы уникалдуу Нарын электрстанция каскадына Курпсай ГЭСи (800 кВт), Уч Коргон ГЭСи 1962–жылы ишке киргизилген. Бул ГЭСтер электр энергиясын (ЛЭП) 110 жана 220 кВ чыңалуу менен берет. Мындан тышкары Атбашы ГЭСи (40 миң кВт), бирок долбоор проектисине режимине жеткирилбей калган, Таш–Көмүр ГЭСи (450 миң кВт) жана Шамалды–Сай ГЭСи (210 миң кВт), биринчиси 1987–жылы, экинчиси–1995–жылы ишке киргизилген.

Батыш БЧК ирриганциондук каналына, Ат–Башы суу төкмөсүнө Аламедин, Лебедин жана Кичи Аламедин ГЭСтери курулган, алардын жалпы кубаттулугу 185 млн. кВт/саатка барабар. Ошондой эле башка ирригациялык каналдарга кичи жана орто ГЭСтерин курууга мүмкүнчүлүктөр бар, бирок финансы каражаттарынын жетишсиздигине байланыштуу алар алиге чейин колдонулбай жатат.

“Гидроэнергопроект” институтунун долбоорунун негизинде республикада 95 суу станция курууга мүмкүнчүлүк бар, алардын жалпы кубаттуулугу 11350 кВт жана жылдык орто электр энергиясын иштеп чыгаруусу 49,8 млрд. кВт/саатка барабар.

Кыргызстанда 1917-жылга чейин өнөр жай тармагы катарында электр энергетика практика жүзүндө болбогону маалым. Анткени, 1913-1914-жж. республикада беш кичине электростанциясы иштеген, алардын кубаттуулугу 265 кВт түзгөн. Буларга: Кызыл–Кыя көмүр бассейнинде Кызыл–Кыя жылуулук электр станциясы (121 кВт), Ош шаарында эки ГЭС (120 кВт), Бишкектеги дизелдик электростанциясы (16,5 кВт), Кара–Кол дизелдик электростанциясы (7,5 кВт).

Республикада 1929–жылы кичи Аламедин ГЭСи (410 кВт), 1923–жылы электр энергия көчөлөрдү жарык кылыш үчүн колдонулган, ал эми 1930–жылдан баштап айыл–чарбасына бериле баштаган. 1940–жылы Кыргызстанда электр станциялардын жалпы кубаттуулугу 19,6 миң кВт түзүп, андан иштетилип чыккан электр энергиясы 31,6 млн. кВт/саатка барабар болгон.

Республикада жалпы электр энергетика балансында суу энергетика чоң үлүштү ээлейт, анткени суу энергетикалык ресурстарынын байлыгына байланыштуу. Кыргызстан бул көрсөткүчү боюнча, мурунку союздун ичинен Орусия менен Таджикстандан кийинки орунду ээлейт. Жогорку деңгээлде суу энергетика менен камсыз болушу республикада энергетика комплексин тез өнүгүүсүнө алып келген. Ошонун негизинде Кыргызстан өткөн кылымдын 80–жылдарында Орто–Азия региону боюнча ири электр өндүрүүчүгө айланып жалпы бириккен энергия тутумуна кошулуп Орто–Азиянын 50%дан ашык иштелип чыккан электр энергиясын камсыз кылган.

Кийинки жылдарда Таш–Көмүр, Шамалды–Сай ГЭСтерин долборуна жеткириш үчүн эң аз болгондо 66,7 млн. АКШ доллары капиталдык салымды талап кылат. Ошондой эле Үч–Коргон жана Атбашы ГЭСтеринин физикалык эскеришин калыбына келтириш үчүн 18 млн. АКШ доллары керек. Долбоор боюнча курулуучу Сарыжаз, Көкөмерен ГЭСтерин жана Кара–Кече жылуулук электр станциясын куруу үчүн республиканын финансылык мүмкүнчүлүгү азырынча жетишпейт, Кыргызстанда 1943–жылдан тартып Лебединовка ГЭСи, 1945–жылы Аламедин–1 ГЭСи, 1949–1955 жылдардын ичинде Джидамек №1, №2, Аламедин №3, Аламедин №4, Калинин жана башка ГЭСтери ишке киргизилген (20–табл.).

20– Таблица. **Кыргызстандагы ГЭСтердин ишмердүүлүгүнүн өндүрүштүк мүнөздөмөсү**

| ГЭСтердин аты | Ишке кирген жылы | Суунун бийиктиктен түшүүсү, м | Суунун чыгымы, м3сек. |
|---|---|---|---|
| **Токтогул** | 1974–1977 | 140 | 980 |
| **Курпсай** | 1981–1982 | 91,5 | 972 |
| **Таш–Көмүр** | 1985–1987 | 48,7 | 1038 |
| **Шамалды–Сай** | 1992 | 26,0 | 1040 |
| **Учкоргон** | 1961–1962 | 29,0 | 760 |
| **Атбашы** | 1970 | 67,8 | – |
| **Лебединовка** | 1943 | 26,8 | 40 |
| **Аламедин №5** | 1957–1958 | 15,1 | 50 |
| **Аламедин №6** | 1958 | 15,1 | 50 |
| **Аламедин №2** | 1948 | 12,3 | 30 |
| **Аламсдин №1** | 1945 | 12,0 | 25 |
| **Аламедин №3** | 1951 | 10,8 | 23,3 |
| **Аламедин №4** | 1952 | 10,8 | 23,3 |
| **Калинин** | 1955 | 60,0 | 2,7 |
| **Сокулук** | 1959 | 85,0 | 0,82 |
| **Джадалик №1** | 1949 | 2,2 | 16,0 |
| **Джадалик №2** | 1949 | 3,7 | 17,0 |
| **Малая Аламедин** | 1928–1929 | 10,1 | 8,0 |

Республикада суу станцияларды жана суу сактагычтарды куруш үчүн айыл–чарбасына жарактуу жерлерин жоготуп коюуда. Мисалы, Токтогул суу станциясын куруш үчүн жалпы аянты 31,9 миң гектар, суу сактагычы боюнча– 28,4 миң гектар, анын ичинен 12,0 миң гектар айдоо аянтын суу баскан. Жалпы суу баскан жерден Кыргызстан жыл сайын 33,9 млн. АКШ долларына барабар зыян тартууда.

Гидростанциялардан иштелип чыккан электр энергиясы түздөн–түз суу сактагычтагы суунун көлөмүнө байланыштуу, ошондуктан 1 кВт/саат электр энергиясын өндүрүүдө, суунун көлөмү аз болгон сайын, ага кеткен салыштырма суу чыгымы

жогорулайт. Мисалы, 1 кВт/с электр энергиясын иштеп чыгаруу үчүн суу сактагычты суунун көлөмү 16 млрд. $м^3$ болсо, анда 2,3 $м^3$ суу чыгымдалат 13–млрд. $м^3$– 2,9 $м^3$, 10–млрд. $м^3$–3,03 $м^3$, 6–млрд. $м^3$–4,5$м^3$, б.а. суунун чыгымы өсөт.

Республикада иштеп жаткан суу станциялардын жалпы кубаттуулугу 2944,2–3571,5 кВт, ал эми иштелип чыккан электр энергиясынын көлөмү 13–14 млн. кВт/саат (21–табл.).

21– Таблица. **Кыргызстанда гидростанциялардын кубаттулугу жана электр энергиясынын өндүрүшү**

| | 2000 | 2005 | 2009 | 2010 | 2011 | 2012 | 2013 |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **ГЭСтердин орнотулган кубаттуулугу, миң кВт** | 2968,7 | 2940,1 | 2944,1 | 3064,2 | 3071,5 | 3071,5 | 3571,5 |
| **Электр энергиясын өндүрүлүшү, млн. кВт/с** | 13682,3 | 13980,4 | 10097,9 | 11254,7 | 14309,1 | 14179,0 | 13096,7 |

Усубалиев Т. “Вода дороже золота”– Б. 1999–17 бет.

Азыркы учурда Кыргызстанда элктр энергетика тармагы өзүнүн курамында иштей турган кубаттуулугу 378600 мВт, анын ичинен 15 ГЭСтики 3586,4 мВт. Алыскы келечекте долбоор түзгөн институттардын маалыматы боюнча Нарын жана ага куйган үч кошумча дарыясы, Көкөмерен, Ала Бука жана Атбашы дарыяларынын суу ресурстарын рационалдуу пайдалануу үчүн бир катар ГЭСтер куруп иштетүү зарыл. Долбоор боюнча дагы 6 электрстанция каскады куруу каралган: Көкөмерен-3 ГЭСи (1310 мВт), Куланак-5 ГЭСи (1440 мВт), Казарман-3 ГЭСи (900 мВт), Жогорку Нарын каскады-6 ГЭСи (350 мВт), Ат-Башы-6 ГЭСи жана Алабука- 4 ГЭСи ж.б.

Республикада ири гидроэлектрстанциялары курулуп жана иштеши менен, электр энергиясынын жетишсиздигинен калк арасында көп кыйынчылыктар байкалууда. Республиканын көп айыл жергесинде, шаарларда электр энергиясынын тез тез өчүп, жок болуп калышы энергетикада иштегендердин дарегине көп нараазычылыктар айтылууда. Мындай абал негизинен электр

берүүчү чубалгылардын өтө эле чоң жүк чыңалуусунан келиши мүмкүн. Айрыкча кыш мезгилинде электр энергиясын ашыкча пайдалуунун негизинде трансформаторлор иштен чыгууда. Узак мөнөөткө электр энергиясынын жок болушу калк арасында кыйла социалдык коопсуздукту пайда кылат. Ири өнөр жай айрыкча тамак–аш даярдоо мекемелеринде, электр энергиясынын тез–тез өчүрүлүшү, алардын ишмердүүлүккө көп чыгымдарды алып келүүдө. Ошондуктан электр энергетикасынын жетишсиздик проблемасын чечүүдө кичи суу өзөндөрүнүн жана алардын куймаларынын мааниси чоң.

22– Таблица. **Кыргызстанда электр гидростанциялардын кубаттууллугу**

| | Орнотул–ган кубат–туулугу бир./миң кВт | Жайгаш–кан кубаттуулугу мВт, т/с | Жумушчу кубаттуу–лугу | Пайда–ланган коэффи–циент, % менен | Долбоор боюнча аткарыл–ган иши, млн.Вт/с |
|---|---|---|---|---|---|
| **Токтогул ГЭСи** | 4/1200 | 1200 | 948,4 | 79,0 | 4400 |
| **Курпсай ГЭСи** | 4/800 | 800 | 800 | 100 | 2630 |
| **УчКоргон ГЭСи** | 4/180 | 180 | 135 | 75 | 820 |
| **ТашКөмүр ГЭСи** | 3/450 | 435 | 339,4 | 75,4 | 1698 |
| **Шамалды–Сай ГЭСи** | 3/240 | 170 | 132,7 | 55,3 | 902 |
| **Атбашы ГЭСи** | 2/40 | 40 | 26,6 | 66,5 | 140 |
| **Быстровка ГЭСи** | 3/8,7 | 8,7 | 4,6 | 52,9 | 65 |
| **АГЭС каскады** | 18/29,78 | 29,78 | 5,3 | 17,8 | 118 |
| **Жыйынтыгы** | 3586,48 | 3469,98 | 2552,8 | 71,2 | 15173 |

Республикада Токтогул жана башка ири гидростанциялары курулгандан тартып чакан гидростанциялардын иши токтотулуп, алардын жабдуулары төлөнүп, сатылып жок болуп кеткен. Мунун негизинде миллиондогон сомго чыгыш болгон.

Азыркы учурда АК “Чакан ГЭС”дин адистеринин ою боюнча, жакынкы жылдарда 8 объектилерди калыбына келтирүүгө болот. Бирок, буларды калыбына келтирүү үчүн 500–800 миң АКШ доллары талап кылынат. Бул каражаттар, негизинен ГЭС жерге келүүчү каналдарды оңдоп түзөөгө, кеңейтүүгө, келүүчү суунун

көбөйтүү жана агрегаттардын кубаттуулугун 3кВт/саат жеткирүү үчүн жумшалмакчы.

Кыргызстанда жеке эл ири гидростанцияларды куруу менен кичи ГЭСтерди куруу иштери боюнча чоң мүмкүнчүлүктөр бар. Адистердин сунуштары боюнча республикада 92 чакан кичи ГЭСтери куруула турган болсо, алардын кубаттуулугу 178 мВт түзүп, жылына орто эсеп менен 1 млрд. кВт/саат электр энергиясын өндүрүүгө болот (23–табл.).

23– Таблица. **Кыргызстанда чакан гидростанциялардын өндүрүш мүнөздөмөсү**

| | **Орнотулган кубаттуулугу, миң кВт/с** | **Орто жылдык аткарылуучу иши, млн. кВт/с** |
|---|---|---|
| **Быстровка ГЭСи** | 8,7 | 46 |
| **Лебединовка ГЭСи** | 7,6 | 65 |
| **Калинин ГЭСи** | 1,48 | 6 |
| **Аламедин (АГЭС) №1** | 2,2 | 18 |
| **АГЭС–№1** | 2,5 | 20 |
| **АГЭС–№1** | 2,14 | 20 |
| **АГЭС–№1** | 2,14 | 17 |
| **АГЭС–№1** | 6,42 | 23 |
| **АГЭС–№1** | 6,42 | 23 |
| **Чакан АГЭС** | 0,41 | 2,0 |
| **Жыйынтык** | 40,0 | 240 |

Мындын тышкары, республикада 39 чак ГЭСтерди калыбына келтире турган болсо, алардын кубаттуулугу 22 мВт түзүп, жылына орто эсеп менен 100 млн. кВт/саат электр энергиясын өндүрүүгө болот эле. Бул болсо республиканын аймактарында электр энергиясы менен камсыз кылууда бир кыйла жакшырмак.

“Сельэнергопроект” институтунун маалыматы боюнча республикада чакан озондорунун жалпы энергетикалык ресурсу 8214,8 миң кВт, кубаттуулугу 72 млрд. кВт/с, башкача айтканда жалпы дүң гидропотенциалдын 60%на барабар (24–табл.).

Кыргызстанда 28 ири жана орто дарыялары бар, алардын потенциалдык энергиясы 1 млрд. кВт/с ашыгыраак. Орто Азия энергетика боюнча илимий изилдөө институтунун (Средаз НИИЭ) маалыматы боюнча 25 курулган жана 41 долбоорлонгон жана

курулуп жаткан суу сактагычтардын гидроэнергетикалык потенциалы 296,4 жана 1650 млн. кВт/с барабар.

24– Таблица. **Кыргызстанда чакан дарылардын гидроэнергетикалык потенциалы**

| **Областтар** | **Потенциалдык энергетикалык кубаттуулугу, миң кВт** | **Потенциалдык энергиясы, млн. кВт/с** | **Техниканы иштетүүгө мүмкүндүк потенциалы, млн. кВт/с** |
|---|---|---|---|
| **Чүй** | 640 | 5545 | 500 |
| **Ысык–көл** | 2005 | 17390 | 1700 |
| **Талас** | 354 | 3104 | 320 |
| **Нарын** | 2032 | 1778 | 1600 |
| **Ош** | 2641 | 2320 | 2300 |
| **Жалал–Абад** | 1728 | 15045 | 1600 |
| **Бардыгы** | 9400 | 82072 | 8020 |

Статистикалык маалыматы: Липкин, Боконбаев “КР энциклопедиясы” Б.: 2003.–с.6

1980–жылдарда КырНИОЭ институту “Гидроэнергетика Кыргызской ССР” табигый ресурстарын комплекту картографиясы боюнча инвентаризация жүргүзүү программасын иштеп чыккан. Бул иштин жыйынтыгында Кыргызстанда гидроэнергетикалык комплекси боюнча 18,5 млн. кВт жана 162,5 млрд. кВт/с энергиясы тастыкталган.

Бардыгыбызга белгилүү, республиканын аймактарында кыш айларында электр энергиянын жетишсиздиги дайыма байкалат. Ошондуктан, чакан ГЭСтерин куруу жана иштетүү бүгүнкү күндүн талабы. Чакан ГЭСтерин куруп жана пайдалануу кубаттуулуктун бирдигине эсептегенде анчалык деле көп каражатты талап кылбайт. Мисалы, Ноокат районунда “Найман” каналына ИЅИД программасынын негизинде “Янги–Ноокат” чакан ГЭСи жылына 3,5 млн. кВт/саат электр энергиясын иштөтүүдө.

Мындай чакан ГЭСтер өзүн өзү актоо принцибинде иштеши керек. 2005–жылы тоо суусуна, Баткен аймагында Айдар кыштагынын жанына чак ГЭСи курулуп иштөөгө киргизилген.

Ысык–Көл аймагында болгон, суу агымдарын рационалдуу пайдаланса, 2 млрд. кВт/с электр энергиясын алууга мүмкүндүк бар. Бирок, мындай кубаттуу табигый потенциал булагы практика

жүзүндө колдонулбай келе жатат. Союз убагында Ысык–Көлдүн аймагында 11 чакан ГЭСтери иштеп, арзан электр энергиясы менен камсыз кылып турган. Рыноктун шартына өткөл мезгилинде, ар түрдүү себептер менен алар каралбастан иштен чыгып, жабдуулары тонолуп, металлолом түрүндө сатылып кеткен.

Мындан 10 жыл мурун Каракол жана Арашан кичи дарыяларынын кошулушуна ОсОО "Рук Энержи" Орус жана Өзбек ишкерелери менен чакан гидростанцияны курушкан. Анын наркы 1 млн. АКШ долларын түзгөн. Толук ишке киргизүү үчүн кошумча дагы 500 долл. керек болуп, иш токтоп калган.

ПРООНдун долбоору боюнча "Кыргызстанда тоодо жайгашкан коомчулуктун туруктуу өнүгүүсүү үчүн Микрогэстерди жылдыруу" боюнча Жети–Өгүз районунун "Жууку" дарыясына "Байтоо" ГЭСин оңдоп, анын кубаттуулугун 66 кВт/с жеткирүү белгиленген.

Ысык–Көл аймагы боюнча 12 чакан ГЭСтин курулушу долбоорлонууда, алардын жалпы кубаттуулугу 30 мВт чейин жылына алынуучу электр энергиясы 150 млн. кВт/саат белгиленген. Бардык чыгымдын көлөмү (Курулуштарга жана жабдууларга ж.б.) 25 млн. АКШ доллар керектелмекчи. Адистердин эсеп–кысап боюнча чакан гидростанцияларды куруу чыгымдыры 5–7 жылдын ичинде акталат. Келечекте бул аймакта Чоң–Аксу, Түргөн, Жууку, Койлу, Турасу, Барскоон, Орто–Койсу суу агымдарында чакан ГЭСтери курулмакчы.

Жыйынтыкта, республикада электр энергетикасын өнүктүрүү артыкчылыгы бар тармакка керет. Анткени, эмгекти куралдандыруу (вооруженность труда) жана бир жанга электр энергиясын колдонуу боюнча Кыргызстан мурунку союздагы республикаларынан 2,6 эсеге аз. От–энергетикалык баланса проблемасын чечүүдө, экономикалык жана экология жагдайда жергиликтүү гидроэнергетикалык ресурстарын пайдалануу азыркы күндүн талабы. Табийгый ресурстарын толук пайдаланып, электр энергиясын өндүрүүнү туруктуу жолго салынса, анда ашыгын экспортко сатылса, республикага валюта алып келмек. Республиканын суу дарыяларынын потенциалын туура жана эффективдүү пайдаланууда гидроэнергетикалык станциялардын каскаддарын куруп, ишке киргизүү, экономиканын өсүп өнүгүүшүндө негизги багыт.

Улуттук стратегия программасынын негизинде 2013–2014 жылдары жылына экономиканын реалдуу өсүшү 7,5%дан кем болбошу керек. Ошого карата 2017–жылы электр кубаттуулугу 6 млрд. кВт саат өндүрүшүбүз керек. Бул үчүн пландаган ГЭСтерди куруу, Бишкекти ЖЭБ модернизациялоо, БЖБ (Бишкек жылуулук борборун) реконструкция жүргүзүү иштери каралган.

## §4. Кыргызстанда от энергетикалык ресурстары жана аларды пайдалануу

Республикада от энергетика ресурстары калкты, айрыкча Бишкек, Ош ж.б. шаарларында электр энергетикасы жана жылуулук менен камсыз кылуу чоң мааниге ээ. Негизин электр энергия жана жылуулук менен республикада эки жылуулук электр борбору Бишкек–ЖЭБ, кубаттуулугу 588 мВт жана 1207,4 Гкал./саат жана Ош–ЖЭБ, кубаттуулугу 50 мВт жана 150,7 Гкал./саат аркылуу камсыздалынат.

Республика боюнча 3000 электр казаны иштейт, алардын жалпы жылуулук күчтүүлүгү 4200 Гкал/саат, же болбосо Бишкек шаарындагы ЖЭБнан 3,5 эсеге көп. Бирок, жабдуулардын эскириши 80% жетип, жылуулук жоготуу 25%нын түзүүдө.

Бишкек жана Ош шаарларындагы ЖЭБдери азыркы кезде кымбат электр жана жылуулук энергиясын беришет. Республикалык жылуулук электр станциясыларынын жалпы кубаттуулугу 812 миң мВт (2000–ж.) 796,8 миң кВт (2013) чейин төмөндөгөн, же болбосо–13,6 мВт азайган (25–табл.).

25– Таблица. **Кыргызстанда жылуулук электр станциясыларынын кубаттуулугу**

| | 2000 | 2005 | 2009 | 2010 | 2011 | 2012 | 2013 |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **Кубатуулугу, миң мВт** | 812,0 | 802,0 | 795,5 | 795,2 | 795,2 | 796,9 | 796,8 |
| **Өндүрүлгөн электр энергиясы, кВт/с** | 1249,0 | 911,0 | 985,3 | 808,2 | 848,9 | 989,3 | 914,7 |
| **Жалпы өндүрүлгөн электр энергиясынын үлүшү, % менен** | 9,1 | 6,5 | 8,8 | 6,7 | 5,6 | 6,5 | 6,5 |

Статистикалык маалыматы: “Кыргызстан цифрада”, 2000–2004.

Бишкек жана Ош жылуулук электр борборуна 27 казан коюлган, анын ичинен Бишкекте–24, Ошто–3 жана 13 турбин орнотулуп жылына 728 кВт/с электр энергиясын өндүрөт. Бирок, Бишкек жылуулук электр борборунда 24 казандан ишке жарактуусу 5. Бардык казандардын иштөө убактысы 40 жылдан ашкан, аларды кайра калыбына келтирүү үчүн бир кыйла финансылык каражат жумшалмакчы. Ошондуктан, керектөөчүлөргө электр энергиясын толук берүү жана республиканын түндүк аймактарында электр энергиясы менен туруктуу камсыз кылуу үчүн, союз убагында эле ЖЭБ–2 куруу долбоору ишке ашып толугу менен бүтпөй калган. Анын кубаттуулугу долбоор боюнча 360 мВт болсок, аны бүтүрүш үчүн 666,0 млн. АКШ доллар керектелмек. Азыркы учурда адистер жабдууларды сакталышы жана жумушчу деңгээлде кармап туруу үчүн дайыма иш алып барышууда.

Жаңы жылуулук электр борборун куруу үчүн, адистердин эсеп кысабы боюнча 1 кВт электр энергиясына 1000 АКШ доллары чыгымдала турган болсо, ал эми иштеп жаткан ошондой эле борборлордо 1 кВт 800 долларга барабар (26–табл.).

26– Таблица. **2–ЖЭБ жана Бишкек ш. иштеп жаткан ЖЭБ наркы**

| | **Кубаттуулугу кВт** | **1 кВт наркы Амер. долл. менен** | **Наркы, млн. АКШ долл.** |
|---|---|---|---|
| **Жаңы ЖЭБ–2** | 666000 | 1000 | 666,0 |
| **Иштеп жаткан ЖЭБ (Бишкек ш.)** | 666000 | 500 | 352,0 |

Бишкек ЖЭБ электр кубаттуулугу 666 кВт, турбоагрегаттарынын жылуулук кубаттуулугу 1443,9 Гкал/саат. Жабдуулардын эскириши 70% түзөт.

Азыркы кезде электр станциясы үчүн эффективдүү пиролиздик казандар пайда болгон. От күйүүчү казандарга пиролиздик жабдууларды жабыштырып койсо, анда оттун толук күйүшүнө жана жылуулукту эффективдүү пайдаланууга алып келет. Мындай учурда казандын пайдалуу коэффициенти (коэффициент полезного действия КПД) 95% жетет, ага кеткен көмүрдүн көлөмү 5–эсеге азаят. Бишкек ЖЭБ иштетиш үчүн, негизинен Казазстандан сатып ташылып келген көмүр менен иштеп келген. Бирок, кийинки жылдарда сапаты төмөн, чаңы көп көмүрлөрдү сатып алышкан-

дыктан электр жана жылуулук энергиясын иштеп чыгаруу үчүн республиканын бюджетинен миңдеген млн. АКШ доллары чыгымдалып келген. Ошондуктан Кыргыз Өкмөтү жергиликтүү көмүр менен камсыз кылуу үчүн чечим кабыл алынган. Учурда жагуу үчүн Таш–Көмүр жана Кара–Кече көмүрлөрү колдонулууда. Бул үчүн от казандарын бир кыйла оңдоо–түзөө иштери жүргүзүлгөн. От казаны үчүн жеке эле көмүр эмес, газды, мазутту пайдалансса болот.

Энергетик–адистердин сунуштары боюнча Кара–Кече жылуулук электр станциясын Кара–Кече көмүр бассейине куруу каралган. Анын кубаттуулугу 800 мВт, анда чыккан электр энергиясы республиканын жалпы электр тутумуна кошулмакчы. Бул станцияга керектөөлүүчү көмүрдүн көлөмү 3 млн. тоннаны жана андан бөлүнүп чыккан көмүр чаңы 300 миңтүзөт.

Кара–Кече жылуулук электр энергиясы куруу үчүн кетүүчү чыгым, болжол менен 1,7 млн. АКШ доллар. Станция толук кубаттуулугу менен иштегенде 1 кВт электр энергиясынын наркы 1,5–2 центи түзмөк. Бул станцияны куруу жана ишке киргизүүүчүн 1600 жумушчу орун пайда болмок. Станция ишке толугу менен киргизилгенде, көмүр чаңынан коромжусуз технологиянын негизинде шлакоблок кирпичтерин жана башка курулуш материалдарын чыгарууга болот.

Айтып кетүү маселе, Бишкек ЖЭБда жабдуулардын иштеп жаткан мезгили 25–30 жылдан ашкан. Ошондуктан, негизги жабдууларды жаңыртууга кеткен чыгым экономикалык жагдайда, кайра жаңы электр кубаттуулугун киргизүүгө караганда бир кыйла пайдалуу.

Бишкек ЖЭБда иштеген жабдууларды жаңыртуу үчүн Tebian Electzic Appazatus Stock (TBEA)кытайлык компаниясы менен долбоор түзүлгөн. Компания ар бири 150 меговатт болгон эки турбоо агрегаты жана эн, жогорку басымдуулугу болгон бир саатта 550 тонна буу чыгаруучу эки көмүр агрегаты жайгаштырылат. Жаңы энергоблокторду ишке киргизгенден кийин, иштелип чыгарылган 1кВт электро энергиясын өзүнүн наркы 2,3 сомдон 1,46 сомго, жылуулук калориянын наркы 1026 сомдон 680 сомго төмөндөйт.

ТВЕА компаниясы Кытай мамлекети тарабынан борборду электр жылуулук станциясын жаңыртуу боюнча 386 млн. АКШ долларына долбоор түзүлгөн.

Инвестициянын оптималдуу формасын жана эффективдүүлүгүн аныкташ үчүн экономикалык критерияны колдонуу абзел. Ал үчүн чыгымдалган инвестициянын көлөмү менен андан алынуучу экономикалык эффективдүүлүгү менен салыштыруу керек, б.а. таза дисконттолгон наркы деген формуланы колдонсо болот.

$$\Sigma(Д,–С,–К,)(i+E)–Ko+L(i+E);$$

Д,– i–мжылында акчалай түшүшү (сатуудан түшкөн киреше, дивидент ж.б.);

С,– i–м жылдык пайдалануу чыгымы (амортизациядан тышкары) жана башка төлөмдөр (салыктар, пошлиналар ж.б.);

К,– i–м жылында капиталдык салым;

Ко– башталгыч капиталдык салым;

L– иштетилип бүткөндөн кийин өтүмдүүлүк наркы Т;

Е– пайыз ченеми.

Эгерде бул критериялык көрсөткүч оң жагдайда болсо, анда киреше ошол убакыттын (Т) ичинде чыгымдан жогору, б.а. вариант эффективдүү. Ошондуктан өлкөнүн энергетика тармагында оптималдуу варианттарды табуу жана ишке киргизүү чоң жана орчундуу маселенин бири.

**Жылуулук энергетикасы.** Стратегия өнүгүү боюнча Кыргызстанда жылына 3,1 млн. Гкал жылуулук иштелет, анын ичинен ААК “Электр станциясы”– 72% чейин, Кыргыз жашоо коммуналдык союзу–20%, калганы министрликтердин, ведомстволордун жылуулук казандарына таандык. Республикада борборлоштурулган жылуулук берүү 4 эле шаарда: Бишкек ш.– 85% жашоо фондусуна, Ош ш.– 35–40%, Кызыл–Кыя ш.– 60%, Каракол ш.– 26% берилет. Чет мамлекеттен импорттолгон жагуу оту 1 млрд. сомго барабар.

Кыргызстанда 3000 ашык жылуулук берүүчү казандары иштеп, алардын кубаттуулугу 4200 Гкал./саат, б.а. Бишкек ЖЭСнин жылуулук кубаттуулугунан 3,5 эсеге ашык. Жылуулук борбордун жабдууларынын эскириши 80% жеткендиктен жылуулукту жоготуу 25% ашык. Жылуулукту калкка берүүчү тарифи өзүнүн наркынан 45% төмөн. Ал эми жылуулук энергиясын эсеп–

кысапка алуу приборлору менен камсыз болушу 15–20% гана түзөт.

“Бишкек жылуулук тармагы” ачык акционердик коомунун уюшкандыгына 2013–жылы 50 жылга айланды. Ишкананын түзүлүү жана өнүгүү тарыхы 1961–жылы Фрунзе шаарындагы ТЭЦтин алдында жылуулук тармактарынын цехи түзүлгөн жана анын тейлөө үчүн саатына 3,3 Гкал. жылуулук күчү менен 4 чакырымдык жылуулук берүүчү тармактары болгон. 1962–жылы 12,3миң Гкал. жылуулук ысытылган буу түрүндө камволдук нооту комбинаттын керектөөсүндө берилген.

Кыргыз ССР Кыргызглавэнергосу 1963–жылы жылуулук берүүчү цехти “Жылуулук тармактарынын Фрунзе району” деген жылуулук мекемесине айланган. Ал эми 2001–жылы “Бишкек жылуулук тармагы” атындагы ачык акционердик коом түзүлүп, үйлөрдү жылуулук жана ысык суу менен камсыздоо системаларын техникалык жйктан тейлөө, ондоо иштерин башташкан. Азыркы учурда бул мекеме 1744 турган үйдү тейлөө үчүн 438,7 миң чакырым жылуулук тармактарынан, 19 насостук станциялардан турат.

2001–жылы керектөөчүлөргө жылуулук энергиясын берүү боюнча келишимдерди түзүү жана жылуулук энергиясын сарамжал пайдаланууга көзөмөл жүргүзүү үчүн жылуулук энергиясын сатуу борбору түзүлгөн. Бүгүнкү күндө “Бишкек жылуулук тармагы” 103,1 миң абонентти тейлейт, мунун ичинде жекече келишимдин негизиндеги 99,8 миң абонент бар.

Бишкек жана Ош шаарындагы жашаган калкы ЖЭС аркылуу жылуулук жана ысык суу менен камсыз кылынат. ААК Бишкек жылуулук түйүнү компаниясынын курамындагы жылуулук берүүчү түйүнү 391,8 км, анын ичинен авадаж аркылуу түйүнү–60,4 км, жер астында– 331,4 км. Жалпы жылуулук берүүчү формактын ичинен суу түйүнү 336,2 км жана буу магистралы–55,6 км (27 табл.).

27– Таблица. **АОК. Бишкек жылуулук түйүнүн мүнөздөмөсү**

| | Жылуулук магистралы, км | Анын ичинен | |
|---|---|---|---|
| | | Суу.–магистралы | Буу магистралы |
| **Аба аркылуу** | 60,416 | 30494 | 29922 |
| **Жер астын боюнча** | 331,416 | 305690 | 25717 |
| **Бардыгы** | 391,832 | 336,193 | 55639 |

Жылуулукту иштеп чыгууда жана аны керектөөчүлөргө жеткирүүдө көптөгөн проблемалар кездешет. Маселен, биринчиден, технологиялык жоготуулар. Азыр көптөгөн жылуулук трассаларында жылуулук изоляциялары жыртылган. Экинчиден, жылуулукту жашоо үйлөрү боюнча бирдей бөлүштүрүлбөйт. Көп учурда бир үйгө жылуулук көп келсе, ал эми кошуна эле үйгө жылуулук жакшы жетпейт. Ошондуктан, Бишкек шаарында эле 700–800 млн. сомдук жылуулук жоготуулар болуууда. Бишкекте жылуулук борборунан (ЖЭБ) абоненттерге чейинки орто жолдогу жоготуу 2013–жылы 26,2% чейин жеткен. Ал эми өнүккөн чет өлкөлөрдө мындай жоготуу – 7–9% гана түзөт.

КР өкмөтү тарабынан коюлган 1Гкал.жылуулукка 750 сом тариф коюлган, ошону абоненттер төлөшүүдө. Ал эми ЖЭБ 1Гкал. жылуулукту иштеп чыгууга кеткен чыгашасы 2 мин. сомду түзөт деп жүрүшөт.

Статистикалык маалымат боюнча ар бир үй–бүлө кыш мезгилинде орточо эсеп менен 200 миң сомду жылуулук үчүн жумшашат. Бир катар өнүккөн мамлекеттерде жылуулукту сактап калыш үчүн жаңы инновациялык технологияларды колдошууда. Кыргызстанда 2010–жылдан баштап Crzaco (США) и Zcynene (Канада), компаниялары «термотехнология» боюнча иш алпарууда. Бул технологиянын жакшы жагы пенополиуретан иш жүзүндө бардык материалдардын: жыгач, айнек, металл, бетон, кирпич сырдалган материалдардын үстүртөн чаңдаттырылат. Бул материал аба жана жылуулук өткөрүүсү бардык форматта жараша жайгаштыруусу боюнча чоң өзгөчөлүгү менен айырмаланат. Чаңдалган пенополиуретан дубалдарды, пайдубалын, полду, имараттын чатырын, мансартты, имараттарды муздаткыч камераларды, контейнерлерди, цистерналдарды, түтүкчөлөрдү жылуулаганга толук мүмкүн түзөт.

Жылуулукту керектөөнү кыскартуу үчүн имараттардын энергиялык натыйжалуулугун жогорулатуу үчүн Европа реконструкция жана өнүктүрүү банкы 20 млн. доллар финансылоо программасы (KyrsEFE) ишке ашырууда. Насыя каражат негизинен жылуулукту үнөмдөө боюнча эшик, терезелерди, үйлөрдүн дубалдарын, чатырларын, полдорун жылуулоодо жана энергия натыйжалуу отун системаларын орнотууга жумшоого каралган. Насыя суммасына жараша 20%, айрым учурда 35% га чейин грант түрүндө берилет.

Мамлекетте өндүрүлгөн энергиянын 50% мекеме ишканаларды, турак жай үйлөрдү жылытууга кеткендиктен, кышкысын электр энергиясын колдонуу үч эсеге өсүүдө.

2011–жылы "Имараттардын жылуулук энергиясынын натыйжалуулугун арттыруу боюнча мыйзам" Өкмөткө караштуу мамлекеттик курулуш жана архитектура агенттиги тарабынан иштелип, ага "ЮНИСОН" коомдук фондусу жардам көрсөткөн. Ошонун негизинде, Кыргызстанда донорлор тарабынан туруктуу энергияны каржылоо программасы 2013–жылдан баштап ишке ашууда.

Имараттардын жылуулугун арттыруу боюнча аталган программа аркылуу чакан жана орто ишкердикке 4 млн. доллар, жана жеке жарандарга 1 млн. доллардан ашык насыя берилген. Бул донордук программа 2017–жылга чейин йштейт.

2012–жылы Ош шаарынын Ак–Тилек кичи районундагы орто мектеп Борбордук Азияда биринчи болуп энергияны үнөмдөөчү эксперименталдык мектеп катары жылууланып ишке киргизилген. Бул мектепте жылына 700 миң кВт/саат жылуулук энергиясы үнөмдөлөт. Жылуулукту үнөмдөө Туркиянын ТИКА программасы аркылуу каржыланган. Имараттын дубалын, полун, чатырын жылуулоо үчүн минералдык кебез – базальтты колдонулган. Эгерде Кыргызстандагы бардык имараттарды заманбап ылайыктуу жылуулаткан болсок, анда ПРООНдун "Имараттардын энергиялык натыйжалуулугун жакшыртуу" боюнча энергия ресурстарын 40% чейин үнөмдөөгө болот.

Kyrgyzseff (Кыргыз сефф) фирмасы туруктуу энергияны каржылоо программасы Кыргызстанда 2013–жылдан иштей баштаган. Бул программа Европа өнүктүрүү жана реконструкциялоо банкы тарабынан иштелип чыккан. Бул программа

дүйнөлүк 16 мамлекетинде иштейт, а КМШ өлкөлөрүнүн ичинен жалгыз Молдовиада иштейт.

Программанын негизги иши үйлөрдү жылуулоого, энергиянын жаңы булактарын колдонууга, энергиялык үнөмдүү технологияларды киргизүүгө багытталган. Европа өнүктүрүү жана реконструкциялоо банкы Кыргызстанга 20 млн. доллар бөлүп берүүдө. Мындан тышкары да грантка берилет.

Кыргызсефф тарабынан жергиликтүү эксперттен топ түзүлүп, үйлөрүн жылуулайбыз деген жарандарга бекер кеңеш берилет. Жаран үчүн жылуулоо боюнча банктын насыясы 5 жыл мөөнөткө берилет. Жылуулоочу шаймандарын барын үйүнө коёт дагы Кыргызсефф компаниясына билдирет.

Экспедитерлер анын үйүн көрүп, мониторинг кылат дагы банктан алган акчасынын 20% нын, ал эми ишканаларга, көп кабаттуу үйлөргө 35%ын грант кылып кайрып берет. 2013–жылдын ичинде компания 130 жеке үйлөрдү жылуулап чыгышкан.

"Дордой Энерджи" ЖУКсы Япониялык Nihon, itomic Co, Ltd (итомик) компаниясы менен бирге аэротермалдык жылуулук насостору кыш мезгилиндеги сыноолордон өткөн. Мисалы, жылуулук насосуна 1кВт электр энергиясын жумшаган болсок аны иштетүү шартына жараша ал күн аркылуу алган 4–5 кВт жылуулук энергиясын чыгарат. Демек, 1кВт электр энергиясына акы төлөө менен кошумча 3–4 кВт жылуулук энергиясын бекер алса болот. Бул технология Япония өлкөсүндө2001 жылдан бери ишке киргизилген. Азыркы кезде көп Европа өлкөсүнө кеңири таралган.(Кыр. Туусу 14 март2014ж. №18(23807).

Республикада энергетикалык кризис жылуулук жана ысык суу менен камсыз кылууда келечекте альтернативдик энергия берүүчү булактарын издөөгө туура келет. Бул жагынан алганда биздин өлкө шамалдын жана күндүн энергиясын кеңири колдонууга толук мүмкүнчүлүгү бар. Практика жүзүндө жаңылануучу энергиясын колдонуу боюнча республикада болгону 1% потенциалдык энергиясы пайдаланылат. Бирок, бул энергетика булактардын потенциалын пайдаланууда укуктук базасы жана экономикалык кызыкчылыгы жокко ээ. Жогорку кеңештин отурумунда "Энергиясын жаңы булактарын" жөнүндөгү мыйзамдын негизинде, жаңы технологияны колдонууга жол берилген. Мисалы, белгилүү тоо инженери, ойлоп табуучу, тоо навтарунун

жакшысы” деген конкурстун жеңүүчүсү Сарымсаков Ж. күн энергиясын эффективдүү колдонуу аппаратын ойлоп тапкан, аны менен жеке эле үйдүн жылуулугун жана жарыкты камсыз кылат жана металл эритсе да болот.

Республикада жылуулук менен камсыз кылуу технологиясын күн энергиясын колдонуу башка түрлөрүнө караганда бир кыйла кымбат. Албетте, жаңы технологияны колдонуу тез эле пайдасын бербейт.

2009–жылы Бишкек ш. ОБСЕ Борборунун жардамы менен “ресурстарды жана энергияны пайдалануу “Школ долбоору” SPARE (Норвегия) Эл аралык билим программасынын негизинде күн энергиясын колдонуу боюнча жай, кыш жана күн бүркөк болгондо да иштей турган “Биом” прибору иштелип чыккан. Бул прибор күн энергиясын электр жана жылуулук энергиясына айландырат. Күн фонарлары жана шамдары фотовольтаждык пластинкалары күн нуру менен энергияны топтоп, кечкисин электр жарыгына, суу ысытканга жана тамак аш жасаганга колдулат.

Республикада 2 энерго эффективдүү мектептин долбоору бекитилген (Бишкек ш. Орто–Сай 400 орун, Ош ш. 850 орун). Бул жылууланган мектептердин курулушу 2012–жылга белгиленген.

Курулуштардын энерго эффективдүүлүгүн жакшыртуу үчүн Кыргызстанда бир катар долбоорлор иштешкен: ПРООН/ГЭФ долбору “курулуштардын энерго эффективдүүлүгүн жакшыртуу”, ЮНИСОН долбоору “Кыргыз Республикасында энерго эффективдүүлүгүн жогорлатуу”, “Бишкек ш. Энерго жана суу эффективдүүлүгүн көргөзмө зонасы”, Норвегия компаниясынын Energy Saving International (ENSI) жардамы менен ишке ашмак.

Курулуштардын энерго эффективдүүлүгүн жогорлатуу үчүн эл аралык илимий–техникалык байланышты күчөтүү жана энерго ресурстарын эффективдүү колдонууда техникалык кадраларды даярдоо чоң мааниге ээ.

## §5. Электр энергетикалык комплекстинин келечекте өнүгүүсү

Республикада энергетика тармагында түзүлүп калган кааткчылыкта Кыргыз Өкмөтү инвесторлорду тартуу үчүн артыкчылык багыттарын талдап көрсөткөн:

- көмүргө байланыштуу эмес энергия булактарын түзүү;
- чакан ГЭСтерин куруу үчүн проектерин түзүү;
- электр энергиясын жеткирүү линиясын кеңейтүү;
- экономикада электр жабдууларын чыгаруу боюнча биргелешкен мекемелерди уюштуруу ж.б.

2013–2017–жж. өлкөнүн өнүгүү стратегиясында Кыргызстанда энергетика комплекси каатчылыктан чыгалбай тургандыгы баса көрсөтүлгөн. Мунун себеби башкаруунун төмөн деңгээли, жабдуулардын эскириши, жоготуулардын көптүгү, авариянын болушунун негизинде электр жарыгынын тез–тез өчүрүлүшү, финансы каражатынын аз чогулушу, дебитордук төлөмдүн жогорулашы ишмердүүлүктүн ачык болбошу жана башкалар. Улуттук энергетикалык комплексинин чечүү үчүн энергия компанияларга төмөнкү маселерди чечүү керек:

- жылуулук электр борборунда (ЖЭБ) отун камсыздоонун чыгымын кыскартуу;
- электро энергетика тутумунда жоготууну, уурулукту, коррупцияны төмөндөтүү;
- эскирген жабдууларды жаңылатуу жана техникалык оңдоо жумуштарынан коромжолукту кыскартуу;
- эмгек акыны жана иштеген адамдардын санын оптималдаштыруу;
- чийки заттарды жана материалдарды пайдаланууда тартиптештирүү;
- рентабелдүү эмес активтерин жана адистештирүүгө туура келбеген бизнестерден ажыратуу;
- электр энергиясын жоготуу боюнча эң катуу саясатты жүргүзүү жана техникалык жоготууну 12–15 чейин төмөндөтүү, пайдаланган электр энергиясын төлөмдөрүн кайтарууну 80–100% жеткирүү ж.б.

Жакынкы жана алыскы келечекте Нарын дарыясынын жана анын Көкөмерен, Ала–Бука куйма өзөндөрүнүн энергетикалык потенциалын пайдалануу максатка ылайыктуу. Кыргыз республикасынын суу энергетикалык потенциалы орто эсеп менен 142,5 кВт/саатка барабар. Азыркы кезде бул потенциал болгону 8–10% пайдаланууда. Жакынкы жылдарда республикада жүргүзүлүүчү иш чаралары:

1. келечекте Нарын дарыясына 6 каскадка 31 суу электр станциясын куруугa болот, алардын жалпы кубаттуулугу 4124,5 мВт, жыл сайын өндүрүлгөн электр энергиясы 16 млрд. кВт/саатка барабар.

2. Казарман каскады-4 суустанциясы менен, алардын кубаттуулугу 1160 мВт, электр энергиясын өндүрүү– 4661,6 кВт/саат.

3. Куланак каскады-5 суустанциясы менен, алардын кубаттуулугу-439 мВт, электр энергиясын өндүрүү–2667,8 кВт/саат.

4. Суусамыр– Көкөмерен каскады– 3 суустанциясы менен, кубаттуулугу–1305 мВт, электр энергиясын өндүрүү–3317 кВт/саат.

5. Ат–Башы каскады– 6 суустанциясы менен, кубаттуулугу 172,2 мВт, электр энергиясын өндүрүү– 918,0 кВт/саат

6. Ала–Бука каскады– 4 суустанциясы менен, кубаттуулугу 414,0 мВт, электр энергиясын өндүрүү– 1711,0 кВт/саат.

Жогорку–Нарын каскад суу энергетикалык станциясынын долбоору биргелешкен ААК "Электр станциясы" менен ААК "Русгидро" компаниясы аркылуу, ишке ашырылат. 2013–жылдын 13 июнунда биринчи кезектеги объектилери курула баштаган. Ат–Башы ГЭСи Швецария Өкмөтүнүн гранттык (24,74 швейцардык франк) жардамы менен реконструкция жүргүзүү 2013–2017–жж. белгиленген.

Түштүк Кыргызстанда электр энергиясын берүү линиясын модернизациялаштыруу үчүн 208 млн. АКШ доллары керектелмек. Чакан суустанцияларын өнүктүрүү үчүн 2014-2017-жылдарда 49,3 млн. АКШ доллары керектелүү белгиленген. 2022-жылга чейин Камбар–Ата ГЭС курулуп бүтүшү керек. Азыркы учурда Канада–Оруссия консорциум корпорациясы "СНС–Лавалин Интернешнал Инк" жана ААК "Түштүк энергетика боюнча инженердик борбору" аркылуу курулуштун техника–экономикалык негиздөөсү тастыктоосу иштелүүдө.

Кыргызстан илим–техникалык борбору "Энергия" (проф. В. Касымованын маалыматы боюнча) Нарын дарыясында жана чакан ГЭСтерди куруу үчүн суу станцияларга жетиштүү өлчөмдө инвестиция тартылган болсо, анда 2025–жылы 27 млрд. кВт/ электр энергиясын өндүрүүгө мүмкүндүк болот. Ошондой Кара–Кече жылуулук электр станциясы жана Сары–Жаз дарыясына

курулуучу суу станциялардын эсептегенде, анда жылына 33,9 млрд. кВт/с электр энергиясы өндүрүлөт. (Слово Кыргызстана, 2008–ж., 6 февраль).

Улуттук энергетикалык программа боюнча республикада жыл сайын электр керектөө 108% өстүрүү каралган. Демек, муну камсыз кылуу үчүн республикада энергетикадагы негизги фондулардын жана жабдуулардын эскириши тоскоол болууда. Мунун негизинде техникалык жоготуу күч алууда, айрыкча электр кабелдердин эскириши жана иштен чыгышы күч алууда. Мисалы, Бишкек шаарында кабелдин жалпы узундугу 1823 км, анын ичинен 600 км алмаштырууга муктаж. Буларды жаңы чыдамдуу полиэтилендик кабелге алмаштыруу бүгүнкү күндүн талабы. Кыргыз–Немец долбоорунун негизинде жаңы жабдууларды алып келип узундугу 100 км кабелди алмаштыруу каралган.

Кытай “ТВЕА” компаниясы аркылуу республикада “Датка–Кемин” 500 кВ чардону (2012–2015жж.) курулуп ишке киргүзүүнүн негизинде Республика энергетика боюнча көз каранды болбой калды. Анткени, Токтогул ГЭСинен өндүрүлгөн электр энергиясын республиканын түндүк областарына жеткирүү үчүн Өзбекстан жана Казакстан аркылуу айланып келип, аларга жылына 9–10 млн. АКШ доллары ижара төлөп турууга республика мажбур болгон. Ошондой эле республикада жогорку чыңалуу чубалгысы ВП кВт “Түндүк–Түштүк”, чордону 500/200 “Датка” жана В–А–220, ВА 500 кВ “Датка–Ходжент”, ВЛ 110 кВ “Айгүл таш–Самат” жана башка электр бөлүштүрүү линиялары ишке киргизилет.

# БАП V

# ОТУН–ЭНЕРГЕТИКАЛЫК КОМПЛЕКСИНИН ЭКОНОМИКАЛЫК АБАЛЫ.

## §1. Өткөөл мезгилде көмүр өнөр–жайынын абалы жана экономикасы

Азыркы учурда Кыргызстандын көмүр тармагы 12 иштеп жаткан шахтыларын жана 5 кошумча мекемелерин бириктирет, аларда иштеген жумушчулардын саны 5000 адамга жетет, анын ичинен көмүр казып чыгаруу мекемелеринде 3500 адам иштейт. Бул тармактын тутумунда 5–көмүр казуу мекемелери: “Кызыл–Кыя”, “Сүлүктү”, “Таш–Көмүр”, “Центральная”, “Алмалык”, ж.б.

Республиканын аймагында 70 таш көмүр кени жана анын ичинен 34 көмүргө ылайыктуу, анын ичинен күрөң көмүр– 5,2 млрд. т., Таш көмүр– 1,08 т., коксу көмүрү– 119,6 млн. т. Энергетикалык балансында көмүрдөн үлүшү 9,5% барабар. Өлкөдө жалпы керектелүүчү көмүрдүн 80% тышкы мамлекеттерден ташылып келинет.

Азыркы учурда таш көмүрдүн 4 кени иштетилүүдө: Көк жаңгак, Таш көмүр, Тегерек, Жыргалаң; күрөң көмүр Согуту, Кызыл–Кыя, Миң–Куш, Алмалык ж.б. Бул көмүр кендери негизинен 4 көмүр бассейнинде орун алган, алардын жалпы көлөмү Түштүк Ферганада–747,7 млн.т. (33%), Өзгөн–717 млн.т. (32%), Кабак– 759 млн.т. (33%), Ысык–Көл– 48 млн.т. (2%).

Кыргыз Республикасында көмүрдүн бардык түрү бар, б.а. күрөң көмүрдөн (Б2) антрацитке чейин кездешет. Негизинен өнөр–жай жолу менен күрөң көмүр иштетилет, анын бардык көлөмдүн 54% түзөт. Борбордук Азияда коксу көмүрү (темир эритүүчү) көп бөлүгү (19%) Кыргызстанда, негизинен бул түрдөгү көмүр бийик тоолу райондорго жайгашкан. Булардан 14% ачык жол менен казып алууга мүмкүн .

Кавак күрөң көмүр бассейнинде 6 такталган кени аныкталган (Кара–Кече, Көк–Мойнок, Тура Кавак, Агулаң, Кашка–Суу жана Миң–Куш). Бул кендерден ачык ыкма менен көмүр казып алууга болот.

Көмүрдүн жалпы көлөмүнүн (65% балансылык байлыгы) жана аны казып алуу 96% Түштүк Кыргызстанда жайгашкан. Түндүк Кыргызстанда жалпы гидроэнергетикалык ресурстардын 47% жайгашканы менен, көмүр кендин жалпы байлыгы 35% түзөт. Бирок Түндүк Кыргызстанда керектелүүчүлөрдүн көп талабына карабастан казып алуу өтө төмөнкү деңгээлде калууда.

Республикада күйүүчү–энергетикалык балансынын түзүмүндө ташылып келүү энергетика ресурстары (көмүр, газ, мазут) басымдуулук кылат.

Мамлекет рыноктун шартына өткөндөн тартып, көмүр тоо–шахталарында жана тоо–карьерлеринде негизги фондулардын жана жабдуулардын эскириши менен финансылык каражаттын жетишсиздиги, көмүр тармагынын өзүн өзү каржылоо жана кеткен чыгымды актоо маселеси практика жүзүндө ишке ашпай келет. Көмүр өнөр жайынын өнүгүүшү, дүйнөлүк тажрыйба көрсөткөндөй бардык өлкөлөрдө мамлекеттик дотацияда. Республиканын көмүр казуу мекемелердин тажрыйбасы көрсөткөндөй, көмүрдү сатып алуу баасын жана ишти турукташтыруу мамлекеттин жардамысыз мүмкүн эмес.

Республикада PESAC программасы аркылуу ага тартылган көмүр мекемелердин көп шахталары жабылып, жумуш орундары кыскарып, алар жоюлуп кеткенге мажбур болушкан.

Кыргыз Республикасынын 1997-жылдын 8-апрелинде №193 “Кыргыз Республикасынын көмүр өнөр жайын каржылоодо жардамы” токтомунун негизинде жылына 25 млн. сом жардам көрсөтүү каралган. Эгерде ушундай жардам көрсөтүлгөндө көмүр шахтыларында тоо–техникалык иштерди жүргүзүп, тармакты туруктуу иштетүүгө мүмкүндүк түзүлмөк.

Республикада 2000–2013 жж. өндүрүлгөн көмүр көлөмү 424,8 миң т. (2000 ж.) 1414,7 миң тоннага (2013 ж.), же болбосо 3,3 эсеге өскөн. Ошондой эле региондор боюнча да бир кыйла өсүш байкалган. Мисалы, Баткен областында 2,2 эсеге, Жалал–Абад областында–2,7 эсеге, Нарын оюластында–2,0 эсеге, Ош областында–21,6 эсеге өсүш болгон, ал эми Ысык–Көл областында тескерисинче– 36,0 эсеге кыскарып кеткен (28–табл.).

28– Таблица. **Кыргыз Республикасынын региондор боюнча өндүрүлгөн көмүр, млн. т.**

| | 2000 | 2005 | 2009 | 2010 | 2011 | 2012 | 2013 |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **Республика боюнча–бардыгы** | 424,8 | 334,2 | 607,0 | 575,0 | 830,5 | 1163,6 | 1424,7 |
| **а.и.:**<br>**Баткен обл.** | 93,0 | 111,5 | 148,9 | 156,5 | 179,0 | 190,4 | 209,7 |
| **Жалал–Абад обл.** | 59,7 | 28,8 | 51,1 | 49,5 | 53,3 | 88,5 | 161,6 |
| **Ыссык–Көл обл.** | 36,0 | 19,9 | 8,9 | 4,2 | 9,1 | 13,1 | 0,9 |
| **Нарын обл.** | 206,5 | 160,3 | 212,6 | 183,4 | 335,6 | 379,8 | 412,1 |
| **Ош обл.** | 29,6 | 13,7 | 185,5 | 181,4 | 253,5 | 491,8 | 640,4 |

Статистикалык маалыматы: “Кыргызстан цифрада”, 2005–2014.

Көмүр тармагында азыркы учурда бир кыйла кыйынчылыктар кездешет. Анткени карьер аркылуу көмүр казып алуу бир гана Кара–Кече бассейнинде, калганы, айрыкча Түштүк региондо көмүрдү жер астынан өндүрүү керек. Чоң көлөмдөгү жер астынан көмүр казып алуу, жаңы өндүрүмдүү технологияны колдонууну талап кылгандыктан, тийиштүү деңгээлде инвестиция болушу керек. Республикада көмүр казуунун чоң көлөмү 1979–ж. болгон, б.а. 4,5 млн.т. казып алынып, кыйла бөлүгү Өзбекстан жана Таджикстанга сатылган. Кийинки жылдарда Өзбекстанга биздин көмүрдү сатып алуудан баш тарткан, ал эми Таджикстанга сатууда транспорттук чыгымдар кескин өсүүдө.

Көмүр тармагында, жаңылануу мезгилинде эмгек өндүрүмдүүлүгү кескин төмөндөп кеткен. Ошондуктан, көмүр тармагынын эффективдүүлүгүн жогорулатууда мамлекеттик финансылык жардамы учурдун талабы. Айрыкча азыркы экономикалык кааттчылык мезгилинде, көмүр өндүрүүнүн төмөнкү темпи бир катар объективдүү факторлорго байланыштуу:

- жогорку капиталдык салымды, б.а. орточо тоолук мекемени түзүүгө жүздөгөн миллиондогон АКШ доллары керек;
- каражатты кайтаруу көп узакка созулат (5–8 жыл);
- инвестиция тартууда чоң тобокелчилик бар;
- көмүр казып чыгаруу мекемелерге жана керектөөчүлөргө жеткирүүдө чоң транспорттук чыгымдар керектелет;

• маркетинг, коньюнктуралык долбоорлоо, баанын түзүлүшүн билип туруу кыйла кыйынчылык жаратууда;

• кенди пайдалууда анын аймагын өндүрүшкө ылайыкташ үчүн көп чыгымды талап кылат;

• экология нормаларын сакташ үчүн бир кыйла финансылык кыйынчылыктар кездешет ж.б.

Тоо кендери жана ошондой эле көмүр кенин пайдаланууда көп фактордук тобокелчилик бар (геологиялык, технологиялык, финансылык ж.б.), алар кенди иштетүүдө жана пайдаланууда кошумча чыгымдарды талап кылат. Мына ушул факторлор жана тобокелчилик тоо–кендердин өнүгүүп өсүшүнө тоскоол болууда.

Акыркы жылдарда Бишкек жылуулук электр борборун (ЖЭБ) көмүр менен камсыз кылууда Казакстандан көмүр сатып, ташып келүүдө финансылык жана транспорттук кыйынчылыка дуушар, ошон үчүн Кара–Кече көмүрү менен иштетүү күндүн талабы. Бирок, Бишкек ЖЭБ Кара–Кече күрөң көмүргө өткөрүү үчүн реконструкция жүргүзүү каралган, анткени от казандары Казакстандын көмүрлөрүнө ылайыкталган. Азыркы кезде Кытай компаниясы ТВЕА аркылуу Бишкек ЖЭБ кайра ондоо үчүн 386 млн. АКШ доллары менен иштешип 2–от казанын Кара–Кече көмүрүнө ылайыкталууда. Дагы бир маселе, Бишкек ЖЭБ кеминде 250 миң т. көмүр ташып келиниши керек, ага транспорт, жол инфраструктурасы азырынча туура келбейт. Бул маселе, келечекте Жалал–Абад–Балыкчы автожолу жана Балыкчы–Кара–Кече темир жолу курулуп калса толук мүмкүнчүлүк пайда болот.

Кыргызстанда көмүр тармагын өстүрүп–өркүндөтүү мамлекеттин энергетикалык коопсуздугу үчүн чоң мааниси бар, анткени кичи жана чакан шаарларда көмүр өндүрүү мекемеси алардын экономикасына жана жумуш ордун түзүүдө чоң таасирин көрсөтөт.

Көмүр тармагы рыноктук экономикага кирүүсү менен ага байланышкан багыттарынын бири өндүрүлгөн продукцияга баанын түзүлүшү аркылуу өндүрүштүк жана мекемелердин өнүгүүсүн камсыз кылуу. Бирок, рынок тутумуна кирүү менен башынан кайталанып келе жаткан баа саясаты жана КМШ мамлекеттеринин ортосунда чарбалык байланыштардын үзүлүшү республикада көмүр өндүрүү жана сатуу орчунду маселеге

айланган. Көмүр өндүрүү мекемелердин негизи фондулары, материалдык ресурстарынын эскириши, баанын чектөөсүз калышы, транспорттук иштердин кымбатташы жана начарлашы тармактын эффективдүүлүгүнө тескери таасирин тийгизди. Мамлекеттик жардамдын төмөндөшү, көмүр тармагынын финансылык абалынын начарлашы ушул күнгө чейин уланып келүүдө.

1916–1917–жж. көмүр тармагынын эффективдүүлүгү төмөндөп кеткендиги үчүн Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн токтому менен көмүр мекемелерин сатуу боюнча жабык тендер өткөрүлгөн. Буга МАК “Кызыл–Кыя көмүр”, “Сүлүктү көмүр”, “Таш–көмүр”, “Алмалык көмүр” тендерден өтпөй калгандан кийин буларды кудуретсиз (банкрот) деп чечилген. Ал эми келечеги бар мекемелер болуп МАО “Ак–Улак”, АО “Тегенек” жана МАО “Таш–Көмүр” юридикалык статус укугу берилген.

Көмүр тармагынын эффективдүүлүгүнүн төмөндөшү бир катар себептерге байланыштуу:

- PESAC программасынын сунушу боюнча өндүрүш деңгээли төмөндөп кетиши менен “ЛКСМ атындагы”, Кызыл–Кыя, №6/18 “Сүлүктү”, Каджы–Сайда “Центральная”, Таш–Күмүрдө “Северная” шахтасы келечектери жок деп табылып жабууга багытталган.
- материалдык–техникалык ресурстардын, финансы каражаттарынын, жардыруучу жана майлоочу–күйүүчү заттардын, кабелдик жана башка продукциянын жетишсиздиги көмүр мекемелеринин өндүрүштүк кубаттуулугун төмөндөттү. Бир катар тармактын мекемелери толугу менен ишин токтотууга мажбур болушкан;
- тоо–шахты жана тоо–транспортторунун жабдуулары толугу менен эскирген. Эгерде амортизация орточо нормасы жылына 12% айланасында каралган болсо, ал эми иш жүзүндө шахты ичинде иштеген комбайндары, механизация комплекстери, шыпыргыч жана сызма ташуу конвейлери, экскоторлору жана технологиялык жабдуулары физикалык эскириши 85–100% жетип, иштен чыгышууда. Ошонун негизинде көмүр мекемелеринин ишмердүүлүгү айлап–жылдап токтоонун үстүндө;
- тармактын мекемелеринде өндүрүлгөн көмүрдүн рынокто сатылышынын кыскарышы өндүрүштүн кыскарышына, продук-

циянын көлөмүнүн азайышына алып келди. Өндүрүлгөн продукциянын 80% жакыны ички рынокто, калганы тышкы рынокко чыгарылат (Өзбекстан, Таджикстан жана Казакстан);

- ири көлөмдө көмүр сатып алуучулардын жоктугу же аздыгы, баанын түшүп кетиши, транспорттун кымбаттуулугу, керектелүүчүлөрдүн төлөм деңгээлинин төмөндүгү ж.б. тармактын экономикасына тескери таасирин тийгизүүдө.

Кыргызстандагы мамлекеттик көмүр холдинги, көмүр өнөр жайынын өнүгүүшү дайыма инвестицияны талап кылат. Кыргызстанда 70 көмүр казуу мекемелердин көбү рыноктун шартында жеке менчике өтүп кеткен. Ошондуктан бул тармакта мамлекеттин көзөмөл төмөндөп, негизги салык инструменти менен чектөө жүргүзөт. Республика бул көмүр тармагын өнүктүрүү боюнча комплекстик программа жок, анткени экономиканын бул секторунун өсүшү дотацияга байланыштуу. Өнүккөн мамлекеттерде көмүр тармагын дотациялайт. Мисалы, Англияда 1 т. көмүр казып алыш үчүн 36,6 доллар, Францияда–16,0, АКШда–9,6, Швецияда–12,4 АКШ доллары менен дотацияланат. Орусияда көмүр казуучулар ар түрдү льготалар жана насыялар менен кызыктырылат.

Экинчиден, бирден бир көмүр өндүрүп сатуунун деңгээлинин төмөн болушу–анын баасы. Мисалы, республиканын түштүгүндө 1т. көмүр 5000–8000 сом, түндүктө–260–3500 сом менен калкка сатылат. Көмүрдүн мындай кымбатчылыгы, кенде иштеген техникалар өткөн кылымдын 80– жылдарында сатып алынып, алар эскирип, иштен чыккандыктан, көмүрдү казып алуу кол күчү менен (кирка, күрөк, ж.б.) 60–70м. тереңдикте казып, мүшөктөп алып чыгышат.

Көмүр тармагынын өнүгүүсү региондор боюнча, айрыкча Ысcык–Көл аймагында көмүр казып алуу төмөн деңгээлде. Мисалы, “Жыргалаң” шахтысынан 1932– жылдан баштап көмүр казыла баштаган, 1959–ж. көмүр казуу алдыңкы шахт технологиясы менен үч штолни (багыт) иштей баштап, суткасына 130т. продукция өндүрүлгөн. Кийинки жылдарда, бул шахтыны Кытай компаниясы ижарага алып, аны модернизациялаштыруу үчүн 50 млн. АКШ доллары сарпталган. Иштеген жумушчулардын саны 120–150 адамга жеткен. 2012–ж. шахтыда 13,1 миң тонна көмүр казып алынса, 2013–ж.– 0,9 миң т. төмөндөп кеткен.

Көмүр тармагын өркүндөтүүдө чет элдик инвесторлор менен менчик мекемелердин ортосунда шериктеш болуп иш жүргүзүү кеңири колдонууда. Мисалы, “Алай” көмүр кенин иштетүүдө Кытай шериктеш компаниясы “Перити Коал” техникалык насыя берип, көмүр казуу жылына 120–150т. жеткен.

Республиканын көмүргө болгон талабы менен керктөөсү эң кеминде жылына 1,5 млн.т. жеткириш керек. Ошого жараша Казакстандан көмүр ташуу көлөмүн 2,3 млн.тоннадан 300–500т. азайтуу керек. Ошондой эле Кыргыз мамлекетинин суроо–талабы электр энергиясына өскөн сайын, калк жана коммуналдык мекемелер акырындык менен электр жылуулуктан көмүр жылуулугуна өтүү саясаты багытталган. Энергетика компаниялардын электр энергиясына төлөө тарифтеринин кескин көтөрүлүшү менен үй–турмушунда, айрыкча жылуулукка пайдалануу чоң чыгымды талап кылгандыктан көмүр жылуулугуна өтүү процесси жүрүүдө. Республика кандайдыр бир углеводдордук ресурстарына (мунай, газ) бай эмес, ошол эле мезгилде Орто Азиянын 75% көмүр кени бизде жайгашкан. Демек, бул альтернативдик энергетикалык булагы болгон–көмүрдү пайдалануу экономиканын өнүгүүсүнө чоң көмөк түзмөкчү.

Рыноктун шартында көмүр тармагынын өндүрүш–техникалык потенциалын сактап, өркүндөтүүдө мамлекетин жардамын жана чектөөсүн жетиштүү деңгээлде жүргүзүү абзел.

Республиканын көмүр өндүрүү тармагындагы көмүр өндүрүү мекемелердин ишмердүүлүгү жардам (усулдук) көрсөтүүчү мекмелерге тыгыз байланыштуу. Мисалы, Кызыл–Кыя борборлоштурулган электро механикалык устаты (электро механические мастерские) аркылуу стандартка туура келбеген жабдууларды, тетиктерди жана тоо кен шахтыларынын башка оңдоо–түзөө иштерин жүргүзөт. Союз мезгилинде бул мекеме Орто–Азия республикаларын жана КМШ өлкөлөрүн мекемелерине толук жардам көрсөтүп келген. Жаңылануу рыноктун шартында республикада көмүр өндүрүү субъектилердин ишмердүүлүгү төмөндөп кеткенден кийин мекеменин электро техникалык устатынын кубаттуулугу 10–15% эле пайдаланууда. Келечекте көмүр тармагы жандана баштаса, бул ишкананын иши да алдыга жылмак.

Ошондой эле “Кызыл–Кыя көмүртех снабы” (Кызыл–Кыя материалдык техникалык камсыздоо базасы). Бул мекемеде адистештирилген сактоо имараттары жүк көтөрүүчү техникалар, ылайыктуу жол катнашы (темир жолу) менен материалдык–техникалык ресурстарын каттап алууга, сактоого жана аны сатууга ылайыкталган базасы бар. Кийинки жылдарда бул мекеменин иши токтоп, базанын бир кыйласы ижарага берилип, ар түрдүү элге керектүү продукция чыгарылып сатууга багытталган. Көмүр тармагынын туруктуу иштеши келечекте бул ишкана өзүнүн мурунку байланыштарын калыбына келтирүү менен материалдык–техникалык ресурстарын камсыз кылууда керектүү кызмат бөлүгү болуп калмак. Мындай чоң көлөмдөгү жумушту аткарыш үчүн бул ишканага ичтен жана сырттан инвестиция тартуу керек.

Реформага чейин республикада “Кыргыз көмүр курулушу” иштеген. Бул мекеменин түзүмүнө Сүлүктү, Кызыл–Кыя, Таш–Көмүр, Көк–Жаңгак шахта куруу, башкаруу бөлүмдөрү кирген. Бул мекеменин негизги ишмердиги көмүр–тоо мекемелерин куруу жана реконструкция жүргүзүү, өндүрүш жана жашоо–тиричилик коммуналдык объектилерин тургузуу боюнча топтолгон тажрыйбасы болгон. Трестин иши “Түндүк АН”, ЛКСМ атындагы “Валакиш”, “Жыргалаң”, Кызыл–Кыя булак, “Алмалык”, “Тегенек”, “Таш–Көмүр” ж.б. кендеринде куруу жана реконструкция иштерин ишке киргизилген. Трестин өндүрүштүк базасы көмүр мекемелеринин объектилерин куруу жана реконструкция иштерин аткарууга мүмкүндүгү сакталган. Бул үчүн мекемеде тийиштүү квалификациясы жогорку техникалык адистери жана техника базасы менен камсыздалган. Трес мекемесинин ишмердүүлүгүн сактап калуу максатында көмүр мекемесинде (Кызыл–Кыя, Сүлүктү ж.б.) көмүр казып алуу жана куруу–монтаждык иштерди жана МЧС объектилеринде жумуш аткарышат.

Республиканын экономикалык, геосаясаттык шарттарында, көмүрдүн баасы жөнүндө жана көмүрдөн ар түрдүү продукция алууга мүмкүнчүлүгүн эсепке алганда бул чийки зат табигый баасы өтө жогору жана стратегиялык продукция.

Көмүр байлыгын жылына 7 млн.т. интенсивдүү жол менен пайдалансак, анын көлөмү жүздөгөн жылга жетет.

Рыноктун шартында көмүрдү от катары пайдалана турган болсок, аны өндүргөн мекеме чыгаша учурайт. Ошондуктан

алдынкы технологияны колдоонунун негизинде, мисалы, Кара–Рече көмүрүнөн мотор отунун (бензин, дизтопливо), энергетикалык газды жана анын күлүндө 20–25% алюминийдин окиси (алюминий алуу үчүн чийки зат), цемент өндүрүү үчүн акиташ, гуминалык жер семиркечтерди алууга болот. Мындан тышкары бир катар башка продукция өндүрүүгө болот (спирт, парфин, товардык күкүрт, активтүү көмүр ж.б.).

Келечекте республикада көмүр өндүрүү үчүн бир катар төмөнкү иштерди аткаруу керек:

- отун энергетикалык комплексин жана тоо кен өнөр жайын рыноктун шартында өркүндөтүү үчүн комплекстик программанын иштеп чыгуу;
- республиканын региондорун көмүр менен камсыз кылуу жана транспорттук чыгымда азайтуу үчүн Жыргалаң, Агулак, Кара–Кече көмүр кендерин өркүндөтүү;
- Кавак көмүр бассейиндеги Кара–Кече көмүр кенин (190 млн.т.) Балыкчы–Кара–Кече жолдорун реконструкция кылуу же Балыкчы–Кара–Кече темир жолун куруу, ошондой эле жылуулук электр станциясын куруу (ЖЭС). Келечекте Кара–Кече кенинен жылына 1 млн.т. көмүр алууга мүмкүн, б.а. көмүр рыногунун 70% камсыз кылмак;
- түштүк региондо Өзгөн таш көмүрүн ачык жаңы жер астына алынуучу жолдор менен көмүр өндүрүү жана терең кайра иштетүүнүн негизинде газ, антрацит продукциясын алуу. Өзгөн бассейинде келечекте коксохимиялык заводун куруу, өндүрүлгөн кокса–металл өнөр жайына ж.б. керетелет;
- Алай регионунда көмүр өндүрүүдө Кытай компанияларын тартуунун негизинде 1 млн.т. көмүр өндүрүү;
- республиканын муктаждыгына газ жана мунай энергоресурстары жетишсиз болгондуктан, көмүр кен байлыгын рационалдуу жана эффективдүү пайдаланыш үчүн жер үстүндө жана жер астында көмүрдү газга айландыруу технологиясын киргизүүдө квалификациялуу кадраларды даярдоону ишке ашыруу;
- япондук технология менен көмүрдөн мотордук отунун алыш үчүн катализаторду, көмүр күлмайдасын (порошок) жана атомардык водород аркылуу бийик температурасыз, басымсыз,

эритмесиз эле бензин, дизтопливо чыгарууну колдонуу жана жакшыртуу ж.б.

## §2. Мунай газ өнөр жайынын экономикасынын өнүгүүсү

Кыргызстандын эл чарбасында мунай газ тармагы өтө чоң мааниге ээ. Бул тармак менен оор өнөр жайы, айыл чарбасы, байланыш, соода, саламаттыкты–сактоо тармактары жана жалпы элдин турмушу тыгыз байланышкан. Мунай газ продукциясын пайдалануу экономика секторунда жыл сайын өсүүдө.

Кыргызстанда өтө оор тоо–геологиялык шартта мунай газ кенинин көлөмү 289 млн.т., анын ичинен өнөр жайга ылайык-туусу– мунай– 11,6 млн.т. жана табийгый газы– 4,9 млрд.$м^3$.

Акыркы жылдарда мунай газ сырьесун изилдөө, чалгындоо жана табигый табылган кендерди иштетүү акча– каражаттарынын жетишсиздиги өтө чоң проблема болуп келген.

Кыргызстанда келечектүү мунай газдын жайгашкан аймагынын жалпы аянты 22,3 миң чарчы чакырымды түзөт. Мунун ичинен 5 миң чарчы чакырымы Фергана өрөөнүнө, калганы 17 миңи аз изилденген же такыр изилденбеген келечектүү аймактарга, башкача айтканда Алай, Нарын, Атбашы, Ак–Сай, Токтогул региондоруна жана Ысык–Көлдүн чыгышына таандык.

Фергана аймагында мунай газ ресурстарынын чалгындоо иши 35%га түзөт. Мунайзаттын байлыгы негизинен эң татаал төмөнкү жумшак жана аз өткөрүүчү жер катмарларда жайгашкан. Болжол менен алганда алына турган коэффициенти болгону 15% түзөт. Ошондуктан, бул жагдайда, чоң капиталдык салымсыз мунай продукциясын өркүндөтүү мүмкүн эмес. Ошол эле мезгилде бул аймактын тоо арасындагы кокту–колотто мунайдын 765 млн. тоннага жете турган мунайдын көрөнгөсү (запасы) алиге чейин изилденип иштеле элек. Келечекте өндүрө турган мунай көрөнгөсү өтө эле тереңдикте (5миң. м) кыйынчылык түзө турган жер катмарында жайгашкан.

Бул катмарлар негизинен ар деңгээлде жана көлөмдө ар түрдүү геофизикалык шагыл, магниттик, электро чалгындоо, сейсмочалгындоо методдору менен кайсы бир жер бөлүктөрү изилденген.

Алай, Чыгыш Чүй, Ысык–Көл, Нарын, Атбашы ойдуңдарын-

да 4–5 метр тереңдикте сейсмоо чалгындоо методу менен кандайдыр деңгээлде изилдөө иштери жүргүзүлүп, мунай газ заттары бар экендиги аныкталган.

Изилденген ойдуңдардан мунай жана газ заттары келечектүү экени түндүк жактан Туризм бассейни (КНР) жана чыгыш жагдайы Фергана мунай газ бассейнине жайгашканы аныкталган. Ал эми Чыгыш–Чүй ойдуңу чыгыш жагынан Казакстандын Чүй–Сары суу бассейни менен байланышкан.

Акыркы жылдарда башка тоо аралык ойдуңдарда иш жүзүндө сеймо чалгындоо иштери жана терең деңгээлде бургулоо менен изилдөө жана чалгындоо иштери жүргүзүлбөй калган. Ошондуктан 1992–2012–жылдардын ичинде иштетүүгө даярдалган мунай газ көрөңгөсүнүн төмөндөшүнүн негизинде республикада өндүрүлгөн продукциянын көлөмү азайган. Учурда Кыргызстанда мунай жана газ менен керектүү муктаждыкты камсыздоо үчүн иштей турган мекеме жокко эсе болгон.

Өндүрүлүп алынып жаткан мунай газ республикада негизинен 500–600–900м. тереңдикте бургулоо кудуктардан (сквашина) алынат. Ал эми мунай менен газды жетиштүү өлчөмдө өндүрүш үчүн тереңдиги 8–12 чакырым тереңдикте бургулоо иштерин жүргүзүү зарыл. Бул үчүн эксперттердин айтуусу боюнча аз болгондо 400–500 млн АКШ доллар инвестицияны талап кылат.

Кыргызстан эгемендүүлүктү алгандан кийин мунай газ изилдөө тоогеология иштерин АК “Кыргызнефтигаз”, геолого–агенствосу жана биргелешкен мекемелер, инвестициялык компаниялар “Кадима Петролеум”, “КНГ–Гидрокарбонс”, “Жибек Гидрокарбонс”, “Тестоник”, “Таргет–Уан” ж.б. жүргүзүшкөн. Изил-дөөнүн негизинде мунайдын көлөмү 98 млн.т. жана өндүрүүгө ылайыктуусу– 11 млн.т. деп табылган.

Фергана аймагында углеводород ресурстарынын изилдегени жана ишке киргизилгени 51% түзөт. “Кыргыз мунай газ” компаниясынын карамагына мунай газдын 15 кени, анын ичинен калдык мунай көлөмү 89,5 млн.т., анын иштеп алына турганы–11,4 млн.т. жана газдын көлөмү– 4,9 млрд.м$^3$.

2013–жылга чейин АК “Кыргызмунай газ” компаниясына 7 иштетилүүчү мунай кени, анын ичинен 5–Жалал–Абад жана 2–Баткен областында жайгашкан. Алардан алынуучу көлөмү 11461 миң т. Бул мунай кенин пластык басым жолу менен (мунай

горизонтуна сууну күчтөп киргизүү) иштелген. Биринчи мунай кени өткөн кылымдын 50–жылдарында, андан кийинкилери (Бешкент–Тогап) кийинки 1974–ж. баштап иштей баштаган. Кийинки жылдарда мунайдын бургулоо жолу жана пластикалык басымдын табийгый төмөндөшү менен мунай өндүрүү азайган. Мисалы, 1990–ж. ар бир 442 иштеген мунай бургулоодон 1,0т. мунай алынып турса, ал эми кийинки учурда 320 бургулоодон– 0,6т. мунай алынган.

1991–ж. Чейин мунай өндүрүү көлөмүнүн төмөндөп кетишин жаңы мунай бургулоолорун ишке киргизүүсү менен толукталып турган. Кийинки жылдарда финансылык каражаттын жетишсиздигинен мунай кенин бургулоо жолу менен иштетүү толугу менен токтогон. Ошонун негизинде мунай өндүрүү 1991–ж. 142 миң т. 1993–ж.–87,0 миң т., ал эми 1993–1997–жж. орточо эсеп менен 82–85 миң тонна деңгээлде калыптанган. Кийинки жылдарда АК "Кыргыз мунай газ" аркылуу интенсивдүү гидравлика оргтехникалык жолдору колдонулуп, бирок жакшы натыйжага жетишкен эмес. Жыл өткөн сайын мунайды бургулоодо дебити 5 миң т. төмөндөп турган.

Кийинки учурда мунайды табыш үчүн бургулоонун тереңдиги 2500м. Боюнча үч станогу жана 5000м.– беш станогу иштеген. Бул станоктордун иштегей турган убактысы нормасы боюнча 7 жыл болсо, ал эми пайдалануусу– 10,5 жылга жеткен. Кошумча бургулоо станокторун сатып алыш үчүн АК "Кыргыз мунай газ" компаниясынын финансылык жагдайы өтө эле жетишсиз болгон.

Акыркы жылда мунай кендери эскирип, арыктап, орточо эсеп менен бир бургулоодон суткасына алына турганы 0,5т. түзүп калган, ал эми Оруссияда 4–5т. мунай берсе рентабелдүү эмес деп жаап коюшат.

Адистештирилген фондулардын жана жабдуулардын баасы көтөрүлүп кетиши менен иштебей калган бурголоордун саны 137 жетип жана 100–110 ошол абалга жакындап турат.

Жабдуулардын, мунай түтүктөрүнүн жана сактоочу жайлардын эскириши менен өндүрүлгөн мунай газ продукцияны кайра иштетүүнүн эффективдүүлүгүн төмөн болушуна алып келүүдө.

Республика эгемендүүлүктү алышынан тартып АК "Кыргыз мунай газ" негизги мунай өндүрүүчү болуп келген (85,65%

акциясы мамлекеттики) жана ЖАК “Ансбанг” (Кытай) эски бургулоо кудуктарын оңдоо–жаңыртуу иштеринин негизинде жана жаңы бургулоо кудуктарын казуу менен иштерин жүргүзөт. Ошондой эле ЖАК “Текстоник” негизинен жаңы бургулоо–кудуктарын изилдеп табуу жана пландаштыруу проблемалары менен иштейт. Мисалы, 2008–жылы Майлы–Суу, IV–Чыгыш Избаскент мунай кендеринин 18–чи катмарында капиталдык оңдоо иштеринин негизинде №171 бурулоо–кудугунан суткасына 35–40т., №536–газдын фонтаны, №539, 540, 541–50–60т., №152 бургулоо–кудугунан–40–50 миң м$^3$ газ өндүрүлө баштаган. Бирок мунайдын курамында парафин көп болгондуктан, аны ташыш үчүн 40т. жылуулук сактанган мунай ташуучу автомашиналардын жоктугунан мунай өндүрүү үзүлтүкө учураган. Мындай транспорттук каражаттарды сатып алыш үчүн АК “Кыргыз мунай газдын” финансылык каражаты жок болгондуктан, өндүрүш токтоп калган (2009–ж., 2–декабрь, “Веч.Бишкек”).

Акыркы жылдарда республика Орусиянын ААК “Газпромнефть” компаниясы менен шериктеш болуп, ал АсАК “Газпромнефть Азия” деген кичи ишканасын ачып, мунай продукциясы боюнча трейдермек функцияны аткарган. Бул компания Кыргызстанда дүң жана чекене соода мунай жана суюлтулган газ рыногунда негизи оператор. АсАК “Газпромнефть Азия” компаниясы ички рынокто үлүшү 35% түзөт. Мунун активинде 9 мунай базасы, 82–автокуйма комплекси, 2–суюлтулган углеводородук базасы бар.

Жалал–Абад регионунда “Кыргыз Петролеум” биргелешкен компаниясы мунай иштетүүчү заводун курган анын кубаттуулугу жылына 500 миң т. Бирок, заводун иштетүү үчүн жергиликтүү мунай заты жана ташылып алынып келген газ консатты менен иш жүргүзөт. Түштүк–Батыш Фергана регионунан мунай затты “Кыргыз Петролеум” компаниянын заводуна темир жол менен жеткирүүдө көп чыгымга дуушар болгондуктан, Лейлек районунун Арка кыштагында, кубаттуулугу 20 миң т. чакан кайра иштетүү заводу курулган. Мунай заттын жергиликтүү шартта кайра иштетүү өздүк наркы төмөн болгон бензинди, дизтопливаны өндүрүү менен Баткен областын күйүүчү май менен камсыз кылууда бул заводтун мааниси өтө чоң.

Кыргызстандын статмаалыматтык комитетинин маалыматы боюнча мунай өндүрүү 7 мекеме алектенет. Алардын ичинен эң ири мекеме Жалал–Абад мунай кайра иштетүү мекемеси, кубаттуулугу 300 миң т. Бул заводду куруу шериктештери АК “Кыргыз мунай газ” жана “Kyrgyz Petroleum Company”. Кара–Балта шаарында кытайлык “Чайна Петрол Джунда” компаниясы жылына 1,5 млн.т мунайды кайра иштетүү заводду ишке киргизилген. 2013–жылы Кыргызстанда 1154,3 млн. сомдук көлөмдөгү мунай газ өндүрүлгөн, же болбосо 2009–ж. караганда 17,3% төмөндөгөн. Бензин өндүрүү 9,0 миң т., дизелдик май–27,2 миң т., мазут–41,4 миң т. өндүрүлгөн (29–табл.).

29– Таблица. **Мунайзат продуктулар өндүрүшү боюнча ишканалардын ишмердигинин нсгизги көрсөткүчтөрү**

| | 2009 | 2010 | 2011 | 2012 | 2013 |
|---|---|---|---|---|---|
| **Ишканалардын жана өндүрүштүн саны** | 7 | 8 | 8 | 8 | 7 |
| **Продукциясынын көлөмү, млн. сом** | 1397,9 | 1250,1 | 1202,0 | 1368,8 | 1154,3 |
| **Иштегендердин саны, миң адам** | 1,3 | 1,0 | 0,8 | 0,8 | 0,7 |
| **Калдыгы чыгарылган финансылык жыйынтык (пайдадан чыгым кемитилет),млн. сом** | –182,4 | 15,1 | 425,6 | –57,0 | –292,8 |
| **Продукция өндүрүү, миң т.:** | | | | | |
| **мотор майы (бензин)** | 9,9 | 15,3 | 15,0 | 10,5 | 9,0 |
| **газойли (дизель майы)** | 48,0 | 38,2 | 28,4 | 30,5 | 27,2 |
| **мунайзат отуну (мазут)** | 39,0 | 43,8 | 43,7 | 39,2 | 41,4 |
| **табийгый газ, млн.м$^3$** | 15,4 | 22,8 | 26,6 | 28,5 | 32,5 |

Статистикалык маалыматы: “Кыргызстан цифрада”, 2014.

Бирок, өндүрүлгөн көлөмдөгү мунай заттары республиканын суроо–талабына жооп бербейт. Ошондуктан, мунай өндүрүүдө жана аны кайра иштетүүдө бир катар факторлор бар:

- кайра иштетүү заводдорду керектелүүчү ресурстарга транспорттук жагдайларга ылайыктуу жайгаштыруу;
- мунай иштетүүнүн технологиясын жакшыртуу;
- нефти продукциясын кайра иштетүүдө илимий иштерди жакшыртуу мунай эффективдүүлүгүн жогорулатуу;

• мунай продукциянын өндүрүү бардык процессинде жана кайра иштетүүдө чыгымдарды азайтуу.

Мамлекетте мунай тармакты өндүрүүдө келечек векторлору.

• мунай иштетүүчү заводдорду модернизациялаштыруу жана сапаттуу мунай продукцияларды өндүрүү;

• атаандаштыкка татыктуу мунай продуктуларды өндүрүү,

• мунай продукцияларын көбөйтүү;

• жакынкы чет мамлекеттери менен мунай жана анын иштелип чыккан продукциясын сатып алууда интеграциясын күчөтүү ж.б.

Мунай продукциясынын жетишпегендиктен республика бир катар мамлекеттерден (Орусия, Казакстан ж.б.) сатып алууга мажбур. Мисалы, 2013–ж. республикага 801,8 миң т. бензин (546,2 млн. АКШ долл.), 126,0 миң т. керосин (115,3 млн. долл.), 567,7 миң т. дизелдик май (429,8 млн. долл.) сатып алынган.

Мунай заттарынын ири сатуучулары болуп Орусиянын компаниясы ААК "Газпром нефт" (үлүшү 34,2%), ААК "Газпром" (30,2%), ААК "НК Русснефт" (18,5%), ААК "НК роснефт" (17,0%) ж.б.

Ошондой эле Кыргызстан жылына 10,4 миң т. автобензинди, (76,8% өздүк өндүрүш), 16,6 миң т. дизелдик майын (60,6%), 9,9 миң т. мазуту (23,6%) жана 66,5 миң т. авиокерасинди (импорттогон керасинден) тышка сатууга чыгарат. Негизин бул мунай заттарын Афганистанга, Таджикстанга жана Кытайга сатылат.

Кыргызстанда илимий изилдөөлөрдүн негизинде мунай жана газдын болжолдук запасы 500 млн. тоннага барабар. (ИИМ тажрыйба– конструктук бюросу ЭКСНТОН Корпорейшин). Болжол менен алганда Фергана ойдуңда 100 млн.тонна, Алай ойдуңунда – 70 млн. т, Ак–Сайда – 50млн. жана Токтогулда — 30 млн. тонна мунай жайгашкан.

Биринчи жолу Кыргызстанда газбалонуXX кылымдын 50–жылдарында пайда болгон. Аларды негизинен Оренбург областынан ташылып келип турган. 1968–жылы Өзбекстан–Туркменстан–Алма–Ата газ түтүктөрү боюнча Кыргызстанга Бухара кенинен табийгый газ берилген.

Кийинки жылдарда "Фрунзегаз" мекемеси аркылуу ачык акционердик коому "Кыргызгаз" компаниясы уюштурулган. Акыр-

кы жылда республикада 80 бюджеттик, 102–өнөр жай мекемелери, 120–коммерциялык уюмдар жана 252 миң батирлер жана үйлөр газ менен камсыз кылынган.

“Кыргызнефтигаз” ААК башкармасында 4 тармагы бар: геологиялык чалгындоо, бургулоо, мунай газ өндүрүү, технологиялык–транспорт башкармалыгы. Булардын бары бири–бирине байланышып техниканын күчү менен иштешет.

Геологиялык чалгындоонун негизинде иштеп жаткан бургулоо кудуктардан тышкары, жаңы Избаскен–Алаш, Суусамыр, Токтогул мунай кендеринде чалгындоо иштери жүргүзүлүүдө. 2000–2005 жылдарга чейин мекемеге жаңы техникаларды алуу мүмкүн болгон эмес, өндүрүш эски техникалар аркылуу жүргүзүлгөн.

2010–жылдан баштап “Кыргызнефтигаз’’. ААК өз каражатынын эсебинин негизинде 2, 2011–жылы 12, 2012-жылы- 11, 2013-жылы 15 технология ылайык техникалар сатып алынган. Бардыгы болуп акыркы жылдарда 44 даана техника сатып алынган. Алар негизин Оруссиядан жана Кытай эл республикасынан ири өлчөмдөгү каражатка алып келинген. Мисалы, Кытайдын 3.7 млн. долларлык бургалоо станогу сатып алынып, өндүрүштүн өсүшүнө көмөк түзгөн. Ошонун негизинде 2010 жылы 70 мин, тонна, 2011–жылы 77 мин, тонна мунай өндүрүлгөн. Ал эми табигый газ өндүрүү 2009–жылга Караганда 2 эсеге өскөн: 2009–жылы 15 млн. куб метр, 2012–жылы 28,6 млн.$м^3$ жеткен. Газдын жоготуусу 2009–жылы 45% түзгөн болсо, 2012–жылы 17% чейин төмөндөгөн. Мунун негизги себеби – 3740 м эскилиги жеткен жер алдындагы түтүктөрдү жер үстүнө чыгарып жаңы түтүктөр менен алмаштырылган.

АК “Кыргызмунай газ” эскилиги жеткен бургулоо–кудуктарды оңдоп ордуна келтирүүдө Кадамжай районунда Түндүк Риштан, Сары–Камыш, Чаур–Яркутан мунай кендери боюнча иш алпарган. Эгерде бул жерлерде мунай өндүрүү жакшы натыйжа берсе, анда чакан кайра иштетүү заводдун куруугa мүмкүндүк түзүлмөк.

Жогоруда көрсөтүлгөн мунай кендерин акыркы жылдарга чейин Өзбекстан мекемелери иштетип келген.

Биргелешкен кыргыз–америка “Восток” фирмасы 1996–ж. түзүлүп, республикада мунайды кайра иштетүү жана сатуу боюнча

ири мекеменин бири. Төрт жылдын ичинде компания эки чакан мунай иштетүү заводун жана Кемин шаарчасында жана Кыргыз–Жибек кыштагында жылына 180 миң тонна көлөмүндөгү газды суюлтуу (конденсат) заводун ишке киргизишкен. Бул заводдордо чийки заттан даяр продукция алганга чейики процесси компьютештирилген жана автоматташтырылган. Азыркы учурда чийки зат ресурстарынын жоктугунан заводдор токтоп калган. Ошол эле убакта адистердин эсептөөсү менен Кыргызстанда газ кени 300 млн. $м^3$түзгөн болсо, ал эми газ менен камсыз болуусу болгону 30% түзөт.

Ондогон жылдар бою республика газ менен камсыз болушу Өзбөкстан аркылуу болгон. Жылына 750 млн $м^3$ газ сатылып алынып турган. Ал эми АК "Кыргызгаз" компаниясынын 1990–2012–жж. ичинде газ өндүрүүсү 3,3 эсеге азайган. 2010–ж. ЖАК "Тектоник" аркылуу Орто, чыгыш, Чарвак, Майлы–Суу II, Чангырташ жана Австралия компаниясы «Деррик Птуай» Майлы–Суу–III бөлүмдөрү иштешип баштаган.

Газ балансынын түзүмүндө импорттун үлүшү басымдык кылат. Анткени Кыргызстанда газ өндүрүү 1990–2012 жылдарда кескин азайган. Ошондой эле газдын баасынын өсүшү менен аны керектөө 2012–жылда 1990–жылга салыштырганда 6 эсеге төмөндөгөн. Эгерде газды ташып керектөөчүлөргө жеткирү процессинде жоготуу 1990–жылы 38 млн.$м^3$ болгон болсо, ал эми 2012–жылы–83,7 млн.$м^3$ өскөн, б.а. айтканда газдын жалпы көлөмүнүн 19,0% түзгөн. Мындай жоготуу негизги себебтери–уурулук (коррупция) жана газ өндүрүү жана бөлүштүрүү станцияларынын уюштуруу кемчиликтери жана жабдуулардын эскириши ж.б. болгон.

2013–жылы "Кыргызгаз" компаниясынын республиканын бюджетине 600 млн. сом, Казакстанга–13 млн. АКШ доллары менен карызы болгон.

Оруссия федерация өкмөтү менен Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн ортосундагы Кыргызстандын аймагына жаратылыш газын жеткирүү, бөлүштүрүү жана сатуу тармагында кызматташуу жөнүндө келишимди ратификациялоо тууралу, Жогорку Кеңеште каралган мыйзамга КР президенти 2013жылдын 25–декабрында кол койгон. Келишимдин негизинде "Кыргызгаз" компаниясы 1 АКШ долларына сатылган.

Бул келишимге ылайык “Газпром” беш жылдын ичинде Кыргызстандын газ инфратүзүмүн жаңылап курууга 20 млрд. рубль инвестиция жумшоону кепилдикке алган. Орусия “Газпром” газ жабдыктарын, магистралдык түтүктөрдү өнүктүрүү, жакшыртуу жана биздин өкмөт тарабынан бекитилген бааларды сактоо менен жаратылыш газын үзгүлтүксүз берүү милдеттерин өз мойнуна алат деп түшүнсө болот.

Салыштыруу ирээтинде учурда Кыргызстан газы Өзбекстан-дан 1000 кубун 290–300, ал эми Казакстандан – 224 АКШ долларга сатып алган болсо, Орусиянын “Газпромдун” Кыргызстандын рыногуна кириши менен газдын баасы эки–үч эсеге арзандап, 80–140 долларды тузмөкчү. КР өкмөтүнүн маалымат камсыздоо бөлүмү билдиргендей, газ тармагына ири стратегиялык инвесторду тартуу, өлкөнү жылуулук жана жаратылыш газы менен үзгүл-түксүз камсыз кылуу менен бирге, Кыргызстанга 655 млн. Доллар пайда да алып келмекчи.

Мындан тышкары 100 млн. АКШ доллары Кыргызстандын өзүнөн газ кендерин табуу жана геологиялык чалгындоо иштерине жумшалмакчы. 2015– жылы 5000м терeңдикте бургулоо иштери жүргүзүлөт.

Келишимдин негизинде Чүй областында 112 чакырым газ түтүктөрүн курууга; узундугу 91 чакырым Бишкек–Кант–Токмок газ түтүгүн алмаштырууга; Бишкек, Чүй, Ош, Жалал–Абад, Баткен, Ысык–Көл, Талас областтарындагы магистралдык газ түтүктөрүн реконструкциялоого; Майлы–Суудагы Баткенге чейин 315 чакырымдык, Токмоктон Ысык–Көлгө чейин 550 чакырымдык магистралдык газ түтүктөрүн куруу каралган. Ошондой эле, Майлуу–Суудагы жер алдында газ сактоочу жайды калыбына келтирүү иштери жүргүзүлөт.

## БАП VI

## ТОО–КЕН ӨНӨР ЖАЙЫНЫН ӨНҮГҮҮШҮ ЖАНА ЭКОНОМИКАСЫ

Тоо–кен өнөр жайы Кыргызстандын экономикасынын артыкчылык тармактарынын бири болуп саналат. Өлкөнүн мамлекеттик бюджетинин салык чечимдеринин 30% жакын, ошондой эле ички дүң продукциясын (ИДП) чоң үлүшүн камсыз кылуу аркылуу тоо кен өнөр жайы социалдык– экономикалык көрсөткүчтөрдүн өсүшүнө көрүнүктүү салымын кошууда.

Кыргызстанда тоо–кен өнөр жайы азыркы учурда оор өнөр жай өндүрүшүнүн негизги тармагы. Мамлекеттик геология агентствосунун маалыматы боюнча тоо–кен өнөр жайынын 2013–жылы алынган продукциясынын көлөмү 6472,7 млн. сом болгон, же жалпы өнөр жай өндүрүшүнүн көлөмүнөн 3,0%, экспортунан– 18,9%га жана импортунан– 25,8% ээлеген.

Тоо–кен өнөр жайында бир жумушчу орун, башка тармактарда кошумча 1,6 жумушчу орунду түзөт. Негизин мындай жумушчу орундар тоо–кен тармагына материалдарды, жабдууларды ж.б. продукцияларды берүүдө жана усулдук кызматтарды көрсөтүүдө пайда болот. Учурда республиканын тоо–кен тармагында 2013–жылы 8549 жумушчу иштеген. Акыркы жүз жылга жакын убакытта бул тармакта тасыкан кесипкөйлүк адистер калыптанган. Дүйнө жүзүндө минералдык чийки заттардын баасы өскөн сайын келечекте тоо–кен тармагынын өнүгүүсүнө жакшы жагдай түзүлгөн.

Тоо–кен өнөр жайында негизинен түстүү металлдар (алтын, күмүш, вольфрам, сымап, олово, жез, ж.б.), таш көмүр, мунай, газ сыяктуу тармактар орун алган. Кыргызстан тоо–кен заттарына бай болгондуктан аларды иштетүү үчүн ички жана тышкы инвестицияны тартууга мүмкүнчүлүгү кенен.

Геологдордун баамдары боюнча Кыргызстанда тоо–кен ресурстарынын казып алуу мүмкүнчүлүгү 500–700 млрд. АКШ долларына барабар. Ар түрдүү он чакты жер астындагы байлыктарды ишке киргизүү менен жылына өлкөнүн ИДП 10–20% өстүрүүгө болот. Негизинен жеке эле алтын эмес, жез, олово,

вольфрам, таш көмүр жана башка рудалык эмес кендери, курулуш материалдары өндүрүлөт.

Республика жер астынан казып алынуучу пайдалуу миңдеген чакан кымбат кендерине бай. Бирок, аларды казып алууда ири оор өнөр жай технологиясы менен алууга мүмкүн эмес, ошондуктан аларды жеке же топтоштурулган ишканалар аркылуу өздөштүрүүгө мүмкүн. Бул жагдайда Кытайдын жана башка мамлекеттердин чакан тоо–кен өнөр жайы мисал.

Кыргызстандын тоо–кен өнөр жайы түстүү металлургиялык элементтерге бай экени аныкталган. Адистердин маалыматы боюнча эсепке алынган 2 миңден ашык түстүү металлдардын– (олово, күкүрт колчедан, висмут, марганец ж.б.) чакан кендери аныкталган. Республикада революцияга чейин эле сурьма, сымап боюнча ири кенднри ачылган. Азыркы учурда сымапты өндүрүү Чувай, Чоп–Көй, ал эми сурьманы– Терек–Сай, коргошун жана цинк боюнча Ак–Туз, Боорду, Канн жана Сумсар кендери.

Ошондой эле таш көмүр казып алуунун негизинде республикада Сүлүктү, Кызыл–Кыя, Көк–Жаңгак, Таш–Көмүр шаарлары пайда болгон. Эң ири кендердин негизинде сымап боюнча, Хайдаркан, сурьма– Макмал, Күмтөр алтын комплекстери иш алып барышууда. Жаңы алтын кендери болгон Жер үй, Соолжээктеги Талды–Булак кендери даярдалып ишке берилүүдө. Кочкор–Атада кыргыз нефтигаз мекемеси менен мунай, газ берүүчү жайлары иштетилүүдө. Сары жаз жергесинде (Ысык–Көлдүн сырты) олово, Миронов атындагы–висмут чыгаруучу кендери даярдоодон өткөн.

Кыргызстан курулуш материалдары боюнча бирден бир бай өлкө, кирпич жана цемент заводдорун чийки заттар менен камсыз кылат. Экономикалык реформага чейин геология чалгындоо жана изилдөө иштеринин негизинде республикада 300 млн. советтик акча чыгымдалган. Ошонун негизинде ири өлчөмдүү түстүү металдар болгон олово, вольфрам, сурьма, темир, сымап, көмүр жана бащка аз кездешчүү кендери табылган.

**Түстүү металлдардын өндүрүшү.**Тоо–кен өнөр жайынын ичинде эң артыкчылык тармактын бири жана республикага валюта алып келүүчү эң керектүү булак багыты. Чоң өлчөмдүү валютанын келиши, негизинен алтын өндүрүүдөн жана сатуудан болууда. Экспорттук түзүмүндө 90% алтынга жана 10% башка түстүү

металлдарга–сурьмага жана сымапка туура келет. Дүйнөдө алтындын баасынын жогорку деңгээли анын деңгээли бийик рентабелдүүлүгүн камсыз кылат.

Түстүү металлдарды өндүрүш процесси төмөнкүчө жүрөт: казып алуу, аны байытуу, бөлүү, кошулмаларды өндүрүү, прокаттоо жана экинчи чийки затты кайра иштетүү.

Түстүү металлдардын физикалык касиети ар түрдүү: электр өткөргүчтүгү, эриткичтүүлүгү, кошумчалардын эритмесин түзүүсү, жылуулук өткөргүчтүүлүгү ж.б. касиеттери аларды өндүрүштүк чарбаларда кенен колдонууга мүмкүндүк түзөт. Мисалы, жез машина курууда жана электр металлургиясында таза түрүндө кеңири колдонулат, ал эми кошулма түрүндө олово менен бронза, никель менен мельклор, алюминий менен–дюралюминий, цинк менен латунь, коргошун менен аккумулятор өндүрүлөт. Ошондой эле жез атомдук өнөр жайында кабель чыгаруу, цинк менен никель кара металлургияда, олово–ак калайды жана подшипник өндүрүүдө, платина– техникаларга жана ювелирдик жасалмаларга кеңири колдонулат.

Түстүү металлдарды өндүрүү Кыргызстандын ИДП түзүмүндө чоң үлүшүнө ээ. Түстүү металл алынуучу руда затта пайдалуу компоненттери өтө эле аз кездешет. Ошондуктан металл алынуучу типтеги заттан ар түрдү түстүү комплекс металл өндүрүлөт–жез, коргошун, күмүш, никель ж.б. алар болгону аз гана пайызда болот, ал эми негизги металлдын үлүшү мындан да аз кездешет. Ошондуктан түстү металлдын рудасы көп компоненттүү, демек аны комплекстүү түрүндө пайдалануу керек.

Тоо–кен өнөр жайынын өнүгүүсү Кыргызстанда 80 жылдан ашык. Союз убагында өлкөдө көп пайдалуу рудалардан уран, сурьма, сымап ж.б. көп металдарды өндүрүшкөн. Алардын иш калдыгы бүгүнкү күнгө чейин сакталып экология жактан коопсуздукту жаратууда. Мурун рудадан бир түстүү металлды өндүрүүдө андагы аз өлчөмдөгү компоненттерине көп көңүл бурулган эмес. Демек, ошол калган калдыктарында күмүш, кадмий жана түрдү компоненттери бар. Кыргыз Республикасынын кадастралык баамдоосунда калдыктарда 41,7т. алтын жана 87 т. күмүш бар. Азыркы учурда бул калдыктар мааниси жаңы пайдаланууга берилген кен байлыктарына барабар десек болот. Ал эми тармактар боюнча руданы даярдоо жана металлды өндүрүү

үчүн аларды изилдөө жана жерди ачып даярдоо иштерине жалпы капиталдын салымынан 80% чыгымдалат. Көп убакта, азыркы технология менен 7% аз түрүндөгү руданы иштетүүгө мүмкүндүк берет, ал эми кээ бир калдыктарда руданын үлүшү 14% жетет. Бул калдыктарды иштетүүдө чоң көлөмдү инвестицияны тартууга болот. Ошондой эле мобильдик фабриканы колдонуу мүмкүн.

Мына ошентип, Кыргызстандын тоо кен иш калдыктарында 600 млн.$м^3$ тоо пародасы жана крндиция эмес рудасы бар. Алардын аянты 1200га түзөт. Эң зыяндуу жана коркунучтуу тоо–кен иш калдыктары Ак–Түздө, Миң–Кушта, Майлы–Сайда, Кадамжайда жана башка жайларда кездешет. Алардын бары рекультивацияга муктаж жана алардан алтын күмүш, кадмий жана башка түстүү металлдарды алууга болот.[1]

Өткөөл мезгилинде түстү металл өндүрүшүндө түзүмдүк өзгөрүшкө дуушар болуп, продукциянын ассортименттерин алмашууга, анын сапатын жакшыртууга багытталган. Республикада иштеп жаткан техникалардын жана жабдуулардын эскилиги жетип, өнүккөн мамлекеттердин технологиясына караганда бир кыйла артта калган. Тоо–кен өнөр жайында негизги фондулардын эскириши 70–80% деңгээлге барабар. Демек, иштеп жаткан мекемелердин технологиясын модернизациялаштыруу жана реконструкция жүргүзү азыркы мезгилдин талабы.

Түстүү өнөр жайын трансформациялоо жана иштеп жаткан мекемелерин рыноктун шартына которуу азыркы ситуацияга жараша туура келет. Бирок, азыркы катаал шартта, б.а. финансылык каражаттын жетишсиздиги, өндүрүштүн төмөндөп кетиши жана продукцияга суроо–талаптын аздыгы мекемелердин социалдык–экономикалык жагдайын кескин ылдыйлатты. Республикалык жана тармактык масштабда продукциянын түрлөрү жана көлөмү боюнча кайра карап чыгуу жана иш жүзүнө аны ашыруу кыйынчылыкты туудурду. Көп учурда мекемелерде түстүү металл продукциясын өндүрүүдө анын сапаты боюнча атаандаштыкка чыдамсыздыгы байкалууда. Рыноктун шартына өтүү көп мекемелер үчүн өтө кыйын болгондуктан, жумушсуздук жана укук бузуулар күч алып, жалпы элдин жашоо турмушунун

---

[1]МСН газетасы, 91, 28.11.2008ж.

төмөндөшүнө түздөн–түз таасирин тийгизген. Буга карабастан түстүү металл өнөр жай мекемелери акырындык менен өндүрүштүк багытын рыноктун суроо–талабына жараша өзгөртүүгө дуушар.

Тоо–кен өнөр жайында иштеген мекемелери өкмөттүн дотациясына жана жеңилдетүү жардамына муктаж. Бирок, биргелешкен жеке жана мамлекеттик мекемелерди уюштуруу жана ага чет элдик инвестицияны тартуу көп учурда жакшы жыйынтык берген жок.

Кыргызстандын экспортук потенциалын жогорлатууда Тоо–кен байлыгы жана аны иштетүү чоң мааниге ээ. Тоо–кен өнөр жай өндүрүшүнө түстүү металлдар, металл эмес рудалар (таш көмүр, мунай, газ жана жер алдындагы суулар ж.б.) кирет.

Азыркы учурда Кыргызстанда геология жана минералдык ресурстар агентствосунун маалыматы боюнча чалгындоодо тоо–кен көрөңгөсү 430 т. алтын, 208т.– олово, 349 млн.т. алюминий, 1 млрд.т. көмүр, 2358 т. момебден, 157,5 миң т. сурьма, 40,0 миң т. сымап, 74,8 миң т. бериллий ж.б. түзөт. Бул чалгындалган кен байлыгынын жалпы көлөмү 65–75 трлн. АКШ долларына барабар.

Республиканын экспорттук потенциалын өнүктүрүүдө руда эмес пайдалуу тоо кендердин мааниси чоң. Социалдык–экономикалык өнүгүү процессинде табийгый же иштетилген руда эмес материалдар жарандык коомдо жана өнөр жай курулушунда, айыл чарбасында, ювелирдик жасалма товарларында ж.б. тармактарда кеңири колдонулат. Мисалы, Кыргызстанда 11 мрамор кени, акиташ, ракушечник жана башка курулушка керектөөчү материалдар, алардын көрөңгү көлөмү 85,6 млн.$м^3$ жетет.

Республика аймагында гранит боюнча Кыртабылды, Кайыңды жана Терек мрамор кендери; Жел–Арык жана Байбиче–Соору граносиинит кендери, курулуш жана бетке жабыштыруу Сары–Таш кени, 500 ашык сары топурак (глина) чийки заттары 53 жерден чалгындалып, аны көлөмү 246,7 млн.т. Сары топурактын негизги булагы Бултекте, Күрмөнтүдө, Ивановкада жана башка жерлерде жайгашкан.

Руда эмес пайдалуу тоо кендердин ичинен керамикалык (карапа) чийки заттарды, анын ичинен волластонитти айтса болот. Кыргызстанда мунун көрөңгөсү чексиз. Волластонит кошумча катарында пластмассага, түстүү металлургияга, резина–шина даяр-

доого, асбоцемент, ак–краска өнөр жай өндүрүшүндө, керамика жасоодо, автотранспорто (тормоз колодкасында, подшипник жасоодо) кеңири колдонулат.

Жыйынтыктап айтканда, Кыргызстан табигый ресурстарына бай болгондуктан, келечекте экспорттук потенциалын өркүндөтүүдө жана республиканын экономикасын көтөрүүдө чоң мааниге ээ.

Тоо–кен өнөр жай тармагын өркүндөтүүдө негизги стратегиялык проблемалары:

- бардык жер кенин пайдалануучуларга, алардын көлөмүнө карабастан инвестициялык климатты жакшыртуу;
- тоо–кен тармагында өндүрүштү диверсификация жүргүзүү, дүйнөлүк экономика менен интеграциялаштыруу, 8–10 жылдын ичинде минералдык чийки заттын темпин эки эсеге көбөйтүү;
- бардык пайдалуу кендерге багытталган каражатты чыгымдоодо ачыктыктыгын күчөтүү;
- мамлекеттик чектөөнү, мыйзамдарды жана салыктык башкарууну жакшыртуу;
- алтын өндүрүшүндө иштеп жаткан мекемелердин тажрыйбасы аркылуу жаңы даярдоодон өткөн кендерди өркүндөтүү;
- кээ бир бийик тоолуу райондордо дүйнөлүк тажрыйбаны колдонуу менен чакан кендери ишке киргизүү;
- тоо–кендеринде иштеп жаткан мекемелердин ачык ишмердүүлүгүн арттыруу;
- атаандаштыктан өтпөгөн объектилерге лицензия берүүдө сүйлөшүүлөрдү жүргүзбөө;
- кендери пайдаланууда жана иштелип жаткан жайларда рекультивацияны тийиштүү деңгээлде болушу жана мыйзамсыз өндүрүлгөн пайдалуу кендери боюнча геологиялык маалыматтын жоопкерчилигин күчөтүү ж.б.

## §1. Алтын өнөр жайынын өнүгүүсү жана экономикасы

Кыргызстан алтын өндүрүү боюнча КМШ мамлекеттеринин ичинен Орусия жана Өзбекстандан кийин үчүнчү орунду, ал эми дүйнө боюнча– 80–орунду ээлейт.

Республиканын аймагында 2500 алтын жана алтын өндүрүү кендери бар. Алардын ичинен уникалдуу көрөңгөсү көп болгон кендерин айтууга болот. Буларга көлөмү 70 т. жана жогору болгон Кумтөр, Жерүй, Талды–Булак соол жээк; орточо көлөмдү–30–70 т–макмал, Бозымчак, Үңкүрташ, Иштамберди, Алтын–Жылга, Ичкесу, Тахтазан; майдалары –5–30 т– Солтон Сары, Жамгыр, Терек, Перевал, Терек–кал ж.б.

Республикада ар түрдүү маалыматтардын негизинде 1500–2000 т алтын бар. Учурда 199 алтын кендердин 37 алтын кени толугу менен чалгындалган, анын ичинен өздөштүрүүгө ылайыктуу 30 кени, аларда алтындын болушу жогорку деңгээлде. Ошондой эле 30дан ашыгы алтынга окшош кендери жана нечен жүздөгөн рудалык точкалар.

Азыркы кезде Кумтөр, Макмал, Солтон–Сары, Куран–Жайлоо, Терек–Межпластык, Тареккан ж.б. кендеринде алтын өндүрүүлүдө. Алтын өндүрүүгө даярдалган Жерүй, Талды–Булак соол жээк жана өндүрүүгө даярдоого–Жалгыр, Куру–Тегерек кендери кирет.

Кыргызстандын тоо–кен өндүрүшү боюнча Бүткүл дүйнөлүк банк Кумтөр, Хайдаркан жана Макмал боюнча мониторинг жүргүзгөн. Банктын көрсөтмөлөрү боюнча республикада пайдалуу кендерди табуу үчүн мыйзамдык базаларын жана салыктык маселерин реформалоону жүргүзүүнү тастыктаган. Мындай комплекстик иштерди аткаруунун негизинде тоо кен өнөр жайына инвесторлоду тартуу менен республика жыл сайын көлөмү 1 млрд. АКШ доллар киреше алууга мүмкүн.

Республикада алтын кенин максаттуу түрдө башкаруу жана эффективдүү пайдалануу үчүн мамлекеттик “Кыргызалтын” мекемесинин көзөмөлүндө Макмал, Солтон– Сары, Терек– Сай кендери жана Кара–Балтада аффинаждык заводу.

Акыркы жылдарда (2008–2013–жж.) республикада алтын өндүрүү көлөмү 18,1 тоннадан 19,3 тоннага, же 6,6% өскөн.

Негизинен алтын өндүрүүдө чоңулүш “Кумтөр” жана Макмал компанияларына таандык (табл.30).

30– Таблица. **Кыргыз Республикасында алтын өндүрүү, кг. менен**

| | 2008 | 2009 | 2010 | 2011 | 2012 | 2013 |
|---|---|---|---|---|---|---|
| **Алтындын бардыгы а.и.** | 18132,3 | 16996,5 | 18071,6 | 18920,5 | 10327,8 | 19302,6 |
| **Кумтөр** | 17301,9 | 16331,2 | 17660,5 | 18138,0 | 9800,0 | 18680,0 |
| **Макмал** | 688,0 | 492,0 | 240,5 | 363,6 | 367,4 | 456,5 |
| **Тереккан** | 121,2 | 123,1 | 106,4 | 76,1 | 70,6 | 103,1 |
| **Солтон–сары** | 21,2 | 50,2 | 64,2 | 70,0 | 89,8 | 63,0 |
| **Жамгыр** | – | – | – | 172,4 | – | – |
| **Иштамберди** | – | – | – | 100,4 | – | – |

Маалымат: ГАГМР КР

Республикада негизинен 8 тамырлуу (ташка бекитилген) алтын өндүрүү Кумтөрдө, Макмалда, Солтон–Сарыда, Терекканда, Иштамбердиде, Жамгырда, Күраказыныкта ж.б. кендерден алынат, ал эми кум чайкоо менен Сулу–Тегеректе, Бузукта, Баймакта, Чатын (Жалал–Абад обл.), Кумбелсуда жана Кайыңдыда (Нарын обл.), Төлөйлүдө жана Кара–Булакда (Чүй обл.). Кум чайкоо жолу республикада акыркы беш жылда (2009–2013 жж.) орто эсеп менен 170–180 кг алтын алынган.

**Кумтөр Голд Компаниясы–** Ысык–Көл областынын Жети–Өгүз районунда жайгашкан. Компаниянын уюмдаштыруучусу АК “Кыргызалтын” жана канадалык корпорация “Камеко” биргелешкен “Кумтөр Голд Компанияны” түзүшкөн. Булардын инвесторлору төмөнкүлөр (31–табл.).

31– Таблица. **Кумтөр компаниясынын инвесторлору**

| **Инвесторлор** | **Инвестиция–нын суммасы, млн.$** | **Жалпы инвестициялардан үлүшү, %** |
|---|---|---|
| **1.Банк синдикаты, банк башкаруучу “Чейз Манхеттен” (Нью–Йорк)** | 155 | 34,29 |
| **2.Канадалык корпорациясынын экспортко өркүндөтүү карызы (КРЭ)** | 50 | 11,06 |
| **3.Европалык реконструкция жана өнүгүү банкы (ЕБРР)** | 40 | 8,85 |

| | | |
|---|---|---|
| **4.Дүйнөлүк финансылык корпорациясы (ДФК) "Камеко"** | 167 | 36,95 |
| **Бардыгы** | 452 | 100 |

Улуттук банктын "Банк вестниги" №2, 2005.

1990–1991-жылдары Москвада ири илим изилдөө жана долбоорлоо институттардын, Кыргызстандын окумуштуу адистеринин катышуусу менен Кыргызстанда алтын өндүрүү боюнча иш чаралар иштетилип чыккан. Кыргыз Өкмөтү 1995 жылга карата жылына 8–10т алтын өндүрүү иши каралган. 1992 жылы Кыргызстандын тоо–кен комбинаттарын бириктирген "Кыргызалтын" мамлекеттик концерни түзүлгөн.

Кумтөр кени 1978–жылы табылган. Кыргыз Өкмөтү канадалык инвесторлор менен бул долбоор 1992–жылы ишке ашырыла баштаган. 1997–жылы алтын өндүрүү иши жүргүзүлгөн. Ошондон бери 2013 жылга чейин 289 т алтын, же 9,3 млн. унций алынган (1 тройская) унция= 31,10348г или 1т.= 32151 унций).

Кумтөр алтын кени татаал, дүйнөлүк практикада сейрек кездеше турган жаратылыштык климаттык шарттарда жайгашкан. "Кумтөр" – кыргыз элинин байлыгы жана мамлекеттин менчиги.

Кумтөр алтын кени алтын боюнча бирден бир уникалдуу. Ар түрдүү булактардын негизинде Кумтөр кенинде 731т алтын бар. Кыргызстандын бюджетине орто эсеп алынган каражат менен Кумтөрдөн ИДП 10% түзөт (АКШ пресс, №5, 2009ж., 4б.).

Кумтөр мекемеси 4,0 миң метр бийиктикте жайгашкан. Ким болбосун бул мекемеге киреерде адистештирилген поликлиникадан медицина жактан кароодон өтүшү керек.

"Кумтөр" ишканасында жүздөгөн кыргыз жарандарды эмгектенишет. Алар тоо–кен тармагы боюнча заманбап топ–менеджмент, техникалар жана технологиялар боюнча тажрыйба алышууда. Алардын ичинен көпчүлүгү чет тилди (англис тилин) үйрөнүшүүдө. Мына ушул адистер, азыр республикада ишке киргизилип жаткан бир катар тоо–кен долбоорунда иштешмекчи. Экономикалык термин менен айтканда "Кумтөр" долбоорунан алынган мультипликация эффектисин айтууга болот, б.а. кошумча көп тарматар иштетип жумушчу орундарын түзүүдө.


Күн сайын компанияда 1000 адистер, ал эми жалпысынан 3000–3500 адам иштешет. Дүйнөлүк тажрыйба көрсөткөндөй тоо–кен тармагында иштеген бир жумушчу орун башка тармактарда

(айыл чарбасында, курулушта ж.б.) усулдук иштерде дагы кошумча беш орунду камсыз кылат. Айта турган маселе, компанияда иштеген жумушчулардын 90% жергиликтүү адистер, жарандар болушу керек.

Кумтөр компаниясында таза алтын өндүрүлбөй, дора деген кошумча металл чыгарылат, андан таза алтынды алыш үчүн Кара–Балтадагы аффинаждык заводдо жүргүзүлөт. Компания жыл сайын Ысык–Көл областынын фондусуна анын ичинен Жети–Өгүз районуна социалдык–экономикалык жардам катары, алынган кирешеден 1% бөлүп берет.

Акыркы беш (2009–2013-жж.) жылда "Кумтөр" компаниясында алтын өндүрүүнү төмөнкү 32–табл. кирүүгө болот.

32– Таблица. **Кумтөр компаниясынын өндүрүштүк көрсөткүчтөрү**




Маалымат булагы: Интернет–бети КГК,www.kumtor.kg

"Кумтөр" компаниясы 2005–жылы 1143 кг, 2006–жылы–1278 кг алтын өндүргөн. Эгерде "Кумтөрдө" рудадан бөлүнүп алынган алтындын үлүшү 80% түзгөн болсо, ал эми "Макмалда"–97% жеткен. Алтын өндүрүү "Кумтөрдө" барган сайын кыйынчылык ситуация кездешүүдө, анткени карьер төмөндөп кетүүдө. Жыл сайын компания геология чалгындоо иштерин жүргүзөт. 2005–ж. мындай иштер үчүн компания 14,5 млн. АКШ долларын чыгымдаган. Ошонун негизинде кошумча 70т алтын алына турган барча (участок) табылып, рудада металлдын жогорку пайызды болгону аныкталган.

“Кумтөр” компаниясы бийик тоолуу шартта руданы казып алуу жана алтын чыгаруу боюнча эң жогорку деңгээлдеги техника жана технология менен иштейт. Суткасына фабрикасы 16–18 миң т. руданы кайра иштетет. Жыйынтыкта дора продукциясы алынат, анда алтындын үлүшү 80% түзөт, калганы көп кошумча элементтер (күмүш, жез, темир ж.б.).

Жыл сайын “Кумтөр” компаниясы алтын өндүрүү технологиясын дайыма жакшыртуу үчүн жүздөгөн млн. долларды чыгымдоодо. Демек, бул компания тоо–кендерин иштетүү боюнча эң экономикалык эффективдүү мекеме. Иштеп баштагандан 10 жылдын ичинде (1997–2007жж.) компания 191,2т алтын жана 60т күмүш өндүргөн. Орто жылдык эмгек өндүрүмдүүлүгү 19т алтын жана 6т күмүш болгон.

Кумтөр долбоору боюнча Кыргыз Өкмөтү АКА “Кыргыз-алтын”, канадалык компаниясы “Центера Голд ИНК”, ЖАК “Кумтөр оперейтинг компаниясы” жана “Камеко” корпорациясы менен 2009 жылдык 24 апрелинде макулдашууга кол коюлган. Мунун негизинде Кыргызстан Монголиядагы алтын кени “Центера–Бару” жана Чатсуу, Америкада “РЭН” кендери боюнча тең укуктуу шериктеш болгон. Кыргызстандын пакет акциясы 15,7%дан 33,0% ээ болуп, “Центера” менчигинде экинчи орунду ээлеген. Ошондой эле “Камеко” компаниясы 37,8% акция пакеты жана майда акционерлерге–29,2% пакет акция бөлүнгөн.

Кумтөрдө алтынды өндүрүүдө алынган кирешеси 1997–жылы 150,4 млн. АКШ долл., ал эми чыгымы–131,52 млн. долл., же пайдасы– 18,9 млн. долл. болгон. 1999–жылы Кумтөрдүн өндүрүшү пайдасыз болгон б.а. (8,6 млн. долл.), 2002–ж.– 17,1 млн. долл., 2006–ж.– 14,6 млн. долл. чыгаша учураган, кийинки жылдарда пайда алынган. Эң жогорку пайда 2010–жылы– 302,7 млн., 2011–жылы– 435,7 млн., 2013–жылы– 540,6 млн. долл. барабар болгон.

Кумтөрдүн өндүрүштүк ишмердүүлүгү аркылуу республика-нын макроэкономикалык көрсөткүчтөрүнө компаниянын бюджетке кошкон салымына, жергиликтүү товарларды, өндүрүштүк материалдарды, электр энергиясын сатып алынышы, тазалоо жумушу ж.б. көптөгөн жумуштар жана көмүскө кызматтар таасирин тийгизүүдө.

“Кумтөр” компаниясынын экономикалык көрсөткүчтөрү акыркы беш жылдын (2009–2013жж.) ичинде бир кыйла жогорулаган. Мисалы, кошумча дүң наркы 13,6 млн. сомдон 32,4 млн сомго, же 2,3 эсеге, ИДП көлөмүнөн үлүшү 6,8%дан 9,1% чейин, экспортко чыгарылган алтындын көлөмү 529,5 млн. АКШ доллардан 736,8 млн. долларга, же 38,9%өскөн. Күмтөрдүн алтын өндүрүүдө үлүшү 96,0%дан 96,8% чейин өскөн (33–табл.).

“Кумтөр” компаниясы Кыргыз Республикасына алтынды экспортко чыгаруунун негизинде валюта алып келүүдө. Ошол эле мезгилде 2014 – жылы жалпы капиталдык жумшоолор 85млн. доллар өлчөмүндө пландаштырган. Анын ичинен 42 млн. доллар негизги фондуларды модернизациялоо: тоо кен техникасынын паркынын ремонтуна, алтын ылгоочу фабриканын шар тегирменинин тиштүү биржасын сатып алууга, калдыктарды сактоочу жайдын тоскоолун (дамба) бийиктөөгө ж.б. долбоорлорго жумшалмакчы. Кыртышты ачуу иштерине капиталдык чыгым 191 млн. доллар өлчөмүндө жумшалмак.

Кумтөрдөн 2014–жылы мамлекеттин бюджетине аз дегенде 65 млн. АКШ доллары түшө турган болсо, ал эми 2015–жылы 100 млн., андан кийинки жылдарда жыл сайын 180 млн. чейин түшмөкчү. (газета Веч. Бишкек, 25 сенятбрь, 2013 №5).

33– Таблица. **“Кумтөр” компаниясынын экономикалык көрсөткүчү**

| | 2009 | 2010 | 2011 | 2012 | 2013 |
|---|---|---|---|---|---|
| **Дүң кошумча наркы, млрд. сом** | 13,6 | 19,9 | 32,5 | 20,2 | 32,4 |
| **ИДПдан үлүшү, % менен** | 6,8 | 9,0 | 11,4 | 6,5 | 9,1 |
| **Мамлекеттик бюджетке, млн. АКШ долл.** | 7,7 | 11,9 | 204,0 | 134,0 | 120,0 |
| **Экспортко чыгарылган алтын, млн. АКШ долл.** | 529,5 | 668,3 | 1006,2 | 562,3 | 736,8 |
| **Жалпы экспортук көлөмдөн үлүшү, % менен** | 36,7 | 44,9 | 50,8 | 33,6 | 41,2 |
| **Алтын өндүрүүдө Кумтоордун үлүшү, % менен** | 96,0 | 97,7 | 97,3 | 94,9 | 96,8 |
| **Капиталдык салым, млн. АКШ доллары** | 73,4 | 186,5 | 180,7 | 339,8 | – |

Булагы: КГК www.kumtor.kg, Кыргызалтын www.kyrgyzaltyn.kg

Кумтөрдө 2026-жылга чейин 300 ашык тонна алтын өндүрүлөт, ал эми жалпы запасы 720 тоннага барабар. Кыргыз тарап кен ишканасын эксплуатациялоо мөөнөтүнүн аягында (2026ж.) калдыктарды сактоочу жайдан алтынды бөлүп алышы мүмкүн. Азыркы кезде (2014ж.) калдыктарды сактоочу жайда потенциалдуу түрдө 73,8т алтын болгон. Андан алтынды бөлүп алуу 50–60% түзөт, демек 63–75т алтынды бөлүү мүмкүнчүлүгү бар.

20 жыл бою эң чоң алтын запасы бар “Кумтөр” чет мамлекеттен (Канадан) келген инвесторлор тейлеп келген. 1994–жылы сүйлөшүүнүн негизинде Канадалык инвесторлор “Кумтөр” алтын кенине салынган менчик каражаттарын, алынган насыяларын жана анын процентин актамайынча гана алардын башкаруусунда болмок. Андан кийин “Кумтөр” толугу менен Кыргызстандын карамагына өтмөк, андан кийин “Камеко” компаниясына пайдадан түшкөн диведенттен өзүнүн үлүшүн алмак.

2014–жылы Жогорку Кеңеште бекитилген меморандумдун негизинде “Кыргызалтын” ААК жана Centenza Coldinc экөө биргелешкен тең укуктуу(50*50) болгон мекеме (БМ) түзүүгө макулдашылган.

Эгерде Кыргызстандын “Кумтөр” боюнча үлүшү 33% түзгөн болсо, жаңы келишим менен 50–50% туура келет. Мындай келишим Кыргызстан “Кумтөрдү” толук көзөмөлгө алат, бюджетке дээрлик көп акча түшөт, экология маселелери чечилет. Мурда “Centezza Coldinc” компаниясында директорлук Кеңеши 11 кишиден турган, анын ичинен үчөө гана Кыргызстандан болгон. “Кумтөр” 2011 жылы 100 млн. доллар пайда тапкан, Кыргызстан 33% үлүшү менен 12млн. доллар алган. Биргелешкен мекеменин негизинде Кыргызстан 65 млн. долларга кирешени көп алат, алтургай 100 млн. долларга чейин жетет. (К–Туусу, 27 сентябрь 2013ж, №73(23764)).

**Макмал комбинаты.** Бул экспортко багытталган мекеме. Алтын өндүрүүдө мекеме кошумча салыктан бошотулганы менен электр энергия, күйүүчү май, тетиктер, транспорттук чыгым, чийки зат жана материалдар менен камсыз кылуу, ж.б. чыгымдар продукциянын өздүк наркына кирет.

Макмал комбинатында 2000–жылы 1117,2 кг алтын өндүрү-

лүп, анын наркы 475,6 млн. сомду түзгөн, 2005–ж. 403,0 кгалтын 226,3 млн. сомго барабар болгон (34–табл.).

34– Таблица. **Макмал комбинатында өндүрүштүк көрсөткүчтөрү**

| | **2000** | **2001** | **2002** | **2003** | **2004** | **2005** | **2009** | **2013** |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **Өндүрүлгөн алтын, кг** | 1117,2 | 1125,0 | 1352,0 | 1151,4 | 950,4 | 403,0 | 492,0 | 456,5 |
| **Алтындын наркы, млн. сом** | 475,6 | 516,2 | 639,1 | 597,1 | 533,8 | 226,3 | – | – |

Маалымат: ГАГ МРКР

Экономикалык реформага чейин макмал комбинатында 30т алтын өндүрүлгөн. Макмал алтын кенинин көрөңгөсү 40т барабар деп эсептелген, ар бир тонна рудада алтындын үлүшү 9,8г.

Адистердин баамдасынын негизинде, макмал кенинде алтын өндүрүү көлөмүн төмөндөп кетиши бир катар факторлорго байланыштуу: биринчиден, жер алдындагы алынуучу рудниктердин көрөңгөсүнө даярдоонун иштердин кечигиши, экинчиден, жер алдындагы алынуучу рудниктерден долбоорго тутумунун келбей калышы, үчүнчүдөн, жер алдында иштей турган профессионалдык кадрларды даярдоонун арта калышы, төртүнчүдөн, “Кыргызалтын” компаниясынын финансылык оор абалы, ж.б.

**Жерүй алтын кени.** Алтын кени көрөңгөсү боюнча республикада экинчи орунда. Анын ачылышы 1968–жылы болгон, кендин көрөңгөсү 74,6т. Келечекте бирден бир республикага чоң киреше бере турган кендин бири. Бул кендин иштетиши үчүн СССРдеги “Главалмаз–золото” башкаруу уюму долбоорду түзүп жана бир кыйла курулуш иштери баштаган, б.а. 14 км. жол, 24 км. карьерге кирүүчү жол, кыштак жана курулуш материалдары боюнча базасы, жогорку чыңалуудагы электр энергиясы ишке киргизилген. Бул иштерди жүргүзүүдө союз убагында 30 млн. АКШ доллары чыгымдалган.

Союз кыйрагандан кийин, 1992–ж. Жерүй кени “Кыргызалтын” компаниясына өткөрүлгөн, ошол эле жылы тендери жок эле америкалык корпорация “Меррисон Кнудсен Голд”го берилген. Бул корпорация төрт жылдан кийин сүйлөшүүнү жокко чыгарып, долбоорун жок кылган.

2000–жылы алтын кени тендери жок Англия компаниясы “Окус”ка берилген. Кумтөр алтын кенин иштетүүдө кейиштүү тажрыйба Жерүй алтын кенине сабак болгон жок. “Окусус” компаниясынын инвестору алтын иштетүү ишинде бир канча катаачылык кетириши менен эки жолу лицензия укугунан ажыраган. Компаниянын маалыматы боюнча жалпы алтын иштетүү иши 70% аткарылган десе, Орусиянын адистеринин баалашы боюнча– 50% араң жеткен.

Компания “Оксус” долбоордон тышкары, көп учурда техника–экономикалык катачылыктарды кетирген. Кендин инфраструктурасы болгону 20% аткарылган. Бардык накта чыгым 17 млн. АКШ долларынан ашкан эмес. Калдыктарды сактоо иши толугу менен аткарылган эмес, кенди иштетүү үчүн көз каранды эмес эксперттердин баамдоосу боюнча дагы 60 млн. АКШ доллары керектелмек.

Кыргыз Өкмөтү 2006–ж. алтын рудалык комбинатын “Глобал Голд” Австралиялык компаниясына берген. Сүйлөшүүнүн негизинде акциянын 40% Кыргызстанга жана 60% “Глобал Голд”го тиешелүү болуп калган. Проекти ишке ашырыш үчүн, адеп баштаганда 600–700 адам, ал эми келечекте 1500 адам иштемек.

Кыргыз Өкмөтү 2004–ж. “Оксус Голд” компаниясынан лицензиясын чакырып алып, мамлекттик “Кыргызалтын” ЖАК “Жер үй алтын”– СП компаниясына өткөргөн, акция 40% бул компанияда жана 60% “Глобал Голд” компаниясына ыйгарылган. 2007–ж. Казакстан компаниясы “Visor Holding” “Глобал Голд” компаниясынын 60% акциясынын 50% ээ болгон. Компания 200 млн. АКШ долларына алдын ала иш жүргүзүү боюнча долбоорун иштеп чыккан. Акыркы жылдарда долбоор иштетүүнү КР Өнүктүрүү фондусуна лицензия кайтарылып берилген.

Жыйынтыкта 20–жылдын ичинде “Жер үй алтын кени” колдон колго өтүп, алтын өндүрүлгөн эмес. 2014–ж. КР геология мамлекеттин агентствосу тендер жарыялап, орус компаниясы 100

млн. долл. менен утушка ээ болгон. Бирок, иш азырынча ордунан жыла элек.

**Талды–Булак сол жээк.** Бул алтын кени Чүй областынын Кемин районунда жайгашкан. Кенди иштетиш үчүн АСКК “Алтын кен” компаниясына боюнча биринчи инвестицияны алып келген. Алтын кенин иштетүү үчүн “Кыргыз алтын” компаниясы аркылуу Summer Gold компаниясы “Алтынкен” компаниясы милдеттүү түрдө 15 млн. АКШ долларын төлөп берген.

2006–жылдын апрель айында Кыргыз Өкмөтүнүн алдындагы геология жана минералдык ресурстар мамлекеттик агентствосуна алтын кенин чалгындоо жана иштетүү боюнча лицензия ыйгарылган. Алтын кенди иштетүүдө эки этап менен иш жүргүзүү үчүн план түзүлгөн. Биринчи жылы инфраструктурасын түзүү, экинчи этапта (1,5 жыл) өндүрүш объектилерин куруу (фабрика, таш талкалоо жана даярдоо комплекси, калдыктарды сактоо объектиси ж.б.). Бул алтын өндүрүш компаниясында 300–400 адам иштейт. Кемин районун социалдык–экономикалык өнүгүүсүү үчүн алдын ала 40 млн. сом, кийинчерээк түшкөн пайдадан 4% ыйгарылмак. Жылына республиканын бюджетине 100 млн. долл. жана “Кыргыз–Алтын” компаниясынын дивиденди– 100 млн. долл. жогору түзмөк.

Азыркы учурда алтын кени Талдыбулак сол жээк Кемин темир жолунан 26 км. алыстыкта жайгашкан. Алтын иштетүү үчүн алтын өндүрүү технологиялык схемасы иштетилген, б.а. руданы 93,1% иштетүү каралган. АК “Кыргызалтын” компаниясы аркылуу өндүрүш технологиясы иштелип чыккан жана каржылоо булактарын тактоодо.

**Куру–Терек алтын кени.** Талас областында Маймак темир жолдон 160 км. алыстыкта жайгашкан. Бул кенден 70% чейин алтынды жана жезди алууга мүмкүн. Кенди ишке киргизүү үчүн бир кыйла каражат керек.

Кыргыз Республикасында иштетүү үчүн алтын кендери көп, негизинен буга Жамгыр, Чарат, Куру–Терек, Алтын– жылга ж.б. алтынга бай кендери кирет.

## §2. Түстүү өнөр жай өндүрүшүнүн өнүгүүсү жана экономикасы.

Кыргызстанда түстүү өнөр жай өндүрүшүндө негизинен уран рудасы, сымап, сурьма, кремний ж.б. металлдар кирет. Мисалы, өндүрүш бирикмеси “Түштүк полиметаллдык комбинаты” (мурун Кыргыз тоо комбинаты) негизинен уран концентратын чыгарууга адистештирилген. Урандык концентратын өндүрүүдө республика боюнча Кара–Балта комбинатында топтоштурулган.

**Кара–Балта тоо комбинаты.** Чүй областында Кара–Балта шаарында жайгашкан. Өндүрүлгөн продукция– негизинен уран, алтындын афинашы жана башка калка керектелүүчү товарлар.

2001–жылдын август айында үч жактуу сүйлөшүүнүн негизинде Орус–Казак–Кыргыз мекемеси уюштурулуп, уран рудасын өндүрүү жана кайра иштетүү максаты бекитилген.

Кара–Балта комбинатына урандын чийки заты Түндүк Кыргызстандан жана Казакстандан ташылып келинип, биринчи жолку руданы багыты иши боюнча кайра иштетүү жүргүзүлгөн. Союз убагында бул комбинат Казакстандан уран жана молибден рудаларын алып турган. Комбинатта 18 жумушчу күчү иштеп турган. Комбинат уран сырьесу өндүрүү менен иштеген эмес, ал негизинен импорттолгон концентранты кайра иштетүү болгон.

Экономика реформа убагында, б.а. 2005–2007–жылдарда уран концентратын кайра иштетүү деңгээли төмөндөп кеткен. Республикада мындай жагдайды төмөнкүчө түшүндүрүүгө болот: биринчиден, өздүк урандык чийки заттын жоктугу, экинчиден, Казакстан аркылу өндүрүштү толук жүргүзүү болбой калган, үчүнчүдөн, Кыргызстандын аймактарында келечектүү уран кендерин геологиялык чалгындоо жана изилдөө иштеринин жоктугу ж.б.

Ар түрдүү информация булактары боюнча 200–2004 жж. урандын закись–окисин өндүрүү 2,2 эсеге өскөн. Бирок, акыркы жылдарда, чийки заттын жоктугунан комбинатын иши токтоп калган. 2005–жылы Кыргыз Өкмөтүнүн буйругу менен Кыргыз Республикасынын мүлктү башкаруу министрлиги АК “Кара–Балта тоо комбинатын” акциясын сатууга уруксат берилген. Кийинки жылдарда, комбинат “Кумтөр” компаниясынан өндүрүлгөн алтынды стандарттык тазалоо (афинаж) процессин жүргүзүп келет.

**Мамлекеттик АК “Кристалл” комбинаты.** Жалал–Абад областында Таш–Көмүр шаарында орун алган. Комбинаттын ишмердүүлүгү кварцалык Тигланы, Трихлорсилады жана Поликристалдык кремний өндүрүүгө багытталган. 2001–жылы комбинатта 610,5 миң сомдук продукция өндүрүлгөн. Поликристалдык кремнийди өндүрүүүчүн бир канча жолу тендер жарыяланып инвесторлор тартылган. Комбинаттын толук иштеп кетиши үчүн аз болгондо 4 млн. АКШ доллары керектелмекчи.

Кийинки жылдарда компаниянын ишмердүүлүгү начарлап кеткенден кийин Кыргыз Өкмөтүндө жана Жогорку Кеңеште бир катар талкуулоодон кийин комбинаттын акциясын чет элдик фирмаларга сатуу жөнүндө сөз болгон. 2009–жылы комбинаттын ордуна ЖАК “Таш–Көмүр силикон продакшн компаниясы түзүлүп, биргелешкен “Естер холдинг” компаниясы менен 35 кг кремний кристалы чыгарылган. Өндүрүштүн пландоо мүмкүнчүлүгү 65т полукремний кристалы болмок. Компаниянын уставдык фондусу 4,5 млн. АКШ доллары жана иштей турган адамдын саны– 520га жетмек. Өндүрүш план боюнча мүмкүнчүлүгү кварц тигланын диаметри 270–330 мм. жана жылына 12,0–30,0 миң бирдикке жетмек:

- трихлорсиланды өндүрүү– 4,0 миң т чейин;
- полукристалдык кремний– 165 т чейин;
- монокристалдык кремний– 3600 кг чейин;
- кислород жана суюк азот– 12 миң т ж.б.

Кийинки жылдарда комбинаттын иши жүрбөй токтоп турат жана тийиштүү инвесторлорду издөөнүн үстүндө иш жүргүзүлүүдө.

Кремний тоо–кен өнөр жай Кыргызстанда чоң артыкчылыгы бар тармактын бири. Поликристалл кремний XXI кылымдын мунайы деп эсептелет, анткени ал күн батареясын өндүрүүдө колдонот. Эксперттик эсеп–кысап боюнча 1 кг. кремнийден алынган күн энергиясы 75 т мунайга барабар.

Кыргызстанда Орто Азия региону боюнча “Кристалл” уникалдуу поликристалдык завод. 2013– жылы заводу банкрот болгондуктан, аны сатуу үчүн баасын 6 млн. АКШ доллар коюлган. Бирок, сатып алуучу чыккан эмес.

**АК “Кадамжай сурьма комбинаты”.** Баткен областында Кадамжай районунда орун алган. Комбинаттын негизги ишмердүүлүгү сурьманы жана анын кошулмаларын өндүрүү. Бул комбинатта түстүү металдын түрлөрү өндүрүлөт: сурьма 7000–8000т, 300 т болот куймасы, 300т кара металл (чугун), 8т– түстүү металл жана 1200т тиричилик– колдонуучу химия продукциялары. Долбоордук мүмкүнчүлүгү Кыргызстандын сурьмасы дүйнөлүк рыноктун 20% камсыз кылат. Кыргызстанда Хайдаркан сурьма комбинаты боюнча көрөңгө байлыгы 60 миң т., кошуна аянтчада дагы 44 миң т, Кадамжайдын өзүндө– 84 миң т, ал эми Чаткал районунун Какан кенинде 39,0 миң тоннага барабар.

**МАК “Хайдаркан сымап комбинаты”.** Баткен областында Айдаркен шаарчасында жайгашкан. Кыргызстанда сымап биздин эрага чейин I–II миңдеген мурун казылып алынган. Ал эми сымаптын эң чоң көлөмү биздин эранын VIII–XI кылымдарында алынган. Иш жүзүндө Кыргызстанда сымап өндүрүү илгерки казып алуу кен үңкүрлөрдөн башталган. Республиканын аймагында 2000 ашык илгерки сымап казып алуу кендери белгиленген.

Орто Азиялык сурьма–сымап аймагы Кыргызстандын Түштүк–Фергана жана Таджикстанда Заравшан–Гиссар районунда кездешет. Анын узундугу 1000 км., туурасы 30 км. ден 80 км. чейин жайгашкан. Кыргызстанда сымаптык жана сымап– сурьма–флюоритовдуу кендери Хайдарканда, Улуу–Тоодо (Чон–Көй), Чувай, Сымап жана башкары эң ири кендердин бири. Булардын бары Хайдаркан сымап комбинаты аркылуу иштетилүүдө.

Металл сымаптын негизги пайдалануу жактары согуш– комплекстерине, электротехникалык жана химия– технологиялык тармактарына тиешелүү.

Хайдаркан сымап комбинаты толук технологиялык циклы боюнча иш жүргүзөт: казып алуу, кайра иштетүү жана металл сымапты алуу. Комбинатта сымап өндүрүүдө бирден бир уникалдуу (бөтөнчө) технологиясы колдонууда, бул жагдайда Испаниянын “Альмаден” компаниясына анча– мынча жетпей келет.

Азыркы учурда Хайдаркан сымап комбинаты кайрадан Хайдаркан мамлекеттик сымап акционердик коомуна айланган. Бул коомдо монументалдык сымап жана сымап– сурьма комплекстүү флюориталык продукцияларын өндүрөт. Металл

сымаптын Р–1 жана Р–2 маркасында; эритме шпат концентратынын ФФ–95 жана ФФС–95 өндүрөт, ошондой эле өзү өздөштүргөн жана импортолгон сымап– сурьма концентратын кайра иштешет.

Хайдаркан комбинатынын негизги продукциясы– сымап. Бирок, акыркы жылдарда комбинат катаал шартта иштөөдө, анткени тоо–техникалык шарты кескин төмөндөп кеткендиктен металлы аз болгон рудаларды кайра иштетүүгө мажбур болгон. Мындан тышкары жылына 5,4 миң т. металл жана 1 миң т. сурьманын триокиси өндүрүү пландаштырылган. Комбинатта 2013–жылы 1471,1 тонна сурьма өндүрүлгөн. Жалпы иштегендердин саны 2500 адамды түзөт.

Кадамжай комбинаты 1936 уюштурулуп, советтер союзу башка мамлекеттерден сурьманы сатып албай калган. Көп жылдар бою комбинаттан өндүрүлгөн сурьма жана анын кошулмасы дүйнөлүк стандарт деп эсептелген.

Экономикалык реформа мезгилинде Кадамжай комбинаты бир катар кыйынчылыка учураган. Мисалы, 2000–2005 жылдарда сурьма өндүрүү 1505,0 т. 36,6 т. төмөндөп кеткен, аны сатуудан түшкөн кирешеси 149,6 млн. сомдон 7,5 млн. сомго, же 19,8 эсеге кыскарган. Башкача айтканда 2005–ж. аягында комбинат чийки заттын жоктугунан ишмердүүлүгүн толугу менен токтоткон. Мунун негизги себептери төмөнкүлөр болгон:

- байытыруу жана метал өндүрүшүн реабилитация жүргүзүү;
- руда (чийки заттардын) иштетүүнүн жетишсиздиги;
- импорттук сурьма концентратынын 90% сыртан келишинин үзгүлтүккө учурашы;
- финансылык каражаттын жетишсиздиги ж.б.

2005–жылы Кыргыз Республикасын мамлекеттик мүлктү башкаруу комитети Кадамжай сурьма комбинатынын 70,04% акциясын сатууга тендер жүргүзгөн. Муну Казакстандын жабык акционердик коому “АТФ Инвест” жеңип алган. Бул фирма жумушчулардын маянасына карыз болгон 18 млн. сом жана электроэнергия, газ, бардык салыктар боюнча төлөмдөрүн (278 млн. сом) сарпталган. Кыска мөөнөттүн ичинде жабдууларды ордуна келтирүү ишин аткарылган. Анткени, жабдуулардын көбү жана түстүү металлдар уурдалып, тонолуп жок болгон. Ал эми

чийки зат менен камсыз кылыш үчүн фирма Якутиядагы соодалык кендин жана Таджикстандагы тоо байлык иштетүү комбинатын жетекчилери менен сүйлөшүү жүргүзгөн.

“АТФ Инвест” компаниясы металл өндүрүү жана пайдалуу тоо кендерин иштетүүдөн башка сурьманын трехокиси аркылуу жогорку сапаттагы сырларды (краски), акиташ чыгаруу жана айыл чарба продукциясын кайра иштетүү иштерин жүргүзүү пландаштырылган. Кадамжай комбинатын өндүрүшүнө фирма 67 млн. АКШ доллары чыгымдалган. Мындай иштердин негизинде Комбинаттын иштери жанданып 2007 жылы 4 миң т. продукция өндүрүлгөн. Ошол эле жылы Орусиянын Чита областынан чийки заттар менен камсыз кылуу чечилген.

2008–жылы комбинаттын иши сурьма концентратынын жоктугунан ишмердүүлүгүн токтоткон. Орусиянын Чита областындагы Тоо “К–Атимоний” 19 млн. АКШ долларын Кадамжай комбинаты үчүн жумшап, анын 45,5% акциясына ээ болгон, ал эми 35,0% Казакстандын АО “Инвестфондуна” ыйгарылган. 2008–жылы Кадамжай комбинатында 241 т. сурьма өндүрүлгөн. Өндүрүш убагында чийки заттын 11–14% жоготууга учурайт. Металл сурьманын 1т. баасы 4,5 миң АКШ долларын түзгөн.

2009–жылдан тартип Орусиянын Чита областынан сурьма концентраты келе баштаган. Ошондой эле концентрат Таджикстандын Анзобек тоо комбинатынан алууга болот.

Дүйнөлүк рынокто сымап продукциясын колдонууда суроо–талаптын төмөндөшү, ошондой эле өнөр жай өндүрүшүндө технологиянын өзгөрүшү да таасирин тийгизүүдө.

Ички рынокто сымап суроо– талап жокко эсе, негизинен Кытай мамлекетине (80% чейин), Европа мамлекеттерине жана АКШ (20%) экспортко чыгарлат.

Хайдаркан сымап Комбинаты мамлекеттик, б.а. анын акциясын 99,9% мамлекетке караштуу. Комбинат республика стратегиялык объектиси. Бирок, учурда өнөр жай жана энергетика министрлиги түстүү өнөр жай өндүрүшүнө жетишсиз көңүл бурууда, анын укуктук–нормативдик базасы терең кайра карап чыгууга муктаж.

Жыйынтыктап айтканда, түстүү металл өнөр жай тармагы кайра куруу мезгилинде бир канча кыйынчылыктарга дуушар, айрыкча өндүрүштү жандатууда, чийки заттар менен камсыз-

дандырууда, продукцияны сатууда ж.б. Көп учурда сатылбай калган продукциялар фирмалардын сактоочу жайларында топ-толуп калууда. Мунун негизги себептери болуп өз убагында маркетинг изилдөөнүн начардыгы, өндүрүлгөн продукциянын атаандаштык сапатынын төмөндүгү, техника жана жабдуулардын жетишсиздиги, эсепсиз чыгымдын өсүшү ж.б. Булардын негизинде продукциянын өздүк наркы өсүп сатуу рыногуна түшкөндө пайданын аздыгы, же жокко эсе.

Азыркы учурда түстүү металл өндүрүүчү компаниялар каатчылык абалга туш болуп, өндүрүш чыгымдары өсүүдө. Демек, мекемелердин татаал финансылык абалынан чыгуу үчүн стратегиялык багытта комплекстүү чараларды иштеп чыгуу жана аларды ишке киргизүү – рыноктун талабы.

Түстүү өнөр жай тармагында реформалоо ишин жүргүзүүдө менчиктик формасы техниканы жана жабдууларды жаңыртууда тездеткен жок, анткени мекемелердин өздүк финансы каражаттары жишсиз болгондуктан жакшы экономикалык жыйынтык болгон жок. Демек, кардиналдуу модернизациясыз жана тийиштүү техникалык жана технологиялык иштери тийиштүү деңгээлде болбосо, өндүрүлгөн продукция рыноктун атаандаштык талабына жооп бербейт.

Ошондуктан мамлекет түстүү металл чыгаруу өнөр жайын өнүктүрүүдө каатчылыктын жана анын тийгизген таасирин азайтыш үчүн иштеп жаткан компаниялардын ишмердүүлүгүн, эффективдүүлүгүн жогорлатууда экономикалык, финансылык, мамлекеттик чектөө жана жардам көрсөтүү комплекс программасын иштеп чыгуу жана аны ишке ашыруу – бүгүнкү рыноктун талабы.

# БАП VII

# ЖЕҢИЛ ӨНӨР ЖАЙЫНЫН ЭКОНОМИКАСЫ

## §1. Жеңил өнөр жайынын абалы жана экономикасы

Октябрь Революциясына чейин Кыргызстандын аймагында айыл чарба продкциясын кайра иштетүү, б.а. жүн жуугуч, шахта тазалоочу майда алсыз мекемелер болгон. 1930–жылдардын аягында республикада жеңил өнөр жайы интенсивдүү жол менен өнүгө баштаган. 1928– жылдан 1990– жылга чейин 15 ири мекемелер курулуп ишке киргизилген, анын ичинен 3– пахта тазалоочу заводу, 6–кендир кайра иштетүүчү заводу, жибек түрүүчү, токуу–ийрүүчү, кийим тигүүчү, бут кийим фабрикалары жана 2–булгаары заводу. Улуу Ата–мекендик согуш мезгилинде жеңил өнөр жайы башка республикалардан көчүп келген мекемелер аркылуу өсүш алган. Ошол кезде Фрунзе атындагы токума фабрикасы, Каракол, Нарын, Талас, Ош, Жалал–Абад шаарларында тигүү жана бут кийим фабрикалары уюштурулган. Согуш мезгилде жеңил өнөр жай мекемелердин саны 16дан 29га көбөйгөн жана алардын кубаттуулугу өскөн. Согуштан кийинки жылдарда жеңил өнөр жай мекемелери кайра курулуп, жаңы технологиялар жана автоматташтырылган жабдуулар менен ишке киргизилген.

Жеңил өнөр жайы республикада 1960– жылдарда тез өскөн. Мисалы, 1963– жылы Бишкек шаарында комволдук–ток комбинаты, 1–бут кийим, 2–кийим тигүүчү фабрикалар ишке киргизилип, булгаары заводдору, токума фабрикалары кеңейтилген. 1970–жылдарда биринчи иретте Ош пахта кагаз өндүрүш бирикмеси, Токмокто жүндү кайра иштетүүчү фабрикасы, Кызыл–Кыя шаарында "Чолпон" бут кийим фабрикасы, Васильев атындагы токума фабрикасы ж.б. ишке киргизилген.

Жеңил өнөр жай тармагында иш процесстерин механизациялаштыруу жана автоматташтыруу 80–90%, а.и. жүндү кайра иштетүүдө – 80–85%, токума фабрикаларында – 70–75%, тигүү фабрикаларда – 80–85%, бут кийим тигүүдө – 65–70% деңгээлге жеткен. Бирок, жеңил өнөр жай тармагында бир кыйла жетишкендиктер болгон менен республиканын мекемелери

союздан калган техника–технологиясы деңгээли боюнча иш алып баруунун негизинде бир катар тармактар артта калган жана алардын продукциясы талапка толугу менен жооп берген эмес. Ошондуктан Кыргызстандын жеңил өнөр жай продукциясы өнүккөн мамлекеттерге салыштырганда пахта кагаз өндүрүү боюнча 25–30%, жүн кездемесинде– 35–40% жана жибек кездемеде– 3,5 эсеге артта калган.

Союз кулагандан тартып республиканын жеңил өнөр жайы артка кеткен. Мекемелердин негизги фондулары, жабдуулары уурдалып, тонолуп жок болгондуктан, өндүрүш токтогонго мажбур болгон. Рыноктун шартына өткөндөн кийин, жеңил өнөр жай тармагында иштеген адистердин иши аркылуу жаңы, чакан өндүрүш мекемелери ачыла баштаган. Тез максатта пайда табыш үчүн чакан жана орто цехтер ачылып, жеңил өнөр жай продукциясы сатыла баштаган. Мисалы, 1999–жылы жеңил өнөр жай продукциясы республиканын жалпы өнөр жай продукциясында үлүшү 28% түзгөн болсо, ал эми 1999–жылы болгону– 5,7% чейин төмөндөгөн, б.а. мекемелердин кубаттуулугу ылдыйлап, кездеме, токума жана бут кийимдерди өндүрүү кескин кыскарган. 1999–жылы 1994–жылга салыштырганда Орусия экспортко чыгаруу продукция 38%, Өзбекстанга–8,7 эсеге кыскарган. Негизинен өндүрүштүн көлөмүнүн кыскарышы жеңил өнөр жайына керектелүүчү чийки заттардын (пахта, жүн, жибек, ж.б.) жетишсиздиги себеп болгон. Чийки заттардын жетишсиздиги пахтанын айдоо аянтынын жана кой башынын кыскарышынан келип чыккан. Ошондой эле булгаары жана бут кийим өндүрүү кыйла кыйынчылыктарга учураган, б.а. 1990– жылда кой–эчки терисинен 4,2 млн. бирдик даярдалган болсо, 1998– жылы– 0,2 млн. бирдикке төмөндөгөн.

Жеңил өнөр жай өндүрүшү өзүнүн технологиялык өзгөчөлүгү боюнча бир катар экономиканын тармактары менен тыгыз байланыштуу. Алсак, айыл чарбасы, өнөр жай тармактары, машина куруу, соода–сатык жана башка тармактар менен байланышып, жеңил өнөр жай өндүрүшү өзүнүн продукциясын чыгарат жана сатат.

Республиканын жеңил өнөр жайы союз убагында эле өндүрүлгөн продукциясынын сапаты боюнча жаман болгон эмес, рынокко өткөн мезгилде дагы өзүнчө изилдөөнүн негизинде

экспортко чыгуу жолдорун издөөдө. Өндүрүлгөн продукциянын көп бөлүгү жакынкы кошуна мамлекеттери болгон Казакстан жана Орусияга чыгарылат.

Доор алмашуу мезгилинде, рыноктун принциптери, функциялары экономикага кеңири орун алган сайын жеңил өнөр жай тармагында бир катар мекемелер уюштурула баштаган. Алардын ичинен токуу өндүрүшүндө ААК "Кыргыз токуу–комволдук комбинаты", ААК "Касиет", Кыргыз–Кытай мекемеси "Кыргыз жиптекс", ААК "Ильбирс", ААК "Эмгек берекеси", аң–терини кайра иштетүүдөн чыккан материалдардан кийим тигүү мекеме "Техноткань", ААК "Байбак" ж.б. Бирок, рыноктук атаандаштыкка туруштук бере албаган көп болгон. Анткени, алардын техникасы жана технологиясы току иштеринде, тордоштурууда, кылчыктанцдырууда (ворсистость) жана бекемдик, ийгиликтик, так (сүрөт) түшүрүү боюнча бир кыйла артта калган.

Кийим тигүү тармагы боюнча бир катар мекемелер иш алып барышкан. Алсак ААК "Жамал", ВЛКСМ атындагы Бишкек тигүү фабрикасы, Байбак–бет аарчы бирикмеси "Эдельвейс", токума буюмдарды өндүрүү ААК "Айгүль", ААК "Ильбирс", жүн ийирүүчү ААК "Касиет", ААК "Кыргызкомвол– мата" ж.б. Ошондой эле бут кийим даярдоо жана булгаары иштетүүчү мекемелери болгон АК "Марал", АК "Булгаары", Фрунзе атындагы булгаары–галантерия бирикмеси, АК "Суусар" ж.б.

Жеңил өнөр жай тармагы рыноктун шартына көнүгүүшө албаган, атаандаштыкка туруштукка чыдабаган, өндүрүлгөн продукциянын сапаты төмөн болгондуктан көп мекемелер иштерин токтоотуга же жабууга мажбур болушкан.

Өткөөл мезгилдин, б.а. 2010–2015–жж. жеңил өнөр жайы республиканын экономикасынын өсүп–өнүгүүшүндө көрүнүктүү мааниге ээ болду. Анткени, жеңил өнөр жайында чыгым–каражаттарды өндүрүшкө киргизүү жана эффективдүү пайдалануу, пайда табуу, башка экономиканын тармактарына караганда бир канча тезирээк жана ыкчамдуу. Ошондой эле бул тармакта иш ордун түзүү жана көбөйтүү, калкты жумуш менен камсыз кылуу кеңири орун алган.

Кийинки жылдарда республикада 180–200га жакын мекемелер пайда болгон, алардын ичинен 60% – чакан, 30% – орто

жана 10% – ири мекеме. Негизинен, ири мекемелер Бишкек, Ош шаарларында жана Чүй областында жайгашкан.

Жаңылануу мезгилдин акыркы жылдарында жеңил өнөр жай өндүрүшүндө бир кыйла өсүш өзгөрүүлөр болууда. Мисалы, жеңил өнөр жай боюнча өндүрүлгөн кездемелер 1990–жылы 134,3 миң $м^2$ болсо, ал эми  2013–жылы 337,2 миң $м^2$, же болбосо 2,5 эсеге өскөн, бирок, пахтакагаз кездемеси чыгаруу 2011–ж., жүндөн жасалган кездемелер– 2012–ж., жибек кездемеси– 1995–ж. бери толук токтоп калган.

Статистикалык маалыматы боюнча 2000–2013–жж. жеңил өнөр жай тармагында мекемелердин саны 232ден 118ге чейин, же 4,3 эсеге, кыскарган, бирок ошого карабастан өндүрүлгөн продукциянын көлөмү 2537,3 млн. сомдон 8300, 8 млн. сомго чейин, же болбосо 3,2 эсеге, иштеген адамдардын саны 21,6 миңден 53,2 миңге чейин, же 2,4 эсеге өскөн (35– табл.).

35– Таблица**. Жеңил өнөр жай тармагынын өндүрүштүк көрсөткүчтөрү**

| | 2000 | 2005 | 2010 | 2011 | 2012 | 2013 |
|---|---|---|---|---|---|---|
| **Мекеменин саны** | 232 | 186 | 131 | 128 | 124 | 118 |
| **Өндүрүлгөн продукция, млн. сом** | 2537,9 | 1263,1 | 6508,7 | 7594,4 | 9482,9 | 8300,8 |
| **Иштегендердин саны, миң адам** | 21,6 | 118,3 | 181,6 | 74,8 | 63,0 | 53,2 |
| **Бардык кездемелер, миң $м^2$** | 7869,1 | 1938,3 | 985,7 | 727,9 | 704,5 | 337,2 |
| **а.и.: пахтакагаз кезд.** | 6119,2 | 441,9 | 56,1 | – | – | – |
| **Жүндөн жасал. кезд.** | 700,0 | 634,3 | 11,1 | 5,2 | – | – |
| **Жибек кезд.** | – | – | – | – | – | – |
| **Тигүү буюмдары, млн. сом** | 403,2 | 1269,8 | 65, | | | |
| **Байпак– бет арчы буюмдары, млн. пар** | 3,5 | 0,5 | 15,2 | 44,8 | 75,2 | 36,5 |

Статистикалык маалыматы: “Кыргызстан цифрада”, 2005–2014.

Жеңил өнөр жай өндүрүшүнүн өнүгүүшүнө, республиканын материалдык– ресурстары болгон: пахта, жүн, булгаары, жибек пилласы ж.б. мүмкүнчүлүк түзүшөт. Жеңил өнөр жай ишканалары башка өнөр жай жана айыл чарба тармактары мекен бирдикте чийки заттарды толук кайра иштетүүнүн негизинде, алардан

турмушта кеңири колдонуучу ар түрдүү буюмдары болгон кийим, токума буюмдарды, бут кийим, булгаарыдан жасалган фурнитураларды, галантереяны ж.б. товарларды өндүрүшөт. Мындан тышкары ошол эле чийки заттардан кол өнөрчүлүк буюмдары– шырдак, түш– кийиз, калпак, кыргыз кийимдери, улуттук териден жасалган буюмдар ж.б. жасалат.

Рыноктун шартында жеңил өнөр жай тармагында жаңылатуу түзүмү боюнча иш жүргүзүлгөн. Акыркы жылдарда АК “Кыргыз комволдук – мата комбинаты (Бишкек ш.), АК “Касиет (АсАА “Бияз” (Токмок ш.) ийгиликтүү иштешүүдө. Комволдук–мата комбинаты жылына 1,5 млн. м. кеңири ассортименттеги пальто, костюм, көйнөк, одеал плед ж.б. кездемелерди чыгарат. АККТ “Текстильщик” АсАА “Кыргызжиптекс” (Ош ш.), Пахта корпорациясы “Лиматеке” (Жалал–Абад ш), АК “Ильбирс” (Бишкек ш.), АсАА “Тевиз” (Аламүдүн району) пахта–кагаз кездемелерин жана пахта кагаз жиптерин чыгарышат.

АК “Текстилщик” төшөк–кездемелери, бет аарчы, көйнөк жана костюм тобуна ылайыктуу 25 млн. чарчы метр пахта кагаз кездемелерин өндүрүүдө. Учурда жаңы технологияны киргизүү үчүн инвесторлорду издешүүдө.

АК “Илбирс” өндүрүш базасы 4 миң т. пахта кагаз жибин ийрип трикотаж чыгарууга мүмкүндүгү бар. Бирок өндүрүш жабдыктары төмөнкү деңгээлде. Португалдык мекеме “АсАА” “Тевиз” өзүнүн чыгарган пахта кагаз жибинин 95% Европага жөнөтөт. АсАА “Кыргызжиптекс” Кыргыз, Өзбек, Кытай капиталдарынын негизинде түзүлгөн. Бул мекеме пахта кагаз жибин Орусияга жөнөтүп турат. Өндүрүмдүүлүгү жылына 4 миң т.

Биргелешкен мекеме БМ, Пахта корпорациясы “Лиматеке” Орусия–Кыргызстандын капиталынын негизинде түзүлүп, пахта кагаз жибин жылына 4,0 миң тоннага чейин өндүрүп, Орусияга берип турат.

Биргелешкен компания “Жылдыз шпорта” (Бишкек ш.) сырткы быдыр буюмдарын болгон сүлгү, мебелдик кездемелерди пахтакагаз чийки затынан даярдайт. Бул мекемеде Немецтик фирма “Дорнье” “Тисс” “Шляррост” аркылуу жаңы техникалар жана жабдуулар менен камсыздалган.

Кийинки жылдарда жеңил өнөр жай мекемелери рыноктун шартына ылайыктап ишмердүүлүгүн жогорлатуунун негизинде

региондор боюнча 2000–2013–жылдарда бир кыйла жетишкендиктер болгон. Бирок, региондор боюнча Жалал–Абад областында гана өндүрүлгөн продукциянын көлөмү 701,7 млн. сомдон 341,9 млн. сомго чейин төмөндөгөн, калган бардык региондордо өсүш темпи орун алган. Мисалы, айрыкча Баткен, Ысык–Көл, Чүй областарында жогорку өсүш болгон. (36– табл.).

36– Таблица. **Кыргызстандын региондору боюнча өндүрүлгөн жеңил өнөр жай продукциясы, млн. сом**

| | 2000 | 2005 | 2008 | 2009 | 2010 | 2011 | 2012 | 2013 |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **Кыргызстан** | 2537,2 | 2261,8 | 5837,5 | 4518,8 | 1508,7 | 7594,4 | 9482,9 | 8300,8 |
| **Региондору:** **Баткен** | 5,2 | 13,2 | 40,5 | 39,4 | 37,6 | 32,8 | 45,7 | 43,0 |
| **Жалал–Абад** | 701,7 | 447,2 | 396,8 | 264,5 | 332,1 | 405,7 | 370,7 | 341,9 |
| **Ыссык–Көл** | 6,5 | 21,1 | 35,1 | 76,6 | 92,8 | 102,3 | 88,6 | 74,9 |
| **Нарын** | 1,4 | 29,3 | 3,7 | 3,4 | 4,9 | 6,8 | 10,1 | 10,7 |
| **Ош** | 172,1 | 199,8 | 150,5 | 175,5 | 208,7 | 298,8 | 276,4 | 207,6 |
| **Талас** | 0,4 | 0,1 | 0,2 | 0,3 | 0,5 | 0,5 | 0,6 | 0,8 |
| **Чүй** | 160,1 | 290,7 | 1254,6 | 1537,3 | 1820,1 | 1763,7 | 2335,7 | 2214,8 |
| **Бишкек ш.** | 679,7 | 1245,1 | 3896,9 | 2371,0 | 3972,2 | 4881,4 | 6292,7 | 5313,6 |
| **Ош ш.** | 305,4 | 16,0 | 58,9 | 50,5 | 39,4 | 102,2 | 61,9 | 93,2 |

Статистикалык маалыматы: “КР өнөр жайы”, 2005–2014.

Жеңил өнөр жайы өзүнүнүн өндүрүлгөн продукциясынын көлөмү боюнча 2013–жылдын жыйынтыгында Чүй областын 2214,8 млн. сом, же жалпы тармактын көлөмүнөн 26,6%, Бишкек шаары – 5313,6 млн. сом, же 64,0%, Жалал–Абад областы– 341,9 млн. сом, же 4,1% өндүрүлгөн. Ал эми калган региондордун салыштырма үлүшү анчалык жогору эмес.

Кыргыз Республикасында жеңил өнөр жай тармагын өндүрүүдө жеңил өнөр жайында “Легпром” ассоциация бирикмеси уюшулган. Бул бирикмеде 336 ири, орто, чакан мекемелери кошулуп иш жүргүзүшүүдө.

Бул ассоциянын максаты:

- ишкермендердин укугун коргоо;
- нормативдик документтерди кабыл алуу;

- өндүрүлгөн продукцияны стандартташтыруу;
- продукцияны ички жана тышкы рынокко чыгаруу;
- кадрларды даярдоо;
- көргөзмөлөрдү, жарманкелерди, аукциондорду уюштуруу
- модель чыгаруу жана дизайнер боюнча "моданын индустрия" конкуренти уюштуруу.

Ассоциясы "Легпром" жеңил өнөр жайында иштеген адамдарды, чакан, орто, ири фирмаларды эл аралык көргөзмөлөргө катыштыруу иштерин активдүү жүргүзөт. Мисалы, Казакстанда, Өзбекстанда, Турцияда, Орусияда эл аралык уюштурулган көргөзмөлөргө, курстарга, аукциондорго дайыма катыштыруу иштерин ишке ашырышууда.

Кыргызстан Бүткүл соода уюмуна (БСУ) өткөндөн тартып жеңил өнөр жай тармагы каатчылык шартка туура келген, анткени либералдык (эркиндик) соода жүргүзүү негизинен өнүккөн мамлекеттердин саясаты, б.а. алар өзүлөрүнүнүн товарын тышкы рынокко сатууга ылайыкташтырылган. Ошонун негизинде, республикада өндүрүлгөн өнөр жай товарлары алардын товарларына атаандаш кыла албайт. Демек, көп мекемелер өздөрүнүн өндүрүшүн кыскартууга же токтотууга мажбур болушат. Айрыкча токуу тармагында жана кездеме өндүрүүдө өндүрүш кескин төмөндөгөн. Ошол эле мезгилде кийим тигүү продукциясын өндүрүүдө Кыргызстан башка кошуна мамлекеттерге караганда өздүк наркы төмөн болгон товарларды чыгарып, экспортко сатууга мүмкүндүк алган.

Республикада жеңил өнөр жай тармагынын өсүп өнүгүүшү негизинен ички инвестиция аркылуу ишке ашууда. Ишмерлер продукция чыгарып, аны сатуудан түшкөн каражатын кайра ошол тармакка салып, аны кеңейтүүнүн үстүндө иштешет. Жеңил өнөр жай тармагынын өсүш катализатору болуп технополистерди түзүү, анткени продукцияны эл аралык стандартка жеткирүү жана тышкы рынокко чыгарууда алардын уюштуруу иштери аркылуу тез жана сапаттуу болот.

Кыргызстан 2015–жылы Бажы биримдигине кошулду жана Евроазиялык биримдикке кирүү менен жеңил өнөр жай продукциясын Орусияга, Казакстанга, Белоруссияга жана Арменияга кеңири сатууга мүмкүндүк алды. Ушуга байланыштуу

Кыргыз Өкмөтү “Токуу жана тигүү өнөр жайы” боюнча өнүгүү программасын кабыл алган. Бул программада төмөнкү проблемалар каралган:

- кыргыз товар өндүрүүчүлөрүнө товар сатууда жагымдуу шарттарды түзүү;
- импортолуучу кездемелерге, фурнитураларга жана материалдарга жеңилдиктерди берүү;
- техникалык стандартка ылайыктуу продукциялар үчүн адистештирилген лабораторияларды уюштуруу;
- салык боюнча патенттик системаны сактоо;
- Бишкек шаарында же Чүй областында тигүү технополистерин түзүү;
- жеңил өнөр жайынын өнүгүүшүнө тышкы инвестицияны тартуу;
- жеңил өнөр жай тармактары үчүн квалификация жогору болгон адистерди даярдоо жана кайра даярдоо иштерин жүргүзүү;
- кайра иштетүүчү мекемелердин иштерин жакшыртуу жана жеңил өнөр жайына сапаттуу чийки заттары жана ресурстары менен камсыздоо ж.б.

Бул программаны ишке ашырууда жаңы жумушчу орундары түзүлүп, жеңил өнөр жай продукциясын жакынкы жылдарда 10–15% өстүрүүгө шарт түзмөк.

Бажы союзуна киргенден тартып, жеңил өнөр жай тармагынын продукциясынын атаандаштыкка туруштук бериши үчүн белорус–кыргыз, орус–кыргыз, казак–кыргыз биргелешкен мекемелерин уюштуруу жана алардын продукциясын рынокко алып чыгуу чоң мааниге ээ.

## §2. Жеңил өнөр жайынын өндүрүштүк жана экономикалык көрсөткүчтөрү

Жеңил өнөр жай өндүрүшү бир катар тармакка бөлүнөт: текстиль тармагы, тигүү жана булгаары өндүрүшү. Ошондой эле бул тармактар дагы майда тармактарга бөлүнөт.

**Текстиль өнөр жайы** – жеңил өнөр жайынын тармагы. Бул тармакка кендир, пахта, кагаз, жүн, жибек, трикотаж багыттары жана жүндү биринчи жолу кайра иштетүү, кездеме эмес

материалдарды өндүрүү, тордоо өнөр жайы, кийиз чыгаруу жана текстилдик мата, галантерея тармактары кирет.

Союз убагында токуу өнөр жайы жеңил өнөр жайдын өндүрүш көлөмү жана иштеген жумушчулардын саны боюнча алдыңкы тармак болгон. 1980 – жылдарда Кыргыз Өкмөтүтүнөн токуу өнөр жай мекемесин техника менен жабдуу жана модернизациялаштыруу үчүн валюталык каражат бөлүнүп берилген. Ушунун негизинде өндүрүштө бир кыйла өсүш болгон.

Экономикалык реформанын негизинде республиканын токуу өнөр жайы азиялык атаандаштык мекемелерге туруштук бере албай калган. Республикада электр энергиясы жана жумушчу күчтөр арзан болсо дагы Кытай, Турция, Индия токуу продукциясына караганда, биздин току буюмдары сапаты жагынан артта калган.

Текстиль өнөр жайын өркүндөтүүдө төмөнкү үч факторлорго байланыштуу: 1) ресурс, 2) суроо–талап, 3) алдыңкы техника–технологиясы. Токуу өнөр жайы 1990–жылдын башында 226,6 миң тонна жүн керектелген болсо, анын ичинен 111 миң тонна жергиликтүү жүн заттары болгон. Акыркы жылдарда токуу тармагында натуралдык чийки заттардан башка химиялык материалдар кеңири колдонула баштаган.

Текстиль өнөр жай тармагында акча каражаттары негизги фондуга эмес, айрыкча айлантма (оброттук) фондуга жетишпейт жана насыя алынган каражаттардын проценттик чеги жогорку болгондуктан өндүрүш кийинки жылдарда кескин төмөндөп кеткен. Бирок, рыноктун каатчылыгына карабастан текстиль өнөр жайы республиканын жеңил өнөр жай системасында өзүнүн туруктуу орду бар жана көп көлөмдүү продукцияны өндүрүп рыноктун суроо– талабын канааттандыруу үчүн иш алып барат.

Текстиль өнөр жайы жеңил өнөр жай тармагыныда ар түрдүү багыттагы 20дан ашык компаниялар, чакан ишканалар иштейт, алардын ичинен:

**Пахта–кагаз багыты**. Бул жагдайда республикада АК “Текстильщик” (Оштогу пахтакагаз өндүрүүчү бирикме.) Бул бирикме току тармагынын 25% көлөмдөгү продукцияны өндүрөт. Бирок, АК “Текстильщик” өзүнүн потенциалдык кубаттуулугунун 50–60% гана иштетүүдө.

**Жүн иштетүү багытында** АК “ККСК” (Кыргыз комволдук–мата комбинаты). АК “Касиет”(Токмоктогу комволдук– ийрүү фабрикасы).

**Килем жана килем буюмдарын** иштеп чыгуу АК “Кара–Балта–Килем” (Кара–Балта ш.) жана ОсОО “Ошкрастекс” (Ош ш.). Бул мекемелердин мүмкүнчүлүгү 120 миң м. машина менен токулуучу килем. Мындан тышкары ар бир региондо, айрыкча Түштүк областарда жана Бишкек шаарында ОсОО “Арноо”, “Асахи”, “Кыргыз муракар” фирмалары кол күчү менен жасалган килемдерди чыгарышат.

АК “Курманов фирмасы” (Токмок ш.) кийиздерди чыгарат, андан улуттук калпак, жана башка буюмдары жана боз үйлөрү үчүн жумшалат.

**Пенко–жут багытында**– АК “Бишкек кендир фабрикасы”– Кыргызстанда эски мекемелердин бири. Айыл фермерлери үчүн тамеки жалбырактарын таңгактоо материалдары менен камсыз кылат. АК “Мата” (Жалал–Абад ш.) немецтик капиталдын катышуусу менен түзүлгөн мекеме. Пахтанын тюктөрүн каптоого кеткен материалды чыгарат.

**Жүндү жууп– тазалоо багыты**– Токмок шаарындагы “Ак–Булак” компаниясы жүндү жууп– тазалап, току компанияларын, чакан мекемелерин таза, жогорку сапаттагы (бөтөнчө ичке–комволдук) жүн менен камсыз кылат. Бул мекеме Союз убагында курулуп, толук ишке киргизилген. Кийинки рынок мезгилинде бул мекеме токтоонун үстүндө, анткени уяң жүндүү койлордун саны (9,5 млн. 1990–ж.) кескин кыскарган (5,0 млн. 2013ж.). Негизги себеби, уяң жүндүү койлор куйруктуу кара койлорго алмаштырылып, алардан алынган кесек–кылчык жүн эч бир буюм чыгарууга болбой калган.

**Текстиль–тордоо багыты**– байпак жана токума–тор буюмдары боюнча адистештирилген АК “Байпак” (Бишкек ш.) жана АК “Эдельвейс” (Аламүдүн кыштагы Чүй областы) чакан ишканаларында жана кичи цехтеринде патенттин негизинде өндүрүш процесстерин жүргүзүшөт.

**Токума–тор буюмдардын** кеңири ассортименттерин АК “Илбирс”, “Жылдыз”, “Заман”, фирма “Веста”, ОсОО “Береке”, ЧП “Ардамина” ж.б. өндүрүшөт. Токума–тор буюмдары жүндөн, кен-

дирден, пахта–кагаз жана химиялык жиптер аралашмасы суроо–талапка жооп бере турган чийки заттардан жасалат.

АК "Эдельвейс" мекемесин кайра куруу иштери жүргүзүнүн негизинде жараксыз жабдыктары 511 миң сомго сатылып, анын ордуна чакан цех курулуп, пахтакагаздан жасалган жиптер 0,8 миң тонна өндүрүлөт.

**СКИ АК "Ош–Жибек" компаниясында** Өзбекстандан алынып келген кокон калдыктарды кайра иштетүү иштери жүргүзөт. Ошондой эле токуу станокторун алуу менен жибек өндүрүү көлөмүн айына 40 миң м. чейин белгиленген. Ошол эле мезгилде пахта кагаздан тигүүгө колдонуучу ички (подкладка) кездемелери ацетат жиби менен өндүрүлөт. Компания "Щунь–Да–ЛТД" менен кокондорду иштетүүчү кубаттуулугу 60т болгон жабдыктары боюнча сүйлөшүү жүргүзүлүүдө.

ААК "Винер–Хоуп" инвестмент ЛТД компаниясы токума–тордоо материалдардан ай сайын көлөмү 100 млн. бирдикте токума буюмдарын чыгарууда. Учурда бул продукция толугу менен АКШ мамлекетине жөнөтүлүүдө.

Текстиль өнөр жай тармагында өндүрүштүк көрсөткүчтөрү төмөндөөнүн үстүндө. Мисалы, акыркы үч жылда конволдук жүн жана пахтакагаз кездемелери боюнча өндүрүш толук токтоп калган. Калган продукциянын түрлөрү боюнча пахта булагы 2000–2013 жж. 28,7 миң т, 18,6 миң т, же 45,2% кыскарган, ал эми жуулган тытылбаган жүн 587,8 тоннадан 230,3 тоннага, же 41,9% кыскарган. Өндүрүлгөн килемдин саны да, ошол эле мезгилде кескин кыскарган: (37–табл.).

37– Таблица. **Текстиль өнөр жай тармагынын өндүрүштүк көрсөткүчтөрү**

| | **2000** | **2005** | **2009** | **2010** | **2011** | **2012** | **2013** |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **Кардо жана тарак менен тытылбаган пахта буласы, миң т.** | 28,7 | 48,1 | 18,2 | 19,7 | 22,9 | 26,4 | 18,6 |
| **Кардо жана тарак менен тытылбаган жуулган жүн, т.** | 587,8 | 789,6 | 725,0 | 917,2 | 198,7 | 630,8 | 230,3 |
| **Кездемелер,** | 7869,1 | 1938,3 | 1413,6 | 985,7 | 727,9 | 704,5 | 337,2 |

| | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **миң м$^2$** | | | | | | | |
| **а.и.: матага ылайыктуу жүн кездемелери** | 700,0 | 634,3 | 113,6 | 61,2 | 47,2 | 22,6 | 14,9 |
| **Комволдук жүн кездемелери** | – | – | 54,7 | 11,1 | 5,2 | – | – |
| **Джут кездемелери** | 864,0 | 1106,0 | 1075,9 | 837,3 | 675,5 | 665,8 | 318,7 |
| **Пахтакагаз кездемелери** | 6119,0 | 441,9 | 112,2 | 56,1 | – | – | – |
| **Одеялдар, пледтер, миң бир.** | – | – | 115,5 | 239,1 | 439,1 | 347,6 | 276,0 |
| **Постелдик шейшептер, миң бир.** | – | – | 58,2 | 52,6 | 48,3 | 218,3 | 183,9 |
| **Килем жана килемчелер, миң м$^2$** | 2449,5 | 21,1 | 19,7 | 4,3 | 10,8 | 10,8 | 3,8 |
| **Кездемеге жараксыз материалдар, миң м$^2$** | 1277,6 | 1014,8 | 1680,1 | 2503,9 | 4724,2 | 3182,9 | 398,2 |

Статистикалык маалыматы: “КР өнөр жайы”, 2005–2014.

Республикада текстиль фирмаларынын ичинен 7 өзүлөрүнүн ишмердүүлүгү менен айырмалынат, а.и. үчөө АК “Кыргызжиптекст”, “Тевиз”, “Лиматекс” компаниялары пахтадан жип ийрүү боюнча 1800–2100 т. өндүрүшүп, негизинен Орусия жана Португалия токуу фирмаларына жөнөтүп турушат. Көп токуу фирмалардын негизги фондулары жана жабдуулары моралдык жана физикалык жактан эскирип, атаандашка туруштук бере турган сапаттуу продукция өндүрүүгө мүмкүнчүлүгү жетишсиз болууда.

**Тигүү өнөр жайы**– негизинен Бишкек, Ош, Каракол, Талас, Жалал–Абад шаарларында жана райондордун борборлорунда жайгашкан. Тигүү өндүрүшү жалпы жеңил өнөр жай тармагынын өндүрүш көлөмүнүн 16–17% ээлейт. Тигүү ассортименти ар түрдү. Мисалы, АК “Айгүль” негизинен пальто жана куртка чыгарууга адистештирилген, ал эми АК “Теским” аялдардын жана эркектердин көйнөгүн тигишет. АК “Бишкектеги ВЛКСМ” тигүү фабрикасы эркектердин костюмдарына жана шымына адистештирилген.

Эксперттердин аныктоосу боюнча Кыргызстандын тигүү өнөр жайынан чыккан продукциянын өздүк наркы, башка кошуна мамлекеттерге, Турцияга караганда 2 эседен ашык арзан. Ошондой эле тигилүү кийимдердин сапаты, айрыкча Кытайдын товарынан жогору.

Кыргызстан Бүткүл дүйнөлүк соода уюмуна киргенден (1996–ж.) 2014–жылга чейин тигүү өнөр жайында өндүрүлгөн продукциясын көлөмү 15 эсеге өскөн. Тигилүү кийимдер негизинен Кыргызстандан башка мамлекеттерге (негизинен Орусия, Казакстан) "Дордой" базары аркылуу экспортко чыгарылат. Өндүрүлгөн продукциянын 90% тышкы соодага сатылат. Жылына Кыргызстандын тигилүү буюмдарын экспортко чыгаруусу 156–160 млн. АКШ долларына барабар, же болбосо республикада экспорт түзүмүндө экинчи орунду (алтындан кийин) ээлейт.

Тигүү өнөр жайын продукциясы жалпы жеңил өнөр жай тармагынын дүң продукциясынын 20% туура келет. Акыркы жылдарда (2009–2013–жж.) тигүү өнөр жай тармагында өндүрүлгөн продукциясынын көлөмү бир кыйла өсүүдө. Мисалы, эркектердин жана балдардын сырткы кийимдери 2987,8 миң бирдиктен 64,9 миң бирдике, же 2,0 эсеге, ошондой эле аял–кыздардын сырткы кийимдер 19639,2 миң бирдиктен 39418,7 миң бирдике, же 2,1 эсеге өсүш болгон. Ошол эле мезгилде ички трикотаждык эмес кийимдер 2000–2013–жж. 1,5 эсеге, трикотаждыктары– 10,2 эсеге, өскөн ж.б. (38– табл.).

**Тери аң–тери жана бут кийим өнөр жайы**– бул тармакка төмөнкү мекемелер кирет: ММ "Булгаары", АК "Ак–Марал", АК "Бистаил", Жаңы–Жердеги балдар бут кийими "Бөбөк", Кызыл–Киядагы бут кийим фабрикасы ж.б. Продукциянын ассортименти ар түрдүү–балдардын жана чоңдордун бут кийими жана булгаары чыгаруу. Бирок, териден ар түрдүү керектүү буюмдарды өндүрүү үчүн малдын териси чийки зат катарында колдонулат. Реформанын жылдарында малдын санын кескин азайышы менен тери чийки заттары да жылдан жылга азайган. Мисалы, 2009–2013 жылдарда ири мүйздүү мал жана жылкы териси 12,2%, кой–эчки, чочко терилери–16,6 азайган. Ошонун негизинде теригалантериялык буюмдары да 2,1 эсеге төмөндөгөн. Республикада бут кийим фабрикаларын саны да азайып, өндүрүлгөн продукциянын саны жана сапаты да рыноктун талабына жооп бербей калган (39– табл.).

38– Таблица. **Тигүү өнөр жайынын өндүрүштүк көрсөткүчтөрү.**

| | 2000 | 2005 | 2009 | 2010 | 2011 | 2012 | 2013 |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **Эркектердин, балдардын сырткы кийимдери, миң бир.** | – | – | 2987,8 | 5397,3 | 4857,6 | 7821,3 | 6064,9 |
| **Аялдардын, кыздардын сырткы кийимдери, миң бир.** | – | – | 19639,2 | 29322,8 | 29321,6 | 42741,9 | 39418,7 |
| **Ички кийим, трикотаждан башка, миң бир.** | – | – | 11156,7 | 19439,5 | 42806,1 | 34303,8 | 23499,5 |
| **Ички трикотаждык кийим, миң бир.** | 74,5 | 57,8 | 103,8 | 68,3 | 3946,1 | 520,3 | 156,5 |
| **Трикотаждык байпак, бет арчы, миң түгөй** | 3580,2 | 278,3 | 13269,1 | 65267,4 | 75236,7 | 75236,7 | 36551,3 |
| **Ан–териден жасалган буюмдар, млн.сом** | 9,9 | 5,2 | 17,7 | 13,8 | 19,3 | 14,6 | 13,9 |

Статмаалымат: "КР өнөр жайы", 2005–2014.

Республикада жеңил өнөр жайы бирден бир эффективдүү экспортко багытталган тармактын бири. Бирок, айта кетүү маселе, бул тармакта да иштеп жаткан мекемелердин кубаттуулугун пайдалануу төмөнкү деңгээлде. Мисалы, пахта буласын иштетүүдө компаниянын кубаттуулугу 29,4% (2002–ж.) болсо, 2013–ж.– 33,5% түзгөн, тытылбаган жүндүн жууш процесси 2002–ж. 25,9%, жүндөн жасалган кездеме– 24,8%, килем жана килемчелерди чыгаруу– 18,4% болгон болсо, ал эми 2013– жылы булар толугу менен токтогон.

39– Таблица. **Булгаары жана бут кийим өндүрүшүнүн көрсөткүчтөрү**

| | 2009 | 2010 | 2011 | 2012 | 2013 |
|---|---|---|---|---|---|
| **Ири мүйүздүү, малдын, жылкынын териси, миң дцм$^2$** | 3148,8 | 2372,6 | 2510,2 | 2592,2 | 2765,6 |
| **Кой, чочко тери товарлары, миң дцм$^2$** | 2968,6 | 328,1 | 168,0 | 185,0 | 278,0 |
| **Тери галантериялык буюмдар, миң сом** | 1209,8 | 2248,1 | 1096,5 | 1031,8 | 578,6 |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| **Аң– терилери, миң сом** | 17775,7 | 13842,4 | 19366,0 | 14649,2 | 13944,8 |
| **Бут кийим, миң түгөй** | 3089,1 | 3095,5 | 5024,0 | 2599,1 | 2051,9 |

Статистикалык маалыматы: “КР өнөр жайы”, 2014.

Ошондой эле кой–эчки, чочко терилеринен булгаары даярдоо, булгаарыдан галентерия буюмдарын чыгаруу толугу менен иштен чыккан ж.б.

Жеңил өнөр жай өндүрүшү рыноктун катуу шартына карабастан жанданып, акыркы жылдарда продукция өндүрүү бир канча жакшы жолго коюлган. Бирок, рыноктук атаандаштык шартында сапаттуу продукция өндүрүүдө финансылык каражаты, технологиясын жаңыртуу мүмкүнчүлүгү бар гана мекемелер ишмердүүлүгүн улантышууда. Ал эми ага туруштук бере албаган мекемелер иштерин токтотууга мажбур болушууда.

Алибетте, текстиль мекемелери жеңил өнөр жайында, өзгөчө чоң ролду ойногону менен алардын ишинде да көп проблемалар бар. Алсак, аларга насыя берүүдө проценттик ченемин төмөндөтүү, бажы иштерин жөнөкөйлөтүү, салык ченемдерин азайтуу, социалдык фондуга которуп берүү ченемин жөнгө салуу ж.б. иштери. Текстиль өндүрүшүн өнүктүрүүдө иштеп жаткан мекемелердин өндүрүшүн кеңейтүүдө инвестицияны тартуу, жаңы техника– технологияны киргизүү менен сапаттуу продукцияларды чыгаруу рыноктун талабы.

Кытайлык бизнесмендердин жардамы менен Оштогу “Текстильщик” пахта кагаз чыгаруучу комбинатын модернизация кылыш үчүн 25 млн. АКШ долларын бөлүп берүү жөнүндө сүйлөшүлгөн. Өз убагында Ош пахта кагаз комбинаты эң ири текстиль чыгаруучу мекеменин бири болгон. Бул мекемеде убагында 12 миң жумушчу иштеп 80 млн. $м^2$ кездеме чыгарган. Бирок, Европа кеңешинин PESAC программасы боюнча негизги фондулардын, жабдууларын алмаштырып, сатылып– тонолуп, аягында бул чоң комбинат аз ишин токтотууга мажбур болгон. Компаниянын иши токтоп калышы 90–жылдардын аягында Турциядан, Кытайдан, Араб эмиратынан арзан пахта кагаз буюмдары республиканын ички рыногуна келгенден баштап, өндүрүлгөн продукция атаандаштыкка туруштук бере албай калган.

Жеңил өнөр жай өндүрүшүндө тигүү тармагы башка

тармактарга караганда рыноктун шартына тез көнүгүүп, продукциясын экспортко чыгара баштаган. Анткени, текстиль менен тигүү тармагы кездеме жана тигүү кийимдер техника–технология жана эффективдүүлүгү жагынан тыгыз байланыштуу.

## ЖЕҢИЛ ӨНӨР ЖАЙЫ

Кыргызстанда жеңил өнөр жайы массалык түрдө сапаттуу продукция өндүрүүгө багыт алган. Демек, продукциянын сапатын жогорулатуунун эсебинен “Кыргызстанда жасалган” брендинин имиджин жакшыртуу чоң мааниге ээ. Ошонун негизинде Бишкек жана Ош шаарларындагы 20 ашык компаниялар эл аралык соода борборунун программасына катышып, азыр алар ийгиликтүү иштеп жатышат. Эксперттердин пикири боюнча, алар моделдердин дизайнын жакшыртуу, кийимдердин коллекциясын иштеп чыгуу, ошондой эле продукциянын сапатын жогорлатуу жана эмгек өндүрүмдүүлүгүн өркүндөтүү боюнча чоң иш аткарышкан. Бирок, дагы тигүү ишканалары “Дордой” рыногунан башка эл аралык соода тармактарына чыгарган буюмдардын дизайындык сапатын жакшыртуулары зарыл.

Мына ушундай иштердин негизинде продукцияны өндүрүп сатуунун негизинде түшкөн киреше 2000–2013– жылдардын ичинде 1112,6 млн. сомдон 3966,2 млн. сомго чейин, же 3,5 эсеге өсүш болгон, ошондой эле аларга кеткен чыгым 1087,7 млн. сомдон 3966,2 млн. сомго чейин, же 3,6 эсеге жогорулаган. 2000–ж. республиканын жеңил өнөр жайынын 267 мекемеси финансылык отчет берген болсо, 2013–ж. – 176 мекеме, алардын ичинен чыгаша менен иштегендердин үлүшү 31,0% жана 27,2% түзгөн (40–табл.).

Текстиль, айрыкча тигүү өндүрүшүнүн продукциясы жыл өткөн сайын экспортко чыгарылып алардан алынган акча–каражаты да өсүүдө. Мисалы, 2010–ж. – 82,5 млн. АКШ доллары, 2011–ж. – 134,8 млн., 2012–ж. – 159,8 млн., 2013–ж. – 172,2 млн. долларга жеткен, же болбосо экспорттук потенциалы 2,1 эсеге өсүш берген.

40– Таблица. **Текстиль – тигүү өндүрүшүнүн экономикалык көрсөткүчтөрү, млн. сом**

| | 2000 | 2005 | 2010 | 2011 | 2012 | 2013 |
|---|---|---|---|---|---|---|
| **Продукцияны сатуудан түшкөн киреше** | 1112,6 | 1247,5 | 6548,7 | 6333,6 | 5357,2 | 3966,2 |
| **Өндүрүшкө жана сатууга кеткен чыгым** | 1087,7 | 1324,6 | 6463,8 | 6228,8 | 5305,0 | 3902,8 |
| **Балансалык пайда (– чыгым)** | 19,8 | –66,1 | –44,7 | 45,1 | –2,5 | 26,0 |
| **Пайда** | 93,2 | 25,6 | 151,6 | 117,8 | 90,9 | 90,9 |
| **Чыгым** | 73,4 | 91,7 | 196,3 | 162,8 | 93,4 | 103,1 |
| **Дебитордук карызы** | 614,5 | 780,5 | 1577,4 | 1869,7 | 2681,2 | 3023,4 |
| **Кредитордук карызы** | 533,1 | 691,0 | 1369,3 | 924,5 | 961,9 | 1324,9 |
| **Отчет берген мекемелердин саны** | 267 | 199 | 174 | 179 | 175 | 176 |
| **а.и. чыгашалуусу** | 83 | 81 | 46 | 52 | 50 | 48 |
| **Дүң кирешенин өсүш темпи, %** | 124,2 | 104,3 | 174,3 | 96,7 | 84,6 | 74,0 |
| **Өндүрүштүн рентабелдүүлүгү, %** | 1,5 | – | 1,3 | 1,7 | 1,0 | 1,6 |

Статистикалык маалыматы: “КР мекеменин финансысы”, 2005–2014.

Акыркы жылдарда тигүү өндүрүшүндө жакшы тенденциялар байкалууда. Бул тармакта өндүрүлгөн продукциянын көлөмү Статистикалык маалыматына караганда бир кыйла жогору. Анткени, көп мекемелер ачык эмес (нелегалдык) түрдө ишмердүүлүк жүргүзүшүп көмүскө экономиканы жаратышууда. Мисалы, “Легпром” ассоциясынын маалыматы боюнча республикада 5 миңден ашык тигүү цехтери жабык түрүндө иштешет. Мунун негизги себептери салыктын жогорку проценттик ченеми жана социалдык фондуга берилүүчү каражаттын көлөмүнүн чоңдугу. Эгерде, бул мекемелерди ачыкка чыгара турган болсок, анда республиканын бюджетине түшкөн каражат көбөйүп, социалдык коргонууну жана эмгектик коопсуздукту камсыз кылмакчы. Ушунун негизинде Кыргызстан Өкмөтү жеңил өнөр жайда иштегендерди патенттикке которуу жөнүндө токтом кабыл алынган. Кыргыз Өкмөтүнүн токтому 2005–жылдын 23–декабрында №615 жана Кыргыз Республикасынын 2006–жылы 12–

май айында №86 мыйзамы тигүү өндүрүшүн өндүрүү боюнча жана тигүү бизнесин өркүндөтүүдө патенттик негизинде жана тармактын ишкермендери патенттик наркынын 25% коопсуздук акы төлөмү каралган.

Кыргыз республикасынын бул чечимдери тигүү өндүрүшүн ачыкка чыгарышын көздөгөн, анткени бул тармакта жумушчу орундар түзүлүп, өндүрүлгөн продукция 90% экспортко багытталган. “Легпром” ассоциясынын маалыматынын негизинде 5 миңден ашык цехтерди ачыкка чыгаруу мамлекеттик бюджеттин өсүшүнө, иштеген жумушчулардын социалдык коргошун жана эмгектин коопсуздугун камсыз кылмак. Ушул чечимдердин негизинде бир катар жабык иштеген мекемелер, фирмалар, цехтер ачыка чыгышкан. Булардын ичине ЖҮК “Азия”, “Evima”, “Триумф де Воте”, “Витлайм”, жана жеке ишкерчилик менен иштеген ЖМК “Зорин”, “Диамонд”, “Павленко”, “Назаров” ж.б. фирмаларды, цехтерди айтууга болот.

Көмүскө бизнесте республика боюнча он миңдеген жумушчулар иштешет. Алар күнүнө 12–14 саат жумуш аткарышат, майрам, дем алыш күндөрү жокко эсе. Бирок, мындай шартта аларга кошумча маяна төлөнбөйт, эмгек китепчеси берилбейт жана сыркоолоп калганда эмгек акысы каралган эмес, соцфондко тийешелүү өлчөмдө төлөм берилбейт ж.б. Көмүскө бизнесте иштегендер үчүн салыктарын жана насыяны берүүдө проценттик ченемин төмөндөтүү, бажы каттоону жөнөкөйлөтүү, текстиль, тигүү тармагына керектелүүчү чийки заттарды республиканын аймагынан чыгарбоо жана башка иштерди жүргүзүү керек.

Текстиль – тигүү өнөр жай өндүрүшүндө негизги фондулардын жана жабдуулардын эскириши 70–80% жеткен, ошондуктан бул тармакка инвестиция жана жеңил проценттик ченеми бар насыяны тартуу менен жаңы техникалар, технологиялар менен камсыз кылуунун аркасында өндүрүлгөн продукциянын сапатын жакшыртып дүйнөлүк стандартка жеткирүү маселеси турат.

Техника–тезнологиянын жаңырышы төмөн деңгээлде болгондуктан тигүү өндүрүшүнүн продукциясы 90% негизинен жакынкы кошуна мамлекеттерге (Орусия, Казакстан ж.б.) Made in Kyrgyzstan бренд белгиси менен сатылат, ал эми өнүккөн мамлекеттерге экспортко чыгарууда товардын сапаты атаандаштыкка туруштук бериши ыктымал.

“Легпром” ассоциациясы жеңил өнөр жай продукциясын мамлекет коргоого (потекцияга) алышы керек, анткени чет мамлекеттер өзүлөрүнүн товарларынын, б.а. футболкалар, майка-лар, шарфтар (кыска шым) ж.б. буюмдарын биздин рынокто сатылып жатат.

Алардын баасы өтө төмөн. Ошондой эле, жеңил өнөр жайын өнүктүрүү үчүн Бишкек шаарында “Технополис” түзүү бүгүнкү күндүн проблемасы. Бул үчүн тиешелүү өлчөмдөгү жер болуп берилсе, көп кабаттуу курулуш курушуп, өндүрүштү ачык–айкындыкка чыгарып, сапаттуу продукция өндүрүүгө чоң көмөк болмок.

Жыйынтыкта, оор өнөр жай өндүрүшүнүн эффективдүү жана артыкчылык багыты болгон жеңил өнөр жай тармагында (текстиль, тигүү, булгаары– бут кийим) өткөн жылдарда 300 дөн ашык мекемеде 50 миңден ашык адам иштеген, ал эми бул тармакка көмөк кызматын көрсөтүү боюнча бир канча тармактар, мекемелер, фирмалар тартылып 150 миң жумушчулар эмгек-тенишкен. Азыркы учурда, жеңил өнөр жай өндүрүшүнө керек болуучу чийки заттарды кайра иштетүү жана даярдоо иштери жакшы жолго коюлган эмес. Мисалы, мал терилери, айрыкча кой–эчки терилери Кытайга чийки зат катарында арзан баага сатылып, кайра ал жактан сапаты начар бут кийимдерди жана башка буюмдары сатып алып жатабыз. Бул процесс бүгүнкү күндө да уланууда. Кыргызстан бажы союзуна кириши менен чет мамлекеттерден келген товарларга бажы салыктары бир кыйла көтөрүлүшү менен, республика арзан, сапаты төмөн болгон товарлардын аз келишине тоскоол болмок.

Реформанын акыркы жылдарында жеңил өнөр жай өндүрүшү өсүш тенденциясында. Буга мисал болуп төмөнкү иштерди (комплекстер) келтирүүгө болот:

- пахта–чийки заттарын кайра иштетүү: пахтаны сатып алуу жана кайра иштетүү жана пахтакагаз кездемелерин чыгаруу (АК “Жамал”);
- жүндү кайра иштетүү комплекси: жүндөн жип даярдоо (АК “Касиет”), жүндөн жасалган кездемелер (МАК “Кыргыз–комволь–мооту”), жүндөн жасалган эркектер, аялдар, балдар үчүн тор буюмдары (АК “Айгүль” жана АК “Ильбирс”);

- тери жана аң–терисин кайра иштетүү: даярдоо, сорттоо, кайра иштетүү жана бут кийимдин кончун даярдоо (АК "Ак–Марал" жана Бишкек булгаары заводу АК "Булгаары"), бут кийимдин таман жагы (Фрунзе атындагы теригалантерея бирикмеси), бут кийим тигүү (АК "Кадам"– Бишкек өндүрүш–галантерея бирикмеси), аң– тери буюмдарын иштетүү (АК "Суусар"– Бишкек аң– тери бирикмеси).

Республикада чийки заттарды кайра иштетүү жана алардан жогорку сапаттагы буюмдарды даярдоо үчүн жеңил өнөр жай тармагында техника– технологияны жаңыртууга ар кайсы мамлекеттен инвестиция тартуу зарыл. Мисалы, 1998–ж. АК "Байпак" Германиядан жаңы технологиялык жабдууларды 619 миң ДМ сатып алынган. 1992–жылдан тартып Германиядан жеңил өнөр жайынын жаңы технологиялык жабдууларды 3,3 млн. АКШ доллары Япониядан– 12,9 млн. доллары берилген.

Жыйынтыкта, Кыргызстан өнүккөн жана тигүү өнөр жай тармагы, жергиликтүү чийки–заттары (пахта, жүн ж.б.) жана арзан, жогорку квалификациясы дагы, жумушчу күчтөрү, электр энергиясын наркынын төмөндүгү өндүрүлгөн продукцияны чет мамлекеттерге сатууда атаандаштыктын туруктуулугуна алып келет. Жасалма жана синтетикалык жиптердин жоктугу республикада жүндөн жана пахтадан жасалган кездемелер атаандаштыкка ылайыктуу. Бирок, ички рынокто текстиль жана тигүү өнөр жай продукциясынын үлүшү өтө эле аз, б.а. 8%, ал эми бут кийим боюнча – 1% түзөт. Мындай көрүнүш мамлекеттин экономикалык коопсуздугун камсыз кыла албайт, б.а. мамлекет өздүк пахта, жүн ж.б. чийки заттар ресурстары болгону менен, жеңил өнөр жай товарлары негизинен импортко алмаштырылган. Ошол эле мезгилде, импорттолгон жеңил өнөр жай продукциялары тийиштүү сертификаты жок жана коопсуздукка туура келбеген товарларын соодалашууда. Көп товарлар контрабандалык жол менен келүүдө жана алар демпинг (арзандатылган) баа менен сатылып, республикадан чыккан товарлардын атаандаштык сапатын төмөндөтүп коюда.

Республиканын ички рыногунда жеңил өнөр жай товарларын өндүрүү жана сатуу экономикалык коопсуздугу үчүн 30% төмөн болбошу керек. Мындай деңгээлге жетиш үчүн өндүрүштүн көлөмүн күчөтүүдө технологиясы жогору болгон ондогон жаңы

фирмаларды ачышыбыз керек, аларга миңдеген жумушчу орундарын түзүшүбүз абзел. Азыркы кезде (2013–ж.) жеңил өнөр жайы республиканын ИДП 2,4% үлүшүн, ал эми өнүккөн мамлекеттерде: АКШ, Италия, Германияда– 8–12%, Кытайда– 13%, Турция, Португалияда– 20% жетет. Жеңил өнөр жайы бул өлкөлөрдүн бюджетинин 20% толуктап, ички рыногунун 75–85% ээлейт.

Жеңил өнөр жай тармагын дагы өркүндөтүүүчүн кластердик өндүрүшкө көп көңүл буруу зарыл. Кластердик өндүрүштүн мааниси эмгек өндүрүмдүүлүгүн жогорлатуу, компаниянын атаандаштык касиетин күчөтүү. Кластердик өндүрүштө бир катар катышуучулар болот: Өкмөт, компания, илимий уюму. Анткени, кластер– инновациондук бирикме.

Кластер атаандаштыкка үч жол менен таасир этет: биринчиден, мекеменин эмгек өндүрүмдүүлүгүн өстүрөт, экинчиден, инновацияны (жаңылыкты) багытын анын өндүрүшкө киргизүү убактысын тактайт, үчүнчүдөн, кластердин өлчөмүндө жаңы коммерциялык ишмердүүлүктүн пайда болушуна көмөк түзөт.

Ошондуктан жеңил өнөр жай тармагында бир катар кластерди түзүүгө мүмкүнчүлүк бар: балдар буюмдарын өнүктүрүү, пахтаны, жүндү пайдалануу жана буюм чыгаруу кластери, булгаары жана галантерея буюмдары, булгаары жана бут кийим чыгаруу кластери ж.б. ушул сыяктуу ар бир тармактын ичинде дагы кластерлерди түзүүгө мүмкүн.

Жеңил өнөр жай тармагынын эффективдүүлүгүн жогорулатууда, финансылык каражаттын жетиштүү болушу, инвестиция тартуу, процентинин ченеми төмөн болгон насыялар, салыктар, жаңы техника жана технологиялар, иштеген жумушчулардын, кадрлардын жогорку квалификациясы, жумушту рационалдуу уюштуруу, продукцияны рыноктун суроо–талабына жараша чыгаруу жана алардын сапатын жогорлатуу, атаандаштыкка туруштук берүү менен өндүрүлгөн товарларды мүмкүн болушунча көп экспортко сатуу ж.б. проблемаларды ишке ашыруу абзел.

# БАП VIII

# ТАМАК–АШ ӨНӨР ЖАЙЫНЫН ӨНҮГҮҮСҮ ЖАНА ЭКОНОМИКАСЫ

## §1. Тамак–аш өнөр жайынын рынокко өткөөл шартта өнүгүүсү

Октябрь Революциясына чейин Кыргызстанда абалы өтө начар бир момпосуй чыгарган фабрика быштак–сыр бышыруучу 2 завод, 11 кичине тегирмен, ар түрдү май чыгаруучу цехтер болгон. Бул ишканаларда бардыгы болуп 150 адам иштеген. Кара–Кыргыз автономдук областы түзүлгөнгө чейин республикада 28 тамак–аш мекемеси иштеген. Ал эми Улуу Ата–Мекендик согуштун алдында тамак–аш тармагында кыйла өсүш жана өнүгүү болгон, б.а. эт, сүт май, кант заводдору, шарап комбинаты, нан бышыруучу цехтер иштей баштаган. Булардын ичинен, 1930–жылдары Ош эт–комбинаты, 1931–ж.– Фрунзе эт комбинаты, 1935–ж.– Фрунзе тамеки фабрикасы, 1990–ж.– Фрунзе атындагы нан комбинаты ж.б. уюштурулган.

Улуу Ата–Мекендик согуш жылдарында оолашып келген ишканалардан Новтронс, Токмок, Беловодск, Кант заводору, Токмоктогу жашылча консервалык заводу, Жалал–Абад витамин–консервалык заводу ишке киргизилген.

Кийинки жылдарда тамак–аш өндүрүшү бирден бир артыкчылыгы бар тармака айланган. Негизинен тамак–аш тармагы жергиликтүү чийки заттарды пайдаланып, ички рыноко керектелүүчү продукцияны өндүрөт. 1990– жылдарга чейин тамак–аш өндүрүшү өсүп өнүгүүп, ар түрдүү продукцияны чыгарууга жетишкен. Мисалы, 1990–жылы республикада 114 миң т. эт жана эт продукциясы, 258 миң т. сүт жана сүт продукциясы, 12,5 миң т. мал майы, 14,0 миң т. суу май, 380 миң т. кант, 38,9 миң т. кондитердик буюмдар, 4045 миң дал пиво, 3974 млн. даана папиростор жана башка көп продукциялар өндүрүлгөн.

1991–жылдан экономикалык реформага башталгандан тартып тамак–аш өнөр жай тармагы каатчылык заманга туш келип, көп ишканалар токтоп же токтоонун шартында калышкан. 1995–жылы республиканын тамак–аш ишканалары эт жана эттен жасалган продукцияны – 12,6 эсеге, сүт жана сүт продукциясын–

15,8 эсеге, нан жана нан буюмдарын–1,5 эсеге, кондитердик буюмдарын–6,2 эсеге, пиво өндүрүү–3,3 эсеге төмөндөгөн. Ошондой эле бул төмөндөгөн тенденция 1990–жылдардын аягына чейин күч алган, б.а. бардык продукция өндүрүмүнүн көлөмү элдин керектүү талабына жооп бербей тамак–аш өндүрүшү республиканын айыл–чарба тармагына тыгыз байланыштуу болгондуктан, ал дагы чоң каатчылыка кабылып, өндүрүшү кескин кыскарган. Тамак–аш продукциясын чыгарууда эт, сүт, ун, кант, май продукталары жетишсиздигинен көп ишканалар токтоп, иштеген адамдар жумушсуздукка айланган. 1994–1999–жылдарда тамак–аш продукция өндүрүүнүн көлөмү 40–42% төмөндөгөн. Бирок 1998–2000–жылдардан баштап бир катар тамак–аш продукциялары жана ун–акшак чыгаруучу тармактар жандана баштаган. 1998–жылы тамак–аш өнөр жайында 4988,1 млн.сом өндүрүлгөн. 1999–жылы өткөн жылга салыштырганда эт тармагы 13%, тамеки–махоркада– 9,7%, май чыгару– 9,5%, нан жасоо– 1,1% өсүш берген. Тамак–аш продукцияны экспортко чыгаруу жанданып, 1999–жылы жалпы өнөр–жай тармагынан үлүшү 4,2% түзгөн, б.а. кескин ылдыйлаган. Негизинен мындай абалдын себеби кант чыгаруу өндүрүшү атаандаштыка туруштук бере албагандыктан Өзбекстан менен Казакстанга экспорт азайган.

Ошол эле жылдарда тышка ун сатып чыгаруу бир кыйла өскөн, айрыкча Таджикстанга ун сатуу 36,1%, Өзбекстанга– 51,4% жогорулаган. Бирок, 2000–жылдарга чейин эт жана эт продукциясын, колбаса чыгаруу, нан жана акшак өндүрүүдө төмөндөгөн өсүү темпи сакталып калган. Мунун себеби жергиликтүү чийки заттардын аздыгынан, малдын башын кескин кыскарышынан келип чыккан. Анткени, айыл–чарба продукциясы башка мамлекеттерге күйүүчү–майларга, ж.б. продукцияларга бартер түрүндө алмашуу күч алган.

2000–жылда тамак–аш ишканаларын приватташтыруу, менчикке айландыруу процесстери толугу менен бүткөн. Бардыгы болуп тамак–аш өнөр жайында 600 ишканалар эсепке алынган, анын ичинен 22–тамак–аш, 26–сүт боюнча, 18–ун–акшак комбинаты, 15–эт комбинаты, 5–кант заводу, 6–тамеки фабрикасы, 10– кондитердик фабрикасы, 5–ликер–арак заводу, 7– сыр заводу, 15– вино–шарап жана алкоголсуз суусундук чыгаруу заводу жана бир катар чакан– тегирмендер катталган. Бул ишканаларда 21 миң

адам эмгектенген, же болбосо республиканын жалпы өнөр жай жумушчуларынын– 16% түзгөн. 2000–жылдын башында тамак–аш өнөр жайында республикада эт, сүт, кант, тамеки, ликер–арак, шарап, кондитердик, жер–жемиш тармактары иштей баштаган.

**Эт өнөр жайы.** Республиканын табийгый шарттары жана калктын илгертеден бери көнүгүүшү, жашоо–турмушу ж.б. мал чарба тармактардын өсүп өнүгүүшүнө көмөк түзгөн. Экономикалык реформа башталганга чейин (1990–ж.) республика 10,0 млн. ашык кой–эчки, 1,2 млн баш ири мүйүздүү мал, 500 миң чочко, 300 миң жылкы, 15 миң канаттуулар болгон. 1991 жылдан 2000–жылга чейин айыл чарбасында малдын башы кескин азайып, алардан продукция өндүрүү каатчылыкка учураган. 1991–1996–жылдардын ичинде малдын башы кыскарганынын негизинде эт өндүрүү 23,3% төмөндөгөн, б.а 1990–ж.– 113,8 миң т. эт өндүрүлгөн болсо, 1996–ж.– 4,1 миң т., 1999–ж.– 3 миң т., 2000–ж.– 1,21 миң т. чейин азайган. Ошонун негизинде 1996–ж. эт өндүрүү тармагы боюнча 97,1 млн. сом, 1999–ж. 88,0 млн. сом, 2000–ж.– 45,4 млн. сомду түзгөн.

Эт жана эт продукциясын өндүрүү тармагында бардыгы болуп 81 ишкана, а.и.15– эт комбинаты (кубаттуулугу суткасына 400 т. эт) жана бир катар чакан ишканалар иш жүргүзүшкөн. Ошолордун ичинен ири ишканалары болуп АК “Бишкек эт–консерва комбинаты”, АК “Төштүк” (Каракол эт комбинаты), АК “Келечек” (Ош эт комбинаты), АК “Кайыңды” (Кайынды эт комбинаты) ж.б. эт комбинаттары. Бул ишканалар өз убагында тийиштүү техникалар жана жабдуулар менен камсыздалып, эт жана түрдүү консерваларды, тамак–ашка ылайыктуу эритилген жана техникалык майларды, бир катар медициналык препараттарды өндүрүп турушкан. Эт комбинатында 100% канды медицина үчүн жана ичегилерди башка мамлекеттерге экспортко жөнөтүшкөн. Бул ишканаларда бардыгы болуп 1262 адам иштешкен.

Кийинки жылдарда, республикада малдын жана канаттуулардын саны кескин кыскарышы менен эт комбинаттарына чийки ресурстары жетишсиз болгондуктан акырындык менен иштерин токтотушуп, финансылык жактан чыгашага учурашып жабыла баштаган. Акыркы убакытта алар талкаланып, таланып жок болгон. Эгерде 1990–жылы республикада 114,0 миң эт продукциясы өндүргөн болсо, 1993–ж.– 44,0 миң т., 1995–ж.– 9,0 миң т.,

2000–ж.– 1,7 миң т. чейин төмөндөгөн. Ошондой эле эттен жасалган колбасалык продукциялардын өндүрүшү кескин төмөндөгөн. 1998–жылы тамак–аш продукциясын иштетүүдө 960 ишканалары иштеген болсо, 2000–ж.– 786, 2005ж.– 555 ишканага чейин кыскарган. 2000–ж. эт продукциясын иштетүүдө 81 мекеме болгон.

Акыркы жылдарда республикада 191 юридикалык жана 291 менчик ишканалар эт продукциясын иштетишет. Өндүрүлгөн эт продукциясынын 90% чакан мекемелерге туура келет.

Республикада эт продукциясын өндүрүү 2002–жылдан өсө баштаган, б.а. 2,5 миң т. өндүрүлсө, 2005–ж.– 3,2 миң т., 2006–ж.– 2,9 миң т., 2010–ж.– 6,6 миң т. жана 2013–ж.– 8,3 миң т. чейин өскөн. Ошондой эле эттен жасалган колбаса продукция 1998–ж.– 515 т., 2000–ж.– 705 т. чейин жогорулап, ал эми 2003–ж. тартып төмөндөй баштаган (464 т.), 2015–ж.– 462 т. Акыркы жылдарда (2006–2013жж.) колбаса продукциясынан өндүрүү өсө баштап, 2010–ж. 2381 т., 2013–ж.– 3594 миң т. чейин жеткен.

Республикада азыркы убакытта 269 ишканалар эт продукциясын, колбасаларды, ыштама товарларын өндүрүшөт. Алардын ичинен 25 юридикалык жана 244 менчик ишканалар. Кийинки жылдарда токтоп калган эт комбинаттары иштей баштаган, алсак Талас областында АК “Азык” жана АК “Бишкек эт комбинаты”.

Эт продукциясын өндүрүүдө анын түзүмү да өзгөрүүдө. Мисалы, 2005–ж. жалпы өндүрүлгөн эттин 49,7% уй этине, 25,6% – кой этине, 9,9% чочко, 10,1% жылкы жана канаттуулардын 2,9% этине тура келсе, 2013–ж. ошондой эле – 49,7, 26,8, 7,8, 11,5 жана 3,5% түзгөн, б.а. уй жана кой эттеринин өсүш темпи байкалууда.

Рыноктун шартында эт продукциясын тышкы мамлекеттерге чыгарууда бир катар проблемалар болууда, б.а. ветеринардык көзөмөлдөө жана убактысы менен малды ар түрдүү ооруларга каршы профилактика иштерин жүргүзүү төмөнкү деңгээлде. Ошондой эле эт өндүрүүдө ХАССП жана ИСО стандарттын алыш проблемалары бар, анткени бардык санитардык– техникалык норма менен мал сою цехтери жок болгондуктан эт продукциясын өндүрүүдө жана тышкы рынокко сатууда толук потенциалды колдонууга мүмкүн болбой жатат.

**Сүт өнөр жайы.** Революцияга чейин сүт жана май өндүрүү чакан менчик ишканаларда кол күчү менен өндүрүлүп турган.

Кыскасы, бир дагы сүт жана сүт продукциясын өндүрүү өнөр жай деңгээлде болгон эмес. Республикада 1917–жылдан, айрыкча 1925–жылдан ири мүйүздүү малдын санынын өсүшү менен сүт өнөр жайы акырындык менен өнүгө баштаган. Бирок, республикада сүт продукциясын өндүрүү боюнча ири ишканалар жокко эсе болгон. Улуу Ата Мекендик согуш бүткөндөн кийин республиканын аймактарында ишканалар пайда болгону менен, алардын техникасы жана технологиясы төмөн деңгээлде болуп, ар түрдүү продукция өндүрүүгө мүмкүндүк болбогон. Негизинен сүт жана сары май продукциясы чыгарылган. 1960–жылдардан тартып сүт продукциясы терең кайра иштетүү процесстерин колдоно баштаган. Мисалы, 1965–1980 жылдардын ичинде таза сүт өндүрүү 2,5 эсеге, сары май чыгаруу 1,4 эсеге, сыр жана брынза (быштактан жасалган)– 2,3 эсеге, балмуздак– 2,5 эсеге өскөн.

Республикада рынокко өтүү 1991жылдан башталган. Ал эми 1990–жылы өлкөдө 258,0 миң т. сүт продукциясы өндүрүлгөн болсо, 1998–ж.– 12,8 миң т., 2000–ж.– 11,4 миң т., 2002–ж.–20,0 миң т. өндүрүлгөн, б.а. бир канча эсеге төмөндөгөн. Өлкөдө 2001–жылдан баштап сүт продукциясын түрлөрү чыга баштаган, б.а. 3,1 миң т. көк сүт, 274 т. каймак, 1698 т. сыр, 1852 т. жуган май жана башка азыктар.

Сүт өндүрүү боюнча республикада 63 ишканалар бар, алардын ичинен ири компаниясы 25 сүт заводу, алардын кубаттуулугу суткасына 1500 сүт иштетүү. Алардын ичинен АК “Бишкексүт”, АК “Ак–Сүт” (Беловод сүт заводу), АК “Элимай” (Токмок сүт заводу), АК “Эльвест” (Бишкек ш.), “Эридан сүт”, (Кара–Балта), Кыргыз–Швецария ачык коому “Сүт–Булак” (сыр завод) ж.б.

Сүт продукциясы микробиологиялык, физико–химиялык көрсөткүчтөрү боюнча үч сортко бөлүнөт: жогорку, биринчи, экинчи жана сорту жок сүт. Сүт өндүрүү негизинен оору–сыркоодон таза уйлардан алынышы керек. Демек, сүт өндүрүү ветеринардык мыйзамдын негизинде инфекциондук оорулары жок чарбалардан даярдалып тийиштүү стандартка жана нормага туура келиши керек. Сүттө стандарт боюнча майдын базалык нормасы 3,6%, ал эми белогу– 3,0% болушу керек.

Сүттөн жасалган продукциянын түрлөрү: пастеризациядан өткөн сүт майлуулугу 3,5%, ацидофильдик–ачыткан сүт, майлуу-

лугу– 3,2%, айран (ряженка), майлуулугу– 2,0%. Майдан, белоктон башка, сүттө адамдын денсоолугуна ылайыктуу комплекс биологиялык баалулугу бар. Жашап калган адам 1 литр сүт папйдаланса, мал майы, кальций, фосфор боюнча суткалык нормасын алат, андан тышкары мал белогу менен 53%, биологиялык алмаштырыксыз биологиялык активтүү кислоталарга– 35%, А, С витаминдерине– 12,6%, фосфорлипида– 26% канагатандырат. 1 литр сүттөн 2720 килокалория алынат. Мына ушундай компоненттер, сүттү өтө баалуу диетикалык продукция деп эсептелет.

**Кант өнөр жайы.** Тамак өнөр жай өндүрүшүндө эффективдүү тармактын бири. Бул тармак республикада 1940–жылдан өнүгө баштаган. 1940–1950–жылдарда Ново–Троицкий, Кант, Токмок, Беловодск ж.б. кант иштетүүчү заводдор курулган. Кызылча айдоо аянты 1950жылдардан кийин 50 миң гектарга чейин жетип, дүң жыйыны 1,9 млн. т. түзгөн. 1980–жылдарда кант кызылчасы “Корневойгниль” деген инфекциондук ооруга чалдыгып, кызылчанын канты төмөндөгөн. Ошонун негизинде кант кызылчанын бир аз гана аянтык жерге өздөштүрүлүп үрөн чыгарууга багытталып, аны Орусияга жана Украинага сатылып турган. Республикада кант кызылчасын кайра өндүрүү 1991–жылдан башталган, бирок анын аянты 2003–ж. 32,2 миң гектарга чейин өсүп дүң жыйыны 812,2 миң т. түзгөн. Кийинки жылдарда кант кызылча аянты акырындык менен азайып, 2013–ж. 6,7 миң гектарга чейин төмөндөгөн. Мындай көрүнүштүн негизги себеби, кызылча өндүрүүчү дыйкан чарбалардын чыгымы анын пайдасынан көп болгондуктан, б.а. кант заводдору ар түрдүү жолдор менен кызылчаны кабыл алууда арзан баа менен ала баштаган.

Бүгүнкү күндө кант кызылчасын кайра иштетүүдө эки ишкана, б.а. ААК “Каинды–Кант” (Панфилов району), ААК “Кошой”(Сокулук району) жана ААК “Апросах”(Жайыл району) иш жүргүзүшүүдө. Кийинки мезгилде кант кызылчасынын жоктугунан жалгыз ААК “Кошой” заводу иштөөдө. Бул кант заводу суткасына 3,0–3,5 т. кызылчаны кайра иштетип, жылына 350 т. кант өндүрөт.

Кант кызылчасынын түшүмдүүлүгү орто эсеп менен гектарына 150–170 ц., алдынкы чарбаларда 200–250 ц. чейин

жетет. Кант кызылчасын канттуулугу 16–17%. Акыркы 3–5 жылда ААК “Кошой” дыйкан чарбалардан 1т. кант кызылчасын 3,0 миң сом менен сатып алып, фермерлерге бир тоннасына 72–78 кг кант беришет.

Кант өнөр–жайы тамак–аш жана кайра иштетүү тармактардын ичинен эң маанилүү багытынын бири. АК “Кайыңды–Кант”, АК “Кошой” негизинен кант кызылчасын кайра иштетүүгө, ал эми ААК “Ак–Суу” жүгөрү кайра иштетүүчү кант комбинаты тросник (таттуу камыш) чийки заттын кайра иштетүүгө багытталган. Кийинки жылдарда кант кызылчасы менен Чүй областындагы дыйкан чарбалары иштешет. Бирок, кант кызылчасы жетишсиз болгондуктан республиканын башка региондорунда да аны өстүрүүгө мүмкүн (Ысык–Көл жана Талас областары).

**Ун, акшак жана комбитоют өнөр жайы.** Ун–акшак тармагы республикада 1930–жылдарда пайда болгон. Кыргызстанда Октябрь революциясына чейин 8 чакан тегирмен болгон, ал эми 1925–жылы бул жагдайда 72 адам иштеген. Улуу Ата Мекендик согуш аяктагандан кийин республикада ири ишканалар курулган: ири тегирмен комбинаттары Бишкекте, Ошто, Кара–Сууда, Жалал–Абадта, Караколдо, Балыкчыда, Сүлүктүүдө ж.б. Ошол эле учурда колхоз–совхоз ортосунда да ири тегирмендер иштей баштаган.

1991–жылдан баштап, рыноктун шартында көптөгөн менчик тегирмендер пайда болгон. Кийинки учурда ун өндүрүү тармагы жана нан продукта чыгаруу багыты менен биргелешип монополияга айланган. Мунун курамына нан комбитоют заводдору жана 100 ашып нан чыгаруучу цехтер (пекарни) кошулган. Бул монополия республиканын 80–90%дан эгинин, 100% ун чыгаруу жана 60% нан продуктасына ээлик кылат.

Менчик тегирмендердин өсүшү менен ири ун комбинаттары болгону 30–50% кубаттуулугун иштетишет. Республикада бардыгы болуп 350 ишканалар иштешет, анын ичинен эң ириси “Ысык–Көл дан–азык”, АК “Бишкек ун комбинаты”, “Жалал–Абад нан азык комбинаты”, “Кара–Суу дан–азык”, KAS “Кара–Балта” (агробизнес компаниясы), “Буудай” мекемелери ж.б. Майда менчик тегирмендер жалпы ун–акшак өндүрүүнүн 5–6% гана ээлейт.

Акшак чыгаруу негизинен “Бишкек ун комбинатында” жана Кара–Балта KAS компаниясында өндүрүлөт.

Ун жана акшак чыгаруу боюнча республикада бир катар ири ишканалар жана 2636– чакан (мини) тегирмендер иштейт. Бардык иштеп жаткан тегирмендердин кубаттуулугу суткасына 1600 т. ун, 220 т. акшак, 3320т. аралашма тоют өндүрүүгө барабар. Бардык ишканалар менчиктештирилген, ал эми, мамлекеттин бир аз акциясы АК "Карасу Дан–Азык", ММ "Буудай" мекемелеринде кездешет. Бардык тегирмендердин кубаттуулугу республикада өндүрүлгөн данды толугу менен иштетүүгө мүмкүнчүлүгү бар. Бирок, жетишүү көлөмдөгү дандын жоктугунан ун чыгаруу комбинаттары 40–50%, акшак чыгаруу– 20–40% жана аралашма тоют өндүрүү– 10–20% кубаттуулугу пайдаланылат.

Кийинки жылдарда тышкы жана ички инвестиция аркылуу бир катар ун комбинаттары, алсак ЖАК "Акун", ЖАК "Яшар" иштей баштаган. ЖАК "Акун" тармак өндүрүшүндөгү үлүшү 29,7%, ЖАК "Яшар"– 11,4% ээлешет. Бул ишканаларда жаңы техника жана технологиялар менен жабдылгандыктан минерал–витамин кошумчалары менен сапаттуу ун чыгарышат.

Комбитоют (комбикорма– тоют аралашмасы) 1970–1980–жылдарда өнүгө баштаган. 1990–жылдан 2000–жылга чейин малдын башынын кыскарышы менен аралашма тоют өндүрүү кескин төмөндөп кеткен.

Республикада аралаш тоют даярдоо 10 ири ишканаларда өндүрүлөт. 1996–жылы 36512 т., 1999–жылы– 1382 т., 2000–ж.– 9008 т. тоют өндүрүлгөн. 1996–жылы тоют өндүрүү 946,7 млн. сомду түзгөн болсо, 2000–жылы– 2171,0 млн. сомго жеткен. Бул тармакта иштеген адамдардын саны 5564 түзгөн.

Республикада 2015–жылдан баштап ун–акшак өндүрүү кыйынчылыкка учураган. Анткени, Казакстанда ун тегирмендери буудайдын 1т. 185 АКШ долларына сатып иштешсе, Кыргызстан Казакстандан 300 долл. сатып алат. Жыйынтыгында Казакстанда чыккан ундун өзүнүн наркы абдан төмөн болгондуктан Кыргызстандын рыногун толук ээлегенге жетишкен. Республикада ун–акшак жана аралашма тоют өндүрүшүндө 14–15 миң адам иштешет.

**Нан бышыруу өнөр жайы.** 1917–жылга чейин нан бышыруу өндүрүшү үй бүлөлүк шартта жана майда товар өндүрүшү сыяктуу абалда болгон. Нан бышыруу өнөр жайы негизинен 1960–1970 жылдарда өнүгө баштаган. 1940–жылы нан

бышырып өндүрүүнү көлөмү 113,6 миң т., 1990–ж.– 244,1 миң т., 1993–ж.– 248,0 миң т., 1999–ж.–135,1 миң т., 2001–ж.–117,6 миң т., 2005–ж.– 43,3 миң т. нан чыгарылган.

Республикада бардык шаарларда жана райондордун борборлорунда, ири айыл кыштактарда нан заводдору иштейт. Нан бышыруучу заводдордун ириси болуп АК "Бишкек нан", АК "Ош нан", Токмок нан заводу, Жалал–Абад нан заводу, АК "Гүлазык" (Ош нан заводу). Республикада өндүрүлгөн нандын 50% чакан нан бышыруучу жайларда чыгарылат.

Республикада расмий каттоодон өткөн 1789 нан заводдору, нан бышыруучу цехтер катталган. Мындан тышкары каттоодон өтпөгөн нан бышыруучу жайлар иш жүргүзүшөт. Бул тармактарда майда ишканалар республиканын калкын, айрыкча алыскы райондорунда ун жана нан менен камсыз кылышууда. Бирок, алардын чыгарган продукциясы стандартка жооп бербейт, айрыкча химиялык ачытма жана байытуу кошулмалар адамдын ден соолугуна тескери таасирин тийгизүүдө.

**Кондитердик өнөр жайы.** Биринчи жолу механизация колдонулган кондитерлик өнөр жайы республикада 1956–жылы нан комбинатынын базасында иштей баштаган. Кийинки жылдарда кондитер тармагы нан комбинатынан ажырап өзүнчө адистештирилген тармака айланган. Негизги продукциясы карамель жана жумшак момпосуй болгон.

1974–жылы Бишкекте кондитер өнөр жай өндүрүш бирикмеси түзүлгөн. Жылына бул бирикме 26,0 миң т кондитердик буюмдарды өндүргөн. 1999–жылы республикада 4017,4 т., 2000–ж.– 3765,4 т. кондитерлик буюмдар иштелип чыгарылган. Кондитер өнөр жайы негизинен 6 ири акционердик коом мекемелеринен турат, алардын ичинен АК "Таттуу", "Бишкек кондитердик комбинаты", АК "Тунгуч кант", АК "Восточные сладости", "Жалал–Абад кондитердик фабрика", биргелешкен мекеме "Ирис" ж.б. Мындан тышкары эт–сүт акционердик комбинаты, кант заводдору, керек–жарак коому ж.б. кондитердик буюмдарды чыгаруучу цехтери бар. Жалпысынан алганда бул тармакта 275 мекеме иштешет. Бирок, ири ишканаларда ресурстардын жоктугунан же аздыгынан алардын кубаттуулугу 5–10% гана иштелет.

Кийинки рынок жылдарында республиканын рыногунда импорттук арзан продукция көп болуп кеткен. Алардын ичинен негизинен Орусиянын, Украинанын, Казакстандын, Турциянын кондитердик буюмдары. Булардын кондитердик продукциясынын өзүн наркы, Кыргызстандан чыккан продукциянын өздүк наркынан бир кыйла төмөн болгондуктан жергиликтүү продукция атаандаштыка туруштук бере албай жатат. Ошонун негизинде жергиликтүү кондитердик продукциянын ичинен карамель, шоколадтык момпосуйлары кыскарган. Негизинен кондитердик товарлардын көбү ундан жасалган продукциялар: торттор, пирожныйлар, печенье жана пряниктер. Буларга жапайы өсүмдүктөрдүн жемиши (чычырканактын ашы, жаңгак, ашкабак ж.б.) кошулуп жасалат.

Рыноктун шартында республикадагы кондитердик ишканаларды чогултуп биргелешкен мекеме түзүп, жергиликтүү ресурстарды колдонуп, республиканын муктаждыгын толук камсыз кылуу керек.

**Жер–жемишти кайра иштетүү өнөр жайы.** Жер–жемиштерди кайра иштетүүдө республикада 22 ири ишкана жана көп майда чакан ишканалар иштешет, алардын жалпы кубаттуулугу жылына 150 миң т. жемиштерге, 2500 миң т. помидорго, 100,0 миң т. жашылчага барабар. Кайра иштетүү мекемелери республиканын географиялык жана климаттык шарттарына ылайыктуу жайгашышкан. Республикада алманы кайра иштетүү ишканаларынын кубаттуулугу жылына 10 миң т. алмадан шире даярдоого ылайыкталган. Ошондой эле помидорду, бадыраңды иштетип, андан томаттык пастаны, ширени, компотту, кайнатманы (варенье), джемди даярдоодо автоматтырылган технология колдонулат.

Кийинки учурда чакан мекемелердин цехтери аркылуу жаңы жер–жемиш продукциясын болгон соустарды, татымалды, кетчуптарды, накта ширелерди чыгарышат. Балдар үчүн тамактануу продукциясын өндүрүүүчүн АК “Жибек–Жолу” мекемеси иштетүүдө.

Азыркы учурда жер–жемиштерди кайра иштетүү менен өндүрүлгөн продукцияны 8 топко бөлсө болот: жемиш ширеси, кайнатма, повидло, джем, томаттык паста, помидордук шире,

жемиштүү пюре, жашылчалар консерваттары, компоттор, кургак жашылчалар, вино жана вино ликер материалдары ж.б.

Республикада жер–жемиштерди кайра иштетүүдө бир катар ири ишканалар иш алып барышат. Аларга, АК “Жибек жолу”, АЖК “Айлана”, АЖК “Өрүкзар–Бакбан”, АЖК “Абдыш–Ата”, АЖК “Рич–Стэм”, АЖК “Истмен”, ЖАК “Интершак”, АЖК “Кооппромирвис” ж.б.

Жер–жемиш продукциясын кайра иштетүүнүн негизинде чыгарылган, продукциянын 75% Орусияга жана Казакстанга экспортолот. Айтып кетүүчү нерсе, көп ишканалардын түзүлгөнүнө 20–25 жыл болгон, алардын технологиясы эскирип, чыгаруучу продукциялардын ассортименттери аз. Өндүрүлгөн продукциянын тышкы көрүнүшү, анчалык көз жоосун албаган банкалар менен сатылууда. Көп мекемелерде продукция чыгарууда негизинен эски технологияны колдонуу менен жана өтө эле чоң чыгым менен анчалык санитардык тазалыкты кармабастан товарларды өндүрүшүүдө. Ошондуктан, жер–жемиш продукциясын кайра иштетүүдө жаңы технологияларды колдонуу үчүн ички финансы каражатын жана тышкы инвестицияны тартуу керек. Ошонун негизинде продукцияны сатууда товарды тангактоо (упаковка), айнек, металл, полимер качаларын (тара) чыгаруучу фабрикаларын куруу жана өндүрүлгөн товар өзүнүн сапаты боюнча атаандаштыкка туруштук бере турган продукция өндүрүү абзел.

**Тамеки өнөр жайы.** Республикада тамеки айдоо 1890–жылы 70 гектарга айдалган. Тамеки өндүрүү республикада 1929 жылдан баштап күч алган. Адегенде Чүй өрөөнүндө, анадан Таласта жана Ошто айдала баштаган. 1932–жылы Бишкек ферментечүү заводу, 1933–жылы– тамеки фабрикасы курулган. 1990–1983–жылдарга чейин тамеки аянты 5,3 эсеге, түшүмдүүлүгү– 3,6 эсеге өскөн. 1991–жылы республикада тамеки айдоо аянты 20,7 миң га, ал эми тамеки өндүрүү– 50,0 миң т. чейин жеткен.

Рыноко өткөн жылдардан тартып тамекиге болгон суроо–талаптын азайышынан айдо аянты дагы жана жалпы жыйыма да кескин кыскарган. Союздун убагында 50–жыл бою Кыргызстандын тамекиси бардык КМШ республикаларына экспортолуп турган.

Тамеки өнөр жайында бир катар ири ишканалар уюштурулган. Бардыгы болуп 13 ишкана, анын ичинен 10–

мамлекеттик жана 3 менчик. Алардын кубаттуулугу жылына 70,0 миң т. тамекени иштетет. Тамеки даярдоодо республикада бир катар чет элдик компаниялар иш алып барышат. Мисалы, ЖАК "Даймон–Интернешл", АКЗТ "Стан–Сун". Сигарет чыгаруу боюнча укугу бар ААК "Реемстма–Кыргызстан". Республиканын ички рыногунун керектөөсү 5–6 млрд. даана болсо, компания–3,2 млрд. сигарет өндүрөт, б.а мекеменин кубаттуулугу болгону 30% иштелет. Ошонун негизинде республикада импорттолгон сигареттери күч алууда. Республиканын сигарет продукциясына болгон муктаждыкты жабыш үчүн түштүк региондо тамеки жалбырактарын фирментациалоо жана сигарет иштеп чыгаруучу ири заводун куруу рыноктун талабы.

**Май чыгаруу өнөр–жайы.** Май чыруу өнөр жайында бир катар ишканалар иштешет. Алардын ичинен МАК "АК–Май" (Кара–Суудагы майды сыгымдуу (экстракт) заводу), АК "Май" (Токмоктогу май комбинаты), МАК "Кыргыз ГПЗ" (Кыргыз крахмал–паточтук заводу), "Ак–Суу" жүгөрү кайра иштетүүчү Кант комбинаты.

АК "Май" (Токмоктогу май комбинаты) май чыгарууда кубаттуулугу 25,0 миң т. жана майонез чыгарууда – 3,0 миң т. Бирок, иштетүүгө чийки заттардын жоктугунан бул комбинатта кубаттуулугун пайдалануу болгону 10–11% түзөт. Майонез жана маргарин өндүрүүнү турукташтыруу үчүн финансылык каражат керектелмекчи.

МАК "АК–Май" (Карасуу майсыгымдуу заводу) кубаттуулугу суткасына 380 т. пахта данын иштетип жылына 15–16 миң т. суу май чыгарууга мүмкүнчүлүгү бар, бирок учурда кубаттуулугу 15% га иштетилип жатат. Мунун себеби пахта–үрөнү жетишсиз. Завод заманбап техника–технологиясы менен жабдылган жана чийки–заттын коромжусу 2–3% түзөт, б.а. пахта үрөнүнөн максимум болушунча май чыгарылат.

МАК "Кыргыз крахмал–паточный заводу" уникалдуу комбинат, анткени кондитер өнөр жайын патоко менен Орто–Азия регионун жана Казакстанды камсыздайт. Жылдык кубаттуулугу 37,0 миң т. патока жана 1,6 миң т. жүгөрү майы иштеп чыгаруу. Мындай өлчөмдөгү продукцияны чыгарыш үчүн 69,0 миң т. жүгөрү керектелет.

Борбордук–Азия боюнча эң ири Ак–Суу жүгөрү кайра иштетүү комбинаты негизинен таттуу–жемиш сироп чыгарат. Компаниянын жабдуулары Финляндияныкы бирок “Күмтөр” концерн каражаты аркылуу жүргүзүлөт. Заводдун жалпы кубаттуулугу 74,0 миң т. барабар. Комбинаттын долбоордук кубаттуулугу жылына 213 миң т. жүгөрүү, андан кайра иштетүүнүн негизинде 64,0 миң т. таттуу–жемиш сиробун, нан, печенье үчүн кургак модифициондук крахмалы– 16,0 миң т., кургак тоголоштурулган тоют– 48,0 миң т., жүгөрүү майы– 5,2 миң т., бууланган экстракт (сыгылма)– 24,6 миң т., белок–фосфат концентраттары– 7 миң т. чырылмакчы.

**Нак жүзүм шарап өнөр жайы**. Республикада накта жүзүм шарап чыгаруу 1944–жылы Чүй регионунда Ленин атындагы жүзүм совхозу уюшулгандан башталган. Кийинки жылдарда “Ала–Тоо”, “Чүй, Крупская атындагы жүзүм совхоздору” жана Бишкек шампан комбинаты курулган.

Республикада 1980–1995–жылдарда жүзүмдүн аянты 400 миң га кескин кыскарып 6,7 миң гектарды түзгөн. 1982–жылы жүзүмдүн жыйыны 70,3 миң т. 1995–ж.– 19,7 миң т чейин төмөндөгөн. Ошого жараша нак жүзүм шарабын даярдоо 5,2 млн. дал. 1,4 млн. далга чейин азайган. Республикада 1987–ж. бери көп малочный шараптар чыкпай калган. Алсак “Рислинг Чуйский”, “Каберне”, “Кыргыз мускаты”, Кыргыз фиолеттик мускаты, “Дессертик каберне”, “Кыргызстан”, “Ала–Тоо портфейини” ж.б. 1982–жылы жүзүм шарапаты өндүрүү 3,5 млн. дал. Өндүрүлсө, 1995–жылы 10%, шампан 30%, коньяк– 48,0% кыскарган.

Келечекте жүзүм шарабын өндүрүшүнүн өнүгүүсүн жогоруулатууда жүзүмдүн аянтын кеңейтүү жана өндүрүштү жаңы, өндүрүмдүүлүгү жогору болгон технологияларды колдонуу керек. Ошондуктан жүзүмдүн аянтын 15,0 миң га жеткирип, жүзүм шарабын өндүрүү көлөмүн 6,0 млн. дал., шампанды– 10 млн. бөтөлкө, коньякты– 150 миң далга жеткирүү керек.

**Алкогольдук жана алкоголдук эмес өнөр жайы**. Бул тармакка ири ишканалар кирет, мисалы, “Бишкек ликер–арак заводу”, биргелешкен мекеме “Бакай” (Кара–Балта), АК “Кыргызшампаны”, АК “Салкын” (Жалал–Абад пиво заводу), АК “Ала–Тоо” (Аламүдүн району), жана бир канча чакан заводдору.

Республикада пиво өндүрүү боюнча 13 чарба субъектиси, анын ичинен 4 мурунку мамлекеттик пиво заводу, 4–жаңы уюштурулган пива заводу, 5–чакан мекемелер жана кооперативдер. Көп пиво заводдорунда чет элдик инвестиция аркылуу жаңы техника технологиялар менен жабдууланган. 1980–жылдардын аягында 1990–жылдын башталышында пиво продукциясын өндүрүү 2,7 эсеге азайган. 1993–ж. бардык пиво продукциясынын жалпы көлөмү 1909 миң дал. болгон. Кийинки жылдарда республикада өндүрүлгөн пивонун 50% көлөмү АК “Арпа пиво заводуна” таандык. Көп пива чыгаруучу ишканалар өздөрүнүн кубаттуулугун 5–10% пайдаланууда. Анткени, чет элден келген пива продукциясы, (Орусия, Казакстан) республиканын рыногун негизин ээлеп калышкан.

## §2. Тамак–аш өнөр жайынын абалы жана экономикасы

Тамак–аш өнөр жайы 9 тармакты бириктирет: тамак даамдуу, эт–сүт, ун, балык, комбитоют, жашылча–жемиш багыттагы ишмердүүлүктөрү ж.б. Экономика реформага чейин тамак–аш өнөр жайы жалпы өнөр–жай тармагынын 20,2% дүң продукциянын, 9,1% жумушчу күчтөрүн жана 9,2% негизги фондулары тийешелүү болгон. Кийинки жылдарда өндүрүштүн өнүгүүсү негизинен өндүрүлгөн продукциянын ассортименттеринин өсүшү жана баалуу жана даамдуу продуктулар аркылуу болгон. Тармактын ишканалары даамдуу тамак өндүрүшүндө 50 ашык аттуу продукцияны ишке киргизишип, сапатын жана биологиялык баалуулугун жогорлотууга жетишкен.

Рыноктун шартында айыл чарба продукциясын кайра иштетүү жана сапаттуу тамак–аш продукталарын чыгарып ички жана тышкы рыноктарго чыгаруу негизги маселесине айланган. Ошондуктан рыноктун артыкчылыгын пайдаланып, тамак–аш ишканаларды чийки–зат ресурстарына рационалдуу жайгаштырып, жаңы техника жана технологиянын негизинде ун–акшак, эт–сүт, кант, суу–май жана жер–жемиш өнөр жай өндүрүшүн тийиштүү деңгээлге жеткирүү, ошондой эле иштелип чыккан продукциялардын сапатын жана тышкы көрүнүшүн (дизайны) эл аралык талапка жооп бере тургандай деңгээлде жеткирүү.

Кыргыз Республикасында кийинки жылдарда тамак–аш өнөр жай өндүрүшүндө иштеген ишканалардын саны кыскарууда. Мисалы, 2009–жылы бардыгы болуп 412 ишкана болсо, ал эми 2013–жылы.– 339га чейин, же 17,8% кыскарган. Региондор боюнча 2013–жылы. эң көп мекемелер Чүй областында– 114, Бишкек ш.– 92, Ысык–Көлдө –36, Ош ш.–25, Жалал–Абадда 23 мекемелер иш алып барышкан. Бирок, Чүй областында мекемелердин саны 24,6%, Ысык–Көл областында – 48%, Талас областында– 25,0%, Ош ш.– 13,8%, Баткен областында– 13,4% кыскарган (41– табл.).

Тамак–аш өнөр жайында бир катар чакан ишканаларда ишмердүүлүгүн жүргүзүшөт, бирок булардын техникалык мүмкүнчүлүгү айыл чарба продукциясын толук сапаттуу, коромжусуз иштетүүгө жана экологиялык коопсуздугунун толук сактоого шарты жокко эсе.

Тамак–аш өнөр жайынын ишканалардын санынын кыскарышы продукция өндүрүү көлөмүнө анчалык таасирин тийгизген эмес. Мисалы, 2000–ж. бул тармакта 7,6 млрд. сом продукция өндүрүлгөн болсо, ал эми 2013–ж. 22,3 млрд. сом, же болбосо 2,9 эсе көп болгон. Бирок, тамак–аш өнөр жайдын өндүрүлгөн продукциясынын көлөмүнүн үлүшү жалпы өндүрүш тармагынан бир аз кыскарган, б.а. 18,4%дан 13,1% га чейин төмөндөгөн (42–табл.).

Өткөөл мезгилде тамак–аш өндүрүшү бир катар кыйынчылыкка дуушар болгон. Продукция өндүрүү кескин түрдө азайган, айрыкча эт жана эттен жасалган продукция, алардын көлөмү 87,9 миң тоннадан (1991ж.) 1,7 миң т. (2000–ж.), ошондой эле жуулган сары май– 10,1 миң т. 1,3 т., сүт продукциясы– 235,3 миң т. 11,5 миң т., кумшекер– 371,0 миң т. 50,0 миң т., кондитердик продукция– 56,7 миң т. 3,8 миң т., суу май– 14,8 миң т. 8,7 миң т. чейин төмөндөгөн. Бирок, 2004–2005 жылдарда тамак–аш өндүрүшү жанданып, акырындык менен продукциянын көлөмү өсө баштаган. Республикада 2005–2013–жж. тамак–аш өндүрүшүнүн өсүш темпи кескин жогорулаган. Мисалы, жуулган сары май 0,4 миң т. (2005–ж.) 36 миң т. (2013–ж.), же 9,0 эсеге, бардык түрдөгү быштак–сырлар– 3,0 миң т. 3,2 миң т., же 6,6%, кондитердик азыктар– 5,0 миң т. 6,6 миң т., же 32,0%, кондитердик азыктар– 3,0 т. 13,2 т., же 4,4 эсеге, көндөй макарондор– 0,4 миң т. 9,9 миң т., же

24,7 эсеге, папиростор– 317,9 миң даанадан 935,4 миң даанага же 3,0 эсеге өсүш берген (42–табл.).

41– Таблица. **Кыргыз Республикасында тамак–аш өнөр жайынын мекемелеринин саны**

| | 2009 | 2010 | 2011 | 2012 | 2013 |
|---|---|---|---|---|---|
| **Республика боюнча** | 412 | 392 | 372 | 354 | 339 |
| **а.и. областарда:** | | | | | |
| **Баткен** | 15 | 14 | 15 | 14 | 13 |
| **Жалал–Абад** | 22 | 21 | 21 | 23 | 23 |
| **Ыссык–Көл** | 58 | 55 | 48 | 46 | 36 |
| **Нарын** | 6 | 4 | 7 | 8 | 8 |
| **Талас** | 24 | 23 | 19 | 18 | 18 |
| **Ош** | 8 | 10 | 9 | 9 | 9 |
| **Чүй** | 151 | 129 | 122 | 116 | 114 |
| **Бишкек ш.** | 99 | 105 | 99 | 92 | 92 |
| **Ош ш.** | 29 | 31 | 30 | 28 | 25 |

Статистикалык маалыматы: "КРдин өнөр жайы", 2014

42– Таблица. **Кыргызстанда жалпы өнөр жай өндүрүшүндө өндүрүлгөн продукциядан тамак–аш өнөр жай тармагынын үлүшү**

| | 2000 | 2005 | 2009 | 2010 | 2011 | 2012 | 2013 |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **Жалпы өнөр–жайында өндүрүлгөн, продукция, млрд. сом** | 41,1 | 51,2 | 99,0 | 126,5 | 164,6 | 136,9 | 169,5 |
| **а.и.: Тамак–аш тармагында, млрд. сом** | 7,8 | 7,9 | 15,3 | 17,1 | 19,0 | 211,0 | 223,3 |
| **% менен** | 18,4 | 15,8 | 15,4 | 13,5 | 11,5 | 15,4 | 13,1 |

Статистикалык маалыматы: "КРдин өнөр жайы", 2005–2014.

43– Таблица**. Тамак–аш ишканаларынын ишмердигинин (өндүрүштүк) көрсөткүчтөрү**

| | | 1991 | 2000 | 2005 | 2010 | 2011 | 2012 | 2013 |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **1** | **Эт жана тамак субпродуктулары, миң т.** | 87,9 | 1,7 | 3,2 | 6,6 | 6,4 | 7,2 | 8,1 |
| **2** | **Колбасалар, миң т.** | 6,5 | – | 0,4 | 2,3 | 2,9 | 2,9 | 3,6 |
| **3** | **Бардык каймак майы, миң т.** | 10,1 | 0,5 | 3,9 | 4,2 | 2,0 | 2,1 | 1,9 |

| | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 4 | **Иштетилген сүт, т.** | – | 14450 | 9930,5 | 27037,4 | 19640,5 | 13035,3 | 21046,5 |
| 5 | **Коютулбаган же таттуу кошулбаган каймак, т.** | – | – | 218,5 | 99,8 | 41,5 | 31,3 | 23,3 |
| 6 | **Бардык түрдөгү быштак–сырлар, т.** | – | – | 3002 | 3574,4 | 3741,8 | 2996,4 | 3256,0 |
| 7 | **Өсүмдүк майы, миң т.** | 14,8 | 5,7 | 15,3 | 18,0 | 15,0 | 13,9 | 14,0 |
| 8 | **Катырылган нан, печенье, кондитердик азыктар, миң т.** | – | 3,8 | 5,0 | 5,6 | 5,2 | 4,9 | 6,6 |
| 9 | **Кант, т.** | – | 1711 | 44,9 | 14,1 | 17,0 | 13,2 | 25,2 |
| 10 | **Шоколад жана канттан жасалган кондитердик азыктар, миң т.** | 56,7 | 3,8 | 3,0 | 20,0 | 22,4 | 21,3 | 13,2 |
| 11 | **Көндөй макарон азыктары, миң т.** | 6,5 | 4,0 | 6,4 | 11,9 | 11,5 | 9,8 | 9,9 |
| 12 | **Дан эгиндеринин уну, миң т.** | 518,5 | 466,7 | 466,9 | 478,8 | 440,2 | 446,5 | 432,5 |
| 13 | **Жаңы бышкан нан, миң т.** | 258,7 | 126,5 | 125,3 | 111,7 | 108,5 | 109,2 | 94,9 |
| 14 | **Папиростор жана тамекиден жасалган сигареттер, миң даана** | – | 3169 | 3179 | 3649,3 | 2446,6 | 1688,2 | 935,4 |
| 15 | **Ферменттештирилген тамеки, миң т.** | – | 31,3 | 8,1 | 8,3 | 7,5 | 4,4 | 5,8 |

| | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **16** | **Тартуучу тамеки, т.** | – | 601 | 444,8 | 360,3 | 276,9 | 237,9 | 271,1 |

Статистикалык маалыматы: “Кыргызстан цифрада”, 2005–2014.

Рыноктук экономикага өтүүдө тамак–аш өнөр жайынын экономикасы бир катар жетишпеген жактарын ачыка чыгарды. Айрыкча, бул тармактарды чийки заттары (ресурстары) менен камсыз кылуу жана аларды жогорку деңгээлде эффективдүү кайра иштетүүдө көп тоскоолдуктар пайда болууда. Тамак–аш өнөр жайынын техника жана жабдуулар жактан артта калганы жана айыл–чарбасында каатчылык күч алганы, финансынын жетишсиздиги алардын экономикасына тоскоолдук кылууда. Ошонун негизинде эт, сүт, кант, ун, май ж.б. продукталардын өндүрүү көлөмү кескин кыскарган. Мындай көрүнүштүн себептери болуп дан эгиндеринин, кант кызылчанын айдоо аянтынын кыскарышы жана үй–тиричиликте нанды кол менен бышыруу, чийки заттарды сатып алууда баанын жогорулашын айтсак болот.

Тамак–аш өндүрүшүнүн көлөмүнүн өсүшүн камсыз кылуу жана сапатын жогорлатуу үчүн тармакта бир катар себептери бар:

- мекемелердин материалдык–техникалык базасынын деңгээлинин төмөндүгү;
- кыска мөөнөттүк насыянын жогорку деңгээлде проценттик ченеми;
- эл аралык стандартка жооп бере турган лабараториянын жоктугу;
- Продукцияны өндүрүүдө техникалык норманы жана сертификацияны начар колдонулушу;
- айыл чарба продукциясын өндүрүүчүлөр менен тамак–аш ишканалардын ортосунда туруктуу байланыштын жоктугу;
- логистикалык борборлордун жана төмөнкү температуралык дүң–сатуу тамак–аш (чийки заттарды) сактагычтардын жоктугу же аздыгы ж.б.

Тамак–аш мекемелеринин каатчылык абалы, өздүк каражаттын жетишсиздиги жана кыйла дебитордук жана кредитордук төлөмдөр менен түшүндүрсө болот. Мекемелердин материалдык–техникалык базасынын төмөндүгү, өздүк финансы каражатынын

жетишсиздиги, айыл чарба тармагынан келчү ресурстарынын аздыгы, тамак–аш тармактарында иштеген ишканалардын долбоор кубаттуулугунун төмөн деңгээли жөнүндө айтсак болот. Мисалы, эт жана эт продукциясын өндүрүүдө мекемелердин кубаттуулугу 2013–жылы 72%, анын ичинен колбаса чыгарууда– 11,2%, дан эгиндеринен ун өндүрүүдө– 33,8%, суу май чыгарууда– 86,1%, этил спирти боюнча– 26,9%, коньяк өндүрүүдө– 46,2%, жүзүмдүк шарап чыгарууда– 10,7%, сигарет чыгарууда– 7,5% пайдаланган.

Тамак–аш өндүрүшүндө көп ири ишканалар өзүлөрүнүн кубаттуулугун толук пайдаланбагандыктан өндүрүлгөн продукция сапаты жагынан эл аралык стандартка туура келбегендиктен мекемелер көп чыгымга дуушар болушууда. Негизи себептери– айыл чарба продукциясынын сапатынын начардыгы, материалдык–техникалык базасынын эскириши, модернизациялаштырууга каражаттын жетишсиздиги, салыктын жогорку деңгээли, азык–түлүк рыногунда маркетингдин жоктугу ж.б. болгон.

Республикада 2000–2013–жж. тамак–аш мекемелеринин саны 786дан 339га чейин, же 2,3 эсеге кыскарган. Мындай ишканалардын кыскарышы рынокто ички жана тышкы атаандаштык себеп болгон. Ошондой эле аларда иштегендердин саны 29,3 миң адамдан 25,4 миң адамга, же 13,4% төмөндөгөн. Ошондой эле иштеген адамдардын жалпы өнөр жайында иштегендерден үлүшү 24,7%дан 14,3%га чейин кыскарган (44–табл.).

44– Таблица. **Республиканын тамак–аш өнөр жайынын өндүрүштүк көрсөткүчтөрү (суусундуктар жана тамеки менен)**

| | **2000** | **2005** | **2009** | **2010** | **2011** | **2012** | **2013** |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **Мекемелердин саны, бир.** | 786 | 520 | 412 | 392 | 372 | 354 | 339 |
| **Өндүрүлгөн продукциянын көлөмү, млн. сом** | 7657,5 | 7906,0 | 15330,4 | 17158,6 | 19035,2 | 21104,9 | 22332,7 |
| **Иштеген адамдардын саны, миң адам** | 29,3 | 26,0 | 31,2 | 28,9 | 27,4 | 25,9 | 25,4 |
| **Жалпы өнөр жай тармагынан үлүшү, % менен:** | | | | | | | |
| **Өндүрүлгөн продукция** | 17,3 | 15,8 | 15,4 | 13,5 | 11,5 | 13,6 | 18,6 |

| | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **Иштеген жумушчулар** | 24,4 | 16,7 | 10,4 | 7,6 | 13,0 | 13,7 | 64,3 |
| **Экспорттук продукция, млн. АКШ долл.** | 21,1 | 50,1 | 286,5 | 64,4 | 71,3 | 73,1 | 705,8 |
| **Импорттук продукция, млн. АКШ долл.** | 39,6 | 109,8 | 407,9 | 438,4 | 600,2 | 824,7 | |

Статистикалык маалыматы: "КР өнөр жайы", 2005–2014.

Тамак–аш продукциясы 2013–жылы негизинен Чүй областында 8,9 млрд. сом, Бишкек шаарында– 9,8 млрд. сом өндүрүлсө, Жалал–Абад областында– 834,3 млн. сом, Ысык–Көл областында– 818,9 млн. сом, ал эми башка региондордо 350–430 млн. сом көлөмдөгү продукция чыгарылган. Тамак–аш өндүрүлгөн продукциясын түзүмүнүн негизи болуп негизинен ун, нан, эт, сүт, кант ж.б. продукцияларынын үлүшү 89,3% туура келсе, ал эми суусундуктарга (арак, вино, пиво, мин. суу ж.б.)– 10,7% болгон.

Айыл чарбасынын каатчылыгына байланыштуу республикадан чыккан тамак–аш продукталары менен калкты камсыз кылууда толук мүмкүнчүлүгү жок болууда, бирок, ошого карабастан ички рынокто өзүбүздүн продукциясынын үлүшүн жогорулатуу керек. Ансыз республика тамак–аш продукциясынын коопсуздугун камсыз кыла албайт. Тамак–аш өндүрүшүнүн ишмердүүлүгүн көтөрүш үчүн айыл чарба тармактары, айрыкча мал чарба продукциясынын көлөмүн өстүрүү жана сапатын жакшыртуу проблемасын ишке ашыруу керек.

Ушундай иштердин негизинде ички рынокту тыштан экспорттолгон сапаты жана даамы жагынан начар продукциялар ээлеп калган. Эгерде тыштан импорттолгон продукция республиканын ички рыногунда 20–25% га чейин түзө турган болсо, ал эми чындыгында алардын үлүшү 70–80%га жеткен. Демек, мындай абал республиканын азык–түлүк көз каранды коопсуздукка алып келүүдө. Андан тышкары, көп көлөмдү жана үлүштү импорттолгон продукция мамлекеттин экономикалык жана экологиялык копсуздугун жаратуу менен валютанын тышка агып кетүүсүнө алып келүүдө.

Тамак–жай өндүрүшүнүн экономикасы да жакшы эместиги төмөнкү анализ көрсөтүүдө. Импорт, экспортко караганда 17,8 эсеге өскөн, же болбосо тескери сальдосу (–) 637 млн. АКШ

долларына барабар. Мындай көрүнүш бул тармактын жана жалпы республиканын экономикасына тескери таасирин тийгизүүдө жана валюталык резервди азайтууга алып келүүдө.

2013–жылы республикага 60,1 миң т. эт жана эт продукциясы 87,3 млн. АКШ долларына, 18,4 миң т. жана 11,0 млн. доллар сүт продукциясы, 361,7 миң т. жана 89,7 млн. долл. дан эгини, 139,9 миң т., же 44,1 млн. доллар ун, 82,7 миң т., же 56,9 млн долларга кант импорттолгон.

Бирок, өндүрүштүн көп кыйынчылыктарына карабастан тамак–аш ишмердүүлүгүндө бир катар жылыш байкалууда. Республикада 2000–2013–жж. жалпы ишканалардын санынын кыскарышына карабастан, өндүрүлгөн продукциянын көлөмү бир кыйла өсүүдө. Көрсөтүлгөн мезгилдин ичинде тамак–аш мекемелеринин өндүрүшүнүн экономикалык көрсөткүчтөрүү бир кыйла жакшы жолго коюлууда. Мисалы, сатуудан түшкөн киреше 2000–2013–жж. 1112.6 млн. сомдон 18291,1 млн. сомго, же 16,4 эсеге, ошондой эле жалпы чыгым– 1087,7 млн. сомдон– 16452,5 млн. сомго чейин же 15,1 эсеге өсүш болгон. 2013–жылы пайданын көлөмү– 2014,1 млн. сомго жетсе, ал эми чыгашасы– 263,8 млн. сом, б.а. таза пайда– 1750,3 млн. сом болгон. 2013–жылы финансы боюнча 431 ишкана эсеп–кысабын берген, анын ичинен чыгашалуу– 109 мекеме, же 25,2% түзгөн (45–табл.).

45– Таблица. **Тамак–аш өндүрүшүнүн экономикалык көрсөткүчтөрү, млн. сом**

| | 2000 | 2005 | 2010 | 2011 | 2012 | 2013 |
|---|---|---|---|---|---|---|
| **Продукцияны сатуудан түшкөн киреше** | 1112,6 | 5542,7 | 13170,1 | 14735,5 | 16824,6 | 18291,1 |
| **Өндүрүшкө жана сатууга кеткен чыгым** | 1087,7 | 5301,1 | 12580,0 | 13949,6 | 15236,4 | 16452,5 |
| **Балансалык пайда (–чыгым)** | 19,8 | 195,6 | 338,2 | 153,3 | 1211,2 | 1791,4 |
| **Пайдасы** | 93,2 | 428,0 | 895,7 | 1255,3 | 1533,1 | 2014,1 |
| **Чыгымы** | 73,4 | 232,4 | 557,4 | 505,1 | 321,9 | 263,8 |
| **Дебитордук карызы** | 614,5 | 1026,7 | 2619,6 | 4268,0 | 3028,7 | 3436,8 |
| **Кредитордук карызы** | 533,1 | 1411,9 | 3240,9 | 3574,4 | 2800,6 | 3553,7 |
| **Отчет берген мекемелердин саны** | 267 | 409 | 421 | 423 | 423 | 431 |
| **а.и. чыгашалуусу** | 83 | 195 | 136 | 120 | 110 | 109 |

| | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| **Дүң кирешенин өсүш темпи, %** | 124,2 | 100,3 | 123,8 | 111,9 | 114,2 | 108,7 |
| **Өндүрүштүн рентабелдүүлүгү, %** | 1,5 | 0,8 | 4,7 | 5,6 | 10,4 | 11,2 |

Статистикалык маалыматы: “КР өнөр–жайы”, 2005–2014.

Көп учурда ишканалар чыгаша менен иштегендери байкалат. Айрыкча, иштеп жаткан технологиянын төмөндүгү, импорттук техникалардын тетиктеринин жоктугу, айыл чарба продукциялардын жетишсиздиги жана сапатынын начардыгы себеп болууда. Мындай көрүнүш кондитердик, нан бышыруу, суу май чыгаруу, ун жана комбитоют өндүрүү тармактарында кездешет. Бул болсо жалпы тамак–аш тармагынын өндүрүш потенциалына тескери таасирин тийгизүүдө. Негизинен чыгаша менен иштеген ишканалар жалпы өнөр–жай тармагы боюнча 2013–жылы 263,8 млн. сомго, а.и. тамеки продукциясы– 63,8 млн. сомго, текстиль–тигүүдө– 103,1 млн. сомго, тери жана териден жасалган буюмдар боюнча– 2,1 млн. сомго менен чыгаша иштешкен.

Бирок, рентабелдүү иштеген мекемелер деле аз эмес. Алсак, ААК “Бишкек Сүт”, АЖК “Яшар”, ААК “Акун”, ЖАК “Шоро”, ААК “Үмүт жана Ко”, ЖАК “Бета Кыргызстан Интернешл”, ЖАК “Инфико” ж.б.

Жыйынтыктап айтканда, республиканын бардык региондорунда тамак–аш өнөр жайында корпоративдик түзүмү калыптанууда. Бул жагдайда тамак–аш өнөр жай ишканалары айыл чарба мекемелери жана ар түрдү ортомчу ишканалар менен технологиялык байланыш принцибинде, иш алып баруу. Тамак–аш өнөр жай өндүрүшүнүн келечекте сапаттуу жана атаандаштыка туруштук бере турган продукцияны ички жана тышкы рынокко чыгаруу үчүн техника жана технологияны модернизациялаштыруу, инвестиция тартуу, иштеген кадрлардын квалификациясын жогорлатуу жана башка иш чараларын ишке ашыруу проблемасын чечүү керек.

Акыркы жылдарда тамак–аш өндүрүшүндө ишканаларынын продукциясынын сапаты өсүүдө. Мисалы, “Сүт–Булак” компаниясы Швейцария технологиясы менен “Тильзит” сыр (басымдалган быштан) продукциясын жана каймак майын, быштак, йогурт, каймак тартылбаган сүттөн жасайт жана дүйнөлүк стандартка туура келген кошулмаларды кошушат. Чет мамлекет-

терде сыр продукциясы кеңири колдонулат. Мисалы, Францияда жылына бир жанга 23 кг, Швейцария– 26 кг керектелсе, ал эми Кыргызстанда– 0,2 кг түзөт.

Ошондой эле сапаттуу сүт продукциясын “Бишкек–Сүт” компаниясы чыгарат. Анткени, бул жалгыз компания эл аралык сапат сертификациясын (ISO 9001) алган. Продукциянын сапатын сүттү сатып алгандан тартып өндүрүштүн бардык этаптарында көзөмөлдөөдө болот. “Бишкек–Сүт” компаниясында акыркы технология ИНТ (Vitra Nigh Temperatura). Чийки сүттү ультрапастеризациясы менен 2–3 секундада+135–137 градуска ысытып, анан тез муздатат. Мындай шартта сүт химиялык консерванты жок эле бир канча айлар бою комнаттык температурада сакталат. 2000–жылдан тартып “Бишкек Сүт” компаниясын көзөмөлдүк пакет акциясын “Вимм–Билль–Данн” компаниясы сатып алып, 2008–ж. технология жабдыктары үчүн 6 млн АКШ долларын инвестиция кылган.

Керектөөчүүлөрдүн суроо–талабына жооп бере турган, ички жана тышкы рынокторунда кеңири колдонуучу республикада кондитердик товарлары бар. Буга мисал болуп ААК “Таттуу” компаниясы. Акыркы жылдарда компания 60–70% технологиялык жабдууларын алмаштыруунун негизинде 60–150 аттуу товарларды өндүрөт (шоколад, мармелад, зефир, пряник, печеньелер, халва, пастила, ар түрдүү момпосуйлар, торттор ж.б.). Бардык продукциялар сертификацияланган. Бирок, кондитердик продукция боюнча Орусиянын, Украинанын, Казакстандын фирмалары республиканын ички рыногунда чоң атаандаштыкты жаратууда.

Республикада жашылча–жемиш экологиялык таза продукциясын өндүрүүдө көп мүмкүнчүлүктөр бар. Мисалы, Түштүк Кореянын эксперттери Борбордук Азия боюнча оор өнөр жай өндүрүшүнүн калдыктары боюнча жер–жемиш продукцияларынын курамын текшеришкен. Жыйынтыкта Ысык–Көл областындагы Жети–Өгүз районунун жер–жемиштери экологиялык эталон деп табылган.

Республикада тамеки өндүрүшүндө “Реемтсма–Кыргызстан” компаниясы бирден бир ийгиликтүү эл аралык инвестиция проектиси. Бул мекеменин проектик кубаттуулугу 12,5 млрд. даана сигарет болсо, ал эми республиканын суроо–талабы болгону 3,5 млрд. даана. Продукция сапаты жагынан эл аралык сертификация-

дан ISO 9000 01 MISO 14000 01өткөн. 1998–2003–жылдарда сигарет өндүрүшүнө, маркетинг жана сатуу процесси үчүн 118,5 млн. АКШ доллары иинвестиция салынган.

Тамак–аш өнөр жайынын көп техникалык базасы жогорку технологияны колдонууга мүмкүндүк болбогондуктан, атаандаштыкка туруштук бере турган сапаттуу продукция өндүрүүгө көп мекемелердин шарты начар. Бир катар ишканаларда моралдык жана физикалык жактан, өндүрүмдүүлүгү төмөн, эскилиги жеткен техникалар жана жабдуулар колдонууда. Анткени, каражаттын жоктугу же аздыгы негизги фондулардын эскиришинен алардын жаңыртуу процессинен артта калып, амортизация мөөнөтү 1,5–2,0 эсеге узарып кетүүдө. Импорттук техникаларды жана технологияларды сатып алуу үчүн инвестиция тартуу керек. Ошондуктан негизги фондуларды жылына 10–15% жаңыртып туруу зарыл.

Республикада тамак–аш тармагынын ишмердүүлүгүн жогорулатыш үчүн концептуалдык программасын иштеп кабыл алышыбыз керек. Тамак–аш өнөр жайынын эффективдүүлүгүн жогорулатуу үчүн бул программаларда төмөнкү иш чаралар белгилениши керек:

- айыл чарба продукциясынын сапаты жана жетиштүүлүгү;
- айыл чарба продукциясынын болушунча арзандатылган баасы;
- жеңилдетилген салык режими;
- жагымдуу инвестицияны тартуу климаты;
- үзүлтүксүз жана стандартка ылайыктуу электр энергиясы менен камсыздандыруу;
- жетиштүү жана квалификациясы жогору жумушчулар жана кадрлар менен камсыздоо;
- өндүрүш технологиясын модернизациялаштыруу жана автоматташтыруу;
- башкаруу жана продукцияны сатуу тутумун жакшыртуу ж.б.

Акыркы жылдарда Кыргызстан Өкмөтү тамак–аш тармагынын эффективдүүлүгүн жогорлатуу үчүн бир катар иш чаралар көрүлүүдө. Мисалы, 2013–жылы 25–январында №37 Кыргыз Өкмөтүнүн токтому боюнча бир катар өнөр–жай

технологиясы менен иштеген ишканаларга пайда салыгын 3 жылга чейин бошоткон.

Кыргыз Республикасынын Президентинин 2013–жылы 21-январында чыккан Указы “Кыргыз Республикасынын 2013–2017-жылдардагы туруктуу өнүгүүшү Улуттук стратегиясы” тамак–аш жана кайра иштетүү мекемелеринин кызыкчылыгын арттыруу үчүн мамлекеттик чектөө жана жардам боюнча иш чаралар каралган. Бул жагдайда тамак– өнөр жай жана кайра иштетүү тармагына артыкчылык берилген.

# БАП IX

# КУРУЛУШ ИНДУСТРИЯСЫНЫН ӨНҮГҮҮСҮ ЖАНА ЭФФЕКТИВДҮҮЛҮГҮ

## §1. Курулуштун өнүгүүсү жана эффективдүүлүгү

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн алдындагы архитектура жана курулуш боюнча мамагенттиктин маалыматы боюнча республикада 2005–жылга чейин турак–жай фонду боюнча курулуш болгон эмес, ал эми турак–жайга өтө муктаж жарандардын саны 166 миң адамга жеткен. 2,7 миңден ашуун үй–бүлө авариялык акыбалдагы үйлөрдө, 17 миңден ашуун үй–бүлө жатаканаларда же жеке батирлерде жашашкан. Үй–бүлөлөрдүн 68% дан көбү бир адамга 5 $м^2$ жана аз турак–жай аянтына ээ болушкан. Эгерде өнүккөн өлкөлөр менен салыштырсак, анда республикада бир адамга бир нече эсе аз турак–жай аянты туура келет. Мисалы, орточо эсеп менен алганда Орусияда бир жанга 19,5$м^2$, АКШ– 60, Норвегияда– 74, Францияда– 43 $м^2$ туура келет. Чыгыш Европа өлкөлөрүндө 35$м^2$ ка жакын аянтка ээ, ошол эле учурда Кыргызстанда бул көрсөткүч араң эле 3,5$м^2$ жашоо аянтына жетет.

Эгерде биз республикадагы калктын турак–жай боюнча абалын жакшыртууну кааласак, анда ар жылы 1,0 млн.$м^2$ турак–жай аянтын даярдоого туура келет. Ушул эле учурда көп турак–жай аянттары авариялык абалынын жана колдонуу мөөнөттүн бүтүшү себебинен жарактан чыгып калууда. Демек, турак–жай көйгөйүн реалдуу түрдө чечүү үчүн акыркы 5–10 жылдын ичинде эки–үч эсеге көп квадраттык метр аянтты курууга туура келет.

Бул максатта курулуш материалдарынын өндүрүшүн калыбына келтирүү, заманбап технология менен куруу жана мамлекеттин финансылык резервдеринин эсебинен дефицит шаймандар менен курулуш материалдарынын импортун жөнгө салуу, ошондой эле илимий–изилдөө жана долбоордук–конструктордук инфраструктураны тартуу абзел.

Акыркы жылда турак–жай төлөмгө калктын капчыгы калың бөлүгүнө гана кол жетээрлик болуп жатканы байкалууда, ал эми калктын көпчүлүк бөлүгү учурдагы турак–жайларга болгон

баанын, банктык насыя проценттик ченемин жогору болгондуктан батир сатып алууга чамасы жетпейт.

Акыркы беш жылда (2005–2013–жж.) турак–жайларды куруу темпи өсүүдө. Бул мезгилде 595,7 млн.м$^2$ турак–жай аянты курулуп, колдонууга берилген, алардын ичинен шаарларда, шаарчаларда– 304,0 миң.м$^2$ о.э. айыл жеринде– 291,7 млн.м$^2$ даярдалган.

2010–2012–жж. Социалдык–маданият багытындагы объекттер ишке берилген: а.и. 33,3 миң орундуу жалпы билим берүү мектептери, 645 койкалуу оорукана мекемелери. Айыл жеринде курулган объекттердин үлүшү мектеп орундарынын 78,2% жана оорукана койкаларынын 54,1% ды түзөт.

Бирок, учурда турак–жайды жана социалдык–маданият багытындагы объекттерди куруу темпи жаңылануууга чейинки мезгилге салыштырганда бир топ артта калууда. Мисалы, 2013–жылы турак–жайды куруу 1991–жылга салыштырганда 382,0 миң м2, же 26,5% артта калган (46–табл.).

46– Таблица. **Республикада турак–жайды жана социалдык–маданият объекттерин куруу**

| | 1991 | 1995 | 2000 | 2005 | 2010 | 2011 | 2012 | 2013 |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **Турак–жай үйлөрү, миң. м$^2$** | 1232 | 325 | 457 | 532 | 735 | 865 | 850 | 90,67 |
| **Жалпы билим берүү мектептери, миң орун** | 24,6 | 3.S | 5,0 | 16.3 | 9,6 | 10,3 | 13,4 | 80,0 |
| **Оорукана мекемелери, койка** | 521 | 294 | 421 | 360 | 82 | 198 | 365 | – |
| **Амбулатордук–поликлиникалык мекемелер, сменада катталгандар** | – | – | 220 | 492 | 271 | 913 | 734 | 507 |

КР Улуттук статкомунун маалыматтары “Кыргызстан цифрада» Б. 2003, 2009


2013–жылы республикада эксплуатацияга жалпы 906,7 миң м$^2$ аянты менен 8706 батир берилген, бул 2000–жылга

салыштырмалуу 6,3% га көп. Жалпы курулушка 13,3 млрд млн. сом сарпталган, же 2007–жылга караганда 54,6% га көп болгон. 2012–жылы айыл жеринде 411,0 миң $м^2$ турак–жайы, же жалпы курулуштун 42,4% пайдаланууга берилген.

2013–жылы пайдаланууга берилген турак үйлөрдүн (850,5 $м^2$) ичинен мамлекеттик 22,7 $м^2$ менчиктердики–378,4 $м^2$, же болбосо 2,5% жана 96,8% түзгөн. Акыркы жылдарда жаңы курулуп жаткан көп кабаттуу үйлөрдүн саны кескин өсүүдө. Албетте, "Курулуш болмоюн жаңыланыш болбойт" дегендей курулуш системасы өнүккөн сайын мамлекеттин экономикасынын өсүшүн түздөн–түз көрсөткүчү. Мисалы, беш жылдын ичинде (2008–2013–жж.) республикада батирлерди куруу жогору темпте өтүүдө. Мисалы, беш жылдын ичинде бардыгы болуп 42,646 батирлер курулган, анын ичинен 2009–жылы– 8410, 2010–жылы– 7697, 2011–жылы– 8986, 2012–жылы– 8847 жана 2013–жылы– 8706. Акыркы беш жылдын ичинде батир куруу 10,3% га өскөн.

Кыргыз Өкмөтүнүн маалыматы боюнча 2014–жылы курулуштун жалпы нарк көлөмү 3 млрд долларга жеткен. Бишкек шаарында 100дөн ашык көп кабаттуу үйлөр курулууда, башкача айтканда курулуштун мындай жүрүшү мурун болгон эмес. 2013–жылдын 10 айлык жыйынтыгы боюнча курулуш тармагында дүң продукциясы 52,2 млрд. сомду түзгөн, же болбосо 2012– жылдын ошол мезгилине салыштырганда 21,2% га өсүш берген.

Сүрөт 2. **Кыргыз Республикасында курулган батирлер**





Турак–жайларды куруу жана пайдаланууга берүү негизинен калктын каражатына, б.а. 83,6% жеке каражат. 30,1 млрд. сомго жалпы аянты 96,9 миң $м^2$ болгон үйлөр курулган.

Жеке турак–үйлөрдүн жалпы аянтынын бир квадрат метрин курууга кеткен чыгымдын орточо наркы республикада 4312,6 сомду, анын ичинде, шаарларда – 5488,8 жана айыл жеринде – 3552,1 сомду түзгөн.

Жалпы билим берүү мекемелерин курууга 1390,3 млн. сом инвестиция, же 2007–жылга салыштырмалуу 19,2% га көп сарпталган, 3615 орунду жалпы билим берүү мектептери ишке берилген, мунун ичинде, Баткен областында – 900, Жалал–Абадда – 146, Ысык–Көлдө – 894, Нарын облусунда – 1675 орунга жеткен.Сменасына 507 кабыл алууну камсыз кыла алган амбулатордук–поликлиникалык мекемелер ишке берилди жана ал үчүн 85,3 млн. сом сарпталган.

Сүрөт 3. **Кыргыз республикасында курулуш мекемелеринин жалпы саны**




2000–2013–жж. мезгилинде республикада курулуш мекемелеринин саны 487 ден 688 ге, же 41,2% га чейин, аткарылган жумуштардын көлөмү – 3611,2 млн. 13215,0 млн. сомго, же – 3,6 эсе өскөн, анын ичинде, мамлекеттик каражаттардын эсебинен – 203,4 млн. дон 1086,6 млн. сомго чейин, же – 5,3 эсе, жеке менчик каражаттардын эсебинен — 4185,6 млн. дон 12128,9 млн. сомго чейин, же 2,9 эсе жогорулаган (47–табл.).

Бул мезгилде 457 миң. м2 (2000–ж.) 822 миң. $м^2$ (2008–ж.) чейин аянт пайдаланууга берилген, же 79.0% га көбөйгөн, анын

ичинде, калктын насыя каражатынын эсебинен 420 миң м$^2$ дан 703 миң м$^2$ чейин, же – 67,3% га жогорулаган, бул деген тиешелүү түрдө жалпы пайдаланууга берилген аянттын 91,9 жана 85,5% ды түзөт.

Пайдаланууга берилген турак–үйлөрдүн көпчүлүк үлүшү айыл жерине тиешелүү. 2000–жылы 269 миң м$^2$, же пайдаланууга берилген жалпы аянттын 58,8% түзгөн, ал эми 2013–жылы– 443 миң м$^2$, же 64,6% түзгөн.

47– Таблица **Курулуш тармагынын өндүрүштүк көрсөткүчтөрү**

| | **2000** | **2005** | **2009** | **2010** | **2011** | **2012** | **2013** |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **Курулуш мекемелеринин саны** | 487 | 581 | 770 | 725 | 761 | 706 | 688 |
| **Аткарылган жумуштардын көлөмү, млн. сом** | 3611,2 | 6542,7 | 17924,0 | 15973,9 | 21577,2 | 28630,7 | 31762,0 |
| **Анын ичинде мамлекеттик** | 203,4 | 440,3 | 1360,0 | 1297,3 | 1416,9 | 1384,9 | 1105,8 |
| **% менен** | 4,6 | 6,7 | 7,6 | 8,1 | 6,6 | 4,8 | 3015,5 |
| **Жеке менчик** | 4185,6 | 6102,4 | 16558,7 | 14675,6 | 20159,1 | 27244,9 | 906,3 |
| **% менен** | 95,4 | 93,3 | 92,4 | 91,9 | 93,4 | 95,2 | 878,8 |
| **Пайдаланууга берилгени, миң м$^2$** | 457 | 539 | 875,8 | 735,6 | 865,2 | 850,2 | 96,9 |
| **Анын ичинде: насыялардын жардамындагы калктын каражаты менен** | 420 | 499 | 702,8 | 636,4 | 586,4 | 717,1 | 495,4 |
| **%** | 91,9 | 92,6 | 80,2 | 86,6 | 67,8 | 87,0 | 50,2 |
| **Ишке берилген турак–үйлөр, миң м$^2$, анын ичинде: шаарларда % миң м$^2$, анын ичинде: шаарларда** | 1S8 | 234 | 450 | 359 | 552 | 413 | 711,3 |
| **%** | 41,2 | 43,5 | 64,1 | 56,4 | 67,7 | 57,6 | 40,7 |
| **Айыл жеринде** | 269 | 305 | 425 | 375 | 312 | 411 | 44,3 |
| **%** | 58,8 | 60,9 | 35,9 | 43,6 | 32,3 | 42,4 | 44,0 |

Статистикалык маалыматы «КР өнөр жай», 2004, 2013

Ар жылы курулуш мекемелери мамлекеттик органдардын алдында өздөрүнүн өндүрүштүк жана экономикалык ишмердүүлүгү боюнча отчёт беришет. Мисалы, эгерде 2001–жылы өндүрүштүк продукцияны өндүрүү, сатуудан түшкөн пайда 3323,6 млн. сомду түзсө, ал эми 2013–жылы – 21655,5 млн. сомду түзгөн, же 6,5 эсеге өскөн, ал эми продукцияны өндүрүүгө жана сатууга кеткен чыгым тиешелүү түрдө 3333,7 ден 19487,7 млн. сомго чейин же 5,8 эсе жогорулаган.

Эгерде 2001–жылы курулуш мекемелери 51,8 млн. сом пайда көрүшсө, ал эми 2013–жылы – 1057,9 млн. сом, б.а. 20,4% га өскөн.

Демек, материалдар менен сырьёнун такай кымбаттап туруусуна карабастан курулуш мекемелери рентабелдүүлүктүн өсүшүн камсыз кылышкан. Бирок, рентабелдик деңгээлдин төмөндүгү (11,1% 2013ж.) кредитордук жана дебитордук карыздардын көлөмүнүн өсүшүнө өбөлгө түзөт. 2013–жылы чыгашага баткан ишканалардын салыштырма салмагы 64,2%ды түзгөн (48–табл.).

48–Таблица **Республиканын курулуш мекемелеринин экономикалык көрсөткүчтөрү**

| | 2001 | 2005 | 2009 | 2010 | 2011 | 2012 | 2013 |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **Продукцияны өндүрүүдөн жана сатуудан түшкөн пайда, млн. сом** | 3323,6 | 4405,9 | 18173,3 | 13817,9 | 13969,6 | 24133,0 | 21655,5 |
| **Продукцияны өндүрүүгө жана сатууга кеткен чыгым, млн. сом** | 3333,7 | 4612,5 | 16982,7 | 12776,8 | 13308,6 | 23353,6 | 19487,7 |
| **Таза пайда, млн. сом {+, –)** | 51,8 | –207,9 | 1446,5 | 1216,7 | 935,9 | 608,4 | 1057,9 |
| **Рентабелдүүлүк, %** | 1.6 | – | 7,0 | 8,1 | 5,0 | 3,3 | 11,1 |
| **Дебитордук карыз, млн. сом** | 1312,1 | 1581,8 | 5147,8 | 4243,1 | 4371,0 | 5097,4 | 7124,0 |
| **Кредитордук карыз млн. сом** | 1958,8 | 18S5.0 | 11114,5 | 7982,9 | 9007,3 | 11762,5 | 15674,1 |
| **Ишканалардын саны,<br>анын ичинде:<br>карызга** | 828<br>289<br>34,9 | 581<br>318<br>35,5 | 1293<br>484 | 1295<br>440 | 1340<br>385 | 1367<br>1061 | 1483<br>957 |

| | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **баткандары, даана % менен** | | | | | | | |
| **Дүң кирешенин өсүү темпи, өткөн жылга % менен** | 122,0 | 105,5 | 134,0 | 148,1 | 101,1 | 77,6 | 64,5 |

КР Улуттук статкомунун стат маалыматтары «Финансы предприятий КР» Б. 2004,2009

Акыркы жылдарда биринчи ирет курулуш индустриясынын жандануусу байкалды: маданият – турмуш–тиричилик мекемелери, соода борборлору курулууда, калк үчүн турак–жайлар тургузулууда. Учурда, КР архитектура жана курулуш боюнча мамагентигинин маалыматы боюнча, бир эле Бишкек шаарында 27ден ашуун бирикме жана ишканалар курулуш иштери менен алектенишет. Мамлекет бюджеттик каражаттардын эсебинен билим берүү, медицина жана укук коргоо органдарынын кызматкерлери үчүн турак–жайларды курууда киришти.

Бардык эле курулуш мекемелери өз иштерин жогорку деңгээлде, курулуш стандартты толук сакталбайт. Демек, көп кемчиликтер, жетишсиздиктер кездешет. Ошондой болсо да, меккемелердин арасында курулуш иштерин рыноктун талабына, курулуш сапатына жооп бере тургандары аз эмес. Мисалы, “Tazaber”-Издания “Tazabek” компаниясы аркылуу курулуш системасында ийгиликтүү иштеген 2013-жылы эң чоң 10 курулуш компаниясы кирген. МУАК “Крос Инк”, “Империя групп”, “Экспо–Строй”, “Бабек ЛДТ”, “Ираим Строй”, “Ата Строй”, Хас Курулуш” ж.б.

Курулуш компаниялардын алдындагы чечилүүчү маселелери:

- иштин сапатын жогорулатуу;
- кызмат көрсөтүү сапатын жогорулатуу;
- объектинин пайдаланууга бергенде гарантия жана гарантия учуру бүткөндөн кийин камсыз кылуу;
- иштеген жумушчулардын жана администрацияда иштегендердин квалификациясын жогорулатуу;
- өндүрүштө жаңы технологияны колдонуу жана киргизүү ж.б.

Учурда Кыргызстанда жашаган жарандарды үй менен жетиштүү түрдө камсыз кылуу орчундуу маселе. Бул үчүн турак–жай менен камсыз болуу деңгээлин кол жетээрлик коэффициенти (коэффициент доступности) аныктайт. Мисалы, эгерде орточо статистикалык үй–бүлө үчүн жалпы аянты –100 $м^2$ болгон үч бөлмөлүү батирдин орточо наркы 100 миң АКШ доллары болсо, ал эми республика айлык майанасы 10,0–12,0 миң сом, 12:55 анда–жылдыгы 120,0–140 миң сом же 22–26 миң АКШ долларына барабар, анда кол жетээрлик коэффициенти (жалаң батирге жумшалса) анда үч бөлмөлүү батир алыш үчүн, кеминде 5–6 жыл, же болбосо анын 30% эле күндөлүк жумушта жумшалган болсо, анда 15–20 жылга созулат. Ошентип, эмгек акынын жана батирлердин наркынын учурдагы деңгээлинде бир дагы адам жакын арада турак–жайга ээ боло албайт. Ошол эле учурда, БУУнун (ООН) Программасына ылайык, кол жетээрлик коэффициенти дүйнөнүн ири шаарларында: Нью–Йоркто – 2,7, Парижде – 3, Мельбурнда – 3,6, Лондондо – 4,7, Стокгольмдо – 6, Токиодо – 5,6, Амстердамда 5–6 жылды түзөт. Белгилүү болгондой, сатылып алынып жаткан батирдин баасы үй–бүлөнүн кирешесинин үчтөн бир бөлүгүнөн ашпоосу зарыл, а бул биздин республикада кол жетээрлик коэффициентин ого бетер жогорулатат. Экономиканын учурдагы абалында өлкөнүн бюджеттик каражаттары да, калктын киреше жана аманаттары да турак–жай программаларын аткарууга жетпейт. Мисалы, жыл сайын орточо баасы 40–60 миң АКШ доллары (эгерде ипотека болсо) турган жана аянты 500 миң $м^2$ турак–жайы пайдаланууга берүү курулуш материалдарынын өндүрүшү жана инфраструктурасы менен 25,0 млрд. АКШ долларын талап кылат. Республикада курулуш үчүн мындай каражаттар табыла койбос.

Республиканын бай жана жакыр калкын турак–жай менен камсыздоо маселеси канааттандыраарлык эмес абалда. Мисалы, республика боюнча жашоо деңгээли жогору болгондор негизинен 10–40 $м^2$ менен 74,8% жакырчылыкта жашагандардыкы –10–20 $м^2$ – 92,4% өтө жакырчылыкта жашагандардыкы негизинен 10 $м^2$ гачейин – 61,0% ды түзгөн (49–табл.).

49– Таблица **Жакырлыктын деңгээлине жараша бир адамдын турак–жай менен камсыз болуусу, 2008–жыл үчүн,** %

| | Квадраттык метрлер | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| | **Бары** | **10 чейин** | **10–20** | **20–40** | **40 жогору** |
| Кыргыз Республикасы орточо: | 100 | 34,5 | 40,3 | 15,5 | 9,7 |
| Жакыр эместер | 76,9 | 10,3 | 39,2 | 18,1 | 12,4 |
| Жакырлар | 23.1 | 48,4 | 44,0 | 6,8 | 0,8 |
| Өтө жакырлар | 3,3 | 61,0 | 33,6 | 5,4 | – |

Статистикалык маалыматы «Жашоо деңгээли» Б. 2014

КРнын Улуттук статкоомунун изилдөөлөрүндө көрүнүп тургандай, орто эсеп менен республиканын калкынын бир жанга 10 ден 20 кв. м. чейинки турак–жайга, калктын жакыр бөлүгүнүн 61%дан ашууну бир жанга 10 кв. м.ге чейинки турак–жай аянтына ээ. Ош облусунда 10 кв.м. аянтка ээ болгон калктын үлүшү – 92,2%, Нарын облусунда – 78,7%, Чүй облусунда – 91,5% жана Бишкек шаарында – 79,9% ды түзөт.

Бүгүнкү күндө өлкөдө нормалдуу турак–жай рыногу жок. Турак–жай үчүн банктык насыяларды берүүнү ипотека деп айтууга болбойт. Насыяга турак–үй алуу үчүн жылына 30% төлөп туруу керек болот. Ал эми рынок өнүгүү үчүн максималдуу пайыздык ченеми 7% ашпоосу абзел. Бирок, ушуга карабастан, республикада бир эле өзүбүздүн эмес, чет мамлекеттик компаниялар Туркиядан, Кореядан, Араб өлкөлөрүнөн иштеп жатышат. Мисалы, «Джал–Артис» кичи–районунда 7,6 га жер аянты бөлүнүп берилген. 2006–жылдан тартып бийик кабаттуу үйлөр курула баштады. Жалпы наркы 250 млн. АКШ доллары турган курулуш менен Кореялык «Глобал Артис Ко ЛТД» аттуу фирма алектенген. Бириккен Араб Эмираттарынан келген курулуш компаниясы Бишкек шаарында бийик кабаттуу үйлөрдү кура баштайт. «Гамон–Групп» компаниясы 20 жылдан бери ар кандай багыттагы имараттарды куруу боюнча өзүн мыкты экендигин көрсөттү. «Гамон–Групп» тарабынан тургузулган бийик кабаттуу үйлөр заманбап курулуштарды бардык өнүккөн өлкөлөрдө көрүүгө болот. Бул

компаниянын финансылык каражаттарынын жылдык айлампасы миллиарддаган АКШ долларын түзөт[2].

2010–жылдан тартып республикада мамлекеттик бюджеттин эсебинен курулуп жаткан имараттарды жана курулуштарды тургузууда жаңы технологияларга массалык түрдө өтүү каралган.

Имараттарды жаңы ыкмалар менен тургузуу бир топ арзанга түшөт, анда энергияны жана жылуулукту пайдалануу 6 эсеге азаят. Мындай турак–үйлөрдү жылытуунун, электр жарыгынын жана суу менен камсыздоонун борбордук тармактан көз карандысыз автономдуу системасын колдонуу каралган.

Бетондон тургузулган имараттын 1 $м^2$ аянтын жылытуу үчүн 400 кВт энергия, бышык кыштан тургузулганы – 300,0, ал эми жаңы технологияга тиешелүү объектке – болгону 30 кВт энергия талап кылынат. Мисалы, Ысык–Көл облусунда эски ыкма менен тургузулган 250 орундуу мектепти жылытууга 280 миң сом, ал эми ошол мезгилде жаңы мектепке болгону 18 миң сом сарпталган («Вечерний Бишкек» 22 декабрь 2009 г.).

Мындан башка, 2010–жылдан тартып, советтик мезгилдерден мураска калган норма жана эрежелерден баш тартуу пландаштырылууда. Курулуш – экономиканы кыймылга келтирүүчү негизги тармактардын бири. Бирок, каржы каатчылыгы тескери таасирин берүүдө, б.а. инвесторлор каражаттарын кошууга шашпайт, банктар ипотекалык насыяларды оор шартта берүүдө. Кол жетээрлик батирлер– бул орточо кирешелүү үй–бүлөлөр үчүн эконом класстагы турак–жайлар. Массалык турак–жайларды өнүктүрүү жана курулуштун эффективдүүлүгүн жогорулатуу үчүн жер аянттарын бекер берүү жана үйлөрдү сырткы инженердик тармактарга туташтыруу аз каражат чыгымдалса жагымдуу болмок. Мындай система Орусияда жана Казакстанда качантан бери эле иштейт. Мамлекет үй куруу маселесине өз каражаты менен киришиши абзел, анда элиталык курулуштардагы метр квадрат аянттын реалдуу баасы 700–1000 АКШ долларынан ашпайт.

---

[2]: Вечерний Бишкек от 18 августа 2008 Л°55 (9576). С.3.

Учурда республиканын курулуш индустриясында жакшы жактары да бар, б.а. укук берүүчү документтерди берүүдө «бирдиктүү терезе» принциби киргизилген. Өткөн мезгилдерде курулуш боюнча 5 жаңы мыйзам жана республиканын Өкмөтүнүн 8 токтому кабыл алынган, аракеттеги мыйзамдарга түзөтүү киргизилген.

Эксплуатацияга берилген объекттерди кабыл алуу жоопкерчилиги жогорулады: ал үчүн ишеним жараткан комиссия түзүлүүдө. Мисалы, 23 кө чейинки кол топтоо зарыл болсо, ал үчүн 332 ге чейинки күн талап кылынган, азыр эсе 12 ге чейинки кол топтоо керек жана ага 137 күн жетиштүү. Бүгүнкү күндө эксплуатацияга берилүүчү объектти кабыл алуу аны тургузууга уруксат берген тарапка жүктөлдү. Бул жоопкерчиликти жогорулатат жана сапатка жооп берет. Демек, «Бирдиктүү терезе» принциби натыйжалуу иштеп жатат жана бизнес үчүн да, бүтүндөй өлкө үчүн да пайдалуу. «Бирдиктүү терезенин» максаты – менчикти куруу жана каттоо менен байланышкан убакытты жана чыгымдарды азайтуу. Чыгымдарды үнөмдөө жылына 3,5 млн. АКШ долларын түзөт[1]. (АКШ пресс №9 с3)

Биздин республика Бүткүл дүйнөлүк банктын «Бизнести жүргүзүү» программасына катышуучу болуп калды, анда укук берүүчү документтерди берүүдө «Бирдиктүү терезе» принцибин киргизүү милдеттүү шарт болуп эсептелет. Курулуш объекттерине «Лицензиялоо» аттуу индикаторго уруксат алуу үчүн архитекторлорго кайрылуудан тартып Мамрегистрде каттоодон өткөнгө чейин ондогон процедуралардан өтүү талап кылынган. Ал эми уруксат берүүчү пакеттин наркы акылга сыйбай турган өлчөмдө болуучу.

Эгерде, илгерки системада жарым жылда арыз берүүчүлөрдүн 92 уруксат бере алышса, азыр– 188 уруксат беришүүдө. Учурда архитектуралык ведомство эки этапта үлгүрүүгө милдеттүү. Биринчисинде, архитектуралык-пландаштыруу шартын (АПШ) 20 күндүн ичинде берүүсү абзел. Экинчисинде, 40 күндүн ичинде долбоордук документация макулдашылат, объектти курууга уруксат берүүчү экспертиза жүргүзөт. Мунун баары «Бирдиктүү терезеде» арыз берүүчүнүн катышуусуз эле жүргүзүлөт (газ. «Вечерний Бишкек», от 31–марта 2009).

Мына ошентип, республика турак–жай куруу үчүн бир топ мүмкүнчүлүктөргө ээ – бул калктын аз кирешелүү бөлүгү үчүн ипотеканы киргизүү, турак–жай курулушу үчүн финансылык ресурстарды кайра өнүгүү режимине кийирүү, аз каражаттуу жарандарга насыя үчүн банктык пайыздарды субсидиялоо, жаш үй–бүлөлөрдү алгачкы төгүмдөн (взнос) бошотуу, калктын аз болсо да такай кирешелүү бөлүгү үчүн турак–жай курууга жеңилдетилген насыяларды киргизүү ж.б.

Турак–жай курулушун өнүктүрүү, айрыкча акыркы жылдары, жаңы жолдорду салууга сөзсүз өбөлгө түзөт, тиешелүү түрдө жаңы заманбап жол–курулуш техникасын, жылытуунун жана суу менен камсыздоонун жаңы шаймандарын, мебелдик өнөр–жайды, тиричилик техникасын, б.а. кондиционерлерди колдонууну талап кылат.

Рынок шартында турак–жай товар болуп саналат жана жогорку даражада эмгектин, аманаттын жана керектөөчүлүк чыгымдардын жаңы түрүн жаратат. Турак–жай курулушу жогорку эмгек сыйымдуулук менен мүнөздөлөт жана анын өнүгүүсү жаңы кошумча жумуш орундарынын пайда болуусуна алып келет. Курулушту жакшыртуу үчүн өлкөнүн стратегиясында (2009–2011), төмөнкүдөй маселелер коюлган:

- турак–жай курулушунун жана реконструкциялоонун өсүү темпин камсыздоо, анын структурасын жана техникалык мүнөздөмөлөрүн калктын суроо–талаптарына ылайык келтирүү, турак–жай курулушунун сапатын жана эффективдүүлүгүн жогорулатуу;
- турак–жайдын жана төлөмгө жөндөмдүү жарандар үчүн турак–жайга болгон мүмкүнчүлүгүн камсыздаган финансылык механизмдердин эффективдүү рыногун өнүктүрүү, мындан сырткары бекитилген социалдык стандарттардын чегинде республикалык жана жергиликтүү бюджеттердин эсебинен аз камсыз болгон жарандарга колдоо көрсөтүү;
- заманбап эффективдүү жана энергия сактоочу архитектуралык–курулуш системасына өтүү;
- жер тилкелеринин эффективдүү рыногуна, подряддык жумуштардын жана курулуш материалдарынын рыногуна шарт түзүү;

- жаңы курулуш долбоорлорун макулдашуунун, уруксат берүүчү документацияларды алуунун административдик процедураларын жөнөкөйлөтүү жана турак–жайларды курууну ишке ашырууга көзөмөл кылуу;
- жер пайдалануунун жана курулуштардын укуктук кепилдигин кийирүү жолу аркылуу инвесторлорду тартуу, тилкелерди административдик максаттуу бөлүп берүүдөн шаар куруу регламенттерин бекитүү аркылуу жер пайдаланууну жөнгө салууга өтүү. Айрыкча айыл чарбасына жарактуу айдоо жерлерге курулуштун кайсы түрү болбосун толук токтотуу ж.б.

Өнөкөткө айланган толук эмес каржылоолордун шартында инфраструктуралык курулуштардын мыйзамдык нормативдерин, шаарлардын генералдык планын сакталбашы күчөгөн.

Турак–жай реформасы турак–жай– коммуналдык кызматтар чөйрөсүн демонополизациялоону, турак–жайлар атаандаштык иретте тейленишин киргизүүнү жана калктын тейлөө мекемесин тандоо укугун киргизүүгө ылайыктуу. Калктын кызыкчылыгын камсыздоо максатында турак–жай ээлеринин шериктештигин (кондоминиум) түзүү зарыл.

Республика боюнча 50 шериктештик түзүлгөн, анын ичинде, 16 Бишкек шаарына таандык. Акырында, орчундуу финансылык–экономикалык көйгөй болуп шаарлардын да, айыл жеринде элдин үйлөрүндө жана батирлеринде газды, сууну жөнгө салуунун жана учётко алуунун жекече приборлорун орнотуу эсептелет. Бул маселени чечүүдө мамлекеттин жана калктын эбегейсиз чыгымдарын талап кылат.

Жогоруда аталган суроолорду чечмейинче турак–жай – коммуналдык чарбанын үнөмдүүлүгүн жогорулатууга болбойт. Ошондуктан, турак–жай– коммуналдык кызматтарды төлөө толук түрдө жашоочуларга өткөрүү маселеси жогоруда белгиленген чаралар ишке ашканда гана мүмкүн болот.

Турак–жай – эксплуатациялык чыгымдарды жана кызматтарды төлөөдө калктын үлүшүн жогорулатуу жашоо деңгээлинин төмөндөшүнө алып келет. Ошол себептен турак–жай–коммуналдык реформа даректүү компенсациялоо системасын кеңейтүү менен катар жүргүзүлүшү абзел. Республиканын масштабында турак–жай чыгымдарын субсидиялоо программасы

муктаждык боюнча ай сайын берилүүчү жөлөк–пул программасындай эле чоң мааниге ээ. Ушул себептен, муктаждык боюнча берилүүчү жөлөк пул тажрыйбасында жана түзүлгөн инфраструктураны пайдалануу максатка ылайыктуу.

Бир эле учурда жарандар тарабынан турак–жайга жана коммуналдык кызматтарга төлөнүүчү чыгымдарынын максималдуу мүмкүн болгон үлүшүнүн стандартын жана алардын акырындап көбөйүү графигин бекитүү талап кылынат. Алгачкы этабында мындай үлүш үй–бүлөнүн жалпы чыгымынын 30 % ашпоосу керек, ал эми мындай үлүш оор келген үй–бүлөлөргө компенсация төлөп берүү каралуусу зарыл. Ошол эле мезгилде, турак–жайдын республикалык норма стандарты эске алынышы керек.

Ошентип, рынок мамилелерине өткөөл мезгилде курулуш индустриясын өнүктүрүү, айрыкча курулуштун жогорку эффективдүү технологиясын колдонуу аркылуу чет элдик жана жеке (ички) инвестицияларды тартуунун эсебинен калкты турак–жай менен камсыздоону өнүктүрүү зарыл.

## §2. Жогорку эффективдүү индустриялык базаны жана курулуш материалдарын өнүктүрүү

Административдик–пландоо системасынын шартында республикада курулуш индустриясы, тиешелүү түрдө анын материалдык–техникалык базасы да өнүккөн. Үй куруу комбинаттары, цемент жана кыш заводдору, о.э. башка объекттер ийгиликтүү иштешкен. Рынок мамилелерине өтүү менен курулуш индустриясынын базасы бузулган, көптөгөн ишканалар жана уюмдар каатчылык процессине туруштук бере алышкан эмес жана бүлүнүшкөн.

Акыркы жылдарда республиканы кучагына алган курулуш шарапаты ар түрдүү курулуш материалдарын сунуштаган көптөгөн фирмаларды рынокко алып чыкты. Айрыкча, турак–үйлөрдү жана башка социалдык–маданият багытындагы объекттерди куруу боюнча жеке менчик сектору көбүрөөк активдешти. Бул курулуш өндүрүшүн бир кыйла жандандырды. Мисалы, соңку беш жылда (2001–2013–жж.) чоподон жасалган бышырылган кыш, плита жана курулуш буюмдарынын көлөмү 66 дан 70,4 млн. тоннага чейин,

цемент – 468,9 дан 1239,8 миң тоннага чейин, товардык бетон – 230,7 дан 643,8 миң тоннага чейин, асфальттуу бетон – 105,9 дан 133,4 миң тоннага чейин өскөн, ал эми шифер, панелдер, плиткалар ж.б. – 213,4 дөн 61,3 миң тоннага чейин төмөндөгөн (50–табл.).

50– Таблица **Кыргыз Республикасында курулуш материалдарын өндүрүү**

| | 1990 | 2000 | 2005 | 2008 | 2009 | 2010 | 2011 | 2012 | 2013 |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **Бышырылган чоподон кыш, плитка жана курулуш материал–дары, млн.т** | – | 66,0 | 63,0 | 69,6 | 88,8 | 112,9 | 80,0 | 70,4 | 85,9 |
| **Цемент, миң т** | 1387,3 | 468.9 | 532,8 | 757,3 | 869,7 | 972,8 | 1218,1 | 1239,8 | 1682,7 |
| **Акиташ, миң т** | 85,5 | 9.4 | 9,4 | 8,8 | 10,4 | 8,5 | 8,7 | 2,7 | 2,5 |
| **Гипс, миң.т** | | 0,5 | 6,0 | 10,2 | 11,9 | 8,6 | 0,5 | 2513,3 | 3704,0 |
| **Бетондон куралуу–чу курулуш конс–трукциялары, миң т.** | 1251,7 | 98,7 | 83,2 | 94,6 | 61,2 | 98,6 | 131,8 | 643,8 | 716,8 |
| **Товардык бетон, миң.т** | | 230,7 | 254,9 | 261,4 | 465,6 | 447,8 | 420,0 | 643,8 | 716,8 |
| **Асфальттуу бетон, миң.т.** | | 105.9 | 178,2 | 123,6 | 0,2 | –189,1 | 128,0 | 133,4 | 151,2 |
| **Толкундуу шифер, листтер, панелдер, плитка ж.б., миң.т** | – | 213,4 | 224,0 | 234,8 | 240,9 | 229,5 | 123,1 | 61,3 | 60,6 |
| **Айнек листи, миң.т** | 1,0 | – | 5,4 | 14,1 | 20,0 | 22,3 | 18,7 | 13159,2 | 27029,2 |
| **Шагыл, миң.т** | – | 475,0 | 459,0 | 415.3 | 248,2 | 508,5 | 530,8 | – | – |

| | | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **Графин, з ыс.м²** | – | 20,9 | 174,5 | 73,5 | 72,5 | 29,5 | 194,7 | – | – |
| **Курулуш куму, миң.м2** | – | 300,6 | 411,5 | 450,8 | 421,3 | 410,4 | 507,6 | – | – |

Статистикалык маалыматы: «КР өнөр жайы», 2005, 2014

Салыштырмалуу курулуш материалдарынын өндүрүшүнүн өнүгүү темпи реформалык мезгилден бир топ артта калууда. Акыркы жылдарда жеке менчик секторунда турак–жайды куруу дүркүрөп өсүп жаткандыгына байланыштуу цементти, бышкан кышты ж.б. өндүрүү чоң мааниге ээ боло баштады.

Курулуш базасынын флагманы болуп 45 жылдан бери иштеп келе жаткан Кант цемент–шифер комбинаты эсептелет, анын негизги шаймандарынын жешилиши (износ) 40 дан 70 % га чейин, ал эми капиталдык жана учурдук ремонтторуна 40 млн. сом сарптоого туура келет. Заводду жумуштук абалда кармап туруу үчүн ар жылы 4–5 млн. АКШ долларын түз инвестиция катарында сарптап туруу талап кылынат. Комбинат үчүн сырьёлук база катары Түштүк Казакстандын аймагында жайгашкан «Южная гряда» деп аталган акиташтын Агла–сек кен тутуму кызмат кылчу, ал түздөн–түз продукциянын баасына таасир тийгизет, б.а. транспорттук жана бажы чыгымдары ж.б.

Учурда, комбинатта **1600** адам эмгектенет жана 2005–жылдан тартып гана жумушчулардын социалдык муктаждыктарына ондогон млн. сомдор жумшалууда. Комбинатта «Алый парус» аттуу маданият үйү жана «Тюльпан» аттуу балдардын ден–соолугун чыңдоо борбору бар. Комбинат курулуш индустриясында ири ишкана болуп саналат. КЦШК продукциясы өлкөдөө өндүрүлгөн курулуш материалдарынын көлөмүнүн жарымын ээлейт, ал эми мамлекеттин казынасына салык катары толтурган сумма жылына 200–250 млн. сомду түзөт.

Жылына комбинат 1,7 млн. тоннага цемент чыгарат. Республиканын бул товарга болгон керектөөсү жалпы көлөмүнүн 50 % түзөт. Мисалы, комбинатта М–400 цементинин адепки баасы – болжолдуу 1350 сом, ал эми кошуна Казакстанда – 120 АКШ долларын түзөт. Кыргызстанда цементтин, шифердин жана башка продукциянын баасы ички рынокто ортомчулардын кесепетинен

жогорулоодо (1 т. цемент орточо 8–10 миң сом, шифер 250–400 сом). Бааларды стабилдештирүү үчүн республикада соода мекемелеринин торчосун түзүү керек жана алар аркылуу продукцияларды өндүрүүчүнүн баасында, азыраак үстөк акча менен сатуу абзел. Ал эми мектеп, оорукана сыяктуу социалдык объекттерди куруу үчүн бюджеттик мекемелерге өндүрүүчүнүн баасында сатуу максатка ылайыктуу. Ишканалардын адистеринин айтуусу боюнча орточо рыноктук бааны бекитүү менен республиканын бюджетине кошумча 160 млн. сом чегерүүгө болот дешет.

КЦШК өндүрүштүк ишмердүүлүгүнө жүргүзүлгөн анализ көрсөтүп тургандай цементти чыгаруучу кубаттуулугу учурда 73,6 %, асботрубалар боюнча – 52,1 % гана иштешет.

Жыл сайын комбинатта өндүрүштүн көлөмү 1,8 млрд. сомду түзөт, цементти өндүрүүнүн орточо рентабелдүүлүгү – 3,2 %, шифердики – 14,2 , асботрубаныкы – 14,2, татирования –15,0 % ды түзөт.

Комбинат пайданын 71 % шиферди сатуудан, цементтен – 25 % жана асботрубадан – 4 % алат.




Цемент продукциясы Кыргызстандын керектөөчүлөрүнө 52% көлөмдө жана Казакстанга– 48%; шифер– Кыргызстанга 42%, Казакстанга– 23%, Таджикстанга– 26%, Узбекстанга– 6% жана Туркменистанга– 3% (4–сүр).

1999–жылы КЦШК акцияларынын 67,64% казактардын «Цемент Де–люкс» фирмасына сатылган эле жана алар өндүрүшкө

12 млн. АКШ долларын инвестиция кылмак, бирок эч кандай акча жумшаган эмес, ал эми комбинаттын 13,9 % акциясы белгисиз бирөөлөргө сатылган. Ошол эле учурда Канттагы цемент–шифер комбинаты абсолюттук түрдө салык салуудан жана продукцияны экспорттоодон алынуучу кошумча нарк салыгынан (НДС) бошотулган.

Учурда, республикада калкты цемент менен камсыздоо маселесинде кыйынчылык байкалууда, айрыкча, сел кесепетинен жана жер титирөөлөрдөн жабыр тарткан облустарда оор. Мындан сырткары, цементти, шиферди жана башка продукцияларды комбинаттан республиканын түштүк облустарына ташуу транспорттук чыгашалардын айынан кымбатка түшүүдө. Ошол себептен КР Өкмөтү баштапкы өндүрүшү 100 миң тонна болгон бир катар цемент заводдорун курууну чечкен. Мисалы, Кызыл–Кыядагы «Южно–Кыргызский цемент» ЖАК 2008–жылдын июль айынан иштей баштаган, 2009–жылдын аягында анын кубаттуулугу жылына 1,1 млн тонна цемент болгон. Максималдуу өндүрүш кубаттуулугуна жетүү менен ал республикада өлчөмү боюнча экинчи орундагы цемент заводу болуп калат. Долбоордук кубаттуулугу жылына 1,290 млн. т. цемент чыгаруу.

«Южно–Кыргызский цемент» ЖАК–тын түзүүчүлөрү болуп Казакстандын Инвестициялык фонду жана Кыргыздык компаниялар ООО «Инокан», 000 «Лангрин», DND Enterpreses, “000 Global Star” саналат[3].

КР өнөр жай жана энергетика министрлигинин маалыматы боюнча, түштүктө үч цемент завод иштеп жатат: Кызыл–Кыядагы «Южно–Кыргызский цемент» ЖАК, Араван районундагы кубаттуулугу 200 миң т. болгон «Южный комбинат строительных материалов» ЖЧК, Ноокат районундагы кубаттуулугу 40 миң тонна болгон «Ак–Сай цемент» ЖЧК.

Кыргызстанда мындан сырткары Ош, Жалал–Абад, Беловодск, Бишкек, Токмок жана башка бир катар кыш заводдору керектөөчүлөрдү курулушка тиешелүү продукциялар менен камсыздап келишет. Жакынкы мезгилдерде курорттук аймак болгон Ысык–Көл облусунун муктаждыктарын чечүү максатында

[3] Аки пресс, №5, с 3

үч кыш заводун, Кара–Кол шаарында, Түп жана Ысык–Көл райондорунда куруу пландаштырылууда. Түп районунда андан сырткары, атайын ишканаларда кварцтык кум казып алуу жана өндүрүштүк кондицияга жеткирүү менен иштешүүдө.

Азыркы мезгилде курулуш кыштарынын ар түрдүү маркалары, кээде сапатсыздары да сунушталууда. Курулуштук кыштын бышыктуулугу анын маркасын аныктайт. Ал «М» тамгасы жана цифра менен белгиленет, анда буюмдун 1 $см^2$ кандай басымды көтөрө аларын билдирет. Кыш 75 ден 300 чейинки маркага ээ. Мисалы, М 75 жана 100 2–3 кабат үйлөрдүн дубалы үчүн жетиштүү, 125 жана андан жогорку маркалар – бийик кабаттуулар үчүн, М 150–300 маркасы дубалды тургузуу үчүн колдонулат.

Республикада, өзгөрүп туруучу климатка, маанилүү сапаттык көрсөткүч катары аязга туруктуулук эсептелет. Техникалык документацияда аязга туруктуулук «F» тамгасы менен белгиленет, ал эми андан кийинки цифра кыш көтөрө ала турган циклдердин санын билдирет. Республиканын шартында аязга туруктуулугу 15–25 тен кем эмес циклге ээ курулуш кышы жарамдуу.

Токмоктогу айнек заводу – Борбордук Азияда ири ишкана – эң акыркы заманбап шаймандар менен жабдылган. Завод өндүрүштүн көлөмүн такай кеңейтип келе жатат. Айнек заводунда 1600 адам эмгектенет жана орточо эмгек маяна 8500–8800 сомду түзөт. Ал жерде мыкты эмгек шарттары түзүлгөн жана кол эмгеги дээрлик колдонулбайт. Бекем эмгек тартиби, сапаты дүйнөлүк стандарттарга жооп берүүчү продукцияны чыгарууга мүмкүндүк берет.

2000–жылы АТАК «Айнек» аттуу мүлктүк комплекс германиялык “Stein Industries Cmbh 8 c Cokl” компаниясына сатылган. Ошол кезден тартып мекеме «Интергласс» ЖЧК атын өзгөрткөн.

Соңку төрт жылда завод 37 млн. $м^2$ продукция өндүргөн. Республиканын бюджетине бажы төлөмдөрүсүз 173,6 млн. сом, ал эми Социалдык фондго – дээрлик 100 млн. сом чегерген.

Азыркы мезгилде завод дүйнөлүк стандартка таандык айнек листин даярдоо боюнча борбордук азияда эң ири ишкана болуп саналат. Продукциянын жогорку сапатынын айынан «Интергласс»

маркасы Орусия жана башка КМШ өлкөлөрүнүн рыногун ээлей алды.

Завод өзүнүн өндүрүшүн кеңейте алды жана күмүштөлгөн күзгү чыгаруучу цехти ишке киргизди. Техникалык күмүш жалатылган күзгүлөр дүйнөлүк рынокто өтө көп талап кылынган продукт болуп эсептелет. Полотно «Интергласс» ЖЧК лист айнегинен 3 төн 6 мм ге чейинки калыңдыкта жасалат. Жыл ичинде 2 млн. $м^2$ даяр күзгү жана 95 % экспорттолот. Курулуш индустриясынын жандануусу менен шагыл, кум, кооздоо таш-тарын, акиташ, гипс өндүрүүчү ишканалар өнүгүүдө. 2005–жылы бул ишканалар 2,4 млрд. суммалык, ал эми 2012–жылы – 3,1 млрд. сомдук продукция чыгара алышкан.

Курулуш өнөр–жайынын материалдык–техникалык базасы-нын өнүгүүсү менен бетондон мрамор даярдоо чоң мааниге ээ болууда. Бул маселеде кичи бизнес үчүн «систром» технологиясы кызыгууну жаратты. Ал технологиянын жардамында бетондон мрамор, гранит, нефрит жана башка натуралдык таштарды жасоого болот.

Орусияда 14 жыл бою 1000 ден ашуун ишканалар, айрыкча кичи бизнестегилер «Систром» технологиясын өздөштүрүшкөн. Бул линия Голландия, Египет, Сирия, Индия, Малайзия, Кытай ж.б. өлкөлөрдө иштейт. Бул технология боюнча плиталардын ар түрдүү өлчөмдөгү 300 формасын даярдоого жана интерьерлерге, фасаддарга, пол беттерин, тротуарларды кооздоо үчүн сүрөттөрдү, терезе койгучтарды, тепкичтерди, эстеликтерди, мештерди жана башка кичи архитектуралык формаларды жасоого болот.

Бул технологияны аз чыгым менен 30 күн ичинде ишке кийирүүгө болот (плитканын 1 $м^2$ 30 рублдан тартып), 6 ай ичинде өзүн актай алат.

Курулуш тармагында илимий техникалык прогресс алдыга жылууда. Учурда үй тиричилигине керектүү материалдарды тандап алуу мындан 10 жыл мурда ойго да келген эмес. Ал эми тышкы жабдыктар жана аны жылмалоо, бардык жагынан оймо–чиймеси жабдуулары бар ванналар, джакузи, өзү ачылып жана жабылып турган материалдар, ар бир курулуш фирмалардын жана жарандардын финансы каражатына ылайыктуу аз убактын ичинде сатып алып ишке киргизсе болот.

2013–жылы Кыргызстанда 400 официалдуу түрдө терезе, эшик жана устун, пластик тактайлар, инженердик конструкция боюнча фирмалар иштейт. Бирок пластикадан жасалган эшиктер, терезе рамкалары пенопласт ж.б. адамдын ден–соолугуна терең таасирин тийгизбей койбойт.

Көп кабат үйлөрдүн дубалынын сыртына 8,5см калыңдыгы пенопласт капталып, 1,5см шпатлевка тартып жылуулануу иштери жүргүзүлүүдө. Пенопласт жылуулукту да сыртка чыгарбайт, суукту да киргизбейт. Жылуулукту сактоо боюнча илимий иштердин негизинен үйдүн дубалынан жылуулуктун кетиши 25%, терезелерден – 20–25%, полдон–25%, эшиктен–3% ды түзөт. Ал эми көп этаждуу үйлөрдүн: дубал аркылуу 40%, терезе жана үйдүн төбөсүнөн – 18%, алдыңкы этаж (подвал) – 10%, вентиляциядан – 14% га чейин жылуулук чыгып кетет. (Фонд “Юнисон”, газ Веч Бишкек, 17 июля 2013г №7).

Учурда курулуш тармагы статистика боюнча 1200 тармак менен иш алып барат. Буга өндүрүш, соода–сатык, кызмат көрсөтүү жана башка көптөгөн тармактар көмөк көрсөтүүдө.

Мына ошентип, өткөөл мезгил шартында, акыркы жылдары курулуш материалдарынын түрлөрү аркылуу курулуш индустриясы өзгөчө өнүүгө баштады жана ал турак–жай, социалдык–маданият объекттерин: жалпы билим берүү мектептерин, оорукана, амбулаториялар, поликлиникалар, клубдар, бала бакчаларды куруу иштерин өнүктүрүүгө өбөлгө түзүүдө.

# БАП X

# ТРАНСПОРТТУК ЖАНА БАЙЛАНЫШ КАРАЖАТТАРЫНЫН ӨНҮГҮҮСҮ ЖАНА ЭКОНОМИКАЛЫК МААНИСИ

## §1. Заманбап экономикада транспорттун түзөмү жана орду

Кыргызстандын экономикасында өзгөчө орунду инфраструктуралык комплекс ээлейт, анын маанилүү бөлүгү болуп өзүнө транспорт менен байланышты камтыган коммуникациялык түзүмү эсептелет.

Транспортту шарттуу түрдө экономиканын кан тамыры деп атап коюшат жана анын негизги маселелери болуп:

- өлкөнүн ар кайсы тармактары менен райондорунун ортосунда туруктуу байланышты камсыздоо;
- жүк ташуу боюнча калктын жана бүтүндөй эл чарбасынын керектөөлөрүн өз учурунда жана толук канааттандыруу;
- экономикалык эффективдүүлүктү жогорулатуу.

Транспорттун бир эле түрүнүн жардамында аталган маселелерди чечүү мүмкүн эмес. Ошондуктан, Кыргызстанда транспорттун бардык түрү бири–бири менен өз ара аракеттенишет, транспорттук комплексти бири–бирин толукташат.

Транспорттук комплекс материалдык өндүрүштүн өзгөчө чөйрөсүн билдирет жана өлкөнүн эл чарбасынын өз алдынча тармагы катары иш алып барат. Транспортту материалдык өндүрүштүн тармагы катары кароо менен анын бир өңчөй өзгөчөлүктөрүн белгилеп кетүү абзел. Ал жаңы продукция чыгарбайт, болгону чарбанын башка тармактары даярдаган продукцияларды ташып жеткирүүнү камсыздашат. Транспорттун өнүгүүсү республиканын өндүргүч күчтөрүнүн өнүгүүсү жана жайгаштырылышына, шаарлардын жайгашуусуна, о.э. калктын саны менен байланыштуу. Анткени, транспорт комплекси жүк ташуулардын көлөмүн, андагы жүктүн үлүшүн, аралыкты аныктайт.

Транспорт Республиканын экономикасын комплекстүү өнүгүүсүнө түрткү берет. Транспорттун өнүгүүсүнө табигый

шарттар, өзгөчө рельеф менен климаттык шарттар, о.э. өндүрүш менен суроо–талаптын, өнөр–жайдын, айыл чарбасынын жайгашуусу, курулуш, шаарлардын калкы, соода–сатык, өндүрүштү концентрациялоо жана комплекстүү өнүгүү да таасир этет. Транспорттун учурдагы бардык түрү (деңиз транспортунан башка) республикада бар. Алар: темир жол, автомобиль, аба, суу, труба өткөргүч. Транспорттун бул бардык түрү, бардыгын кошкондо, бирдиктүү транспорттук тутумун (транспорттук комплексин) түзөт. Транспорттук тармактын өзгөчөлүгүнө жараша жүктүн баары башка–башка ташылат.

Белгилүү болгондой, татаал тоо рельефи темир жол курулушун оорлотот. Демек, республиканын транспортунун негизги тармагы болуп автомобиль транспортту саналат. Ал жүргүнчүлөр менен жүктөрдүн басымдуу бөлүгүн ташыйт: анын үлүшүнө бардык жүктүн 97 % жана жүргүнчүлөрдүн 99 % туура келет. Сырткы экономикалык райондор, өлкөлөр менен байланыш темир жол транспорту аркылуу жүргүзүлөт. Алыскы аралыкка жүк ташуу транспорт түрү болгон–аба транспорту саналат. Ал басымдуу катары жүргүнчүлөрдү, почта, баалуу жана тез бузулуучу жүктөрдү ташыйт. Республиканын түштүгүндө жана Чүй өрөөнүндө труба өткөргүчтүү транспорт, ал эми Ысык–Көл облусунда суу транспорту бар.

Транспорттун ар бир түрү республиканын транспорттук системасынын чегинде жүргүнчүлөрдү жана жүк ташуунун техникалык–экономикалык, географиялык, тарыхый өзгөчөлүгүн эске алуу менен белгилүү бир функцияны аткарат.

**Темир жол транспорту.** Темир жолдор өлкөнүн транспорттук–жол комплексинин курамдык бөлүгү болуп эсептелет. Алардын узундугу дүйнөнүн темир жолдорунун 3% га барабар, бирок, алар дүйнөлүк жүк айлампасынын 15% жана жүргүнчүлүк айлампасынын 10% ды түзөт. Кыргызстанда темир жол аркылуу жүк ташуунун интенсивдүүлүгүнүн деңгээли АКШга Караганда 2 эсе, ФРГ менен Францияга Караганда 5 эсе жогору. Темир жол транспорту чарба жумушунда өтө көп колдонулат. Ал салыштырмалуу өлкөнүн аймагына эркин жайгаша алат, ишенимдүүлүгү менен айырмаланат, табигый–климаттык шарттардан көз каранды эмес, аз наркы менен чоң жана көп сандагы жүргүнчүлөр менен жүктөрдү ташый алат. Темир жолдор дун

торчосу Кыргызстандын райондорунун ортосунда эле эмес башка жакынкы чет өлкөлөр менен болгон жүк агымын камсыздай алат.

Кыргызстанда темир жолдун пайда болушу XX кылымдын башталышына туш келет. 1995–жылы Андижан шаарынан Кара–Суу аркылуу Жалал–Абад станциясына чейин эң алгачкы темир жолу курулуп пайдаланууга берилген. Ал падышалык Россиянын Борбордук Азия темир жол магистралына кирген. Советтик доордун алгачкы мезгилинде, 1924–жылы "Олуя–Ата–Пишпек" (азыркы Тараз–Бишкек) темир жолунун курулушу жүргүзүлүп, август айында "Пишпек" станциясында эң биринчи поезд келген. Ал кезде Кара–Кыргыз Автономиялуу облусунун өкмөтү жаңыдан түзүлүп жаткан. Алгачкы поездин келүүсү чоң салтанат менен тозулуп алынган. Ошондон баштап "Фрунзе–Рыбачье", "Кант–Рыбачье", Кант–Токмок", темир жолдорунун курулуш иштери курула баштаган.

1948–жылы Рыбачье станциясы ачылган. "Бишкек–Рыбачье" темир жолдун узундугу 158 чакырымды түзгөн.

Бүгүнкү күндө Кыргыз темир жолунун узундугу 424,6 чакырымды түзүп, коңшулаш Казакстан, Өзбекстан өлкөлөрүнүн темир жол магистралына барып кошулат. Мындан тышкары темир жол байланышын жөнгө салчу 220 чакырымдык станциялык жолдор жана 66,4 чакырымдык кайрылыш темир жолдор бар.

**«Кыргыз Темир Жолу»** Улуттук компаниясы мамлекеттик ишканасы. Кыргызстандын магистралдык темир жолдорунун жалпы узундугу 425км, темир жолдун колеясынын кеңдиги 1524, 1520мм, тартуу күчүнүн түрү–дизелдик, жүк вагондорунун паркы 2457бирдик жана жүргүнчүлүк вагондордун паркы 471 бирдик.

Республиканын темир жолдору бири–биринен үзүлгөн эки ири бөлүктөрдөн турат. түндүктө Чалдовар–Бишкек–Балыкчы; түштүктө Ош, Жалал–Абад, Кызыл–Кыя, Көк–Жаңгак, Таш–Көмүр шаарлардын ортосунда кыска–кыска жолдор. Республиканын темир жолдору–Алматы (Казакстан) жана Ташкент (Узбекстан) темир жолдорунун бутагы болуп саналат.

Темир жол транспортунун негизги жүгү катары көмүр, минералдык жер семирткичтер, курулуш материалдары, кен, айыл чарба жүктөрү, машина куруу продукциясы ж.б. эсептелет.

Темир жол транспорту жүргүнчүлөрдү ташууда бөтөнчө мааниге ээ. Темир жол транспортунда 10 жүргүнчүнүн 9 зу, шаар

чекесиндеги (пригородный) темир жол байланыш аркылуу ташылат, жүргүнчүлүк айлампада алдыңкы орунду алыскы ташуулар ээлейт. Шаар четиндеги ташуулардын бөлүштүрүлүшү негизинен ири шаарларга жүргүнчүлүктөрдүн топтолушуна көз каранды.

Кыргызстанда колдонулган темир жолдордун жалпы узундугу 425 км, алардын ичинен 275 км Кыргызстандын түндүгүндө, калган бөлүгү–түштүктө, б.а. Ош, Жалал–Абад облустарынын аймагында жайгашкан. 1928–жылы темир жолдордун узундугу 140 км, 1941–жылы– 218 км, 1959–жылы– 425 км. болгон, б.а. акыркы жылдары жаңы темир жол линиялары курулган эмес. Темир жол линияларынын көрсөткүчтөрү жалпы аянттын жыштыгына жана калктын санына караганда өтө төмөн. Эгерде ар бир 1000 км$^2$ аянтка 1,9 км темир жол туура келсе, анда 1000 адамга 0,09 км жол туура келүүдө. Темир жол тилкеси республиканын бардык облустарында курулган эмес. Өндүргүч күчтөрдүн жалпы өнүгүүсүнө салыштырмалуу темир жол транспортунун өнүгүүсү өтө артта калууда жана калктын, о.э. эл чарбасынын керектөөлөрүн камсыздай албайт.

Республиканын темир жолдорунун жалпы узундугунун 75% Түндүк Кыргызстанга туура келет. Жалпы жүк ташуулардын көпчүлүгү Чалдовар–Бишкек (80%) бөлүгүнө дал келет. Луговая–Бишкек–Балыкчы жолу түндүктөгү райондор үчүн маанилүү, анткени, бул жол аркылуу Түндүк Кыргызстан жана башка өлкөлөр менен байланыш жүргүзүлөт. Түштүктөгү көмүр казуучу шаарлардан көмүрдүн көп ташылуусунун себебинен ал жактагы темир жолдор активдүү баланста турат. Республикада, темир жол аркылуу жүк жөнөтүүгө караганда жүктөрдү кабыл алуу 25% га көбүрөөк. Жалпысынан алганда Түндүк жана Түштүк Кыргызстанда алардын айырмасы бир топ: Түндүк Кыргызстанда жүк жөнөтүү– 33%, жүк кабыл алуу– 75%, Түштүк Кыргызстанда тиешелүү түрдө– 67% жана 25% ды түзөт.

Темир жол транспортунун ишине бир эле жолдордун торчосу таасир этпестен, технологияларды колдонуучу татаал бирдиктүү ишканалардын реконструкциясы да таасир этет. Жүргүнчүлөрдү, жүктү ташууну күчтүү локомотивдер, атайын вагондор, автоматташтырылган машиналар, сигнализация, рельстерди жайгаштыруу, БАС жана башка көптөгөн негизи

каражаттар аркылуу. Жүк ташуучу поезддердин ылдамдыгы жогорулады. Эгерде ал 1928–жылы 20 км/саат болсо, анда 2006–жылы 85 км/саатка жеткен. Темир жол транспортун электрификациялоо да өзгөчө мааниге ээ: электр энергиясын колдонуу арзан, кубаттуулугу жана экологиялык тазалыгы менен айырмаланат.

Темир жол транспортунда жаңы технологияларды колдонуу жылдык жүк ташуу айлампасын жогорулатат. Учурда Кыргызстандын аймагында 30 дан ашуун темир жол станциялары иштейт. Алардын ичинен алты ири станциялар (Бишкек, Ош, Жалал–Абад, Көк–Жаңгак, Кызыл–Кыя, Пишпек) келген жүктүн 47,7%, кеткен жүктүн 46% өткөрөт.

Жүргүнчүлөрдү ташуу боюнча атайын поезддер уюштурулган, алардын негизги маршрутуна: Бишкек–Жалал–Абад, Бишкек–Москва, Бишкек–Екатеринбург, Бишкек–Новокузнецк кирет.

Бишкектин чекелеринде жүргүнчүлүк поезддердин ишин жакшыртуу максаттуу болмок.

Белгилеп кетчү нерсе, 2000–2013–жж. жүк ташуу айлампасы 337,9 дан 1002,0 млн. т/км. чейин, же 2,9 эсе, жүргүнчү ташуу айлампасы 44,0 дөн 55,5 млн. жүрг. – км, же 1,7 эсе, анын ичинде эл аралык багыттар боюнча 30,7 ден 26,6 млн. жүрг– км, же 14,9% эсе төмөндөгөн, ошол эле учурда жүргүнчү ташуу адам саны мурдагы деңгээлинде дагы азайган (51–табл.).

51– Таблица. **Темир жол транспортунун өндүрүштүк–экономикалык көрсөткүчтөрү**

| | **2000** | **2005** | **2008** | **2009** | **2010** | **2011** | **2012** | **2013** |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **Жүк ташуу, млн.т** | 337,9 | 661,8 | 1,8 | 1,0 | 1,0 | 1,0 | 1,1 | 1,4 |
| **Жүк ташуу айлампасы, млн.т/км** | – | – | 945,5 | 744,5 | 737,7 | 798,3 | 922,7 | 1002,0 |
| **Жүргүнчү ташуу млн. адам** | 0,6 | 0,4 | 0,6 | 0,8 | 0,7 | 0,6 | 0,5 | 0,4 |
| **Жүргүнчү ташуу айлампасы, млн. жүрг/км** | 44,0 | 46,1 | 90,2 | 106,1 | 98,7 | 82,8 | 75,8 | 55,5 |
| **Анын ичинде: эл аралык багыт** | 30.7 | 36,4 | 69,2 | 61,1 | 53,3 | 33,8 | 26,6 | 14,9 |

| | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **Шаар четине** | 13,3 | 9,7 | 21,0 | 45,0 | 45,4 | 49,0 | 49,2 | 40,6 |
| **Бардык кирешеси, млн. сом** | – | – | 1327,9 | 1497,1 | 1680,1 | 2383,1 | 2665,5 | – |

Статистикалык маалыматы «Кыргызстан цифрада» Б. 2005, 2009, 2014.

2013–жылы темир жол транспорту аркылуу 1,4 млн.т. жүк ташылган жана жүк ташуу айлампасы 1002,0 млн.т./км. түзгөн. 2013–жылдын жыйынтыгы боюнча жергиликтүү, шаар четинде жана мамлекеттер аралык багыттарда жүргүнчүлөрдү ташууда бир топ өсүү байкалган. Жыл ичинде 500 миң жүргүнчү, анын ичинде алыскы жолдорго 200 миң адам, жергиликтүү жана шаар четиндеги байланыштар боюнча– 300 миң адам ташылган.

Акыркы беш жылдын ичинде (2008–2012–жж.) “Кыргыз темир жолу” компаниясынын жүргүнчүлөрү жана жүк ташуу боюнча алынган кирешеси 1527,9 млн. сомдон 2665,5 млн. сомго көбөйгөн, же болбосо 74,4% га өскөн.

Өткөөл мезгилде темир жол транспортунун негизги каражаттарынын жана шаймандарынын моралдык жана физикалык жешилиши (износ) жыл сайын өсүүдө. Негизги фонддун эскириши 2000–2012–жж. 65–70% га жеткен жана алар темир жол транспортун эксплуатациялоонун заманбап шарттарына жооп бербейт. Жүргүнчү жана жүк ташуучу вагондордун кыймылдуу курамында көбүрөөк жешилүү байкалган. Белгилүү болгондой, союз убагында жүргүнчүлүк вагондору Германиядан алынып турган, алар өз ресурсун түгөттү.

Негизги каражаттардын эскириши тепловоздор үчүн да мүнөздүү, анын деңгээли 60–70% жеткен. Эгерде Орусияда темир жол паркы эскирип, мезгилдин талабынан 20–30 жылга артта калып жатса, анда биздин парктар тууралуу эмнени айтууга болот. Темир жол линиялары жана ага тиешелүү курулуштары да жогорку жешилүү даражасына ээ (60%).

Азыркы мезгилде, темир жол транспортунда абал өтө татаал, андыктан транспорттун бул түрү тобокелчиликтин жогорку деңгээлинде турат. Ошол себептен, анын эффективдүүлүгүн жогорулатуу үчүн чоң көлөмдөгү инвестициялык салымдарды талап кылат. Бул жакта, чоң жардамды «Орус темир жолу» биздин мамлекеттик «Кыргыз Темир Жолу» ишканасына көрсөтүп келет.

Учурда 394 жүргүнчүлүк вагондун ичинен 200 гө жакыны өз ресурсун түгөткөн, ал эми 134–20 жылдан кем эмес иштеген, ошол эле учурда аларды пайдалануу мөөнөтү 28 жылдан ашпоосу керек. Жаңы вагондорду сатып алуу үчүн ар бир бирдигине 600–900 миң АКШ доллары талап кылынат. Албетте, «Кыргыз Темир Жолу» мамлекеттик ишканасында мындай каражатка муктаж. Ошондуктан, өзүбүздө вагон оңдоочу заводду куруу кабыл алынган. Адистердин эсептөөсү боюнча, мындай ремонт эки эсе арзанга бүтөт.

«Кыргыз Темир Жолу» компаниясы эки вагон оңдоочу заводдун курулуп баштады. Бул максатта Орусия 2 млн. АКШ долларын шаймандарды сатып алуу үчүн кайтарымсыз жардам берүүдө. Андан сырткары, компания 60 даана жүргүнчүлүк вагон жана 5 тепловоз сатып алууну пландаштырууда.

“Кыргыз темир жолу” компаниясы темир жолду модернизациялоо иштерине көңүл буруууда. Мисалы, 2013–жылы 27 миң км темир жолун жана жалпысынан алганда 406 вагон, анын ичинен 273 жүк ташуучу, 133 жүргүнчүлөрдү ташуучу вагон капиталдык оңдоодон өткөрүлгөн. Вагон чарбасын жаңылатуу боюнча, учурда эки оңдоо боюнча заводу тынымсыз иштөөдө.

Акыркы 30 жыл ичинде “Кыргыз Темир жолу” компаниясына бир да тепловоз сатылып алынган эмес. Азыркы иштеп жаткан Орус жана Украинанын локомотивдери заман талабына жооп бербейт. Аларды оңдоо тетиктери да өндүрүштө чыкпай калган. Кыргыз өкмөтүнүн жардамы менен 2013–жылы компания 2 жаңы тепловозду 9400 миң долларга сатып алышкан. Ошондой эле, 2014--жылы да 2 жаңы тепловоз алышмакчы.

Келечекте 2020–жылга чейин Орусия–Казакстан–Кыргызстан–Таджикстан темир жолун куруу долбоорун ишке ашыруу. Бул болсо Кыргызстандын түндүк–түштүк темир жол байланышы ачылмакчы. Башкача айтканда “Балыкчы–Кочкор–Кара–Кече, Сары–Камыш–Казарман–Жалал–Абад–Карасуу–Ош” багыты боюнча темир жол, мындан тышкары Евразия тансконтиненталдык темир жол магистралына чыгууга мүмкүнчүлүктөр болот.

Ошондой эле темир жолду электрлештирүү, “Луговая–Балыкчы” темир жолун реаблитациялоо байланыш жана сигнали-

зация, локомотив депосунун инфра түзүмүн өнүктүрүү боюнча долбоорлор жана программалар каралган.

Кашкар (Кытай)–Торугарт–Жалал–Абад (Кыргызстан) маршруту боюнча трансазия темир жол магистралынын бутагы биздин республикага жакшы келечектен кабар берет.

Европа–Кавказ–Азия (Трасека) транспорттук коридору Улуу Жибек жолун жандандырууга багытталган, бул долбоорго 13 өлкө, анын ичинде Кыргызстан да катышат. Жыл сайын каржылоо 9–11 млн. еврону түзөт. Долбоорду толук аяктоо 2015–жылга белгиленген.

**TRACEKA долбоору**. Эл аралык транспорттук коридордун максаты, бир эле жүктөрдү үзгүлтүксүз ташуу эмес, Улуу Жибек Жолунун мамлекеттеринин бүтүндөй транспорттук инфраструктурасын жакшыртуу болуп саналат. Транспорттук кызматтардын рыногунда учурда жаңы болушунча маршруттар, тиешелүү транзиттик ташуулардын тейлөө деңгээли атаандаштыкка туруктуу тарифтер талап кылынууда. Ал коммерциялык үч бурчтук «Убакыт–Сервис–Тариф» деп аталат.

**Автомобиль транспорту.** Транспорттун бул түрү транспорттук тутумунун динамикалуу түрдө өнүгүүп жаткан түрлөрүнө кирет. Ал жогорку манёврдуулугу менен айырмаланат жана жүргүнчүлөрдү орто жана кыска аралыкка жеткирүүнү, жүктөрдү аймак ичинде жана аймактар аралык ташууну камсыздайт. Аралаш ташууларда, бөтөнчө өнөр жай, айыл чарба, соода–сатык жана курулуштун кызматтарын ишке ашырууда анын орду чоң.

Автомобиль транспортунун орду жүргүнчүлөрдү жана жүктөрдү ташууда, жана өндүргүч күчтөрдүн өнүгүүсүндө эбегейсиз. Автомобиль жолдору–бул бүтүндөй транспорт системасын бириктирүүчү жолдор. Республиканын кээ бир аймактарында автотранспорт транспорттун жападан жалгыз түрү болуп эсептелет. Негизги автомобиль жолдору мурдагы почта трактысынын ордуна салынган. аларга Ташкент–Бишкек–Алматы, Бишкек–Токмок–Кара–кол, Нарын–Кара–Кол–Уч–каркыра жолдору кирет. Автомобиль транспорту өнүгө баштаган 1930–жылдан тартып, жолдордун жалпы узундугу– 8142 км. жеткен, аларды ичинен 105 км жол майда кум таштак жол болгон. Бирок, автомобиль жолдорунун 1/3 майда кум таш, шагылдуу, шлак же таш төшөлгөн жолдорго таандык. Республикада 34% калктуу

пункттар жалпы пайдалануучу жолдор менен байланышпайт жана ал айыл чарбасынын өнүгүүсүнө тескери таасир тийгизүүдө.

Кыргызстанда 2012–жылы Транспорт жана коммуникациялар министрлигинин алдында Автомобиль жана суу да жүрүүчү транспорт мамлекеттик агенттиги түзүлгөн. 2012–жылы республика боюнча 1807 калктуу пункт болсо, анын 1618 автобустук катнаш менен камсыз болгон. Азыр республика боюнча 876 автобустук, анын ичинен эл аралык– 50, областтык аралык– 58, областтардын ичинде– 769, шаардык– 266 каттам ачылган.

Автобустук каттамдын жалпы узундугу 84341 чакырымды түзөт, буларды тейлөө үчүн 6185 автобус иш алып барат. Ошондой эле жүргүнчүлөрдү тейлөө үчүн 10 автовокзалы, 36 автостанциясы, 21 авто кассалары тейлейт. Республика эң ири “Ак–Жол” автобекетинин курулушу 2001–жылдан баштап 2002–жылы 7 январда ишке кирген. Бул автобекет аркылуу Мерке, Чүй, Алматы жана Орусиянын шаарларына жана өлкөнүн бардык аймагына сапарга чыккан жүргүнчүлөрдү тейлейт.

2010–жылга чейин республикада Балыкчы, Чолпон–Ата бекеттери менчикке өтүп кеткен. Бишкек автобекети 2011–жылы биринчи кабаты толугу менен капиталдык оңдоодон өткөн. Экинчи кабаты негизинен ижарага берилген. Азыркы кезде Орусиянын ири шаарларына, Казакстанга, Кытай мамлекетине автобекет аркылуу эл аралык каттамдар иштеп жатат. Мындан тышкары республиканын областтарына жүргүнчүлөрдү ташып жеткирүү иштери жолго коюлган. Бишкек автобекеттин жылдык кирешеси 2011–жылы 30,0 млн, ал эми 2012–жылы 34,0 млн. сомду түзгөн.

Акыркы кездерде жүктөрдү ташуунун прогрессивдүү формасы өнүгө баштады: шаарлар аралык борбордоштурулган ташуулар. Бишкек–Нарын, Бишкек–Балыкчы, Бишкек–Тараз–Талас, Бишкек–Ош, Бишкек–Алматы, Бишкек–Ташкент, Балыкчы–Кара–кол ж.б. маршруттар боюнча жүргүзүлөт. Шаарлар аралык ташуулар үчүн 7–8–тонналык ЗИЛ автопоездери, 20 тонналык МАЗ жарым чиркегичтери, 32–тонналык үч октуу МАЗдар, 18–тонналык автопоездүү КАМАЗдар пайдаланылат. Республикада жүргүнчүлүк автотранспорт бат өнүгүүдө. Жалпы жүргүнчү ташуулардын көлөмүнүн 83,5% автомобиль транспортуна таандык. Автобустук маршруттардын жалпы узундугу– 20 миң.–кмди ашат,

ал эми таксомотордук жүргүнчү ташуулар бардык шаарларда уюштурулган.

Республикада шаарды тейлөөчү автобустардын 50% Бишкек шаарына, 33% Ош, Жалал–Абад облустарынын шаарларына туура келет. Жүргүнчү ташуулардын жалпы көлөмүнүн 62% шаар ичиндеги ташуулар. Азыркы кезде, товарлардын жандуу соода–сатыгы Кытай менен Кыргызстандын ортосунда жүрөт. Бул Бишкек–Үрүмчү, Үрүмчү–Ош эл аралык маршруттары боюнча жүргүнчүлөрдү жана жүктөрдү ташуу макулдашуулардын жыйынтыгында пайда болгон. Мисалы, «Баргы–Транс» ЖЧК Ош–Кашкар, Ош–Артыш, Жалал–Абад–Артыш жана тескерисинче тейлейт, ал эми «Балыкчы–Жүргүнчү» АК–жүргүнчүлөрдүн Кара–көл–Кашкар, Кара–Кол–Артыш маршрутун тейлейт. Кытай тараптан ташууларды «Син–Нан» автобазасы жана жүргүнчүлүк Кызыл–Суу–Кыргыз автобазасы аткарат.

Албетте, жүргүнчүлүк жана жүк ташуучу транспорттук кыймылы бийик тоолуу шарттарда жүргүзүлөт, ошого байланыштуу автомобилдер ашыкча жүккө ээ болбоосуна көзөмөл кылуу жүргүзүлөт.

2000–2013–жж. мезгилинде автомобиль транспорту аркылуу жүк ташуу 1199,9 дан 1408,6 млн. т/км. ге чейин, же 17,3%, жүргүнчүлүк айлампасы – 4349,9 төн 8223,2 млн. жүрг. км, же. 89% эсеге өскөн, алардын ичинде, эл аралык ташуулар 31,5тен 6,1 млн. жүрг км, же 19,3% чейин азайган, жүргүнчүлөрдү ташуу 295,5тен 617,6 млн. адам., же 2,0 эсеге өсүш берген. Жалпы жүк айлампасында автомобиль транспортунун салыштырмалуу салмагы 2012–жылы 96,0%, жүргүнчүлүк айлампада– 99,0% ды түзгөн.

Акыркы беш жылдын ичинде автомобиль унаа каражаты боюнча (2008–2012жж.) жалпы кирешеси 3525,2 млн. сомдон 4953,6 млн. сомго, же болбосо 40,5% га өсүш берген (52–табл.).

52– Таблица. **Автомобиль транспортунун өндүрүштүк–экономикалыккөрсөткүчтөрү**

| | 2000 | 2005 | 2008 | 2009 | 2010 | 2011 | 2012 | 2013 |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **Жүк ташуу, млн т** | 26,6 | 26,1 | 31.9 | 35,0 | 35,6 | 36,4 | 38,0 | 41,0 |

| | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **Жүк айлам–пасы, млн төкм** | 1199,9 | 821,2 | 1113,9 | 1256,4 | 1281,5 | 1302,8 | 1371,5 | 1408,3 |
| **Жүргүнчү ташуу, млн адам** | 295,5 | 397,8 | 503,0 | 544,5 | 531,7 | 565,3 | 606,8 | 617,6 |
| **Жүргүнчү–лүк айлам-пасы. млн жүрг/км** | 4349,9 | 5684,8 | 6815,5 | 7156,7 | 7209,5 | 7379,8 | 7943,3 | 8223,2 |
| **Алардын ичинен: эл аралык** | 31,5 | 21,2 | 21,0 | 16,7 | 8,3 | 9,6 | 12,8 | 6,1 |
| **Шаар четине** | 43,1 | – | 151,0 | 85,9 | 88,4 | 62,6 | 40,7 | 26,3 |
| **Бардык кирешеси, млн сом** | – | – | 3525,2 | 3873,3 | 3913,7 | 4520,3 | 4953,6 | – |

Статистикалык маалыматы: «Кыргызстан цифрда» Б. 2003, 2014

Мамлекеттик транспорт агенттиги 2013–жылдын тогуз айында жүргүнчү жана жүк ташуучуларга лицензия берүүдө 5,5 млн сом, экспертиза жүргүзүү үчүн– 1,0 млн. сом, каттамдардын схемасын берүүдөн– 1,03млн, эл аралык жүк ташууга уруксат берүүдөн– 68,8 млн транспорттук мыйзам бузуучуларга жаза үчүн– 17,5 млн., же жалпысынан 78,2 млн сом бюджетке которулган. Ал эми 2012–ж. ушул мезгилинде 68,9 млн сомду түзгөн.

Республикада географиялык абал менен шартталган транспорттук чыгымдар өтө жогору. Кыргызстан деңизге чыгууга мүмкүндүгү жоктугунан, Батыш Европа, Түндүк–Чыгыш жана Түштүк–Чыгыш Азия мамлекеттерине жүк жеткирүү үчүн транспорттук чыгымдар эбегейсиз. Өз учурунда бул нерсе Кыргызстанга бул өлкөлөрдөн келүүчү товар агымдарын да оорлотот.

Учурда республиканын автопаркы чоң эскирүүгө ээ (60–80%). Чет өлкөлөрдөн республиканын автопаркын жаңылоо бир топ кымбатка түшөт жана ал үчүн бир гана жол–республикага чет элдик же жеке инвесторлорду тартуу.

Республикада Акаевдик, Бакиевдик режимдер кезинде парадокстуу абал пайда болгон, анда республика дүйнөдөгү эң кедей мамлекеттердин катарында туруп, жада калса өнүккөн өлкөлөр жасабаган кадамдарга, б.а. кызматтык пайдалануунун ири автопаркын кармаган. Мисалы, ар кандай маалыматтарга таянсак,

лимит боюнча кызматтык авто транспорттун саны 5817 бирдик болсо, а чындыгында алардын саны бекитилген лимиттен бир топ көп болгон. Жыл сайын автотранспорттун кармоо үчүн аппараттык кармоого кеткен республикалык бюджеттин каражаттарынын үчтөн бирин түзөт. Бир гана, кызматтык автотранспорттун жалпы санынын 20 пайыздык кыскартуу бюджеттик каражаттарды 120–150 млн. сомго үнөмдөөгө болот. (АКИpress, 2005. №4,с. 29).

Белгилүү болгондой, көптөгөн өнүккөн өлкөлөрдө кызматтык авто транспорттун саны өтө чектелүү. Мисалы, Польшанын президентин бир автомашина тейлейт, ал эми биздин мурдагы президентибизди Бакиевди 8–10 жана андан да көп машина тейлегени байкалат. АКШ жана башка өлкөлөрдө сенаторлор менен конгрессмендерде кызматтык авто транспорт жок, жана болгону нөөмөттүк автомашиналарды колдонушат, ал эми Жогорку Кеңештин ар бир депутатын тейлөө үчүн бир машина аз, бардыгы кымбат чет элдик маркалар.

Республиканын шаарларынын калкын тейлөө өтө курч көйгөй бойдон калууда. Мисалы, экономикалык реформага чейин Бишкек шаарында (борбор) 600 автобус жана 170 троллейбус иштеп турган, 2008–жылы бул шаардын көчөлөрүндө болгону 60 троллейбус кыдырып калган. 2008–жылы мэрия 200 автобусту Кытайдан сатып алган жана шаардык транспорттун өнүгүүсү үчүн минимум 350 автобус жана 150 троллейбус сатып алуу зарыл. Албетте, автобустар менен троллейбустарды маршруттук бусиктер алмаштырган, алар Бишкек шаарында эле 3 миң бирдикти түзөт жана бул көптөгөн адам кырсык жагдайларды түзөт жана экологияга таасир этет.

**Аба транспорту.** Кыргызстандын транспорттук система-сында аба транспорту жүргүнчү ташуулардын негизги түрү болуп эсептелет. Бардык аткарылган иштин 90% дан ашыгы жүргүнчүлөрдү ташуу үчүн жумшалат, ал эми калгандары почта, тез бузулуучу продуктуларды, дары–дармек, баалуу буюмдарды ташууга дал келет.

Аба транспорту алыскы тоолуу аймактарды санавиация менен камсыздайт, айыл чарба жана токой чарбасында кеңири колдонулат.

Авиациялык транспортту колдонууда транспорттун башка түрлөрүнө салыштырмалуу убакыттан утуш болот. Эсептөөлөр

боюнча, жүргүнчү ташууда 1000 км. ден ашуун аралыкты аба транспорту артыкчылык кылат.

1952–жылы авиа бөлүктүн базасында Кыргыз авиа тобу түзүлгөн, 1968–жылы кыргыз жарандык авиация башкармалыгына айланган, ал эми 1990–жылдан тартып Кыргыз улуттук авиа компаниясы деп аталып калган.

Кыргызстанда аба жолдорунда бир кыйла авиа компаниялары иштешет. Мисалы, “Пегасус Эйрланс”, “Эйр Манас”, “Кыргызстан” жана башкалары. ААК “Эйр Манас” компаниясынын 49% акциясы компания “Пегасус” ка, калганы Кыргызстан жака тиешелүү. 2013-жылдын март айынан баштап “Эйр Манас” компаниясы Бишкек Стамбул маршруту боюнча “Боинг–737–800” учагы менен иштей баштаган. Эгерде, мурун Бишкек–Стамбул маршруту боюнча учакта учуу чыгымы 800–1200 долларга барабар болсо, ал эми кийинки учурда 330 долларга чейин төмөндөгөн. Стамбул аркылуу жүргүнчүлөр 30 Европалык шаарларга учууга мүмкүндүк алган. Ал эми Париж шаарына учуп кайра келүү жол чыгымы 450 долларга барабар. 2014–жылы бул компания Москва, Сургурт, Дубай, Урумчи жана башка шаарларга учуу жолдорун ачмакчы.

«Пегасус» авиакомпаниясы 1990–жылы түзүлгөн. Туркия боюнча 14 эл аралык жана 17 ички рейстерди аткарат. Авиапаркында «Боинг–737–800» маркасындагы 22 самолёт бар (АКИ press №5, 2009, с. 2).

2008–жылы ички аба маршруттары боюнча Бишкектен Ошко, Жалал–Абадга, Казарманга, Баткенге, Кербенге, Исфанага, эл аралык маршруттар боюнча Москва, Санкт–Петербург, Екатеринбург, Новосибирск, Омск, Красноярск, Самара, Ташкент, Душанбе, Дубай, Урумчи, Ходжент, Дели, Стамбул и Астана багыттарына рейстер аткарылган.

«Кыргызстан» авиакомпаниясы 2001–жылы түзүлгөн жана 2009–жылдын 1–декабрына 1 млн. жүргүнчү ташыган. Авиа-компания өзүнүн жеке менчик аба кемелери АН–24, бирден ТУ–134 жана ТУ–154 бар. Андан сырткары, «Боинг 737–300 менен 737–400» эксплуатацияланат. 2009–жылдын жыйынтыгы боюнча авиа компания 89 млн. сомдон ашуун пайда көргөн.

«Кыргызстан» авиа компаниясынын паркын жаңылоо максатында эки «Боинг–737–200» жана «Боинг–737–300» аба кемелери менен толукталды.

Аба кемелерин тейлөө үчүн «Кыргызаэронавигация» мамлекеттик ишканасынын аэро навигациялык шаймандары модернизацияланды.

Натыйжада шаарлар аралык жана эл аралык каттамдар өнүгө баштады. Учурда Кыргызстандын борбору Бишкектен шаары алыскы Москва, Санкт – Петербург, Киев, Баку, Новосибирск, Красноярск, Омск, Хабаровск, Одесса, Сочи, Минводы шаарларына авиа ташуулар жүргүзүлөт. Акыркы 2–3–жылда Кыргыз улуттук авиакомпаниясы жаңы маршруттарды, туристтик байланыштарды ачты, бул Сирия, Пакистан, Индия, Иран, Япония, Түштүк Корея, Финляндия, Греция, Кытай, Бириккен Араб Эмираттары сыяктуу мамлекеттер менен соода–сатыктын жакшыруусуна өбөлгө түзүүдө.

Жүргүнчүлөрдү ташуунун жергиликтүү линиялары ачылды. Бишкек облустук борборлор жана көптөгөн райондук борборлор менен байланыша алды, мисалы, Бишкек–Казарман, Бишкек–Караван, Бишкек–Тамга, Бишкек–Чолпон–Ата, Бишкек–Баткен ж.б.у.с.

Облустук борборлор дагы Москва, Ташкент сыяктуу шаарларга чыга алышат. Ош шаарынан Ош–Москва, Ош–Ташкент, Ош–Душанбе, Ош–Каракол багыттарына каттамды жүргүзөт.

Мисалы, эгерде 1960–жылы республикада авиация аркылуу 241 миң адам ташылса, анда 1998–жылы 400 миң, ал эми 2004–жылы– 456 миң, 2008–жылы– 2692,7 миң, 2012–жылы 7177,9 миң адам ташылган. Кыргыз улуттук авиа компаниясы тарабынан колдонулган аба магистралынын жалпы узундугу 28 миң км., алардын ичинен жергиликтүү аба линиялары 8 миң км.ди түзөт. Көбүрөөк интенсивдүү каттамдар болуп Бишкек–Москва, Бишкек–Ташкент, Бишкек–Алматы, Бишкек–Санкт–Петербург, Бишкек–Дели, Бишкек–Ош, Бишкек–Жалал–Абад эсептелет.

Бишкек шаары аба жолдору аркылуу республиканын жана чет өлкөнүн 80 ден ашуун шаарлары менен байланышат. Бишкек шаарынын түндүгүндө курулган «Манас» аэропорту Борбордук Азияда эң ирилердин катарына кирет. Ал келечекте Европа менен Азиянын ортосунда транзиттик мааниге ээ болот. Аэропорт көп

орундуу ИЛ–62, ИЛ–86, ТУ–154, АН–24, ЯК–42, чет элдик, мисалы, Боинг «Трайдент» самолётторун кабыл алат жана жөнөтө алат.

«Манас» аэропорту республиканын алдыңкы ишканаларынын бири, сапаттын эл аралык стандарттарына жооп берет, авиа жүргүнчүлөрдү заманбап тейлейт, шаймандары ИКАО–н биринчи категориясына таандык. Республикадагы авиа ташуулардын 93% ушул ишканага таандык.

«Манас» аэропорту КМШ өлкөлөрүнүн ичинде эң мыкты деп эки ирет–2000– жана 2002–жылы– эл аралык аэропорту эл аралык конкурстарда КМШда “Эң интенсивдүү аэропорту” деп табылган. Европалык таасирдүү уюмдардын бири болгон Bussiness Inifiativ Direction (B.I.D.) уюмунун тандоо комитети дагы 2004–жылы эл аралык «сапат жана технология үчүн Европанын Алтын аркасы» сыйлыгын ыйгарган.

Облустук борборлордо жаңы аэропорттор курулган. Республиканын ичинде атайын авиа линиялар бар, аларга санавиация, айыл чарбасында, курулушта пайдаланат. Чоң эмес самолёттор, вертолёттор табигый кырсыктардан сактоодо, тез жардам көрсөтүүдө, өрт өчүрүүдө, экспедицияларда, геологиялык чалгындоолордо кеңири колдонулат.

Бирок, Кыргызстандын жарандык авиациясы Еврокомиссиянын кара тизмесинде турат, жана биздин лайнерлерге учуп өтүүгө тыюу салынган. Еврокомиссия 2010–жылга чейин Евро биримдигин аба мейкиндигинен учууга тыюу салуу боюнча чечим чыгарган. Анткени, Кыргызстандын аба кемелери жүргүнчүлөрдү ташуу коопсуздугун жана экологиянын заманбап талаптарына жооп бербейт деген чечимге келген

Учуулардын коопсуздугун жогорулатуу жана Кыргыз Республикасына моралдык, физикалык жактан эскирген аба кемелеринин келишине чектөө максатында Өкмөт тарабынан аба кемелеринин максималдуу «Жашына» чектөө киргизилген, ал Реестрге жазылат. 2008–жылдын 1–майынан тартып заводдон чыкканына 30 жылдан ашкан аба кемелерин Реестрге кошууга, ал 40 жылдан ашкан учактарга киши ташууга тыюу салынган.

2008–жылы Кыргыз Республикасында 17 авиакомпания катталган, алардын ичинен 9 компаниядан иштетүү Сертификаты кайтарылып алынган.

Кыргызстанда 2008–жылдын маалыматтары боюнча 46 жүргүнчүлүк аба кемелери катталган. Алардын ичинен 20 гана учууга жарамдуулукка ээ, калган 26 кеме сертификаттын күчү бүткөндүктөн токтотулган, б.а. жүргүнчүлөрдүн коопсуздук талабына жооп бербейт.

Ата–мекендик учактардын көпчүлүк бөлүгү эскирген, КРнын аба кодексине ылайык, 30 жылдан ашкан кемелер жүргүнчүлөрдү ташуудан алынып салынат.

Төрт учак өлкөдөн сырткары жерде эксплуатацияланууда, б.а. ОАЭ менен Казакстандын аэропортторунда жайгаштырылууда. Биздин «Аэрофлоттун» учактарынын 80% Багама аралдарында катталган. Авиа компаниялар үчүн лицензия болгону 300 сом турат. Андан сырткары, биздин желектин алдында чет өлкөлөргө учкан авиа компаниялардан бюджетке канча каражат түшөөрү белгисиз.

Акыркы жылдары Кыргыз улуттук авиа компаниясынын өндүрүштүк–экономикалык көрсөткүчтөрү начарлоодо. Мисалы, эгерде 1960–жылы республикада авиация аркылуу 241 миң адам ташылса, анда 1998–жылы– 400, 2004– 456 миң, ал эми 2008–жылы– 408 миң адам ташылган. Жүк ташуу айлампасы (млн. т/км) 5,6% жогорулаган, жүргүнчүлүк айлампа– 21,9%, анын ичинде, эл аралык линияларга– 28,2% жогорулаган, ал эми ички линияга– 46,5% га төмөндөгөн (53–табл.).

Акыркы жылдарда “Кыргызстан” авиа компаниясынын иши жыл сайын жакшы жыйынтыкты берүүдө. Мисалы, 2000-жылы 0,2 млн адам ташылган болсо, 2013-жылы 1,0 млн адамга жеткен, же болбосо 5,0 эсеге өскөн. Ошондой эле жүргүнчүлөр айланасы 518,8 млн. жүргүнчү км ден 2999,9 млн жүр/км өскөн, же болбосо 4,0 эсеге өсүш берген. Ошондой эле ошол аралыкта жүк ташуу айланпасы 55,5 млн т/км ден 110,3 млн т/км жеткен, же 1,9 эсеге жогорулган. Кийинки беш жылдын ичинде (2008–2012–жж.) авиа компаниянын кирешеси 2420,7 млн сомдон 7222,7 млн сомго жеткен, же 2,6 эсеге өсүш берген.

Кыргыз улуттук авиа компаниясында Кыргыз авианавигация мамлекеттик ишканасы түзүлгөн. Бул компанияны 2013–жылы жылдык кирешеси 464,6 млн сомду түзгөн, башкача айтканда 2012–жылга салыштырганда 52,3 млн сомго, же болбосо 12,7% га өсүш берген. Бул компаниянын иши “Манас” жана “Ош”

аэропортторунда каттамдарды тейлөө жумуштарын жүргүзөт. Жылдын жыйынтыгы боюнча ишкана 449,1 млн сом жумшалып 44,0 млн сом пайда тапкан. Ошондой эле социалдык фондуга 75,4 млн сом, республикалык бюджетке берилген салыктын көлөмү 7,3 млн сомго жеткен.

Ишкана 2 фирмадан турат: Бишкек өздүк курамында 460 адам, анын ичинен Бишкек шаарында– 396 адам, Каракөл бөлүмүндө– 19 адам, Ош филиалында– 199 адам эмгектенишет.

53– Таблица. **Аба транспортунун өндүрүштүк–экономикалык көрсөткүчтөрү**

| | **2000** | **2005** | **2008** | **2000–2009 жылга, %** | **2010** | **2011** | **2012** | **2013** |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **Жүк ташуу, млн. т** | 3,3 | 1,4 | 0,9 | 0,9 | 1,0 | 1,3 | 0,7 | 0,4 |
| **Жүк ташуу айлампасы, млн. т/км** | 55,5 | 42,4 | 58,6 | 45,4 | 64,4 | 111,0 | 99,2 | 110,3 |
| **Жүргүнчүлөрдү ташуу, млн. адам.** | 0,2 | 0,3 | 0,4 | 0,4 | 0,5 | 0,7 | 0,8 | 1,0 |
| **Жүргүнчүлүк айлампасы, жүрг/км** | 518,8 | 421,2 | 635,3 | 571,9 | 814,2 | 1400,4 | 1601,6 | 2099,9 |
| **Анын ичинде эл аралык** | 468,3 | 376,9 | 603,2 | 506,6 | 739,2 | 1309,5 | 1506,3 | 1979,1 |
| **Ички** | 50,5 | 44,3 | 32,1 | 65,3 | 75,0 | 90,9 | 95,3 | 1197 |
| **Жалпы кирешеси млн. сом а.н. жүк ташуу** | – | – | 2720,7<br>28,0 | 2721,3<br>19,7 | 3888,8<br>27,5 | 6302,8<br>64,8 | 7222,7<br>44,8 | –<br>– |

Статмаалыматы: «Кыргызстан цифрада» *S.* 2003, 2009, 2014.

2001–жылы Кыргыз Республикасынын Өкмөтү Ысык–Көлдүн айланасындагы ден соолук чыңдоо жайларга келүүчү жергиликтүү, аймактык жана эл аралык туристтерди ташуу үчүн «Тамчы» айылындагы аэропортту толугу менен куруу чечими кабыл алынган. 2003–жылы аэропорт ишке берилген. Учурда, ал жерде ЯК–40, АН–24, АН–28 самолётторун кабыл алууга мүмкүндүк түзүлгөн.

Оор самолётторду кабыл алуу үчүн конуу тилкесин 1800 метрге узартуу керек болот. Аэровокзалдын өткөрүү мүмкүнчүлүгү болгону 60 адам/саатына, а келечекте 300 адам саатына жетет. Болочокто аэропорттун үч кабаттуу имаратында мейманкана, ресторан жана башка көрсөтүү жайлары болмокчу.

Аэропорттун толук курулушу жана ишке берилиши үчүн кошумча 53 млн. АКШ доллары инвестиция катары талап кылынат. Жыйынтыкта Кыргызстанда эксплуатацияланып жаткан учактардын ресурстары түгөнүүдө. Ошондуктан республика учак сатып алуу орусиялык жана башка эл аралык учак куруу заводдорунда, байланыштуу. Демек, авиа паркты жаңылоо жана модернизациялоо үчүн бюджеттик жана жеке инвестициялык каражаттарын интенсивдүү тартуу бүгүнкү күндүн талабы.

**Труба өткөргүчтүү транспорт.** Кыргызстандын аймагында биринчи труба өткөргүчтүү магистрал Жалал–Абад облусунда 1917–жылы курулган. Бирок, нефти өткөргүчтүү транспорттун тез өнүгүүсү 50–жж. экинчи жарымына туура келет, анда ар жылкы өсүм (прирост) 10–15 млн. тоннаны түзгөн. Ошол эле учурда, диаметри чоң трубалардан нефти өткөргүчтү куруу башталган, алардын өткөрүү жөндөмдүүлүгү тез жогорулаган жана өткөрүүнүн өздүк наркы азайган. Натыйжада бардык нефти өткөргүчтөрдүн узундугу 0,7миң. км.ге–ден (1951–жылы) 10 миң км. (2005–жылы) чейин жеткен.

Азыркы тапта магистралдык нефти өткөргүчтөр 12 миң км.ге жетет жана бир нече торчону түзүшөт.

Кыргызстандын бюджети түздөн–түз нефти менен газга байланышкан, ошол себептен республикада транспортун бул түрүнө өзгөчө маани берилет, анткени, транспорттоонун пайдалуу, арзан ыкмасы болуп саналат. Максаты боюнча магистралдык труба өткөргүчтөр нефти–продуктуга, газ өткөргүчкө бөлүнөт. Акыркы мезгилдерде, башка түрлөрү да өнүгүүгө ээ (пульптук–пневматикалык өткөргүчтөр).

Транспорттун бул түрүнүн артыкчылыгы болуп жыл бою иштеп туруу мүмкүнчүлүгү, эмгектин жогорку өндүрүмдүүлүгү, ташууда аз жоготуулар жана рельефке карабастан кыска аралыкка труба өткөргүчтөрдү төшөө мүмкүнчүлүгү саналат. Турба өткөргүчтүү жана конвейердүү транспорт–эң прогрессивдүү жана азырынча аз өнүккөн транспорт. Турба өткөргүчтүү транспорт Чүй,

Ош жана Жалал–Абад облусунда бар. Кыргызстандын түндүгүндө магистралдык газ өткөргүч Бухара–Ташкент–Чымкент–Жамбыл–Бишкек–Алматы багыты боюнча өтөт. Бул газ өткөргүч боюнча Бишкек шаарын сапаттуу отун менен камсыздоо максатында жыл сайын 700 млн. $м^3$ Бухара газы өтөт.

Республиканын түштүгүнө Майлуу–Сай – Жалал–Абад – Кара–Суу – Ош газ өткөргүчү жана мындан сырткары Кочкор–Ата–Ивановка нефти өткөргүчү бар. Кубанычтуу нерсе, акыркы жылдары труба өткөргүчтөр аркылуу жүк айлампасы көбөйүүдө. Мисалы, эгерде 2000–жылы 292,4 млн. т/км жүк өтсө, анда 2005–жылы 314,4 млн. т/км, же 7,5 % га өскөн. Бирок 2012–ж.–208,8 т/км азайган республиканын тоолуу аймактарында көмүрдү, газды, минералдык, курулуш жана башка сугарып–себүүчү жүктөрдү турба аркылуу жеткирүү жакшы натыйжа бермек. Мисалы, Кара–кече көмүр кенинде алынган кенди суугааралаштыруу аркылуу гидротранспортту колдонуу сунушталды. Окумуштуулар Кара–Кече карьеринен темир жолго чейин көмүрдү асма жолдорду же конвейерди колдонууну сунушташууда. Транспортун мындай прогрессивдүү түрүн заводдордун ичинде, карьерлерде, агро өнөр жай комплексинде, мусорду шаардын сыртына чыгарууда, о.э. адамдарды ташууда колдонуу керек. Мисалы, Ысык–Көлдүн жээгинен тоолорго туристтик–экскурсиялык тейлөө катары эс алуучуларды аркан жолу менен азыркы талапка ылайыктуу болот. Тоо лыжа спорту, тоолордо эс алууну уюштуруу да транспорттун мындай түрүнө муктаж.

**Суу транспорту.** Кыргызстандын транспорттук система-сында өзгөчө мааниге ээ: жүк айлампа боюнча төртүнчү орунда турат.

Кыргыз Республикасында суу транспорту Ысык–Көл облусунда гана бар. Ысык–Көлдүн кыш айларында тоңбогон-дугуна байланыштуу суу транспорту жыл бою жүк ташуу үчүн колдонулат. Суу жолдорунун узундугу 500 км.

Суу транспорттук чарбаны көзөмөлдөөчү Ысык–Көлдөгү кемечилик башкармалыгы уюштурулган, ага: суу жолдорун колдонуу, флот, жээк бекети, оңдоо (ремонттук) жана башка жумуштар кирет. Ысык–Көл кемечилигине 16 кеме (кубаттуулугу 5 млн. т.), жүк көтөрүмдүүлүгү 11,1 млн.т. болгон 14 биржа (жүк ташуучу кеме), 12 кеме аялдамасы бар.

Маалыматтар боюнча 2013–жылы “Ысык–Көл пароход чарбасы” да буксирдик теплоход “Ост” жана “Нард” ар биринин күчтүүлүгү 600 аттын күчүнө барабар, Маневра жасачу теплоход “Санташ”, жүк ташуучу биржалар “Нарын”, “Двина”, “Ока” жана “Обь” ар бир 1000 тонна жүккө барабар. Мындан тышкары суу үстүндө иштей турган 3 кран, ар биринин жүк көтөрүмдүүлүгү 5 тоннадан. Учурда экинчи балыкчы портунда бир кран көтөрүмдүүлүгү 10 тонна, Каракол портунда–2суу үстүндө крандар ар биринин күчтүүлүгү 5 тоннадан ошондой эде Курменты порту, 2 суу үстүндө иштечү краны бар.

Суу транспорту Ысык–Көл ойдуңун гана тейлейт, негизги жүктөр Балыкчы жана Кара–Кол шаарларынын ортосунда ташылат. Темир жол аркылуу Балыкчы шаарына жеткирилген жүктөр суу транспортуна жүктөлөт. Ошентип жүктөрдү аралаш жеткирүүгө болот.

Суу транспортун жайгаштыруу жалпысынан табигый шарттарга көз каранды. Кыргызстандын геосаясий жайгашуусу да эл аралык соода–сатыкта суу транспортун колдонууну өтө эле чакан. Кемелердин, баржалардын санынын көбөйүшү менен жүргүнчүлөрдү жана жүктөрдү ташуу 2006–жылга чейин өнүккөн. Эгерде 2000–жылы 81 миң т., 2002–жылы– 136 миң т., 2003–жылы– 483 миң т, 2004–жылы –646 миң т., 2005–жылы– 550 миң т. жүк ташылса, ал эми 2006–жылы– 306 миң т. болгон. Негизинен кургак жүктөр, негизги бөлүгүн көмүр (46%), курулуш материалы (30%) түзөт. 1977–жылдан тартып көл үстүндө нефти продуктыларын ташууга тыюу салынган. Ошол себептен, 2000–2005–жылдары суу транспорту аркылуу жүк ташуу айлампасы кыскарууга дуушар болгон: 5,9 дан 4,9 млн. т./км., же 17,0% төмөндөгөн. Айрыкча 2008–2012–жылдары жүк ташуу кескин азайган, б.а. 2008–жылы 8 млн т/км болгон болсо, ал эми 2012–жылы– 2,2 млн т/км төмөндөгөн. Ошого жараша “Ысык–Көл пароход чарбасы” акыркы беш жылдын ичинде (2000–2012–жж.) алынган кирешесинин көлөмү да төмөндөгөн, б.а. 9,4 млн сомдон 3,5 млн сом чейин, же 62,8% га азайган.

Ысык–Көлдүн жээгинде курорттук чарбанын өнүгүүсү менен суу транспорту аркылуу ташылуучу жүктөрдүн түрү өзгөргөн, анткени, курорттук чарба көптөгөн курулуш материалдарын, продуктыларды талап кылат. Көлдө жүргүнчүлөрдү кыска

аралыкка ташуу жүргүзүлөт–туристтердин, эс алуучулардын экскурсиясы. Суу транспорту башка түрлөрдөн үнөмдүүлүгү менен айырмаланат, анткени, жолдорду куруунга жана кармоого чыгымдар жок.

54– Таблица. **Транспорт мекемелеринин жалпы экономикалык көрсөткүчтөрү**

| | 2000 | 2005 | 2009 | 2010 | 2011 | 2012 | 2013 |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **Продукцияны сатуудан түшкөн пайда, млн сом** | 3027,1 | 5297,9 | 10700,8 | 12859,4 | 17827,9 | 20262,9 | 21312,5 |
| **Продукцияны өндүрүүгө жана сатууга кеткен чыгымдар, млн. сом** | 2915,4 | 4781,5 | 8824,8 | 10636,8 | 15170,7 | 17232,1 | 18266,0 |
| **Таза пайда, млн сом (+,–)** | –8,9 | 873,9 | 1593,8 | 1760,7 | 1910,0 | 3099,3 | 3293,2 |
| **Рентабелдүүлүк, %** | – | 10,8 | 21,3 | 20,9 | 17,5 | 17,6 | 16,7 |
| **Негизи каражаттардын жылдык орточо наркы, млн, сом** | 2225,0 | 4660,1 | 8054,9 | 8933,4 | 9591,8 | 10312,6 | 1458,2 |
| **Дебитордук карыздар, млн сом** | 784,8 | 1,370,5 | 2414,7 | 2809,1 | 2828,3 | 3403,8 | 3719,4 |
| **Кредитордук карыздар, млн сом** | 1318,5 | 1700,8 | 3787,8 | 3214,7 | 3474,0 | 4675,6 | 5313,9 |
| **Ишканалардын саны, бирдик** | 528 | 755 | 922 | 925 | 949 | 1080 | 1210 |
| **Андан, карызга баткандары** | 236 | 301 | 330 | 307 | 277 | 324 | 336 |
| **%** | 44,6 | 39,8 | 35,7 | 33,1 | 29,1 | 30,0 | 27,7 |
| **Дүң кирешенин өсүү темпи алдыңкы жылга карата % менен** | П9,2 | 108,8 | 106,2 | 120,2 | 138,6 | 113,7 | 105,2 |

Статмаалыматтары “КР ишканалардын финансысы” Б.2005,2014.

Суу транспортунда жүктөрдү ташуунун өздүк наркы бир топ төмөн. Мисалы, Ысык–Көл боюнча жүк ташуунун өздүк наркы автомобиль транспортуна салыштырмалуу 10 эсеге аз. Бирок, экинчи тарабынан суу транспортунун бат өнүгүүсүнүн экология үчүн терс кесепеттери бар, анткени көлдүн суусунун булганышына

алып келет. Ысык–Көлдүн тазалыгын сактоо жүк ташууга караганда чоңураак мааниге ээ, ошондуктан, кемелерди көбөйтпөө көйгөйү бар.

Ошентип, эгерде **бардык транспорттун түрлөрү** боюнча 2000–2013–жж. иштеген жумушунун негизинде алар аздыр–көптүр натыйжалуу иштеп жатат деген жыйынтыкка келебиз. Мисалы, продукцияларды сатуудан жана кызмат көрсөтүүлөрдөн түшкөн дүң пайда 3027,1 ден 21312,5 млн. сомго чейин, же 7,0 эсеге, ал эми таза пайда –8,9 дан 3298,2 млн. сомго чейин көбөйгөн, тиешелүү түрдө өндүрүштүн рентабилдүүлүгү да 16,7 % га өсүүдө (54–табл.).

54–таблицанын берилиштеринде, транспорттук мекемелердин дебитордук карызы 3,7 эсеге, кредитордук карызы – 4,0 эсеге көбөйгөн. Мекемелердин саны 528 ден 121,0 бирдикке, же 2,2 эсеге көбөйгөн, алардын ичинен, карызга баткандары – 236 дан 336 бирдикке, же 42,9% көбөйгөн, б.а. карызга баткан ишканалардын үлүшү 44,6 дан 27,7% га чейин төмөндөгөн. Ошол эле учурда, соңку төрт жылдын ичинде дүң кирешенин өсүү темпи – 8,8 ден 38,1% га чейин өскөн.

Экономикалык реформалардын шартында транспорттук тутумунун бардык түрлөрү акырындап өнүгүүдө, жумушунун эффективдүүлүгү жыл санап жакшырууда, жана тиешелүү кызмат көрсөтүүлөргө болгон калктын талабы камсыздалууда.

## §2. Жол коммуникацияларынын абалы жана өнүгүүсү

Жыл сайын республикада жол трассаларда жүрүүчү автомобилдердин саны өсүүдө. Жыйынтыгында, унаа жолдордун жасалма төшөнчүлөрүнүн пайдалануу мүнөздөмөлөрү тез ылдамдыкта начарлоодо. Республикада начар каржылоонун кесепетинен аларды куруу жана реконструкциялоо чектелүү бойдон калууда.

Азыркы мезгилде, бардык эле өлкө, жада калса экономикалык жактан өнүккөн өлкөлөр да мамлекеттик каражаттардын эсебинен автобандарды төшөгөнгө алы жетпейт. Ошондуктан, мамлекеттик–жеке менчик шериктештик механизми бюджеттик мүмкүнчүлүктөрдү чечүүгө шарт жана кандайдыр бир өлчөмдө автомобиль жолдордун абалын жакшыртууга жардам берет эле. Республикада бардык автомобиль жолдору максаты, сапаты жана

башка белгилери боюнча үч типке бөлүнөт: жалпы, эл аралык, республикалык жана жергиликтүү маанидеги жолдор.

Жалпы эл аралык маанидеги жолдорго бир нече мамлекеттерди же ири өнөр жай жана айыл чарба аймактарын туташтырып турган, о.э. алардын транспорттук байланышын камсыздап турган магистралдар кирет. Бул Бишкек–Ош, Бишкек–Торугарт, Бишкек–Алматы, Бишкек–Ташкент, Ош–Хорог жолдору. Республикалык маанидеги жолдорго Ош–Кызыл–Кыя–Исфана, Талас–Кировка–Жамбыл, Нарын–Быстровка–Казарман ж.б. кирет. Түштүк Кыргызстанда: Бүргөндү – Таш–Көмүр – Караван, Ош – Кызыл–Кыя –Сүлүктү, Таш–Көмүр – Кетмен–Төбө, Ош – Ноокат, Ош – Кара–Суу, Талас өрөөнүндө Жамбыл–Талас–Будёновка жолдору кирет. Бул жолдордун курулушунун негизинде республиканын көптөгөн райондору бири–бири менен байланышкан. 1940–жылы жалпы узундугу 11,5 миң км.ге жетсе, алардын ичинен асфальт басылганы 1,2 миң км. болгон.

1940–жылы башталган, бирок, согуш жылдары токтотулган, эң маанилүү Фрунзе–Кара–Балта–Сосновка–Суусамыр–Ош жолунун курулушу 1965–жылы бүтүрүлгөн. Анын жалпы узундугу 600 км. Бул жол Кара–Балта капчыгайы, Төө–Ашуунун алдындагы тоннель (3586 м.) аркылуу өтөт. Тоннель 3200 м бийиктикте, 2,6 км.ди түзөт. Бул жол Кыргызстанда эле эмес, бүт жер шарында эң бийик уникалдуу курулуш болуп саналат.

Бишкек–Ош автожолу Улуу Жибек жолунун ажырагыс бөлүгү болуп саналат. Бул жол жеке эле Кыргызстан эмес, бизге кошуна жашаган мамлекеттер үчүн стратегиялык жактан маанилүү. Бишкек–Ош автожолу өлкөбүздүн түндүгү менен түштүгүн бириктирип турган экономикалык мааниси чоң жолдун бири. Бул автожолдо төрт туннель аркылуу, анын ичинен Төө–ашуудагы К.Көлбаев атындагы туннелди талапка ылайык туу кармап туруу зарыл. 2013–жылы Төө–Ашуу К.Көлбаев атындагы туннелдин ичиндеги дренаждык системасы 200 чарчы метри кайрадан жасалган. Андан тышкары видео көрсөтө турган байкоочу жабдуулар орнотулуп, жарык берүүчү тутумдары кайрадан оңдоодон өттү. Туннелдин ичиндеги көмүр кычкыл жана уулу заттарды желдетип чыгара турган тутуму да толугу менен алмашкан.

Бишкек–Ош автожолунун мамлекеттик дирекциясынын структурасына 8 жол тейлөө ишканасы, Жалал–Абад курулуш башкармылыгы жана жолдор курулуш башкармылыгы кирет. Ал республиканын үч облусунда жайгашкан. Бул дирекция бардыгы болуп 2314 чакырым жолду тейлейт, анын ичинен эл аралык маанидеги жолдор–932 чакырым, мамлекеттик маанидеги–763 чакырым, жергиликтүү маанидеги–619 чакырым. Бул жолдорду тейлөө үчүн 6 автогрейдер, 2–бульдозер, 5–жүк көтөргүч жана асфальт чыгаруучу завод жана дагы таш майдалоочу комплекстер менен камсыздалган.

1953–1967–жж. Ысык–Көлдүн айланасындагы жол салынып бүтүрүлгөн, ал жол узундугу 438 км. Акыркы жылдары республиканын бардык облустарында катуу төшөнчөлүү жолдордун узундугу көбөйдү жана жаңылады. Учурда, автомобиль жолдорунун жалпы узундугу 34,0 миң км, анын ичинде, жалпы маанидe– 18,8 миң жана шаарлардын, кыштак жерлеринин, айыл чарба, өнөр жай жана башка ишканалардыкы– 15,2 миң км.

Эл аралык маанидеги автомобиль жолдорунун узундугу 41,6 миң км, мамлекеттик маанидеги жол– 5,7 миң км., жергиликтүү маанидеги жол – 8,9 миң км. түзөт. Алардын ичинен, катуу төшөнчөлүү жалпы маанидеги жол 7228 км ичинен, анда 11 км. жол цемент–бетон менен төшөлгөнү 4969 км, асфальттуу бетондук төшөлгөнү 2248 км. Майдаланган таш–кум шагыл жолдор– 9961 км, таштак жолдор– 1621 км.

Кыргызстандын транспорттук коридорлорунун жалпы узундугу 2242 км.ди түзөт. Ал сегиз маршруттан турат: Бишкек–Ош– 672 км., Бишкек–Георгиевка 16 км., Бишкек–Чалдовар 31 км., Бишкек–Нарын Торугарт 539 км, Тараз–Талас–Суусамыр 199 км, Ош–Сары–Таш—Иркештам 258, Ош–Исфана 385 км, Сары–Таш–Карамык 142 км. түзөт. Транспорттук коридордун жалпы узундугунан 502 км. жакшы абалда, 133– канааттандыраарлык, 250 км.–канааттандырбай турган жана 1357 км. өтө начар акыбалда.

Автомобиль жолдордун начардыгын, албетте, автомашиналардын пайдалануу деңгээлине, жүргүнчүлөрдү жүк ташуунун эффективдүүлүгүнө түздөн–түз таасирин тийгизүүдө. Андан тышкары, күйүүчү майдын көп чыгымдалышы амортизациянын коэффициентин жогорулашына, оңдоо тетиктердин тез алмашуусуна жана каражаттын кошумча сарпталышына алып келет.

Республиканын бюджетинен автомобиль жолдорун кармоого 200–250 млн. сом деңгээлинде жылына чыгымдалат, бул жол торчосун кармап турууга зарыл болгон каражаттын 15–20% ды түзөт.

Өлкөнүн 2006–2010–жж. өнүгүү стратегиясында 670 млн. доллары, анын ичинен администрациялоого– 17,8 млн. доллары, транзиттик коридорлорду жана башка долбоорлорду реаблитациялоого –480,0 млн. доллары, ички торчонун жолдорун орточо жана капиталдык оңдоого– 175,5 млн. доллары, мындан, жакшыртуу жана орточо оңдоого– 12,6 млн. доллары, капиталдык оңдоого– 112,5 млн. доллары каралган.

Бүгүнкү күндө TACIS–TRACECA долбоорунун чегинде «Борбордук Азиядагы мамлекеттердин чек араларынын кесилиши» боюнча жумушу аткарылууда. Долбоордун негизги максаты болуп Евроазиялык транспорттук коридордун өтө жандуу чөлкөмдөрүндө жол коммуникацияларын жакшыртуу. Анда, АӨБ (Азия Өнүктүрүү Банк) Алматы–Бишкек авто жолун калыбына келтирүү боюнча жумушту аяктаган.

КРнын транспорт жана коммуникация министрлиги биринчи жолу жол секторунун өнүгүү концепциясын иштеп чыкты. Дал ошонун негизинде өлкөнүн бюджетинен 2005–жылы 200 млн. сом, ал эми 2006–жылы– 300 млн. сом бөлүнгөн. Министрлик конкреттүү максат койгон: асфальт–бетондуу жолдорду сактап калуу. Ошонун негизинде, жолдун 300 км оңдолуп–түзөлдү. Бишкек–Ош, Талас–Суусамыр, Бишкек–Нарын–Торугарт жолдору оңдоодон өтүүдө. Алардын бардыгы сырткы инвестициялардын жардамында реабилитацияланат.

Жолчулардын Өкмөттөр аралык кеңешинин маалыматы боюнча, Чолпон–Ата шаарындагы 2006–жылы өткөрүлгөн 26–отурумунда эл аралык жүк ташуучу транспорттордун габаритин жана салмагын эске алуу менен көпүрөлөрдүн абалын жакшыртуу боюнча чечим кабыл алынган. Ошентсе да, чет элдик инвесторлордун жана Эл аралык банктардын жардамында Бишкек–Ош жолу реабилитацияланды, ал үчүн дээрлик 14 жыл жана 190 млн. АКШ доллары сарпталган.

2008–жылы жол фонду 1564,5 млн. сомго жеткен. Бюджеттен жаңы Баткен–Пүлгөн автожолун куруу үчүн 150 млн. сом жана Каракол–Түп–Кеген жолуна– 143 млн. сом, жол–курулуш

машиналарын сатып алуу үчүн– 250 млн. сом жана эмгек маянаны жогорулатуу максатында– 56 млн. сом бөлүнгөн (АКИpress, 2009, №2. С.33). 2008–жылында автожолдорду ремонттоо жана кармоо үчүн 1264,2 млн. сомдук жумуш аткарылган, 2007–жылга караганда 141% ды түзгөн.

2008–жылы 877,3 км. жол оңдоодон өткөн, анын ичинде, 77,3 км жолго асфальт–бетон төшөлгөн жана жол жыртык тешиктерди оңдоо 222,8 миң. $м^2$ аянтка жүргүзүлгөн. (АКИ press, 2009, №2. С.34).

Бүткүл дүйнөлүк жана Европалык банктар тарабынан 85 млн. АКШ доллары Ош–Исфана жолун реконструкциялоого бөлүп берген. 75 млн. АКШ долларын Ош–Сары–Таш–Эркештам жолун реабилитациялоого берилген. Жалпы узундугу 539 км жана бийик тоолуу рельефке, геологиялык жана климаттык татаал шарттарда Бишкек–Нарын–Торугарт автожолун реабилитациялоо үчүн түзүлгөн сметага ылайык 370 млн. АКШ доллары талап кылынат. Бул жолдун курулушун 2015–жылга чейин бүтүрүү каралган. Тиешелүү инвестицияларды бөлүү боюнча келишим экспорттук–Кытай эл республикалык импорттук банк менен түзүлгөн. Бул автотрассаны толук 2015–жылга чейин реабилитациялоо пландаштырылган. Каражаттын болжолдуу 50% грант түрүндө, калган жарымы–насыя катары берилет. Аталган жолду кезектеги оңдоолордон өткөрүү, кышкысын кардан тазалоо максатында “Ислам Банк” тарабынан 5 млн. АКШ долларына 80 даана техника сатып берилген.

Ош–Исфана–Баткен жолун бүтүрүү үчүн үч демөөрчү катары 60 млн. АКШ доллары бөлүп беришти, алардын ичинен, Европалык реконструкция жана өнүгүү банкы, Бүткүл дүйнөлүк банк жана Евро союз. Бүткүл дүйнөлүк банк 20 млн. АКШ долларын, анын ичинде 45% грант түрүндө жана 10 жылдык кечиктирүүсү менен 40 жылга 0,75% насыя жана Евро союз 7 млн. АКШ долларын грант түрүндө, Европалык реконструкция жана өнүктүрүү Банкы– 35 млн. насыя катарында tabor+1% шарты боюнча 3 жылдык кечиктирүү менен 18 жылга бөлүп берген. ЕРӨБ мындан тышкары да 2,3 млн. АКШ долларын техникалык жардам катары берген.

Узундугу 77 км болгон Ош–Гүлчө жолу үчүн демөөрчү катары Азия өнүктүрүү банкы 32,8 млн. АКШ долларын жана

биздин республика 10,6 млн. АКШ долларын кошумчалаган. Бул трасса Ош–Сары–Таш–Эркештам эл аралык коридордун бир бөлүгү болуп эсептелет.

Узундугу 76 км. болгон Түп–Кеген жолу курулууда. Долбоорду ишке ашыруу үчүн «Терра–Групп» (Болгария) компаниясы жооптуу. Объекти бүтүрүү жана пайдаланууга берүү мөөнөтү 2011–жылына пландаштырылса дагы бүгүнкү күнгө чейин бүтө элек. Долбоордун жалпы баасы 1 млрд. 95 млн сомду түзөт.

2008–жыл ичинде негизги транспорттук коридорлорду, автожолдордун 382 км реабилитациялоо үчүн 973,1 млн.сом бөлүнгөн.

Республикада автоунаа жолдорун сапаттуу оңдоо жана жаңыртуу боюнча техникалык базасын күчөтүү азыркы кездин талабы. Мисалы, 2011-жылы Жапон мамлекети тарабынан грант түрүндө Жети–Өгүз районундагы Барскоон айылында кубаттуулугу 35т/саат болгон асфальт чыгаруучу, ошондой эле кубаттуу таш майдалоочу завод курулган. Мындан тышкары 4 автомашина, 1 жүктөчү, 1 даана техника оңдоочу автомашина, 1 асфальт төшөгүч, 2 таптагыч жана башка техникалар берилген. Ошондой эле Талас областына караштуу Кара–Буура районунда күнүнө 640 тонна асфальт чыгара турган 24,5 млн сомдук завод ишке киргизилген.

2013–2014–жылдарда жана кийинки мезгилде автоунаа жолдорун жаңыртуу боюнча бир катар орчундуу иштер иш жүзүнө аткарылмакчы.

2015–жылга чейин эл аралык маанидеги Балыкчы–Ананьева–Каракол, Балыкчы–Бөкөнбаева–Каракол автожолдоруна реаблитация жумуштары жүргүзүлмөкчү. Ошондой эле Кум–Төр "Оперейтин Компании" Балыкчы–Бөкөнбаев–Каракол автожолун калыбана келтирүү иштерин жүргүзмөкчү. Бишкек Кара–Балта жолду кайра оңдоо–түзөө иштери да жакынкы мезгил аралыкта болмокчу.

Жалал–Абад–Балыкчы альтернативдүү жолу 2014-жылы курула баштады.

Бишкек–Ош жолундагы Төө–Ашуу туннели 1960-жылдары курулуп, долбоор боюнча күнүнө 350–400 транспорт каражатын өткөрүү долбоордук мүмкүнчүлүгүнө ээ болсо, азыр күнүнө 2500–3000 транспорт каражаты өтүп жатат.

Бишкек–Ош жолу үчүнчү категориядагы жол жана өтө опурталдуу ашуулары бар.

Жалал–Абад–Балыкчы экинчи техникалык категориялык жол болот. Бул жол ээндүүлүгү жана чукул бурулуштар, ашуулар жоктугу менен айырмаланат. Асфальттын катмары толугу менен жаңы технологиянын негизинде төшөлөт. Бүгүнкү күндө республиканын жолдору 10 тонна гана жүккө ылайыктуу болсо, Жалал–Абад–Балыкчы жолунун көтөрүмдүүлүгү 11,5 тоннага барабар. Демек, бул жол көтөрүмдүү жагынан Орусия, Казакстандын жолдоруна теңдик кылат. Жолдун узундугу 433км.

Бул жолду бүтүрүш үчүн Кыргызстан Кытайдын банкынан 480 млн АКШ долларын карызга 20 жылга 2% ченеми менен алган.

Жолдун курулушун Кытайдын “Чайно Роуд” компаниясы ишке ашырат. Жолду курууда Көк–Арт ашуусуна 3700м болгон эки туннель курулат. Бул жол Миң–Куштагы кең байлыктарды иштетүүдө, Кара–Кече көмүр кенин, Макмал алтын кенин жана башка табигый байлыктарын иштетүүдө мааниси чоң. Альтернативдик түндүк–түштүк автожолу Нарын, Ысык–Көл областтарын түштүк областтары менен интеграцияга алып келет. Түндүктөн түштүккө картошка, эт жана башка продукцияларды сатууга алып барышса, түштүктөн жашылча–жемиш менен соода–катнаш жүрөт. Ушул жол аркылуу Түштүк областтары, Тажикстан. Өзбекстан жашылча–жемиштерди Казакстанга, Орусияга сатууга мүмкүнчүлүк болот.

## §3. Телекоммуникациялык рыноктун абалы жана өнүгүүсү

Кыргызстанда телекоммуникациялык рынок өтө интенсивдүү өнүгүүп келе жатат, ага мамлекеттик саясат жана байланыш жаатындагы аймактык шериктештик (БАШ) жакшы өбөлгө түзүүдө.

БАШ менен кызматташтык дүйнөлүк коомчулукка интеграциланууда Кыргызстан үчүн маанилүү шарт болуп саналат. Ал улуттук торчолорду өнүктүрүүдө, техникалык жана тарифтик саясатты жөнгө салууда жеке секторду башкарууда, эл аралык өз ара эсептешүүдө, кадрларды даярдоодо жана КМШ аймагында маалыматташтыруу стратегиясын өнүктүрүүдө жана өз ара пайдалуу мамилелерди өркүндөтүү үчүн керек.

Байланыштын улуттук агенттиги (БУА) 1997–жылы электрдик жана почталык байланыш тууралуу Мыйзамдын жоболоруна ылайык түзүлгөн. Ал байланыш чөйрөсүндө мамлекеттик ишмердүүлүктү жөнгө салуу функциясы жана байланыш рыногунда антимонополдук орган катары укукка ээ болгон. Бул уюмга лицензия берүү, сертификация, радио жыштыктуу, менеджмент–кызмат көрсөтүүлөрдүн сапатын көзөмөлдөө, монополист ишканалар үчүн тарифтерди бекитүү функцияларына берилген.

Байланыштын улуттук агенттигинин (БУА) ишинде алдыңкы технологиялар, электро байланыштын жана БАШ–н эл аралык байланыш сунуштары колдонулат.

БУА динамикалуу түрдө өнүгүүдө, республикада телекоммуникациялык секторду либералдаштыруу жана атаандаштыкка туруктуу рынокту өнүктүрүү боюнча активдүү иш алып барууда.

Кыргыз Республикасынын аймагында улуттук торчону өнүктүрүү боюнча милдеттенме «Кыргызтелеком» ААКна жүктөлгөн. «Кыргыз–Телеком» ААК өзүнүн филиалдарынын эсебинен бардык аймактарды жана калктуу пункттарды электрондук байланыштын заманбап түрлөрү менен камсыздайт.

Байланыштын аймактык шериктештиги (БАШ) постсоветтик мейкиндиктеги көз карандысыз мамлекеттердин байланыш башкармалыктары тарабынан түзүлгөн. 1991–жылы аталган мамлекеттердин электрондук жана почталык байланыштарын иреттүү жүргүзүү максатында түзүлгөн. БАШ–н курамында 20 катышуучу, анын ичинде, 13 толук укуктуу мүчө бар. Салыштырмалуу кыска убакытта БАШ эл аралдык таанымга ээ болду. Ал электро байланыштын эл аралык кошунунда (ЭЭК) жана Бүткүл дүйнөлүк почта кошунунда (БПК) байкоочу макамына ээ. Ошого карабастан, Кыргызстан санарип байланышты кийирүүдө, бирок Өзбекстан менен Казакстандан бир кыйла артта калууда.

Акыркы жылдарда республикада жалпыга таандык почта жана электрдик байланыш кызматтары көбөйүүдө. Почта кызматы Кыргыз Республикасында “Кыргыз почтасы” аттуу департаменти түзүлгөн. Бул департаментте 870 почта байланыш бөлүмү жана мамлекеттик байланышы болгон “Кыргыз маркасы” иштей баштаган.

Телерадио берүү калктын аң сезимин өнүктүрүүгө, экономикалык актидүүлүккө, социалдык туруктуулукка жана

жарандык коомдун институттарынын өнүгүүшүнө түздөн–түз таасирин тийгизе турган маанилүү каражаты.

Санариптик теле көрсөтүү адамдардын конституциялык укуктары менен эркиндиктерин жалпыга маалымдоого, улуттук маданий мурастарын, анын тарыхый каада–салттарын натый-жалуусунун, коомдук турмуштун ченемдерин сактоосун жана нравалык баалуулуктарын коргоого жана мекенчилдикке тарбиялоону камсыздоого багытталган.

Азыркы кезде санариптик телекөрсөтүү көрсөтүүнүн сапатын бир кыйла жакшыртууга, программалардын санын көбөйтүүгө, көрсөтүүнү ар түрдүү интерактивдүү мультимедикалык кызмат көрсөтүүлөр менен толуктоого шарт түзмөкчү.

Санариптик телерадиосун Кыргызстанда ишке ашыруу үчүн Маданий министрлигинин маалыматы боюнча 550 млн. сом каражат жумшалышы каралган, мунун ичинен техникалык кайра жабдууга, телерадио компаниялардын программаларын санариптик пакетинен тартып көрсөтүү кызматынын акысына– 80 млн. сом жана улуттук аудиовизуалдык продукциясын өндүрүүгө мамлекеттик заказдын контингентин көбөйтүү каралган.

2002–жылы өлкөнүн Улуттук стратегиясы боюнча “Кыргыз Республиккасында маалымат коммуникациондук технологисын өркүндөтүү” мыйзамы кабыл алынган. Учурда республикада маалымат кызмат көрсөтүү боюнча 10 интернет камсыздоо жана 10 коммерциялык түзүмдөр ар кандай маалымат продукциясын беришет. Республикада мамлекеттик компьютердик уюм электрондук өкмөт түзүүгө багытталган. Азыркы кезде бул уюм аркылуу 40 мамлекеттик мекемелер, областтык, райондук мамлекеттик администрация байланган.

Жалпы пайдалануудагы байланыштын көлөмү 2000–жылы 1162,8 млн. сомдон 2013–жылы 24570,5 млн. сомго, же 2,1 эсеге өсүш болгон, анын ичинен почта жана курьер көмөк көрсөтүү– 63,2 млн. сомдон 524,6 млн сомго, же 8,3 шаар аралык төмөндөн байланышы– 170,8 млн. сомдон 730,7 млн. сомго, же 2,5 эсегеке, радио жана терс көрсөтүү– 30 млн. сомдон 301,1 млн. сомго, же 10 эсеге өсүш берген болсо, ал эми телеграф байланышын, айрыкча эл аралык байланышынын көмөк көрсөтүү көлөмү төмөндөп кеткен (55–табл.).

Бул убакытта телефондук станцияларынын саны 582 ден 801 бирдикке, анын ичинде, шаардык торчодо– 115 тен 543 бирдикке көбөйгөн, айыл жеринде, тескерисинче, бир топ кыскаруу болгон– 467 ден 258 бирдикке чейин. Телефондук станциялардын жалпы сыйымдуулугу 475,3 миңден 762,8 миң номерге, телефон аппараттарынын саны– 385,4 төн 458,8 миң даанага, үй телефон аппараттарынын саны– 1573 төн 353,6 миң даанага, ал эми автоматтык эл аралык жана шаарлар аралык бекеттердин саны– 17,9 миңден 48,9 миң каналга, сүйлөшүү түйүндөрүнүн саны 393 төн 100 бирдикке чейин азайган. (56–табл.).

55– Таблица. **Жалпы пайдалануудагы почта жана электр байланышынын тейлөө көрсөткүчтөрү, млн. сом**

| | 2000 | 2005 | 2009 | 2010 | 2011 | 2012 | 2013 |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **байланыштын бардыгы** | 1162,8 | 4687,9 | 15740,0 | 16957,9 | 19045,1 | 20996,2 | 24570,5 |
| **а.и. почта жарна куьер** | 63,2 | 149,6 | 282,3 | 431,6 | 509,1 | 505,9 | 524,6 |
| **Телеграф** | 11,7 | 28,0 | 10,4 | 10,5 | 12,3 | 8,3 | 13,2 |
| **эл аралык телефон** | 574,4 | 720,3 | 568,3 | 1079,7 | 881,2 | 342,6 | 276,0 |
| **шаар аралык телефон** | 301,5 | 720,3 | 828,3 | 906,1 | 785,4 | 433,6 | 621,7 |
| **шаардык жана айылдык телефон байланышы** | 170,8 | 407,2 | 554,8 | 584,1 | 506,1 | 451,4 | 430,7 |
| **кыймылдуу радио байланышы** | – | 2318,9 | 12336,0 | 12470,9 | 14569,0 | 17102,9 | 20364,6 |
| **радио жана теле көрсөтүү** | 30,0 | 138,5 | 191,5 | 307,8 | 318,2 | 318,9 | 301,1 |
| **Интернет** | – | 189,3 | 656,0 | 857,5 | 1114,6 | 1485,9 | 1842,8 |
| **Башкалары** | 41,2 | 132,5 | 247,0 | 245,4 | 248,4 | 232,3 | 277,5 |

Статистикалык маалыматы: “Кыргызстан цифрада” 2003, 2005, 2014

«Кыргызтелеком» ААК кызмат көрсөтүүлөрдүн кеңири спектрине ээ: маалыматты аралыкка салттуу жеткирүү, эл аралык телефондук байланышы; телеграфтык байланыш; интеллектуалдык торчонун кызматтары. «Кыргызтелеком» жаңы ADSL технология-

сын өздөштүргөн, анда, абоненттер бир линияны бир эле учурда телефон аркылуу байланышууга жана интернет кызматын пайдаланууга болот. Компания заманбап санариптик телекоммуникациялык шаймандар менен жабдылган, анын жардамында жакынкы жылдары мультисервистик кызматтарды көрсөтүүгө болот. Компания рентабилдүүлүк боюнча алдыңкы жетектөөчү орунда турат. Жеке капиталы 2005–жылы 1,0 млрд. сомдон ашкан 2002–жылга салыштырмалуу 1,5 эсе көп болгон. Ушул эле мезгилде жалпы дүң кирешеси 2 эсеге өскөн жана дээрлик 800 млн. сомго жеткен. Таза пайда сыяктуу көрсөткүчү 2003–жылды 2002–жылга салыштырмалуу 15,0% га ашык жана 2005–жылы алдыңкы жылдарга салыштырмалуу– 33,0% га жогорулаган. Бир эле 2005–жылы эмгек жамаатынын туура ишмердүүлүгүнүн натыйжасында ишкана 167,5 млн. сом таза пайда көргөн.

2013–жылдын жыйынтыгы боюнча ААК “Кыргызтелеком” компаниясын дүң кирешеси 273,7 млн. сомго, ал эми таза кирешеси 91,9 млн. сомго жеткен (Кыргыз Туусу гезити 28 март, 2014ж).

Өзбекстанда санариптик телефониянын деңгээли 66%, Казакстанда– 72%, ал эми Кыргызстанда–болгону 44%. 2006–жылдын маалыматтарына ылайык Кыргызстандын айыл жеринде жайгашкан 1700 калктуу пункттардын 303 телефон байланышына ээ эмес. Алыскы райондорду телефондоштуруу, учурда, «Маалыматтык келечек» коомдук фондунун каражаттарынын эсебинен жүргүзүлгөн. 2005–жылы бул бирикме 38 айылды байланыш менен камсыздаган.

Компаниянын акционердик капиталдын структурасы төмөнкүдөй көрүнүштө: мамлекеттин колунда акциялардын 77,8%, социалдык фонд 22,5% жана акциялардын 3,6% гана миноритардык акционерлердин–юридикалык жана физикалык жактардыкы, ал эми 6% эмгек жамаатынын жана менеджменттин колунда турат. “Кыргызтелеком” ААК–н уставдык капиталы учурда 620 млрд. сомду түзөт.

Мекеменин 106 млн. ашуун акциясы рынокто айлантууга чыгарылган, жана алар КФБ–н “А” категориясындагы котировка баракчасына кошулган.

Бүгүнкү күндө “Кыргызтелеком” ААК–динамикалуу түрдө өнүгүүп жаткан, жогорку финансылык мүмкүнчүлүктөрү бар компания.

2006-2007-жж. “Кыргызтелеком” ААК “Санариптик келечек” долбоорунун чегинде жаңы техникалык база куруу аркылуу бүтүндөй торчону толук модернизациялоо планын ишке ашырган.

Долбоордо Бишкек шаарынын коммуникациялык торчосун толук “санариптештирүү” моралдык жактан эскирген аналогдук АТБ HUAWEL компаниясынын санариптик АТБ алмаштыруу каралган-бирок азырынча иштөөнүн мурдагы принциби сакталууда.

Станциялар аралык була–оптикалык өткөргүчтөрдү жаткыруу санариптик байланыштын жогорку сапатын камсыздайт. Натыйжада, АТС–р менен кошкончо бүтүндөй торчону модернизациялоо аркылуу кызмат көрсөтүүнүн жаңы түрүн берүүгө мүмкүндүк пайда болду – ADSL технологиясы боюнча чон ылдамдыктагы Интернет кызматы. Ал глобалдык торчону колдонуучулардын арасында эң популярдуу. Андан сырткары, бардык абоненттерге авто коңгуроо, коңгуроолордун багытын буруу, ойготкуч, коңгуроолорго тыюу салуу, конференц – байланышын, номерди аныктагыч ж.б. иштерин өткөрөт.

“Кыргызтелеком” ААК узундугу 236 км., долбоордук баасы 5,0 млн. АКШ доллары болгон була–оптикалык өткөргүч КЭР чейин тартат. Долбоор ААК–н жеке каражаттарына каржылануууда жана жумуштун аткаруучусу, чет элдик интернет–трафик Казакстан менен Өзбекстандын жер үстүндөгү өткөргүчтөрү аркылуу болууда. Долбоордун ишке ашуусу менен Кыргызстан Гонконгдук тарифкке кошулууга мүмкүнчүлүк алат (АКИпресс №5, 2009 с.2).

Баткен облусунда санариптик теле берүүнү кийирүү боюнча пилоттук долбоорду ишке ашыруу үчүн 58,9 млн. сом бөлүнгөн.

“Эксперттин” маркетологдорунун оюу боюнча, республикада телекоммуникациялардын жаатын өнүктүрүү жана кошуналарды кууп жетүү үчүн аналогдук станцияларды санариптик станцияга алмаштыруу, телефондук линиялардык санын көбөйтүү жана бөлүштүрүлгөн торчону модернизациялоо абзел.

**Кыргызстанда телекоммуникация рыногунун өркүндөшү.** Республикада уюлдук кызмат көрсөтүү уюлдук операторлоруна TD стандарттагы AMPS, GSM, CDMA үчүн берилген.

1994–ж. биринчиден болуп уюлдук байланыш рыногуна компаниясы "KATEL" америкалык стандарт байланышы AMPS, андан кийин D–AMPS менен ишке кирген. Базалык жабдыктарды швед фирмалык "Eriesson" орнотуп берген.

1998–жылы бул рынокто экинчи оператор–BITEL GSM ишке кирип, европалык стандартка GSM иштей баштаган. Мунун базалык жабдыктарын шведдик фирма "Eriesson" жана немецтик фирма "Siemens", Кытай фирмасы-"Huawei" аркылуу колдонулган.

BITEL компаниясы азыркы күндө алдыңкы оператор компания болуп саналат. Уюлдук байланыш арасында уюлдук байланышы "Мобикард" пайдланууга киргизилгенден кийин абоненттик базасы BITEL GSM өзүнүн ишин тез өркүндөтүүгө жетишкен.

2003–жылы "Актел" (Fonex) оператору СДМА стандарттын киргизген. Бул технология он жыл мурун америкалык коргоо байланышында колдонгон, ал эми учурда эсептик уюлдук байланышы келечектүү байланыш катарында белгилүү.

56– Таблица. **Кыргызстандын областтарында уюлдук байланыш**

| Bitel CSM | Katel | Fonex |
|---|---|---|
| Бишкек | Бишкек | – |
| Ош | Ош | – |
| Токмок | Токмок | – |
| Жалал–Абад | Жалал–Абад | – |
| Каракөл | Каракөл | – |
| Нарын | Талас | – |

Акционердик капиталдын структурасы төмөнкүдөй көрүнүштө: мамлекеттин колунда акциялардын 90,3 % (77,8 % Мамлекеттик коммуникация жана 12,5 % Социалдык фонд башкарат) жана акциялардын 3,6 % гана миноритардык акционерлердин – юридикалык жана физикалык жактардын, ал эми 6% эмгек жамаатынын жана менеджменттин колунда турат. «Кыргызтелеком» ААК–н уставдык капитал учурда 620 млрд. сомду түзөт.

Мекеменин 106 млн. ашуун акциясы айлантууга чыгарылган, жана алар КФБ–н «А» категориясындагы котировка баракчасына кошулган.

Бүгүнкү күндө “Кыргызтелеком” ААК–динамикалуу түрдө өнүгүүп жаткан, жогорку финансылык мүмкүнчүлүктөрү бар компания (57–табл.).

2006–2007–жж. «Кыргызтелеком» ААК «Санариптик келечек» долбоорунун чегинде жаңы техникалык база куруу аркылуу бүтүндөй торчону түп–орду менен модернизациялоо планын ишке ашырган.

57– Таблица. **Байланыш мекемелеринин экономикалык көрсөткүчтөрү**

| | **2000** | **2004** | **2005** | **2006** | **2007** | **2008** | **2008–ж. 2000–жылга %** |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **Продукцияны сатуудан түшкөн киреше, млн. сом** | 1590,4 | 4186,8 | 4813,2 | 5857,6 | 9772,8 | 13671,1 | 859,6 |
| **Продукцияны өндүрүү жана сатууга кеткен чыгым, млн. сом** | 1390,7 | 2869,1 | 3077,3 | 6087,3 | 7170,8 | 10371,8 | 745,8 |
| **Баланстык пайда, млн. сом** | 76,5 | 1226,5 | 1613,6 | 1467,9 | 2760,4 | 2779,4 | 363,3 |
| **Рентабелдүүлүк, %** | 4,8 | 37,7 | 45,6 | 29,3 | 33.7 | 23,8 | 495,8 |
| **Негизги каражаттардын жылдык орточо баасы, млн. сом** | 2552,3 | 3256,1 | 3537,1 | 5007,9 | 8186,6 | 11659,4 | 456,8 |
| **Дебитордук карыз, млн. сом** | 470,0 | 915,7 | 1716.3 | 2510,6 | 2847,1 | 3220,1 | 685,1 |
| **Кредитордук карыз, млн. сом** | 1914,4 | 3907,0 | 3725,8 | 6044,8 | 7155,4 | 8715,5 | 455,2 |
| **Ишканалардын саны, бирдик.** | 165 | 136 | 147 | 9 165 | 195 | 227 | 137,5 |
| **Андан, карызга батканы** | 39 | 43 | 52 | 71 | 95 | 111 | 284,6 |
| **%** | 23,6 | 31,6 | 35,3 | 43,0 | 48,7 | 48,9 | – |
| **Дүң кирешенин өсүү темпи,%** | 130,9 | 135,7 | 115,0 | 121,7 | 166,8 | 139.9 | – |

Долбоордо Бишкек шаарынын коммуникациялык торчосун толук «санариптештирүү», моралдык жактан эскирген аналогдук АТБ HUAWEL компаниясынын санариптик АТБ алмаштыруу каралган–бирок азырынча иштөөнүн мурдагы принциби сакталууда.

Бекеттер аралык була–оптикалык өткөргүчтөрдү жаткыруу санариптик байланыштын жогорку сапатын камсыздайт. Натыйжада, АТС–р менен кошкончо бүтүндөй торчону модернизациялоо аркылуу кызмат көрсөтүүнүн жаңы түрүн берүүгө мүмкүндүк пайда болду–ADSL технологиясы боюнча чоң ылдамдыктагы Интернет кызматы. Ал глобалдык торчону колдонуучулардын арасында эң популярдуу. Андан сырткары, бардык абоненттерге авто коңгуроо, коңгуроолордун багытын буруу, ойготкуч, коңгуроолорго тыюу салуу, конференц - байланыш, номерди аныктагыч ж.б.

«Кыргызтелеком» ААК узундугу 236 км., долбоордук баасы 5,0 млн. АКШ доллары болгон була–оптикалык өткөргүч КЭР чейин тартат. Долбоор ААК–н жеке каражаттарына каржылануудa жана жумуштун аткаруучусу, б.э. учурда, чет элдик Интернет–трафик Казакстан менен Өзбекстандын жер үстүндөгү өткөргүчтөрү аркылуу өтүүдө. Долбоордун ишке ашуусу менен Кыргызстан гонконгдук трафикке кошулууга мүмкүнчүлүк алат (АКИpress №5, 2009 с. 2).

Баткен облусунда санариптик теле берүүнү кийирүү боюнча пилоттук долбоорду ишке ашыруу үчүн 58,9 млн. сом бөлүнгөн.

**KATEL компаниясы.** Кыргызстандыктарга 1994–жылы биринчи жолу мобилдик байланышты сунуштаган компания болуп калды. Ошондон бери көп убакыт өттү, бирок KATEL компаниясынын уюлдук байланышы өзүнүн абоненттери үчүн эң ишенимдүү бойдон калууда. Компания, уюлдук байланышты кийирген кезден тартып, GSM жана CDMA стандарттык байланыш торчолорун пайдалануу максатында дагы 40 млн. АКШ долларын сарптаган. Азыр эсе, бул компания үчүнчү муундагы 3G стандарттык байланыш торчосун колдонууга багыт алды, ал–бир эле үн аркылуу кабар алышууну же байланышууну камсыздабастан, Интернетке туташууну, e–mail кабарларды жөнөтүүгө–кабыл алууга, акырында видео сүрөттөлүштөрдү көрүүгө мүмкүндүк берет. Негизинен, бул стандартта иштеген телефон,

адаттагы компьютерди алмаштыра алат. Ошентип, KATEL такай өнүгүүдө жана TDMA торчосун өркүндөтүүдө, жана бул максатта каражаттарды жумшай берет.

Компания ар дайым байланыштын сапатын жакшыртуу боюнча иш алып барат. Акыркы эле жылдарда Ысык–Көл облусунун Бает айылында, Жалал–Абад облусунун Базар–Коргон айылында, Ош облусунун Өзгөн районунда жаңы базалык бекеттерди орнотту жана ишке берди.

**«Бител» компаниясы** 2001–жылдан тартып, алдыңкы орунда турат жана Кыргызстандын мобилдик абоненттеринин 90 % тейлейт. Компания салык төлөйт, жаңы жумуш орундарын түзөт.

Бюджетке жалпы төлөмдөр жана Социалдык фондго 2006–жылы 3–5 айдын аралыгында 270 млн. сомду төккөн.

Салынган инвестициялардын жалпы суммасы 45 млн. АКШ долларды түзгөн жана анын натыйжасында сигналды кабыл алуу аймагы 2 эсеге көбөйгөн. Буга 56 жаңы базалык бекеттер орнотулган жана 25 бекети монтаждоо о.э. ишке берүү алдында турат. «Бител» тейлөө аймагына Талас облусунун аймагынын үчтөн биринен көбүрөөгү, т.а. «Жер–үй» алтын кен туумунун тилкелери, Өтмөк ашуусу, Бишкек–Ош автомагистралы, Төө–Ашуу тоннели, Суу–самыр өрөөнү кирет. Ошто, Кара–колдо, Өзгөндө, Кара–Кулжада кошумча бекеттер киргизилүүдө.

«Бител» абоненттери кызмат көрсөтүүнүн өтө соңку, жаңы түрүнө мүмкүнчүлүк алды–Интернет сайттарды жана соц. торчолорду, файлдар менен алмашуу, электрондук почтаны жөнөтүү жана кабыл алууга мүмкүн түзгөн GPRS (берилиштерди пакети менен жеткирүү) кызматы.

Ар кандай маалыматтарга караганда, “Бител” компания-сынын GSM–стандарттуу уюлдук байланышынын кызматынан 517 миң адам колдонушкан.

Ошто, Кара–Колдо, Өзгөндө, Кара–Кулжада кошумча бекет-тер киргизилүүдө. Чүй облусунда базалык бекеттер Уч–Эмчек, Тогуз–Булак жана Кең–Булуң айылдарында коюлууда. Бишкек торчосунда ун комбинатынын жана «Аламедин–1» кичирайонунун айланасында базалык бекеттер орнотулган.

Жакынкы мезгилдерде «Сүйүктүү номер» кызматы MobiCard абоненттерине да кол жетээрлик болуп калат.

Мына ошентип, Bitel абоненттерине Роуминг кызматы дүйнөнүн 120 ашуун өлкөлөрүндө иштеп калат. Sky Mobile компаниясы торчонун өнүгүүсү улантат. 2005–жылга салыштырмалуу Bitel жана MobiCard сигнал кабылдоо картасы эки эсеге чоңоёт. Базалык бекеттердин саны жогорулайт жана 400 пунктка жакындайт.

ООО Sky Mobile («Скай Мо–байл») мобилдик байланыш оператору CSM 900/1800 стандартындагы уюлдук байланышты камсыздайт. 2009–жылдын июн айынан тартып Sky Mobile иштеп жатат.

Кыргызстанда Sky Mobile (бренд–Beeline) оператору Бишкек–Ош магистралдык радиотолкундуу линияны ишке берди. 4 айдын ичинде норвегиялык Nera Networks тарабынан эбегейсиз жумуштар аткарылды. Эми, система бир учурда 20 миңден ашууну коңгуроону өткөрө алат. Борбордук Азияда бир дагы компания мындайга жетише алган эмес.

**MegaCom компаниясы** чындыгында ат чабымдык кадам менен бара жатат жана мындайды башка атаандаштар жасамак турсун түштөрүнө да кирген эмес. Бүгүнкү күндө компания Ош, Жалал–Абад жана Чүй облустарын тейлейт. Учурда Ошто 5 базалык бекет, ал эми Жалал–Абадда–3 иштейт. Жакынкы мезгилдерде, бул облустарда дагы 26 бекет ишке киришет. Кара–Суу шаарында, Араван районунда, Жаны–Арык, Кур–жай, Кашкар–Кыштак жана башка калктуу пункттарда бекеттерди ишке берүү боюнча активдүү жумуш аткарылууда.

Кыргызстандагы MegaCom мобилдик байланыш оператору өлкөнүн телекоммуникациялык рыногунда жогорку өсүү темпин көрсөтүү менен өнүгүүдө. Анын үлүшүнө Кыргызстандын уюлдук байланыш рыногунун 47% ашуунун туура келет. Республиканын калктуу аймагынын 87% ашууну байланыш торчосуна кошулган.

Компания биринчи болуп уюлдук телефондорго кыргыз тилинда кошкон.

MegaCom 1 млн. ашуун абонентке ээ. Шаймандар эң заманбап жана эл аралык стандарттарга жооп берет. Бул өтө динамикалуу өнүгүүп жаткан компания. Ал байланыш менен дээрлик бүтүндөй республиканы камтыды.

Мына ошентип, байланыш жана маалымат сектору акыркы жылдары өнүгүүп жатат. 2008–жылы байланыш кызматынын

көлөмү 13014,3 млн. сомду, же Республиканын Ички дүң продукциясынын 7,03% түзгөн.

2008–жылы мобилдик байланыш кызматын 5 оператор камсыздай баштаган. Уюлдук байланыш абоненттеринин жалпы саны 3,2 млн. жеткен. Уюлдук байланыш аймагынын кучагында республиканын калкынын 85% камтыган. РЭС жана ВЧУ сатып алуу үчүн операторлор тарабынан 95 млн. АКШ доллары тартылган.

«Кыргызтелеком» ААК кардарларды тейлөө аймагын бүтүндөй республика боюнча кеңейтүүдө. 2008–жылы электрдик байланыш кызматын көрсөтүүдөн түшкөн тарифтик кирешелеринин көлөмү 2195,37 млн. сомго жеткен, байланыш объекттеринде 135,45 млн. сом капиталдык салымдар өздөштүрүлгөн, 54,3 млн. сом өлчөмүндө негизги фонддор пайдаланууга берилген.

# БАП XI

# ӨТКӨӨЛ МЕЗГИЛ ШАРТЫНДАГЫ АГРАРДЫК РЕФОРМА ЖАНА РЫНОКТУК МАМИЛЕЛЕРДИН КАЛЫПТАНУУСУ

## §1. Экономиканын агрардык секторунда рынок мамилелерин реформалоо жана анын калыптануусу

Агрардык чукул реформа өзүнүн максаты, маңызы жана уюштуруучулук–укуктук механизми жана боло турган натыйжалары менен өлкөнүн бүтүндөй экономикасынын органикалык бөлүгү болуп саналат. Анткени, айыл чарбасынын жана ага аралаш тармактарынын абалынан экономиканын бардык чөйрөлөрүнүн рыноктук программаларынын жүзөгө ашуусуна байланыштуу, демек, агрардык секторду рынок механизмине өткөрүүсүз элеттеги жана азык–түлүк чөйрөсүндөгү абалды биротоло оңдоого мүмкүн эмес. А бул көп кырдуу, татаал жана оңой чечилбей турган, айрыкча каатчылык абалдагы көйгөй.

Тилекке каршы, агрардык реформаны жүргүзүүнүн башталышында эле катачылык кетирилген. Ал катачылык– рыноктук кайра өзгөртүүлөрдүн реалдуу мүмкүнчүлүктөрүн баалоодогу катачылыктар. Көптөгөн реформаторлор экономиканын башка секторуна караганда айыл чарбасы рынокко даяр деп ойлошкон.

Ошол себептен, бул жерде рынок механизмин ылдамыраак кийирүү керек деп эсептешкен. Ошол эле учурда анын, өзгөчө жагдайы көңүлгө алынган эмес: советтик айыл–кыштактарда чарба жүргүзүүнүн жеке жана коллективдик тажрыйбасы чындыгында болгон. Бирок, ал ири жалпылаштырылган өндүрүшкө жана мамлекеттик кубаттуу жардамга таянгандыгы менен мүнөздөлгөн. Бул таянычты жаңы шарттарга жана максаттарга ылайыктап, акырындап, өзгөртүүнүн, өнүктүрүүнүн ордуна, аны тез жана толук кылуу жолу менен, «шок кылуу терапиясы» моделин колдонулуп, активдүү конструктивдүү саясат «рынок механизминин өзүн–өзү түзөтүү» декларациясы менен алмаштырылган. Натыйжада айыл жергесинин өндүрүштүк жана социалдык потенциалынын кыйрашына алып келген. Агрардык каатчылык башынан эле агрардык реформаны жайылтууга тоскоолдук кылган.

Илимий адабияттарда «өтүү» жана «трансформация» деген түшүнүктөр колдонулат. Белгилүү болгондой, ар бир коом бир катар касиеттер, элементтер менен алардын байланышынын түзүмү, о.э. коомдук турмуш–тиричиликтин ар кайсы облустарына таандык болгон функционалдык параметрлеринин жыйындысы менен мүнөздөлүшү мүмкүн. Андыктан, коомдук абалды, жана экономиканы кайра түзүү, сандык жана сапаттык өзгөрүүлөрү субъект факторлорунун активдүү кийлигиши менен ишке ашат.

Мына ошентип, биздин өлкөдө, КМШ өлкөлөрүндөй эле реформа катары экономиканын командалык (пландуу) башкаруу формаларынан рыноктук мамилелерине өтүүнү түшүнүшөт. Бирок, рыноктун реформанын максаты катары социалдык–экономикалык өнүгүүнүн стадиясы (тепкичи, фазасы) деп каралышы мүмкүн эмес. Демек, «рынокко өтүү» деген башка эмес, демек, социалдык–экономикалык трансформацияны билдирет, б.а. экономикалык–институциялык формалардын алмашуусу. Рыноктук мамилелер дегиле максат боло албайт, болгону коомдук өндүрүштүн эффективдүүлүгүн жогорулатуу каражаты болот, ал эми реформанын (трансформациянын) максаттык катары экономиканы башкаруунун рыноктун жана пландаштыруунун механизми болуп саналат.

Республиканын экономикасында, анын ичинде агрардык тармакта өткөөл мезгил, көптөгөн өзгөчөлүктөр менен мүнөздөлөт. Аларды туура эсепке алуунун натыйжасында бүтүндөй социалдык–экономикалык системанын туруктуулугуна тийгизген негативдүү көрүнүштөрдү жеңилдетээр эле. Биздин оюбузча, бул өзгөчөлүктөр төмөнкүлөр: биринчиден, өндүрүш чөйрөсүндөгү болуп–болбогон эбегейсиз каатчылык, экинчиден, уламдан–улам жогорулап жаткан инфляцияга адамдардын психологиялык көндүмү, үчүнчүдөн, бюджеттин дефицити жана жумушсуздуктун өсүүсү. Өткөөл мезгилдин бул өзгөчөлүктөрү бүтүндөй макроэкономикага эле эмес микро деңгээлге да таасирин тескери тийгизүүдө.

Мына ошентип, бекем көзөмөлгө алынган пландарыштылынган экономикадан рынокко өтүү мезгилинде эл чарбасында, ошондой эле айыл чарбасында бул өзгөчөлүктөр бир топ ачыкка чыгууда. Мисалы, айыл чарбасы, сезондуулугу, табияттан көз карандылыгы, аймактык жайгаштырылуусу жана бир катар өңчөй белгилери менен айырмаланат. Айыл чарба өндүрүшү башка

тармактарга салыштырмалуу инфляциянын терс кесепеттерине өтө дуушар болууда.

Демек, агрардык секторду реформалоодо объективдүү факторлорду эске алуу менен аны түп тамырынан бери реформалоо процессин акырындык жана узак мөөнөттө жүргүзүүнү зарыл. Алардын ичинен кээ бир маанилүү факторлору:

***Биринчиден,*** айыл чарба товар өндүрүүчүлөрүнө жерге болгон менчиктин формалары өзгөчө мааниге ээ. Жерге болгон менчиктин формаларынын көп түрдүүлүгү жеке эле айыл чарба товар өндүрүүчүлөрүнүн эле эмес экономиканын бардык тармагынын ишкерлеринин да экономикалык кызыкчылыктарынын айкалышын, жана. ишке ашуусун, айыл жана шаар тургундарынын, мамлекет менен коомдун гармоникалуу аракеттенүүсүн камсыздоосу абзел.

***Экинчиден,*** агро чөйрөдө менчиктин формаларын жана чарба жүргүзүүнү кайра өзгөртүү айыл жерине жаңы квалификациялуу жумушчуларды тартуунун талап кылды. Аталган талапты жүзөгө ашыруунун маанилүү бир тарабы – шаардык адистердин айыл жергесинде жайгашкан ишканаларга өтүүсү. Ошону менен бирге, бир катар учурларда, шаарга көчүп кетүүгө кызыкдар адамдардын агылышы да жүрүшү мүмкүн. Мунун бары, шаар менен айылдын ортосунда жумушчуларды миграциялык алмаштырууну колдоо зарылчылыгы менен түшүндүрөт. Башка жагдайлар менен катар эле мындай абал айыл калкынын кесиптик–квалификациялык кыймылдуулугу шаарга караганда бир топ начардыгы, анын ичинде фермердик – жамаатык–үлүштүк сектордун, о.э. айыл жериндеги кайра иштетүү өнөр жайындагы кичи жана орто ишкердүүлүктүн начардыгы менен шартталат.

***Үчүнчүдөн,*** Алгачкы капиталдык салымдардын жетишсиздиги. Алардын аз көлөмү менен экономикалык жактан ыңгайлаштырылган товар өндүрүүчү жаңы чарбаларды түзүүгө мүмкүн эмес: аларга өндүрүштүк имараттар, турак–үйлөр, мобилдүү жана стационардык техника, жер түзүмү, социалдык инфраструктуранын объектилеринин жетишсиздиги. Ички булактардан мындай капиталдык салымдарды камсыздоо мүмкүн эмес эле. Ошол себептен, сырткы булактар талап кылынат.

***Төртүнчүдөн,*** айыл чарбасында өндүрүштүк чыгымдын көбөйүшү, өндүрүлгөн товарларды айрыкча тез бузулучу

продукцияларды жана алардын ташылып сатылышы, керектелүү рыноктун, алыстыгы, ж.б. бардыгы бул тармакта капиталдын акырындык менен айланышынан келип чыгууда. Өткөөл экономикада агрардык сектордун атаандаштыкка начар жөндөмдүүлүгүнөн ички рынокко импорттук азык–түлүктүн чоң басымы күч алууда.

***Бешинчиден,*** айыл чарба өндүрүшүндө продукцияны сатууда жана кайра иштетүүдө, негизги каражат рыногундагы монополизмдин күчөшү, эмгек өндүрүштүүлүгүнө жана айыл чарба машиналарынын, шаймандарынын арзандоосуна тоскоол кылып АӨК рыногунда баалардын диспаритетин туудурду.

***Алтынчыдан,*** айыл жергесинде рыноктук инфраструктуранын начар өнүгүүсү. Учурда заманбапка жараша байланышы, коммерциялык маалыматты топтоо жана берүү тап такыр жокко эсе. Айрыкча, бүгүнкү күнгө ылайыктуу стандартка жооп бере турган транспорттун жетишсиздиги байкалууда. Бат бузулуучу жана аз ташылуучу продукцияны дүң сатып алуу менен көзөмөлдөөчү–өлчөөчү түзүлүштөрдүн, банктык жана камсыздандыруу мекемелеринин жумуш иштери канааттандырарлыксыз.

***Жетинчиден,*** аймактык жана өңгөчө жергиликтүү шарттардын айырмалыктары. Өнөр жайы өнүккөн аймактар, азык–түлүккө ири таасири бар шаарлар, жогорку квалификациялуу кадрлары жана өнүккөн инфраструктуралуу жайлар салыштырмалуу рынокко бат жана жеңил өтүүдө. Аймактын экономикалык жана социалдык–маданий өнүгүүсү жогору болсо да агрардык чөйрөнүн рыногунун калыптануусу оор шартта мыйзам ченемдүү нерсе.

Албетте, рыноктун объективдүү шарттар эч качан жана бир жолу көрсөтүлбөйт. Алардын терс жактарынын басаңдоосу мүмкүн жана субъектердин чарба жүргүзүүнүн тиешелүү аракеттеринин жардамында белгилүү бир чекте четтетилүүсү мүмкүн.

Кыргызстанда реформнын жүргүзүү процессинде жок дегенде үч жагдайга көңүл буруу зарыл болот:

*биринчиден,* кээ бир экономисттердин оюу боюнча, республикадагы реформалардын натыйжасында орчундуу деформацияланган рынок калыптанган, б.а. рынокко окшогон чарба тутумуна өтө бекиген. Ага бир топ факторлор, мисалы, ишканалардын ортосундагы мамилелерди натуралдаштыруу (бартер–

товарга товар), финансылык жана өндүрүштүк чөйрөлөрдүн ортосундагы ажырым, кичи жана орто ишкердиктин начар өнүгүүсү;

*экинчиден,* рыноктун банк тутуму, фондулук рынок, чет элдик жеке инвесторлор менен карым–катнаш ж.б. сыяктуу финансылык элементтеринин начар өнүгүүсү;

*үчүнчүдөн,* трансформациялык процессинин аяктабай калышы, ал тактикалык жана стратегиялык көйгөйлөрдү чечүүгө мүмкүндүк бербейт.

Республиканын агрардык чөйрөсүндө калыптанган жагдай, биздин оюбузча, агрардык секторду реформалоодо улуттук өзгөчөлүктөрдүн бекем эсепке алуу жана анын өнүгүү өзгөчөлүгү (специфичность), экономикалык максаттуулук, социалдык жана экономикалык коопсуздук сыяктуу дүйнөлүк практикада кабыл алынган маанилүү принциптерди четке кагуунун кесепетинен пайда болду. Реформанын дал ушул принциптери өткөөл мезгилдин баштапкы этаптарында мамлекеттик жана аткаруу органдарынын документтеринде көрсөтүлгөн эле. Анда мамлекеттик колдоонун негизинде агро өнөр жай комплексинин артыкчылыктарына, структуралык, инвестициялык жана салык саясатын айылдын социалдык чөйрөсүнүн пайдасына чечүү, көп кырдуу экономиканы өнүктүрүү, рынок инфраструктурасын түзүү, ата–мекендик товар өндүрүүчүнү колдоо каралган болчу.

Бирок, республикада агрардык өзгөртүп түзүүлөрдүн процессинде эл аралык валюта фондунун, эл аралык реконструкция жана өнүктүрүү банкынын сунуштамалары жүзөгө аша баштаган. Бул сунуштамалардын маңызы төмөнкүдө жатат: мамлекеттик тармактык көзөмөлдөөнүн ордун жоготуу жана борбордук пландоодон толук баш тартуу, эркин рынок тарабынан жөнгө салынуучу жеке экономикалык субъекттердин тутуму менен алмаштыруу; мамлекеттик жана жамааттык ири товардык чарбаларды өзгөртүп алардын ордуна дыйкан (фермердик) чарбалар формасындагы майда (натуралдык) товардык чарбалардын артыкчылыгы, жерге болгон жеке менчик уюштуруу ж.б.; АӨК бюджетин каржылоонун минимумга чейин төмөндөтүү жана бааларды либералдаштырууга (бошотууга) басым жасоо.

Агрардык реформанын баштапкы этабында эле дыйкан чарбалардын ишмердүүлүгүнүн натыйжасында мындай мамиленин

келечеги жок экенине далил болгон. Ошондуктан, Союздун 75 жылдык өмүрүндө түзүлгөн нерселерди тез арада талкалап жок кылбастан, белгилүү бир социалдык–экономикалык базаны түзүүгө жана кадрларды даярдоого акырындап өтүү керек болгон. Бирок, республиканын өкмөтү экономикалык максаттуулукка карабастан агрардык реформадагы мындай мамилени саясий себептердин айынан четке каккан.

Чындыгында, бул өндүрүштүк потенциалдын бузулушуна жана жерлердин агроэкономикалык абалынын начарлоосуна алып келген.

**Кадыр эсе**, орус окумуштуусу А.Н.Энгельгард туура айткан экен, бир кылым мурда:– жеке пайдалануу үчүн жерди майда тилкелерге бөлүү, бул тилкелерге бөтөн жер ээлерин жайгаштыруу, ар кимиси өз алдынча жер иштеткени, чарба жүргүзүү акылга сыйбаган нерсе деп жазган. Акыйкатта, чарба жалпылап пайдалуудан жана биргелешип иштетүүдөн гана прогресске ээ болот.

Агрардык реформа багыты боюнча жаманбы–жакшыбы бир катар иш чаралар жүргүзүлгөн: жер реформасы, колхоз жана совхоздор өзгөртүлүп майда дыйкан чарбалары түзүлдүү, кайра иштетүүөнөр жайы менчиктештирилди, бааны аныктоону, салык салууну, насыялоону, камсыздандырууну камтыган рынок механизми түзүлдү, айылдык товар өндүрүүчүлөргө мамлекеттик колдоо ж.б. иштери жүргүзүлдүү. Учурда агрардык реформанын башкы маңызы аныкталган бир катар нормативдик–укуктук документтер кабыл алынды. Мисалы, агрардык реформа учурунда өкмөттүн жүздөгөн документтери ишке ашырылган: мыйзам актылары, Президенттин Жарлыктары жана өкмөттүн токтомдору. Аларга «Ипотека тууралуу Мыйзам», «Кооперация жөнүндө Мыйзам», «Жер кодекси», «Дыйкан (фермердик) чарбалар жөнүндөгү Мыйзам» ж.б.у.с.

Эгерде, агрардык реформаны багыттоочу документтердин саны боюнча талдай турган болсок, анда толук жетишкендиктер болду деп айтууга болоор эле. Бирок, иш жүзүндө эффективдүү натыйжа болгон жок. Реформанын жүрүшүндө карама–каршылыктар коштоп көп учурларда начар натыйжалар, б.а. өндүрүштүн көлөмүнүн кыскаруусу, айыл жеринин калкынын кирешесинин жана жашоо деңгээлинин төмөндөшү менен мүнөзөлүүдө.

Ошондуктан, Кыргызстандагы агрардык реформа татаал социалдык–экономикалык акыбалда өтүп келген жана өтүүдө. Ал үчүн өндүрүштүк–чарбалык байланыштардын туруксуздугу, бааларды жана эмгек маянаны мамлекет тарабынан көзөмөлдүн жетишсиздиги, инфляция, насыялык ресурстардын кымбаттоосу, мамлекеттик пландоонун кыскаруусу, айыл чарба продукцияларын керектөөчүлөрдүн төлөм жөндөмүнүн төмөндөшү, иш каналар ортосунда төлөмдүн өсүүсү, агро өнөр жай комплексинин продукциясынын дүйнөлүк рынокто атаандаштыкка жөндөмсүздүгү, анын жетишээрлик деңгээлде мыйзамдык камсыздалбаганы ж.б. мүнөздүү көрүнүшкө айланган.

Агрардык кайра жаралуу мезгилде сырьёну жана азык–түлүктүн өндүрүшүнүн төмөндөөшүнө, дан жана башка өсүмдүктөрдүн айдоо аянтынын кыскарышына, малдын башынын азайышына, товар өндүрүүчүлөрдүн жана тамак–аш өнөр жайынын акыбалынын начарлашына, алардын төлөмгө жөндөмдүүлүгүнүн төмөндөшүнө алып келди.

Агрардык сектордун абалына материалдык–техникалык камсыздоо жетишсиздиги жана технологиялык артта калышы; материалдык–техникалык ресурстарга болгон баалардын кымбатташы, даярдоочу мекемелердин жана кайра иштетүүчү ишканалардын өнөкөт механизмдери; айыл чарба продукциясынын кыймылынын уюштурууучулук–технологиялык цикли боюнча агрардык сектордун инфраструктурасынын өнүкпөөсү ж.б. терс таасирин тийгизди. Бул болсо, эмгектин өндүрүмдүүлүгүнүн төмөндөшүнө, агрардык чөйрөнүн акыркы продукциясына карата ири чыгымдарга жана атаандаштыкка жөндөмсүздүккө дуушар кылды.

Мындай социалдык–экономикалык жагдайдын натыйжасы катары республиканын аймактарынын жана агро өнөр жай комплексинин шарттарын эске албаган, теориялык жактан негизделбеген программалар себеп болду. Үлгү катары айыл чарбасын жүргүзүүнүн батыш модели алынган. Алар ондогон, жүздөгөн жылдары пайдаланылса да ар бир өлкөнүн өзгөчөлүктөрүнө жараша өнүккөн.

Реформаны жүргүзүүнүн шарттары жер–жерлерде, өлкөнүн ар кайсы аймактарында апробацияланган эмес. Көп нерселер шашылыш, жогорку жактан, айрыкча Бүткүл дүйнөлүк банктын басымы астында жасалган. Реформаны жүргүзүүдө психологиялык

жактан башкаруучу кадрлар жана айыл жеринин бүтүндөй калкы даяр эмес болгон.

Жогоруда айтылгандардан төмөнкүдөй жыйынтык чыгарууга болот:

*биринчиден,* реформанын эң башкы маңызы катары менчиктин түрүн тезирээк алмаштыруу болгон жана ал калыптанып калган ири колхоз жана совхоздорго бир тараптуу терс мүнөздөмө, о.э. дыйкан чарбалардын артыкчылыктарына ашыра баа берүүлөр менен коштолгон;

*экинчиден,* агрардык реформадагы дагы бир катачылык– кайра иштетүүчү жана тейлөөчү ишканаларды менчиктештирүү болуп саналат. Ошентсе да, Батыштын өнүккөн өлкөлөрүнүн тажрыйбасы көрсөткөндөй, айыл чарба өндүрүүчүлөрүнүн шериктештер менен болгон экономикалык мамилелеринин эң ырааттуу жана пайдалуу формасы болуп биргелешкен айыл чарба кооперация системасы эсептелет;

*үчүнчүдөн,* агрардык тутумун реформалоонун алгачкы жылдары көрсөтүп тургандай, ал өтө чоң эмгекти жана өзүн–өзү актабаган жогорку чыгымдарды талап кылат. Монополиялаштырылган өнөр жайы айыл чарбасына иштөөнүн өтө пайдасыз шарттарын таңуулаган. Айыл чарбасына мамлекеттик каржы көмөгүнүн чукул кыскаруусунан да абал өтө татаалдашкан;

*төртүнчүдөн,* реформалоонун биринчи этабы рынок механизмдерин кең масштабдуу кийирүү менен коштолгон: сатып алуу бааларын рынок бааларына айландыруу; мамлекеттик дотациялардын ири бөлүгүн жоюу; менчиктин формасына карабастан чарбалык уюмдардын бардыгын рынокко коё берүү. Соңунда айыл чарба өндүрүшү, рентабелдүүлүктүн деңгээли терең төмөндөп, жумушсуздук өскөн;

*бешинчиден,* өндүрүштүн төмөндөшү негизинен айыл чарбасынын материалдык–техникалык жана инвестициялык камсыздоонун начардыгы менен мүнөздөлөт. Насыялардын кымбаттоосу учурунда бюджеттик дотациялар менен субсидиялардын чукул кыскаруусу айыл чарба өндүрүүчүлөрдүн финансылык абалын терең начарлаткан. Батыш өлкөлөрдүн жана Орусиянын сапаттуу жана салыштырмалуу азык–түлүктөрүнүн атаандаштыгы ички рынокто абалды дагы да татаалдаштырып, ал эми экспорттук мүмкүнчүлүктөрдү чектелүүгө алып келген.

Мына ошентип, республиканын агрардык секторунда менчиктештирүүнүн тоталдык, күчөтүлгөн жана бүлүндүрүүчү варианты кабыл алынган жана ишке ашырылган, ал өндүрүштүк потенциалды талп–тоноого алып келген. Айыл чарба ишканаларынын көпчүлүк бөлүгү финансылык–экономикалык, өндүрүштүк–техникалык жана социалдык–техникалык мүнөздөгү оор системалык каатчылыкка кириптерге дуушар болушкан.

## §2. Экономикалык реформа жана анын агрардык сектордун эффективдүүлүгүнө тийгизген таасири

Агрардык сектордун рынок механизмдери – жеке кызыкчылыктардын, атаандаштыктын, эркин соода–сатыктын, эмгектин терең бөлүнүшүнүн жана жакынкы жана алыскы чет мамлекеттер менен болгон келишимдердин негизинде товардык–акчалай мамилелердин татаал тутуму.

Рынок катнаштарынын уюштуруучулук–экономикалык маңызы өз алдынча рынокко чыккан эмгек өндүрүүчүлөрдүн эмгеги экономикалык инструменттердин жардамында бааланат. Бул товарды сатуунун рыноктук баасы аркылуу жүрөт. Өндүрүлгөн продукциянын зарылдыгы, баасы жана коом канчалык деңгээлде төлөөгө макул экендиги тууралуу суроого өндүрүүчүлөр товардын баасынын негизинде маалымат менен аныктайт..

Практика көрсөтүп тургандай, рыноктук айыл чарбасына өтүү татаал жана узун процесс. Экономиканын агрардык секторун “шок кылуу терапиясы” модели боюнча илимий негизделбеген концепциянын негизинде реформа жүргүзүү АӨК өндүрүштүк жана уюштуруучулук–башкаруучулук инфраструктураларына эбегейсиз чоң залал келтирген, анда өндүрүштү пландоодо жана божомолдоо, бааларды жана кирешелерди жөнгө салууда мамлекеттин ролу кескин төмөндөгөн. Белгилеп кетчү нерсе, агрардык сектордогу Акаевдик реформанын пайдасына караганда зыяны көп болгон. Азыркы мезгилде, республиканын айыл чарбасынын тагдырын өз моюнуна алган өкмөткө бул тармакты терең талдап жана өлкөнүн экономикасынын приоритеттүү тармагы катары турукташтыруу керек. Анткени, реформалардын мезгилинде айыл жана суу чарбасынын, кайра иштетүү өнөр жайынын материалдык–техникалык базасы таланып, сатылып жок

кылынган, инженердик кызматтар жоюлган. Мисалы: Республикада малдын башы аябай кыскарган, бул тармакта, айрыкча уяң жүндүү кой, ири мүйүздүү жана чочко чарбаларында көп жылдап келген селекциялык жумуштар жокко эсе болуп калган. Ал эми, өз учурунда бул тармактарда практика жана илим менен айкалыштыруу аркылуу республиканын окумуштуулары 50 жылдык тынымсыз эмгектин натыйжасында асыл–тукумдуу, продукталуу породаларын чыгарышкан. Реформага чейин республикада, 86 сүт өндүрүү ири механизацияланган, автоматташырылган комплекси, 30га жакын ири малды бордоп семиртүү базалары, жогорку өнөр жай деңгээлинде иштеген, 11 тоок фабрикалары жана ондогон асыл–тукум заводдору, асыл–тукум чарбалары болгон.Бул жетишкендиктер реформалар аркылуу таланып жойулуп жана менчиктерге сатылып кеткенжана чарба жүргүзүүнүн ар кандай формалары түзүлгөн. Ошол эле учурда, менчиктин жана ага тиешелүү чарба жүргүзүүнүн формалары регионалдык, атаандаштык, табигый, экономикалык, социалдык жана демографиялык үрп–адаттардын негизинде уюштурулуп өнүгүүсү абзел.

Рыноктук катнаштын шартында менчиктин ар бир формасы атаандаштык мамилелеринин базасында өз ордун табуусу керек. Мындай мамиле адегенде– жасалма альтернативаны жокко чыгарат: же жамааттык, же жекече чарба болот. Тескерисинче, көп түрдүү багытындагы чарбалар керек. Алардын өнүгүүсүү жана чарбачылыгы атандаштык каражаттын жана жерди ырааттуу пайдалануунуну жана өндүрүштүү эффективдүүлүгүн камсыз кылышы керек.

Ошол эле учурда, жеке менчик бир нече форма болушу мүмкүн– жекече жана жамааттык. Мында, бары өз үлүшүнө ээ жана ал үлүштүн менчик ээси экендиги маанилүү. Алардын бардык ой–жорумдары жана ишмердүүлүгү жерди жана өндүрүштүн башка ресурстарын ырааттуу колдонуу жолу менен пайда алууга багытталган.

Менчиктин ар түрдүү формаларын уюштурууда рынок мамилелеринин башкы шарты– чарба жүргүзүүчү субъекттерге экономикалык эркиндикти жана тандоо укугун берүү. Калгандары– баалар, эмгек маяна, насыялар, салыктар, таза пайда ж.б.– булар рынок механизминин элементтери болуп саналат жана алар бүтүндөй экономикалык механизмди стимулдаштырат, көзөмөл-

дөйт, жөнгө салат, катыштарды теңдештирет жана өз ара аракеттенүүнү камсыздайт, экономикалык саясаттын рычагы катары кызмат кылат. Бардык өнүккөн өлкөлөрдө рыноктук моделдер бири–биринен чарбалык ишмердүүлүктүн багыты, экономикалык жөнгө салуудагы мамлекеттин ролу менен айырмаланат. КМШ өлкөлөрүндөгүдөй эле Кыргызстанда базар баасын толук либералдаштыруу жана тармактар аралык байланышты жөнгө салууда мамлекеттин ролунун төмөндөшүү, социалдык кепилдиктин жоюлушу сыяктуу рыноктук мамилелер модели негиз катары кабыл алынган. Мындай моделди ишке ашыруу негативдүү социалдык–экономикалык кесепеттерге алып келген.

Мына ошентип, агрардык сектордогу узакка созулган каатчылык абалдын себеби катары ойлонулбаган жана илимий негизделбеген–ири рентабелдүү чарбалардан майда товардуу, натуралдык жана эффективдүүлүгү төмөн болгон моделге өтүү болгон.

Агрардык сектордун каатчылык абалынын дагы бир себеби анын өзгөчөлүктү эске албаган чет элдик моделдерге багытталган, мажбурлоочу жана карама–каршы келген реформалар, айыл чарба жумушчуларынын эркине карабаган бүлүндүрүүчү эксперименттери жүргүзүлгөн. Ошонун негизинде, талоончулук, финансылык жагдайда насыялык, салык жана баа саясаттары татаал насыялык экономикалык жагдайды жаратып, өндүрүштүн чукул төмөндөшүнө, калктын массалык түрдө жакырлануусуна жана жумушсуздуктун өсүүсүнө алып келди.

Белгилүү болгондой, реформаны жүзөгө ашыруунун шарттары республиканын ар кайсы чөлкөмдөрүндө апробациялан эмес, ал эми көпчүлүк шашылыш түрдө жогорку бийлик жактын таңуулоосу астында жасалган. Агрардык сектордогу реформаларга айылдын калкы жана башкаруучу кадрлар психологиялык жактан тиешелүү деңгээлде даяр эмес эле. Натыйжада жашоо деңгээли чукул төмөндөдү, айрыкча жумушсуздар, көп балалуу үй–бүлөлөр, пенсионерлер, майыптар, айыл жериндеги кызмат көрсөтүүнүн жумушчулары–мугалимдер, дарыгерлер жана бюджеттик кызматкерлер оор акыбалда калышкан.

Агрардык секторду реформалоо учурунда дыйкандар өз каалоосу, кызыкчылыгына жараша чарба жүргүзүүнүн жана менчиктин формаларын эч кимдин таңуулоосуз эле түзө алышат

деген принциптери иштеген. Тилекке каршы, чарба жүргүзүүнү жана менчикти уютуруунун принциби бийлик тарабынан одоно бузулган жана 467 колхоз жана совхоздун ордуна 2000 жылы 25,9 миң майда, натуралдык дыйкан (фермердик) чарба, 1111 – жамааттык чарба, 72,6 миң жеке өздүк чарба, 68 мамчарба, 57 токой чарба жана 11 балык чарбасы түзүлгөн. Ал эми 2013 жылы бардык чарбалардын жалпы саны 383,4 миңге, анын ичинен дыйкан чарбасы 382,8 миң жана өздүк менчик чарба 726,6 миңге жеткен. (58–табл.).

58– Таблица. **Республиканын аймактары боюнча айыл, токой жана балык чарба субъекттеринин саны**

| | **2000** | **2005** | **2010** | **2011** | **2012** | **2013** |
|---|---|---|---|---|---|---|
| **Субъекттердин бары, бир.** | 261418 | 301935 | 332,70 | 345113 | 357227 | 383436 |
| **Мамчарбалар** | 68 | 111 | 64 | 65 | 60 | 56 |
| **Жамааттык чарбалар** | 1111 | 1124 | 509 | 556 | 525 | 497 |
| **Дыйкан чарбалар** | 259701 | 300162 | 331059 | 344492 | 356642 | 382833 |
| **Көмөкчү чарбалар** | 538 | 538 | 538 | 538 | 538 | 538 |
| **Жарандардын жеке чарбасы** | 726632 | 726632 | 726632 | 726632 | 726632 | 726632 |
| **Бакча жана дача кооперативдери** | 405 | 405 | 405 | 405 | 405 | 405 |
| **Токой чарба ишканалары** | 57 | 70 | 71 | 71 | 71 | 71 |
| **Балык чарба ишканалары** | 11 | 11 | 13 | 13 | 13 | 13 |

Статистикалык маалыматы: «КР айыл чарбасы» 2004–2010, 2014

Ошентип, агрардык реформанын натыйжасында чарба жүргүзүүнүн көп сандагы, атаандаш болгон жана бирин–бири толуктап туруучу формалары пайда болду. Албетте, чарба жүргүзүүнүн жаңы формаларды түзүү рентабелдүү жана чыгаша ишканалардын бары жоюу аркылуу эмес, аларды акырындап реформалоо, өндүрүштү уюштурууда эмгек жамаатынын ролун көтөрүү аркылуу болуш керек эле. Реформанын башкы маңызы менчиктин жерге болгон сезимин, айыл чарба продукциясынын

өндүрүшүн жогорулатууга болгон кызыкчылыгын бекемдөөгө өбөлгө түзүүчү ички чарбалык мамилелерди түп тамырынан бери өзгөртүүдө жатат.

Чарба жүргүзүүнүн ар кандай формаларын карама каршы коюу жана азык–түлүк көйгөйлөрүн чечүүдө дыйкан (фермердик) чарбалардын ролун өтө эле жогору кою негизсиз болгон.

АКШ, Германия, Франция, Голландия ж.б. сыяктуу өнүккөн өлкөлөрдүн практикасы көрсөткөндөй, майда ишканаларга салыштырмалуу ири ишканаларда эмгек өндүрүмдүүлүгү 1,5–2,0 эсеге жогору, продукциянын өздүк наркы бир топ төмөн. Дал ушул ири чарбалар жана бирикмелер айыл чарба негизин түзөт. Мисалы, америкалык статистикасы боюнча, сатуунун жылдык көлөмү 5 миң АКШ доллары болгон майда фермалар АКШ–н жалпы чарбаларынын 34% түзөт. Бирок, алар айыл чарба продукциясынын жалпы көлөмүнүн 3–4 % гана өндүрүшөт. Бул фермалардын чыгашалары жылына болжолдуу 700 млн. АКШ долларынан ашат. Ошол эле учурда, ири жамааттык чарбалар ырааттуу чарба жүргүзүүдөн бир топ көп киреше алып келишет. Мында, чарба жүргүзүүнүн жаңы формалары атаандаштыктын негизинде эски технологияны жаңылоо аркылуу менен өнүгүүшүүнүн үстүндө. Рынок шартында агрардык экономиканын өнүгүүсүнүн башкы ролу мүлктүн тең–шерик ээлерин бириктирген менчиктин жамааттык–үлүштүк формасына таандык. Бул, эң оболу, кооперативдер, жамааттык чарбалар жана акционердик курамдар. Алар бир катар артыкчылыктарга ээ: юридикалык жана экономикалык өз алдынча болушу, ишкананын милдеттемелери боюнча чектелген же толук жоопкерчилик, башкаруунун жамааттуулугу, жумушчу–менчиктердин болуусу, бөлүштүрүүчү мамилелердин бири–бирин толуктоочу эки тутумдун колдонулушу(эмгек акы жана менчиктөө).

2004–2013–жж., республикада дүң продукциянын өндүрүшү 58,4 дан 171,6 млрд. сомго, же 2,9 эсе, анын ичинде өсүмдүк тармагында–32,0млрд дан 86,2 млрд. сомго, же–2,6 эсе, мал чарбачылыгында- 25,4 млрд. 81,6 млрд. сомго, же 3,2 эсе жогорулаган. (59– табл.).

Дүң продукциянын өндүрүшүнүн сом менен алганда чукул өсүп кетүүсү инфляцияга байланыштуу. Ошондуктан, эгерде дүң

продукцияны салыштырмалуу (базалык) бааларга айландырсак, анда өсүү бир кыйла төмөндөйт.

59– Таблица. **Республика боюнча айыл чарба продукциясынын дүңөндүрүшү, млн. сом**

| | 2005 | 2010 | 2011 | 2012 | 2013 |
|---|---|---|---|---|---|
| **Айыл, токой чарбасынын жана аңчылыктын жалпы продукциясы,** | 63,4 | 112,5 | 146,3 | 163,5 | 171,6 |
| **анда: Өсүмдүк өстүрүү** | 34,5 | 59,6 | 75,3 | 80,3 | 86,2 |
| **Мал чарбачылыгы** | 27,8 | 52,8 | 71,0 | 83,1 | 81,6 |
| **Тейлөө** | 0,9 | 2,5 | 2,6 | 3,5 | 3,4 |
| **Аңчылык жана токой чарбасы** | 0,01 | 0,04 | 0,02 | 0,02 | 0,02 |
| Жыйынтыгы, % менен | | | | | |
| **Айыл, токой чарбасынын жана аңчылыктын жалпы продукциясы,** | 100 | 100 | 100 | 100 | 100 |
| **анда: Өсүмдүк өстүрүү** | 54,4 | 51,8 | 50,5 | 48,0 | 50,2 |
| **Мал чарбачылыгы** | 43,9 | 46,0 | 47,6 | 49,7 | 47,5 |
| **Тейлөө** | 1,5 | 2,2 | 1,8 | 2,1 | 2,1 |
| **Аңчылык жана токой чарбасы** | 0,2 | 0 | 0,1 | 0,2 | 0,2 |

Статистикалык маалыматы: “КР айыл чарбасы”, 2000, 2005–2014

Мына ошентип, көп кырдуулуктун негизинде колхоз менен совхоздорду трансформациялоо кандайдыр бир деңгээлде рынок экономикасынын жана рыноктун өзүнүн принциптерин ишке ашырууга мүмкүндүк берилди. Рыноктун өзү атаандаштык жана нарк законунун негизинде иштейт, анда адамга керек болгон предметтер, аракеттер, идеялар (товардык формасына өтүү менен) башка субьектеринен сатып алынышы мүмкүн.

Товарды сатуу жана сатып алуу анын менчик ээсинин бар болгондо гана ишке ашат. Мындай менчиктин ээси адам, ал эми анын жеке менчиги ар кандай формаларда болушу мүмкүн– жеке формадан жамааттык формага чейин. Менчик ээлери өз үлүштөрүнө ээ экендиги маанилүү жана анын ой жүгүртүүсү таза пайда алууга багытталган.

## §3. Айыл чарба тармактарынын экономикалык өнүгүүсүнө агрардык реформанын таасири

Агрардык чөйрөдө өтүп кеткен мезгилдеги социалдык–экономикалык жагдайда бир катар жакшы өзгөрүүлөр болду. Бул мезгилде жерге жана өндүрүш каражаттарына менчик түрлөрү, колхоз менен совхоздор реформаланып жана, айылда чарба жүргүзүүнүн жаңы уюмдук–укуктук формалары пайда болду.

Элеттеги товар өндүрүүчүлөр өндүрүлгөн продукцияны сатууда, материалдык–техникалык ресурстарды сатып алууда, өз кирешелерин каалагандай иштетүүгө толук эркиндик алышты. Агрардык реформанын натыйжасында: мамлекеттин жерге жана башка табигый ресурстарга болгон монополиясы кыскарды, менчик формасынын көп түрдүүлүгү аныкталды – мамлекеттик, муниципалдык, жеке жана башка менчиктер; жерди рынок айлампасына тартуу; жер пайдаланууда– жер салыгы, жерди ижарага берүү ж.б. Мына ошентип, өзүнүн маңызы жана кесепеттери боюнча агрардык реформа акырындык ишке ашууда.

Азыркы учурдагы айыл чарбасынын жетишээрлик эффективдүү эместигине жана каатчылыгына рынок мамилери себепкер деген корутунду чыгаруу алиге туура эмес. Айыл чарбасында каатчылык рыноктун чыныгы экономикалык механизмдерин акырындык менен ишке ашууда.

Ошондуктан, жер агрардык реформасын жана башка өндүрүш каражаттарынын рыногун түзүү менен мүмкүн болот.

Цивилизациялуу рынок шартында баалар өндүрүшкө кеткен орточо коомдук чыгымдарды чагылдырат, ар бир өндүрүүчүгө өзүнүн бекем талаптарын таңуулайт, өндүрүштүн чыгымдарын азайтууга, финансылык, материалдык, эмгек ресурстарын үнөмдөөгө, илимий–техникалык жетишкендиктердин негизинде эмгектин өндүрүмдүүлүгүн жогорулатууга мажбурлайт. Ошондуктан продукциянын жана товардын сапатына да жогорку талапты коёт.

Агрардык чөйрөдөгү экономикалык реформа төмөнкүдөй шарттардын негизинде гана айыл чарба өндүрүшүнүн эффективдүүлүгүнө оң таасир берет:

- чарба жүргүзүүнүн эркиндиги;
- менчиктин түрлөрүнүн тең укуктуулугуна таянып, чарба

жүргүзүүчү уюмдардын, ишкерлердин жана жалпы жумушчулардын экономика ишмердүүлүккө толук жоопкерчилиги;

- чарбалык активдүүлүктү стимулдаштыруучу, керектөөчүлөрдүн суроо–талапка ылайык ар түрдүү продукциянын сапатын, чыгашаларды азайтууда жана бааларды стабилдештирүүдө өндүрүүчүлөрдүн атаандаштыгы негизги фактору. Анык атаандаштыктын өнүгүүсү өндүрүштүн тиешелүү структурасын курамы аркылуу экономиканы монополиядан алыстатууну талап кылат;
- чарбалык ишмердүүлүккө мамлекеттин түздөн–түз катышуусунан баш тартуусу.

Өткөн 20 жылдык агрардык реформа көрсөтүп тургандай, жерди менчиктештирүү жана менчиктин ар түрдүү формасы бир топ негативдүү жагымсыз көрүнүштөрдү жараткан: бир катар учурларда жерди компакттуу пайдалануу, жерди которуштуруп айдоо жана топурактын түшүмдүүлүгүнүн агротехникалык механизмдерин, жердин мелиорациясын, механизациялоонун каражаттарын жана технологияларды колдонууда, өндүрүштүк жана социалдык инфраструктура ж.б. бузулган.

Чарбалардын негизги массасы (84%) 1 га аянттан кем эмес айдоо аянтына ээ жана бул ырааттуу которуштуруп айдоого мүмкүндүк бербейт. Биздин мыйзамдар бир адам 50 га аянттан ашык жерге ээ болууга мүмкүн эмес. Ал эми юридикалык жактарга жерди сатып алууга таптакыр тыюу салынган. Албетте, бул агрардык сектордогу рыноктун өнүгүүсүнө тоскоолдук жаратат.

Республиканын сугат жеринин ар бир аянтынын мелиорациялык абалы жыл санап начарлоодо. Бүгүнкү күндө республиканын 300–350 миң га аянты мелиорациялык жактан– жараксыз жерлер, анын ичинен үчтөн бири Чүй өрөөнүнө таандык.

Чүй облусунун ар бир алтынчы гектары, ал эми Панфилов районунун ар экинчи, Жайылда– ар үчүнчүсү начар аз түшүмдүү жерлерге кирет. Бул жерлерде өсүмдүктөрдүн түшүмдүүлүгү– 10% ден 80% чейин төмөн. Натыйжада облуста айыл чарба продукциясынын тиешелүү көлөмүн өндүрө мүмкүнчүлүгү аз.

Мунун бары коллектордук–дренаждык тармагынын (КАТ) канааттандырбаган абалынан, б.а. анын ремонтунун, ачык дренажды жана жабык дренаждарды тазаланбаган себептеринен болуп жатат. Мунун натыйжасында жер алдынан чыкчу суулардын

деңгээлинин көтөрүлүшү жана айыл аймактарында суу каптоолор жүрүп жатат. Чүй облусунда учурда 104 калк айылы ушундай акыбалда турат. Калктын социалдык–экономикалык абалы начарлоодо, жерлер деградацияланып, жашоочулардын миграция күчөтүүдө.

Чүй облусунда суу коллектордук тармактарынын узундугу 3418 км түзөт. Алардын ичинен 50% бузук абалда калып келүүдө. Суу чарба адистеринин эсептөөлөрү боюнча бул тутумду жолго кою үчүн жыл сайын кеминде 60 млн. сом талап кылынат.

Суу чарбасынын күчү менен жыл сайын өтө аз аянттарга мелиорациялык жумуштар жасалууда (ачык жана жабык дренаждарды тазалоо). Экономикалык реформанын убагында дренаждарды куруу жана реконструкция жүргүзүү, капиталдык планировка жана айдоо жерлерди түзөтүү, химиялык мелиорация жана сугат иш тартиптердин кайра кароо маселелерине тийиштүү көзөмөл болбой калган.

Ички чарбалык коллектордук–дренаждар тармагы техникалык, финансылык каражаттары жок айыл башкаруу органдарына жана чарба жүргүзүүчү субъекттердин колунда турат, ал эми квалификациялуу уюмдар объективдүү мониторинг жүргүзбөй келүүдө. Мониторинг өзүнө: жер алдынан чыкчу суулардын деңгээлин жана минералдаштырылуусун көзөмөлдөө, топурактын жана туздун өлчөмүн, сугат жерлеринин аянтын аныктоо, камыш басып кетүү коркунучу бар жерлердин түз басымга менен саздактуулугун аныктоо ж.б камтыйт.

Жерлердин мелиорациясын жакшыртуу үчүн бүтүндөй коллектордук– дренаж тармагын калыбына келтирүү аркылуу 1992–жылы жоюлуп кеткен мелиорациялык– гидрогеологиялык экспедиция кызматына өткөрүп берүү зарыл эле.

Жыл сайын материалдык–техникалык, финансылык каражаттардын жетишпестигинен айдоо аянттарынын 150–250 миң га аянты иштетилбей жана андан алынуучу болжол менен 70–80 млн. сом жоготууга барбар. Негизинен айдоо аянттары пахта, тамеки, кант кызылча боюнча кыскарууда.

Кыргызстанда 2013 жылга карата кайра бөлүштүрүү фондунун (резервдин) жерлери 78485га азайган, анын ичинен 50644 га сугат жерлери. Көптөгөн айыл аймактарында жер мыйзамын бузуу менен турак жай курууга 2290 га, жайыт жана кысыр аңыз

жерлерге 6462 гектар, коомдук курулушка жана башка керектөөлөргө 856 гектар жер бөлүнүп кеткен. Жарандарга жер үлүш катары Жогорку Кеңештин токтомсуз 3508 гектар бөлүнгөн. КБФ нүн 43150га жер аянты же болбосо 24% аз багытындагы пайдалангандыгы аныкталган.

Жер мыйзамын бузуу менен менчик үйлөр да курулууда. Мисалы, Түп айыл аймагында 250га, Талас районунда Бек–Молдо айыл аймагында 109га, Аламүдүн районунда 122га айдоо жерлерге менчик үйлөр курулуп кеткен. Республикада мындай курулуш абдан көп. Азыркы убакта "Кыргыз мам жер долбоорлор институт" аркылуу бардык жер категорияларын инвентаризациялоо иштери жүргүзүлүп жатат (Эркин тоо гезити, 2014 жылдын 24 январы, №5)

Жыйынтыкта, республиканын "алтын фондусу" болгон айдоо аянты керектүү тамак–аш продукциясын өндүрүүнүн ордуна курулуш иштери болууда. Анысыз деле республикада айыл чарба продукциясынын коопсуздугу төмөнкү деңгээлде калууда. Мисалы, эт продукциясы коопсуздугу 40%, сүт жана сүт продукциялары– 58% жумуртка– 20,0%, кант– 21,3%, суу май– 7,0% импорттолот.

Айдоо аянтын кыскарышы экономикалык реформа убагында, айрыкча майда чарбаларды уюштурганда пайда болгон. Демек, агрардык секторду бүт бойдон дыйкан чарбаларга берүү менен айдоо аянтынын структурасынын бузулушуна алып келди, натыйжада өндүрүштүн агротехникалык технологиясы сактал-бастан өсүмдүктөрдүн түшүмдүүлүгү төмөндөдү. Мисалы, айдоо аянттарынын структурасында дан өсүмдүктөрүн, жер–жемиш, картошка аянттары көбөйүп, тоют өсүмдүктөрүнүкү тескеринче азайган (60–табл.).

60– Таблица. **Республиканын чарбаларынын бардык категориясында айыл чарба өсүмдүктөрүнүн жана айдоо аянттарынын түшүмдүүлүгү**

| | **1990** | **1995** | **2000** | **2005** | **2010** | **2013** | **2013–ж. % менен 1990–ж** |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **Айдоо аянттары, миң га** | | | | | | | |
| **Бардык айдоолор** | 1294,0 | 1199,8 | 1212,2 | 1118,2 | 1145,7 | 1170,4 | 90,4 |
| **Дан өсүмдүктөрү** | 537,4 | 559,6 | 677,6 | 633,0 | 625,8 | 645,2 | 120,0 |

| | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **Буудай** | 182,8 | 206,7 | 290,8 | 425,8 | 376,7 | 346,6 | 189,6 |
| **Дандык жүгөрү** | 65,7 | 35,0 | 65,5 | 72,6 | 73,4 | 91,9 | 139,8 |
| **Пахта** | 29,7 | 33,2 | 33,8 | 45,5 | 26,7 | 23,4 | 78,7 |
| **Тамеки** | 19,1 | 8,5 | 14,5 | 5,6 | 4,1 | 3,1 | 28,1 |
| **Кант кызылчасы** | 2,3 | 13,5 | 33,6 | 14,5 | – | 6,7 | 291,3 |
| **Картошка** | 25,2 | 43,8 | 69,2 | 76,0 | 84,3 | 80,5 | 319,4 |
| **Жашыл–бакча** | 20,7 | 32,2 | 47,3 | 45,1 | 49,2 | 46,0 | 222,2 |
| **Тоют өсүмдүктөрү** | 641,4 | 438,6 | 269,7 | 216,1 | 291,5 | 308,0 | 48,0 |
| **Түшүмдүүлүк, ц/га** | | | | | | | |
| **Дан өсүмдүктөрү** | 28,0 | 19,5 | 26,4 | 26,3 | 25,3 | 28,0 | 100,0 |
| **Буудай** | 24,9 | 18,3 | 23,4 | 22,4 | 21,7 | 23,7 | 95,1 |
| **Дандык жүгөрү** | 61,8 | 37,4 | 55,8 | 59,4 | 59,3 | 60,8 | 98,3 |
| **Пахта буласы** | 27,3 | 22,4 | 26,0 | 26,3 | 27,9 | 29,3 | 73,2 |
| **Тамеки** | 21,6 | 20,8 | 33,8 | 24,4 | 24,5 | 21,0 | 97,2 |
| **Кант кызылчасы** | 168,5 | 123,1 | 191,4 | 199,8 | 164,7 | 293,4 | 174,1 |
| **Картошка** | 135,0 | 99,0 | 151,0 | 148,0 | 158,0 | 163,3 | 120,9 |
| **Жашылча–бахча** | 196,0 | 103,0 | 157,0 | 182,0 | 196,5 | 203,0 | 103,5 |
| **Май берүүчүөсүмдүк** | – | – | – | 10,6 | 10,7 | 11,0 | – |

Статистикалык маалыматы “КР айыл чарбасы” 1991, 2000, 2009, 2014

Өткөөл мезгилде кант кызылчасынын жана май өсүмдүктөрүн үрүшү да төмөндөдү. Калк үчүн кум шекердин жетишпестигинен кызылчанын өстүрүү зарыл болгон. 1980–жылдарда кызылча аянты 40,0 миң гектарды түзгөн. Бул өсүмдүктү өндүрүү боюнча бир эле Чүй облусунда эмес Ысык–Көл жана Талас облустарында чарбалары алектене башташкан. Республикада кант кызылчасы тамыр–чирик оорусунун кесепетинен 1985–жылдан тартып өстүрүлбөй калган. Учурда, бул өсүмдүктүн айдоо аянттары чукул азаюуда, 2013–ж. анын себеби болуп өздүк наркынын өсүшү жана монополист– кант заводдорунун арзан баа менен сатып алуусу себеп болгон. Кант кызылчасынын өндүрүшүн өнүктүрүү үчүн дыйкан жана башка формадагы чарбаларга продукцияны сатууга оптималдуу шарттарды түзүү абзел.

Бардык өстүрүлгөн өсүмдүктөрдүн түшүмдүүлүгүнүн төмөндүгү байкалат. Экономикалык реформага чейин бардык колхоздор жана совхоздор буудайды гектарынан– 40–50 ц, дандык жүгөрүнү– 50–60ц, пахта буласын– 30–35 ц, кант кызылчасын 250–300 ц. алышчу. Өсүмдүктөрдүн түшүмдүүлүгүнүн төмөндүгүн негизги себептери: агротехникалык, сугат ишинин бузулушу жана минералдык, органикалык жер семирткичтердин жетишээрлик

деңгээлде берилбегендиги, өндүрүштү механизациялоонун төмөндүгү ж.б. у.с.

Эгерде совет мезгилинде республика боюнча 2 млн. тонна буудай даны өстүрүлсө, учурда– болгону 1,5 миң тонна же 25,5% төмөндөгөн. Эгиндин түшүмдүүлүгүн 20–жылдын ичинде 20–28 1 га ашкан эмес, жүгөрү дандын– 6ц/га жана өсүмдүктөрүнүн да төмөнкү деңгээлде кылууда. Бирок, булардын түшүмү убагы менен агротехниканы толук сактабагандан келип чыгат. Мисалы, күздүк буудайдын түшүмдүүлүгү жазда айдаганга караганда 20–30% жогору. Республиканын региондоруна күздүк буудайды эгүү үчүн жергиликтүү селекциясы “Асыл”, “Алмира”, “Тилек”, “Достук”, “Дордой 16”, “Зубков”, “Ралюб”, “Жаным”, “Данк”, “Касиет”, жана “Аракет” сорттору сунушталууда. Бул сорттор чет элдик селекциянын сортторуна караганда жергиликтүү климаттык шарттарда өтө ыңгайлашкан. Агротехникалык технологияны толугу менен жүргүзүү учурунда 55–70га чейин түшүмдү камсыз кылат. Ошондой эле “Ала–Тоо” сортундагы жүгөрүдөн Бешик–Жон айыл округуна караштуу фермер Атыбай Эшимбетов гектарынан 80–100 ц түшүм алган.

Кыргызстанда 2012–жылы буудайдын керектөөсү 59% түзгөн болсо, 2013–ж. түшүм жакшы болгон учурда– 85% жеткен. Дыйкандардын өндүргөн буудайдын наркы орточо эсеп менен 9–10 сомду түзгөн, ал эми Кыргызстан өкмөтү 13 сомдон 50 миң тонна буудайды мамлекеттик материалдык резерв фондусуна жайгаштырылган.

Дан эгиндерине буурчактын түрлөрү да кирет. Мисалы, Талас областында 2013–жылы 46,7миң га төө буурчак эгилген, башкача айтканда бардык айдоо аянтын 46%га туура келет. Бардык дүң жыйым 84,5миң тонна буурчак өндүрүлгөн, орточо түшүмдүүлүгү бир гектардан 19 ц айланган.

2014–жылы 25 чет өлкөлөргө 744,5т төө буурчак экспортко кеткен. Бир кг буурчакты сатуу баасы 2013–жылы 70–80 сомду түзсө, ал эми 2014–жылы– 110 сомго жеткен. Жылына дыйкан чарбалары 8 млрд сом киреше алышууда. Төө буурчак боюнча Талас областында эки үрөн чарбасы бар. Ошолор аркылуу Бельгиядан алынган “Добружанский”, “Элексир” сорттору ишке киргизүү жүргүзүлүп жатат.

Кыргызстанда техникалык өсүмдүктөрдөн пахта жана тамеки. Булар, негизинен четке экспортко багытталган.

“Ош–Дюбек” акционердик коому Кытайдан, Туркиядан желдетүүчү жаңы жабдуулар, кыймылдаткычтар жана корлорифеллери менен алынып келип, ишке киргизилген. 2010–жылы кубаттуулугу жогору ДЕ 6,5 – 14 М–О маркасындагы буу казаны ишке киргизилген. Ошондой эле “Дюбек” сортун негизинде, дүйнөлүк тамеки базарында Кыргызстандын 1 ц тамекисине суроо–талап жогору болууда. Жыл сайын Кыргызстанда 4–5 миң тонна тамеки өндүрүлгөн болсо, дүйнөлүк суроо–талап 10 млн. тоннадан ашык. Дүйнөлүк рынокто Кыргызстандын тамекисинин орточо баасы 2008–2012–жж. 35,84 сомду түзгөн.

“Ош–Дюбек” ишканасы, эл аралык ассоциясынын барктуу мүчөсү жана “Суннел Табак” фирмасы менен иш алып барууда. Фирма жыл сайын тамеки өстүрүүчү дыйкандарга жазгы талаа жумуштарын өз убагында жүргүзүүсүүчүн үрөн, күйүүчү май, жалбырагын тигүүчү ийне–жип, жана минералдык жер семирткичтер менен камсыз кылышат, аларды жыл аягында өндүрүлгөн тамеки түшүмү менен эсептөө жүргүзүлөт.

Кийинки жылдарда республикада картошка жашылча бахча өсүмдүктөрүнүн аянты өсүүдө жана өндүрүлгөн продукция Казакстан, Оруссияга сатылууда. Жашылчаларды өстүрүүдө Түштүк Корея мамлекети Кыргызстандын бардык облусттарында күнөскана (теплица) уюштуруу иштерин жүргүзүүдө. Учурда мындай күнөскана 1500 чарчы метрге барабар, ал эми келечекте алар 6000 чарчы метрге жеткиришин каралууда.

Айыл чарба өсүмдүктөрдүн түшүмүн жогорулатууда үрөн маселеси чоң мааниге ээ. Республикада жер реформасынын негизинде үрөндүк чарбаларга чоң зыян келтирилген. Учурда үрөнчүлүктү ордуна келтирүүүчүн 100 миң га айдоо аянты керек боло турган болсо, чындыгында болгону 40 миң гектарды түзөт. Кийинки жылдарда үрөнчүлүк үчүн республикада 14 чарба тандалган, анын ичинен Чүй областында– 5, Ош, Жалал–Абад, Ысык–Көл областтарында– 2 ден, Баткен, Нарын, Талас, областтарында бирден чарба.

14–үрөн чарбалары үчүн USAID дин проектиси боюнча 0,3 млн АКШ доллары оригиналдуу үрөндөр менен камсыз кылуу үчүн жумшалган. 2013–жылы бул чарбаларга айыл чарба

техникалары жана жабдуулары менен камсыз кылуу үчүн 4,1 млн доллар бөлүнгөн.

Мамлекеттик өркүндөтүү фондусу USAID дин проектиси боюнча берилген, насыя 30% акча менен 70% айыл чарба үрөнү менен кайтарылат.

2009–жылы үрөнчүлүктү өркүндөтүү үчүн Кыргыз Республикасы Улуттук үрөнчүлүк ассоциациясы жана орто азия үрөнчүлүк ассоциациясы аркылуу республикага 5 млн доллар каралган.

Кыргызстандын ООН (ФАО) тамак аш жана айыл чарба уюму аркылуу 80 миң долларга үрөндү тазалоо жана 50 миң долларга элиталык үрөндү 400 дыйкан чарбаларына бөлүнүп берилген. 2011–жылынын сентябрь айынан Австрия өкмөтүнүн колдоосу аркылуу Кыргызстанда 400 миң евро го барабар болгон майда фермерлерге жогорку сапаттагы үрөндүк материалдарын жеткирүү проектиси иштөөдө. Республикалык мамлекеттик үрөн инспекциясы 58миң еврого лабораториялык жабдыктар менен камсыз кылынган жана 5 үрөнчүлүк чарбага 60 миң еврого атайын талкалоо тазалоо машиналарды сатып берилген.

Кыргыз Республикасында жашылчалардын үрөөнүн экспорттоо багытындагы өндүрүштү жолго коюуу долбоору иштей баштаган. Бул долбоордун ишке ашыруу мөөнөтү 2013–жылдан 2018–жылга чейин (5жыл). Долбоордун негизги багыты болуп өсүмдүк өндүрүүчүлөрдү потенциалдуу түшүмдүү урук үрөн менен бекемдөө эсептелинет. Долбоордун максаты аймактарда жашылча өсүмдүктөрүнүн жогорку сапаттуу үрөндөрүн өндүрүүнүн көлөмүн көбөйтүү.

Республикада коомдук үрөн фондусу (КУФ) түзүлгөн жана ал иш алып барышууда. Мисалы, 2012–жылдын күзгү–жазгы себүү учурунда 7058 фермерлерге 192 т күзгү буудайдын, 433 т жазгы буудайдын, 716 т жазгы арпанын, 916 т картошканын, 15 т төө буурчактын, 18 т кара бедени, 16т кызыл беденин (экспорцент) үрөнүн берүүгө жетишкен. Ошондой эле 580 айылдагы фермерлерге 20 миң т жер семирткичтерди беришкен. Айрыкча, картошка менен иштеген фермерлердин түшүмү орточо түшүмгө караганда 40 ц ашык болгон. Бул негизинен “сантэ”, “джелли”, “пикассо” деген сорттор болгон.

Жер ресурстарынын рационалдуу жана эффективдүү пайдаланышы үчүн жер кыртышын жакшыртуу маселеси чоң мааниге ээ. Кыргызстанда айдоо жер аянты жетишсиз, ал эми айыл чарба продукциясын көлөмүн көбөйтүү зарыл. Жер кыртышы өсүмдүктөрдүн түшүмүн жогорулатуу үчүн биологиялык элементтер–калий, фосфор, азот, кальций жана көп микро элементтер керектелет. Ошондуктан айыл чарбасында айдоого жарактуу жерлерге минералдык жер семирткичтерди чачуу керек.

Мындан тышкары отоо чөптөрдү жоготуу үчүн ар түрдүү химиялык заттарды пайдаланат. Мисалы, пестицид тобуна 1000 химиялык байланыштар кирет. Бирок, бир катар уулу химиялык заттар өтө эле зыян. Алсак уулу химикат ДДТ– 2000 т көп аймакка таралып кеткен, 1939 жылы Союз убагында бул химикат толугу менен колдонууга тыюу салынган.

Пахта жана башка өсүмдүктөрдү өстүрүүдө уулу инсектицид жана пестициддер колдонуу айлана чөйрөгө жана адамдын ден соолугуна зыян алып келет. Ошондуктан Швейцар эл аралык “Хельветас” уюму жана башка убмдар менен пахтаны органикалык негизинде өндүрүү тажрыйбасын жайылтуу ишин Мали, Индия, Танзания мамлекеттерине жүргүзүүгө багытталган.

Таш–Көмүрдө химиялык жер семирткичти, мамлекет 400 млн. АКШ долларын жумшоо үчүн иш алып барууда. Бирок, химиялык жер семирткичтер көп өлкөлөрдө тыюу салынган.

Кыргызстанда “Био–КС” органикалык кыймыл федерациясы түзүлгөн. Бул федерация 1700 фермер 3500 гектар жери менен киришкен. Федерациянын уюштуруучулары аркылуу түзүлгөн. Айыл жана суу чарбасы министрлигинин астында ICCO “Хельвегас” органикалык чарбасы кыймылын улуттук деңгээлге чыгаруу үчүн иштеп жатышат. Ошондой эле Талас районунун Көпүрө–Базар айылында органикалык айыл округу түзүлүп, буга 350 фермер тартылган.

Эгерде 7 млн. тонна кыкты жана жашоо органикалык калдыктарды кайра иштетсе 7 млн. т био жер семирткичтерди жана 200 млн кубметрге жеткен биогазды чыгарууга мүмкүн .

2007–2011 жылдары Кыргызстанда коомчулук бирикме “Биофермер” жана коомдук фондусу “Био Сервис” проектиси ишке ашырылууда.

Кыргызстан генно модивициялык организмдеринен бош аймагы деп эсептелинет. Ошондуктан “Органика”– экология жактан таза продукция, же болбосо ГМО жок дегенди түшүндүрөт.

Кыргызстанда экология боюнча таза продукция өндүрүлөт, анткени оор өнөр жайы жокко эсе, таза суу, таза ава ж.б. факторго бай. Мисалы, кооператив “Био Сферидин” маалыматы боюнча Кыргызстанда 2,5 миң гектар органика жери жана айыл чарба продукциясынын 22 түрү сертификациядан өткөн. Мисалы, биохлопок ЕС– Европалык, NOP– Америкалык, BioSuisse– Швейцардын, JAS–Япондук стандарттар боюнча пахтанын түшүмү 30% жогору жана 30% кымбат сатылат.

“Биохлопок” проектисин Кыргызстанда 6 жылдан бээри иштейт жана буга фермерден 1000 адам катышып жатышат. Ошондуктан эл аралык стандартка ылайыктуу республиканын бардык жерин сертификациядан өткөрүүгө мүмкүндүк бар.

2008–жылы дүйнөдө органикалык айыл чарба өсүмдүктөрү боюнча 35,1 млн гектар катталган. Европада, АКШ жана Японияда органикалык кыймылдын 30 жылдан бери иштейт. Органикалык продукта кийинки жылдарда Кытайда, Тайландда, Сынгапурда, Малайзия, Индияда талап күчөөдө. Мисалы Индияда органикалык рынокто продукциянын баасы 2–жылдын ичинде 200% өскөн.

Өткөөл мезгилде, айыл чарба өсүмдүктөрдүн түшүмдүүлүгү төмөн болгондуктан, талаачылыкта өндүрүлгөн продукциянын көлөмүнө да таасирин тийгизүүдө.

Мисалы, 1990–жылы республикада 1572,9 миң т дан эгиндери өндүрүлгөн болсо, ал эми 2013–жылы 1813,0 миң тоннага болгон, же 15,2% өскөн, анын ичинен буудай– 482,6 миң тоннадан 819,4 миң тоннага, же 70,0%, жүгөрү даны– 406,0 миңден 568,2 миң т чейин, же 39,9% жогорулаган. Кийинки жылдарда техникалык өсүмдүктөр: пахта, тамеки кызылча боюнча продукция өндүрүү төмөндөп кеткен. Алардын негизги себептери, даяр продукцияны сатуу баасы дыйкандардын чыгымын жапбай калган (61–табл.).

61– Таблица.**Республикада талаачылыкта негизги бардык продукцияларын өндүрүү (чарбалардын бардык категориясы боюнча), миң т.**

| | 1990 | 1995 | 2000 | 2005 | 2010 | 2013 | 2013ж% менен 1990–ж. |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **Дан өсүмдүктөрү бары (жүгөрүнү кошуп)** | 1572,9 | 981,1 | 1568,7 | 1667,4 | 1510,9 | 1813,0 | 115,2 |
| **Анын ичинде: буудай** | 482 | 677 | 1039,1 | 950,1 | 746,2 | 819,4 | 1170,0 |
| **Дандык жүгөрү** | 406,0 | 116,0 | 338,3 | 437,3 | 462,1 | 568,2 | 139,9 |
| **Картошка** | 365,1 | 431,6 | 1045,6 | 1441,6 | 1334,9 | 1332,0 | 364,9 |
| **Жашылча** | 487,3 | 318,4 | 746,8 | 736,6 | 822,6 | 881,5 | 180,8 |
| **Кант кызылчасы** | 12,7 | 107,4 | 499,8 | 288,8 | 139,2 | 195,4 | 15,3 |
| **Пахта буласы** | 80,8 | 74,5 | 87,9 | 118,1 | 95,1 | 68,6 | 84,9 |
| **Тамеки** | 53,9 | 17,6 | 34,6 | 13,4 | 13,6 | 6,5 | 12,0 |

Статистикалык маалыматы “КР айыл чарбасы” 1991, 2000, 2009, 2014

Мына ошентип, талаачылыкта топуракты калыбына келтирүүнү, түшүмдүүлүгүн жогорулатууну, айдоо жерин, эрозиядан жана ашыкча туздуу болуп кетүүсүнөн сактоону, о.э. дан–эгиндеринин, жер–жемиштердин, кант кызылчасынын пахтанын өндүрүшүндө интенсивдүү технологияларды камсыздаган комплекстүү чараларды иштеп чыгуу абзел.

Ошентсе да белгилеп кетчү нерсе, негизинен айыл чарба продукциясы чийки зат түрүндө экспорттолот. Бүгүнкү күндө өндүрүлүп жаткан мөмө жемиштердин 27–28%, сүттүн–27%, жашылча бакча өсүмдүктөрүнүн–6–9%, эттин– 5% кайра иштетилүүдө.

2010–жылы картошканы кайра иштетүү боюнча Талас облусунда кыргыз–индия ишканасы жана Кемин районунда Түштүк–Корея ишканаларын куруу болжолдонгон. Кыргызстандын табигый–климаттык шарттары жогору продукциялуу мал

чарбасын, айрыкча кой, эт багытындагы уй жана үйүрлүү жылкы чарбасын өнүктүрүүгө ыңгайлуу.

Бул жагдайда айыл чарбасына ылайык болгон жерлердин 85% ээлеп турган тоолуу жана бийик тоолуу жайыттар түзөт. Жайыттар мал чарбасынын негизги базасы. Ошол эле учурда талаачылыкка салыштырмалуу мал чарбасынын өзгөчөлүгү бар. Айыл чарба малдын продуктуулугун белгилүү бир куракка (жашка) чейин генетикалык жогоруланууcу жана андан кийин чукул төмөндөшү менен түшүндүрүлөт. Андыктан, мал чарбасынын продуктивдүүлүгү жана эффективдүүлүгү малдын түрлөрү жана биологиялык өзгөчөлүктөрү менен чектелүү. Мында сөз эмгек жана өндүрүш каражаты түрүндөгү эффективдүү салымдарды табууда турат. Ал салымдар конкрентүү республиканын аймактык шартта колдонууга боло турган деңгээлде малдын бир башына эсептелет.

Өндүрүштө эмгек менен каражаты мал чарбасынын түрүн, породалык сапаттарына, о.э. отор жана үйүр структурасына жараша концентрациясы ар түрдүү болот. Селекциялык–уруктук жумуштардын жана тийешелүү тоюттандыруунун о.э. багуунун деңгээли жогору болгондо, малдын товардык продукция берүүсү албетте жогору болот.

Союз мезгилде, республиканын илимий мекемелеринин окумуштуулары жана практиктеринин күчү менен мал чарбасы үчүн кайталангыс жана жогорку продукциялуу породалар чыгарылган: койлордун кыргыз уяң жүндүү, тянь–шань жарым уяң жүндүү, алай кылчык жүндүү (килем үчүн) породалары, сүт багытындагы уйлардын ала–тоо жана аулэта породалары, жылкынын жаңы кыргыз породалы жаратылган. Алар жайыттарда кармоодогу өздөрүнүн жогорку продуктивдүүлүгү менен айрымалашкан. Өткөөл мезгилде, рынок мамилелерине өтүүдө, менчиктин жана чарбаларды натуралдаштыруунун ар кандай формалары пайда болоору менен асыл тукум завод–чарбаларында жогорку продуктивдүү асыл тукум, элиталык породалык малдар таланып тонолуп кеткен. Кой чарбасында өтө татаал кырдаал түзүлгөн. Койлордун жогорку продуктивдүү породалары дээрлик куйруктуу абориген кылчык койлор менен алмаштырылган же такыр жоюлган. Ошондой эле чочко, тоок чарбаларында өтө кыйынчылык түзүлгөн. Экономикалык реформа учурунда (1991–

2013–жж.) асыл тукум малдын башы абдан кыскарып кеткен. Мисалы, эгерде ири мүйүздүү малдын башы 15,6 % өскөн болсо, ал эми кой жана эчкинин саны дээрлик 1,8 эсеге азайган, анын ичинде тубар кой– 1,5 эсеге, чочколор– 8,5 эсеге, тооктор– 2,8 эсеге азайган (62– табл.).

62– Таблица. **Республикада малдын башынын кыймылынын динамикасы (чарбалардын бардык категория боюнча, миң баш)**

| | 1990 | 1995 | 2000 | 2005 | 2010 | 2013 | 2013–ж. % менен 1990–ж. |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **Ири мүйүздүү мал** | 1214,7 | 869,0 | 947,0 | 1074,8 | 1298,8 | 1404,2 | 115,6 |
| **а.и.: уйлар** | 507,4 | 471,0 | 523,8 | 565,1 | 666,3 | 718,5 | 141,6 |
| **Кой жана эчки** | 10481,3 | 4275,0 | 3799.2 | 3876,0 | 5037,7 | 5641,2 | 53,8 |
| **а.и.: тубарлары** | 6157,0 | 2480,0 | 2405,1 | 2680,3 | 3426,7 | 3893,8 | 63,2 |
| **Жылкы** | 310,0 | 284,0 | 353,9 | 345,2 | 378,4 | 407,4 | 131,4 |
| **Чочко** | 444,8 | 113,9 | 101,1 | 77,8 | 59,8 | 51,8 | 11,6 |
| **Тоок** | 15201,7 | 2031,5 | 3063,7 | 42,79 | 4749,9 | 5385,7 | 35,4 |

Статистикалык маалыматы: « КР Айыл чарбасы» Б., 1991, 2000, 2009, 2014

Бул мезгилдерде мал–жандыктын продуктуулугу азайган: 2013–жылы бир уйдан саалып алынган орточо сүт 2013 литрди түзгөн. Республикада 718,5 миң уй бар, ал эми алардан бир сүттүүлүгү эчкинин сүттүүлүгүнө барабар. Салыштыруу үчүн: Израилде, 200 миңден ашуун уй бар жана алар колдо гана кармалат дагы, бир үй орточо 8 миң кг сүт берет. Фермерлер болсо 9–10 миң кг сүт саап алууга мүмкүндүктөрү бар, бирок рыноктогу суроо жана талаптын бузулбасы үчүн мамлекет 1 уйга сүттүн өндүрүлүшүн 6–8 миңге чектөө койгон.

2013–жылы 100 уйдан 79 музоо, 100 койдон– 94 козу, 100 чочкодон– 1212 торопой жана 100 бээден 71 кулун алынган. Бул көрсөткүчтөр агрардык реформага чейинкилерден бир топ төмөн.

Эгерде 1990–жылы республикада 112,8 миң т эт (союлган салмагы), 1185 миң т. сүт, 38,9 миң т. жүн жана 713,9 млн. жумуртка өндүрүлсө, ал эми 2013–жылы салыштырма түрдө эттин

көлөмү 193,2 миң т. чейин, же 71,4%, сүттүкү– 1408,2 миң т. чейин, же 18,8% өскөн жана жүн менен жумуртканын өндүрүлүшү өтө азайган. Учурда өндүрүштүк продукциянын негизги үлүшү дыйкан (фермердик) чарбаларга таандык (63–табл.).

Азыркы учурда бүт дүйнөдө азык–түлүккө болгон суроо талап күндөн–күнгө өсүп жатат, айрыкча этке болгон суроо талап. Мисалы, дүйнө базарында 1кг этке орточо нарк 50–70 долларды түзөт. Ал эми экологиялык жактан таза эт продукциясын наркы орточо баадан он эсе жогору.

63– Таблица. **Мал чарбасынын продукциясын өндүрүүнүн динамикасы (чарбалардын бардык категориясы боюнча, миң т.)**

| | **1990** | **1995** | **2000** | **2005** | **2010** | **2013** | **2013–ж. % менен 1990–ж.** |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **Чарбалардын бардык категориясында** | | | | | | | |
| **Эт (союлган салмакта)** | 112,8 | 80,4 | 196,6 | 181,7 | 187,8 | 193,2 | 171,2 |
| **Сүт** | 1185,0 | 886,5 | 1105,2 | 1197,6 | 1359,9 | 1408,2 | 118,8 |
| **Жүн** | 38,9 | 14,8 | 11,7 | 10,5 | 10,8 | 10,5 | 26,9 |
| **Жумуртка, млн. даана.** | 713,9 | 146,7 | 207,4 | 317,5 | 373,1 | 422,3 | 59,1 |
| **Анын ичинде: дыйкан чарбалардын үлүшү,%:** | | | | | | | |
| **Эт** | 0,0 | 20,3 | 68,2 | 83.0 | 93,8 | 96,4 | – |
| **Сүт** | 0,0 | 39,3 | 397,0 | 515,2 | 670,7 | 690,8 | – |
| **Жүн** | 0,0 | 2,5 | 4,8 | 5,3 | 6,0 | 6,5 | – |
| **Жумуртка, млн. даана.** | 0,1 | 6,9 | 55,7 | 79,1 | 100,3 | 110,8 | – |

Статистикалык маалыматы: «КР Айыл чарбасы» Б., 1991, 2000, 2014

Эгерде, фермер салмагы 500кг жеткен бодо өстүрсө, анын эти дүйнөлүк орточо нарк менен эсептегенде 12500–17500

долларды түзөт (500кг салмактан 250кг таза эт чыгат (50%). Ал эми экологиялык жактан таза эт болсо, 1кг 100–200 долларга барабар болсо, 500кг болгон бодо малдан алынган эт 25000–50000 долларга жетет. Ошол эле мезгилде, биздин республикада 500кг бодо малдан болгону 30000 сом түзөт.

Акыркы жылдары республикада сүт өндүрүүдө кайра иштетүү иштери жолго коюлууда. Учурда сүт продукциясын иштетүү боюнча 11 ишканасы иштейт: 2012 жылы сүттү кайра иштетүү боюнча эң ири ишканалары болгон “Бишкексүт” жана “Кантсүт” заводдорунун продукцияларын Казакстанга экспорттого уруксат берилген. Ошондой эле “Ак–Сүт”, “Урус”, “Үмүт”, “Сүт–Булак”, “Ак–Жылга”, “Шин–Лайн”, “Туганбаев”, “Акыл ман”, “МИС”, “Талас–Сүт”, сүт заводдордун продукциясын экспорттоого мүмкүндүк алышкан.

Республиканын мал чарбасын мындан ары өнүктүрүү үчүн чоң аймактагы тоолуу жайыт жерлерин ырааттуу пайдалануу чоң мааниге ээ.

Фермерлердин мал жандыгы аз, майда товардуу өндүрүш болгондуктан аталган жайыттар тиешелүү деңгээлде колдонулбай калууда. Көп жылдан бери бул жайыттардын колдонулбай калуусунан “көң” пайда болуп калган. “Көң”– бул басырылып же катып калган кургак чөп. Бул “көңдө” уулуу жана отоо чөптөр пайда болууда. Андан да өрт чыгып кетүү коркунучу чоң. (Жер–кудайдын берген белеги. Газета “СК” №24 от ноября 2008г. С. 5). Бул максатта дыйкандардын мал–жандыгын жана алыскы жайыттарга багыттоону колго алуу абзел.

2009–жылы Кыргызстанда жайыттарды башкаруу боюнча мыйзам кабыл алынган. Борбордук Азиядагы мамлекеттердин ичинен Кыргызстанда жайыттарды башкарууну борбордон ажыратуу жолго коюлган. Жайыттарды башкаруу функциясы жергиликтүү айыл өкмөтүнө берилген. Айыл өкмөтү жайыт пайдалануучулар бирикмесин түзөт, ал бирикме жайыт комитеттерин шайлашат.

Чыныгы жердин (жайыттын) кожоюнун, б.а. дыйкан чарбалардын тобун уюштуруу абзел. Эч ким жайыттарды реаблитациялоого каражат жумшай элек, тоюттук чөптөргө кошумча себүү жүргүзүлбөйт жана белгилүү бир системада жайыттарды которуштуруп пайдаланбайт.

Республикада «Жайыттар жөнүндө» Мыйзам бар. Анда жайыттарды жалпылап пайдалануу жана ага толук жоопкерчилик алуу каралган. Мисалы, 415 миң га аянты бар «Суусамыр» пилоттук программасы ишке ашырылууда. Аталган өрөөндүн бардык тилкелеринин жалпы баасы дээрлик 40 млн. АКШ долларына бааланууда. Программанын баасы 2,5 млн. АКШ доллары болуп 5 жылга эсептелген.

Учурда дагы бир маанилүү көйгөйлөрдүн бири болуп, мал чарбасында ветеринардык кызматты өркүндөтүү эсептелет. Республиканын Өкмөтү тарабынан 2007–жылдын 23–октябрындагы «Кыргыз Республикадагы эпизоотикалык абал» жөнүндөгү № 515 токтому кабыл алынган. Кыргыз Республикасында ветеринардык кызматты өнүктүрүү боюнча 2008–2012–жж. үчүн стратегиялык планы бекитилген. Ал план донор уюмдар тарабынан каржыланат жана 42,3 млн. АКШ доллары бөлүнмөк.

Кыргызстанда 1000 жеке жана 720 мамлекеттик ветеринарлар иштешет, ал эми союздук системада 10 миң адиси болгон. Дал ушул ветеринардык адистердин жетишпестиги мал–жандыктын арасындагы коркунучтуу ылаңдарды көзөмөлдөөсүз калысууна алып келүүдө. Учурда республикада адамдардын сибир жарасын жугузуп алуунун учуру катталууда төмөнкүдөй жугуштуу оорулар: бруцеллёз, эхинокок, туберкулёз ж.б.у.с. кеңири таралган.

Эл аралык айыл чарба фондусу (МФСР) мал чарбасы өнүктүрүү боюнча 25 млн. АКШ долларын, анын инфраструктурасын, экологиясын, ветеринардык иштерин, малдын ооруларын азайтуу үчүн жумшалмакчы. Бул проектте, биринчи ирээтке Нарын, Ысык–Көл областтарындагы фермерлерге, алардын иштеринин эффективдүү болушуна багытталган.

ООН ФАО тамак аш программасы Кыргызстанга малды идентификация (номурлаштыруу) үчүн жардам көрсөтүү үчүн Кыргызстан 400 миң АКШ долларын сураган. Пилотный проект катары 4 област каралган. Кыргызстан боюнча бардык малды паспорттук иштерин жүргүзүү үчүн 10 млн. доллар жумшалмакчы**.**

Мал–жандыктын продуктивдүүлүгүн жана продукциянын өндүрүшүн жогорулатууда селекциялык–асыл тукум иштери чоң мааниге ээ. Агрардык реформага чейин республикада асыл тукум заводдор, асыл тукум чарбалары, фермалары малды асылдандыруу боюнча иш алпарышкан. Мисалы, 1990–ж. республикада 10,5 млн.

кой, анын ичинен 14% асыл тукум болгон эле. Учурда дыйкан чарбаларда 1,5–2,0% гана асыл тукум мал–жандык бар. Атап кетсек асыл тукум заводдорунда 20 миң баш асыл тукум кой калды.

Бүткүл дүйнөлүк банктын долбоору боюнча 17,8 млн. АКШ доллары австралиялык кочкор–өндүргүчтөрдү сатып алуу үчүн бөлүнгөн. Бирок, бул иш–чаралар тийиштүү натыйжа берген жок.

Жакырчылыкты жоюу максатында БУУӨП (ПРООН) программасы боюнча уйларды жасалма уруктандыруу пункту ачылган. Ири мүйүздүү малдын породалык сапатын жакшыртуу үчүн борбор–азиялык асыл тукум сервиси жардам берди, препараттарды Швейцариядан БУУӨП гранттык каражаттарынын эсебинен алынып келинген, ал эми бул кадыр–барктуу эл аралык уюмдун аткаруучу органы катары «Жылдыз XXI» өкмөт эмес уюму (ӨЭУ) эсептелет.

Кыргызстандын Өкмөтү асыл тукум мал чарбасын өстүрүү жана өркүндөтүү үчүн Улуттук стратегиясы 4 жыл мөөнөттө (2011–2015–жж) иштелип жана кабыл алынган. Бул стратегия асыл тукум мал чарбачылыгында азыркы малдын генетикалык ресурстарын сактап калуу, жаңы инновационндук кадам жасоо жана материалдык техникалык базасын түзүүгө багытталган.

Реформанын кийинки жылдарында республиканын мал чарбасында анын сапатын жоготуунун үстүндө иш жүрүүдө. Кийинки жылдарда асыл тукум мал чарбалары жана асыл тукум заводдору, болгон асыл тукум малдарды жеке менчикке таратышып иштебей калышы белгилүү. Ошондой эле мал чарба багытындагы 50–60 жыл мезгилинде илимий иштерди жүргүзүп келе жаткан илимий институттарында бюджеттен тиешелүү финансы каражаты каралбагандан алардын иши токтолуп ийгиликсиз болууда.

Мал чарбасы Кыргызстанда айыл чарбасында эң негизги тармактардын бири. Бирок, экономикалык реформа убагында колхоз–совхоздун ордунда жүз деген майда дыйкан чарбалары уюштурулуп, селекциялык талдоо иштери жүргүзүлбөй калган. Ошонун негизинде асыл тукум заводдордо, асыл тукум чарбаларда пародалык, асыл тукум малдар таланып сатылып жокко учурап, ушул күндө кээ бир эле чарбаларда көп эмес, анчы–мынча асыл тукум малдар калган. Ошондой эле ар бир чарбада уюштурулган

жана иштеп турган, малды жасалма жол менен курдуруу пунктары жоюлуп, иш жүрбөй калган. Жыйынтыгында малдын тукумдук сапаттын жакшыртуу мамлекет жактан тескөө жана көзөмөлдөө тийиштүү деңгээлде болгон эмес. Жергиликтүү башкаруу органдары, асыл–тукум чарбалардын жерлерин приватташтыруу негизинде, айдоо аянттарын кыскартып, мал чарбасын тоют базасы кескин түрдө төмөндөткөн.

Малдын башын асылдандыруучу– бул зоотехникалык, био энергетикалык жана чарба уюштуруу тутумун камтыйт. Асыл тукум малдын башын сапаты жагынан жакшыртуу жана жаңы тукумдагы продуктуулугу жогору типтеги, линиядагы башын көбөйтүү бүгүнкү күндүн талабы.

Кыргызстанда социалдык–экономикалык проблемаларын ишке ашырууда жогорку деңгээлде мал чарбасын өстүрүү экономикада бирден бир киреше булагы, жана продукцияны экспортко чыгаруу маселелерди чоң мааниге ээ.

Мамлекетке асыл тукум мал чарбасын өркүндөтүүдө бир катар Өкмөттүк иш чаралар каралган. Мисалы, 2009–жылы Жогорку Кеңеш “Кыргыз Республикасынын 2010–жылы асыл тукум мал чарбасын өркүндөтүү концепциясы”, Кыргыз Республикасынын 2007–жылы №314 “Кыргыз Республикасында аттестациядан өткөн асыл тукум заводдордун, асыл–тукум чарбалардын жана фермалардын тизмесин бекитүү” мыйзамдарын кабыл алган.

1990–жылы Кыргыз Республикасында асыл тукумдагы 32.7% ири мүйүздүү мал, 42,5%– кой–эчки, 37,2%– жылкы, 49,6%– чочко, 39,9%– канаттуулар болгон. Учурда бул денгээл кескин түрдө азайган . акыркы жылдары Кыргыз республикасында асыл тукум мал чарбасы боюнча 183 субьект, анын ичинен 11не мамлекеттик асыл тукум завод статусу, 10 фермердик асыл тукум заводу, 18 фермердик асыл тукум чарбасы жана 145 асыл тукум фермери катталган.

Америка Кошмо Штаты эл аралык өнүктүрүү Агенствосу аркылуу ( USAD) 10 мал чарба багытындагы мекемелер үчүн айыл чарба техникасын жана жабдууларды жана экономика өндүрүү Фондусу мал чарба тутумун модернизациялаштыруу, үйүрдүн генетикалык потенциалдык жогорулатуу жана башкаруу тутумун жакшыртуу үчүн багытталган. Бул тандалып алынган чарбалар

келечекте эң эффективдүү жана тез арада жыйынтык бере турган мал чарба секторуна айланат.

Ушул Фонд программасынын негизинде 400 бирдикте айыл чарба техникалары (трактор, комбайн), ирригация жана сүт саап алуу жабдуулар берилген.

Республикада “Элита” мамлекеттик асыл тукум станциясы иштей баштады. Түрк насыясынын жардамы аркылуу жасалма уруктандыруучу 330 пункту ишке киргизилген. Уйдун тукумун асылдандыруучу максатында кыргызстан “Ала–Тоо” databasesдасынан 156, ал эми Аулиэта асыл тукумдуу databasesдасынан 235 бука жана кунажындар республиканын аймактарындагы тандалган чарбаларга бөлүнүп берилген. Мындан тышкары ага Америка кошмо штатынан, Европадан, Бразилиядан элеттик букаларды сатып келүү пландаштырууда.

Абердин–Ангус тукумундагы эт багытындагы уй тукуму Шотландияда XVIII кылымда чыгарылып, дүйнөнүн көп өлкөлөрүнө кеңири тараган. Бул мал тез жетилип, рацион менен туура тоюттандырылса, 16 айлык кезинде салмагы 450 кг чейин жетет. Союлгандан кийин 60–65% чейин таза эт берет. Бир суткада 1.5 кг чейин кошумча салмак өсүштү камсыз кылат.

Азыркы күндө Кыргызстандын Панфилов районунда “Арстанбек” ачык акционердик коомунда Ала–Тоо тукумундагы уйлар менен аргындаштырылып жаңы тукумдагы databasesдасы түзүлүүдө.

Экономика реформа убагында мал чарбасын асылдандыруу иштеринде малды жасалма туудуру жолу менен асыл тукум өндүргүчтөрдөн тукум алуу чоң мааниге ээ. Анткени малдын башын асылдандырууда жана алардын продуктуулугун көтөрүү үчүн жасалма жол менен туудуруу мал чарбасын экономикасын жогорулатууда негизги жол.

Мал чарбасын асылдандыруу жолдору:

- асыл тукум мал чарбасынын нормативдик жактан укуктук базасын жакшыртуу;
- асыл тукум заводдоруна, чарбаларына жергиликтүү башкаруу органдары аркылуу тийешелүү жана жетиштүү тоют базасы үчүн айдоо жерин бөлүштүрүп берүү;

- асыл тукум чарбаларынан техника жана тиешелүү жабдуулар менен камсыз кылуу;
- республикада малдын башын асылдандыруу булагы болгон малды жасалма жол менен туудуруу ишин ордуна келтирүү жана модернизациялоо;
- мал чарбасын асылдандыруу боюнча бюджеттен каражат бөлүп берүү жана насыяны 10–15 жыл мөөнөткө берүү;
- айыл чарба илимин жана биотехнология, селекция, генетика багыттарын өркүндөтүү боюнча бюджеттен жетиштүү өлчөмдө каражат бөлүп берүү;
- мал чарбасын асылдандыруу боюнча ассоциациясын, асыл тукум продукция өндүрүү фондусун түзүү жана, малдын пародалык сапатын жакшыртуу иштеринин деңгээлин жогорулатуу;
- асыл тукум малдын жана асыл тукум бадалардын зоотехникалык эсеп–кысап жана мамлекеттик каттоону ордуна келтирүү;
- беш жылда бир жолу асыл– тукум жана пародалык сапатын эсеп–кысабын тактоо ж.б. иштерин жүргүзүү.

Агрардык сектордо өндүрүштүн эффективдүүлүгүн аныктоочу дагы бир экономикалык көрсөткүч адам башына карата өндүрүлгөн продукциясы болуп саналат. Агрардык реформанын мезгилинде (1990–2013–жж.) дан эгиндердин, кум шекерди, сүттү, жүндү, жумуртканы өндүрүү боюнча 1990–жылкы дэңгээлде жете элекбиз (64–табл.).

Жогоруда аталган маалыматтар көрсөтүп тургандай агрардык чөйрөдө каатчылык абалдар реформанын биринчи эле жылдарында байкалган, ал эми кийинки жылдары өндүрүштө жана анын эффективдүүлүгүндө бир кыйла өсүш бар. Ошол эле учурда, агрардык чөйрөдө бир топ чечилбеген көйгөйлөр болуп натуралдык дыйкан чарбасын ири жамааттык чарба айландыруу үчүн басым жасоо абзел. Муну менен бирге, эмгекти жана чарба жүргүзүнү мотивдештирүү биринчи кезекте менчиктин жаңы экономикалык формаларын ишке ашырууда туруктуу мамлекеттик кепилдикти (таза пайда көрүү, эмгек маяна, социалдык кепилдиктер) талап кылат. Товар өндүрүүчү айыл чарба ишканаларынын материалдык–техникалык базасын кайра жандыруу жана

дыйкандарга каржылык колдоо көрсөтүүгө мамлекет көңүл бөлүү зарыл.

64– Таблица. **Республиканын бардык чарбалары боюнча адам башына карата айыл чарбасынын продукциясын өндүрүү**

| | 1990 | 1995 | 2000 | 2005 | 2010 | 2013 | 2013–ж. % менен 1990–ж. |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **Калктын жалпы саны, миң адам.** | 4367,2 | 4483,4 | 4907,6 | 5138,7 | 5477,6 | 5776,6 | 132,2 |
| **Калктын адам санына карата өндүрүлүшү, кг менен** | | | | | | | |
| **Дан эгиндери** | 360,0 | 218.8 | 319,6 | 324,5 | 305,0 | 331,8 | 92.1 |
| **Картошка** | 83,6 | 96,2 | 213,0 | 280,5 | 257,9 | 243,7 | 291,5 |
| **Кум шекер** | 86,9 | 15,5 | 1.1,8 | 8,6 | 25,4 | 43,4 | 49,9 |
| **Жер жемиш** | 111,5 | 71,0 | 152,1 | 143,3 | 148,2 | 152,5 | 136,7 |
| **Эт (союлган салмагы)** | 25,8 | 17,9 | 40,0 | 35,3 | 36,2 | 34,0 | 131,7 |
| **Сүт** | 271,3 | 192.5 | 225,2 | 233,3 | 261,9 | 257,7 | 94,9 |
| **Жүн** | 163,4 | 33,2 | 23,8 | 20,4 | 19,7 | 20,0 | 6,1 |
| **Жумуртка, даана.** | 89,5 | 62,0 | 66,0 | 62,0 | 71,8 | 77,3 | 86,2 |

Статистикалык маалыматы «КР айыл чарбасы» Б. 1990, 1995, 2014.

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2014 жылдын 31 январында “Айыл чарбасын каржылоо–2” долбоорун бекитүү жөнүндө токтомунун негизинде дыйкан–фермерлерди колдоо максатында, жазгы талаачылык иштерине, мал чарбалыгына, асыл тукум жана үрөн чарбаларына жана кайра иштетүүгө 6 банк аркылуу 9%дан үстөк менен 2 жылга насыя берүү каралган. Насыялар төмөнкү банктар: “Айыл банк”, “РСК Банк”, KiCB банкы, АиБ Кыргызстан Банкы «Оптима Банкы» аркылуу жүргүзүлүүдө.

Насыя алуунун “Бирдиктүү терезе” тутуму киргизилгендин негизинде 2012–жылы 14 миңден ашык дыйкан жеңилдетилген насыя алган. Анын 90% мал чарбасына жана 9% талаачылыкка берилген. Республикада 2013–жылы насыянын көлөмү 4 млрд. сом,

түзгөн болсо, ал эми 2014–ж. – 10 млрд. сом түзүп, 10 % менен берилген.

Айдоого жарактуу жерлерди суу менен камсыз кылуу күндүн талабы. Суу чарба обьектилерин куруу жана сугат жерлердин өздөштүрүү Улуттук стратегияда каралган. Ага ылайык, 26 суу чарба обьектинин курулушу менен 2017–ж. чейин 22646 гектар жаңы жер өздөштүрүлүп, 37,2 миң гектар жердин суу менен камсыздалышы жакшырат. Ошондой эле, 50 миң гектар шор баскан жана сазга айланган жерлердин мелиоративдик абалы калыбына келтирүү каралган. "Кум–Төр" компаниясы 200 миң АКШ долларын бөлүп берип, Жети–Өгүз районун, Ак–Дөбө, Липен айылынын фермерлери 2,0 миң гектар жерлери сугат суу менен камсыз кылышкан жана Ак–Дөбө айылында бүтпөгөн БСР тазалашы менен дамба куруп ишке киргизилген.

Айыл чарбасында дыйкан чарбалардын натыйжалуу иштерине айыл–чарба техникалардын эскириши, бирдиктүү агрардык саясаттын жоктугу, маркетингдин начардыгы сыяктуу бир катар тоскоолдуктар өнүгүүгө жол бербей жатат. Учурда айыл чарбасында техникалардын жетишсиздиги 10 миң бирдикти түзөт. Техникалар фермер лизинг аркылуу берилет.

2013–жылы мамлекет айыл чарбасында дыйкандар үчүн 600 техникалары чет мамлекеттен алып келип берилген. Ошондой эле лизинг аркылуу 1320 даана техникалар фермерлерге бөлүштүрүлгөн. Туркия мамлекети 230 бир техниканы сатып алыш үчүн Кыргызстанга 10 млн АКШ долларын насыя катарында берген.

Дагы бир маанилүү нерсе соода–сатык функцияларын айылдык товар өндүрүүчүлөр өз алдынча аткаруусуна жана дыйкан чарбаларынын соода–жабдуу кооперацияларын уюштурууга стимул берүү зарыл. Бул өндүрүштүн шарттарын нормалдаштырууну, чарбалык ишмердүүлүктү стабилдештирүүнү жана айыл чарба товар өндүрүүчүлөрүнүн рыногуна кирүүнү ылдамдатат.

Мына ошентип, рынок экономикасына өтүү–коомдогу кайра түзүүлөрдүн негизи болуучу көп кырдуу комплекстүү процесс.

Бир гана рынок өндүрүлгөн продукцияны эркин эквиваленттүү алмаштырууну камсыздайт. Алар өндүрүш менен

керектөөнү түздөн–түз байланыштырат жана биринчисин экинчисине тыгыз байланыштуу.

## §4. Агрардык реформа шартында айыл чарба өндүрүшүнө мамлекеттик колдоо

Айыл чарбасы республиканын экономикасынын приоритеттүү багыты болуп саналат. Өнүккөн өлкөлөрдүн тажрыйбасы көрсөтүп тургандай, анын өнүгүүсү үчүн ырааттуу мамлекеттик жана өзүн–өзү чектөө, о.э. туура каржы–насыялык саясаттын негизинде алгылыктуу экономикалык механизмин киргизүү зарыл.

Айыл чарбасына мамлекеттик колдоо продукция өндүрүү үчүн эле эмес рыноктун инфраструктурасынын өнүгүүсүн камсыздоо, айыл калкынын жашоосуна нормалдуу шарттарды түзүү, илимий–техникалык саясатты ишке ашыруу жана колдогу бардык ресурстарды, о.э. эмгекти туура пайдалануу үчүн да зарыл.

Экономикалык реформалардын мезгилинде инвестициялардын көлөмүнүн азаюусунун жана негизги каражаттардын эскиришинин кесепетинен ишканалардын жана кээ бир үй бүлөлүк чарбалардын өндүрүшү, о.э. кирешелүүлүгү төмөндөп келди. Айыл чарба субъекттери финансылык каражаттардын жетишпестигинин айынан моралдык жана физикалык жактан эскирген техниканы, о.э. башка айыл чарба шаймандарын жаңылоого чамасы жетпей келет.

Айыл чарба өндүрүшүнүн эффективдүүлүгүн жогорулатуу, о.э. ишканалардын финансылык абалын бекемдөө максатында Республиканын Өкмөтү көп эле бюджеттик каражаттарды бөлдү. Бирок, аталган каражаттарды туура эмес жана ыраатсыз пайдалануунун айынан азыркыга чейин бөлүнгөн насыялардын кайтарымынын варианттарын изделүүдө. Бул насыялар негизинен жамааттык жана мамлекеттик чарбаларга (совхоздорго) бөлүнүп берилген. Алардын көпчүлүгү майда дыйкан (фермердик) чарбаларга бөлүнүп кеткен жана алар алынган насыяларды кайтарып берүү үчүн дээрлик жоопкерчилик тартышпайт.

Республиканын өкмөтү тарабынан айыл чарбасына 1992–1994–жж. 193,4 млн. сомдук ссудалар жана товардык насыялар берилген. 1995–жылы 270,4 млн. сомдук акчалай жана товардык

насыялар берилген, ал эми 1992–1995–жж. мезгилиндеги насыялардын жалпы суммасы 463,8 млн. сомду түзгөн.

2008–жылы жайкы талаа жумуштарын аткарууда айылдык товар өндүрүүчүлөргө мамлекет тарабынан 350,0 млн. сом бөлүнгөн, анын ичинен 200 млн. сомго сокосу бар «ЛТЗ–60 АБ» маркасындагы 306 трактор жана 102 трактордук чиркеме, 20,0 млн. сомго 1005 т. эсебиндеги дан өсүмдүктөрүн үрөндөрү анын ичинде: 325 т. супер элита уруктары (буудайдыкы– 285 т., арпаныкы– 40,0 т), 636 т. 1–2 муундагы жазгы буудайдын уругу, жазгы арпанын уругу– 44 т., 30 млн. сомго 3685 т. минералдык жер семирткичтер (аммиак селитрасы) алынган жана алардын бардыгы айыл чарба өкүлдөрүнө товардык насыя иретинде берилген.

2009–жылы үрөн, КММ (ГСМ), айыл чарба техникасын сатып алуу үчүн мамлекет тарабынан 1,5 млрд. сом бөлүнгөн.

Районуна караштуу Новопокровка айылында АК “Аталык групп” АКШнын ЮСИАИД аркылуу 7 млн. долларлык гранттык колдоосу аркылуу 407 айыл чарба техникасын республиканын фермер дыйкандарына расмий тапшырылган. Аталган компания өлкөдөгү айыл чарба продукциясын өндүрүүдө заманбап технологияларды боюнча үлгү болуп келе жатат.

Чарба жүргүзүүнүн субъекттеринин кызыкчылыктарын тең салмакта кармоо максатында менчиктин формасына карабастан мамлекет агрардык секторго колдоо көрсөтүшү зарыл. Ошону менен бирге айыл чарбасындагы табигый–экономикалык факторлорду эле эмес социалдык–демографиялык жана экологиялык шарттарды да эске алуу абзел. Агрардык сектордун бүт тутумун өнүктүрүү жаатында мамлекеттик саясатты жүргүзүү кошумча нормативдик–укуктук актыларды иштеп чыгууну жана кабыл алууну талап кылат. Алар агрардык системадагы жана карама–каршы келген жагдайларды жоюуга мүмкүндүк бере турган мыйзам актыларынын колдонуу. Агрардык чөйрөнүн өнүгүүсү үчүн базалык мыйзам катары агро өнөр жай өндүрүшүнүн эффективдүүлүгүн жогорулатуу максатында мамлекеттик агрардык саясаттын негизги багытын, АӨК бардык структураларын мамлекеттик колдоонун жана жөнгө салуунун ыкмаларын, о.э. формаларын аныктоочу «Айыл чарбасынын өнүгүүсү жөнүндө» КР конкреттүү Мыйзамын иштеп, толуктап чыгуу абзел.

Мамлекеттик колдоо жана каржы–насыялык чөйрөлөрдө пайда болгон мыйзам тартибиндеги көйгөйлөр кечиктирилгис чечүүнү талап кылат.

Чарба көйгөйлөрдү чечүү үчүн жакынкы аралыкта «Айыл чарба уюмдарынын финансылык камсыздоо жөнүндө» жана «Айыл чарба банкы жөнүндө» мыйзамдарды иштеп чыгып жана кабыл алуу, о.э. «Өндүрүшкө жарамсыздык (банкроттуулук) жөнүндө», «Насыялык кооперация жөнүндөгү» мыйзамдарга толуктоо жана түзөтүүлөрдү кийирүү зарыл. Учурда айыл чарбасын өнүктүрүү үчүн керек болгон инвестициялык ресурстардын тартыштыгын жеңүү мүмкүн болгон булактарды кеңири колдонууну талап кылат. Бул маселени чечүүдө мамлекеттик насыя саясатынын эң негизги багыты болуп калышы керек. Өнүгүү стратегиясы түздөн–түз инвестициялардын жана насыялардын акылга сыя турган катышында болуусу абзел.

Республиканын калкынын жогорку сабаттуулугуна карабастан, айыл жериндеги ишкерлери агро бизнести өнүктүрүү, маркетинг, инновациялык технологиялар сыяктуу атайын билимдерге муктаж.

Рынок экономикасынын шартында мамлекет айыл жергесинде кичи жана орто бизнести уюштуруу, чарба жүргүзгөн субъекттердин жетекчилерине маркетинг, бухэсеп, менеджмент техникалык жана финансылык талдоо, ж.б. тиешелүү билимдерди таркатуу, о.э. фермерлерди даярдоо жана кайра даярдоо сыяктуу маселелерди чечүүдө болгон жардамын берүүсү тийиш. Фундаменталдык жана кээ бир колдонмо изилдөөлөр дагы мамлекеттик каржылоонун объектиси бойдон калуусу зарыл.

Мына ошентип, агрардык чөйрөдө мамлекеттик жөнгө салуунун негизги багыттары:

- жалпы агрардык жана тармактык саясатты, айыл чарбасын өнүктүрүүнүн аймактык стратегиясын, тармактагы мамилелерди жөнгө салуучу нормативдик–укуктук актыларды иштеп чыгуу;
- Кыргыз Республикасынын жана калктын азык–түлүк коопсуздугун камсыздоо;
- айыл чарбасы менен экономиканын башка тармактарынын ортосундагы экономикалык тең укуктуулугун колдоо;

- орто жана узак мөөнөттүү прогноздоону, рыноктук жана статистикалык маалыматтарды, архивдик, массалык маалымат каражаттарынын, министрликтин веб–маалыматтарын берүү;
- ветеринардык көзөмөлдү, өсүмдүктөрдү коргоону жана уруктарды сертификациялоо;
- жардамчы кызматтарга, илимий–изилдөө мекемелерине жардам берүү;
- түздөн–түз ата–мекендик жана чет элдик инвестицияларды тартуу;
- өндүрүштүк, рыноктук жана социалдык инфраструктураны түзүү;
- агро өнөр жай өндүрүшү жаатындагы ата–мекендик өндүрүүчүлөрдү колдоо.

Агрардык реформанын болуп өткөн тажрыйбалары көрсөткөндөй, чарба жүргүзүүдө ар кандай формалардагы товар өндүрүүчүлөргө пайдалуу тармак өндүрүштүүчүн шарты түзүлбөй рыноктук өнүгүү мүмкүн эмес. Андыктан, Кыргызстанда мамлекеттик жөнгө салуу тутумунун маанилүү элементтери болуп төмөнкүлөр эсептелиши керек: ишканалардын эффективдүү жана перспективдүү чараларын колдоо аркылуу тармактагы кирешелүүлүктүн орточо деңгээлин колдоо; калктын төлөмгө жарамдуу суроо–талабын стимулдаштыруу; антимонополиялык ишти жөнгө салуу жана тармактын атаандашууга болгон потенциалын жогорулатуу; агрардык рынокто стабилдүү конъюнктураны сактоо; айылдыктарды кол жетүүчү (доступными) насыялар менен камсыздоо. Мамлекет эффективдүү антимонополиялык саясатты бир гана табигый монополиялык тармактарды эле эмес тармактык жана жергиликтүү монополисттерге карата да жүргүзүүсү абзел. Мамлекет тарабынан колдоого ала турган нерсе–бул өзгөчө депрессияга баткан катаал шарттагы аймактарда салттуу кол өнөрчүлүк, өздүк чарба, туризмге көмөк көрсөтүү.

Агрардык чөйрөдө чарба жүргүзүүнүн формаларын жөнгө салуу тууралуу сөз кылып жатканда, мамлекет товар өндүрүүчүлөрдүн ыктыярдуу түрдө тармактык жана кесиптик бирикмелерге же тоскоолдук кылбастан, тескерисинче айыл чарбасынын атаандаштыкка жарамдуулук потенциалын көтөрө алчу уюмдук–чарбалык структураларды түзүүгө активдүү көмөк бериши керек.

Айыл чарбасында эмгек өндүрүмдүүлүгүн арттыруу максатында Өкмөт кооперативдерди түзүүгө жана дыйкан чарбаларын ирилештирүү жана модернизациялоого дагы жакшыртууга багытталган иштер жүрүүдө. Айыл чарба жана мелиорация министрлиги республикада айыл чарба кооперативдик кыймылдардын өнүктүрүү программасы 2013–2017–жылдарга карата иштелип чыккан. Айыл чарба кооперативдерин жана агро өнөржай кластерлерин өнүктүрүү үчүн беш улуттук долбоор пландаштырылган.

Корпоративдик структураларды, кайра өндүрүүчү ишканаларды жана агро өнөр жайдын интеграциясын өнүктүрүүчү товар өндүрүүчүлөрдү (агро фирмалар, агро өнөр жай комбинаты жана бирикмелер, анын ичинде райондук холдингдер, өнөр жай–финансылык топтор ж.б.) үчүн мүмкүн болушунча мамлекеттин чектөөсү керек. Агро–өнөр жайдын интеграциясы вертикалдуу (мүмкүн горизонталдуу) кооперциялоо программаларына ээ болуу максатка ылайыктуу.

Агрардык чөйрөдө чарба жүргүзүүнүн формаларын өнүктүрүүнү жөнгө салуунун башкы багыты болуп, дыйканга да, коомго да пайдалуу боло турган кооперациялык системаны өнүктүрүүгө мамлекеттин активдүү катышуусу саналат. Мамлекет тарабынан, чет элдик жана ата–мекендик тажрыйбаларды жалпылоо аркылуу колдоонун төмөнкүдөй негизги багыттарын белгилөөгө болот:

- аларды түзүүдө алгачкы жардамды берүү;
- кооперативдердин кээ бир түрлөрүнүн өнүгүүсүндө мамлекеттин финансылык, мисалы, насыялык, сервистик катышуусу;
- жеңилдетилген салыктар, эки жолу салык салуудан бошотуу;
- жеңилдетилген насыялар (эң оболу насыялуу жана лизингдик кооперативдерге);
- мамлекеттик муктаждыктар системасы кеңири киргизүү;
- өндүрүшкө илимий–техникалык жетишкендиктерди киргизүү, жаңы технологияларды колдонууну иштеп чыгуу үчүн, илимий консультация жүргүзүү;
- кесипкөйлүү кадрларды, анын ичинде менеджерлерди даярдоого жардам берүү, кооперациянын негиздерине дыйкандарды окутуу боюнча атайын борборлорду жана курстарды түзүү;

• айыл чарбасына жана майда ишкердикке болгон бардык субсидияларды жана ассигнованияларды кооперативдер аркылуу ишке ашыруу максатка ылайыктуу.

Белгилеп кетчү нерсе, көпчүлүк мезгилдерде кооперативдерге мамлекеттик колдоо рыноктук рычагдар аркылуу жүргүзүлөт жана бул учурда оптималдуу мамлекеттик–рыноктук жөнгө салуу механизми түзүлөт деп айтууга болот. Айыл чарба өндүрүүчүлөрүн тейлөө үчүн түзүлгөн бардык агросервистик, кайра иштетүүчү жана башка кооперативдер салык төлөөчү чарбалык субъекттердин катарына кирбеши абзел, анткени эки жолу салык алынып калышы мүмкүн. Ички тармактык кооперативдердин айлампасындагы товарларга кошумча нарк салыгында ашыктык кылат.

Кыргызстан өкмөтү айыл чарба кооперативин өркүндө-түү үчүн 2013–2017–жылдарга программанын проектисин иштеп чыгышты. Кооперативдерди өркүндөтүү жана айыл чарба класстерлерди уюштуруу боюнча 5 улуттук проект иштелген. Мамлекет биринчи деңгээлде ар түрдү кооперативтерди жана экспортко багытталган класстерди колдо көрсөтүү экономиканын өсүшүнө көмөк түзмөкчү. Айыл чарба продукциясын өндүргүчтөрдү бардык салыктан бошотуу каралган. Учурда айыл чарба продукциясын кайра иштетүү мекемелери үч жылга кошумча нарк салыктан ажыратылган.

Айыл чарба кооперативдери үчүн ыңгайлуу шарт түзүлүүсү зарыл, мисалы, кайра өндүрүштү кеңейтүүгө багытталган жана мыйзам чегинде дивиденддерге бөлүштүрүлүүчү таза пайдадан салык алынбашы керек. Италиянын тажрыйбасын колдонуу, мамлекет мындай ишмердүүлүктүн бир түрүнө өзгөчө укук бериши мүмкүн. Айылдагы социалдык инфраструктура бүлүнгөн учурда, АКШны мисал кылуу менен кандайдыр бир деңгээлде мамлекет тарабынан каржылануучу электрлештирүү, телефондоштуруу жана айыл жерин социалдык жактан жакшыртуу боюнча кооперативдерди түзүү максатка ылайыктуу. Керектөө кооперациясына жардам көрсөтүүдө өзгөчө чаралар талап кылынат, анткени, сезондук даярдоо жана продукцияны кайра иштетүү мезгилинде мамлекеттик жеңилдетилген насыяга муктаж.

Агро өнөр жай интеграциясына жана кооперациясына көмөк көрсөтүүчү чарбалык формалардан сырткары мамлекет мамлекет-

тик менчикте турган ишканаларга жөлөк болуусу шарт. Бул эреже катары, илимий–техникалык прогресси менен өнүккөн чарбалар: үрөнчүлүк жана асыл тукум чарбалары, жылкы заводдору, чарбалардын башка формаларына салыштырмалуу жогорку эффективдүүлүккө ээ, өндүрүштүк чыгашалар бир кыйла төмөн, фонддук кайтарым жана капиталдык чыгымдардын акталышы кыйла жогору. Учурда Республикада асыл тукум чарба статусуна ээ болгон 227 чарбалык субъект бар. Алардын ичинен экөө мамлекеттик чарба Ала–Тоо породасында уйларды өстүрөт, төрт фермердик асыл тукум заводу Ала–Тоо жана голштинофризкой породасындагы кара малдарды, үч завод– кыргыз уяң жүндүү койлорду, үч жылкы заводу жаңы кыргыз породасындагы жылкыларды, бир завод– тянь–шань жарым уяң жүндүү койлорду өстүрүшөт.

Мына ошентип, экономиканын агрардык секторунда жүргүзүлгөн реформалардын ийгилиги чарбалык субъекттердин ишинин эффективдүүлүгүнөн, биринчи кезекте, дыйкан, кооперативдик жана башка чарбалык формалардан, агрардык рынокко мамлекеттин таасиринен, салык жана баалардан, рынок механизмдерин түзүүдөн, айыл чарба товар өндүрүүчүлөрүнүн өндүрүштүк, жабдуу–сатуу жана башка кооперативдеринин өнүгүүсүнөн, өндүрүштүк продукцияны сатуудагы ички тоскоолдуктарды жоюудан, кадрларды кайра даярдоо кызматынын өнүгүүсүнөн, консультациялык, маркетингдик жана маалымат технологиялары боюнча кызматтардан көз каранды.

# БАП XII

# КЫРГЫЗСТАНДЫН ЭКОНОМИКАСЫНДА СУУ РЕСУРСТАРЫ ЖАНА АНЫН МААНИСИ

## §1. Кыргызстандын суу ресурстарынын мүнөздөмөсү

Кыргызстан кошуна мамлекеттерге караганда жетиштүү түрдө мунай, газ, бензин ж.б. отун комплекстери өтө эле аз, бирок суу ресурстарына бай.

Бүткүл дүйнөлүк ден-соолук (БДД) уюмунун маалыматы боюнча планетанын калк санын жарымы, айрыкча жаңы өнүгүүп келе жаткан өлкөлөрдө таза суу жетишпейт, же булганыч сууларды пайдаланышат. Таза суунун жана тамак аштын жетишсиздигинен 2 млрд. калк ар түрдүү ич ооруларга дуушар болушууда. Ошондой эле 80% оорунун түрлөрү сапаты начар сууну пайдалангандан болот.

Суу ресурсу жашоодо эң керектүү табигый стратегиялык ресурстарына кирүү менен эл аралык чоң мааниге ээ. Кыргызстан жер үстүндөгү жана жер астындагы сууга бай, алардын запасы суу өзөндөрүндө, түбөлүк тоо муздарында жана кар массивтеринде жайгашкан.

Республикада 3500 суу өзөндөрү Казакстандын, Өзбекстандын, Тажикстанды жана Кытайдын Синьцзян–Уйгур автономдук районунун суу менен камсыз кылат. Жер үстүндө аккан суунун көлөмү жылына 50 млрд. куб метрди түзөт. Республиканын аймагында бир кыйла көп сандагы көлдөр жана башка табигый суу сактагычтар кездешет. Алардын жыл ичиндеги жалпы аянты 6697 чарчы километр жана көлөмү 1745 млрд. кубометрди түзөт.

Суу ресурстары– ичкенге жарактуу таза суу. Алардын булагы– өзөндөрдө, дарыяларда аккан суу, көлдөр, муздар жана жер астындагы суулар. Атмосферадагы буулар, океандагы, деңиздеги туздуу суулар чарбачылыка жакшы колдонулбайт, бирок алар потенциалдык суу булагы. Дүйнөлүк турмушта суунун мааниси баа жеткис.

Акыркы заманда бүткүл дүйнө жүзүндө суу ресурсу, анын ичинде ичүүчү таза суу менен камсыз кылуу маселеси жылдан

жылга күч алууда. Себеби, адамдын жашоосу да, келечеги да суу менен тыгыз байланышкан.

Маселен, Тажикстан калктын санына эсептегенде суу ресурстарынын үлүшү дүйнөдө үчүнчү, ал эми КМШ мамлекеттердин ичинде Орусия кийинки экинчи орунду ээлейт. Гидро–энергетика ресурсу 600 млрд. кВт саатты түзөт.

Суу бардык экономикалык сферада колдонулат: энергетикада, айыл чарбасында, оор өнөр жай өндүрүшүндө жана үй–тиричиликте. Суу булактары жеке эсе таза сууну топтоо үчүн эмес, аларды чарбачылык объектилери болгон транспорттук магистралдарда, рекрециондук аймактарда, балык өстүрүүдө ж.б. тармактарда кеңири колдонулат.

Кыргызстанда суу ресурстары бирден бир негизги улуттук байлык жана экономиканын өнүгүү фактору. Суунун айрыкча айыл чарбасынын тармактары болгон талаачылык менен мал чарбасы үчүн жеке эле биздин өлкөдө эмес, кошуна Казакстан, Өзбекстан, Тажикистан мамлекеттер үчүн мааниси өтө зар.

Орто Азиянын жалпысынан кургак континенталдуу климатты суу агымдарынын калыптануусуна таасирин тийгизет. Кыргызстандагы Тянь–Шань жана Гиссар–Алай кырка тоо бийиктери атмосферадан алынуучу нымдуулукту табигый аккумулятордун ролун аткарышат. Аймактарда атмосферадан жаандын жашы жана суу агымы жер бийиктик поястынын (деңгээлинин) жайгашуусуна байланыштуу.

Кыргызстан–тоо өлкөсү, анын 94% чөлкөмү 1000м, 40%–3000м. жана андан жогорку бийиктикте жайгашкан. Ошондуктан республиканын аймагын эки гидрология зонасына бөлүүгө болот, биринчиси– суунун калыптануусуна 87% тоо аянты, экинчиси–13% аянты суу агымынын таралышы. Бийик тоолордо жана анын жака–этектеринде суунун калыптануу областына кирет дагы жана андагы суунун оң балансына аниропогендик факторлор таасирин тийгизбейт. Бул аймакта нымдуулугун калыптануусу анын азайышынан көп болгондуктан, суу агымы пайда болот. Тоонун бийиктигинен агып түшкөн суулар, шаркырап, бургалактап агышы аны абдан чоң потенциалдык энергиясын мүнөздөйт. Тоонун ылдыйкы аймактары тоо астындагы шлейфтерге жана түздүктөргө айланат да суунун туш тарапка бөлүнүп агышына алып келет. Мындай жерлерде тоо бийиктиктерине караганда атмосфералык

жаан аз жайт жана тез бууланат. Тоодон алып түшкөн суулардын агымы, ылдый түздүккө келгенде жерге сиңип, калганы сугатка пайдаланылат.

Кыргызстандын тоо аймагында суулардын калыптануусун негизинде Орто Азиядагы – Сыр-Дарыя, Чу, Талас жана башка ири суу агымдары талаачылыкта сугатка кеңири колдонулат. Демек, республика энергетикалык потенциалы бар суу ресурстарына бай, алар Орто Азиянын жана Казакстандын энергетика системасын түзүү базасы.

Республикада суу байлыгы өтө эле зар. Жалпы суу байлыгы 2458км$^3$, анын ичинен көл суусу– 1745км$^3$, муздар– 650км$^3$, жер үстүндө агым суулар– 50м$^3$ жана жер астындагы суу– 13км$^3$.

Суу ресурстары жашоо–тиричиликте табигый стратегиялык ресурсу, мамлекет аралык мааниси бар. Орто Азия республикаларын ортосунда сүйлөшүүнүн негизинде агып жаткан суунун 24% республика колдонууга аркылу, башкача айтканда жалпы көлөмдүн 50 млрд.м$^3$ ичинен 12 млрд.м$^3$ таандык.

Республиканын суу ресурсы көп тармактардын калыптануусуна жана адамдын чарбалык, социалдык–маданияттык ишмердүүлүгүнө чоң таасирин тийгизет. Суу ресурстары Кыргызстандын аймагында өтө туура эмес бөлүштүрүлгөн, негизинен алар жашоого ылайыксызы аз жана экономика жагдайда начар өнүккөн райондордо жайгашкан. Республикада жалпы суу агымынын көлөмү 46,8км$^3$ болсо, анын 10% колдонулат, калганы кошуна мамлекеттерге агып кетет. Жылына Кыргызстандын 1км$^2$ аянтта 236м$^3$ суу туура келет. Сууга бай аймактардын бири Нарын областы, б.а. 1км$^2$ аянтка 408 миң м$^3$, Чүй жана Ош областарында калктын 78,8% жашаган болсо, аларга 49,8% жалпы суу ресурстарына ээ. Баткен областы, бир катар Чүй жана Талас аймагында, ошондой эле Ыссык–Көл областынын батыш жагы республикада өтө аз суу менен камсыз болууда.

**Мөңгү суулар.** Борбордук Азиядагы мөңгүлөрдүн 60% чейин Кыргызстанга таандык. Бирок, бул мөңгүлөр жыл сайын азайып баратканы байкалат. Албетте, сууну пайдалануу чоң ички табигый ресурстарын бири. Аны биз өлкөбүздүн экономикасынын өнүгүүсүнө жана максаттуу пайдаланууга кызыктарбыз.

Келечекте, дүйнө жүзүндө суу бара–бара алтындан кымбат товарга айланышы мүмкүн. Демек, азыртадан республиканын

экономикалык өнүгүүп өсүшүнө туруктуу болушуна мүмкүн болушунча ГЭСтерди куруу, суу сактагычтарды куруу жана сууну эффективдүү пайдалануу абзел.

**Мөңгү суулар –** иче турган таза суунун булагы. Кыргызстанда мөңгүлөр табигый ресурстарынын ичинен олуттуу орунду ээлейт. Мөнгү ресурстары потенциалдык ресурсу катары таза суу менен камсыз кылуу менен агым суулардын булагы. Жалпысынан мөңгүлөрдө суунун көлөмү 650 $км^3$ барабар. Бул көрсөткүчү боюнча Кыргызстан Тажикстандын Тоо–Бадахшан автолиниялык областына теңдеш. Мөңгү суулары кайра жаралуучу ресурс, анткени жайкы мезгилде атмосфералык жаандан, кышында кардан мөңгү муздар кайра толукталып турат.

Кыргызстандын аймагында ар түрдүү аянттагы 8208 мөңгү бар, же болбосо республиканын 4,2% аянтында 8169,4 $км^2$ муздар жайгашкан. Тоо муздардын да консервацияланган суулардын көлөмү 650 $м^3$ түзөт. Мөңгүлөрдүн негизги борбору республиканын чыгыш жагында, б.а. Сары–Жаз бассеинде жана Заалай тоо кырларында эң ири өрөөндүү мөңгүлөр орун алган.

Бийик тоолорду жапкан (кыргыздын улуттук калпагы сыяктуу) таза суунун булактары Кыргызстандын табигый ресурстук байлыгы. Ааламда жылуулук жогорулаган сайын бул мөңгү акырындык менен эрий баштаганы байкалат. Акыркы 100 жылдын ичинде Климаттык өзгөрүү борборунун маалыматы боюнча жылуулук 0,8 градуска жогорулаган. XX кылымы тоо муздарын эрүүсү тезденип кеткендиктен эсебине Кыргызстан тоолуу муздардын 1/5 үлүшү эрип кеткен. Эгерде ушу эле темпте жүрө берсе анда Кыргызстандын мөңгүлөрү 2050 жылга 50% эрип кетиши мүмкүн. “Кум–Төр” алтын мекемеси аркылуу эле үч тоо муздарын жоготуунун үстүндө.

Мына ушундай табигый жана тоо ишканалардын иштеринин негизинде өзөндөрдө аккан суулар да азаят.

“Климаттын өзгөрүшү жана ден–соолук” маалыматы боюнча акыркы учурда Тянь–Шань жана Памир–Алай тоолорунда 2,0 миңден ашык мөңгү эрип кеткен же болбосо муздарынын аянты 15% азайган. Чет мамлекеттердин изилдөөсү менен 2030–2050 жылдары жылуулук 1–3 градуска жогорулайт деген болжол бар.

Сырдарья жана Тарим суу бассеине мөңгүлөрдүн аянтынын төрттөн үч бөлүгү жайгашкан. Алардын негизги борбору Сары–

Жаз мөңгүсү (Эңильчек–узундугу 60,5 км, Кайынды– 29,0 км) жана Тескей Ала–Тоо, Кашкал–Тоо, Акшыйрак, Чоң алай. Тянь–Шань аймагында жапыз чоку мөңгүлөрдүн суу байлыгы, болжол менен, 650 млрд. $м^3$ Кыргызстандын мөңгүлөрү таза суунун аккумуляторы, серин абанын температурасын басаңдатып, жаан–чачынды көбөйтүп климатка чоң таасирин тийгизет. Ошондой эле мөңгүлөр эстетикалык, спорттук, рекрециондук пайдалануу объектиси. Айрыкча Борбордук–Азиянын аредмик климатында сууну бөлүштүрүү эбегейсиз чоң мааниде.

Бирок, Тянь–Шань тоосунда муздардын эриши XIX кылымдын экинчи жарымында башталып, бул процесс акыркы 30 жылдын ичинде активдүү жүрүүдө. Муздардын эришинин азайышы жана интенсивдүү түрдө жүрүшү климаттык ааламдык жылуулуктун өсүшүнүн негизинде агым суулардын өзгөрүшүнө алып келүүдө. Республикада болжол менен 2025– жылга чейин муз аянты 30–40% кыскарып, 25–35% чейин суу көлөмү азаят.

Кыргызстандын аймагында агып жаткан 3500 өзөн бар, алар аркылуу кошуна мамлекеттер Өзбекстан, Казакстан, Тажикстан жана Кытайдын Синьцзян Уйгур автономиялык району суу менен камсыз болушууда.

**Суу дарыялары.** Кыргызстанда Сырдарья бассеине караштуу негизги суу артериясы– Нарын дарыясы. Ал Сары–Жаз, Кашкал– Тоо муздарынан башталып, кийинчерек чоң жана кичи Нарын суулары кошулуп Чоң дарьяны пайда кылат. Кыргызстанда Нарын дарыясынын узундугу 535 км түзүп, республиканын 27% аймагын басып өтөт. Нарын суусу ар түрдүү гидрографиялык торчолорду түзөт. Жери эң ири озондук бассеинде 28000 өзөндөн жана агымдар, алардын 90% анын узундугу 10 км. Алардын ичинен суунун бийик деңгээли боюнча Фергана жана Чаткал өрөөнүндөгү өзөндөр, ошондой эле бийик тоолу Борбордук Азияда атмосфералык жаан–чачындардын көптүгүнөн сууга толгон өзөндөр да көп. Кыргызстандын өзөндөрү Арал деңиз бассейине караштуу (78,4%), Тарим (14,8), Ысык–Көл (6,5%) жана Балкаш (0,3%). Түндүк Кыргызстанда аймактын көп бөлүгүн Чу өзөн бассейини ээлейт, анын узундугу 221 км. Кочкор жана Жоон–Арык өзөндөрү Кочкор өрөөнүндө кошулушуп, Чу өзөнүн пайда кылат.

Нарын дарьясы республиканын экономикасында эң маанилүү. Суунун көлөмү (орточо жылдык суу чыгымы 429 $м^3/с$),

жана энергетикалык потенциалы 4.066.000 кВт. Нарын дарьясы жана ага куюлган өзөндөрү 20 электр станциясын курууга болот, анын ичинен ушул күндө 5–ө иштеп жатат. Эң ириси Токтогул электр станциясы, кубаттуулугу 1,2 млн. кВт. Жалпы жылдык суу агымы 50 млрд. $м^3$.

Республиканын региондору боюнча суу агымдарынын калыптануусу ар түрдүү. Мисалы, Түштүк областарда (Баткен, Ош, Жалал–Абад) суу өзөндөрүндө суу көлөмү 28,5 млрд. $м^3$. Ысык–Көлдө–11,7 млрд. $м^3$, Нарында–13,9 млрд. $м^3$, Таласта–17,5 млрд. $м^3$ жана Чүй өрөөнүндө–4,6 млрд. $м^3$. Ошол суу өзөндөрү аркылуу республикада социалдык–экономикалык суу керектөөсү–90–92% канааттандырылат, анын ичинен Ысык–Көл областында–95,6%, Нарын областында–98,1%, Талас областында–97,7%, Чүй областында–93,4%, Түштүк областарда–89,1%.

Кыргызстанда жалпы суу өзөндөрүнүн узундугу 35 миң км. Анын ичинен эң ири өзөндөрү Нарын дарыясынын жылдык орто суу агымы 500 $м^3$/с, Талас–25 $м^3$/с, Чүй–30 $м^3$/с, Кара–Дарыя–120 $м^3$/с, Сары–Жаз–70 $м^3$/с, Чаткал–60 м/с, Кызыл–Суу–50 $м^3$/с, Сох–40 $м^3$/с, Чоң–Кемин–20 $м^3$/с ж.б.

**Жер астындагы суулар.** Кыргызстан жер астындагы сууга да бай. Республикада жер астындагы сууну пайдаланыш үчүн болжол менен 5,6 миң суу чыгаруучу бурголоо жүргүзүлгөн, андан алынган суунун көлөмү суткасына 4,9 млн. $м^3$, анын ичинен түштүктө– 1,7 млн. $м^3$ жана түндүктө– 3,2 млн. $м^3$. Жер астындагы суулар айыл чарбасында, өнөр жай тармагында чарбалык иштерге (сугатка, жайыттарды суу менен камсыз кылуу) жана калк аасында таза суу ден-соолук сактоо тармактарында ж.б. жактарда кеңири колдонулат. Жер астындагы суулардын потенциалдык көрөңгүсү 13 млрд. $м^3$ барабар.

Тоо арасындагы ойдуңдарда жер астындагы суунун булактары болуп тоо этектериндеги шельфтер. Тоо этектеги өрөөндөрдө суу чыга турган зонасында, жер астындагы суу жер үстүнө чыгууга жакындап ал эми жер катмар аралык суусу жетиштүү басым менен чыгат. Ошонун негизинде суу өзөндөргө кошумча катары жер алдындагы суулар кошулуп “Кара сууларды” пайда кылат. Кара– суулардын негизин жер астындагы суулар түзөт. Мисалы, Чүй өрөөнүндө Кызыл (красная) озону. Тоодон түшкөн суу акырындык менен агымын азайтып өзүнүн энергиясын

жоготот да тоо эрозия продукталарын (калдыктарын) көмөк түзөт.

**Көл суулары.** Кыргызстанда 1923 көл эсептелет, анын жалпы суу аянты 6836 км$^2$. Көлдөрдүн эң ири Ыссык–Көл, аны суу аянты 6236 км$^2$, Соң– Көл– 275 км$^2$, Чатыр– Көл– 175 км$^2$ барабар.

Республиканын 3,4% аймагын көлдөр ээлейт. Алардын 90% бийик тоодогу топтолгон жана жабык көлдөр.

**Ысык–Көл –** республикадагы эң чоң көлдүн бири. Көлдүн жайгашы– Тянь–Шань жана Тескей жана Күнгөй Ала–Тоо тоо кырларынын ортосунан, деңиз деңгээлинен 1606м бийиктикте орун алган. Кышкысын көл тоңбойт. Ысык–Көлдүн климаты деңиз климатына окшош, ошондуктан анын айланасында эс алуу жайлар, санатордук– курорттор, пансионаттар кеңири орун алган. Жыл сайын Ысык–Көлдө нечен миңдеген туристер, анын ичинен чет элдиктер келип эс алышат. Көздүн жоосун алган табигый жаратылыштар, көл жегиндеги кум пляждар, туздуу суусу, дары ылайлары, абанын тазалыгы адамдын ден соолугун чыңдоого өтө эле пайдалуу.

Көл айланасындагы мөмө–жемиштерин (алма, алмурут, абрикос, алча, черешня, вишня, малина, карагат ж.б.) көп жана алар өтө таза, даамдуу болгондуктан көп суроо– талапты жаратат. Булардын көбү Орусияга жана Казакстанга экспортолот.

**Соң–Көл көлү–** эң ири тузсуз жана таза суулу көл. Анын суу аянты 270 км$^2$, көлөмү 264 млн. м$^3$. Көл деңиз денгээлинен 3103м бийикте орун алган. Эң тереңдиги– 13,2м. Суунун жайкы температурасы (+)20–23С$^0$. Кышкысын октябрь айынын экинчи жарымынан апрель айына чейин көлдү муз каптайт. Көлгө төрт өзөндүн суулары куюлат (Кумбел, Акташ, Таштөбө жана Кара–Кече). Көлдөн бир гана Соң–Көл суусу агып чыгат, жазгы жай айларында карлар эрий баштаганда суу агымы интенсивдүү көбөйөт (3–5м$^3$/с), андан кийин азайып агат. Көл балыка бай– пелядь, СНГ жана жыланач көк чаар (асман).

Жайкысын Соң–Көл бийик тоолуу жайлоосунда миңдеген малдар жайлашат. Көлдүн суусу адамдын, малдын иче турган жана башка чарбалык иштерге кеңири пайдаланылат.

**Чатыр–Көл көлү.** Республикада агып чыкпаган бийик толуу тузсуз суулуу көл. Көлдүн өзү Атбашы жана Торугат тоосунун ортосунан, деңиз деңгээлинен 3500м бийиктикте орун алган. Көлдүн аянты 161,1км$^2$, көлөмү– 620 млн.м$^3$.

Көлдүн эң тереңдиги 16,5м. Климаты кескин континенталдуу, абанын орточо температурасы төмөн– 5,6$C^0$. Атмосферадан түшкөн жаан–чачындын көлөмү 210–270 мм.

Климаттын салыштырма кургактыгы жаан тоо музун аздыгы суу өзөндөрү жакшы өнүккөн эмес. Көлгө бардыгы болуп 24 кичи өзөндөр суу менен камсыз кылат, алардын ичинен дайыма агып турганы Көкөрчын өзөнү. Кышкысын суу өзөндөрү тоңуп, суу акпай калат.

Чатыр–Көл жайкысын бийик тоолуу жайлоо катары пайдаланып миңдеген малдар жайгашат.

**Сары–Челек көлү.** Кыргызстанда эң бир кооз көлдүн бири. Көл негизинен Кожоата өзөнүн бассейини менен Чаткал Түштүк чыгыш тоо кыпынынын ортосунан орун алган. Көлдүн 1878м. бийикте жайгашып, анын аянты– 4,92$м^2$, узуну– 7,5 км, эң туурасы– 2280м, орточо туурасы– 650м, орточо тереңдиги– 98м, эң тереңи– 234м.

Көлдүн пайда болушу, мындан 10 миң жыл мурун тоонун кулашынан, Сары–Челек өзөнүн бууп, көлдү пайда кылган. Сары–Челек көлүнөн тоскоол өзөнү агып чыгат. Көлдөгү суунун деңгээли жыл ичинде ар түрдүү– май айында жогору, ал эми декабрда– өтө эле аз. Кышкысын декабрь айынан тоңо баштап, апрель айында ачылат. Жайкысы суунун температурасы (+)19,8$C^0$, кышкысын– 0$C^0$– 40$C^0$. Көл балыка бай– маринка, сазан ж.б.

Сарычелек көлдүн тегереги өтө эле кооз, анткени көздүн жоосун алган ландшафттар, токойлор курчап турат. Көлдүн аймагы дүйнөлүк мааниси бар, өзгөчө каргооз татыктуу биосфералык заповедник уюштурулган. Түштүк Эңилчек муздан Эңилчек өзөнү агып чыгат.

Кыргызстанда жогоруда айтылган көлдөрдөн башкада майда көлдөр көп, алсак Ташбулак, Жашыл–Көл, Койлу–Суу, Сапрынкөл, Айкөл, Шарток, Кошкөл, Кокуйкөл ж.б., алардын аянты 0,1$км^2$– 0,36$км^2$ чейин.

Республикада табигый көлдөрдүн бардыгы 1923, алардын суу аянты 6800$км^2$ түзөт.

**Суу сактагычтар**. Кыргызстанда жасалма жол менен 13 суу сактагычы курулган, алардын аянты $378{,}2^2$ жана суу көлөмү 23,41$км^3$.

Суугат жерлердин 22,5% же болбосо 262 миң га чоң

өзөндөрдөн жана суу сактагычтардан гарантия түрүндө суу менен камсыз болот. Калганы 782 миң сугат жерлери, негизинен кичи аккан суулар менен жүргүзүлөт, ал эми жайкы 2 ай сугат күчөп турган кезде суу камсыздыгы 30–50% түзөт.

**Токтогул суу сактагычы**– 1974– жылы курулган, суунун көлөмү долбоор боюнча 19,5 млрд.м$^3$, аянты– 284,3км$^3$, плотиналык бийиктик– 215м, узундугу– 292м, суунун тереңдиги– 43м. Токтогул суу сактагычынын эң негизги максаты– электр энергиясын алуу.

**Орто токой суу сактагычы**– долбоор менен 1957– жылы курулган. Негизги максаты Чуй дарьясына чектөө жүргүзүү жана сугат жерлерге пайдалануу. Бул суу сактагычы аркылуу Чүй областында 180га жер жана Казакстандын Жамбыл областында– 40 миң га айыл чарба жери сугарылат. Гидротехникалык конүстүк затворун оңдоо жана жаңыртуу иштерин талап кылат. Тонелдин кээ бир жерлеринин бети бузулган, чектөө–өлчөө приборлорун алмаштыруу керек. Жыл сайын коопсуздук максатында 40 млн.м$^3$ суу пайдаланбай келет. Ошондуктан долбоордун негизинде ирригациялык системасын реабилитация жүргүзүүнү талап кылат.

**Папан суу сактагычы**– 1981– жылы ишке киргизилген. Суу сактагыч аркылуу Ош областы боюнча 37га жана Өзбекстандан– 8 миң га суу баскан жерлер сугарылат. Техникалык жактан татаал суу сактагыч. Изилдөөнүн негизинде суу сактагыч аркылуу жерге сиңип кетүүсү менен суунун көлөмү чарбада толук пайдаланбай калат. 1999–жылы суу сактагычта суунун көлөмүн 60–80 млн.м$^3$ азайтуу боюнча чечим кабыл алынган. Бул объект “Ирриганциондук системаларды реабилитация” деген долбоорго киргизилген.

**Киров суу сактагычы**– 1975–жылы ишке киргизилген. Конструкциясы уникалдуу бетондук контрфордук плотинаны түзөт, бийиктиги 84 м. Суу сактагыч аркылуу Кыргызстанда 105 миң га, жана Казакстанда– 60 миң га жер сугарылат. Эл аралык эксперттердин баалашында суу сактагычтын плотинасы туруктуу жана ишенимдүү. Бирок, техникалык жактан кемчиликтер боюнча жыл сайын 300 млн. м$^3$ суу толук колдонулбайт.

Ошентип, Кыргызстанда трансулуттук дарыяларды: Чүй, Талас, Нарын, Кара–Дарыя ж.б. ирригацияга пайдаланыш үчүн 10 эң ири суу сактагычтар курулган. Республикада суу сактагыч-

тардын ээлеген аянттарынын негизинде жылына 11 млн. АКШ долларына барабар болгон айыл чарба продукциясы өндүрүлбөй калат. Суу сактагычтар аркылуу республиканын аймагында 22% сугат жерлери сугарылат, б.а. 75%дан көбү дарыялардын өзөндөрдүн суулары башка мамлекеттерде пайдаланылат (Өзбекстан, Тажикстан, Казакстан жана Кытайдын Синцзян уйгур району).

**Суугат каналдары**– республиканын сугат тутумунда 675 чарба аралык каналдар бар. Алардын узундугу 6,2 миң км, анын ичинен 2,5 миң км бетондон жана темир бетондон курулган. Көп жылдар бою иштетүүнүн аркасында жана тийиштүү каражаттын жана техникалардын жетишсиздигинен 1,4 миң км каналдар капиталдык оңдоого жана тазалоого муктаж. Долбоор боюнча жалпы сугат каналдардын суу өткөргүчү 2528 $м^3/с$, ал эми каналдардын топурак–кумга толушу жана бузулушу менен ката суу өткөргүчү– 2067 $м^3/с$, же 467 $м^{3/с}$ аздык кылат, б.а. пайдалуу коэффициенти 0,82ден 0,76 га төмөндөгөн. Чарбасыздыктын негизинде филтрациядан жана каналдардын кемчиликтеринен (тешик, суу ашып кеткен, бузулган ж.б.) жылына 600 $млн^3$ суу пайдаланылбайт. Каналдардын суу өткөргүчүнүн кыскарышы сугат жерлерге 1 $млрд.м^3$ суу жетпей калат. Экспертердин баамдасы боюнча чарба аралык каналдардын техникалык жагдайы начар болгондуктан, республика жылына 20% чейин талаачылыктан продукция албай калууда.

**Насостук станциялар**– республикада жалпысынан 61 насостук станциясы бар жана алар аркылуу 51,7 миң га сугат жерлери сугарылат. Жылына аларды иштетүү үчүн 190млн. кВты электр энергиясы чыгымдалат. Бардык насос станциялары 25–30–жылдан бери иштешет, 30% насостору жана электр кыймылдаткычы капиталдык оңдоого муктаж. Долбоор боюнча бардык насостордун жалпы кубаттуулугу 119,6 $м^3/с$ болсо, ал эми иш жүзүндө 100,0 $м^3/с$ төмөндөгөн. Насостук станциялардын көп бөлүгү сугат жерлерге суу жеткирүүдө жана калктын тиричилик–турмушунда жалгыз булагы.

**Суу бургулоо кудуктары жана тик дренаждар**. Республикада сугат жерлерди суу менен камсыз кылыш үчүн 1972–1980–жылдарда 108 бургулоо кудуктар ишке киргизилген. Алардын жардамы менен 13,3 миң га жер сугарылат. Бирок, бул бургулоо

кудуктардын жана тик дренаждардын көп бөлүгү иштен чыккан, демек, аларды ордуна келтириш үчүн филтирлерди, түтүктөрдү, тереңдикте иштетүү насосторду алмаштыруу зарыл. Бул үчүн бир кыйла финансылык каражаттар жумшалышы керек.

**Чарба аралык коллекторлор**. Жалпы коллекторлордун узундугу 636 км, аларды колдонуу менен 21,6 миң гектор сугат жерлерден дренаждык сууну чыгарууга мүмкүндүк түзүлөт. Көп учурда коллекторлор өз убагында жетиштүү көлөмдө тазаланбай, жер астындагы суунун деңгээли көтөрүлүп, мелиоративдик абалда начарлатып, жер кыртышын түз басуунун негизинде миңдеген гектар сугат жерлери иштен чыгып, продукция өндүрүүгө мүмкүн болбой калган.

## §2. Кыргызстанда суу ресурстарын пайдалануу проблемалары

Кыргыз Республикасында 2005–жылдын январь айында Кыргыз Республикасынын Суу Кодекси кабыл алынган. Алынган Суу Кодексинин максаты суу катнаш пайдаланууну тескөөнү юридикалык бирдей негиздикте жүргүзүү жана элди жана экономика тармактарын керектүү сапаттагы суу менен камсыздоо жана гарантиялоо болуп эсептелинет. Бир эле мезгилде Кодекстин багыты суу ресурстарын коргоо жана юридикалык, жана физикалык субъектиңердин чарбалык иштин өсүшү менен балансын сактоо.

Суу Кодексинде республикада суу боюнча Улуттук кеңешин түзүү, анын максаты суу пайдалануу жана суу керектөөчүлөрдүн иштерин координациялоо боюнча иш алпарып Кыргыз өкмөтүнө жеткирүү. Мындан тышкары дүйнөлүк тажрыйбасын эсептөөнүн негизинде суу пайдаланууда уруксат берүү жобосун иштеп чыгуу.

Тоо муздарынын эрип азайышы туруктуу процесске айланышы, жер үстүндө суулардын агымы кыскарышына алып келүүдө. Республикада 2025– жылга карата муз аянттарынын көлөмү 30–40% азайышы агым суулардын төмөндөшү 25–35% түзмөкчү.

Республикада суунун жалпы пайдалануунун көлөмү оор өнөр жай тармактарында 12% жана айыл чарбасында сугат жерлер менен камсыз кылууга 88% туура келет. Мисалы, айлана–чөйрөнү

коргоо, Улуттук план боюнча айыл чарбасына сугат үчүн 11332 млн. кубометр суу же 90%, оор өнөр жай тармагы үчүн– 957 млн. кубометр же 7%, үй–тиричилик муктаждыгы үчүн– 413 млн. кубометр же 3% жана башка тармактар үчүн– 52 млн. кубометр же 0,04% суу жумшалмакчы.

Айта турган маселенин бири агым суу бассейни болгон Сыр–Дарья, ал Ысык–Көлдүн агым суу бессейинен башталат. Азыркы кезде суу агымында азот, амоний жана нитрат, мунай калдыктары, органикалык жана жагымсыз заттар көп.

Борбордук Азия мамлекеттеринин ортосунда сууну пайдалануу боюнча атаандаштык кызыкчылыгы бар. Негизинен алардын максаты сууну ирригация жана гидроэнергетика үчүн пайдалануу. Барынын географиялык шарты боюнча Борбордук Азия мамлекеттеринин суу ресурстары экономиканын өнүгүүсүндө, коомдо, калктын жашоо турмушунда эбегейсиз чоң мааниге ээ.

Кайра жаралуу жана коом өзгөрүү мезгилинде экономикада оор абал жана каатчылык шартында, Борбор Азия мамлекеттери, биринчи иретте, табийгый ресурстарын, анын ичинен сууну ички жана тышкы социалдык–экономикалык проблемаларын чечүүдө пайдаланышууда. Кыргыз мамлекетинде углеводородук чийки заттар, пайдалуу кен байлыктарынан жетишсиздиги жана аларды иштетүү кыйынчылыгы, маанилүү табигый ресурсы болгон суу байлыгы социалдык–экономикалык туруктуу өркүндөтүүдө стратегиялык багыт. Ошондуктан суу ресурсы республикада экономиканын өнүгүүсүндө төмөнкү ролду ойнойт:

- мамлекеттин тамак–аш жана энергетикалык коопсуздугу камсыздоо;
- республиканын шаардык жана айылдык калкынын жашоо турмушун оридалык (кургачылык) шартта жагымдуу калыптануусун камсыз кылуу;
- республиканын бардык аймагында экологиялык шарты стабилдештирүү;
- Борбор Азия мамлекеттери менен суу ресурсун пайдалануу проблемасын кошуналык жана бирдиктүү кызматташтык мамилени чыңдоо ж.б.

Союз убагында суу проблемасын чечүүдө мамлекет аралык

суу чарбалык объектилери курулган. Алардын ичинен эң ири курулуштары болуп Токтогул, Курпсай, Таш–Көмүр, Шамалды–Сай, Үч-Коргон энергетикалык комплекси, Киров, Орто Токой, Папан ж.б. суу сактагычтары, Чумыш плотинасы, Чоң Чүй каналы ж.б.

Токтогул гидротүйүнүн куруу менен Нарын дарья суусун чектөөгө мүмкүнчүлүк болуп, айыл чарбасын керектөө талабы чечилди. Токтогул суу сактагычындагы суунун көлөмү 19,5 млрд. $м^3$ түзөт. Мунун аркасы менен Өзбекстанда жана Казакстанда 100 миң гектар жерди сугарууга мүмкүн болду, ал эми айыл чарбасын суу менен камсыз кылуу деңгээли 918 миң ге жетти, же болбосо 70%дан 90% чейин өстү.

Бирок, республикада сууну пайдаланууда эффективдүүлүгү өтө деле жогору эмес. Айыл чарбасында суунун пайдасыз коромжу болушу анын жалпы көлөмүнүн 35–37% жетет, ал эми өнөр жай тармагында кайтаруу тутуму же экинчи жолу сууну пайдалануу жокко эсе. Коммуналдык–тиричилик жакта дагы суунун чоң жоготуулары байкалууда.

Суу ресурстарын пайдалануунун эффективдүүлүгү төмөн болушу бир катар факторлорго байланыштуу, биринчиден, ирригациялык жана суу бөлүштүрүү тутуму талапка жооп бербеши; экинчиден, техникалардын жана жабдуулардын эскириши; үчүнчүдөн, эски сугат методдордон колдонуу; төртүнчүдөн, суу үнөмдөө технологиясын колдонуу жана коромжусуз суу менен камсыз төмөнкү деңгээлде ж.б. Ошондуктан, өндүрүшсүз суу пайдалануу жыл өткөн сайын туруктуу адатка айланган, негизинен 90% жоготуу ирригациялык тутумунун начарлашы себептүү. Суунун негизги үлүшү, б.а. 88% айыл чарбасында– айдоо жерлерди жана жайыттарды суу менен камсыз кылуу үчүн колдонулат.

Кыргызстан суу ресурстарына бай болгону менен агым жана жер астындагы суулардын 12–17%, анын 90% сугат үчүн пайдаланылат. Республиканын табигый–географиялык жана климаттык шарттары, жер рельефи сугат жерлерди суу менен камсыз кылуу негизинен чакан тоо өзөндөрү аркылуу 70% сугарылат. Бул чакан өзөндөр кандайдыр бир деңгээлде сугат үчүн чектөөсү жолго коюлган. Бирок, бардык тоо өзөндөрүнүн гидрографтык өзгөчөлүгү сутканын, декаданын жай айдын ичинде суу агымы ар

түрдүү деңгээлде болот. Өсүмдүктөрдүн вегитация (өсүү) убагында (1,5–2,0 ай) сугат үчүн суу жетишсиз болгондуктан 30–50% гана камсыз болот, ал эми жайдын ысык мезгилинде, өзөндөрдө сунун көлөмү кескин өсөт.

Республиканын too аймактарында сугат үчүн ресурстарын пайдалануу өтө эле эффективдүүлүгү төмөн. Негизги себеби, сууну сугат жерлерге жеткирүүдө жана бөлүштүрүүдө чоң жоготулар болууда, ирригациялык тутумун тейлөө жана кайра калыбын келтирүү толук жана убагында жүргүзүлбөйт. Ирригациялык тутумда суунун жоготуусу 40% чейин жетет, же болбосо өнөр жай тармагына, үй–тиричилик жагдайына керектелүүчү көлөмүнө барабар. Негизинен суунун пайдасыз жоготуусу ирригациялык тутумун жана суу түтүктөрүнүн эскиришинен, ошондой эле аларга жетиштүү деңгээлде кароосуз болгондуктан келип чыгууда. Сууну пайдаланган мекемелер, дыйкан чарбалары, ж.б. чарбачылык көз караш менен пайдаланбайт жана аларды көзөмөлдөө тийиштүү деңгээлде эмес. Мекемелерде, үй–тиричилик чарбада сууну пайдалануу боюнча эсеп – китеп (счетчик) аппаратынын жоктугу же аздыгы, жана суу акысы убагы менен төлөнбөй калышы суу ресурстары өндүрүмсүз пайдаланууга алып келүүдө.

Республиканын айыл чарбасында, айрыкча талаачылыкта суу жагымсыз пайдаланууда. Бул болсо жеке эле суунун жоготуусу эмес, жер кыртыштарын эрозияга жана анын продуктуулугунун азайышына, суусактагычтардын, өзөндөрдүн, ирригациялык каналдардын кум–топурак менен толушуна алып келет.

Кыргызстан суунун жетишсиздигинен кандайдыр бир деңгээлде кыйналбайт, ошондой эле Борбордук Азияда суу ресурстарын бөлүштүрүүдө чоң жоопкерчилиги бар. Кыргызстандын суу бөлүштүрүүсү кошуна мамлекеттердин сууну пайдалануу маселеси менен тыгыз байланыштуу. Арал деңиз бассейине куйган Сырдарьянын жана Амударьянын төрттөн бир бөлүгү Кыргызстанга тиешелүү. Ошондой эле Кыргызстандын Ак–Суу өзөнү Кытайдын Тарим дарыясынын эң негизги куймасы болгондуктан суу көлөмүнүн 70% түзөт.1960–жылдан баштап, суу ресурстары азайып Амударыя, Сырдарыя, Или жана Тарим өзөндөрүндүн Балхаш, Арал деңиздеринин суу менен толукталышына тескери таасирин тийгизген. Жыйынтыкта токой чарбасы жана талаа өсүмдүктөрү деградацияга учурашы менен жыл мезгилинде аккан

сууга, айрыкча Борбордук Азия суу өзөндөрүнө тескери таасирин тийгизди.

Жай айларында тоо муздарынан жана карларынын эришинен пайда болгон суу Борбордук Азиянын өзөн сууларынын негизги булагы. Бирок, акыркы жылдарда Кыргызстандын муздарынын аянты 8–10% кыскарган. Эгерде, тоо муздары ушул темп менен эрисе, анда келечекте XXI кылымдын орто ченинде алар толугу менен жоголушу мүмкүн.

Суу ресурстарына климаттын өзгөрүшүнүн таасирин, тиешелүү институттар изилдеп муздардын акырындык менен эриши үчүн өзүлөрүнүн иштеп чыккан сунуштарын иш жүзүнө ашыруу үстүндө иштешүүдө. Практика көрсөткөндөй суунун жетишсиздиги айдоо жерлерди сугаруу деңгээлине жеке эле Кыргызстанда эмес, бүткүл Борбордук Азия мамлекеттерине проблема түзүүдө. Ошондуктан, суу ресурстарын эффективдүү пайдалануу жана андан максималдуу жыйынтык алуу азыркы кезде рыноктун талабы. Суу ресурстарын эффективдүү жана рационалдуу пайдалануу Арал дениз бассейининин төмөндөп кетишине жол бербейт.

Жай айларында, айыл чарба жерин сугаруу жагдайында регионалдык көз караш менен, кошуна мамлекеттердин ортосунда конфликтик ситуациялар пайда болот. Айрыкча, Кыргызстанда суу сактагычка бай, мисалы, Борбордук Азияда өзүнүн көлөмдүк чоңдугу жагынан Токтогул суу сактагычы Өзбекстандын Фергана өрөөнүн жана Тажикстандын жерлерин суу менен камсыз кылат. Бирок, Токтогул суу сактагычы, экономикалык себеп менен Кыргызстанга кышкысын электр энергиясын берет, анын кубаттуулугун башка гидростанциялар камсыз кыла албайт. Ошондой эле жайкысын дагы суу сактагычта белгилүү деңгээлде суу көлөмү калышы керек. Бул болсо, жайкысын сугат үчүн суунун жетишсиз проблемасын пайда кылат, ошонун негизинде регионалдык конфликтик ситуацияны жаратат.

Союздун убагында Кыргызстандын суусу Өзбекстан жана Казакстандын ирригация тутумун толугу менен суу менен камсыз кылып, анын ордуна газ жана мунай продукталарын алып турган. Ал эми доор өзгөрүп, рынок тутуму келгенден тартып эл аралык сүйлөшүнүн негизинде кошуна мамлекеттер суу ресурстарын бөлүштүрүүдө жана пайдаланууда тең укуктукка ээ болушкан.

Кыргызстан суу ресурстарын ирригациялык багытта эле пайдаланбастан, аны башка мамлекеттерге товар катары сатса болот. Эл аралык практикада 1м$^3$ суунун баасы 0,05– 012 АКШ долларына барабар. Мисалы, араб мамлекеттери калкты таза иче турган суу менен камсыз– кылууда башка мамлекеттерден сатып келишет. Бул жагдайда Кыргызстан таза тоо суунун башка мамлекеттерге экспортогонго толук мүмкүнчүлүгү бар.

Республикада суу ресурстарын эффективдүү пайдалануу боюнча чет элдик уюмдар жана инвесторлор активдүү катышууда. Мисалы, Борбор Азия регионунда суу ресурстарынын пайдалануунун эффективдүүлүгүн жогорлатууда USAID ишмердүүлүгүн көрсөтүүдө. Бул мекеме, суу ресурстарын рационалдуу башкарууда техникалык жардам көрсөтүү менен жаңы технологияны киргизүү, ошого ылайыктуу адистерди окутуу жана калкка максаттуу жардам көрсөтүү иштерин жүргүзөт. Каржылоо негизинен транс чек ара сууларды пайдаланууда жана энергетика (TWEP) улуттук кызматтар менен биргелешип гидрометеорология проблемалары, б.а. суу ресурстары жөнүндө маалыматты тактоо жана маалымат алмашуу, айрыкча жалпы пайдалануучу өзөндөр боюнча долбор түзүлүп ишке киргизилген. Негизинен бул иштин максаты суу ресурстарын пайдаланууда Борбор Азия мамлекеттер ортосунда конфликтик ситуацияны жою жана аны болтурбоо.

Мамлекеттик деңгээлде USAID өзүн ишин ирригация боюнча көп көңүл бөлүүдө, калкты таза суу менен камсыз кылууда бир катар долбоорду ишке киргизген. Бул долборлордо суу сектору боюнча саясат башкарууну, технологияны жана инфраструктураны жакшыртуу, жана окутуу ж.б. демилге портфелинин компонети.

Бул жагдайда төмөнкү долбоорлорду келтирүүгө болот:

- Борбор Азия республикалык тутумун модернизациялаштыруу, суу ресурстары боюнча малымат чогултуу жана алмашуу;
- Сырдарыя бассейини жардам көрсөтүү тутумун иштеп чыгуу жана чечим кабыл алуу;
- Өзбекстандын Кара калпак– республикасын таза суу менен камсыз кылуу.

ПРООНдун “Адигине” изилдөө фондусу аркылуу уюштурул-

ган. Деңиз деңгээлинен 3600м бийиктикте жана Чехия мамлекеттинин жардамы менен Ала–Арча суусунун баш жаагында "Адигине" глянцелогия жана метрология станциясы уюштурулган. Бул станция муздун эриши, суунун деңгээлинин өзгөрүшү жөнүндө изилдөө жүргүзүлөт. Акыркы жылдары муз мөңгүлөрүнүн эриши, пайда болгон көлдөрдүн бузулуп, жарылышы элдин жана жаратылыштын коопсуздугуна зыян келтирүүдө. Акыркы жылдарда 3500–4000м деңиз деңгээлинде турган муздар – эрип, азая баштаганы белгилүү. Ошонун негизинде муздардын массасы азайтып, кичинекей көлдөрдү жана аккан сууну көбөйтүүгө алып келип жатат. Ошондуктан Кыргыз өкмөтү көңүл буруп, муздардын эриши жөнүндө мониторинг жүргүзүп жөнгө салуу иштерине көңүл буруусу зарыл.

Департамент суу чарбасы жана мелиорациясы 2013–жылы 228 бирдикте техникаларды алышкан. Алардын наркы 10 млн. АКШ долларды түзгөн. Бул каражат Туркиядан алган насыянын негизинде болгон. Ички чарбаларды суугаруу үчүн Бүткүл өркүндөтүү жана реконструкция банктын насыясынан дагы кошумча 58 техника алынган. Бул техникалардын бардыгы негизинен чарба аралык жана ички чарба мелиорация иштери үчүн берилген.

Азыркы 20 жылдын ичинде союз убагында курулган каналдар, БСРдин көбү иштен чыгып, миңдеген сугат айдоо жерлери жараксыз болуп калган. Ошондуктан, айдоого жараксыз болуп калган жерлерде каналдарды, арыктарды оңдоп ишке киргизүү негизги маселенин бири.

Айыл кыштактагы жашаган элди ичкен суу менен камсыз кылуу борборлоштурулган суу менен камсыз кылуу чарбасы иштейт. Булга суу түтүктөрү, башка суу сактагыч, иче турган суунун байыта турган резвулары, суу чыгара турган колонкалар, насос станциялары, суу тазалоочу жабдыктар жана башкалар кирет.

Республикадагы 1805 айылдын ичинен 267 айылда суу түтүктөрү өткөн кылымдын 60–жылдарына чейин, 467 айылда – 80–жылдарга чейин курулган. Ал эми 396 айылда дагы эле суу түтүктөрү жок. Азыркы учурда республиканын 700 миңтургуну булактардан, агын суулардан пайдаланууга мажбур. Таза сууга муктаж жарандардын саны 2014-жылга 1,5 млн. адамды түзөт.

Акыркы кезде союз убагында курулган суу түтүктөрдүн жана жабдуулардын эскилиги жетип, көп айыл–кыштактарда ичкен суу менен камсыз кылуу өтө оор маселелерге айланган. Кыргыз Өкмөтү Азия өнүктүрүү банкы менен келишим түзүп эл жашаган пункттардын деңгээлинде инфраструктуралык көмөк көрсөтүү долбоору жана бүткүл дүйнөлүк банк менен “Айыл суу камсыздоо жана санитария” деген долбоору үчүн 69.5 млн. АКШ доллары эсебинде келишим түзүлгөн. Бул программаларда мониторинг жүргүзүүнүн Кыргыз Өкмөтү 2000–жылы Айыл суу чарба жана кайра иштетүү Өнөр жай министрлигинин астында айылды суу менен камсыздоо департаменти түзүлгөн.

Республикада 2000–2012жылга чейин бөлүнгөн каражаттарга өлкөнүн 545 айлына. суу менен камсыздоо тутумдары курулган. Жыйынтыкта 1,2млн. адам таза суу менен камсыз кылынган.

Эки долбоорду ишке ашыруу үчүн 6–жылдын ичинде 1000 айыл пункттарында 2,0 млн. элге ичкен суу менен камсыз кылууну түп тамырына. бери реконструкция жүргүзүү менен суу камсыздоо системасын кайра куруп жана реаблитациядан өткөрүү каралган.

2006–жылынын июнь айында Велкобританиянын Эл аралык өнүгүү министрлигинин 60 миң фунтстерлинг аркылуу “Кыргыз Республикасынын айыл суу менен камсыздоо секторунун узун убакыт стратегиясы” жөнүндө иштеп чыгуу программасы кабыл алынган. Бул планды ишке ашыруунун максаты айылда жашаган элдин ден соолугун жакшыртуу жана жакырчылыкты азайтуу үчүн таза суу менен камсыз кылуу жана санитардык маселени жакшыртуу.

Кыргыз мамлекети рыноктун шартында суу маселеси боюнча төмөнкү иштерди жүргүзүүдө:

- суу керектөөчүлөрдү рынок шартына көнүктүрүү;
- сууну пайдалануучуларга кредит, грант берүү, техникалык жана методикалык жардам көрсөтүү, квалификация-сын жогорулатуу, маалымат менен камсыз кылуу, куруу, ремонттук, кайра калыбына келтирүү, жаңы технологияларды киргизүү;
- суу керектөөчүлөрдүн укугун коргоо;
- агрардык сектордо суу керектөөчүлөрдүн чарбалык ишинде тобокелдикти коопсуздук (страхования) төмөндөтүү;

- суу керектөөчүлөргө жана суу бирикмелерине акырындык менен суу чарба системасындагы негизги фондуларды менчике берүү.

Суунун сапатын жакшыртуу мамлекеттик чечим тутуму катарында жана экономикалык кызыкчылыктарды канааттандыруу катарындагы проблема. Ошондуктан суу сапатын жакшыртуу туруктуу иштелген системаны, экономикалык, уюштуруу–техникалык жана укуктук бири–бирине байланышкан тутумун ишке киргизүү, суугa болгон норманы жана талапты аткарууну камсыз кылуу.

# БАП XIII

# КУРОРТТУК– ТУРИСТИК ИНДУСТРИЯ: ӨНҮГҮҮНҮН КӨЙГӨЙЛӨРҮ ЖАНА ПЕРСПЕКТИВАСЫ

## §1. Курорттук индустриянын мүнөзү жана анын экономикалык мааниси

Туризм индустриясы мыйзам укуктарынын бөлүктүрү менен жөнгө салынуучу: эл аралык, транспорттук, бажы, жер, салык, лицензия, жаратылышты коргоо ж.б. көп тармактуу комплекс болуп саналат.

Кыргызстандын территориясында негизинен тоо кыркалары жана өрөөндөр жайгашкан. Республика жаратылыштын кооздугу, байлыгы, рекреационду ресурстарынын сапаты боюнча дүйнөдө бирден бир көрүнүктүү орунду ээлейт. Кыргызстан тоолу климаты, дарылоочу ылайлары, минералдык суулары, көлдөрү, эң бийик чокулары менен сыймыктанат.

Ошол эле учурда белгилүү жаратылыштык рекреациондук потенциалына карабастан, курорттук–туристик тармак республика-нын ИДПнын түзүмүндө (3,5%) акыркы орундарды ээлейт.

Кыргызстандын территориясында 14 курорттук– рекреациондук зона, 10 тоолуу туристик жана альпинистик зона жайгашкан, аларда алыскы жана жакынкы чет өлкөлүк туристердин ортосунда чоң суроо–талаптарды жараткан дүйнөнүн эң бийик чокуларынын бири болгон Жеңиш чокусу (7439 м), Ленин чокусу (7134 м), Хан–Теңири (6995 м) жайгашкан.

Кыргызстандын батышынан чыгышына чейин 88 көп кырдуу чокулары болгон Тянь–Шань тоо кыркалары жайгашкан. Бул тоолордун арасында Мерцбахер сыйкырдуу көлү бар. Жылына бир жолу бул көл өзүнүн суусун агызып сыртка чыгарат, бул көрүнүш алиге чейин түшүнүксүз калууда.

Кыргызстанда бардыгы болуп 80 туристтик аймак бар. 1991–жылдан тартып бул аймактар эл аралык жана республикалык зоналарга болүнөт. Булар өзүнүн аткара турган функциясы боюнча экскурсия билүүчүлүк, тоо лыжа, спорттук–ден соолук, авто-туризм, музтуризм, аңчылык жана башка туризмдерге болүнөт. Өпкө жана тери оорусуна жардам бере турган Чүй өрөөнүндө “Чоң

Тузу” жана Кочкор районунда “Чоң–Туз”, “Ысык–Көл” жээгинде “Туздуу–Көл” (өлүк көлү) жайгашкан.

Кыргызстан көп мамлекеттердин ичинен адам буту баспаган жерлер көп. Тоо аймактарында таза ава, толкундап аккан кашка суулар, токойлор, аска–зоолор туристтердин көз жоосун алат.

Кыргызстан бальнеологиялык булактарга бай. Бардыгы болуп минералдык булактардын 37 тобу (группасы) изилденген. Алардын кээ бири Кыргызстандын чегинен тышкары таанылып («Жалал–Абад», «Кой–Сары», «Ысык–Ата», «Көгүлтүр», «Ысык–Көл», «Жети–Өгүз», “Жыргалаң”), курортторду жайылтууга база болуп калды.

Жаратылыштык дарылоо факторуларынын ичинен дарылоо ылайы негизги орунду ээлейт. Кыргызстандын территориясында, башкача айтканда Ыссык–Көл чөйрөсүндө, Чүй жана Көк–Арт өрөөнүндө илдик (суу астындагы ылай) жана торфтууилдик дарылоо ылайларынын кен чыккан жерлери чалгындалган. Ылай менен дарылоо гальвано ылай түрүндө Ысык–Ата, Жети–Өгүз, Жыргалаң, Чолпон–Ата, Жалал–Абад ж.б. курортторунда колдонулат. Учурда Кыргызстанда физикалык касиети, химиялык жана газдалган курамы, ошондой эле дарылоого колдонуу үчүн эң эле ар түрдүү минералдык булактардын 100гө жакын түрү изилденген жана ачылган. Бул минералдык булактардын базасында Ысык–Ата, Жети–Өгүз, Жыргалаң, Чолпон–Ата, Жалал–Абад, Ак–Суу курорттору, ошондой эле ооруларды кароочу жайлар жана профилакториялар “Гүлчө”, “Аламүдүн”, “Кара Шоро” иштеп жатат.

Дарылоо максатында Ош областындагы Өзгөн районунда жайгашкан Кара–Шородогу түрдүү кычкылтекке бай суу кени абдан келечектүү. Алардын химиялык курамы ар түрдүү жана барына белгилүү болгон минералдык суу: Ессентүкүнү, Арзнини, Звариямы эске салат.

Курорттук–туристик комплекстери дүйнөнүн бардык булуң бурчтарында өнүктү, айрыкча өнүккөн өлкөлөрдө бар. Акыркы жылдары курорттук–туристик тармактын болуп көрбөгөндөй өнүгүүшү батыш европа өлкөлөрүндө жана Таиландда, Египетте, Турцияда байкалууда. Мисалы, эгерде 1991–1999–жылдары европа өлкөлөрүндө туристердин келүү темпи 4%ды түзсө, дүйнөдө–5%, ал эми Турцияда–9,3%ды түзгөн, ошондой эле туризмден алынган

кирешелердин орточо өсүү темпи, ошол эле мезгилде дүйнөдө–9,6%ды, Европада–9,0%ды, ал эми Турцияда–16,8%ды түздү.

Бул өлкөлөрдө туристик жана курорттук региондордун көптөгөн элементтери, улуттук парктар жана музейлер өкмөт тарабынан каржыланат, ал эми ишмердүүлүктүн жаңы түрүн уюштурууну, башкача айтканда туристик продуктуларды өндүрүүнү жана кызмат көрсөтүүлөрдү, туристерди жайгаштырууну, ресторандарды, саякаттарды уюштурууну ж.б. менчик секторлор каржылайт.

Өнүккөн өлкөлөрдө курорттук туризмдин өнүгүүсүнүн негизги өзгөчөлүгү, алар үчүн улуттук (ички) туризм негизги максат эмес, алардагы түзүлүп жаткан индустрия башынан эле тышкы суроо–талаптарды канаттандырууга багытталган жана туристерди сапаттуу жана комфорттук тейлөөнү негизги милдет кылып алышкан. Ошондуктан Кыргызстанда курорттук – туристик тармакты мындан ары өнүктүрүүнүн технологиясы, турак–жайларды, тамак–ашты, кызмат көрсөтүү чөйрөсүн, көңүл ачууларды эл аралык стандартка жеткирүү керек.

Бирок рынок экономикасына өтүү менен, ага байланышкан товарлардын жана энергия булактарынын бааларынын ыкчам өсүшү, жер участокторун колдонгондугу үчүн алынуучу арендалык төлөмдөргө салыктардын көлөмүнүн жана мамлекеттик органдар тарабынан киргизилген чогултуулардын башка түрлөрүнүн өсүшү, путёвкалардын бааларынын тез аранын ичинде көтөрүлүшүнө алып келди. Мисалы, 1993–жылы путёвканын баасы 350–600 сомду түзсө, 2006–жылы– 5000–10000 сомду, 2013–жылы 10000–15000 түзгөн, же болбосо 15–20 эсеге өскөн, ал эми кээ бир курорттук мекемелерде 10–20 күнгө андан да көп 600–1000 америка долларына барабар.

Кымбат баадагы путёвкалар калктын калың катмарына жеткиликсиз, ошондуктан курорттук–туристик тармакка өнүгүүсүнө тоскоол болууда.

Кыргызстандын туристик фирмалары негизинен чет элдик бай клиенттерге багытталган, бирок дүйнөнүн бардык булуң бурчтарындагы туристердин жана эс алуучулардын негизги агымын жөнөкөй кызматкерлер, студенттер жана пенсия жашындагы адамдар түзөт.

Диверсификацияланган экономикага ээ болгон жана «чет өлкөлөрдөн» анча деле көз карандысыз өтө өнүккөн өлкөлөр гана туризмди өнүктүрүүдөн көп пайда таба алышы мүмкүн. Өлкөнүн экономикасынын өнүгүүсүнүн жалпы деңгээли курорттук туризмди пайдалуу тармакка алып келет, ал өз учурунда бюджеттин киреше бөлүгүн толтурууга шарт түзөт, жыйынтыгында экономикалык өсүштү камсыз кылат.

Ошол эле учурда курорттук–туристик бизнестин натыйжалуулугун көтөрүүгө эң көп капиталдык салымдар талап кылынат, ошондой эле дарылоо жана эс алуу үчүн тиешелүү инфраструктууранын түзүүдө инвестицияларды рационалдуу пайдалануу керек. Ысык–Көлдүн жээктеринде жана республиканын башка региондорунда туристерди эл аралык стандарта кабыл алуучу үч жылдыздуу отелдер, комфортабелдүү санаториялар практика жүзүндө жокко эссе. Республикада көркөм жана кызыктуу тарыхый жайлар көп, демек жакшы эс алууну каалап жаткан коноктор үчүн тийешелүү деңгээлде шарт түзүлүшү абзел.

Мамлекеттер аралык кызматташууну өнүктүрүү максатында:

- шериктештик өлкөлөрдүн улуттук курорттук уюмдарынын ортосунда эки жана көп жактуу келишимдерди түзүүнүн практикасын өнүктүрүүбүз керек;
- санаториялык–курорттук дарылоо, КМШ өлкөлөрүндөгү санаториялык–курорттук тармактарды интеграциялоо, анын ичинде Шериктештик өлкөлөрдүн ортосунда пациенттерди валютасыз алмашуу маселелери боюнча өкмөт аралык келишимдерди иштеп чыгууга жана кабыл алууга өбөлгө түзүү керек.

## §2. Туризм – экономиканын натыйжалуу тармагы

Кыргызстандын курорттору чет элдик конокторду өзүнө тартып турат. Биздин күнөстүү өлкөбүзгө келип кетиши үчүн алар акчаларын аяшпайт.

Саякат жана туризм боюнча Бүткүл дүйнөлүк кеңештин маалыматы боюнча дүйнө жүзүндө тармакта 75 млн. жумушчу орун түзүлгөн, же иштегендердин жалпы санынын 11%ын түзгөн жана ошондой эле кийинки 10–жылдыкка дагы 130 млн. адамды

ишке орноштуруу үчүн жаңы мүмкүнчүлүктөр түзүлгөн. Бүткүл дүйнөлүк соода уюмунун изилдөөлөрү көрсөткөндөй биздин планетада саякатчылардын саны жыл сайын 4% өсөт. Туризм индустриясы 4 трлн. америка долларына жетти жана дүйнөлүк экономикага 700 млрд. долларлык салыктын топтолушун камсыз кыла алды.

Кыргызстанда заманбап туризмди өнүктүрүүнүн негизги шарттарынын бири болуп, анын кооз жаратылышына, физикалык–географиялык өзгөчөлүктөрүнө (түбөлүк кардуу тоолоруна жана мөңгүлөрүнө, бийик тоолуу көлдөрүнө жана тез агуучу сууларына, тоо арасындагы өрөөндөрүнө, флораларына жана фауналарына, үңкүрлөрүнө, капчыгайларына, жете алгыс ашууларына, коркунучсуз жолдоруна, ж.б.), уникалдуу жаратылыш эстеликтерине, калктын тарыхый–маданий баалуулуктарына тыгыз байланыштуу.

Кыргыз Республикасынын токойлору жаратылышты коргоого зор таасирин тийгизип, кыртышты сактоочу, сууну коргоочу, аба ырайын жөнгө салуучу санитардык–генетикалык, ден соолукту чыңдоочу жана башка милдеттерди аткаруучу статуска ээ. Республика боюнча 41 токой чарбасы, 1–токой мергенчилик чарбасы жана 8–өз алдынча токойчулук, 9–мамлекеттик жаратылыш паркына, 10–мамлекеттик коруксуз эсептелинет. Алар 165 токойчулукка, 836 бөлүмчөгө жана 68 корукчага туура келет. Бөлүмчөлөрдүн орточо аянты 3194га барабар. Мамлекеттик токой фондусунун жалпы аянты 3343 млн.га анын ичинен токой баскан аянт–845гектарды түзөт.

Кыргызстан көз карандылыкты алуу менен жаратылыштык жана маданияттык–тарыхый потенциалын толук баалуу жана натыйжалуу колдонуу үчүн ачык жана ырааттуу мамлекеттик саясатын жүргүзүп келе жатат. Эгерде 1991–жылга чейин республикада туризм менен иш алып барган төрт мекеме (“Интурис”, “Рестурсовет”, БММ, “Спутник”) иштеп келсе, анда бүгүнкү күнгө республикада 7192 ашуун туристик субъектилер катталган. (65–табл.).

65– Таблица. **Ишмердиктин түрлөрү боюнча туризм чөйрөсүндө катталган чарба жүргүзүүчү субъектилер**

| | 2009 | 2010 | 2011 | 2012 | 2013 |
|---|---|---|---|---|---|
| **Бардыгы** | **5779** | **5998** | **6258** | **6690** | **7192** |
| Мейманкалар | 562 | 614 | 688 | 786 | 881 |
| Эс алуу жана туризм ишканалары | 610 | 642 | 670 | 718 | 807 |
| Ресторандар, барлар жана ашканалар | 1923 | 1949 | 2004 | 2113 | 2220 |
| Туристтик агенстиктер | 2582 | 2697 | 2803 | 2967 | 3177 |
| Санатордук–курорттук мекемелер | 85 | 86 | 83 | 87 | 88 |
| Жаратылыш парктар жана коруктар | 17 | 10 | 10 | 19 | 19 |

Статистикалык маалыматы “Кыргызстан цифраларда”, 2014

Акыркы беш жылдын ичинде туризм субъектилеридин саны 5779дан 7192ге, же 24,4% өскөн, анын ичинен мейманкалар–562ден 891ге чейин, же 56,7%, эс алуу жайлар жана туризм ишканалары–610дон 807ге чейин, же 32,2%, тамак аш мекемелери–1923дөн 2220га чейин, же 15,4%, туристтик агентиктер–2582ден 3177ге чейин, же 23,0% жогорулаган.

Туризмди өнүктүрүү жана өркүндөтүү үчүн ылайыктуу мыйзам базасын түзүү керек эле, ошого байланыштуу 1999–жылы бул тармактын укуктук, экономикалык, социалдык жана уюштуруу негизи боюнча “Туризм жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамы кабыл алынган. Туристик тармакты өнүктүрүү башка министрликтердин жана ведомстволордун активтүү катышуусусуз мүмкүн эмес. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2000–жылы 4–сентябрда №255 “2010–жылга чейин Кыргыз Республикасында туризмди өнүктүрүүнүн мамлекеттик программасы”–деген токтом кабыл алынган, ал мамлекеттик органдарга конкреттүү милдеттерди жүктөгөн жана алардын иш аракеттеринин негизги багыттарын көрсөткөн.

Кыргызстан чет өлкөлөргө туристик өлкө катарында көп деле белгисиз эмес. Республиканын турфирмалары өз алдынча рекламаларды жүргүзгөнгө кудуреттери жете элек. Ошондуктан Кыргызстан туристик ресурстарды жана иштеп жаткан инфраструктууранын эске алуу менен капиталдык чыгымдарды көп талап кылбаган, пайда түрүндө максимум кайтарымдуу туризмдин түрлөрүн өнүктүрүүгө басым жасашы керек.

Республикада ден–соолукту жакшыртуучу–туристик ишмердүүлүктөрдө иштеген ишканалар менен уюмдардын саны 3055ти

түзөт, анын ичинен мейманканалар–881, эс алуу жана туризм ишканалары–2220, санитардык–курорттук мекемелер–102. Бул ишканалардын жана уюмдардын көпчүлүгү региондор боюнча Ысык–Көл жана Чүй областарында жайгашкан. (66–табл.).

66–Таблица. **Аймак боюнча туризм чөйрөсүндө катталган чарба жүргүзүүчү субъектилер**

(2014–ж. 1–январына карата, бирдик)

| | **Мейманканалар** | **Эс алуу жана туризм ишканалары** | **Ресторан–дар, барлар жана ашкана–лар** | **Турист–тик агенттик–тер** | **Сана–тордук курорт–тук мекемелер** | **Жаратылыш парктар жана коруктар** |
|---|---|---|---|---|---|---|
| **Кыргыз Республикасы** | **881** | **807** | **2220** | **3177** | **88** | **19** |
| Баткен облусу | 37 | 21 | 13 | 43 | 3 | 2 |
| Жалал–Абад | 88 | 50 | 49 | 133 | 10 | 4 |
| облусу | 149 | 434 | 132 | 292 | 26 | 3 |
| Ысык–Көл облусу | 72 | 87 | 40 | 85 | 3 | 3 |
| Нарын облусу | 35 | 16 | 152 | 45 | 5 | 3 |
| Ош облусу | 22 | 4 | 75 | 20 | 3 | 2 |
| Талас облусу | 74 | 31 | 270 | 165 | 16 | 2 |
| Чүй облусу | 325 | 143 | 1426 | 2090 | 16 | – |
| Бишкек ш. | 79 | 21 | 63 | 304 | 6 | – |
| Ош ш. | | | | | | |

Статистикалык маалыматы “Кыргызстан цифраларда”, 2014

Эсептер көрсөткөндөй туристик тармактын сыйымдуулугу жылына 1 млн.–дон ашык же кем туристерди түзөт. Акыркы беш жылдыкта (2009–2013–жж.) туристердин жалпы саны 537 миңден 1198,4 миң адамга, же 2,2 эсеге, анын ичинен уюшулган тармакта 421,1 миңден 631,9 миң адамга, же 49,9%га, уюшултурбаган тармакта–116,0 миңден 567,5 миң адамга, же 4,8% эсеге өскөн. Туристик кызмат көрсөтүү боюнча иш арналган адамдардын саны 6497 адамдан 7757 адамга, же 19, 3%ке көбөйгөн (табл. 67).

67– Таблица. **Кыргызстанда эс алгандардын жана иштегендердин саны**

| | **2005** | **2010** | **2011** | **2012** | **2013** |
|---|---|---|---|---|---|
| **Эс алгандардын саны–бардыгы, миң адам** | 537,1 | 806,8 | 584,3 | 816,9 | 1199,4 |
| **Уюштурулган сектордо** | 421,1 | 488,5 | 357,7 | 482,0 | 631,9 |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| **Уюштурулбаган сектордо** | 116,0 | 318,3 | 226,6 | 334,9 | 567,5 |
| **Туризм чөйрөсүнүн кызматкерлеринин орточо жылдык саны, адам** | 6497 | 8140 | 7338 | 7757 | 7829 |

Статистикалык маалыматы “Кыргызстан цифраларда”, 2005–2013ж.

Жыл өткөн сайын чет өлкөлөрдөн келген туристтердин саны өсүүдө. Мисалы, 2001 жылы Кыргызстандын эс алуу жайларында 98,5 миң адам келген болсо, 2013 жылы–3076,0 миң адамга жеткен, же болбосо 3,1 эсеге өскөн.

Бардык өнүккөн өлкөлөрдө туристтерден бир кыйла пайда түшөт. Мисалга, жылсайын Францияга 70–75 млн. адам, Испанияга–48–50 млн., АКШга–44–46 млн., Италияга–39–40 млн., Кытайга–30–35 млн. туристер келип турушат жана алар болуп көрбөгөндөй каржы алышат. Өнүккөн өлкөлөр чет элдик жана ички туристерди тейлөөнүн эсебинен абдан көп кирешелерди алышат. Мисалы, АКШ жыл сайын 70–75 млрд. америка долларын, Испания–40–45, Франция–40–42, Кытай–25–27, Турция–15–16, Австрия–14–15, Австралия–12–13 млрд. АКШ дол. туристтерден табат. Өнүккөн өлкөлөрдө туристик ишмердүүлүктөн түшкөн киреше ИДПнын труктуурасында 10дон 15 %га чейинкисин түзөт.

Жыл өткөн сайын Кыргызстандын санитарно–курорттук жана эс алуучу жайларда чет элдик туристтердин саны өсүүдө.

Чет элдик туристердин ичинен көп сандагы туристер негизинен жакынкы чет мамлекеттен келгендиги байкалат. Алсак, 2013–жылы Казакстандан келген туристердин саны 2156,0миң адамды түзгөн, анын ичинен Өзбекстандан–190,5 миң, Россиядан–448,9 миң, Кытайдан–130,0 миң, Германиядан–9,2 миң, Турциядан–25,0 миң, АКШдан–20,0 миң туристтер келген.

Кыргызстанга алыскы мамлекеттерден келген туристтик бир күндүк чыгымы 2013–жылдык орто эсеби менен 189,4 АКШ долларды, же болбосо 8727 сом, жакынкы мамлекеттерден–144 долларда, же болбосо 6635 сом, ички туристтердики–85,6 долларды, же болбосо 3944 сомду түзөт.

Алыскы жана жакынкы мамлекеттерден келген туристтер Кыргызстанда орто эсеп менен 6–12 күн өткөрүшөт. Негизинен алар өзүлөрүнүн достору же болбосо үй–бүлөсү менен эс алышат. Жалпы чыгымы бир туристке эсептегенде 652–1086 долларга барабар.

Туристик кызмат көрсөтүүлөрдүн баасынын кескин өсүшү, ички туризмдин өнүгүүсү кандайдыр төмөн деңгээлде калууда. Мунун өзү эс алуу үйлөрүнүн, пансионаттардын, турбазалардын, курорт мейманканаларынын толук пайдаланбай калышына алып келүүдө.

Азыркы туризм– дүйнөлүк экономикада эффективдүү. Чет элдик экономисттердин эсеби менен 2011–жылы дүйнөлүк экономикага туризмден түшкөн киреше 1,2 трлл. АКШ долларына барабар болгон. Учурда туризмден түшкөн киреше дүйнөлүк көмөк кызматтын 30% жана товарды экспортко сатууда 6% чейин камсыз кылат. Туризм, азыркы кезде күйүүчү заттардан химия продукциясынан чыккан жана тамак–аш продуктыларын экспорттоодон кийинки орунду ээлейт. Ошондой эле туризмде 1 жумушчу орун пайда болсо, ал башка тармактарда кошумча 5–9 жумушчу орунду түзөт. Ошондой эле туризм Кыргызстанда эффективдүү тармак.

Кыргызстанда Улуттук статистикалык маалыматтар боюнча Туризмден алынган киреше 4,6 ички дүң кирешени (ИДК) түзгөн. 2013 жылы экспортко көрсөтүлгөн кызмат 410,8 млн. долларга же болбосо 20,3% жана импорттук тейлөө көлөмү 333,4 млн. долларды түзгөн. Алсак 2008–2013 жылдары азыркы беш жылда туристтик сферада 119,1 млн. АКШ доллар инвестиция тартылган. Инвестиция негизинен Кытайдын, АКШ, Араб мамлекеттеринен келген.

Туристик ишмердүүлүктүн тармагында товарлар менен кызмат көрсөтүүлөрдүн дүң чыгарылышы 19,8ден 33,3 млрд. сомго көбөйдү же 68,1% эсеге, Ошондой эле туризм чөйрөсүндө негизги капиталга салынган инвестиция 3989,7 млн сомдон 8040,0 млн сомго же 2,0 эсеге өсүш болгон (68– табл.).

68– Таблица. **Ишмердүүлүктүн өнүгүүшүнүн негизги көрсөткүчтөрү**

| | 2008 | 2009 | 2010 | 2011 | 2012 |
|---|---|---|---|---|---|
| **Туристтик ишмердик чөйрөсүндөгү дүң чыгаруу млн. сом** | 19832,4 | 19186,4 | 20700,0 | 31465,8 | 33280,5 |
| **Туристтик ишмердик чөйрөсүндөгү кошумча дүң нарк, млн сом** | 7849,4 | 8039,2 | 8241,5 | 12877,2 | 14205,5 |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| **ИДПдагы туристтик ишмердик чөйрөсүнүн үлүшү, пайыз менен** | 4,2 | 4,0 | 3,7 | 4,5 | 4,6 |
| **Туризм чөйрөсүндөгү негизги капиталга инвестиция, млн. сом** | 3989,7 | 6165,7 | 6951,7 | 10004,2 | 8040,0 |
| **Туристтик тейлөө экспорту, АКШнын млн. доллары** | 331,6 | 239,7 | 147,8 | 347,1 | 410,8 |
| **Туристтик тейлөө импорту, АКШнын млн доллары** | 190,7 | 137,1 | 136,9 | 233,4 | 333,4 |
| **Туризм чөйрөсүндөгү чекене соодանын жүгүртүүсү, млн. сом** | 5187,9 | 5443,5 | 10645,2 | 12145,0 | 13995,0 |
| **Туристтик агенттиктердин тейлөөишмердүүлүгү** | 426,4 | 379,1 | 685,9 | 1119,0 | 1176,0 |
| **Санаториялык курорттук иштерди тейлөө** | 390,5 | 302,9 | 440,2 | 573,1 | 516,6 |
| **Мейманканаларды тейлөө** | 190,7 | 137,1 | 136,9 | 233,4 | 333,4 |

Статистикалык маалыматы “Кыргыз цифрада “, 2014

Анализ көрсөткөндөй акыркы беш жылдын ичинде (2008–2013жж.) туризм чөйрөсүндөгү чекене сооданын жүгүртүүсү 5187,9 млн сомдон 13945,0 млн сомго же 2,6 эсеге туристтик агенттиктердин ишмердигинен негизинде түшкөн киреше 426,4 млн сомдон 1176,0 млн сомго же 2,7 эсеге санаториялык курорттук ишмердиктен түшкөн акчалай кирешеси 390,5 млн сомдон 516,6 млн. сомго же 47,6% жана мейманканаларды тейлөөдөн 1367,7 млн сомдон 2168,0 млн сомго же 58,5% өсүш болгон.

Региондор аймагында туристтик агенттиктердин ишмердигинен тейлөөлөрү боюнча 2013–жылы Ысык–Көл областынын үлүшүнө 40,3% (475,4 млн сом), Бишкек шаарына–50,5% (594,56 млн сом), Ош шаары 7,5% (89,4 млн сом).Чүй областы – 0,9% (10,8 млн сом) туура келет. Джал–Абад, Баткен жана Таласа областарында туристтик агенттери жокко эсе. Орто эсеп менен чет мамлекеттик туристтерден 630–650 млн АКШ доллары алынат.

Туризмдин өнүгүүсү жана анын натыйжалуулугу төмөнкү факторлорго байланыштуу:

- туристтик–рекреациондук ресурстардын бар болушу;
- туристтик инфраструктуранын өнүгүүшүнө;
- квалификациялуу туристтик кадрлардын камсыз болушу;
- туризмди мамлекеттик колдоосуна;
- демографиялык жана социалдык өзгөрүүлөрүнө;

- саясий жана экономикалык кырдаалга;
- илимий–техникалык прогресстин деңгээлине;
- жергиликтүү калктын үрп–адаттарына;
- тобокел факторуна.

Демек, Кыргызстандын курорттук–туристик ишмердүүлүгү экономиканын приоритеттүү тармактарынын бири болуп саналат жана анын өнүгүүсү өкмөттүк жана регионалдык деңгээлде милдеттерди чечүүнү ошону менен бирге мамлекеттик колдоону жана нормативдик–укуктук мамилелерди талап кылат. Туризмдин бардык багыттарын өнүктүрүүдө чет элдик жана ата мекендик инвестициялардын агып келүүсү жана эл аралык рыноктун талаптарына жооп берүүчү жагымдуу экономикалык режимди түзүү керек.

Ошондуктан Кыргызстанда туризмди өнүктүрүүнүн негизги максаты экономикалык жана социалдык тармакка багытталган. Келечекте өлкөгө киреше алып келүүчү жана жаңы жумушчу орундарды камсыз кылуучу, ар түрдүү туристтик жогорку рентабелдүү жана атаандаштыкка туруштук бере ала турган туристик индустрияны түзүү болуп саналат.

## §3. Туризмдин түрлөрү, түзүлүшү жана инфраструктуралары

Туризм– бул феномен. XIX кылымдын ортосуна чейин бир да дүйнөлүк тилде “туризм” деген терминди табууга мүмкүн болгон эмес. Англисче “tour” сөзү көбүнчө барып келүү деген мааниде ассоциацияланып турган. Кийин адамдар өздөрүнүн үйлөрүндө болбогондуктан жана иш боюнча башка жакта жагымдуу күн өткөргөндүгүнө байланыштуу акырындык менен келип Tourism” чыккан.

Азыркы туризм бир жагынан жаш, себеби ал экинчи Дүйнөлүк согуштан кийин гана массалык көрүнүшкө ээ болду, экинчи жагынан туризмдин терең историялык тамыры бар, анткени саякаттоо адамдарга байыртадан эле белгилүү.

Демек, туризм (француз сөзүнөн алынган tourism–эс алууга чыгуу, барып келүү)–саякатка баруу, барып келүү, бош убакта жүрүшкө чыгуу жана активдүү эс алуунун бир түрү.

Саякатка чыгуу жана туризм окшош түшүнүктөр анткени адамдын тиричилик аракетинин белгилүү образы баяндалып жазылган. Бул эс алуу, пассивдүү жана активдүү көңүл ачуу, спорт, айлана–чөйрөнү таанып билүүм, соода, илим, дарылануу жана башкалар. Мындай учурда башка жерде же өлкөдө, адамды күнүмдүк жашоосунан же жашаган жеринен айырмалап турган мүнөздүү аракеттер.

Ошондуктан туристтик иштерди **туроператордук** жана **турагенттик** ишкердик деп, ошондой эле саякаттарды уюштурган башка ишкердиктерди да түшүнөбүз.

Туроператорлор уюштуруучулардын милдетин жана топтук туризмдер үчүн комплекстүү продуктуларды түзүүнү аткаруучулар. Туроператор жылдын түрдүү убактысына ар түрдүү багыттар боюнча, түрдүү наркта жана мөөнөттүн узактыгына жараша саякаттарды сунушташат.

Туроператорлорду “оптовиктер” деп атап коюшат, анткени алар турагенттерге соода–сатык иштерин жүргүзүшөт, ал эми турагенттер өз учурунда туристтик продуктуларды чекене сатуучулар катарында чыгышат. Мындай жагдайда турагенттер аларга акы төлөшөт.

**Маршрут**–туристтик кызматтын программасында багытталган жол жана, белгилүү бир убакыттын ичинде программа боюнча туристтик тейлөө. **Тур**– бул конкреттүү белгиленген мөөнөттө белгилүү маршрут боюнча өзү эле же топтолуп барып келүү.

**Туристтик жолдомо**– бул катуу талап кылынуучу отчеттун формасы болуп эсептелип, программада каралган кызматтардын төлөмүн аныктоочу документ.

Демек туризм көп максаттуу феномен болуп саналат, анткени ал өзүнө бир эле мезгилде укмуштуу окуялардын, алыскы сапарлардын романтикасынын, белгилүү бир жашыруун сырлардын, экзотикалык жайларга баруунун жана бир эле учурда ишкердүүлүккө камкордукту көрүүнүн, саламаттык маселесинин, эс алуучулардын коопсуздугунун жана мулктөрдүн сакталышынын элементтерин айкалыштырат.

**Турагент** – бул түзүлгөн турларды сатуу боюнча ортомчу катарындагы физикалык же юридикалык тарап.Турагент кызмат

көрсөтүүнүн комплексин сатат. Мындай кызматтарга төмөнкүлөр кирет:

- Транспорттук документтерди сатуу менен орундарды алдын ала баруудa;
- Маршруттарга тиешелүү болгон тейлөөлөрдүн түрүн жана болжолдонгон маршруттарды кардарларга сунуштоо жана консультацияларды берүү.

Турист– бул кимдир бирөөнүн туристтик орунда бир күндөн ашык болушу канаттандыруу максатында өзүнүн дайыма жашаган жеринен башка жакка кетүүчү адам, саякатчылардын категориясы.

Туристтик продукт–бул туристтерге туристтик – экскурсиялык ишканалар тарабынан берилүүчү кызматтардын комплекси.

Туризм индустриясы–бул туристтик продуктуларды өндүрүүнү уюштуруучу комплекстүү система. Туризм индустриясынын системасына адистештирилген ишканалар, уюмдар жана мекемелер кирет:

- тамак–аш ишканасы (ресторандар, кафелер, барлар);
- транспорттук тейлөө менен иш кылынган ишканалар (авто–авиациялык ишканалар, темир жол ведомстволору, деңиз жана дарыя транспорттору);
- туристтик продуктуларды иштеп чыгуу жана сатуу боюнча туристтик фирмалар (турбюро, экскурсиялык бюро, маалымат агентствосу);
- туризмди башкаруу органы (туризм комитети жана департаменти, коомдук туристтик уюмдар жана бирикмелер).

Республикада туризмдин негизги түрлөрү өлкөнүн бюджетинде каржы жыйынтыктарын өзгөчөлүктөрүнө, саякаттын негизги максатына жана жолдомонун мүнөзүнө, туристтердин эс алуу мөөнөтүнүн узактыгына, транспорт каражаттарынын колдонулушуна жараша аныкталат:

**Рекрациондук туризм**– бул эс алуу, ден соолукту чыңдоо жана дарылануу туризми;

**Таанып билүү туризми**– белгилүү программа боюнча тарыхый – маданий атактуу жерлер жана укмуш жаратылыш менен таанышуу;

**Ишке байланыштуу туризм**– бул туризмдин эң эле динамикалуу жана кирешелүү түрү жана максаттуу иштер менен бизнесмендердин барып келүүсү;

**Укмуштуу окуялар туризми** (Кыргызтанда айрыкча өнүккөн)– бул коркунучтун элементтери менен айырмаланган Улуу Жибек жолу менен саякатка чыгуу, тренинг, альпиниизм, атчан тур, раффтинг, джипсафари, тоо лыжасы, аң улоо, ж. б. Укмуштуу окуялардын туризмин керектөөчүлөр негизинен чет өлкөлүк туристтер. Англиялык, Германиялык, Франциялык, Испаниялык, Швецариялык, Голландиялык, Япониялык, Түркиялык, Польшалык, Израилдик ж. б.

**Тоо туризми** Кыргызстандагы туристтик маршруттардын негизги багыттары. Республиканын көп бөлүгүн тоолор ээлейт жана туристтер чет элдик үчүн эң эле жагымдуу обьект болуп саналат. Бийик тоолуу чокулар, мөңгүлөр, үңкүрлөр, көлдөр, дарыялар ж.б. альпинизмдин, спелеологиялык, тоо лыжа туризминин, раффтингдин, тренингдин, өнүгүүшүнө шарт түзөт.

2005–жылы ПРООНдун жана ЮНЕСКОнун астында эл аралык отурум болуп өттү жана анда дүйнөнүн 22 мамлекетинен Улуу Жибек жолунун чегинде туризмди пропагандалоо жана маданий алыш–беришти кеңейтүү максатында негизинен туристик уюмдардын өкүлдөрү катышты.

Нир шаарында (Япония) БДСУнун (ВТО) туристтик форуму үчүн эл аралык туристтик маалыматка кирген Улуу Жибек жолунун карта–схемасы жана ал боюнча көп материалдар даярдалып көрсөтүлгөн.

Улуу Жибек жолунда туризмди өнүктүрүү туристерди КОП “Торугарт”, “Эркечтам” аркылуу өткөзүү жана алардын натый-жалуу режимде иштөө маселелерин чечүү, ошондой эле Бишкек–Ош, Ош–Эркечтам, Бишкек–Нарын–Торугарт жол жээктеринин инфраструктурасын өнүктүрүү керек.

Конференциялар, семинарлар туризми туризмдин бирден бир келечектеги түрү болуп калышы мүмкүн . Регионалдык жана эл аралык маанидеги конференцияларды, семинарларды, симпозиумдарды көргөзмөлөрдү уюштуруу калктын кошумча кирешелерди алуу булагы катары менен , Кыргызстан жөнүндө маалыматтарды таркатууга жана анын зоболосун чет өлкөгө жайылтууга түрткү болушу мүмкүн.

Кандай өлкө болбосун турпотенциалдын бардык түрүн өркүндөтүүнүн негизги инструменти болуп туристтик мүмкүнчүлүктөрдү рекламалоочу туристтик ярмаркалар жана биржалар саналат.

2003–жылдан баштап жыл сайын Кыргызстандын туристтик компанияларынын өкүлдөрү Берлиндеги эл аралык туристтик ярмаркада (LTB), 2004–жылдан Голландиядагы жана Испаниядагы, ал эми 2005–жылдан тартып Лондондогу туристтик ярмаркада катышып келишет.

Туристтик тармактын түзүлүшүнө төмөнкүлөр кирет: транспорт; жайгаштыруу; тамак–аш; жагымдуулук; коштоп жүрүү; жабдуу ж.б.

Туризмди келечекте жакшыртуу иштери:,

- укуктук–нормативдик тескөөнү жакшыртуу;
- туристтик инфраструктурасын жакшыртуу (транспорт, коомдук тамак–аш, көңүл ачуу индукстриясы):,
- жаңы туристтик борборлорду түзүү;
- Кыргызстан туризмдин аймагы жөнүндө эл аралык маалыматтын жетишсиздиги ж.б.

Туризмдин негизги түзүмүн туркызматты өндүрүүчүлөр, нормативдик–укуктук база, жөнгө салынуучу тармак жана ишкерлер түзөт. Азыркы учурда Кыргызстанда туризм тармагы менен байланышкан 25 миңден ашуун чарба жүргүзүүчү субьектилер иштейт, ал эми туристтерди (90%га жакыны) кабыл алуу ишинде 30 менчик фирмалар иштешет.

Туризмдин инфраструктурасына негизине жайгаштыруу, транспорт, тамак–аш, обьектиси, көңүл ачуу, билүү, иш саламаттык, спорт жана башкалары кирет.

Инфраструктуранын негизги элементтери:

- транспорттук индустрия (аба, суу, автомобиль, темир жол транспорту);
- тамак–аш индустриясы (ресторандар, кафелер, барлар, ашканалар ж.б. даяр продукцияларды берүүчү ишканлар);
- мейманкана индустриясы (мейманкалар, жайгаштыруунун атайы каражаттары);
- көңүл ачуу индустриясы (парктар, театрлар, циркter, музейлер ж.б.)

Акыркы жылда, чет элдик туристтердин талабына ылайыктуу мейманкана, ресторандар, жакшы сапаттуу жол, маалымат коммуникациясы, сервистердин сапаты, туристтик автобустар, тоо арасында жүрүүгө ылайыктуу жип автомашиналары жана маданий квалификациясы жогору кызмат көрсөтүүчү кадрлар иштешүүдө.

Бирок, Кыргыз туризмдин өнүгүүсү менен бир катар кемчилик кездешет:

- туристтик инфраструктуранын дагы эле начар өнүгүүшүүсү, мейманканалардын аздыгы жана азыркы учурга ылайыктуу комфорттун шарттардын төмөндүгү;
- мейманканада жашоодо, тамактанууда жана транспорттук кызматтын кымбаттыгы;
- административдик тоскоолдор, инвестицияны аз тартылышы жерди ижарага алууда мүмкүнчүлүктүн аздыгы жана башка шарттар;
- кадрлардын квалификациясынын жетишсиздиги жана төмөнкү деңгээлде туристтерди тейлөө кызматы;
- Кыргызстанда экономикалык, саясаттык, социалдык туруксуздугу туризмге тескери таасирин тийгизиши;

Жалпысын жыйынтыктап айтканда, республикада туризм өнүгүүнүн үстүндө. Бул туристтик тармакты өркүндөтүү үчүн 2012–2015–жылга карата Кыргыз мамлекетинин стратегиясы кабыл алынып, төмөнкү маселелер камтылган:

- туруктуу жана динамикалуу экономикасынын өсүшүн камсыз кылуу;
- элдин жашоо–турмушун жакшыртуу жана ар бир адамдын кирешесин көбөйтүү жана туристтик кызмат көрсөтүүгө мүмкүндүк түзүү;
- экономика өндүрүлгөн туристтик продукциянын атаандаштыгын күчөтүү;
- республикада жана региондордо өндүрүлгөн ички продукциядан туризмдин үлүшүн күчөтүү жана көбөйтүү;
- туристтик жана көмөк кызматтардын сапатын жогорулатуу;
- виза ачуу саясатын жакшыртуу, туристтердин келип–кетишин жеңилдетүү, туристтердин коопсуздугун камсыздоо иштерин жүргүзүү;

- айылдык туризмди өркүндөтүү жана буга фермердик чарбаларды активдүү тартуу (Европалык мамлекеттерде туризмди 10–15 фермердик чарбалар тартылган ж.б.)

Ааламдашуу шартта дүйнөлүк туристик индустрия Кыргызстан үчүн эң маанилүү жана келечектүү тармактын бири. Кыргызстандын табигый кезиктиргис потенциалында жана маданий мурастарга бай болгондуктан, туристтик тармакты интенсивдик жол менен өркүндөтүү экономиканын өсүшүнө чоң көмөк болмокчу. Азыркы мезгилде республиканын өнүгүү жолунда келе жаткан туристтик инфраструктурасы дүйнөлүк тараптарга стандартка жооп бериштен алыс. Бирок, туристтик агенти жана туристтик операторлор бул жагдайда көп иштерди алып барышууда.

Эл аралык кызмат көрсөтүүдө туризмдик кызмат дайыма туруктуу өсүш берген тармак. Бүткүл дүйнөлүк туризм ассоциациясын билдирүүсүнө караганда 2030–жыл сайын туризмдин өсүшү 3,3% түзөт, же болбосо жыл сайын 43 млн туристтерге көбөйөт.

## §4. Туризмдин регионалдык өнүгүүсү

Кыргыз Республикасынын региондорунун туристик–рекреациондук потенциалы өзүнүн өзгөчөлүктөрүнө ээ.

**Ысык–Көл курорттук–туристтик району** жагымдуу жаратылыш–климаттык шарттары менен өзгөчө мүнөздөлөт жана негизги кызыктыруучу нерсеси кышында тоңбогон көлү. Бул себептен орус саякатчысы П.П.Семенов–Тяньшан аны Швецариядагы Женева көлүнө салыштырган, ошондой болсо да Ысык–Көлгө артыкчылык берген. “Керемет Ысык–Көл көркөмдүү, абасынын тазалыгы, айланасындагы табияттын сулуулугу жагынан дүйнөдө эч бир жер тең келбейт го”– деп жазган Казактын эл жазуучусу Мухтар Ауэзов. Ысык–Көл регионунда “Аврора” “Кыргыз–деңизи”, “Көк, Ысык–Көл”, “Жети–Өгүз”, “Кой–Сары”, “Ак–суу”, “Жыргалаң”, “Тамга” санаториялары, курорттук мекемелер, жана миңдеген эс алуу жайлары, пансионаттары жайгашкан.

Ысык–Көлдүн тоолорунда туристтик жагдайлар абдан көп. Мисалы Григорьев атындагы, Чоң–Ак–Суу туристтер базалары үчүн бренд деп койсок болот, анткени бул жерге чет мамлекеттик

жана ички райондордон туристер абдан көп болот. Ошондой эле Ысык–Көлдүн Түштүк жээгинде “Жуукү” (Саруу айылы), “Көк–Жайык”, “Ички–чоң жергез”, “Түргөн”, “Жыргалаң” аттуу туристтерди тарта турган кооз тоо этектери, кокту–колоттор, шаркырап аккан муздак сууларга бай. Бул жерлерди курчаган табигый кооздугу, ат менен жүрүш жасоо, тейлөө жарактуу боз үйлөр, жатакана комплекстери, түрдүү улуттук тамак–аш менен камсыздалган. Бардык тоо арасындагы туристтик базаларда, жайларда дайыма элексир суусундугу– кымыз, Ибн Рузбихан XVI кылымда айткандай «кымыз жашоого дем берген, оорудан айыктыра турган баалуу ичимдик».

Жүргүнчүлөрдү ташуучу бирикменин демилгеси менен туризмди өнүктүрүү максатында өлкө үчүн стратегиялык жактан маанилүү болгон жол трассалар жээгине турбазаларды, кафелерди пландап, ишке киргизиле башталган. Ошондой эле Григорьевка капчыгайында Караколго, Жети–Өгүзгө туристтик базаларды куруу иштерди жүрүүдө.

Көлдү деңиз деңгээлинен 4500–5000м. бийиктиктеги бийик тоолуу чокулар курчап турат, алар түндүктөн муздак абанын өтүп кетишин, ошондой эле Борбордук Азиянын чөлүнүн ысык абасын тосуп турат. Күндүн жаркырап туруусу орточо жылдык узактыгы 2880 саатка чейин жетет, ал эми Крымдын курортторунда ал орточо 2250–2440 саатка барабар. Көлдө суу туздуу, анын жалпы минерализациясы 6,02 г/кг барабар, башкача айтканда деңиз суусунун туздуулугунан калышпайт. Көл булуңдагы, жээктеги жана суу астындагы дарылоочу ылайлардын кендерине бай.

Туризмди жана эс алууну өнүктүрүү үчүн бай өсүмдүк дүйнөсү, таза тоо абасы, абдан жакшы кумдуу пляж, кымыз менен дарылай турган санаториясы, дарылоо–ден соолукту жакшыртуучу ылайлары, ат үстүндө эс алуу же уулоо капчыгайлардын кооз жерлеринде жөө жүрүштөрдү уюштуруу, балык уулоо, кайыкта, катерде эс алып жүрүү, киринүү, күнгө күйүү– булардын бардыгы адамдын ден соолугуна жагымдуу таасирин тийгизет. Ысык–Көлдүн жээгинде 600 миң туристи кабыл алууга мүмкүнчүлүгү бар, жалпы орундун 70%ын түзгөн 170ден соолукту чыңдоочу жайлар (санаториялар, пансионаттар, эс алуу үйлөрү) жайгашкан. Пансионаттар жана жеке секторлор бир эле мезгилде бир күндө 30,0 миң адамды кабыл алууга мүмкүнчүлүгү бар. Ысык–Көлдө

курорттук сезон 2,5 айга созулат. Эгерде 2005–жылы ден соолук чыңдоочу жайларда жана туристтик базаларда 400,0 миң адам эс алса, 2013–жылы 2,5 миллиондон ашык адам эс алган же 6,7 эсеге көп. Ысык–Көл областында 160 курорттук–ден соолукту чыңдоочу жай бар. Пансионаттардын көпчүлүгү Бостери, Кара–Ой, Сары–Ой айылдарында жана Чолпон–Ата шаарында жайгашкан. Пансионаттарды Кыргызстандын, Казакстандын жана Орусиянын туристтик компаниялары жана физикалык жактары активтүү колдонушат.

Туристтик сезондун убагында казакстандык, өзбекстандык жана орусиялык эс алуучулар үчүн чек араны кесип өтүүнүн жөнөкөйлөөштүрүлгөн тартиби иштейт. Албетте, эс алууну жана өздөрүнүн ден соолугун чыңдоону каалоочуларды баа саясатынын маселелери кызыктырбай койбойт. Ошондуктан бардык пансионаттарга жана туристтик базаларга бааларды көтөрбөөнү, туристерди массалык түрдө тартуу үчүн, аларга болушунча жакшы шарттарды түзүүнү өкмөт тарабынан сунушталган.

Практика көрсөткөндөй, июндун аягында пансионаттардын туристтерге толтурулушу орточо 25–35 %ды түзөт, ал эми калган жай айларда 70 %. Эс алуучулардын түзүмү төмөндөгүчө: 55–60%ы кыргызстандыктар, 30–40%ы казакстандык эс алуучулар, 10%ы өзбекстандыктар жана орусиялыктар.

Ысык–Көлдүн түштүк жээги– бул уникалдуу дарылануучу туздуу көл, автотуристтер үчүн жөн эле табылга, антени алар машинадан чыкпай туруп эле жаратылыштын табигый кооз көрүнүшүнө күбө болушат. Көл жээгинин эң негизги байлыгы– абрикос өрүк токойу. Мындан оор жүк көтөрүүчү фургондор өрүк чогултуп Казакстан жана Орусия рынокторуна ташышат.

Пансионат "Утестин" кароочу аянтынан көгүлтүр көл тегиздигинин укмуштуудай панорамасы ачылып турат, айрыкча күн батаарда. Атап айтканда мындай кооздукка, тейлөөчү сервистердин жоктугуна карабастан европалык жана скандинавиялык өлкөлөрдөн көптөгөн интуристер келишет.

Азыркы учурда Ысык–Көлдүн 10дон ашык пансионаттары конокторду кабыл алышы жана эл аралык конференцияларды, семинарларды жыл бою өткөзүшү мүмкүн. Башка сөз менен айтканда конокторду күнү бою кабыл алуу үчүн 3,0 миң койка–орун бар, бул көрсөткүч келечекте 10,0 миң орунга жетет. Мындан

тышкары Ысык–Көлдүн жээгинде биринчи класстагы төрт туристтик комплекс курулуп жатат. Алардын бири ишке берилди– бул конокторду бардык тиешелүү шарттары менен кабыл ала турган 115 орундуу VIP– комплекс “Ак–Марал”. Дагы бир пансионат 48 VIP–коттеджери жана күнү–түнү иштей турган мейманкана комплекси менен курулууда.

2013–2017–жылдары “Борбордук Тянь–Шань” тоолорунда өзгөчө кайтарылуучу жаратылыш аймактарын камтуунун жана башкаруунун натыйжалуулугун жакшыртуу” долбоору кабыл алынган. Бардыгы болуп 187 гектарга барабар. “Хан–Теңгри” деп аталган мамлекеттик жаратылыш паркын түзүү менен аны “Сарычат–Ээрташ” мамлекеттик коругу менен байланыштырып, региондогу биологиялык ар түрдүүлүктү сактоо, ак–илбирс сыяктуу жапайы жаныбардын миграциялык жолдорунун туруктуулугуна ыңгайлуу шарттарды түзүү, илимий жана экологиялык туризмди турмушка ашыруу үчүн ПРООН–1,6 млн. доллар, жапайы жаратылыштан дүйнөлүк кору жана АКШнын эл аралык өнүктүрүү агенттигинин ар бири 250 миң доллардан, ГЭФ–950 миң доллар, ал эми курчап турган чөйрөнү коргоо жана токой чарбасы агенттиги 2866 миң АКШ долларын бөлө турганы каралган.

**Чүй туристик–курорттук району** республиканын түндүк батыш бөлүгүндө жайгашкан. Бул жерде туристик объектилер Аламүдүн, Ала–Арча, архитектуралык–архелогиялык комплекстер Бурана, курорт Ыссык–Ата, эски шаардын урандылары Ак–Бешим, Шамшы, Чоң–Кемин, Ак–Суу ж.б. бар. Бул өрөөндө республиканын борбору Бишкек шаары жайгашкан. Туризмдин көптөгөн объектилери (Буранaны кошпогондо– тарыхий–маданий объект болгондуктан) көп функционалдуу, Шамшы– улуттук аң уулоого, ал эми Чоң–Кемин–спорттук–ден соолукту чыңдоочу комплекске жана ат туризмине адистешкен. Чүй региону жагымдуу климатка ээ, дары–минералдык жылуу булактарга, ылайларга, дары чөптөргө бай. Кыш айларында өрөөндө бир катар лыжа тебүү базалары, жайгашкан “Озу–Сай”, “Нооруз” ж.б.

Бишкектин жака четинде Ала–Арча улуттук жаратылыш паркы, альп лагер Ору–Сай, термалдык булагы менен санатория–профилактория “Теплые ключи” жайгашкан. Ала–Арча туристтик аймагы деңиз деңгээлинин 2100м бийиктикте жайгашкан. Бул

жерде дүйнөлүк мааниси бар “Ала–Арча” алпинисттик базасы жайгашкан.

Ал эми Ысык–Ата районунда Ысык–Ата курорту өзгөчө климаттык, саламаттык ресурстары менен айырмаланат. Ысык–Ата курорттук зонада жылуу суунун 50 ашык булагы кездешет. Бул аймакта да мергенчилик тармагы да өнүккөн. Лицензия алуу менен кекилик, кыргоол жана жапайы эчки текелерге мергенчилик кылууга мүмкүндүк берилген.

Чүй өрөөнүнүн баш жагында Күнгөй Ала–Тоо менен же Ала–Тоо ортосунда Чоң Кемин улуттук паркы жайгашкан. Бул жерде да туристтик ар түрдүү маршруттар кездешет. Туризм үчүн стандарттык мейманканалары алиге жокке эсе, бирок бардык шарт менен боз үйлөр тигилип каалаган тамак аштын түрлөрүн түнөп алууга ылайыктуу шарттар бар.

“Ала–Арча” жаратылыш паркы Эл аралык форум иш практикасында жогорку сапаты үчүн “Алтын медаль”ыйгарган, Кыргызстандын уникалдуу коруктарынын бири болуп эсептелинет. Мындай сыйлык менен сыйлоодо корпоративдик жетишкен-диктердин, азыркы технологиянын, инновациялык саясаттын деңгээлин эске алган.

**Нарын обласында** бир топ мөңгүлөр, тоолуу көлдөр Соң–Көл, Чатыр–Көл жайгашкан. Областа 15 орундуу мейманканасы менен “Салкын–Төр” туркомплекси, “Нарын” ЭЭЗдин мейманка-насы, курорттук–рекреациондук комплекс Чоң–Туз” жайгашкан, ошондой эле чет элдик аң уулоочуулар үчүн промыслдык маанидеги турлар бар.

Нарын областы туризм тармагында өркүндөтүү үчүн потенциалдуу мүмкүнчүлүктөрү бар. Бул аймак Улуу Жибек Жолунда жайгашып, История–маданият жана өзгөчө табигый климаттык шарттарга бай. Ошондуктан туризмдин алипинизм, маданият–историялык тур, илимий тур, тренингдер– ат жана жөө раффтинг, тоо жана мергенчилик турлары өнүккөн. Ат–башы районунда тарыхый эстелик катарында Караван сарай “Таш–Рабат”, “Кошой–Коргон” шаарчасы, “Тайлак–Баатыр” мовзалей туристтер үчүн эң кызыктуу.

Туристтердин чоң кызыкчылыгын деңиз деңгээлинен 3500 м. бийиктикте Нарын обласынын Ат–Башы тоо кыркасынын батыш бөлүгүндө жайгашкан “Таш–Рабат” туудурат. Таш–Рабат– бул

таштан жасалган имарат, совет доорунда белгилүү болгон XV к. Караван–Сарай. Ал азыркы Улуу жибек жолунун маршрутунда жайгашкан. Ал аркылуу каравандар Кашкарга жана Фергана өрөөнүнө өтүшкөн. XIII к. экинчи жарымында Мухаммед Хайдар биринчи жолу Таш–Рабатты эске салат. “Трих–и–Рашид” деген кол жазмасында, ал бул тарыхый эстеликти Монголстан башкаруучусу Мухаммед–Хан курган деп эсептейт. Аны менен бирге Таш–Рабаттын таржымалы жөнүндө түрдүү пикирлер бар. Мисалы, И. Валихан 1959–жылы бухаралык Хан Абдулга тиешелүү деп жазып чыккан.

**Талас туристик** району Кыргызстандын түндүк бөлүгүнүн өзгөчөлөнгөн бөлүгүн түзөт.

Аба ырайы чоң континенттүү жайы ысык кургакчыл жана салыштырмалуу кышкы суук менен мүнөздөлөт. Эс алуу жана туризм үчүн Талас, Үч–Кошой, Беш–Таш, Корумду ж.б. суу дарыяларга жана сонун кооз жерлерге бай. Бул жерде “Манас” эпосунун 1000–жылдык майрамы болуп өтүп, туристик комплексти түзүү менен өткөрүлгөн.

Келечекте ички жана эл аралык туризмдин дагы өнүгүүсү үчүн инфраструктураны түзүү керек: Рекреациондук обьектилердин материалдык–техникалык базасын бекемдөө, орто жана кичи туристик топтор үчүн мейманкана тармактарын, кафе, ресторандарын куруу, жөө жана аттуу туристтер үчүн келечектүү маршруттарды иштеп чыгуу ж.б.

Талас аймагы алыскы жана жакынкы чет өлкөлөрдүн мергенчилик сүйүүчүлөрү үчүн көптөгөн кызыгууларды арттырат. Туристтерди кызыктыруучу обьектилер катары кийиктер жана Марко Поло аркарлары саналат.

**Ош туристик** аймагы 83 туристик аймакчаларга ээ, алар Польша, Германия, Литва, Орусия, Украина жана башка өлкөлөрдүн турист–альпинистери чогулуп туруучу Чия–Устун үнкүрү, Ленин чокусу, “Ачык–Таш” альплагери. Чет элдиктер үчүн Ленин чокусуна саякаттоо 1 адамга 450 дон 750 долларга чейин айланат. Каражаттардын аз үлүшү казак же өзбек турфирмаларына тиешелүү.

Күн сайын сыйынуучулар үчүн Сулайман–Тоосусу көбүрөөк кызыгууларды арттырат (б.з.ч. 2 мин жыл). Бул Кыргызстандагы эң белгилүү тоо.

Эртен менен саат жети–сегиздерде биринчи сыйынуучулар пайда болот, бул негизинен келгин кары курактагы адамдар. Тоонун түбүнөн анын бийиктигине чейин бары 165м. болгонуна карабай, күндүн ысыктыгына жараша жогору көтөрүлүү кыйындай берет.

Бир күндө 300–400 кем эмес, кээде миңден ашык адам келип кетет. Жакынкы өлкөлөрдөн гана эмес, Европа, Америка жана араб өлкөлөрдөн туристер келип кетишет. Мында айтылгандай, тоонун башына көктөн Соломон (Сулайман) пайгамбар түшүп, намаз окуган. Ташта пайгамбар сыйынып отурган жана чөгөлөгөн издин орду калгандай издер бар.

Кийинчерээк тоонун кырына Бабур башкаруучу, биригүү ниетинде кудайдын үйүн курдурган. Атеизм жылдарында тарыхый эстелик үрп–адаттардын зыян булагы катарында талкаланган.

Сулайман–Тоосун элде экинчи Мекке деп айтышат. Тоонун көп бөлүгү Улуу жибек жолунун улуттук музейин жана коруктарын түзөт.Тоодо турмуш кечтин түшүшү менен токтолот. Сулайман–Тоосу коноктор кайрадан эртең менен тосуп алуу үчүн коштошот.

Ош аймагы аркылуу археологиялык–архитектуралык комплекс Өзгөнгө (XI–XIIкк.) жана архитектуралык комплекс Шах Фазилге (X–XIIкк.) учуроо менен Улуу жибек жолунун каттамы өтөт. Туризмди экономиканын алдынкы тармагына айландыруу учун Улуу жибек жолу докторинасын колдонуу абдан маанилүү.

Улуу жибек жолу аркылуу туризмди жандандыруу үчүн Бишкек–Ош, Бишкек–Нарын–Торугарт, Бишкек–Балыкчы–Каракол, Ош–Эркештам автомагистралдарын реконструкциялоо чоң мааниге ээ. Бардык бул каттамдар толугу менен Улуу жибек жолунун негизги каттамына топ келет. Туристтердин саякатын бул автотрасса боюнча уюштуруу туризмдин негизги киреше булактары болуп калышы мүмкүн. Бул жагдайда жол сервистеринин объектилерин, мейманканаларды, акы төлөнүүчү авто унаа токтотуу жайларын, коомдук тамак аш пункттарын куруу негизги мааниге ээ.

**Баткен туристтик аймагы**. Мында 33 археологиялык архитектуралык, Кудаяр хандын сепили, Искендер чокусу, Исфана эски шаарчасынын калдыктары, Айгүл–Таш коругу, 4–альптурзонасы жана Ак–Суу Дугаба альплагери сыяктуу тарыхый

объектилери жайгашкан. Аска таштагы сүрөттөр, жазуулар жана үңкүрлөр абдан көп кездешет. Бул жайлардын бардыгы туризм үчүн чоң кызыгууну жаратат.

**Жалал–Абад туристтик аймагы**. Бул аймактын табияты ар түркүн жана жомоктогудай кооз. Бул жерде кар баскан кырка тоолор, гүлдөгөн бактар жана жүзүм зарлар, ийне жалбырактуу жыгач токойлору, укмуштуудай арчалар, тяньшань карагайынын токойлору, шаркыратмалар, чычырканак токойчолору, бөрү карагаттар, ит мурундар өсөт. Аймакта жашы үч миң жылдан ашкан Арсланбап, Кара–Алма жаңгак токойлору, токой ландшафтуу жана тоо менен курчалган Сары–Челек экологиялык борбору жана ошол эле ат менен аталган кооз көлү жайгашкан.

Деңиз денгээлинен 975м бийиктикте, Аюб–Тоонун батыш капталында, шаардан 3 чакырым алыстыкта жайгашкан Жалал–Абад курорту туристтердин эң чоң кызыгуусун арттырат. Тейлөө кызматтары менен эле бирге ашкана, жайкы кинотеатр, солярийюм, ылай менен дарылануучу жай, сүзүү үчүн 2 бассейн, 20 ванналык бальнеологиялык корпус, оорулуулар үчүн котеж тибиндеги 14 үйчө, 200 орундуу имарат жайгашкан.

Жалал–Абад курортунда жана анын айланасында 150гө жакын минералдык булактар чыгат. Алар негизинен дарылоо ванналары үчүн колдонушат, торф ылайлары дарылоо фактору болуп саналат.

Демек, республиканын туристтик аймактарында биздин тарыхыбыздын эң көрүнүктүү объектилерин жолуктурууга болот. Алардын ичинде архитектуралык эстеликтер, коруктар жана башка кызыктуу, адамды өзүнө тартуучу жайлар көп кездешет. Бардык архитектуралык ыйык жерлер дүйнөлүк маанидеги к маданият эстеликтер катарында ЮНЕСКОдо катталууда.

## §5. Кыргызстанда туризм тармагын өнүктүрүүнүн мүмкүнчүлүктөрү жана келечеги

Кыргызстан туристик өлкө катары чет өлкөлөр үчүн алигиче тааныла элек. Туристтик формалар Кыргызстан туризмдин жергеси деп толук жана жетиштү түрдө, финансылык каражаттардын жетишисиздигинен жакшы көрсөтө алышпайт. Бул жагдай жеке эле туристтик фирмалар эмес, мамлекеттик уюмдар менен иштеши

зарыл. Бул жагдайда демөөрчүлөрдүн жана Кыргызстан боюнча жарлык маалымат сайтын күчөтүү зарыл. Мындан тышкары, Кыргызстанда жүрүп туруучу “Кийиз”, “Кол өнөрчүлүк”, “Карагат”, “Кыргызстан алмасы” жана башка ушул сыяктуу жарманкелерди уюштуруу туризмди дагы өнүктүрүүгө көмөк түзмөкчү.

Келекчекте эл аралык туризмди Кыргызстанда өркүндөтүү үчүн туристтик ренреакциондук материалдык–техникалык базасын чыңдоо, инфраструктураларды жакшыртуу, автожолдорду, эс алуу жайларды эл аралык деңгээлдеги стандартка жеткирүү жана суроо–талапка жооп берүүчү, туристтик байланыштарды күчөтүү,иштеген кадрлардын квалификациясын жогорулатуу жана башка иштерди жүргүзүү зарыл.

Кыргыз Республикасынын Улуттук статистикалык комитетинин маалыматы боюнча туристтик кызмат көрсөтүүнүн экспорту деп, Кыргыз Республикасынын аймагында чет элдик атуулдарга көрсөтүлгөн кызматтар эсептелинет. Буларга тамак–аш менен тейлөө, жатаканаларды сунуштоо, акы төлөнүү, унаалар менен камсыз кылуу, маданий эс алуу жана сувенирлер менен тейлөө кызматтары кирет.

Белгилеп кете турган чет элдик туристтер Кыргызстан жөнүндө аз жана жеткиликсиз маалымат алышат. Жарыя жарнамалардын жетишсиздиги, туристтик фирмалардагы тейлөө жогорку деңгээлде уюштура албагандыктары, жана алардын материалдык–техникалык базаларынын өнүкпөгөндүгү байкалат. Көпчүлүк туристтик фирмалардын материалдык–техникалык базалары 25–50 миң АКШ доллары менен бааланат. Фирмалардын 60%ынын гана жеке менчик офистери бар. Ошого карабастан Кыргызстанга туристтерди төмөнкү тармактарда тейлөө жүргүзүлөт:

- курорттук рекреациондук;
- тоо–эс алуу туризми курамына төмөнкүлөрдү камтыйт: экотуризм, жайлоо туризми, алпинизм, треккинг, рафтинг, тоо чанасы, аңчылык;
- Улуу Жибек Жолундагы тарыхый маданий туризм;
- конференция туризми.

Туризмдин бул түрлөрү, капиталдык салымдарды көп талап кылбайт жана республикада өнүктүрүүгө мүмкүнчүлүктөрү кенен. Кыргызстанда ички туризм өнүкпөй келет. 2008–жылкы республикадагы турагенстволорунун маалыматтарына таянсак, биздин атуулдар чет өлкөлөрдө 250–300 млн. АКШ долларын сарпташууда. Ички туризмдин өнүкпөгөндүгүнүн негизги себеби Ысык–Көлдүн тегерегинде жана Ош облусунда канча адамга ылайык жагдайлар жөнүндө жетишээрлик даражада маалымат жок. Ошондой эле туристтерди зээриктирбөө үчүн көңүл ачуучу комплекстер жетишээрлик эмес.

Туризмди өнүктүрүү үчүн, Бүткүл Дүйнөлүк Туризм уюмунун Steak Road Tourism Promotion Project@ проектиси, Улуу Жибек Жолунда улуттук туристтик агенттиктердин катышуусун камсыз кылууда. Келечекте Кыргызстанда туризм тармагынын багыты катары рекреациондук ресурстар, курорттук эс алуу жайлары болгон Ысык–Көлдү, Соң–Көлдү, Сары–Челекти, Ала–Арча капчыгайын ж.б. аймактарды белгилеп кетсек болот.

Туристук продукт катары Улуу Жибек Жолунда жайгашкан көчмөн калктардын тарыхый маданий мурастары жогору мааниге ээ.Ушунун негизинде Кыргызстанда туризм бизнесин эффективдүү өнүктүрүү үчүн төмөнкү багыттарын белгилей кетсек болот:

- курорттук–рекреациондук туризм же пансионаттарда, санаторийлерде, эс алуу үйлөрүндө эс алуу, негизинен Ысык–Көлдө туристтердин агымы ички жана жакынкы чет өлкөлөргө (Өзбекстанга, Казакстанга жана Орусияга) туура келет. Туристтердин бул агымы, орто кирешелүү катмардын өкүлдөрүү;
- Улуу Жибек Жолундагы туризм, буга негизинен тарыхый маданий жана этнографиялык багыттагы маршруттар туура келет. Туризмдин бул түрү транзиттик мүнөзгө ээ. Кыргызстан аркылуу жакынкы чет өлкөлөрдө (Өзбекстандын, Казакстандын, Түркменстандын жана Кытайдын) туристери эс алса болот. Туризмдин бул түрүнө жогорку муундун өкүлдөрүже болбосо туруктуу киреше ээлери туура келет;
- тоо–көңүл ачуу туризми, альпинизм, треккинг, ат туризми, рафтинг, аңчылык, ошондой эле фаунаны жана флораны, географияны, археологияны, геологияны ж.б. изилдөө. Туризмдин бул тармагы өнүккөн өлкөлөргө туура, айрыкча АКШдан, Батыш

Европадан, Япониядан, Түштүк Кореядан ж.б. өлкөлөрдөн туристтердин агымына туура келет. Мисалы, Борбордук Азия Университети мамлекеттин туризм агенттиги менен биргеликте Нарын шаарында үзүлтүксүз профессионалдык билим берүү мектебин уюштурушкан. Бул мектепте атайын курс иштелип чыгып, Соң–Көл жана Таш–Рабат аймагындагы жайлоо туризмин өнүктүрүүгө, боз–үйдө тейлөөчүлөргө, кымыз менен даарылоону сунуштагандарга кызмат көрсөтүүнү жогорку деңгээлде уюштурууга багытталган.

Борбордук Азия Университети Нарын облусунда экология-лык туризмдин өнүгушүнө көңүл бөлүүдө жана кошумча иш орундарын камсыз кылууда. Бул аймактагы баалуу флора жана фауналар, мөңгүлөр, тоо көлдөрү жана шаркыратмалары, тез аккан дарыялары, терең капчыгайлары, ашуулары, археологиялык табылгалары, Таш–Рабат архитектуралык эстелиги, Кошой–Коргон эски уранды шаардын орду, салттык эмес туриздмин треккинг түрүнө, идеалдуу жана таанууга ылайыктуу аймактар болуп эсептелет.

Туристтик кызматтарды өнүктүрүү үчүн төмөнкү мүнөздөгү көйгөйлөр кездешет. Инфраструктураны өнүктүрүү, кадрларды даярдоо, кызмат көрсөтүүнүн сапатын жакшыртуу жана анын коопсуздугун камсыз кылуу, маркеттинг, тармактын артык-чылуугу, визалык жөнгө салуу, административдик тоосколдуктар, экология маселелери ж.б. көйгөйлөр.

Бул көйгөйлөрдү кароо үчүн төмөнкү маселелерди чечүү абзел:

- Кыргызстанды туризм өлкөсү катары кабыл алуудагы кетирилген кемчиликтерди эске алуу;
- мыйзамдык базаны өркүндөтүү, визалыкты жөнгө салуу;
- ыңгайлуу инвестициялык шарттарды түзүү же инвесторлорго салыктык жеңилдиктерди берүү;
- өлкө аймагында туризмди өнүктүрүү үчүн күнүмдүк колдоо көрсөтүү;
- туристтик ишмердикти сертификациялоо жана лицензиялоо;
- туризм тармагындагы бирдиктүү маалыматтык талааны түзүү.

Сүрөт 5. **Кыргыз Республикасындагы туризмди өнүктүрүүнүн негизги көйгөйлөрү.**




Кыргызстандагы туризм тармагын өнүктүрүү максаты катары, жогорку рентабелдүү атаандаштыкка жөндөмдүү экологиялык жана социалдык багыттагы туристтик индустрияны түзүү менен бирге, Кыргызстанга кирешени алып келүүчү туристтик кызмат көрсөтүүлөрдү (тартылууну) камсыз кылуу болуп эсептелинет. Бирок учурдагы пансионаттардын, санаторийлердин материалдык–техникалык базасынын 80%и реконструкциялоого жана модернизациялоого муктаж. Материалдык жана моралдык кызматтары көрсөтүүнүн төмөнкү денгээли, эс алуучулардын кызыгуусун арттырбайт. Туристтерге ар түрдүү туристтик кызмат көрсөтүүлөрдү уюштуруу үчүн, аны тейлөөчү кадрларды даярдоо жана кайра даярдоо үчүн алардын адистик деңгээлин көтөрүү, республикалык жана эл аралык мүнөздөгү семинарларды системалык өткөрүү зарыл. Мисалы, Республикалык туристтик уюмдар, эл аралык уюмдар менен биргеликте, Хельветас, ТАСИС, КАТОС, ГТЦ, ЛЦА, ПРАГМА, ВТО, СПС ж.б. менен биргеликте туризм чөйрөдөгү мамлекеттик

жана жеке менчик структуралары үчүн кадрларды даярдоо жана алардын квалификациясын жогорулатуу демилгелери ишке ашырылып келүүдө.

Республикабызда туризм тармагын эффективдүү өнүктүрүү үчүн, туристтик объектилерди, мейманканаларды куруу жана реконструкцияло, транспорттук коммуникацияны, байланыш каражаттарын өнүктүрүү, авто унаа коюучу, коомдук тамактануучу жана басма продукцияларды сатуучу жайларды, ошондой эле гидэкскурсоводтордун кызматтарды өркүндөтүү керек. Булардын бардыгы чоң өлчөмүндөгү мамлекеттик бюджеттен, жана жеке капиталдык инвестицияны талап кылат. Бирок бул чыгымдар келечекте Республикага чоң кирешелерди алып келет.

Өлкөнүн стратегиялык өнүгүүсүндө, туризм индустриясын өнүктүрүү үчүн төмөнкүдөй маселелер коюлган:

- ички жана чет элдик инвестицияларды тартууда мейманканаларды модернизациялоо (2–3 жылдыздуу), анын ичинен кичи мейманканаларды;
- туруктуу өнүктүрүүнүн принциптеринин негизинде, артыкчылык туристтик рекреациондук аймактарды түзүү;
- негизги туристтик аймактарга жолдорду куруу жана реконструкциялоо;
- улуттук мейманканалар комплексин, негизинен маданий тарыхый мурастардын базасында куруу;
- тейлөө кызматтарынын стандарттарын мамлекеттик классификациясынын негизинде өркүндөтүүнү түзүү;
- миграциялык коопсуздукту камсыз кылбаган өлкөлөрдөн келген туристтерге визалык стратегияны жүргүзүү;
- социалдык туризмди өнүктүрүүгө шарттарды түзүү;
- республикалык жана чет өлкөлүк массалык маалымат каражаттарында жогорку деңгээлдеги жарнамалык, маалыматтык компанияларды уюштуруу ж.б.

Жыйынтыктап айтканда, жогорууда көрсөтүлгөн иштерди иш жүзүнө ашыруу жана эффективтүү туристик тармакты уюштуруу, келечекте республиканын экономикасынын өсүп–өркүндөшүнө чоң өбөлгө түзүлмөк.

# БАП XIV

# ӨТКӨӨЛ МЕЗГИЛИНИН ШАРТТАРЫНДА БЮДЖЕТ ЖАНА КАРЖЫ САЯСАТЫ ЖАНА АНЫН МААНИСИ.

## §1. Рынок мамилелеринин шарттарында мамлекеттик бюджеттик саясаты жана анын экономикадагы ролу(мааниси).

Кандай гана коом болбосун, анын экономикалык структурасы (түзүмү) мамлекет менен өндүрүштүк структуралардын, мамлекет менен калктын түрдүү катмарларынын жана ошондой эле региондор менен мамлекеттин ортосундагы акча каражаттарынын агымы туура уюштурулбаса иштеп кете албайт. Каржы байланыштары түрдүү деңгээлдеги бюджеттерин, камсыздоо фонддорун, мамлекеттик валюта резервдерин, ишканалар менен фирмалардын акча фонддорун жана башка акча фонддорун өзүнө камтыган каржы системасы аркылуу ишке ашырылат.

Кандай гана мамлекет болбосун, анын каржы системасында негизги орунду бир жылдык каржы планы деп аталган бюджет ээлейт. Мамлекеттик бюджет өкмөттүн карамагындагы ири акча фондусу. Ага кирген уюштуруу түзөмүнүн жыйындысы бюджеттик системаны түзөт. Ал социалдык–экономикалык, укуктук, административдик өзгөчүлүктөрдүн жыйындысын эске алуу менен түзүлөт.

Ар кайсы өлкөнүн бюджеттик системанын түзүмү, анын мамлекеттик түзүлүшүнө жараша болот. Унитардык өлкөлөрдө бюджеттик система мамлекеттик жана жергиликтүү бюджетке бөлүнүп эки катмарлуу түзүлүшкө ээ. Ал эми федералдык мамлекеттик өлкөлөрдө (АКШ, ГФР, Орусия федерациясы) бюджеттик системанын курамына штаттардын, жердин, федерация субъектилеринин бюджети кошумча кирип, бюджеттик системада ортомчо звено пайда болот. Бюджеттик системасы аркылуу бюджеттик бөлүштүрүүчү жана көзөмөлдөөчү функциясы ишке ашат. Бөлүштүрүүчү функция түрдүү каналдар аркылуу келип түшкөн акча каражаттарын мамлекетте топтоону жана аларды мамлекеттин максаттарын жана функцияларын аткаруу үчүн колдонууну көздөйт. Көзөмөлдөө функциясы экономиканын түрдүү структуралык звенолорунда акча каражаттарынын түзүлүү

жана колдонуу процесстерин көзөмөлдөөгө багытталган. Аны салык инспекциялары, каржы полициясы, мамлекеттик казначей, улуттук банк жана башка органдар ишке ашырат.

Мамлекеттик бюджет мамлекеттик аппаратты, куралдуу күчтөрдү, саламаттыкты сактоону, билим берүүнү, социалдык төлөмдөрдү кармоо үчүн өкмөттүн акча ресурстарынын борбордук фондду түзөт. Бюджет– бул өлкөнүн экономикасын мамлекеттик жөнгө салуунун, чарбалык конъюктурага таасир этүүнүн, аны стабилдештирүүнү ишке ашыруунун күчтүү рычагы. Мамлекеттин экономикага таасир этүүсү каржылоо, трансферттер менен субсидияларды берүү жана башка жолдор менен ишке ашат.

Азыркы замандагы мамлекеттин бюджети:

- түрдүү топтордун, партиялардын социалдык– экономикалык кызыкчылыктарынын өз ара катышынын компромиссин чагылдыруучу татаал, көп пландуу инструмент. Мамлекеттик бюджеттин жардамы менен салыктарды бөлүштүрүү, бюджеттик дотациялар, трансферттер аркылуу региондордун борборлоштурулган жана жергиликтүү кызыкчыларын айкалыштыруу ишке ашат. Саясий документ катары бюджет коомдун саясий жана социалдык өсүшүн (динамикасы) чагылдырат.

Жергиликтүү бюджеттер– жергиликтүү администрация бийликтеринин бюджеттери. Өндүрүштүн татаалданышынын, ИТПнын өсүшүнүн таасиринин негизинде өлкөлөрдө жергиликтүү бийлик органдарынын таасирлик тенденциясы барган сайын өсүп жатат. Булардын бардыгы жергиликтүү бюджеттердин үлүшүнүн, маанисин жана кадыр баркын күчөтүүдө.

Бюджетке максаттуу багыттарга колдонуучу түрдүү бюджеттик эмес фонддор же акча каражаттары да кирет. Алар сандын курамы боюнча бюджеттин курамын дайыма эле толтура бербейт. Бирок бөлүштүрүү жана колдонуу принциптери боюнча, алар мамлекеттик бюджеттик чыгымдары менен бирдей. Алар борбордук жана жергиликтүү бийликтин карамагында болуп, белгилүү бир максаттуу фонддордо топтоштурулат. Булар атайын салыктардын, траснфертен, бюджеттик субсидиялардын эсебинен түзүлгөн пенсиялык фонддор, бюджеттик эмес фонддор жана башкалар.

Өткөөл мезгил Кыргызстандын мамлекеттик каржы системасына, бюджеттик саясатына бир канча өзгөрүүлөрдү алып

келди. Өзгөрүүлөр рыноктук мамиледеги өнүккөн өлкөлөрдүн каржы системасын изилдеп колдонуу жаңылануулар менен коштолуп турду. Мунун бардыгы улуттук кирешени, ички дүң продукцияны бөлүштүрүү жана кайра бөлүштүрүү механизминин, кайталап өндүрүү, республикалык каржы ресурстарын түзүү жана колдонуу процесстерине мамлекеттин тийгизген таасиринин өзгөрүүсүнө алып келди.

Кыргызстан өз алдынча, эркин мамлекет катарында рынок экономикасынын, ишкердүүлүк менен менчик сектордун өнүгүү-шүнүн талаптарына жооп бере турган бюджет системасын өз алдынча түзө баштады. Ошондуктан өткөөл мезгилдин шарт-тарында республиканын бюджети төмөндөгүдөй жаңы өзгөчүлүктөргө ээ болду:

- бюджет мамлекет тарабынан эл чарбасынын түрдүү тармактарына активдүү таасир көрсөтүүчү негизги экономикалык рычаг болуп калды;
- бюджеттин түзөмүндө чыгымдардын жаңы түрлөрү пайда болду, алар армияны кармоо, согуштук техникалар менен жабдууларды сатып алуу, офицерлер менен солдаттардын курамын окуп үйрөтүү жана аларды кайра даярдоо;
- республиканын дипломатиялык кызматын уюштуруу бюджеттик чыгымдарын негизги статьясы болуп калды;
- экономиканын артыкчылык жана стратегиялык тармак-тарын, ишканаларын өнүктүрүүгө багытталган чет элдик инвести-циялар үчүн бюджеттин эсебинен мамлекеттик гарантияларды берүү;
- мамлекеттик аппаратты жана башка кызматтарды, коомдук тартипти жана коопсуздукту сактоого кеткен бюджеттик чыгымдардын кескин көбөйүшү;
- социалдык тармактарга (билим берүүгө саламаттыкты сактоого, пенсияга, пособияларга жана башка) кеткен бюджеттин чыгымдардын алда канча кыскарышы ж.б.

Мамлекеттик бюджет каржы системасынын борбордук звеносу болуп эсептелинет да, анда каржы институттары, чыгашалар жана кирешелер, насыялар боюнча мамлекеттик карыздар жана башкалар бири–бири менен тыгыз байланышта болот. Мамлекеттик бюджетте каржы системасы аркылуу кайра

бөлүнүүчү бардык каражаттардын 40 пайыздан 60%га чейинкиси топтолот (аккумуляцияланат). Рыноктук мамилелерге өтүү менен бюджеттин ролу (орду) жана функциясы каржы чөйрөсүндө гана өспөстөн, экономикада, социалдык жана өндүрүштүк тармактарда да өсөт. Ушул себептен бюджет экономикалык жана социалдык саясаттын негизги инструментти болуп калды. Мамлекеттик бюджет аркылуу ишкерлердин ишмердүүлүгү, жумушсуздук, капиталдардын рыногу жана керектөө товарлары жөнгө салынып турат.

Пландык башкаруу инструменттери катары мамлекеттик бюджет коомдук өндүрүштүн тармактык жана территориялык түзүмүн жөнгө салууда активдүү таасирин тийгизет. Экономиканы башкаруунун бюджеттик рычагы качан гана бюджеттин байланышы ар түрдүү болгондо, качан гана экономиканын өнүгүү талаптарына жооп бергенде, качан гана өлкөдө чечилүүчү милдеттерди ишке ашыруу үчүн жакшы жана ыңгайлуу мүмкүнчүлүктөр, шарттар түзүлгөндө натыйжалуу иштейт.

Демек, бюджеттик саясат экономикалык өнүгүүнүн туруктуу комплекстик негизин түзүүгө жана жарандардын материалдык жана руханий жактан жыргалчылыгын камсыз кылууга багытталган.

Кыргыз Республикасынын бюджеттик системасы өлкөнүн мамлекеттик бюджетине кошулуучу республикалык жана жергиликтүү бюджеттерден түзүлөт.

Мамлекеттик бюджеттин түзүмү (структурасы) төмөндөгүчө:

- республикалык бюджет;
- жергиликтүү бюджет.


Республикалык бюджетти Кыргыз Руспубликасынын Өкмөтү түзөт жана аткарат. Жергиликтүү бюджеттер жергиликтүү мамлекеттик администрация, жергиликтүү өзүн-өзү башкаруу органдары жана айыл округтары тарабынан түзүлүп аткарылат.

Республикалык бюджетти Жогорку Кеңеш карайт жана бекитет, ал эми жергиликтүү бюджетти жергиликтүү Кеңеш чечет.

Республикалык бюджетти ошондой эле жергиликтүү бюджетти да түзүүнүн, кароонун, бекитүүнүн жана аткаруунун тартиби «Кыргыз Республикадагы бюджеттик укуктун негизги принциптери жөнүндө»– деген Мыйзам менен аныкталат, мындан

тышкары тартибин аныктоодо Кыргыз Руспубликасынын башка мыйзамдары жана республикалык мыйзамдардын чегинде тиешелүү Кеңештердин чечимдери колдонулат.

Сүрөт 6. **Кыргыз Республикасынын бюджеттик системасы**




Бюджеттик система төмөндөгү принциптерге таянат (негизделет):

- бюджеттик системанын бирдиктүүлүгүнө;
- бюджеттик системанын дэңгээлдеринин ортосундагы киреше жана чыгашаны чектөө;
- бюджеттик системанын өз алдынча болушу;
- бюджеттин, мамлекеттик бюджеттик эмес фонддордун бюджеттеринин киреше жана чыгашаларын толук чагылдыруу;
- бюджеттин теңдемдүүлүгү (балансы);
- бюджеттик каражаттарды колдонуунун натыйжалуулугу жана үнөмдүүлүгү;
- бюджеттин чыгымдарын жалпылап (биргелешип) жабуу;
- ачыктык жана маалымдуулук;
- бюджеттин тактыгы жана аныктыгы;
- бюджеттик каражаттардын даректүүлүгү жана максаттуулугу.

Бюджеттик системанын биримдик принциби укук базасынын, акча системасынын, бюджеттик документтердин формасынын бирдиги, бюджеттик мыйзамдуулуктун бузулушуна карата

бүтүмдөрдүн бирдей болушу, ошондой эле бюджеттик чыгымдарды каржылоо тартибинин бирдиги. Бюджеттик системанын бардык деңгээлдеринин бюджеттик чыгымдарын каржылоо жолдорунун, мамлекеттик бюджеттин, КР субъектилеринин бюджеттеринин, жергиликтүү бюджеттердин каражаттарынын бухгалтердик эсебин жүргүзүүнүн биримдиги түшүндүрөт.

Бюджеттик системанын деңгээлдеринин ортосундагы киреше жана чыгашаны чектөө принциби тиешелүү кирешенин түрлөрүн (толук же жарым–жартылай) жана КР республикалык бийлик органдарына, анын субъектилерине, жергиликтүү өзүн–өзү башкаруу органдарына бюджеттик чыгымдарды ишке ашыруу боюнча ыйгарым укукту бекитүүнү түшүндүрөт.

Бюджеттик системанын өз алдынчалык принциби:

- бюджеттик процессти мамлекеттик бийликтин мыйзам чыгаруу органдарынын, жергиликтүү өзүн–өзү башкаруу органдарынын бюджеттик системанын ар бир денгээлинде өз алдынча ишке ашыруу укугу;
- ар бир деңгээлдик бюджеттик кирешелеринин жеке менчик булактарынын болгону;
- тиешелүү бюджеттерин түзүү боюнча ыйгарым укуктарын, жөнгө салунуучу бюджеттик кирешелерди мыйзамга ылайык бекитүү;
- мамлекеттик бийликтин, жергиликтүү өзүн–өзү башкаруу бийлик органдарынын мыйзам ченемге ылайык өз алдынча тиешелүү бюджеттик каражаттарды чыгымдоонун багыттарын, тиешелүү бюджеттик таңсыктыктарды каржылоо булактарын аныктоо укугу;
- бюджет жөнүндө мыйзамдын аткарылышынын негизинде, бюджеттин чыгашасынан кирешесинин артып кылышын жана бюджеттик чыгымдар боюнча үнөмдөөдөн кошумча алынган кирешелердин кайтарып алууга жол бербөө;
- мыйзамда аныкталган учурлардан тышкары, бюджет жөнүндө мыйзамдардын аткарылышы жүрүшүндө пайда болгон кирешелердеги жана кошумча чыгымдардагы жоготууларды башка деңгээлдин бюджеттеринин эсебинен толуктоого жол бербөө.

Бардык мамлекеттик жана муниципалдык чыгымдар Кыргыз Республикасынан бюджеттик системасында топтолгон бюджеттик

жана бюджеттик эмес фонддордун каражаттарынын эсебинен каржыланат.

Бюджеттин теңдемдүүлүгү (баланстык) принциби бюджетте каралган чыгымдардын көлөмү бюджеттик жана анын тартыштыгын каржылоо булактарынан түшкөн акча каражаттарынын жалпы (суммардык) кирешелеринин көлөмүнө туура келүүсүн түшүндүрөт. Бюджетти түзүп, бекитип жана аткарып жатканда ыйгарымдуу органдар бюджеттик тартыктыш көлөмүн минималдаштыруусу зарыл.

Бюджеттик каражаттарды колдонуунун натыйжалуулугу жана үнөмдүүлүгү принциби бюджеттерди түзүүдө жана аткарууда ыйгарымдуу органдар жана бюджеттик каражатты алуучулар бюджеттик каражаттын белгилүү бир көлөмүн колдонуп эң мыкты жыйынтыктарга жетишүүсү же каражаттардын эң аз көлөмүн бюджеттик чыгымдарга жумшоо менен көздөгөн жыйынтыктарга жетүү керек экендигин түшүндүрөт.

Бюджеттик чыгымдарды жалпылап (биргелешип) жабуу принциби бардык бюджеттик чыгымдар бюджеттик кирешелердин жалпы суммасы жана анын тартыштыгын каржылоо булактарынан түшкөн каражаттар менен жабылышы керек экендигин түшүндүрөт. Кирешелер жана түшкөн акчалар максаттуу бюджеттик фонддордон, ошондой эле башка деңгээлдеги бюджеттердин каражаттарын борборлоштурулгандан тышкары бюджеттин белгилүү бир чыгымдары менен байланышта болуусу мүмкүн эмес.

Ачыктык жана маалымдуулук принциби бекитилген бюджеттер, алардын аткарылышы жөнүндөгү отчеттор сөзсүз түрдө басмаканалардан басып чыгарылышын, бюджеттердин аткарылышынын жүрүшү жөнүндө маалыматтардын толуктугун, башка маалыматтардын жетиштүүлүгүн; коом жана массалык маалымат каражаттары (ММК) үчүн бюджеттердин проектиси боюнча, анын ичинде мамлекеттик бийлик өкүлдөрүнүн органдары менен аткаруу органдарынын ортосундагы келишпөөчүлүктөр же бийлик өкүлдөрүнүн органдарынын ич–ара келишпөөчүлүккө алып келүүчү маселелер боюнча сөзсүз түрдө ачыктыгын түшүндүрөт.

Бюджеттин тактыгы жана аныктыгы принциби тиешелүү территориялардын социалдык–экономикалык өнүгүүшүнүн прогнозунун (болжолунун) көрсөткүчтөрүнүн жана бюджеттин

кирешелери менен чыгашаларынын эсебинин аныктыгынын ишенимдүүлүгүн түшүндүрөт.

Бюджеттик каражаттардын даректүүлүгү жана максаттуулугу принциби аныкталган максаттарды каржылоодо, алардын багыттарын белгилөө менен бюджеттик каражаттарды, алардын алуучуларынын карамагына бөлүнүүсүн түшүндүрөт.

Жыйынтыгында республикада жана анын региондорунда каржыларды уюштуруу өзүн–өзү каржылоо принциптерине таянып түзүлөт. Ар бир бийлик органдардын (республикалык, жергиликтүү) бюджети өз алдынчалыкка ээ болуусу керек. Ошондуктан бюджеттик жөнгө салуунун иштеп жаткан системасы менен мамлекеттик бийликтин түрдүү органдарынын ортосунда кирешелердин булактарын мыйзамдык чектеп бөлүүнүн негизинде бюджеттерди түзүүгө өтүү алдыда турат. Бирок республиканын бюджети өлкөнүн жана региондордун социалдык–экономикалык өнүгүүсүнүн шарттарын теңдештирүүнү көздөйт жана аларга көмөк көрсөтүү максатында түзүлөт. Республикалык бюджеттин бул функциясын жалпы малекеттик фонддорду, башкача айтканда социалдык, инвестициялык ж.б. өнүгүү фонддорун түзүү жолу менен республикалык бюджеттерди кайра бөлүштүрүүнү мыйзамдуу бүткөрүү аркылуу ишке ашыруу биздин оюбузча туура болот.

Бюджеттин структурасы (түзүмү) ар бир өлкөдө өзүнө тиешелүү өзгөчүлүктөргө ээ. Алар улуттук традицияларга, саламаттыкты сактоону жана билим берүүнү уюштурууга гана шартталбастан, негизинен административдик системанын жана экономикалык системанын өзгөчөлүктүрүнө, коргоо тармагынын өнүгүүшүнө, армиянын санына жана башкаларга шартталган.

Бюджеттин кирешелери– мамлекеттик бийлик органдарынын тиешелүү деңгээлинин карамагына мыйзамга ылайык бекер жана кайтарымсыз тартипте түшкөн акча каражаттары.

Бизге белгилүү болгондой бюджеттин киреше бөлүгүнүн негизги булагы болуп рынок мамилелеринин субъектилери эсептелинет, анын ичинен менчиктин түрдүү формасындагы ишканалар чоң үлүшкө ээ болуп, орчундуу ролду ойнойт. Демек, ишканаларга салык салуу төмөндөгү принциптерге негизделиши керек: универсалдаштыруу (дүйүмдөштүрүү), салык төлөөчүлөр үчүн чарба жүргүзүүнүн натыйжалуулугуна карата салык салууда

бирдей талаптарды коюу: прогрессивдүүлүк ишканалардын ишкердүүлүгүн шыктандыруу керек; менчиктин түрдүү формасына, жана салык төлөөчүлөрдүн топторуна карабастан салыктарды эсептеп чыгарууда бирдей мамиле кылуу; салыкты дүң кирешеден эмес таза кирешеден алуу; салык салуунун ставкаларынын (ченемдеринин) туруктуулугун жана салыктын суммасын эсептеп чыгуунун жөнөкөйлүгү. Бардык салыктардын түрлөрүнө салыктын ченемдери (ставкалары) илимий негизделип аныкталышы керек, анткени салыктарды мамлекеттик карамагына топтоп алганда алар ишканалардын өнүгүүсүнө залакасын тийгизбөөсү зарыл.

Бюджеттик кирешелердин түрлөрү: салыктык (республикалык, региондук жана жергиликтүү салыктар топтоолор, ошондой эле айыптар (штрафтар) жана туумдар), салыктык эмес жана максаттуу бюджеттик фондордун кирешелери. Салык кирешелеринен ичинен кошумча нарк салыгы, пайдадан алынуучу салык, түрдүү акциздер негизги орунду ээлейт.

Салыктык эмес кирешелерге төмөндөгү кирешелер кирет:

- мамлекеттик же муниципалдык менчиктеги мүлктөрдү колдонгондон, саткандан жана төлөмдүү ээликтен ажыратылгандан түшкөн кирешелер;
- мамлекеттик же муниципалдык бийлик органдары жана мекемелер тарабынан көрсөтүлгөн төлөнүүчү кызматтардан түшкөн кирешелер;
- жарандык–укук, административдик жана кылмыш жоопкерчилик чараларынын колдонуусунун жыйынтыгынан алынган (штрафтар, конфискациялар, компексациялар, зыяндын ордун толтуруулар) каражаттар;
- каржылык жардам жана бюджеттердин башка деңгээлдеринен алынган бюджеттик ссудалар.

Өздүк кирешелерден тышкары, бюджеттерде жөнгө салынуучу кирешелер бөлүнөт, алар каржы жылына же узак мөөнөттүк негизде субъектилердин бюджеттерине же жергиликтүү бюджетке пайздык ченемдеги чегерүүлөр белгиленген республикалык же регионалдык салыктар жана төлөмдөр (алардын бекителген кирешелерден айырмасы, тиешелүү бюджеттерге толугу менен келип түшөт).

1993–2013 жылдардын мезгилинде бюджеттин киреше бөлүгү 5,0 миллярддан. 101,9 млрд. сомго же 20,3 эсеге өстү. 2010–2013 жылдары эле бюджеттин киреше бөлүгү 2,0 эсеге көбөйдү (69–табл.).

Мамлекеттик бюджеттке келип түшкөн салыктардын көлөмү көрсөтүлгөн мезгилде 3,8 миллиярддан 72,8 млрд. сомго өстү, же болбосо бюджеттин киреше бөлүгүнүн түзүмүндө 75,4 жана 71,1%ды түзөт. Салыктык кирешелердин түзүмүндө кошумча нарк салыгынын (КНС) үлүшү чоң. Алсак 2013–жылы КНС–41,3%, киреше салыгы–8,6%, пайда салыгы–5,8%, бажы пошлинасы–30,2%ды түзгөн.

69– Таблица.**Республиканын мамлекеттик бюджетинин кирешелеринин түзүлүшү жана өсүшү, (млн.сом)**

| **Көрсөткүчтөр** | **1993** | **2005** | **2010** | **2011** | **2012** | **2013** |
|---|---|---|---|---|---|---|
| Млн. сом | | | | | | |
| **Кирешелердин бардыгы** | 5035 | 20368 | 58319,3 | 69237,3 | 77601,1 | 101922,7 |
| **Салыктан түшкөн кирешелер** | 3839 | 16361 | 33122,2 | 46125,2 | 56247,1 | 72842,4 |
| **Салыктан тышкары түшкөн кирешелер** | 868 | 3568 | 3679 | 14144 | 15643 | 19754,8 |
| **Гранттар** | 195,0 | 393,1 | 7518,0 | 8968,1 | 5711,0 | 2325,5 |
| **ИДП карата пайыздарда (%)** | | | | | | |
| **Кирешелер жана гранттарды бардыгы** | 16,4 | 20,3 | 22,2 | 24,2 | 23,7 | 29,1 |
| **Салыктан түшкөн кирешелер** | 12,5 | 16,3 | 15,0 | 16,1 | 18,1 | 20,8 |
| **Салыктан тышкары түшкөн кирешелер** | 2,8 | 3,6 | 9,6 | 4,9 | 4,8 | 5,6 |
| **Гранттар** | 0,6 | 0,4 | 1,8 | 3,2 | 0,8 | 2,7 |

Статистикалык маалыматы: «Кыргызстан цифраларда», «КР социалдык–экономикалык абалы» Б. 2005, 2010, 2014.

2013–жылы бюджет киреше бөлүгү 101,9 млрд. сом, ал эми чыгашасы–64,8 млрд. сом менен бекитилген. Бюджеттик тартыштык 2,3млрд. сомду, же ИДПнын –0,7% түзгөн.

Бюджеттин кирешелеринин келип түшүшүнүн эсебин жакшыртуу жана бюджеттик транспаренттүүлүгүн көтөрүү максатында, ошондой эле Кыргыз Республикасынын Салык кодексине өзгөрүүлөрдү жана кошумчаларды киргизгенге байланыштуу

Кыргыз Республикасынын каржы министрилигинин 30.01.2003 жылкы буйргугу менен кирешелер боюнча операциялардын убактылуу классификациясынын түзүмү бекитилген.

Демек, бюджеттин киреше бөлүгү мамлекеттин каржы ишмердүүлүгүнүн кайсыл жактан, кандай булактардан калыптануусун көрсөтөт.

**Мамлекеттик бюджеттин чыгаша** бөлүгү экономикалык процесстерди өнүктүрүү жана жөнгө салуу үчүн бюджеттен бөлүнгөн акча каражаттарынын (ассигнованияларды) максаттарын жана багыттарын аныктайт. Алар максаттуу жана кайтарымсыз чыгашалар. Максаттуу өнүгүүгө бюджеттен кайтарымсыз бөлүнгөн мамлекеттик каражаттар бюджеттик каржылоо деп аталат. Каржы ресурстарынын чыгымдарынын мындай тартиби, үстөк пайызы кошулуп кайтарымдуулук менен берилген банк кредиттеринен айырмаланып турат. Бюджеттик чыгашаларда белгилүү бир оорунду бюджеттик статьялар ээлеп турат. Алар социалдык дифференциацяны жеңилдеттүүгө багытталган жана квалификация алууга, татыктуу медициналык кызмат көрсөтүүлөргө, гарантияланган пенсиялык камсыздоолорго мүмкүндүк берет.

Чыгаша статьялары мамлекеттик бюджеттин негизги бөлүктөрүнүн бири болуп эсептелинет. Чыгашалар системасы аркылуу улуттук кирешенин бир кыйла бөлүгү кайра бөлүштүрүлөт, коомдук капиталды кайра бөлүштүрүү процессине мамлекеттик кийлигишүү, өлкөнүү коргоо, экономикалык жана социалдык саясат аркылуу ишке ашат.

Бюджеттик чыгымдар төмөндөгү багыттар боюнча жумшалат:

- бюджеттик мекемелерди кармап туруууга;
- калктын трансферттерине;
- бийликтин башка деңгээлине өткөрүлүп берилүүчү ыйгарым укуктарды ишке ашырууга жана жогорку бийлик органдарынын чечимдеринен келип чыккан кошумча чыгымдардын ордун жабууга (компенсациялоого);
- юридикалык жактарды бюджеттик насыялоого;
- юридикалык жана физикалык жактардын субвенцияларына жана субсидияларына;

- юридикалык жактардын уставдык капиталын инвестициялоого;
- башка деңгээлдин бюджеттерине, бюджеттик эмес фонддорго бюджеттик ссудаларды, дотацияларды, субвенцияларды жана субсидияларды берүүгө;
- чет элдик мамлекеттерге кредит берүүлөргө;
- карыздарды жоюуга жана тейлөөгө чыгымдалуучу каражаттарга.

Бюджеттик чыгашалар өткөөл мезгилдин шарттарында болуучу процесстерди чагылдырат, анткени мамлекет капиталдык салымдарга, чарбаларды интернационалдаштырууга, микро жана макро экономикалык деңгээлде экономиканы жөнгө салууга активдүү кирише баштады.

Айлана чөйрөнү коргоого, мамлекеттик карыздарды тейлөөгө, жергиликтүү бийлик органдарын субсидиялоого, экспортту жана импортту өнүктүрүүгө, менчик бизнести колдоого ж.б. болгон бюджеттик чыгымдар көбөйүүдө.

Бюджет аркылуу мамлекет кайра бөлүштүрүү процесстерине, улуттук кирешенин өсүшүнө, экономиканын структурасын жөнгө салууга, айрым тармактарды жана региондорду өнүктүрүүгө, улуттук экономиканын атаандаштыгын көтөрүүгө, керектүү жумушчу күчүн кайталап өндүрүүгө камсыз кылат. Ошондуктан мамлекеттик чыгымдар коомдун ар бир мүчөсүнүн турмушунда өтө эле маанилүү элементи болуп саналат, алар аркылуу мамлекет коомдогу өзүнүн негизги функцияларын жана милдеттерин ишке ашырат.

Бюджеттик чыгашанын эсебинен мамлекет өлкөнүн экономикасына активдүү кийлигишет, социалдык инфраструктураны (билим берүү, саламаттыкты сактоо, өнөр жай, айыл чарбасы, транспорт, коргонуу, байланыш ж.б.) жакшыртуу боюнча мамлекеттик программаларды ишке ашырат. Мамлекеттик бюждеттин белгилүү бир бөлүгү жергиликтүү бийлик органдарынын бюджети аркылуу субсидияланат.

Бюджеттин чыгаша бөлүгүнүн түзүмү(структура) жана динамикасы рынок мамилелерин мүнөздөөчү каржы чөйрөсүндөгү жаңы көрүнүштөрдү чагылдыруучу жана кыймылдарды далилдейт. Негизинен, Кыргызстандын консолидирлештирилген бюджети

социалдык чыгымдардын чоң үлүшүн өзүнө камтыгандыгында. Бирок, бюждеттин таңсыктыгы жана анын киреше бөлүгүнүн жетишсиздиги социалдык тармактагы белгиленген иш чаралардын аткарылбашына алып келет. Ошол эле учурда мамлекеттик аппаратты кармап турууга кеткен чыгымдардын болуп көрбөгөндөй өсүшү байкалат (70–табл.).

70– Таблица. **Кыргыз Республикасынын мамлекеттик бюждеттинин чыгашасы**

| | 2001 | 2005 | 2010 | 2011 | 2012 |
|---|---|---|---|---|---|
| Млн.сом | | | | | |
| **Чыгашалар–бардыгы** | 12255,7 | 18841,0 | 68781,2 | 91544,1 | 107240,4 |
| **Жумушчулардын эмгек акысы** | 3838,9 | 6132,3 | 23941,4 | 33990,1 | 40132,8 |
| **Социалдык пособия** | 1852,7 | 2059,6 | 10761,5 | 13890,7 | 16622,2 |
| **Комуналдык көмөк көрсөтүү** | 1704,2 | 1941,3 | 3549,1 | 3668,7 | 4105,7 |
| **Субсидиялар** | 574,2 | 1051,6 | 1904,7 | 2392,0 | 2403,6 |
| **Финансы эмес активдүү сатып алуу чыгымдары** | 100 | 1879,7 | 7197,8 | 8944,2 | 7217,3 |
| **Жыйынтык пайыздар** | | | | | |
| **Жумушчулардын эмгек акысы** | 100 | 100 | 100 | 100 | 100 |
| **Социалдык пособия** | 31,3 | 32,5 | 34,8 | 37,1 | 37,4 |
| **Коммуналдык көмөк көрсөтүү** | 11,0 | 10,9 | 15,6 | 15,2 | 15,5 |
| **Субсидиялар** | 13,9 | 10,3 | 5,2 | 4,0 | 3,8 |
| **Финансы эмес активдерди сатып алуу чыгым** | 4,7<br>11,0 | 5,6<br>10,0 | 2,8<br>10,5 | 2,6<br>9,8 | 2,2<br>6,7 |

Статистикалык маалыматы: “Кыргызстан цифрада”, 2005, 2014.

Мамлекеттик бюджеттин чыгаша бөлүгү 2014–жылдагы 12,2 млрд. сомдон 2013–жылы 107,2 млрд. сомго, же 8,7 эсеге, ал эми 2010–2013 жылдары 56,6%га көбөйгөн.

Бюджеттик чыгымдардын түзүмү 70–табл. көрүнүп турган-дай 2001–2013жж. ичинде эмгек акы–31,3%, ден 37,4 % га, социалдык пособия–11,0% дан 15,5% чейин, комуналдык кызмат-тар, транспорт 10,1% субсидиялар 2,5%, капиталдык чыгымдар–II%дан 15,5 чейин өскөн. Эмгек акы жана капиталдык чыгымдар бюджеттик чыгашанын чоң үлүшүн ээлейт.

Демек, бул тармактарда эмгек акы менен социалдык пособиянын көбөйгөндүгүн байкасак болот. Негизинен эмгек акыга сарпталган чыгымдар ИДПнын үлүшү катарында эл аралык көрсөткүчтөргө туура келет. Бирок, эмгек акынын деңгээли

мамлекеттик секторлордо төмөн, ал турсун кээ бир учурларда жашоо үчүн зарыл болгон каражат минимумунан да төмөн болгондугу көрүнүп турат. Практикада кызматчылардын түрдүү категорияларынын эмгек акыларынын деңгээли жеңилдиктер, пособиялар жана ошондой эле атайын каражаттардын эсебинен төлөмдөр менен толукталып турат. Ошентсе да, эмгек акынын түзүмү салыштырмалуу чектелген мүнөздө болуп, кызмат-керлердин кошумча иш аткаруусундагы шыктануусунун (стимулунун) төмөндөшүнө алып келет.

Ошондуктан мамлекет бюджеттик саясат аркылуу социалдык чөйрөгө чыгымдарды көбөйтүп, инфраструктураны жаңыртып социалдык процессти шыктандыруу менен (стимулдайт), коомдун гүлдөп өсүшүнө түрткү берет. Ошондой эле 2000–2013 жылдардын ичинде жалпы социалдык трансфертке 10,4 млрд. сомдон 90,7 млрд. сомго чейин, же 8,6 эсе өскөн, анын ичинен билим берүү тармагында – 2,3 млрд сомдон 90,7 млрд сомго чейин, же 8,6 эсе өскөн, анын ичинен билим берүү тармагында – 2,3 млрд сомдон 18,8 млрд. сомго чейин, же 7,8 саламаттыкты сактоо боюнча – 1,4 млрд. сомдон 48,5 млрд сомго чейин, же 10,2 эсе, коомдук үй тиричилик чарбасына – 1,7 млрд. сомдон 19,7 млрд. сомго чейин, же 11,5 эсе өскөн.

Мамлекеттик бюджеттин чыгашалар түзүмү суроо–талаптардын жана капиталдык салымдардын көлөмүнө, ошондой эле экономиканын тармактык жана регоиналдык түзүмүнө, дүйнөлүк рынокто улуттук атаандаштыкка жөнгө салуучу таасирин тийгизүүдө.

Мамлекеттик бюджет кирешелердин жана чыгашалардын балансылык теңдештигин талап кылат. Бирок, бизге белгилүү болгондой бюджетти кабыл алганда пландагы кирешелер жана чыгашалар бири–бирине дал келбейт. Кирешелердин чыгаша-лардан артып калышы профицит (же артыктык), ал эми чыгашалардын кирешелерден ашып кетиши бюджеттик таңсыктык (дефицит) деп аталат.

Бюджеттик таңсыктык кандай гана мамлекетте болбосун жагымсыз көрүнүш, анткени аны акча эмиссиясынын негизинде каржылоо сөзсүз түрдө инфляцияга алып келет, ал эми эмиссиясыз каражаттардын жардамы менен таңсыктыкты жоюу мамлекеттик карыздын өсүшүнө түрткү берет. Ошол эле учурда бюджеттик

таңсыктыкты бир өңчөй эле өтө чукул, катастрофиялык (аргасыз) окулярдын курамына кошуп коюу мүмкүн эмес, анткени тансыктыктын жаратылышы жана сапаты ар түрдүү болушу мүмкүн.

Бюджеттик таңсыктык экономикалык системанын бөлүнгүс элементи катарында инфляция, каатчылык (кризис) жумушсуздук, банкроттук сыяктуу терс экономикалык категориялары кирет. Аларсыз экономикалык система өзү кыймылдоочу, алга умтулуп өнүгүүчү мүмкүнчүлүгүн жоготот.

Бюджеттин таңсыксыздыгы экономиканын туруктуу өнүгүп жаткандыгын толугу менен түшүндүрбөйт. Мында бюджеттик таңсыктыкты чагылдыруучу кайталап өндүрүү мерчилигин (циклы) өзгөрүүлөрү жана каржы системасынын ичинде болуучу процесстер чоң мааниге ээ.

Эл аралык валюта фонду бюджеттик таңсыктык ИДПга карата 2–3%дын чегинде болушун айтып келет. Мамлекеттик бюджеттеринин кирешелеринин жана чыгашаларынын ортосундагы пландаштырылган айырмачылыкты инфляция жана өндүрүштүн төмөндөп кетиши менен күрөшүү каражаты катарында колдонсо болот. Ал эми тескеринче бюджетти теңдөөнүн туруктуу курсу салыктын оорлошуна жана экономиканын төмөндөө учурунда мамлекеттик чыгымдардын азаюусуна алып келет да, ошол эле учурда жалпы суроо–талаптар кыскарат. Ошондуктан жыл сайын теңдештирилген бюджет практика жүзүндө экономикалык циклдын туруксуздугун тереңдетет жана инфляцияны тездетет.

Депрессия шарттарында жана жумушсуздуктун күч алып турган учурунда мамлекеттик казнага түшүүчү салыктардын азайышына түздөн–түз таасир берүүчү кирешелер кыскарат. Мындай кырдаалда өкмөт бюджетти теңдештирүүгө умтулуу менен, же салыктарды көбөйтүшү, же мамлекеттик чыгымдарды азайтышы керек, же болбосо бир эле мезгилде эки чараны тең колдонуусу зарыл. Бул факторлордун ар бири жалпы суроо–талаптардын дагы көбүрөөк кыскарышына жана андан ары коомдук өндүрүштүн төмөндөшүнө алып келет.

Мамлекеттик бюджеттик профицит шарттарында кирешелердин чыгашалардан артып кетишине жол бербөө үчүн, өкмөт же салыктарды азайтышы, же чыгымдарды көбөйтүшү керек, же

болбосо бир эле мезгилде экөөнү тең иштетиши. Мындай зарыл жагдайда бюджеттин теңдештирилиши инфляциялык спиралды жандыруу менен ишке ашат.

Демек, өндүрүштүн төмөндөшүнө каршы туруу үчүн, өкмөт бюджеттин таңсыктыгын билип туруп эле чыгымдарды көбөйтүшү, ал эми салыктарды азайтышы керек. Өндүрүштүн кийинки жогорулашынын жүрүшүндө жана инфляциянын пайда болушунда салыктарды көтөрүү жана мамлекеттик чыгымдарды азайтуу керек. Мунун негизинен келип чыккан бюджеттин оң калдыгын (сальдосун) реалдык сектордо каатчылык (кризистик) кырдаалдын учурунда пайда болгон мамлекеттик карызды жабууда колдонулса болот. Бир канча жылдардын ичинде бюджеттик теңдештирүү ушундай жол менен ишке ашат.

Бирок, экономикалык мерчимде бюджеттин өсүшү жана төмөндөшү тереңдиги жана узактыгы боюнча бирдей эмес. Мисалы, узак жана терең төмөндөө кыска мөөнөттүү жана анча деле эмес жогорулоолорго айланып кетиши мүмкүн, же болбосо тескерисинче да болуп кетет. Тигил же бул жагдайда деле мамлекеттик бюждеттин циклдык теңдештирүүсү байкалат.

Мамлекеттик бюджетти жөнгө салуу да каржы системасынын иштөөсүнө байланышкан, анткени ал эми мамлекеттик бюджеттин теңдештиги мындай макроэкономикалык туруктуулуктун элементтеринин бири катарында каралат. Мындай учурда экономиканын өнүгүүсүн бюджеттик таңсыктык коштоп турат.

Демек, республиканын бюджеттин туура түзүү, аны рационалдуу жана натыйжалуу колдонуу экономиканын өнүгүүшүн жана талапка ылайыктуу өсүшүн, ошондой эле өлкөдөгү социалдык–экономикалык көйгөйлөрдүн чечилишин камсыз кылат.

## §2. Мамлекеттик бюджеттин таңсыктыгы. Бюджеттик таңсыктык жөнүндө түшүнүк жана ага теориялык ой жүгүртүү

Мамлекеттик бюджет башка баланс сыяктуу эле кирешелерди жана чыгашаларды теңдештирүүнү болжолдойт. Бирок, бизге белгилүү болгондой бюджетти кабыл алууда пландалуучу кирешелер жана чыгашалар бири–бирине дал келбейт. Кирешелерден чыгашалардын ашып кетиши бюджеттик профицитти (артып калганын) пайда кылат, ал эми чыгашалардын кирешелерден көп болушу бюджеттик таңсыктыкка (кемчиликке) алып келет. Негизинен бюджеттик таңсыктык пайыздык катышта көрсөтүлөт.

Бюджеттик таңсыктык мамлекет жана экономика үчүн жагымсыз көрүнүш болуп саналат. Аны акча эмиссиясынын негизинде каржылоо токтоосуз түрдө инфляцияга алып келет, ал эми башка каражаттардын жардамы менен жөнгө салсак мамлекеттик карыздын өсүшүн пайда кылат. Ошентсе да бюджеттик таңсыктыкты бир өңчөй эле өтө чукул, катастрофиялык окуялардын курамына кошуп коюу мүмкүн эмес, анткени таңсыктыктын жаратылышы жана сапаты ар түрдүү болушу мүмкүн. Ал курч социалдык көйгөйлөрдү чечүүгө же экономиканы өнүктүрүүдө ири мамлекеттик салымды ишке ашыруу керектигине байланыштуу болушу мүмкүн, анда таңсыктык коомдук процесстердин кризистик агымын чагылдыруучу болуп эсептелинбейт да, тескерисинче коомдук кайталап өндүрүүнүн түзүмүндө прогрессивдүү алга жылууларды камсыз кылууда мамлекеттин умтулуусунун натыйжасы болуп калат.

Эгерде баштагы мезгилде бюджеттик таңсыктыктын пайда болушу кээде гана көрүнүш болсо, ал эми чукул кырдаалдарга жана согушка байланыштуу болсо, бүгүн ал рынок экономикасындагы көпчүлүк өлкөлөрдө кадимки эле көрүнүш болуп калды.

Бюджеттик таңсыктык объективдүү жана субъективдүү мүнөздөгү көптөгөн себептердин натыйжасында пайда болот. Өндүрүштүн темптеринин төмөндөшүнүн, эмгек өндүрүмдүүлүгүнүн начарлап кетишинин жана башка экономикалык туруксуздукка алып келүүчү, өндүрүштүн натыйжалуулугун төмөндөтүүчү себептердин натыйжасында керектүү кирешелерди

топтоо мүмкүнчүлүгү болбогондуктан бюджеттик таңсыктык тез–тез кайталанып турат. Бюджеттик таңсыктыктын себеби мамлекеттин каржы мүмкүнчүлүгүн эске албай туруп чыгымдардын өсүшүндө жана ошондой эле чыгашалардын максатка ылайыктуулугунун жана натыйжалуулугунун жетишсиздигинде жатат. Өндүрүштүк эмес мүнөздөгү чыгымдар (аскердик чыгымдар, административдик аппаратты кармап туруу, ишканалардын зыяндарын жабуу ж.б.) коомдук байлыкты көбөйтпөстөн, бюджеттик каражаттарды жеп коюуга алып келет. Бюджетти теңдештирүүгө инфляция, акча жүгүртүү жана эсеп системаларынын начарлашы (бузулушу), салык жана инвестициялык–кредит саясатынын ыксыздыгы терс таасирин тийгизет.

Бюджеттик таңсыктыктын негизги себеби төмөнкүлөр:

- согуш учурунда, түрдүү жаратылыш кырсыктарында же социалдык чыр–чатактар учурунда мамлекеттик чыгымдардын көбөйүшү. Бюджеттик таңсыктыкты насыялык каржылоо, акча массасынын көбөйүп кетүүсүнөн куткарып жана ошондой эле салык–салууну катаалдатууга алып келбей, инфляциялык чыңалууну кыска мөөнөткө бошоңдотот;
- циклдык төмөндөөлөр жана экономикадагы туруксуздук;
- таңсыктык, экономиканы өнүктүрүүдө ири мамлекеттик салымдарды ишке ашыруу керектиги менен байланышы мүмкүн;
- таңсыктык экономикадагы каатчылык (кризистик) көрүнүштөрдү, каржы–насыя байланыштарынын натыйжасыз болушунун, өкмөттүн өлкөдөгү каржы кырдаалын көзөмөлгө ала албагандыгын чагылдырышы мүмкүн. Мындай учурда таңсыктык–шашылыш (чукул) жана колдонулуп жаткан экономикалык чараларды гана ишке киргизүү эмес, тиешелүү саясий чечимдерди да кабыл алууну талап кылган өтө эле коркунучтуу көрүнүш;
- экономиканы шыктандыруу (стимулдоо) максатында салыктарды кыскартуу;
- акыркы жылдары кезектеги шайлоо компаниясынын алдында мамлекеттик чыгымдарды көбөйткөн жана салыктарды азайткан белгилүү макроэкономикалык саясатты жүргүзүүгө байланышкан саясий бизнес – циклдын таасиринин күчөшү;

- бюджеттик – салык чөйрөсүндөгү узун убакытка чыңалууну күчөтүү;
- социалдык камсыздоолорго жана саламаттыкты сактоого (айрыкча калкында жаштардын басымдуулук кылган өлкөлөрдө) мамлекеттик чыгымдардын көбөйүүсү;
- ченемсиз масштабдагы (көлөмдөгү) «көмүскө» капиталдарынын жүгүртүлүшү;
- өндүрүштүк эмес чыгымдар, кошуп жазуулар, урдоолор, өндүрүлгөн продукциялардагы жоготуулар акыркы он жылдарда өлкөдө циклдык бюджеттик таңсыктыктын өкүм сүрүшүнө шарт түзөт.

Бирок, бюджеттик таңсыктык өлкөнүн экономикалык абалын мүнөздөөчү көрсөткүч катарында кызмат кылбайт, ошондой эле бюджеттик таңсыктык болбосо экономикалык ийгиликтерге жетишүү деп эсептөөгө болбойт. Учурда көптөгөн экономисттер экономикалык тартыштык мезгилинде олуттуу бюджеттик таңсыктыктын боло беришин туура деп эсептешет, ал эми кичинекей кемчилик коркунучтуу деле эмес, мындай таңсыктык бир даалай узак мөөнөттө болушу мүмкүн. Эл аралык Валюта Фонду таңсыктык ИДПнын 2–3%ынын чөлкөмүндө болсо боло бере тургандыгын тааныйт. Узакка созулган, орчундуу жана уламдан–улам күч алуучу таңсыктык мамлекет үчүн көйгөй болуп, анын натыйжасында көзөмөлдөөгө болбой турган инфляция келип чыгышы мүмкүн.

Жогоруда айтылгандай бюджеттик таңсыктык дайыма эле тескери көрүнүш боло бербейт. Бюджеттик теңдешсиздик экономиканы турукташтыруу жагынан алганда пайдалуу болушу да мүмкүн. Мамлекеттик бюджеттин киреشеси менен чыгашасынын ортосундагы пландаштырылган айырмачылык өндүрүштүн төмөндөшү жана инфляция менен күрөшүүнүн каражаты катарында колдонулууга да болот. Же болбосо, тескерисинче бюджеттин теңдештирүүсүнө карата өкмөттүн туруктуу курсу экономиканын төмөндөө мезгилинде салыктарды көбөйтүүгө жана мамлекеттик чыгымдарды азайтууга көмөк түзүп, жыйынтыгында жалпы суроо–талаптардын кыскарышынын алып келмек.

Экономистер бюджеттин теңдештирүү көйгөйүнө үч жолду сунушташат.

**Биринчи жол**– бюджетти жыл сайын теңдештирүүгө багытталгандыгы менен байланышкан, мамлекеттик каржылардын негизги максаты аны теңдештирилди деп жарыялоону билдирет. Фискалдык саясаттын мындай багыты, анын антициклдик жана турукташтыруу мүнөзүн жокко чыгарат. Жыл сайын теңдештирилүүчү бюджет экономикалык циклдын туруксуздугун тереңдетет, инфляциянын тездөөсүнө алып келет. Мындай көрүнүш сөзсүз болуп өтөт, анткени депрессия, жумушсуздук шарттарында кирешелер кыскарат, мамлекеттик казнага салыктардын келип түшүүлөрү азаят. Мындай жагдайда өкмөт бюджетти теңдештирүүгө умтулуу менен бирге же салыктарды көбөйтүү керек, же мамлекеттик чыгымдарды кыскартуусу зарыл, же болбосо эки чараны бирдей колдонушу мүмкүн. Бирок мындай чаралар тоскоол мүнөздө болуп, алардын ар бири жалпы суроо–талаптарды андан да көбүрөөк кыскартат да, коомдук өндүрүштүн төмөндөшүнө алып келет.

Тескерисинче, инфляция процесстеринин жана кирешелердин өсүү шарттарында, мамлекеттик бюджеттин профицитинде кирешелердин чыгашалардан ашып кетүүсүнө жол бербөө үчүн өкмөт же салыктарды азайтуу, же чыгашаларды көбөйтүү керек, же болбосо экөөнү тең бир эле мезгилде колдонуусу зарыл. Мындай учурда бюджеттин теңдештирилүүсү инфляциянын спиралын жандандыруунун жардамы менен ишке ашат.

**Экинчи жол** – экономикалык циклдын ичинде (жүрүшүндө) бюджеттин теңтештирилүүсүнө жетишүүнү болжолдойт да, ал ар жыл сайын теңтештирилбейт. Мындай учурда бюджеттин жылдык таңсыктыгына жана профицитке жол берилет, ал эми фискалдык саясат бир эле мезгилде инструмент жана циклдык каршылыкта жөнгө салу катарында колдонулат, ошондой эле узак мөөнөткө бюджетти теңдештирүүгө мүмкүндүк болот. Бул концепцияны логикалык негизде жөнөкөй жана жагымдуу көрүнөт. Өндүрүштүн төмөндөшүнө каршы туруу үчүн өкмөт таңсыктыктын болушун атайын билип туруп, салыктарды азайтып, ал эми чыгымдарды көбөйтүшү керек. Инфляциянын кийинки пайда болушунун жана көтөрүлүшүнүн жүрүшүндө салыктарды көтөрүү жана мамлекеттик чыгымдарды кыскартуу керек. Мунун негизинде пайда болгон


бюджеттин оң калдыгы тартыштык мезгилинде келип чыккан мамлекеттик карызды жабууга колдонулат. Демек, өкмөт бюджетти ар жыл сайын эмес, бир нече жылдын ичинде теңдештириши мүмкүн.

Бул концепциянын жактоочулары өндүрүш иш аракеттеринин активдүүлүгүнүн бардык циклынын жүрүшүндө бюджетти теңдөөгө умтулуу керек деп эсептешет. Дж. Кейнс жана анын жактоочулардын көз карашы боюнча, буга ойлонулган фискалдык саясаттын жардамы менен жетүүгө болот. Ал эми, Монетаристер акчаны айлантуунун рационалдык саясатын кармап туруунy сунушташат. Бул теорияны коргоочулар бюджетти антициклдык саясаттын инструментти деп эсептешет. Бирок, анын тышкы жагымдуулугуна карабастан мындай жолдун негизги көйгөйү, анын өтө эле жөнөкөйлүгүндө. Анткени, экономикалык циклде көтөрүүлөр жана төмөндөөлөр тереңдиги жана узактыгы боюнча бирдей эмес. Узак жана терең төмөндөө кыска мөөнөттөгү жана анча деле эмес көтөрүлүүлөр менен алмашышы мүмкүн, же тескерисинче болот. Бул же тигил учурда деле мамлекеттик бюджеттин циклдык теңдештирүүсү байкалат.

**Үчүнчү жолу** – мамлекеттик бюджетти жөнгө салуу функционалдык каржылардын концепциялары менен байланышкан, б.а. фискалдык саясат эл чарбасынын теңдештирилип өнүгүүсүнүн экономикалык саясатынын инструменти катарында каралышы керек дегенге жатат. Мындай жагдайда бюджетти жыл сайын же циклдык теңдештирүү жөнүндөгү маселе экинчи планда калат. Мамлекеттик каржынын негизги максаты макроэкономикалык туруктуулук болуп эсептелинет, ал эми мамлекеттик бюджеттин теңдештирилүүсү мындай туруктуулуктун түзүүчү бир элементи катарында каралат. Бул жолго ылайык экономиканын өнүгүүсү бюджеттик таңсыктык, же профисит (ашыктык) менен коштолушу мүмкүн. Макроэкономикалык туруктуулук жана экономикалык өсүш бюджеттик таңсыктыкты жоюуга жана мамлекеттик карызды кыскартууга автоматтык түрдө оң таасирин тийгизет.

Бюджеттик калдык– таңсыктык же ашыктык–экономиканын жалпы абалы менен аныкталат. Мамлекеттик чыгымдардын белгилүү көлөмүндө жана салык салуунун белгилүү ченинде (ставка) бюджеттик калдык улуттук өндүрүштүн масштабына жараша болот. Өндүрүштүн көлөмү канчалык көп болсо, салыктан

түшкөн каражаттар ошончолук жогору болот. Ошол эле учурда өкмөттүн чыгымдары (коргоого, социалдык керектөөлөргө, башкарууга) кирешенин деңгээлине анча деле байланышпайт. Демек, кирешенин төмөнкү деңгээлинде бюджеттик таңсыктык, ал эми жогорку деңгээлде бюджеттик ашыктык байкалат. Муну төмөнкү графиктен көрүүгө болот:




График–1. **Мамлекеттик бюджеттин таңсыктыгы жана ашыктыгы**

T – мамлекеттик чыгымдар, G – салыктардын келип түшүүсү.

ИДПда QE тең болсо бюджеттин кирешеси менен чыгашасы теңелген болот; ИДПда QE төмөн болсо бюджетте таңсыктык жаралат (G>T); ИДПда QE жогору болсо бюджетте ашыктык пайда болот(G<T).

Тигил же бул бюджеттик калдык дайыма эле өлкөдө макроэкономикалык кырдаалдын өзгөрүүлөрүнүн күбөсү боло бербейт, ал тигил же бул макроэкономикалык милдеттерди чечүүгө багытталган өкмөттүн жүргүзүп жаткан фискалдык саясатынын натыйжасы болушу мүмкүн.

Бюджеттик калдыкка өкмөттүн максаттуу багытталган чараларынын таасирин бөлүп алуу үчүн «бюджетти толук колдонуу», башкача айтканда жумушсуздуктун табигый деңгээлиндеги экономиканын иштөө шарттарында бюджеттин абалы колдонулат.

Мамлекеттик бюджеттин таңсыктыгы 2000–ж. (–1279,1 млн.), 2005–ж. (+224,2 млн.), ал эми кийинки 2009 жана 2012–жж. чейин анын өскөндүгү байкалып, 2013–ж.– төмөндөгөн (2346,1 млн. сом) ИДП көлөмүнө алганда, бюджеттин кирешелердин үлүшү 15,3%дан (2000–ж.) 29,1% (2013–ж.) чейин, же болбосо 13,2

пунктка, чыгашалардын үлүшү 17,3% (2000–ж.) 29,8% (2013–ж.) чейин, же 12,5 пунктта өскөн (71–табл.).

71– Таблица. **Кыргыз Республикасынын мамлекеттик бюджеттинин таңсыктыгы**

| | 2000 | 2005 | 2009 | 2010 | 2011 | 2012 | 2013 |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **Кирешелер, млн сом** | 10029,1 | 20368,1 | 55669,3 | 58319,3 | 69257,3 | 77601,1 | 101922,7 |
| **ИДП, % менен** | 15,3 | 20,2 | 27,6 | 26,3 | 27,2 | 28,0 | 29,1 |
| **Чыгашалар, млн сом** | 11308,2 | 18841,0 | 58628,2 | 68781,2 | 91544,1 | 107240,4 | 104268,8 |
| **ИДПга % менен** | 17,3 | 18,6 | 29,1 | 31,2 | 32,0 | 34,5 | 29,8 |
| **Таңсыктык (+–) айырмасы** | –1279,1 | +224,9 | –1279,1 | –106,7 | –138,8 | –20235,3 | –2346,1 |
| **Таңсыктык, ИДП, % менен** | –2,0 | –2,0 | –1,5 | –4,9 | –4,8 | –6,5 | –0,7 |

Статистикалык маалыматы: "Кыргызстан цифрада", 2000,2010,2014

Бюджеттик таңсыктыктын көйгөйлөрүн чечүүнүн ачкычы мамлекет тарабынан жүргүзүлгөн фискалдык жана акча саясаты болуп саналат. Бюджеттин таңсыктык өнүккөн мамлекеттерде да экономикалык боло турган көрүнүш. Мисалы, бюджеттик таңсыктык 2009–ж. Японияда–10,3%ды, АКШда–13,0%ды, Англияда–11,6%ды, Орусияда–6,5%ды, ал эми Кыргызстанда 2002–ж. ИДПнын–6,5%ын түзгөн.

Бюджеттик таңсыктык мамлекеттик ички карыздын өсүшүнө алып келет. Бюджеттик таңсыктык канчалык жогору болсо, аны жабууга алынган каражаттар ошончолук көп болуп мамлекеттик

карыз өсөт. Мамлекеттик карыз канчалык көп болсо, аны тейлөөгө ошончолук чыгымдар талап кылынат да, ошого жараша бюджеттин чыгаша бөлүгү көбөйө берет. Учу жок айланпаны үзүп салуу үчүн өлкөнүн өкмөтүнөн бюджеттик чыгымдардын өсүшүн, ошондой эле мамлекеттик карыздарын азайтуу чараларды көрүүнү талап кылат.

Бюджеттик таңсыктык менен күрөшүүнүн ыкмалары төмөнкүлөр:

- менчик сектордо мыйзам ченемде бекитилүүчү активтердин көлөмүнө жана программаларга конституциялык толуктоолорду киргизүү;
- жыл сайын теңдештирилген бюджетти түзүү;
- бюджеттик теңдештике жеткенге чейин жыл сайын таңсыктыкты кыскартуу талабын күчөтүү;
- мамлекеттик жаңы салыктарды белгилөө же иштеп жаткан салыктардын ченемдери жөнүндөгү сунуштар.

**Бюджеттик таңсыктыкты толтуруунун ички булактары.**

Бул булактарга төмөнкүлөр кирет:

- улуттук банктан өкмөттүн карыз алуусу;
- коммерциялык банктардан өкмөттүн карыз алуусу;
- акчанын эмиссиясы;
- мамлекеттик казначейлик милдеттемелери ж.б.

Улуттук банктын таза карызы акчанын массасынын көлөмүн көбөйтөт, анткени өкмөттүн карызынын өсүшү сөзсүз түрдө эле менчик сектордо насыяны адекваттуу азайтуу деп эсептелинбейт. Коммерциялык банктардан алынган өкмөттүк карыздар акча массасынын көлөмүнө тийгизген таасири, канчалык мындай карыздарды экономиканын башка секторлоруна берилген ссудалардын көлөмүн азайтпоо мүмкүнчүлүктөрүнө бергендигине байланыштуу. Мындай учурда өкмөттүк карыз жалпы суроо–талаптардын жана акча массасынын өсүшүнө алып келет.

Белгилүү болгондой көптөгөн начар өнүккөн өлкөлөрдө мамлекеттик бюджеттин таңсыктыгын жабуу үчүн алынган банк системасынын (тутумунун) карыздары акча жүгүртүүнүн өсүшүн аныктоочу негизги фактор болуп эсептелинет. 1997–ж. өкмөткө насыялары берүүнү тыюу салуучу Улуттук банк жөнүндө мыйзамы кабыл алынган. Бул мыйзам боюнча Кыргыз Республикасынын

Улуттук банкы жыл сайын алынуучу пайданы бюджетке берүүгө милдеттүү. Өкмөт көптөгөн көйгөйлөрдү, айрыкча 90–жылдардын ортосунда, акчанын эмиссиясынын жардамы менен чечүүгө аракет кылган.

1995–жылы эле эмгек акылар жана башка социалдык төлөмдөр боюнча карыздарды жабууга Улуттук банктан 1 млрд. сом акча алынган, натыйжасында ал инфляциалык процесске түздөн–түз таасирин тийгизген.

1997–жылдан баштап Эл аралык валюта фондусунун (ЭВФ) талабы боюнча Кыргыз Республикасынын Каржы министрлигине инфляциалык процесске таасирин тийгизбөөчү мамлекеттик казначейлик милдеттемелерди чыгарууну сунуштаган. Мамлекеттик казначейлик векселдер (МКВ)–Кыргыз Республикасынын өкмөтү тарабынан жайгаштырылган мамлекеттик баалуу кагаздар, бюджеттик таңсыктыкты инфляциясыз каржылоонун булагы болуп калды. МКВнын эмитенти Кыргыз Республикасынын Экономиканы өнүктүрүү жана соода министрлиги болуп саналат. МКВны номиналдык наркынан төмөн баада аукцион аркылуу КРнын Улуттук банкы жайгаштырат жана сатат. Баштапкы рынокто МКВлар диллерлерге сатылат, алар КРУБунун бекиткен талаптарына жооп берүүчү коммерциялык банктар болушу мүмкүн. Калк МКВны баштапкы рыноктон (аукциондон) же болбосо экинчи орундагы рыноктон сатып алышы мүмкүн.

**Бюджеттик таңсыктыкты толтуруунун тышкы булактары.** Бюджеттик таңсыктыкты каржылоонун негизги булактарынын бири чет мамлекеттик насыяларды менен карыздарды колдонуу болуп саналат.

Чет мамлекеттик булактардан бюджеттик таңсыктыкты каржылоонун оң жагы, анын инфляциялык басымды азайткандыгында, ошол эле учурда сода таңсыктыгынын жана тышкы карыздын өсүшү сыяктуу терс көрүнүштөр да пайда болот. ЭВФтин өкүлдөрү бюджеттик таңсыктыкты жабу үчүн чет мамлекеттик инвестицияларды тартуу төмөндөгү шарттарды колдонгондо гана пайдалуу болушу мүмкүн:

- концессиондук каржылоо;
- ички пайданын жогорку деңгээлинде ички рыноктогу капиталдын өтө эле орчундуу таңсыктыгы;

- оӊ соода балансы;
- анча деле эмес баштапкы тышкы карызы ж.б.

Бирок белгилеп кетүү керек, бардык эле шарттар чыныгы кырдаалга тура келе бербейт, айрыкча өткөөл экономикасы бар өлкөлөрдө. Аларда баалуу кагаздардын рыногу өнүкпөгөн, менчиктештирүүдөн келип түшө турган каражаттар анык эмес жана КР Улуттук банкы тарабынан каржылоого тыюу салынган.

Кыргызстанда бюджеттик таӊсыктыкты жабуунун негизги булагы болуп тыштан каржылоо эсептелинет. Мисалга 1995–ж. таӊсыктыкты жабуу үчүн 851,1 млн.сом, 1996–ж.–664,5 млн., 1997–ж.–1317,5 млн., 1998–ж.–966,9 млн., 1999–ж.–1550,9 млн., 2000–ж. 1579,0 млн. сомдук насыялар алынган.

Бюджеттик таӊсыктык экономикалык эле көрүнүш эмес, ошондуктан бюджеттин таӊсыктуулугуна багытталган саясатка киришүүдөн башка, анын максаттарын жана милдеттерин так аныктап алуу керек. Мыйзам чыгаруучу жана аткаруучу дагы бийлик бюджеттик таӊсыктыктын көлөмүн толук көзөмөлдөй албайт. Бюджеттик таӊсыктыктын же ашыктыктын чыныгы көлөмү өлкөнүн экономикалык кырдаалынын жана фискалдык саясатынын таасири менен өзгөрүп турат. Ошол эле учурда, бюджеттик таӊсыктык өлкөнүн экономикасыда орчундуу көйгөй болуп эсептелбейт, анткени азыркы этаптын дүйнөлүк практикасында бюджеттик таӊсыктык менен байланышпаган бир дагы мамлекет жок. Көп мамлекеттер бул көйгөй менен кездешип турат, бирок ал өлкөнүн экономикалык абалына өтө эле таасирин тийгизе бербейт. Бюджеттик таӊсыктык менен байланышкан. Кыргызстандагы кырдаал жакынкы аралыкта мамлекеттик чыгымдарды кыскартуу боюнча демилгени күчөтүү үчүн себеп болуп калышы мүмкүн, анткени кыска мөөнөттө кирешелерди көбөйткөнгө караганда чыгымдарды кыскартуу жеӊилирээк, ошентсе да бул багытта фискалдык органдардын ишин күчөтүү зарыл.

## §3. Мамлекеттик карыз жана аны кыскартуунун методдору

Кыргызстандын өз алдынча карыздарды тейлөө көйгөйлөрү жакындан бери экономика министрлигинин, саясатчылардын жана ошондой эле айрыкча республикалык парламенттин көңүлдөрүнүн чордонуна.

**Мамлекеттик карыз**– бул белгилүү бир учурдун (мөөнөттүн) убактысында топтолгон бюджеттик бюджеттин оң калдыгынан таңсыкты алып салгандан кийинки карыз сумма. Мамлекеттин милдеттенмелер– банктардын, мамлекеттик баалуу кагаздардын ээлери (резиденттер жана резидент эместер)– физикалык жана юридикалык жактардын, бюджеттик эмес фонддордун, чет жактык өкмөттөрдүн же эл аралык каржы институттардын алдындагы милдеттери топтолуп мамлекеттик карызга айланат. Аны үстөк пайыз менен төлөөгө туура келет. Эл оозунда айтылгандай бүгүнкү мамлекеттик карыздар– эртеңки салыктар. Кээ бир салык төлөөчүлөр мамлекеттик баалуу кагаздардын ээлери болуп саналат. Алар баалуу кагаздардан пайыздарды алышат жана ошол эле учурда мамлекеттик карыздарга жана пайыздарга аз–аздан төлөнүүчү салыктарды төлөшөт.

Жылдык (күндөлүк) бюджеттик кирешелерден пайыздарды толугу менен төлөөгө жана мамлекеттик карыздарды мөөнөтүндө жоюуга мүмкүн эмес. Ошондуктан өкмөт дайыма каражаттарга муктаж болуп туруп жаңы карыздарды эски карыздарын бууга алат, ошол эле учурда даагы жаңы карыздарга батат. Жыйынтыгында мамлекеттик карыз ар түрдүү өлкөлөрдө түрдүү темп менен өсөт.

ИДПдан мамлекеттик карыздын 2,5 эседен ашып түшүшү экономиканын, айрыкча жүгүртүүнүн туруктуулугу үчүн коркунучтуу дап эсептелинет.

**Мамлекеттик карыздын түрлөрү.** Мамлекеттик карыз ички жана тышкы болуп экиге бөлүнөт, ошондой эле кыска мөөнөттөгү (1 жылга чейин), орто мөөнөттөгү (1 жылдан 5 жылга чейин), узак мөөнөттөгү (5 жылдан жогорку) карыздарга бөлүнөт. Эң эле оору кыска мөөнөттөгү карыздар. Алар боюнча кыска мөөнөттүн ичинде негизги суммага кошуп жогорку өлчөмдөгү пайызын да төлөөгө туура келет. Мамлекеттик органдар кыска жана орто мөөнөттөгү карыздарды консолидациялоого

аракеттенишет, башкача айтканда жылына пайыздарды төлөө менен чектелип, ал эми негизги сумманы узак мөөнөттөгү карызга айландырууга аракет кылат. Кээ бир өлкөлөрдө эски карыздарды жоюу жана консолидациялоо, ошондой эле жаңы карыз каражаттарды тартуу боюнча иш алып барган каржы министрлигинин алдында атайын мамлекеттик карыздар боюнча башкармалык иштейт.

Кыргыз Республикасынын мамлекеттик карызы жыл өткөн сайын өсүүдө. Мисалы, 2005–ж. мамлекеттик карыз 1882,2 млн. сомду түзгөн болсо, ал эми 2012–ж.–156719,4 млн. сомго жеткен, же болбосо % өсүш болгон, анын ичинен 2008–2012–жж. тышкы карыз–83877,1 млн сомдон 143713,4 млн сомго, же эсеге ички карыз–75480 млн сомдон 13006,0 млн. сомго, же эсеге өскөн.

Статмаалыматтардын негизинде мамлекеттик карыз АКШ доллары менен алганда 2007–ж.–2076,9 млн, 2008–ж.–2127, 9 млн 2009–ж.–2475,9 млн, 2010–ж.–2615,7 млн, 2011–ж.–2802,6 2012–ж.–млн долларды түзгөн. 2013–ж.–жалпы карыз 3,5 млрд. долларга жеткен, анын ичинен 51,0% СНГ тышкы банктарга, 31,5% эл аралык уюмдарга, 17,5% СНГ мамлекетине. Бардык суммадагы карыздын 90,5% льготалык насыя, 9,5% льготалык эмес насыя ж.б.


Кыргыз Республикасынын карыздын ИДП салыштырганда үлүшү 2005–ж.–77,6%, ал эми 2013–ж.–47,1 түзгөн. Экономика илимдеринин негизинде, эгер мамлекеттик карыз ИДП нын 60% жана жогору болсо, ал экономика өсүшүнө тескери таасирин тийгизет.

Акча–насыя тутумунун негизги көйгөйү, кыргыз сому улуттук валюта катары Эл аралык валюта фондунан, Бүткүл дүйнөлүк банктан жана ошондой эле донор–өлкөлөрдөн атайын бөлүнгөн америка долларынын жардамы менен өзүнүн курсун кармап турат. Алардын миссиясы өнүккөн улуттук экономика, үзгүлтүксүз өсүп жаткан өндүрүш жана атаандаштыка туруштук берүүчү ата мекендик продукция түрүндө сомдун өз базасын орнотуу үчүн багышталган. Бирок, тилеке каршы, ал каражаттар бүгүнкү күнгө чейин өндүрүмсүз, мамлекеттик бюджеттин таңсыктыгын жабууга жана соода балансына жумшалып келет. Натыйжада жылдан жылга өлкөнүн мамлекеттик карызы өсүп жатып 2003–жылы жалпысынан 1,8 млрд. АКШ долл. болгон. Эл аралык каржы уюумдарынын жана донор–өлкөлөрүнүн насыялары,

топтолгон тышкы карыздарды сөзсүз түрдө жоюу жана аларга коюулган үстөк пайыздарды төлөө жаатында өлкөбүздүн көптөгөн укум–тукумдары үчүн оор түйшүк болуп калды, бирок алар кыргыз сому үчүн товардык толтургуч катарында өзгөчө ролду ойношту. Сом чет элден келип түшкөн товардык массанын айланышын, алынган кредиттерди тейледи, башкача айтканда ал өзүбүздүн улуттук экономикабызга эмес башка өлкөлөрдүн экономикасына иштеди.

Париж клубу менен болгон келишимге жетишкенден кийин тышкы карызды ИДПнын 5%га жакын деңгээлинде туруктуу тейлөөнү ишке ашыра башталган. Фискалдык туруктуулукту андан ары чыңдоо үчүн Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тыштан карыз алуулар боюнча Мамлекеттик Каржыларды Реструктуризациялоо программасындагы чектөөлөрдү колдоорун билдирет. 2010–2011–жж. Тышкы зайымдар жеңилдетилген шартта тартылган. Негизги донорлор тарабынан Кыргыз Республикасына карыздык каражаттарды берүүнү кыскартуу программасын эске алсак, анда тышкы карыздарын кыскарышын күтүүгө болот жана ошондой эле каржы–бюджет тутумунун андан ары консолидацияланышына тура келет. Ар түрдүү булактардын маалыматы боюнча, эгерде мамлекеттин тышкы карызы өлкөнүн ИДПсынын 80%ын түзсө, анда өтө эле көп карыз, 48–80% – мелүүн, ал эми 48%дан төмөн болсо карыздын аз экендигин маалымдайт.

Сүрөт–7. **Кыргыз Республикасынын тышкы карызынын динамикасы (өсүшү)**



Акыркы жылдарда тышкы карыздын көйгөйү глобалдык мүнөзгө ээ болуп жатат. Азыркы учурда дүйнөнүн 140тан ашуун өнөр жайы өнүккөн мамлекетти карызы бар өлкөлөрдүн катарына кирет. Бул мамлекеттердин жалпы карызы 3 трил. доллардан ашып түшөт, алардын 89%ы өнүгүүп жаткан өлкөлөр жана 11%ы баштагы социалистик мамлекттер.

Мамлекеттик карыз жана анын өсүшү түздөн–түз экономиканын иштөөсүнө таасирин тийгизет. Демейде, мамлекеттик карызда эки коркунуч бар: улуттун банкрот болушу жана карыз түйшүгүн келечектеги муундарга калтыруу.

Мамлекеттин көлөмдүү карызы кандайдыр бир жолдор менен өкмөттү банкротко алып келе алабы? Жооп, андай болбойт.

Биринчиден, мамлекеттик карызды толугу менен жоюуну (погпшение) айтпаганда да, аны зордуктап кыскартууга эч кандай себептер жок экендигин белгилеп кеттүү керек. Өкмөт өзүнүн эле карызын кайра каржылайт, башкача айтканда жаңы облигацияларды сатат жана андан түшкөн каражаттарды жоюла турган облигацияларды кармоочуларына колдонот.

Экинчиден, өкмөт конституция боюнча калкка салыктарды салуу жана аларды чогултуу укугуна ээ. Салыктарды көбөйтүү жетишээрлик кирешелерди алуу үчүн, ошондой эле мамлекеттик карыздын жалпы суммасын жана пайыздарын төлөө үчүн өкмөттүн колдоно турган ыкмасы болуп саналат.

Үчүнчүдөн, өкмөттү банкрот болот деп элестетүү өтө эле кыйын, анткени ал карыздын негизги суммасын жана үстөк пайызын төлөп турууга мүмкүн болгон акчаны басып чыгаруу укугуна ээ. Бирок карыздын негизги суммасын жана үстөк пайызын төлөп туруу үчүн жаңы акчаны чыгаруу инфляцияга алып келиши мүмкүн.

Мамлекеттик карыздын өсүшү чыныгы экономикага терс натыйжасын тийгизет:

Биринчиден, мамлекеттик карыз боюнча пайыздарды төлөө кирешелерде теңсиздикти көбөйтөт, себеби мамлекеттин милдет-теринин бир кыйла бөлүгү калктын эң эле оокаттуу бөлүгүндө топтолгон. Мамлекеттин ички карызын жоюунун натыйжасында, акча калктын оокат менен аз камсыз болгон катмарынын чөнтөгүнөн оокаттуу катмарга өтөт, башкача айтканда ким облигацияларга ээлик кылса, ошолор байыйт.

Экинчиден, салыктардын ченемдерин (ставка) көтөрүү (мамлекеттик ички карыздарды жоюу каражаты катарында же анын кыскарышы) өндүрүштү өнүктүрүүнүн экономикалык шыктандыруусун төмөндөшү, жаңы ишканага инвестиция салууну жана инновациялык кызыкчылыгынын кыскарышы, ошондой эле коомдо социалдык чыңалууну күчөтүүсү мүмкүн. Ушуга окшогон кыйыр түрүндөгү чоң малекеттик карыз экономиканын өсүшүнө толук мүмкүндүк бербейт.

Үчүнчүдөн, пайыздарды же негизги карыздарды чет өлкөгө төлөө чыныгы өндүрүлгөн продукциянын кандайдыр бир бөлүгүн чет жака которууга алып келет.

Төртүнчүдөн, мамлекет өзүнүн карызынан келип чыккан чыныгы экономикалык каатчылыкты кийинки келечек укум–тукумга өткөзүп бериши мүмкүн, башкача айтканда аз көлөмдөгү негизги өндүрүштүк фонддорду калтырат. Мындай жагдай таңсык каржылоонун натыйжасында пайыздын ченемин көтөртүү инвестициялык чыгымдарды кыскартат. Демек, мындай учурда, кийинки укум–тукумга чабал (азайган) өндүрүштүк потенциалы бар экономика түзүлөт, ошондой эле башка алардын жашоо деңгээли да төмөн болот. Андан дагы тышкы карыздын өсүшү өлкөнүн эл аралык авторитетин түшүрөт жана ошондой эле калктын эртеңки күнгө болгон ишенимин жокко чыгарат.

Мамлекеттик карызды башкаруу өлкөнүн макроэкономикалык саясаттын бир элементи болуп саналат. Эл аралык рыногунда өлкөнүн туруктуу абалы, карыз милдеттемелердин өз убагында аткарылышы, анын эл аралык авторитеттин чыңдоого өбөлгө түзөт жана ошондой эле пайдалуу шарттарда кошумча инвестициянын агымын камсыз кылат. Мындан тышкары өлкөнүн валютасына болгон ишеним артат жана тышкы соода байланыштары чыңдалат. Башка жагынан алып караганда тышкы карыз кааткал (кризис) экономикалык гана эмес саясий маанидеги олуттуу тескери фактор болуп калышы мүмкүн. Мамлекеттик бюджеттен карыздар боюнча ченемсиз төлөмдөр социалдык, экономикалык, коргонуу жана башка өкмөттүк программаларды каржылоодо тоскоол кылат.

Мамлекет тышкы карызды башкарууда төмөндөгүдөй максаттарды коёт:

***экономикалык:*** максат – тыштан тартылуучу карыздардын наркын минималдаштыруу, кайра каржылоонун шарттарын жакшыртуу же карыздарды кайра түзүп чыгуу, тышкы карыздарды тейлөө боюнча жалпы чыгымдарды кыскартуу, тартылуучу ресурстарды колдонуунун натыйжалуулугун көтөрүү. Бул топко салыктан алынуучу каражаттардын түшүшүнүн жана күнүмдүк бюджеттик чыгымдарды каржылоонун бирдей эместигин тендештирүү максаты бюджеттик милдеттер катарында каралат;

***саясий максат:*** саясий системанын иштөөсүнүн туруктуулугун колдоо;

***социалдык максат:*** социалдык программаларды өз убагында каржылоо, социалдык туруктуулукту камсыз кылуу;

***улуттук коопсуздукту камсыздоо максаты:*** тышкы карыздын өтө эле оордугу, ал боюнча төлөмдөрдү өз убагында ишке ашыра албасак, анда ал улуттук экономиканын иштешине кыйынчылыктарды туудурат, көз карандысыз экономикалык саясатты жүргүзүү бузулат да, жыйынтыгында алар өлкөнүн экономикалык коопсуздугуна таасир берүүчү күчтүү фактор болуп кала берет. Теорияда мындай көрүнүш «кысымга алынган көз каарандылык», ал эми практикада муну өлкөнүн банкротко кептелгендиги деп айтышат.

Мамлекеттик карыз экономикалык системанын курамынын элементи, башкача айтканда мамлекеттик бюджетке, акча–насыя жана валюта системасына, инфляциянын деңгээлине, ички жана тышкы үнөмдөөгө, чет элдик инвестицияларга, ж.б. түз жана кыйыр таасирин тийгизүчү система. Демек, мамлекеттик карыз өлкөнүн экономикалык системасына таасир берет, ал эми аны натыйжалуу колдонуу мүмкүнчүлүгү негизинен эконмиканын өсүшүнүн жалпы деңгээли менен аныкталат жана практика жүзүндө ал экономикалык системанын бардык элементин (козгойт) камтыйт.

Мамлекеттик карызды башкаруу циклы түздөн–түз мамлекеттик башкарууга жана ошондой эле мамлекеттик кепилдикти берүүнү, менчик фирмаларга кепилдик берилбеген насыяларды тартууну, нормативдик–административдик жөнгө салууну өз кучагына камтыган кыйыр методдорго да таянат. Тартылган карызды түздөн–түз мамлекеттик башкаруу, бюджеттик жылга мамлекеттик карыздар менен мамлекеттик кепилдиктин

чектелген көлөмү бюджеттик процесстин контексинде ишке ашырылат. Кыргызстандагы жүргүзүлүп жаткан саясат– чоң көлөмдү тышкы карыздарды өздөштүрүп алууга багытталгандыгын белгилеп кетүү керек.

Мамлекеттик карызды жайгаштырууну жана башкарууну, башкаруу системасындагы негизги активтүү элемент катарында мүнөздөсөк болот. Тартылган ресурстарды колдонуунун үч ыкмасын бөлүп кароого болот:

*каржылык тартуу,* инвестициялык проектерди каржылоону жана экономиканы өнүктүрүүнү ишке ашыруу тышкы булактардын жардамы менен жүргүзүлөт. Бул ыкма тышкы карызды колдонуунун эң эле прогрессивдүү түрү болуп саналат. Мында, алынган ресурстарды өз убагында кайтарууну камсыз кылган конкреттүү жогорку эффективдүү проектерди тандап алуу өзгөчө мааниге ээ;

*бюджеттик колдонуу,* бул учурда тартылган каражаттар учурдун бюджеттик чыгымдарын каржылоого багытталат, анын ичинде тышкы карыздарды тейлөө кирет. Бул эл аралык ресурстар рыногунан тартылган каражаттарды колдонуу ыкмасы – иштеп жаткан ыкмалардын эң эле натыйжасыз ыкмасы;

*аралаш бюджеттик – каржы жайгаштыруу,* бул ыкмада учурдагы бюджетти каржылоого жана ошондой эле жалпысынан экономиканы өнүктүрүүгө колдонулат. Жаңыдан тартылган каражатар бюджеттин учурдагы чыгымдарын жана тышкы карызды тейлөөгө каржылоого багытталган.

## §4. Жергиликтүү бюджеттер

Жергиликтүү бюджеттер республиканын бюджеттик системасынын экинчи деңгээлин түзөт. Муниципиалдык же жергиликтүү бюджет, жергиликтүү өзүн өзү башкарууну жүргүзүүдө тиешелүү милдеттерди жана функцияларды камсыз кылуу үчүн арналган акча каражаттарын түзүү жана чыгымдоо формасын аныктайт. Жергиликтүү бийлик органдарына мамлекеттин социалдык саясатын ишке ашыруу милдети жүктөлгөн. Калкты социалдык тейлөө боюнча иш чараларды каржылоонун бир кыйла бөлүгү жергиликтүү бюджеттердин эсебинен жүргүзүлөт.

Экономикалык жана социалдык процесстердин эӊ көрүнүктүү жыйынтыктары жергиликтүү бюджеттердин чыгаша бөлүгүнө чагылдырылат. Чыгымдардын көбөйүшү турак жай– коммуналдык, маданый– турмуш тиричилик объектилерин кармап туруусга, аймактарды жаңы курулуштар менен жакшыртууга кете турган чыгымдардын деңгээлинин өсүшүнө байланышкан. Ошондой эле акыркы жылдары түрдүү ведомствалык объектилерди, башкача айтканда турак–жайларды, социалдык–маданий мекемелерди, турмуш–тиричиликти тейлөөчү уюмдарды муниципалдык менчикке берүү кеңири практикалануу менен бюджеттик чыгымдардын бир кыйлага өсүшү байкалууда.

Белгилеп кетүү керек, жергиликтүү бюджеттердин кээ бир чыгашаларынын түзүмү бирдей эмес жана чарбанын көлөмүнө жана бийлик органдары регионалдык түзүлүштөрдүн ведомствонун карамагына байланыштуу. Алсак, шаардык органдарга жергиликтүү өнөр–жай ишканаларынын, турмуш–тиричилик чарбаларынын, транспорттун бир кыйла бөлүгү баш иет, ошондуктан бул бюджеттердин чыгашаларында эл чарбасына каражаттарды бөлүштүрүү көлөмү бир кыйлага кетет. Райондук, округтук жана айылдык бийлик органдарынын карамагында негизинен социалдык–маданий мекемелер, ошондуктан булардын бюджеттеринин чыгашарынын көп бөлүгү социалдык–маданый иш чараларды каржылоого жумшалат, ал чыгашанын 60–80%ын түзөт.

Жергиликтүү бюджеттердин кирешелери, республиканын субъектилеринин бюджеттеринин кирешелериндей эле өздүк жана жөнгө салынуучу болуп бөлүнөт. Жергиликтүү бюджеттердин өздүк жана жөнгө салынуучу кирешелеринин жалпы схемасын 7–сүрөттөгү схема түрүндө көрсөк болот.

Жергиликтүү бюджеттин кирешелери Кыргыз Республикасынын Салык Кодекси жана башка мыйзамдык актылардын негизинде жергилитүү салыктардан жана жалпы мамлекттик салыктардан жана башка кирешелерден, трансферттер, гранттардан жана ыктыярдуу чогултуулардан топтолот.

Кыргыз Республикасынын Каржы Министрлигинин приказы №62–П 30.03.2012–жылы жарык көргөн буйругу менен жергиликтүү бюджеттин түзүмү төмөндөгүдөй бөлүктөрдөн турат:

- салык кирешелери;
- салык эмес кирешелер;
- финансы эмес активтери (активтер менен милдеттемелердин операциялык классификациясы).

8–Сүрөт. **Жергиликтүү бюджеттердин кирешелери**




72–Таблица**. Кыргыз Республикасынын жергиликтүү бюджети, млн.сом**

| | **2008** | **2009** | **2010** | **2011** | **2012** | **2012–ж. % менен 2008–ж.** |
|---|---|---|---|---|---|---|
| Бардык кирешелер | 12575,3 | 13973,3 | 15251,0 | 21604,8 | 23699,0 | 188,4 |
| Салык кирешелери | 4866,0 | 13730,2 | 15118,7 | 21364,4 | 23565,4 | 484,2 |
| Салык эмес кирешелер | 1372,5 | 1509,3 | 1321,2 | 1510,6 | 1609,2 | 117,2 |
| Финансы эмес активтери | 427,4 | 243,1 | 132,2 | 240,3 | 133,6 | 31,2 |
| Бардык чыгымдар | 12297,0 | 14278,1 | 15338,8 | 21420,5 | 23695,7 | 192,6 |
| Операциялык ишмердикти ишке ашыруу чыгымдары: | 11372,2 | 12978,7 | 14213,2 | 20217,7 | 22799,4 | 200,4 |

| | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| турак жай жана коммуналдык тейлөө | 1329,1 | 1444,1 | 1573,5 | 1813,6 | 2342,7 | 176,2 |
| саламаттык сактоо | 692,3 | 775,9 | 809,2 | 1196,3 | 1382,8 | 199,7 |
| билим берүү | 6608,9 | 7565,0 | 8181,2 | 13129,2 | 15398,0 | 232,9 |
| социалдык коргоо | 432,9 | 405,6 | 586,5 | 641,2 | 480,1 | 110,9 |

Статистикалык маалыматы: “КР статистикалык жылдагы”, 2013

Жергиликтүү бюджеттин (2008–2012–жж.) жалпы кирешелери 12575,3 млн. сомдон 23699,0 млн. сомго, же 88,4% өскөн, ошондой эле салык кирешеси– 4866,0 млн. сомдон 23565,4 млн. сомго, же 4,8 эсеге, салык эмес кирешелер– 1372,5 млн. сомдон 1609,2 млн. сомго, же 17,2% көбөйгөн (табл.72.)

Жогоруда көрсөтүлгөн иликтөөнүн негизинде, жергиликтүү бюджеттик чыгаша жактары да өсүүдө. Мисалы, 2008–ж. жолго чыгаша 12297,0 млн. сом болсо, ал эми 2012–ж.–23695,7 млн. сомго, же 92,6% өсүш болгон, анын ичинен операциялык ишмердикти ишке ашыруу чыгымдары– 2,0 эсеге, турак–жай–коомуналдык тейлөөлөр–76,4%, саламаттык сактоо–99,7%, билим берүү–2,3 эсеге жана социалдык коргоо–10,9% жогорулаган.

Жергиликтүү бюджетинин өзүн өзү башкаруу укуктары:

- жергиликтүү өзүн өзү башкаруу органдары өздөрү чечет: өзү башкаруучу аймакка жергиликтүү салыктарды жана чогултууну киргизүүнү же киргизбөөнү;
- мыйзамдык чегинде өзүнчө салык ченемин жүргүзөт
- кээ бир жергиликтүү салыктарды жана жыйындарды жеңилдетүүгө (преференция) жана андан бошотууга укугу бар;
- аларды эсептөө жана чогултууну тартибин бекитет.

Жергиликтүү салыктар Салык Кодекси аркылуу жана жергиликтүү кенештин нормативдик укуктук актыларынын негизинде түзүлөт жана аймактык чөйрөдө аны төлөгөнгө милдеттүү.

Жергиликтүү салыктарга негизинен жер салыгы, мүлк салыгы кирет, жана ошондой эле адистештирилген салыктар.

Республикалык жана жергиликтүү бюджеттерине жалпы мамлекеттик жана башка кирешелерди Кыргыз республикасынын мыйзамын негизинде бөлүштүрүлөт.

Жергиликтүү бюджетке салык эмес кирешелерге– бир мүнөздү мамлекеттик көмөк караштуу боюнча акчалай чогултуу,

мамлекет аркылуу көмөк көрсөтүү боюнча юридикалык жана физикалык жактардан милдеттүү түшкөн төлөмдөр, мамлекеттин менчиктердин наркынан түшкөн төлөмдөр жана санкциялар (айыптар).

## §5. Бюджеттик эмес фондулар

Каржы системасынын негизги звеносу мамлекеттик бюджеттик эмес фонду болуп саналат. Ал максаттуу багыттарга жумшала турган регионалдык же борбордук бийлик органдарынын карамагындагы каржы ресурстарынын топторунан түзүлөт.

Бюджеттик эмес фонд– калктын белгилүү бир социалдык катмарына (тобуна) бийлик тарабынан улуттук кирешени кайра бөлүштүрүү методдорунун бири. Алар жарандардын конституциялык укугун ишке ашыруу үчүн максаттуу багыттарга жумшала турган пенсиялык камсыздоо, социалдык камсыздандыруу, жумушсуздукту социалдык камсыздоо, ден соолукту коргоо жана медициналык жардамдар кирет. Мамлекеттик бюджеттик эмес фондунун чыгашалары жана кирешелери мыйзам чыгаруучу органдар тарабынан мамлекеттик бюджетти бекитүү жөнүндөгү мыйзамдын негизинде бекитилет. Мамлекеттик бюджеттик эмес фонддор негизинен юридикалык жана физикалык жактар тарабынан төлөнө турган милдеттүү чегерүүлөрдүн эсебинен түзүлөт.

Бюджеттик эмес фонддорду түзүү, чыгымдоо, башкаруу принциптери КР БК тарабынан регламенттештирилет, мамлекеттик бюджеттик эмес фонддордун бюджеттерин түзүү, бекитүү тартиби, алардын аткарылышы жөнүндө түзүлгөн жана бекитилген отчеттор Кыргыз Республикасынын бюджеттик процессинин нормасы менен жөнгө салынат. Бирок бюджеттик эмес фонддор бюджеттердин курамына кошулбайт. Мамлекеттик бюджеттик эмес фонддордун аткарылышы Кыргыз Республикасынын казнасы (казначей) тарабынан ишке ашырылат.

Кыргыз Республикасынын мамлекеттик бюджеттик эмес фонддору төмөнкүлөр:

- пенсиялык фонд;
- социалдык камсыздоо фонду;

- милдеттүү түрдө медициналык камсыздоо фонду;
- калкты жумуш менен камсыздоонун мамлекеттик фонду.

**Пенсиялык фонд** өз алдынча каржы–насыя мекемеси катарында пенсиялык камсыздоого мамлекеттик башкарууну киргизүү максатында мыйзам боюнча өзүнүн ишин ишке ашырат.

Пенсиялык фонддун каражаттары КР Пенсиялык фонд жөнүндө Жобосуна ылайык үч негизги булактарынын эсебинен түзүлөт: жумуш берүүчүлөрдүн камсыздоо төлөмдөрүнөн; жумушчулардын камсыздоо төлөмдөрүнөн жана республикалык бюджеттен бөлүнгөн каражаттардан. Каражаттардын бир бөлүгү убактылуу бош жаткан каражаттарды капитализациялоодон түшөт. Фонддо каражаттар жетишбесе калса банктардын насыяларын колдонсо болот.

Пенсиялык фонддун каражаттары мамлекеттик пенсияларды, аскерлердин, инвалиддердин пенсияларын, пенсионерлердин компенцасиясын, 1,5дан 6 жашка чейинки балдарга пособияларды, ошондой эле Чернобыл АЭСинин авариясынан жапа чеккендердин пособияларын төлөөгө жумшалат.

Пенсиялык фондду башкаруу өзүнүн улуттук–мамлекеттик жана административдик–аймактык түзүлүштөрдөгү башкармалык жана анын дайыма иш алып баруучу органы тарабынан ишке ашырылат. Жер жерлерде (шаарларда, райондордо) Фонддун өкүлдөрү иш алып барат.

**Социалдык камсыздоо фонду –** бюджеттик эмес социалдык фонддо мааниси боюнча экинчи оорунду ээлейт. Ал КР Өкмөтүнүн Токтому менен бекитилген СКФ жөнүндө Жобого ылайык иш алып барат. Фонддун негизги милдеттери: сөзсүз бериле турган мамлекеттик пособия менен камсыз кылуу; жумушчулардын ден соолугун сактоо боюнча мамлекеттик программаны иштеп чыгууга жана ишке ашырууга катышу, социалдык камсыздоону жакшыртуу боюнча иш чараларды даярдоо.

Социалдык камсыздоо фондун түзүмү:

- жарандардын жана юридикалык жактардын камсыздоо төлөмдөрү;
- убактылуу бош калган каражаттардын бир бөлүгүн инвестициялоодон түшкөн кирешелер;

- жарандардын жана юридикалык жактардын өз каалоосу менен төлөнгөн төлөмдөрү;
- радияциядан жабыр тарткан жактарга жеңилдиктерди берүүгө байланышкан, ошондой эле башка максаттарга багытталган чыгымдарды жабууга КР республикалык бюджеттинен бөлүп берилген каражаттар.

СКФнын ишмердүүлүгүн камсыздоо үчүн борбордук аппарат түзүлгөн, ал эми аймактык тармактык бөлүмдөрдө СКФнын аппарат органдары иш алып барат. СКФнын алдында Башкармалык түзүлөт, ал эми регионалдык тармактык бөлүмдөрдө координациялык кеңештер иштейт. СКФнын ишмердүүлүгүн жетектөөнү КР Өкмөтү дайындаган анын төрагасы алып барат.

**Калкты жумуш менен камсыздоонун мамлекеттик фондду** КРдин «Калкты жумуш менен камсыздоо жөнүндө» мыйзамы боюнча түзүлгөн. Ал калкты жумуш менен камсыздоо боюнча мамлекеттик саясатты ишке ашыруу менен байланышкан иш чараларды каржылоо үчүн түзүлгөн. Бул фонддун мамлекетке керек экендиги өлкөбүздө жумушсуздук– деген өзгөчө катагериянын жаралышы менен пайда болду.

Каражаттарды түзүү жана чыгымдоо тартибин Калкты жумуш менен камсыздоонун мамлекеттик фонду жөнүндө Жобо аныктайт. Жобого ылайык, жумуш берүүчүлөрдүн камсыздоо төлөмдөрүнөн, жумушчулардын камсыздоо төлөмдөрүнөн жана республикалык бюджеттен бөлүнгөн каражаттардан жана Кыргыз Республикасынын субъектилеринин бюджеттеринен Фонд түзүлөт. Кошумча булактар юридикалык жана физикалык жактардын өз эркинче төлөмдөрү жана башка каражаттар болушу мүмкүн.

Калкты жумуш менен камсыздоо каражаттардын түзүмү:

- калкты жумуш менен камсыздоонун активдүү саясатынын программасына (профессионалдык окутуу, жумушчу оорундарды сактоо жана түзүү, эмгек акыга субсидиялар жана компенсациялар, коомдук жумуштарды уюштуруу жана башкалар);
- жумушсуздарды материалдык жактан колдоо программмасына ылайык– пособиялар, материалдык жардамдар, мөөнөтүнөн мурдагы пенсиялар;

• калкты жумуш менен камсыздоо программасы боюнча маалыматтык чыгымдар: камсыздоо булагы жана фондун кызматкерлерин кармо чыгымдары.

**Милдеттүү түрдө медициналык камсыздоо фонду** «КРдин жарандарын милдеттүү түрдө медициналык камсыздоо жөнүндө» мыйзамына негизинде түзүлгөн. Медициналык камсыздоо жаатындагы саясатты ишке ашыруу үчүн өз алдынча коммерсиялык эмес каржы–насыялык мекеме катарында республикалык жана аймактык медициналык камсыздоо фонду түзүлгөн. Бул фонддор республикалык милдеттүү түрдө медициналык камсыздоо жөнүндөгү Жобого ылайык иш алып барат. Республикалык медициналык камсыздоо фонду: аймактык милдеттүү түрдө медициналык камсыздоо фонддунун иштөө шартын теңдөөгө; милдеттүү түрдө медициналык камсыздоонун чегинде максаттуу программаларды каржылоого; каржы каражаттарын рационалдуу колдонууну көзөмөлгө алуунун ишке ашырууга багытталган.

Республикалык фонддун каржы каражаттары: ишканалар жана уюмдардын милдеттүү түрдө медициналык камсыздоосунун камсыздоо төлөмдөрүнүн бир бөлүгүнөн; келишимдик негизде аткарылуучу биргелешкен программаларды ишке ашырууга аймактык фонддордун төлөмдөрүнөн; милдеттүү түрдө медициналык камсыздоо программаларын ишке ашырууга республикалык бюджеттен бөлүнгөн каражаттардан; юридикалык жана физикалык жактардан өз каалоосу менен берилген төлөмдөрдөн; фонддун убактылуу бош жаткан каражаттарын иштетүүдөн жана башка келип түшүүлөрдөн алынган кирешелерден түзүлөт.

Милдеттүү түрдө медициналык камсыздоонун аймактык фондусу жергиликтүү бийлик өкүлдөр тарабынан түзүлөт. Ал; тиешелүү лицензиясы бар камсыздоо уюмдары тарабынан милдеттүү түрдө медициналык камсыздоонун каржылоону; милдеттүү түрдө медициналык камсыздоо системасын камсыздоо боюнча каржы–насыя ишмердигин; камсыздоону ишке ашырууга багытталган шаарлардын жана райондордун каржы ресурстарын теңдөөнү; камсыздоочуларга, эгерде алардын каржы каражаттары жетишпесе насыяларды берүүнү; милдеттүү түрдө медициналык камсыздоо системасынын туруктуулугун камсыздоо үчүн резервдерди топтоону; каражаттарды рационалдуу пайдаланууну көзөмөлдөө иштерин ишке ашырат.

Аймактык фонддун каржы каражаттары республиканын мамлекеттик менчигинде болот, бюджеттердин жана башка фонддордун курамына кирбейт жана ошондой эле алып таштоого болбойт. Бул каражаттар: ишканалардын уюмдардын жана башка чарба жүргүзүүчү субъектилердин милдеттүү түрдө медициналык камсыздоосунун камсыздоо төлөмдөрүнүн бир бөлүгүнөн; убактылуу бош жаткан каражаттарды колдонуудан алынган кирешелерден; медициналык мекемелерден жана башка юридикалык жана физикалык жактардан, аларга коюлуучу регрестик талаптардын негизинде алынган каржы каражаттарынан; мыйзамда чектелбеген өз эркинче төлөмдөр жана башка кирешелерден түзүлөт.

Бул фонддорго камсыздоо төлөмдөрүнүн өз убагында жана тура түшүшүн көзөмөлдөөнү Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик салык кызматы ишке ашырат.

## §6. Бюджет аралык мамилелер– учурдагы кырдаал, көйгөйлөр жана аларды чечүүнүн жолдору

Өлкөнүн бюджеттик системасына кирүүчү бардык бюджеттер бюджет аралык мамилелердин чегинде бири – бири менен өз ара иш алып барышат.

Бюджет аралык мамилелер – бул тиешелүү бюджеттердин түзүлүшү жана аткарылышы менен байланышкан республикалык бийлик органдары менен жергиликтүү өзүн өзү башкаруу органдарынын ортосундагы байланыштар.

Бюджет аралык мамилелер төмөндөгү принциптерге негизделет:

- бюджеттик системанын белгилүү бир деңгээли боюнча бюджеттердин чыгашаларын бөлүштүрүү жана бекитүү;
- бюджеттик системанын деңгээли боюнча жөнгө салынуучу кирешелерди чектөө;
- субъектилердин бюджеттик укуктарынын жана муниципалдык түзүлүштөрдүн бюджеттик укуктарынын теңдиги;
- субъектилердин, муниципалдык түзүлүштөрдүн минималдык бюджеттик камсыздоосунун деңгээлин теңдөө;

- республикалык бюджеттердин жана жергиликтүү бюджеттердин теңдиги.

Бюджет аралык мамилелердин принциптери:

- бюджетик – салык системасынын бир нече деңгээлинин бирдей иштеши;
- тиешелүү аймактарда конкреттүү багыттар жана ишмердүүлүктүн түрлөрү үчүн бийликтин түрдүү деңгээлинде, алардын ыйгарым укугун жана жоопкерчилигин мыйзамдын чегинде же келишимдин негизинде бөлүштүрүү;
- ар бир деңгээлине жараша алардын мыйзамдык аймакка жараша конкреттүү ишмердигин жана багытын бөлүштүрүү;
- чыгашалардын көлөмүн корректировкалоо үчүн ишенимдүү жана жалпыга белгилүү алардын өзгөчөлүктөрүнүн эсебинин ыкмасын колдонуу;
- ар бир бюджеттик системанын деңгээли үчүн салыктык жана салык эмес киреше булактарын бекитүү ж.б.

Республикалык жана регионалдык бюджеттердин чыгашаларынын классификациясына каржылоонун атайын позициясын төмөндөгүдөй регионалдык саясаттын багыттары боюнча белгилөө керек: нормативдик бөлүштүрүлүүчү чыгымдарды жабуу үчүн өздүк каражаты жетишпеген төмөнкү деңгээлдеги бюджеттерге компенсацияларды берүү; кээ бир региондордун өнүгүүсүн колдоо программасын ишке ашыруу; депрессиядагы аймактарды колдоо боюнча иш чараларды колго алуу ж.б.

Регионалдык бюджеттерди жакшыртуу региондордогу бюджеттик процессти жөнгө салууга мүмкүнчүлүк берет, башкача айтканда бюджеттин статьяларынын ачыктыгын, алардын республикалык классификаторуна тура келишин камсыз кылат; бюджетке регионалдык бюджеттик эмес фонддордун консолидациясын, бюджеттердин казначейлик аткарылышын ишке ашырат.

Бюджет аралык мамилелердин тура иштешинин негизги шарты болуп регионалдык бюджеттердин каражаттарынын туура жана максаттуу чыгымдалышын республикалык борбор тарабынан көзөмөлдөө. Региондордун киреше базаларын колдонуу даражасына жана потенциялына, анын менчигиндеги жана

карамагындагы жаратылыш ресурстарына, кыймылсыз мүлктөргө сөзсүз түрдө баа берүү кирет. Чыгашаларды да ошондой эле жол менен декларациялоо зарыл, анткени каржы көмөгүндө болгон аймак өзлөрүнүн каражаттарын ыксыз сарп кылышы мүмкүн.

Башта бөлүнгөн каражаттардын иш жүзүндө натыйжалуу колдонушун тиешелүү бийлик органдарынан сөзсүз түрдө талап кылуу зарыл. Мындай официалдуу тастыктоо кийинки колдоо каражатын алууга кошумча негиз болушу мүмкүн. Алынган каражаттарды толук түрдө колдонбой калуу негизги көйгөй эмес, аларды региондо конкреттүү параметрлер (жакырчылыктын деңгээлин кыскартуу, жумушчу орундарды көбөйтүү ж.б.) боюнча жакшыртууга же стабилдештирүүгө натыйжалуу колдонуу болуп саналат.

Мамлекеттик каржылык колдоо предметин өзгөртүү бюджет аралык мамилелерди модернизациялоо үчүн чоң мааниге ээ. Алар региондордун чар жайыт өнүгүүшү мүмкүн эмес, ошондуктан конкреттүү милдеттерди региондордун ресурстарын консолидациялоо менен республикалык бюджеттин бөлүнгөн каражаттарынын эсебинен белгиленген мөөнөттө белгилүү жыйынтыктар менен чечүүгө болот.

# БАП XV

# ФИСКАЛДЫК САЯСАТ ЖАНА АНЫН МЕХАНИЗМДЕРИ

## §1. Фискалдык саясат боюнча түшүнүк

Фискалдык (лат. Fiscals–казналык) саясат– өкмөттүк кирешелерди жана чыгашаларды жөнгө салу боюнча мамлекеттин каржылык иш чараларынын жыйындысы.

Фискалдык саясат– бул макроэкономикалык жөнгө салуунун негизги инструменттеринин бири. Фискалдык саясат мамлекеттик чыгашаларды жана салык салууларды өзгөртүү боюнча өкмөттүк органдар тарабынан көрүлгөн иш чаралардын жыйындысы. Анын негизги милдети: экономикалык циклдеги туруксуздукту жок кылуу, экономикалык өсүштүн темптеринин туруктуулугун камсыз кылуу, калкты жумуш менен камсыздоонун жогорку деңгээлине жетишүү, инфляцияны кыскартуу ж.б.

Фискалдык саясат экономикалык кырдаалдын өзгөрүшүн жөнгө салуу механизмдерине байланыштуу дискрециондук жана автоматтык фискалдык саясат (ар тараптан стабилдештирүүчү саясат) болуп экиге бөлүнөт.

Дискрециондук саясат өкмөт тарабынан мамлекеттик чыгымдарга жана салыктарга карата атайын манипуляциялоону жүргүзүү саясаты. Аны активдүү фискалдык саясат деп да айтып коюшат. Ал түз жана кыйыр инструменттердин жардамы менен ишке ашат. Биринчиде, товарларды мамлекеттик сатып алуулардын жана кызмат көрсөтүүлөрдүн, трансферттик төлөмдөрдүн өзгөрүшүн киргизебиз. Экинчиде салык салуудагы өзгөрүүлөр (салыктын ставкалары, салык жеңилдиктери, салыктоонун базасы), тездетилген амортизация саясаты кирет.

Фискалдык саясаттын көптөгөн милдеттеринин ичинен негизгилери төмөнкүлөр:

- улуттук кирешенин туруктуу өнүгүүшү;
- инфляциянын орточо темпи;
- калктын толук жумуш менен камсыз болушу;
- экономиканын циклдык туруксуздугун жок кылуу.

Фискалдык саясаттын инструменттери: ар түрдүү салыктарды жана салыктардын ставкаларын манипуляциялоо, трансферттик төлөмдөр жана башка мамлекеттик чыгымдардын түрлөрү. Фискалдык саясаттын негизги комплекстүү инструменти жана натыйжалуулук көрсөткүчү болуп салыкты жана чыгымды бир механизмге бириктирүүчү мамлекеттик бюджет саналат. Түрдүү инструменттер экономикага ар түрдүү жолдор менен таасир этет. Мамлекеттик сатып алуулар жалпы чыгымдардын бир компоненттин түзөт, ошондой эле суроо талаптын да. Анча–мынча чыгымдардай эле, мамлекеттик сатып алуулар жалпы чыгымдардын деңгээлин көбөйтөт. Мамлекеттик сатып алуулардан тышкары да мамлекеттик чыгымдардын дагы бир түрү бар. Ал трансферттик төлөмдөр. Алар ИДПга кошулбайт, бирок өздүк жана кызыктыруучу кирешелердин курамына кирет. Жеке керектөөнүн көлөмү улуттук керектөөгө эмес, кызыктыруучу кирешеге байланыштуу. Трансферттик төлөмдөр үй чарбаларынын кызыктыруучу кирешелерин көбөйтүү менен керектелүүчү суроо талаптарга кыйыр түрдө таасир кылат. Жалпы чыгымдарга терс таасир берүүчү инструмент болуп салык эсептелинет. Кандай салык болбосун, ал кызыктыруучу кирешенин көлөмүнүн азайгандыгын түшүндүрөт. Кызыктыруучу кирешенин азайышы керектелүүчү чыгашалардын азайышын гана алып келбестен жыйноонун, үнөмдөөнүн да азайышына алып келет.

Бюджеттик – салыктык жөнгө салуунун кемчилиги болуп керектүү ишти ишке ашырууда убакыттын абдан эле узактыгын айтабыз. Ал өзүнө биринчиден, өлкөдө өндүрүштүк төмөндөө же инфляция башталды дегенден баштап кандай иш аракеттерди көрүү керек дегенге чейинкини түшүнгөн убакытты камтыйт. Экинчиден, түшүнгөндөн баштап экономикалык саясаттын конкреттүү чараларын бекиткенге чейинки убакыттын аралыгын эсептейбиз. Үчүнчүдөн, берилген чараларды бекиткенден баштап, аларды ишке ашыргандан алынган натыйжага чейинки аралыкты камтыйт.

Фискалдык саясат экономиканы каржылык жөнгө салуунун ыкмасы катары салык салу жана мамлекеттик чыгымдар сыяктуу күчтүү рычактардын жардамы менен ишке ашат. Буга байланыштуу фискалдык саясаттын эки түрү жүргүзүлөт: дискрециондук жана автоматтык (дискрециондук эмес). **Дискрециондук** саясатта

өлкөнүн экономикалык абалын жакшыртуу үчүн мамлекет атайын салык салууну жана мамлекеттик чыгымдарды жөнгө салат. Бул жөнгө салуу экономикалык циклдын түрдүү фазасында ар түрдүү. Кризис убагында (өндүрүш төмөндөйт) мамлекет өзүнүн чыгымдарын көбөйтөт, салыктарды төмөндөтөт, ошону менен бирге сатып алуу суроо талаптарын күчөтүүгө (кеңейтүүгө) түрткү берет.

Инфляция коштолгон өндүрүштүн жогорулашы менен мамлекет өзүнүн активдүүлүгүн токтотот (чыгымдарын азайтат, салыктарын көбөйтөт). Көп жактуу жөнгө салуучулука негизделген фискалдык саясатта экономикалы циклдын түрдүү фазасындагы жагымсыз абалды мамлекеттин катышуусуз эле жөнгө салуучу механизмдер колдонулат. Экономиканын жогорулоо фазасында прогрессивдүү салык салуунун эсебинен ишканалардын жана жумушчулардын кирешеси өсөт, ошондой эле салыктын көлөмү да көбөйөт. Ошол эле мезгилде жумушсуздук азаят жана аз камсыз болгон үй–бүлөөлөрдүн абалы оңолот, ошону менен бирге жумушсуздук боюнча пособия төлөмдөрү жана кээ бир социалдык төлөмдөр азайат. Жыйынтыгында, орточо эмес экономикалык өсүштү токтото турган жалпы суроо талаптардын көлөмү кыскарат. Кризис фазасында салыктын көлөмү автоматтык түрдө кыскарат (кирешелерден алынуучу салыктын суммасы кыскарат), ал эми социалдык төлөмдөр (анын ичине жумушсуздук боюнча пособиялар) өсөт. Жыйынтыгында калктын сатып алуу жөндөмдүүлүгү өсөт жана ошондой эле кризистен чыгууга мүмкүндүк алынат.

**Автоматтык** (дискрециондук эмес) фискалдык саясат– бул жалпы кирешенин циклдык өзгөрүүсүнүн натыйжасында мамлекеттик чыгымдардын, салыктардын көлөмүнүн жана мамлекеттик бюджеттин калдыгынын автоматтык түрдө өзгөрүшү. Дискрециондук эмес фискалдык саясат экономикага стабилдештирүүчү таасирди берген ИДПнын өсүү мезгилинде мамлекеттик бюджетке автоматтык түрдө таза салыктардын түшүшүнүн көбөйүшүн болжолдойт. Бул өзгөрүүлөр автоматтык стаблизаторлордун аракети менен ишке ашат.

Иреттелген (автоматтык) стаблизатор–бул өкмөттүн экономиикалык саясатынын тез–тез өзгөрүп турушуна барбастан, калкты жумуш менен камсыз кылуунун жана өндүрүүнүн деңгээлинин циклдык амплитудасын кыскартууга алып келүүчү

экономикалык механизм. Экономиканын иреттелген (автоматтык) стаблизатору дискрециондук фискалдык саясаттын убактысынын узактыгынын көйгөйлөрүн салыштырмалуу жеңилдетет, анткени бул механизмдер өкмөттүн түздөн–түз кийлигишүүсүз аракетке келишет. Мындай автоматтык стаблизаторлор:

**биринчиден**–экономикалык өсүү мезгилинде жалпы суроо талаптардын өсүшүн токтотуучу прогрессивдүү салык системасы, анткени калктын кирешесинин өсүшү менен салыктардын ставкасы жогорулайт, ал эми экономикалык тартыштыктан келип чыккан кирешелердин азайышы менен жалпы суроо талапка стимулдаштыруу жүрөт да, салыктардын ставкаларынын төмөндөшү менен кызыктыруучу киреше көбөйө баштайт;


**экинчиден**–экономикалык тартыштык кырдаалында жумушсуздук боюнча пособиялар жана башка социалдык төлөмдөр жумушсуздуктун санынын өсүшүнүн натыйжасында көбөйөт, ал эми тескерисинче, экономикалык өсүштүн натыйжасында жумушсуздук азайят жана ошону менен бирге жогорудагы төлөмдөр автоматтык түрдө кыскарат. Иреттелген (автоматтык) стаблизаторлор тең салмактагы ИДПнын айланасындагы анын потенциалдык көлөмүндө циклдык өзгөрүүсүнүн себебин жок кыла албайт, болгону бул өзгөрүүлөрдүн аралыгын чек коюшат.

Азыркы учурда өнүккөн өлкөлөрдө жалпысынан салык саясаты–кризистик көрүнүштөр, инфляциялар, экономикалык өсүштүн темпинин төмөндөшү, жумушсуздук, көмүскө экономиканын өсүшү, ж.б. менен салык ставкаларын радикалдуу төмөндөтүү аркылуу күрөшүүгө багытталган, азыркы экономикалык ойчулдардын мектебинин бири болгон сунуш экономикасынын (СЭ) теориялык постулатына таянат. СЭнин негизги теориялык постулаты, жогоруда айтылгандай, мамлекеттик бюджетке салыктардын түшүүсүнүн, салыктардын ставкаларынын жана улуттук өндүрүштүн деңгээлинин ортосундагы бири–бири менен болгон байланыштарды тургузган А.Лаффердин белгилүү ийри сызык салыгын чагылдырат. А.Лafферд боюнча аныкталган деңгээлден жогору салык ставкаларын көтөрүү (экономиканын өнүгүү деңгээлине жараша) салык төлөөчүлөрдүн өндүрүштү иштетүүгө кызыгуусун токтотот, натыйжада салык базасы кыскарат, ошол эле учурда бюджетке салыктардын түшүшү азайат.

Демек, туура фискалдык саясаттан төмөндөгүлөр көз каранды:

- эмгекке жана ишкердүүлүк иштерге шыктандыруу (стимулдоо);
- өндүрүлгөн продукциялардын көлөмүн көбөйтүү жана эмгек өндүрүмдүүлүгүн жогорулатуу;
- салыктанбаган кирешелердин өсүшүнүн натыйжасында керектөөнүн көбөйүшү;
- мамлекеттик бюджетти колдонуунун натыйжалуулугу, анткени улуттук кирешенин көлөмүнүн өсүшү мамлекеттик кирешенин көбөйүшүнө алып келет;

Сүрөт 9. **Мамлекеттин фискалдык саясатынын экономикага тийгизген таасири**




- баанын жана инфляциянын деңгээли;
- ачык жана көмүскөдөгү экономиканын ортосундагы өзгөрүүлөр.

## §2. Салыктар фискалдык саясаттын инструменти

Салыктар–бул юридикалык жана физикалык жактар (ишканалар, уюмдар жана жарандар) мамлекеттин кирешесине мидеттүү түрдө төлөөчү төлөмдөр. Эреже катары бул төлөмдөр милдеттүү гана эмес, кайтарымсыз жана аргасыз төлөнүүчү төлөмдөр. Салыктар сөзсүз керек, анткени мамлекет алардын жардамы менен көптөгөн экономикалык жана социалдык процесстерге таасирин тийгизет. Алар белгилүү бир ишмердиктин түрүн сыйлоого же токтотууга, региондордун жана тигил же бул тармактын өнүгүүшүнө багыт берүүгө, акчанын санын жана акчанын жүгүрүшүн жөнгө салууга, ишкерлердин инвестициялык активтүүлүгүнө таасир берүүсүнө, баалуу кагаздардын рыногунун иштөөсүнө, жалпы суроо талаптардын жана жалпы сунуштардын ортосундагы тең салмактуулуктун сакталышына жардам берет. Салыктар колдоого караганда көбүрөөк ачууну келтиргени менен, аларсыз азыркы коом да, мамлекет да жашоосу мүмкүн эмес. Бирок салыктар Адам Смид айткандай адилеттүү болушу керек–бул өзүнчө эле экономикалык аксиома.

Дж. М. Кейнстин теориясына ылайык салыктар экономикалык системада «иреттелген ийкемдүү механизм» катарында аракет кылат. Прогрессивдүү салыктар, анын оюу боюнча бюджеттин бөлүнгүс бөлүгү болуп оң ролду ойношот, экономикада тең салмактуулука таасир берүүчү экономикалык категория болуп саналат. Салыктын азайышы бюджеттин кирешесин төмөндөтөт жана экономикалык туруксуздукту күчөтөт. Ал эми салыктар «иреттелген стаблизатор» катарында бул процессти токтотот. Экономикалык жогорулоо учурунда салык кирешелерине карганда салыктоочу кирешелер акырындык менен өсөт, ал эми кризисте кирешелердин төмөндөшүнө караганда салыктар тезирээк азаят. Ошону менен коомдо салыштырмалуу туруктуу социалдык абалга жетүүгө болот.

Бирок, азыркы шартта качан инфляция өндүрүштүн шартында өзгөрүүлөрдүн натыйжасы катарында өнөкөт мүнөзгө айлана баштаганда, сатууга ресурстарга болгон суроо талаптарга караганда, аларга болгон сунуштарды жакшыртуу боюнча кийлигишүүлөр керек болуп калды.

Ошондуктан неоклассиктердин теориясын жактоочулар, эркин атаандаштыктын артыкчылыктарын негиздөөчүлөр болуп саналат. Бул багытка ылайык тышкы корректирлөөчү чаралар эркин атаандаштыктын мыйзамдарына жолтоо кылуучу тоскоолдуктарды жоюуга багытталышы керек, ошондуктан мамлекеттик кийлигишүү, анын «көрүнбөгөн жөнгө салуучу колу» менен рынокту чектөөгө болбойт.

Сунуштар теориясынын жактоочулары салыктарды кыскартууну жана корпорацияларга салык жеңилдиктерин берүүнү сунуштайт, анткени чоң салыктар ишкердүүлүктүн активтүүлүгүн токтотот, инвестициялоо, жаңылануу жана өндүрүштү кеңейтүү саясатына тоскоол болот. Бул теориянын негизги постулаты– рыноктун жакшы жөндөөчүсү– рыноктун өзү, ал эми мамлекеттик жөнгө салу жана чоң салыктар анын жакшы иштөөсүнө жолтоо болот деп ырастайт.

Сунуштоо экономикасынын (СЭ) принциптеринин бири– түрдүү компанияларга жана кээ бир экономиканын тармактарына салык жеңилдиктерин токтотуу: же чоң салыктар жана көп сандагы салык жеңилдиктери, же аз салыктар жана салык жеңилдиктерин жокко чыгаруу. Салык жеңилдиктери салыктоочу кирешелердин азайышына жана салык базасынын кыскарышына алып келет.

Сунуштоо экономикасынын классикалык принциби « Trop of tuelimpot» (чоң салык салыкты жок кылат) – деп айтылат. Бул принципке ылайык салыктар аларды төлөөчүлөр үчүн оордук келтирбей, улуттук экономиканын өнүгүүшүн стимулдоонун бири болуш керек. Алар ишкер чечимдерди кабыл алууда биринчилерден болуп таасир көрсөтпөш керек, алардын көлөмүнө жана төлөө тартибине коммерциялык же башка ишмердүүлүктү жүргүзүүнүн формасын тандоодо, пайданы бөлүштүрүүдө көз каранды болбошу зарыл. Өкмөттүн салык саясаты өлкөдөгү ыңгайлуу салык климатын түзүүгө, үнөмдөп топтоолорду жана инвестицияларды стимулдоого багытталышы керек.

Бирок салык ставкаларынын деңгээлинин түзүлүшүнүн жалпы мыйзамы бар. Салыктардын жогорку жана төмөнкү ставкалары чарбалык процесстерге жана ишкерлердин ишмердүүлүк активдүүлүгүнө түрдүү таасирин көрсөтөт, инвестициялык процесстерге да ар түрдүү реакцияларды алып келет.

Демек, салык системасынын иштөөсү үчүн анын түзүлүү принциптерин, салыктардын маанисин, формаларын жана түрлөрүн эле билүү жеткиликтүү эмес. Ошондуктан азыркы салык теориясы салыктардын таасиринин оптималдуу чек арасын издөөнү ишке ашыруу менен иштеп жаткан салык системасын талдоого, анын позитивдүү жактарын аныктоого жана аны корректировкалоого негиздейт. Бул теориялар күбө болгондой кандайдыр бир чек араны аныктоо практикада мүмкүн эмес, бирок экономиканын өнүгүүшүнүн, бюджетке салыктардын түшүшүнүн жана салыктардын структурасынын ортосундагы бири–бири менен болгон байланыштардын тенденциясын байкоо жүргүзүүгө болот.

Азыркы рынок шарттарында салыктардын милдети алардын функцияларында көрүнөт. Алар фискалдык жана экономикалык функциялар болуп экиге бөлүнөт. Фискалдык функция мамлекеттин акча кирешесин түзүүгө кызмат кылат. Салык салу аркылуу топтолгон мамлекеттик каражат жол, социалдык багыттагы ири объектилерди (больницаларды, мектептерди, бала бакчаларды, бассейиндерди, библиотекаларды) курууга, билим–илимди өнүктүрүүгө, айлана чөйрөнү коргоого жумшалат. Каражаттардын бир бөлүгү саламаттыкты сактоого жана медицинаны өнүктүрүүгө жумшалат, башкача айтканда медициналык техникаларды өркүндөтүүгө, фармакологияга, эненин жана баланын ден соолугун коргоого, медициналык изилдөөлөрдү жүргүзүүгө. Каражаттын балгилүү бир бөлүгү жалпы орто, адистешкен жана жогорку билим берүү системасын өнүктүрүүгө, анын ичинде мугалимдердин эмгек акын жана студенттердин стипендиясын төлөөгө жумшалат. Ушул эле каражаттардан мамлекет кары–картаңдардын үйүн карайт, инвалиддүүлүгү боюнча жана көп балалууларга пенсиялар жана пособиялар төлөнөт, коомдун эмгекке жарамсыз жарандарына жана оорулууларга жардам көрсөтүлөт, мамлекеттик аппараты, армияны, укук коргоо органдарын кармайт.

Салыктардын функциялары бири–биринен диалектикалык көз каранды болушат. Алсак, бюджеттке топтолгон салык канчалык көп түшсө, ошончолук көп социалдык объектилерди курууга, фундаменталдык илимий изилдөөлөрдү жүргүзүүгө өбөлгө түзүлөт. Ошол эле учурда инвестициялык активтүүлүктүн өрчүшүү, өндүрүштүн масштабтарынын өсүшүнө (экономикалык

функция) мамлекеттик бюджетке салыктардын түшүшүнүн көбөйүшүнө (фискалдык функция) шарт түзөт.

Кейнсиндик шартка ылайык салыктарды фискалдык саясаттын негизги инструменти катарында колдонуу ишкердик жана инвестициялык активдүүлүктү стимулдоосу мүмкүн, анткени салыктарды азайтуудан салыктын деңгээлинин төмөндөө көлөмүнө караганда, ишкерлердин карамагында акча каражаттарынын бир кыйла бөлүгү калат. «Каржы» жана «салык» түшүнүктөрүнүн келип чыгышы жөнүндө кызыктуу фактыга кайрылсак, анда орто кылымдын башында бул терминдер өзлөрүнүн функционалдык мааниси боюнча бирдей болушкан. Алсак, XI – XIII кылымдарда finatio жана financia сөздөрү биринчи жолу италиянын шаарларында колдонула баштады. Алар акчаны сөзсүз түрдө төлөөнү жана төлөө мөөнөтүн түшүндүргөн. Бул термин салык милдеттемелерине да тиешелүү болгон. Германияда бүтүндөй 400 жыл, «каржы» термини пайда болгондон тартып, XIV–XVII кылымдарда «каржы»– деген сөзгө терс маанини– опузалап алуу, пара алуу деген түшүнүктөрдү жармаштырып келишкен. Ал эми прогрессивтүү Францияда XVI кылымда каржы деген сөздү азыркы маанисинде эле колдонуп келишкен.

## §3. Кыргыз Республикасындагы салык салуунун тутуму

Кыргыз Республикасындагы салык салуунун системасы 1992–жылдын башында ишке киргизилген. Салыктык укуктук мамилелерди жөнгө салуучу, нормаларды аныктоочу нормативтик укуктук актыларга КРдин Конституцисы, КРдин Салык кодекси, мыйзамдар, КР ЖК жана анын палаталарынын токтомдору, КР Президнетинин жарлыктары, КРдин Өкмөтүнүн токтомдору, ошондой эле КРдин Каржы министрлигинин актылары, жалпы маалыматтык мүнөздөгү жергиликтүү мамлекеттик администрациялардын жана жергиликтүү өзүн өзү башкаруу органдарынын чечимдери кирет. 1996–жылдын июлунан баштап республикада салык салууну жөнгө салуучу нормативдик–укуктук актылардын системасында негизги мыйзам болгон КРдин Салык кодекси ишке киргизилген.

Өткөөл экономикада Кыргыз Республикасынын салык системасы татаал шарттарда түзүлдү. Анткени өндүрүштүн

төмөндөп кетишинен натыйжасында мамлекеттик бюджетке кирешелерди чогултуу көйгөйү жаралды; менчиктештирүүдөгү баш аламандык мамлекеттин каржыны топтоодогу негизги булагынан ажыратып салды; тышкы карыздардын өсүшү бийликти салык салуу саясатында фискалдык максаттарга жетүүгө аргасыз кылды.

Салыктар жана аларды жыйноолор системасы коомдук өндүрүшкө, анын түзүмүнө жана өсүшүнө, жайгашышына, илимий–техникалык прогресстин өнүгүүшүнө экономикалык таасир берүүчү инструмент болуп кызмат кылат. Ишкердүүлүктүн өнүгүүсүндөгү иш аракеттеринин тигил же бул тармактарындагы активтүүлүгүн салыктар менен шыктандырса, же болбосо чектеп койсо да болот. Ошондой эле салыктар аркылуу дүйнөлүк рынокто улуттук ишканалардын атаандаштыгын күчөтүү үчүн, менчик ишканалардын өндүрүштүк жана товарларды жүгүртүү чыгымдарын төмөндөтүү үчүн шарт түзүүгө мүмкүн. Салыктын жардамы менен протекциондук экономикалык саясатты жүргүзүүгө, же болбосо товардык рынокко эркиндик берүүгө болот. Салыктар чыгымдар аркылуу экономикага каржылык таасир берүү мүмкүнчүлүгү менен мамлекеттик жана жергиликтүү бюджеттин кирешелеринин негизги бөлүгүн түзөт.

Мамлекеттик аткаминерлер салыкты кодексте белгиленген шкала боюнча бардыгы төлөшү керек дешет, ал эми ишкерлер салыктардын оордугун оптималдуу болсо экен деп эңсешет. Биздеги адатка айланып бара жаткан терс көрүнүш– бул, салыкты бардыгы эле төлөй бербегендигинде, айрыкча саналуу адамдар мамлекет менен дайыма эле бөлүшө бергиси келишпейт.

2007–жылдагы салык кодексинин негизги милдети– бул экономиканын бир бөлүгүн көмүскөдөн чыгаруу, көмүскөдө иштөөнү каалаган, салыктарды төөлөөдөн качкан ишкерлерди, аларгаоптималдуу салык ченемдери аркылуу шыктандыруу. Алсак, дүйнөлүк практика көрсөткөндөй, салыктардын жогорку деңгээлдеги пайыздары көмүскө экономиканын кеңейишине алып келет. Практика жүзүндө өнүккөн өлкөлөрдө салыктын ставкасын 1%га көтөрүлсө көмүскө экономика 1,4%га көтөрүлөт.

Салык кодексинде эмгек акы фондусунан 29% көлөмүндө социалдык салык каралган. Эгерде ишканалар, фирмалар эмгек акыны көтөргүсү келишсе, анда алар ошого жараша көп социалдык салык (29%) төлөшү керек.

Эң татаал маселе болуп фискалдык структура менен салык төлөөчүлөрдүн ортосундагы мамиле же болбосо тил табышуу кала берет. Ошондуктан бул системада коррупция, паракорчулук өнүккөн. Буга салык кызматкерлери күнөлүү эмес, система күнөлүү. Демек салык системасында реформа жүргүзүү керек, башкача айтканда мамлекет салык органдарын кайра уюштурууну ишке ашырууда чечкиндүү кадамдарга баруусу зарыл. Мисалы, АКШда инспектор менен салык төлөөчүнүн ортосунда көзмө–көз жолугуп иш алып баруу болбойт. Ал эми биздин республикада аткаминерле үчүн бул нерсе жат көрүнүш, анткени мындай жагдайда алар айлык акы менен гана жашап калышат. Ошондуктан бул системаны реформалоону аткаминерлердин бардык рангдары каалашпайт. Муну республиканын Өкмөтү тарабынан беш жыл башта кабыл алган салык төлөмдөрүн жана товарлардын бажы төлөмдөрүн бажы терминалдарында компьютер аркылуу өткөзүүнү ишке ашыруу чечими бүгүнкү күнгө чейин ишке ашпай келе жаткандыгын тастыктайт. Буга бул системадагы жогорку деңгээлде өнүккөн коррупция күнөлүү.

Салыктар системасы АКШдагыдай эле өнүккөн батыш европа өлкөлөрүндө да көп түрдүү жана тармактуу. Аларда федералдык же жалпы мамлекеттик салыктар, региондордун (земелдердин, провинциялардын) салыктары жана жергиликтүү салыктар бар. Алсак, дүң продукцияга карата сөзсүз салыктык чегерүүлөрдүн үлүшү АКШда 30%ды, Канадада 31–34%ды түзөт, Францияда, Австралияда, Данияда, Бельгияда, Нидерландда жана Швецияда алардын үлүшү 40%дан ашат, Германияда 37–38%, ал эми Кыргызстанда 2008–жылы 19,4%ды түзгөн.

Салык системасынын натыйжалуулугу – бул экономикадагы ресурстарды натыйжалуу бөлүштүрү шарттарына тура келүүчү салык салуунун критерийлеринин оптималдуулугу. Бул рынокко карата салык системасынын бурмаланган таасиринин масштабы менен аныкталат, башкача айтканда салык системасы шыктандыруучу, сыйлоочу мүнөзгө ээ болушу керек, ишкерлерди өнүктүрүүгө жана ресурстарды натыйжалуу колдонууга жолто болбошу зарыл. Мындай бурмалоонун негизги ченеми болуп микро деңгээлде, ашыкча салык төлөмдөрү, ал эми макро деңгээлде рынок конъюнктуурасынын өзгөрүшү жана экономикалык эмес шыктанууларды түзүү эсептелинет.

Азыркы шарттарда салык системасынын натыйжалуулугунун негизги критерийи чарба жүргүзүүнүн түрдүү субъектилериндеги салыктардын ченемдеринин деңгээли болуп калышы мүмкүн.

Кыргыз Республикасынын салык системасы салыштырмалуу кыска мөөнөттүн ичинде эле бир канча олуттуу өзгөрүүлөргө душар болду. Салык системасынын натыйжалуулугун талдоонун жыйынтыгы, салык салуу системасынын жетилбегендиги алардын санынын кыскарышына алып келгендигин жана ошондой эле жаңы салыктарды киргизүүгө жолтоо болгондугун көрсөтүп турат. Демек, мындай өзгөрүүлөрдүн натыйжасында салык салуу системасы бир канчага жөнөкөйлөндү жана биз бүгүн КРдин жаңы Салык кодексин кабыл алуу менен салыктардын аз (минималдык) түрү менен гана иштеп жатабыз. Салык механизминин өркүндөшүнүн жыйынтыгына экономиканын өсүү темпи жана социалдык көйгөйлөрдү чечүү көз каранды. Салык системасын 18 жылдан бери реформаласак дагы, анын негизги милдети болуп жөнгө салуучу жана фикальдык салык функцияларынын ортосундагы оптималдуу өз ара катышка жетүү саналат.

Жаңы Салык кодексинде (2007ж.) салыктардын түрлөрү аныкталган:

- **жалпы мамлекеттик**– киреше салыгы, пайда салыгы, КНС, акциздик салык, жер астындагы кендерди колдонгондон алынуучу салык, сатуудан алынуучу салык;
- **жергилүктүү салыктар**– жер салыгы, мүлктөргө болгон салык;
- **атайын салык режимдери**– милдеттүү патент салыгы, эркин патент салыгы, бирдиктүү салыктын негизинде салык салуунун жөнөкөйлөтүлгөн системасы, салык келишиминдеги салык, эркин экономикалык зоналардагы салык режими, атайын каражаттар салыгы.

Эгерде рынок экономикасына өтүү мезгилинде (эркиндик алганга чейин) жана экономикалык реформанын биринчи жылдары Кыргыз Республикасында салыктар түрүндө ИДПнын 18%ына чейин алынса, ал эми бул көрсөткүч 2013–жылы 19,4%ды түздү (73–таблица).

Акыркы жылдарда салыктарды чогултуунун түзүмүндө бир кыйла негизги өзгөрүүлөр болду. Алсак, 2001–2013–жж. салык


кирешелери 9187,9 млн. сомдон 72842,4 млн. сомго чейин, же 7,9 эсеге өстү, анын ичинен киреше салыгы 17,7 эсеге, пайда салыгы 4,2 эсеге, КНС–9,0 эсеге, акциздик салык– 3,7, бажы пошлинасы – 10,1 эсеге өсүш болгон.

73–Таблица.**Кыргыз Республикасынын мамлекеттик бюджетине салыктардын түшүшүнүн динамикасы**

| | **2000** | **2001** | **2002** | **2003** | **2004** | **2005** | **2006** | **2007** | **2008** |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **Салыктардын бардыгы, млн. сом.** | 7675 | 9186 | 10475 | 11913 | 13981 | 16361 | 19881 | 26545 | 35925 |
| **Баштакы жылга %да** | 128,5 | 119,7 | 114,0 | 113,7 | 117,4 | 117,0 | 122,1 | 132,8 | 135,3 |

КР Улуттук статкомдун статистикасы «КР Кыргызстан цифраларында» Б. 2000, 2009

Сүрөт 10.**ИДПга салыктардын түшүшүнүн үлүшү, %**




2013–жылдын маалыматы боюнча салык чогултуунун түзүмүндө КНС 52,3%ды түзүп чоң үлүштү ээлесе, бажы пошлинасы – 16,3%ды, киреше салыгы – 23,4%ды, пайда салыгы – 7,2%ды ээлеген (74–табл.).

Республикада салыктар тармактар жана бизнести жүргүзүү формалары боюнча туура эмес бөлүштүрүлгөн: ишкердүүлүктүн субъектилеринин официалдуу иштеп жатканы саны 9000–10000, алардын ичинен 8555 орто жана чакан ишканалар, ошондой эле 184,0 миңден ашыгы жеке жана 300, 0 миңден ашыгы фермердик чарбалар иштесе дагы салыктын 60–80% суммасы 180–200

ишканадан гана түшөт. Ошондуктан, мамлекеттин иштеп жаткан фискалдык саясаты ишканаларга инновациялык максаттарга, атаандаштыка туруштук берүүчү продукцияларды өндүрүүнү шыктандырууга каражаттарды топтоосуна мүмкүнчүлүктөрдү бербейт деп түшүнүүгө болот.


Дүйнөлүк тажрыйба көрсөткөндөй салык ставкалары калктын кирешесинин 30–40%ын түзөт, башкача айтканда жыйнап топтоонун кыскаруу процесси башталган жана ошону менен бирге экономикага инвестициялоо токтолгон босогонун чеги.

74–Таблица. **Республикада салыктардын түрлөрү боюнча аны чогултуу**

| | **2001** | **2004** | **2005** | **2006** | **2007** | **2008** |
|---|---|---|---|---|---|---|
| **Салык кирешелеринин бардыгы, млн. сом.** | 9187,9 | 13980,3 | 16361,4 | 19981,2 | 26544,8 | 35925,0 |
| **Анын ичинде:** | | | | | | |
| **Киреше салу** | 960,9 | 1442,9 | 1744,2 | 1820,3 | 1838,1 | 2719,9 |
| **Пайдага салынган салык** | | | | | | |
| **КНС** | 993,7 | 918,6 | 1283,2 | 1191,6 | 1411,0 | 2603,1 |
| **Аксиздик салык** | 4221,4 | 6829,9 | 7088,6 | 9150,6 | 10022,0 | 12941,1 |
| **Таможнялык** | 1102,6 | 1245,2 | 1149,7 | 1205,4 | 1148,2 | 1575,0 |
| **пошлина** | 301,4 | 449,4 | 1664,0 | 2803,3 | 2244,7 | 3010,1 |
| **Башкалар** | 7278,6 | 3094,3 | 3431,7 | 3810,0 | 988,08 | 13075,8 |
| **Жыйынтыкка %да** | | | | | | |
| **Салык кирешелеринин бардыгы, млн. сом.** | 100 | 100 | 100 | 100 | 100 | 100 |
| **Анын ичинде:** | | | | | | |
| **Киреше салу** | 10,4 | 10,3 | 10,6 | 9,1 | 6,9 | 7,6 |
| **Пайдага салынган салык** | 10,8 | 6,5 | 6,1 | 5,9 | 5,3 | 7,2 |
| **КНС** | 45,9 | 48,8 | 13,3 | 45,7 | 37,7 | 36,0 |
| **Аксиздик салык** | 12,0 | 8,9 | 7,2 | 6,0 | 4,3 | 4,3 |
| **Таможнялык пошлина** | 3,3 | 3,2 | 10,1 | 14,0 | 8,4 | 8,4 |
| **Башкалар** | 17,6 | 14,3 | 22,7 | 19,3 | 37,4 | 36,5 |

КР Улуттук статкомдун статистикасы «КР Кыргызстан цифраларында» Б.2000, 2009

Сүрөт 11. **2013–жылга республикада салыктын түрлөрү боюнча түзүмү.**




Бюджетке салыктарды жыйноо үчүн ставканын жогорку чеги А. Лаффердин айтканы боюнча бюджеттин кирешелеринин көбөйүү чеги башталуучу кирешелердин суммасынын 30%ын түзөт. Эгерде кирешелердин 40–50%ын салыкка алсак, анда салыктын ставкасынын иштеши «тыю салынган зонага» туш келет да, калктын жыйнап топтоолору кыскарат, ошону менен бирге экономиканын тармактарын инвестициялоого болгон кызыгуусу азайып, салыктардын түшүүсү төмөндөп кетет. Тескерисинче, салыктардын бир деңгээлде кыскарышы экономиканын өнүгүүсүн шыктандырат. Мунун өзү, мамлекеттин кирешелеринин көбөйүшү салык базасын кеңейткендин эсебинен эмес, салык ставкаларын жана салык оордуктарын көтөрүнүн эсебинен болуп жаткандыгын айгинелейт.

Азыркы учурдагы структуралык кайра куруулар боюнча мамлекеттик саясат, терең экономикалык кризис жана башка социалдык факторлор көп чыгымдарды талап кылат, жыйынтыгында салык салуу күчөйт жана ошондой эле борбордук өкмөткө кирешелер борборлоштурулат. Борбордук ведомствонун каражаттарынын бир кыйла бөлүгү жалпы мамлекеттик кызмат кылууларды (башкаруу аппаратын, күч министрликтерин, аскердик чыгымдар ж.б.) каржылоого багытталса, ал эми социалдык–маданий инфраструктуранын чыгымдары жергиликтүү бюджет аркылуу өтөт да, дайыма жетишпестиктер болуп турат.

Экономикада салык системасы адатта бир нече негизги функцияларды аткарат. Алардын ичинен мамлекеттик чыгымдардын программасын ишке ашырууну жана экономикалык жөнгө салууну белгилеп кетсек болот. Мамлекеттик бюджеттин кирешелерин толугу менен камсыз кылуу өлкөнүн салык системасынын негизги милдети болуп саналат.

Бүгүнкү күндө мамлекеттик бюджеттин кирешелеринин эң негизги булактары болуп КНС, акциздер, киреше салыгы, пайда салыгы ж.б. эсептелинет.

Акыркы жылдары мамлекет өзүнүн чыгымдарын кыскартууга аргасыз болду, анын ичинде стратегиялык тармак болгон билим берүү жана саламаттыкты сактоо тармактары да бар.

Салык системасынын иштеп турушу үчүн мамлекеттин чыгаша программасынын натыйжалуулугу жана тунуктугу чечүүчү мааниге ээ экендигин белгилеп кетсек болот. Жарандар салыкка төлөгөн каражаттарын коомдун пайдалуу максаттарына жумшалып жаткандыгын көрүп билгенде гана салыктарды мыйзамды сыйлоо менен төлөшөт. Макроэкономикалык көз караштa, салыктардын түшүшүнүн көбөйүшү өтө зарыл милдет болуп саналат. Бул мамлекеттик бюджеттин таңсыктыгын кыскартат жана мамлекеттин тышкы карызынын туруктуулугун камсыз кылат. ЭВФга ылайык PRGF программасы 2008–жылга салыктардын түшүшүнүн деңгээлин ИДПнын 20%ына (2001–жылы 12,4%ды түзгөн) жеткизүүнү камсыз кылууну талап кылат. Эгерде бул талап аткарылбаса Кыргызстандын мамлекеттик тышкы карызын реструктуризациялоодо кыйынчылыктарга туш келип калышыбыз мүмкүн.

Салык системасынын орду белгилүү болгон башка чечиле турган макроэкономикалык көйгөйлөргө өлкөнүн экономикасына ички жана тышкы инвестицияларды тартуу, ошондой эле товарларды экспортун жана кызмат көрсөтүүлөрдү көбөйтүүлөр кирет. Эл аралык практикада колдонуучу көптөгөн салыктарды, анын ичинен биринчилерден болуп КНСти инвестициялар менен экспорту шыктандыруу үчүн атайын ылайыкташтырып ишке салынган.

Өлкөнүн экономикалык өнүгүүсүндөгү негизги милдеттердин бири болуп, экономиканын тармактык структурасын диверсификациялоо жана бир нече тармактын ийгиликтери менен жетиш-

пестиктерине анын көз карандысыздыгын алсыратуу. Бул, салык режими бардык экономикалык агенттер үчүн бирдей болушун жана бир тармактын экинчи бир тармакка искусстволук жол менен преференцияны түзбөөсүн (учурда айыл чарбасына салык жеңилдиктерин берип коюп, кайра иштетүүчү тармакка салыктардын ордугу түшүп жатат) талап кылат.

Өлкөнүн экономикалык көйгөйлөрүнүн бири, эл аралык ченем боюнча ИДПга карата салыктардын үлүшүнүн өтө эле төмөндүгү жана мындай жагдай көмүскө экономиканын тармактарында кеңири өнүгүүшү менен түшүндүрөт. Улуттук статистикалык комитеттин баасы боюнча ИДПда көмүскө экономиканын үлүшү 30% жана андан көбүн түзөт. Көмүскө сектордун иштеп жатышы негизинен салык системасынын жетишпестиктерине байланышкан, анткени түрдүү тармактардагы же типтеги ишканаларда салыктардын бирдей эместиги көптөгөн ишкерлерди жана жарандарды көмүскөгө кетүүсүнө мажбур кылды. Популярдуу идеяда айтылгандай экономиканы «көмүскөдөн» чыгаруунун бирден бир жолу– бул, салыктардын ставкаларын төмөндөтүү. Мындай учурда салык салу базаларын кеңейтүүгө шарт түзүлөт жана бюджеттин кирешелериндеги жоготууларды ставкалардын азайышы менен орду жабылат. Салык ставкаларынын төмөндөшүнөн алынуучу натыйжа көмүскөдөн чыккан ишкана кандай артыкчылыктарды алганына байланыштуу болот. Көптөгөн ишкерлер легалдык статусту алса эле, алардын салыктарды төлөө чыгымдары компенцацияланды деп эсептөөгө болбойт.

Салыштырмалуу арзан кредиттерди алуу мүмкүнчүлүктөрү, коррупцияга малынган бийлик органдарына официалдык эмес төлөмдөрдүн токтотулушу, сотто ишкерлердин кызыкчылыгын натыйжалуу укуктук коргоо ж.б. ишкерлер үчүн мүмкүн болуучу шык (стимул) болуп калышы мүмкүн. Мындай жагдайсыз салык ставкаларынын төмөндөшү салык базасынын кеңейишине өбөлгө түзүп бере албайт. Мындан тышкары, эгерде салык базасынын кеңейиши бир канча убакытка созулса дагы, көптөгөн потенциалдуу салык төлөөчүлөр кырдаалга карап, ошондой эле көмүскөдөн чыккандардын тажрыйбасын изилдеп туруп иш жүргүзүшөт. Жогоруда айтылгандарга карасак ставкалардын деңгээлин төмөндөтүү качан гана өзүн актайт, эгерде бюджеттин

кирешеси кыскарбаса же бюджеттин кирешесинин бир бөлүгүн кыскартууга белгилүү бир себеп болбосо (кыскаруу башка булактардын эсебинен жабылышы керек). Кичи жана орто ишкердүүлүктү өнүктүрүүгө карата салык тоскоолдуктарын жоюуну маанилүү себептердин катарында карасак болот. Экономиканын бул бөлүгү учурда толугу менен же жарым – жартылай «көмүскөдө» иштеп жатат, бирок ал жактагы өндүрүштүн көлөмү салыштырмалуу анча деле көп эмес. Демек, иштеп жаткан катаал салык режими (кирешелерге салынган салыктардын жана Социалдык фонддорго чегерүүлөрдүн жогорку ставкасы, КНСнын ордуна эсеп кылуулардын кыйындыгы) салыктардын олчойгон үлүшүн төлөгөн ири ишканалар үчүн келечекте экономиканын негизги кыймылдаткыч күчү боло турган жаңы өндүрүштүн өсүшүн токтотуп турат.

Көбүнчө салык системасын экономикалык агенттердин ортосундагы ресурстарды кайра бөлүштүрүү аркылуу экономикалык жана социалдык жөнгө салуучу ыкма катарында карайбыз. Кыргызстандын шарттарында мындай жөнгө салууну эң эле натыйжасыз жана биз каалабаган түрдүү натыйжага алып келүүчү көрүнүш катарында элестетсек болот. Салык төлөөдөгү көптөгөн жеңилдиктердин, эсепке албоолордун болушу жана аларды өз убагында колдоно албагандар үчүн, алар «көмүскөгө» кетүүчү негизги себеп болуп калышы мүмкүн.

Республикада өтүп жаткан экономикалык реформалардын шарттарында ак ниеттүү салык төлөөчүлөр атаандаштык күрөштө өзлөрүнүн кирешелерин жаап жашыргандардан жана көмүскө бизнес жүргүзгөндөрдөн утулуп калып жатышат. «Көмүскөчүлөрдүн» салыктарды төлөөдөн качышы менен өзүлөрүнүн, товарлар менен кызмат көрсөтүүсүнө эң төмөн бааларды коюу мүмкүнчүлүктөрүнө ээ болушууда. Демек көмүскө менен салык төлөөчүлөрдүн ортосунда салык бөлүштүрүү акыйкатсыздыкка алып келүүдө.

Өлкөнүн экономикасынын өнүгүү деңгээлине карата салыктардын түз жана кыйыр түрлөрүнүн ортосундагы өз ара катыштын өзгөрүшү болуп турат. Рынок экономикасындагы өлкөлөрдүн практикасында көрүнүп тургандай, түз жана кыйыр салыктардын ортосундагы өз ара катышы эки чечүүчү факторлорго, башкача айтканда өлкөнүн калкынын негизги массасынын жашоо

деңгээлине жана салыктардын тигил же бул түрүнө түшүнүк берүүдө ар түрдүү өлкөлөрдөгү стереотиптердин калыптанышына байланыштуу болот. юридикалык жана физикалык жактардын кирешелеринен алынуучу түз салыктардын масштабын объективдүү чектейт. Мындай мыйзам ченемдүүлүктөр айрыкча өнүгүүп жаткан өлкөлөрдө, анын ичинде Кыргызстанда да салык салууда кыйыр салыктардын (бажы пошлинасын кошуп алганда) өкүм сүрүүсү сезилүүдө.

Кыйыр салыктардын эң негизги түрү жана мамлекеттик бюджеттин кирешелеринин булагы болуп **кошумча нарк салыгы** (КНС) болуп эсептелинет. Бирок, Кыргызстандагы КНСнин иштеп жаткан ставкасы жана андан түшкөн салыктар ИДПнын 5%нан ашпайт, ошол эле учурда башка өлкөлөрдө ИДПнын 9%ын түзөт.

КНС– салык системасынын негизги компонентине кирет. Кыргызстанда 1992–жылы ишке киркизилген, КНСнин баштапкы ставкасы 28% болгон, бирок бул бюджетке салыктардын көбөйүшүнө жардам берген эмес. 1993–жылы Республиканын Өкмөтү СНГнын башка өлкөлөрүндөй эле КНСни 20%га түшүргөн. 2007–жылы кабыл алынган жаңы Салык Кодексинде КНС 12%га чейин төмөндөтүлгөн. 2008–жылдын маалыматы боюнча республиканын салык кирешесинин жалпы суммасынын 36,0%ын камсыз кылып турат.

КНС өзүнүн мааниси боюнча ички керектөө салыгы болуп эсептелинет, экспортко өндүрүлгөн продукциялар жана инвестициялык чыгымдар бул салыктан бошотулушу керек. Бул салыкты чогултууну көбөйтүүнүн негизги өзгөчөлүгү акыркы продукцияны өндүрүү технологиялык түзүмүндө, анын ар бир ишканадан төлөнүүчү көп этаптуу механизми болуп саналат.

**Акциздик салык.** КРнын территориясында өндүрүлгөн жана КРге импорттолгон товарларга түрлөрү боюнча салынат, анын ичинде алкоголдук жана тамеки продукциялары, ошондой эле сонун буюмдар, курал жарактар, нефт продукциялары, килемдер, кофе, какао ж.б. бар. Акциз салыгын төлөөчүлөр акциздик товарларды өндүрүүчү же импорттоочу юридикалык жана физикалык жактар. Акциздик салыктардын ставкасын өкмөт ар бир жылы кабыл алат жана физикалык көлөмүнүн бирдигине акча түрүндө же товардын наркына пайыз менен бекитилет.

Бул салыктын чоң көйгөйү болуп республиканын территориясында акциздик товарларды жашырын өндүрүү формасы аркылуу жана айрыкча кошуна өлкөлөрдөн контрабанда жол менен алынып келинген товарларга массалык түрдө салык төлөөдөн баш тартуу саналат. Бул салыкты администештирүүнү тез аранын ичинде жакшыртуу учурдун кечиктирилгис талабы.

Салыктардын түз түрүнөн пайда салыгы негизги маанини ээлейт. 2002–жылга чейин бул салыктын ставкасы 30%ды түзүп абдан эле жогору болгон жана көптөгөн салык төлөөчүүлөр салык төлөөдөн баш тартууга аргасыз болушкан. Бул салыкты негизинен пайданы салык салуудан катуу мүмкүнчүлүгү чектелген экономиканын тармактарындагы ири ишканалар гана төлөшөт. Кичи жана орто бизнестин ишканалары салык төлөөнүн легалдуу жана легалсыз баш тартуу ыкмаларын тез – тез таап турушат. Иштеп жаткан салык системасында салыкты аргасыз кылып, зордоп төлөтүү мүмкүнчүлүгү практика жүзүндө чектелүү болгон, ошондуктан бул салыкты көптөгөн ишканалар өз эрки менен төлөөшүн камсыз кылуу үчүн, анын ставкасын ишкерлерге туура келе турган көлөмдө коюу зарыл. Мындай жагдай эске алынып 2007–жылы пайда салыгын 10%га чейин төмөндөткөн. Ставканы төмөндөтүү товар өндүрүүчүлөрдү шыктандырууга мүмкүнчүлүктөрдү берет, дүйнөлүк рыноктун масштабында продукциялардын сапатын жакшыртат жана атаандаштык мүмкүнчүлүгүн күчөтөт.

**Киреше салыгынын төлөөчүлөр** киреше алуучу бардык физикалык жактар– Кыргыз Республикасынын резиденттери жана резиденттер эместер.

Дыйкан жана фермердик чарбалардын мүчөлөрү, алардын бирикмелери, ассоциациялары үчүн жер өндүрүштүк негизги каражат жана кирешенин негизги булагы болгондуктан, алар жер салыгын гана төлөшөт. Салык салынуучу объекти болуп салык төлөөчүнүн жылдык жалпы кирешеси менен Салык кодексинде каралган алып таштоолордун ортосундагы чыгарылган айырмадан келип чыккан киреше эсептелинет. Салык салынуучу киреше физикалык жактарда 10%дык ставкадагы салык менен салынат.

**Жер салыгы**. Айыл чарба жерлери боюнча жер салыгынын көлөмү жер кыртышынын сапатына, жер тилкесинин аянтына жана жайгашышына карата, ал эми айыл чарбасына багытталбаган жерлерге инфраструктуурасын жана шаар куруу баалуулугун

кошумча эске алуу менен бекитилет. Салыктын базалык ставкасы жана аны төлөө тартиби жыл сайын Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн сунушу боюнча Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Мыйзам чыгаруу чогулушунда кабыл алынат. Бийик тоолуу жана алыскы территориялар (райондор) үчүн базалык ставканын 50%дык ставкасы колдонулат.

Салык салууну жакшыртуунун негизги маселеси төмөнкүлөр:

- карама каршылыктарды жоюу, ыйгарымдуу укуктарын жана салык органдарынын, ошондой эле салык төлөөчүлөрдүн милдеттерин тактоо жолу менен салык мызамындуулугун өркүндөтүү;
- салык отчетун жөнөкөйлөтүү;
- салык органынын кызматкерлеринин квалификациясын жана алардын материалдык камсыздоо деңгээлин көтөрүү;
- салык көзөмөлүн өркүндөтүү, анын ичинен кээ бир процесстерди автоматташтыруу жолу менен, текшерүү үчүн салык төлөөчүлөрдү автоматтык тандап алуу жолдоруна чейин ишке ашыруу;
- текшерүү үчүн салык төлөөчүлөрдү тандоо процессин өркүндөтүү;
- каржы тармагында мамлекеттик органдардын ортосундагы натыйжалуу маалымат алмашууну камсыз кылуу;
- приоритеттик принциптерди практикалык ишке ашыруу жана салык төлөөчүлөрдүн мыйзамдуу кызыкчылыктарын жана укуктарын коргоону камсыз кылуу.

## §4. Фискалдык саясатты реформалоонун жана башкаруунун көйгөйлөрү

Экономиканы жана социалдык мамилелерди жөнгө салуу деген, бул улуттук экономиканын, аны кайталап өндүрүүнүн каалаган темптеринин туруктуулугун камсыз кылуу боюнча мамлекеттин максаттуу иш аракеттери, эркин товар өндөрүүчүлөрдүн нормалдуу иштөөсүнүн жалпы шарттары, алардын социалдык коргонуу гарантиясы.

Салык системасын башкаруу социалдык–экономикалык процесстерди башкаруунун составдык бир бөлүгү болуп саналат. Анткени, салык салууну башкарууда кабыл алынган чечимдер бир эле мезгилде салык төлөөчүлөрдү жана ошондой эле салыкты башкаруу органдарынын өздөрүн дагы өзүнө камтыйт.

Салык органдары тарабынан кабыл алынган башкаруу чечимдери илимий тараптан негизделген, натыйжалуу башкаруунун сапатын көтөрүүгө багытталган, салык кызматынын кызматкерлеринин квалификациясынын өсүшүн камсыз кылуу керек. Башкаруу чечими жөндүү, илимий негизделген, жыйынтыктуу, туура келүүчү жана комплекстүү болушу абзел.

**Илимий негизделиши** – башкаруу чечимдерин кабыл алууда анализине, өлкөнүн өнүгүүсүнүн стратегиялык планынын, экономиканын учурдагы абалына, анын күчтүү жана начар жактарын билүүгө жана салык салуунун дүйнөлүк прогрессивдүү тажрыйбасынын негизинде түзүлгөн илимий–техникалык базага таянышы керек.

**Комплекстилдүүлүгү.** Салык кызматы башкаруу чечимдерин кабыл алууга таасир этүүчү бардык факторлорду эске алуусу жана анализдөөсү керек.

**Укуктук мүнөзү.** Салыктарды башкаруу боюнча чечимдер иштеп жаткан салык жана ага байланышкан мыйзамдарга (бажы, лицензияттар, билим жөнүндө, төлөнүүчү кызматтар жөнүндө ж.б.) карама–каршы болбошу керек. Эл аралык укуктун нориаларына жана эл аралык келишимдерге тура келиши керек.

**Көзөмөл.** Кабыл алынган башкаруу чечимдери бардыгына бирдей (компанейшиндик) мүнөздө болбоосу зарыл. Чечимдер системалаштырылышы керек. Көзөмөл кабыл алынган чечимдерди аткаруучулардын үстүнөн жүргүзүлөт.

**Жыйынтыктуулугу.** Бардык башкаруу чечимдери эң аз чыгым менен акыркы жыйынтыкка иштөөсү керек. Бул салыктарды башкаруу процессин болжолдоодо, пландоодо техникалык каражаттарды колдонууга мүмкүндүк берүүнү шарттайт.

**Туура келүү**. Белгилүү бир убакытта кабыл алынган башкаруу чечимдери курчап турган жагдайга туура келүүсү зарыл, чечим кабыл алуу боюнча башкаруу процесстери менен дал келүүсү керек. Салык Кодексине жаңы өзгөрүүлөрдү жана кошумчаларды дайыма киргизип туруу салык төлөөчүлөрдүн

ишенимдерин кетирет, ишкананын чарбалык ишмердүүлүгүн болжолдоого тескери таасирин тийгизет.

**Башкаруу системасы**– бул салык системасын натыйжалуу иштөөсүн, анын кээ бир бөлүктөрүнүн иш аракеттерин координациялоону ишке ашыруучу салык реформасысынын программалык максаттары жана милдеттери менен туура келүүчү азыркы техникалык каражаттарды колдонуу менен салык администрациясынын күчү камсыз кылуучу методикалык жана бири–бири менен байланышкан уюштуруучулук чечимдердин комплекси.

Алар:

- салыктардын түзүмүн оптималдаштыруу;
- аларды чогултуп алуу, салык эсебин жана отчетун уюштуруу жана аныктыгын текшерүү механизмдерин өркүндөтүү;
- салыктарды чегерүүлөрдүн тууралыгын, алардын өз убагында жана толугу менен төлөнүшүн, бир жагынан салык органдарынын мыйзамда аныкталган укуктарынын жана милдеттеринин сакталышын, экинчи жагынан салык төлөөчүлөрдүн кызыкчылыктарын коргоо максатында көзөмөлдөө;
- салык салуу поцессиндеги бардык катышуучулардын салыктык мамилелерин гармонизациялоо;
- мамлекеттик башкаруунун түрдүү деңгээлинин бюджеттерине салыктан топтолгон каражаттарды бөлүштүрүү;
- алынган жыйынтыктарды топтоо жана талдоо;
- анын негизинде жалпы салык системасын жана салыктарды башкаруу системасын өркүндөтүү боюнча сунуштарды түзүү.

Башкаруу системасында жана өлкөдө ишкердүүлүк активдүүлүктүн максималдуу жагымдуу режимин түзүү үчүн Кыргыз республикасынын Өкмөтү тарабынан ишкердүүлүктүн субъектилери үчүн салык оордугун төмөндөөтүүгө багытталган конкреттүү чаралар да кабыл алынган.

Ири айыл чарба өндүрүшчүлөрүн кошумча нарк салыгынан бошотууну, пайда салыгын төмөндөтүүнү, КР дин территориясына алынып келинүүчү өндүрүштүк негизги каражаттарды кошумча нарк салыгынан бошотууну караган КРдин Салык Кодексине өзгөртүүлөр киргизилген. 2009–жылдын 1–январынан тартып

бардык чарба жүргүзүүчү субъектилер үчүн КНСти 2,5 млн. сомго чейин төлөөдөн бошотуу үчүн каттоо чеги көтөрүлгөн.

КНСти (кошумча нарк салыгы) 20%дан 12%га төмөндөөтүүдөн тышкары да, салыктардын жалпы саны 16дан 8ге чейин кыскарган. Мындан тышкары рыноктук эмес салыктардын түрлөрү блгон ӨК (өзгөчө кырдаалдар) Фондусуна чегерүүлөр, автожолдорго топтоолор алынып салынган, мейманкана салыгы жоюлган.

Жаңы Салык Кодексинде чарба жүргүзүүчү субъектилер үчүн эң эле ыңгайлуу шарттар түзүлгөн.

Айыл чарба жерлерине жер салыгынын ставкасы баштакы деңгээлинде калган. Ветеринардык кызматтар үчүн дарыларга жана препараттарга КНС алынып салынган.

Демек, Салык Кодекси юридикалык жана физикалык жактардын ишмердигинин укуктук жыйнагынын, чарба жүргүзүүчү субъектилердин мамлекет менен болгон карым катнаштарынын негизи болуп кала берет.

Дүйнөлүк практикада белгилүү болгондой, салык оордугунун ИДПнын 25%дык чегинен ашып кетиши бизнестин өсүү темпинин төмөндөшүнө, көмүскө экономиканын жана коррупциянын өнүгүүшүнө алып келет. Ошол эле учурда, эгерде чогултуучу салыктардын деңгээли ИДПнын 20%ынан төмөн болсо, анда экономикага стагнацияны алып келет. Жаңы Салык Кодекси боюнча бизде салык оордугу ИДПнын 21–23%ын түзөт.

Жаңы Салык Кодексинде экономиканын тармактары боюнча салык оордугун теңдештирүү болуп өттү. Алсак, каржы, курулуш жана соода кызмат тармактарында салыктар аз да болсо көтөрүлдү, ал эми өндүрүштүк жана айыл чарба тармактарында бир канчага төмөндөдү. Мунун өзү салыктарды төлөөдө бирдей шартты түзөт. Сатуудан алынуучу салык жана мүлктөргө болгон салык киргизилди.

ГУИНдин ишканалары жан Минюст үчүн, балдар жана аз камсыз болгон жарандарды социалдык камсыздоо жана социалдык коргоо үчүн коммерциялык эмес мекемелердин өткөзүүлөрүнө, ошондой эле билим берүү, саламаттыкты сактоо, илим, маданият жана спорт тармактарына көрсөтүлгөн НКОнун кызматтарына КНС боюнча бир канча жеңилдиктер каралган. КНСтен импорттолуучу авияциялык моторлор бошотулган, ал эми

импорттолуучу ун жана дан үчүн 2009–жылы 10%дык көлөмдө калтырылган.

Салык кодексинде ошондой эле өздөрүнүн ишканаларында кайра иштетилген жашылчалардын, мөмөлөрдүн, жер–жемиштердин продукцияларын сатуучу айыл чарба өндүрүүчүлөрү, кооперативдер, дыйкан (фермердик) чарбалар, бизнесмендер бошотулат. КНСтен минералдык жер семирткичтерди, уруктарды жана асыл тукум малдарды сатып алууда да бошотулат.

Салык төлөөчүлөрдү тейлөөнүн жаңы формасы ишке киргизилген – ал «бирдей терезе» принциби. Жаңы киргизилген жаңылык – Азиялык өнүгүү банкынын «Салыкты администрациялоону модернизациялоо жана реформалоо»– деген проектисинин биринчи кадамы. Мунун артыкчылыгы салык төлөөчүлөрдүн башкаруучулар менен болгон жакындашын мүмкүн болушунча максималдуу ажырым кылууда. Карызы жок деген маалыматты алуу үчүн 15–20 мүнөт эле убакыт кетет, ал эми баштагы системада 2 сааттан ашык убакыт кетүүчү. Декларацияларды кабыл алуу деле ошондой эле кыска убакытта ишке ашат. Мындан тышкары салык төлөөчүлөр менен иш алып баруучу бөлүмдөрдө миңдеген патенттерди жазуу, ошондой эле маалыматтарды берүү, көзөмөлдөө–салык машиналарын пломбулоо иштери да кыскарат. Булардын бардыгы салык төлөөчүлөрдүн убактысын кыскартат жана коррупциялык көрүнүштөрдүн пайда болуу мүмкүнчүлүктөрүн жокко чыгарат.

**Фискалдык реформанын көйгөйлөрү.** Тез аранын ичинде чечүүнү талап кылуучу фискалдык саясаттын негизги көйгөйлөрүн белгилеп кетүү керек:

- биринчиден, салык оордугун туура эмес бөлүштүрүүдөн келип чыккан легалдуу ишкерлердин иш аракеттерине карата шыктандыруулардын жоктугу, Кыргыз Республикасынын Социалдык фондусунда төлөмдөрдүн ставкаларынын жогору экендиги, рыноктук эмес салыктардын иштеши, инвестициялык ишмердүүлүк үчүн жеңилдиктердин жоктугу, текшерүүчү инстанциялардын санынын көптүгү, фискалдык мыйзамдардын жоболорунун карама каршылыктары.
- экинчиден, салык салынуучу базаны кардиналдуу кеңейтүү үчүн реалдуу шарттардын жоктугу.

- үчүнчүдөн, салык салуу максатында чарба жүргүзүүчү субъектилердин кирешелеринин эсеби боюнча бирдиктүү маалымат базасынын жоктугу.
- төртүнчүдөн, түрдүү фискалдык органдардын кээ бир функцияларынын кайталанышынын натыйжасында аларды кармоо үчүн кошумча чыгымдардын жумшалышы.
- бешинчиден, фискалдык көзөмөлдүн өркүндөбөгөндүгү.
- алтынчыдан, социалдык өнүгүү программаларын жана социалдык камсыздоону каржылоо үчүн бюджетке жана Социалдык фондго келип түшүүчү каражаттардын көлөмүнүн жетишсиздиги.
- жетинчиден, коррупция, контрабанда жана башка фискалдык мыйзам ченемдүүлүктөрдүн тартип бузуулардын мүмкүнчүлүктөрүн четке какпоочу фискалдык администрациялоонун системасынын өркүндөбөгөндүгү.
- сегизинчиден, иштеп жаткан номативдик укуктук актылардын өркүндөбөгөндүгү.
- тогузунчудан, фискалдык талаш тартыштарды чечүү боюнча натыйжалуу сот системасынын жоктугу.

**Фискалдык реформанын максаты.** Фискалдык саясаттын негизги максаты чарба жүргүзүүчү субъектилердин ишмердүүлүгүн активдештирүү үчүн максималдуу ыңгайлуу шарт түзүү жолу аркылуу өлкөнүн экономикалык өсүшүнүн туруктуулугун камсыздоо үчүн, түз инвестициялардын келип түшүшү жана мамлекеттин өнүгүү программасын аткарылышы үчүн натыйжалуу саясатты жүргүзүү болуп саналат.

**Фискалдык реформанын стратегиясы**. Фискалдык саясаттын реформасы төмөндөгү багыттарды комплекстүү ишке ашырууну болжолдойт:

- Кыргыз Республикасынын бюджетине жана Социалдык фондго түшүүчү каражаттарды камсыз кылуучу мамлекеттик органдарды функционалдык жана структууралык кайра өзгөртүп түзүү;
- каржылык жана товардык агымдардын, чарба жүргүзүүчү субъектилердин кирешелеринин эсебинин системаларын реформалоо;

•фискалдык системанын натыйжалуулугун көтөрүү максатында улуттук мыйзамдарды өркүндөтүү;

•фискалдык мыйзамдарды аткарууда администриациялоону өркүндөтүү.

Демек, өкмөт тарабынан жүргүзүлүп жаткан фискалдык саясат салык системасынын түзүлүшүнүн негизги принциптерине жооп беришине, өлкөнүн ичиндеги экономикалык бири–бири менен болгон байланыштарды жөнгө салууга милдеттүү. Мындан тышкары фискалдык саясатты ишке ашыруу салык салууну мамлекеттик башкаруунун үч негизги функциясын эске алуусу зарыл:

**Биринчиден,** мамлекеттик чыгымдарды каржылоону камсыз кылуу, бул салыктардын түз функциясы;

**Экинчиден,** социалдык тең салмактуулукту кээ бир топтордун кирешелеринин ортосундагы өз ара катнашты өзгөртүү жолу менен алардын ортосундагы теңсиздикти жумшартуу максатында кармап туруу, коомдун катмарларга тез аранын ичинде бөлүнүп кетишине жол бербөө (социалдык функция);

**Үчүнчүдөн,** мамлекеттик антициклдык жана инфляцияга каршы, сектордук, тармактык жана регионалдык экономиканы жөнгө салу (өздүк жөнгө салуу функциясы).

Белгилеп кетүү керек, кандай гана учур болбосун мамлекет, фискалдык саясаттынын бардык элементтерин колдонуу мүмкүнчүлүгүнө ээ болуп туруп, өткөөл кыргыз экономикасына кириптер болбогон кандай гана кыйынчылыктар болбосун натыйжалуу күрөшүүгө мүмкүнчүлүк берген күчтүү инструменттерге ээ. Негизгиси колдо бар каражаттарды иш билгилик менен колдоонуп, мамлекетти калыбына келтирүү жана экономиканы чыңдоо жолу боюнча акырындап жана туура жолдо алга карай жылуу.

# XVI БАП

# ӨТКӨӨЛ ЭТАПТАГЫ МАМЛЕКЕТТИК БАШКАРУУНУН МААНИСИ (РОЛУ)

## §1. Мамлекеттик башкарууну реформалоо

Рынокко өтүү–рынок шарттарында өкмөттүн милдеттерине туура келе турган башкаруу түзүмүн иштетүү ошондой эле экономиканын туруктуу өнүгүүшүнө түрткү берүү үчүн, аны түп тамырынан реформалоону талап кылат. Ошого карабастан негизги милдет болуп мамлекеттик кызматты түп тамырынан кайра куруу, борбор менен жергиликтүү бийликтин ортосундагы каржы мамилелерин тактоо жана өзгөртүү саналат.

Кыргыз Республикасында мамлекеттик кызматты реформалоо, корректировкалоо же жакшыртуу жөнүндө эле сөз жүрбөстөн, иш жүзүндө керектүү элементтерин жана бири–бири менен байланыштарын кошуп алып, анын бардык системасын кайра жаңыдан түзүү жөнүндө иш жүрүүдө. Бизге белгилүү болгондой, рынок экономикасы коомдогу эски экономикалык мамилелерди гана түп тамырынан жок кылбастан, социалдык түзүмдүн чөлкөмүндө, саясий, иделогиялык, маданий байланыштарда терең өзгөрүүлөрдү алып келет. Ал адамдын, улуттун, элдин психологиясынын өзгөрүшүнө жана жаңы улуттук менталитеттин пайда болушуна таасирин тийгизет.

Кыргызстан көз карандысыздыкты алаары менен, анын негизги абалын ээлеген, рынок мамилелеринин негизинде – принципиалдуу жаңы экономикалык башталгычтар менен коомду кайра курууда мамлекет чечүүчү ролду ойногон  саясий система реформаланат. Кыргыз Республикасынын Конституциясы көз карандысыз Кыргызстандын мамлекеттик түзүлүшүнүн принциптерин мыйзамдар менен бекитип берди.

Конституцияга ылайык республикада мамлекеттик бийлик унутулгус принциптерге негизделет да, калктын жогорку бийлигин көрсөтө жана камсыз кыла турган бүткүл эл тарабынан шайлаган мамлекет башчысы– Кыргыз Республикасынын Президентти болуп саналат.

Мамлекеттик башкаруунун эчактан бери калыптанып калган принциптери менен түзүмүн терең талдоо керек жана аларды Кыргыз Республикасынын өнүгүүсүндөгү ички саясий, экономикалык, социалдык жана башка чындыктардын өзгөрүшү менен дал келе турган абалга алып келүү зарыл. Сөз радикалдуу өзгөрүүлөргө муктаж болгон мам. башкаруунун системасынын татаалдыгы жөнүндө эле жүрүп жаткан жок. Акаевдин убагында коррупция үчүн ыңгайлуу негиз болгон атка минээрлердин аппаратты туугандарына жана пландык байланыштарга (абдан эле) толуп кеткен. Ошондуктан мамлекеттик кызматты түзүү азыркы мамлекеттик башкаруу чөйрөсүндө негизги приоритеттүү багыт катарында каралып жатат. Жарандык коомдун алдында анын тунуктугун жана отчет берүүгө милдеттүүлүгүн көтөрүү, мамкызматкерлердин сыйлоо системасын жана жоопкерчилигин укуктук регламентациялоо, өлкөнүн өнүгүүсүнүн учурдагы этабында профессионал кызматтын ишин улантуучулукту, туруктуулукту жана көз карандысыздыкты камсыз кылуу негизги актуалдуулука ээ болууда.

Баштагы бийликтин 15 жылга жакын мезгилинде максатка багытталган жана так кадр саясаты практика жүзүндө иштеген эмес. Мамлекеттик органдардын жетекчилери тез–тез алмашып турган, ошондой эле көрүнүш аппарат кызматкерлерин алмашуу менен да коштолгон. Албетте, жаңы дайындалган жетекчилер бош жана жаңы орундаргаөздөрүнүн «командасын», тааныштарын, туугандарын, кээ бир учурларда бекер эмес, алып келүүгө умтулушкан. Ушундай практика кадрлардын туруксуздугуна алып келди, мамлекеттик кызматкерлердин профессионалдык тажрый-басынын өнүгүүшүнө тоскоол болду. Ошол эле учурда пара алуучулук, «кызматыкка кызмат» принциби боюнча аракет кылууга умтулуу жарандардын бийликке болгон ишенимин кетирди.

1999–жылы ноябрда «Малекеттик кызмат жөнүндө» Мыйзам кабыл алынган, ал эми 2000–жылдын июлунан бир катар жоболор бекитилген, алар мамлекеттик кызматкерлерди аттестациядан өткөзүү жөнүндө; мамлекеттик кызматта вакантттык кызмат орунга иштөөгө конкурс өткөзүү жөнүндө; квалификациялык экзамен-дерди тартиби жөнүндө; класстык чиндерди ыйгаруунун тартиби жөнүндө жана башкалар. 2004–жылы стат катчы институттун ишке

киргизүү маселеси каралган «Мамлекеттик кызмат жөнүндө» Мыйзам чыкты. Профессионал мамлекеттик кызматтын ордун туруктуулугун, көз карандысыздыгын жана мамлекеттик кызматтын башкаруусунун натыйжалуулугун көтөрүүнү камсыз кылуу максатында стат катчы институту уюштурулган. Стат катчы мамлекеттик бийлик органдын башчысынын (лицосунун) өзгөрүүсүнүн негизинде кадрларды бошоту, которуштуру иштерине тоскоол кылуу үчүн багытталган.

Стат – катчы жогорку административтик мамлекеттик кызматкер катарында мамлекеттик органдардын аппараттарынын туруктуу иштөөсүн камсыз кылуу үчүн арналган. Бардык сунуш кылынган административдик мамлекеттик кызматкерлерди дайындоолор, которуулар, ротациялоо жана бошотуулар стат–катчы аркылуу жүргүзүлөт. Бул агентство аркылуу чет өлкөлөрдө стат–катчы практикадан өтүшөт. Алсак, Япония өкмөтү адам ресурстарын өнүктүрүү чөйрөсүндө (IDSтин программасынын гранттык каражаттарынын негизинде Япония менен Кыргызстандын өкмөтү тарабынан акысыз жардам берүү проект программасынын иштелген. Эл аралык кызматташуу агентствосу аркылуу Япониянын жогорку окуу жайларынын магистратураларында жыл сайын Кыргызстандык 20 мамлекеттик кызматкерлерди окутуу мүмкүнчүлүгүнө макулдук алынган. Мамлекеттин позициясы мамлекеттик кызматтын кадыр–баркын, өзүнө тартып тургандыгын жеке кызыкчылыкты (эмгек акыны) көтөрүүнүн эсебинен эле эмес, жаш кадрлардын карьердик өсүшү үчүн керектүү шарттарды түзүүнүн эсебинен көтөрүү керек экендигинде. Кыргызстандын мамлекеттик түзүмүндө аткаруу бийлик органдарында кээ бир аткаруучу иштер (функциялар) кайталанып турганы кадимки көрүнүш. Мисалы, аткарган иштери боюнча президенттик администрациянын бөлүмдөрү менен өкмөттүн аппаратынын бөлүмдөрүнүкү бирдей, ошондой эле министрликтерде жана ведомстволордо деле ошондой. Мунун бардыгы башкаруу аппаратынын ашыкча көбөйүшүнө алып келет.

Башкаруу аппаратынын көлөмүнүн чоңдугу, кээ бир аткаруучу иштердин кайталанышы, башкарууну илимий уюштуруунун жоктугу, аткаруу бийлигинин органдарынын ишмердүүлүгүнүн натыйжалуулугун төмөндөтөт жана (ошондой эле)

бюрократия менен коррупциянын гүлдөп өсүшүнө ыңгайлуу шарт түзүп берет.

Албетте, мамлекеттик бийликтин бюрократтык деңгээли менен анын коррупцияланышынын деңгээлинин ортосунда белгилүү бир даражада көз карандылык болуп турат, айрыкча менчиктин түзүмүнүн түп тамыры менен өзгөрүшүндө жана мамлекеттик ресурстардын маанилүү бир бөлүгүнө кожоюндук кылуу мүмкүнчүлүк болуп жатканда. 24 жылдын (1991–2015–жж.) ичиндеги коррупциянын дүркүрөп өсүшү экономикалык реформаны ишке ашыруунун беделин түшүрдү, калктын жашоо турумуна тескери таасирин көрсөттү, айрыкча бул жаштардын моралдык жүрүм–турумуна терс таасир этти. Учурда жаштардын арасында сөзсүз билим алуунун жана тиешелүү профессионалдык даярдыктын анчалык деле кереги жоктугун, коррупциябы же пара берүү жолдору карьердик өсүшкө жетүүдө туура эмес тенденциясы байкалат. Мунун бардыгы кадрларды профессионалдык даярдоонун деңгээлинин жана өткөөл мезгилдин шарттарында экономиканы трансформациялоонун натыйжалуулугунун кескин төмөндөшүнө алып келүүдө.

Мамлекеттик башкарууда өзгөрүүлөрдү ишке ашыруу өтө татаал процесс. Бүгүнкү күнгө чейин борбордук бийликтин кудуреттүүлүгүнө жана инициативдердин жоктугуна негизделген мамлекетибизде эски башкаруу стили өкүм сүрүүдө. Ошондуктан административдик реформаны иштеп чыгып ишке ашырганга караганда, мамлекеттик кызматкерлердин жүрүм–турумун кайра оңдоо жана мамлекеттик башкаруу саясатын өркүндөтүү түйшүктүрөөк болууда.

Мамлекеттик башкаруу секторун реформалоонун негизги багыттары болуп:

- мамлекеттик сектордун ачык иш аракетин жана отчеттуулугун көтөрүү;
- жарандык коом менен өкмөттүн өз–ара сүйлөшүүлөрүн (диалогун) чыңдоо;
- функционалдык талдоонун негизинде мамлекеттик башкаруу секторунун түзүмүн кайра уюштуруу;
- коррупцияны жоюнун механизмдерин иштеп чыгуу жана чечимдерди кабыл алуу;

- жеке секторду өнүктүрүү жана инвестициялык климатты жакшыртуу үчүн административдик процедураны жөнөкөйлөтүү ж.б.

Учурда коом демократиялык, социалдык, укуктук мамлекет болуп калды, ошондуктан бир топ күчтүү, квалификациялуу жана руханий жактан бай мамлекеттик аппарат, башкача айтканда саясий, экономикалык жана социлдык радикалдуу реформаларды жүргүзүүдө жогорку саппаттагы иштерман аппарат керек.

Коомдогу терең социалдык–экономикалык өзгөрүүлөрдүн жана аны коштоп жүрүүчү кризистик, инфляциялык процесстардин шарттарында саясий, экономикалык жана диндик–руханий мүнөздөгү көйгөйлөр болуп көрбөгөндөй курч мүнөзгө айланып бара жатат. Атап айтканда, бул контексте социалдык жактан уюшулган башкаруу институту катарында мамлекеттик кызмат өзгөчө мааниге ээ. Жогорку квалификациялуу жана туруктуу мамлекеттик апаратты түзүүгө багытталган мамлекеттин адекваттуу кадр саясаты гана татаал социалдык–экономикалык милдеттерди чечүүнү камсыз кылууга жөндөмдүү.

Өткөөл мезгилдин этабында рынокко карата мамлекеттик кийлигишүүнүн чегинде жана масштабында өзгөрүүлөр болуп өтөт. Тарыхый практика көрсөткөндөй экономикага малекеттик кийлигишүү, бул сектордун масштабына жана аны жөнгө салуунун формасы менен ыкмасына жараша болот. Экономикалык реформанын процессинде мамлекеттик жана жеке секторлордун ортосундагы оптималдуу өз ара катыштар болгондо гана белгилүү бир ийгиликтерге жетүүгө болот.

Рыноктук системада мамлекет билим берүү, саламаттыкты сактоо, маданият, транспорт жана байланыш, энергетика тармактарына, коммуналдык чарбаларга–суу, энергия жана газ менен жабдууну, мусорлорду жыйноону, калдыктарды кайра иштетүнү, жашоо чөйрөсүн жакшыртууну жана бир канча башка маселелерди көзөмөлдөп кызматкөрсөтөт.

Өнүккөн өлкөлөрдө мамлекет же мамлекеттик, ошондой эле аралаш менчиктиктеги ишканаларга ээ болу менен түз көзөмөлдү ишке ашырат, же баалардын, тарифтердин жана тармакка кирүү шарттардын стратегиялык параметрлерин жөнгө салат. Эреже катары, мамлекеттик ишканалар көлөмдүү капиталдык салымдарды жана узак убакыттык кайтарымдуулукту талап кылган

тармактарда иштешет, аларга негизинен энергетика, транспорт, байланыш жана комуналдык тейлөөчү тармактары кирет. Мындан тышкары, бизге белгилүү болгондой мамлекеттик менчик кирешесиз зыяндуу ишканалардын базасында, башкача айтканда, металлургия, кеме куруучу, атомдук энергетика ж.б. тармактарда түзүлгөн. Көп учурларда өнүккөн өлкөлөрдө мамлекетте болот ээритип куюучу жана иштеп чыгуучу өнөр жайлаары тиешелүү. Ошол эле учурда мамлекеттик ишканалардын монополиялык абалы жана алардын бюджеттик чыгымдар менен түз бааланышы «берсең–жедим» иш принциби иновацияларга болгон шыктанууну, эффективдүүлүктү төмөндөттү.

Глобализациялоонун башталышы, интеграциянын күчөшү, бирдиктүү рыноктук мейкиндикти түзүү менен мамлекеттик ишканалар жаңы капитал рынокторунан жана каржылоонун жаңы формаларынан обочолонуп калышты. Ушундай факторлор көп өнүккөн өлкөлөрдө мамлекеттик ишканаларды массалык масштабта прибатташтырууга алып келди. Өндүрүш жана баа түзүү процессинде мамлекеттин ролу төмөндөгөн.

1992–жылы Европа өлкөлөрүндө мамлекеттик ишканаларды мамлекет тарабынан көмөк көрсөтүүнү жокко чыгарып, эркин атаандаштыктын талаасын кеңейтүү чечими кабыл алуу боюнча Маастрих келишимине кол коюшкан. Азыркы учурда өнүккөн өлкөлөрдө мамлекеттик сектордун көлөмү жөнүндө маалыматты жумушчу күчүнүн үлүштүк катышы менен билүүгө болот. Алсак, 90унчу жылдардын аягында жумушчу күчүнүн үлүштүк катышы Швецияда 31 %ды, Фрвнцияда–25, Англияда–14, АКШда–13 жана Японияда болгону 6%ды түзгөн.

Мамлекеттин карамагында инфрастуктура тармагы калган. Бирок өнүккөн өлкөлөрдө бул тармакта да белгилүү бир деңгээлде реформа жүрүп жатат. Мамлекттик монополия бул тармактарда (билим берүү, саламаттыкты сактоо, маданият, транспорт жана байланыш, энергетика, коммуналдык чарба ж.б.) дайыма эле коомдун кызыкчылыгына жооп бербейт. Демек, өздүк монополияны түзүүчү сеттик компонентти бөлүп салып, бул монополиялык структураларды реконструкциялоону жүргүзүү керек эле. Сеттик компоненте мамлекеттин көзөмөлүндө, алсак, энергетикада–электр тогун берүүчү линиялар, темир жол транспортунда–темир жол ж.б., ал эми башка компонент элементтери– түздөн–түз

продукция өндүрүүчү жана кызмат көрсөтүүчү ишканалар жана фирмалар, атаандаштык шартында жеке менчик тараптарга берилиши керек эле.

Регионалдык жана муниципалдык деңгээлде атаандаштыктын негизинде жеке ишканалар кеңири ишке киризиле баштадады. Башкача айтканда, жергиликтүү бийлик органдарынын деңгээлинде жол чарбасын колдоого, мусорлорду жыйноого жана рекреациондук кызматтарды көрсөтүүгө, мектепке чейинки мекемелерди кармоого жеке ишканалар боюнча иш аракеттер жүргүзүлүүдө. Биргелешкен проектерди ишке ашырууда мамлекеттик, жеке жана коммерциялык секторлордун ортосунда партнердук мамилелер кеңеет. Өкмөт бюджеттик каражаттардын жардамы менен муниципалдык турак үй курулушуна жана коммуналдык структуураны модернизациялоодо субсидияларды, гранттарды жана салык жеңилдиктерин бере алат.

Кыргызстанда экономиканы трансформациялоо мезгилинде мамлекет өзүнүн менчигинен оолактоодо жана жеке рынок секторун түзүүдө татаал жана оор процесстерди башынан кечирди. Жеке менчикке болгон мамиле түп тамырынан өзгөрдү. Алсак, 2005–жылы мамлекеттик менчиктеги ишканалардын үлүшү ишканалардын жалпы санынын 5,0%ын түздү, ал эми жеке сектордун үлүшү 95,0%га жетти. Мамлекет өзүнө инфраструктура чөйрөсүн гана калтырып, өнөр жайдын жана айыл чарбасынын негизги тармактарынан дээрлик оолактап калды. Бирок бул, мамлекеттин экономиканын өнүгүүсүнө экономикалык рычактардын таасиринен толугу менен баш тартты дегендигине жатпайт, тескерисинче өлкөнүн алдыңкы корпорацияларында акцияларды чыгаруу жана алардын директорлор кеңешине мамлекеттин өкүлүн киргизүү жолу менен анын көзөмөлүн күчөткөндүгүн билдирет.

Өнүккөн өлкөлөрдүн дүйнөлүк практикасы көрсөтүп жаткандай, жеке сектор алардын экономикасынын негизин түзөт да, өзүнө калктын керектөөсүн канаттандыруу үчүн керек болуучу товарлардын бир канча бөлүгүн өндүрүүчү ири, орто жана кичи ишканалардын көп сандаган армиясын камтыйт. Ошол эле учурда рынок чөйрөсү коомдун керектөөсүн толугу менен канаттандыра албайт жана ага зыяндарды алып келип, социалдык көйгөйлөрдү курчутат. Мындай жагдайда мамлекет продукция өндүрүү жана сатуу процессине катышуусу зарыл. Ал түрдүү формада, башкача

айтканда толугу менен мамлекеттештирүүдөн мамлекеттик көзөмөлгө чейин же жеке ишкерлер менен партнердук мамиледе иш жүргүзүү.

Мамлекет менен рыноктун жогорудагыдай симбиозу (өз ара мамилеси) капитализмдин кризистик абалдан чыгууга мүмкүндүк берди жана илимий–техникалык прогресс менен калктын болуп көрбөгөндөй керектөөсү аркылуу анын андан ары өнүгүүшүн камсыз кылды. Бирок рынок экономикасына мамлекеттин өтө эле кийлигише бериши «урап кетүүлөр» (катастрофа) менен коштолуп турат, башкача айтканда салык салуунун күчөшү өндүрүштүк жана эмгек ресурстарынын рационалдуу колдонуусуна терс таасирин тийгизет. Мындан тышкары, зыяндуулугу жана натыйжалуулугу төмөн болгон мамлекеттик сектордун кеңейиши өлкөнүн жалпы атаандаштыгынын төмөндөшүнө алып келет. Рыноктук экономикага мамлекеттин активдүү кийлигишүүсү биздин республиканын практикасы көргөзүп тургандай, мамлекеттик аппараттын санынын көбөйүшүнө өбөлгө түзөт жана экономикага иштебей, айрыкча “өзү үчүн” иштеген мамлекеттик аткаминерлердин оперативдүүлүгүн жана натыйжалуулугун төмөндөтөт.

Демек, мамлекет рынок экономикасынын негизги институттардын иштөөсүн жана жүрүм–турумдарын аныктоочу мыйзамдардын булагы болуп саналат. Рынок мамилелеринин бардык чөйрөсү практика жүзүндө өндүрүш жана кызмат көрсөтүү рыногун эле тескеп турууну гана көздөбөгөн, алардын аткарылышын аргасыз кылуучу белгилүү бир чараларды да камтыган, терең иштелип чыккан мыйзам ченемдерине жана жоболоруна негизделген. Ошондуктан мамлекет–бул эң оболу мыйзам жана анын аткарылышы менчиктин бардык субъектилери үчүн милдеттүү.

### §2.Мамлекеттик чектөө методдору жана инструменттери

Мамлекет жөнгө салуунун бүтүндөй комплекс методдорун колдонушу мүмкүн, алар экономикалык, административдик, идологиялык, мыйзамдуулук, уюштуруучулук ж.б. методдор.

Экономикалык методдорго жумуш менен камсыз кылуучуларга кредиттерди, субсидияларды, жеңилдиктерди жана дотацияларды берүүнүн эсебинен жумушсуздукту жоюу,

пайыздардын жана киреше салыктарынын так деңгээлине чектөө жүргүзүү, өндүрүштүк жана өндүрүштүк эмес мүнөздөгү мамлекеттик сатып алуу, экономикадагы мамлекеттик секторду күчөтүү ж.б. иштери кирет.

Административдик методдорго пенсиялык жаштын курагын кыскартуу, жумуш жумалыгынын узактыгын жана төлөнүүчү эмгек өргүүсүнүн суммасын белгилөө, жумушчу күчүнүн имиграциясын жана эмиграциясын ачыкка чыгаруу, же чектөө, калктын кээ бир категорияларын жумушка орноштуруу маселесин жөнгө салуу кирет.

Идеологиялык метод толук жумушсуздук саясатын түшүндүрүүдө, жумуш берүүчүлөр жана жумушчулардын кызыкчылыктарынын оптималдуу айкалышына жетүүдө, эмгекчилердин жумуш фондуларын түзүүчү ишканаларды шыктандырууда, түрдүү деңгээлдеги башкаруу процесстерине жумушчуларды тартууда, рынок экономикасынын шарттарында «социалдык өнөктөштүктүн» же анын кээ бир элементтеринин болушунун объективтүү керек экендигин түшүндүрүүдө колдонулат.

Окутуу жана билим берүү, калктын, дискриминацияга каршы багытталган, башкача айтканда жаштарды жана аялдарды жумушка орноштуруу процесстерин жөнгө салуучу мамлекеттик мыйзам актылары жана мамлекеттик эмгек рыногунун мыйзамдаштыруу мыйзамдык методдоруна кирет. Мындан тышкары эмгек мыйзамын жана эмгек мамилелерин унификациялоо көйгөйү курч маселе боюнча калууда. Уюштуруу методдорунун маңызы эмгек ресурстарынын территориялык, тармактык, профессионалдык жана квалификациялык мобилдүүлүгүнө тоскоол кылуучу түрдүү институционалдык тоскоолдуктарды төмөндөтүү, же жок кылуу болуп саналат. Бул максатта жумушсуздуктун статистикасын өркүндөтүү, жергиликтүү, регионалдык жана тармактык эмгек рыногунун эмгек суроо–талаптарынын жана сунуштарынын структурасын изилдөөнүн жана жөнгө салуунун автоматтык системасын өнүктүрүү, жумушка орноштуруу кызматынын натыйжалуулугу жогорулашы керек, ал эми профессионалдык билим берүү системасырынок мамилелеринин талаптарына көнүгүүсү керек.

Рынок экономикасы өнүккөн көптөгөн өлкөлөр колдонуучу мамлекеттик жөнгө салуунун негизги инструменттери төмөнкүлөр:

• **биринчиден,** максаттуу багытталган көрсөткүчтөрдү колдонуу менен жалпы (индикативдик) мамлекеттик планды кеңири таратуу. Мында жалпы мамлекеттик пландоо улуттук киреше, баанын кыймыл–динамикасы, тышкы экономикалык ишмердүүлүк, ж.б.ушул сыяктуу негизги көрсөткүчтөрдү камтуу менен узак мөөнөттүү экономикалык саясаттын негизин түзөт. Булардын бардыгы рынок чарбаларынын динамикалуу жана илгери кадам өнүгүүсүн шарттайт;

• **экинчиден,** рынок мамилелерин мамлекеттик жөнгө салуунун бардык системасынын негизги инструменти катарында мамлекеттик бюджетти колдонуу механизми болуп орто мөөнөттөгү каржы планы эсептелинет;

• **үчүнчүдөн,** «макулдашылган аракеттер» саясаты, бул жумуш берүүчүлөрдүн , жумушчулардын жана мамлекеттин кызыкчылыктарынын макулдалышына жетишүү болуп саналат. Мында тигил же бул өлкөнүн рынок экономикасынын жалпы керектөөсүн эске алуу менен пайданын жана эмгек акынын көлөмдөрүн айкалыштыруу;

• **төртүнчүдөн,** мамлекеттик акча–кредит саясатын жөнгө салуу инструменти катарында активдүү колдонулат.

Өткөөл мезгилдин шарттарында экономикалык секторлордун структуралык кайра куруулардын негизги багыттарын жана милдеттерин иштеп чыгууда жана максаттарды ишке ашырууда мамлекеттин катышуусун күчөтүү керек. Бул жагдайда бардык экономикалык чечимдердин негизги бөлүгү чарба жүргүзүүчү субъектилердин өздөрүнүн компетенциясына өтүүсүн эске алуу керек. Бирок экономиканын каатчылык абалынын шарттарында структууралык пропорцияларга мамлекеттик таасирдин бардык методдорун жана инструменттерин колдонуу зарыл.

Мындай шарттарда экономианы мамлекеттик жөнгө салууну кыйыр жана түз методдорго бөлүүгө болот.

**Кыйыр методго** каржы жана акча–кредиттик жөнгө салууну: салык салуу, амортизация методу (амортизациянын дифференциялык нормасын белгилөө, амортизациялык мамилелерди индексациялоо, тездетилген амортизация), кредит саясаты (учеттук ставка, кредиттик рестрикация же экспансия),

мамлекеттик гарантия, бажы мыйзамдуулугу, бааларды жана анын ичинен монополис–ишканалардын продукцияларына жөңгө салуу.

**Түз методу:** мамлекеттик жөнгө салуунун бул методуна: ишканалар санациялоочу бюджеттик инвестицияларды жана субсидияларды бөлүштүрүүлөр, республиканын кээ бир территорияларына берилүүчү субвенциялар жана дотациялар кирет.

Мамлекеттик жөнгө салуунун учурдагы иштеп жаткан методдору жана инструменттери заматта эле түзүлүп калган жок. Ал өзүнүн өнүгүү процессинде бир нече этаптарды басып өттү:

- жеке капиталды кайра өндүрүү үчүн жалпы ыңгайлуу шартты түзүү; эмгек, салык, соода, социалдык мыйзамдарды, баажы саясаттын иштеп чыгуга мамлекеттин күчүн топтоо;
- каатчылыкка каршы жана структууралык багытталган жумушсуздукка жана бааларга таасир берүүнүн өз ара макулдашылбаган аракеттери;
- чарбаларды жөнгө салууну акча–кредиттик жана бюджеттик каражаттарды колдонуу менен эксперименттерди жүргүзүү. Мамлекеттик менчикти приватташтыруу толкуну;
- тармактык жана регионалдык орто мөөнөттөгү программалоолорго өтүү; жөнгө салу инструменттеринин бири–бири менен сыйлыгышчуулугун жана алмашуусун изилдөө жана алардын натыйжалуулугун аныктоо жолу менен экономиканы мамлкеттик жөнгө салууну көтөрүү аракети;
- узак мөөнөттүү перспективалуу багыттарды иштеп чыгууну айкалыштыруу менен жалпы мамлекеттик орто мөөнөттүү программаларды ишке ашыруу. Жөнгө салуу инструменттерин болушунча даректүү, дозада жана комплекстүү колдонуу;
- интеграциялык биригүүлөрдүн чегинде эл аралык деңгээлде жалпы мамлекеттик орто мөөнөттүү программаларды макулдашуу боюнча чаралар; улуттук чектен тышкары багыттагы пландоонун кадамдары ж.б.

Демек, мамлекеттик жөнгө салуу механизми өкмөттүн экономикалык саясатындагы монетардык принциптерге багытталышына, же жөнгө салуунун бюджеттик инструменттеринин катаал шарттарын колдонууга баш ийгендигине карабастан дайыма өркүндөп турат. Азыркы шарттарда мамлекеттик жөнгө салуунун методдору жана инструменттери жалпы экономикалык, саясий

жана социалдык каатчылыкка жол бербөө үчүн жеткиликтүү жыйынтыктарды бере алды.

## §3.Улуттук экономиканы чектөөдө мамлекеттин орду

Азыркы коомдо мамлекеттин ролу көп кырдуу. Тарыхта коомдогу рынок системасынын түзүлүшүнө жана өнүгүүшүнө мамлекет гана кепил болуп келет. Экономикалык жактан мамлекет иш алып баруучу бардык маселелерди эки топко бириктирүүгө болот:

- биринчиси – рынок системасын колдоо жана коргоо, айрыкча рынокту жана атаандаштыкты;
- экинчиси – рынок принциптери жалпысынан алганда коомдун кызыкчылыктарына карама–каршы принциптери туура келбей калган учурда мамлекет рыноктун чектөөлөрүн толуктап турат, башкача айтканда мамлекет рынок аткара албай калган функцияларды өзүнө алат.

Экономиканы жөнгө салуунун мамлекеттик саясатты республиканы каатчылык абалдан чыгуунун жалпы программасынын чегинде жана төмөндөгүдөй концептуалдык иш чаралардын негизинде жүргүзүлүшү керек:

- ИДПнын, тармактык түзүмдүн, макропропорциянын, микропропорциянын түзүмүн катуу чектөө керек, анткени таңсыздык бюджетке жеткенге караганда экономиканын туруктуулугун, кармоо жана өндүрүштүн өсүүшүнө кызыкчылыкты артыруу приоритеттүү милдеттерге кирет;
- өндүрүштүн кубаттуулугунун арттырууну күчөтүү, экономикалык байланыштарды калыбына келтирүү, кеңейтилип кайталап өндүрүү процесстерин шыктандыруу;
- узак мөөнөттүү улуттук кызыкчылыктарга рынок бейтарап болгондуктан, рыноктук жана протекциондук чаралар рационалдуу айкалышы керек;
- селективдик мамиленин негизинде, өндүрүштүн приоритеттүүлүгүнө, натыйжалуулугуна же пайдасыздыгына баа берүүнүн, ошондой эле тигил же бул ишкананы банкрот деп жарыя кылган учурдун да экономиканын негизги тармактарын сактоого мамлекет гарант болуп берүүгө милдеттүү;

- суроо–талаптарды шыктандыруу саясатына өтүүнү ишке ашыруу максатка ылайыктуу, мында тандап алуу протекциясынын системасы ишке кирүүсү керек, анткени анын пайдасын чет элдик эксперттер эмес, өзүбүздүн өндүрүүчүлөр колдонушу зарыл;
- монополиялык тенденцияларды күчөтүүчү ишканалардын горизонталдык бирүүгүсүнө тыгыз көзөмөлдү ишке ашыруу керек;
- республикада натыйжалуу салык базасынын укуктук негизин түзүү, башкача айтканда эгерде реалдуу сектордун натыйжалуулугун көтөрбөсөк, салыктын эсебинен бюджеттин киреше бөлүгүн катуу зордук чараларын колдонуп да толтурууга болбойт;
- жаңы саппаттык деңгээлде өлкөнүн эл чарбасын өнүктүрүүнүн келечектүү пландарын жана өнүгүү болжолдоолорун иштеп чыгууну кайра киргизүү максатка ылайыктуу. Өлкөнү өнүктүрүүнүн 5–10 жылдык болжолунда жана планында башка макро көрсөткүчтөрдүн катарында структууралык параметрлер да негизги орунду ээлеши керек. Мындай пландарда экономикалык коопсуздуктун критерийи катарында кызмат кылган эл чарбасынын структуурасынын моделин чагылдыруу зарыл;
- ишканалар жана территориялардын мамлекеттик органдар менен вертикалдык байланышын чыңдоо, мамлекет жана банктардын ролун көтөрүүнүн эсебинен чарбадагы эффективдүү башкарууну кайра калыбына келтирүү;
- агрардык сектор, түстүү металдарды өндүрүү жана энергетика сыяктуу экономиканын приоритеттүү тармактарын өнүктүрүү үчүн инвестициялык саясат багытталышы керек. Бул тармактардын ылдам өнүгүүшү технологиялык байланыштар (цикл) боюнча берилүүчү жана улуттук экономиканын башка тармактарын реконструкциялоо жана модернизациялоо үчүн керектүү илимий–техникалык базаны түзүп, өндүрүштүк суроо–талаптардын негизинде баштапкы өсүштү камсыз кылат.

Мамлекеттин экономикага кийлигишүүсү– бул ар бир өлкөдө боло турган кадимки көрүнүш, бирок ал бардык экономика, анын тармактары, алардын байланыштары өнүгүүп жаткан объективдүү мыйзамдардын талаптарына карама–каршы келбестен, аларга ылайыктуу ишке ашышы керек. Өндүрүштүн техника–экономикалык жагдайда өсүшү жана рыноктук мамилелердин

орношу менен мамлекеттин экономикалык ролу өсөт. Алсак, макроэкономикалык позиция менен мамлекет экономикага бир катар таасирин тийгизет:

- **биринчиден,** мамлекет өзүнүн мыйзам чыгаруучу, аткаруучу жана сот органдары менен мыйзамдарды, ченемдерди, эрежелерди, чектөөлөрдү, уруксат берүүлөрдү, тыюу салууларды, эрежеден четтеттүүлөрдү аныктайт, пайда болгон талаш маселелерди чечет, айыптарды салат ж.б.. Экономикалык субъектилердин жүрүм–турумун чектөөчү катарында, ошону менен мамлекет жеке каржы ресурстарынын кыймылына таасирин тийгизет;
- **экинчиден,** салыктардын жана зайымдардын жардамы менен алынган ресурстардын бир бөлүгүн, мамлекет белгилүү критерийлерге ылайык аларды кайрадан жеке секторлорго бөлүштүрүп берет. Кайра бөлүштүрүүчү ресурстардын көлөмү мамлекеттик трансферттердин жана инвестициялардын суммалык көлөмүнө барабар болуп калат.
- **үчүнчүдөн,** жеке сектордон алынган ресурстардын бир бөлүгүн мамлекет өзүн кармоого жана коомдук жыргалчылыкка колдонот, башкача айтканда мамлекеттик керектөөнү ишке ашыруу менен коргонуу чөйрөсүндөгү кызматтарга, тышкы саясатка, ички тартипти кармоого, коопсуздукка, сот системасына жумшайт.

Демек, кайсыл гана өлкө болбосун, кандай гана коомдук–саясий жана социалдык–экономикалык системаны албайлы, экономика кандайдыр бир даражада мамлекеттик органдардын жардамы менен мамлекет тарабынан жөнгө салынып турат.

Экономиканы мамлекеттик жөнгө салуу коом үчүн кереги жок экономикалык иш аракеттердин түрлөрүн, башкача айтканда наркотик жана курал жарак өндүрүп сатуучуларга, чектөөгө же такыр эле жок кылып салууга, ал эми ишкердүүлүктүн кээ бир формаларына (фермердик чарбаларга, экономикалык ишмердүүлүктүн кичи формаларына) колдоо көрсөтүүгө багытталышы мүмкүн. Ошондой эле мамлекеттик жөнгө салуу жана экономикалык механизмдерди колдонуу жеке адамдын эркиндигин жана укугун эске алуу менен экономикалык өсүштүн туруктуу темпин камсыз кылууга, мамлекеттин, коомдун, калктын социалдык аз камсыз катмарынын кызыкчылыгын колдоого багытталган.

Мамлекет экономикалык эркиндиктин шарттарында коомдун кызыкчылыктары кээ бир региондордун, социалдык топтордун, тармактардын, монополистердин, ишкерлердин, жеке жактардын талаптарынан жана кызыкчылыктарынан кысылып калуусуна байкоо жүргүзүп турат. Мамлекеттик жөнгө салуу ошондой эле келечектеги урук–тукумдун кызыкчылыгын жана айлана чөйрөнү коргоого, анын булганып кетүүсүн токтотууга, жаратылыштын кыйроосуна каршы алдын ала чараларды көрүүгө багытталган. Башкаруунун экономикалык рычактарын туура жолго коюу менен, мамлекет бардык мамлекеттик субъектилерди туруктуу, тең салмактуу жана жакшы жашоо турмушка көмөк түзөт.

## §4.Социалдык саясат чөйрөсүндө мамлекеттин ролу

Мамлекеттик жөнгө салуу системасында социалдык блок эң негизги мааниге ээ, ошондуктан социалдык адам баалуулуктары экономикалык өсүштүн акыркы жыйынтыктарынын алдыңкы планына коюлушу керек, анткени социалдык жыйынтык–бул байлык жана адамдардын турмушундагы эң баалуу жетиш-кендиктер.

Социалдык саясатта негизги приоритеттик багыттар болуп:

• жумуш фронтун кеңейтүүгө кийлигишүү, келечектүү жумушчу орундарды сактоо жана жумушсуздукту кыскартуу, ошондой эле керектөө жана инвестициялык суроо–талаптарды активдештирүү, өндүрүштү жандандыруу;

• эмгек рыногунун натыйжалуулугун жогорлатуу, эмгектин баасын негизсиз төмөндөтүүнү жоюу жана анын деңгээлин улуттук экономиканын өсүшүнө карата көтөрүү;

• жашоо деңгээлин көтөрүү, калктын бай–кедей катмарына айланышын кыскартуу, социалдык гарантиялардын (эмгек акы, пенсия, пособия, медициналык тейлөөлөр) системаларын жана деңгээлдерин түзүү;

• социалдык чөйрөнүн тармактарынын натыйжалуу иштөөсүн калыбына келтирүү, өнүктүрүү жана көтөрүү;

• эмгек потенциалынын сапатын сактоо жана көтөрүү, калктын турмушун камсыздоонун шарттарын нормалдаштырууга эсептелген жумушчу орундарды түзүүнүн жана сактоонун

комплекстүү жана регионалдык программаларын иштеп чыгуу эсептелинет.

Жумуш процессин жөнгө салуу– бул жумушчу күчүнүн суроо–талаптарынын жана сунуштарынын ортосундагы катышты рыноктук экономиканын көз–карашы менен чектөө жүргүзүү. Өз ара суроо–талаптын катышы квалификацилуу жумушчуларга экономиканын керектөөсүн канааттандырышы керек, ал эми эмгек акы эмгекти толугу менен мотивациялоону камсыз кылышы керек.

Жумуш орундардын кескин төмөндөп кетиши жумушсуздуктун армиясынын көбөйүшүнө алып келет, экономиканын кирешелери кыскарат, демек, керектөө суроо–талаптардын, салыктардын, пособиялардын өсүшүн төмөндөтөт, ошондой эле эң негизгиси– социалдык коркунучтуу туудурушу мүмкүн.

**Фискалдык саясат чөйрөсүндө чектөө жүргүзүү.** Салык–бюджеттик саясатты фискалдык максаттарга гана эмес экономикалык өсүшүнө, илимий–техникалык прогресске жана социалдык өнүгүүгө багытталышы керек. Бул чөйрөдө мамлекет төмөнкүлөрдү камсыздоо керек:

- өндүрүштүн реалдуу чөйрөсүндө салык басымын акырындык менен азайтуу, өндүрүштө кайра бөлүштүрүлүүчү салыктардын жана бюджеттин ички дүң продукциядан салыштырма салмагын төмөндөтүү;
- инвестициялык активтүүлүк, экономикалык өсүш жана ишкердик иш аракеттерди жайылтуу жана шыктандыруу жолу аркылуу салык системасын өркүндөтүү;
- түрдүү деңгээлдеги кирешелүү жарандардын ортосундагы салык деңгээлин туура бөлүштүрүү.

**Инфраструктуурасын түзүү чөйрөсүндө мамлекеттик экономикага чектөө жүргүзүү:**

- узак мөөнөттүү социалдык–экономикалык стратегия менен органикалык байланышкан улуттук экономиканы индикативдик пландоо жана программалоо системасын түзүүгө болгон күчтүү топтоо;
- мамлекеттик буюртмалардын (заказдардын) институтун жана инфраструктуурасын түзүү жана өнүктүрүү;
- мамлекеттик каражаттардын каржылоонун эсебинен акционердик коомду башкарууда акциянын пакеттеринин жардамы

менен ишкердүүлүктү программалык колдоо тармактык органдардын максаттуу милдеттери.

**Баа саясатынын мамлекеттик чектөө жүргүзүү.** Экономикалык жана социалдык – саясий турмуштун критикалык точкасы болуп өндүрүүчүлөрдүн жана керектөөчүлөрдүн, дүң жана чекене соодагерлердин, экспортчулар менен импортчулардын топтук.

Мамлекеттик кийлигишүү өздүк наркка көбөйтүлгөн амортизациялык жана башка фонддордун чегерүүлөрүн кошу аркылуу өндүрүштүк чыгымдарды көтөрүүнү төмөндөтүү өкмөттүк органдар тарабынан санкциялоо жолу менен ишке ашырылат.

Бааларды түзүү процессине мамлекет түздөн–түз кийлигишүүнү акциздик товарларга бааларды аныктоодон баштайт. Ошондой эле субсидиялар да баалардын түзүлүшүнө түз таасирин тийгизет. Субсидиянын бир түрү болуп–баа субсидиясы эсептелинет. Өндүрүүчүгө же керектөөчүгө атайын кошумча төлөө жолу менен бааны төмөндөтүүнү карайт.

Бааны жөнгө салуунун натыйжалуу каражаты болуп кошумча нарк салыгы (КНС) эсептелинет. Бул салыктын ченеми дифференциалдуу өзгөртүү баага тике таасирин тийгизет.

**Акча айлантууну мамлекеттик чектөө жүргүзүү.** Акча айлантууну жөнгө салуу топтоо, баа, социалдык байланыштардын шарттарына түз таасирин тийгизет. Мамлекет төлөө балансын экспорт жана импортко, капиталдардын кыймылына, улуттук валютанын курстарынын өзгөрүшүнө, соода–келишим саясатына жана эл аралык экономикалык интеграцияга катышуусуна таасир этүү жолу менен мамлекет дайыма оперативдик жана стратегиялык жөнгө чектөө жүргүзөт.

Чектөө маселелеринин бир болуп инфляцияны башкаруу саналат. Ал суроо–талаптардын жана сунуштардын, керектөө чыгымдар менен кирешелердин ортосундагы диспропорциялардан келип чыгат. Башкаруу ыкмалары өздөрүнүн тыянагы боюнча бирдей эмес бири–бирине жана карама–каршы.

Инфляция менен күрөшүү комплекстүү чараларды б.а., алар бюджеттик таңсыктыкты кыскартуу, кредиттик экспансияны чектөө, акча эмиссиясын кармап туруу, бааларды жана кирешелерди жөнгө салуу, эмгек акыларды жана кирешелерди индексациялоону токтотуу ж.б..

**Тышкы экономикалык байланышты жөнгө мамлекеттик чектөө жүргүзүү**:

- тиешелүү агымдарды жана капиталдарды, улуттук кызыкчылыктарды коргоону чектөө максатында тышкы экономикалык инструменттерди активдүү колдонуу;
- бажы тарифтерин, лицензияларды жана квоталарды ийкемдүү колдонуу экономиканы, айрыкча тышкы экономикалык байланышты тандап коргонууну камсыз кылат;
- экономиканы эң эле тез жана натыйжалуу деструкташтырууну шартоочу импорттук саясатты түзүү;
- тышкы экономикалык көйгөйлөрдү чечүүдө белгилүү ролду ойноого жөндөмдүү тарифтик эмес системаны тартипке келтирүү;
- тышкы сооданын бардык мыйзамдык, нормативтик–укуктук базасын кайра карап чыгуу жана тартипке келтирүү жана ошондой эле аны дүйнөлүк практикага ылайыктап келтирүү;
- эркин сооданын белгиленген эрежелерин бузбай туруп, улуттук–мамлекеттик кызыкчылыктарды коргоону жана өлкөнүн экономикалык коопсуздугун камсыз кылууну ишке ашырууга мүмкүнчүлүк берген каржы–экономикалык методдордун бардык жыйындысын жөнгө салуунун практикасына киргизүү.

## §5. Экономиканын регионалдык өнүгүүсүндө мамлекеттик чектөө жүргүзүү

Рыноктук механизми дайыма эле калктын жашоо деңгээлинин, регионалдык экономиканын натыйжалуулугунун олуттуу аймактык айырмачылыгын эскертүүгө жана жеңип чыгууга жөндөмдүү эмес. Мындай учурда мамлекет аймактык, экономикалык жана социалдык мейкиндиктин белгилүү бир өңчөйлүгүн колдоого мажбур болуп калат.

Рыноктук экономика аймактык экономикалык өнүгүүсүнүн жана калктын жашоо турмушунун айырмалыктарын теңдей албайт. Ошш

Ошондуктан, мамлекет аймактык экономикалык жана социалдык өнүгүүшүн теңдештирүү максатында дайыма колдоо көрсөтөт. Алсак, Батыш Европанын өлкөлөрүндө регионалдык

саясаты негизинен салыштырмалуу арта калган региондорду, айрыкча начар социалдык жана экономикалык көрсөткүчтөрү бар аймактарды, орто деңгээлдегилерге жеткизүүгө багытталган. Мында, көбүнчө, каражаттарды бай региондордон жарды региондорго кайра бөлүштүрүү колдонулат.

Ошону менен бирге, регионалдык теңдөөнүн маселелерин чечүүдө жалпы экономикалык жана социалдык чөйрөдө башка өнүккөн өлкөлөргө салыштырмалуу Кыргызстанда толук такыр чечилген эмес. Каржы жана башка ресурстарды кайра бөлүштүрүүнүн эсебинен кээ бир экономикалык жактан начар өнүккөн региондорду өнүктүрүүнү дайыма колдоону талап кылат.

Өткөөл экономиканын мезгилинде региондордун социалдык–экономикалык шарттарын чыңдоо экономикалык гана эмес саясий да мааниге ээ. 2005–жылдын кийин түзүлгөн саясий кырдаал региондорду өнүктүрүү жана инвестицияларды шыктандыруу, борбордун жана региондордун шарттарын макулдашуу боюнча активдүү саясатка өтүү үчүн шарт түздү. Алардын бири–бири менен болгон байланышынын мүнөзү республиканын жана анын региондорунун экономикалык өнүгүүшү үчүн өбөлгөнүн пайда болушун шарттайт.

Белгилеп кетүү керек, регионалдык өзүн–өзү башкаруу административдик–аймактык түзүлүштөрдө жергиликтүү өзүн–өзү башкарууну камсыз кылат. Институционалдык реформаларды жүргүзүүнүн өнөкөт болгон кечүгүүсү, институционалдык туруксуздук, персоналдарга жана мамлекеттик башкаруу органдарынын уюштуруу структураларына, бийлик институттарынын системасында туура эместиктер бийликтин жогорку эшолонунун курамында кайра уюштуруу ишин дүрбөлөңүнө алып келет. Башкача айтканда, рынок реформаларынын керектүү жана мөөнөттө аткарылуучу институционалдык иштердин жоктугу, анархиянын, криминалдын жана коррупциянын өнүгүүсүнө алып келүүдө.

«Борбордук Азияда жергиликтүү башкарууну өнүктүрүү» проектисинин жетекчиси Ч.Унделанданын пикири боюнча бүгүн мамлекеттик башкаруунун вертикалы «атрешканы» эске салат

жана анын көптөгөн функциялары областык жана райондук деңгээлде кайталанат.[4]

Ошондой эле борборлоштурулган көзөмөлдүн традиция боюнча сакталып турушу райондун акими жергиликтүү бийликтин органдарынын башчыларын өзүнүн структуралык бөлүмдөрүнүн жетекчилери катары карагандан келип чыгууда жана жыйынтыгында бюджет аралык мамилелерди реформалоо процессинде тоскоолдор болуп жатат.

Ч.Унделанданын пикири боюнча бүгүн Кыргызстанда жергиликтүү өзүн–өзү башкарууну реформалоо жолунда мыйзамдардагы карама–каршылыктар, мамлекеттик жана жергиликтүү башкаруу органдарынын ортосундагы полномочияларды кайра бөлүштүрүү саясатындагы ыргылжыңдык, бюджет аралык мамилелерди түзүүдө созулуп кеткен процесстерге алып келүүдө.

Мамлекет күчтүү региондорго таянып начар аймактарга жардам берүүсү, каржы жардамдарын пассивдүү колдонуунун негизинде алардын киреше базаларын толтуруучу, атаандаштыкка жөндөмдүү өндүрүштү түзүүгө акырындык менен өтүү үчүн шарттарды түзүү.

Региондорго каражаттарды бөлгөндө, алардын социалдык–экономикалык–натыйжалуулугу параметрлерине карап, анын ичинен аймактардын жана республиканын масштабын эске алып бөлүштүрүү зарыл.

Республика менен региондордун өз ара байланыштарын жөнгө салуу механизминин эки негизги багытка бөлүп караоого болот:

- биринчиден, борбор менен региондордун өз ара аракеттенүү процессин административдик–укуктук жөнгө салу:
- экинчиден, бюджеттик жана бюджеттик эмес инструменттердин негизинде бийликтин түрдүү деңгээлдеринин ортосунда негизги ресурстарын кайра бөлүштүрүү жана каржы көмөктөрүн көрсөтүү.

Рынок механизми дайыма эле аймактык, калктын жашоо деңгээлиндеги, регионалдык экономиканын эффективдүүлүгүнүн айырмачылыктарын жөнгө салууга жөндөмдүү эмес. Мындай

---

[4]"Слово Кыргызстана" гезити, 2006-ж., 6 апрель, №34

жагдайда мамлекет аймактык, экономикалык жана социалдык жактан экономикасы начар аймактарга колдоо көрсөтүүгө аргасыз болот.

Батыш Европа өлкөлөрүндө регионалдык саясатты негизинен экономикалык көрсөткүчтөрү начар аймактарга акцент кылуу менен артта калган региондорду ортоңку деңгээлге тартууга багытталган.

Кыргызстанга окшогон экономикасы начар өнүккөн өлкөлөргө караганда, көптөгөн өнүккөн өлкөлөрдө регионалдык каржылык–экономикалык теңдөө милдетин чечүү өтө деле кыйынчылыкка турбайт. Мамлекет жакыр болгондуктан региондорду экономикалык жактан теңдөө маселеси келечекте чоң көйгөйлөрдүн бири болуп кала берет.

Регионалдык саясат терс натыйжадагы кээ бир депрессивдик региондор менен күрөшүүгө гана багытталбайт. Мисалы, АКШда, Германияда, Англияда, Японияда ж, б, өнүккөн өлкөлөрдө стратегиялык милдеттерди чечүү үчүн кээ бир региондорду ыкчам өнүктүрүү чаралары, аларда интеллектуалдык, материалдык жана каржылык потенциалын топтоо менен иш жүргүзүлөт.

Бул өнүккөн өлкөлөрдө регионалдык саясаттын негизги рычагы болуп өндүрүштүк күчтөрдү жайгаштырууну, жумушсуздукту кыскартууну, иш орундарын көбөйтүүнү, илимий–техникалк прогрессти өнүктүрүүнү, тышкы соода байланыштарын өркүндөтүүнү экономикалык шыктандыруу болуп саналат. Бул жагдайда регионалдык экономиканы өнүктүрүүгө багытталган белгилүү бир механизмдер түзүлгөн: болжолдоо – программалоо – каржылык пландаштыруу.

Регионалдык саясаттын негизги жоболору Кыргыз Республикасынын 2010–жылга чейинки өнүгүү комплексинин негизинде чагылдырылган, «региондордун социалдык жана экономикалык өнүгүүсүндөгү теңчилик эместик жана диспропорция, республиканын жети районунун дотациядагы алтоосунуна өнүгүү узак мөөнөттүк стратегиясын иштеп чыгуунун жана ишке ашыруунун керектигин аныктайт». Бизге белгилүү болгондой баштакы методдор (продукциянын өсүшүн жетишкен деңгээлине жеткирүү) туюк процесске алып келүүдө. Мындай чала илимий анализдин жана экономикалык болжолдун артында жаңы көйгөйлөр жана экономикалык өнүгүү тенденциялары жатат.

Регионалдык экономикалык өнүгүү үчүн экономиканын өнүгүү программалары түзүлөт, аларда кирешелердин өсүшүн аныктоочу көрсөткүчтөрдү, керектөөлөрдү жана боло турган инвестициялары ачык көрсөтүлөт. Программада инфраструктура обьектилерин куруу, өнөр жай жана айыл чарба ишканаларды, ошондой эле жеке чарбаларды кеңейтүү милдеттери каралат.

Маселелерди чечүүнүн ушундай жолунда гана региондун масштабында материалдык, техникалык жана каржы ресурстарынын кыймылын болжолдоого болот жана аны жөнгө салуу планы иштеп чыгылат. Региондун социалдык–экономикалык өнүгүүсүнүн программаларынын негизги милдеттеринин бири болуп, регионду социалдык–экономикалык өнүгүүсүн өнөр жайын, айыл чарбасын жана кызмат көрсөтүү чөйрөсүн тез арада өнүктүрүүнүн эсебинен өзүн–өзү каржылоонун негизинде жетүү саналат.

Программада региондун приоритеттүү тармактарынын өндүрүштүк көлөмүн материалдык, эмгек жана каржы ресурстарын эске алып туруп көрсөтүү керек, башкача айтканда илимий негизде өндүрүштү адистештирүүнү жүргүзүү зарыл.

Региондордун экономикасын жөнгө салу маселелери суроо–талаптарды шыктандыруу жана продукцияларды экспорттоону жакшыртуу болуп саналат. Бул маселе өлкөнүн региондорунун айыл чарба продукцияларын сатуу көйгөйлөрүнө байланыштуу орчундуу объекти болуп калды. Административдик–план экономикаснын шарттарында мындай маселе болгон эмес, анткени продукцияларды сатып өткөзүү директивдик жол менен ишке ашкан.

Коомдо экономикалык жана социалдык процесстерди натыйжалуу башкарууда, Кыргызстандын шартын эске алганда, коомдук аз байлыкты бөлүштүрүү максатын көздөбөстөн, аны көбөйтүү максатын көздөш керек. Азыркы учурда региондорду өнүктүрүү жана инвестицияларды тартуу, борбор менен региондордун каржы–экономикалык макулдашуу боюнча активдүү саясатка өтүү үчүн шарттар түзүлгөн. Алардын бири–бири менен болгон байланышынын мүнөзү республиканын жана анын региондорунун экономикалык өсүшү үчүн шарттардын пайда болушуна түрткү болушу керек.

Өткөөл мезгилдин шарттарында регионалдык теңдөө механизмине тиешелүү республикалык жана регионалдык бийлик

органдарынын ишмердүүлүгүнө тиешелүү эки жагдайды бөлүп кароого болот:

Биринчиси, борбор менен республиканын субъектилеринин, ошондой эле борбордук администрация менен жергиликтүү органдардын бири–бири менен болгон өз ара иш аракеттерин административдик–укуктук жөнгө салуу;

Экинчиси, бийликтин түрдүү деңгээлдеринин ортосунда каржы ресурстарын кара бөлүштүрүүгө жана бюджеттик жана бюджеттик эмес инструменттердин негизинде каржы көмөктөрүн көрсөтүүгө байланышкан.

Региондордун анализи жана тажрыйбасы көрсөткөндөй, алардын экономикалык өнүгүүсүнүн түрдүү деңгээли пайда болду. Азыркы учурга чейин иштеп келген каржыны жөнгө салуу механизмдери региондор ортосундагы дифференцияны кыскартууга түрткү боло алган жок, тескерисинче анын күчөшүнө шарт түздү. Трансферттерди бөлүү жолу менен кыска мөөнөткө (бир жылга) күнүмдүк маселелерди чечүүдө белгилүү бир оң жылыштар болгону менен, ал регионалдык бюджеттин таңсыктыгын кыскартуунун жана экономикалык өсүштү камсыз кылуунун стратегиялык милдеттерин чечүүгө анча деле таасир бере алган жок.

Демек, каржылоо механизмдеринин макулдашылбагандыгы, эң негизгиси, каражаттарды аз тармактарга бөлүштүрүү басымдуулук кылгандыгы, алардын натыйжалуу колдонулушун көзөмөлдөөнүн начардыгы республиканын региондорунда коюлган максаттарды ишке ашырууга тоскоол болдуда.

# БАП XVII

# ЭМГЕК РЫНОГУ: ӨТКӨӨЛ МЕЗГИЛДИН ШАРТЫНДА КАЛЫПТАНУУ ЖАНА ЖАҢЫЛАНУУ

## §1. Эмгек ресурстары экономикалык категория катарында түшүнүк

**Эмгек ресурстары–** өлкөдө физикалык жана жан дүйнөлүк керектүү мүмкүнчүлүгү бар, эл чарбасында иштей турган жалпы жана кесипкөйлүк билимдүү элдин бир бөлүгү. Коомдо өзүнүн талабын актай турган жандуу эмгекти мүнөздөөчү эмгек ресурстарынын саны.

**Эмгекке жарактуу элдин саны.** Жалпы элдин жаштык жана жыныстык курамын мүнөздөмөсү (канчалык аялдар, жаш балдар, пенсияга келген адамдар, көп болсо, ошончолук эмгекке жарактуу адамдар аз болот). Эмгекке жарактуу жана эмгекке жараксыз калктын катнашы географиялык айырмалары негизинен жаш түзүмүнө жана ошондой эле элдин санын өсүшүнө байланыштуу.

Кыргыз Республикасында Эмгек Кодексине ылайыктуу жумушка жарактуу жаран 16 жашка жеткенден тартып эсептелет. Ар кайсы мамлекетте эмгекке жарактуу жаштын төмөнкү чеги анчалык деле айырмасы жок, ошол эле мезгилде жумушка жарактуу жогорку жаштык чеги 20 жылга чейин айырмаланат. Мындай эмгекке жарактуу чоң жогорку айырма ар бир мамлекетте адамдын орточо жашоо деңгээлине, пенсияга чыкканда материалдык жактан коомдун мүмкүнчүлүгүнө байланыштуу. Көп мамлекеттерде эмгекке жарактуу жогорку чеги 60–65 жашка барабар.

Кыргыз Республикасында эмгекке жарактуу ресурстарына эркектердики– 16 жаштан 60 жашка чейин, аялдардыкы– 16 жаштан 55 жашка чейин, мындан тышкары жаштар 16 жашка чейинки жана ишке жарактуу пенсионерлер кирет.

**Эмгек ресурстарын мүнөздөөчү негизги түшүнүктөр:**

**Эмгекке жарактуу калк–** эмгекке жарактуу физикалык жактан иштегенге мүмкүнчүлүгү бар адамдар.

**Эмгекке жараксыз калк–** анча–мынча же болбосо такыр эмгекке жараксыз адамдар.

**Экономикалык активдүү калк**– товар өндүрүүгө жана улуттук көрсөтүүгө жарактуу адамдар.

**Экономикалык активдүү эмгекке жараксыз калк**– жашына карабастан активдүү эмгекке жараксыз адамдар. Буга төмөнкүлөр кирет:

1. стационардык формада окуган окуучулар;
2. үй–бүлөдөгү айымдар;
3. жашы боюнча пенсионерлер жана майыптар;
4. раньтье– банктарда сакталган акча жана баалу кагаздарына пайыз жана дивиденд алгандар;
5. кайрымдуулук бакер усулдук көрсөткөн адамдар;
6. коомдук мекемелерден жана өздүк жарандардан материалдык жардам алган адамдар;
7. объективдүү жана субъективдүү себептер менен эмгекке жарактуу адамдар, бирок жумуш издебегендер.

**Иштеген адамдар–** нормада көрсөтүлгөн убакытта иштеген жана жумушун аткарган адамдар.

**Аз ишке тартылган адамдар**– күнүмдүк кандайдыр себеп менен кыска мөөнөттө иштеген адамдар.

**Жумушсуздуктар**– иштей турган адамдар, бирок аларга жумуш жок.

Мекемелерде эмгек ресурстары сан жагынан, биринчи иретте төмөнкү көрсөткүчтөр менен мүнөздөлөт: тизме менен келгендери жана орточо айлык жумушчулардын саны боюнча.

**Мекемеде тизме боюнча эсептелген жумушчулар**– жумушка тизме боюнча катышкан адамдар. Тизме боюнча жана жумушка келгендердин айырмасы толук күндөлүк иштелбегендердин санын мүнөздөйт (эс алууга, ооруууга, камандировкага ж.б. кеткен убакыт).

Мекемеде кандайдыр бир убакытка (мезгилге) жумушчулардын санын такташ үчүн орточо тизмедеги жумушчулардын саны көрсөткүч катарында колдонулат. Бул көрсөткүч эмгек өндүрүмдүүлүгүн, орто айлык майананы, айлантуу коэффициенти, кадрлардын алмашуусун эсептөөдө жана башка көрсөткүчтөр үчүн колдонулат. Жумушчулардын санын бир айдагы орточо тизме боюнча табыш үчүн, айдын календардык күнүн да тизме боюнча эсептеп, ага майрам жана эс алуу күндөрдү кошуп, алынган жалпы сумманы ай ичиндеги календардык күнгө бөлүү керек.

Ал эми квартал жана жыл боюнча орточо тизмедеги жумушчулардын санын табыш үчүн мекемеде квартал ичиндеги айлар боюнча тизме менен иштеген календардык күндүн жалпы суммасын календардык күнгө бөлүү керек. Орточо тизме боюнча жумушчулардын санын толук билиш үчүн аларды күн сайын тизме боюнча жана буйруктарды, келишимдерди эсепке алуу менен толукталат.

Мындан тышкары, мекеменин жана анын ички бөлүмдөрү боюнча эмгек потенциалын аныкташ үчүн эмгек ресурстарынын фондусу колдонулат (Ф.–адам күнү жана адам сааты). Бул көрсөткүчтү табыш үчүн орточо тизмеленген жумушчулардын санын (Ак) орточо жумушчу мезгилдин узактыгын– күн жана саат менен көбөйткөндө келип чыгат.

$$Ф=Ак*Тму,$$

Ф– эмгек ресурстарынын фондусу;

Ак– адам күнү;

Тму– мезгил убактысы (күн же саат).

Мекемеде эмгек ресурстарынын сапаттык жагдайын табыш үчүн жумушчулардын кесипкөйлүк жана квалификациялык жөндөмдүүлүгүн өндүрүштүк иштерде такталат. Мекемеде жумушчу персоналдардын мүнөздөмөсүн жана эмгектик сапатын баалоо практика жүзүндө бир канча кыйынчылыкты туудурат. Азыркы кезде жумушчу күчтүү эмгектик сапатын жана эмгек потенциалынын түшүнүгү боюнча экономикада бир бирдиктүү түшүнүк жок (эмгектин татаалдыгы, жумушчулардын тармактык квалификациясы), эмгек шарты, эмгек стажы; өздүк сапаты (тартиптүүлүгү, ишке машыгуусу, уяттуулугу, оперативтүүлүгү, чыгармачылык активтүүлүгү); уюштуруу–техникалык жагдайы (эмгектин жагымдуулугу, техника менен камсыз болушу, өндүрүштүн технология боюнча уюштуруу деңгээли, эмгекти рационалдуу (эффективдүү) уюштуруу, социалдык–маданиятын жагдайы (коомчулук–топтоштуруусу, социалдык активдүүлүгү, жалпы маданияттык жана моралдык өнүгүүсү).

Эмгек ресурстардын иш жүзүндөгү мүнөзү боюнча кесипкөйлүккө, адистештигине жана квалификациянын деңгээлине тыгыз байланыштуу. Кесипкөйлүк– квалификациясы боюнча эмгек ресурстарынын түзүмү кесипкөлүк жана квалификациялык жагдай-да эмгекти бөлүштүрүүнүн негизинде түзүлөт. Демек, кесип деген

түшүнүк, бул теориялык билимди жана практикалык жөндөмдүүлүктү керектөөчү өзгөчө эмгектик ишмердүүлүк, ал эми адистик болсо–ошол кесип–көйлүктүн негизинде өзгөчөлүгү–жумушта кошумча адистик билимди жана жөндөмдүүлүктү талап кылат.

Эмгек ресурстары менен жумушчу күч түшүнүгү тыгыз байланышта. Мында адамдын эмгекке жөндөмдүүлүгү боюнча, б.а. өндүрүш процессинде–өзүнүн физикалык жана интеллектуалдык жөндөмдүүлүгү пайдаланылат. Жумушчу күч–эмгек ресурстарынын иштеши.

Жумушчу күч–өзгөчө товар, анын өндүрүштүк сапаты экономиканын атаандаштык эффективдүүлүгүн, жогорку сапаттагы товарды чыгаруу жана конфорттук усулдукту көрсөтүү, илимий–техникалык темпин жана уюштуруу иштерин кайра жандандыруу дегенди түшүндүрөт. Ошондуктан эмгек рыногуна билимдүү жана чыгармачыл активдүү даярдалган эмгек күчүн даярдоо чоң мааниге ээ. Эл чарбасында аймактык мобилдүү жана квалификациялуу эмгек күчү– бирден бир негизин түзөт. Канчалык экономика өнүккөн сайын, ошончолук жогорку квалификация эмгек күчүн кеңири керектелүүчүнүн талаптарын толук кананаттандыруу өтө кыйын. Бардык өнүккөн мамлекеттерде илимий техниканын жетишкенине ылайыктуу мамлекеттик органдар жана жеке жумуш берүүчүлөр эмгек рыногунда жумушчу күчүнө жогорку деңгээлде өндүрүштүк жана жашоо шартын түзүүгө умтулушууда.

Жумушчу күч–өзгөчө товар экенин, биринчиден, ал өзүн иш жүзүндө мүмкүнчүлүгүн өркүндөтүү, экинчиден; эл чарбасында өздүк, айрыкча чыгармачылык мүмкүнчүлүгүн ишке ашыруу менен тастыктайт. Жумушчу күч менен анын керектөөчүлөрү “товар” катарында, рынок экономиканын социалдык–экономикалык негизги белгиси, жалпы кызыкчылыгы (экономика жана мамлекет),ошонун негизинде коомдо жана эл чарбасында гуманитардык өсүштү камсыз кылат. Көп учурда мамлекет башкаруусу жана мекемелердин колдоосу менен товардык экономиканын өнүгүүсүндө эмгек күч рыногу мамлекеттин социалдык экономикалык тутумунда эң керектүү бөлүккө айланган.

Практика көрсөткөндөй республикада кайра жаралуу мезгилинде, калктын санын өсүшү менен эмгек рыногу да кыйла

өсүүдө. Мисалы, 2013–жылы республикада калктын саны 1990–жылга салыштырганда–51,4% өскөн, анын ичинен эмгек ресурстары–13,0% жогорулаган.(75– табл.).

Совет өкмөтүнүн шартында жыл сайын эмгекке жарактуу калктын саны өскөн. Буга экономиканын экстенсивдик жолу менен жумушчу күчүнүн өсүшү, орундардан көбөйүшү жана алардын арзан болушу себеб болгон.

75– Таблица. **Республикада эмгек ресурстарынын өсүш динамикасы**

| | 1990 | 1995 | 2000 | 2005 | 2010 | 2013 |
|---|---|---|---|---|---|---|
| **Калктын саны, миң адам** | 4367,2 | 4483,4 | 4908,4 | 5138,7 | 5663,1 | 5776,6 |
| **% менен** | 100 | 102,6 | 112,4 | 117,6 | 110,1 | 151,4 |
| **Эмгек ресурстары, миң адам** | 2184,0 | 2290,0 | 2686,6 | 3007,0 | 3061,6 | 3307,9 |
| **% менен** | 100 | 104,8 | 121,0 | 137,6 | 112,4 | 113,0 |
| **Эмгек ресурстарынын жалпы калктын санына болгон катышы, % менен** | 50,0 | 51,0 | 54,7 | 58,5 | 54,0 | 57,2 |

Статистикалык маалыматы: “КР цифраларда”, Б. 1995–2014.

Өткөөл мезгилде, рыноктун шартында, айрыкча белгилеп кетүүчү нерсе эмгек рыногунун пайда болушу жана калыптануусу болду. Мындай эмгек рыногунун өзгөчүлүгүн төмөнкүчө түшүнүүгө болот:

- административдик, укуктук жана экономикалык кысым-дуулар, жумушчулардын ылайыкту боло турган шартта жумушчу күчүн эркин сатууга мүмкүнчүлүктүн жоктугу;
- каттоонун болушу,жашоо жайлардын жетишсиздиги жана анын накта рыногунун болбогондугу;
- жумуш сферасында мамлекеттик жардам механизмдери жакшы өнүкпөгөндүгү;
- эмгек рыногу теңделген (баланс) эмес. Бул болсо бардык сферага тийиштүү: аймактык, кесипкөйлүк, квалификациялык, тармактык, демографиялык ж.б.;
- эмгек күчүнүн ашыктыгы, айрыкча республиканын түштүк областарында;
- экономиканын көп тармактарында жумушсуздук күчөп

турганда квалификациялуу жумушчулардын жана адистердин жетишсиздиги ж.б.

Бардык өнүккөн мамлекеттерде эмгек рыногунда жумушчуларга жана кызматчыларга тийиштүү шарт түзүлгөн, алар өнүдүрүштүү жакшыртууда активдүү катышышат жана мекемененин кирешесин көбөйтүүдө төмөнкү принциптерди колдонушат, б.а. жумушчулардан ишти сураштан мурун аларга да ошончолук шартын түзүү. Азыркы эмгек рыногунда экономикада уюштуруу түзүмү болгон мамлекеттик, коомдук жана жекече институттарынын негизинде көп жакшы жетишкендиктер байкалууда.

## §2. Эмгек рыногунун маңызы, түзүмү жана өзгөчөлүгү

Рыноктун шартында эмгек укугу мыйзамдын негизинде бекитилген укук–өзүнчө мүмкүнчүлүгүн эмгекке каалагандай колдонуу, жумушка орношу жана жумушсуздук убактысында материалдык жардам алуу, жарандардын эмгек жана ишкерчилик демилгесин колдоо, ишке орношууда жана жалдануу шартта дискриминациядан коргоо, ж.б. Мындай экономикалык укуктук шарттары эмгек ресурстарын бөлүштүрүү жана кайра бөлүштүрүү механизимдерине тиешелүү.

Рыноктук механизми эмгекти колдонууда жеке эле экономиканын тармактар эмес, секторлор боюнча дифференциялаштырыусу (бөлүштүрүүсү), б.а. каражат ресурстарын товар жана усулдук рыногунун өзгөрүлүп турган конъюнктурасына жараша багыталат. Мындай жагдай эмгек рыногунда эмгек акыны бөлүштүрүү функциясынын күчөшүнө да байланыштуу.

Эмгек рыногунда жумушчу күчүн жалдануу шартында боюнча бир катар орчунду өзгөрүүлөр болду (орноштуруу жана бошотуу тартиби, эмгек акы, жумушчу убактысы, социалдык мотивтери жана гарантия кылуу). Акырындык менен эмгек рыногунда жалдануу шарты субъектилердин сүйлөшүү жыйынтыгынын негизинде жүрөт. Мамлекеттик кийлигишүүсү менен жумуш жана калктын киреше саясатына жараша муниципалдык гарантиясын жүргүзөт.

Коомдун дайыма алга жылышуу кыймылына атаандаштык–рыноктун катнашы аркылуу эмгек рыногунда чырмалашкан бири–бирине байланышкан эволюциялык агымдар жүрүп турат.

Экономиканын өнүгүүсү (материалдык–техникалык элементтер жана түзүмү), адамдын өнүгүүсү (жалпы жана кесипкөйлүк маданияты, чыгармачылык мүмкүнчүлүгү, моралдык сапаты), коомдун катнаштын өнүгүүсү (мамлекеттик жана класстык түзүмү, менчикке көз карашы, өндүрүштүк байланышы). Мунун бары коомдогу прогресстин негизи жана маңызы.

**Эмгек рыногунун маңызы**. Эмгек рыногунда кадимки эле сатуу–сатып алуу процессиндей эле сатуучу жана сатып алуучу кездешишет. Сатуучулар бул жумушчулар, алар өздөрүнүн жумуш күчүн сунушташат (эмгекке мүмкүнчүлүгү), ал эми сатып алуучулар– эмгек жааматы же кээ бир ишкерчилер, алар кандай жумушчулар керек экенин өз алдынча тактташат. Ошондуктан, эмгек рыногунда кыйын жана чыдамсыз талдоодо прцесси жүрүп турат, иштермандарды талдашат, ал эми начар жана мүмкүнчүлүгү аз адамдарга рынок тескери мамиле кылат, б.а. жумушсуздукка алып келет. Ошондуктан рыноктун шартында жогорку кесипкөйлүк эмгекте дайыма жол ачык.

**Эмгек рыногунун түзүмү.** Эмгек рыногунун функционалдык–уюштуруу түзүмү өнүккөн рыноктун шартында төмөнкү элементтерди камтыйт:

- мамлекет жумуш менен камсыз кылуу менен жумушсуздукта өзүнүн принциптүү саясатын жүргүзөт;
- кадрларды даярдоо тутуму;
- жалданма, контракт тутумдары;
- жумушсуздукту каржылоо фондусу;
- кадрларды даярдоо жана кайра даярдоо тутуму;
- эмгек биржасы;
- жумушка катышуулардын укуктук чектөөсү;

**Эмгек рыногунун негизги белгилери (черты):**

- эмгеке суроо–талабы жана эмгек сунушу;
- жумуш берүүчүлөрдүн ортосунда сапаттуу жумушчу күчүн талдоо;
- жалданган жумушчулардын ортосунда жакшы орун жана жакшы жумуш шарты боюнча атаандаштыктан болушу;
- эмгек келишим тутуму: рынок субъектилеринин ортосунда балансага жетишүү жолу;
- эмгек күчүнүн баасы (айлык майанасы);

- эмгек рыногунда инфраструктура, маалымат уюштуруу жана техника жабдуулары субъектилердин ортосундагы байланышты камсыздайт.

Жыйынтыкта, бардык өнүккөн мамлекеттерде практика көрсөтүп тургандай, рынок жекече менчик экономикасыз жана коомдук демографиялык институттардын негизинде атаандаштыксыз жашай албайт. Эркин эмгек рыногу бардык коомдук багытты камтыйт–ар бир экономиканын тармагы тийиштүү жумушчуларды жеке эле кесипкөйлүк–квалификациялуук эмес, экономикага керектүү маданият жана этико–эмгек даражасында ылайыктуу кадрларды талдашат.

**Учурдагы эмгек рыногунун өзгөчөлүктөрү.** Азыркы эмгек рыногунун бирден бир өзгөчөлүгү– ишкерчилик ишмердигинин кеңири таралышы. Орто эсеп менен ар бир онунчу жумушчу АКШда, Францияда, Улуу Британияда, ар бир жетинчи жумушчу Японияда, бешинчи жумушчу Италияда ишкерчилик менен алектенишет. Алардын 2/3 орто жана кичи ишканалардын башчысы, ар биринде 20дан аз жумушчулар иштешет. Жекече менчиктин шартында: жумушчу күчү эмгек рыногунда бааланууучу, жоопкерчиликтүү сапатка ээ болот. Өздүк менчик, ар бир адамга элдик байлыктын бир бөлүгү экенин түшүнүп, адамдын жоопкерчилигин күчөтөт, социалдык материалдык жана руханий байлыктарын сактап, аны көбөйтөт жана өнүктүрөт. Өнүккөн чет мамлекеттерде иштегендердин 80% үй бүлөөлүк же биргелешкен менчиктери. Алар майда, орто жана ири мекемелердин, корпорациялардын акциясына ээ кылышат. Учурда эмгек ресурстарынын жалпы квалификациясынын деңгээли бардык кесипкөйлүк ишкерчилике татыктуу, айрыкча буга жумушчу ресурстары чоң мааниге ээ. Мисалы, акыркы маалыматтар боюнча АКШда жумушчу ресурстарынын 23% ишкерчиликте иштегендер, 15%– усулдукта жумушчу кесипкөйлөр, ал эми 16%– жогорку билимдүү ар кесиптеги адамдар, 10%– фермерлер түзөт. Өндүрүштү өркүндөтүүдө, татыктуу орто, жогорку жана илимий жактагы кесипкөйлүк жумушчулар активдүү катышууда.

Эмгек рыногу, рыноктун суроо–сунуш мыйзамына ылайыктуу, өзүнүн принциптери жана механизмдери менен башка товарларга караганда өзгөчө рыноктук товардык сапаты менен

айырмаланат. Экономикада эмгек рыногунун кыймылына төмөнкү факторлордун таасири бар:

- **демографиялык**–адамдын төрөлүшү, ишке жарактуу калктын өсүшү жана анын жыныстык–жаштык түзүлүшү,
- ишке жарактуу калктын демографиялык, этникалык топтордун активтүү деңгээли;
- эмгекке жарактуу элдин агымы (миграциясы);
- эмгек рыногунун кыймылына илимий–техникалык прогресси активдүү таасир көрсөтөт.

Эмгек рыногу эркин болушу керек, ошондо гана анын негизги мыйзамы болгон суроо менен сунуш туура жана эффективдүү иштей баштайт. Мындай шартта эмгек рыногунда болгон мүмкүнчүлүктөр толугу менен иштеп иш жүзүнө ашат. Алар төмөнкү мүмкүнчүлүктөр:

- эркин түрдө кесипкөйлүктү, тармакты, ишкердүүлүктү, сунушунун негизинде (майананнын деңгээли, чыгармачылык мүмкүнчүлүктөрү ж.б.) тандап алуу;
- ишке кабыл алууда жана бошотуда, жарандардын кызыкчылыгын коргоо, иштешинде, эмгек шартын түзүү жана ага акы төлөө, ж.б. эмгек мыйзамынын нормасынын негизинде жүргүзүлөт;
- көз карандысыз, ошондой эле экономика жактан колдоого алынган аймактар, экономикалык тармактар, кесипкөйлүк квалификациялуу топтордун арасында эмгек ресурстарынын агымы (миграциясы) жашоо турмушуна жана ишкерчиликтин шартын жакшыртууга багытталган. Буга өнүккөн мамлекетерде, жетиштүү деңгээлде жогорку сапаттагы жашоо–үйлөрү, керектөө товарлары, маданий жана руханий мурастары көмөк болууда;
- эмгек акынын жана башка кирешелердин эркин кыймылы кесипкөйлүктүн жана эмгек акынын төмөнкү деңгээли мыйзамдын негизинде жана жумушчунун жашоо деңгээлине ылайыкташтырат. Кирешенин жогорку чеги жана салыктар прогрессивдик шкала аркылуу чектөө жүргүзүлөт.

Кайра жаралуу мезгилинде эмгек рыногунун **өзгөчөлүктөрү**:

- көп менчиктүү эмгек рыногунда социалдык жардам жана камсыз кылуу боюнча балансалык тендештирилген эмгек мыйзамдарын сактоо;

- эмгек рыногунда каралган эмгек укугун жумуш берүүчүлөрдүн тутуму мыйзамдарды бузууга жол бербөө;
- эмгек сферасында социалдык шериктештик жана келишим катнаштын калыптануу тутумунун жетишсиздиги;
- эмгек рыногунда субъектилердин жумушчуларды кабыл алуу шартында жана келишим түзүү процессинде укуктук тендешсиздиктер орун алган;
- жумушчуларды кабыл алуу жана орноштуруу шарты мамлекет тарабынан начар деңгээлде чектөө жүргүзүлүүдө.

Кайра жаралуу мезгилинде жана эмгек рыногунун процессинде төмөнкү мүнөздөр орун алган: өз убагында эмгек акыкы төлөп бербөө, акчалай эмгек акыны натуралдаштык түрдө төлөө (буюмдар, кездемелер, продуктулар, кийимдер, ж.б.), мекемелерде финансылык эмгек акы деңгээлинин ылдыйлашы, накта эмгек акынын төмөндөшү, экономикалык жана тармактар аймактарда эмгек, секторлордо жана өндүрүш сферасында эмгек акынын негизсиз дифференциация (өзгөрүшү) болушу ж.б.

Жыйынтыкта, эмгек рыногунун акыркы максаты: экономикалык активдүү жумушчу калктын кесипкөйлүк–эмгектик жана жашоо–турмуштук кызыкчылыгын колдоо менен эл чарбасында тийиштүү, билимдүү кадрлар менен камсыз кылуу, ошондой эле калкты жумуш орду менен камсыз кылуу, жумушчу жумалыкты, графиктерди мүмкүн болушунча сактоо тартиби ж.б.

## §3. Тышкы жана ички эмгек рыногунун түзүлүшү жана калыптанышы

Өнүккөн мамлекеттерде экономиканын жана социалдык сферасында өнүгүүнүн окшоштугуна карабастан ар бир мамлекеттерде эмгек рыногунун ар түрдүү моделдердин калыптануусуна алып келген. Негизинен эмгек рынок модели эки типке бөлүнөт: тышкы же кесипкөйлүк жана ички эмгек рыногу.

**Тышкы эмгек рыногу**– фирмалар арасында жумушчу күчтүн мобилдүүлүгүн тастыктайт. Тышкы эмгек рыногу жумушчулардын кесипкөйлүгүн ар түрдүү багыттагы фирмаларда пайдаланууга багытталган.

**Ички эмгек рыногу**– жумушчу кадрлардын агымы мекемелердин ичинде байкалат. Алар жогорку башкы орунга жана разрядка, кээде алар бир орундан экинчи окшош орунга которулат. Ички эмгек рыногунда жумушчунун кесипкөйлүгүн жана квалификациясын мекемелерде толук пайдалануу мүмкүн эмес, анткени бардык эле учурда аны талап кылбайт жана ар бир фирманын адистик өзгөчөлүгү бар. Мындан тышкары, мекемелердин арасындагы өндүрүштүк мамиле катнаш жумушчулардын башка фирмаларга өтүүгө тоскоол кылат. Жумушчулардын агымы негизинен мекеменин ичинде байкалат. Ошондуктан тышкы эмгек рыногунда жумушчу кадрлардын агымы ички эмгек рыногуна караганда бир кыйла жогору.

Экономикада түзүмдүк өзгөрүштөрдөн, өнөр–жай тармагында жумушчу орундардын азайышы, усулдук чөйрөдө стандарттык эмес жумушчу орундардын пайда болушу, көмөк көрсөтүү тармактарында суроо–талаптын кеңири өзгөрүлүшү мекемелердин жумушчу күчүнө жана санына болгон талабын кескин өзгөрүшүнө алып келди. Өндүрүштүк мекемелерде жумушчулардын стандарттык катуу тартипте иштеши өндүрүштүн ийкемдүүлүктүн жана атаандаштыктын деңгээлинин түшүшүнө алып келди. Ийкемдүү эмгек рыногу болушуна социалдык факторлору таасирин тийгизет: жумушчулардын эмгек рыногунда алардын талабынын өзгөрүп турушу, билиминин жана кесипкөйлүгүнүн жогорулашы, жумушчу режимди тандап алуу ж.б. шарттары. Эгерде жумуш берүүчүгө иштеген адамдардын бир бөлүгү канааттандырбаса, анда алар жумуштан бошотулат да жумушсуздукту күчөтөт. Мындай жумушсуздукту жаңыдан иш издеп жүргөндөр да кирет. Демек, жумушчу күчүн сатууга багытталган жана жумушсуздукту түзгөн бөлүгү менен эмгек рыногунун потенциалдык курамын түзөт. Экономикада булар жалдануу эмгектин калыптануусуна алып келет.

Ар бир мамлекетте көптөгөн мекемелер жалданып иштеген адамдарды дайыма ар түрдүү себептердин негизинде бошотуп турушат. Ошондуктан, жалданып иштегендер массалык түрдө бир мекемеден жана тармактан экинчи мекеме, тармактарга жумушчу орундарын дайыма алмашып турушат. Мына ушундай жалданган жумушчулар бир чөйрөдөн экинчи чөйрөгө жылганда жумушка орношу мөөнөтү узарып жумушсуздука алып келет. Мындай

учурда жалданган жумушчу бир мекемеден экинчи мекемеге өзүнүн жумушчу күчүн сатууга умтулат. Демек, жумушчу күчү башка товарлар сыяктуу эле соода объектисине айланганы байкалат. Соода сферасында жумушчу күчүн сатуучу мекемелердин ортосунда сатып алуучуларды издөөнүн аракетинде болот. Мындай жагдай эмгек рыногунун агымын түзүп, сатуу жана сатып алуу сферасына айланат. Ошондой эле эмгек рыногунда өзүнчө кесипкөйлүк рыногуда соода–сатык жүрүп турат. Бул болсо илимий–техниканын өсүшү менен жана экономиканын түзүмүнүн өзгөрүшү учурунда аз кезигүүчү кесипкөйлүк жумушчу күчүнө суроо талабы жана сунушу да өзгөрөт.

Эл аралык товарлардын, көмөк кызматтардын жана капиталдын рыноктору сыяктуу эле эл аралык жумушчу күчүнүн рыногу жыл өткөн сайын өсүшү күч алууда. Мамлекет аралыгында өндүрөштү интернацианалдаштыруу процессинин өсүш шартында эмгек күчүнүн рыногунда жаңы сапатта жана деңгээлде өнүгүүдө. Мындай шартта улуттук эмгек рыногу барган сайын өзүнүн өзгөчөлүк жана чектөөсүн жоготууда. Эмгек рыногунда мамлекеттер аралык транснациональдык агымдары жана орун алмашуусу туруктуу тутумдуу мүнөзгө ээ. Транснационалдык жумушчу күчүнүн агымы капиталдын кыймылы менен эң жогорку эл аралык эмгек күч рыногун түзүүдө. Эмгек күчүнүн суроо–талабын жана сунушун чектөөдө эмгек рыногу улуттук рынок катарында жумушчу күчүн сатып алууда жана сатууда эл аралык чектөөнүн негизинде жүрөт.

Эл аралык эмгек рыногунун түзүлүшү эки багытта жүрөт:

- эмгек жана капиталдын миграциясы аркылуу;
- улуттук аралык рыноктордун акырындык менен кошулушу аркылуу укуктук, улуттук–этникалык, маданияттык карама–каршылыктарды жоюнун негизинде.

Эл аралык рыноктун калыптануусу жана өнүгүүсү бир катар кырдаалга байланыштуу: өндүрүштүн интеграциялаштыруу жана жумушчу күчтүн каттамдык көз караш менен өндүрүштүк чыгымдын элементтеринин бири катары кароо.

Мына ошентип, эмгек рыногу социалдык–экономикалык категориясы өкмөттүн макроэкономикалык өнүгүүсү жана жумушчунун кызыкчылыгы сыяктуу татаал жана дайыма

кыймылда турган көрүнүш. Мындай түшүнүк “жумушта иштөө” жана “жумушсуздук” деген түшүнүктөр эмгек рыногунун мезгилдик элементтери.

## §4. Эмгек рыногунун калыптануусунун негизги булактары

Эмгек рыногунун калыптануусунда бир катар булактары бар.

1. Өндүрүш көлөмүнүн кыскарышы. Эл чарбасында байланыштардын бузулушунун негизинде көп өндүрүштө чийки заттардын жетишсиздигине алып келет, барган сайын бул күчөй баштайт. Демек, өндүрүштүн көлөмү кыскарган сайын эл чарбасында иш орундары кыскарат.

2. Чыгымы көп өндүрүш тармактардын багытынын өзгөрүшү. Республикада чыгаша менен иштеген мекемелердин саны абдан көп болгондуктан алар приватташтырылган же банкрот (кутуретсиз) деп жарыяланган. Алардын бир бөлүгү чийки заттардын жана себилдик (комплект), ж.б. жетишсиздигинен пайда болгон. Ошондой эле көп мекемелердин өндүрүлгөн продукциясы азыркы илимий–техниканын суроолоруна жооп бербейт жана моралдык жагдайда эскирген, ал эми алардын ишмердүүлүгүн рыноктун талабына ылайыктуу кыска мөөнөтүн ичинде толук өткөрүүгө мүмкүнчүлүк жок эсе. Мындай мекемелердин иштешинин аз–аздан токтоп калышы жана аларды рыноктун суроо–талабына жараша адистештирүүнүн негизинде талапка жооп бербеген жумушчу бошотууга туура келет.

3. Приватташтыруу жана мамлекетти башкаруу функциясынан ажыратуу жана ишкерчиликти өнүктүрүү. Мекемени приватташтыруу процесси жумушчу күчүнө суроо–талапты күчөтүүгө гарантия бербейт. Анткени, бул мекемелер менчик формасына өтүшү менен пайда табыш үчүн бардык ресурстарын, ошондой эле эмгек каражаттарын рационалдуу жана эффективдүү пайдаланууга багыт алышат.

4. **Жаштык эмгек ресурстары**. Негизинен жаштар, окуусун аяктагандан кийин жалпы жумушсуздуктардын арасына киришет. Калк катмарындагы жаш жеткинчек курагында жумушсуздукка учурашы, коомдо социалдык–саясаттык жаңжалга жана укуктук тартипсиздике алып келет. Ошондуктан жаштар проблемасы

мамлекет тарабынан экономикалык жана укуктун чаралардын объектиси болушу керек.

**5. Аялдар эмгек ресурстары.** Эмгек рыногун толтурууда аялдар декретик өргүүдөн (отпуск) жана жумушчу орундар кыскаргандан кийин бирден бир булагы болуп эсептелет.

**6. Калктын азайышы жана кошулушу.** Эмгек рыногунун калыптануу булагы болуп республикага келген элдин контингенти жана кеткен элдин агымы булак болуп саналат. Бирок, тышкы мигранттар эмгек рыногунун калыптануусуна анчалык деле рол ойнобойт, ал эми локалдык (жергиликтүү) эмгек рыногуна негизинен ички, айыл жергесинен келген мигранттар түзөт. Ички мигранттардын көп бөлүгү мекемелерде иштегенге кесипкөйлүгү жана адистиги жетишсиз, ал эми тышкы миграцияга чыгып кеткендер негизинен кесипкөйлүү, адистиги жогору жумушчулар. Ошондуктан республикада иштеп жаткан мекемелерде билими жогору адистиктер рыноктун шартына суроо–талабына жооп бербей жатат. Тышкы жана ички миграция республиканын эмгек рыногунда жумушу күчүнүн суроо–талабынын жана сунушунун балансылык түзүлүшүнө тескери таасирин тийгизет.

## §5. Эмгек рыногунун азыркы абалы жана калктын жумуш менен камсыз болушу

Коомдо эмгек рыногунун шартында эң өтүмдүү маселе калкты жумуш менен камсыз кылуу, эффективдүүлүгүн жогорлатуу жана жумушсуздукту азайтуу, эмгек рыногунда жумушчу күчүнүн суроо менен сунуштун тең салмактуу балансын түзүү, ишкерчиликти өркүндөтүү, жумуш менен камсыз кылууда социалдык коргоо жүргүзүү; калкты жумуш менен камсыз кылууда мамлекетаралык катнашты күчөтүү, айрыкча Кыргыз Республикасынын жарандарына чет өлкөлөрдө жардам берүү ж.б. Радикалдык реформанын максаты коомдун социалдык абалды максаты жакшыртуу жана калктын эмгеке умтулуусун жана кызыктыруусун күчөтүү, ишкерчилик менен демилгеликти айкалыштыруу жана элдин социалдык начар катмарына материалдык коргоо көрсөтүү ж.б.

Эмгек рыногу жана калктын жумуш менен камсыз болушу, рынокко өтүү шартында, мамлекеттин экономикалык жана

социалдык өнүгүүсүнүн бирден–бир макроэкономикалык көрсөткүчү.

Жогорку деңгээлдеги эмгек рыногу туруктуулугу, жоопкерчилиги, жумушчу күчүнүн кесипкөйлүгү, интелектиги менен мүнөздөлөт. Жумушчулардын жогорку квалификациясы, атап айтканда, узун мөөнөттө окуп бүткөн адистикти жана тажрыйбаны талап кылат. Ал эми “жумуш иштөө” категориясы калктын эмгек ишмердүүлүгүнө жалпы катышы, алардын жумушка иштеши, өздүк жана коомдук талабын канаттандырууга алып келе турган эмгек акы жана эмгек киришеси. Ошондуктан жумуш иштөө калктын жашоо деңгээлин калыптандыруучу фактору, анткени эмгек акынын көлөмү эмгектин өзүнө туура келгенде гана ал социалдык коргоо максатын аткарат.

Жумушта иштөө экономикалык категория катары экономикалык, демографиялык жана социалдык маанини камтыйт. Экономикалык мааниси жумушчу өзүнүн эмгеги менен өзүнө кадыр– баркына жетиштүү турмушту, коомдук өндүрүштүн эффективдүү өсүшүнө көмөк кыла турган мүмкүнчүлүгү; социалдык мааниси инсандын калыптануусу жана өнүгүүсү; демографиялык мааниси–калктын жыныстык жаштык мүнөзүнүн бири–бирине байланышы.

Жумуш иштөөнүн негизги көрсөткүчү–иштеп жаткан профессионалдык калктын жалпы эмгек ресурстарына болгон катышынын деңгээли, б.а. пайыз менен аныкталат. Бирок, жогорку деңгээлдеги жумуш менен камсыз кылуу көрсөткүчү анын жогорку эффективдүүлүгү болгон эмгек өндүрүмдүүлүгү менен коштолушу керек.

Жумуш менен камсыз кылуу жумушчунун эмгек процессине түздөн – түз катышы эмгек катнаштын бир жагдайы. Ошондуктан, бул категория чоң деңгээлде экономикалык активдүү калктын функционалдык проблемасын мүнөздөйт жана рынокко көнүгүү критериясы б.с.

Калкты жумуш менен камсыз кылуу акыркы он жылдардын ичинде өзгөрүшү рыноктун трансформациясынын бирден бир шарты, анткени экономикада көп секторлор пайда болду, тармактардын өндүрүштүк түзүмү жана анын инфраструктурасы өзгөрдү.

Республикада эмгек рыногун чектөө экономикалык активдүү калктын жаңы тутумун түзүү принциптери, б.а. менчиктин жана

социалдык–эмгек катнаштын формаларынын түп тамыры менен өзгөрүшү, жумуш менен камсыз болушу (самозанятость) жана бул принциптери чакан ишкерчилик, жалданма эмгек, жумушсуздук аркылуу ишке ашырылат. Республикада жумуш менен камсыз кылууда реформага чейинки жана реформадан кийинки учурда мамлекеттик менчиктерди приватташтыруу менен корпоративдик, топтук жана жекече менчиктерди өнүктүрүү, жумуш орду менен камсыз кылуу, эмгек сферасында рыноктун талабына ылайык жаңыча иш алып баруу, ошондой эле жаңы мекемелерди түзүү, иштеп жаткан мекемелерден жумушчу персоналарды бошотуу жана жогорку кесипкөйлүк жумушчу күчтөрдү тартуу процесстери жүрүүдө.

Республикада жана анын аймактарында жумуш орду менен камсыз кылуунун тутуму өзгөрдү, калтын эмгекке жарактуу көп бөлүгү, мекемелерден ала турган айлык маянанын аздыгынан жана аны убактысы менен берилбегендиктен, алар бизнес сферасына, усулдук жана соода тармактарына өтүүдө. Акыркы ондогон жылдарда эң тескери көрүнүштүн бири эмгек ресурстары башка мамлекеттерге агып кетүүдө, башкача айтканда материалдык, илим, билим, ден соолук секторлорунан активдүү, кесипкөйлүү эмгек ресурстары башка жака кетип калуу процесси жүрүүдө жана жүрүп жатат. Бул болсо эмгек рыногунда деградация (бузулуу) болушу, б.а. эмгек өндүрүмдүүлүгү жогору болгон, кесипкөйлүү жана ишмер сапаты жогору болгон жумушчу күчтөрдү жоготуу дегенди түшүндүрөт.

Азыркы учурда эмгек рыногунун динамикасын, акыркы реформа жылдарда иликтөө жүргүзгөнүбүздө төмөнкү тенденция өнүгүүсү аныкталууда:

- жумушчу күчүнө туруктуу суроо–талабы азаюуда;
- толук эмес (жабык) жумушчу күч орду өнүгүүдө;
- өндүрүштүн каатчылыгы төмөндөшүнө жумушчу күч рыногунун көнүгүүсү, жумушчу убакытты кыскартуу, айлык маянанын өзгөрүп турушу менен байкалууда;
- жумушсуздуктун жана эмгек ресурстарынын агымы күч алууда;
- экономика активдүү калктын жумуш менен камсыз болушунда аялдардын жана жаштардын үлүшү азайууда;

- көмүскө экономиканын өнүгүүсүнө байланыштуу формалдык эмес жумуш менен камсыз болушу өсүүдө;
- аймактык эмгек рыногунун дифференциясы күч алууда, айрыкча депрессивдик региондордо;
- жумуш ордунун түзүмү тармактар боюнча өзгөрүүдө, анын ичинен айыл чарбасына, соодага жана коомдук тамак аш тармактарынын басымдуулугу.

Кыргызстандын жалпы калкы 2013–жылы 5776,6 миң адам болсо, ал эми 2005–жылы–5138,7 миң адамды түзгөн. Бирок, жалпы калкты 15 жаштан жогору курактагы адамдардын жумуш менен камсыз болушу жыл өткөн сайын өсүүдө. Мисалы, 2005–жылы жалпы элдин санын 59,5% жумуш менен камсыз болгон, анын ичинен шаар калкы–55,3%, айыл калкы–62,1%, эркектер боюнча–70,3%, аялдар–49,3% болгон болсо, ал эми 2013–жылы бул пайыздар бир кыйла өсүүдө, б.а. 2013–жылы жалпы калктын жумуш менен камсыз болушу–62,5% түзгөн (76–табл.).

76– Таблица.**15 жаш жана андан жогору курактагы Кыргызстандын калкынын иш менен камсыз болуу деңгээли (% менен)**

| **Жылдар** | **2005** | **2006** | **2007** | **2008** | **2009** | **2010** | **2012** | **2013** |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **Бардыгы** | 59,5 | 60,1 | 59,8 | 60,0 | 59,0 | 58,6 | 58,8 | 62,5 |
| **Шаар калкы** | 55,3 | 56,0 | 56,3 | 57,3 | 55,4 | 55,1 | 55,7 | 59,4 |
| **Айыл калкы** | 62,1 | 62,6 | 61,9 | 61,6 | 61,1 | 61,6 | 60,5 | 64,2 |
| **Эркектер** | 70,3 | 71,3 | 71,3 | 70,9 | 70,7 | 70,7 | 71,3 | 76,4 |
| **Аялдар** | 49,3 | 49,3 | 18,8 | 49,7 | 47,9 | 47,1 | 46,9 | 43,2 |

Статистикалык маалыматы: “КР жумушсуздук жана иш менен камсыз болуу”, 2005–2014.

Бул тенденциялар менен республикада активдүү калктын динамикасы да өзгөрүүдө. Мисалы, өлкөнүн экономикасында эмгектенген жарамдуу адамдардын саны 1992–жылы 1767,9 миң адамды түзгөн, ал эми 2013–жылы 3488,1 миң адамга чейин өскөн, же болбосо 2,0 эсеге өсүш дегенди түшүндүрөт. Ошондой эле 1991–жылдан 2013–жылга чейинки аралыкта экономикалык активдүү калктын саны 1754,2 миң адамга өскөн (77– табл.).

77– Таблица. **Кыргыз Республикасында экономикалык активдүү калктын динамикасы, миң адам**

| | 1991 | 2006 | 2007 | 2008 | 2009 | 2010 | 2011 | 2012 | 2013 |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **Экономика активдүү калк** | 1854,2 | 2285,0 | 2343,8 | 2379,9 | 2420,1 | 2456,0 | 2490,1 | 2496,8 | 2468,7 |
| **Өсүшү,%** | 100 | 232 | 58,8 | 36,1 | 40,1 | 35,9 | 34,1 | 6,7 | –0,2 |
| **ЭАК ичинен жумуш менен камсыз болушу** | 1754,1 | 2096,1 | 2152,7 | 2184,3 | 2216,4 | 2243,7 | 2277,7 | 2286,4 | 2263,0 |
| **Өсүшү,%** | 100 | 34,2 | 56,6 | 31,6 | 32,1 | 27,3 | 34,0 | 8,7 | –0,2 |
| **Жумуш–суздук** | 0,1 | 188,9 | 191,1 | 195,6 | 203,7 | 212,3 | 212,4 | 210,4 | 205,7 |

Статистикалык маалыматы: “Кыргызстан цифрада”, 1999–2014.

Иликтөө көрсөткөндөй, 2013–жылы экономикалык активдүү калктын саны 1991–жылга салыштырганда 33,1% өскөн, ошол эле мезгиилде 2007–жылдан тартып, алардын өсүш темпи төмөндөгөн (58,8%) тенденциясы байкалат (2012–ж.6,7%), ал эми 2013–жылда 2012–жылга салыштырганда, алардын саны азайып (–0,2%) калган.

Ошондой эле экономикалык активдүү калктын жумуш менен камсыз болушу 1991–жылы 1754,1 миң адамдан 2263,0 миң адамга өскөн, же болбосо 12,9% жогорулаган. Бирок, булардын өсүү тенденциясы 2007–жылдан төмөндөп кеткен. Буга байланыштуу жумушсуздуктун деңгээли да жыл сайын өсүүдө, анткени 2009–жылдан тартып 200 миңден ашкан жана 2013–жылы–205,7 миң адамды түзгөн.

Эгерде 1991–жылы экономикалык активдүү калктын жумуш менен камсыз болушу 94,6% түзгөн болсо, 2010–жылы–91,3%, жана 2013–жылы–91,6%, же болбосо реформа убагында 3,0 пунктка ылдыйлаган. Ошондой эле, 1996–жылдан, 2013–жылга чейин экономикалык активдүү калктын саны боюнча иликтеп көргөнүбүздө, жумуш менен камсыз болгон деңгээли 92,2% (1996-ж.), 91,6% (2013–ж.) ылдыйлаган, анын ичинен эркектер боюнча–93,5% дан– 92,5%, аялдар боюнча– 90,6%дан 90,3% төмөндөгөн. Ошол эле мезгилде жумушсуздуктун деңгээли 4,3%дан 8,3%

өскөн, анын ичинен эркектер боюнча–3,4%дан 7,4%га, аялдар боюнча–5,4%дан–9,7% жогорулаган (78– табл.).

Өткөөл жаңылануу мезгилинде республиканын социалдык–экономикалык абалы татаал бойдон калууда жана буга байланыштуу калктын жумуш менен камсыз кылуу, экономиканын секторлору боюнча таасирин тийгизүүдө. Калктын жумуш менен камсыз болушу, кайра жаралуу мезгилинде экономиканын секторлорунда, рыноктун суроо– талабына ылайыктуу өзгөрүүгө туура келди. Мисалы, 1996–жылдан 2013–жылга чейин өнөр жай тармагында 263,9 миң адамдан 166,7 миң адамга чейин, же болбосо 46,9% төмөндөгөн. Иликтенген мезгилде Кыргыз Республикасында машина куруу, жеңил өнөр жай, металл иштетүү жана башка өнөр жай тармактарында эмгектенген жумушчулардын саны кыскарууда.

78– Таблица. **Кыргыз Республикасында экономикалык активдүү калктын жыныстык боюнча курамы, миң адам**

| | | | | | | % менен | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | **1996** | **2000** | **2005** | **2010** | **2013** | **1996** | **2000** | **2005** | **2010** | **2013** |
| **Экономикалык активдүү калк–бардыгы** | 1796,5 | 1511,4 | 2176,9 | 2456,0 | 2468,7 | 100 | 100 | 100 | 100 | 100 |
| **а.и.: эркектер** | 959,0 | 1036,2 | 1239,5 | 1427,8 | 1471,6 | 100 | 100 | 100 | 100 | 100 |
| **аялдар** | 832,5 | 875,2 | 937,4 | 1028,2 | 997,0 | 100 | 100 | 100 | 100 | 100 |
| **Жумуш иштегендери бардыгы** | 1651,5 | 1767,1 | 1934,4 | 2243,7 | 2263,0 | 92,2 | 92,5 | 88,6 | 91,3 | 91,6 |
| **а.и.: эркектер** | 897,1 | 973,7 | 1140,7 | 1317,7 | 1362,2 | 93,5 | 94,0 | 92,0 | 92,0 | 92,5 |

| | | | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **аялдар** | 754,4 | 793,4 | 793,7 | 926,0 | 900,8 | 90,6 | 90,7 | 84,6 | 90,0 | 90,3 |
| **Жумушсуздук–бардыгы** | 77,2 | 58,3 | 185,7 | 212,3 | 205,7 | 4,3 | 3,0 | 8,5 | 8,6 | 8,3 |
| **а.и.: эркектер** | 32,5 | 27,1 | 98,8 | 110,1 | 109,4 | 3,4 | 2,6 | 7,8 | 7,7 | 7,4 |
| **аялдар** | 44,7 | 31,2 | 66,9 | 102,2 | 96,3 | 5,4 | 3,6 | 9,3 | 9,9 | 9,7 |

Статистикалык маалыматы: "Кыргызстан цифрада", 200–2014.

Ошондой эле 2000–жылдан 2013–жылга чейин айыл чарбасында иштеген адамдардын саны 938,2 миңден 716,4 миңге чейин, же болбосо 25,8% төмөндөгөн. Айыл чарба тармагында иштеген адамдардын, республикада жалпы иштегендердин санына салыштырганда үлүшү 42,5% (1996–ж.) 31,7% (2013–ж.) ылдыйлаган (79–табл.).

Республикада, айыл жергесинде жашаган калктын 65% туура келет. Демек, жумушчуларды иш менен камсыз кылуу, көбүнчө айыл чарбачындагы ишмердүүлүккө көз каранды. Ошол эле мезгилде, айыл чарбасында эмгек күчү туура жана рационалдуу, өнүмдү пайдаланууда көп кемчиликтер бар.

Буга мисал кылып айтсак, экономикасы өнүккөн мамлекеттерде айыл чарба тармагында болгону жалпы жумушчулардын 3–4% иштешет, ал эми Кыргызстанда–31,7 (2013–ж.) түзүүдө. Демек, республикада айыл чарбасында эмгек өндүрүмдүүлүгү бир канча төмөн. Мунун бирден бир себеби республикада ири колхоз менен совхоздордун ордуна 383,5 миң майда (жер көлөмү, техниканын жана жабдуулардын аз болушу, агро технологиянын сакталбашы, өсүмдүктөрдүн түшүмдүү жаңы сорттордун жана асыл тукумдуу малдын азайышы, жоктугу ж.б.) менен майда натуралдык чарбаларды түзүүгө туура келген. Бул жагдайда Акаевдин башкаруу убагында, мамлекет эгемендүүлүк алуу менен Дүйнөлүк банк же Валюталык фондунун саясатына макул болуп, ири чарбаларды талкалап, экономиканын каатчылыка

(кризиске) алып келген. Жыйынтыктап айтканда, республиканын артыкчылыкка ээ болгон тармагы айыл чарбасында жумушчу күчүн пайдалануунун эффективдүүлүгү өтө эле төмөн дегенди түшүндүрөт.

79– Таблица. **Республиканын тармактары иштеген адамдардын саны жана үлүшү**

| | **Миң адам** | | | | | **% менен** | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | **1996** | **2000** | **2005** | **2010** | **2013** | **1996** | **2000** | **2005** | **2010** | **2013** |
| **Республикада боюнча– бардыгы** | 1754,1 | 1767,1 | 1934,4 | 2243,7 | 2263,0 | 100 | 11,4 | 100 | 100 | 100 |
| **а.и. Өнөр жайы** | 263,9 | 158,6 | 80,9 | 192,1 | 166,7 | 15,0 | 5,6 | 4,1 | 8,6 | 7,3 |
| **Курулуш** | 201,8 | 43,4 | 153,7 | 240,1 | 244,9 | 11,5 | 7,9 | 12,1 | 10,7 | 10,9 |
| **Айыл арбасы** | 689,2 | 938,2 | 927,5 | 699,1 | 716,7 | 42,0 | 3,5 | 47,9 | 31,2 | 31,7 |
| **Транспорт жана байланыш** | 34,7 | 62,0 | 93,2 | 147,5 | 142,2 | 1,9 | 10,2 | 4,8 | 6,6 | 6,3 |
| **Соода жана коомдук тамак аш** | 126,4 | 180,0 | 229,5 | 337,5 | 359,9 | 7,2 | 1,1 | 11,9 | 15,0 | 15,9 |
| **Социалдык сектор** | 295,4 | 252,4 | 226,9 | 246,2 | 255,1 | 16,8 | 14,3 | 11,8 | 11,0 | 11,3 |
| **Аппарат, башкаруу органы** | 65,6 | 81,7 | 72,1 | 14,0 | 16,8 | 3,7 | 4,6 | 3,7 | 4,4 | 4,2 |
| **Үй тиричилик комуналдык чарба** | 71,1 | 29,2 | 53,7 | 74,4 | 80,2 | 4,0 | 1,6 | 2,8 | 2,2 | – |
| **Башкалары** | 6,0 | 21,6 | 96,9 | 292,8 | 280,5 | 2,1 | 1,3 | 5,0 | 10,3 | 18,7 |

Статистикалык маалыматы: “Кыргызстан цифрада”, 2005–2014.

Ошол эле убакытта тейлөө чөйрөсүндө, өзгөчө соода– сатык, коомдук тамак аш тармагында, каржы секторунда, мамлекеттик башкаруу, транспорт жана байланыш, курулуш секторлорунда жумушчу орундардын өсүшү байкалууда. Башкача айтканда, жогоруда аталган тармактарда ишмердүүлүктүн түрлөрүнүн өсүшү, калктын иш менен камсыз болушу мыйзам ченемдүү көрүнүш.

Экономиканын түзүмүнүн өзгөрүшү, өнөр жай тармагынын кыскарышы, усулдук сферанын өнүгүүшү, стандарттык эмес формалардын жана өндүрүштүн материалдык базанын дайыма жаңырышы, товар менен усулдуктун көлөмүнүнө болгон суроо– талаптын өсүшү мекемелердин жумушчу күчүнүн санына жана сапатына болгон суроо– талаптын өзгөрүшүнө алып келди. Стандарттык режимде иштеген жумушчулардын күн–тартиби өндүрүштүн ийкемдүүлүгүнө тоскоол болгондуктан мекемелердин атаандаштык сапатын төмөндөтүү. Эмгек рыногунун ийкемдүүлүгү жана анын өзгөрүлүп турган шарты жумушчу күчүнүн мезгил мезгили менен өзүлөрүнүн кесипкөйлүк адистигин, билимин, ылайыктуу режимде талдоого мүмкүнчүлүгү пайда болду.

Кандай гана өнүккөн мамлекет болбосун көп сандагы мекемелер жалдама жумушчуларды дайыма жумуштан бошотууда көп себептерин колдонушат. Рыноктун шартында жалдама жумушчулардын массалык түрдө бир орундан, мекемелердин жана тармактардын агымы күч алууда. Мындай массалык түрдө жумушчу күчтүн агымын ишке орноштуруу жана иштен бошотуу убагында бир кыйла бош убакыт пайда болушу байкалат. Демек, эмгек күчү башка товарлар сыяктуу эле сооданын объектиси катарында жүрөт. Ал эми соода сферасында товар менен акчанын айлантмасы сфера катары, өндүрүш сферасынан тышкары жүрөт.

Белгилүү болгондой, өнүккөн мамлекеттерде бир жумуш иштеген адамга, орточо эсеп менен жылына 50–70 миң АКШ доллары (ИДП) туура келсе, батыш Европа мамлекеттеринде (Германия, Франция, Швайцария, Дания жана Скандинавия мамлекеттеринде 70–90 миң долл. АКШ, Япония–80–90 миң долларга барабар. Кыргызстанда 2013–жылы ИДПны бир жумуш иштеген адамга эсептегенде 154,6 миң сом (350028:2263), же болбосо 2576 долларга (154,6 миң:60) барабар. Бул деген

Кыргызстандын эмгек рыногунда эмгек өндүрүмдүүлүгү эң эле төмөн деңгээлде экенин, же болбосо экономика экстенсивдик технологиянын негизинде өнүгүүсүн түшүндүрөт.

Реформа убагында жаңылануу шартында эмгек рыногунун бир кыйла бөлүгү– экономиканын көмүскө секторунда жайгашкан. Официалдык статистикалык маалымат боюнча 2013–жылы 1629,1 миң неформальдык сектордо, анын ичинен жалданма иште–541,4 миң, өзүнчө иштегендер– 661,6 миң, үй-бүлө акысыз иштегендер–289,6 миң жана өздүк кошумча чарбада–105,2 миң адам иштеген.

Неформалдык иштегендердин ичинен 1044,3 миң эркектерге, 584,8 миң аялдарга туура келет. Ошондой эле алардын көпчүлүгү айыл жергесине–1210,5 миң жана шаар калкына–418,6 миң адамды түзөт. Жалпысынан алганда, бардык жумуш иштеген калктын ичинен неформалдык иштеген адамдардын үлүшү 71,9% туура келет. Неформалдык жагдайда иштеген калктын республика өндүрүлгөн ички дүң продукциянын (ИДП) үлүшү ар түрдүү маалымат боюнча 30–40% түзөт.

Республикада эмгек рыногун эң бир чоң проблемасы– эмгек өндүрүмдүүлүгүнүн төмөндүгү. Эмгек өндүрүмдүүлүгү өсүү темпи, эмгек маянасын өсүү темпинен бир кыйла аз, демек, өндүрүшкө кеткен чыгымдын эффективдүүлүгү өтө эле төмөн. Бул болсо, өнүгүүп жаткан ааламдык атаандаштык шартында өндүрүштүк чыгымдын натыйжалуугунун төмөндөшү экономиканын өсүшүнө тоскоол кылууда.


Рыноктук экономиканын тажрыйбасы көрсөткөндөй, суроо–талап жана сунуш аркылуу таразаланган эмгек акынын ченеми түзүлүп, ошол эсе мезгилде алар конкреттүү эмгек түрлөрү боюнча жумушта иштеген калктын таразалаган деңгээлин көрсө-төт. Суроо–талап менен сунуштун бири– бирине сызыктын кесилишкен точкасында жумушту күчтү сатуучу жана сатып алуучу макул болушат, б.а. эмгек акынын деңгээлин жумушчу күчтү сатып алуучу төлөөгө макул, ал эми сатуучу өзүнүн жумушчу күчүн сатууга макул (сүрөт 11). Товардык рынокто товардын баасы сапаттуу суроо менен сунуштун катнашын мүнөздөп турган болсо, эмгек акы (эмгектин баасы) эмгек рыногунда эмгек күчүнүн суроо менен талаптын катнашын көрсөтүп турат. Эгерде башка бардык шарттары өзгөрүлбөгөн болсо (мисалы, баанын деңгээли), анда коомдук өндүрүштүн көлөмүнүн өсүшү менен эмгек акынын

жалпы деңгээли өсөт. Эгерде эмгек рыногунда суроо менен сунуштун деңгээли бирдей болсо, анда реалдык кирешенин өсүшү өндүрүштүн физикалык көлөмүнө туура келмек. Бирок, кайра жаралуу мезгилинин практикасы көрсөткөндөй, эмгек сунуштун өсүшү анын талап өсүшүнөн ашыктык кылат, демек эмгек акынын өсүш темпи улуттук продукциянын өсүш темпинен артта калат. Экономикада мындай абалдын болуу процессине инфляция таасирин тийгизүүдө.

Сүрөт 12. **Эмгек рыногунда суроо– талап менен сунуштун графиги**

hAD ASh– майана деңгээли (баасы)
AD– эмгек күчүнүн сунушу,
$Q_3$сатуучу
TAS– эмгек күчүн сатып алуучу
$Q_2$T– сатуучу жана сатып алуучу
макулдашкан точкасы

$Q_1$



0 $Q_1$ Q

Республикада эмгек рыногунун орчунду өзгөчөлүгү атаандаштык рынок. Мунун өтө эле кыйынчылыгы жана татаалдыгы анын түзүмдүк– функционалдык уюштуруусунда жумушчу орун менен эмгек ресурстарынын ортосунда дайыма бири– бирине айкалышпастыгы. Мындай шартта жумуш жеке эле жумушсуздуктардын ортосунда эмес, жогорку квалификация жумушчулардын жана адистердин ортосунда да пайдалуу орундар үчүн

атаандаштыктар пайда болот. Ишкерчиликтер чөйрөсүндө дагы бири–бирине болгон, жогорку квалификацияда жумушчуларды жана адистерди өзүнө тартууда жана жумушчу күчүнө жогорку деңгээлдеги эмгек акыны төлөп, берүү үчүн атаандаштык күчөйт. Ошондуктан, жеке эле рыноктун атаандаштык экономикалык агенттердин ортосунда координация жумушчу күчүнүн суроо менен талаптын ортосун координациясын эмгек акы механизими калыптандырат.

Жыйынтыктап айтканда, жумушчу күчтүн сунушу менен калктын түзүмүн мүнөздөйт (жынысы, жашы, билими, кесипкөйлүгү жана квалификациясы сыяктуу башка керектүү мүнөздөмөлөр). Эмгек күчүнүн сунушуна, биринчиден, баа фактору– ар бир адамга эмгек акынын өлчөмү (ставкасы) жана жалпы коомдугу эмгек акынын деңгээли. Ошондуктан эмгек рыногу өзүнүн мыйзамына багынат: профессиянын жана ишмердиктин түрүн эркин тандап алуу; жумуш берүүчүлөр жумушчуларды эркин жалдоо жана бошотуу; коомдук өндүрүштө жумуш ишин жана жумушта иштебешин эркин тандоо; суроо менен сунуштун мыйзамы менен эмгек акынын эркин болушун тандоо; бул мыйзамдар бардык деңгээлде жана барык типтеги рынокко тиешелүү.

Экинчиден, практика жүзүндө, суроо менен сунуш бири–бирине болгон теңдешүү принциби эч убакытта сакталбайт, анткени рынокто көп сандагы карым катнаш жүрүп турат. Рыноктук экономикада жумушчу күчүн суроосу менен сунуштун бири–бирине теңдешпестигинин жыйынтыгы– жумушсуздук, б.а. айтканда экономикада продукциянын бир кыйла бөлүгү өндүрүлбөй калат.

Эгерде экономикада жумуш иштөөчүлөрдүн барына тийиштүү жумуш орун табылбаса, анда потенциальдык деңгээлде өндүрүүчү продукция өндүрүлбөйт. Ошонун негизинде өлкөдө ИДП продукциянын өндүрүшү, потенциалдык ИДП продукциядан аз дегенди түшүндүрөт. Ал эми потенциалдык ИДП көлөмү жумушчу күчтүн сунушунун негизинде табигый жумушсуздуктун туруктуу нормадагы деңгээлде жаралат.

Рыноктун шартында максаттуу жумушчу орундарды түзүү жана массалык жумушсуздукту кыскартыш үчүн төмөнкү комплекстүү чараларды көрүү керек:

- мекемени модернизациялаштыруу жана адистештирүү мезгилинде эмгек ресурстарынын тийиштүү бөлүктөрүн (часть) сактап калуу;
- республиканын калктын социалдык алсыз катмарындагы жарандарга өзүнүн ишмердүүлүгү үчүн микрокредиттерди берүүнүн мүмкүнчүлүгүн түзүү;
- калктын ишмердүүлүккө окутуу (консультация), бизнес–планды түзүүдө жардам берүү;
- эмгек ресурстардын убактылуу бош мезгилинде экспортко (тышка) чыгаруу;
- республикада регионалдык өнүгүүсүнүн жана инвестициялык мүмкүнчүлүктөрдүн негизинде жумуш менен камсыз кылууда мамлекеттик стратегиясын тастыктоо;
- тышкы жана ички миграцияны чектөөдө, чет өлкөдө иштеп жаткан мигранттарга улуттук эмгек рыногун өнүктүрүүдө, мамлекеттик социалдык саясатын колдоодо аларга жардам көрсөтүү;
- жергиликтүү мекемелерге мамлекеттик миграция жана жумуш менен камсыз кылуу кызматынын базалык маалыматы боюнча жумушсуз жарандарга жумуш орундары, багыттары жана жумушка орноштуруу боюнча иштерин жүргүзүү;
- чарбачылык объектилерди куруу жана кеңейтүү жөнүндө чечимдерин кабыл алуу стадиясында, улуттук жана регионалдык эмгек рынокторун ситуациясын жана алардын альтернативдик потенциалын изилдеп иштеп чыгуу жана такташтыруу.

Жыйынтыктап айтканда, мамлекеттик миграция жана жумуш менен камсыз кылуу кызматы реалдык экономиканын тармактары боюнча керектүү жаңы жумушчу орундары боюнча, айрыкча калктын алсыз катмарына жардам көрсөтүү. Мамлекет жакынкы жана алыскы чет өлкөлөргө кетип жаткан жумушсуз мигранттарга тийиштүү түрдө бардык жардамды көрсөтүү, ошондой эле өлкөдөн чыгып кетүү шарттарын түзүп берүү абзел.

Жогоруда айтылгандай, мамлекеттин саясаты калктын жумуш менен камсыз кылуу деңгээлин жогорулатуу жана жумушсуздукту кыскартуу боюнча иш чараларын иштеп чыгуу жана жакшыртуу багытында болушу керек. Жекече коргоо болбогондуктан, мамлекеттин ролу калктын жашоо деңгээлин

жогорлотууда, кызмат көрсөтүү мекемеси аркылуу мүмкүн болушунча колдоо көрсөтүү.

## §6. Трансформациялык экономиканын шартында эмгек рыногун жакшыртуу проблемалары

Республикада иштеп жаткан рыноктун моделинин ийкемдүүлүгү, кайра жаралуу мезгилинде эмгек рыногунда эффективдүү түзүмүн түзүүнү камсыз кылган жок. Экономика курамынын кайра куруу түзүмү төмөн болгондуктан социалдык экономикалык жагдайда эмгек рыногуна тескери таасирин тийгизүүдө. Традициялык тармактарда жана жекече секторлордо жумуш менен камсыз кылуу, жумушсуздук процесин диверсификациялоодо жана аларды бир оорундан экинчи орунга жылуусу эффективдүү болбогонун байкоого болот.

Экономика рыноктун шартында жумушчу күчүнө, мурунку жылдарга караганда, таптакыр башка талаптарды коюуда: ар бир жумушчу орунда практика жүзүндө өндүрүштүү өнүктүрүүдө түздөн– түз катышуу; өзүнүн мүнөздөмөсү жана технологиясы боюнча жогорку сапаттагы продукцияны камсыз кылуу; продукция өндүрүү методдорун дайыма жакшыртуунун негизинде товарлардын өзүнүн наркын төмөндөтүүдө өндүрүштүк жана өндүрүштүк эмес формадагы жекече усулдук көрсөтүүнүн сапат деңгээлин жогорлатуу.

Жаңыча, эффективдүү уюштуруу шартында жумушчу күчү менен жумушчу орундарын тыгыз байланышы, жумушта иштеген адамдардын инновация – өндүрүш процессинде чыгармачылык касиетттин арттыруу, кадрларды даярдоо жана кайра даярдоо жана социалдык коргоо маселелери чоң мааниге ээ. Ошондуктан, республиканын аймактык өзгөчөлүктөрүнө жараша, жогорку деңгээлде эмгекке жарактуу калкты жумуш менен камсыз болушу, материалдык – каржылыктын жетишсиздиги жана жергиликтүү табийгый ресурстарды төмөн деңгээлде өздөштүрүлүшү, келечекте, эмгек рыногун өнүктүрүүдө, ишмердиктин түрлөрүн адистештирүүдө жогорку илимий технологияны пайдалануу шартында капиталдын аз көлөмү менен анын тез айлануусуна алып келет.

Демек, социалдык – экономикалык өзгөрүү шартында эмгек рыногу улуттук жана дүйнөлүк рыноктун цивилизациянын эң керектүү бөлүгү болуп, коомдун жана эмгек ресурстарынын чыгармачыл типтеги калыптануусуна багытталган. Калктын жумуш менен камсыз кылуу, аны оптималдаштырууда жана рационалдуу түзүмүн түзүүдө, экономикалык эффективдүүлүгүн жогорлатууда мамлекеттик, профсоюздун жана жергиликтүү башкаруу органдарынын активдүү колдоосуна муктаж.

Республиканын масштабында эмгек рыногунун чектөөсү региондордун жана жергиликтүү органдардын деңгээлинде жүргүзүлмөкчү. Эмгек рыногун республикалык чектөөдө: каржылык – насыялык, инвестицияны тартуу, социалдык–демографиялык жана миграциялык саясатка ылайыктуу түрдө жүргүзүлөт. Ошондой эмгек рыногун турукташтыруу республиканын аймактары жана зоналары боюнча ишке ашырылат.

Ал эми жергиликтүү органдар боюнча эмгек рыногу мыйзамдык, нормативдик, салыктык жана башка экономикалык иш чаралар менен чектөө жүргүзүлөт. Ошонун негизинде формалдык жана формалдык эмес мекемелерде, фирмаларда, ишкерчиликте жана жекече жардам чарбачылыгында эмгек рыногун чектөөсү ишке ашырылат.

Келечекте эмгек рыногу жалпы республикалык коомдо анын ичинен аймактар боюнча эмгек ресурстары экономикалык жана демографиялык көрсөткүчтөргө байланыштуу. Албетте, калктын жана эмгек ресурстарынын өсүшү, өлкөнүнүн экономикасынын өнүгүүшүнө жана калктын социалдык – экономикалык шартынын жакшыруусуна, айрыкча артыкчылыгы бар айыл – чарбасына, энергетика ресурстарына жана курорттук жана башка усулдук тармактардын тез өнүгүүшүнө түздөн – түз таасирин тийгизишет.

Республиканын аймактарында калктын ар түрдүү деңгээлде жайгашуусу жана эмгек өндүрүмдүүлүгү, өлкөдө социалдык–экономикалык саясаттын багыттарына ылайыктуу эмгек рыногу келечекте артыкчылыгы бар тармакты талдоого муктаж. Ошондуктан, ар бир аймактар, зоналар жана республика боюнча келечекте эмгек рыногун өнүктүрүү жана эффективдүү пайдалануу боюнча программалар иштеши зарыл.

Эл аралык эмгекти уюштуруу (ЭЭУ) мекеменин сунушу боюнча калкты жумуш менен камсыз кылууда иштеп жаткан

мыйзамдарды жана нормативдик – актыларды кайра карап чыгып жакшыртуу абзел. Өлкөнүн ичинде жана чет өлкөлөргө кетип жаткан жумушчу күчүнө, жумушсуз калгандарга, үй чарбасында иштеген айымдарга, мамлекет тарабынан социалдык жардам көрсөтүүсү керек.

Макроэкономикалык туруктуулукка карата эмгек рыногунун проблемаларын чечиш эң керектүү мамлекеттин маселелеринин бири. Республикада жумушчу күчүн рационалду жана эффективдүү пайдалануу саясаты артыкчылыка ээ. Ошондуктан, рыноктун шартында адам капиталына инвестиция тартуу, аны эффективдүү пайдалунуу экономиканы өнүктүрүүнү камсыз кылат.

Өткөөл мезгилде, өлкөдө рыноктук экономиканы курууга, ошондой эле экономиканын түп тамырынан кайра жаралуусун жүзөгө ашыруу процессинде, социалдык чөйрөсүндө, өзгөчө, эмгекке жарамдуу калктын арасында жумушсуздукту кыскартуу жана калкты иш менен камсыз кылуу көйгөйлөрү күч алды. Аны ийгиликтүү чечүү көбүнчө жаш эгемендүү өлкөлөрдүн социалдык климатынын абалына, ошондой эле, экономиканын туруктуу өнүгүүсүнө көз каранды.

Андыктан, эмгек рыногун жөнгө салуу үчүн макро жана микро деңгээлдеги иш – чараларды кабыл алуу керек. Бирок, учурда иш менен камсыз кылуу чөйрөсүндөгү эң бир актуалдуу көйгөйлөрдүн бири катарында жумушсуздук менен күрөшүүгө, жумушсуздарга социалдык жардам көрсөтүүнү, кадрларды даярдоо жана кайра даярдоо системасын түзүүгө жана өнүктүрүүгө, улуттук экономиканын курамын кайра рационалдуу түзүүгө, жаштардын ишмердик активдүүлүгүнө стимул берүүгө жана квалификациялуу кадрларга суроо– талаптын өсүүсүнө жардам берүүчү макроэкономикалык саясатты иштеп чыгуу маанилүү маселе.

Стратегиялык планда эмгек каражаттарын эффективдүү колдонууну жана калкты иш менен камсыз кылуу көйгөйлөрүн чечүүдө адамдын эмгек ишмердүүлүк потенциалын колдонуу жолдоруна негизделиши зарыл. Ошол себептүү социалдык саясат-та адамдын эмгегине болгон багыт артыкчылыкка ээ болушу керек.

Заманбап этаптагы социалдык– экономикалык саясаттын модернизациялоодо калктын активдүү жашоо позициясын жөнгө салуу умтулуусуна, өздөрүнүн мүмкүнчүлүктөрүн жүзөгө ашыруу-

га жана жогорку деңгээлдеги материалдык баалуулуктарга жетишүүгө толук мүмкүнчүлүктү түзүп берүү.

Эмгек каражаттарын пайдалануунун жана калкты иш менен камсыз кылуунун стратегиялык максаттары катарында төмөнкү маселелер сунушталат:

калкты натыйжалуу иш менен камсыз кылуу, жумушчу күчүнүн атаандаштык жөндөмдүүлүгүн жана сапатын жогорулатуу;

эмгек рыногунун реалдуу керектөөсүнө дал келүүчү жумушчу күчүнүн курамын жана кесиптик квалификацияны камсыз кылуу;

өлкөнүн ичинде жана анын чегиндеги өзгөрүүлөргө жараша калкты иш менен камсыз кылуу саясатынын кыймыл аракетин адекваттуу камсыз кылуу. Андыктан, калктын өзүн–өзү иш менен камсыз болуушуна жана жеке ишкердүүлүккө стимул берүүчү укуктук, салыктык макроэкономикалык жана башка шарттары түзүлүшү керек. Өзгөчө, айыл аймактардагы калкты иш менен камсыз кылуу боюнча конкреттүү иш–чараларын көрүү.

Жогоруда аталган көйгөйлөрдү төмөнкү жолдор менен чечүүгө болот:

элдик кол өнөрчүлүктүн кайра жаралуусун кеңейтүү;

кайра окутуу жана квалификацияны жогорулатуу;

аймактык жаштар жана майыптар үчүн эмгек биржасын түзүү жана өркүндөтүү;

квалификацияны жогорулатуу, окутуу жана кайра окутуу мүмкүнчүлүктөрү жөнүндө кеңири маалымдоо;

бош жумушчу орундарынын жарманкесин уюштуруу жана өткөрүү;

ишеним кызматтарын түзүү, юридикалык кеңеш берүүлөрдү уюштуруу жана социалдык жардам көрсөтүү;

жумушсуздарды жана майыптарды профессионалдык кайра калыбына келтирүү борборлорун уюштуруу;

калктын социалдык аз камсыз болгон катмарына салык боюнча жеңилдиктерди көрсөтүү ж.б.

Мамлекеттин ролу калктын социалдык аз камсыз болгон катмарын жана жумушсуздуктарга социалдык коргоону камсыз кылуу жана жеке менчик секторлорго жагымдуу шарттарды түзүп берүү болуп эсептелет. Экспортко багыт алуу менен кайра иштетүү

жана жеңил өнөр жай, туризм, тейлөө чөйрөсү, маалыматтык технология сыяктуу экономиканын приоритеттүү тармактарды өнүктүрүү чоң мааниге ээ.

Жаңы жумуш орундардын түзүмүнүн эсебинен калкты жумуш менен камсыз кылууну жогорулатуу үчүн өкмөт төмөнкү иш–чараларды жүзөгө ашырышы керек:

- жаңы өндүрүштүк мамилерине жана социалдык–экономикалык талаптарга ылайыктуу калкты жумуш менен камсыз кылуунун жана эмгек рыногунун саясатынын ченемдик–укуктук базасын өркүндөтүү;
- эмгек акыны жана социалдык эмгектик мамилелерди жөнгө салуу чөйрөсүндөгү кырдаалды турукташтыруу;
- эмгек рыногунда активдүү саясаттарды өткөрүүдө жумуш чөйрөсүндөгү жергиликтүү коомчулуктун жөрөлгөлөрүнө ачык колдоо көрсөтүү, кичи жана орто ишканаларды калыптандыруу, жумушсуздуктан өздүк жумуштуулукка өтүүнү, эмгек квалификациясын жогорулатуу, ошондой эле тынымсыз даярдоо жана кайра даярдоо тутумун түзүү, ж.б. иштерди камтуу;
- интелектуалдуу эмгектин бирдиктүү мамалекеттик маалымат базасын калыптандыруу;
- жумушка кабыл алунууда адамдын курагы, улуту, жынысы боюнча басмырлоону жокко чыгаруучу конкреттүү механизмдерди иштеп чыгуу;
- тынымсыз эмгекти баалоо жана мониторинг жүргүзүү;
- мамлекеттик иш менен камсыз кылуу кызматынын ишмердүүлүгүнүн эсеп берүүчүлүк, ачыктык жана айкымдуулук принцибин өнүктүрүү;
- республикадагы жакырчылыкты кыскартуу жана калкты жумуш менен камсыз кылуу боюнча натыйжалуу саясатты иштеп чыгуу максатында аймактык деңгээлде калктын жумуштуулук суроолоруна көмөк көрсөтүүчү социалдык өнөктөш (шериктеш) институтун киргизүүнү камсыз кылуу;
- экономиканын формалдуу эмес секторун расмий секторго интеграциялоо үчүн конкреттүү стимулдарды иштеп чыгуу. Ал үчүн экономиканын расмий секторуна дал келүүчү административдик жана укуктук негиздерди, өзгөчө салык тутумун кабыл алуу жана иштеп чыгуу;

• квалификацияны жогорулатуу, жаңы кесиптерге окутуу жана кайра окутуу, ишке орношуу мүмкүнчүлүктөрү жөнүндө кеңири маалымдоо;

• жарандарынын ишке орношуу мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтүү үчүн эмгек миграция жарандарына цивилизациялуу мамилелерди киргизүү (анын ичинде, миграциянын тышкы жана ички факторлорун толук эсепке алуу) ж.б.

Рыноктун шартында өнөкөт болуп калган эмгек рыногунун ордуна ийкемдүү эмгек рыногу, б.а. жумуш сферасында өндүрүш секторунда иш ордун кыскартуу процесси дайыма жүрүп турат, ал эми усулдук сферасында жаңы орундар түзүлүп турат. Келечекте эмгек рыногунун калыптануусу жана анын эффективдүүлүгү Кыргызстанда жана анын аймактарында демографиялык ситуацияга жана анын тез өзгөрүшүнө, эмгек ресурстарынын, тышкы жана ички миграциянын агымынына, формалдык жана формалдык эмес өндүрүштүн түзүмүнө жана анын өзгөрүштөрүнө түз байланыштуу.

Азыркы экономиканын өнүгүү учурунда эмгек рыногунун өсүшүнө илимий– техникалык прогрессти, мамлекет жана тармактык аралык эмгек ресурстарынын бөлүнүшү, алардын адистеши, чоң жана эл аралык транс улуттук мекемелердин пайда болушу, ж.б. факторлор таасирин тийгизүүдө.

Республикада экстенсивдик эмгек моделинен интенсивдик моделине өтүү зарыл. Албетте, интенсивдик моделге өтүү деген илимий – техникалык прогрестин негизинде эмгек күчүнүн өсүшү жаңы инновациялык технология менен байланыштуу, б.а. азыркы талапта жооп бере турган атаандаштыкка туруштук бере турган мекемелердин пайда болушу дегенди түшүндүрөт. Мындай учурда жумушта иштеген адамдардын саны кыскарышы мүмкүн, бирок эмгек өндүрүмдүүлүгү жогорулатат.

Келечекте эмгек рыногунун эффективдүүлүгүн жогорлатуу үчүн төмөнкү иш чараларды жүргүзүү зарыл:

• өндүрүштү интенсивдүү жол менен өркүндөтүүдө негизги фондуларын жана энерго каражаттарынын деңгээлин көтөрүү;

• реалдык секторлордо техникалык жактан жана иштин сапатын жакшыртуу;

- өндүрүштү комплекстүү механизациялаштыруу, автоматташтыруу жана компьютерлештирүү;
- өндүрүштү рационалдуу жана эмгекти илимдин негизинде уюштуруу;
- кадрлардын квалификациялык – профессионалдык деңгээлин жогорлатуу;
- жумушчу күчүн материалдык жактан кызыктыруу;
- жумушчу орундарды рационалдаштыруу жана эмгек чыгымын азайтуу ж.б.

Жыйынтыктап айтканда, калкты жумуш менен камсыз кылууда мамлекеттин саясаты республиканын эмгек рыногуна жана анын аймактык чөйрөлөрүндө чектөө жүргүзүү үчүн ар бир региондор боюнча дифференциалдык жол менен программаларды түзүп чыгуу жана аны иш жүзүнө ашыруу керек.

# БАП XVIII.

# ЖУМУШСУЗДУК ЖАНА КАЛКТЫ ЖУМУШ МЕНЕН КАМСЫЗ КЫЛУУДАГЫ МАМЛЕКЕТТИН СОЦИАЛДЫК САЯСАТЫ

## §1. Жумушсуздук– өткөөл мезгилдин шарттарында социалдык–экономикалык көрүнүш

Жумушсуздук – социалдык – экономикалык көрүнүш катары, калк жумуш менен өзүн камсыз кыла албагандыгын айтабыз. Жумушсуздук – өлкөдөгү социалдык – экономикалык туруксуздук факторлордун негизгилеринин бири. Эл аралык эмгек уюумунун (ЭАЭ) аныктамасына ылайык жумушсуз деп белгилүү бир мөөнөттүн ичинде иш орунун издеген жана иштөөнү каалаган, бирок иш менен камсыз болбогон жакты айтабыз.

Жумушсуз деп 15 жаштан жана андан жогоркулар, белгилүү бир мөөнөттүн ичинде:

- жумушу жок, бирок жумуштун башталыш убактысы боюнча сүйлөшүлгөн (сүйлөшүлгөн мезгилден 2 жуманын ичинде) жана жумуш издөөнү токтоткон;
- жумушу жок, иштегенге даяр, бирок жумуш издеген эмес, анткени жумуш мезгилдин башталышын күтүүдө;
- жумушу жок, иштегенге даяр, бирок жумуш издеген эмес, анткени администрациядан же жумуш берүүчүдөн мурун кайрылганы боюнча жооп күтүүдө.

Белгилүү болгондой балансталган (туура таразаланган) экономикалык өсүш өнүгүүнүн идеялык варианты жана ошондо чарбалык системанын бардык элементтери айкалышып иштешет, өндүрүштө иштегендердин жашоо – турмушунун өсүшүн камсыз кылат. Демек, балансталган экономикалык өсүштү тенденция катарында көрүш керек, ал эми мындай жагдай төмөндөп кетсе, анда экономикада конфдиктик көрүнүштүн өсүшү байкалат. Өндүрүштө баш аламандык негизинде ресурстарды чаржайыт пайдаланууну экономиканын эффективдүүлүгүн төмөндөтөт. Мындай учурда өндүрүш кыскартып, өлкө экономикалык каатчылыкка кабылат, улуттук продукция (ИДП) өсүшүн токтотот.

Макроэкономикалык диспродукция экономикада туруксуздукка дуушар болот, ишмердикте тобокел күчөйт, жумушсуздук күч алат. Анын негизинде жумушсуздук жана жумушта иштеген адамдардын жашоо турмушу төмөндөйт, социалдык конфликтердин болушуна коркунуч пайда болот.

Мындай мезгилде ишмердиктердин капиталы активдүүлүгү төмөндөп, начарлаган райондордун экономикасы райондорго кача баштайт. Жыйынтыктап айтканда, жумушсуздук капиталдын качышына экономикалык коньюнктурасынын начарлашына, теңдешүү өсүштүн, калктын жашоо турмушун ылдыйлашына жана суроо – талаптын кыскарышына алып келет.

**Жумушсуздуктун узактыгы** – (жумуш издөөнүн узактыгы) убакыттын аралыктарында, ар түрдүү жолдор менен жумуш издейт.

**Жумушсуздуктун деңгээли** – жумушсуздуктун саны менен экономика автивдүү калктын санына болгон катышы, процент менен болот.

Ошондуктан, жумушсуздук бири – бирин толуктаган эки көрсөткүч менен мүнөздөлөт. Жумушсуздуктун деңгээли расмий катталган толук жумушсуздактардын саны өзүнчө иштегендерге карата аныкталат.

Бирок ошого карабастан жумушсуздуктун деңгээлин аныктоодо кыйынчылыктар кездешет.

Көпчүлүк жумуш менен камсыз болгондорго, эмгек акы албай иштеген үй ээлери жумуш менен камсыз болгондордун категориясына кирбейт. 16 жашка чейинки балдар, үй–бүлөлүк фирмасында иштегендер, жумушсуздардын курамына кирбейт.

- бардык эле жумушсуздар, жумушсуздардын курамына кирбейт (жумуш издегендер, үмүтүн жоготкондор).
- жумуш менен камсыз болгондордун санына убактылуу ооругандыгына байланыштуу иштебегендер, жумушчу орундагы келишпестиктен иштебей калгандар, ошондой эле, азыраак жумуш менен камсыз болгондор.

Жумушсуздардын категориясына көмүскө экономикада иштегендер, наркотикалык заттарды саткандар жана башкалар өздөрүн жумушсуз деп жазган маалымат бергендер кошулбайт. Ошондуктан жумушсуздуктун деңгээли жумуш менен камсыз

болгондор эмгек рыногунун накта абалы жөнүндө маалымат туура алууга мүмкүн эмес.

Кыска мөөнөттөгү жумушсуздук жумушчу күчүнүн мобилдүүлүгүн, эмгек ресурстарынын интенсивдүү миграциясын, маалымат системасын иштешин, эмгек рыногунун инфрастуктурасынын өнүгүүсүн, эркин эмгек ресурстарынын ийкемдүүлүгүн жана эл чарбасында түзүмдүк жагдайынын өзгөрүшүн аныктайт.

Жумушчу күчтүн мобилдүүлүгү эмгек рыногунда жумушчу кесипкөйлүктүн ийкемдүүлүгүн чектөөнү жана эркин кыймылын камсыз кылат. Ошондой эле тармактык, кесипкөйлүк жана квалификациялык мобилдүүлүктүн болушу үчүн жалпы билим берүү базасынын жана жумушчу күчүн кеңири кесипкөйлүк даярдыктыктын негизинде жүрүшү келип чыгат.

Өткөөл мезгилде жумушсуздуктун пайда болуш себептери:

- илимий техникалык өсүштүн негизинде экономикада түзүмдүк өзгөрүштөрү жүрө баштайт. Бул болсо бир тармактардын, жана мекемелердин кыскарышына жана илим сыйымдуу технологиялык тармактардын, мекемелердин өнүгүүшүнө шарт түзөт.
- экономика өзүнүн өсүшүндө циклдин фазасын (толкун кубулушу) басып өтөт: каатчылык, депрессия, өсүү жана бум (пик). Бул фазасынан башка фазалары азбы жана көпбү жумушсуздукту пайда кылат. Эң жогорку жумушсуздук каатчылык жана депрессия фазаларында байкалат;
- эмгек рыногунда ар түрдүү жумушчу орундар өзүнүн татаалчылыгы жана эмгек акысынын деңгээли менен айырмаланып, жумуш орундарын издеп табуу үчүн кандайдыр убакытты жана чыдамкайлуулукту талап кылат;
- рынок шартында технологияларындын өзгөрүшү менен мекемелерде дайыма жумушта иштегендердин арасында жумушсуздук пайда болуп турат, б.а. мекемелердин жабылышы менен жаңы жумуш ордунун пайда болушунан тез жүрбөйт, анткени көп мекемелер суроо – талапка жооп бере турган продукциялардын ассортименттерин өндүрүүгө тез арада көнүгө албайт;
- баанын чектөөсүз болушу менен энергия берүүчү, комплекстердин, буюмдардын, чийки заттардын баасы кескин

көтөрүлүшүнүн негизинде, төлөмдөрдүн каатчылыгы жумуш-суздук алып келет;

- жакынкы чет өлкөлөр жана орто азиялык мамлекеттер аралык чарбалык байланыштардын үзүлүшү, мекемелердин материалдык – техникалык камсыздоонун начарлашы жана өндүрүлгөн продукцияны сатуунун төмөндөшү жумушсуздукту пайда кылган;
- экономиканын каатчылыгы бийликтин эшалондогу чиновниктеринин арасында коррупциянын, паракорчулуктун күчөшүнө, өндүрүштүн деңгээлинин түшүшүнө, калктын жашоо турмушунун төмөндөшүнө жана жумушсуздуктун күчөшүнө алып келет.

Жумушсуздук– бул жөн эле жумуштун жоктугу эмес. Бул калкка жана коомго тескери таасирин тийгизүүчү социалдык катастрофаларга алып келет. Мындай көрүнүш калктын турмушун экономикалык, социалдык жана психологиялык кыйынчылыкка дуушар кылат. Жумушсуздукка кабылганда элдин жашоонун орто мөөнөттүк деңгээлине, ден соолугуна, жаштын узарышына, өлүмгө жана ичимдике берилишине түз таасирин тийгизе турганын психологдор тарабынан далилденген.

Андан тышкары, үй–бүлөлүк кирешеси кыскарат, адам өзүн–өзү сыйлабай калат, нерв системасынын начарлашынын негизинде ар түрдүү ооруга чалдыгат, эртеңки күнгө ишеним жоголот. Адам жашаш үчүн күрөшүн токтото баштайт, б.а. ал жашоонун кызыкчылыгын маңызын жоготот. Көп адамдар өзүнүн баркы, жүрүш– турушу иштеген иши менен байланыштуу. Ошондуктан, адам рыногунда керексиз экенин билгенден кийин ал оор психологиялык каатчылыкка жана депрессияга кабыл болот: Депрессия болсо адамдын ишсиздигине, квалификациясынын жоголушуна, өзүн- өзү сыйлабашына, моралдык туруктуулугунун кетишине, коомдук жана саясаттык тартипсиздикке алып келет. Жумушу жок адамдар аз акы төлөнүүчү, кызыксыз, оор жана керексиз иштерге, жашаган жери же иштеген иши боюнча административдик жол аркылуу иштешет. Мындай учурда жабык же ачык жумушсуздук пайда болот.

Жумушсуз адам, ишке кабыл алынып иштей баштаганда анын эмгек өндүрүмдүүлүгү жарым жыл ичинде гана туруктуу

нормага келет. Бул мезгилдин ичинде бул иштеген адам бирдей эле эмгек шартында иштеп жаткан жумушчуларга караганда толук жыйынтыктуу өндүрүштүк продукция бере албайт. Коомдо толук өндүрүлбөй калган продукциянын негизинде суроо– талаптар кыскара баштайт, кирешелердин төмөндөшүнүн негизинде каражат топтоо азайып, инвестициянын кыскарышына алып келет дагы түздөн - түз экономиканын өсүшүнө тескери таасирин тийгизет. Эң негизгиси, экономикалык ресурстардын толук пайдаланылбай калышы, өндүрүлбөй калган продукция, өлкөнүн өндүрүштүк потенциалын кайрылгыс жоготууларга алып келет.

Ошондуктан эмгек рыногунда эффективдүү жумуш ордун камсыз кылуу үчүн чектөө механизмин киргизүү зарыл. Бул болсо жумушчу күчтөрдүн эффективдүү пайдалануунун негизинде улуттук экономиканын өсүшүнө жана мекеменин пайда берүүчү ишмердигине мүмкүндүк түзүлөт.

Өткөөл мезгилде Кыргызстандын экономикасы туруксуздук мүнөздөө, анткени эмгекке жарактуу адамдардын кыйла бөлүгү жумушсуз. Мисалы, 1995–жылы жумушсуздуктун жалпы саны 100 миң адам болсо, 2000–жылы–140,0 миң, мезгилде 1,4 эсеге, 2013–жылы– 205,7 миң, же 2,0 эсеге өскөн. (80– табл.).

Кыргызстанда 2013–жылы жалпы жумушсуздуктун ичинен 2013–жылы (205.7миң) эркектер–109,4миң жана аялдар–96,3миң адамды, же болбосо 53,3% жана 46,7% ды түзгөн. Жумушсуздардын негизги курамы 20–29 жаштагы адамдарга , же болбосо 40,4%, 30–39 жаштагы–22,0% га туура келген. Жумушу жок адамдарды билими боюнча алсак, анда жогорку профессионалдууларга 16,3%, жалпы орто билимдүүлүккө–52,7%, жалпы башталгыч билимдүүлүгү–11,7% туура келет (81–табл.).

80– Таблица. **Кыргыз Республикасында жумушсуздуктун абалы, миң адам.**

| | 1995 | 2000 | 2003 | 2005 | 2008 | 2013 |
|---|---|---|---|---|---|---|
| **Экономикалык активдүү калкы** | 1741,7 | 1911,1 | 2004,1 | 2260,6 | 2379,9 | 2468,7 |
| **Жумушсуздар** | 100,0 | 140,0 | 180,0 | 183,5 | 195,6 | 205,7 |
| **Официалдуу жумушсуздук** | 50,4 | 59,9 | 57,4 | 68,0 | 67,2 | 94,2 |
| **а.и. пособия алгандар** | 28,9 | 6,5 | 6,0 | 10,2 | 1,4 | 0,4 |
| **Жабык жумушсуздук** | 69,6 | 60,0 | 53,0 | – | – | |

| | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| **Жумушсуздуктун деңгээли, % менен** | 5,7 | 7,4 | 8,9 | 8,1 | 8,2 | 8,3 |
| **Официалдуу жумушсуздуктун деңгээли, % менен** | 3,0 | 3,2 | 3,0 | 3,3 | 3,1 | 2,3 |

Статистикалык маалыматы: КР “Социалдык тенденциясы” 1995,2000,2014

81– Таблица**. Жумушсуздардын санын жынысы жана билими боюнча бөлүштүрүү 2013–ж., % менен**

| | **Бардыгы** | **анын ичинде** | |
|---|---|---|---|
| | | **Эркектер** | **Аялдар** |
| **Жумушсуздар – бардыгы** | 100 | 100 | 100 |
| **Анын ичинде билими барлар:** | | | |
| **Жогорку кесиптик** | 16,3 | 16,9 | 15,7 |
| **Бүтпөгөн жогорку кесиптик** | 2,5 | 1,1 | 4,2 |
| **Орто кесиптик** | 8,3 | 7,1 | 9,6 |
| **Баштапкы кесиптик** | 6,0 | 8,0 | 3,6 |
| **Жалпы орто (толук)** | 52,7 | 52,0 | 53,6 |
| **Жалпы баштапкы билими жоктор жана сабатсыздар** | 2,5 | 2,8 | 2,0 |

Статистикалык маалыматы: Кыргызстан цифрада, 2014

## §2. Жумушсуздарды жумуш менен камсыз кылуу кызматы жана жеке ортомчу фирмалар аркылуу жумушка орноштуруу

Эмгек рыногун жөнгө салууну камсыз кылууда негизги орунду эмгек биржасы (эмгек жумуш менен камсыз кылуу кызматы, эмгекке орноштуруу кызматы, жалдоочулук кызматы) рыноктун чарбалык механизминин негизги курамы. Булар жумушчу күч рыногунда адистештирилген мекемелери, аларды негизги функциясы ортомчулук кызматын көрсөтүү.

Көп өлкөлөрдө эмгек биржалары мамлекеттик болгондуктан өзүнүн ишмердигин эмгек министирлиги же ошого окшогон кызмат аркылуу жүргүзүп турат. Мамлекеттик жумуш менен камсыз кылуу органы мамлекеттик курамы катары, калкты жумуш менен камсыз кылуу маселелерин чектөөгө, координациялоого жумушчу күчүнүн суроо – талабын жана сунушун жөнгө салууга, иштебеген калктын бөлүгүн жумуш менен камсыз кылууга жардам

берүүгө, профессионалдык даярдыкты уюштурууга, жумушсуздарга социалдык жардамды камсыз кылууга милдеттүү. Ошол эле мезгилде эмгек рыногунда, мамлекеттин жумуш менен камсыз кылуучу кызматтардан тышкары, жеке ортомчу фирмалар эмгектенишет, алардын эффективдүүлүгү өтө жогору. Мисалы, АКШда 15 миң ортомчу фирмалар кызмат кылышат. Эмгек биржаларынын негизги багыттары болуп: жумушчуларды жана бош орундарды каттоо, эмгек рыногунун коньюктурасын изилдеп ал жөнүндө маалымат берүү, тестирлөө жүргүзүү, жаштарды жумушка орноштуруу адистикке багыт берүү, жумушсуздарды профессионалдык даярдыктан өткөрүү, жөлөк пул менен камсыздоо.

Белгилеп кетчү нерсе, азыркы шартта көпчүлүк өнүккөн өлкөлөрдө жумушка орноштуруу жеке эле биржалары аркылуу эмес, ишканалардагы кадрдык кызматтар, же болбосо ортомчу агенстволор аркылуу жүргүзүлөт. Эмгек биржалардын ролу жумушсуздарга жардам берүүдө (жөлөк пул төлөөдө, жумушка орноштурууда, квалификациясын өркүндөтүүдө) көпчүлүк өлкөлөрдө белгилүү. АКШда, мисалы мындай жардамдар жыл сайын 6–8 млн жумушсуздарга берилет.

Эмгек рыногундагы абал өтө чыңалган. Жумушсуздардын жалпы саны, өз алдынча жумуш ордун издегендерди кошкондо, 2013–жылы орточо эсеп менен 250–300 миң адамды түзгөн, бул экономикалык активдүү калктын 10–12% түзөт. 2009–2013–жж. мамлекеттик жумуш менен камсыз кылуу кызматтары жумушсуз расмий катталгандардын саны – 94,2 – 97,4 миң адамды, түзгөн. Анын курамы боюнча көпчүлүгү аялдар, үчтөн бири–30 жашка чейинки жаштар. Жумушсуздардын 51,4% мурда иши барлар, анын ичинен ишканалардын же уюмдурдардын кыскарышынан бошогондор –6,7%, анын жарымынан көбү өз каалоосу менен – 5,9%, мурда иши жоктор–48,6%, б.а. өндүрүштүн токтоп калуусунан, же эмгек акысын өз убагында төлөм болбогондуктан бошогондор түзөт. Жумуш орунун издеп кайрылгандардын 82% эмгек тажрыйбасы барлар 18%– биринчи жолу жумушчу орунун издегендер. 2013–жылы жумуш менен камсыз кылуу кызматы– аркылуу эсепте 39,7 миң адам жумушка орноштурулган. Сунуш кылынган бир орунга эсептегенде жумушсуз калктын саны 14 адам. Эреже катары жумуш ордун камсыз кылган органдарга

жумушсуз адамдардын ичинен жумушу жоктор – 99,3%, ал эми кошумча эмгек акы боюнча иш издегендер–1% түзөт.

Белгилеп кетүү керек, эмгек рыногунда аялдардын абалы төмөндөөдө, б.а. катталгандардын ар бир экинчиси аялдар, анын ичинен 10% – көп балалуу энелер. Эркектерге караганда аялдарга жумуш орунун табуу, чынында кыйынчылыкта турат. Жумуш менен камсыз кылуу кызматына кайрылгандардын ичинен республика боюнча – 45% жумуш менен камсыз болууда. Кээ бир региондордо бул көрсөткүч республика боюнча караганда бир кыйла жогору: Бишкек шаарында – 77%, Ысык – Көл облусунда – 52%, Чүй облусунда – 53%.

Региондордогу жумушсуздуктарды тейлөөдө, айрыкча жаштардын эмгек биржаларынын негизги багыттарынын бири катары иш берүүчүлөр менен кызматташуу. Региондордогу жаштардын эмгек биржалары (ЭБ) уюштурган ярмаркалары менен ар түрдүү тематикада “Жетишкендиктин маршруту”, “Өзүнө ишенүү” жана тренигдерди уюштуруу ж.б. Кыйынчылыктардын негизи, жаштар тарабынан өзүнүн кесибине туура келүүчү жумушту тандап алууда, тажрыйбанын жоктугунан жана материал-дык байлыкка жеңил жетүүгө умтулгандыктан кесип тандоого тиешелүү маани берилбейт. Ошондуктан ушул категориядагы адамдар менен кесиптик багыттагы иштерди жүргүзүүгө туура келүүдө.

Жумушчу күчүнүн рыногунун суроо – талабын эске алуу менен бирге жумушсуз жана эч нерсе менен алектенбеген атуулдарды, алардын базалык кесибин, кызыкчылыктарын, жөндөмдүүлүктөрүн эске алуу менен кошумча жана ылайыктуу кесип боюнча даярдыктардан өтүү зарыл.

Экономикада рынок мамилелеринин өнүгүүсү кадрларды даярдоонун ийкем системаларын түзүүнү талап кылат.

Тажрыйбалар көрсөткөндөй, рыноктук экономикалык системага өтүү мезгилинде өндүрүштүн технолгиялары, продукциянын түрлөрү өзгөрүүдө, бир тармактар өнүксө, экинчи бир тармак кыйроого дуушар болууда. Өндүрүштөгү суроо–талаптардын өзгөрүшү менен жаңы кесиптерге окутуу зарылдыгы келип чыгат, алардын негизгилери коммерциялык түзүмдөр болгон бухгалтер, тигүүчү, электр ширетүүчү, секретарь – референт, кол

өнөрчүлүк мастери, чач тарач, массажист, шыбакчы, ташчы жана башкалар.

Акыркы жылдары мамлекеттик жумуш менен камсыз кылуу кызматы социалдык саясатынын багыты аркылуу, “Кыргыз Республикасынын эмгек рыногу жана калкты жумуш менен камсыз кылуу” Улуттук программасын ишке ашырууда активдүү иш – чараларды жүргүзүүдө.

Жүргүзүлгөн практикалык иш– чаралары, калкты жумуш менен камсыз кылуу, жумушсуз атуулдарды кесипке окутуу жана кайрадан окутуп даярдоо, акы төлөнүүчү коомдук иштердин ишкердик демилгелерди колдоо өзүнчө иштеген жумушсуздукка жардам берүү, ж.б. эмгек рыногунун чыңалуусун төмөндөтөт.

Аймактарда жумуш менен камсыз кылуу кызматтары жергиликтүү администрациялар менен биргеликте жумушка орношкондордун санын өстүрүшүүдө. Алар иш берүүчүлөр менен кызматташып, бош орундардын ярмаркасын уюштуруп, адистер боюнча кесип маалыматтын банкын түзүп жана башка иш чараларды жүргүзүүдө. Эмгек рыногундагы абалды жөнгө салуу үчүн жергиликтүү администрациялар жана иш берүүчүлөр менен макулдашуу үзгүлтүксүз жүрүп турат. Мына ошонун негизинде мамлекеттик камсыз кылуу органдары аймактар боюнча тынбай иш алып барышууда (82– табл.).

1998 – жылдан бери Улуттук программа “Аракет (жакырчылыкты жоюу)” аркылуу жакырчылыкты жоюу, калктын жашоо деңгээлин жогорулатуу максатында эмгек рыногун жөнгө салуу активдүү иш – чаралар жүргүзүлгөн.

82– Таблица. **Иш менен камсыз кылуу органдарында катталган жумушсуздардын саны (жылдын аягына карата, адам)**

| | 2000 | 2003 | 2009 | 2010 | 2011 | 2012 | 2013 |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **Областар: Баткен** | 4468 | 5891 | 5864 | 5482 | 5697 | 5563 | 5354 |
| **Жалал–Абад** | 11065 | 15027 | 14676 | 13401 | 11638 | 12305 | 12334 |
| **Ысык–Көл** | 4490 | 5531 | 4629 | 4510 | 4379 | 3938 | 4152 |
| **Нарын** | 6647 | 7822 | 6672 | 6560 | 6462 | 6580 | 6362 |
| **Ош** | 8820 | 13165 | 2918 | 13155 | 12453 | 12165 | 11362 |
| **Талас** | 1930 | 1878 | 2123 | 2253 | 2312 | 2152 | 2143 |

| | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **Чүй** | 10204 | 8674 | 6563 | 6192 | 6093 | 5904 | 5779 |
| **Бишкек ш.** | 10705 | 8620 | 6522 | 9861 | 9667 | 9314 | 8533 |
| **Ош ш.** | | 1223 | 1412 | 1989 | 2373 | 2446 | 2378 |
| **Бардыгы, миң адам** | 58,3 | 67,6 | 51,4 | 63,4 | 61,1 | 60,3 | 58,4 |

Стат маалыматы: “КР цифрада” 2005, 2010, 2014

Жумуш менен камсыз фондусунун каражаттары төмөнкү багыттарга жумшалат:

- жумушсуздук боюнча жөлөк пул, жумушсуздарга төлөнүүчү стипендиялар жана убактылуу жумушсуздук боюнча төлөнүүчү каражаттар;
- жумушсуздардын профессионалдык кесип, даярдоого квалификациясын жогорулатууга жана кайра даярдоого кеткен финансылык чыгымдар;
- жумушсуздардын кесипкөйлүгү кесибин, квалификация-сын жогорулатуу жана кайра даярдоо боюнча окуу борборлорун түзүүгө жана алардын материалдык техникалык базасын чыңдоого кеткен каражаттар;
- социалдык колдоого муктаждарга кошумча жумуш орундарын түзүүгө кеткен чыгымдар;
- жумуш менен камсыз кылуу мамлекеттик кызматтын каржылоо жана анын материадык- техникалык базасын өнүктүрүү;
- коомдук иштерди уюштуруу;
- калкты жумуш менен камсыз кылуудагы жана эмгек рыногундагы көйгөйлөрдү изилдөөнү каржылоо;
- жумуш менен камсыз кылуу жана жумушсуздук көйгөйлөрү боюнча эл аралык иш - чараларды каржылоо;
- мүмкүнчүлүгү чектелгендерди реабилитациялоочу борборлорду түзүүнү жана кармап турууну, жаза мөөнөттөн өтүп келгендерди профессионалдык кесип боюнча даярдоону каржылоо;
- жумушсуздардын өзүнүн жумуш менен камсыз кылуусуна каржылык колдоо ж.б.

Мамлекеттик саясатын ишке ашырууда жумуш менен камсыз кылуу фондусун стабилдүү жана дайыма колдоосу негизи болушууда, б.а. Социалдык фонддон көз карандысыз жана юридикалык кепилдик статусуна ээ болушу керек.

Бөлүнгөн каражаттарды эффективдүү пайдаланууда, чакан жана орто бизнестерде кошумча жумуш оруидарын түзүүгө, жаңы адистиктерге окутууга жана коомдук акы төлөнүүчү иштерди уюштурууга мүмкүнчүлүк берет.

Республикадагы жумушсуздук боюнча жүргүзүлүп жаткан активдүү иш – чараларды мамлекеттик жумуш менен камсыз кылуу кызматтынын негизги милдети болуп эсептелинет.

“Кыргыз Республикасынын калкын жумуш менен камсыз кылуу жана эмгек рыногу 1998–2000- жылдарда” жана 2005 – жылдан кийин Улуттук программасы иштелип чыккан жана ишке ашырылууда.

Республикада жумушсуз адамдарды жумушка жайгаштыруу боюнча жумушка мамлекеттик жайгаштыруунун көп кызматтары, жана жеке ортомчу фирмалар, кадрдык агенттиктери иш жүргүзүшөт. Мисалы “Империя кадров” жана “Dolche Vita”– Бишкек шаары боюнча жумушсуз атуулдарды ишке жайгаштыруучу эң чоң кадрдык агенттиктердин бири. Ошондой эле жумушка жайгаштыруучу, иш берүүчүлөр менен кызматташкан “Work” кадрдык агенттик ишмердигин жүргүзүп келүүдө. Булардын катарына “Элитный персонал”, “Wordex”, “Клайм”, “RENTUR” кадрдык агенттиктерин кошсок болот, алардын ишмердигине туристик кызматтар да кирет. Аталгандардын бардыгы жеке менчик ишканалар.

Жумушка жайгаштырууда жумушсуз жаштар көп болгондуктан, аларга жардам берүү максатында “Жаштар эмгек биржасы” түзүлгөн. Жумуш менен камсыз кылуучу мамлкеттик уюмдун катарына “Маалыматтык - консультациялык борборду” (МКБ) атап кетсек болот. Ал өзүнүн ишмердигинде жумушсуздардын жумушка жайгаштыруу жана жогорку класстын бүтүрүүчүлөрү менен кесиптик багыт боюнча иш жүргүзөт.

Бул уюмдардын бардыгынын ишмердиги негизинен бирдей, жумушсуз кайсы бир агентикке келип, анкетаны толтуруп, белгиленген акчалай сумманы төлөп, фирма менен белгилүү мөөнөткө келишим түзүлөт, келишимдин узактыгы негизинен үч айга чейин. Бул убакытка чейин фирма өзүнүн кадырларына жумуш табууга же жумуш ордун таба албаса келишимди жарым жылга чейин кызматташууга, жумушка жайгаштыруу кепилдиги

менен узартылат. Бирок, агентство жумушсуз иштей баштаганда, анын кирешесинен кандайдыр пайыз төлөөгө милдеттүү.

Ошондуктан рынок мамилелерине өтүү шарттында мамлекеттик жумушка жайгаштыруу кызматы тараптан, агенттиктер жеке тармак жумушсуз жарандарды жумуш менен камсыз кылууда эң керектүү ролду ойнойт. Келечекте жумушсуздуктарды жумушка орноштуруу ушул жогорууда айтылган кызмат көрсөтүү мекемелер аркылуу иш жүргүзүлөт.

## §3. Эмгекчил калктын миграциясы – эмгек рыногунун туруктуу спутниги

Эмгек рыногу жумушчу күчүнүн жогорку ийкемдүүлүктө, кайсыл бир аймактан экинчи бир аймакка эркин иш издеп жана жайгашуу максатында эркин – жүрүүсүн аныктайт. Бул процесстер эмгек ресурстарынын миграциясын түзөт. Миграциянын негизги мотиви болуп, жогорку акы төлөнүүчү туруктуу жумуш табуу болуп эсептелинет. Бирок, экономикадагы каатчылык, аны реформалоодо, кыйынчылыкка дуушар кылып, өндүрүштүн жана калктын жашоо деңгээлинин төмөндөшүнө алып келет.

Кыргызстанда жумушчу күчүнүн экспортоо жана импортоо, рынок мамилерине өтүү мезгилиндеги жана экономикалык реформалардын убагындагы – жаңы кубулуш. Калктын сыртка чыгып кетүүсү негизинен жогорку квалификациялуу адистерден көп кездешет.

Социалдык–экономикалык туруксуздук, Кыргыз Республикасындагы калктын көпчүлүк бөлүгүнүн жашоо деңгээлинин төмөндөшү, абалды жакшыртууга реалдуу мүмкүнчүлүктүн жоктугу эмиграциялык маанайды жаратып, миграциялык процесстин жүрүшүнө шарт түздү. Акыркы жылдардагы миграциялык агымдын өсүшүнүн тенденциясы жашоо турмушуна түз байланыштуу.

Эмгек ресурстарынын миграциясынын агымы мүнөзү боюнча ички жана эл аралык болуп бөлүнөт:

• эмгек ресурстарынын ички миграциясы –бул өлкөнүн ичинде жогорку акы төлөнүүчү жумуш ордун издеп экономикалык активдүү калктын бир жерден экинчи жерге кетүүсү төмөнкүлөргө бөлүнөт:

- кайтарымсыз, башкача айтканда туруктуу жашап, иштөө;
- мезгилдик–убактылуу бир нече айга жумуш таап иштөө;
- туруктуу жашаган жерине бир жумага же ай сайын жумушка баруу (вахтовыл жол);
- эпизоддук иш менен сапаттарда же командировкада жүрүү.
- эл аралык миграциясы– бул бир өлкөдөн экинчи өлкөгө жогорку акы төлөнүүчү жумуш издеп экономикалык активдүү калктын жылып– жүрүүсү

Эмгек ресурстарынын эл аралык миграциясы –бул өлкөнүн сырткары жогорку акы төлөнүүчү жумуш издеп экономикалык активдүү калктын жылып– жүрүүсү.

Калктын миграциялык процессин төмөнкүдөй группаларга: социалдык– экономикалык, аскердик– стратегиялык, социалдык– маданий, илимий, диний жана башка болуп бөлүнөт. Миграциянын мүнөзү боюнча: уюштурулган жана баш– аламан, прогрессивдүү жана реакциячыл, элдик жана элге каршы, мажбурдук жана эркин, аскердик жана тынчтык жолу деп бөлүнөт. Бул процесстердин бардыгын –өкмөттүк жана калктык миграциясы деп атасак болот.

**Миграциялык процесстердин өзгөчөлүктөрү.** Бул өзгөчөлүктөр төмөнкүлөрдөн турат:

**Биринчиден**, миграция бардык континентерди кучагына камтып дүйнөлүк мүнөзгө ээ болду. XX кылымдын акыркы он жылдыктын башында дүйнөдө мигранттардын саны 45 миллиондон ашкан. Дүйнөлүк миграциянын масштабынын жогорулашы Советтер Союзунун кулашына байланыштуу болгон.

**Экинчиден**, миграциялык процесстин негизги мотиви катары экономикалык жактан жумуш ордун издөө жана жогорку деңгээлдеги эмгек эсептелинет.

**Үчүнчүдөн**, миграциялык агымга илимий– техникалык прогресс, өзгөчө жаңы технологиялар, транс улуттук корпорациялардын ишмердиги да таасирин тийгизди.

**Төртүнчүдөн**, азыркы учурда мыйзамсыз жумушчу күчүнүн миграциясы өсүп, глобалдуу көйгөйлөрдү жаратууда.

**Бешинчиден**, илимий–техникалык революциянын таасири дүйнөлүк миграциянын сапаттык өзгөрүшүнө алып келди, башкача айтканда мигранттардын арасында квалификациялуу адистердин үлүшүнүн өсүшү байкалууда.

Саясий, экономикалык жана социалдык чөйрөдөгү глобалдуу трансформациялык өзгөрүүлөр мурунку советтик республикалардагы миграциялык абалды курчутту. Миграциялык агымдардын масштабы гана эмес, багыты өзгөрүп жаңы формалары келип чыкты. Мисалы; аргасыз миграция, депортация болгон калктардын репатриациясы, экологиялык себептердин миграциясы жана башкалар. Негизинен миграция интенсивдүү өсүп, буга калктык эбегейсиз чоң мааниси тартылган. Республикада барынан мурун славян, немец улутундагылардын чыгып кетүү агымы күчөгөн. Учурдагы Кыргызстандагы миграциялык процесстер комплекстүү себептерге байланыштуу. Тышкы миграциялык агымга социалдык – экономикалык жана саясый факторлор таасирин тийгизсе, ал эми ички миграция социалдык–экономикалык жана экологиялык факторлордун таасиринен болууда. Себептердин жана тасирин тийгизүүчү факторлорго, негизинен экономикалык, демографиялык көйгөйлөр, социалдык, этникалык карама– каршылыктар ж.б. кирет.

Экономикалык тийзгизген факторлорго мамлекеттик менчикти башкаруу функциясын ажыратуу жана приватташтыруу, экономикадагы түзүмдүк өзгөрүүлөр: көмүскө экономиканын өсүшү, регионалдык айырмачылыктар, кичи шаарлардын көйгөйлөрү жана эмгек акыдагы айырмачылыктар.

Демографиялык факторлоруна жумушчу күчүнүн өсүшү жана анын өндүрүмдүүлүгү, калктын жыныстык– жаштык курагы ж.б.

Социалдык– экономикалык факторлорго: саясий карама– каршылыктар, бийликтин бюрократикалык айланышы, коррупция жана коомдогу кылмыштуулуктун өсүшү. Жыйынтыктап айтканда, миграция калтын санына жана эмгек ресурстарына тескери таасирин тийгизет.

**Ички миграция.** Статистикалык маалыматтарга таянсак, бул миграция социалдык– массалык кубулушка айланды. Айыл жериндеги жумуштун жоктугу, эмгек акынын жана жашоо шартынын төмөндүгү калктын айыл жеринен шаарга карай массалык агымынын күчөшүнө алып келди. Ички жарандардын миграциясы региондорго экономикалык жана социалдык өнүгүүшүнө тоскоол кылууда. Анткени, айылдан жаш жана ишке жөндөмдүү адистер кетип жергиликтүү эмгек рыногунун тең

салмактуулугун бузууга алып келүүдө. Айылдан шаарга эмгекке жарактуу адамдардын келиши, шаар четиндеги жерлерди “басып алуу” менен айыл чарбасына жарактуу жерлер кыскарып, эмгек рыногунун чыңалуусун ого бетер күчөтүүгө алып келди.

Ички миграция, айрыкча эмгекке жарактуу жарандардын ашыгынан, айрыкча түштүк облустарында (Ош, Жалал–Абад, Баткен) өндүрүштүк тармактарда иштин жоктугу жана социалдык–экономикалык процессинин начарлашы менен түшүндүрүүгө болот. Ички миграция процессинде эмгек ресурстары, негизинен жаштар Ош, Жалал– Абад, Бишкек шаарларына агып келишүүдө. Алардын максаты жумушка орношуу, жетиштүү деңгээлде айлык маяна алуу жана өзүлөрүнүн профессионалдык квалификациялык билимин жогорулатуу, үй– бүлөлүк жашоо турмушун жакшыртуу болуп саналат.

83– Таблица. **Кыргызстанда калктын ички миграциясы, адам саны**

| Областар | 2008 | | 2009 | | 2010 | | 2011 | | 2012 | | 2013 | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | Приб | убыв | приб | убыв | Приб | Убыв | Приб | Убыв | приб | Убыв | приб | убыв |
| **Кыргызстан** | 24220 | 24709 | 23363 | 23754 | 24370 | 26354 | 25373 | 27110 | 23882 | 26287 | | |
| **Областар: Баткен** | 769 | 1539 | 809 | 1527 | 763 | 1482 | 650 | 1555 | 704 | 1779 | | |
| **Жалал–Абад** | 929 | 2344 | 1041 | 2396 | 1092 | 2823 | 1066 | 2787 | 948 | 2754 | | |
| **Ысык–Көл** | 1578 | 3313 | 1608 | 3134 | 1708 | 3471 | 1404 | 3189 | 1340 | 3107 | | |
| **Нарын** | 1230 | 3596 | 1405 | 3503 | 1666 | 3700 | 1657 | 3590 | 1513 | 3481 | | |
| **Ош** | 1375 | 2412 | 1403 | 2495 | 1307 | 3206 | 1533 | 4133 | 1532 | 3732 | | |

| | | | | | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **Талас** | 496 | 1689 | 540 | 1433 | 582 | 1636 | 541 | 1755 | 514 | 1658 | | |
| **Чүй** | 8416 | 3739 | 7152 | 3559 | 6773 | 3964 | 7142 | 3922 | 7133 | 3835 | | |
| **Бишкек ш.** | 8649 | 3815 | 8601 | 3741 | 9469 | 4045 | 9776 | 3991 | 8338 | 3690 | | |
| **Ош ш.** | 778 | 2262 | 804 | 1966 | 1010 | 2027 | 1604 | 2188 | 1860 | 2251 | | |

Статистикалык маалыматы:”КР иш менен камсыз кылуу жана жумушсуздук”, 2010–2014 г**.**

Кыргызстан боюнча 2008–жылы ички миграция процессинде келгендердин саны 24,2 миң адамды түзсө, 2013–жылы– миң адам болгон, ошол эле учурда кеткендердин саны 24,7 миң адамдарды миң адамга жеткен (83–табл.).

Ички миграциянын негизинде шаарда жашаган калктык санынын кескин өсүшүнө, инфраструктуранын бузулушуна, коомдук транспорттук жетишсиздигине, жергиликтүү шаарда жашаган жана келгин адамдардын ортосундагы келишпестикке, чек арадагы чыңалууга шарт түзүлүүдө. Айрыкча, Баткен, Ош облустары менен чек арасы чектелген Өзбекстан, Таджикстан мамлекеттердин жарандарынын ортосунда жер, суу, жайыт, ж.б. талашуу процессин күчөтүп, социалдык– экономиканын начарлашына улуттук жана экономиканын туруктуу өсүшүнө тоскоол болууда.

Калктын өлкө ичинде бир жерден экинчи жерге көчүп жүрүүсү өздөрүнүн кызыкчылыктарынын негизинде жүрөт. Мамлекеттин ролу өлкөнүн аймагында укуктук, экономикалык жана социалдык шарттарды түзүп, калктын керектүү багытка буруусу саналат. Азыркы учурда мыйзамдык жана чарбалык практика көрсөтүп тургандай, эмгек ресурстарынын калыптанышына жана колдонушуна регионалдык өзгөчөлүктөр жетишерлик эске алынбай жаткандыгы белгилүү. Кыргызстандын эмгек ресурстары көп жайгашкан аймактарына (Ош, Баткен, Жалал– Абад, Баткен облустары) экономикалык, укуктук жана

уюштуруучулук негизде зарыл болгон жардамдарды көрсөтүп, чет элдик жана ички инвестицияларды тартуу менен өндүрүштү реконструкциялоо, модернизация, техникалык жабдууларды жумушчу күчүн эффективдүү пайдаланууда, кол жумушун азайтууда мамлекеттин ролу чоң. Кыргызстандын экономикасындагы өндүрүш секторундагы кыскартуулар, өлкө ичиндеги миграциялык процессти күчөтүү жана жумуштун жоктугу калктын шаар жакка көчүп келүүлөрүн шарттады. Жумушсуздуктун өсүшү менен айыл калкынын шаарларга агымы терс көрүнүш болгон кылмыштуулуктун деңгээлинин өсүшүн мүмкүндүк түздү. Негизинен республика ичиндеги миграциялык агымдар үч чоң шаарга багытталган (Бишкек, Ош, Жалал–Абад шаарлары) жана алардан социалдык чыңалууларды күчөттү.

Кыргызстанда азыркы учурда ички миграциялык агымдын таасиринен бир нече областтар мурунку демографиялык мүнөзүнө жооп бербей калды. Мисалы, Нарын жана Баткен облустарынын акыркы 5–6 жылда Чүй облусуна жана Бишкек шаарына келгендиктен алардын калкынын саны 10–12% кыскарды. Калган калктын 35–40% “Жашоонун маятникалык образында” же жашаган жеринен ар түрдүү коммерциялык иштер менен жүрүшүүдө. Изилденүүчү фирма “INFOREX Ltd” жүргүзгөн сурамжылоонун негизинде, жашаган калктын көпчүлүгү өздөрү жашаган жерин таштап башка жакка көчүп кетүү ниеттери бар экендигин айтышкан.

Жыйынтыктап айтканда, чектөөсүз миграция жумушчу күчүнүн тармак аралык бөлүнүшүн жөнгө салбасак, деңгээлин төмөндөтүп эмгек ресурстары пайдаланылбай чарбалык механизминин иштешине жана экономикага тескери таасирин тийгизүүдө, эффективдүү пайдалана албай калабыз.

Айыл жеринде ишмердүүлүк начар өнүгүүп, калкка социалдык жана жеке кызматтарды уюштуруу жолго коюлбагындыгы белгилүү.

Ички миграциялык агымдарды чектөөдө төмөнкү багыттагы иш–чараларды жүргүзүүнү талап кылат:

- өлкө ичиндеги миграциялык агымдарды кыскартуу үчүн айыл чарбасына кошумча жумушчу орундарды түзүү жана эмгекте колдонулушун кеңейтүү;

- айыл жери менен шаар калкынын кирешелериндеги айымачылыктарды жоюу максатында, аймактык жана тармактык эмгек акынын рационалдуу системасын түзүү;
- айылдын социалдык инфраструктурасын өнүктүрүү;
- өлкө ичиндеги миграциялык агымдарды чектөө үчүн регионалдык комплекстүү программаларды иштеп чыгуу;
- өлкөдө миграциялык агымдарды чектөө үчүн каржы жана материалдык ресурстар алардын республика ичиндеги багыттарын тактоодо мүмкүнчүлүктөрдү түзүү;
- кадрлары даяроочу жана кайра даярдоочу системаны түзүү;
- кошумча жумушчу орундарын түзүү үчүн регионалдык жана тармактык программаларды иштеп чыгуу жана ишке ашыруу;
- эмгек рыногунун суроо–талабын эске алуу менен келечектүү жумушсуздарга адистикке окутуу жана жумушка жайгаштыруу;
- убактылуу коомдук акы төлөнүүчү жумуштарды уюштуруу;
- жумушсуздарды микро насыя иштерди бекемдөө жана уюштуруу;

Ички миграция боюнча мамлекеттин саясатынын негизги милдети болуп эмгек ресурстарына комплекстүү түрдө колдоо көрсөтүү жана алардын агымын тескөө болуп саналат. Ушул проценттин негизинде анча өнүкпөгөн региондорду экономикалык жактан өнүгүүшүнө колдоо мүмкүнчүлүгү түзүлөт.

**Тышкы миграция.** Эл аралык жумушчу күчүнүн миграциясы жүздөгөн жылдар мурун пайда болгон, ошол мезгилдин ичинде теориялык базасы жана практикалык жагдайда көп өзгөрүүлөргө учураган. Азыркы шартта миграциялык процесстер эл аралык мүнөздө калыптанып, дүйнөлүк экономиканын негизги бөлүгү болуп калууда. Миграциялык процесстер Кыргызстан, Таджикстан, Өзбекстан, Молдова, Украина мамлекетеринде өтө өнүгүүдө, ошол эле учурда Литва калкынын –92%, Грузин калкынын–88%, Орус калкынын –86%, Латыш калкынын–78%, Армян калкынын –76% өз мамлекетинен кетүү ниети жок(Веченный Бишкек газетасы 27-март 2009–ж.).

Республиканын калкынын миграциялык процессинин негизги себептери калктын жашоо деңгээлинин төмөндүгү, тоолуу жана жарым тоолуу аймактардагы калктын социалдык–экономикалык абалынын начарлашы, саясый абалдын туруксуздугу, жүргүзүлүп жаткан социалдык– экономикалык реформалардын натыйжасыздыгы, калктын жайгашуу географиясы, экономиканын бардык тармактарындагы ишканалардын реструктизацияланышы жана акырындап жабылышы, жумушчу орундун тартыштыгы, эмгек акынын төмөндүгү. Республикада экономиканын каатчылык абалы чет өлкөгө болгон миграциялык агымды негизинен Оруссияга жана Казакстанга күчөттү.

Расмий эмес маалыматтарга таянсак Орусия өлкөсүндө 500–800 миң жакын адам, ал эми Казакстанда 150– 200миң жакын эмгекке жөндөмдүү калк эмгентенип жүрөт. Аталган өлкөлөрдө жумушчу орундун болушу айрыкча курулуш, соода жана кызмат көрсөтүү тармагында көптүгү жана эмгек акынын бизге салыштырмалуу жогорку деңгээлдеги экендиги негизги себептери мисалы, 1990–1993-жылдарда республиканын аймагынан –401,5 миң адам чыккан, ал эми келгендери –127,7 миң түзүп, терс сальдо –273,8 миң адамды түзгөн ал эми 200– 2013-жж. келгендери– 56,4 миң, кеткендери– 422,2 миң, терс сальдо– 365,8 миң адамды түзгөн. (84–табл.).

84–Таблица. **Кыргыз Республикасынын ички жана тышкы калктын миграциясынын көрсөткүчтөрү**

| **Жылдар** | **Иммигрантар** | **Эмигранттар** | **Миграциянын сальдосу(+,–)** |
|---|---|---|---|
| **1990** | 40,9 | 82,9 | –41,9 |
| **1991** | 37,5 | 71,3 | –33,8 |
| **1992** | 26,3 | 103,7 | –67,4 |
| **1993** | 23,0 | 143,6 | –120,6 |
| **2000** | 5,4 | 27,9 | –22,5 |
| **2001** | 5,0 | 31,6 | –26,6 |
| **2003** | 4,4 | 21,1 | –16,7 |
| **2004** | 3,3 | 22,6 | –19,3 |
| **2005** | 3,7 | 30,7 | –27,0 |

| | | | |
|---|---|---|---|
| **2006** | 3,4 | 34,4 | –31,0 |
| **2007** | 3,9 | 54,6 | –50,6 |
| **2008** | 3,5 | 41,3 | –37,7 |
| **2009** | 3,8 | 33,3 | –29,5 |
| **2010** | 3,9 | 54,5 | –50,6 |
| **2011** | 6,3 | 45,7 | –39,4 |
| **2012** | 5,5 | 13,0 | –7,5 |
| **2013** | 4,3 | 11,5 | –7,2 |

Статистикалык маалыматы:”КР цифрада” 1990–2014.

Миграциялык агымдын интенсивдүүлүгү 1000 жашоочуга эсептегенде: 2004–жылы бул көрсөткүч 3,8 адамга туура келсе, 2013-жылы –1,9 адамга азайган. 2013-жылы кыргызстандык жарандардын келгендерден 51,2% жана кеткендерден–33,5% га өскөн.

Азыркы учурда эмгек рыногунда аралаш профессиясы бар жумушчулар баага татыктуу. Рынокко кийим тигүү, электр эритме, курулуш кесиптери, жогорку деңгээлдеги квалификациялуу бухгалтер, менеджерлер, программист ж.б. атаандаштыкка туруштук бере турган кесипкөйлөр өтө баалуу. Эгерде жумушка жарактуу адам жумушу жок калса, ал жумушсуздукка барып катталышы керек, андан кийин ал окуп жаңы адистигин алып, насыя алууга мүмкүндүк алат дагы өзүнүн бизнесин ачуу керек.

Азыркы учурда Оруссияда 15–20 млн. мигранттар бар, анын ичинен 80% Борбордук Азия мамлекеттеринин үлүшүнө туура келет: Өзбекстандан 6–7 млн. Таджикстандан– 3млн. жана Кыргызстандан– 1млн.

Мигранттар жыл сайын өз мекемелерине жашаган ата–энелери, бир туугандары, балдары үчүн иштеп тапкан акчаларынан жөнөтүп турушат. Мисалы, 2013–жылы Өзбекстанга– 5.7 млрд. АКШ доллары, Таджикстанга– 3.6млр., Кыргызстанга– 2,2 млрд. доллар банк аркылуу акчалар түшкөн. Андан тышкары канча акча–буюмдар башка каналдар менен жиберилери жөнүндө толугу менен маалымат жок. Мигранттар, акча табыш жана жашоо турмушу үчүн көп чыгымдарга дуушар. Мисалы, Москва шаарында жашаган мигранттарды орточо жалпы айлык чыгымы

төмөнкүчө: квартирага төлөө– 4–5 миң рубль, убактылуу каттоого– 1,0–1,2 миң рубль, патент алуу–3–4миң, жумушка уруксат алуу– 25–30миң, медициналык китепчени алуу– 3,0миң, убактылуу катоону узартуу үчүн 5–6 миң жана жол кире үчүн 2,5 миң рубль түзөт.

Негизинен мигранттар күнүгө 12–14 сааттан тынбай оор жумуштарда иштешет. Жашоо шарттары да өтө оор, ар кайсы квартираларда жана башка жайларда жашоо турмушун өткөрүшөт. Булардын 99% айлык маянасына конверт түрүндө 2 эсеге төмөн алышат. Мындан тышкары жумуш менен камсыз кылган фирма (адам) Орусияга пенсиялык фондусуна акча которбойт.

Көп адамдар жашыруун жашоого мажбур. Мисалы, Москва шаарында жана Москва облустарында жумушчу жана жашоо орду жок болсо дагы, квотаны ортолук фирмалар аркылуу сатып алышат жана сатышат.

Эмгек миграция жана жаштар министрлигинин маалыматы боюнча 2013–жылы Орусияда 495 миң Кыргызстандын эмгек мигранты бар. Алардын ичинен 120 миң мигранттын Орусияда уруксаты бар, 80 миңинин патенти бар. Ар кайсы маалыматтык булактар боюнча Орусияда 570–590 миң мигранттар жашап, жатканы белгилүү.

Белгилүү болгондой эмгек мигранттарынын агымы жана жогорку квалификациялуу адистердин өлкөдөн чыгып кетиши келечекте жогорку квалификациялуу адистерге болгон муктаждыкты күчөтөт. Мисалы, 2013–жылы 2,5 млн эмгекке жарактуу адамдардын 25% миграцияда, айрыкча квалификациялуу адистердин кетиши, өлкөнүн экономикасынын өнүгүүсүнө тескери таасирин тийгизүүдө. Акыркы жылдары мамлекет тышкы миграцияны токтоотууга аракет кылууда. Эмгек, жумуш менен камсыз кылуу боюнча чет өлкөлөрдө жумушка жайгаштыруу борбору, биринче кезекте Оруссияда, Казакстанда ачылган. Борбор аркылуу жөнөтүлгөн мигранттар социалдык жана укуктук жактан коргоого алынат. Москва шаарында Кыргыз Республикасынын миграция жана жумуш менен камсыз кылуу мамлекеттик комитетинин маалыматтык–консультациялык борбору ачылган. Ал борбор онлайн режиминде Кыргызстандын бардык аймактары менен байланышып, биздин жарандарга миграциялык катталууга, турууга, жумуш табууга маалымат жана консультация берилет.

Азыркы учурда Кыргыз Республикасынын миграция жана жумуш менен камсыз кылуу мамлекеттик комитети жумуш менен камсыз кылуучу жеке агенттер менен тыгыз иштөөгө аракет кылууда. Азырынча жеке фирмалар жумушка жайгаштыруу боюнча келишим түзбөөнү аракет кылышууда. Алар айкын эмес мүнөздөгү документтерди кыргыз мигрантарына беришип, кепилдик берүүдөн качышууда. Кээ бир фирмалар Кыргыз Республикасынын миграция жана жумуш менен камсыз кылуу мамлекеттик комитети менен макулдашуууларды жүргүзбөй туруп иш жүргүзүшөт. Учурда ишмердик жүргүзүүгө 16 агентиктин уруксат лицензиясы бар.

Орусияга 2014–жылдан тартып мигранттардын кирүү тартиби татаалдашкан. Бул өлкөнүн федералдык мыйзамына ылайык, иштейм деп келгендер патенти же ишке уруксат берген башка документтери болбосо, 90 күндөн кийин өлкөдөн чыгып кетүүлөрү керек. Өткөн жылы (2013–ж.) Орусиянын федералдык “кара тизмесине” түшүп калган кыргыз инсандарынын саны 43 миңге жеткен.

Ошондуктан мигрант, Кыргызстандан чыга электе каалаган медициналык коопсуздук боюнча жылдын полисин, ден – соолугу жөнүндө маалымкат, орус тилди билем деген сертификациясын камдашы зарыл болгон. 2015–жылдан Кыргызстан Евразия бирикмесине киргенден тартып, мигранттарга чоң мүмкүнчүлүктөр түзүлдү.

2012–жылдын аягында Орусияда эмгек мигранттары үчүн салык, медициналык, пенсиялык коопсуздугу жана башка документтер үчүн кошумча чаралар каралган. Республикада мамлекеттик программа “Кайрылмандын” экинчи этабы башталды. Бул программа 2006–жылы Өкмөттүн токтому менен этникалык кыргыздардын тарыхый мекенине кайтып келүүсүнө комплекстүү жардам берүү көрсөтүлгөн. Программанын багыты этникалык кыргыздардын кайтып келүүсүнө жардам берүү, республиканын региондоруна жайгаштыруу, документтерин мыйзамдаштырып берүү, социалдык, экономикалык жана маданий адаптация-ланышына көмөк көрсөтүү, турак жай үчүн жер участокторун бөлүп берүү, укуктук жактан колдоо. Программанын юридикалык жактан камсыздалышы жогорку Кеңеш тарабынан кабыл алынып, андан кийин президент тарабынан кол коюлган “Тарыхый

мекенине кайтып келген этникалык кыргыздарга мамлекеттик кепилдиктер" мыйзамы эң чоң колдоо болду. Бул мыйзам бир катар жеңилдиктерди бекитип берген, б.а. акысыз жер участогун, жеңилдетилген ссудаларды берүүнү жана алардын көлөмү жөнүндө айтылган. Миграция менен ар түрдүү социалдык, экономикалык, демографиялык жана саясий факторлордун байланышын айтканда миграциялык саясатын мамлекеттик деңгээлине чечүү керек. Миграциялык агымдардын багытын, санын, курамын, аларды жайгаштыруу улуттук кызыкчылыктын деңгээлинде болушу керек. Улуттук миграциялык саясат– мамлекеттин социалдык– экономикалык саясатынын бир бөлүгү болушу керек, ал максатка жетүү үчүн миграциялык саясат мамлекеттик план катары болушу зарыл. Биринчи учурда, миграциялык саясат инструмент катары коньюктуралык ролду аткарат. Экинчи учурда, миграциялык саясат калктын агымын каалаган проекти катары болуп, чындыгында түзүмдүк мүнөзгө ээ болот.

Жыйынтыгында, улуттук мигациялык саясат калктын агымын пландоо, процессине катышуу, көзөмөлдөө жана башкаруу функцияларын аткаруу, айрыкча баш аламан миграцияны жөңгө салууну камтыйт. Башкача айтканда, миграциялык саясаты иштеп чыгууда бардык багыттар камтылып, социалдык– экономикалык абалдын негизинде көзмөлгө алуунусу керек.

Миграциялык саясатын биринчи баскычында социалдык, экономикалык жана демографиялык факторлордун миграциялык агымдар менен байланышынын негизинде аныкталынат. Бул баскычта миграциялык мамлекеттик саясат катары калыптанат, бекемделет, анын параметрлери, максаттары жана социалдык– экономикалык саясат менен болгон байланышы аныкталат. Эгерде демографиялык факторлорду эсепке алуу менен маселе чечилбесе анда аймактык жумуш менен камсыз кылуу маселелери коюлат.

Кыргыз Өкмөтү тарабынан демографиялык мигациялык абалды жөнгө салуу үчүн Кыргыз Республикасынын мамлекеттик демографиялык жана миграциялык саясатынын концепциясынын жана аны аткаруунун пограммасы кабыл алынган. Миграциялык саясаттын концепциясынын негизги багыттары жана миграциялык саясатты транзиттик экономиканын шарттында аткаруунун позитивдик чаралары төмөнкүлөр:

- мажбур түрдөгү миграциялык агымдарды жана алар душар болуучу терс көрүнүштөрдүн алдын алуу;
- мажбур болгон имигрантарды жана качкындарды өз эрки менен өлкөсүнө кайтаруу;
- миграциялык көзөмөлдү түзүү жана өнүктүрүү;
- эмгек миграциясын чектөө;

Бул чаралар менен бирге, Кыргыз Республикасынын мамлекеттик миграциялык саясатынын приоритетти болуп, коомчулуктагы ынтымакчылыкты жана туруктуулукту сактоо, баш аламан болгон миграциялык агымдарды чектөө, мыйзамсыз миграциялык агымдарды азайтуу жана келечекте калктын миграциялык агымдарын чектөөдө, аларды көзөмөлдөө органдардын санын оптималдаштыруу жолу менен мамлекеттик чектөөнү жакшыртуу. Социалдык– экономикалык иш– чаралар төмөнкү маселерди чечүүгө багытталышы керек: жумушсуздуктун деңгээлин азайтуу, тышкы валюталык тартууларды көбөйтүү, акча сактоонун көлөмүн өстүрүү, билим берүүнү, инвестициялоону күчөтүү, акча каражатын мигранттарга жана алардын үй–бүлөлөрүнө коопсуздук чараларын көрүү, мигрантарга социалдык коргоонун минималдык стандартын камсыз кылуу, мыйзамсыз баш аламан миграциянын алдын алуу.

Ошондуктан, Кыргыз Республикасында бүгүнкү күндө тышкы жана ички эмгек миграциясы негизги көйгөйлөрдүн бири. Эмгек миграциясынын көйгөйлөрүн чечүүдө калктын миграциялык агымын кантип жөнгө салуу маселеси турат. Чындыгында миграциялык процессин, жок кылуу негизи туура эмес. Сөз миграциялык агымдарды кантип оптималдуу жөнгө салуу жөнүндө болууда. Ички миграциялык жылып жүрүүлөрдүн чектөөнүн негизги фактору катары– өндүрүштү экономиканы өнүктүрүү, кошумча жумушчу орундарын түзүү, инвестицияларды тартуу, калктын жашоо деңгээлин жогорулатуу ж.б.

Ички жана тышкы миграциялык поцесстерди республика боюнча турукташтырууда төмөнкү чараларды айтсак болот:

- миграциялык процесстерди жөнгө салууда нормативдик–укуктук базаларын өркүндөтүү,

- миграциялык саясатын экономикалык негиздерин калыптандыруу, мигранттардын социалдык–экономикалык көйгөйлөрүн жеринде чечүү жана алардын агымын көзөмөлдөө;
- региондордун инфраструктурасын өнүктүрүү;
- чакан жана орто ишкердүүлүктүн калыптанышындагы салыктык жеңилдиктерди берүү жана уруксат системасын жөнөкөйлөштүрүү;
- кошумча жумушчу орунун түзүү жана калкты жумуш менен камсыз кылуу;
- мигрантардын көйгөйлөрүн чечүүдө, алардын кайтып келүүсүнө шарттарды камсыздоо;
- эффективдүү миграциялык көзөмөл жүргүзүүнү эл аралык миграциялык уюм менен биргеликте иштеп чыгуу жана мыйзамсыз миграциялык процессин азайтуу;
- эл аралык эмгек рыногуна Кыргызстандын кирүүсү, позитивдик жыйынтыктарга жетүү менен бирге республиканын интелектуалдык мүмкүнчүлүктөрүн сактоо жана түзүү;
- кош атуулдукту берүү жолдорун карап чыгуу;
- миграциялык процесстерди башкаруу усулдарын иштеп чыгуу жана өркүндөтүү;

Калктын ички жана тышкы миграциялык процесстерин коомдук зарылдык катары кароо жана аларды рационалдаштыруу башкаруунун стратегиялык максаты болушу керек. Миграциялык саясат коомдун башка чөйрөлөрү менен бирдикте калыптанып, өндүрүштүн өсүшүн жана эффективдүүлүгүн камсыз кылуу, эмгекти сунуштоонун чөйрөсүн кеңейтүү, жумушчу күчүн даярдоо жана кайра даярдоо, локалдык жана регионалдык эмгек рыногуну үйрөнүү боюнча калыптанышы керек.

Миграциялык саясаттын негизги максаты болуп миграциялык агымды жөнгө салуу, мигранттардын социалдык жана экономикалык кызыкчылыктарын каанаттандыруу, массалык миграциянын себептерин терең изилдөө жана оптималдуу чечимдерин иштеп кабыл алуу.

## §4. Калкты жумуш менен камсыз кылуунун мамлекеттик социалдык жана жумушсуздук саясаты

Эмгек рыногун жөнгө салуучу негизги орган болуп мамлекет эсептелинет, анын калкты жумуш менен камсыз кылуудагы саясаты төмөнкү принциптерге негизделген. Бардык атуулдар, улуттар, социалдык абалына, саясый көз карашына, динге болгон мамилесине, жынысына, жашына карабастан каалаган жумуш менен камсыз болууга бирдей укукту. Атуулдардын өз калоосу менен эмгекти тандоого, башкача айтканда жумуш менен камсыз болууга эркин укугу бар. Глобалдык жумуш менен камсыз болуу проблемасын чечүүдө эл аралык кызматташтыктын негизинде жүргүзүлөт. Жумуш менен камсыз болуу саясаты атуулдардын жумушка орношу өз калоосу менен ишканаларга, уюмдарга, мекемелерге жана иш берүүчүлөргө жана акысыз жумуш менен камсыз кылуу мамлекеттик кызматына өзү каалаган жумуш оорунун эркин тандап алууга укугун коргойт. Ошондой эле ар бир атуул чет өлкөдө убактылуу жүргөндө эмгекке жана кесиптик жумуш менен алектенүүгө укуктуу. Мамлекет жумуш менен камсыз кылуунун эркин саясатын ишке ашырууну жана керектүү кепилдикти жумуш менен камсыз кылуу мамлекеттик кызматты аткарат.

Мамлекеттин эмгек рыногу чөйрөсүндөгү саясатынын негизги максаты– калкты жумуш менен эффективдүү жана толук камсыз кылуу. Толук жумуш менен камсыз кылуу деп жумушчу күчүнүн суроо талабын сунуш менен камсыздоо жана ар бир ишке жараган, адам каалаган жумушка мүмкүнчүлүктү алганды айтабыз. Мамлекет бир тараптан жумушчу оруңдарын эффективдүү камсыз кылууга, экинчи тараптан адамга бардык мүмкүнчүлүк–кесиптик адистигине, даярдыгына, квалификациясынын жогорулашына жана адистикти алууга, б.а. эмгекке жөндөмдүүлүгүн өркүн-дөтүүгө, эл чарбасынын жана коомдун талабына карай берилет. Эмгек рыногунда адам мамилесинде жумуш орунун пассивдик күтүүнүн ордуна активдүү түрдө жаңы жумушчу орунун издөөнү жүргүзүү керек. Республикада эмгек ресурстарын эффективдүү пайдалануунун жогорулатуу максаты тармак өндүрүш чөйрөсүндө болгон резервдерди толук колдонуу жана жумуш иш убактысын жоготууларды азайтуу. Кол эмгегин кыскартуу менен бирге

жумушчу күчүнүн техникалык жана энергетикалык камсыздалышын жогорулатуу чоң мааниге ээ. Калкты жумуш менен камсыз кылуунун эффективдүүлүгүн жогорулатуу кадрлардын туруктуу иштешине байланыштуу.

Эмгек рыногундагы мамлекет саясаты эффективдүү жумуш ордун түзүү, жумушсуздарды эмгек рыногунда суроо–талабы менен сунуштун тең салмактуулукту камсыздоо, ишкердүүлүктү өнүктүрүү камсыздоо, жумуш иштегендерди социалдык жактан коргоо, жумуш ордун берүүчүлөрдү жана кошумча жумушчу орунун түзүүчүлөрдү сыйлоо, жумушта берүүчүлөрдүн ассоциациясы менен биргеликте иш алып баруу, жумуш менен камсыз кылууда эл аралык уюмдар жана Кыргыз Республикасынын чет өлкөдөгү атуулдары, ошондой эле өлкөдөгү чет элдик атуулдар менен кызматташуу өзгөчө маселелер.

Эмгек рыногунун саясаты–мамлекеттин социалдык саясатынын бир бутагы катары активдүү жана пассивдүү чараларды ишке ашырат. Жумуш менен камсыздоонун активдүү саясаты – жумуш менен камсыз болгон жана бошоп калуу коркунучу бар адамдарды колдоо механизмдеринин системасын иштеп чыгуу. Эмгек рыногундагы активдүү саясатын иш чаралары бардык региондордун шартына жараша, социалдык– экономикалык жана демографиялык мүнөзүнө карай аныкталышы керек. Активдүү иш чараларга консультация берүү, окутуу, убактылуу жумуш менен камсыз кылуу аркылуу эмгек өндүрүмдүүлүгүн жогорулатуу кирет.

Активдүү саясатынын негизинде эмгек рыногунда калктын ар түрдүү группаларына дифференциялдуу мамиле кылуу керек. Активдүү саясаттын иш чааларына:

- жаңы жумушчу орундарын түзүү жана кесиптик сапатына карап жумушу жок адамдарды ишке орноштуруу;
- өндүрүштүн түзүмүн жаңы технологияларды колдонушун эмгектин сунушун жана суроо талабын эске алуу менен жумушсуздарды окутуунун жана кайра окутууну систематикалык түрдө уюштуруу;
- жумушсуздарды коомдук иштерге, коммуналдык кызматтарга, кызмат көрсөтүүлөргө активдүү тартуу;

- мамлекетик жумуш менен камсыз кылуу кызматтын дайыма ички жана чет элдик инвестицияларды тартуу аркылуу өркүндөтүү;

Республикада иштеп жаткан “Калкты жумуш менен камсыз кылуу” мыйзамында жаңы жумуш ордун түзүү жана эмгек рыногунда чыңалуусу бар региондордо атайын насыяларды, убактылуу субсидияларды, салыктык жана башка льготарды жумушсуздуктарды кыскартуу маселелери каралган.

Эмгек рыногунда чоң чыңалуу айыл жерлеринде айрыкча жумушсуздардын саны көп четки райондордо байкалат. Жумуш менен камсыз кылуучу мамлекетттик кызматтар тез аранын ичинде жергиликтүү чийки заттарды, каржылык жана эмгек ресурстарын пайдалануунун негизинде жаңы өндүрүштү уюштуруу боюнча сунушташы зарыл.

Жаңы жумуш орундарды түзүүгө чакан ишканалардын, кооперативдердин жана башка чоң эмес жумушчу бирикмелеринин мүмкүнчүлүктөрү бар. Жергиликтүү администрация тарабынан аларга жетишээрлик түрдө көңүл бурулса жумушсуздуктарга жумуш оруну менен камсыз кылынса анда алардын социалдык–экономикалык абалы жакшырат.

Жумушсуздуктардын өздөрү тарабынан жумуш менен камсыз кылуу аракети негизги мааниге ээ. Экономиканы түзүмдүк кайра куруу мезгилинде чакан ишкердүүлүктү түзүү, жумуш менен камсыз кылуунун альтернативдик булагы. Бирок, өзүн жумуш менен камсыз кылууда материалдык, капиталдык салымдарды жумшоодо, насыяларды алууда кыйынчылыктар учурайт. Өлкөдө банк системасы калыптанып жаткан мезгилде, баалардын туруксуздугу жана анын туруктуу өсүшү, насыялардын ченемдеринин жогорку деңгээли өзүн жумуш менен камсыз кылууда көйгөйлөрдү жаратууда.

Эмгек рыногунда пассивдүү саясатка төмөнкүлөр кирет:

- ишканалардан жана уюмдардан иштен бошоп калган жумушчуларга компенсацияларды төлөп берүү;
- кесиптик даярдоо, кайра даярдоо жана квалификациясын жогорулатуу мезгилинде стипендияларды төлөө;
- жумушсуздук боюнча жөлөк пул төлөө;

• жумуш менен камсыз кылуу кызматы тарабынан сунушталган башка жактагы (жерде) жумушка жибергендигине байланыштуу чыгымдарды компенсациялоо;

Мамлекет тарабынан жумушсуздук боюнча төлөнүүчү жөлөк акча социалдык колдоо болуп эсептелинет. Бирок, төлөнүүчү жөлөк акчанын көлөмү жогору болсо, жумушсуз жумуш орунун табууга аракет кылбай коюушу ыктымал. Ошондой эле жөлөк акча көмүскө экономиканын өсүшүнө алып келиши мүмкүн жана көмүскө иштеген жумушчулар да жөлөк акча алууга аракет кылат.

Жумушсуздук рынок экономикасынын спутниги катары, коомчулуктагы белгилүү бир жоготууларга алып келет. Ошондуктан мамлекет жумушсуздуктарга, мажбурдук түрдөгү аракетсиздикте, эмгек процессине катышпагандарга физикалык жана психологиялык жактан ден соолугуна жардам берүү менен коомдогу туруктуулукту камсыз кылууга арекеттенет.

Рынок экономикасындагы мамлекеттердин тажрыйбасы көрсөткөндөй жумушсуздук экономикалык активдүү калктын 15% нан ашып кетсе, криминалдык абал түзүлүп, эффективдүү рынокту түзүү мүмкүн эместигин аныктайт. Ошондуктан мамлекет тарабынан дайыма жумушсуздуктун кыскарышын көзөмөлдөп, жумушчу орунан бошоп калгандарга, жаңы жумушчу орундарын түзүүгө же убактылуу жумушсуздук боюнча жөлөк акча төлөп бериши керек. Мындан тышкары, белгиленген мөөнөттө жумушка орношо албаса анда бир жолу төлөнүүчү акча каражатын же льготалар аркылуу жардам берсе болот. Мисалы, коомдук унааларды колдонуудагы жеңилдиктер, тамак–аш талондорун берүү, батир жайынын акысына жардам кылуу ж.б.

Коомчулук өздөрүнүн каражаттарынын эсебинен, өздөрүн бага албаган мүмкүнчүлүгү чектелгенде социалдык программалар аркылуу жардамдар берилет. Буларга карылар, мүмкүнчүлүгү чектелгендер (инвалиддер), аз камсыз болгон студенттер кирет. Бул максатта мамлекет салык саясатын, ушул программаларды камсыздоо үчүн багыттайт.

Рынок экономикасы эмгек рыногундагы жумушчу күчүнөн ийкемдүүлүктү, кыймылды жана атаандаштыкты жогорулатууну талап кылуу менен бирге окутууну, кайра даярдоону, квалификациянын жогорулатууну талап кылат.

Ошондуктан жумуш менен камсыз болбогон калкты жана жумушсуздарды кесиптик окутуу системасын жолго салынышы абзел. Ал система кесиптик окутууну алмаштырбай, толуктап дайыма окутуучу тармак болушу керек.

Негизги приоритеттүү багыт катары, айыл жериндеги жумушу жокторго өзүнүн ишин ачууга, ишкердүүлүктүн негиздерине окутуу керек. Рыноктун өнүгүүсү негизинен илимий– техникалык прогресстин тереңдешинен, эл чарбасынын комьпютерленишинен жана жаңы технологияларды өздөштүрүүдөн байланыштуу болгондуктан массалык түрдө чыгармачылыкты талап кылат. Буга адам ресурсунун салымы керек. Мисалы, АКШ да 1980– жылдары жеке бизнестин бардык түрлөрүнө окутуу чыгымдары 30 млрд. АКШ доллары жумшалган, ал эми мамлекеттик каражатынан компенсацияларды төлөөгө кеткен чыгымдардын кошкондо 100 млрд. АКШ долл. жеткен.

Ошондуктан, учурдагы эмгек рыногунун өнүгүүсүндө жумушчу күчү экономиканын негизги ресурсу катары карашыбыз керек. Илимий– техникалык прогресстин шарттында өндүрүштүн эффективдүүлүгү жумушчу күчүнүн сапатына пайдалануунун мотивациясына жана мүнөзүнө, өндүрүштөгү адам факторунун ролуна түз көз каранды.

# БАП XIX

# ӨТКӨӨЛ МЕЗГИЛДЕ ИШКЕРЧИЛИКТИН ТҮЗҮЛҮШҮ ЖАНА ӨНҮГҮҮШҮ

## §1. Ишкерчилик экономикалык активдүүлүктүн өзгөчө формасы

Экономиканын өзгөчө сектору катарында чакан жана орто бизнестин ишканаларынын иштөөсү, азыркы этаптагы Кыргызстандын экономикалык өсүшүн камсыз кылуу максатында структуралык кайра түзүүлөрдүн негизги багыттарынын бири болуп саналат. Кичи жана орто ишканаларсыз, жарандык коомдун туруктуулугун аныктоочу жана республиканын рынокко жасаган кадамынын кайтпастыгына кепилдик берүүчү, калктын эмгек менен алек болушун камсыздоочу жана башка социалдык көйгөйлөрдү чечүүчү көп укладтуу экономиканы натыйжалуу өнүктүрүүгө, орто класстагы менчик ээлерин жана ишкерлерди түзүүгө мүмкүн эмес. Чакан жана орто бизнести өнүктүрүү көйгөйлөрү, айрыкча Кыргызстан сыяктуу өлкөлөрдө, ааламдык экономикалык каатчылыктын шартында өзгөчө актуалдуу маселеге айланып жатат. Ааламдык экономикалык каатчылыктын убагында жана рыноктун шартында мамлекеттин ролун, кичи жана орто ишканаларын түзүүгө жана аларды өнүктүрүүдө мамлекеттик түзүмүнүн активдүү катышуусу экономикалык саясаттын негизги милдеттеринин бири катарында карообуз керек.

Батыш Европа, Япония жана башка динамикалдуу өнүгүүп жаткан өлкөлөрдүн экономикалык жана социалдык турмушунда чакан жана орто ишкерлер негизги орунду ээлейт, алардын ички дүң продукциядагы үлүшү 80%га чейин жетет. Алсак АКШда–53%ды, Японияда–55%ды, Италияда–60%ды, Англияда–53%ды, Германияда–54%ды, Францияда–62%ды, Кытайда–84,3%ды, Гонконгдо–63%ды, Индонезияда–79,2%ды, Корея Республикасында–78,5%ды, Мексикада–58,5%ды, Филиппинде–32%ды, Тайванда–68,6%ды, Тайландта–73,8%ды түзөт.

Өнүккөн өлкөлөрдүн экономикасында чакан жана орто ишкерлер (ЧОИ) жалпы ишканалардын санынын 70–90%ын ээлейт, ошондой эле дүйнөнүн иштеп жаткан калкынын 50–80%

үчүн иш берүүчү болуп саналат. Чакан жана орто ишкерчилик социалдык–экономикалык натыйжасы талашсыз.

Азыркы учурда өнүккөн өлкөлөрдө чакан жана орто бизнес калктын жашоо деңгээлинде орто классты түзүүдө жана экономиканын туруктуу өнүгүүшүндө негизги база катарында кызмат кылат. Чакан жана орто бизнеси өнүккөн бир канча өлкөлөр чоң экономикалык ийгиликтерге жетишти, алар Сингапур, Тайван, Индия, Кытай, Түштүк Корея ж. б. Ишкердүүлүктүн тез жана туруктуу өнүгүүшү калкты ишкердүүлүккө тартуу жана кеңири масштабдагы жардамдарды көрсөтүү жолу аркылуу экономикалык секторду өнүктүрүүгө өкмөт кызыктар экендиги менен түшүндүрүлөт.

Жарандарды экономикалык активдүүлүгү менен коомдук өндүрүшкө катышуусу жана анын өзүнүн, үй– бүлө мүчөлөрүнүн жашоосун камсыз кылып туруу үчүн каржы каражаттары менен камсыз кылуу. Демек, адамдын коомдук өндүрүшкө активдүү катышуусунун милдеттүү өзгөчүлүктөрү:

- ал дайыма жана гарантияланган киреше алып келүүчү кандайдыр бир кыймылсыз мүлк объектисинин менчик ээси;
- өзүнүн жумуш күчүн сатуучу жалданма жумушчу;
- жекече өндүрүүчү;
- мамлекеттик же муниципалдык кызматкер;
- менеджер;
- пенсионер;
- окуучу же студент;
- жумушсуз;
- коргоо – кароолчулук ишкерчилик иштери ж.б.;

Ишкерчилик экономикалык активдүүлүктүн өзгөчө түрү катарында эсептелет, анткени анын баштапкы этабы идеялар– ой жүгүртүү ишмерчиликтин жыйындысы менен байланышкан, кийинчерээк ал материалдык формага айланат. Ишкерчилик милдеттүү түрдө болуучу инновациялык жагдайлары менен да мүнөздөлүп турат. Өндүрүштү, сапаттуу башкаруунун жаңы системасы, жана аны уюштуруунун жаңы методдорун же жаңы технологиясын киргизүү–бул дагы каржылык, техникалык жана технологиялык жактан мамлекеттик колдоонуну талап кылган инновациялык жагдай.

Ишкер–жалгыз эле субъекти эмес, кандай гана учур болбосун ал өзүнүн негизги контрагенти болуп калган керектөөчүлөр менен, ошондой эле ар түрдүү кырдаалдарда жардамчы же каршылаш катарында эсептелген мамлекет менен да биргелешип иш алып барууга аргасыз. Жалданма жумушчулар (эгерде ишкер өзү жалгыз иштебесе) жана бизнес боюнча партнерлор (эгерде өндүрүш коомдук байланыштан оолак болбосо) сыяктуу эле керектүүчүлөр да, мамлекет да ишкерчилик активдүүлүк субъектилеринин категориясына кирет.

Азыркы экономикалык адабияттарда “ишкерчилик”–деген түшүнүктүн бир нече аныктамалары бар. Эң эле алгылыктуусу (так аныктамасы) башка факторлорго караганда (жер, капитал, эмгек) ал коомдук кайталап өндүрүүнүн өзгөчө фактору катарында каралат. Анын өзгөчөлүгү жана функциясы ишкерчиликтин субъектиси– ишкер– өндүрүштүн факторлорун өзгөчө жол менен бириктирген, комбинацияланган жөндөмдүү субъект. Ишкерчилик процесс катарында бул иш аракеттердин негизги объектиси болуп ишкердин өзүнүн сапаттары менен түздөн– түз тике байланышкан.

Ишкерчиликтин кыймылдатуучу себеби болуп, биринчиден, бул ишмерчилик өнүктүрүүчү жана өзүн байытуучу кирешени алуу саналат. Бул жерде таза экономикалык мотиви (себептери) жөнүндө сөз болуп жатат. Адабияттарда башка фактолорун да белгилеп кетишет– алсак, качан ишкерчилик жөн эле иштерман болуп калбастан, жашоо– турмуштун жолу (образы) катарында караганда өз алдынча иш алып барган коомго белгилүү ишкер деп аталып калат.

Ишкер ишмерчиликти ийгиликтүү алып барыш үчүн төмөндөгүдөй сапаттарга ээ болушу керек:

- стандарттык жана өзгөчө белгисиз кырдаалдарда стандарттык эмес новатордук чечимдерди кабыл алуусу керек;
- жаңы өндүрүштүк жана коммерциялык идеяларды бириктирүү, кошумча киреше алуунун келечегине баа берүү;
- инновациялардын акыркы натыйжасынын позициясы менен аларды ыкчам баа берүү;
- кошумча пайда алуу позициясы менен рыноктук конъюнктурага баа берүү;
- тобокелчилике баруу;

- маалыматтарды талдоо жана рыноктук конъюнктуранын позициясында туура жыйынтык чыгаруу.

Ишкердин бул жөндөмдүүлүктөрү анын практикалык ишмерчилигинин негизги функциялары менен бирге ишке ашырылат.

Алардын ичинен:

- сатып алуучулардын керектөөсүн жана алардын төлөө жөндөмдүүлүгүн изилдөө;
- буюмдардын параметрлерин, өндүрүштүн түрүн, өндүрүштө чыгарылуучу товарлардын көлөмүн рыноктор жана продукциялардын кыймылы каналдарын аныктоо;
- керектүү сырье ресурстарын жана сырьелорду төмөнкү баада сатып алууга белгиленген өндүрүштүк рыноктор боюнча программага карата табуу;
- өндүрүштүн эң эле алдыңкы технологиялык схемасын жана аны дайыма жаңылап туруучу булагын тандоо;
- сатууга белгиленген товарларды өндүрүүнү уюштуруу жана башкаруу.

**“Ишкер”**– деген түшүнүккө сунушталган мүнөздөмөгө жана анын өзүнүн практикалык иш аракетинде аткаруучу жогоруда келтирилген функциялардын тизмесине карата ишкерчилик деген экономикалык көрүнүштүн маанисин аныктайбыз (анткени анын мааниси чарбалык практикада ишкерчилик субъектилери, башкача айтканда ишкер аткаруучу функциялар аркылуу болот.

Демек, **ишкерчилик**– бул бизнестин өзгөчө түрү. Анын максаты жалпы жагдайда пайда алуу эле эмес, үстөк пайда, тактап айтканда ишкерчиликти кошумча кирешенин негизинде алуу. Башка сөз менен айтканда, ишкерчилик– бул бардык коомдук кайталап өндүрүүгө керектүү динамиканы камсыз кылып туруучу жана тиешелүү тарыхый жана социалдык–экономикалык шарттарда үстөмдүк кылуучу өндүрүштүн кайталап турушунда өзгөчө инновациялык формасы. Мындай тибиндеги өлкө экономикалык жана чарба чөйрөсүндө динамикалуу жана туруктуу, коомдук–экономикалык прогрессине ээ болушат. (сүрөт 12).

Ишкерчилик коомдук кайталап өндүрүүнүн өзгөчө тиби катарында кароо, анын дагы бир имманенттин көрсөткүчүсүз

жетишсиз болуп калат. Бул жерде сөз ишкердик кирешени түзүүнүн оргиналдуу жана уникалдуу бардык процессин уюштуруу жана башкаруу жөнүндө болуп жатат. Бул жагдай ишкердүүлүктүн экономикалык мааниси менен тыгыз (органикалык) байланышкан жана ар бир убакыттын мезгили анын конкреттүү түзүлүшүн аныктайт. Ишкерчилик уюштуруучулук–башкаруучулук компоненти өзүнө өндүрүштү эле эмес, алмашуу жана бөлүштүрүү фазаларын да камтыйт.


Ишкерчилик ишмердүүлүгүнүн ийгилиги анын формасын (уюштуруу–укуктук) тандоо канчалык натыйжалуу экендигине айрыкча көз каранды. Азыркы Кыргызстанда бул маселе– чарба жүргүзүүнүн ишкерчилик тибине өтүү үчүн негизги маселенин бири болуп кала берет.

Берилген орун жана убакыт үчүн натыйжалуу болуп колдо бар өндүрүштүк аппаратты, өндүрүштүк жана социалдык инфраструктураны, эмгек, интеллектуалдык жана жаратылыш ресурстарын, иштеп жаткан экономикалык, эң негизгиси рыноктук жана укуктук мамилелерди максималдуу жыйынтыктар менен колдонууга жол берген ишкерчиликтин формалары. Критерийлери боюнча менчиктин формалары ишканаларды өздүк, жеке менчик, коллективтик, мамлекеттик, муниципалдык жана аралаш ишканаларга бөлөт. Ишкерчиликтин түрлөрү өндүрүштүк, коммерциялык жана каржылык болуп бөлүнөт (13,14–сүрөт).

- Агенттери;
- Өкүлчүлүктөрүн;
- Сатуу боюнча;
- Сатып алуу боюнча;
- Комиссионер;
- Брокер;
- Дүң фирма;
- Дүң;
- Жабуу;
- Соода үйү;
- Товарлардыкы;
- Дистрибьюторлор;
- Өнөр жай боюнча;

- Керектөө товарлар;
- Соода маклери;
- Консигнант;
- Соода өкүлү;
- Коммивояжер;
- Банкир;
- Жабуучу соодагер;
- Бажычы;
- Аукционист;
- Дилерлери;

Сүрөт 13.**Ишкерчиликтин технологиясы**



Масштабы боюнча ишкерчиликтин түрлөрү кичи, орто жана ири (корпоративтик) болуп; ареалы боюнча (территориялык кеңдиги)– жергиликтүү, регионалдык, жалпы мамлекеттик жана мамлекет аралык болуп; тармактык багыттары боюнча– өнөр жай, агрардык, курулуш, транспорт, соода ж.б. болуп бөлүнөт.

Өзгөчө маселе– ишкерчиликтин уюштуруу–укуктук параметрлеринде турат. Акыркы убакытка чейин анын уюштуруу–укуктук формасынын тизмесине жеке–менчик, кооперативтик жана арендалык ишканалар, акционердик коомдор, товариществалар ж.б. киргизилген.

Ишкерчиликтин өнүгүүшү улуттук байлыктын жана нациянын жыргалчылыгынын өсүшүнө алып келет. Ишкердик чөйрөнү түзүү– улуттук эле эмес мамлекет аралык көйгөй. Мамлекет аралык топтордун чегинде бирдиктүү ишкердик мейкиндигин түзүү процесси жүрөт, башкача айтканда ишкердүүлүк функцияларды ишке ашыруу үчүн шарттар бул өлкөлөрдө бири– бирине негизинен окшош. Орусия үчүн өтө актуалдуу болуп, анын европа жана дүйнөлүк ишкердик мейкиндигине кирүү көйгөйү кала берет. Эгерде бул көйгөй чечилсе, анда өлкөдөн капиталдын чет өлкөгө агып кетиши токтолот.


Демек, чакан ишкерчилик сектору кандай гана өнүккөн чарбалык система болбосун, анын бөлүнгүс, объективдүү керек элементи болуп саналат, ансыз экономика жана коом жалпысынан нормалдуу өнүкпөйт.

Чарбалык ишмерчиликтин формасын тандоо процессине капиталдын көлөмү, ишмерлердин ишмердүүлүгүнүн жыйынтыгы үчүн ишкердин өзүнө кандайдыр ала турган жоопкерчиликти (толугу менен же жарым жартылай) таасирин тийгизет. Мындан тышкары болжолдонгон ишмердүүлүктүн көлөмү, анын түрү, ошондой эле тармактык жана функционалдык багыты, өлкөдөгү жана региондогу жалпы экономикалык кырдаал, мамлекеттеги социалдык жана саясий жагдай сыяктуу факторлор көрсөтөт. Демек, мунун бардык эң керектүү документи болгон– бизнес планды түзүүдө эске алынуусу жана эсептелиниши керек. Бизнес–планда гана ишкерчиликтин ишмердүүлүгүнө кандайдыр бир деңгээлде таасир көрсөтүүчү факторлордун жыйындысын жана

капиталдын бирдигине ишкердик кирешени максимум алууга байланышкан анын натыйжалуулугун талдап чыгууга болот.

Өнүккөн өлкөлөрдүн “жүзүн” ири ишканалар, б.а. кубаттуу корпорациялар түзөт, ал эми экономикалык күч болгон ири капитал– илимий–техникалык жана өндүрүштүк потенциалдын жогорку деңгээлин көрсөтүп турат, ошол эле убакытта рыноктук чарба тутумунда өлкөлөрдүн экономикалык негизи болуп массалуу, динамикалуу жана ийкемдүү формасы– чакан ишкердик саналат. Чакан ишкерчиликтин секторунда гана орто жана ири бизнес мекемелери үчүн керектүү чөйрө болуп, улуттук ресурстардын негизги массасын түзөт.

Сүрөт 14.**Ишкерчиликтин түрлөрү**




Рыноктук экономикада чакан ишканалардын социалдык мааниси кичи топтогу менчик ээлери массалык түрдө пайда болот. Чакан ишканалардын жана жалданма жумушчулардын ээлери

кайсы гана өнүккөн мамлекеттерде болбосун рыноктун экономикасынын мүнөзүн түзөт. Рыноктун шартында ушул гана чакан ишканалардын ишмердүүлүгүн керектөөчүүлөрдүн негизги массасын продукциянын комплексин өндүрүү жана усулдук көрсөтүү менен канааттандырат. Бирок, бул жагдайда төмөнкү социалдык факторлорду эске алуу керек:

- кичи ишканаларды өнүгүүсү социалдык– экономикалык реформанын жүрүшүнө, коомдун саясий туруктуулугуна жана демократиялык өнүгүүсүнө гарант болушат.
- чакан бизнес менен алек болуу жашоонун каражат булагы эле болбостон, адамдын ички потенциалын да ачуучу курал болуп саналат;
- экономиканы объективдүү реструктуризациялоо көп жарандарды өз алдынча ишкерчилик иш аракеттери менен алек болуусун аргасыз кылат;
- кичи ишкерчиликтин сектору жаңы жумушчу орундарды түзүүгө жөндөмдүү (ООНдун маалыматы боюнча дүйнөлүк чарба системасында кичи жана орто ишканалар дүйнөнүн эмгекке жарамдуу бардык калкынын дээрлик 50%ын жумуш менен камсыз кылып турат), демек, өлкөдө жумушсуздуктун жана социалдык чыңалуулардын деңгээлин төмөндөтүүнү камсыз кыла алат. Алсак, 1976–1990–жылдары АКШда ири жана кичи ишканалар 500 жана орто ишканалар 850 миң жумушчу орундарын жоготушкан, ошол эле учурда чакан ишкерлердин сектору өлкө боюнча жумушчу орундун таза өсүшүн 65%га камсыз кылуу менен 4,1 млн. жаңы жумушчу орундарды түзүшкөн.

Акыркы 20–25 жылдары АКШда ишкерлер системасында бизнес–инкубатор кеңири кулачын жайып өнүктү. Учурда булл өлкөдө 1000ге жакын бизнес–инкубатор иш алып барат, алардын базасында 19 миң ишкана өнүгүүп иштеп жатат. Бизнес–инкубаторлордун 75%ынан ашыгы коммерсиялык эмес ишканалар, алар чакан бизнестин өнүгүүшүнө ортомчулук кызматын көрсөтүшөт. Кытайда учурда 130, Германияда 300, Францияда 200бизнес– инкубатор, иш алып барышат.

Бизнес–инкубаторлордун негизги максаты– андан даярдалып чыккандар өз алдынча иш алып барууга жөндөмдүү (бизнс–инкубаторго кошулгандан эки үч жылдан кийин), туруктуу

кампанияларды түзүүгө мүмкүнчүлүк алышат. Ар түрдүү маалыматтар боюнча Кыргызстанда 48 бизнес– инкубатор катталган жана иш алып барууда, анын ичинен Чүй обласында–11, Жалал–Абадта–10, Ошто–8, Ысык–Көлдө–3, Таласта–7, Нарында–3, Баткенде–5 жана Бишкек шаарында–1. Алардын эсебинен акыркы үч жылда 1100 миңден ашык жумушчу орун түзүлгөн жана 20,0 млн. сомдук товардык продукция өндүрүлгөн.

Кичи ишканалардын массалык өнүгүүшү калктын негизги массасынын коомдук психологиясын жана турмуштук багытын өзгөртүүгө шарт түзөт жана бекерчилик психологиянын жана социалдык камсыздыкка бекер көнгөндөр үчүн альтернативалык чоң багыт болуп саналат.

Рыноктун системасындагы өлкөлөлөрдүн экономикалык турмушунда чарба жүргүзүүдө чакан ишканалардын ролу абдан чоң. Анткени, алар экономиканын секторунда ишканалардын негизги бөлүгү болуп иш алып барышат. Ошондой эле экономикалык жактан активдүү ишке жарактуу калктын көпчүлүгү чакан ишканаларда иштешет жана ички дүң продукциянын жарымынан көбү өндүрүлөт. Япония, Германия сыяктуу өкөлөрдө ИДП чакан ишканалардын үлүшү 95%дан ашыгын түзөт. Японияда 880 миң өнөр жай ишканаларынын ичинен 4 миңинде 300 жумушчу жана 700 –1000 ден ашуун жумушчу иштейт. Европалык биримдик өлкөлөрүндө 500 адамдан ашык жумушчусу бар ишканалардын саны 12 миңден ашпайт. Чакан ишкерчилик сектору продукциянын жаңы түрүн жана экономикалык жайды динамикалуу өздөштүрүп, ири бизнес үчүн ылайыксыз болгон тармактарда өнүгүүп жатат. Кичи ишканалардын негизги өзгөчөлүктөрү инвестицияларды тез аранын ичинде өздөштүрүүгө жөндөмдүүлүгү жана айланма каражаттарынын жогорку тездикте айланышын камсыз кылат. Кичи ишканаларга мүнөздү белгиси болуп экономиканын бардык сектолорундагы чарбанын түрдүү тармактарында тез арада өнүгүүнү шарттап туруучу активдүү инновациялык иш аракеттер саналат. Алсак, АКШда кичи ишканалардын секторунда бир жумушчуга киргизилген жаңылыктын саны ири ишканаларга карганда эки эсеге көптүк кылат. Кичи ишканалардын массалык түрдө өнүгүүсүндөгү мындай сапаттар социалдык– экономикалык өнүгүүдө олуттуу жетишкендиктерге мүмкүндүктөрдү берет жана өлкөнүн башка

тармактарын туруктуу өнүктүрүү үчүн кыска мөөнөттө каражаттарды топтоого шарт түзүлөт. Муну Германиянын, Япониянын, Түштүк Кореянын, Кытайдын, Испаниянын ж.б. өлкөлөрдүн тажрыйбасы тастыктайт.

Чакан ишкердиктин рынок мамилелеринин негизги агенттерине таасир берүү аспектисинде атаандаштык чөйрөсүн түзүүдө, анын ролун бөлүп кароо максатка ылайыктуу. Чакан бизнестин функциясын экономикалык конъюнктуранын термелүүсүнө амортизатор катарында колдонуу абдан маанилүү маселе. Чакан ишкердикти илимий–техникалык жана технологиялык катализатор катарында колдонууда ролу чоң. Чындыгында эле мисалы, АКШда ар бир жаңы технологиялык идеялардын онунан тогузу чакан фирмаларда жаралат.

Адистердин баасы боюнча чакан ишмердиктин үлүшүнө бардык ойлоп табуулардын жана илимий иштеп чыгуулардын жарымына жакыны туура келет. Ошондой эле алардын экологиялык функциясы (жаратылышты коргоо) бүгүн да өтө актуалдуу. Демек, чакан ишкердиктин түрдүү коомдук процесстерге практикалык таасири, анын функцияларынын социалдык– экономикалык мааниси объективдүү жогору экендиги жөнүндө жыйынтык чыгарууга мүмкүндүк берет.

## §2. Ишмердүүлүк– өткөөл мезгилде республиканын социалдык–экономикалык өнүгүүсүнүн негизи

Ишмердүүлүк экономикалык өсүштүн негизги резерви катарында өзүнүн өнүгүүсүндө жумушсуздукту кыскартат жана калктын реалдуу кирешесин көбөйтөт. Мында мамлекеттин негизги милдети жеке секторду өнүктүрүү үчүн максималдуу жагымдуу чөйрөнү түзүүнү жана ишкерчилике толук кандуу иш аракеттерине ар түрдүү тоскоолдуктарды жою, башкача айтканда аларга толугу менен экономикалык эркиндикти берүү.

Кичи жана орто ишкерчиликти колдоо чөйрөсүндө, пландуу жана максатка багытталган мамлекеттик саясатты жүргүзүүнүн натыйжасында республикада анын өнүгүү процессинде оң тенденциясы байкалууда. Республиканын экономикасында кичи жана орто бизнестин үлүшүнүн темпи түздөн–түз өсүүдө жана республиканын экономикасынын тармактарынын эффективдүү

өнүгүүсүндө негизги орунду ээлейт. Акыркы жылдары Кыргыз Республикасында кичи жана орто ишкердиктиктин субъектилеринин санын дайыма өсүшү байкалууда. Мисалы, статистика маалыматы боюнча 2000–жылы республикада жалпы субъектилердин саны 398,3 миңден 2013–жылы 724,9 миңге чейин, же 81,9% өскөн, анын ичинен кичи ишканалар–7557ден 11750 чейин, же 55,8%, жеке ишкерлер–101,3 миңден 329,7 миңге чейин, же 3,2 эсеге, дыйкан (фермердик) чарбалар 71,1 миңден 382,8 миңге чейин, же 5,3 эсеге өскөн (85–табл.).

Чакан, Орто чарбаларда жана жеке иштеген ишкерлердин саны 218,3 миңден 417,4 миңге чейин, же 1,9 эсеге, а.и. кичи ишканаларда– 46,6 миңден 51,0 миңге чейин, же 9,4%, жеке ишкерлер– 101,4 миңден 329,7 миңге чейин, же 3,2 эсеге өсүш болгон.

Кичи жана орто ишканалардын дээрлик көпчүлүгү менчиктин жеке формасына туура келет (97,0), алардын ичинен 5%ы чет элдик менчик. Тармактар арасында бул көрсөткүч айыл чарба, аң улоо жана токой чарбасында 88,5%дан, коммуналдык, социалдык жана жеке кызматты көрсөтүүдө 99,4%га чейин түзөт.

Чарба жүргүзүүнүн уюштуруу–укуктук формасы боюнча кичи жана орто ишканалардын арасында жоопкерчилиги чектелген жана кошумча жоопкерчиликтеги коом кеңири таркалган–63,5%, толук кандуу жаамат (коомунун) үлүшү 15,8% туура келсе, кооперативтерге–9,5%ды, ал эми эң акционердик коомдорго–6,9%.

Ишкерчиликтин субъектилеринин санынын өсүшү менен аларда иштеген жумушчулардын саны өсүүдө. Мисалы, 2000–жылдын маалыматы боюнча бул системада 218,3 миң адам иштеген, анын ичинен чакан бизнесте–46,6 миң, орто бизнесте–66,3 миң жана жеке ишкердүүлүктө–101,4 миң адам. Республикада иштөөчүлөрдүн жалпы санынан ишкерчиликте иштөөчүлөрдүн үлүшү 2013–жылы кичи, орто ишкерчилике жана менчике–18,4%, анын ичинен кичи ишкердике–2,3%, ортого–1,6 жана жекеге–14,6% туура келет.

85–Таблица. **Ишкерчиликтин түзүмү жана иштөөчүлөрдүн саны**

| | 2000 | 2005 | 2009 | 2010 | 2011 | 2012 | 2013 |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **Субъетилердин саны, миң** | 398,3 | 471,6 | 346,6 | 588,0 | 624,3 | 666,4 | 724,9 |
| **Кичи ишканалар, бир.** | 7557 | 7689 | 4374 | 11338 | 11371 | 11125 | 11750 |
| **Орто ишканалар, бир.** | 1011 | 782 | 847 | 825 | 840 | 807 | 797 |
| **Жеке ишкерлер, миң адам** | 101,3 | 163,1 | 222,7 | 244,9 | 267,7 | 297,9 | 329,7 |
| **Дыйкан (фермердик) чарбалардын саны, миң** | 71,1 | 300,2 | 318,8 | 331,0 | 344,5 | 356,6 | 382,8 |
| **Иштөөчүлөрдүн саны, миң адам–бардыгы** | 218,3 | 247,3 | 315,6 | 333,8 | 353,7 | 385,4 | 417,4 |
| **Анын ичинен:** | | | | | | | |
| **Кичи ишканалар** | 46,6 | 39,4 | 51,8 | 50,2 | 45,9 | 49,9 | 51,0 |
| **Орто ишканалар** | 66,3 | 44,8 | 41,1 | 38,6 | 40,0 | 37,6 | 36,7 |
| **Жеке ишкерлер** | 101,4 | 163,1 | 222,7 | 245,0 | 267,8 | 297,9 | 329,7 |

Статистикалык маалыматы: “КР кичи жана орто ишкерчилиги” 2005–2014 жж.

Республикада 2000–2013–жылдан кичи жана орто ишкерликте өндүрүлгөн кошумча дүң продукциянын көлөмү 27,9 млрд. сомдон 135,6 млрд. сомго, же 4,8 эсеге өскөн, анын ичинен кичи ишканалар боюнча 6,0 млрд. сомдон 26,6 млрд. сомго– же 4,4 эсеге, орто ишканаларда 4,3 млрд. сомдон 15,4 млн. сомго, же 3,6 эсеге жана жеке ишкерчилик–6,9 млрд. сомдон–60,4 млрд. сомго, же–8,7 эсеге, дыйкан (фермердик) чарбалар боюнча–16,5 млрд. сомдон–33,1 млрд. сомго чейин, же–2,0 эсеге өсүш болгон (86–табл.).

Республикада дүң продукциянын өндүрүүдө, кичи жана орто ишканалар жана жекече ишкерчиликтердин үлүшү 2013–ж. 38,8%, анын ичинен кичи ишканалар–7,6%, орто–4,4, жекече ишкердик–17,3% жана дыйкан (фермердик) чарбалар–9,5% туура келген.

Республикада жалпы өндүрүлгөн продукциялардын ичинен кичи жана орто ишканаларды үлүшү өнөр жай тармагына 24,2 9%,


соода, автомобилдерди, үй–тиричилик буюмдардын жана жеке колдонуучу предметтерин ондоо–88,4%ды, айыл чарбасында–64,1%ды, транспорт кызматы 52,0%ды, байланыш кызматы–0,92ды, экспорттоодо–28,7%ды, импорттоодо 52,1%ды түзөт. (86–табл.).

86– Таблица. **Кыргыз Республикасында кичи жана орто ишкерчиликтин кошумча дүң продукцияга болгон үлүшү**

| | 2000 | 2005 | 2009 | 2010 | 2011 | 2012 | 2013 |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **Дүң продукциянын көлөмү, млн. сом а.и.:** | 27907,7 | 43652,3 | 85634,5 | 90763,2 | 113131,3 | 124072,1 | 135615,0 |
| **Кичи ишканалар** | 6012,8 | 7436,1 | 17063,8 | 16325,0 | 19580,6 | 23724,7 | 26651,2 |
| **Орто ишканалар** | 4378,9 | 4041,7 | 9815,2 | 11538,6 | 13860,6 | 13561,5 | 15407,2 |
| **Жекече ишкерчилик** | 6993,3 | 15050,3 | 3771,1 | 37420,9 | 48062,7 | 55567,5 | 60406,7 |
| **Дыйкан (фермердик чарба)** | 16522,6 | 17124,2 | 21044,5 | 21044,5 | 31627,4 | 31418,6 | 33149,9 |
| **Салыштырма салмагы % менен** | | | | | | | |
| **Республикалык ИДП үлүшү, % менен** | 42,7 | 43,6 | 42,6 | 41,2 | 39,5 | 39,9 | 38,8 |
| **А.и.:** | | | | | | | |
| **Кичи ишканалар** | 9,2 | 7,4 | 8,5 | 7,4 | 6,8 | 7,6 | 7,6 |
| **Орто ишканалар** | 6,7 | 4,1 | 4,9 | 5,2 | 4,8 | 4,4 | 4,4 |
| **Жекече номерчилик** | 10,7 | 15,0 | 18,7 | 17,0 | 16,8 | 17,8 | 17,3 |
| **Дыйкан (фермердик) чарба** | 16,1 | 17,1 | 10,5 | 11,6 | 11,1 | 10,1 | 9,5 |

Статистикалык маалыматы: “КР кичи жана орто ишкерчилиги” 2005–2014.

Сүрөт 15. **Чакан ишканалардын өндүрүлгөн продукциялары боюнча үлүшү (2013–жылы, % менен).**




87– Таблица. **Кичи жана орто ишкердиктин республиканын тармактар боюнча өндүрүлгөн продукциясындагы үлүшү,% менен.**

| | 2000 | 2005 | 2009 | 2010 | 2011 | 2012 | 2013 |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **Продукцияларды өндүрүүдөгү үлүшү:** | | | | | | | |
| **Өнөр жайы** | 20,0 | 22,7 | 24,2 | 23,0 | 20,4 | 26,9 | 24,2 |
| **Айыл чарбасы** | 44,0 | 59,5 | 57,4 | 61,6 | 60,5 | 62,3 | 64,1 |
| **Соода** | 98,9 | 85,8 | 87,7 | 87,4 | 87,9 | 88,2 | 88,4 |
| **Мейманкана жана ресторандардын кызматы** | 89,6 | 84,5 | 89,6 | 90,9 | 91,1 | 92,0 | 92,5 |
| **Транспорттун кызматы** | 45,6 | 50,9 | 58,2 | 55,9 | 51,8 | 51,0 | 52,0 |
| **Байланыш кызматы** | 46,1 | 6,4 | 1,8 | 1,5 | 1,9 | 0,9 | 0,9 |
| **Экспортто** | 23,6 | 32,3 | 25,7 | 25,9 | 27,9 | 35,0 | 28,7 |
| **Импортто** | 44,5 | 62,2 | 65,8 | 63,5 | 60,5 | 57,3 | 52,1 |


Статистикалык маалыматы “КР чакан, орто мекемелери”, 2003–2014.

Кийинки жылдарда кичи жана орто ишканалар финансылык жагдайда белгилүү кыйла ийгиликтерге жетишкен. Мисалы, 2013–жылдын маалыматы боюнча кичи жана орто бизнес 12,2 млрд. пайда алып келди, анын ичинен кичи ишканалар–7,0млрд. жана орто ишканалар–6,0 млрд. сом. Тармактардан эң эле көп пайда алгандардан соода тармактары–4,0 млрд. сом, кыймылсыз мүлктөрдүн операциялары, аренда жана керектөөчүлөргө кызмат көрсөтүү–2,2 млрд. сом, өнөр жайы–3,3 млрд. сом болгон.

Транспорт тармагында КОИ үстөмдүк кылат бирок 2013–жылы 681,2 млн. сом пайда табышкан. Кыргызстан бийик тоолуу мамлекет болгондуктан өлкөнүн экономикасын көтөрүүдө автомобил жана аба транспортунун ролу эбегейсиз чоң. Ошондуктан транспорттун бул түрүнүн негизги объектилерин

куруууга жана реконструкциялоого каражаттарды болгон жана ишке ашыруу чараларды кеңири колдонуу керек.

Сүрөт 16. **Кичи жана орто ишканалардын продукцияны сатуудан алынган киреше, млн. сом**




Өлкөбүздүн казынасынын негизги бөлүгүн орто жана чакан бизнестерди түзгөн каражаттан турат. Бизде “Кум–Төрдөн” башка дүркүрөп иштеген өнөр жай ишканасы жокко эсе. Демек, мамлекет орто жана чакан бизнести өнүктүрүү үчүн тиешелүү шартты түзүү зарыл. Салыштырып айтканда, өлкөбүздө бизнести өнүктүрүү жаатында тийешелүү мыйзамдык база түзүлгөн.

КОИнин субъектилеринин тышкы соодасынын көлөмүнүн көбөйгөндүгүн белгилеп кетүү керек. 2013–жылы экспорттук продукциянынын көлөмү 578,0 млн. АКШ долларын түздү, анын ичинен кичи ишканаларда– 457,0 млн. долл., орто–90,7 млн. долл., жеке–25,3 млн. долл., дыйкандарда–5,0 млн. АКШ доллары.

Эгерде региондор боюнча алсак, анда КОИнин эң көп үлүшү Бишкек шаарына–402,8 млн. долл., Жалал–Абад областы–24,7 млн. долл., Чүй–37,8 млн.долл., Ош шаары 36,4 млн. АКШ доллары туура келет.

Ошол эле учурда импорттук продукциянын көлөмү да тез аранын ичинде көтөрүлдү. Акыркы беш жылда импорттук продукциянын көлөмү 2001,0 млн. сомдон (2009–жылы) 3117,9 млн. сомго (2013–жылы) чейин же болбосо 48,4% өстү, анын ичинен чакан бизнесте–1201,2 миллиондон 1736,3 млн. АКШ долларына чейин, же 44,5 өскөн. Импорттук продукциянын көлөмүнүн негизги үлүшү Бишкек, Ош шаарларына, Чүй жана Ош областарына туура келет.

КОИнин тармактык структурасына жүргүзүлгөн талдоо анын бөлүштүрүлүшү жана өнүгүүшү бир калыпта эмес экенендигин

көрсөтүп турат. Бул эң алдын тармактык программаларды ишке ашыруунун керектигине байланышкан, башкача айтканда КОИни шыктандыруунун натыйжалуу системасын, кредиттик ресурстарды кичи жана орто ишкердиктерге алуу мүмкүнчүлүктөрүн, мамлекеттик каттоону жакшыртуу боюнча конкреттүү милдеттерди чечүү боюнча жумуштарды улантууну, уруксат берүү системасын жөнөкөйлөтүү жана кичи жана орто ишкерчиликтин субъектилерине, ишине негизсиз кийлигишүүлөрдү азайтууну, ишкерлердин маалыматтык жана консультациялык кызматтарды алуусуна шарттарды түзүп берүүнү жакшыртууну, жакынкы жана алыскы чет элдик өлкөлөр менен эл аралык кызматташуу боюнча иштерди активдештирүүнү ишке ашыруу. Акыркы жылдары бизнести жүргүзүү жана түз инвестицияларды тартуу, лицензиядан өтүүчү ишмердүүлүктүн бир канча түрүн кыскартуу үчүн ылайыктуу шарттарды түзүүгө багытталган КР Президенттинин указы жана КР Өкмөтүнүн бир нече чечимдери кабыл алынган. Бардык министерстваларда жана ведомстваларда уруксат берүүчү документтерди кыскартуу жана кайталанып калган уруксат берүүлөрдү жоюу боюнча иштер жүрүп жатат.

Кыргызстан Өкмөтү ишкерчиликти колдоо үчүн “Бирдиктүү терезе долбоорун ишке киргизген. Бул соода чөйрөсүндөгү жана инновация багытындагы ишкерлер үчүн бирден бир ийгиликтүү долбоор. Бул долбоордун максаты:

- тышкы соода иштерди ишке ашырууда бизнес жүргүзүүнүн шарттарын жакшыртуу;
- мамлекеттик органдардын чыгашасын жана бизнес чыгымдарын кыскартуу;
- мамлекеттик кызмат көрсөткүчтөрдүн сапатын жакшыртуу;
- электрондук өкмөттү куруу, коррупциянын деңгээлин азайтуу болуп саналат.

Эгерде мурда документтер менен 8–10 мекемеден өтүү керек болсо, ал эми бул долбоордун негизинде толтурулган бланканы электрондук почта дарегине жөнөтүп коюу жетиштүү. Бул долбоор Чүй, Талас, Нарын областтарында жана Бишкек шаарында ишке киргизилген.

Кыргыз өкмөтү мамлекет органдар менен лицензия алуучулардын аракеттерин жөнгө салган. 2013–жылы “Унчукпоо–макулдуктун белгиси” өкмөттөн чечим киргизилген. Ошонун негизинде көзөмөлдөөчү органдардын саны дээрлик эки эсеге, 21 ден 12 ге чейин, текшерүүчүлөрдүн саны 25 миңден 13 миңге чейин кыскарган. Ошондой эле, пландуу текшерүүчүлөрдү жүргүзүүнүн мөөнөтү: юридикалык тараптарды текшерүү 30 дан 15 күнгө, жеке тараптарды текшерүү мөөнөтү 5 күнгө дейре азайган. Ишкердүүлүктүн субъектилерин мамлекеттик каттоонун механизми иштелип чыккан жана практика жүзүндө ишке киргизилип жатат, бул кыска мөөнөттүн ичинде бир эле мамлекеттик органда бизнести каттоо процесси ишке ашырылат. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн эл аралык донор жана өкмөттүк эмес уюмдар менен биргеликте өткөзүп жаткан иш аракеттеринин жетишкендиктерине карабастан, анын жыйынтыгы болгон– өнүгүүнүн комплекстүү негизин жана жакырчылыкты кыскартуунун улуттук стратегиясын ишке ашырууда, республикабыздын жакырчылыгын кыскартуу жана ишкердикти өнүктүрүүгө тоскоолдук кылуучу бир канча көйгөйлөр бар.

Ишкерлерде олуттуу бушайманчылыктын бири салык төлөмдөрү. Жаңы Салык Кодексинде (2009–ж.) салык ордугун салыштырмалуу төмөндөтүү чакан жана орто бизнести көмүскөдөн чыгууга мүмкүндүк берет жана салык салынуучу базаны бир кыйла кеңейтет.

Фискалдык реформанын чегинде салык ордугун төмөндөтүү жолдору:

- социалдык Фондго чегерүүлөрдүн деңгээлин 33%дан 15%га чейин төмөндөтүү. Жеке кирешенин чеги белгиленип, андан ашкан суммадан социалдык салык алынбоосу керек;
- айыл чарба продукцияларын кайра иштетүү тармагында жана тамак–аш өнөр жайында кошумча нарк салыгын (КНСти) алып салуунун мүмкүнчүлүктөрүн карап чыгуу зарыл;
- ишкерлердин укуктарын жана кызыкчылыктарын коргоону камсыз кылуучу мыйзамдык базаны өркүндөтүү;
- бизнес субъектилерине мамлекеттик структуралардын кийлигишүүсүн токтотуу жана негизсиз текшерүүлөрдүн санын азайтуу.

Кыргызстандын ишкерчилигине республикалык бюджетке жана Соцфондго багытталган бардык мүмкүн боло турган салыктардын ченеми аркылуу пайданын 60%ына чейинин түзөт, ал эми Гонконгдун (Кытай) бизнесмендери бир жылда, бир эле жолу пайдадан 14,3%дан турган бир салыкты төлөшөт. Республикадагы татаал тутуму, б.а. ал орточо 500 күнгө созулган, Арменияда–185, Тунисте–27 соттук тескөө. Эксперттер ырастагандай, соттук контракты аткарууга канчалык көп убакыт кетсе, ишкерлерге ошончолук көп чыгым чыгымдалат, бул болсо жумушчу орундар жана материалдык байлык аз болот.

Республикада сооданы жөнгө салууну жөнөкөйлөтүүгө, соттук арбитраждык чечимдерди аткаруу убактысын кыскартууга, салык ордугун жеңилдетүүгө жана курулушка уруксат алуу үчүн процесстерди оптималдаштырууга багытталган реформаны токтоосуз киргизүү керек. Мисалы, Кыргызстанга стандарттык товарлардын партиясын киргизүү үчүн 127 күн жана 27 кол коюу (подписи), 18 документтер талап кылынат, буга салыштырмалуу Данияда–5 күн, Россияда–35 күндө ишке ашырылат. Швецияда бажыдан өтүү үчүн бир кол коюу (тамга) эле жетиштүү, Финляндияда үч документ, ал эми Арменияда алты документ талап кылынат.

Эл аралык практика көрсөтүп келгендей узак мөөнөткө кармоо, татаал бажы процедуралары жана талоончулуктар ишкерлерди контрабандалык жолго барууга мажбур кылат.

Ошентсе да республикада чакан бизнес көптөгөн жарандарды өзүнө тартууда. Адамдын жөндөмдүүлүгүн көрсөтүүнүн табигый формасы жана анын жарандык укугун ишке ашыруу катарында, өзүнүн каалаган иши менен алек болуу менен коомдо демократиялык кайра түзүүлөрдүн социялдык – саясий базасы. Рыноктук реформанын өнүгүүсү ишкерлердин коомдук катмарын түзүү жана өз алдынча уюштуруу үчүн шарт түзөт. Бул максатты ишке ашырууда төмөндөгүдөй бир канча көйгөлөр жаралат:

- мыйзамдуулук, жөнгө салуучулук жана административдик процедуралардын натыйжасыздыгы;
- кичи жана орто ишкерчилик боюнча жооптуу бирдиктүү уюмдун жоктугунан, тийиштүү колдоо жүргүзүлбөйт.
- ишкерлердеги башкаруу тажрыйбасынын жана билимдин

жетишсиздиги, же начардыгы, айрыкча менеджмент, маркетинг жана каржы чөйрөлөрүндө байкалууда;

- ишкерлердин ишмердүүлүгүндө маалыматтык камсыздоо инфраструктуурасынын тийиштүү өнүкпөгөндүгү;
- жалпы макроэкономикалык туруксуздук;
- ишканалардын ички көйгөйлөрү ж.б.

**Саясий көйгөйлөр:**

- укуктук ченемдердин туруксуздугу жана укуктук чөйрөгө деструктивдик таасири;
- кылмышкердиктин өсүшү жана социалдык катмардын өсүп прогрессивдеп кетиши;
- саясий туруксуздук ж.б..

**Экономикалык көйгөйлөр:**

- жалпы макроэкономикалык туруксуздук, инфляция, жумушсуздуктун деңгээлинин жогорулашы;
- калктын кирешелеринин деңгээлинин төмөндүгү;
- рыноктун инфрасртуктурасынын начар өнүккөндүгү;
- ишкердиктин өнүгүүшү үчүн бюджеттик каражаттардын тартыштыгы;
- салык тутумунун начар өнүгүүшү;
- бажы тарифтеринин жана пошлиналарынын жогору-лугу;
- каржы ресурстарынын начар өнүгүүшү жана кредиттерди алуунун катаал шарттары;
- инвестициялык активдүүлүктүн начардыгы, айрыкча экономиканын реалдуу секторунда;
- экономикалык системанын транспаренттүүлүгүнүн жана бирдей мүмкүнчүлүктөрүнүн жоктугу;
- экономикалык кылмыштуулуктун жана коррупциянын өсүшү. Республикада микрокредиттөө жана микро каржылоо системасынын чегинде түзүлүп калган каржы ресурстарын камсыз кылуу көйгөйүндө Кыргыз айыл чарба каржы корпорациясы (Айыл Банк), Америкалык менчик микрокредиттик уюм– ФИНКА, ошондой эле Азия өнүктүрүү банкы каржылоочу кредиттик союздар сыяктуу бир нече кредиттик мекемелердин тиби иш алып барышат. Кредиттердин негизги бөлүгү бир жылга чейинки мөөнөткө берилет.

Бул программа коммерциялык банктарга кайрылууга мүмкүнчүлүгү чектелген калктын жакыр катмарына жардам көрсөтүүгө багытталган. Программа алардын ишкердик инициативасын шыктандырып турат. Эң негизгиси адамдарга баштапкы көмөк көрсөтүү, алардын күчтөрүнө ишеним берүү менен жаңы рынок шартарында чарба жүргүзүүнү үйрөтүү зарыл.

Эл аралык тажрыйба көрсөткөндөй микро кредиттөө жана микро каржылоо келечектин иши. Бүткүл Дүйнөлүк банктын маалыматы боюнча, учурда дүйнөдө 7 миңден ашык микро каржылоо мекемелери иштейт. 16 миллондон ашык адамдар жалпы көлөмү 7 млрд. долл. микрокредит алышат. Жыл сайын дүйнөлүк рынокто микро каржылоо 30%га өсүп турат. Кыргызстан бул дүйнөлүк агымга кирүү менен максимум пайда көрүүнү каалайт. Эл аралык эксперттер эсептегендей Кыргызстанга киргизилип жаткан микрокредиттик программа өткөн советтик мейкиндиктеги өнүгүү темпи жана калктын калың катмарын камтыгандыгы боюнча эң эле ийгиликтүү болуп саналат.

## §3. Ишкерчиликти өнүктүрүүдө мамлекеттик колдоо

Ишкерчиликти колдоодо жана жөнгө салууда фискалдык, илимий– техникалык, инвестициялык, баа, амортизациялык, кредиттик акча жана башка инстиционалдык маселелерди камтыган өз убагында жүргүзүлгөн экономикалык саясат негизги орунду ээлейт. Республикада ишкердүүлүктү колдоонун негизги механизминин элементтери 25–март 1994–жылкы «Жеке ишкердикти коргоо жана өнүктүрүү боюнча кээ бир чаралар жөнүндө» –деген КР Президентинин жарлыгы менен аныкталган. Аларда ишкердикти өнүктүрүү жана мамлекеттик колдоо боюнча баштапкы чаралардын комплекси бекитилген. Анда биринчи жолу ишкерчиликтин приоритеттүү ишмердүүлүк жолдору аныкталган. Алсак, айыл чарба продукцияларын кайра иштетүү; өндүрүштүк товарларды өнүктүрүү, курулуш жана инновациялык ишмердүүлүк; өндүрүштүк коммуналдык турмуш–тиричилик кызматтарын көрсөтүү.

Ишкердүүлүктү өнүктүрүүдө 1996–жылы кабыл алынган «Чарбалык товариществалар жана коомдор жөнүндөгү» КР мыйзамынын кандай гана түрдү болбосун түзүүчүлөр тандаган

уюштуруу–укуктук формада өнүгөт деп көрсөтүлгөн. Бул мыйзамда ишкерчиликтин ишмердүүлүгүнүн артыкчылыгы бар тармактары болгон айыл чарба продукциясын кайра иштетүү, өнөр жай, курулуш тармагын өнүктүрүү жана өндүрүштүк жана коммуналдык усулдук көрсөтүү айрыкча басым көрсөтүлгөн. Ошондой эле ата мекендик ишкердүүлүктү иштетүүнүн түзүлгөн укуктук базасынын мыйзамдарына: «КР тышкы сода иштерин мамлекеттик жөнгө салуу жөнүндө» Мыйзам, «Юридикалык жактарды мамлекеттик каттоо жөнүндө» Мыйзам, «Чет элдик инвестициялар жөнүндө» Мыйзам, «Монополиялык ишмердүү-лүккө чек коюу жөнүндө» Мыйзам, «Лицензиялоо жөнүндө» Мыйзам ж.б. кирет.

1–октябрь 1998–жылы Кыргыз Республикасынын Президенти республиканын ишкерлерине көмөк көрсөтүү боюнча үч жарлыка кол койгон. Алардын бири «Жагымдуу ишкердик жана инвестициялык чөйрөнү түзүү боюнча кошумча чаралар жөнүндө»– деген Жарлык. Бизнесмендер фирманы уюштурууда бюрократизмге жана талоончулука туш болушат. Республикада ишкерчиликти өнүктүрүүдө мамлекеттик рекет олуттуу тоскоолдуктарды жаратат. Ошондуктан бул жарлыкта текшерүүчүлөрдүн иши жазылган инспектордук текшерүү китеби ар бир фирмада болушу керектиги жөнүндө айтылат.

Акыркы жылдары ишкерчилик чөйрөнү жөнгө салуучу уюштуруучу жана нормативдик– укуктук базалар өркүндөтүлгөн.

Республиканын өткөөл экономикасы үчүн план экономикасындагы он жылдап топтолгон коомдук менталитетти оңдоо керектиги мүнөздүү. Буга байланыштуу калкта коомду трансформациялоо жалпы иш экендиги тууралуу сезимдин жана ишкерчилик духтун болушу өтө актуалдуу. Бул кээ бир райондордун айыл чарбасында ишкерчилик түзүлүшүн өнүктүрүүгө түрткү болуш үчүн, 1992–жылы Кыргыз Республикасынын ишкердүүлүктүн улуттук фонддун түзүүнү кабыл алган. Ал эми 1994–жылы анын базасында кеңейтилген укуктары, функциялары жана милдеттери менен Кыргыз Республикасынын Президенттинин алдында Ишкерчиликти өнүктүрүү фонду түзүлгөн.

Ишкерчилик чөйрөсүндөгү актуалдуу маселелерди чечүү үчүн жакынкы жылдары бизнес чөйрөсүндө мамлекеттик саясаттын келечегин аныктоочу 2004–2005– жылдары Кыргыз

Республикасында ишкердикти өнүктүрүүнүн Мамлекеттик программасы ишке ашырылган.

Жогоруда айтылгандай жеке ишкердик, анын ичинде жеке, кичи жана орто бизнес туруктуу экономикалык өсүштү камсыз кылуучу, рынокту товарлар жана кызматтар менен толтурган, жаңы жумушчу орундарды түзгөн жана жакырчылыкты кыскарткан приаритеттүү тармак. Демек, бул тармак мамлекеттик саясатында иштиктүү жагымдуу климат жана колдоону түзүү принциптерине негизделиши керек. Ал принциптер төмөнкүлөр:

- ишкерлердин укугун толук жана чыныгы коргоону, алардын ишмердүүлүгүн минималдык гарантия жана негиздүү рыноктук жөнгө салууну, мамлекет менен жеке сектордун ортосунда туруктуу шериктештик мамилени, анын эркин натыйжалуу өнүгүүшү жана максималдуу легализацияланышы үчүн шарттарды түзүүнү камсыз кылуучу нормативдик–укуктук базаны өркүндөтүү;
- бюрократтык лицензиялык– уруксат берүү процедурасын кыскартуу менен чарба жүргүзүүчү субъектилердин эркин катталуусун камсыз кылууга, алардын чарба жүргүзүүдө текшерүүлөрдүн санын максималдуу кыскартууга, коррупциянын пайда болуу негизин ачыктыкты, отчеттуулукту шыктоо жолу менен жоюуга жана аткаруу бийлик органдарынын жана ишкерчиликти жөндөөдө мамлекеттик кызматкерлердин үстүнөн көзөмөлдү күчөтүү;
- ишкерчиликтин ишмердүүлүгүн каржы–кредиттик колдоо жана камсыздоо механизмдерин өнүктүрүү, анын ичинде салык мыйзамдарын өркүндөтүү, салык салуунун эрежелерин жөнөкөйлөтүү, салыктардын жана чогултуулардын ченемдерин төмөндөтүү. Кыргыз Республикасынын Өкмөтү гарантия берген же республикалык жана жергиликтүү бюджеттен каржылана турган жеке секторду колдоого тартылган кредиттик ресурстарды алуу мүмкүнчүлүгүн жогорулатуу, микрокредиттин көлөмүн көбөйтүү, ошондой эле коммерсиялык банктар, кредиттик союздар жана кооперативдер, камсыздоочу жана башка рыноктук структуралар аркылуу өзүн–өзү каржылоону шыктандыруу жолдору ж. б.;
- товар өндүрүүчүлөрдүн ассоцияциясын түзүү, мамлекеттин регулятивдик функциясынын бир бөлүгүн ассоцияцияларга

жана ишкерлердин союзуна акырындык менен өткөзүп берүү, ишкерлердин консультативдик, менеджердик, юридикалык, инновациялык жана башка фирмалар аркылуу инфраструктурасын түзүү, ишкерлердин квалфикациясын жогорулатууда мамлекеттик колдоосун, ошондой эле алардын маалыматтык камсыздоосунун сапатын жакшыртуу жолдору менен жеке секторду институционалдык жактан чындоого таасир берүү;

- сезондук мүнөздөгү иши бар ишканаларга жылына бир жолу төлөнө турган салыктын механизмдерин иштеп чыгуу;
- жаңыдан түзүлгөн ишканалар үчүн салык төлөөнүн бир жылга чейин жеңилдиктерин берүү мүмкүнчүлүктөрүн кароо;
- кичи ишканалар үчүн соода көрсөткүчтөрүн өркүндөтүү;
- тышкы экономикалык иштердин катышуучулары үчүн ыңгайлуу шарттарды түзүү, бажы жана бажы көзөмөлүн жөнөкөйлөтүү жана тездетүү, бажы кагаздарын түзүүнүн жана бажы көзөмөлүн жүргүзүүнүн тобокелчиликти башкаруу тутумун колдонуу менен атайын жөнөкөйлөтүлгөн процедурасын киргизүү;
- мамлекеттик документтердин ыйгарымын кайталоону жок кылуу жана ишкерлердин субъектилерин текшерүүнү жана текшерүүчү органдардын санын кыскартуу.

Чет мамлекеттерде иштеп жаткан ата мекендик ишкерлердин, ошондой эле Кыргызстанда иштеп жаткан чет элдик ишкерлердин укуктарын коргоону камсыз кылуу боюнча өкмөт аралык жана мамлекеттердин ортосунда келишимдерди түзүү, ошондой эле Кыргыз Республикасынын мыйзамдарын өркүндөтүү жолдору менен иш жүргүзүүлөр пландалышы абзел. Мындан тышкары, дайыма иштеп жаткан мамлекеттик орто мөөнөттөгү ишкердикти өнүктүрүү концепциясына жана программасына ылайык жеке, кичи жана орто бизнести өнүктүрүүнүн приоритеттүү тармактык жана регионалдык багыттарын аныктоо, республикалык жана жергиликтүү бюджеттердин каражаттарынын эсебинен, ошондой эле жеңилдетилген займдарды жана гранттык каражаттарды тартуу аркылуу бул приоритеттерди мамлекеттик колдоо менен камсыз кылуу.

# XX БАП

# КЫРГЫЗСТАНДЫН ЭКОНОМИКАСЫНДАГЫ БАНК ТУТУМУНУН РОЛУ

## §1. Реформа шартында банк тутумун реформалоо

Заманбап түшүнүк боюнча **банк** – убактылуу эркин акча каражаттарын (салымдарды) топтоштуруучу, аларды насыя (займ, ссуда) түрүндө убактылуу пайдаланууга берүүчү, ишкерлер, мекемелер же жеке тараптар арасындагы өз ара төлөмдөрдө жана эсептешүүлөрдө ортомчулук кылуучу, мамлекеттеги акча айландырууну (жаңы акча чыгарууну (эмиссияны)) жөнгө салуучу каржылык ишкана.

**Банк тутуму**–насыя рыногунда профессионалдык негизде өзүнүн ишмердүүлүгүн жүргүзгөн банктык жана банктык эмес насыялык мекемелердин (уюмдардын) жыйындысы.

Мамлекеттин банк тутуму иерархиялуулук (баскычтык), профессионалдуулук, универсалдуулук сыяктуу жалпы экономикалык принциптердин жана ушул мамлекеттин өзүнө тиешелүү болгон тарыхый, саясий тутуму, калктын менталитети сыяктуу, ж.б. спецификалык факторлордун таасири астында калыптанат.

Банк тутумуна бир канча негизги касиеттер таандык.

**Биринчиден**, банк тутуму көп түрдүүлүк, элементтердин кокустук жыйындысы эмес. Анын курамына рынокто аракеттенген, бирок башка максатка баш ийген субъекттерди механикалык түрдө кошууга болбойт.

**Экинчиден**, банк тутуму спецификалуу, ал эл чарбачылыгында иш жүргүзгөн башка тутумдардан айырмаланып, өзүнө гана мүнөздүү болгон касиеттерге ээ. Банк тутумунун спецификасы анын курамдык элементтери жана алардын арасында болуучу мамилелер менен аныкталат.

**Үчүнчүдөн**, банк тутуму статикалык абалда болбойт, тескерисинче ал дайыма динамикада (кыймылда) болот. Бүтүндүүлүгүн сактоо менен ал дайыма кыймылда, жаңы компоненттер менен толукталып жана жаңыланып турат. Банк тутумунун ичинде дайыма жаңы байланыштар пайда болуу процесси жүрүүдө. Банктар банктар аралык насыялар рыногунда

катышышат, сатык үчүн “узун” жана “кыска” акчаларды сунуштташат, бири – биринен акча каражаттарын сатып алып турушат.

**Төртүнчүдөн**, банк тутуму “жабык” типтеги тутум болуп саналат. Чындыгында аны толук мааниде жабык деп атоого болбойт, анткени ал сырткы чөйрө, башка тутумдар менен өз ара аракеттенет.

**Бешинчиден**, банк тутуму башкарууга ылайыктуу тутум. Борбордук же Улуттук банк көз карандысыз акча–насыя саясатын өткөрүү менен түрдүү формаларда парламентке же аткаруу бийлигине гана эсеп берет. Иштерман банктар юридикалык жак болуу менен жалпы жана атайын банк мыйзамдуулугунун базасында иш алып барышат.

Ар бир мамлекеттин банк тутуму жалпы экономикалык принциптердин жана бул мамлекетке жана анын өнүгүү тарыхына тиешелүү спецификалык факторлордун таасири астында куралат.

Жалпы экономикалык принциптерине төмөнкүлөр кирет:

- иерархиялуулук (баскычтуулук)– бул банк тутумун иерархия же баш ийүүчүлүк деңгээлдерине бөлүү. Эч бир уюштуруу тутуму бүтүн бөлүгү менен анын курамдарынын арасындагы мамилелерсиз жашоосу мүмкүн эмес. Банктар дайыма бөлүк болуп саналат, демек, бул бөлүктөрдү бирдиктүү бир бүтүнгө бириктирү үчүн кандайдыр бир уюмдун болуусу зарыл;
- компетенттүүлүк (профессионалдык)– бул насыялык уюмдардын профессионалдык негизде гана иш жүргүзүүсү;
- Универсалдуулук – бул насыялык уюмдар тарабынан насыя рыногундагы бар болгон бардык ишмердүүлүктү камтый алуусу.

Түрдүү мамлекеттердин банк тутумдары, алардын уюштуруу структуралары көптөгөн объективдүү жана субъективдүү факторлордон көз каранды. Бул факторлорго дагы тарыхый жана улуттук үрп–адаттар менен мамлекеттеги товардык–акчалык мамилелердин өнүгүү даражасын, экономиканын өсүүшүнүн жалпы деңгээли, акча айландырууну (түз жана кыйыр) жөнгө салуу ыкмалары ж.б. кирет. Мисалы, Түндүк Америка континентинин өнүккөн өлкөлөрү болгон АКШ менен Канада бири – бири менен чектеш болгонуна карабай, өздөрүнүн банк тутумдарын уюштурууда дээрлик карама – каршы ыкмаларга ээ. АКШда 12

миңге жакын банк бар, ал эми Канадада өлкөнүн аймагында филиалдарга ээ болгон болгону алты гана банкы бар. Демек, маселе банктардын санында эмес, ишканаларды, уюмдарды жана калкты тейлеген банк мекемелеринин (филиалдар, бөлүмдөр, агенттиктер) санында болуп жатат.

Банк тутуму жана анын финансылык сферада өнүгүүсү өлкөнүн аймактарына жана калктын санына, ж.б. туура уюштурулган факторлорго байланыштуу. Мисалы, Люксембург мамлекетинде болгону 348 миң адам жашайт, бирок банк тутуму абдан өнүккөн, б.а. 17 млрд. АКШ доллары менен иш жүргүзүшөт. Бул банк тутумунда 220 чет элдик банктардын өкүлдөрү иштешет, алардын жалпы сумма финансысы 376 млрд. долларды түзөт. Ошондой эле Швейцария мамлекеттинде банк акчасы 1 трил. АКШ долларына барабар, же болбосо ИДП үч эсе ашык.

**Банк тутумунун ишмердүүлүгүнө таасирин берүүчү негизги факторлор:**

- саясий туруктуулук;
- демократиянын эл аралык ченемдери (нормативы) жана мыйзамдары боюнча жеке менчиктин кепилдиги;
- инфраструктуранын өнүгүүсү;
- салык салуу жана инвестицияларды стимулдаштырууну оптималдаштыруу.
- банк тутумунун өнүгүүсүнө өбөлгө түзүүчү жагымдуу мыйзамдуулук ж.б.

Кыргызстанда рыноктук каржы-насыялык тутумдун өнүгүүсү 1991–жылы эки деңгээлдүү банк тутумунун түзүлүшү жана 1992–жылдын аягында Борбордук жана Коммерциялык банктар жөнүндөгү Мыйзамдардын кабыл алынышы менен башталды. 1993–жылга чейин, б. а. улуттук валютанын кабыл алынышына чейин Улуттук Банктын акча – насыя саясатын жүргүзүү мүмкүнчүлүктөрү өтө чектелүү эле. 1997–жылы Кыргыз Республикасынын “Улуттук банкы жөнүндөгү” жаңы мыйзамдын кабыл алынышы менен Улуттук банктын иш жүргүзүүсүнүн мыйзам ченемдүү негиздери, анын укуктук статусу, акча – насыя саясатынын куралдарын пайдалануунун тартиби жана коммерциялык банктар менен өз–ара мамилелешүүсүнүн принциптери толук иштелип чыгылган.

1993–жылдан баштап улуттук валютанын– сомдун киргизилүүсү менен алмаштыруу курсунун эркин сүзүүчү тутуму кабыл алынды. Төлөмдүк балансты туруктуу жабуу үчүн Улуттук Банк 1993–жылдан 1998–жылга чейин валюталык аукциондорду уюштура баштаган, андан кийин банктар аралык рынокто чет мамлекеттердин валютасы менен жүргүзүлүүчү ыкмалар ишке ашырылган.

Экономикалык реформалардын мезгилинде Кыргызстандын банк тутуму кардиналдык өзгөртүүлөрдү башынан өткөрдү. Банк тутумундагы мурда өткөрүлгөн түзүмдүк өзгөрүүлөр рыноктук атаандаштык шарттарында натыйжалуу каржылык ортомчулукту түзүүгө жана өнүктүрүүгө багытталган.

Каржылык тутумдун жандандыруу максатында Кыргыз Республикасынын Өкмөтү жана Улуттук Банкы тарабынан Бүткүл дүйнөлүк банктын колдоосу менен 1996–жылы каржылык сектордун түзүмүн кайра куруу программасы ишке ашырылган. Мунун негизги натыйжалары төмөнкүлөр болду:

- мыйзамдуулук базасын өркүндөтүү: “Кыргыз Республикасындагы банктар жана банк ишмердүүлүгү жөнүндө”, “Кыргыз Республикасынын Улуттук Банкы жөнүндө”, “Кубатсыз болуу жөнүндө (О банкротстве)”, “Күрөө жөнүндө” мыйзамдарынын жаңы редакциялары жана бир катар башка ченемдик актылар кабыл алынган;
- жаңы банктардын өнүгүүсүн кечеңдетип жатышкан ири жана төлөмгө жараксыз эки мамлекеттик банктар (Агропромбанк жана Элбанк) республиканын бардык аймактарында кызмат көрсөтүүнүн мурдагы көлөмүн сактоо менен жоюу;
- банк көзөмөлүнүн чектөө негизин жана тутумун түзүү, ошону менен бирге банктык эмес каржылык уюмдардын өнүгүүсү үчүн зарыл болгон инфраструктураны колдоо жана өнүктүрүү саясатын укуктук камсыздоо;
- 1997–жылдын 1–июнунан баштап эл аралык стандарттардын талаптарына туура келүүчү бухгалтердик эсептин жана эсеп берүүчүлүктүн жаңы тутумун иштеп чыгуу жана турмушка ашыруу;
- төлөмдүк тутумдарында модернизациялоо иштерин жүргүзүү.

Өткөрүлгөн реформанын натыйжасында банктык шмердүүлүктү, банк секторун жөнгө салуунун жана анын үстүнөн болгон көзөмөлдүн ыкмаларын ишке ашыруу үчүн укуктук негизди түзүп берген мыйзам–ченемдик актылар тутуму пайда болду. Банк тутумунун биргелешкен капиталы ошол убакытта байкалып турган тобокелдиктерге теңдеш келе ала турган оң мааниге ээ болду. Эсеп–кысап жүргүзө турган банктар өнүгө баштады. Банк секторуна тартылган кошумча инвестициялардын натыйжасында насыялоонун көлөмү өстү, кадырларды тейлөө сапаты жакшырды.

Бирок, бул позитивдүү өзгөрүүлөргө карабастан, 2001–жылдын аягында банк секторунун каржылык туруктуулугу кескин төмөндөдү. Бул бир катар ички факторлор менен шартталган эле, бирок биздин республиканын төлөмдүк балансынын абалын начарлатууга алып келген Орусиядагы каржылык кризис; Казакстандагы валюталык режимдин өзгөрүүсү; Өзбекстанда ички рынокту коргоо боюнча чаралардын кабыл алынуусу сыяктуу сырткы факторлор да олуттуу таасирин тийгизди. Банк тутумунда экзогендик факторлор, айрым бир коммерциялык банктардын натыйжалуу эмес насыялык саясаты, алардын жогорку даражада аффиляциялуулугу, (тазалануусу) пайыз саясаттын өйдө жана ылдый болушу, начар менеджмент менен байланышкан көйгөйлөрдү тереңдетүүгө алып келди.

Банктардын насыялык портфелинин сапатынын төмөндөшү, чыгашалуу жана кайтарымсыз насыялардын үлүшүнүн көбөйүшү, натыйжасыз башкаруу тутуму, акционерлер тарабынан аткаруучу кызмат адамдарынын кыймыл аракеттерине көзөмөлдүн жоктугу, көзөмөлдүн жана ички аудиттин өнүкпөгөн тутуму бир катар банктардын төлөмгө жараксыз болуусуна алып келди. Банк секторунун тутумдук кризисинин пайда болуу коркунучу токтоосуз түрдө тез арада кардиналдык өзгөртүүлөрдү талап кылды.

Тутумдук кризистин алдын алуу максатында Улуттук Банк жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтү менен биргеликте төлөмгө жөндөмсүз банктарды жандандыруу жана түзүмүн кайра уюштуруу боюнча иш–чараларды жүргүздү, коммерциялык банктардын ишмердүүлүгүн көзөмөлгө алуунун ченемдик–укуктук базасын өркүндөтүү боюнча иштерди жандандырды. Республиканын коммерциялык банктары болсо өздөрүнүн аракетин экономика-

дагы кризистен кийинки кыйынчылыктарды жоюуга, активдерди кайтарууга жана ошого жараша резервдерди түзүүгө байланышкан көйгөйлөрдү чечүүгө, бардык каржылык туруктуулукту жогорулатууга багытталган.

Банктар тарабынан насыялык ишмердүүлүктүн сапатын жакшыртуу иштери жүргүзүлүп, орто мезгил келечекте жоюлуучулук (ликвидность) процессин башкарууга көбүрөөк көңүл бөлүндү. Биргеликте көрүлгөн чаралардын натыйжасында жашоого жөндөмдүү банктардын ядросу сакталып калынды, ал эми банк секторундагы тутумдук тобокел алгач четтетилип, андан кийин жоюлду. Эл аралык валюталык фонд тарабынан Бүткүл дүйнөлүк банк менен биргеликте 2004–жылы өткөрүлгөн каржылык секторду баалоонун жыйынтыгы коммерциялык банктардын ишмердүүлүгүн жөнгө салуунун негизги параметрлери жалпы кабылданган дүйнөлүк стандарттарга ылайык экендигин аныктады. Кыргыз Республикасынын банк тутумун андан ары өнүктүрүү максатында Кыргыз Республикасынын банк тутумун орто мөөнөттө өнүктүрүүнүн негизги багыттарында (программасында) чагылдырылган, биринчи кезекте чечилиши зарыл болгон маселелер аныкталган. Кыргыз Республикасынын банк секторун орто мөөнөттө өнүктүрүүнүн бул программасы тарабынан 2004–2006–жылдар аралыгында негизги максатка жетүү жана 2006–жылдын аягында каржылык ортомчулуктун деңгээлин ИДП га карата 18 % га жеткирүү үчүн төмөнкү зарыл маселелер аныкталган:

- банктардын капитализациялаштыруу деңгээлин жана капиталдын сапатын жогорулатуу;
- коммерциялык банктардын каржылык абалын жакшыртуу;
- экономиканын реалдуу секторун насыялоо жана акча ресурстарын мобилизациялоо боюнча банктардын ишмердүүлүгүн өнүктүрүү;
- кызмат көрсөтүүлөрдүн спектрин кеңейтүү, жаңы банктык продукцияларды киргизүү жана сунуш кылынган кызмат көрсөтүүлөрдүн сапатын жогорулатуу;

- банктарда корпоративдик башкаруу тутумун өнүктүрүү жана башкаруунун маданиятын жогорулатуу, тобокелдиктерди башкарууну жана ички көзөмөл тутумун өркүндөтүү;
- банк мыйзамдуулугун өркүндөтүү;
- банк көзөмөлүн жана жөнгө салууну бекемдөө;
- депозиттерди коргоо тутумун киргизүү;
- төлөм тутумун жакшыртуу;
- банк тутумунун терроризмди каржылоого жана кылмыш жолу менен алынган кирешелерди жоюуга каршы аракеттеринин механизмин түзүү;
- укуктук жана соттук тутумду өркүндөтүү.

Ошентип, акыркы жылдардагы банк тутумунун өзгөрүшү менен экономиканын туруксуз өнүгүүсү орун алган. Себептер катарында мыйзамсыз амалдардын ж.б. иштердин негизинде банктардын кубатсыз болуусу (“Максат” банкы), көз боёмочулук (Кыргыз дыйкан банк), уурулук, иштин жаңы ыкмаларын өздөштүрө албагандык (Сбербанк), администрациялоо (Хен–Фен банк) жана мамлекеттик кийлигишүү (Агропромбанк, Сбербанк) сыяктуу бир катар иш–аракеттер болгон.

Банк сферасындагы бул кыйынчылыктардын баары банктардын өздөрүнүн ишмердүүлүгү менен байланышкан ички себептердин таасири астында пайда болду. Мына ушулар банк тутумунда андан аркы принципиалдуу өзгөртүүлөрдү киргизүүнү шарттады.

Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан банк тутумунун ишмердүүлүгүн башкарууну өркүндөтүү боюнча бир катар ийгиликтүү кадамдар жасалды. Бул аракеттердин чындап натыйжалуулугун баалоонун, максаты мамлекеттин социалдык–экономикалык өнүгүүсүн эсепке алуу менен банк тутумунун натыйжалуулугун жана туруктуу өнүгүүсүн жогорулатуу боюнча банктык реформаны талдоо үчүн методикалык аппаратын иштеп чыгуунун зарылдыгы пайда болду.

Кыргыз Республикасында накталай эмес төлөмдөр тутумун киргизүү боюнча 2003–2008–жылдарга каралган иш–чаралардын Мамлекеттик программасын ишке ашыруу, калктын жашоо деңгээлин жогорулатууга жана жакырчылыкты кыскартууга

багытталган мамлекеттин экономикалык өнүгүүсүнүн өтө орчундуу компоненти катары каралат.

Бул Мамлекеттик программаны ишке ашыруу республикада бирдиктүү, ишенимдүү жана натыйжалуу төлөм тутумун түзүүгө мүмкүндүк берет жана калкка да, коммерциялык банктарга да бир катар артыкчылыктарды жаратат.

Мамлекеттик программаны ишке ашыруунун негизги артыкчылыктары төмөнкүлөр:

- банк кызматтарын алууга мүмкүнчүлүк жана борбордо да, региондордо да банкты эркин тандоо;
- депозиттик базаны чоңойтуу;
- банк тутумуна болгон ишенимди жогорулатуу;
- бюджеттик каражаттарды башкаруудагы айкындуулук;
- накталай акча каражаттарынын эмиссиясына жана инкассациясына болгон чыгашаларды кыскартуу;
- накталай акча каражаттарынын көмүскө айлануусун азайтуу;
- акча агымдарынын айкындыгы;
- арам акчаларды жана жемкордукту азайтуу боюнча натыйжалуу куралдарды пайдалануу.

Ошентип, банк тутумунун мааниси жана анын өнүгүүсүнө көп көңүл бурууда, анткени анын прогрессивдүү өнүүүсү биздин мамлекеттин экономикасына түздөн–түз таасирин тийгизет. Булар бүгүнкү күндөгү акча чарбачылыгынын бөлүгүн түзгөндүктөн, алардын ишмердүүлүгү кайра өндүрүүнүн суроо–талаптары менен тыгыз байланышкан. Алар экономикалык турмуштун борборунда болуу менен өндүргүчтөрдүн кызыкчылыгын акча агымы аркылуу өндүрүштү жана соода–сатыкты, айыл чарбасын жана калкты тейлешет.

Өзүнүн өнүгүүсүндө Кыргыз Республикасынын банк тутуму өнүгүүдө кыска жолун басып өттү. Бүгүнкү күндө республика универсалдуу коммерциялык банктардын салыштырмалуу бүтүн тутумуна жана каржылоо рыноктун сегментине (бөлүмүнө) укуктук базасына ээ. Клиентуралык тармактын өнүгүүсү жана банктык кызмат көрсөтүүнүн номенклатурасынын кандайдыр бир кеңейиши байкалат. Бирок, республиканын банк тутуму азыр деле кыйын каржылык абалда. Бул өз кезегинде мамлекеттин

экономикасынын өнүгүүсүн кечеңдетип жаткан факторлордун бири болуп калууда. Эл аралык стандарттарга ылайык, банктардын активдери ИДП нын 60–80%дык деңгээлинде болуусу керек, биздин республикада бул көрсөткүч 24–25% өлчөмүндө гана болуп жатат.

## §2. Улуттук банк – мамлекеттин акча– насыялык тутумунда башкы чектөөчү

Кыргызстандын Улуттук банкы, мамлекеттин борбордук банкы катарында мамлекеттик бийлик органы болуп саналат. Анын ишмердүүлүгү, адамдардын бакубаттуулугун жогорулатууга, туруктуу экономикалык өсүшүнө, жумушчулуктун жогорулалнышына жана улуттук банк мамлекеттин акча эмиссиялык борбору болуп саналат. Банкнот формасындагы акча белгилерин чыгарууга жана аны алып салуу боюнча монополиялык укукка ээ. Кыргыз Республикасынын Улуттук Банкынын статусу, милдеттери, функциялары, ыйгарым укуктары жана уюштуруу жана ишмердүүлүк принциптери мыйзамдуу түрдө Кыргыз Республикасынын Конституциясы жана Кыргыз Республикасынын 1997–жылдын 29–июлундагы 59–номерлүү "Кыргыз Республикасынын Улуттук Банкы жөнүндөгү" мыйзамы менен аныкталган.

Кыргыз Республикасынын Улуттук Банкынын ишмердүүлүгүнүн негизги максаты болуп тиешелүү акча–насыя саясатын жүргүзүү аркылуу баалардын туруктуулугуна жетишүү жана аны колдоо саналат. Банктын ишмердүүлүгүнүн максатына жетүүгө өбөлгө түзүүчү негизги маселе – бул улуттук валютанын сатып алуучулук жөндөмүн колдоо, республиканын банктык жана төлөмдүк тутумдарынын коопсуздугун жана ишенимдүүлүгүн камсыздоо болуп саналат (Кыргыз Республикасынын "Кыргыз Республикасынын Улуттук Банкы жөнүндө" Мыйзамынын 3–беренеси). Ошондой эле ал өлкөдөгү экономикалык кырдаалга ылайык республикада стратегиялык багытта акча– насыя саясатын иштеп чыгат жана жүргүзөт.

Коюлган максатты аткаруу үчүн Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы өзүнүн ишмердүүлүгүн мамлекеттик бийлик жана башкаруу органдарынан көз–карандысыз түрдө өз алдынча уюштурат жана ишке ашырат.

Улуттук банк стратегиялык максатын ишке ашырууда, башкача айтканда жумуш менен камсыз кылууну күчөтүү, өндүрүштү өркүндөтүү жана баанын туруктуулугун сактоодо валюталык курсту алмаштыруу, насыя жана акча агрегатынын түзүмүн чектөө максаты болуп эсептелинет. Улуттук банк инструменттердин жана алдыга койгон максаттарынын ортосунда атайын механизмин колдонот. (88– табл.)

Улуттук банктын куралдары болуп насыялоонун лимиттери жана пайыздык көрсөткүчтөрдүн жөнгө салуу; милдеттүү резервдердин эсептик ченемдердин өзгөртүлүүсү; ачык рыноктогу ыкмалар ж.б. кирет.

Насыялык иштерди активдештирүү максатында КРУБ тарабынан милдеттүү резервдердин формасы өзгөртүлдү. Алсак, милдеттүү резервдердин нормасын төмөндөтүү коммерциялык банктардын ашыкча резервдерин көбөйтөт, республиканын банк тутумунда кошумча насыялык резервдерди пайда кылат.

88–Таблица. **Акча– насыя саясатында колдонуучу механизмдери**

| Инструменттери | Утурумдук максаты | Жакын аралык максаты | Стратегиялык максаты |
|---|---|---|---|
| Түз инструменттери | Акча базасы | Акча массасы | ИДП тез өсүшү |
| Резервдик маркасы | Кыска мөөнөттүн проценттик ставкасы | Ички насыя | Инфляциянын төмөндөшү |
| Эсептөө ставкасы | - | Узун мөөнөттүн проценттик ставкасы | Төлөмдүн балансын жакшыртуу |
| Ачык рынокто операция жүргүзүү | – | Валюталык курс | – |

Коммерциялык банктар тарабынан милдеттүү резервдик талаптарды аткаруу КРУБ дун корреспонденттик эсебиндеги каражаттар менен гана эмес, коммерциялык банктардын кассаларындагы улуттук валютадагы накталай каражаттардын эсебинен да камсыздалат. Коммерциялык банктар резервдеги каражаттарды түрдүү төлөмдөрдү жүргүзүүдө укугу жок, алар Улуттук банкындагы корреспонденттик эсептеги каражаттарды пайдаланат.

Улуттук банк резервдик каражаттын нормасын өзгөртүү менен коммерциялык банктардын активдүү операциясын көлөмүн чектөөгө мүмкүндүк алат. Учурда Кыргызстанда милдеттүү резервдик норма 10% барабар.

КРУБ акча–насыя саясатына жана инфляцияга ылайык милдеттүү резервдердин ченемин дифференциялоо укугуна ээ. Милдеттүү резервдердин ченемин төмөндөтүү узак убакыттык насыя берүү менен банктардын өнүгүүсүнө колдоо көрсөтөт, бул болсо өз кезегинде экономиканы жандандыруудагы банктардын ролун күчөтүүгө мүмкүндүк берет.

Кыргыз Республикасынын Улуттук Банкы өзүнүн акча–насыя саясатында насыялык аукциондорду колдонот. Буларды өткөрүүнүн негизги максаты чыныгы рыноктук деңгээлинде эсептик чендин жана ресурстар бөлүштүрүүгө багытталган. Насыялык аукциондор коммерциялык банктар тарабынан белгиленген экономикалык ченемдер жана күрөөлүк камсыздоо шарттары сакталганда өткөрүлөт.

Улуттук банктын акча–насыя саясатында эсептөө ченеми инструмент болуп эсептелинет. Эсептөө ченеми насыя пайыздык ченемине “овернайт” 1,2 коэффиценти байланыштуу. Эсептөө ставкасы акча рыногунда кымбаттатуу же арзандатуу коммерциялык банктарга гана тиешелүү, ал эми менчик секторлор болсо келе жаткан пайыздык ченеми боюнча насыя ала берет.

Улуттук банк акча–насыя саясатында төмөнкү инструменттерди колдонот:

- ачык рыноктук операциясы;
- РЕПО–операциясы;
- мамлекеттин баалуу кагаздарды сатуу жана сатып алуу;
- валюталык рынокто операция жүргүзүү;
- насыянын ар түрдүү механизмдерин “овернайт” насыя, акыркы инстанцияга насыялоо ж.б.;
- милдеттүү резервди талап кылуу;
- эсептөө ставкасы.

Республикада акча насыя саясатынын мурдагы таянган багыты – акча базасы болуп келген. Акча элдин колунда болгон бардык накталай акчалар, ошондой эле коммерциялык банктардын

эсептеринде сакталып турган накталай эмес акчалары. Акча базасы бул акчанын санын туюндурат.

Улуттук банк азыркы учурда өзүнүн багытын жаңы негизге, тактап айтканда акчанын санынан базасына көп көңүл бөлөт. Ошол эле мезгилде акчанын санына да тап такыр көңүл бурулбай койгондук эмес. Демек, пайыздык чендер негизги индикатор болуп калган.

Улуттук банк 2014–жылдын 1–мартынан тартып 6% өлчөмүндө эсептик ченди бекитүү чечимин кабыл алган. Бул кабыл алынган эсептик чечим финансылык рыноктун катышуучуларына акча насыя саясаты кандай боло тургандыгы тууралуу сигнал жана багыт берет. Улуттук банк ченди жогорулашы менен акча каражат саясатын катуулатат, ал эми төмөндөшү – ал саясаттын жеңилдешин түшүндүрөт. Эсептик чендин өзгөрүшү экономикалык кырдаалга жараша болот.

Улуттук банк ар бир үч айда бир жолу башкармалык жыйынында экономика абалы талкуулашып, эсептик чендин өзгөртүүнүн зарылдыгын чечим кабыл алышат. Улуттук банк эсептик чендин аныктоо жана тактоо механизмдери менен акча насыя саясатында жаңы усулдарды колдонуп, эсептик чендин айланасында пайыздык коридорду түзөт. Бул саясаттын негизинде коммерциялык банктар өздөрүнүн сом акчаларын Улуттук банкка белгилүү бир пайыздык ченемдер менен коюуга мүмкүнчүлүк алат.Бул акча экономика үчүн иштейт да “овернайт” насыя деп аталат. Келечекте Улуттук банк 7 күндүк насыя деген дагы жаңы инструментти киргизүү үчүн иш алып барат.

Экономикасы өнүккөн өлкөлөрдө Борбордук банк өзүнүн эсептик ченемин өзгөрткөндө, ал боюнча коммерциялык банктар андан каражат алышат. Бул болсо коммерциялык банктар тарабынан бизнес чөйрөсүнө берилүүчү насыялык ченемдерди өзгөртүүгө алып келет (89–табл.).

89–Таблица. **Депозит жана насыя боюнча пайыз ченеми**

| | 2005 | 2009 | 2010 | 2011 | 2012 | 2013 |
|---|---|---|---|---|---|---|
| **КРУБ эсептик ченеми** | 4,1 | 0,9 | 5,5 | 13,6 | 2,6 | 4,2 |
| **Мамлекеттик казына векселдери** | 4,3 | 10,9 | 4,6 | 8,0 | 6,1 | 4,9 |
| **Банк аралык насыя рыногу улуттук валюта менен** | 1,0 | – | – | – | – | – |
| **Чет элдик валюта менен** | 3,2 | 7,8 | 4,5 | 9,1 | 7,7 | 7,3 |
| **Депозиттер боюнча:** | 4,3 | 6,0 | 2,9 | 3,5 | 1,6 | – |
| **Улуттук валюта менен** | 2,0 | 2,8 | 2,0 | 2,2 | 2,3 | 2,3 |
| **Чет элдик валюта менен** | 0,2 | 1,7 | 1,1 | 0,8 | 0,8 | 0,8 |
| **Насыялар боюнча:** | | | | | | |
| **Улуттук валюта менен** | 25,4 | 26,7 | 23,7 | 23,8 | 23,0 | 21,3 |
| **Чет элдик валюта менен** | 16,8 | 21,5 | 19,8 | 19,6 | 19,1 | 17,7 |

Статистикалык маалыматы: “КР мекемелеринин финансысы” 2005–2014.

КРУБ акча массасын жөнгө салуу жана улуттук валютанын баалуулугун бекемдөө максатында валюталык аукцион өткөрөт. Коммерциялык банктардын валюталык соода–сатык ашыкчасын нормалдаштыруу жана сомдун долларга карата сезондук термелүү туруктуулугу үчүн валюталык операцияларды жүргүзүүгө туура келет. Республикада алмаштыруу курсунун саясатында өзгөчө эркин “либералдуу” ыкманы– улуттук валютанын курсунун суроо жана талаптын негизинде түзүлүүчү эркин толкун сымал режиминен пайдаланышат.

Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы коммерциялык банктарды капитализациялоо программасын да кабыл алган. Анда капиталдын минималдык өлчөмү боюнча катуу талаптар коюлган. Буга ылайык, 2001–жылы иштеп жаткан банктар 100 млн. сом өлчөмүндөгү капиталга ээ болуусу зарыл болсо, ал эми 2003–жылы 30 млн. сомдон кем эмес, 2006–жылдын январынан – 60 млн. сомдон кем эмес көлөмдө болуусу зарыл.

Банктын капиталынын өлчө көлөмү банкка жана бүтүндөй эле банк тутумуна болгон коомдун ишенимин арттырат. Бул болсо экономикалык туруктуулуктун жетишээрлик деңгээлде банк капиталынын өлчөмдөгү зарылдыгын талап кылат. Бирок, практика жүзүндө ири өлчөмдө уставдык капиталга ээ болгон банктар жогору баада кызмат көрсөтүү менен каржылык рынокто монополиялык абалды ээлешет да, бирок, ишканалардын,

фирмалардын ж.б. киреше жана пайда көлөмүнө терс таасирин тийгизет. Ошол эле учурда, ири ишканаларды же ири бизнести тейлөөгө мүмкүнчүлүгү бар мындай банктар кичи жана орто бизнеске аз көңүл бурушат. Демек, рынок тутумунда кичи жана орто ишкердик тез өнүгүүгө ээ болгондуктан, каржылык мааниде кичи банктарды да өнүктүрүү зарылчылыгы келип чыгат.

Уставдык капиталынын өлчөмү боюнча эң ири банктар болуп Кыргыз инвестициялык– насыялык банкы жана кээ бир башка банктар саналат. Кыргызстандын 22 банкынын ичинен ону 100 млн. жана андан көбүрөөк сом уставдык капиталга ээ. Алардын үлүшүнө коммерциялык банктардын бүткүл капиталдык базасынын 70% га жакыны туура келет.

КРУБ эсептик ченеми саясаты менен активдүү иш алып барат. Инфляциянын төмөндөшүнө жараша республикадагы эсептик ченеминин деңгээли да төмөндөө тенденциясына ээ болот, ал эми жогору жоюмдуулук (ликвидность) оң көрсөткүч болгону менен саналат, банктын активдүүлүгүн да төмөндөшүн мүнөздөйт. Белгилүү болгондой, жоюмдуу активдердин өсүүсү аларды насыялык берүүдөн алыстатат, ошону менен бирге коммерциялык банктардын реалдуу секторлор менен өз ара байланышын төмөндөтөт.

КРУБ нын республиканын Каржы Министрлиги менен биргеликте акча массасынын көлөмүн жана бюджеттик дефицитти жабуунун цивилизациялуу ыкмасын чектөөдө, орчундуу багыты мамлекеттик кыска мөөнөттүү казына векселдеринин рыногун өнүктүрүү болуп саналат.

Мамлекеттик казына векселдери (МКВ) республиканын Каржы министрлиги тарабынан мамлекеттик бюджеттин дефицитин каржылоо максатында чыгарылуучу баалу кагаздар. Каржы Министрлиги менен болгон келишимге ылайык, Улуттук банк жума сайын казына векселдерди жайгаштыруу боюнча аукциондорду өткөрүп турат.

1993–2005–жылдар аралыгында мамлекеттик казна вексельдерин сатуу көлөмү 79 эседен көп өстү. Акыркы жылдарда, тактап айтканда 1995–жылдан баштап алты жана он эки айлык мөөнөттүү казына вексельдери айландырууга чыгарылган жана бүгүнкү күндө алардын жалпы көлөмү маанилүү өстү.

Ошол эле учурда КРУБ башка банктар менен биргеликте бирде резервдердин насыялык тутумга кошулуусун, бирде андан алынуусун аткарат. Акча массасынын айлануудагы ашыкчалыгы баалуу кагаздарды сатуу жолу менен чектелет.

1996–жылы МКВ ны жеке жактарга атаандаштык эмес түрдө сатуунун убактылуу тартиби ишке киргизилген. Мунун негизинде алар өзүнүн каражаттарын эсептик–сактоо компанияларына салуу менен кошумча киреше алууга мүмкүнчүлүк түзүлдү.

Баалуу кагаздар рыногунун чөйрөсүн кеңейтүүдөгү оң жактуу факторлорго инвестициялык, пенсиялык фонддорго, камсыздоочу компанияларга жана башка банктык эмес мекемелерге МКВ түздөн–түз КРУБ өзүнөн сатып алуу укугу бар экендигин кошууга болот (90–табл.).

КРУБ акча–насыя саясаты экономикадагы түрдүү акча агымдарын пайдалануу укугуна ээ болуу үчүн өлкөдөгү акча массасынын санын, экономикага банк тутумунан келип жаткан насыялык агымдардын жана пайыздык ченемдердин жалпы деңгээлин чектөөнү жүргүзөт. Акча массасын чектөө процесси рыноктун негизинде жүрүп жатканын жана айландыруудагы акчанын саны улуттук жана чет өлкө валютасына, насыяларга, МКО (ГКО) жана МКВ га болгон талап жана сунуштардын катышына түздөн– түз көз– каранды экенин белгилей кетүү зарыл. Пайыздык ченемдердин деңгээли болсо экономиканын туруктуулугунун, аны өнүктүрүү үчүн насыялык резервдердин бар же жок экендигинин жана, сырткы насыялык булактардан көз–карандылык деңгээлин көрсөтөт.

90–Таблица. **Баалуу кагаздардын пайыздык ченеми**

| | **2002** | **2005** | **2008** | **2009** | **2010** | **2011** | **2012** | **2013** |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **КРУБ эсептик ченеми** | 4,4 | 4,1 | 19,2 | 2,3 | 6,3 | 8,0 | 5,8 | 6,7 |
| **МКВ, 3 ай** | 8,7 | 4,3 | 12,7 | 10,9 | 4,6 | 8,0 | 6,1 | 4,9 |
| **МКВ, 6 ай** | 12,2 | 4,8 | 14,3 | 12,3 | 7,4 | 13,0 | 8,5 | 6,5 |
| **МКВ, 12 ай** | 17,7 | 7,0 | 15,2 | 13,6 | 12,1 | 16,9 | 10,8 | 9,5 |
| **Банктар аралык РЕПО–малдар** | 5,9 | 3,5 | 8,9 | 8,4 | 3,7 | 9,4 | 7,7 | 3,8 |
| **Улуттук валютадагы насыялар боюнча ченеми** | 24,8 | 25,7 | 23,7 | 25,3 | 22,9 | 22,3 | 21,8 | 20,7 |

| | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **Чет өлкө валютасындагы насыялар боюнча ченеми** | 18,3 | 16,2 | 19,5 | 20,6 | 19,3 | 18,6 | 17,3 | 16,4 |

Статистикалык маалыматы: “КРУБ банкбюллетендери боюнча”, 2005–2014

КР Улуттук банкы акча–насыя саясатын дайыма жүргүзүп турат. Демек, Улуттук банктын активдеринин, милдеттемелеринин, капиталынын жана резервдеринин өсүш деңгээлин көрсөтүп турат. Мисалы, акыркы 2009–2014 жылдары УБ активи 75,6 млрд. сомдон 114,6 млрд сомго, же 51,5%, милдетмелери–64,3 млрд. сомдон 99,7 млрд. сомго, же 55,0%, капиталдарды жана резервтери–11,3 млрд. сомдон 14,8 млрд. сомго, же 39,9% өскөн (91–табл.).

Рынок экономикасына өтүү менен төлөм тутумунун кайра куруу жана иштетүү зарылдыгы пайда болду. Бул багытта КРУБ өнүгүүп бара жаткан рынок экономикасынын шарттарында колдонууга жана биздин республиканын географиялык жана экономикалык өзгөчөлүктөрүнө туура келген өз ара эсептешүүлөрдүн борборлоштурулган клирингдик тутумун түзүү боюнча максаттуу иш алып барды. 1997–жылы Улуттук Банкта ири жана ыкчам төлөмдөрдү жүргүзүү боюнча эсептешүүнүн гросс тутуму киргизилди.

91–Таблица. **Улуттук банктын активи, милдеттемелери жана капиталы (жыл аягына) млн. сом менен**

| | **2009** | **2010** | **2011** | **2012** | **2013** |
|---|---|---|---|---|---|
| **Активдери** | 75653,5 | 87024,3 | 90843,1 | 102770,3 | 114649,7 |
| **Алтын жана күмүш** | 4002,7 | 5500,9 | 6140,2 | 7721,6 | 6885,1 |
| **Банктын, башка каржы** | | | | | |
| **уюмдардын эсеби** | 44560,8 | 59397,1 | 57975,6 | 57260,6 | 74082,1 |
| **Баалуу кагаз, сатууга даяр** | 20785,0 | 15573,0 | 20688,3 | 32554,7 | 28864,6 |
| **нактасы** | 2907,5 | 3026,8 | 3121,1 | 2311,2 | 1511,6 |
| **Ордун толтуруу үчүн** | 2015,0 | 2000,0 | – | 61,0 | 61,0 |
| **инвестиция** | | | | | |
| **Кыз компанияларга** | 503,0 | 532,1 | 558,8 | 1006,2 | 1115,7 |
| **инвестиция** | 879,4 | 994,3 | 1034,2 | 1044,4 | 1275,6 |
| **Негизги каражат жана** | – | – | – | 810,5 | 854,1 |
| **материал эмес активдери** | 64305,3 | 70440,4 | 75246,9 | 85637,6 | 99798,5 |
| **Башка активдери** | 35738,7 | 43290,3 | 49866,9 | 58252,2 | 66954,2 |
| **Берилген насыялар** | | | | | |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| **Милдетмелери** | 9980,4 | 6128,6 | 5606,3 | 7366,7 | 6707,2 |
| **Жүгүртүү банкноттору** | | | | | |
| **Банкта жана башка** | 3980,3 | 7246,7 | 6492,3 | 5192,4 | 8425,7 |
| **каржы уюмдардагы эсеби** | | | | | |
| **Сатуу жана сатып алуу** | | | | | |
| **келишим боюнча баалуу** | | | | | |
| **кагаз төлөм эсеби** | | | | | |
| **Сатууга чыккан баалуу** | 1059,5 | 70,8 | 207,4 | 796,7 | 585,7 |
| **кагаз** | 13457,7 | 667,9 | 1359,2 | 3046,9 | 6634,6 |
| **Алынган насыялар** | | | | 4752,8 | 4029,8 |
| **МВФ алынган** | – | 12900,5 | 11620,7 | 6192,3 | 6426,3 |
| **бөлүштүрүү түрүндө СПЗ** | 88,6 | 135,6 | 94,1 | 37,5 | 35,0 |
| **боюнча милдеттемалары** | 11348,2 | 16583,8 | 15596,1 | 17132,7 | 14851,2 |
| **Башка милдетмелери** | 300,0 | 1000,0 | 1000,0 | 1000,0 | 1000,0 |
| **Капиталдар жана резерви** | 10331,5 | 14006,7 | 12345,0 | 15350,4 | 13407,0 |
| **(булак)** | 716,7 | 1577,1 | 2251,1 | 782,3 | 444,2 |
| **Уставдык капиталы** | | | | | |
| **Резерви (булактары)** | 75653,5 | 87024,3 | 90843,1 | 102770,3 | 114649,7 |
| **Отчет мезгилинде пайда** | | | | | |
| **Милдетмелердин жана** | | | | | |
| **капиталдын бардыгы** | | | | | |

Статистикалык маалыматы:”КР мекемелердин каржылоо финансы”, 2014.

1999–жылы Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы төлөм тутумунун ченемдик–укуктук базасын жана техникалык камсыздалышын иштеп чыгуу, кайра карап чыгуу жана өркүндөтүү боюнча иштерди жүргүзүүнү улантты. Бул иштеги негизги багыттар төмөнкүлөр болду:

- элекрондук төлөмдөр тутумуна өтүүнү камсыздоо үчүн ченемдик документтердин пакетин иштеп чыгуу жана аппараттык–программалык комплексти даярдоо;
- эл аралык төлөмдөрдү жүргүзүү үчүн КРУБ дун SWIFT тутумуна кошулуу долбоорун ишке ашыруу;
- кагаздагы төлөм документтерин кайра иштетүү боюнча клирингдик борбордун жумушун жөнөкөйлөтүү жана өркүндөтүү.

“Электрондук төлөмдөр жөнүндөгү” Мыйзамдын кабыл алынуусу төлөмдүү банк тутумунун өнүктүрүүнүн орчундуу кадамы болду. Ал банк тутумунда төлөмдөрдү жүргүзүү үчүн өзгөчө прогрессивдүү кагаз технологияларын пайдаланууга мүмкүндүк берди.

2002–жылдын июнь айында Улуттук Банкта SWIFT дан коллективдүү пайдалануу борбору эксплуатацияга киргизилди, бул коммерциялык банктардын SWIFT тармагына кошулуусу боюнча

чыгымдарды азайтууга мүмкүндүк берди. Бул тутумдар экономикасы өнүккөн бардык мамлекеттерде пайдаланылып жаткан заманбап төлөм тутумдарынын негизин түзүшөт.

Ошентип, республикадагы төлөм тутумдарында үч негизги элементтер түзүлдү:

- пакеттик клиринг тутуму, б.а. майда накталай төлөмдөрдү кайра иштетүү;
- коммерциялык банк, өкмөт ж.б. сыяктуу ири төлөөчүлөрдүн төлөмдөрүн кайра иштетүүчү гросс тутуму;
- ар түрдүү төлөм карталарын кайра иштетүүнүн негизги звеносу болуп саналган банктар аралык прессингдик борбор.

Улуттук банк акча–насыя саясатын дайыма жүргүзүп турат. Буга ИДП дп активдердин, насыялардын жана депозиттердин көбөйүүсү күбө.

Мындан сырткары КРУБ каржы тутумунда көзөмөл саясатын жүргүзөт. Дүйнөлүк банк практикасында банктык көзөмөлдү уюштурууга карата түрдүү ыкмалар бар. Көзөмөл структурасынын уюштурулуусунун ыкмалары боюнча айырмаланышкан мамлекеттердин үч тобун бөлүп кароого болот:

- көзөмөл борбордук банк тарабынан жүргүзүлгөн мамлекеттер: Австралия, Улуу Британия, Исландия, Испания, Ирландия, Италия, Жаңы Зеландия, Португалия;
- көзөмөл борбордук банк тарабынан эмес, башка органдар тарабынан жүргүзүлгөн мамлекеттер: Канада, Дания, Люксембург, Швеция, Австрия, Финляндия, Норвегия;
- көзөмөл борбордук банк тарабынан башка органдар менен биргеликте жүргүзүлгөн мамлекеттер: Швейцария (Борбордук банк тарабынан Федералдык банк комиссиясы жана Швейцария банктар ассоциациясы менен биргеликте); Франция (Франция Банкы тарабынан Банк комиссиясы менен биргеликте); Германия (Бундесбанк тарабынан Насыялык көзөмөлдүн федералдык кызматы менен биргеликте); АКШ (Федералдык резервдик тутум тарабынан Каржы министерствосу–Казначейство–акча айландыруунун көзөмөлү аркылуу жана көз каранды эмес агенттик–депозиттерди камсыздоонун (страхование) Федералдык компаниясы менен биргеликте).

Өлкөбүздүн Улуттук банкы бүгүнкү күндө мамлекеттин каржы–насыя тутумунун негизги звеносу болуп саналат. Ал официалдуу акча–насыя саясатынын жетектөөчүсү. Өз кезегинде акча–насыя саясаты бюджеттик саясат менен катар бүткүл экономиканы мамлекеттик чектөөнүн негизин түзөт.

Ушуну менен бирге КРУБ өкмөттүн агенти да болуп саналат. Бул учурда ал өкмөткө карыздарды, валюталык жана акча–насыя саясаттарын башкаруу сыяктуу маселелерде консультация берет. Мындан сырткары КРУБ өкмөттүн каржылык ыкмаларында анын өкүлү катары болот.

КРУБ тарабынан банктарды кайра каржылоонун атайын фонду түзүлгөн. Анын кызматы насыялоо ишин стимулдаштыруу, пайыздык ченемдердин төмөндөшүнө көмөктөшүү болуп саналат. Бул фонд бүгүнкү күндө экономиканын түрдүү сфераларына 350 млн. сом бере алды.

Депозиттерди коргоо боюнча агентство түзүлдү, анын потенциалы жарандардын салымдары коргоо үчүн керектүү деңгээлге чыкты. Банктарды кайра каржылоо фонду башталганда 4 млрд. сомду түзгөн. Кыргызстандын аймагындагы улуттук тутумдун негизги оператору–банктар аралык процессингдик борбор уюштурулду, учурда ал 20дан ашуун коммерциялык банктарды тейлеп жатат.

Фонддун максаттуу керектелүүсү көлөмү мыйзам күчүнө кирген убакыттагы (2008–жылдын август айы) бардык коммерциялык банктардагы жарандардын кепилдигинен депозиттеринин 15% на туура келет. Мындай каржылык коргоо азырынча жеке жактарга гана, ал эми келечекте юридикалык жактарды да кошуу каралган. Бул фонддун максаты–калктын инвестициялык ишмердүүлүгүн активдештирүү.

Ошондой эле республикада 340 млн.сом суммасындагы Депозиттерди камсыздоо фонду түзүлгөн. Бул “Банктык салымдарды (депозиттерди) коргоо жөнүндөгү” Мыйзамдын кабыл алынуусуна байланыштуу болду. Ага ылайык, салым салуучу коммерциялык банктын кубатсыз болуп калган учурунда өзүнүн каражаттарынын ордун толуктоосун талап кылуусуна кепилдик берилет. Ошонун негизинде ар бир акча салым салуучу эми 100 миң сом өлчөмүндө (2 мин АКШ долларынын айланасында) акча

каражатын ала алат, жыйынтыктап айтканда жалпысынан Улуттук Банк төмөнкү функцияларды аткарат:

- экономиканы акча–насыялык жөнгө салуу;
- насыялык акчалардын эмиссиясы;
- насыялык мекемелердин ишмердүүлүгүн көзөмөлдөө;
- башка насыя мекемелеринин кассалык резервдерин топтоштуруу жана сактоо;
- коммерциялык банктарды насыялоо (кайра каржылоо)
- өкмөткө насыялык–эсептешүүлүк кызмат көрсөтүү;

Ошондой эле Улуттук банктын инфраструктурасын келечекте өркүндөтүү үчүн:

- төлөө системасын жакшыртуу;
- айыл жергесинде банктык кызмат көрсөтүүнү кеңейтүү;
- ипотекалык саясаттык системаны өркүндөтүү;
- финансылык ортомчулуктун эффективдүүлүгүн күчөтүү;
- экономикада турукчулук боюнча иш жүргүзүү ж.б.

Ошентип, Улуттук банк, бардык өлкөлөрдүн борбордук банктары сыяктуу, каржылык тутумда приоритеттүү абалды ээлейт. Анын акча рыногундагы ишмердүүлүгүн укуктук жөнгө салуу, биринчи кезекте, “Кыргыз Республикасындагы банктар жана банк ишмердүүлүгү жөнүндөгү” мамлекеттик мыйзамы жана башка мыйзам ченемдүү актылар менен регламенттештирилет.

## §3. Коммерциялык банктар жана реформа шарттарында акча–насыя саясатын ишке ашыруу

Коммерциялык банктар– калктан жана ишканалардан салымдарды кабыл алууга жана насыя берүүгө уруксат берүүчү КРУБдун атайын финансы институттарынын адистештирип өркүндөтүү үчүн банктар боюнча жаңы мыйзамдар иштелүүдө.

Экономикада банк системасы рыноктун шартына ылайыктуу үч ролду аткарат: биринчиден, коммерциялык банктын түзүмүн төлөө системасы башкарат, экинчиден, коммерциялык банкы башка финансы институттары сыяктуу эле элдин сактаган финансысын, ишкерлерге насыя катарында каржылайт, үчүнчүдөн, коммерциялык банк, улуттук эмисиондук банкы менен экономикалык системада акчанын санын жана анын акча жүрүшүн

тескөөгө жардам берет. Анткени, туруктуу жана акча эмес, акча массасынын өсүшүнө, инфляция процессинин тез эмес жүрүшүнө, базарда баанын деңгээлин бирдей өчөмдө кармап туруу менен экономиканын эффективдүү өсүшүн камсыз кылат.

Банктын иши жеке эле акча массасын чогултуу эмес аларды компаниянын, мекемелердин, элдин талабына жараша жайгаштыруу болуп саналат. Демек, банк системасы капиталдын чогулушуна жана финансылык турмуштун бардык жагдайына активдүү кийлигишет.

Оор өнөр жай, транспорт, айыл чарба жана башка мекемелердин кошумча финансылык талабына коммерциялык банктар, өндүрүштүн кеңейишине эл чарбасынын кайра өсүш структурасын түзүлүшүнө инвестиция (насыя) аркылуу таасирин тийгизет.

Азыркы кезде коммерциялык банк клиенттерине 200 гө чейин ар түрдүү, банктык продукцияны жана көзөмөл көрсөтүү иштерин жүргүзөт. Бирок, кандайдыр базалык иштерсиз банк системасы толук жана жакшы иштөөгө мүмкүн эмес. Бул иштерге төмөнкүлөр кирет:

- депозиттерди кабыл алуу;
- акча төлөө жана эсептөө иштерин жүргүзүү;
- насыя берүү ж.б.

Коммерциялык банктардын депозиттерин жана акчанын көлөмүн көбөйтүү жана азайтуу Улуттук банк милдеттүү резерви аркылуу жүргүзүлөт. Ошондой эле коммерциялык банктар чарбалык бирдиктердин ортосунда ортончу ролду ойнойт. Алар бош капиталдардын ээсине ыңгайлуу формадагы акча каражатын сактоо менен клиенттерге акчага болгон муктаждыгын канааттандырат.

Мындан тышкары банктар ар түрдүү корпорацияларга, мекемелерге, менчик адамдарга ишеним операциясын жүргүзүшөт, башкача айтканда баалуу кагаздарды сатып алуу, кыймылсыз мүлктү башкаруу, ж.б. иштери өндүрүштүн эффективдүүлүгүнө таасирин тийгизет.

Финансылык ортомчулуктун масштабы өтө эле чоң, анткени банктар акча каражат аркылуу мекемелерге, мамлекеттик уюмдарга жана менчик үй бүлө чарбаларына усулдук иштерди активдүү жүргүзүшөт. Булардын ичинен, менчик үй бүлө

чарбалары, мамлекет жана мекемелер үчүн акча каражат менен камсыздайт, б.а. инвестиция кылат.

**Коммерциялык банктарды уюштуруу принциптери.**

Коммерциялык банктын ишмердүүлүгүнүн биринчи жана негиз принциби болгон ресурстардын чегинде иш жүргүзүү. Бул коммерциялык банк өзүнүн ресустары менен насыялык салымдарынын сан тарабынан туура келүүчүлүгүн гана камсыз кылбастан, банк активдери менен мобилизацияланган ресурстардын спецификасына дал келишин камсыз кылуу дегенди түшүндүрөт. Биринчи кезекте алардын мөөнөтүнө тиешелүү. Алсак, эгерде банк каражаттарды негизинен кыска мөөнөткө тартып, ал эми салымын болсо узак мөөнөттүк ссудаларга берген болсо, анда анын каржылык коркунучу пайда болот. Банктын активдеринин арасында жогору тобокелдүүлүк ссудалардын санынын көп болушу жалпы ресурстарынын көлөмүндө өздүк каражаттарынын салыштырма салмагын көбөйтүүгө туура келет.

Коммерциялык банктын ишмердүүлүгүнүн негизин түзгөн **экинчи маанилүү принциби**, өз алдынча экономикада иш жүргүзүү жана анын экономикалык жоопкерчилиги. Экономикалык көз карандысыз–банктын өздүк каражаттарын жана тартылган ресурстарды жумшоодо клиенттерди жана салым кошуучуларды тандоо, жана банктын кирешесин сарптоо эркиндиктери.

Иштеп жаткан мыйзамдуулук негизинде коммерциялык банктарга өзүнүн фонддорун жана кирешелерин сарптоодо экономикалык эркиндикти камсыз кылат. Банктык салыктарды төлөгөндөн кийинки өзүнүн карамагында калган пайдасын акционерлердин жалпы жыйынын чечими менен сарпталат. Бул чогулушта банктын түрдүү фонддоруна болуучу чегерүүлөрүнүн нормаларын жана ошондой эле акциялар боюнча дивиденддердин өлчөмдөрүн белгилейт. Өзүнүн милдеттенмелери боюнча коммерциялык банк тиешелүү бардык каражаттарды жана мүлктөрү менен жооп берет. Ошондой эле ыкмалары боюнча өзүнүн мүмкүн болгон бардык тобокелчиликтерди банк өз мойнуна алат.

2002–жылы Кыргызстандын банк тутуму 22 коммерциялык банктардан болгон. Турциянын Демир банк, Казакстандын Халык банк, Алматы соода банкы, Пакистандын Улуттук банкы, Ага–Хан Фонду тарабынан түзүлгөн Кыргыз Инвестициялык насыялык

банкы ж.б. Өнүгүүнүн жана реконструкциялоонун Европалык банкы жана башка эл аралык уюмдар тарабынан түзүлгөн чет мамлекеттик банктар да бар.

Акыркы учурда Америка кошмо штатында 6936, Германия–2048, Россия–1018, Австралияда–867, Италияда–793 банкы негизинен коммерциялык банктар иштейт.

Республикадагы коммерциялык банктардын өнүгүү тарыхында алардын каржылык–кубатсыз болуп калуу учурлары байкалат. Мисалы, Агропромбанк, Кыргызэлбанк, Хэн–Фэн банк, Ориент, АКБ “Курулуш банк” ж.б. банктардын жоюлуп кетиши күбө. Ошол эле учурда, айрым банктын жараксыз болуп калышы айрым ишканалардын экономикасы гана эмес, жалпы мамлекеттин экономикасы үчүн да терең зыянын тийгизет.

Кыргызстандын акча–насыя тутумунда коммерциялык банк мекемелери аймактар боюнча теңдештирилип жайгашылган эмес. Алсак, алгачкы учурда бардык коммерциялык банктардын башкы мекемелери борбор шаарында жайгашкан жана алардын филиалдарынын негизги бөлүгү (85) Бишкек шаарында жана Чүй областында топтолгон. Бул болсо ушул региондо негизги ири өндүрүштүк, кайра иштетүүчү ишканалар жана соода борборлору жайгашкандыгын айгинелейт. Республиканын башка региондорунда (Ысык–Көл, Нарын, Ош, Жалал–Абад, Баткен, Талас областтарында) жети коммерциялык банктардын 161 филиалы (2008–жылга карата) болгон. Ал эми 2013 жылы 24 банктын 193 филиалы болуп, анын ичинен Баткен обл.–7, Жалал–Абад обл.–32, Ысык–Көлдө–25, Нарында–14, Ошто–36, Таласта–9, Бишкекте–41 түзүлгөн.

**Коммерциялык банктын функциялары.** Ири коммерциялык банктар көп функциялык операцияны аткарышат, алсак депозиттерди кабыл алуу, эсеп–кысап счетторду ачуу жана насыя берүү. Ал эми башка адистештирилген финансылык институттары кеңири операция ишин жүргүзүүгө мүмкүндүгү жокко эсе.

Коммерциялык банктардын негизги функциялары:

1. **Эсеп–кысап функциясы**. Банктар накталай жана накталай акча эмес төлөө методдорун колдонушат. Рыноктун шартында негизинен мекемелердин ортосунда накталай эмес эсеп–кысап аркылуу иш жүргүзүлөт. Накталай эмес төлөө эсеп–кысаптын өзүнчө да түрлөрү бар.

2. **Которулма вексель**– атайын жазуу түрүндө даректелген бир адамдан (вексель берүү) башка адамга (төлөөчүлүк) вексель берген кол койгон буйрук суроо–талап боюнча төлөө жүргүзүү, же болбосо үчүнчү адамга (бенефициярга) бир мөөнөткө белгиленген акча, буйрук берүүдө.

Убактылуу эркин акча каражаттарын топтоштуруу жана ишке салуу боюнча коммерциялык банктардын функциясы банктардын өтө маанилүү функцияларынын бири. Бүткүл экономикалык агенттердин–калктын, ишканалардын жана мамлекеттин эркин акча каражаттарын тартуу жана алардан киреше алуу максатында капиталга айландырууда коммерциялык банктар башкы ролду ойнойт. Акча каражаттарын тартуу функциясын аткаруу менен коммерциялык банк карыз алуучу катарында иш жүргүзөт. Чоң көлөмдөгү акча каражатын топтоштуруу менен банк акчаны өзүндө сактабайт, ал аларды насыя берүү жана баалуу кагаздарды сатып алуу менен экономикага салым кошуу аркылуу капиталга айландырат.

Насыя берүү функциясын аткарууда коммерциялык банк акча каражаты бар субъекттер менен ага муктаж болгон субъекттердин арасында ортомчу болот. Практикада акча каражаттары кээ бир субьектерде, ал эми ага болгон чыныгы муктаждык башкаларда болгон учурлар көп байкалат. Акча каражаттарын топтоштуруу менен банк бул ресурстарды муктаж болуп жаткандарга керектүү өлчөмдө жана зарыл убакытка берүү мүмкүнчүлүгүнө ээ болот.

Чарбачылыкта эсептешүүлөрдү жана төлөмдөрдү жүргүзүү– коммерциялык банктар акча каражаттарын которуу кызматын аткаруу менен төлөм тутумунун иштөөсүн камсыз кылат. Коммерциялык банктар аркылуу төлөм тутумун кеңири колдонууда накталай акча каражаттарды кыскартып, акчасыз төлөмдөрдү жүргүзүү практика жүзүндө кеңири колдонууда. Чет мамлекеттерде накталай эмес эсептешүүлөр бардык эсептешүүлөрдүн 90% дан ашуун үлүшүн түзөт. Бул функцияны ишке ашыруу максатында коммерциялык банктар өздөрүнүн клиенттери үчүн эсептик счет ачып, акча каражаттарын которууну аткарышат.

Айрыкча банктар, ишканаларды, мамлекетти жана калкты насыялоо функциясы чоң мааниге ээ. Бош акча каражаттары барлар аларды түздөн–түз ссуда катарында карыз алуучуларга

берүүсү чарбалык практикалык турмушта татаал процесс болуп саналат. Насыялардын эсебинен өндүрүш, айыл чарбасы, соода–сатык, ж.б. тармактары каржыланат, өндүрүштү кеңейтүү камсыздалат. Коммерциялык банктар насыя алуучулардын жашоо шартын жогорулатууга шарт түзүү менен узак мөөнөткө колдонулуучу товарларды сатып алуу үчүн ссудаларды берет.

**Эмиссиондук–түзүүчүлүк (учредительская) функция** коммерциялык банктар тарабынан баалуу кагаздарды (акцияларды, облигацияларды) чыгаруу жана жайгаштыруу иштери аткарылат. Бул функцияны аткаруу менен банктар сактык каражаттарды өндүрүштүк максаттарга багыттоону камсыз кылуучу канал сыяктуу болуп калышат. Баалуу кагаздар рыногу банктык насыялар тутумун толуктайт жана аны менен биргелешкен иш аткарат.

Бүгүнкү күндө Кыргыз Республикасынын банк тутуму 22 коммерциялык банктардан турат. Банктардын төлөнгөн уставдык капиталдары жөнүндөгү маалыматтардын негизинде аларды төмөнкүдөй классификацияга болууга туура келет: ири (100 млн. сомдон ашуун капиталы менен), орто (50 млн. сомдон 100 млн. сомго чейинки (100 млн. сом кошо) жана кичи (50 млн. сомго чейин (бул сумма кошо) банктар. Мисалы, 2010–жылдын 1–апрелине карата республиканын коммерциялык банктарынын капиталы 8930,3 млн. сомду түзгөн, анын ичинен төлөнгөн капитал–8677,3 млн. сом, мындан чет элдик капитал 3888,6 млн. сом (92–табл.).

Коммерциялык банктар тутумунун суммардык регулятивдик капиталы акыркы беш жыл аралыгында 4 эсе өсүү менен 2009–жылдын аягына карата 13,9 млрд. сомго жеткен. Мындай өсүштүн маанилүү үлүшүн коммерциялык банктардын капиталына салынган жаңы инвестициялар аркылуу болгон.

Каржы рыногунда өзгөрүүлөр негизинен жагымдуу макроэкономикалык тенденциялардын таасири астында болгон (инфляциянын деңгээлинин төмөндөшү жана валюта курсунун турукташуусу). Жыйынтыгында банктар аралык насыялар рыногунда, баалуу кагаздар рыногунда пайыздык ченемдери бир далай төмөндөдү.

Банктардын депозиттери жана насыялары боюнча дагы пайыздык ченемдердин төмөндөгөнү байкалууда. Экономикада улуттук валютада насыя тенденциясынын өсүшү калктын

киреcшесинин жана жакырчылыктын кыскарышынын негизги булагы болгон ички өндүрүштү өнүктүрүү үчүн өбөлгөлөрдү түздү. Электрондук сандык кол тамганы (подпись) жана электрондук төлөм документтерин пайдалануу коммерциялык банктарга жеке негизде клиенттердин чекене жана туруктуу төлөмдөрүн жүргүзүүгө мүмкүндүк берди, бул да төлөмдөрдүн санынын өсүүшүнө шарт түздү.

Акыркы жылдарда коммерциялык банктар электрондук төлөмдүктөн төмөнкү операциясын жүргүзөт.

- электрондук акча эсеп–кысап пластикалык карточка менен жүргүзүү;
- банкомат электрондук төлөө системасынын элементи;
- home banking– клиенттерди үйдө жана иштеген ордунда банктык форфейтинг операциясы;
- исвон операциясы;
- конто коррента овердрастом менен айкалыш операциясы.

Пластикалык карточкасы– электрондук акча эсеп–кысап пластика карточкасын колдонуу (банкомат аркылуу). Пластика карточкасы акча алмашуу процессинде акчасыз эсеп–кысапты уюштурууда прогрессивдик каражат.

92– Таблица. **Коммерциялык банктардын уставдык капиталдары, млн. сом.**

| **Банктардын аталышы** | **Жарыяланган капитал** | **Төлөнгөн капитал** | |
|---|---|---|---|
| | | **бары** | **анын ичинен чет өлкөлүк** |
| **Бары** | 8930,3 | 8677,3 | 3888,6 |
| **“АзияУниверсалБанк” ААК** | 1422,4 | 1422,4 | 1375,9 |
| **“Айыл банк” ААК** | 560,0 | 560,0 | 0,0 |
| **“Акыл” инвестициялык акционер-дик–коммерциялык банк ААК** | 100,0 | 100,0 | 100,0 |
| **“Аман банк” РК ААК** | 300,0 | 263,0 | 0,2 |
| **“АТФ банк – Кыргызстан” ААК** | 700,0 | 700,0 | 680,0 |
| **“Азия банкы” ЖАК** | 146,0 | 146,0 | 108,8 |
| **“Банк–Бакай” ААК** | 216,0 | 200,0 | 0,0 |
| **“БТА Банк” ЖАК** | 1000,0 | 1000,0 | 0,0 |
| **“Демир Кыргыз Интернешл Банк” ЖАК** | 132,5 | 132,5 | 132,5 |
| **“Дос–Кредо Банк” ААК** | 242,0 | 242,0 | 0,0 |
| **“Ыссык Куль” ИБ ААК** | 271,0 | 271,0 | 0,3 |

| | | | |
|---|---|---|---|
| **“Казкоммерцбанк Кыргызстан” ААК** | 120,5 | 120,5 | 114,0 |
| **“Кыргыз инвестициялык–насыялык банкы” ЖАК** | 452,2 | 452,2 | 407,0 |
| **“Кыргыз Кредит Банк” ААК** | 300,0 | 300,0 | 0,6 |
| **“Кыргызстан Коммерциялык банкы” ААК** | 160,9 | 160,9 | 2,2 |
| **“Манас Банк” ЖАК** | 500,0 | 300,0 | 300,0 |
| **“РСК Банк” ААК** | 844,0 | 844,0 | 0,0 |
| **“Толубай” АКБ ЖАК** | 125,0 | 125,0 | 2,3 |
| **“Финанс Кредит Банк АКБ” ААК** | 300,0 | 300,0 | 0,0 |
| **“Халык Банк Кыргызстан” ААК** | 534,2 | 534,2 | 534,2 |
| **“Эко банк” ААК** | 372,4 | 372,4 | 0,0 |
| **Пакистандын Улуттук банкынын Бишкек филиалы** | 131,1 | 131,1 | 131,1 |

Булагы: Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын бюллетени

Color– алтын карточкасы, аны кармаган ээсине финансылык кеңири финансылык (боштондук) мүмкүнчүлүк түзөт.

Visa Business, Visa Corporate, Master Card–Business, Master Card Corpoate– координикалык компанияларга корпоративдик эсеп–кысап карточкалары.

Майана Карточкасы– кийинки учурда компаниялар менчиктик формасына карабастан, иштеген адамдардын маянасы банктык карточка аркылуу жүргүзүлөт. Мекемелерде акчалай маянаны эсептеп жана берүүнү жүргүзүү чыгымдарын кыскартат.

Банкомат– магниттик пластикалык карточка– көп функцияналдуу автомат. Кыргызстанда банкоматтар 200–жылдан бээри пайда болгон. Банкомат банктар өзүлөрүнүн кызматын көрсөтүүсүн клиентке жакындаткан.

Home banking– электроника техника аркылуу банктык кызмат көрсөтүү операциясы үй жагдай шартында кеңири таркалган. Мисалы, Францияда 300 миң клиент менен банк үй шартында түз байланышта операция жүргүзүлөт. Америка Кошмо Штатында бардык банктар элге үй шартында операциялар менен кызмат көрсөтүшөт.

Коммерциялык банктарда электрондук төлөө системасы мамлекет аралык акча жөнөтүү жана кабыл алуу иштер ишке киргизилген. Кыргызстанда эл аралык акча жүгүртүү “Лиро–Ностро” корреспонденттик счет аркылуу Евро АзЭС банк–корреспондент аркылуу факс, телекс электрондук почта SWIER телекоммуникация стандарттык системасы аркылуу пайдаланат.

Ошондой эле төлөө–эсептөө системасында пластикалык карталар: VISA, EUROPA Master Cold SCB Diners Club Union Cazal Cizzus Maestro аркылуу иш жүргүзүлөт.

Жыл өткөн сайын республиканын коммерциялык банктарынын активдери өсүп, аларда түрдүү операция жасоого мүмкүндүк алышты. Мисалы, 2009–ж. бардык коммерциялык банктардын активи 67,9 млрд. сомду түзгөн болсо, ал эми 2017–1990 млрд. сомго, же болбосо 67,5% өскөн (93–табл.).

Ошондой эле акыркы беш жылдын ичинде (2009–2013–жж.) накталай акча каражаты 3,7 млрд. сомдон 8,7 млрд. сомго чейин, же 2,3 эсеге, клиенттерге берген насыялар–25,2 млрд. сомдон 53,9 млрд. сомго чейин, же 2,1 эсеге милдеттемелери–53,3 млрд. сомдон 89,9 млрд.сомго чейин, же 68,6%, капиталы–14,5 млрд сомдон 19,1 млрд. сомго чейин, же 31,7% өскөн.

93– Таблица. **Республиканын коммерциялык банктарынын активдери, млн. сом.**

| | **2009** | **2010** | **2011** | **2012** | **2013** |
|---|---|---|---|---|---|
| **Активдер, бары** | 67904,2 | 55181,3 | 66021,8 | 85995,9 | 109090,9 |
| **Накталай акча каражаттары** | 3736,1 | 3860,0 | 6305,3 | 8114,2 | 8705,2 |
| **Эсептешүүлөрдөгү акчалай активдер** | – | – | – | – | – |
| **Корреспонденттик эсеп счеттору** | 22068,7 | 12473,2 | 13191,6 | 14337,5 | 17843,4 |
| **Карыздык баалуу кагаздар** | 45,7 | – | 1,1 | 1,3 | 0,9 |
| **Төлөмгө чейин карыз баалуу кагаздар** | 3451,8 | 3508,2 | 3351,3 | 4448,7 | 4447,6 |
| **Соодалык–карыздык жана үлүштүк баалуу кагаздар** | 1753,8 | 1427,0 | 156,9 | 11,2 | 1136,1 |
| **Карыздарды сатуу үчүн жарактуу жана үлүштүк баалуу кагаздар** | 2459,4 | 1482,1 | 2276,8 | 4432,4 | 4701,4 |
| **Банктардагы жана башка каржы–насыялык мекемелердеги депозиттер** | 1834,4 | 2066,7 | 1958,8 | 3890,1 | 5649,6 |
| **7 күнгө чейинки кыска мөөнөттүү банктар аралык жайгаштыруулар** | – | – | – | – | – |
| **РЕПО–келишим боюнча амалдар** | 300,1 | 101,8 | 245,2 | 819,3 | 584,4 |
| **Банктарга жана башка каржы–насыялык мекемелерге насыялар** | 1667,7 | 2068,7 | 1524,5 | 2221,1 | 3594,7 |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| **Клиенттердин насыялары** | 25288,1 | 24380,4 | 31143,0 | 40004,1 | 53958,4 |
| **Насыялык жана лизингдик жоготууларды жана чыгашаларды жабуу үчүн резервдер** | 1748,3 | 6147,4 | 3131,1 | 3200,2 | 3333,9 |
| **Негизги каражаттар** | 3746,5 | 3116,6 | 4043,8 | 4553,0 | 5339,4 |
| **Түрдүү башка менчик мүлк** | 339,8 | 670,6 | 797,6 | 882,7 | 734,0 |
| **Инвестициялар жана каржылык катышуу** | 127,2 | 101,3 | 70,4 | 88,8 | 149,4 |
| **Алуу үчүн эсептелген пайыз** | 490,7 | 550,3 | 640,8 | 756,6 | 865,2 |
| **Материалдык эмес активтери** | 265,3 | 275,4 | 323,5 | 471,8 | 549,8 |
| **Башка активдер** | 2077,4 | 5246,5 | 3122,0 | 4163,1 | 4165,4 |
| **Милдетмелери** | 53361,5 | 46152,2 | 52238,2 | 69745,1 | 89960,6 |
| **Капиталы** | 14542,7 | 9029,1 | 13783,6 | 16250,8 | 19130,3 |
| **Уставдык капиталы** | 8734,9 | 8898,6 | 8160,9 | 9646,5 | 10240,8 |

Статистикалык маалыматы:”КР мекемелердин каржылоосу”, 2014.

Республикада жыл өткөн сайын, коммерциялык банктар банкка акча салуунун жана акчага муктаж болгондорго ортомчу ролун жакшы аткарууда. Буга мисал болуп, алардын киреше жана чыгымдары көрсөтүп турат. Мисалы, 2002–жылы бул банктардын кирешеси 1,0 млрд. сом болсо, ал эми 2013–ж.–14,6 млрд. сомго, же–14,6 эсеге өскөнүн түшүндүрөт (94–табл.).

Рыноктук реформа шартында бир катар коммерциялык банктар ийгиликтүү иш алып баруу менен Кыргызстандын экономикасына тийешелүү жакшы үлүштөрүн кошууда. Алсак, Кыргызстанда 2013–жылдын 30–июнда 24 коммерциялык банк катталган. Алардын жалпы жылдык пайдасы 1млрд. 130 млн. сом болгон. Улуттук статкомитеттин маалыматы боюнча 2013–жылдын биринчи жарым жылында 2012–жылдын ошол эле мезгилине салыштырганда 19,3% өсүш берген.

94– Таблица. **Коммерциялык банктардын финансылык көрсөткүчтөрү, млн. сом**

| | **2002** | **2005** | **2009** | **2010** | **2011** | **2012** | **2013** |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **Банктардын саны** | 2 | 2 | 22 | 23 | 23 | 23 | 24 |
| **Кирешелер–бардыгы** | 1097,0 | 2688,8 | 9320,0 | 8180,1 | 9467,2 | 12160,5 | 14655,5 |
| **Пайыздык кирешелер** | 531,2 | 1510,9 | 6545,3 | 5738,5 | 6185,1 | 8212,8 | 9695,4 |
| **Пайыздык эмес кирешелер** | 565,8 | 1077,9 | 2774,7 | 2441,6 | 3282,1 | 3947,7 | 4960,1 |

| | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **Чыгымдар–бардыгы** | 978,9 | 2008,0 | 7467,6 | 12211,9 | 7245,2 | 9476,2 | 10878,0 |
| **Пайыздык чыгымдар** | – | – | 2198,5 | 1572,2 | 1883,1 | 2797,4 | 3406,3 |
| **Операциялык чыгымдар** | – | – | 5269,0 | 10639,6 | 5362,1 | 6678,9 | 7471,7 |
| **Калдыгы чыгарылган финансылык жыйынтык (пайдадан чыгым кемитилет)** | 118,9 | 578,2 | 1850,3 | 4026,5 | 2213,9 | 2681,4 | 3777,5 |
| **Киреше** | 157,6 | 588,7 | 1864,5 | 1350,0 | 2232,9 | 2781,9 | 3815,4 |
| **Чыгым** | 38,7 | 32,6 | 14,2 | 5376,5 | 19,0 | 100,5 | 37,9 |

Статистикалык маалыматы:"КР мекемелердин каржылоосу" 2014–жж.

Кыргызстандын 2013–жылдын биринчи жарым жылдын жыйынтыгы боюнча беш коммерциялык банк кирген: ААК "Оптима Банк" пайдасы 362,8 млн. сом, ЖАК "Кыргызстандын инвестиция–кредит банкы"–216,9 млн, ЖАК "Демир Кыргыз Интернэшил Банк"–145,9 млн. ААК "Кыргызстан коммерциялык банк"–86,2 млн. сом болгон.

Оптима Банк ААК Казакстандын "АТФ Банк" тын филиалы катарында Кыргызстанда ачылган. "АТФ Банк" тын жалпы активи 2013 жылдын 1 октябрында карата 783 млрд. тенгеге жеткен. "Оптима Банк" финансылык холдинг KNCFinance группы «Юни Кредит» аркылуу сатылат.

Банк ушул кезде 80 миң клиентке көмөк көрсөтөт. 2013–жылдын 9 айында "Оптима Банк" ААК кредиттик портфелин 24% көбөйткөн, же болбосо 8,6 млрд. сомду түзгөн. Мындан тышкары депозиттик базасы 29% өсүп, 9,9 млрд. сом деңгээлге жеткен. Өзүнүн финансылык активи жана кредиттик портфели боюнча "Оптима Банк" банк сферасында лидер болуп эсептелинет.

KICB ЖАК Кыргыз–инвестиция–кредиттик банкы: Банк 2001–жылы түзүлүп, азыркы мезгилде Кыргызстанда абдан ири коммерциялык банктын бири, аны уставдык капиталы 7 млн. АКШ долларын түзөт. Банктын 12 филиалы жана 19 бөлүктөрү республика аймагы боюнча иштешет. Бул банктын акционеры болуп Кыргыз республикасы (10%), дүйнөлүк белгилүү финансылык институттары (90%), мунун ичинен Ага Хан экономика өндүрүү фондусу–21%, Хабиб Банк Лимитед–18%, Немецтик

өркүндөтүү банкы–17%,Европалык реконструкция жана өнүктүрүү банкы–17%, эл аралык финансылык корпорациясы–Бүткүл дүйнөлүк банк топторунун мүчөсү–17%. Банктын уюштуруучусун бири KEW компаниясы.

2013–жылдын 23 декабрында Кыргызстан «Росинбанк» иштеши менен Кыргызстан менен Кытайдын байланышын дагы күчөтү. Кыргызстандын банк коомчулугу үчүн акча котормосу тез арада (көз ачып жумганча) жогорку технология аркылуу 146 мамлекетке усулдук көрсөтүүгө мүмкүндүк алган.

"Росинбанк" эки типтеги карта менен иштейт: Union Play Classik жана UnionPay Cold. Кыска мөөнөттүн ичинде Росинбанктын клиенти 4,5 миң юридикалык уюмга жана 68 миң жарандарга жеткен Банктын жалпы активи (2013–ж. 1 декабрына) 7,2 млрд. сомду түзгөн. Банктын 36 филиалы жана 30 сактоо кассасы иштейт.

"Акылинвестбанк" ААК 2013–жылы "Капитал" ААК банкына аталган. Банктын уставдык капиталы 255 млн. сомду түзөт, жыл аягына чейин 310 млн. сомго жетери белгиленген. Россиянын, Казакстандын банктары менен корреспонденттик катнаштар түзүлгөн. Банктын негизги максаты кичи, орто бизнестерди жана соода секторлорун насыя менен камсыз кылуу. Банктын өзгөчөлүгү депозиттерди көбөйтүү жолу, башкача айтканда, клиент аркылуу салынган акча срогунан мурун алынса, анын проценти күйүп кетчү ал эми бул банкта процент дайыма жүрө берет.

Коммерциялык банктардын ишмердүүлүгүн негизги операциясы– бул насыя берүү. Мисалы, 2013–жылы активтердин түзүмүнүн ичинен насыя берүүнүн үлүшү 45,3% түзгөн. Республикада насыя берүүчү уюмдардын саны акыркы жылдарда бир кыйла өскөнү байкалат. Мисалы, 2008–ж. алардын саны 727 болсо, ал эми 2013–ж.–849 бир болгон, же болбосо 16,7 өскөн. Ошондой эле алардын филиалдары 345тен 466 чейин, же болбосо 35,0% көбөйгөн, анын ичинен коммерциялык банктардын филиалдары–240тан 291 чейин, же 21,1% өсүш болгон. Насыя берүүчү уюмдардарда иштеген адамдардын саны–13,3 миңден 18,1 миңге чейин, анын ичинен коммерциялык банктарында–8,4 миңден 11,2 миңге чейин, же болбосо жалпы иштегендерден 63,1% жана 61,8% үлүшкө ээ. (94–табл.).

Республикада экономика реформасы башталгандан тартып (1991–ж.) жыл узаган сайын банктардын ишмердүүлүгү өсүп, керектөөчүлөргө, б.а. өндүрүш тармактарына жана социалдык көйгөйлөргө насыя берүү көлөмүн өркүндөтүп, экономиканын өркүндөшүнө жана туруктуулугуна бир далай салымдарын кошушууда. Мисалы, жалпысынан алганда акыркы беш жылда (2009–2013–жж.) республиканын экономикасына берилген насыялардын суммасы 39,8 млрд. сомдон 75,9 млрд. сомго чейин, же 1,9 эсеге өскөн, анын ичинен айрыкча айыл чарбасында–6,7 млрд. сомдон 18,5 млрд. сомго чейин, же 2,7 эсеге, соода–сатык ишинде–13,9 млрд. сомдон 25,7 млрд. сомго чейин, же 1,8 эсеге, керектөө насыялары үчүн–2,7 млрд. сомдон 7,6 млрд. сомго чейин, же 1,7 эсеге өсүш болгон (95–табл.).

94– Таблица. **Насыя берүүчү уюмдары**

| | **2008** | **2009** | **2010** | **2011** | **2012** | **2013** |
|---|---|---|---|---|---|---|
| **Насыя уюмдардын саны, бирдик** | 737 | 792 | 888 | 969 | 980 | 849 |
| **Анын ичинен Коммерциялык банктар** | 24 | 22 | 22 | 22 | 23 | 24 |
| **Насыя уюмдардын филиалдарынын саны, бирдик** | 345 | 378 | 387 | 409 | 438 | 466 |
| **Анын ичинен коммерциялык банктар** | 240 | 244 | 252 | 260 | 281 | 291 |
| **Иштеп жаткан насыялык уюмдардын уставдык (төлөнгөн) капиталы, млн. сом** | 9728,3 | 15477,1 | 14+65,6 | 13220,7 | 15133,5 | 16108,3 |
| **Анын ичинен коммерциялык банктар** | 7881,0 | 8734,9 | 8898,6 | 8160,9 | 9646,5 | 10240,8 |
| **Насыялык уюмдарда иштеген кызматкерлердин саны, миң адам** | 13,3 | 14,3 | 14,1 | 16,4 | 17,5 | 18,1 |
| **Анын ичинен коммерциялык банктар** | 8,4 | 8,9 | 8,0 | 9,4 | 10,3 | 11,2 |

Статистикалык маалыматы: “КР Статистикалык жылдыгы”, 2014.

95– Таблица. **Насыя уюмдардын экономикага берилген насыялары, млн. сом менен**

| | 2009 | 2010 | 2011 | 2012 | 2013 |
|---|---|---|---|---|---|
| **Насыялык салым бардыгы** | 39877,4 | 42443,5 | 49159,6 | 57925,7 | 75925,0 |
| **Өнөр жайы** | 1572,4 | 1649,3 | 1944,1 | 2490,5 | 4420,3 |
| **Айыл чарбасы** | 6796,7 | 8809,8 | 11508,1 | 14118,6 | 18587,8 |
| **Транспорт** | 385,4 | 448,9 | 603,0 | 1093,2 | 1505,1 |
| **Байланыш** | 49,5 | 21,5 | 59,0 | 93,9 | 64,5 |
| **Соода** | 13993,3 | 14109,8 | 19171,3 | 20505,3 | 25769,8 |
| **Даярдоо жана кайра иштетүү** | 89,6 | 47,8 | 102,6 | 88,5 | 105,6 |
| **Курулуш** | 6493,5 | 6780,6 | 2169,4 | 2667,1 | 3838,1 |
| **Ипотека** | 3244, | 2806,0 | 3181,8 | 3997,1 | 5400,3 |
| **Керектөө насыялар** | 2755,2 | 2788,3 | 4348,5 | 5622,6 | 7624,5 |
| **Башкалары** | 4497,0 | 4981,5 | 6071,8 | 7248,9 | 8609,0 |

Статистикалык маалыматы:"КР статистикалык жылдыгы", 2014–ж.

2013–жылы жалпы берилген насыянын көлөмүнүн 73,5%, же 55,8 млрд. сом бизнес максатына жумшалган, 0,7%–ипотекалык насыялар, же 5,3 млрд. сом, 0,4%–курулушка, 0,9% же 5,3 млрд. сом, же 3,7 млрд. сом керектөө боюнча физикалык жактарга жана 0,5% же 3,9 млрд. сом жумшалган.

Эгерде, экономика реформанын башталышында насыялар өндүрүшкө болсун, тейлөө кызматына болсун, негизинен кыска мөөнөткө берилип келген. Буга күбө болуп, мисалы 2000–2013–жылдарда кыска мөөнөттөгү насыялардын үлүшү 79,5%тен (2000–ж.) 21,1% чейин (2013–ж.) төмөндөгөн, ошол эле мезгилде узун мөөнөткө берилген насыялар 20,5%дан 78,9%га чейин өсүш берген. (96–табл.).

Банктардын реалдуу секторго насыяларды берүүгө кызыкчылыктарынын аздыгы капиталдын айлануусунун төмөндүгү жана карыз алуучулардын төлөмгө жөндөмсүздүгүнөн алынган насыялардын кайра ордун толтуруу.

Дагы бир себеби болуп узак мөөнөттүү насыялык ресурстардын аздыгы саналат. Анткени, депозиттерди тартуунун мөөнөтү чектелгендиктен жана алардын негизги максаты талап кылынганга чейин пайдалануу болгондуктан узак мөөнөттүү банктык насыяларды берүүнүн мүмкүнчүлүгү аз. Жыйынтыгында


республикада коммерциялык банктар кыска жана орто мөөнөттүү насыяларды берүүгө багыт алган.

96– Таблица. **Экономикага кыска жана узун мөөнөткө салынган насыялар, млн. сом менен**

| | 2000 | 2005 | 2009 | 2010 | 2011 | 2012 | 2013 |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **Салынган насыялар–бардыгы** | 2480,8 | 12697,8 | 39877,4 | 42443,5 | 49159,6 | 57925,7 | 75925,0 |
| **% менен** | 100 | 100 | 100 | 100 | 100 | 100 | 100 |
| **а.и. кыска мөөнөткө** | 1973,6 | 6963,6 | 11402,0 | 12612,3 | 14870,3 | 16308,4 | 16675,9 |
| **% менен** | 79,5 | 54,8 | 28,5 | 29,7 | 30,2 | 28,1 | 21,1 |
| **Узак мөөнөткө** | 507,2 | 5734,2 | 28475,4 | 29831,2 | 34289,3 | 41617,3 | 59249,1 |
| **% менен** | 20,5 | 45,2 | 71,5 | 70,3 | 69,8 | 71,9 | 78,9 |

Статистикалык маалыматы: “КР мекемелерин каржылоо”, 2005, 2014.

Сүрөт 17. **2013–ж. экономика тармактарына насыялардын түзүмү, % менен**




Ошентип, экономика реформасына өтүү жылдарда, насыялык салымдардын тутумунда кыска мөөнөттүү насыялар негизин түзгөн жана инфляциянын салыштырмалуу жогорку деңгээли менен байланышкан. Акыркы учурда республиканын коммерциялык банктарынын насыялык портфелинин түзүмү жакшырып бара жатканын белгилеп кетүү керек, бирок, ошону менен бирге экономиканын насыялык ресурстарга болгон муктаждыгын толугу менен камсыз кылынбай жатат. Анткени рынок мамилелеринин шарттарында көптөгөн субъектер жетишээрлик деңгээлде төлөмгө

жарактуу эмес. Бирок, Кыргызстанда өткөөл мезгилдин татаал шарттарына карабастан, коммерциялык банктар өздөрүнүн каржылык абалын жакшыртуу менен өлкөнүн экономикасынын өнүгүүсүнө бир кыйла таасир берип жатышат.

Жыл сайын коммерциялык банктардын өлкөнүн экономикасына анын региондору боюнча салган насыялык салымдары өсүүдө. Мисалы, акыркы беш жылда (2008–2013–жж.) насыялардын жалпы суммасы 39,8 млрд. сомдон 75,9 млрд. сомго, же 1,9 эсеге өскөн болсо, анын ичинен коммерциялык банктардыкы–26,2 млрд. сомдон 56,2 млрд. сомго чейин, же 2,1 эсеге өсүш болгон. Республиканын региондору боюнча насыянын көлөмү 56,2 млрд. сом болгон, анын орчундуу бөлүгү Бишкек шаарына–32,8 млрд. сом, же 58,3%, Жалал–Абад областына–5,2 млрд. сом, же 9,3%, Ош областына–3,7 млрд. сом, же 6,7%, Чүй областына–3,5 млрд. сом, же 6,3%, Ош шаарына 3,2 млрд. сому, же 5,7% жумшалган (97–табл.).

97– Таблица. **Республикада коммерциялык банктары региондор боюнча**

| | **2009** | **2010** | **2011** | **2012** | **2013** |
|---|---|---|---|---|---|
| **Кыргыз республикасы** | 26264,5 | 25396,9 | 33080,0 | 42001,7 | 56247,2 |
| **Баткен областы** | 249,3 | 281,5 | 546,3 | 1057,0 | 1513,9 |
| **Жалал–Абад областы** | 1845,3 | 1794,3 | 2597,1 | 4005,5 | 5243,2 |
| **Ысык–Көл областы** | 1120,8 | 1338,3 | 1780,9 | 2352,6 | 2963,9 |
| **Нарын областы** | 451,5 | 588,0 | 795,1 | 1022,7 | 1340,7 |
| **Ош областы** | 2090,9 | 1770,0 | 1883,0 | 2947,0 | 3781,1 |
| **Талас областы** | 399,1 | 485,1 | 659,8 | 1154,4 | 1714,0 |
| **Чүй областы** | 1311,7 | 1432,0 | 1819,5 | 2534,3 | 3576,0 |
| **Бишкек ш.** | 17705,5 | 16607,5 | 21477,2 | 24819,2 | 32891,8 |
| **Ош ш.** | 1090,4 | 1100,2 | 1521,0 | 2109,0 | 3222,6 |

Статистикалык маалыматы: “КР мекемелердин каржылоосу”, 2014.

Республикада бардык коммерциялык банктардын арасынан реалдуу секторун насыялоону активдүү жүргүзүп жатышкан банктар “ААК Оптима Банк, ЖАК Кыргыз инвестициялык–насыялык банкы, ЖАК KICB Банкы, ААК Кыргызстан банкы, ААК Айыл банкы” ж.б. банктар. Бул банктардын уставдык капиталдары экономиканын приоритеттүү болгон өндүрүшү, отун–энергетикалык комплекси, айыл чарбасы, тоо–кен сыяктуу тармактарын насыялоого мүмкүндүк түзүлгөн.

Акыркы жылдарда, республиканын артыкчылык мааниге ээ болгон экономиканын негизги секторунун бири айыл чарбасына көп көңүл бурулууда. Анткени бул тармак чыгашасы көп, пайдасы аз тармакка кирет, демек, айыл чарбасынын ишмердүүлүгүнүн ийгиликтүү болушуна мамлекет жардам көрсөтүүгө тийиш. Ошондуктан бул тармакка 2012–жылдан тартып жеңилдетилген насыялар 9% бере баштаган. Мисалы, 2013–жылы 4,5 млрд. сом каралган болсо, 2014–жылы 5,0 млрд. сомго жеткен. Төлөө мөөнөтү мурун бир жыл болсо, ал эми 2014–жылы дыйканчылык, мал чарба тармагы үчүн эки жылга 10% менен берүүдө. Ошол эле мезгилде үрөөнчүлүккө, асыл тукум мал чарбасына жана айыл чарба продукциясын кайра иштетүүчү ишканаларга 9% менен эки жылдык мөөнөткө берилген. Ар бир дыйкан чарбасына 400 миң сомго чейин кредит алуу мүмкүндүгү каралган.

Мамлекет банк аркылуу бериле турган 20% кредиттин 10% республикалык бюджеттен субсидия катарында берилет. Насыя берүүнүн шарттары:

- өсүмдүк өстүрүү жана мал чарбачылыгы үчүн насыянын жогорку чеги–жылдыгы 10%.
- ачыл чарба продукциясын кайра иштетүү, үрөн жана асыл тукум чарбалары, ошондой эле айыл чарба кооперативдери үчүн насыя проценттик чеги–жылдыгы 9%.
- каржылоонун жалпы суммасынан 30% кем эмес бөлүгү бир алуучуга 400 миң сомдон ашпаган насыя түрүндө берилет;
- калган 70% кем эмес бөлүгү алуучунун ички талаптарына ылайык, насыя берүүнүн суммасын чектелбестен берилет;
- насыянын мөөнөтү берилген учурдан тартып 24 айды түзөт;
- өсүмдүк өстүрүү мал чарба секторлору үчүн карыздын негизги суммасы боюнча салымдарды төлөөдөн 6 айга, ал эми айыл чарба продукциясын кайра иштетүү сектору, үрөн жана асыл тукум чарбалары, айыл чарба кооперативдери үчүн карыздын негизги суммасы боюнча салымдары төлөөдөн 9 айга толук бошотуу каралган.

Коммерциялык банктар тарабынан насыялардын негизги бөлүгү соода тармакка, ал эми реалдуу секторду насыялоодо бир катар татаалдыктар бар:

**Биринчиден**, өндүрүштүн көптөгөн ишканаларынын жана экономиканын бир катар секторлорунда төлөмгө жөндөмсүздүгүнөн насыялардын кайтарылбай калышы жогору тобокелдиги пайда кылат. Коммерциялык банктар карызга алуучулар жөнүндөгү анык маалыматты билүү үчүн керек болгон формалдуу эмес каналдардан пайдаланышат, бирок бул маалыматтар ишканалардын нормалдуу каржылык – экономикалык абалын дайыма эле мүнөздөй алышпайт.

**Экинчиден**, көптөгөн потенциалдуу карыз алуучулар, алган насыяларын өздөштүрүү боюнча толук мүмкүнчүлүккө ээ болбой жана аны өз убагында кайтарууну камсыз кылуу үчүн, банкка да бүт параметрлери боюнча негизделген проекттерди бере алышпайт.

**Үчүнчүдөн**, көптөгөн коммерциялык банктар (өзгөчө региондордогу), колдонуучуларды насыялоо боюнча жетишээрлик деңгээлдеги каржы ресурстарына ээ эмес.

Акыркы жылдарда ИДПсын өркүндөшүнө банктардын катышуусу менен жакшы тенденциялар байкалууда. Ошол эле убакта коммерциялык банктар өздөрүнүн активдеринин көп бөлүгүн эсептешүүлүк–кассалык, соода – сатыктын – ортомчулук, валюталык жана баалуу кагаздар менен байланышкан ыкмаларга иштетип жатышат. Бул болсо коммерциялык банктар реалдуу секторго дагы жетишээрлик көңүл бурулбаганын далилдейт.

2013–жылдын аягындагы маалыматтарга таянсак, улуттук валютадагы депозиттердин жалпы санында көп үлүштү юридикалык жактардын депозиттерди (70%) түзөт, бул үлүш талап кылынганга чейинки салымдардан (55,7%) жана ыкчам (срочные) салымдардан (44,3%) куралган. Ыкчам депозиттердин эң көп бөлүгү 6 айдан 12 айга чейинки (33,9%) салымдарга туура келет. 2013–жылдын жыйынтыгы боюнча коммерциялык банктардын клиенттерине берилген насыялар алардын активдерин жалпы түзүмүн 49,4 түзгөн, ал эми 2009–жылы 37,1% болгон.

Республиканы рыноктук реформалоонун негизги катары банктык либералдык мыйзамдуулугу болгондуктан чет өлкөлүк банктардын республиканын банк секторуна маанилүү таасирин тийгизди.

Кыргыз Республикасынын дүйнөлүк коомчулукка кирүү процесси менен банк индустриясында жогору эл аралык

стандарттарга жооп берүүсүн талап кылды. Бул болсо экономикага, анын ичинде банк секторуна да чет өлкөлүк капиталдын агып келүүсүн камсыз кылды.

Ошол эле убакта, чет өлкө валюталары менен болгон ыкмалар коммерциялык банктарга киреше гана эмес, чыгым да алып келүүсү мүмкүн. Мындай ыкмалар тобокелдиктин жогору даражасы менен белгиленет. Тобокелдиктин бул түрүн азайтуу үчүн коммерциялык банктар үчүн чет өлкө валюталарындагы ачык позициялар боюнча лимиттер белгиленген: айрым алынган чет өлкө валютасы боюнча коммерциялык банктын таза суммадагы капиталына карата 15% жана жалпы сумма валюталык позиция боюнча –20%. Бирок, коммерциялык банктар валюталык экспорттук–импорттук ыкмаларын аткарууда чет өлкө валютасы керек болгон өзүнүн келиенттери үчүн алып– сатуу процессин жүргүзүшөт.

Акыркы жылдарда коммерциялык банктар мамлекеттик, кооперативдик жана коомдук уюмдар менен жетишээрлик деңгээлде өнүккөн туруктуу шериктештик мамилелерди түзө алышты. Ошол эле учурда жекече эмгек ишмердүүлүгү менен алектенишкен арендаторлор, фермерлер, жарандар менен жетишээрлик байланыш түзүлгөн жок. Дал ушул чөйрөдө приоритеттүү укуктар коммерциялык банктардын арасында көп болгон кичи банктарга тиешелүү болуусу керек. Насыялоо областында карызга алынган каражаттарды пайдалануу боюнча эч кандай чектөөлөр жок. Бул– инновациялык иш–чараларга, өндүрүш потенциалын түзүүгө, б.а. ишканаларды, цехтерди куруугa жана реконструкциялоого, мүмкүн болгон түрдүү товарларды жана буюмдарды чыгарууну уюштуруу ссудаларды берүү. Банк насыясынын жардамы менен менчикти менчиктештирүү жана мамлекеттен ажыратуу, баалуу кагаздар менен болгон амалдар ийгиликтүү өткөрүлүүсү мүмкүн.

Ошол эле учурда өнүгүүп жаткан банктар арасында атаандаштык жеке чыгымдарын азайтуунун, ассортиментти кеңейтүүнүн жана кардарларга көрсөтүлүп жаткан кызматтын сапатын жогорулатуунун жолдорун издөөгө мажбурлоодо. Ушуга байланыштуу Кыргыз Республикасынын банк кызматынын рыногу активдүү калыптанууда жана коммерциялык банктар калкка жана

уюмдарга акы төлөнүүчү банк кызматтарынын спектрин сунушташууда.

Өзгөчө популярдуу болуп эсептешүүчүлүк–кассалык тейлөө, баалуу кагаздар менен болгон операциялар, төлөм карталарын тейлөө, ошондой эле улам көп саны дагы клиенттерди усулдук прогрессивдүү формаларына өтүү ж.б.

Мындан сырткары коммерциялык банктар комиссиялык сыйлык алуу менен клиенттердин тапшыруусу боюнча төмөнкү операциялары аткарышат:

- инкассалык, аккредитивдик жана которуучулук иштери;
- карыздык милдеттенмелер боюнча банктык акцепттерди жана аваль иштерин жүргүзүү;
- клиенттердин тапшыруусу менен баалуу кагаздарды, валютаны, кымбат баалуу таштарды сатып алууну жана сатууну;
- акцияларды жана облигацияларды жайгаштырууда ортомчулук кылууну;
- кызмат көрсөтүү жана инкассация;
- бухгалтердик усулдук, насыялык карточкалар боюнча консультация берүү жана кызмат көрсөтүү.

Акыркы убактарда алыстатылган банкинг тутуму (Интернет–банкинг, телефон жана мобилдик банкинг) туруктуу өнүгүүп келе жатат. Интернет– банкингдин кызматтарынын классикалык практикалык усулдардын өсүшү клиенттин эсеп счету боюнча кызмат көрсөтүүлөрдүн бардык түрлөрүн өз ичине камтыйт: каалагандай накталай эмес төлөм, валютаны сатып алуу жана сатуу, коммуналдык кызматтарды, мобилдүү жана жөнөкөй байланыш операторлорунун эсептерин төлөө, өзүнүн эсеп счетунун абалын байкап туруу мүмкүнчүлүгү. Кардарларды пайдаланууга ыңгайлуулугу жана убактысын үнөмдөөсү кызыктырат. Интернет– банкингге кошулуу акысы уруксатты (доступ) уюштуруудан көз–каранды.

Коммерциялык банктар эсептешүү–кассалык тейлөөдө өзгөчө заманбап банк технологияларын пайдаланышат, көбүнчө эсеп счетун ачуу амалын акысыз жүргүзүүнү сунушташат.

Кыргызстанда усулдук көрсөтүүнүн лидерлери болуп төмөнкү банктар саналышат: ААКы, “Демир Интернэшл Банк”

ЖАКы, "Казкоммерц банк Кыргызстан" ААКы, "Кыргызстан" АКБы, "Оптима банк" ААКы, "Аманбанк" РК ААКы ж.б.

Жаңы банк технологияларын колдонуу, жогору сапаттуу системалуу тейлөө банктын клиенттер менен узак мөөнөттүү шериктештик мамилешине шарт түзөт, ошондой эле банктын банктык кызматтардын рыногундагы позициясын бекемдейт.

Айрыкча айыл жерлерин банктык кызматтар менен толуктоо маселеси курч турууда. Эсептешүү–кассалык операциялар, акча которуулар жана банктык карталар сыяктуу кызматтар негизинен Бишкек шаарында жана Чүй областында көп тараган. Өндүрүштүк эмес жана алыскы аймактар үчүн банк кызматтары дагы деле жеткиликтүү эмес. Бул, биринчи кезекте, банк тутуму аркылуу өтүүчү акча агымдарынын көлөмүн чектөөчү кадимки накталай акча айландыруу менен шартталган.

Коммерциялык банктар өзүнүн ишмердүүлүгүнүн каржылык жыйынтыгын жогорулатуу, эсептешүү кассалык кызмат көрсөтүүнү кеңейтүү, бир эле учурда чыгашаны азайтуу менен кызмат көрсөтүүнүн сапатын жогорулатуу, эл аралык каржы рыногу менен байланышты кеңейтүү, калктын ишенимин жогорулатуу маселелерине дайыма көңүл буруусу керек. Келечекте төлөм тутумун өркүндөтүү, айыл жергесинде банктык кызмат көрсөтүүлөрдү кеңейтүү, чарбачылык жүргүзгөн субъекттер арасында накталай эмес эсептешүүлөр тутумун жана инфраструктураны өнүктүрүү керек.

Банк чөйрөсүндөгү рынок мамилесинин өнүгүүп жаткан учурда жеңил бизнес, жеңил акча, жеңил кирешелердин убагы өтүп кетүүдө жана чет өлкөлүк банк кызматтары менен атаандаштыкка барган сайын курчуп барат. Бул атаандаштыктан татыктуу чыгуу үчүн банк технологияларынын жаңы продукцияларын тезирээк ишке киргизүү жана иш жүзүнө ашыруу керек. Мисалы, Орусияда көптөн бери каржы технологиялар борбору иштейт, анын негизги кызматы жогору технологиялуу чечимдерди долбоорлоо, иштеп чыгуу жана көбөйтүү, процессингдик кызмат көрсөтүүлөрдүн кеңири спектрин сунуштоо, IT–консалтинг жана банк адистерин окутуу менен байланышкан. Орусия банктарынын 75% дан ашыгы бүгүнкү күндө ушул борбордун программалык продукциясын пайдалануу менен иштешет, бул алардын жылдык

сатуусунун көлөмүн 35–40% дан кем эмес жана кирешени 50% дан жогорулатууда көмөк берген.

Программалык камсыздоодо, технологияларды, продукцияларды, бизнес–процесстерин жалпылоону–стандаштырууда, мүмкүндүк берет. Ошондой эле бүт өлкө боюнча бирдиктүү көп каналдуу банктык фронт–офисти түзүүнү камсыздайт.

Банк тутумунда өзгөчө мааниге сунушталуучу кызматтардын саны жана сапаты өзгөчө мааниге ээ. Мисалы, Европадагы банк рыногу өздөрүнүн клиенттерине 250 түрдүү кызматтарды сунушташат, ал эми россиялык банктар–150, демек, орусиялык да, кыргызстандык да банкирлерге дагы көп нерсени үйрөнүүсү керек. Учурда кыргыз банктарына батыштык жана орусиялык коллегаларынан артта калууларды жоюусу зарыл, бул канчалык тез жүрсө, ошончолук кыргыз коммерциялык банктары дүйнөлүк деңгээлдеги рангга жакындашууга мүмкүнчүлүк алышат.

Чет өлкөлүк банктардын келүүсү, республиканын банк тутуму клиенттерди тейлөө сапатынын жакшыртуу боюнча рынокко жаңы банк продукцияларын жана, технологиялык прогрессин киргизүү менен кичи банктардын чоң банктарга биригүү сапаты боюнча жаңы деңгээлге көтөрүлдү.

Банк тутумунда интеграциялык операциялар ыкчам жүрүп жатат. Кыргызстандын банктары жана негизги акционер UniCreditGroup менен бирдиктүү принциптер жана иштөө стандарттары боюнча түзүмдүк түзүлгөн.

Бирдиктүү принциптер жана стандарттар боюнча иштөө– бул сапаты жогору сервисти жана өркүндөтүлгөн продукциясына кызматтарды клиенттерге сунушташат дегенди түшүндүрөт. “Бирдиктүү терезе” принцибин ишке ашыруу боюнча иш жүрүп жатат. Ал клиентке акча которуу, насыя, карточка жана депозит сыяктуу каалагандай маселе боюнча банктын универсалдуу жалгыз гана адисине кайрылуусуна мүмкүндүк берет.

Республиканын банк тутумунда бүт продукциялык линейка стандартка дүйнөлүк сапатына карай умтулууда. Банктын продукцияларынын бири– бул пластикалык карталар. 2006–жылдан баштап Visa International эл аралык төлөм тутумунун карталары чыга баштаган. Ушул убактан тартып миңдеген карточкалар эмитацияландып, Кыргызстанда жана чет өлкөлөрдө иштей баштады.

Бүгүнкү күндө дүйнө жүзүнүн 200 дөн ашык мамлекети төлөм айлампасында пластикалык карталарды пайдаланышат жана бул пластикалык карталар банк ишиндеги технологиялык революциянын негизги элементи болуп саналат.

Кыргызстандын банктары пластикалык карталарды дээрлик 10 жыл мурда киргизишти (Алайкард). Азыркы учурда жеке жактар үчүн республикада Visa Classic, MasterCard Mass карточкалары бар, булар бүткүл дүйнөдө Visa Classic, MasterCard Mass логотиптери менен белгиленген каалагандай түйүндө (банкноттор, чыныгы жана виртуалдуу магазиндер, ошондой эле товарларды жана кызматтарды почта жана телефон усулдук көрсөтүүчү магазиндер) колдонулуучу универсалдуу төлөмдүк куралдар.

Бул анын ээсинин каржылык жөндөмүн белгилөөчү жана кеңирирээк каржылык мүмкүнчүлүктү берүүчү алтын карточкалар.

Өзгөчө мааниге ээ болгон жетишкендиктердин бири болуп ичине микропроцессордук чип орнотулган карточкалар болду. Чиптик карточка бул– ичине интегралдык схема имплантацияланган пластикалык карточка. Аны “смарт–карта” же “интеллектуалдуу карточка” деп да аташат. Өзүнөн мурунку магнит тилкелүү карточкалардан айырмаланып, смарт–карта товарларды жана көрсөтүлгөн кызматтарды төлөө жана банкоматтардан накталай акча алуу гана эмес, кошумча төлөмдүк эмес схемаларды да ишке ашырууга кызмат кылат.

Акыркы жылдарда банк тутумунда магниттүү пластикалык карточкалардын акыркы мууну менен башкарылуучу көп функционалдуу автоматтар болуп саналган банкоматтар (Automated Teller Machine, ATM) кеңири колдонула баштады.

Банк кызмат көрсөтүүлөрүнүн өз алдынча формасы болуп электрондук техниканы пайдалануунун негизинде банктык операцияларды үйдө аткаруу саналат. Бул банктын клиентине мониторду же телевизорду жана жеке компьютерди пайдалануу менен байланыштын телекоммуникациялык линиялары боюнча банктын компьютерине туташууга мүмкүндүк берет. Бул тутум учурдагы эсеп–счетту, салымды, клиенттин бюджет менен эсептешүүлөрүн, төлөмдөрдүн жана сактык каражаттардын эсептерин башкарууга болот. Мисалы, Францияда 300 миңге жакын клиент банк менен түз байланышка ээ.

Учурдагы төлөмдүк–эсептешүү мамилелерди баалоо банктын бул багыттагы мааниси өтө чоң экендигин айгинелейт. Эсептешүүлөрдүн формаларынын жана банктык төлөмдөрдүн көп түрдүүлүгү, төлөмдүк куралдардын заманбап түрлөрүн киргизүү экономикалык субъекттердин каражаттарынын айлануусун тездетүүгө жана ишмердүүлүгүн кеңейтүүгө, накталай эмес төлөмдөрдүн көлөмдөрүнүн көбөйүүсүнө, Кыргызстандагы төлөм тутумдарынын өнүгүүшүнө жана өркүндөөшүнө шарт түзөт.

Кыргызстандын банк тутумунун жаңы технологиялардын акыркы жетишкендиктерине кошулуу зарылдыгы жетилди. Кыргыз рыногуна батыш банктарынын жана насыя уюмдарынын келүүсү менен бул маселе өзгөчө актуалдуулукка ээ болууда. Мындан сырткары, республикада, өзгөчө анын региондорунда, радикалдуу насыя механизми анчалык өрчүгөн эмес жана насыялоо операциясын мурункудай эле жарым автоматтык мүнөздө калууда. Ошого карабай менчик формаларынын көп түрдүүлүгүнүн жана рыноктук чарба жүргүзүүнүн шарттарында, көп варианттуулук насыялык жаңы механизм моделдерин түзүү зарыл. Бул:

**Биринчиден**, банктык гана эмес, коммерциялык насыялоонун, лизингдик операцияларын, факторингдин банктан сырткары формаларын пайдалануу мүмкүнчүлүгү;

**Экинчиден**, банктык насыялоонун жаңы формаларын жана инновациялык насыялоо, дисконттук, керектөөчүлүк насыялоо сыяктуу бизде чектелүү түрдө колдонулуп жүргөн насыя формаларын өнүктүрүү;

**Үчүнчүдөн**, клиенттин насыяга жөндөмдүүлүгүнөн жараша дифференцирлоо жүргүзүү, насыянын экономикалык чек араларын чектөөгө жана аны колдонуунун натыйжалуулугун жогорулатуу.

**Төртүнчүдөн**, жаңы насыялык механизмдин маанилүү элементи болуп насыялоонун акча рыногунун өнүгүүшү менен байланышы, бул ссуданы камсыз кылууда материалдык баалуулуктарды гана эмес, дүйнөлүк банк практикасында биринчи даражадагы жоюлуучу (ликвидность) каражаттарга таандык болгон баалуу кагаздарды да алууну шарттайт.

Ошентип, коммерциялык банктардын ишмердүүлүгүн талдоо көрсөткөндөй, бүгүнкү күндө алар каржы секторунун андан аркы өнүгүүшүнө шарт түзүп жаткан бир катар позитивдүү

жактарга ээ. Бирок, ошол эле учурда азыртадан негативдүү таасир этип жаткан же келечекте каржы–насыялык уюмдардын каржылык туруктуулугуна терс таасирин тийгизүүсү мүмкүн болгон фактор-лор да жок эмес. Биринчи кезекте, бул калктын жана чарбачылык жүргүзгөн субъекттердин банк тутумуна болгон ишениминин төмөндөтүү. Бул ички узак мөөнөттүү инвестицияларды тартуу жагынан көйгөйлөрдү түзөт жана ошонун негизинде банктардын узак мөөнөткө насыя берүүсүн кыйындатат. Демек, банктар чет өлкөдөн карыз алуу активдери менен пассивдерин башкаруунун балансталбаган саясатын жүргүзүүгө мажбурлайт, банктардын камсыздоо (страховые) тобокелдерин жогорулатат. Мындан сырткары, ушуга эле керектөөчүлүк баалардын өсүшү, улуттук валютанын курсу жана пайыздык ченемдердин деңгээли, ошондой эле коммерциялык банктар иш жүргүзүшкөн мыйзамдуулук талаасында мүмкүн болгон өзгөрүүлөр сыяктуу макроэконо-микалык көрсөткүчтөр боюнча банктардын негативдүү таасирин кошсо болот. Насыялык ресурстарга болгон суроо–талап жогору-лашы банктык пайыздын өсүшүнө, жана тиешелүү түрдө каржы секторунун бүтүндөй мамлекеттин экономикасынын өнүгүүшүнө таасирин төмөндөтөт.

Жыйынтыктап айтканда, банк тутумунда жана субьекти-лерди насыялоо процесстеринде бир катар кемчиликтербайкалат:

- банк системасында мыйзамдардын начар иштеши;
- экономиканын, саясаттын туруксуздугунан банк система-сында узак мөөнөткө финансы каражаттын тартуунун аздыгы;
- банк системасында атаандаштыктын төмөндүгү;
- банктын капитализациясынын төмөндүгү;
- банк кызмат көрсөтүүнүн,айрыкча айыл жергесинде жетишсиздиги;
- мамлекет тарабынан банкка тартылган акча–каражаттын гарантия боюнча маалыматтын жоктугу же аздыгы;
- банк мыйзамдардын так аткарылбагандыгы;
- республиканын банктары негизинен даяр жана жүргүзүлүп жаткан технология боюнча кызмат көрсөтүү, ал эми өздүк технология менен иштелип чыккан продукциясынын аздыгы, потенциалынын төмөндүгү;

- банк системасы негизин акча которуу иштерине айрыкча кызыкчылыгы ж.б.

Жогоруда келтирилген кемчиликтер, жыл өткөн сайын акырындык кыскаруу менен, элге, мекемелерге, ишкермендерге насыя берүү тутумун жакшыртуу зарыл. Ошондуктан рынок шарттарында насыялоону активдештирүү (эң алгач экономиканын реалдуу секторунда) үчүн программасын иштеп чыгуу жана ишке ашыруу максатка ылайыктуу. Мындай программаны иштеп чыгуу банктык насыялоо саясатына альтернатива болуп калмак. Насыялык программа мамлекеттик саясат жана зарыл болгон укуктук инфраструктура менен камсыз болуусу зарыл.

Ошентип, банк тутуму– бул каалагандай мамлекеттин чарбалык организминин жүрөгү деп айтууга болот. Банктар заманбап акча чарбачылыгынын бөлүнгүс бөлүгүн түзөт, алардын ишмердүүлүгү, кайра (жаңыдан) иштетүүсү тыгыз байланышкан. Алар экономикалык турмуштун борборунда болушат, акча агымы менен өнөр жай өндүрүштү соода–сатыкты, айыл–чарбасын жана калкты тейлөөдө өндүрүүчүлөрдүн кызыкчылыктарынын негизинде жүрөт. Бүт дүйнөдө банктар маанилүү бийликке жана таасирге ээ, алар ишканалардан жана фирмалардан, сатуучулардан фермерлерден, мамлекеттен жеке жактардан айланып жаткан өтө чоң акча капиталын башкарышат.

## §4. Республикадагы банктык эмес каржы–насыялык мекемелеринин өнүгүүшү жана абалы

Бардык өнүккөн мамлекеттерде банктык эмес насыялык институттар иштеп жана өнүгүүп жатышат. Кыргызстанда эгемендүүлүккө ээ болгондон баштап атайын банктык эмес насыялык мекемелер түзүлө баштады.

Банктык эмес насыялык мекемелер– кээ бир гана банктык операциясын аткарууга адистешкен, же банктарга уруксат берилген операциясынын ичинен кээ бирлерин гана аткара алган насыялык уюмдар.

Банктык эмес насыялык уюмдарга төмөнкүлөрдү кошууга болот:

- коллективдик инвестициялоо (пенсиялык, инвестициялык фонддор, камсыздоо компаниялары жана эсептешүү–сактоо компаниялары) программаларын ишке ашырууга багыт алышкан компаниялар;
- акча жана насыя рынокторунун (алмаштыруу бюросу, ломбарддар, насыялык бирикмелер) операторлору (агенттери);
- баалуу кагаздар рыногунун оператору (фонддук биржа).

Экономиканы каржылоо үчүн каражаттарды топтоштуруунун жетишээрлик жогорку эмес деңгээлинин шарттарында альтернативалуу каржы рынокторун андан ары өнүктүрүү приоритеттүү багыт.

Сүрөт 18. **Банктык эмес насыялык уюмдардын структурасы**




Капитал жана баалуу кагаздар рынокторунун, пенсиялык, топтомдук инвестициялык фонддордун тутумдарынын өнүгүүшү республиканын экономикасына каражаттарды инвестициялоо үчүн кошумча мүмкүнчүлүктөрдү түзүүдө. Мындан сырткары, камсыздоо кызматынын рыногунун өнүгүүшү банк тобокелчиликтерин хеджирлөө иштерине колдоо көрсөтөт. Каржы рыногунун бул сегменттеринин өнүгүүшү өз алдынча структураларды уюштуруу аркылуу да, ошондой эле банктардын курамындагы ага баш ийген уюмдарды (дочерные организации) түзүү аркылуу мүмкүн. Мындан сырткары, майда насыялоону түздөн–түз (экспресс–насыялар жана көнүмүш эмес насыялык продукциялардын башка түрлөрү) да, ошондой эле майда каржылык жана банктык эмес

насыялык уюмдардын дүң насыялоо иштерин да өнүктүрүү келечектүү деп эсептелинет. Микро каржылоо институттары менен өз ара аракеттенүү электрондук төлөмдөрдү түздөн–түз жүргүзүүгө мүмкүн. Майда насыялоонун рыногун өнүктүрүүдө коммерциялык банктар да, же алар тарабынан түзүлгөн, майда каржылык уюмдар катышуусу мүмкүн. Бул да калктын жаңы каржылык кызматтарга жетишүүсүнүн кеңейүүсүнө шарт түзөт. Ошону менен бирге, коммерциялык банктар өздөрүнө баш ийген микро каржылык уюмдардын түзүү үчүн насыялоо учурунда жеткен чыгымдарын азайтуунун ыкмасы катары кароосу мүмкүн. Алардын бул сапаттуу өнүгүүшү жана келечекте бирикмелерин негизинде айылдык банктарды түзүү жана ошондой эле микро каржылоо институттарын коммерциялык банктарга айландыруу мүмкүнчүлүктөрү пайда болот. Акыркы жылдарда банктык эмес институттардын саны республикада өсүү тенденциясына ээ болду. Бул Кыргыз Респубикасынын Улуттук банкынын, ошондой эле тиешелүү министерстволордун жана ведомстволордун ченемдик талаптарынын жеңилдөөшү менен байланышкан болуусу керек. Республиканын макроэкономикалык абалынын туруктуулугу жана калктан насыя алууга болгон мүмкүнчүлүгү да өз таасирин тийгизип жатат. Мисалы, 2000–2013–жылдардын ичинде банк жмес уюмдардын саны 437 бирдиктен 824 бирдикке, же 1,8 эсеге, анын ичинен микро каржылоосу уюмдарды–115тен 277 чейин, же болбосо–24 эсеге өскөн. Ошол эле мезгилде камсыздоо компаниядардын саны 31ден 19 чейин, инвестиция фондулар–11ден 6га чейин, кредиттик союздар–191ден 153 чейин азайган (98–табл.).

Кыргызстан экономиканын дээрлик бардык чөйрөлөрүндө майда бизнестерди каржылоодо кыйынчылык болуп жаткан азыркы учурда банктык эмес сектордун мүмкүнчүлүктөрүнө жаңы көз–караш менен кароо зарыл. Бүгүнкү күндө бар болгон бардык насыялык ресурстарды натыйжалуу пайдалануу чыныгы приоритет болуусу керек. Ошондуктан, коммерциялык банктар менен бир катарда банктык эмес насыялык мекемелердин өнүгүүшү республиканын насыялык тутумунун туруктуулугун камсыз кылууга көмөктөшөт. Ошондой эле, банктык эмес каржы–насыялык мекемелер калктын социалдык мобилизациясына, жумуш менен камсыз болуушуна жана жакырчылыктын деңгээлинин төмөндөшүнө шарт түзүүдө. Демек, бул мекемелердин ишмердүүлүгүн

Кыргызстандын экономикасынын андан ары өркүндөп өсүшүнө чоң мааниге ээ.

98– Таблица. **Республикада банк эмес уюмдардын саны**

| | 2000 | 2005 | 2006 | 2007 | 2008 | 2009 | 2010 | 2011 | 2012 | 2013 |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **БЭУ саны** | 1437 | 1528 | 1567 | 1610 | 793 | 767 | 863 | 944 | 954 | 824 |
| **Камсыздоо компаниялар** | 31 | 13 | 17 | 17 | 16 | 18 | 18 | 18 | 19 | 19 |
| **Инвестиция фонддору** | 11 | 7 | 8 | 8 | 8 | 8 | 8 | 7 | 7 | 6 |
| **Микро каржы уюмдары МКФ, МКК, МКА** | 115 | 136 | 168 | 233 | 291 | 359 | 397 | 454 | 320 | 277 |
| **Кредиттик союздар** | 191 | 320 | 305 | 272 | 248 | 238 | 217 | 197 | 183 | 153 |
| **Ломбард** | 57 | 140 | 148 | 181 | 196 | 231 | 475 | 633 | 699 | 671 |
| **Акча алмаштыруу бюросу** | 290 | 260 | 263 | 318 | 353 | 372 | 290 | 279 | 306 | 334 |

Статистикалык маалыматы: “КР мекемелердин каржылоосу”, 2015, 2014.

Банктык эмес каржы–насыя мекемелеринин активдери акыркы (2000–2013–жылдарда) 0,6 млрд. сомдон 23,5 млрд. сомго, анын ичинен насыя портфели–0,5 млрд. 19,1 млрд сомго, өздүк капиталы–0,5 млрд сомдон 8,9 млрд. сомго, милдетмелери–0,7 млрд. сомдон 14,4 млрд. сомго чейин өсүш болгон (99–табл.).

99– Таблица. **Республикада банк эмес уюмдарынын активтери, капиталы жана милдеттемелери, млн. сом.**

| | 2000 | 2005 | 2006 | 2007 | 2008 | 2009 | 2010 | 2011 | 2012 | 2013 |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **Бардык активтери** | 0,6 | 4622 | 5948 | 6565 | 10675 | 27619 | 18404 | 20369 | 20850 | 23496 |
| **Насыя портфели** | 0,5 | 3922 | 4818 | 4850 | 7384 | 13795 | 11088 | 13247 | 15406 | 19107 |
| **Балансалык пайда (чыгым)** | – | 265 | 323 | 358 | 597 | 821 | 802 | 1725 | 758 | 932 |
| **Өздүк капитал** | 515,8 | 1562 | 2066 | 2006 | 2918 | 8438 | 7424 | 7477 | 8543 | 8983 |
| **Милдеттемелери** | – | 3012 | 3826 | 4631 | 7566 | 22043 | 16860 | 14922 | 12411 | 14453 |
| **Бөлүнбөгөн пайда** | | 721 | 528 | 661 | 957 | 1507 | 1564 | 2517 | 2202 | 2650 |
| **Таза пайда** | | 141 | 231 | 371 | 564 | 747 | 659 | 1725 | 758 | 962 |

Статистикалык маалыматы: “КР мекемелердин каржылоосу” 2005–2014–жж.

Республикада насыялык портфелдин түзүмүндө микро каржылык уюмдардын маанилүү үлүшү жыл өткөн сайын өсүүдө. Мисалы, 2001–2013–жылдардын ичинде банк эмес каржы–насыялык мекемелердин берген насыясы 0,9 млрд. сомдон (2011–ж.) 19,6 млрд. сомго (2013–ж.) өскөн, анын ичинен 2013–ж. бизнести өндүрүү боюнча 15,3 млрд. сом, жекече керектөөлөр үчүн–1,9 млрд. сом жана башка тармактар үчүн 1,6 млрд. сом берилген.

Республикада 2000–2014-жылдары, экономиканын тармактары боюнча жалпы насыянын көлөмү 1,2 млрд. сомдон (2000–ж.) 19,6 млрд. сомго (2013–ж.) жылы өскөн, анын ичинен өнөр жай тармагы үчүн–88,3 млн. сомдон 207,8 млн. сомго, же 2,3 эсеге, айыл чарбасы үчүн–88,3 млн. сомдон 207,8 млн. сомго, соода тармагы–544,3 млн. сомдон 4131,6 млн. сомго, курулуш үчүн–8,8 млн. сомдон 616,3 млн. сомго чейин өсүш болгон (100–табл.).

100– Таблица. **Республикада экономика секторлору боюнча банк эмес уюмдардын берген насыялары, млн. сом менен**

| | 2000 | 2005 | 2009 | 2010 | 2011 | 2012 | 2013 |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **Насыялардын бардыгы** | 1240,0 | 32385 | 13612,9 | 17046,6 | 16079,6 | 15924,0 | 19677,8 |
| **Өнөр жайы** | 88,3 | 92,4 | 189,7 | 205,0 | 249,1 | 232,5 | 207,8 |
| **Айыл чарбалары** | 564,8 | 578,7 | 3710,6 | 5530,4 | 7543,1 | 8082,2 | 9120,3 |
| **Транспорт** | 7,7 | 11,7 | 143,2 | 119,0 | 247,9 | 139,1 | 273,4 |
| **Байланыш** | – | – | 24,6 | 18,0 | 0,7 | 4,2 | 2,5 |
| **Соода** | 544,3 | 2265,5 | 2930,8 | 3609,0 | 4457,0 | 3488,0 | 4131,6 |
| **Даярдоо жана кайра иштетүү** | – | – | 0,1 | 3,1 | 15,9 | 3,4 | 1,0 |
| **Курулуш** | 8,8 | 14,4 | 4476,7 | 4873,1 | 250,8 | 300,4 | 616,3 |
| **Ипотека** | – | – | 137,6 | 142,8 | 150,4 | 84,4 | 79,1 |
| **Керектөө насыясы** | – | – | 682,0 | 874,1 | 1521,7 | 1854,5 | 1966,4 |
| **Башкалар** | 94,2 | 146,6 | 1317,6 | 1672,1 | 1643,0 | 1735,3 | 2679,4 |


Статистикалык маалыматы “КР мекемелерди каржылоосу”, 2015г.

Берилген 2013–жылдын насыялардын жалпы көлөмүнүн негизги бөлүктөрү Бишкек шаарына 3,9 млрд. сом же 3,0 млрд. сом же 20,0%, Жалал–Абад областарына–3,0 млрд. сом, же 15,5%, Чүй областына–2,8 млрд. сом, же 14,2%, Ош областына–2,6 млрд. сом, же 13,5% берилген.

Ошондой эле, Баткен областына беш жылдын ичинде (2009–2013–жж.) банк эмес уюмдардын насыясы 678,8 млн. сомдон 1815,9 млн. сомго чейин, же 2,6 эсеге, Ысык–Көл областына–933,3 млн. сом 1861,2 млн. сомго чейин, же 2,3 эсеге, Талас областына–745,5 млн. сомдон 1405,3 млн. сомго чейин, же 1,9 эсеге өсүш болгон. Берилген насыялардан (2013–ж.) банк эмесуюмдардын орточо ченемдери 15,9%, микрофинансылык уюмдардын–31%, кредиттик стандарттыкы–27,3% түзгөн.

Белгилей кетчү нерсе, акыркы жылдарда банк эмес каржылык уюмдардын насыялык жалпы салымдары республикадагы насыялык салымдардан жалпы суммасында анын көлөмү азайды. Мисалы, 2004–жылдагы каржылык эмес мекемелердин насыялык салымдардын жалпы суммасындагы үлүшү 34,1% ды түзгөн болсо, 2013–жылы бул көрсөткүч 25,9% га төмөндөдү.Ошондой эле коммерциялык банктардын насыя салымдарына салыштырганда бул тенденция байкалууда, б.а. 51,8% дан 34,9%га төмөндөгөн.

Сүрөт 19. **Уюмдардын республиканын региондору боюнча биргелешкен насыялык салымдары, 2013–жыл.**




Республикада 2013–ж. каржылык эмес уюмдардын насыялык портфелинин жалпы суммасынан көп бөлүгү айыл чарба тармагына–49,3%, соода–сатыкка–20,9% керектөө үчүн–9,9%, курулушка–3,1% жумшалган. Аймактар боюнча биргелешкен насыялык салымдарды талдап көрсөк, анда анын негизги бөлүгү Жалал–Абад областына–15,0%, Ош областына–13,5% Ысык–Көлгө–5,4% жана Бишкек шаарына–20,0% багытталганын көрөбүз.

Банк эмес каржы–насыялык уюмдардын саны менен алардын дүң кирешелери өсүү жолунда. Мисалы, 2001–2013–жылдарда бул уюмдардын саны 301ден 824 чейин өскөн, ошондой эле дүң кирешеси 288,7 млн. сомдон 6241,3 млн. сомго,анын ичинен пайыздык кирешелери–260,5 млн. сомдон 6013,4 млн. сомго чейин, пайыздык эмес кирешелери–28,2 млн. сомдон 228,5 млн. сомго жогорулаган. (101–табл.).

101– Таблица. **Банк эмес каржы–насыя уюмдарынын кирешеси жана чыгашасы, млн. сом менен**

| | 2001 | 2005 | 2009 | 2010 | 2011 | 2012 | 2013 |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **Дүң кирешелери** | 288,7 | 848,9 | 3575,0 | 4456,2 | 6035,3 | 5772,7 | 6241,1 |
| **Пайыздык кирешелери** | 260,5 | 807,4 | 8282,8 | 4234 | 5541,4 | 5524,3 | 6013,1 |
| **Пайыздык эмес кирешелер** | 28,2 | 41,5 | 292,2 | 221,9 | 493,9 | 248,4 | 228,1 |
| **Чыгымдар – бардыгы** | 206,9 | 584,1 | 2754,5 | 3652,1 | 4310,3 | 5010,5 | 5285,6 |
| **Пайыздык чыгымдар** | 52,7 | 174,7 | 983,7 | 1129,5 | 1501,4 | 1393,9 | 1721,1 |
| **Операциялык чыгымдар** | 154,3 | 409,4 | 1770,9 | 2522,6 | 2808,9 | 3616,5 | 3563,5 |
| **Калдыгы чыга-рылган финансы-лык жыйынтык (пайдадан чыгым кемитилет)** | 81,8 | 264,8 | 820,5 | 802,2 | 1724,9 | 758,4 | 956,1 |
| **Кирешеси** | 207,8 | 632,7 | 842,9 | 849,1 | 1745,1 | 847,7 | 1082,7 |
| **Чыгымы** | 126,1 | 367,9 | 22,2 | 46,9 | 20,2 | 89,3 | 126,6 |
| **Уставдык капиталы** | 239,0 | 674,7 | 6442,2 | 4767,0 | 3859,8 | 4286,8 | 4866,3 |
| **Банк эмес каржы–салык уюмдардын саны** | 301 | 528 | 767 | 863 | 944 | 954 | 824 |

Статистикалык маалыматы: “КР мекемелердин каржылоосу” 2005, 2014.

Ошондой эле табл. 101 көрсөткөндөй, банк эмес уюмдардын чыгашалары да өсүүдө. Жогоруда айтылгандай жалпы чыгымдары 206,9 млн. сомдон 5285,0 млн. сомго чейин, анын ичинен операциялык чыгымдары–154,3 млн. сомдон 3563,9 млн. сомго, таза кирешеси 207,8 млн. сомдон 1082,7 млн. сомго өсүш болгон.

Жалпысынан айтканда, банк эмес уюмдар экономиканын бардык секторлоруна, социалдык насыя берүү менен мамлекеттин экономикасын көтөрүүдө, айрыкча кичи жана жекече чарбалардын

эффективдүүлүгүн өркүндөтүүдө чоң таасирин тийгизүүдө. Келечекте бул уюмдар насыя салуунун негизинде экономиканын өсүшүнө чоң салым кошууда.

**Камсыздандыруу компаниялары.** 1991–жылы “Кыргыз Республикасындагы камсыздоо жөнүндөө” жөнүндөгү мыйзам кабыл алынды. Бул мыйзам кабыл алынгандан соң камсыздандыруу компаниялардын саны өзгөчө бат өсө баштады. Алсак, эгерде 1992–жылдын башында төрт гана камсыздандыруу компаниялары иштеп жатышкан болсо, андан кийинки 4–5 жыл ичинде 86 камсыздандыруу компанияларына лицензия берилген. 1997–жылга карата камсыздандыруу рыногунда 48 камсыздандыруу компаниялары иштеп жатышты, 1998–жылда алардын саны 35ке чейин, 2005–жылы 12ге чейин кыскарды, ал эми 2008–жылы 12ден 17ге, 2013 жылы–19 компанияны түзгөн. Мындай абалдын түзүлүүшүнө туруктуу эмес экономикалык абал, реалдуу сектордун иштебей калышы, айлык акылардын төмөн деңгээли, инфляция, камсыздандыруу резервдеринин индексациясынын жоктугу жана адамдардын мындай мекемелерге ишениминин жоктугу таасир берди.

Камсыздандыруу компанияларынын кыскаруусуна алардын уставдык капиталы акыркы жылдарда 12 млн. сом минималдуу өлчөмүн белгиленгени түздөн–түз таасир этти. Уставдык капиталдын минималдык деңгээлин көтөрүү, камсыздандыруу уюмдарынын санынын 2002–жылда 23 төн 2008–жылда 12 ге чейин төмөндөшүнө алып келген.

Каржылык чектөө, камсыздандыруу ишмердүүлүгүн илимий –техникалык жактан камсыздоо көйгөйлөрү, жагымдуу мыйзамдуулуктун жоктугу республикадагы камсыздандыруу рыногунун өнүгүүшүн басаңдатууда. Бул камсыздандыру компанияларын ишмердүүлүгүн деңгээлине түздөн–түз таасир этет. Кыргызстанда бүгүнкү күндө 10го жакын түрдүү тобокелчиликтер камсыздалып жаткан болсо, Европада бул көрсөткүч 500гө чейин, ал эми АКШ да 3000ге жакын.

Көптөгөн камсыздандыруу компанияларынын уставдык капиталы дагы эле болсо төмөн деңгээлде. Учурда камсыздандыруу компанияларынын арасынан “Кыргызстан”, “Ак–Жол” КК, “Здоровье” КК, “Надежда” КК ж.б., камсыздандыруу рыногунда лидерлик абалды ээлешет. Бул камсыздандыруу

компаниялары камсыздандыруу төлөмдөрүнүн 80%га чейинкисин түзөт.

Камсыздандыруу компаниялары калкка жана ишканаларга төмөнкүдөй усулдук кызматтарды көрсөтөт:

- кырсык окуяларды камсыздандыруу;
- топтолуучу (накопление) камсыздандыруу;
- медициналык камсыздандыруу;
- коммерциялык рынокторду камсыздандыруу ж.б.

Жаратылыш кырсыктары, кубулуштары жана иштеген жумуш аркылуу келтирилген зыяндарды, жоготууларды боюнча камсыздандыруу ийкем куралы. Менчик ээлерине мүлктүн кыйроосу жана кирешелердин жоголуушу учурунда келтирилген зыяндын ордун толтурууну кепилдөө менен, адамдын турмушунда болгон түрдүү окуяларынан коргонууш түзүү жана аны камсыздандыруу коомдогу социалдык–экономикалык туруктуулук каалып келет. Камсыздандыруу компанияларынын капиталы, анын ири суммалары өндүрүштүк жана өндүрүштүк эмес чөйрөлөрдү узак мөөнөткө камсыздандыруу үчүн инвестициялык ресурс катарыда кызмат кылат.

Камсыздандырууда материалдык жана башка зыян келтирүүчү окуянын болушун тобокелдигин камсыздандыруу шартталган мамилелерди кайра бөлүштүрүү болуп саналат. Камсыздандыруу компанияларында камсыздандыруу взносторунун эсебинен максаттуу багыттагы акча фонду түзүлөт. Бул фонддун каражаттары аны түзүшкөн катышуучулардын арасында гана пайдаланылгандыктан, камсыздандыруу взносунун өлчөмү алардын ар биринин келген зыянды бөлүштүрүүдөгү үлүшүн туюндурат. Демек, камсыздандыруунун катышуучулары канчалык көп болсо, камсыздандыруу взносунун өлчөмү ошончолук аз жана камсыздандыруу ошончолук жеткиликтүү жана натыйжалуу болот. Камсыздандыруу категориясы башка каржылык категориялардан зыянды жабык түрдө бөлүштүрүү белгиси менен айырмаланат.

Акыркы 2001–2013–жылдарда камсыздандыруу компанияларынын активи 129,1 млн. сомдон 542,7 млн. сомго өздүк капиталы–54,0 млн. сом сомдон 1464,4 млн. сомго, уставдык капиталы–36,9 млн. сомдон 1247,9 млн. сомго чейин өсүш болгон (102–табл.).

102– Таблица. **Камсыздоо компаниялардын каржы көрсөткүчтөрү млн. сом менен**

| | 2000 | 2005 | 2009 | 2010 | 2011 | 2012 | 2013 |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **Компаниялардын саны** | 30 | 12 | 18 | 18 | 18 | 18 | 19 |
| **Активтери** | 129,1 | 291,6 | 1112,0 | 1301,2 | 1400,4 | 1702,9 | 2007,1 |
| **Милдет-мелери** | 75,1 | 174,0 | 315,0 | 436,0 | 375,6 | 450,2 | 542,7 |
| **Өздүк капиталы** | 54,0 | 117,6 | 797,0 | 845,3 | 1024,8 | 1252,7 | 1464,4 |
| **Камсыздоо суммасы** | 17524,1 | 366535 | 113452 | 154800,6 | 107515,6 | 201312,8 | 267238,8 |
| **Камсыздоо взносу** | 106,2 | 105,2 | 456,0 | 477,2 | 292,9 | 377,8 | 405,4 |
| **Камсыздоо төлөмү** | 66,2 | 42,0 | 20,5 | 17,7 | 31,0 | 38,0 | 50,8 |
| **Дүң кирешеси** | 150,1 | 180,7 | 456,5 | 505,4 | 325,8 | 399,2 | 482,1 |
| **Чыгымдары** | 153,5 | 178,2 | 433,0 | 496,9 | 260,3 | 338,9 | 427,7 |
| **Пайдасы** | –3,4 | 2,5 | 23,5 | 8,5 | 65,5 | 60,3 | 54,4 |
| **Уставдык капиталы** | 36,9 | 81,0 | 707,3 | 750,1 | 872,0 | 1089,5 | 1247,9 |

Статистикалык маалыматы:”КР мекемелерди каржылоосу”, 2005–2014.

Ошондой эле көрсөтүлгөн жылдарда камсыздоо суммасы 17,5 млрд. сомдон 26,7 млрд. сомго, же болбосо 52,5%га, камсыздоо фондусу–106,2 млн. сомдон 482,1 млн. сомго, же 3,2 эсеге, чыгымдары–153,5 млн. сомдон 427,7 млн. сомго чейин, же 2,7 эсеге өсүш болгон. Бул компаниялардын пайдасы 25 млн. сомдон (2005–ж.) 54,4 өскөн.

Камсыздандыруунун өзгөчөлүгү болуп камсыздоо фондуна тартылган каражаттардын кайтарымдуулугу саналат. Камсыздандыруу төлөмдөрү камсыздандыруу тарифи менен экиге бөлүнөт: нетто төлөмү учураган кырсыктардын ордун толтуруу, экинчи бөлүгү, камсыздандыруу уюмдардын чыгымына жумшалат. Республиканын аймагында нетто төлөмү 5–10 жылга чектелген. Кырсыкка бөлүнгөн каражатты берүү камсыздандыруу насыя категориясына кирет.

Кыргызстанда камсыздандыруу практикасында дүйнөлүк өнүккөн мамлекеттердеги милдеттүү түрдө жарандык жоопкерчилигин камсыздандыруу боюнча келтирилген зыянга

учураткандыгы боюнча камсыздандыруу алиге жок. Ошонун негизинде Кыргызстан Европанын бирдиктүү камсыздандыруу мейкиндигине кирүүгө мүмкүн эмес.

Республикадагы камсыздандыруу рыногунун өнүгүүшүнө тоскоол болгон факторлору болгон кадрлардын төмөн квалификациясы жана камсыздандыруу боюнча эксперттердин, аудиторлордун, брокерлердин жетишсиздигин да кошууга болот.

**Социалдык фонд.** Социалдык коргоого болгон кирешелерди каржылоонун жакшыртуу жана каражаттарды натыйжалуу пайдалануу үчүн 1994–жылы Пенсиялык камсыздандыруунун, Социалдык камсыздандыруу фондунун жана Иш менен камсыз кылуу фондунун базасында Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн алдындагы Социалдык Фонд түзүлгөн. Бул фонддун эсебинен пенсия, жумушсуздук, энелик, жана өлүк көмүү боюнча жөлөк пулдар жана эмгекчилердин ден–соолугун чыңдоого багытталган профсоюздун чыгымдарына кеткен төлөмдөр камсыз кылынат.

Социалдык фонд республиканын калкына төмөнкүдөй– камсыз кызматтарды көрсөтөт:

- мамлекеттин деңгээлиндеги түрдүү программаларды жана долбоорлорду иштеп чыгууга жана ишке ашырууга катышуу;
- мамлекеттик социалдык камсыздалууга тийиштүү юридикалык жана жеке жактарды каттоо жана эсепке алуу камсыздандыруу базасынын маалыматтар банкын түзүү;
- камсыздандыруу взносторун чогултуу жана топтоштуруу, пенсияларды, камсыздандыруу жөлөк пулдарын жана ордун толуктоо каражаттарын ордун толтуруу (компенсация), төлөө жана жеткирип берүү;
- иш менен камсыз кылуу, медициналык камсыздоо, жарандардын жана алардын үй–бүлөлөрүнүн ден–соолуктарын чыңдоо боюнча камсыздандыруу төлөмдөрүн каржылоо;
- эмгек пенсияларынын жана аскер адамдарынын пенсияларынын, камсыздандыруу жөлөк пулдарынын берилишин көзөмөлдөө.

Республикада 1994–жылы уставдык капиталы 700 миң сом болгон “Кыргызстан” мамлекеттик эмес пенсиялык фонду түзүлгөн.

Дүйнөнүн көптөгөн өнүккөн мамлекеттеринде пенсиялык фонддор үчүн төмөнкүдөй чектөөлөр бар:

- пенсиялык активдерди инвестициялоонун түрлөрү боюнча;
- кыймылсыз мүлккө активдерди салым катары салуу укугуна ээ эмес;
- карызга каражат берүүгө;
- каалагандай түрдөгү колдоо көрсөтүүлөрдү (поручительство) жана кепилдиктерди берүүгө;
- пенсиялык активдерди күрөөлүккө берүүгө;
- камсыздандыруу ишмердүүлүгүн аткарууга ж.б.

Мамлекеттик эмес пенсиялык фонд жекече салым кошуучулардын каражаттарын топтоштуруунун эсебинен каржылык рыноктун портфелдик инвестору болуп саналат. Ал коллективдүү инвестор катары баалуу кагаздар рыногуна таасир этет.

**Инвестициялык фонддор.** Кыргызстандын адистештирилген инвестициялык фонддору мамлекеттик менчикти массалык түрдө менчиктештирүү убагында пайда боло баштаган. 1993–жылдан баштап республикада "Бишкекинвестфонд", "Кыргызинвест", "Жаралуу" ж.б. фонддору түзүлгөн. 1994–жылдан 1997–жыл аралыгында 117 миңден ашуун жарандар ивнестициялык фонддор аркылуу өздөрүнүн купондорун түрдүү ишканалардын акцияларына алмаштырышкан. Инвестициялык фонддордун негизинде 1995–жылы "Семетей" түзүлгөн. Бул ассоциациянын максаттары жана милдеттери төмөнкүлөр эле:

- инвестициялык фонддордун туруктуу өнүгүүсүнө шарт түзүү;
- баалуу кагаздар рыногунун түзүлүүшүнө жана өнүгүүшүнө колдоо көрсөтүү;
- өздөрүнүн мүчөлөрүнүн жана алар аркылуу инвестфондордун акционерлеринин кызыкчылыктарын коргоо;
- мыйзам–ченемдүү актылардын долбоорлорун даярдоого катышуу;
- өздөрүнүн мүчөлөрүнө юридикалык, маалыматтык кызматтарды көрсөтүү;

• өздөрүнүн мүчөлөрүнүн жогору профессионалдык стандарттарын жана жүрүш–турушунун этикалык эрежелерин калыптоо жана колдоо.

Купондор аркылуу инвестициялоо 1997–жылы аягына чыкты. Инвестициялык фонддордун ишмердүүлүгүн андан ары өркүндөтүү үчүн инвестфонддор жөнүндөгү жобо, “Чарбачылык шериктештик жана коомдор жөнүндө”, “Инвестициялык фонддор жөнүндө” мыйзамдары кабыл алынды. Булар инвестфондордун эл аралык стандарттарга жакындашуусуна шарт түздү.

Экономикалык каатчылык жана реалдуу сектордун кулашы инвестициялык фонддордун ишмердүүлүгүнө терс таасирин тийгизди. Бирок, буга карабай, айрым инвестициялык фонддор иштешип, өздөрүнүн клиенттерине акциялар үчүн дивиденддерди бере алышты. 2000–2013–жылдын ичинде инвестфонддордун саны 21төн 6 кыскарган, акционерлердин саны 36,6 миңден (2004–жыл) 40,8 миңге (2008–жыл) жеткен.

**Акча алмаштыруу бюролору.** Улуттук валюта– сом киргизилгенден кийин республиканын акча–насыя тутумунда алгачкы алмаштыруу бюролору жана алмаштыруу пункттары иштей башташты. Алмаштыруу бюролорунун жана алмаштыруу пункттарынын ишмердүүлүгү КРнын “Чет өлкө валюталарындагы операциялары жөнүндө” мыйзамынын жана КРнын Улуттук банкынын башка ченемдик актыларынын негизинде жүргүзүлөт.

Алмаштыруу пункту жана алмаштыруу бюросу жөнүндөгү түшүнүктөрдүн айырмачылыгы бар. Алмаштыруу пункттары– бул ыйгарым укуктуу банктар тарабынан түзүлгөн алмаштыруу конторалары. Ыйгарым укуктуу банктар– бул КРУБ тарабынан чет өлкө валюталарында банктык операцияларды жүргүзүүгө укук берүүчү лицензия алышкан банктар. Алмаштыруу бюролору – бул КРУБдан накталай чет өлкө валюталары менен алмаштыруу операцияларды жүргүзүүгө укук берүүчү лицензиясы бар юридикалык же жеке жактар тарабынан түзүлгөн алмаштыруу конторалары.

Практика көрсөткөндөй, бүгүнкү күндө Кыргызстандын аймагында иштеп жатышкан алмаштыруу бюролору жана алмаштыруу пункттары акча–насыя тутумунун зарыл элементтеринен болуп калышты. Учурда алмаштыруу бюролору үчүн АКШ долларынын негизги сатуучуларынан болуп коммерциялык

банктар жана жарандар. Учурда ар кайсы маалыматка таянсак, республиканын аймагында 400 тегерегинде алмаштыруу бюролору катталышкан жана иштеп жатышат.

**Күрөөканалар.** Экономикалык реформага чейин Кыргызстандын аймагында күрөөканалар болгон эмес. Рынок мамилелерине өтүү менен республикада кошумча жоопкерчиликтүү формада ломбарддар түзүлө баштаган. Юридикалык жак алар мамлекеттик статистика органдарынан алышат, ал эми ломбарддын катышуучулары болуп өздөрүнүн мүлкү менен алардын ишмердүүлүгүндө катышууну каалаган мамлекеттик, коомдук, кооперативдик жана башка ишканалар, мекемелер, жарандар боло алышат.

Ломбарддардын ишмердүүлүгү КРнын 1997–жылдын 20–майындагы "Күрөө жөнүндө" мыйзамынын, КРнын Жарандык Кодексинин, 1997–жылдын 16–сентябрындагы "КРнын аймагында күрөөкананын ишин уюштуруунун тартиби жөнүндөгү" инструкциянын жана башка мыйзам–ченемдүү актылардын негизинде жүргүзүлөт.

Өзүнүн ишмердүүлүгүн жүргүзүү үчүн күрөөкана уюштуруучулардын өздүк каражаттарынын эсебинен өзүнүн уставдык капиталын түзөт, бул күрөөнүн негизинде ссудаларды берүү үчүн булак болуп кызмат кылат. КРУБ дун аныктоосу боюнча уставдык минималдык капитал 100 миң сомдон кем эмес болуушу зарыл. Учурда республикада 230–250 ломбард иштеп жатат.

Мыйзам–ченемдүү актыларга ылайык, ломбарддардын функциясына төмөнкүлөр кирет:

- калктан сактоого үчүн мүлкүн алат;
- мүлктү күрөөгө коюунун негизинде өздүк каражаттарынын эсебинен ссудаларды берет;
- кайра алынбаган же акчасы төлөнбөгөн мүлктү өздүк соода точкасы же соода–сатык түйүнү аркылуу сатат;
- кошумча лицензиясы барлары накталай чет өлкө валютасы менен алмаштыруу операциясын жүргүзөт.

Негизинен бардык күрөөканалар, эреже катары, кредиттик негизде (3 айлык мөөнөткө чейин) жеке жактарга насыя берүү жолу менен иштешет. Күрөөканалар насыялык каражаттарды анын кайтарымдуулук коэффициенти 88% болгондо гана беришет.

Кыргызстандын насыялык тутумунда күрөөканалары акча–рынок багытында өзүлөрүнүн орду бар. Алар банктык эмес насыялык мекемелер катары жеке жактардын кыска мөөнөттүү насыяларга болгон муктаждыгын канааттандырышат.

Өзүнүн ишмердүүлүгүндө күрөөканалардын да өздүк көйгөйлөрү бар:

- чоң атаандаштык;
- калктын анча жогору эмес жашоо деңгээлинен клиенттердин аздыгы;
- берилген ссудалардын кайтарымынын төмөндүгү;
- күрөөгө коюлган мүлктү сатуудагы кыйынчылыктар.

**Кыргыз айыл–чарба каржы корпорациясы (КСФК “Айыл Банк”).** КРнын Өкмөтүнүн 1996–жыл 2–июнундагы токтомунун негизинде Кыргыз айыл–чарба каржы корпорациясы түзүлгөн. Ал жоюлган Агропромбанктын базасында Бүткүл дүйнөлүк банктын 12 млн.АКШ доллары өлчөмүндөгү каржылык колдоосу менен уюштурулган.

Бул корпорациянын жалгыз уюштуруучусу болуп КР нын Өкмөтү. Корпорация өзүнүн ишмердүүлүгүн универсалдуу коммерциялык насыялык–каржылык институту сыяктуу айылдык товар өндүрүүчүлөрдү колдоо жана өнүктүрүү максатында иштейт.

Бул корпорациянын негизги милдети болуп, айыл–чарба ишканаларынын, бирикмелеринин, союздардын жана өз алдынча дыйкан кооперативдик чарбаларынын түрдүү формалары аркылуу гана уруксат ала алган фермердик чарбаларды насыялоо саналат.

КСФК насыяларды берүүдөн сырткары лизингдик, трасттык, факторингдик операцияларды жана мамлекеттик баалуу кагаздарды сатып алуу жана сатуу боюнча иштерди жүргүзөт.

**Насыялык бирикмелер** (союздар). 2003–жылы КСФК аркылуу насыялык бирикмелер 152 млн. сом өлчөмүндөгү насыялык портфели болгон. Насыялык бирикмелердин 2003–жылдан берки биргелешкен портфели 288,8 млн. сомду түзүп, бул өткөн 2000–жылга караганда 39,9 млн. сомго көп болгон. Бир карыз алуучуга берилген насыянын орточо өлчөмү 150 миң сомго жеткен. Азыркы убакта насыялык бирикмелер республиканын дээрлик бардык райондорунда бар, алардын жалпы саны 265 ке

жетти, жалпы насыялык портфели 324,4 млн. сом жана карыз алуучулардын саны 28,8 миңден ашуун адамга жеткен.

Насыялык бирикмелер бирикменин катышуучуларынын өздүк каражаттарын бириктирүү жана аларды белгиленген пайыздык ченемдер боюнча өз ара насыялоо жолу менен өздөрүнүн катышуучуларына жардам берүү максатында түзүлгөн коммерциялык эмес каржылык уюмдар болуп саналат. Өздөрүнүн ишмердүүлүгүндө насыялык бирикмелер 1999–жылдын 30–сентябрындагы “Насыялык бирикмелер жөнүндөгү” мыйзамды колдонушат. Лицензияны алуу үчүн насыялык бирикмелер 30 миң сомдон кем эмес акча каражатына ээ болуушу керек.

Насыялык бирикмелердин өз ара өзүн–өзү каржылоо формасы тобокелди жана өз ара жардамдашууну бөлүштүрүүнүн түрү болуп саналат. Ал кадимки каржылык сектордон сыртта каржылоонун альтернативдүү булагы катары болуушу мүмкүн.

Насыялык бирикмелер каржылык рынокто жана мамлекеттин айылдагы социалдык саясатын ишке ашыруу чөйрөсүндөгү өз ордун таба алды. Алар дыйкан (фермердик) чарбалардын жана кайра иштетүү өндүрүшүнүн өнүгүүсү боюнча каржылык кызмат көрсөтүүлөрдү калыптандырууга өбөлгө түзүшөт.

2007–жылы республикада 265 насыялык бирикмелер иштешкен, анын ичинен Ош областында 84 же 36,5%, Жалал–Абад областында–53 же 16,7%, Ысык–Көлдө–47 же 14,8% ж.б. Республика боюнча катышуучулардын саны 28106 адамга жеткен, анын ичинен Ош областында дээрлик 9,0 миң адам, Ыссык–Көлдө–5,3 миң, Нарында–3,8 миң адам. Капиталдардын жалпы суммасы 324,5 млн.сомду түзгөн.

Насыялык бирикмелердин катышуучулары тарабынан насыяларды максаттуу пайдалануу төмөнкүдөй бөлүнөт: айыл чарбасын өнүктүрүүгө–69%, соода сатыкты өнүктүрүүгө–26%, өндүрүшкө–3% жана керектөөчүлүк максатка–2%.

**Микро насыялоо.** Республикада калкты микронасыялоо боюнча 2000–жылы 115 уюмдары, 2010–ж.–397, 2013–ж.–277 микронасыялык компаниялар агенттиктер алектенишет. Микро насыялардын негизги булактары болуп ишканалардын өздүк каражаттары эсептелет, алардын 2000–жылдагы микро насыялардын жалпы көлөмүндөгү үлүшү 27,0%ды жана карызга алынган каражаттардын көлөмүндө 73,0%ды түзгөн.

2000–жылы микронасыялык уюмдар тарабынан 1240,6 млн. сомдук насыялар берилген, ал эми аларды негизги бөлүгү өнөр жай тармагы боюнча–88,3 млн. сомду, айыл чарба тармагына–564,8 млн. сом, соода–сатык иштерине–544,3 млн. сом жумшалган. Ал эми 2013–жылы микронасыялоонун жалпы суммасы–27533,9 млн. сомго жеткен, анын ичинен өнөр жай тармагына 269,8 млн. сом, айыл чарбасына–14443,5 млн. сом, соода–сатык боюнча–6311,2 млн. сомду түзгөн. Калкты микронасыялар боюнча акыркы жылда алардын көлөмү кескин түрдө өскөн, башкача айтканда 2013–ж. 2000 жылга салыштырганда жалпы көлөмү 2,2 эле өскөн. Ошондой эле региондор боюнча алсак 27533,9 млн. сомдон 4368,9 млн. сом, же 15,8%, Жалал–Абад областында–2,0 эсеге, Чүй областында–1,8 эсеге Бишкек шаарына–2,2 эсеге, Ош областында–1,5 эсеге, Ысык–Көл–1,9 эсеге көп жумшалган (103–табл.).

103– Таблица. **Республиканын региондору боюнча микронасыялоонун көлөмү, млн. сом**

| | 2000 | 2005 | 2009 | 2010 | 2011 | 2012 | 2013 |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **Кыргыз Республикасы** | 1240,3 | 3238,7 | 11821,3 | 15430,6 | 22755,4 | 23357,0 | 27533,0 |
| **Баткен областы** | 80,2 | 229,9 | 869,6 | 1049,8 | 1757,8 | 2137,6 | 2350,8 |
| **Жалал–Абад областы** | 216,3 | 422,5 | 1942,9 | 2670,0 | 4460,8 | 3639,6 | 4368,9 |
| **Ысык–Көл областы** | 148,2 | 356,6 | 1604,3 | 2065,6 | 2714,3 | 2582,7 | 2670,1 |
| **Нарын областы** | 50,1 | 150,0 | 741,2 | 1059,5 | 1722,5 | 1867,1 | 2084,9 |
| **Ош областы** | 266,3 | 797,1 | 2001,4 | 2133,7 | 2485,6 | 3049,9 | 3856,8 |
| **Талас областы** | 39,8 | 362,8 | 924,5 | 1212,2 | 1654,2 | 1638,2 | 2168,2 |
| **Чүй областы** | 228,2 | 198,3 | 1327,2 | 1941,2 | 3289,7 | 3466,6 | 4220,5 |
| **Бишкек ш** | 211,2 | 1084,4 | 1839,5 | 2688,8 | 3468,6 | 4035,7 | 4757,3 |
| **Ош ш.** | – | – | 570,7 | 609,8 | 1201,8 | 939,6 | 1056,4 |

Статистикалык маалыматы “КРнын социалдык тенденциялары” Б., 2010–ж.

Микронасыялык компаниялар ж.б. уюмдар тарабынан республиканын бардык аймактары камтылган. Республика боюнча микронасыяны алуучулардын саны 94,1 миң адамдан (2000–ж.) 513,5 миң адамга (2013–ж.), же 5, 4 эсеге өскөн. 2013–жылы алуучулардын саны Чүй областы боюнча–81,6 миң адамга, же

15,9%, Жалал–Абад областы–90,9миң адамга, же 18,7%, Ош областы–78,6 миң адам, же 15,3%, Ысык–Көл областы–57,9 миң адам же 11,2%, Бишкек ш.–65,2 миң адам, же 12,7% туура келген.

Республика боюнча бар адамга эсептегенде микронасыялык көлөмү 13,1 миң сомдон (2000–ж.) 53,6 миң сомго (2013–ж.) чейин өскөн, же 4,0 эсеге өскөн. 2013–жылы микронасыянын бир адамга орточо көлөмү Бишкек шаары боюнча 72,9 миң сомду, Талас областы–61,3 миң сомду, Баткен областы–57,2 миң сомду тузгөн.

Микронасыялык компаниялардын арасынан "Финка", "Бай–Түшүм" фонду жакшы абалды ээлешти. Мисалы, FINCA компаниясы 1995–жылы түзүлгөн. Бул компания өлкө рыногуна биринчи микрокредиттик мекеме. Өткөн 20 жыл ичинде бул компания 740 млн. долларга насыя беришип 1 млн. жакын талапкерлер алышкан. Азыркы күндө FINCA микрокредит компаниялардын арасында лидерлик орунду, же болбосо 30–35% ээлейт. Бул компанияга 120 миңден ашуун клиенттер тартылган. Ушул мезгилде компаниянын кредиттик портфели 5,5 млрд. сомду түзөт.

Акыркы 10 жылдын ичинде кредиттик портфелдин кайтарымдуулугу 99% түзөт. Компаниянын өлкө боюнча жайгашкан 26 филиалында 14500 кызматкерлер иштешет. Компания түзүлгөн учурдан тартып чет мамлекеттин 24 млн. АКШ доллардагы түз инвестиция тартышкан. Социалдык багытта Кыргызстан боюнча 100дөн ашуун долбоорлор ишке ашырылып, 75 млн. сомго каражат өздөштүрүлгөн.

Микрофинансылык компания "Бай–Түшүм" 1997–жылы америкалык өкмөт эмес компаниясы болгон НО ACDINOCA аркылуу фонд түзүлүп ишке киргизилген. 2011–жылы компания "Бай–Түшүм" банк лицензиясын алган. "Бай–Түшүм" компаниясы негизинен чакан жана орто бизнес менен иш жүргүзөт. Берилген кредиттердин 43%–айыл чарбасына, 30%–соода тармагына, калганы–27% ипотекага, өндүрүшкө, лизинг, керектүү кредиттерге жумшалат.

Бүгүнкү күндө "Бай–Түшүм" фонду Ош шаарында, Жалал–Абад, Чүй, Ыссык–Көл областтарында өзүнүн филиалдарын, ал эми Кара–Суу, Араван, Өзгөн, Ноокат, Базар–Коргон райондорунда өкүлчүлүк офистерин ачкан. Мындай тармакталган түйүн транспорттук жана башка чыгашаларды бир далай кыскартуу

менен жеринде кызмат көрсөтүүгө мүмкүндүк берет. Дал ушул "Клиентке жакын жана клиент менен бирге" принциби позитивдүү таасир көрсөтүү менен жагымдуу микроклимат түзөт.

Фонд 5 жылга чейинки төлөө мөөнөтү менен турак–жай жана коммерциялык кыймылсыз мүлктү сатып алууга жана ремонттого багытталган ипотекалык насыя формасындагы микронасыялоонун актуалдуу жана көп талап кылынган жаңы формасын иштеп чыгууда. Фонд жыл сайын ачык эшиктер күнүн өткөрөт, ага туруктуу жана потенциалдуу клиенттер дайыма катышышат. Алардын сураныччтары боюнча фонд жаңы заманбап өндүрүмдүүлүгү жогору техникаларды, транспорттук каражаттарды, сатып алууга, балдарды окутууга болгон төлөмдөр сыяктуу керектөөчүлүк насыяларды да киргизип жатат.

АРИС– өнүктүрүү жана инвестициялоо агенттиги коомчулугу негизинен айылдык жарандарды инвестиция менен камсыз кылат. Мисалы, 10 жылдын ичинде Кыргызстанда 1900 айылына, 100 млн. доллар болгон 10 миң кредит беришкенге жетишкен. Эгерде дүйнөдө көп финансылык институттар берилген финансылык каражаттын бир кыйла бөлүгүн проект түзгөнгө жумшала турган болсо, АРИС– жарандарына бизнеске толук укук берилип, аларды көзөмөлгө алат.

Микронасыялардын негизинде калк нан продукцияларын, суроо–талапка ээ болгон эл керектөөчү товарларды өндүрүү боюнча мини–цехтерди, тигүү бөлүмдөрүн ачууга мүмкүндүк алышты. Алардын маанилүү бөлүгү тамак–аш продукцияларын сатып–алуу–сатуу, калкка кызмат көрсөтүү менен (парикмахерлер, вулканизация ж.б.), айыл чарба продукцияларын өндүрүү жана кайра иштетүү менен алектеништи. Жылдын жыйынтыгы боюнча кайтарымдуулук 96,5%ды түздү.

Ошентип, микронасыялоо уюмдары бүгүнкү рынок шарттарында каржы–насыя тутумунда өз орундарын таба алышты жана үлүшү 29,7%ды түзүү менен (2013–жыл), өздөрүнүн таасирин күчөтүшүүдө. Алар каржы ресурстары жок болгон, бирок өздүк бизнеси менен айрыкча айыл чарбасы, соода–сатык, кайра иштетүү өндүрүшү сыяктуу тармактарда алектенгиси келген калктын катмарына көбүрөөк жеткиликтүү.

**Кредиттик союздары**. Кыргызстанда 1995–жылы 21 кредиттик союздар түзүлгөн. Өзүлөрүнүн ишмердүүлүгүн

өзүлөрүнө мүчөлүк пайлары аркылуу жүргүзүшөт. Ар бир катышуу өзүнүн каражатын сактык пай катарында берет жана өзүн, ар кандай муктаждыгы үчүн берген каражатынан 3–эсеге көп (ал 15% жалпы көлөмдөн ашпаса) насыя алууга мүмкүнчүлүк алат. Насыя берүүнүн ченеми, анчалык жогору эмес, ошондой эле өзүнүн пайызына дивидент (пайда) алат.

Коммерциялык банктардын, филиалдары негизинен шаарларга жайгашкандыктан, айыл чөйрөсүндө насыя алуу үчүн кредиттик союздардын мааниси чоң. Биринчи жолу Кыргызстанда 1998–жылы эксперимент катарында Ош областында Араван, Кадамжай районунда, Чүй областынын Жаил районунда “Барс” кредиттик союздар түзүлгөн. 1999–жылы Талас областында “Көк–Ой” жана область боюнча 16 кредиттик союз иштеп жатат. Келечекте, ийгиликтүү иштеген кредиттик союздар кооперативдик банк түзүмүнө айланат. Демек, ага катышкан адамдардын менчигиболот дагы ошол эле учурда алар клиент (насыя алуучу) боло алышат.

Мындай кооперативдик банктар, кредиттик союзга караганда диверсифирдик продукция берүүгө жана банктын операцияларды, депозиттик иштерди жүргүзүүгө мүмкүндүк алат. Республиканын улуттук банкы бул кооперативдик банкты көзөмөлгө алуу менен, иштин сапаттуу жүрүшүнө түздөн–түз көзөмөлдөйт. Азыркы мезгилде, мындай кооперативдик банктар 40 башка өлкөлөрдө иштеп жатат.

## БАП XXI.

## АКЧА РЫНОГУНУН КАЛЫПТАНДЫРУУ ЖАНА ӨНҮКТҮРҮҮ

### §1. Акчанын пайда болушу жана мааниси. Акчанын түрлөрү.

Белгилүү болгондой, акча –бул тарыхый өнүгүүнүн азыгы. Коомдук чарбалык өнүгүүнүн белгилүү баскычында пайда болуп, бартердик алмашуунун алдыга кадам коюушуна шарт түзгөн.

Тарыхый өнүгүүнүн процессинде акча жана анын формалары эволюциялык өзгөрүүлөргө дуушар болгон. Баштапкы абалында акча катары товардык акчалар, акчанын функциясын аткарып жөнөкөй товар катары (мисалы, терилер, ювелирдик кооздуктар ж.б.) сатылган жана сатылып алынган. Бул натуралдык чарбага мүнөздү болгон өздүк керектөөгө жарай турган өндүрүштүк подукциялар чыгарылган. Алмаштыруу, кокустан, продукция ашып калганда гана жүргүзүлгөн. Ошондуктан товарлардын бири өндүрүүчүдөн, башка өндүүрүчүгө товардык эквивалентин негизинде ар түрдү сапаттагы, формадагы, өлчөмдөгү товарлардын кыймылы аныкталган (малдан–балта). Акырындап товарлардын арасынан алтын өзүнүн физикалык касиети катары –дат баспагандыгы, тез бөлүнгөндүгү, жалтырактыгы боюнча белгилүү боло баштаган. Жаратылышта аз кездешкендигине байланыштуу, аны көөбүрөк товарларга алмаштырууга туура келген. Алтын жалпы эквивалент катары башка товарлардын наркын баалай баштаган.

Алмаштыруунун өнүгүүсүү менен акчанын жалпы эквивалент катары материалдык негизде кымбат баалуу металлдар, анын ичинен алтын жогору бааланган. XIX кылымда жана XX башында накталай акча катары алтын монеталар кеңири колдонулган. Бир тектүүлүгү, бекемдиги, бөлүнө тургандыгы жана баалуулугу, сейрек кездешкендиги алтын менен күмүштү нарк ченемин өлчөчү сапатынын калыптанышына алып келди. Ар түрдүү товарлардын баасы, бул металлдар менен бааланып, алтын менен күмүш коомдук байлыкка айланган.

Бул металлдардын наркы, мисалы, алтын товар катары өзгөрсө да, баасы өзгөрбөгөн. Алтындын 1граммы миңден бир

килограммы болуп эсептелгенине карабастан, алтындын товар катары баасы өзгөрбөгөн.

Бирок ошого карабастан алтын акчалардын кемчиликтери аныкталган:

- кымбаттыгы;
- алтын акчалардын керектөө айланышын камсыздоого мүмкүн болбогону анткени акчанын суроо–талабынан, алтынды казып алуу, иштеттүү артта калууда;

Аталган жана башкакемчиликтер алтындын акча материалы катары колдонудамүмкүнчүлүгү аз экендигин тастыктайт.

Убакыттын өтүшү менен алтын акчанын ордуна анын алмаштыруу үчүн кагаз жана насыялык акчалар (банкноты) колдоно баштаган. Барган сайын алтын акча, кагаз акча менен алмаштырылган. Кийинчирээк, алтын акчалардан жүгүртүүсү кыскарган сайын, кагаз акчалардын бирдигине ылайыктуу алтын салмагы болгон.

Кагаз акчалар алтын жана күмүш менен камсыз болушу менен чыгарылган. Биринчи жолу кагаз акча XIII кылымда Кытайда чыккан. Кийин XVI–XVII кылымдарда, Англияда 1797–1815–жж., Австрияда–1762–ж., Оруссияда–1769–ж., Италияда 1866–ж. чыгарылып иштей баштаган. Ошондон тартып, кагаз акчанын жүгүрүшү бардык өнүккөн мамлекеттерде мүнөздүү болгон.

Кийинки убакытта монетанын (тыйындын) ордуна насыя–акчасы банкнот колдоно баштаган. Мындай акча жүгүртүү функциясына багытталган. Банкноттун туруктуулугу үчүн атайын курсу менен алтынга алмаштыруу процесси каралган. Насыя акчасы, металл түстүү акча менен акча тутумунун туруктуулугуна алып келген. Бирок, алтын стандарттык эпоха учурунда акчанын эки тутуму, б.а. алтын товарды баалоо бардыгы жана баалуулукту сактоого багытталган болсо, соода–сатык багытында насыялык акча – банкнот колдонулган.

Алтын акча стандарттык шартта акчаны алмаштыруусу үчүн кагаз жана насыялык акчанын жүгүртүүнүн санына автоматтык түрдө чектөө болгон. Эгерде товардын баасынан алтын көп болсо– ал сактоого (баалуу буюм) катары, ал эми аз болгондо– ал тез түрдө акча жүгүртүүгө айланган.

**Банкноттор** – насыя акча өзүнүн наркы болбогондуктан, анын иштешинде (жүгүртүүдө) мамлекеттин кепилдигин талап кылган. Кийин мамлекет банкнот чыгаруу функциясына өзүнө алып, улуттук банк аркылуу анын баалугун алтын менен камсыз кылуу менен коомчулуккка кепилдигин берген, б.а. физикалык жана жекече жактарга банкноту алтынга эркин алмаштырууга мүмкүн болгон. Мамлекет банкнотторду жүгүртүүдө анын баалугун алтын менен болгон катнашын түзүп жана кармап турууга милдеттин алган. Ошондой эле мамлекет жүгүртүү каражаты багытында банкнотту жеке эле жүгүртүүгө колдонбостон аны байлык топтоо катарында милдетин алган.

Кагаз акча катарында жеке эле кагазга түшкөн акча белги өзгөчөлүгү эмес, мамлекет өзү (казначей аркылуу) өзүнүн чыгымдарын жабууга чыгарат. Кагаз акчанын эң чоң кемчилигин керектөө суроо–талапка ылайыктуу эмес акчанын чыгаруу, анын баасын кемитип, сатып алуу мүмкүнчүлүгүн төмөндөткөн.

Кагаз акчанын маңызы, акча белгиси мамлекеттик бюджеттин жетишсиздигин жабууга, металлга алмаштыруу эмес, бирок мамлекеттик мажбурлук курсу менен чыгарылган.

Кагаз акчанын өзгөчөлүгү анын туруксуздуулугун жана арзандап кетиши, бир катар себебтерге байланыштуу:

- жүгүртүүгө ашык чыгарылышы;
- өкмөттүн ишениминин төмөндөшү;
- төлөм балансынын жагымсыздыгы.

Экономика өркүндөн өскөн сайын кагаз акча биринчи чыкканы түрү менен өндүрүштүн керектөөсүн канааттандырбай калгандыктан насыялык акча пайда болгон. Аны насыяга берүүгө мүмкүндүк түзүлгөн. Насыялык акча төмөнкү эволюциясына басып өткөн: вексель, банкнот, банктык депозиттер, чек, электрондук акча, насыя карточкалары.

**Вексель**– төлөөчүнүн жазуу түрүндө милдети же болбосо насыя берүүчүнүн төлөөчүлүккө берген буйругу көрсөтүлгөн төлөм суммасын көргөзүлгөн убакытта төлөп берүү.

Векселдики өзгөчүлүк мүнөздөрү:

- акстративдүүлүгү векселде келишимдин түрү көрсөтүлгөн эмес;
- талашсыздыгы– карызды төлөө милдеттүү, керек болсо

мажбурлоо чаралары аркылуу (эгерде каржылык актысы түзүлгөндөн кийин);

- жүрүмдүүлүгү– төлөм каражаты катары анын сыртына берилди деген кол койгондон кийин башка адамга бергенде жүгүртүүгө болот.

**Банкнота**– төлөм же банктын вексели. Азыркы учурда банкнот Улуттук банк аркылуу мамлекеттин кепилдиги менен чыгарылат.

Биринчи жолу банкнота XVII кылымдын аягында векселди эсеп–кысапка алуу үчүн колдонулган. Учурда банкнот накта акча катарында жүгүртүү функциясын аткарат.

**Насыялык акча (банкнот)**– кагаздан жасалат, аны банктар чарбалык насыялык операциялардын жүргүзүү үчүн колдонулат.

Банкноту жүгүртүүгө чыгаруу жана кайтаруу насыялык операциясынын негизинде болот:

**Чек**– бул болсо көтөрүмдү вексели, аны акча салуучуга коммерциялык же Улуттук банк жазып берет.

Чектин төмөнкү түрлөрү кездешет:

- аталуу чек бир адамга жазылат, бирок башка бирөөгө берүүгө укугу жок;
- ордердүү чек бир кишиге берилет, бирок башкага берүүгө укугу бар;
- эсеп–кысап чеги накталай акчасыз эсеп–кысапты колдонулат.
- көрсөтүү чеки– анда көрсөтүлгөн сумма көрсөткөн адамга төлөп берилет.

Банк операциясында механизациялаштыруу жана автоматташтыруу, компьютерлерди жана интернеттерди кеңири колдонууда өздүк төлөмдү же карызды берүүдө электрондук акчаны колдонуу мүмкүнчүлүгү пайда болду.

**Насыялык карточкалар**– бул эсеп–кысап каражаты накта акчалардын жана чектердин ордуна колдонулат, ошондой эле ээсине банктан кыска мөөнөткө насыя алууга мүмкүндүк берет. Азыркы учурда насыялык карточканын ар түрү пайдаланылат: банктык, соодалык, бензин сатып алуу карточкасы, туризм жана көңүл ачуу иштерине төлөө карточкасы. Булардын ичинен соода карточкасы кеңири колдонулат.

Электрондук акчалар өздүк маалымат жана активтерди сактоочу электрондук пластикалык карта. Пластикалык карта боюнча ээси төлөм жана акча алуу процесстерин жүргүзүүгө мүмкүн.

**Электрондук акча** башка акча түрлөрүнө караганда эффективдүү, анткени аларды даярдоого салыштырма түрүндө аз чыгым сарпталат. Мисалы, өнүккөн мамлекеттерде кагаз–акча төлөм тутуму үчүн коомдук чыгымы, ар түрдүү баалануу методдору менен ИДП 2–3% түзөт, ал эми электрондук пластиканы даярдоо үчүн 2–3 аз чыгымы жумшалат.

Экономикалык агенттин көз карашы боюнча электрондук акча анын активдери боюнча ишти оптимизациялоодо каржылык куралы. Электрондук акча эл аралык соодада кеңири колдоо тапкан. Ошол эле мезгилде, айрыкча чоң суммадагы соода–сатык ишине колдонууга абдан ыңгайлуу.

Электрондук акчанын жакшы жагы улуттук валютанын сактоода жана трансакциондук чыгымдардын азайтууда кескин түрдө тобокелди кыскарат.

Электрондук акча 2000-жылдардын башында кеңири колдоно баштаган. Мисалы, 2003–жылы Батыш Европада электрондук акча 343,2млн. долл., орто жана түштүк Америкада–37,7 млн, Азияда–74,9 млн. АКШ долларына барабар болгон. Кийнки жылдарда элетрондук акча акчаны айландырууда барган сайын кеңири таркалууда.

**Акчанын функциялары**. Практикада акчаны пайдаланууда бир катар функцияларды аткарат.

**Биринчи функциясы**–товар наркынын өлчөмү. Акча жалпы эквалент өлчөмү катары бардык товардык жалпы коомдук эмгектин продуктасы, анын наркын өлчөөдө акча пайдаланылат.

**Экинчи функциясы**– каражат жүгүртүүдө толук эмес акча каражаттары кагаз жана насыя акчалары аркылуу жүрөт. Акча төлөм каражат катары товарларды насыяга берүүдө колдонулат, анткени товарларды өндүрүү жана сатуу шарттары туура келбейт жана товарды өндүрүшү жылдын сезондоруна ошого жараша эмгек акыны төлөгө байланыштуу.

**Үчүнчү функциясы**– акчаны топтоо жана сактоо функциясы. Экономикалык субьект өзүн товарына төлөм катары акча алат жана аны таза баалуу запас (кор) катары колдонот. Бул акча кыска

мөөнөттүк запас катары, эгерде субьект тез эле убакыттын ичинде колдонсо жана узун мөөнөттүк запас, эгерде субьект сатып алуу же өзүнүн карызын төлөмүн шашпаган түрдө колдонсо.

Рыноктук экономикада акчанын жүгүртүүсү эки багытта жүрөт. Товар өндүрүүчүлөр өндүрүшкө керектелүүчү ресурстар үчүн төлөм жүргүзөт. Мындай төлөмдөргө эмгек акы, пайыздык диведенд төлөмдөрү, ижара акысы ж.б. Демек өндүрүштүк факторлорго төлөм жүргүзүү– акчаны керектөөдө экономикада биринчи багыт. Экинчи багыты– товар өндүрүүчүлөргө товарды жана көмөк кызматты сатып алууда төлөм жүргүзүү. Мындан түшкөн акча каражаты товар өндүрүүчүлөр өндүрүш ресурстарын сатып алуу үчүн өндүрүштү дагы кеңейтүүгө кошумча товар жана көмөк кызматы үчүн жумшалат. Мындай “тегеренген акча агымы”– акчанын келип түшүшү жана факторлорун сатып алуу акчанын жалпы агымын жана кирешесин түзөт.

## §2. Акча тутумунун түшүнүгү жана тиби

Акча тутуму– улуттук мыйзам менен өлкөдө акчанын жүрүшүнүн уюштуруу формасы. Акча тутуму негизинен XVI–XVII кылымдарда толук калыпталган, бирок кээ бир элементтери андан мурун, акча катнаштын негизинде түзүлгөн.

Акча тутуму өзүнүн өнүгүү процессинде акчанын эволюциясына байланыштуу этаптарды басып өткөн. Биринчи этапта– акча металлы аркылуу жүрүшү менен мүнөздөлүп, жалпы эквалент сапатында бардык функцияны аткарган. Бул этап көп убакытта созулуп XIX кылымга чейин келген.

Экинчи этабы– алтын акчанын ролу төмөндөп, ал товардык акча катарында калган, аны насыя акчасына алмаштырылган. Насыя акчасы ички жана тышкы соода тутумуна жалпы эквивалентине айланган. Жыйынтыкта насыялык акчанын үстөмдүгү, кагаз акчага жакындашуусу, алтын– валюта резервтери аркылуу акча чыгаруу, чарбаны жана мамлекетти насыялоо орун алган.

Насыя үчүн чыгарылган акчалар товардык камсыздандырууга келбегендиги өнөкөт инфляцияга (акчанын баасынын төмөндөшүнө) алып келгени экинчи этаптын өзгөчөлүгү.

Акча тутуму өзүнүн маңызы боюнча бирдей эмес, ошондуктан акча тутуму кайсы формада иштеши боюнча бир катар

өзгөчөлүктөргө ээ. Негизинен, акчанын түрүнө жараша акча тутуму эки типке бөлүнөт:

- металдык жүгүртүү тутуму;
- кагаз– насыя жүгүртүү тутуму.

Металдык жүгүртүү акча тутумунун базасы металлдык акчалар (алтын, күмүш). Булар жалпы жана бардык эквиленттик функцияларды аткарышкан (нарк өлчөмү, каражат жүгүртүү жана төлөмү, каражат топтоо). Ошондой эле металл акчалары менен катар банкноттор пайдаланып, аларды металл акчаларына алмаштыруу болот.

**Биметаллизм** (би–эки)– мамлекет мыйзамдык негизинде жалпы эквивалент ролду эки металлга бекитилген– алтынга жана күмүшкө. Бул тутумдун чегинде эки металлдан да эркин түрдө тыйындарды даярдоо (чеканка) каралган.

Биметаллдаштыруу үч түрү жүргүзүлгөн:

- кош валютанын тутуму, алардын рыноктун баасына жараша алтын менен күмүштүн катнашына жараша түзүлөт;
- паралеллдик валюталык тутуму– рыноктук баалары боюнча алардын бири–бирине болгон катнашына табигый түрүндө түзүлөт;
- “аксак” валютанын тутуму– алтындан жана күмүштөн жасалган тыйындар мыйзамдын негизинде төлөм каражаттары тең эмес шартта болушат, анткени күмүш тыйындар жабык түрүндө, алтын ачык– эркин түрүндө даярдалышат.

Биметаллдык (би–эки)– акчалар Европада XVI–XVIII кылымдар кеңири таркалган. Бирок, эки металлдык акчанын жүрүшү жалпы эквивалент сапатында жана акчанын табигатына туура келген эмес. Мыйзам түрүндө эки валютанын бири–бири болгон катнашы алардын рыноктук баасына туура келбегендиктен түзүлүп калган баалык теңдешүүнүн жана чарбалык турмуштун бузулушуна алып келген. Акырындык биметаллдык акча моно (бир) металлдык акча тутумун өсүшүнө көмөк түзгөн.

**Монометаллдык акча тутуму**– жалпы эквивалент катары бир металл акча алтын же күмүш болгон. Ошол эле учурда акча жүгүртүүдө башка нарк белгиси алтынга алмаштыруу кошо жүрөт (банкноттор, казнечей билеттер, тыйын алмаштыруу).

Акча историясында монометалл күмүш акчасы Оруссияда 1843–1852–жж., Индияда–1852–1893–жж., Голандияда–1847–1875–жж. орун алган. Бирок, бары бир алтын акча дүйнөдө кеңири таркалган.

Алтын монометалл акча стандарты биринчи дүйнөлүк согушка (1914–1918–жж.) чейин иштеген. Бул стандартта алтын тыйындын жүгүрүшү менен башка ар түрдүү акча белгилерине алмаштырууга мүмкүндүк алышкан.

Алтын тыйын стандартына төмөнкү мүнөздөмөлөрү болгон:

а) алтын тыйындарды калыптоодо алтын өлчөмү менен камсыздалган;

б) алтын тыйындардын алтын белгиси бар наркын ателдик наркы менен эркин алмаштыруу;

в) өлкөлөр арасында алтын тыйындын эркин жүрүшү.

Биринчи дүйнөлүк согуштан кийин алтын куйма (слитка) жана алтын девиздик стандарты пайда болгон. Мындай алтын стандарты көп мамлекеттерде орун алган (Англия, Франция, Япония ж.б.). Бул стандартта алтын тыйындары эмес, алтын куймалары (слитка) менен банкнотторго алмашкан. Бирок, мындай алмашуунун чектөөсү болгон. Негизинен алтын стандарттыкта банкноттор чет элдик валютага алмашууга мүмкүн болгон.

**Кагаз акчанын тутуму жана жүгөрүшү.** 1923–1929–жылдарда экономикалык катмаал мезгилинде алтын монометалдык акча жүгүртүүнүн бардык формалары иштебей калган. 1930–жылдарда бардык өлкөдө алмаштырууга туура келбеген кагаз жана насыя акча тututмдары иштей баштаган.

Акча тутумунун эволюциясында акча жүгүртүүнүн өздүк нарк чыгымы акырындык менен төмөндөй баштаган. Сактоого жана узун убакытка ташууда оор жана ыңгайсыз алтын жана күмүш, акчалары жеңил жана арзан кагаз акчасына алмашууга туура келген. Албетте, алтын жана күмүш металлдарын казып даярдоо жана акча катарында колдоого караганда кагаз акчасын чыгаруу бир кыйла арзан болгон.

1929–1933–жылдардагы бүт дүйнөлүк экономикалык кааттчылык мезгилинде алтын акча стандарты колдонулбай калган. Мисалы, алтын акча стандарты Англияда 1931–жылы, КША–1933 жылы толук токтотулган. Анын негизинде алмашууга жараксыз болгон банкнот акчасы колдонула баштаган.

1944–жылы Бреттон–Вуд атындагы бүткүл дуйнөлүк мамлекет аралык банкноттору валютага эркин алмаштыруу тутуму кабыл алынган. Бул акча тутумунда алтын–доллар стандарты иштей баштаган. Мындай акча алмаштыруу борборлоштурулган банктарга уруксат берилген, анткени жалгыз гана доллар алтын менен байланышы болгон. 1971–жылы долларды алтын куймасына (слитка) алмаштырууга расмий түрдө токтотулган.

Бреттон–Вуд акча тутумуна Ямайлык акча тутуму менен алмаштырылган. Бул чечимди Ямайка аралынын Кингстондо 1976–жылы Бүткүл Дүйнөлүк валюта фондусуна катышкан мамлекет мүчөлөрү аркылуу кабыл алынган.

Жаңы бул акча тутуму төмөнкү мүнөздөмөлөрү менен чектелген:

- бүткүл дүйнөлүк акча тутуму болуп атайын алмаштырууга укугу бар акча (ААУ). Эл аралык эсептөө бирдиги болуп эсептелет;
- АКШнын доллары эл аралык эсеп–кысапта жана башка мамлекеттердин валюталык резерви катарында сакталып калган;
- алтын өзүн акча функциясынын жоготуу функциясына ээ болуп калган;
- алтын мамлекеттин резерви катарында башка мамлекеттеринин акча бирдигин сатып алуу үчүн колдонулган.

Акча жүгүртүүдө алтын стандарты бийлик кылып турганда кагаз акчалары алтын тыйындарга эркин алмаштырылган. Бул мезгилде ашык акчанын жана инфляциянын проблемасы жок болгон.

Алтын акча тутумунда ашык же жетпей калган акча болгон эмес. Товар жүгүртүүдө акча жетишпей калса, сакталган алтын “автоматтык” турдө акча катарында колдонулган, ашык болсо, ал кайра сактоого кетирилген.

Ал эми кагаз акча убагында, алтын акчалары кескин түрдө XX кылымда акча жүгүртүү тутумунан чыгарылган. 30–жылдарынан баштап кагаз акчалар алтын тыйындарга эркин алмаштыруу токтогон. Кагаз акчалар алтын акчага салыштырмалуу соода товар жүргүзгөндө ашык же кем болуп калган учурда “автоматтык” түрдө ордун толтура албаган. Ошондуктан соода–

сатык процессинде кагаз акча канча керек болсо ошончо чыгарыш керек болгон.

**Акча тутумунда насыя акчанын пайда** болушу бир кыйла акча–чыгымын азайтууга алып келди. Вексель, чек жана башка насыя акчалардын формалары накта акча купюроларын экономдоого көмөк берди. Бул акчаларга каалаган суммадагы акчаны жазуу түрүндө болгондуктан накта акчаларды алып жүрүү жокко чыкты.

Насыя карточкаларынын пайда болушу жана электрондук накталай акчасыз эсеп–кысап жүргүзүү, клиенттердин аймактык алыстыгына карабастан акча эсеп–кысапты жүргүзүүдө акча жүгүртүүдө чыгымдарды азайтууга алып келген.

Бардык насыя–кагаз акча тутуму тиешелүү жалпы мүнөздөмөсү төмөнкүлөр:

- ички жана тышкы акча жүгүртүүдө, алтын ал мурдагыдай эле байлыкты сактоо, банктарда акча резервтерин аккумуляштыруу функциясын аткарып калган;
- мамлекет акча жүгүртүү чектөөнү өзүнө алган;
- банктык насыя операциясы накталай жана накталай эмес акчаларды чыгарууга негиз болот;
- накта жана накта эмес акчалардын пропорция катнашы алмашылып, акырында накталай акчанын азайышы байкалууда.

Рыноктук шартта акча тутумунун негизги белгилери өзгөрүлдү, алар төмөнкүлөр:

- насыя берүүчү уюмдардын ортосунда акча жүгүртүүдө борборлоштурулган, анткени накта жана накта эмес акчалардын функциялары банк тутумдары боюнча бөлүштүрүлүп, накта–акчалар коммерциялык банктарга ыйгарылган;
- накталай жана накталай эмес акчалардын акча жүгүртүүдө өзүлөрүнүн артыкчылыгы бар;
- мамлекеттик акча–насыя чектөө механизм административдик эмес экономикалык мүнөздө;
- акча тутумун башкаруу борборлоштурулган борбор же улуттук банктар аркылуу жүргүзүлөт. Алар өзүлөрүнүн чечимин алуу өкмөткө баш ийбейт. Мындан тышкары акча каражаттары боюнча алар активдүү каржы булагы;
- акча белгилери банк тутумунун активтери менен камсыз-

далат: алтын кымбат баалуу металлдар, валюта жана баалуу кагаздар;

- акча сактоодо коммерциялык тутумуну мамлекеттик монополиясыз аркылуу ишке ашат;

**Акча тутумунун элементтери**. Акча тутумунда төмөнкү негизги элементтерден турат.

- улуттук акча бирдиги, б.а. ар бир өлкөдө товарлар жана усулдук баанын акча бирдигинин ченеми;
- баа масштабы– өлкөдө кабыл алынган акча металлдын тараза салмагы, же болбосо акча бирдигинин сатып алуу жөндөмдүүлүгү;
- акча эмиссия тутуму– мыйзамдын негизинде бекитилген тартип менен жүгүртүүгө чыгарылган акча жана дагы акча чыгаруучу уюмдар;
- мыйзамдын негизинде бекитилген акча формасы– насыя жана кагаз акчалардын майда тыйындыгын атайын тутуму аркылуу өлкөдө акча жүгүртүүдө мыйзамдык төлөм каражаты;
- валюталык артыкчылыгы– улуттук валютанын башка мамлекеттер валюталарынын ортосунда камсыз кылуучу катнашы;
- акча тутумунун институттары– мамлекеттик жана мамлекеттик эмес уюмдары мыйзамдын чегинде акча жүгүртүүдө чектөө жүргүзөт.

**Акчанын эмиссиясы**. Ар бир мамлекетте өзүнүн акча бирдиги бар. Улуттук валюта (сом) мамлекеттин көз карандысыз атрибуттунун бири. Мамлекет өзүнүн менчик акча белгиси болгон кагаз банкнотун, казначей билетин жана тыйындарды чыгарууга эгемендүүлүк укугу бар. Жүгүртүүгө чыгарылган акча белгилерин эмиссия деп атасак болот.

- улуттук банктан тышкары акча чыгаруу (банкнот жана тыйындар) аларды пайдалануучулардын арасында кеңири таркатуу– коммерциялык банктардын эсеп–кысабы боюнча акча каражаттарынын калдыгы Улуттук Банктын эсеп–кысабына ашпаган акча белгилери боюнча билдирүүсү;
- кошумча акча өндүрүү, б.а. банкноттору жана тыйындарды чыгаруу (банктын эсеп–кысабындагы) накталай эмес акчаны кошкондо;

“Эмиссия” деген түшүнүк акчанын жүгүрүшү ар түрдүү максатка байланыштуу.

Биринчиден, мезгил мезгили менен эски акчаларды алмаштырып туруу керек. Банк эски кагаз акчаларды кайтарып алып, анын ордуна жаңы акча чыгарышы керек.

Экинчиден, акча жүгүртүүдө акчанын жетишсиздигинен жаңы акчаны чыгаруу муктажыдыгы келип чыгат. Мындай учур качан гана болгон акчанын массасынын жана товардын көлөмүнүн өсүшү, акча жүгүртүүдө акчанын кайтарымдуулугун төмөндөшү ж.б.

Үчүнчүдөн, акча реформанын жүрүшүндө толук же толук эмес акча белгилерин, же акчанын номиналдык наркын алмаштыруу, же бир эле учурда акчанын бирдигин чоңойтуу менен анын номиналдык наркын өзгөртүү.

Дүйнөлүк практикада акча эмиссиясын жүргүзүү үчүн борбордук банк, же казначейство аркылуу болот. Кыргызстанда улуттук валютанын эмиссиясы Улуттук Банк аркылуу жүрөт. Республикада жаңы акча чыгаруу жана акчаны жүгүртүү процессинен алып салуу (банкнот жана тыйындар) Улуттук Банкка өзгөчө укук берилген. Улуттук валюта (сом) Кыргыз Республикасынын аймагында жалгыз жана мыйзамдуу төлөм, аны бардык субъектер колдонууга толук милдеттүү. Эгерде, иштеген адамдар жана жарандар улуттук акчаны– сомду төлөм катары кабыл албаса, анда алар Кыргыз республикасынын мыйзамынын негизинде жоопко тартылат. Акчаны мыйзамсыз чыгаруу жана окшоштуруп чыгаруу Кыргыз Республикасынын мыйзамы менен жооп берет.

Жыйынтыктап айтканда, акча экономика тутумунда эң негизги жана керектүү элементи. Акча каражатсыз экономиканы өстүрүү жана өркүндөтүү мүмкүн эмес. Эгерде иштеп жаткан акча тутуму жакшы жана туруктуу иштесе анда өндүрүштүн өсүшүнө күч–кубат берет, киреше чыгашанын айланышын жакшырат, бардык болгон өндүрүштү жана эмгек ресурстарын толук пайдаланууга мүмкүндүк түзөт. Ошондой эле акча тутуму начар иштесе, анда ал өндүрүшкө жана киреше–чыгымга, ресурстары пайдалууда тескери таасирин тийгизет.

## §3. Кыргызстанда улуттук валютаны киргизүүнүн өбөлгөлөрү жана зарылдыгы

Жылдар аралыгында Кыргызстандын экономикасы мурдагы Советтер союзунун эл чарбачылыгынын курамдык бөлүгү болгон. 80–жылдардын жарымынан баштап, борборлоштурулган пландоо тутуму улам кыйрай баштаган, бирок СССРдин экономикасында анын аракеттеги альтернативдүү механизми болбогондуктан, олуттуу дисбаланс пайда болгон.

80–жылдардын чарбалык механизмин кайра куруу мезгилинде экономикада тескери көрүнүштөр күч алган. Экономиканын рационалдуу эмес жана натыйжасыз структура негизинде, бюджеттин жетишсиздиги 1990–ж. 200 млрд. рубль түзгөн. Мунун натыйжасында тамак–аш, өндүрүштүк товарлардын жана усулдук кызматтардын жетишпөөчүлүгү пайда болгон. 1988–1991–жылдарда накталай акчанын эмиссиясы күчөдү: 1988–жылы–5,8 млрд.рублга, 1989–жылы–17,9 млрд., 1990–жылы 26,6 млрд. жана 1991–жылы 127,6 млрд.рубль чейин жеткен. Натыйжада баалар жана инфляция өтө тез темп менен өсө баштаган жана өлкөдөгү акча айланууну барган сайын башкарууга мүмкүн болбой калган.

1991–жылда жарыяланган эгемендүүлүк өлкөнүн экономикалык кыйынчылыктарынын себептерин жоюу үчүн саясий негизди түздү. Өкмөт экономиканы реформалоого багытталган иш чаралардын пакетин кабыл алды, мунун ичинде бааларды либерализациялоо, мамлекеттик ишканаларды, сырткы сооданы, калкты социалдык коргоо тутумун менчиктештирүү каралган. 1992–жылдын башында Орусиянын Борбордук банкы Республиканын Улуттук банкына рублдик банкнотторду берүүнү кыскарткандан кийин чектелген бюджеттик жана салыктык саясат жүргүзүлө баштаган. Мындан сырткары, КМШ мамлекеттеринде энергия ресурстарына баанын кескин өсүшүнө жана инфляциялык тенденцияларга байланыштуу абал аябай начарлаган. Бул Кыргызстанда инфляциянын темпинин өсүүшүнө алып келүү менен республиканын өкмөтү эмгек акыны кайра карап чыгууга мажбур болгон. Рубль зонасы мындан ары макроэкономикалык кайра куруу программасын камсыз кылууну жана өткөрүүнү аткара

албастыгы аныкталган. Ошондуктан бул зонадан чыгуу чечимин Республиканын өкмөтү кабыл алган.

Мурунку союздук республикалар арасындагы соода–экономикалык байланыштар үзүлгөндүгүнө байланыштуу Союздун бюджетинен келип турган трансферлердин кыскаруусунун негизинде, импорттолуучу энергия ресурстарынын өндүрүштүк товарларга болгон баасы кескин көтөрүлүп, экономиканын ички структурасы дүйнөлүк деңгээлге жакындашуусуна жана Кыргызстандын экономикасынын шарттарынын башка өзгөрүүлөрүнө асып келген. 1992–жылы өндүрүштүн төмөндөшү 13,9%ды, инфляция 1258,7%ды түздү. 1992–жылы коомдук турмуштун бардык чөйрөлөрүн (бааларга болгон көзөмөлдү алып салуу, жеке сектордун өнүгүүшүнө, ошондой эле ички жана сырткы соодага болгон чектөөлөрдөн баш тартуу, институционалдык реформаларды өткөрүү, б.а. атаандаштыкка чыдамдуу рынок чөйрөсүн калыптандыруучу жаңы социалдык, саясий жана экономикалык институттарды түзүүдө) камтыган ири масштабдагы реформаларды өткөрүү башталганы менен, ал кыска убакыт аралыгында сезилээрлик экономикалык өсүшүнө алып келе албайт эле. Бул абалды салыктарды чогултуу боюнча көрүлүп жаткан чаралардын алсыздыгы жана мамлекеттик мекемелердин каржылык ресурстарды өз ара карыздарды жөнгө салуу мүмкүн эмес эле.

Союздун тарашы мурдагы союздук республикалардын, анын ичинде Кыргызстандын да экономикасына терс таасирин тийгизди. Орусиянын экономикалык саясатынан болгон көз–карандычылык Кыргызстандын экономикасында каатчылык жагдайларга (инфляция, өндүрүштүн төмөндөшү, накталай жана накталай эмес формадагы акча айлануусунун бузулушу) алып келди. Бул шарттарда Кыргызстандын экономикасын каатчылыктан алып чыгуунун жолдорунун бири– бул улуттук валютаны киргизүү болду, ал товардык жана акча агымынын теңдешбестигин алып салууга мүмкүндүк берди.

Ошондуктан улуттук валютаны киргизүүгө кечиктирилгис чараларды көрүү программасы белгиленүү менен аны ишке ашыруу боюнча Комитет дайындалды. Комитеттин 1993–жылдын 13–майындагы улуттук валютаны киргизүү боюнча №3–декрети, сомду Кыргыз Республикасындагы жалгыз мыйзамдуу төлөм каражаты катары бекитти.

Өзүбүздүн улуттук валютаны киргизүү зарылчылыгы көптөгөн экономикалык факторлор менен шартталган эле: мындан ары да рубль зонасында болуу капиталдык салымдардын толук кыскарышына, инфляциянын өсүүшүнө, валюталык агымдардын кыскаруусуна жана калктын жашоо–турмушунун шарттарынын кескин төмөндөшүнө, өлкөнүн төлөмгө жөндөмдүүлүгүнүн үзгүлтүккө алып келмек. Прибалтиканын тажрыйбасын эске алганда, биздин республиканын накталай акчага болгон алгачкы муктаждыгы 300–400 млн.тыйын жана 250–300 млн.кагаз акча өлчөмүндө аныктаган. Мындай акчалар экономиканын аракетке жөндөмдүүлүгүн жакынкы 5 жылга камсыз кыла алат эле. Бул эл аралык уюмдардын жана донор–мамлекеттердин каржылык жана техникалык жардамы астында экономиканы турукташтырууга багытталган экономикалык реформанын кеңири масштабдагы программасынын бөлүгү катары жасалган кадам эле.

Ошентсе да, сомду киргизүүнүн негизги себеби мурунку союздук республикалардын акча–насыя саясат тутуму жана алардын катнаш мамилелери болду. СССРдин мамлекеттик банкынын жана Орусиянын Борбордук банкынын рубль банкноту жалгыз эмитенти катары Республиканын Улуттук банкы Оруссиянын Борбордук банкына көз–каранды болгондуктан, толук түрдө өз алдынча акча–насыя саясатын жүргүзүү мүмкүнчүлүгүнөн ажыроого алып келди. 1992–жылдын 1–июлунан Оруссия Федерациясы мурунку союздук республикалар менен эсептешүүлөрүн алардын Борбордук банктары аркылуу гана жүргүзүп келген. Кийинчерээк Оруссиянын Борбордук банкы жаңы банкнотторун чыгаруу менен өзүнүн валютасын киргизди. Рубль зонасындагы бардык мамлекеттер үчүн жалпы болгон банкноттордун жүгүрүшү Кыргызстандын экономикасын инфляциялык тенденциялардан коргоп калууга мүмкүн эместикке алып келди.

Жаңы валютаны узак мөөнөттүү, стратегиялык жана кыска мөөнөттүү, тактикалык пландардын негизинде ишке киргизүү эле. Стратегиялык планда өздүк валютанын зарылдыгы улуттук мамлекеттүүлүктүн зарыл атрибуту жана республиканын эгемендүүлүгүн камсыз кылуучу негизги механизмдердин бири болуп саналат. Өздүк валютасы республикада экономикалык саясатты жүргүзүүгө мүмкүн эмес болчу. Жаңы валютаны киргизүү экономикалык тутумдун жана эл чарбачылыгынын олуттуу

өзгөрүүшүнө алып келиши керек эле, антпесе ал акча айланышын, баа ченемдеринин жана экономикалык туруктуулукту камсыздоо боюнча каражат катары кызмат кыла алмак эмес. Улуттук валютаны ишке киргизүү менен ишкердикти колдоого багытталган салык тутумун реформалоого, мамлекеттик бюджетке тиешесиз функциялардан бошотууга, мамлекеттик ишканалардын бюджеттик каражаттарын сарптоону катуу көзөмөлгө алууга, банк тутумун рынокко жакындатуу жана башка каржылык ортомчулар тутумун түзүүгө мүмкүндүк пайда болду.

Товарлар менен камсыздоо жана эл чарбачылыгынын экономикалык структурасын өзгөртүү боюнча чараларды ишке ашыруу үчүн көп тармактуу экономиканы түзүү саясатын жүргүзүү керек болгон. Мамлекеттик монополияны абалы кыскартуу, мамлекеттик секторлорду чектөөнүн негизинде мамлекеттик бюджеттин жетишсиздигинин жана каржылык тутумдун туруктуу болбошунун негизги себеби. Атаандаштыкка чыдамдуу экономиканы өнүктүрүү үчүн шарттарды түзүү, чет өлкөлөр менен экономикалык байланыштарды жана экономикалык кызыкчылыктарын өнүктүрүү, борборлоштурулган мамлекеттик монополияны азайтуу керек болгон.

Реформа убагында экономикалык жана саясий кырдаал төмөнкүдөй болгон: биринчиден, экономикалык каатчылык, мунун ичинде бардык мурдагы союздук республикалардын акча–насыя жана каржылык тутумдарына тескери таасирин тийгизди; экинчиден, рублдин сатып алуу жөндөмдүүлү кескинтүрдө төмөндөдү; үчүнчүдөн, инфляциянын жогорку темпинин жана баалардын башкарылгыс өсүүшү, өндүрүш менен суроо–талаптын арасындагы олуттуу диспропорцияга дуушар болду.

Мына ушундай шарттарда улуттук валютаны киргизүү төрт негизги максаттарды көздөгөн: биринчиден, рублдик зонасы болгонОрусиянын Борбордук банкынын эмиссия көз–карандылыгынан чыгуу жана республика өзүнө накталай акча менен камсыз кылуу; экинчиден, акча инфляциясынын өсүшүн токтотуу; үчүнчүдөн, жарандардын эмгек жана эмгек акысынжана өндүрүштү стимулдаштыруу; төртүнчүдөн, көз–карандысыз каржылык, насыялык жана баа саясатын жүргүзүү; бешинчиден, республика өзү иштеп тапкан каражаттарынын эсебинен калктын

жашоо–турмушун жакшыртуу жана экономиканын туруктуулугун калыбына келтирүү болгон.

Улуттук валютанын киргизилиши республиканын экономикасында чоң өзгөрүүнүн башталышы болду, анткени ал инфляцияны төмөндөшүнө жана калктын арасында ага болгон ишенимдин пайда болуушуна мүмкүндүк түздү. Мисалы, эгерде улуттук валюта киргизилген 1993–жылы инфляция 1366%ды түзгөн болсо, кийинки жылдарда ал төмөндөй баштаган: 1994–жылы–87,2%, 1995–жылы–31,9%, 1996–жылы–35,0%, 1997–жылы–14,8%, 1998–жылы–16,8%, 1999–жылы–39,9%, 2000–жылы–9,6%, 2001–жылы–3,7%, 2002–жылы–2,3%, 2005–жылы–4,9% болгон. Бирок, кийинки жылдарда бир кыйла жогорулап–8–10% түзүп таскактуу (галопирующая) инфляцияны токтотууга жана монетардык саясаттын курал катарында натыйжалуулугун көтөрүүгө мүмкүн болду.

Улуттук банк тарабынан сомдун киргизилиши менен мамлекеттик бюджеттин жетишсиздигин жабуу үчүн анын эмиссиясы, инфляциянын өсүшүнө көмөк берди. 1998–жылда гана Улуттук банк инфляциянын маанилүү булагы болгон бюджеттин чыгымын кескин жоготууга мүмкүндүк алды.

КР нын өкмөтү жана Улуттук банк башынан баштап монетардык жана бюджеттик саясатты катуу жүргүзгөн. Бирок, Кыргызстан үчүн валюталык резервдери менен тең катарда бардык банк тутумунда) терс балансы мүнөздүү болчу. Бул колдогу активдердин сырткы милдеттенмелерден аз экендигин билдирет. Мындай шарттарда орусиянын техникалык жана мамлекеттер аралык насыялары, ошондой эле башка мамлекеттерден келген насыялар жана гранттар бюджеттик эсеп–кысаптын терс сальдосунун сакталышына жана банк тутумунун ички таза активдеринин өсүүшүн жокко чыгарды

ИДПнын төмөндөө шарттарында кандайдыр бир деңгээлде экономиканын демонетизациясы жүрүп жатты. ИДП жөнүндөгү (өзгөчө кварталдык жана айлык) ишенимдүү маалыматтардын жоктугу акча жүгүртүүсүнүн ылдамдыгын кыска убакыт ичинде өзгөрүүшү өз убагында баалоого мүмкүндүк бербеди. Ошол эле убакта кыргыз экономикасынын “монетизациясынын” төмөн деңгээли турукташтыруу саясатындагы валюталык резервдердин терс балансынан экинчи каатчылык учуру пайда болгон. Мындай

шарттарда жалпы акча массасы М2нин ИДПга болгон катышы 2–3%дан ашкан эмес, ошол эле учурда Орусияда бул көрсөткүч 10%, Польшада–24%, Венгрияда–53%, Чехия менен Словакияда–80% деңгээлде болгон.

Мунун үстүнө өндүрүлүп жаткан ИДПнын маанилүү бөлүгү официалдуу статистикада чагылдырылбай жатканы кырдаалды дагы курчутуп жатты. Булардын бары экономиканын өтө төмөн монетизацияланышына алып келди. Анын негизги себептери улуттук валютага болгон ишенбөөчүлүктүн сакталып туруушунда болду, б.а. инфляциянын жогору темпи сакталып банк тутумунун туруксуздугу, экономикада АКШ долларын басым жасаганы байкалып жатты. Жер жерлердеги рыноктордун начар өнүгүүшү, негизги керектөөчү товарлардын бааларынын жогору (Бишкек шаарындагы бааларга салыштырмалуу) болушу менен республиканын аймактарынан накталай акчанын агышы республиканын борборуна дүң соода жана кызмат акы төлөнчү точкаларга топтолушуна алып келди.

Экономиканын андан ары өнүгүүшү менен улуттук валюта ички жана эл аралык эсептешүүлөр үчүн да пайдаланылуучу валюта болуп, сомдун эл аралык рыноктогу позициясы да бекемделди. Чет өлкөлөрдүн акча бирдиктерине карата сомдун официалдуу курсу КР нын Улуттук банкы тарабынан аныкталып, маалымат каражаттарында басмадан чыгып жатты.

Республиканын аймактарында накталай акчанын айланышын жана аны чектөө боюнча КРУБ га өзгөчө укук таандык болгон азыр да. Ал өлкөдөгү нормалдуу каржы–экономикалык ишмердүүлүктү колдоо максатында акча айланышыбоюнча жооп берет.

Республикада 1993–жылдан баштап номиналы 5, 10, 20, 50 жана 100 сом болгон банкноттор чыгарылган, ал эми 2000–жылы 200, 500, 1000 жана 5000 сомдук жаңы банкноттор киргизилди. Алар өркүндөтүлгөн дизайн, коргоочу жана колдонулуучу мүнөздөмөлөргө ээ.

Республикадагы акча тутумунун өнүгүүшүндөгү олуттуу учур болуп колдонууга жаңы үлгүдөгү жана жогору номиналдагы акча белгилеринин чыгарылышы болду. Кыргызстандын тарыхында анын эгемендүүлүгүнүн урматына жана Манас эпосунун 1000 жылдыгына карата беш миң даана жүз сомдук алтын жана

жыйырма миң даана он сомдук күмүш юбилейлик моneталар чыгарылды.

Кагаз купюралардын ичинен 1000 сомдуктар эң бийик рейтингге ээ болду. Акча жүгүртүүдө кеңири популярдуулукка, же болбосо акча рыногунда 10% дык салмакты 5000 сомдук банкноту ээледи. Булар көбүнчө эсептешүү ири өлчөмдө жүргүзүлүүчү дүң соода жайларда көбүрөөк суроо–талапка ээ. Бүгүнкү күндө кагаз монеталардын ордуна түрдүү номиналдагы металл монеталар кеңири ишке киргизилди. Алар күнүмдүк өз ара эсептешүүлөрдө активдүү колдонулуп жатышат жана бул эсептешүүлөрдөгү алардын үлүшү өсүүдө. Учурда мындай 60 млн.сомдук монеталар чыгарылды (104–табл.).

104– Таблица. **Монеталардын техникалык спецификациялары**

| **Номинал** | **10 тыйын** | **50 тыйын** | **1 сом** | **3 сом** | **5 сом** | **10 сом** |
|---|---|---|---|---|---|---|
| **Диаметр, мм.** | 15 | 17 | 19 | 21 | 23 | 24,5 |
| **Салмагы, г.** | 1,3 | 1,8 | 2,5 | 3,2 | 4,5 | 5,4 |
| **Чыгарган убактысы** | | | 01.01.2008 | | | 01.12.2009 |

Республикада валюталык каражаттардын көлөмүн жана ошону менен акча массасын так аныктоо да мүмкүн болбой жатат. Улуттук банк тарабынан жүргүзүлүп жаткан акча–насыя саясаты азырынча натыйжалуу эмес, ал сомду жана анын алмашуу курсун жасалма түрдө колдоого эмес, реалдуу секторго багытталышы керек.

Акча массасын көзөмөлдөө экономикалык саясаттын маанилүү бөлүгү болуп саналат. Ал өлкөдөгү иштин активдүүлүк деңгээлине таасир этүүчү динамикалык факторго айланды.

КРУБтын экономикалык эсептеринде “акча базасы” жана “акча агрегаттары” сыяктуу терминдер колдонула баштады. Белгилүү болгондой, акча базасынын айланышы, коммерциялык банктардын кассаларындагы, милдеттүү резервдердер фондундагы, коммерциялык банктардын Улуттук банктагы корреспонденттик эсеп–счетторундагы накталай акчалардын суммасын, ал эми акча агрегаттары–төлөмдүк айлануулардын көп түрдүү куралдарынын тобун билдирет. Акча агрегаттары акча–насыя саясатынын

куралдары катары анын жыйынтык максаттарынын арасындагы байланыштыруучу звено катары пайдаланылат.

Төлөм каражаттарынын формаларынын өнүгүүшүнөн жана төлөм тутумунун түрүнө жараша агрегаттардын курамы жана саны ар түрдүү болот. Мисалы, АКШда акча массасын жана анын түзүлүшүн аныктоо үчүн беш акча агрегаты колдонулат, Япония менен Германияда– үчөө, Англия менен Францияда– экөө, Орусия жана Кыргызстанда– төртөө–М0, М1, М2 жана М3.

Кыргыз Республикасында кеңири акча массасы акыркы алты жылдын ичинде эң тездик менен өсүштө болгон. Бирок, акча массасын курамында ар түрдүү компоненты ар кандай темпте өсүш берген. Кеңири акчанын массасын (М2Х) банктан тышкары акчадан (агрегат Мо) керектүү болгонго чейин депозиттер (улуттук валюта), ошондой эле чет элдик валюта менен депозиттер (керектүү болгонго чейин жана убактысы чектелген).

Акча агрегатынын курамы:

Мо – банктан тышкары акча;

М1 = Мо+керектөөгө болгонго чейинки депозиттер;

М2–М1+убактысы чектелген депозиттер

М3*М2+ чет элдик валюта депозиттери. Мисалы, 2002–2007–жылдары кеңири акча массасынын компоненттеринин өсүшүнүн ичинен жогорку динамикалык компонентин бири болуп банктан тышкары акча жана керектүү болгон (чейин) депозиттери.

Эгерде мамлекеттин экономикасында банктан тышкары акчанын үлүшүнө караганда банк системасында депозиттердин үлүшү канчалык жогорку болсо анда улуттук банктын ролу ошончолук күчтүү деп эсептелинет. Демек, Улуттук банк тийиштүү жана олуттуу экономикага таасирин тийгизе турган инструменттери бар дегенди түшүндүрүп, ошого жараша акча насыя сферасындагы ар кандай (ситуация) ыкчам башкарууга жетишет. Башкача айтканда банк системасында депозиттерди тартуу даражасы накталай акча каражаттын өсүшүнө караганда канчалык жогору болсо, анда Улуттук банк коммерциялык банктын өтүмдүүлүгүн чектөө менен экономикада түз кийлигишүүсүз эле жалпы акча массасын башкарууга мүмкүндүк алат. Бирок, республиканын коммерциялык банк системасында депозиттерди тартуу алиге жетишсиз болгондуктан, банктан тышкары акчанын бир кыйла ашыктыгын байкоого болот. Ошондуктан, банк

системасына тартылган депозиттердин үлүшү аз болгондуктан, акча каражатын экономикада эффективдүү пайдаланууга мүмкүндүк түзүлбөй товар өндүрүүчүлөргө насыя берүү анчалык болбой жатканы байкалат.

Акыркы жылдары Улуттук банк Өкмөткө түз насыяларды улуттук валюта менен 1993–1997–жылга чейин берип келген болсо, кийинки жылдарда бул толугу менен токтолгон.

Жыйынтыктап айтканда, акчанын массасын ички булактан эмес, тышкы булакка түздөн–түз байланыштуу. Мындай көрүнүш эки жол аркылуу жүрөт, биринчиден, товарларды жана кызмат көрсөтүүнүн өсүшүнөн; экинчиден, тышкы акча каражатын тартуудан (тышкы насыя же болбосо гранат түрүндө алуу). Эгерде Кыргызстан ушул эки жолду активдүү колдонгон болсо, анда экономиканын өсүшү байкалат.

Улуттук валюта киргизилген убакыттан бери (1993–2000–жылдар) жалпы (совокупная) акча массасы (М3 акча агрегаты) 11,6 эсеге, ошол эле убакта М0– накталай акча–12,6 эсеге өсүшү болгон (105– табл.).

105– Таблица. **Акча агрегаттарынын динамикасы жана түзүлүшү**

| | 1993 | 1994 | 1995 | 1996 | 1997 | 1998 | 1999 | 2000 |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **Айлануудагы акча, млн. сом** | 404,6 | 1963,4 | 2439,0 | 2741,8 | 2930,0 | 3732,0 | 4312,0 | 5174,6 |
| **Акча агрегаттары:** | | | | | | | | |
| **М0** | 398,4 | 1937,9 | 2398,0 | 2677,7 | 2892,2 | 3578,4 | 4114,5 | 5020,0 |
| **М1** | 554,2 | 2234,9 | 2709,4 | 3051,6 | 3128,0 | 4120,2 | 4615,3 | 5560,0 |
| **М2** | 634,2 | 2541,9 | 2945,2 | 3544,9 | 3748,1 | 4749,8 | 5284,3 | 6189,0 |
| **М3** | 706,4 | 2754,1 | 3340,3 | 4188,2 | 4910,0 | 6574,6 | 7367,5 | 8201,8 |

Өткөөл мезгил шарттарында акча сунушунун структурасы маанилүү өзгөрдү. Мисалы, М1 акча агрегаты реформанын башталышында ИДПга карата 70–76% ды түзгөн, кийин улам 15–17% га чейин төмөндөгөн. Бирок, М0 агрегатындагы накталай акчанын үлүшү өнүккөн өлкөлөргө салыштырмалуу бир далай жогору. Бул баалуулуктарды сактоо каражатынын функциясын аткарган активдердин акча рыногундагы тар алкагы менен байланышкан. Накталай акчанын жогору үлүшү өлкөдөгү көмүскө

экономиканын жана инфляциянын маанилүү масштабын да кыйыр түрдө мүнөздөйт.

М3тын курамындагы Мо агрегатынын үлүшү өнүккөн өлкөлөрдө 19–20% ды түзөт, ал эми Кыргызстанда бул көрсөткүч 61,2%ды (2000–жыл) түздү, бул акча сунушунун түзүлүшүнүн салыштырмалуу өнүкпөгөндүгүн мүнөздөгөн жана накталай (ликвидность) каражаттардын чектүүлүгү менен түшүндүрүлөт.

Өткөөл экономиканын мүнөздүү белгиси болуп акча сунушунун түзүмүндө монетардык бөлүктөн сырткары монетардык эмес бөлүгү, б.а. ишканалардын создуктурулган убактысынан өткөн төлөмдөрү бар экендигин белгилейт. Ишканалар сатып алынган товарларды акчанын туруктуулугун бузуучу (дестабилизация) суррогаттуу акча эмиссиясы (түрдүү милдеттенмелер, векселдер) аркылуу эсептешкен.

Акча айлануу областында жетишээрлик деңгээлде иштелген чараладын жоктугунан: чарба жүргүзүүчү субъекттерге өздөрүнүн милдеттенмелери боюнча накталай жана накталай эмес формада эсептешүүлөрдү жүргүзүшкөндөн накталай акча массасынын өсүшү, долларлаштыруунун жогору деңгээлинде жана Мо агрегатынын акча массасымамлекет тарабынан көзөмөлдүү ишинин төмөндөгөнү жана акча тутумунан сырттагы акчалардын көлөмүнүн көбөйүүшү байкалган.

Акча айланышын жүргүзүү үчүн төлөм каражаттары менен камсыз кылууда монетизациялоо коэффициенти өзгөчө мааниге ээ, ал (калктын) өзүнүн улуттук валютасына болгон ишеним деңгээлин да мүнөздөйт.

Экономиканы монетизациялоонун төмөн коэффициенти (ИДПга карата 1993–жылы 13,2%дан 2008–жылы 26,1%га чейин) ар түрдүү акчаны түрлөрү болгон бартер, акчалардын төмөн сапаттагы суррогаттары, накталай долларга алмашуу ж.б. кеңири таралышына шарт түзгөн. Бүгүнкү күндө Кыргызстандагы монетизациялоонун коэффициенти бир кыйла жогорулап, акча массасынын ИДПга карата үлүшү 2013–ж., 34,5%, ал эми өнүккөн мамлекеттерде караганда бир кыйла төмөн. Акыркы статистикалык маалыматтар боюнча бул чоңдук 34,5% республиканын экономикасында алиге “жакшы” акчалардын жок экендигин билдирет. Акчалардын маанилүү үлүшү (түрдүү булактардагы маалыматтар боюнча)–35–40 млрд. сомдон көбүрөөгү банктардан сыртта жүрөт.

Россиянын Коопсуздук кеңеши акча агрегатынын мүмкүн болгон деңгээлин ИДПга карата 50% деңгээлинде бекиткен. Улуттук банктагы акча агрегаты М1 агрегатынан сырткары дагы тездетсиз (срочные) депозиттерди да өз ичине камтыйт. Кыргызстанда бул агрегат Коопсуздук кеңеши тарабынан да, көзөмөл органдары тарабынан да көзөмөлгө алынбайт.

Акыркы сегиз жылда (2001–2005–жж.) акча массасы (М2х) 8205,3 млн. сомдон 21285,9 млн. сомго чейин, же 2,5 эсеге өстү, мунун ичинде накталай акча–5020,0 млн.сомдон 13065,4 млн.сомго, же 2,6 эсеге, талап кылынганга чейинки депозиттер 540,0 млн. сомдон 1918,7 млн. сомго, же 2,5 эсеге, кыска мөөнөттүү жана башка депозиттер–2016,2 млн. сомдон 5336,6 млн. сомго, же 6,2 эсеге өстү (106–табл.).

106– Таблица. **Кыргыз Республикасындагы акча массасы, млн.сом.**

| | 2001 | 2005 | 2009 | 2010 | 2011 | 2012 | 2013 |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **Акча массасы (М2х), бары** | 8205,3 | 21295,9 | 57126,4 | 69207,7 | 79527,8 | 98482,9 | 61907,2 |
| **Анын ичинен:** | | | | | | | |
| **Накталай акча** | 5020,0 | 13065,4 | 33882,3 | 41471,2 | 47219,6 | 54521,2 | 17800,4 |
| **Талап кылынганга чейинки депозиттер** | 540,0 | 1918,7 | 6299,4 | 8621,7 | 9726,7 | 15699,6 | 29940,8 |
| **Чет өлкө валютала–рындагы депозиттер** | 2016,2 | 5336,6 | 13636,5 | 15462,3 | 17402,5 | 21022,3 | |
| **Чет өлкө валютала–рындагы кыска мөөнөттүү жана башка депозиттер** | 629,2 | 945,2 | 3308,3 | 3652,6 | 5179,1 | 7239,8 | 11255,0 |

Статистикалык маалыматы “Кыргызстан санда” Б. 2005,2014.

Ал эми акыркы беш жылда (2009–2013–жж.) акча массасы 57,1 млрд. сомдон 120,9 млрд. сомго, же 2,1 эсеге, накталай акча–

33,8 млрд. сомдон 61,9 млрд. сомго, же 1,8 эсеге, талап кылганга чейин депозит 6,2 млрд. сомдон 17,8 млрд. сомго, же 2,8 эсеге, чет өлкө валюталарындагы депозиттери–13,6 млрд. сомдон 29,9 млрд. сомго, же 2,2 эсеге чейин өскөн.

Ошондой эле акча массасын М2 алсак 2013–ж. накталай акча үлүшү–51,2%, талапка чейинки депозиттери–14,7%, чет өлкө валюталык депозиттери–24,8% мөөнөттүк жана башка улуттук валюта–9,3% түзгөн.

Кыргызстандагы банк секторунда азырынча анык жана так пайыздык саясат жок, ошондуктан да насыяга болгон баалар жогору жана алуучулар үчүн көп учурда пайдасыз. Банктарда талап кылынганга чейинки депозиттер каналы боюнча ресурстар 2–3% менен кирет (салымдарды алуу), ал эми ресурстары 28–30% менен чыгат (насыялардын пайызы). Бул банк тутумун дискредитирует, б.а. инновациялар жана стратегиялар жок.

Өткөөл мезгил шарттарында акча рыногунун баланс талбагандыгы жана жөнгө салуунун рыноктук куралдарынын жетишсиз өнүгүүшү, пайыздык ченемдердин жана акча агымдарын мамлекеттик чектөөнү талап кылат. Мамлекеттик чектөө формалары макроэкономикалык тең салмактуулукка, экономиканын каржылык жана реалдык секторлорунун теңдештирилген өнүгүүсүнө жетишкен сайын төмөндөйт.

Кыргызстанда акчаны жөнгө салуу программасы батыш мамлекеттеринин үлгүлөрү боюнча түзүлгөнү белгилүү:

- коммерциялык банктардын Улуттук банктагы милдеттүү резервдери;
- каржылоонун ченемдеринин деңгээли;
- коммерциялык банктарды кайра каржылоонун (рефинансирование) көлөмдөрү;
- баалуу кагаздар менен болгон амалдар.

Улуттук банк акча мультипликаторлору аркылуу коммерциялык банктарга резервдик талаптарды коёт. Акча мультипликатору акча сунушунун акча базасына болгон катышын түшүндүрөт. Акча мультипликаторунун чоңдугу резервдердин деңгээлинин (резервдөөнүн нормасынын депозиттердин чоңдугуна болгон катышы) жана накталайдуулуктун коэффициентинин (айлануудагы накталай акчанын көлөмүнүн депозиттерге болгон

катышы) таасири астында болот. Мультипликатор айланышы накталай акчанын үлүшүнүн көбөйүүшү менен көтөрүлөт.

Азыркы учурда Кыргызстандагы акча мультипликатору өнүккөн өлкөлөргө салыштырмалуу бир далай төмөн, жана ушуга байланыштуу жогору резервдик талаптар чектөө функциясын аткара албай келет.

Ошентип, улуттук валюта өздүк өндүрүштүн колдоосу болмоюнча өз алдынча жашап кете албайт. Мамлекеттин алтын–валюталык резерви канчалык чоң болбосун, бары бир Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы улуттук валютаны дайыма өнүктүрө албайт. Өнүккөн мамлекеттерде валюта өзүнүн негизине– товардык өндүрүшкө ээ, бирок Кыргызстанда бул өндүрүш зарыл болгон өнүгүүгө ээ эмес. Банктык, насыялык чөйрөлөрдүн, фонддук рыноктун жана мамлекеттин каржылык тутумунун башка секторлорунун жолго коюлган ишинин жоктугу валюталык рыноктун да, жана ага кошо жалпы эле валюталык мамилелердин да туруксуздугуна алып келээрин болот. Өткөөл мезгилде өлкөлөрдөгү туруксуздук, каржы секторунун апараты Кыргызстандын улуттук валютасына жана жалпы эле республиканын экономикасына сөзсүз таасир келтирет. Өнүккөн өлкөлөрдүн экономикаларынын интеграциясы соода–сатык жана каржылык байланыштардын негизинде мамлекеттин өсүүшүнүн жана өнүгүүшүнүн зарыл компоненти гана болуп калбастан, бул байланыштар каатчылык натыйжаларынын таралуу куралы катары да болот.

## §4. Рынок мамилелеринин шарттарындагы валюталык мамилелер

Мамлекеттин валюталык саясаты валюталык курстардын тутумун тандоодо жана валюталык амалдар аткарылуучу курсту аныктоодо турат. Мамлекет тарабынан жүргүзүлүп жаткан валюталык саясат андагы жергиликтүү валютадагы баанын сырткы рыноктордо сатылышы мүмкүн болгон (көп талап кылынган (ходкие) товарлар) жана ички рынок үчүн даярдалган (анча талап кылынбаган (неходкие) товарлар) товарларга болгон катышына таасир этет. Мындан сырткары, бул саясат ички рыноктун бааларынын жалпы деңгээлине да таасирин тийгизет. Ушул

себептүү валюталык курстардын тандалган тутуму жана тандалган валюталык курсу баалардын стимулу катары өлкөнүн экономикасына ар тараптуу таасирин тийгизет.

Кыргыз Республикасынын банктарынын натыйжалуу иштөөчү жана көзөмөл астындагы ички валюталык рыногун түзүү операциясында төмөнкү принциптер колдонулат:

**Биринчиден**, бир тараптан, валюталык рыногун чектөөдө мамлекеттин акча–насыялык саясатынын бир бөлүгү болуу менен өзүнүн ыкмалары аркылуу (кыйыр же кандайдыр бир тиешеси бар түрдө) экономикалык турукташтыруу максаттарына жетүүгө кол кабыш кылышы керек. Экинчи тараптан алганда, валюталык чектөөнүн каражаттарын жана ыкмаларын бардык экономикалык кыйынчылыктан куткара албайт, анткени ал макроэкономикалык багыттарына баш ийет, мамлекеттин экономикалык саясатынын жалпы стратегиясы жана максаттары менен аныкталат.

**Экинчиден**, коомдун экономикалык турмушуна өзгөчө көлөмдүү таасир берүүчү валюталык саясаты өзүнүн таасирдиги, логикалуулугу, туруктуулугу, салмактуулугу менен айырмаланат. Бул сферада жакшылап ойлонулбаган, калпыс иш–аракеттер, бир жактан экинчи жакка карай “иш котоpуушу”, дүйнөлүк тажрыйба көрсөткөндөй, кыйратуучу натыйжаларга алып келиши мүмкүн. Чарбачылык субъекттеринин ишмердүүлүгүвалюталык чектөөгө кандайдыр таасирин тийгизет.

**Үчүнчүдөн**, Кыргыз Республикасынын валюталык мыйзамдуулугу азырынча тактала элек. Ал объективдүү жактан чектелген, толук тутумдаштырылбаган, үзгүлтүктүктүү, көбүнчө карама–каршылыктуу, жана жалпысынан алганда жетишээрлик татаал (ишканалардын жана банктардын кызматкерлери гана эмес, атайын адистер үчүн да татаал). Ошондуктан, акыркы мезгилдерде көбүнчө аймактар, тармактар боюнча жана өзүнчө бир ишканалардын пайдасына болуп жаткан валюталык чектөөлөр канчалык аз болсо, мамлекеттин валюталык саясаты ошончолук натыйжалуу болот.

**Төртүнчүдөн**, валюталык чектөөдө активдүү мыйзам чыгаруучулугу менен бирге эле валюталык ыктымалдарды бекитилген эрежелеринин аткарылышын көзөмөлгө алуу чараларын кошо киргизүүнүн зарылчылыгы абзел. Буга байланыштуу, Кыргыз Республикасынын банкынын актуалдуу маселелеринин

бири болуп эң кыска убакыт аралыгында Кыргыз Республикасынын резиденттери жана резидент эместери тарабынан валюталык мыйзамдуулуктун иштешин көзөмөл кылуучу комплекстүү тутумун түзүү.

Демек, мамлекеттин валюталык саясаты өлкөнүн ички жана сырткы экономикалык кызыкчылыктарын аныкташтырат жана чагылдырат.

Эл аралык мамилелер деңгээлинде жөнгө салынуусу XX кылымдын 70–жылдарынан баштап мамлекеттин ишмердүүлүгүнө таандык болуп калган валюталык курс сырткы саясаттын куралы.

**Валютанын курсту** бир мамлекеттин акча бирдигинин башка мамлекеттин акча бирдигинде туюнтулган баасы катары аныкташат. Валюталык курс товарлар жана кызматтар менен болгон соодада, капиталдардын жана насыялардын кыймылында; дүйнөлүк товар рыногундагы бааларды, ошондой эле түрдүү мамлекет аралык баа көрсөткүчтөрүн салыштыруу үчүн; фирмалардын, банктардын, өкмөттөрдүн жана жеке жактардын чет өлкө валюталарындагы эсептерин мезгил–мезгили менен кайра баалоо үчүн зарылдыгы бар.

Валюталык рынокто пайдаланылуучу өзгөчө маанилүү болуп чыныгы жана номиналдык валюталык курс түшүнүгу саналат.

**Чыныгы валюталык курсту** эки мамлекеттин товарларынын тиешелүү валютада алынган бааларынын катышы.

**Номиналдык валюталык курс** мамлекеттин валюталык рыногундагы учурдагы валюталарды алмаштыруу курсу.

**Сатып алуучулук күчүнүн туруктуу паритетин колдоп турган валюталык курсу**–чыныгы валюталык курсу өзгөрүлбөгөн учурдабул номиналдуу валюталык курсу.

Улуттук валютанын курсу мезгил мезгили менен түрдүү валюталарга салыштырмалуу бир кыйла өзгөрүлүп турат. Алсак, күчтүү валюталарга салыштырмалуу ал төмөндөшү, ал эми алсыз валюталарга караганда тескерисинче– көтөрүлүүшү мүмкүн. Демек валютанын курсунун бүтүндөй динамикасын аныктоо үчүн валюталык курстун индексин эсептеп чыгуу керек. Аны эсептөөдө ар бир валютага туура келүүчү тышкы экономикалык катнаштардын үлүшүнө ылайык салмакка ээ болот. Алсак, бардык салмактардын суммасы 100% барабар дейли. Валюталардын курсу

алардын салмагына көбөйтүлөт, андан кийин алынган чондуктардын бары суммаланып, алардын орточо мааниси алынат.

Бүгүнкү күндүн шарттарында каалагандай рынок баасы сыяктуу эле валюталык курс да суроо–талаптардын жана сунуштардын таасири астында калыптанат. Валюталык рынокто буларды теңдештирүү үчүн валютанын рыноктук курсунун тең салмактуу деңгээлинин калыптанышына алып келет. Ал “фундаменталдык тең салмактуулук” деп аталат.

Чет өлкө валютасына болгон суроо–талаптын өлчөмү, мамлекеттин импорттолуучу товарларга жана кызматтарга болгон талаптары, чет мамлекетке чыгып жаткан мамлекеттин туристтик чыгымдары, резиденттердин чет өлкөдө инвестициялык долбоорлорду ишке ашырууга кеткен каржылык активдерин жана чет өлкө валюталарына болгон суроо–талаптар менен аныкталат.

Эл аралык валюта фондунун (ЭАВФ) Уставына ылайык валюталардын паритеттери эл аралык валюталык бирдикте калыптанышы мүмкүн. 70–жылдардан бери–валюталык бул паритеттерди рыноктук корзинанын базасында киргизүү болду. Доллардын ордуна валюталык корзинаны колдонуу долларлык стандарттан көп валюталуулук стандартына өтүү тенденциясын өттүү дегенди түшүндүрөт.

Валюталык курсту тактоо төмөнкүлөр үчүн керек:

- соода–сатыкта, капиталдардын жана насыялардын кыймылында валюталар менен өз ара алмашуу үчүн. Экспортер кирешеге түшкөн валютаны улуттук валютага алмаштырат, анткени башка мамлекеттердин валюталары бул мамлекеттин аймагында мыйзамдуу төлөм каражаты сапатында айлана албайт. Импортер чет өлкөдөн сатылып алынган товарларды төлөө үчүн улуттук валютаны чет өлкө валютасына алмаштырат. Улуттук валютаны чет өлкө валютасына карызын жана сырткы карыздар боюнча пайызын төлөө үчүн алмаштырат;

- дүйнөлүк жана улуттук рыноктордогу бааларды, ошондой эле түрдүү мамлекеттердин улуттук же чет өлкөлүк валюталарда туюнтулган баа көрсөткүчтөрүн салыштыруу үчүн колдонулат. Товарларды жана кызматтарды өндүрүүчүлөр жана сатып алуучулар валюталык курстун жардамында улуттук бааларды башка мамлекеттин баалары менен салыштырышат.

Мамлекеттеги кандайдыр бир өндүрүштүн же чет өлкөлөрдөгү инвестицияларды өнүктүрүүнүн пайдалуулук даражасы аныкталат.

Көп валюталар үчүн бир гана курс– кассалык операциялар боюнча алмаштыруу курсу келтирилет. Бул 48 сааттан ашпаган убакыт үчүн келишилген соода–сатык иштери үчүн колдонулат. Мындан тышкары кеңири сандагы чет өлкө валюталары үчүн кыска мөөнөттөгү операциялар үчүн да алмаштыруу курстары келтирилет. Мөөнөттүү иш жүргүзүүдө банк жана анын клиентинин ортосундагы долларларды керектүү валютага алмаштыруу боюнча түзүлгөн келишим менен жүрөт.

**Валюталык курстун түзүлүштөрү.** Валюталык курстар түрдүү тартипте болушу мүмкүн: сүзүү (плавающий) жана тастыкталган (фиксированный) курстары.

**Тастыкталган валюталык курстар** бир валютаны экинчисине алтын паритеттин негизинде алмаштырууну жүргүзүү. Улуттук акча бирдигин чет өлкө валютасында тастыктоо валюталык котировка деп аталат. Практикада түз жана тескери (кыйыр) котировкаларды кабыл алынган. Түз котировка– бул чет өлкө валютасынын улуттук рынокто турукталган баасы. Тескери (кыйыр) котировка котировкаланып жаткан валютанын сомдун өлчөгүч валютанын (доллардын) бирдигине туура келген бирдигинин санын чагылдырат. Бир валютанын экинчисине салыштырмалуу курсу үчүнчү валюта аркылуу да аныкталышы мүмкүн. Бул учурда ал кросс–курс деп аталат. Мындай котировканын зарылчылыгы эки валюта арасындагы түз алмашуу көлөмү аз болгон учурда, демек түз котировкаларда пайда болот. Валюталык курстун деңгээлине байкоо жүргүзүүдө эки курсту тастыктайт– сатуучунун курсу (банк тарабынан валютанын сатылуу курсу) жана сатып алуучунун курсу (банк тарабынан валютаны сатып алуу курсу). Мындай учурда валюталык операциялар киреше алуунун каражаты катары каралат. Бул курстардын айырмачылыгы пайданы түзөт.

**Сүзүү валюталык курсу.** Сомго болгон баанын өтө тез өсүүшүнүн дагы бир фактору болуп, Эркин алмашуу валютасын (ЭАВ) маанилүү үлүшүн чет өлкөлөрдөн экономиканын төмөндөөшүнүн жана мурдагы союздук республикалардын арасындагы салттуу соода–сатыктардын бузулушунун натыйжасында ички өндүрүш, же импорт менен ордун толтурууга мүмкүн болбогон

товарларды сатып алуу үчүн “челнок” деп аталуучу амалдар болду. Челноктук амалдар көп сандагы капиталдын тышка агуунун себеби болуп калды, бирок керектөө рыногунун товарлар менен толукталышын камсыз кылды, бул болсо өз кезегинде баалардын деңгээлинин төмөндөөшүн турукташтырды.

Акча – насыя тутумун реформалоонун жүрүүшүндө сырткы соода–сатыкты реформалоонун терс натыйжаларын жумшартууга багытталган валюталык курстун бекемдөөсү болуп жатты. Валюталык курстун динамикасы кандайдыр бир деңгээлде учурдагы амалдар жалпы эле төлөм балансын теңдөөгө шарт түздү. Улуттук валютанын курсунун төмөндөөшү импорттук товарлардын кымбаташына алып барат жана көп учурда курч көйгөйлөрдү пайда кылат, ошол эле учурда ал ата–мекендик товарлардын атаандаштыкка жөндөмдүүлүгүн калыбына келтирүүгө шарт түзөт.

Бирок улуттук валюта киргизилгенден бери анын курсу Кыргызстандын экономикалык өнүгүүнүн бардык чөйрөлөрүнө таасир берүү менен туруктуу төмөндөө тенденциясына ээ болуп келе жаткандыгын белгилей кетүү керек. Дал ушул улуттук валютанын туруктуулугунан бүт каржылык тутум, өндүрүш, соода–сатык, эл аралык экономикалык мамилелер көз–каранды. Улуттук валюта убактылуу насыялык колдоого карабастан ички рынокто суроо–талаптардын жана сунуштардын стимулу болуп саналбайт жана толугу менен доллардан көз каранды.

Валютанын эркин алмаштырылышы аны чет өлкөдөн бул жакка тартуунун ордуна чек арадан сыртка чыгып кетиши белгилүү. Эркин алмаштыруунун эсебинен долларлардын ири суммалары сыртка чыгышы менен башка мамлекеттердин экономикасына иштеп жатат. Дагы деле сырткы насыялык таасирлердин эсебинен колдоо көрсөтүлүп жатканы менен мамлекеттин казнасы валюталык ачкалыгы байкалууда. Ошондуктан, өндүрүштө жандануу болмоюнча эркин валюталык алмаштырууга убактылуу четөөлөрдү киргизүү керек.

Валютанын баасынын түшүп кетиши материалдык баалуулуктарды жана натуралдык–мүлктү тейлөө үчүн зарыл болгон акча массасынын көлөмүнүн өсүшүнө алып келет, б.а., даярдалган товарлардын бирдей эле көлөмдөрүнө акчанын бир далай көбүрөөк массасы талап кылынат, баалардын динамикасы менен акча

массасынын өсүүшүнүн ортосунда табигый байланыштын бузулуушу пайда болот.

Улуттук валютанын (сомдун) курсунун өзгөрүшүнө көптөгөн факторлор таасир этет, алардын ичинен негизгилери төмөнкүлөр:

- валюталык курстун режимин тандоо;
- мамлекеттин экономикалык өнүгүүшүнүн деңгээли;
- валюталык резервдердин көлөм өлчөмдөрү;
- сырткы соода–сатыктан көз каранды болушу;
- чет өлкө капиталы үчүн экономиканын ачыктыгы ж.б.

Экономика туруксуздугу, б.а., ал каатчылык кырдаалдан чыга электе, валюталык курстун тутумдарынын кеңири спектри колдонулат: катаал валюталык курс, “валюталык кеңеш”, “валюталык коридор”, “пайдалануудагы валюталык коридор”, “башкаруучу кыймылдуулук (плавание)”, “эркин кыймылдагы валюталык курс” жана башкалар.

Экономикалык реформанын баштапкы этабында төлөм балансын жакшыртуу максатында, улуттук валюталардын девальвациясы жүргүзүлдү жана көп валюталык курстардын тутуму колдонууда мамлекеттик резервдерге валютанын агып келишинин азайышына алып келди. Валюталык курстардын ийкем валюталык курстар тутумуна өтүүшү терс көрүнүштөрдөн арылууга жана валюталык рыноктун өнүгүүшүнө мүмкүндүк берди.

Жалпы экономикалык жана саясий туруксуздуктун шарттарында бекемделген валюталык курстун киргизилүүсү массалык түрдөгү валюталык чайкоочулукка шарт түзмөк. Өткөөл экономикадагы мындай кырдаал мамлекеттин акча–насыя саясатына күчөтүлгөн талаптарды коёт. Ошондой эле бекемделген валюталык курста эл аралык капитплдын жүргүзүшүнө өтө катуу көзөмөлдү күчөтүшү керек, анткени проценттик ченемдин өтө–төмөн кыймылы кыска мөөнөттүк капиталдын өлкөдөн чыгып кетиши же келиши экономикалык ситуациянын бузулушуна алып келет.

Ошол эле учурда ийкемдүү валюталык курстун да бир кыйла тескери көрүнүштөрү бар. Мындай шартта товарларга болгон эркин баага жана экономикага инфляция, ошондой эле гиперинфляцияга алып келет, демек, өлкөдө доллардын мааниси күчөйт, ал эми республиканын валютасы болгон сом– качат.

Валюталык базарда мындай ситуация экономикада туруксуздуктун элементтеринин күчөшүнө жана инвестициянын тартылышынын жакшыртышын алып келет.

Кыргызстанда жыл өткөн сайын улуттук валютанын курсу долларга карата төмөндөөнүн үстүндө. Мисалы, 1998–жылы 1 долларга 29,37 сомго барабар болсо, 1999–жылы 45,42 сом, 2000–жылы 48,30 сом, 2005–жылы 44,30 сом, 2010–жылы 45,96 сом, 2013–жылы 48,44 сом, ал эми 2016–жылда 70 сомго чейин чыккан. Улуттук валютанын курсу долларга карата дайыма төмөндөөнүн үстүндө.

Кыргыз сомунун долларга карата активдүүлүгүнүн төмөндөшү менен, чыныгы өндүрүшкө капитал катарында салуу жана атаандаштыка туруштук бере турган продукция өндүрүү анчалык болбой жатканын байкоого болот.

Валюталык курсунун өзгөрүшү акча рыногуна түздөн–түз таасирин тийгизет. Улуттук валютанын курсунун долларга карата төмөндөшү товардын жана усулдук кызматтын баасынын өсүшү жана акчага болгон суроонун өсүшүнө алып келет. Мындай учурда Улуттук банк аркылуу валюталык рынокто интервенция жасашат, б.а. долларды коммерциялык банктарга сата башташат. Мындай шартта улуттук валютага болгон саясат ашык суроо–талапты кыскартуу болот.

Улуттук валютанын туруктуулугу күнүмдүк операция менен өтүмдүүлүгү (конвертируемость) менен байланышкан. Буга инфляциянын төмөндөшүү, валютанын резервдеринин өсүшү рыноктун карым–катнаштын жана экономиканын өнүгүүшүнүн негизинде болот.

Республиканын калкы реформа убагында өзүнүн акча–каражатын сактоо үчүн да АКШ доллары колдонушкан жана колдонушат. Ошентип, АКШ доллары, реформа мезгилинде республиканын рыногунда сом менен катар экинчи валютага айланган. Бул процесс ушул күнгө чейин уланууда.

Өнүккөн мамлекеттердин тажрыйбасы көрсөткөндөй, улуттук валютанын туруктуулугу жана өтүмдүүлүгү экономиканын өсүшүнө жана валюталык резервтерине түз байланыштуу. Ошондуктан Улуттук банк дайыма АКШ долларын сатып алып, же чет өлкөлүл банктардан насыя алып валюталык резервти толтуруу үчүн ишин жүргүзүп келет.

Реформа мезгилинде өндүрүш кескин кыскарып, алтын валюта резервтери монетардык саясатты жүргүзүү, б.а. сомдун туруктуулугун сакташ үчүн жумшалган. Накта өндүрүштүн өнүгүүшү менен өлкөдө макроэкономикалык туруктулук орун алат, атандаштык күчөйт жана улуттук сомдун валютага алмашуусу бекемдейт.

Валюталык курстун туруктуулугу, мамлекет акча–насыя саясаттын катуу көзөмөлгө алышы дегенди түшүндүрөт, анткени сом– акча массасынын өсүшү чет элдик валютанын кыскарышына, товарлардын атаандаштык сапатынын төмөндөшүнө алып келет.

Республикада акча–валюталак тутуму, ушул мезгилге чейин толук ордун таба элек. Улуттук валюта бүткүл дүйнөлүк валюта тутумунун түзүлүшүнө тыгыз байланыштуу, анткени экономикада бардык республика өлкөлөр менен тыгыз интеграция процессин жүргүзөт.

Улуттук валютанын негизги оң элементтери болуп төмөнкүлөр эсептелет:

- күнүмдүк төлөм балансасы боюнча ал кандайдыр бир деңгээлде башка чет элдик валютага алмашууга мүмкүнчүлүк алды. Кыргызстан БДБнан мүчөсү болгондуктан, анын Уставынын VIII беренеси боюнча валюталык чектөөнү жүргүзбөө үчүн милдеттенген;
- анын курсу кандайдыр бир чет элдик валютага же валюталык корзинага байланган эмес. Демек, республика валюталык ийкемдү курсу рынокто суроо–талаптын негизинде кабыл алынган. Улуттук валютанын курсу Улуттук банк аркылуу АКШнын долларына карата такталат;
- Кыргызстандын валюталык тутуму эл аралык төлөм тутумунда толук колдонууга мүмкүнчүлүк алган;
- Кыргызстанда валюталык мыйзамдын негизинде валюталык рыноктун тартиби Улуттук банктан алган лицензиясы бар коммерциялык банктар аркылуу жүргүзүлөт. Улуттук валютаны башка валюталарга алмашуунун негизинде экономикалык рыноктун жана экономикалык процесстеринин өнүгүүсүнө алып келди. Бирок, күндөлүк төлөм операциясы боюнча башка валюталарга алмашууда чет өлкөлүк валюталарга атаандаштыкты түзгөн жок.

Валюталык саясатты ишке ашыруу үчүн валюталык чектөө жүргүзүү, б.а. мамлекеттин валютасын карым–катнашын регламентациалоо, нормативдик актыларды басып чыгаруу, валюталык көзөмөлдү тийиштүү органдар менен ишке ашыруу, чет элдик валюталык сүйлөшүүлөрдөн жыйынтык чыгаруу ж.б.

Дүйнөлүк практикада валюталык саясатынын төмөнкү көнүмүш формалары колдонулат:

- валюталык чектөө жүргүзүү;
- валюталык курстун режимин чектөө;
- валюталык интервенцияда девиздик саясатты (башка валюталарга алмашуу) ишке ашыруу;
- валюталык резервтерди башкаруу;
- улуттук валютаны башка валютага алмаштырууну (конвертируемость) чектөө.

Мамлекеттин валютасын чектөө, валюта рыноктун тескери тийгизген таасирин жокко чыгаруу, экономиканын туруктуу өсүшүн камсыз кылуу, төлөм балансасын калыптануусу, жумушсуздукту жана инфляция денгелин төмөндөтүүгө үчүн багытталган.

Кыргызстандын Улуттук банкына валюта рыногун чектөөдө жеке эле экономикалык эмес, административдик методдору колдону каралган. Валюталык чектөөдө жана көзөлмөлдөдө мамлекеттен капиталдын чыгып кетишин жана тышкы соода–сатыкта капиталдын агымын кыскартуу үчүн багытталган. Мындай жүргүзүлүп жаткан саясат валюталык рынокто, чет мамлекеттин карым–катнашта комплекстик чараларды көрүү өлкөнүн стратегиялык максатына кирет.

Жыйынтыктап айтканда валюталык курсунун өзгөрүшү, мамлекеттер ортосунда коомдук жалпы дүң продукцияны кайра бөлүштүрүү дегенди түшүндүрөт. Мындан тышкары, валюталык курстун өзгөрүшү товардын баасына жана инфляциянын деңгээлине түздөн–түз таасирин тийгизет. Мамлекетте, чайкоочулук саясат менен чет элдик капиталды алып келип улуттук валютанын курсу жогорулатат, ал болсо өлкөдө убактылуу насия акчанын жана капиталдын салымды күчөтөт да бюджеттин дефицитин толуктаганга шарт түзөт. Ал эми өлкөдөн капиталдын чыгып кетиши инвестицияны тартууну төмөндөтөт жана инфляцияны

күчөтөт. Ошондой эле, мамлекет аралык экспорттор жана импорттор арасында объект катарында талаш тартышты, мамлекет арасында нааразычылыкты туудурат. Мына ушу себептерден валюталык курсунун проблемасы экономиканын финансылык тутумунда көрүнүктүү орунга ээ.

# БАП XXII

# СОЦИАЛДЫК–ЭКОНОМИКАЛЫК КАЙРА КУРУУ ШАРТТАРЫНДА ТЫШКЫ СООДАНЫН ӨНҮГҮҮШҮ

## §1. Рынок экономикасына өтүү мезгилинде Кыргызстандын тышкы соода саясаты

Кыргызстан дүйнөлөк чарбага интеграциялоо милдеттерин ишке ашыруу үчүн 20дан ашык эл аралык уюмдардын мүчөсү. Республика эмгекти эл аралык бөлүштүрүү жаатына кененирээк көнүл бурuусу зарыл.

Кыргызстандын дүйнөлүк рыноктук мамилелерине өтүшүнүн объективдүү муктаждыгы республикада болгон потенциалдык мүмкүнчүлүктөрдү максималдуу моблизациялоону талап кылат. Республика саясий жана экономикалык суверинитетин сактап жана өнүгүүп кетүүсү үчүн өзүнүн өндүрүштүк потенциалын, дүйнөлүк тажрыйбалардын жетишкендиктерин жана негизинде өлкөнүн ички ресурстарын натыйжалуу пайдалануу жана өндүрүштү уюштуруу формасын издеп таап, практикада колдонуу керек. Мында дүйнөлүк чарба тутумунда кыска мөөнөттүн ичинде ордун таап кеткен жана улуттук экономикасын натыйжалуу өнүктүрүп жаткан башка жаш малекеттердин тажрыйбасын толугу менен колдонуу өзгөчө мааниге ээ. Бул Кыргызстандын рыноктук мамилелерге тез өтүүшүнө мүмкүндүк бермек жана дүйнөлүк коомчулугунда белгилүү орунду ээлеп калмак. Мындай талап дүйнөлүк интеграциялык процесстин сапаттуу жаңы деңгээлге көтөрүлгөндүгү менен түшүндүрүлөт.

Тышкы соода жана саясат маселелерге төмөндөгүлөр кирет:

- республика потенциялдуу пайдалуу эл аралык рыноктордун географиялык узак жайгашуу маселеси;
- Бүткүл Дүйнөлүк соода уюмунун эрежелери боюнча Кыргызстан бүт өзүнүн аймактык соода келишимдерин расмий түрдө каттаган жана Бүткүл Дүйнөлүк соода уюмунун мүчөсү катары коюлган милдеттенмелерди салыштырма түрдө чечүүнүн кыйындыгына дуушар болгон;
- транзит маселеси жана ошондой эле коңшу мамлекет-

тердин чек арасындагы ички көзөмөл процедураларынын коопсуздугу кездешет. Жыйынтыкта, Ата Мекендик ишкерлер өздөрүнүн товарларын сатууда жогорку транспорттук чыгымдарга дуушар болушууда. Транзит наркы жана товарды ташып жеткирүү, убакыты да узарат. Кыргызстандын Бүткүл Дүйнөлүк соода уюмуна киргенден кийин КМШнын кээ бир өлкөлөрү экспорт–импорттук операцияларына күчтүү чектөө саясатын жүргүзө башташкан. Бүгүнкү күнгө чейин аталган мамлекеттерге товар сатууда жана кызмат көрсөтүүдө тарифтик жана тарифтик эмес чектөөлөр дайыма тоскоол болууда;

- КМШ өлкөлөрү менен эки жана көп тараптуу келишимдик милдеттенмелердин аткарылбай калгандары да кездешет. Бул жөнүндө эл аралык талаш маселелерин чечүү боюнча так механизми иштеп чыгарылган эмес.

Бул маселелердин бары бүтүндөй тышкы сооданын өнүгүүшүнүн тездетилишине тоскоолдук кылууда. Мындай тышкы чектөөлөрдүн жыйынтыгында жана ата–мекендик товарлардын чектелүүсү, өнөктөш мамлекеттерде атаандаштыкка жөндөмсүз жана баасынын жогору болушуна алып келүүдө. Жогорудагы себептерден улам ата–мекендик өндүрүүчүлөр салттык товарларын экспорттоодон качышат.

**Ички маселелерге төмөнкүлөр кирет:**

- Кыргызстандын соодасын өнүктүрүү боюнча комплекстүү стратегия толук жооп боло турган механизми жана принциптери иштелип чыга элек. Ошондой эле заманбап деңгээлде бүгүнкү күнгө чейин чет өлкөлөрдө активдүү жана туруктуу маркетинг ишенимдүү негизге коюла элек.

- ата–мекендик ишкерлер Кыргызстандын өндүрүштөрүн дүйнөлүк рынокко чыгаруу жолдорун жана мүмкүнчүлүктөрүн жакшы билише элек;

- соода сатык мамилесин жөнгө салуучу мыйзам ченемдүүлүк базасы карама каршы жана жетишээрлик деңгээлде эмес. Жекече алганда бүгүнкү күндөгү бажы жана салык кодекстери экономиканын артыкчылык тармактарын өнүктүрүүгө жетиштүү деңгээлде өбөлгө түзбөйт;

- жеке менчик тармактардын ишмердүүлүгүн активтештирүүдө мамлекеттик тутуму өркүндөтүлбөгөн. Көп учурда

ишканаларды каттоо жана уруксат берүү тутуму толугу менен жөнгө салынган эмес, жеке ишкерлердин ишмердүүлүгүнө мамлекеттик органдардында мыйзамсыз кийлигишүүлөрү ошондой эле мамлекеттик бийлик органдарында коррупция орун алган;

- республиканын бажы тутумунда товарды чек арада коопсуздугун камсыздоодо, көзөмөл жүргүзүүдө жана ташууда замандын талабына жооп бербейт. Республиканын бажы органдарынын иштөө негиздеринин мыйзамченемдүүлүгү толукталган эмес жана административдик бажы жыйындарында маселелер бар. Бажы эрежелери жана соода сатык боюнча профессионалдуу кадрлар менен толукталган эмес. Система заманбап компютерлер менен өтө аз деңгээлде камсыздандырылган;
- Ата мекендик товардык продукциялардын сапатын текшерүү жана аларды сертификациялоо тутуму жетишээрлик деңгээлде өнүккөн эмес. Ишкерлер өзүнүн продукцияларын ишке ашырууда жана сатууда сертификациялоодо, стандартташтырууда жана маркировкалоо процесстеринде ар түркүн кыйынчылыктарга дуушар болушат;
- республиканын инфраструктурасы (автомобиль жана темир жолдор, аэропорттор, кампалар, сактоо жайлары, байланыш ж.б.) өтө төмөн сапатка ээ болуп, дүйнөлүк стандарттарга жооп бербейт;
- республикада соода сатыктын маалыматтык–байланыш технологиялары боюнча квалификациясы жогору адистер аз жана, интернет–дүкөндөрү аркылуу маалыматтык–электрондук соода жүргүзүү өтө жакшы өнүккөн эмес;
- өлкөдө бизнес–консультация, профессионалдык окутуу институттары, маркеттинг агенттиктери, дизайн компаняалары, соода сатык маалымат агенттиктери, сертификация институттары, соода–өнөр жай палатасы жана ошондой эле товардык чийки заттардын универсалдуу биржасы ж.б.у.с. сооданы өнүктүрүүчү институттары өнүккөн рыноктун шартына жооп бербейт.

Демек, эл аралык соода саясатын өнүктүрүүдө жана өркүндөтүүдө абдан чоң эмгекти талап кылган маселелер турат. Мамлекет жеке сектордун соодасын жаны соода шериктештери менен өнүгүүгө түрткү берет. Бул үчүн эл аралык деңгээлде соода–экономикалык шериктештик үчүн эки тараптуу келишимдерди


түзүүнү активдештирүү керек. Тажрыйба көрсөткөндөй, тоскоолдук карама–каршылыктарды жоюу, кош салык салуудан качуу жана бажы режимдеринен жана салыктардын гармондоштуруу ж.б.у.с. жеңилдиктер бүгүнкү күндөгү соода шериктештери менен түзүлгөн келишимдер эффективдүү.

Инвестицияларды тартуу жана ата мекендик товарларды экспорттоону күчөтүү боюнча тышкы экономикалык саясатты максаттуу багыттоо үчүн жакынкы жана ошондой эле алыскы мамлекеттер менен шериктеш иштерин жүргүзүүнү талап кылынат. Албетте тышкы сооданы келечекте өнүктүрүү жана өркүндөтүү үчүн республикада экономикалык туруктуулук жана ошондой эле материалдык–техникалык базанын талапка жооп бере турган даражада уюштуруу жана экономикалык механизмин өркүндөтүү зарыл.

Өзгөчө экспортто болгон эл аралык соодадагы төмөнкү ийгиликтин эң негизги себеби, экономика секторунун өндүрүш потенциалынын алсыз болушу, башкача айтканда жаны тегнологиянын жана кадырдык жетиштиксиздиктер, илимий–техникалык жаатында реалдуу сектоpуу дүйнөлүк деңгээлде артта калышы ж.б. болуп эсептелет.

Бул маселелерди чечүүдө жакынкы жана алыскы чет мамлекеттер менен экспорттук товарларды биргелешип адистешүүнүн негизинде товар жана кызмат көрсөтүү биримдигинде өндүрүш ишканаларын кеңири өнүктүрүү эң негизги ролду ойнойт. Эл аралык соода рыногунда Кыргызстандын экономикасын көтөрүш үчүн, насыялык каражаттары, гранттык техникалык жардамдар, атайын программалар аркылуу жана тышкы инвестицияны тартууда ыңгайлуу шарттарды түзүп берүү менен соода саясатын жүргүзүүсү абзел. (сүрөт 107)

Сүрөт 20. **Өлкөнүн экспорттук потенциалынын түзүлүш элементтери**



Ошондой эле эл аралык соода фискалдык саясаттын өркүндөтүлүшүн талап кылат. Башкача айтканда, экономиканын приоритеттик тармактарына түрткү болуу максатында салык оордугун жеңилдетүү, жана ошондой эле аларды финансылык жактан колдоо, өзгөртүү жана тарифтик жана тарифтик эмес бажы саясатынын эффективдүүлүгүн ишке ашыруу.

Мамлекет эл аралык соода жаатында тышкы соодага байланышкан субъектерге өзүнүн товарларын көбүрөөк экспорттоого колдоо көрсөтүүнүн негизинде, алардын товарларын эл аралык рынокто атаандаштыкка жөндөмдүү болушуна жана импортту чектөнүн негизинде чет элдик товарларды өлкө ичиндеги рынокто атаандаштыкка жөндөмдүүлүгүн төмөндөтүүгө мажбур кылуу. Дүйнөнүн бүт өлкөлөрү бул максатта өзүнүн соода саясатынын ар түрдүү инструменттерин колдонушат. Өзүнүн багыты боюнча соода саясаты протекционисттик, орто зар жана ачык (эркин соода) болуп бөлүнөт. Бүт өнүккөн өлкөлөр экономиканы өнүктүрүүчү артыкчылык стратегиялардын негизинде өзүнүн өндүрүүчүлөрүн коргоочу тарифтик саясатты кабыл алышат.

Тышкы соода саясаты боюнча Кыргызстан өзгөчө Орто Азия жана алыскы мамлекеттер менен шериктештик курууга кызыктар. Кыргызстан өзүнүн тышкы соода саясат мамилесинде өзүнүн жакын Казакстан, Узбекистан, Туркменистан жана Таджикстан сыяктуу мамлекеттер менен тыгыз мамиледе.

Кыргызстан тышкы соода саясатында бир канча мамлекеттин катарында Орусия мамлекети менен да абдан тыгыз байланышта. Бул эки мамлекеттин соода саясаты Советтер биримдиги учурудагыдай эле рыноктун шартында да өнөгүп келген. Бул эки мамлекеттин экспорттук жана импорттук соодасы акыркы учурларда эффективдуу жана натыйжалуу өсүүдө.

Өнүккөн өлкөлөрдүн тышкы соода саясаты, анын ичинде АКШнын Кыргызстанга жана Орто Азия өлкөлөрүнө болгон мамилеси негизинен геосаясатынын негизинде өзүнүн стратегиялык–экономикалык жана саясии кызыкчылыктарын эске алат.

Кытай эл республикасы да соода сатык экономикалык планда Кыргызстандын эң кеңири соода шериктешинин бири. Республиканын тышкы соодасынын 1/4 бөлүгү Кытайдын үлүшүнө туура келет. Эки мамлекеттин өзгөчө кызыктар болгон багыты катары жаратылыш ресурстарын изилдөө жана аларды кайра

иштетүү жана ошондой эле кеңири керекке жарамдуу товарларды иштетүү болуп саналат. Андижан–Жалал–Абад–Торугарт–Кашкар темир жолунун курулушунун техникалык–экономикалык иштеп чыгуу долбоорунун башталышы, эл аралык адистердин айтымында товардык–жүк ташуу кенен масштабдуу уюштурулушу, кыска убакыттын ичинде жана аз чыгым менен жүктөрдү Тынч океандын жээгинен Жер Ортолук деңизине алып чыгып кетүүсүнө уникалдуу мүмкүнчүлүк берет.

Кыргызстан батыштын бүт өлкөлөрдүн ичинен соода сатык жана башка мамилелери боюнча Швейцария менен түзүүдө. 1992–жылы Кыргызстан Эл аралык валюталык фондко (ЭАФ) кирип жатканда баштапкы кириш мүчөлүгү үчүн Швейцария мамлекети алтын запасын өткөрүп берген. Швейцария, АКШ жана Япония сыяктуу Кыргызстандын экономикалык реформаны ишке ашырууда демөөрчү болуп, өлкөнүн акчалай бирдиги– сомдун киргизилишине эбегейсиз чоң салымын кошкон. Кыргызстан эл аралык соода жаатында Германя менен болгон мамилеси алдыңкы катарларда. Бул эки мамлекеттин тыгыз мамилеси советтер союзу учурунда эле болуп келген, анткени Кыргызстанда көп сандуу (орточо 100 миңден ашуун адам) немес калкы бар эле.

Булардан башка Кыргызстан менен жакын шериктеш болгон геосаясаттык соода сатык мамилелери боюнча Иран, Турция, Пакистан, Индия ж.б. менен мамлекеттер менен иш алпарат. Алар инвестиция тартууда жана республика менен соода мамилесин бекемдөөдө активдуу катышышат.

Ортоазиялык аймакта бул чет мамлекеттердин көпчүлүгүнүн кызыктары жана амбициялары кездешип, жана анын катарында Кыргызстандан да экономикалык дивиденди, ресурстарды башкарууга, экономикалык таасир берүүгө жана саясий бекемдик курууда стратегиялык маанилүү тармактарды колго алууга багытталган.

Ошентип эл аралык тышкы соода, калктын жашоо деңгээлинин жана экономикасынын динамикалык өсүшүндө, өндүрүш процесстеринин факторлоруна көбүрөөк таасир этүүчү реалдуу сектор.

## §2. Жакынкы жана алыскы чет өлкөлүк мамлекеттер менен Кыргызстандын эл аралык соода катнашы

Эл аралык соода–акча мамилелеринин тармагы дүйнөнүн бардык өлкөлөрүнүн тышкы соода–сатыгынын жыйындысы жана товарлардын бири–бирине болгон эки агымынан–экспорттон жана импорттон турат. Товарлар жана кызматтар менен эл аралык сода кылуу 12–13 триллиондон ашуун АКШ долларын түзөт. Ар бир алтынчы товар же кызмат дүйнөлүк соода аркылуу керектөөчүлөргө жетет. Тышкы соодасыз калктын түрдүү күнүмдүк керектөөлөрүн кичине мамлекеттер эмес, орто же болбосо (АКШ, Кытай, Индия, Орусия) сыяктуу чоң өлкөлөрдү да импорттук товарлар менен канааттандыруу мүмкүн эмес. Учурда эл аралык сооданын башка да өзгөчөлүктөрү үчүн бири болгон, кызмат көрсөтүү көлөмүнүн көбөйүшү, б.а. алардын үлүшү 1,5 триллон долларды түзүп дүйнөлүк экспорттун үчтөн бирине жетти. Бул жагдайда негизинен кызмат көрсөтүүдө инжиниртдик, консалтингдик, лизинг жана башка жаңы түрлөрү кирет. Эл аралык товардык алмашуунун курамында даяр продукциянын үлүшү 2/3кө жакынын түзөт, анын ичинен кооперативдик мүнөздөгүсү жарымынан көбү. Мунун өзү өнүккөн өлкөлөр илимий жана техникалык жакка багыт алган продукцияларды, ал эми начар өнүккөн өлкөлөр чийки зат товарларды экспортточу болуп калгандыгын айгинелейт. Ошондой эле тышкы соода–сатыкта эл аралык өндүрүштүн жана илимий–техникалык адистешүүсүнүн күчөгөндүгүн билдирет.

Тышкы экономикалык байланыштарга таасир берүүчү факторлор дайыма өнүгүүдө, ошол эле учурда алар мамлекеттин тышкы экономикалык саясатынын дайыма өркүндөшүн талап кылат.

Мамлекеттердин экономикалык кызматташтыктарын интенсивтештирүүчү факторлорду төмөнкүлөр:

- экономикалык факторлор: макроэкономаикалык негизги көрсөткүчтөр, улуттук экономиканын ачыктыгы жана анын эл аралык соодадагы орду;
- институционалдык факторлор: мамлекеттик башкаруунун натыйжалуулугу, мамлекеттик саясаттын ачыктыгы, коррупциядан

коргоо, ошшондой эле банк, каржы тутумдарынын, товарлардын жана кызматтардын, капитал жана эмгек рыногунун иштөөсүнүн натыйжалуулугу;

• инфраструктууранын абалы: порттордун, аэропорттордун, темир жол жана автомобил жолдорунун сапаты жана өнүгүү деңгээли;

• улуттук бизнес–лимат: ишкердүүлүктүн ишмердигине, инвестициялык тартымдуулука жана өлкөнүн кредиттик жөндөмдүүлүгүнө шарттар;

• инновациялык өнүгүүнүн факторлору: инженердин коомдун техниканын (ИКТ) өнүгүүсү жана реалдуу колдонуу деңгээли, илимий изилдөө, конструктор бюросунун иштөө сапаты жана өнүгүү деңгээли, илимий–техникалык потенциал үчүн шарттар;

• социалдык факторлор: калктын жашоо деңгээли жана анын сапаты, саламаттыкты сактоонун жана билим берүүнүн абалы.

Бизге белгилүү болгондой кандай гана өлкө болбосун негизги экономикалык мааниси, башкача айтканда экономиканын күзгүсү, анын тышкы экономикалык саясатын аныктоочусу–экспорттук потенциал болуп саналат. Тышкы соода жүгүртүүнүн оң калдыгы (сальдосу) төлөө балансынын активтүүлүгүн камсыз кылат, ошондой эле экономиканы турукташтыруунун негизги көрсөткүчү болот.

1995–2013–жылдары Кыргызстандын экспорттук–импорттук операциялары терс калдыктык көрсөткүчтөр менен мүнөздөлөт, башкача айтканда экспорттун көлөмү 4,9 эсеге ал эми импорттуку 11,4 эсеге өскөн (107–табл.).

107– Таблица. **Кыргызстандын экспорттук–импортткук операциялары, АКШнын млн. доллары менен**

| | **1995** | **2000** | **2005** | **2009** | **2010** | **2011** | **2012** | **2013** |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **Экспорт** | 409,0 | 505,1 | 672,0 | 1673,0 | 1755,9 | 2242,2 | 1927,6 | 2006,8 |
| **Импорт** | 522,3 | 555,0 | 1101,3 | 3040,2 | 3222,8 | 4261,2 | 5576,3 | 5987,0 |
| **Калдык (=, –, +)** | –113,1 | –5,0 | –429,3 | –1367,2 | –1466,9 | –2019,0 | –3648,7 | –3980,2 |

Статистикалык маалыматы: “КР статистикалык жылдыгы”, “КР цифраларда”, 2000–2014.

Бул жылдары тышкы соода жүгүртүүнүн калдыгы–113,3төн –3980,2 млн. АКШ долларына, же 35,2 эсеге өскөн. Белгилүү болгондой, тышкы рыноктогу терс калдык улуттук валютанын курсунун жана экономиканын өсүшүнүн төмөндөшүнө алып келет.

2013–жылы Кыргыгыз Республикасынын экспортунун көлөмү тышкы соода көлөмү 7993,8 млн. долл. (АКШ) болгон, ал эми 1995 жылга салыштырганда 4,2 эсеге өсүш болгон, анын ичинен экспорт–2006,8 млн., импорт 5987,0 млн. доллар түзгөн.

Кыргызстан соода – сатык иштерин 147 мамлекеттине дүйнөлүк соода уюмдары менен алака жасайт, анын ичинен экспорт боюнча 86 мамлекет, импорт боюнча 139 мамлекет. Негизги соода–сатык боюнча Кыргызстан алака курамына Казакстан 31,8%, Россия 16,9%, Таджикстан 17,1%, Туркия 33,3%, Беллоруссия 42,2% түзөт.

Кыргызстан КМШдан тышкары өлкөлөр менен экспорт боюнча 2005–2013 жылдардын ичинде 368,7 млн. долл. 996,0 млн. долларга же 2,7 эсеге, импорт–505,1 млн. долл. 3043,1 млн. долларга чейин же 6,0 эсеге өсүш болгон. Башкага айтканда алыскы өнүккөн мамлекеттерден негизгинен техника, жабдууларды жана башкы продукцияларды сапаты алууга мажбурбуз. (108–табл.)

Ошондой эле Кыргызстан КМШ өлкөлөрү менен соода–сатык алакаларын жүргүзөт. Алсак, көрсөтүлгөн жылдарда экспорт 305,6 млн. долл. (АКШ) 1010,8 млн. долл. чейин, же 3,3 эсеге, импортту–683,6 млн. долл. 2943,8 млн. долл., же 4,3 эсеге өскөн. 2013 жылы КМШдан тышкары өлкөлөр менен Кыргызстан 4039,2 млн. доллар менен соода–сатык жүргүзгөн болсо, ал эми КМШ мамлекеттерине менен бул сумма 3954,6 млн. долларды түзгөн. Башкача айтканда Кыргызстан алыскы чет өлкөлөр менен жакынкыларга караганда 8,4 млн. долларга ашык соода–сатык жүргүзгөн.

108– Таблица. **Кыргыз Республикасынын тышкы соодасы**

| | **2005** | **2009** | **2010** | **2011** | **2012** | **2013** |
|---|---|---|---|---|---|---|
| ***АКШнын млн. доллары*** | | | | | | |
| **Тышкы соода жүгүртүү** | **1862,7** | **4713,2** | **4978,7** | **6503,4** | **7503,9** | **7993,8** |
| **Экспорт** | 674,0 | 1673,0 | 1755,9 | 2242,2 | 1927,6 | 2006,8 |
| **Импорт** | 1188,7 | 3040,2 | 3222,8 | 4261,2 | 5576,3 | 5987,0 |
| **Соода балансынын калдыгы** | –514,7 | –1367,2 | –1466,9 | –2019,0 | –3648,7 | –3980,2 |

| | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| **КМШдан тышкары өлкөлөр менен** | | | | | | |
| **Экспорт** | 368,7 | 920,2 | 971,7 | 1222,6 | 801,5 | 996,0 |
| **Импорт** | 505,1 | 1322,8 | 1511,2 | 2083,0 | 2686,8 | 3043,2 |
| **Соода балансынын калдыгы** | –136,4 | –402,6 | –539,5 | –860,4 | –1885,3 | –2047,2 |
| **КМШ өлкөлөрү менен** | | | | | | |
| **Экспорт** | 305,3 | 752,8 | 784,2 | 1019,6 | 1126,1 | 1010,8 |
| **Импорт** | 683,6 | 1717,4 | 1711,6 | 2178,2 | 2889,5 | 2943,8 |
| **Соода балансынын калдыгы** | –378,3 | –964,6 | –927,4 | –1158,6 | –1763,4 | –1933,0 |

Статистикалык мааламаты: “КР статистикалык жылдыгы”, 2005, 2014.


Ошондуктан же атаандаштыка туруштук берүүчү продукциялардын экспорттун көбөйтүү керек же болбосо ата мекендик товарлар мененалмаштыруу жолу менен импортту кыскартуу керек. Бирок, технологияны жана жаңы түрдөгү жогорку сапаттагы продукцияларды өндүрүү үчүн керектүү көлөмдөгү инвестициянын жетишсизиги жана реалдуу сектордун туруксуздугунан республикага товарлардын импортун төмөндөтүү келечекте ортунду маселенин бири.

Республикада экспорттук тышкы соода жүгүртүүнү өнүктүрүүдө айыл чарба продукцияларына (жашылча жемиш, пахта, тамеки, эт жана сүт продуктуларына), энергетика жана түстүү металлдарга (алтын, сурьма, коргошун ж. б.) негизги маани берилет. Эл чарбасында негизги орунду элөөчү ушул тамактарды интенцификациялоо жана техникалык жактан жаңылоонун эсебинен эле натыйжалуу тышкы соода жүгүртүүгө жетүүгө жана өлкөнүн экономикасын түзүмүн кайра курууга мүмкүн. Импорттук продукцияларды алмаштыруучу өндүрүштү алгылыктуу өнүктүрүүдө экспорттун негизги статьясын өзүбүздүн чийки заттан токулган трикотаждык, пахта жана жүн кездемелеринин продукциялары азыркы күндүн талабы.

Республикада 2013–ж. экспорттун жалпы көлөмүнөн минералдык продукциялардын көлөмүнүн үлүшү 10,0%ды, таштан жасалган буюмдардын жана цементтин, айнектин жана андан жасалган буюмдардыкы–0,2%ды, жаныбарлардын жана алардан жасалган продукциялардыкы–0,1%ды, тери заттарынын жана териники–1,8%ды, текстил жана текстил буюмдарыныкы–6,7%ды, баалуу металлдар менен таштардыкы–37,0%ды түзөт. Ошону

менен бирге баалуу металлдар менен алардан жасалган буюмдардын экспорттогу үлүшү 36,1%га, кымбат баалуу эмес металдардыкы жана алардан жасалган буюмдардыкы–3,5%га, өсүмдүктөрдөн жасалган продуктулардыкы–2,0%га, машина, жабдуу механизмдериники–1,0 чейин түзгөн. (Сүрөт 21)

Сүрөт 21. **Республикада экспорттук товарлардын түзүмү (2013 ж. жалпы көлөмдөн)**




Шериктеш өлкөлөр менен 2013–ж. болгон соода балансы терс калдыгы менен 200,0 млн. долларды түздү. Шериктеш өлкөлөрдөн терс соода балансын түзгөндөр: Азербайжан–7,4млн. доллар, Грузия–1,7млн. жана Украина–147,1 млн. доллар, Кытай–1393 млн. долл. Шериктештиктин калган өлкөлөрү менен да соода балансы терс калдыкта болуп келет. Анын эң чоң көлөмү Орусияга (207,1 млн. долл.), Казакстанга (51,7 млн. долл.), Узбекстанга (38,7 млн.) жана Украинага (29,8 млн. долл.) тура келет.

Экспорттун көлөмүнүн өсүшү Казакстанга–33,6%, Украинага–44,2% жана Узбекстанга–15,2% товар жөнөтүүлөрдүн эсебинен болгон.

Экспорт боюнча негизги соода партнерлору болуп, Бириккен Араб Эмираты (КМШ өлкөлөрүнөн тышкары 50,3% дагы экспорттук көлөм же 172,5 млн. доллар), Швейцария–15,5% (53 млн.), Кытай–7,1% (24,2 млн.) Индия–3% (10,1 млн.), Афганистан–2,8% (9,7 млн. доллар) эсептелишет. Азыркы учурда Кытай

Кыргызстан үчүн негизги соода партнеру болуп калды. Учурда республикада 300 гө жакын биргелешкен ишкана түзүлгөн.

Азыркы убакта "Дордой"–супер–натыйжалуу дүң жана чекене соода борбору. Дордойдон кытай товарлары Казакстанга, Өзбекстанга жана Орусияга жөнөтүлөт.

Мамлекеттин тышкы соода саясатын азыркы өткөөл мезгилде мээлүүн либералдуу жана ачык десек да болот. Республиканын ишканаларында жакынкы жана алыскы өлкөлөрдүн рыногун маркетингдик изилдөө абдаан начар жолго коюлган. Мындан тышкары тышкы соода саясатында чоң жетишпестиктер кездешет, алар натыйжалуу маркетинг изилдөөлөрүн жүргүзүү үчүн тышкы рынок жөнүндө маалыматтардын таңсыктыгы.

Продукциялардын экспорттун жандандрыуу үчүн анын натыйжалуулугун көтөрүүдө Кыргызстандын тышкы соода мамилелери болгон партнер–өлкөлөрдүн түрдүү рыногуна мониторинг жүргүзүү зарыл. Жакынкы жылдары топтолгон илимий–техникалык потенциалды экспорттук продукцияларды өндүрүүгө жана бай жаратылыш ресурстарын эле эмес жогорку квалификациялуу жумушчуларды жана салыштырмалуу арзан жумушчу күчүн колдонууга багыт алууну ишке ашыруу керек.

Экспорттук багытты шыктандыруучу саясат төмөндөгү багыттарды өзүнө камтышы керек:

- экспорттук өндүрүштүн өндүрүштүк базасын жана инфраструктуурасын өнүктүрүүдө инвестициялар;
- тышкы эконмикалык ишмердүүлүктү жөнгө салуучу мыйзамдык жана нормативдик базаларды өркүндөтүү;
- рыноктук институттарды өнүктүрүү: камсыздоо компанияларын, банк системаларын, тышкы соода өкүлчүлүктөрүн жан тышкы соода бирикмелерин, биржалык соодаларды;
- ишканалардын экспорттук ишмердүүлүгүн өнүктүрүү үчүн ыңгайлуу экономикалык чөйрөнү түзүү;
- туруктуу рыногу бар жана кыска мөөнөттө өзүн өзү актаган өндүрүштү өнүктүрүү;
- ишканалардын өндүрүүчү жана экспортоочу пордукцияларынын сапатын жакшыртуу жана ассортиментин кеңейтүү;
- кичи ишкердүүлүктүн субъектилерин тышкы экономикалык ишмердүүлүкө тартууну кеңейтүү;

• оперативтүү маркетинг жана Кыргыз Республикасынын чет элдик дипломатиясы жана соода өкүлчүлүктөрү менен экспорттук–импорттук мамилелерди маалыматтык–аналитикалык жана болжолдук камсыздоолор;

• ата мекендик товар өндүрүүчүлөр үчүн товарларды импорттоочу өлкөлөрдүн стандарттары жана мыйзамдары жөнүндө маалыматтардын жеткиликтүүлүгүн камсыздоо ж.б..

Демек, экспорттук жүгүртүүнү кеңейтүү республиканын өкмөтүнүн негизги бирден–бир борбордук милдети. Бул улуттук экономиканы реформалоонун деңгээлин көрсөтүп турат. Республика жакынкы жана алыскы чет өлкөлөрдөн товарларды импорттоого өтө эле көз каранды, айрыкча отун–энергетикалык ресурстардан (бензин, мазут, керосин, газ), техникалык жана технологиялык жабдуулардан. Экспорттук продукцияларга караганда импорттун үлүшүнүн өсүшү, республиканын өзүнүн соода партнёрлоруна көз каранды экендигин көрсөтүп турат. Мындай экономикалык саясат көз карандылыка алып келиши мүмкүн.

Тышкы экономикалык ишмердүүлүктү либералдаштыруу мамлекеттик саясаты жана экономиканын ачыктыгы импорттун болуп көрбөгөндөй өсүшүнө алып келди. 1995–2008–жылдары Кыргызстандын экономикасынын ачыктыгы 12,9%га көбөйдү, бул негизинен импорттун–25,0% ачыктык эсебинен болуп өттү, ошол эле учурда экспорт болгону–0,1%га көтөрүлгөн (109–табл.).

109– Таблица. **Кыргызстандын экономикасынын ачыктыгы, ИДПга % менен**

| | **1995** | **2000** | **2001** | **2002** | **2003** | **2004** | **2005** | **2006** | **2007** | **2008** |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **Экспорт** | 27,4 | 38,7 | 31,2 | 30,2 | 30,7 | 32,6 | 27,5 | 29,8 | 33,1 | 35,5 |
| **Импорт** | 35,1 | 42,6 | 30,6 | 36,5 | 40,0 | 42,6 | 45,1 | 64,6 | 69,7 | 88,1 |

Статистикалык маалыматы: “Кыргызстан цифрада”, 2000–2014.

Келтирилген маалыматтар көрсөтүп тургандай, 2009–жылы Кыргызстандын экономикалык коопсуздугуна коркунуч байкалган, анткени импорт тобекелчиликтин чегинен бир кыйлага эле ашып кеткен. 2013–жылы импорттун көлөмү өлкөнүн ИДПсынын 82,7%ын түзгөн, ал эми коопсуздук чеги 50,0%дан ашпоосу керек эле.

2008–жылы республикага автожолдорду куруу жана реконструкциялоо үчүн, жарандык курулуш, тамак аш жана текстилдик өнөр жай, ошондой эле иштеп жаткан ишканаларды модернизациялоо үчун чоң көлөмдөгү технологиялык жабдууларды алып келгендигине байланыштуу экспорттко караганда импорттон тез өсүү теннециясы байкалат.

Акыркы беш жылдын ичинде Кыргызстанга импорттук келген товарлардын көлөмү 3040,2 млн. (АКШ доллары болсо, ал эми 2013–жылы–5987,0 млн. долл. жеткен, же 96,9% өскөн, анын ичинен тирүү мал жана азык түлүктөрү–72,3% өсүмдүк азык–түлүктөрү–48,8%, даяр тамак–аш азык–түлүктөрү–78,0% минералдык продуктулар–58,7%, жыгач жана жыгач буюмдары–2,3 эсеге, машиналар жана жабдуулар–2,1 эсеге, транспорт каражаттары–2,8 эсеге, жана башка товарлар–2,1 эсеге өскөн (110–табл.).

Акыркы беш жылда (2009–2013–жж.) партнер өлкөлөрдөн импорт боюнча жөнөтүүлөрдүн көбөйүшү: Белорустан–1,5 эсеге, же 47,3 млн. долларды (медикаменттер, резина шиналары, тракторлор, кагаздар ж.б.,), Казакстандан–1,6 эсеге, же 218,7 млн. (буудай, ун, кант,көмүр,күйүчү май, суу май ж.б.), Орусиядан–1,8 эсеге, же 89,9 млн. (буудай, кант, жыгачтар, күйүчү майлар, даарылар, кагаз, болот трубалар, машиналар жана жабдуулар, ж.б.), Швейцариядан–1,3 эсеге, же 37,4 млн. (атайын илимий көзөмөлдөөчү приборлор жана аппараттар, ташты иштетүүчү станоктор, медикаменттер), Украинадан–1,7 эсеге, же 73,6 млн. (электр аккумляторлор, белгилүү тармактар үчүн машина жана жабдуулардын деталдары, шоколаддар жана башка курамында какаосу бар тамак аш продуктулары, кант аралашмасы бар кондитердик буюмдар ж. б.), Кытайдан–2,7 эсеге, же 809 млн. (химиялык заттар, пластмассалар, току буюмдары, кийимдер, машиналар, жабдуулар, эмеректер, курулуш материалдары, ж.б.), АКШдан–2,1 эсеге, же 121,2 млн. (эт азыктары, даарылар, илимий приборлор, кийимдер, автомашиналар ж.б.), Туркиядан–2,8 эсеге, же 131,9 млн. (кофе, чай, кагаз, току кездемелер, кийимдер, машиналар, эмеректер, бут кийимдер, ж.б.), Германиядан–2,3 эсеге (даарылар, шиналар, алюминий, автомашиналар, илимий аппараттар, машиналар, кагаз, тамеки, тамеки буюмдар, электр байланыштары үчүн жабдуулар жана деталдар, ж.б.) түзгөн.

110– Таблица. **Тышкы соода–сатык боюнча импорттук түзүмү (АКШ млн. доллары)**

| **Бардыгы** | **2009** | **2010** | **2011** | **2012** | **2013** | **2013-2009 % менен** |
|---|---|---|---|---|---|---|
| **Тирүү мал, азык түлүктөрү** | 3040,2<br>66,1 | 3222,8<br>96,7 | 4261,2<br>95,4 | 5576,3<br>101,4 | 5987,0<br>113,9 | 196,9<br>172,3 |
| **Өсүмдүк азык түлүктөрү** | 142,7 | 121,6 | 166,3 | 190,7 | 212,4 | 148,8 |
| **Даяр тамак–аш азык–түлүктөрү** | 245,9 | 267,3 | 376,3 | 590,4 | 437,6 | 178,0 |
| **Минералдык продуктулар** | 839,0 | 876,0 | 1002,2 | 1237,4 | 1331,9 | 158,7 |
| **Химия жана пластмассалар** | 405,0 | 422,1 | 577,3 | 693,8 | 708,1 | 174,8 |
| **Жыгач жана жыгач буюмдары** | 65,6 | 64,6 | 100,6 | 132,5 | 151,8 | 231,4 |
| **Току буюмдары** | 189,1 | 209,0 | 296,0 | 375,3 | 369,9 | 195,6 |
| **Таш, гипс, цемент, айнек** | 57,9 | 56,4 | 83,6 | 91,5 | 110,4 | 190,6 |
| **Кымбат баалуу эмес буюмдар** | 185,4 | 183,1 | 284,9 | 424,4 | 551,2 | 297,3 |
| **Машиналар, жабдуулар** | 330,0 | 408,5 | 485,8 | 642,9 | 696,8 | 211,1 |
| **Транспорт каражаттары** | 276,5 | 279,7 | 482,0 | 709,9 | 789,5 | 285,5 |
| **Башкалар** | 237,0 | 237,8 | 310,8 | 386,1 | 513,5 | 216,6 |

Статмаалыматтары: “КР статистикалык жылдыгы”, 2014.

2013–жылы импорттун негизги статясы минералдык продукциялар түзгөн (21,5%ын), машина, жабдуулар жана механизмдер–24,3%ды, химия заттары–10,1% өнөр жай тармагы–24,7%, тамак аш жана тирүү мал–10,7%, суусундуктар жана тамеки–5,2% жана башка товарлар–3,5%.




Сүрөт 22. **Республикада импорттук товарларды түзүмү, 2013–ж. (жалпы көлөмдөн,%)**

Ошондой эле 2013–ж. импорттук сатып алуулар боюнча накталай түрдө: эт жана эт продукциялары 60,1 миң тоннаны–87,3 млн. долларга (АКШ), сүт жана сүт продукциясын–11,0 миң тонна 1,4 млн. долл., буудай–361,7 миң т.–89,7 млн. долларга, ун–139,9 миң т.–44,1 млн. долларга, кант–82,7 миң т.–56,9 млн. долларга, таш көмүр–1270,5 миң т.–50,6 млн. долларга, бензин–801,8 миң т.–546,2 млн. долларга, керосин–126,0 миң т.–115,3 млн. долларга, дизел күүчү май–567,7 миң т.–429,8 млн. долларга, жер семирткичтер–179,7 миң т.–60,8 млн. долларга, кездемелер–175,5 млн. $м^3$–73,9 млн. долларга, болот жана кара темир–331,7 миң т.– 276,6 млн. долларга, машиналар–1293 бар–66,7 млн. долларга, автомашиналар–5871 бир–111,5 миң долларга, жеңил автомашиналар–102201 бар–395,3 млн. доллар жана башкаларды сатып алганбыз.

Эл аралык сооданы мындан ары жандандыруу үчүн экспорттук жана импортук операцияларды жүргүзүүдө (оформить этүүдө) кагаз бюрокатиясын жөнөкөйлөтүү керек. Республикада товарларды сатыш же болбосо алып келиш үчүн 13 документти толтуруш керек, аларды чогултууга 18–20 күн талап кылынат, б.а. сертификатка, фитосанитарды өткөзүүгө жана ветеринардык көзөмөлгө бир жума убакыт кетет ж.б.

Бүткүл дүйнөлүк банк жана Азиялык өнүгүү банкы бажыны модернизациялоого жардам берүү менен, ишкерлер жана бажы инспекторлордун ортосундагы катнашты минималдаштыруу, чек арада талап тоноочулукту, коррупцияны кыскартуу үчүн каржылашат. Мисалы, кытай бажысынын маалыматтары боюнча бул өлкөдөн республикага келген импорт товарлардын биздин республиканын ИДПсынан бир жарым эсеге көптүк кылат (АКИ пресс, № 1, 2009, с.7), бирок маалымат боюнча бир канча эсеге аз көрсөтүлгөн.

Тышкы экономикалык байланышты жакшыртуу үчүн чек арада бажы текшерүүлөрүн жөнөкөйлөтүү, бажы өтүмдөрүн, көзөмөлүн толугу менен автоматташтыруу, импорттук жана экспорттук декларацияларды электрондук түрдө толтуруу, аны БДСУнун (ВТО) стандарттарына ылайыкташтыруу максатында бажы мыйзамдарын өркүндөтүү керек. Бажы брокелер институтунун системасын, бажы тилмечтерин, бажы кампаларын учурдун талабына жараша өркүндөтүү. Бажы кызматынын ишмердүүлүгүнүн коррупциядан тазалыгын камсыз кылуу, бажы жана бизне–

коомунун шеритүүлүгүн өнүктүрүү, ошондой эле республиканын бажы кызматынын жана анын негизги соода шериктеринин ортосунда тоскоолдуксуз жана ыкчам маалымат алмашууларды камсыз кылуу жумуштун жакшы жүрүшүндө негизги шарты.

Бажы көзөмөлүн бир жерден өткөзүү максатында радиациялык, ветеринардык, санитардык жана фитосанитардык көзөмөлүн организациялар үчүн бир гана терезе принцибин киргизүү керек. Бажы салыктарын жана башка төлөмдөрүн төлөтүп алуу бажы баалоосу жөнүндө БДСУнун талаптарына ылайык жүргүзүлүшү керек. Ага ылайык бажы салыгы ад–валорем өкмөт тарабынан коюлган базалык же минималдык баанын негизинде эмес, төлөм–фактуурасынын маалыматы боюнча төлөнүп алынат.

Демек, экономиканын реалдуу секторунун кризистик абалынан чыгарууда жыл сайын жакынкы жана алыскы чет өлкөлөрдөн импорту товарларын азайтуу абзел. Экономикалык реформа республиканын башка өлкөлөр менен болгон сода жана экономикалык карым катнашынын динамикасына терс таасирин тийгизди. Соода балансында терс калдык, импорттук продукция-лардын үлүшүн көбөйтүп экономикасынын натыйжалуулугун төмөндөтүрүүдө. Мындай эл аралык сооданын негизги себеби экономиканын төмөндөшү, тарифтик жана тарифтик эмес тоскоол-дуктар, товарлардын атаандаштык туруксуздугу, инвестициялык ресурстардын ченемдүүлүгү, регионалдык жана эки жактуу келишимдердин аткарылбаганы ж.б. болуп саналат.

## §3. Кыргызстандын Бүткүл дүйнөлүк соода уюмуна кирүүсү (БДСУ)

Бүткүл дүйнөлүк соода уюмуна Кыргызстан 14–октябрда 1998–жылы кирген. Баштагы Советтик өлкөлөрдөн БДСУнун мүчөлөрү болуп Эстония, Литва, Латвия, Грузия жана Молдова мамлекеттери саналат. Азыркы учурда БДСУнун катарында дүйнөдө 143 өлкө бар.

БДСУнун мүчө– өлкөлөрүнүн ортосунда дүйнөлүк товар жүгүртүүнүн 90%ынан ашыгы ишке ашырылат. Республика БДСУга киргенден кийин Кыргыз Республикасынын Бажы кодексинин жана «Кыргыз Республикасындагы инвестициялар

жөнүндө»–деген Кыргыз Республикасынын мыйзамы кабыл алынган. Учурда техникалык жөнгө салуу реформалары өткөзүлгөн жана өткөзүлүп жатат, анткени, «Техникалык жөнгө салуулар жөнүндө» Кыргыз Республикасынын мыйзамы, Кыргыз Республикасынын жаңы Салык Кодекси жана «Лицензиялоо жөнүндө» Кыргыз Республикасынын мыйзамы кабыл алынган. БДСУ менен өз ара байланыш боюнча маалымат түзүмү түзүлгөн жана башка мыйзамдык актылар кабыл алынган.

БДСУга болгон мамилелер дүйнөдө бир өңчөй эмес. БДСУнун чегинде көп жакту мамилелердин өнүгүүшүнүн көйгөйлөрүн изилдеген адистердин маалыматында бул уюмдун алдына койгон максаттарына карата бир канча түрдүү ойлор өкүм сүрөт. Бирөөлөрү БДСУнун максаты – эл аралык сооданы либералдаштыруу (ачыкка чыгаруу)–эсептешсе, ал эми башкалары–БДСУ, анын баштапкы уюмдары болгон генералдык тарифтер жана сода боюнча Башкы келишим (ТСБК) сыяктуу эле «эркин сооданын хартиясы» боло албайт, ал болгону протекционизмди кармап туруучу механизм боло алат дешет. Ошол эле учурда өнүгүп жаткан өлкөлөр үчүн индустриалдуу өлкөлөрдөн алынуучу импорттор үчүн ченемсиз ачык ички рыноктон коргонуу абдаан эле кыйын. Кыргызстан БДСУга кирээри менен импорттук пошлинаны алып таштап жыйынтыгында импорттук товарлар керектөөчүлөргө кызык туудуруп, ата мекендик өндүрүүчүлөр атаандаштыка туруштук бере албай көпчүлүктөрү банкрот болууга аргасыз болушту.

Демек, Кыргызстандын БДСУга кирип, эл аралык соода байланыштарына интеграцияланышы абдаан жакшы, бирок бул бир канча эрте кадам болгон. Биздин товарлар импорттук аналогунан сапаты жагынан эле эмес, алардын ар түрдүүлүгүнөн, тышкы көрүнүшүнөн бир кыйла төмөн.

Кыргызстандын БДСУга кирүүсүн жактоочулардын бирден бир негизги аргументи болуп орто мөөнөттөгү өнүгүүдө өлкөнүн экономикалык өсүшүн да алда канча тездетүүчү соода тоскоолдуктарын жок кылуу мүмкүнчүлүгү болуп саналат.

БДСУнун максаттарынын бири дүйнөлүк сода тутумун кайра куруу жана сода тоскоолдуктарын кыскартуу. БДБнын жана ЭВФду классификациясы боюнча дүйнөнүн жарды өлкөлөрүнө негизинен айыл чарба продукцияларын өндүргөн Кыргызстан да

киреt. Өнүккөн өлкөлөр менен бир катар товарлар (айыл чарба) менен сода иштерин жүргүзүүгө даяр. Айыл чарба жана текистил өнөр жайынын товарларынын сатууда тоскоолдуктарды жою, ошондой эле антидемпинг чараларынан баш тартуу өнүгүүп жаткан өлкөлөрдүн улуттук экономикасын көтөрүү үчүн чыныгы түрткү болуп калышы мүмкүн.

БДСУга Кыргызстандын, бул уюмга мүчө болгонубузга он беш жыл болсо да, КМШнын Бажы союзунда тоскоолдук (Белорусия, Казакстан, Орусия, Кыргызстан жана Таджикстан) күчөп, чек аралар аркылуу товарлардын өтүүсү боюнча жалпы эреже сакталбай жатат. Башта айтылгандай Кыргызстандын БДСУга кирүүсү өлкөнүн тышкы товар жүгүртүүсүнө алгылыктуу деле түрткү бере алган жок. Кыргызстан БДСУга мүчөлүктө киргенден тартып, коңшулаш Казакстан жана Узбекстан тарабынан тескери реакцияны жаратты. Алар тарабынан Кыргызстандан алынуучу импорт товарларга дискриминациялык чара киргизилген.

Казакстан кыргызстандын азык түлүк продукцияларынын экспортуна 200%дык пошлина коюп, өзүнүн рыногун коргоо максатында айтып чыкты. Ачык айтканда, Казакстандын өкмөтү импорттоочулар Казакстандын чек арасын айланып Кыргызстан аркылуу өтүшөт деп коркту. Иш жүзүндө ББДСУга кошулгандан кийин да, Кыргызстандын тарифтик режими кошулганга чейин кандай болсо ошол бойдон эле калган.

Бизге маалым болгондой, БДСУга мүчө болгон өлкөлөргө реалдуу пайдага, качан гана негизги соода шериктештери дагы БДСУнун мүчөсү болгондо гана шарт түзүлөт. Кыргызстанга карата кошуна мамлекеттердин дискриминациялык чаралары, алардын, БДСУга мүчө болгонго чейин иштей берет, антени алардын 60%га жакын айыл чарба продукциялары КМШ өлкөлөрүнүн ортосундагы соода сатыкта сатылат. Республиканын көп жактуу тышкы соода келишимдерине карабастан Кыргызстан ушул күнгө чейин өзүнүн соода мамилелерин жөнгө салуунун ыңгайлуу чараларын издеп келет. Эркин соода келишимдеринин чегинде деле сооданы толугу менен «эркин» деп атоого болбойт. Иштеп жаткан келишимдердин толук эмес аткарылышы жана КМШ өлкөлөрүнүн ортосундагы соодада тарифтик эмес тоскоолдуктардын өсүшүндөгү көйгөйлөрдүн негизинде экономикалык карама каршылык бар. Республиканын экономикасы экспортко

байланыштуу, бирок 1992–жылдан баштап импортту либеризация жана диверцификация процессине кеңири жол берилген.

БДСУга мүчө болуу Кыргызстандын экспорттерлоруна башка өлкөлөрдүн рыногуна ишенимдүү кирүү мүмкүнчүлүктөрүн берет, ошону менен бирге, импорттук тоскоолдуктарды кыскартат жана ата мекендик товар өндүрүүчүлөр үчүн атаандаштык күчөйт. Атаандаштыка туруштук бере албаган республиканын өнөр жайы жана макро жана микроэкономиканын туруксуздугу, тышкы чет элдик продукциялардын экспансиясынан экономикадакаатчылык абалын андан да тереңдетип акырына кыйроого мажбур кылды. Кыргызстан БДСУга киргендигине байланыштуу ТСБКнын/ БДСУнун тарыхында болбогон экономиканын ачыктыгы боюнча жоoптуу милдеттерди өзүнө алган. Кырдаалдан чыгуунун Тарифтик классификациянын өзгөрүүсү же жаңы классификацияны киргизүү менен байланышкан.

Кыргызсатан башка өлкөлөргө салыштырмалуу көптөгөн товарлардын позициясы боюнча экспорттук–импорттук операцияларды жүргүзүүдө, ошондой эле улуттук өндүрүүчүлөрдүн ишине тоскоол болуучу либералдык режимге ээ. Мындай көрүнүш импорттоочу–өлкөлөр, БДСУнун катышуучулары тарифтердин деңгээлин түшүрүүгө жана кыргыз рыногунда ылайыктуу позицияны алууга умтулушкан.

Ошол эле учурда Кыргызстандын БДСУга кошулушу– бул дүйнөлүк чарба тутумунда республиканын интеграцияланышына шарталган объективдүү процесс. Атаандаштыкка туруштук берген өндүрүштөрдүн өнүгүү мүмкүнчүлүгү, улуттук экономиканын адисдешүүсү– бул БДСУга киргендеги эң негизги пайдасы.

1998–2008–жылдардын мезгилинде Кыргызстан БДСУнун толук кандуу мүчөсү катарында экспорттук ишмердүүлүгүн көрсөтө алган жок. Буга жакынкы коңшулар да жолтоо болуп жатат. Анткени, Казакстан, Узбекстан өзлөрүнүн территорияларынан өтүүчү республиканын транзит продукцияларына дайыма тоскоолдуктарды жаратышты.

Кыргызстанда БДСУга киргенге чейин (1997–ж.) экспорт 603,8 млн. АКШ долларында экспорт болгон. 1998–жылдан тартып 2004–жылга чейин республика бул деңгээлге жете алган жок. 2004–жылы гана экспорттун көлөмү 721,1 млн. АКШ долларын түзгөн.

Экономикалык реформа жылдары соода балансынын оң калдыгы 1994 жана 2001–жылдары гана белгиленген. Ал эми калган кийинки жылдары импорттун көлөмү экспорттукунан бир канча эсеге ашып кеткен.

Эгерде республикада жалпы товар жүгүртүү 1998–2005–жылдары 1355,1ден 5714,6 млн. АКШ долларына же 4,2ге көбөйсө, анда БДСУнун өлкөлөрү менен товарларды экспорттоо 257,4төн–303,3 млн. долларга, же 17, 8%га, импорт– 347,0ден–679,6 млн. долларга, же 95,8%га өскөн. Терс калдык 11,1 млн. АКШ долларын түзгөн. БДСУнун өлкөлөрү менен сооданын үлүшү экспорттун жалпы көлөмүндө 1998–жылы 50,1%ды түзсө, ал эми 2005–жылы–45,1%, же 5,0 пункутка төмөндөп кеткен, ошондой эле импортто–41,2 жана 61,7%ды түзүп 20,5 пункутка көбөйгөн.

Демек, Кыргызстандын БДСУга мүчөлүккө кириши тышкы сода балансына терс таасирин тийгизди. Мындай жагдай республикадан жыл сайын капиталды тышка ташып кетүүнүн көлөмүнүн көбөйүп жаткандыгын жана мунун эсебинен башка өлкөлөрдүн ишкерлерининин, айрыкча жакынкы өлкөлөрдүн пайда көрүшүнө шарт түзүлүп аткандыгын айтып турат. Мунун бардыгы биздин мамлекетибиздин экономикалык коопсуздугуна залакасын тийгизип жатат.

Ошол эле учурда БДСУга мүчө болуу тышкы соодада Кыргызызстандын саясатына таасир берүүчү негизги фактор-лордун бири катары, ошондой эле мыйзамдын өзгөрүшүнө түрткү болду, аны бир кыйла либералдуу жана ачык болуушуна алып келди. Тарифтик жана тарифтик чектөөдө, импорттук лицен-зиялоодо, импортту ички салыктоодо, демпинге каршы, коргоочу чараларды компенцациялоо боюнча мыйзамдарда өзгөрүүлөр болуп өттү. Бул өзгүрүүлөр экономикалык зоналардын ишмердүү-лүгүнө, бажы жана интеллектуалдык менчик жаатындагы мыйзам-дарга, стандартизация жана сертификацияга, санитардык жана фитосанитардык чараларга, көрсөтүүдө таасирин тийгизди.

БДСУга катышуунун артыкчылыктары:

- тышкы соода байланыштарынын жаңы формасына кошулуу мүмкүнчүлүктөрү жана улуттук кызыкчылыкты эске алуу менен алардын өнүгүүшүнө катышу;
- унификацияланган укуктук мейкиндике эле жетишүү

эмес, тура эмес жүргүзүлгөн атаандаштыктын дискриминациясынан юридикалык коргонуу;

- тышкы соодадагы талашууларды жана конфликтерди реалдык негизде чечүүнүн шартын жакшыртуу;
- чет элдик партнерлордун тариф жеңилдиктерине жооп катарында кыргыз товарларынын бажы пошлиналары боюнча ийкемдүү жеңилдиктер системасы;
- эл аралык өндүрүштүк кооперацияга катышу мүмкүнчүлүгү дүйнөлүк кайталап өндүрүү процессине кошулууга жана ата мекендик өнөр жайдын перспективалуу секторун өнүктүрүүгө мүмкүндүк берет;
- заманбап өндүрүштүк жана башкаруу технологияларын импорттоого мүмкүнчүлүктөр кеңейет;
- өндүрүштө колдонуучу импорттук чийки заттар, полуфабрикаттар, өндүрүштүк–технологиялык жана инвестициялык багыттагы комплектөөчү жана даяр буюмдар ата мекендик өндүрүүчүлөрдүн өндүрүштүк чыгымдарын төмөндөтөт;
- жогоруда көрсөтүлгөн өндүрүштүн инвестициялык – финансылык потенциалын, алардын инвестициялык өнүгүү мүмкүнчүлүгүн кеңейтүү.

БДСУга катышуунун терс жактары:

- көпчүлүк ата мекендик тармактардын продукцияларынын атаандаштыка туруштук бере албаган шарттарында чет элдик товар өндүрүүчүлөрдүн экспансиясы;
- фискалдык көйгөйлөрдүн курчушу, башкача айтканда бажы пошлиналарынан бюджетке келип түшүүлөрдүн кыскарышы жана чет элдик атаандаштыктын таасири менен ата мекендик өндүрүштүн кыйрашы;
- импорттук продукцияларга суроо талаптардын багытталышы жана аналогу блгон ата мекендик товарга суроо талаптардын кыскарышы;
- жумушсуздук боюнча жөлөк акчанын, атаандаштыка туруштук бере албаган өндүрүштөрдүн кайрадан адистештирүүдө социалдык жана инвестициялык чыгымдардын өсүшү;
- өлкөнүн инвестициялык мүмкүнчүлүгүнүн кыскарышы.

Ошол эле учурда БДСУга мүчө–өлкөлөрдүн тышкы соода жүгүртүүсүн жакшыртуу үчүн төмөнкү маселелерге басым коюу

менен өкмөттүн деңгээлинде конкреттүү программа иштеп чыгуу керек:

- ички рыноктун кээ бир секторлорун, БДСУнун мүчөлөрү практикалагандай (ЕКтин өлкөлөрүндө кээ бир конвенциялык ставкалар 100%дан, автономдуулары–180%дан ашат) эң жогорку тариф (20%дан жогору) менен коргоо;
- БДСУнун эрежсинде уруксат берилген тарифтик эмес методдорду активтүү колдонуу: импортко керектүү продукциялардын түрлөрү, техникалык стандарттары, санитардык нормалары боюнча сандык чектөөлөр;
- тарифтик ченемдик тутумдар жана диверсификацияны күчөтүү, ийкемдүүрөөк протекциялык саясатты жүргүзүүгө түрткү болот;
- перспективада тарифтик ченемдерин өзгөрүүсүнүн эрежесин алдын ала билүү жана ачык айкындыгын максималдуу камсыз кылуу.

Ошентип, мамлекеттик жаңы чет элдик соода – сатык саясатын иштеп чыгуу жана дүйнөлүк рынокко Кыргызстандын товарларын алдыга жылдыруу негизги максат. Кыргызстанда өндүрүлгөн товарларды киргизүүнү камсыз кылуучу мамлекеттин жаңы тышкы экономикалык саясатын иштеп чыггуу керек. Кыргызстандын регионалдык жана глобалдык соода тутуму аркылуу дүйнөлүк чарба байланыштарына активтүү интеграцияланышы, туруктуу соода саясатты бар мамлекет катарында анын статусун көтөрөт.

# БАП XXIII

# МАМЛЕКЕТТИН ӨТКӨӨЛ МЕЗГИЛДЕГИ СОЦИАЛДЫК САЯСАТЫ

## §1. Экономиканын трансформациясы жана рынокко өтүү шарттарындагы мамлекеттин социалдык саясаты

Республикада жана анын аймактарында өткөрүлүп жаткан социалдык–экономикалык реформа экономиканын реалдуу секторунун өнүгүүсүнө жана калктын иш менен камсыз болушуна маанилүү таасир берүүдө.

Өндүрүштүн төмөндөшү жана продукциянын көлөмүнүн кыскарышы, чийки заттын, комплекттөөчү буюмдардын, инвестициялардын жетишсиздиги, структуралык өзгөрүүлөр, ишканалардын иштебей калышы, эмгек рыногундагы абалды жана калктын иш менен камсыз болуушун дагы–да оор абалга келтирди, жумушсуздуктун өсүүшүнө жана муну менен байланышкан социалдык көйгөйлөрдүн пайда болуушуна шарт түздү. Аймактык жактан алганда бул көрүнүш калкты тыгыз жайгашкандыгы менен айырмаланган Ош областында өзгөчө көрүнүш.

Экономиканын рыноктук секторунун өнүгүүшү, менчиктин көп түрдүү формаларына өтүү, жеке сектордун жана ишкердиктин өсүшү суроо–талаптардын жана сунуштардын өзгөрүүшүнө, экономиканын мамлекеттик жана мамлекеттик эмес секторлорунун арасында эмгектик, материалдык, каржылык ресурстарды кайра бөлүштүрүлүүшү жана рыноктук мамилелердин жаңы түрлөрүнүнө түзүлүшү, калктын социалдык–экономикалык турмушунун өзгөрүүш алып келүүдө.

Республикадагы социалдык–экономикалык абал жалпысынан алганда экономиканын туруктуулугунун төмөн деңгээли, реалдуу сектордун алсыздыгы, салык салуунун жана жемкордуктун өтө катаал тутумунун шарттарында анын атаандаштыкка жөндөмсүздүгү менен шартталган. Бул өз кезегинде демографиялык абалдын начарлашына, жумушу жок калктын санынын көбөйүшүнө, жумушсуздукка, калктын жакырлашынын күчөөшүнө, локалдык эмгек рынокторунда деформациянын пайда болуушуна алып келди.

Ошентип, өткөөл экономика шарттарында реалдуу сектордун өнүгүүшү жана ошону менен бирге калктын турмуш деңгээлинин жогорулашы–мамлекеттин социалдык саясатынын негизги максаты. Ошону менен бирге, экономиканын тигил же бул тармактарынын өнүгүүшү жана кошумча жумуш орундарын түзүү биринчи кезекте мамлекеттен көз каранды. Мындан сырткары, мамлекет өзүнүн жарандарына кесиптик багыт алышы, кайра даярданышы жана квалификациясын жогорулатуусу үчүн бардык мүмкүнчүлүктөрдү түзүп берүүсү жана муну менен калктын татыктуу, салыштырмалуу жогорку деңгээлдеги жашоосун камсыз кылышы зарыл.

Республикадагы реформанын тоскоол факторлорунун бири–бийлик тарабынан жаңы экономикалык саясат иштелип чыккан жана жаңы чарбачылык мыйзамдуулугу калыптанган сайын практика жүзүндө республиканын аймактарына чындыкты жеткиликтүү түшүнө албагандык болуп жатат. Ушуга байланыштуу, област, райондордун деңгээлинде өткөрүлүп жаткан ишканаларды менчиктештирүү процесси жана жерлерди дыйкандарга берүү сыяктуу айрым–айрым жүргүзүлгөн иш–чаралардын кандайдыр бир суммасы түрүндө кароого болбойт. Аймактардагы реформа – бул аябагандай татаал жана карама–каршылыктуу социалдык–экономикалык жана коомдук–саясий процесс.

Акыркы өткөн 25 жыл ичинде республикада болуп жаткан реформаларды кантип баалоого болот деген мыйзам – ченемдүү суроо туулат. Эң негизги кыйынчылык реформанын жыйынтыгынын өзүн коррекциялык түрдө баалоого мүмкүн эместигинде турат. Чындыгында эле, реформанын натыйжалуулугун кайсыл көрсөткүч мүнөздөйт: жеке ишканалардын сапаттык пайдасын же өндүрүлүп жаткан продукциянын көлөмүнүн жана сапатынын өскөндүгүбү, же реформа – бул каражатпы же максатпы? Демек, жүргүзүлгөн реформаны баалоонун эки ыкмасы: биринчи учурда – рынокко өтүүнүн сырткы атрибуттарын эсептөө, экинчиде– анын социалдык–экономикалык жана коомдук–саясий натыйжасын багыттары. Экономикалык реформанын натыйжалуулугун талдоодо бул варианттардын кайсы бирин тандап алууга мүмкүн эмес, демек көрсөткүчтөрдүн бүтүндөй бир тутуму талап кылынат.

Азыркы күндө Кыргызстанда жана анын аймактарында да рыноктук реформалар жана трансформациялык процесстери али

бүтө элек. Бирок, рынок тутумуна өтүүдөн баш тартуу да мүмкүн эмес, анткени анын негизинде экономиканын секторлорунун натыйжалуулугун, социалдык – экономикалык жагдайын өзгөр-түүгө жана калктын турмуш деңгээлин көтөрүүгө көмөк болот.

Учурда рынок шарттарында социалдык чөйрөнүн жана социалдык саясаттын ролу өсүп баруууда. Бардык өнүккөн өлкөлөрдө ИДПны өсүшүнө, калктын иш менен камсыз болушу, жаңы жумуш орундарын түзүүдө, б.а. социалдык чөйрөгө чоң маани берилет. Мисалы, АКШнын социалдык чөйрөсүнүн тармактарында ИДП 68%ды түзөт жана бардык жумушчу күчүнүн 74%ды алектенет. Демек, мамлекет тарабынан өткөрүлүп жаткан "социалдык рыноктук чарбанын" теориясы жана практикасы өзгөчө мааниге ээ болуп калууда.

Мамлекеттин социалдык саясаты– коомдун турмушунун социалдык–экономикалык шарттарын жөнгө салуу жана анын ишмердүүлүк багыттарынын бири. Коомдун жана мамлекеттин социалдык саясатынын маңызы–социалдык топтордун арасындагы мамилелерди колдоо менен бирге коомдун мүчөлөрүнүн жашоо деңгээлин, жыргалчылыгын көтөрүү, социалдык кепилдиктерди түзүү үчүн шарттарды камсыз кылуу жана коомдук өндүрүшкө катышуу үчүн экономикалык стимулдарды калыптандыруу болуп саналат. Ошону менен бирге, мамлекет тарабынан коомдук өндүрүштүн шарттарын түзүү менен социалдык саясат иш–чараларынын курамдык бөлүгү катары жалпы болуп экономикалык кырдаал тыгыз байланышта.

Экономикалык тутумдун иштөөсү боюнча социалдык саясат эки жактуу ролду ойнойт.

**Биринчиден**, экономиканын өнүгүү учурунда, улуттук байлыктын топтолушу менен жарандар үчүн жагымдуу социалдык шарттарды түзүү экономикалык ишмердүүлүктүн негизги максаты болуп калат жана экономикалык өсүүшүнүн бардык башка аспекттери социалдык саясатты ишке ашыруу каражаты катарында каралат.

**Экинчиден**, социалдык саясат экономикалык өсүшүнүн фактору да болуп саналат. Эгерде экономикалык өнүгүү жакшы жашоонун, жыргалчылыктын өсүүш менен коштолбосо, анда адамдар натыйжалуу экономикалык ишмердүүлүккө болгон стимулдарды жогото башташат. Ошол эле убакта, экономикалык

өнүгүүнүн жетишилген деңгээли канчалык бийик болсо, экономикалык өсүшүн камсыз кылып жаткан адамдарга, алардын билимине, маданиятына, физикалык жана ыймандын өнүгүүшүнө болгон талаптар да ошончолук жогору болот. Өз кезегинде бул социалдык чөйрөнүн андан ары өнүгүүшүн талап кылат.

Мамлекеттин социалдык саясаты төмөнкү маселелерди чечүүнү өз ичине камтыйт:

- билим алууга болгон укукту ишке ашырууда бирдей мүмкүнчүлүктөрдү жана кирешени жана мүлктү (капиталды) акыйкаттуу бөлүштүрүү жолу менен коомдук жыргалчылыктагы үлүштү камсыз кылуу;
- киреше менен капиталдын пайда болуушунда байлар менен кедейлердин арасындагы рынок менен шартталган жагымсыз айырмачылыктарды азайтуу;
- эркиндикти, акыйкаттуулукту, адамдын жетишкендиктерин сыйлоону, инсандын өнүгүүшүн, коомдук турмушта активдүү катышуусун жана коом алдындагы жоопкерчиликтин үлүшүнө болгон укугун камсыз кылуу.

Өнүккөн мамлекеттерде социалдык саясатты жүргүзүүнүн практикасын жана аны ишке ашыруудагы бир канча багыттарды иштеп чыкты. Буларга социалдык камсыздандыруу, жумушчуларды социалдык коргоо, эмгек акысы боюнча, жумуш рыногундагы социалдык чаралар, турак жай ж.б. саясаттары кирет.

**Социалдык камсыздандыруу**– социалдык чөйрөдөгү мамлекеттин саясатынын өзгөчө маанилүү бөлүгү. Жумушчулар өндүрүш ишинде (объективдүү себептер– мисалы, травманын негизинде) ишти улантуу мүмкүнчүлүгүн жоготуулары мүмкүн. Бул учурда алар киреше булагынан ажырап калышат. Мындай учурда пайда болгон көйгөйдү чечүү үчүн эки мүмкүнчүлүк бар. Биринчиси– келтирилген зыян үчүн анык бир сумманы төлөп берүү. Бирок, бир жолку жөлөк пул узак убакытка чейин жашоого мүмкүнчүлүк бербейт, демек, жагымдуулугу экинчи мүмкүнчүлүк– социалдык камсыздандыруу.

Рынок экономикасынын шарттарында жумушчуларды социалдык коргоонун негизги механизми катары болгон социалдык камсыздандыруунун маанисин, маңызын туура түшүнүү зарыл. Дал ушул негизде социалдык камсыздандыруу социалдык

туруктуулукка жана түшүнүүчүлүккө жетүүнүн реалдуу базасы болуп калуусу мүмкүн. Мунун бары социалдык коргоонун камсыздандыруу мүнөзүн калыбына келтирүү зарылдыгын тастыктайт.

Социалдык камсыздандыруу тутуму анык бир принциптерде куралат. Биринчиден, ал мыйзамдуулук негизине ээ. Экинчиден, ал тобокел (риск) шарттарда иштеп жаткан жактар үчүн милдеттүү (бирок, камсыздандыруу өз эрки менен да боло тургандыгын эске тутуу керек). Үчүнчүдөн, социалдык камсыздандыруу тутуму тиешелүү төлөмдөрдү каржылоодо мамлекеттин да катышуусу бар экенин эсепке алат. Демек, же жумушчулардын өздөрү төлөп жатышкан суммаларды төмөндөтүүнүн эсебинен, же мамлекет тарабынан сунушталган жөлөк пулдарды жогорулатуунун эсебинен болот. Төртүнчүдөн, социалдык камсыздандыруу тутуму, эң биринчи кезекте, коомдун экономикалык жагдайда алсыз болгон мүчөлөрүнө, андан кийин башкаларга жардам берүүгө багытталган.

Практика социалдык камсыздандыруунун бир канча формасын аныктады. Көптөгөн цивилизациялуу мамлекеттерде төмөнкү формалары колдонулат: бактысыз кырдаалдан, оорудан, төрөт жана ымыркайды багуу, майыптуулук боюнча, жумуштан ажырап калган учурлардагы камсыздандыруу, пенсиялык камсыздандыруу.

Пенсиялык камсыздандыруу саясатынын негизги багыты болуп “динамикалык пенсия” концепциясын ишке ашыруу саналат. Ал пенсияларды калктын иштеп жаткан бөлүгүнүн эмгек акыларынын деңгээлине теңдештирүүнү билдирет. Муну менен жумушчу тарабынан ай сайын чегерилип туруучу төлөмдөрдөн куралган каражаттардын инфляциянын негизинде баанын төмөндөшүнө каршы турууга мүмкүндүк болот.

Мамлекеттин милдеттерине ооруган учур үчүн функционалдык–жөндөмдүү камсыздандыруу институттарынын тутумун камсыз кылуу милдети кирет. Мисалы, Германиянын жарандарынын 90%ы үчүн ооруп калган учурларын камсыздоо мыйзамдуулук тарабынан бекитилген жана камсыздандыруу тутуму аркылуу кепилдендирилген, ал эми 10%га жакын жарандар жекече түрдө камсыздарылат. Ооруп калган адам ооруган учурунда кирешесин жоготпойт. Мыйзам жумуш берүүчүлөрдү алты жумага чейин эмгек акыны төлөөсүн милдеттендирет.

Өндүрүштө мүмкүн болгон кокустук бактысыз кырдаалдар жана кесипкөйлүк (ишке байланыштуу) оорулар кокустук бактысыз окуялардан камсыздандыруу тутуму тарабынан каралат. Бул жерде сөз камсыздандырылган адамдардын бөлүштүрүүлөрүнүн жана укуктарынын түрдүү айкалыштыктары жөнүндө болуп жатат. Өндүрүштөгү бактысыз окуялардын натыйжаларын каржылоого болгон чоң чыгашалар, жумушчуларды коргоо боюнча мамлекеттик саясатты интенсификациялоонун өзгөчө себеби болуп саналат. Каржылоо 100% ишканалардын жана жумуш берүүчүлөрдүн взносторунун эсебинен аткарылышы зарыл, анткени себептүүлүк принцибине ылайык, кокустук бактысыз окуялардын натыйжалары менен байланышкан чыгашаларды төлөө маселеси ишканаларга жүктөлөт.

Жумушчуларды социалдык коргоодо, мамлекеттин социалдык саясатынын негизги багыттарынын бири, анткени бардык мамлекеттердеги калктын көп бөлүгүн жалгыз (же негизги) кирешеси– эмгек акысы эсептелген жумушчулар түзөт, бул болсо алар экономикалык жактан алсыз (уязвимы) жана алардын мамлекеттик бийликтен башка таянаары жок дегенди билдирет. Бардык мамлекеттерде эмгекке жарамдуулугу төмөн болгон жактардын саны бир кыйла көп. Мунун бары жумуш менен камсыз болгондорду социалдык коргоодо мамлекеттин саясаты эмгек рыногундагы жактардын теңсиздигине негизделген. Жалданма жумушчу жумуш берүүчү жакка салыштырмалуу алсыз тарап болуп саналат, анткени ал өндүрүш каражаттарына болгон менчикке ээ эмес жана өзүнүн жумушчу күчүн сатууга мажбур. Бул чөйрөдөгү мамлекеттин ишмердиги жумушчулардын ден–соолугуна зыян келтирилген же башка учурларда аларга каржылык жардам берүүгө багытталган болуусу тийиш. Ал үчүн мамлекет жумушчулар менен ишкерлердин арасында түзүлүүчү келишимдердин тутумун түзүүнү камсыз кылуучу анык бир укуктук нормаларды иштеп чыгат. Мындай чараларды өткөрүүдө мамлекет жумушчулар менен жумуш берүүчүлөрдүн ортосунда социалдык мамилелешүүдө жөн эле товарларды сатып–алуу же сатуу эмес, инсандын социалдык макамы жөнүндө болушу керек.

Эл аралык практика жана ата–мекендик тажрыйба жумушчуларды социалдык коргоонун негизги принциптери төмөнкүлөр:

- инсанга болгон этият мамиле, адамдын жетишкендиктерин коргоо, б.а. эркин эмгекке болгон укугу, кесипти, окуу жана иш орунду тандоо эркиндиги, эмгекти коргоо, жакшы эмгек шарттарын камсыз кылуу, ден–соолукту жана өмүрдү сактоо, эмгекке жарамдуулукту жоготууда анын ордун толуктоо (компенсация) үчүн коомдун жана мамлекеттин социалдык жоопкерчилиги. Булардын бары, адам укуктарынын жалпы декларациясынын, БУУнун, ЭЭАТтын (МОТ) социалдык пактыларынын жана башка документтеринин, башка кабыл алынган эл аралык ченемдердин жоболоруна ылайык келет;
- эмгектик мамилелер жагдайындагы социалдык акыйкаттык – эмгек шарттарына жана эмгекти коргоого, ден–соолукту сактоого, жарандардын жумушка жана эмгекке жөндөмдүүлүгүнө болгон тең укуктукту, эмгекке жөндөмдүүлүк жоготууларды ордун толтуруунун (компенсациялоонун) жогору деңгээлин, медициналык, социалдык жана кесиптик реабилитацияны камсыз кылуу;
- мамлекет социалдык жана кесиптик тобокелдерден жумушчуларды коргоону милдеттүү жана, коомдун социалдык–экономикалык өнүгүүсүнүн негизги ориентири катары болгон социалдык коргоого болгон укуктарды камсыздоо;
- социалдык жана кесиптик тобокелдердин мүмкүн болушунча эң төмөн деңгээли, тийешелүү маалыматтын ачыктыгы жана жеткиликтүүлүгү;
- мамлекеттик эмес тутумдардын жана коргоо программаларынын алдын алуу жана өзүн–өзү башкаруу учурунда социалдык коргоо менен байланышкан мамлекеттик кепилдиктер;
- коргоонун бардык негизги субъекттеринин (мамлекет, ишкерлер, социалдык камсыздандыруу шериктештиктери жана эмгекчилердин кесиптик уюмдарынын кеңири алкагы) коргоонун тигил же бул тутумдарын жана формаларын калыптандырууга жана өркүндөтүүгө болгон кызыкчылыктары;
- социалдык жана кесиптик тобокелдердин ордун толуктоо жана минимизациялоо боюнча каржылык жүктү бөлүштүрүү менен байланышкан “социалдык келишимдердин” негизинде социалдык коргоонун бардык субъекттеринин биримдиги (солидарность);

- социалдык жана кесиптик тобокелдердин кабыл алууга мүмкүн болгон деңгээлине ээ болгон кесипти тандоо, кесиптик билим алуу, жумуш ордуна ээ болуу, ассоциациялардын эркиндигин алуу мүмкүнчүлүгү сыяктуу эмгек жагдайындагы жумушчулардын экономикалык жана социалдык эркиндиги;
- өзүнүн ден–соолугун, жумушка жана эмгекке жөндөм-дүүлүгүн сактоо, кесипти жана жумуш ордун туура тандоо боюнча жумушчулардын өздүк жоопкерчилиги;
- бардык эмгекчилер үчүн бирдей болгон мамлекеттик кепилдиктерден тартып алардын айрым бир категориялары жана кесиптик тайпалары үчүн көрүлүүчү чакан багыттагы чараларга чейин болгон социалдык коргоо ыкмаларынын көп деңгээлдүүлүгү жана түрдүү даректүүлүгү;
- социалдык коргоонун көп субъекттивдүү– социалдык коргоонун субъекттери болуп мамлекет (ведомстволор жана министрликтер), жумуш берүүчүлөр, камсыздандыруу боюнча шериктештиктер, башкаруунун аймактык башкаруу тармактары болушат;
- социалдык коргоонун көп аспекттүүлүгү жана түрдүү багыттуулугу– көңүл буруунун предмети болуп жумушчулардын эмгек акыларынын шарттары жана төлөмдөрү, кесиптик даярдык-тары, медициналык тейлөө, эмгекке жөндөмдүүлүгүн жоготуунун ордун толуктоо жана калыбына келтирүү кызматтары болушу зарыл.

Эмгек акы багытындагы социалдык саясат диференция-ланган (жиктоо) түрдө ишке ашырылышы зарыл. Мындай учурда кийлигишүү негизинен жумушчунун кесиптик даярдыгынын даражасы төмөн жана анын жумуш берүүчүгө каршы туруу позициясы салыштырмалуу алсыз болгон кезде ишке ашырылат. Бул негизинен квалификациялык эмес эмгекти талап кылган эмгек жараяндарынын түрлөрүнө тиешелүү. Калктын мындай категория-ларына карата эмгек акынын минималдык деңгээли белгиленет, андан аз төлөөгө уруксат берилбейт. Ошондой эле мыйзамдардын жардамында мамлекет эмгек акыны төлөөнүн ритмин (тартибин) да белгилейт (мисалы, ар бир 14 күндө же ай сайын).

Кээ бир мамлекеттерде эмгек акы саясатын, анын чектик деңгээлин орнотууну жана бул деңгээлди кандайдыр бир убакыт

аралыгында сактоону жүргүзөт. Эмгек акынын өсүү темпин чектөөлөр колдонулушу да мүмкүн. Мындай чаралар инфляциянын алдын алуу жана төлөмдүк балансташы кыйынчылыктарды жоюу үчүн колдонулат.

**Эмгек рыногундагы социалдык саясат.** Бул багытта мамлекеттик саясат жумушсуздук боюнча таза камсыздандыруу тутумунун эмгек ишмердүүлүгүндөгү жана эмгек рыногундагы мүмкүн болгон кыйынчылыктардын алдын алуу боюнча профилактикалык чараларды көрүүнү айкын жана даана көрсөтөт.

Рынокко карата колдонулуучу социалдык саясат, эң биринчи кезекте жумушчу күчүнө болгон суроо – талаптарга мамлекеттин чектөө көрсөтүү мүмкүнчүлүгү менен байланышкан. Мындан сырткары рынокко таасир этүү мамлекетте чет өлкөлүк жумушчу күчүн пайдаланууга тиешеси бар укуктук ченемдерди корректировкалоонун жардамында жүргүзүлөт. Мындай ченемдөөдө жумушчулардын кээ бир топторуна эмгек рыногуна аралашуусуна уруксат бербөө аркылуу да жүргүзүлүүшү мүмкүн (мисалы, пенсия жашын кыскартуу аркылуу). Мындан сырткары, мамлекет эмгек рыногуна кызыкдар органдар жөнүндө маалымат берүү менен таасир этиш мүмкүн. Ошондой эле бул экономикадагы структуралык өзгөрүүлөрдүн негизинде мамлекет саясаты жумушчуларды кайра окутуу тутумдарын уюштурууну жана каржылоону өзүнө алуу менен да өтө олуттуу таасир этет.

Эмгек рыногу багытындагы социалдык саясаттын куралдары жумушсуздук убагында жана иштеп жаткан учурундагы компенсациялык төлөмдөрдү жүргүзүү менен катар, эмгек жолун баштоодо же кесибин алмаштырууда жеңилдиктерди алып келген кесипке багыт берүү, ишке орноштуруу жана кесиптик билим берүү боюнча консультацияларды да берүүнү өз ичине камтыйт. Жумушсуздуктан камсыздандыруу фондунун каржылык каражаттары натыйжалуу пайдаланылышы зарыл, мисалы, кесиптик билим берүү, эмгек жолуна реабилитациялоо боюнча иш–чараларды каржылоо максатында, ошондой эле жумуш орундарын түзүү жана анын структурасын өзгөртүү үчүн жардам берүүчү каражаттар пайдаланылышы керек.

Ушуга байланыштуу учурдагы калкты жумуш менен камсыз кылуу саясатынын максаты иштеп жаткан калктын өзгөчө

топтордун (кары адамдар, инвалиддер, аялдар, жаштар, чет өлкөлүктөр) көйгөйлөрүн чечүү да саналат.

**Турак – жай саясаты.** Зарыл болгон турак – жай шарттарын камсыз кылуу саясаты бүгүнкү күндө батыш мамлекеттеринде социалдык саясаттын куралы катары каралат. Жеңил жана бат чечилүүчү турак–жай көйгөйлөрү жумушчу күчүнүн аймактык агымын күчөтөт, бул болсо маанилүү структуралык кыймыл шарттарында өзгөчө мааниге ээ, анткени өндүрүштүн натыйжалуулугун жогорулатат.

Кадимки салттуу вариант боюнча социалдык саясаттын бул багыты турак–жайды ижарага алган жумушчуларга жардам берүү үчүн бюджеттен каражаттарды бөлүп берүү жолу менен аткарылат. Бирок, мунун альтернативдүү варианттары да бар: мамлекет өз алдынча турак – жай курууда мүмкүндүгүнө ээ. Бул учурда түрдүү мүмкүнчүлүктөр пайдаланылат. Мисалы, бийликтин аймактык органдары өздөрү салыштырмалуу арзан турак–жай комплекстерин түзүшөт жана аларды кирешеси төмөн үй–бүлөлөргө карызга беришет. Бул областтагы социалдык колдоонун дагы бир жолу – жеке курулуш кооперативдери тарабынан курулган турак–жайларды пайдалануу. Бул учурдагы мамлекеттин ролу төмөнкүчө: курулуш уюмдарына жерди бекер берет, аларга жеңилдетилген насыялоо жүргүзөт, же аларга жумшагыраак салык салууну колдонот. Бул варианттын алкагында мамлекет негизинен карызга берилип жаткан турак–жайдын ээлерине алардын кирешесинин чектүү суммасын белгилөө менен турак–жайга болгон төлөмдүн чоңдугун көзөмөлдөйт. Кээ бир учурларда мындан да чечкиндүү аракет кылууга туура келет: жеке менчиктен жерди чыгарып алуу жана аны мамлекеттик турак–жай курулушу үчүн пайдалануу.

Ошентип, рынок экономикасы өзүнүн маңызына ылайык социалдык теңдештирүүнү эске алат. Бирок, белгилеп кетчү нерсе, рынок жана толук теңдик бири–бири менен сыйышпас нерселер. Бул, биринчиден, рыноктун катышуучуларынын арасындагы өздүк айырмачылыктар (айырмачылыктар социалдык, биологиялык жана социологиялык жаратылышка ээ); экинчиден рынок механизмдеринин өзүнүн маңызы менен (рыноктук баалардын калыптануу жараянынын карама–каршылыктары, жумушчу күчүн сатып алуу–сатуунун өзгөчөлүктөрү ж.б.) шартталат.

Ошентип, заманбап өнүккөн рынок мамилелери салыштырмалуу социалдык теңдик мүмкүнчүлүктөрүн түзөт. Бирок аларды практикалык ишке ашыруу принциптердин кандайдыр бир топтомдоруна негизделген ачык бир максатту иш–аракеттерди талап кылат. Демек, мына ушундай иш–аракеттер социалдык саясатты, ошондой эле мамлекеттин экономикалык саясатынын социалдык аспектилерин билдирет.

## §2. Жакырчылыкты азайтуу – мамлекеттин социалдык саясатынын негизги маселеси

Жакырчылык– бул адамдын жана анын үй–бүлөсүнүн нормалдуу жашоосун камсыздоо үчүн жетишсиз болгон материалдык абалдын төмөнкү деңгээли. Жакырчылыкты өлчөөнүн негизи катары адамдын тамакка, сууга, кийимге жана турак–жайга болгон миминималдуу физиологиялык керектөөсүн алууга болот, ал эми жакырчылык деп, ушул минималдык керектөөлөрдү канааттандырууга зарыл болгон деңгээлден төмөн киреше эсептелет. Ошол эле учурда республикада түзүлгөн керектөө структурасын жана керектөө бааларынын деңгээлин эсепке алуу зарыл жана бүтүндөй алганда, жакырчылыктын чеги божомолдуу гана болуп калуусу мүмкүн.

Мыйзамдуу тартипте “жакырчылыктын чеги” жана “аз каражаттуу үй–бүлө”, “жакырчылыктын тереңдиги” сыяктуу түшүнүктөр толук аныкталган эмес, бирок бул маселелер КРнын Улуттук статистика комитети тарабынан үй–бүлөлүк чарбаларды сурамжылоо жолу менен иликтөө жүргүзүлөт.

Улуттук статистика комитетинин 2013–жылдын күзүндө жүргүзгөн изилдөөлөрүнүн маалыматтарына таянсак, республика боюнча орто эсептеги кирешенин минималдуу зарыл болгон деңгээли бир айга, бир жанга 2454,4 сомду түзгөн, ал эми кирешелери ушул чектен төмөн болгон калктын үлүшү 60%дан ашкан. Ошону менен бирге жакырчылыктын эң төмөнкү чеги да аныкталган, б.а.– ал бир адамга 2013–ж. бир айына 1425,5 сомго туура келген. Мындай эсеп–кысап адамдын 2100 килокалорийге тең болгон бир күндүк керектөөсүн камсыз кылган тамак–аш продукцияларынын карзинасынын баасы жана тамак–аш эмес продукцияларга болгон сарптоолордун минималдык суммасынын

кошулуусунан келип чыгат. Экинчиси– тамак–аш корзинасынын гана баасынын чоңдугу. Кирешенин бул деңгээлинен төмөн, б.а. жакырчылыктын эң төмөн абалында республиканын калкынын 20%дан азыраак бөлүгү жашайт.

Калктын жашоо деңгээли акча кирешелеринен жана ден–соолук, билим, жашоо шарттары жана башка социалдык жыргалчылыктарга жана тейлөөлөргө жеткиликтүүлүк сыяктуу өзгөчө маанилүү компоненттерден куралат. ПРООН тарабынан ушул критерийлердин базасында иштелип чыккан адамдын өнүгүүсүнүн индекси Кыргызстанда реформанын алгачкы жылдарында төмөндөп, 1995–жылдан баштап турукташа баштады. Эгерде ушундай интеграцияланган көрсөткүч боюнча Кыргызстандын абалын коңшу мамлекеттер менен салыштыра турган болсок, айрыкча Түштүк Азия мамлекеттерине салыштырмалуу республикадагы кырдаал кандайдыр жагымдуурак. Экономиканын өнүгүүшүнүн жана реформалоонун кыйынчылыктары учурунда жакырланып калган Кыргызстандын жарандарынын көп бөлүгү жашоонун нормалдуу деңгээлин калыбына келтирүү үчүн билиминин жана квалификациясынын деңгээли, турак–жай, бекер билим берүү жана медициналык кызмат көрсөтүүлөрдү кошкондогу негизги социалдык жыргалчылыктарга жана тейлөөлөргө болгон жетишерлик сыяктуу маанилүү өбөлгөлөрдү сактоодо.

Ошол эле учурда Кыргызстан дагы эле калкынын кирешеси төмөн болгон мамлекеттердин арасынан орун алды. Бул жөнүндө Вашингтондогу Эл аралык Валюта фондунун жана Бүткүл дүйнөлүк банктын (БДБ) жазгы сессиясында “Дүйнөлүк өнүгүүнүн көрсөткүчтөрү” деп аталган жылдык докладында белгиленген.

БДБнын классификациясы боюнча, “кирешеси төмөн мамлекеттерге” калктын ар бир адамына болгон бир жылдык киреше АКШнын 825 долларынан ашпаган мамлекеттер кирет. “Төмөнкү орто киреше” кирешеси 825тен 3255 АКШ долларына чейинки мамлекеттер түзөт. Ал эми калктын ар бир адамынын кирешеси АКШнын 10 миң долларынан ашкан мамлекеттер “жогорку кирешелүү” мамлекеттердин катарынакирет.

Ошентип, Кыргызстандагы жакырчылык калктын бардык негизги социалдык–демографиялык тайпалар көрсөткүчтөрүн өз ичине камтыды. Жакырчылык менен күрөшүүнүн натыйжалуу саясаты анын жакыр калктын негизги категориясына жана айыл

аймактарда жашаган калктарга туура келет. Мисалы, 1998–жылы жакыр калк жалпы калктын 54,9% үлүшүн түзгөн, анын ичинде шаарларда 42,2% жана айыл жерлеринде 62,4%, ал эми 2013–жылы салыштырма түрдө 37,0%, анын ичинен 21,9 жана 41,4%. 2008–жылы жакырчылыктын чегинен да сыртта 1672,4 миң адам жашаган, анын ичинен 74,3%ы айыл жергесинин жашоочулары болушту. Жакырлыктын куурчтуулугу (өзгөчөсү) деңгээли 6,1%ды түздү. Ал эми 2013–жылдын маалыматы боюнча жакырчылыктын жалпы деңгээли 37,0% түзгөн, анын ичинен шаарларда–21,9%, айыл жерлеринде–39,6% болгон (111–табл.).

Демек, шаардык жакырчылыктын деңгээлинен айыл жергесинен жакырчылыктын үлүшү бир кыйла жогору. Мисалы, шаарда жалпы кедейчиликтин деңгээли 2013–жылы 21,9% болсо, айыл жергесинде–41,4% түзгөн, же болбосо 19,5 пукутка көп болгон.

111–табл. маалыматтарынан көрүнүп тургандай, 2001–жылдан баштап республикада жакырлыктын 56,4%дан 31,7%га чейинки жана өтө жакырлыктын 23%дан 6,1%га кыскаруу тенденциясы байкалат. Бирок жакырчылыктын жалпы деңгээли дагы деле өтө бийик. Ал эми айыл жергесиндеги жакырчылык анык бир төмөндөп жатканына карабастан шаардагыдан бийик. Республиканын бийик тоолу райондорундагы жакырчылыктык деңгээли 2013–жылы 48,9%ды, жакырчылыктын четки деңгээли–5,0% жана тереңдиги–9,2%.

111– Таблица. **Республикада жакырчылыктын деңгээли, %**

| | **2000** | **2005** | **2009** | **2010** | **2011** | **2012** | **2013** |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **Жакырчылыктын жалпы деңгээли** | 52,0 | 43,1 | 31,7 | 33,7 | 36,8 | 38,0 | 37,0 |
| **Жакырчылыктын четки деңгээли** | – | 11,1 | 3,1 | 5,3 | 4,5 | 4,4 | 2,8 |
| **Жакырчылыктын тереңдиги** | 17,7 | 10,5 | 6,1 | 7,6 | 7,5 | 7,7 | 7,0 |
| **Жакырчылыктын курчтуулугу** | 7,7 | 3,6 | 1,8 | 2,5 | 2,2 | 2,4 | 2,0 |
| **Шаар жерлери:** | | | | | | | |
| **Жакырчылыктын жалпы деңгээли** | 43,9 | 29,8 | 21,9 | 23,6 | 30,7 | 35,4 | 21,9 |
| **Жакырчылыктын четки деңгээли** | – | 6,5 | 2,7 | 4,2 | 6,3 | 7,3 | 1,6 |

| | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **Жакырчылыктын терендиги** | – | 1,3 | 4,2 | 5,4 | 6,3 | 7,3 | – |
| **Жакырчылыктын курчтуулугу** | – | | 1,3 | 1,9 | 1,8 | 2,3 | – |
| **Айыл жерлери:** | | | | | | | |
| **Жакырчылыктын жалпы деңгээли** | 56,4 | 50,8 | 37,1 | 39,5 | 40,4 | 39,6 | 41,4 |
| **Жакырчылыктын четки деңгээли** | – | 13,8 | 3,3 | 6,0 | 5,7 | 4,5 | 3,3 |
| **Жакырчылыктын терендиги** | – | | 7,2 | 8,7 | 8,1 | 7,9 | – |
| **Жакырчылыктын курчтуулугу** | – | | 2,1 | 2,8 | 2,4 | 2,4 | – |

Статистикалык маалыматы:“КРнын калкынын жашоо деңгээли”. 2005–2014–жж.

Жакырчылыктын деңгээлинин көрсөткүчү пайдаланылып жаткан жакырчылыктын чегин аныктоо үчүн Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн “Жакырчылыктын чегин аныктоо методикасы” деген токтому 2011–жылдын 25мартында бекитилген. Мына ошонун негизинде калктын керектөөчүлүк чыгымдары аныкталган жакырчылыктын чегинен бир аз жогору же төмөн деген жыйынтыкты айтууга болот. Калктын болжолдуу 13,5% ы тамак–ашка гана болгон чыгымдарга негизделген, б.а. өтө жакырчылыктын чегинен да төмөн.

Жакырчылыктын деңгээлине кошумча жакырчылыктын маңызын тагыраак түшүнүүгө жана аны социалдык–экономикалык кубулуш катары баалоого мүмкүндүк берүүчү дагы эки чара иштелип чыккан. Кедей адамдардын үлүшүнүн көрсөткүчү кедейлердин керектөөсүнүн деңгээли жакырчылыктын чегинен, же 1%га, же 90%га төмөн экендигин аныктай албайт. Демек, бул көрсөткүч менен жакырчылыктын деңгээлин так аныктоого мүмкүн эмес.

Жакырчылык каалагандай экономикалык тутумда бар жана ал жеке мүнөздө гана эмес, балким бүтүндөй коомго таандык. Өнүккөн мамлекеттер да жакырчылык анча жогору болбосо да кирешелердин деңгээлиндеги дифференциацияга ээ. Жакыр топко өзүнүн бюджетинин жарымына жакынын тамак–ашка жумшаган бир улуттарды же мамлекеттерди да кошууга болот. Кыргызстанда орточо жашоо деңгээлине ээ болгон, көп мамлекеттерге салыш-

тырмалуу калктын тамак–ашка короткон чыгымдары жалпы чыгымдын60%дан ашуун түзөт.

Реформага чейинки мезгилде жакырчылык официалдуу түрдө эсепке алынбаганына карабастан, аны экономикалык жана саясий өзгөрүүлөр менен гана байланыштырууга болбойт. Жакырчылык мурда да болгон: 80–жылдарда да калк ошол убакыттын минималдуу керектөө корзинасынан төмөн киреше алып жүрүшкөн. Кедей деген курамга кирешеси минималдык эмгек акысына тең болгон жана “социалдык–керектүү деңгээлден” төмөн болгондорду кошушкан. Кедейлер категориясынын өзгөчөлүгү, ден–соолугу жана багуучусунан айрылуу, иштеп жаткан адамга бага турган адамдарынын жогорулатылган оордук белгилери боюнча эсептелген калктын дээрлик аз бөлүгү, б.а., көп балалуу үй–бүлөөдө бир багуучу, кары ата–энелер, үй–бүлөлөр, жалгыз бой пенсионерлер жана калктын башка категориялары кирген. Республикада алардын саны жалпы калктын болжол менен үчтөн бирин түзгөн. Ошентип, жакырчылыктын пайда болуу өбөлгөлөрү алдын–ала аныкталган.

Бирок, совет түзүмү учурунда мамлекет калкты иш менен камсыз кылуу жана түрдүү социалдык кызмат көрсөтүүлөр аркылуу социалдык жактан коргоп турган. Көптөгөн социалдык жардамдар, алардын сапаты жана жеткиликтүү эместигине карабастан, кайтарымсыз берилген. Кыргызстан эгемендүүлүккө ээ болгон учурда кепилденген социалдык жыргалчылыктар токтоп калган. Ошентип, реформалоо учурунда кедейлердин туруктуу категориясы пайда болуу менен жакырчылык социалдык реформалардын символу болуп калды.

Республиканын рынок экономикасын трансформациялоодо бүгүнкү күндө жакырчылык үй–бүлөлөрдүн абалынын оорлошуусу жана кедейлердин санынын өсүүшү менен коштолуп келүүдө. Жашоо деңгээлинин төмөндөөсүнүн, кирешелердин кыскарышынын жана аларды бөлүштүрүүдөгү теңсиздиктин өсүшү– бүгүнкү күндөгү өтө маанилүү социалдык көйгөйлөр. Кыргызстанда жашоо деңгээлинин туруктуу өсүүшүн камсыз кылуу жана жакырчылыкты жоюу мамлекеттин бүткүл экономикалык, каржылык жана социалдык саясатынын эң негизги приоритети, мамлекетте жүргүзүлүп жаткан реформалардын жыйынтык максаты катары каралууда.

Республиканын кедей жарандарынын арасынан шарттуу түрдө эки категорияны бөлүп алууга болот– эмгекке жарамсыз жана эмгекке жарамдуу.

Биринчи категория, эмгекке жарамсыз жарандардан жана калктын социалдык–алсыз тайпаларынан (көп балалуу жана толук эмес үй–бүлөлөр, инвалиддер жана жалгыз бой пенсионерлер) турат.

Республикада көп балалуу жана толук эмес үй–бүлөлөрдөн 768 миңге жакын адам бар. Бул үй–бүлөлөрдүн арасындагы көбүү баалуу муктаждыктыгы (иждивенчество) менен шартталган. Социалдык төлөмдөрдүн жана жөлөк пулдардын чыныгы баасынын төмондошү менен коштолгон инфляциянын жогорку деңгээли, ошондой эле мектепке чейинки балдар мекемелеринин жеткиздиги, көп балалуу жана жалгыз бой энелерге ылайыктуу ишти издөөнүн кыйынчылыктарына байланыштуу,мындай үй–бүлөлөрдүн кыйынчылыктары дагы өсүп жана алардын арасындагы жакырчылык дагы да кеңейди.

Республикада саны 71,2 миң адам болгон инвалиддер бардык кедейлердин 1,3% түзөт, бирок бул өзгөчө алсыз категориянын арасында жакырчылыктын таралышы 70%дан ашты. Алардын жакырчылыгынын негизги себеби болуп төлөнүп жаткан жөлөк пулдардын жетишсиз өлчөмү жана эмгекке жарамдуулугун сактап калган инвалиддерди ишке жайгаштыруунун татаалдыгы. Эмгекке жарамсыз жарандардын, өзгөчө категориясын кесиптик оору менен ооруунун, же иш учурунда жаракат алуунун натыйжасында иштөө мүмкүнчүлүгүнөн ажыраган, бирок тигил же бул себептер менен майыптуулук боюнча пенсия менен камсыз болбогон жумушчулар түзүшөт. Бүгүнкү күндө республикада иштин негизинде жаракат алган жана кесиптик оору менен ооруган майыптардын саны 3823 адам, эмгек ишмердүүлүгүнүн натыйжасында эмгекке жарамдуулугун жоготкон, бирок майыптык топ албаган 1309 адам катталган. Жыл сайын 1,5 миңдин айланасында өндүрүштөгү бактысыз окуялар жана кесиптик оору менен ооруу учурлары катталат.

Республикада 569 миң жашына ылайык пенсияга чыккан адамдардын 39%ы аз камсыз болгондордун катарына киришет жана республиканын жакыр калкынын 12% ын түзүшөт. Алардын арасынан көйгөйлүү жана алсыз тайпаны балдарынын жана

тuугандарынын колдоосунан ажыраган жалгыз бой пенсионерлер түзөт. Ошону менен бирге өзгөчө корголбой калган категориясы болуп, дайыма жардамга муктаж болгон 80 жаштан ашкан пенсионерлер саналат. Жалгыз бой персионерлер көйгөйү айыл жергесине караганда шаарларда өзгөчө курч мүнөздө, анткени айылда туугандык байланыштар бекемирээк.

Балдар Кыргызстандын кедей калкынын арасынан массалык демографиялык топту түзүшөт. Балдар арасындагы жакырчылык-тын деңгээли 2013–жылы жашы 0–17 жашка чейин 45,2%ды түздү, анын ичинен шаар калкынын арасында–36,2%, айылда–48,9%, балдар арасындагы өтө жакырлар–3,7%. 2013–жылдын башындагы маалыматтарга ылайык, республиканын өзгөчө жакыр жарандарынын негизги бөлүгүн түзгөн аз камсыз болгон үй–бүлөөлөргө бирдиктүү ай сайын берилүүчү жөлөк пул алгандардын саны 343,5 миң адамды түзөт, мунун ичинен балалык чагынан майыптар–25,0 миң адам.

Республикадагы бардык балдардын 40%га жакыны акча кирешеси 1 айда 1 адамга 100 сомдон аз болгон үй–бүлөлөөрдө жашашат, б.а., өзгөчө жакырларга таандык болуу менен социалдык жардамга муктаж. Балдардын тамак–ашынын жетишсиздиги өзгөчө кооптонууну жаратат. 1993–жылга салыштырмалуу мындай окуялар болжолдуу 30%га көбөйдү: толук тамак жебегенден жабыркап жаткан бир жашка чейинки балдардын саны 7,3%дан 16,7%га көбөйдү, ал эми мектепке чейинки жаштагылар–7%дан 9,3%га өстү. Чындыгында эле, эгерде критерий катары жакырчылыктын жогорку чегин (2013–жылы айына карата бир адамга 2454,4 сом), же минималдык керектөөчүлүк бюджеттин көрсөткүчүн ала турган болсок, анда материалдык жактан аз камсыз абалында республикада жашаган балдардын көпчүлүк бөлүгүн түзөт. 0–17 жашка чейинки балдардын тамактануу сапаты 1864 ккал. болсо, ал суткалык тамактануусуна 56 ккал.аз.

Бүгүнкү күндө 328 миң жашы жете элек балдар жөлөк акча алышат. 2014–жылкы Республикалык бюджетке 2015–2016 жылдарга аз каражаттуу үй–бүлө үчүн 2829,6 млн. сом каралган. Ал эми гарант болгон эң аз (минимум) кирешени 7,35 сомго жогорулатууда 363,5 миң балдар камсыз кылуу каралган. Үч жашка чейин балдар үчүн 660,6 млн. сом пландаштырган. (Газ. Событие недели 27 май–2 июня 2014г.)

Балдардын жакырчылыгы, биринчи кезекте, жашы жогору калктын, б.а. алардын эмгекке жарамдуу ата–энелеринин материалдык кыйынчылыктары менен шартталган. Ошондуктан, жакырлардын категориясын үй–бүлө башчысынын социалдык–экономикалык абалына байланыштуу.

Жакырлардын экинчи категориясына эмгекке жарамдуу жарандардын үй–бүлөлөрү, эмгек акысы аз жумушчулар, анча чоң эмес жер үлүшү бар дыйкандардын бөлүгү жана жумушсуздар түзөт.

Реалдуу кирешелердин тез азаюусунун жана иш менен аз камсыз болуунун натыйжасында дал ушул эмгекке жарамдуу жарандар кедейлердин негизги массасын түзүп калды.

Эгерде жакыр үй–бүлөлөрдүн эмгекке жарамдуу башчыларын экономикадагы алардын иш менен камсыз болуушунун структурасы боюнча карай турган болсок, анда кедей жумушчулардын көп бөлүгүн (26,6%) айыл чарба жумушчулары түзөт; бул категориянын 80%ы кедейлердин катарына кирет. Кызматчылар кедей жумушчулардын 37%ын түзөт жана бул категория ичинде жакырчылыктын таралуусу 50%дын айлансында. Бардык кедей жумушчулардын арасынан өндүрүштөгү жумушчулар 10%ды, ал эми тейлөө чөйрөсүндөгүлөр–6,6%ды түзүшөт, ал эми бул категория ичиндеги кедейлердин үлүшү жарымынан көп.

Ишке жарактуу жарандардын жана алардын үй–бүлөлөрүнүн кедейчилигинин эң негизги себеби болуп эмгек ишмердүүлүгүнөн келген кирешелеринин, биринчи кезекте айлык акынын төмөндөшү болду. 1991–жылды база катарында алган болсок, анда калктын салыктык жана милдеттүү төлөмдөрүн алып салгандан кийинки инфляцияны эсепке алганда калктын реалдуу кирешелери 1992–жылы 60%га, 1993–жылы 8,2%га, 1994–жылы 21,8%га, 1995– жана 1996–жылдары тиешелүү түрдө 11,3 жана 1,8%га төмөндөдү. 2008–жылы номиналдуу эмгек акы 5378,0 сомду, калктын ар бир адамына орточо киреше айына 2028,6 сомду түзгөн, бул болсо реалдуу кирешенин реформага чейинки деңгээлинен өтө эле аз. Ал эми акыркы жылдары орточо эсеп менен бир адамга акчалай кирешенин бардыгы 3336,3 сомго жеткен (2013–ж.), же болбосо 2008–жылга салыштырганда–64,5% өскөн, анын ичинен эмгек

ишмердиктен алган киреше–2128,5 сом, көмөкчү чарбадан–479,1 жана башка кирешеден–155,9 сом болгон. (112–табл.).

Статистикалык маалымат көрсөткөндөй орточо бир адамга 2013–жылы алынган кирешенин 63,7% эмгек ишмердике, 17,1%–социалдык трансферттерге, 14,2%–өздүк көмөкчү чарбага жана 5,0%–башка кирешелерге туура кылат.

Жакырчылык негизинен айлык майанасына жана киреше булагына байланыштуу.

112– Таблица. **Калктын адам башына орточо эсеп менен акчалай кирешелеринин түзүмү**

| | 2008 | 2009 | 2010 | 2011 | 2012 | 2013 |
|---|---|---|---|---|---|---|
| **Айына, сом** | | | | | | |
| **Акчалай кирешелери Бардыгы** | 2028,6 | 2311,9 | 2494,4 | 2936,4 | 3215,80 | 3336,3 |
| **Анын ичинде:** | | | | | | |
| **Эмгек ишмердигинен алынган киреше** | 1395,3 | 1569,8 | 1532,2 | 1827,4 | 2105,6 | 2128,5 |
| **Социалдык трансферттер** | 141,5 | 229,9 | 339,8 | 418,5 | 536,6 | 572,8 |
| **Киреше көмөкчү чарбадан алынган киреше** | 351,1 | 341,9 | 433,0 | 516,8 | 428,3 | 479,1 |
| **Башка киреше** | 140,7 | 170,3 | 189,4 | 173,7 | 145,3 | 155,9 |
| **Жыйынтыкка карата, пайыз менен** | | | | | | |
| **Акчалай кирешелери Бардыгы** | 100 | 100 | 100 | 100 | 100 | 100 |
| **Анын ичинде:** | | | | | | |
| **Эмгек ишмердигинен алынган киреше** | 68,8 | 67,9 | 61,4 | 62,2 | 65,5 | 63,7 |
| **Социалдык трансферттер** | 7,0 | 9,9 | 13,6 | 14,3 | 16,7 | 17,1 |
| **Киреше көмөкчү чарбадан алынган киреше** | 17,3 | 14,8 | 17,4 | 17,6 | 13,3 | 14,2 |
| **Башка киреше** | 6,9 | 7,4 | 7,6 | 5,9 | 4,5 | 5,0 |

Статистикалык маалыматы: “КР статистикалык жыйынтыгы” 2005–2014

Республикада социалдык–экономикалык бөлүштүрүү тутумунда акыркы жылдарда кедейлердин үлүшү барган сайын азайууда, ал эми байлыктардын үлүшү жогорулада. Мисалы, 2008–жылы эң аз кирешеси бар кедейлердин үлүшү 6,8% болсо, ал эми 2013–жылы 4,4% түзгөн, ошол эле мезгилде эң жогорку кирешеси

бар топтордун үлүшү 42,2%дан 51,0% чейин өскөн, же болбосо кирешенин бөлүштүрүү коэффициент 6,2 эседен 11,7 эсеге өскөн (113–табл.).

Калктын кирешелеринин негизги бөлүгү эмгек ишмердигине туура келет (65,5%–2013–ж.). Акыркы жылдары, айлык эмгек акы жыл сайын акырындык менен өсүүдө, мисалы, 2008–жылы республикада орточо айлык 5378 сом болсо, ал эми 2013–жылы–13341 сомго чейин, же болбосо 2,4 эсеге өскөн. Эң жогорку айлык майана өнөр жай тармагында, электр эннергиясын өндүрүүдө жана бөлүштүрүүдө, транспорт менен байланышта 15,3–15,8 миң сомго, финансылык ишмердигинде–23,3 миң сомго чейин жеткен. Ошол эле учурда салыштыриөмалуу айлык майана айыл чарбасында 5814 билим берүүдө–7799 сом, саламаттык сактоо жана социалдык тейлөөлөрдү көрсөтүү–9255 сом болгон.

113– Таблица. **Калктын акчалай кирешелеринин жалпы көлөмүн бөлүштүрүү**

| | 2008 | 2009 | 2010 | 2011 | 2012 | 2013 |
|---|---|---|---|---|---|---|
| **Акчалай кирешелери –бардыгы, пайыз менен** | 100 | 100 | 100 | 100 | 100 | 100 |
| **Анын ичинде: Калктын 20 проценттик топтору боюнча: Биринчи (эң аз кирешелүү)** | 6,8 | 6,4 | 6,4 | 6,1 | 5,2 | 4,4 |
| **Экинчи** | 11,5 | 11,1 | 11,1 | 10,8 | 9,8 | 8,7 |
| **Үчүнчү** | 16,3 | 15,9 | 15,9 | 15,8 | 14,8 | 13,9 |
| **Төртүнчү** | 23,1 | 22,9 | 23,0 | 22,7 | 22,6 | 22,0 |
| **Бешинчи (эң көп кирешелүү)** | 42,3 | 43,8 | 43,7 | 44,6 | 47,5 | 51,0 |
| **Фонддордун коэффицинти (кирешелерди бөлүштүрүү коэффициенти), эсе** | 6,2 | 6,9 | 6,9 | 7,3 | 9,1 | 11,7 |
| **Джини коэффициенти (кирешелерди топтоо индекси)** | 0,363 | 0,371 | 0,371 | 0,382 | 0,420 | 0,456 |

Статистикалык маалыматы: “КР жыл жыйынтыгы”, 2014.

Бул тармактарда эмгектенишкен жогору квалификациялуу адистер калктын эң төмөн кирешелүү топторунда кирет, бул болсо социалдык саясаттын өтө курч жана татаал көйгөйлөрүн белгилейт.

Республикада номиналдык орточо айлык эмгек акылары АКШ доллары менен эсептегенде 2008–жылы 147,1 долл. болсо,

2013–жылы 234,1долларга, же болбосо–59,1% өскөн. Номиналдык орточо эмгек акы эмгекке жарамдуу калктын жашоо минимумуна карата катышы,б.а. 136,8%дан 220,7%га жогорулаган (114–табл.).

Номиналдык орточо эмгек акынын эмгекке жарактуу калктын жашоо минимумуна карата өсүш болгону менен республикада жакырчылык кескин түрдө азайган жок. Анткени, жакырчылык маанилүү фактору болуп, массалык жумушсуздук. Кыргызстандагы официалдуу катталган жумушсуздардын саны туруктуу өсүшү 1991–жылдан баштап 1996–жылдын аягына 77200 адамды (жумушчу күчүнүн 4,4%ы) түздү. 2008–жылда гана бул сан 67,2 миң адамды түзүү менен (2,9%) азая баштады.

114– Таблица. **Ишканалар менен уюмдардын кызматкерлеринин номиналдык орточо айлык эмгек акылары АКШнын доллары менен**

| Жылдар | Номиналдык орточо айлык эмгек акы | | Номиналдык орточо айлык эмгек акынын эмгекке жарамдуу калктын жашоо минимумуна карата катышы, пайыз менен |
|---|---|---|---|
| | Сом | АКШнын доллары менен | |
| **2008** | 5378 | 147,1 | 136,8 |
| **2009** | 6161 | 143,6 | 170,0 |
| **2010** | 7189 | 156,4 | 184,1 |
| **2011** | 9304 | 201,6 | 189,2 |
| **2012** | 10726 | 228,2 | 221,1 |
| **2013** | 13341 | 234,1 | 220,7 |

Статистикалык маалыматы: “КР жыл жыйынтыгы”, 2014.

Эгерде толук эмес жумуш күнүндө иштегендерге, төлөнбөгөн эмгек акы, ошондой эле өз күчү менен жумушту активдүү издеп жүргөндөрдү эсепке ала турган болсок, анда толук жана кандайдыр деңгээлде жумушсуз жүргөндөрдүн саны жок эле дегенде 180–200 миң адам, же жумушчу күчтүн 8,5%нан көбүрөөк, анын ичинен катталгандары 68,0 миңдин айланасында, административдик өргүүдө жүргөндөр 55,0 миң, өз алдынча жумуш издеп жүргөндөр–22,0 миң, иш менен камсыздоо кызматында эсепте тургандар жана жумушсуз макамын алуу үчүн 11 күндүк мөөнөттү күтүп тургандар– 30,0 миң адамды түзүүдө.

Республикада 2013–жылы жумушсуздуктун саны 210,4 миң адамды түздү, анын ичинен эркектер–53% жана аялдар–47%.

Жакырчылыктын чоң масштабын республиканын түштүгү болгон– Ош жана Жалал–Абад, Баткен аймактары. Бул аймактардагы айыл жергесинин жакыр жашоочуларынын үлүшү 70–75% га жетти. Өзгөчө оор абалга алыскы райондордо жана бийик тоолуу жерлерде, биринчи кезекте Нарын областында жашаган калкта жакырчылык жогору. Жакыр аймактардын санына Талас областы да таандык. Тескерисинче, жалпы республикалык көрсөткүчтөргө караганда жакырчылыктын аздыгы Чүй областында жана Бишкек шаарында.

Реформанын башкы жылдары бийик тоолуу, алыскы жана жетүүгө кыйын калк жашаган пункттар да массалык жакырчылык зоналарына айланган. Айыл чарба продукцияларын алуу бул жерлерде абдан чектелген. Бул региондордун экономикалык потенциалынын төмөндөшү акыркы жылдарда малдын санынын кескин азайышы менен байланышкан. Абал өндүрүштүк жана социалдык инфраструктуранын төмөн деңгээли менен аябай татаалданган. Бул райондордун көпчүлүгүнөн жумушчу калктын сыртка кетиши массалык мүнөзгө ээ болду, болгондо негизинен жаштар, б.а. экономикалык жактан активдүү бөлүгү.

Активдүү социалдык саясат калктын иш менен камсыз болуушунун натыйжалуулугун камсыз кылууга, жумушчу күчүнүн сапатынын жана атаандаштыкка жөндөмдүүлүгүн жогорулатууга багытталган. Бул багыттагы чаралардын комплекси иш менен камсыз кылуу жана жумушсуздук менен күрөшүү, кичи ишкердикти, фермерликти, жекече эмгек ишмердүүлүктү колдоо программаларын өз ичине камтыйт.

Ошондой эле мамлекет аз камсыз болгондорду даректүү түрдө социалдык коргоого бюджеттик каражаттарды бөлүү каралган "Аракет" жана жашы улгайган адамдардын социалдык–экономикалык абалын бекемдөө боюнча "Ардагер" программаларын ишке ашыруу аркылуу жакырчылык менен күрөшүү боюча активдүү саясатты жүргүздү. "Эмгек" программасы боюнча жумушсуздарга жумушка орношуусуна колдоо көрсөтүү, иш менен убактылуу камсыз кылуу жана коомдук иштерди уюштуруу ишке ашырылган. Аялдардын социалдык–экономикалык абалын жакшыртууга аларга билим берүү жана функционалдык сабаттуулугун жогорулатуу менен катар аялдар үчүн жеңилдетилген

насыяларды берүү тутумун өзгөртүү үчүн “Аялзат” программасы багытталган.

Жарандардын жыргалчылыгынын негизги булагы катары эмгектик ишмердүүлүктү кызыктыруу (стимулдаштыруу) жана иш менен камсыз кылуу менен кирешени жетишээрлик деңгээлге жеткирүү. Ошондой эле толук жумуш менен камсыз кылуу, социалдык жыргалчылыктарды жана тейлөөлөрдү төлөөнү камсыз кыла ала тургандай эмгек акыны төлөөдө диспропорцияларды, кемчиликтерди оңдоону талап кылат. Жакырчылыкты жоюу багытындагы аракеттерде минималдык эмгек акыны жана кедей калктын бир тобун түзгөн бюджеттик сектордун кызматкерлеринин эмгек акыларын көтөрүү өзгөчө мааниге ээ.

Ишкердиктин өнүгүүсү, жогору квалификациялуу (мунун арасында бюджеттик сектордо иштешкен) жумушчулардын кирешелеринин өсүүшү коомдо жаңы орто класстын түзүүгө мүмкүндүк берет. Бул багыт массалык жакырчылыкты жоюу менен коомдоо социалдык өнүгүүсүн камсыз кылат. Учурда орто класс коомдоо бириктирүүчү негизги структуралык элемент, айрыкча билим берүүдө, илимдин, маданияттын өсүшүнө, ошондой эле, өлкөнүн социалдык–экономикалык прогрессинин негизи.

Ошентип, туруктуу жана натыйжалуу экономикалык өнүгүүнү камсыз кылуу менен, мамлекет жана коом жакырчылык менен күрөшүп гана калбастан, адам жакыр болбошу үчүн зарыл болгон экономикалык жана социалдык шарттарды да түзүүсү керек. Бул үчүн төмөнкүлөрдү ишке ашыруу зарыл: биринчиден, өзүнүн жөндөмдүүлүгүн, билгичтиктерин, квалификациясын адамдын ишмердүүлүгүнүн тигил же бул чөйрөсүндө колдоно алган, мобилдүү, өзгөрүп турган шарттарга тез көнүгө ала турган аракетке жөндөмдүү адамды окутуу, даярдоо, тарбиялоо, калыптандыруу керек; экинчиден, коом жана мамлекет дайыма адамдын ишмердүүлүк талаасын түзүү жана кеңейүү зарыл. Мына ушундай шарттарда адам жакыр болуушу мүмкүн эмес. Ошону менен бирге жакырчылык менен күрөшүү экономиканы көтөрүү менен адамдын рыноктун шартында потенциалдык жөндөмүн жогорулатуу аркылуу иштерди тынымсыз алып баруу.

## §3. Калкты социалдык камсыздандыруу–мамлекеттин социалдык саясатынын эң маанилүү багыты

Радикалдуу экономикалык реформанын ийгилиги канчалык коомдун социалдык абалы негизинен рыноктук мамилелерге таандык болгон эмгекке күчтүү мотивдердин жана стимулдардын, ишкердүүлүктүн жана демилгенин, калкты социалдык коргоо жана коомдун алсыз катмарларын материалдык колдоо менен канчалык жандуу жана натыйжалуу өз ара аракеттенүүсүнө байланыштуу.

Калкты социалдык коргоо деп коомдун ар бир мүчөсүнүн негизги социалдык укуктарын сактоонун экономикалык, укуктук жана социалдык кепилдиктеринин түрдүү деңгээлде бири–бири менен тыгыз байланышкан бардык мыйзам–ченемдүүлүк жана аткаруучулук чечимдеринин көп тараптуу тутуму түшүнүлөт. Алсак, эмгекке жарамдуу калк үчүн, бул биринчи кезекте, эмгекке болгон укук, ага жашоонун татыктуу деңгээлин жана сапатын камсыз кылуучу өз ишмердүүлүгүнөн алынуучу киреше, нормалдуу жумуш жана эс алуу шарттары ж.б. Калктын аз камсыз болгон катмары үчүн– акчалай дотациялар жана натуралдык төлөмдөр, бирок бул учурда мамлекеттен жардамды объективдүү себептер боюнча, өз алдынча иштеп таба албай турган жана нормалдуу жашоо жана кайра өндүрүү үчүн жетишээрлик кирешеге ээ боло албаган жарандар гана алуусу керек. Булар, биринчи кезекте, көп балалуу, жаш жана толук эмес үй–бүлөлөр, балдар, окуп жаткан жаштар, майыптар, пенсионерлер жана калктын чектүү жана толук эмес эмгек жөндөмдүүлүгүнө ээ болгон башка категориялары.

Коомдо калкты социалдык коргоонун механизмдерин түзүү жана алардын аракеттүүлүгүн камсыздоо үчүн мамлекет кабыл алынып жаткан социалдык программаларды ишке ашыруу максатында, өндүрүү жана чогултуу керек болгон анык бир материалдык жана каржылык ресурстарга ээ болуушу керек. Бирок бул зарылдыктар үчүн коомдук байлыкты чогултуу менен жогору өндүрүмдүү эмгектин күчтүү экономикалык стимулдарын түзбөй туруп аткарууга мүмкүн эмес.

Каржылык булактарына карата социалдык камсыздоону социалдык камсыздандырууга жана социалдык жардамга бөлүүгө болот.

**Социалдык камсыздандыруу**– бул КР нын мыйзамдарында каралган, пенсия жана пособиялар менен камсыз кылуу максатында ишке алуучулардан жана жарандардан алынуучу милдеттүү топтомдордун (взностордун) эсебинен аткарылуучу камсыздандыруу.

**Камсыздардырылган жак**– бул социалдык камсыздоо органдарында каттоодон өткөн, социалдык коргоо күбөлүгү бар жак.

**Идентификациялык (камсыздандыруу) номер**– бул социалдык камсыздоо органы тарабынан камсыздандырылган жакка ыйгарылган жана бул жактын өмүрүнүн аягына чейин анда сакталган жекече номер.

**Камсыздандыруу принциптери** берилип жаткан жардамды топтомдордун эсебинен каржылоо жана социалдык кызмат көрсөтүүлөрдүн топтомдору менен көлөмүнүн арасындагы тыгыз өз ара көз карандылык саналат. Бул учурдагы төлөмдөрдүн өлчөмү жекече топтомдордун (взнос) көлөмүнөн, б.а. камсыздалган адамдын алдын ала кошкон салымынан көз каранды. Ошондуктан камсыздандыруу принциби өздүк салымына жана өздүк жоопкерчилигине ылайык акыйкаттыктын жана сыйлануунун рыноктык принциптерине көбүрөөк туура келет. Бул учурда социалдык тобокелин азайтканына карабастан кирешелерди жөнгө салуудагы тутумдун мүмкүнчүлүктөрүн чектөө болуп өтөт.

**Социалдык тобокел**– бул коомдо бир эле убакта бир канча жактарга олуттуу зыян келтирген милдеттенмелердин кокустан пайда болуушу. Тобокелди азайтуу үчүн эки түрдөгү камсыздандырууну колдонушат:

- жекече компаниялар тарабынан жүргүзүлгөн өз эрки менен камсыздандыруу;
- мамлекет тарабынан жүргүзүлүүчү мажбур камсыздандыруу.

Бардык өнүккөн мамлекеттерде жумушсуздук, эмгекке жарамсыздык, карылыкта байланышкан учурларга төлөмдөрдү камсыз кылуучу милдеттүү камсыздандыруу пайдаланылат. Бирок, мамлекет бардыгын эле өзүнө албайт, ал өзүнө жекече камсыздандыруу иштебеген тилкелерди (участкаларды) гана алат.

Белгилей кетчү нерсе, камсыздандыруу аркылуу социалдык кесепеттердин бардык варианттарын камсыз кылуу мүмкүн эмес жана ошондуктан ал социалдык жардам менен толукталуусу тийиш.

Камсыздандыруу учурунда муктаж адам башка жактардын эсебинен жардам алып жаткан болсо, социалдык жардамда жардамдын өлчөмү ал адамдын коомдук фондко кошкон салымынан көз каранды болот. Биринчи учурда багуусундагы адамдар камсыз кылуу стимулдаштырылса, экинчисинде жеке топтомдор стимулдаштырылат.

Социалдык жардамдын принциби бюджеттик каражаттардын эсебинен каржылоону көздөйт, анын өлчөмдөрү төмөнкү фактор-лорго көз–каранды:

- бардык алуучулар үчүн жардам бирдей өлчөмдө көрсөтүлөт;
- жардам жекече өзгөчөлүктөргө таянып берилет;
- жардамдын өлчөмү мурунку эмгек акыларынын чоңдугуна же алуучунун камсыздандыруу топтомдордун көлөмүнө жараша белгилениши мүмкүн;
- жардамдын чоңдугу алуучунун керектөөлөрүнөн көз каранды.

Социалдык жардам тутуму камсыздандыруунун, жардамдын жана кам көрүүнүн өз ара биргелешкен аракеттенүүсүнө гана максималдуу кайтарым менен аракет кыла алат.

**Кам көрүү (попечительство)**– бул салыктардын эсебинен каржылоо, б.а. көп учурда мамлекеттик каржыларга болгон жүктүн оорлошун жаратат. Социалдык жардамдын милдети– аз камсыз болгондордун жана алууга мүмкүн болгон минималдуу деңгээлге теңдеп кабыл алууда турат.

**Персонификацияланган (жекече) эсеп**– бул мамлекеттик камсыдандыруу максаттары үчүн ар бир камсыздандырылган жак жөнүндөгү жекече маалыматтарды уюштуруу жана эсепке алууну жүргүзүү. Муну менен Кыргыз Республикасынын Социалдык фондусу иш алып барат. Бул документтин жардамында мамлекеттик социалдык камсыздоо боюнча пенсияны жана башка төлөмдөрдү дайындоо (кайра эсептөө) жана өлчөмүн аныктоо үчүн зарыл болгон маалыматтардын толуктугу камсыз кылынат.

Социалдык коргоонун практика жүзүндө аткарылып жаткан жолдору:

- аз камсыз болгон үй–бүлөөлөргө мамлекеттик пособияларды төлөө (бирдиктүү ай сайын төлөнүүчү пособие) жана эмгек стажы жок болгон эмгекке жарамсыз жактарга берилүүчү социалдык пособие түрүндөгү салттуу формадагы кепилденген мамлекеттик төлөмдөрдү берүү аркылуу;
- турак–жай–коммуналдык, транспорттук кызмат көрсөтүү, медициналык тейлөө, байланыш кызматтары, ж.б. төлөмдөрдү толөөдө калктын айрым бир топторуна жеңилдиктерди берүү аркылуу;
- стационардык шарттарда, республиканын Эмгек жана социалдык коргоо Министрлиги тутумунун жатак–интернаттарында атайын кароого муктаж болгон жактарга социалдык кызмат жана жалгыз бой кары жарандарга социалдык кызматтарды көрсөтүү аркылуу.

Кыргызстанда жашап жаткан үй–бүлөөлөрдүн 10% дан ашыгы мамлекеттик пособие алышат, ар бир экинчи үй–бүлө кандайдыр бир жеңилдиктерден пайдаланышат. 2,3 миңден ашыгы адам жатак–интернаттарда жана 8 миң жалгыз бой кары жарандар социалдык кызматтарды алышат.

Мамлекеттик пособиялар тутуму социалдык коргоонун негизги салттуу программаларынын бири болуп саналат. Пособиялардын өлчөмү минималдык социалдык стандарттын республиканын Өкмөтү тарабынан киргизилген керектөөнүн кепилденген деңгээлинин (МККД) өлчөмүнүн негизинде эсептелет.

2013–жылдын маалыматтары боюнча мамлекеттик кепилденген социалдык төлөмдөрдү 414,7 миң адам, же калктын 7,3%ы алышкан. Бул үй–бүлөлөр өлчөмү аз камсыз болгон үй–бүлөнүн мүчөсүнүн бир адамга туура келген орто кирешеси менен МККД нын айырмасы катары аныкталган ай сайын төлөнүүчү пособияларды алышат. Мындай пособиенин айлык орточо өлчөмү 2012–ж. 487,4 сомду, же үй–бүлөөгө минималдык керектөөнү камсыз кылуучу социалдык стандарттын 5%ын түзөт. 2008–жылдагы минималдуу керектөөчүлүк бюджет 3570,9 сомду түзгөн.

Эмгек стажы жок болгон эмгекке жарамсыз жактар социалдык пособие алышат, алардын өлчөмү МККД менен арызданууучу кайсы социалдык топко (категорияга) таандык экендигинин (майыптар, кары адамдар ж.б.) пайыздык катышынан көз каранды, бирок үй–бүлөөнүн кирешесинен көз каранды эмес. Социалдык пособиенин орточо көлөмү 2013–жылы–714,7 сомго, же минималдык керектөөчүлүк бюджетинин (МКБ) нын 20% барабар. Мамлекеттик пособиелердин мындай өлчөмү абдан төмөн жана кедей үй–бүлөөлөрдүн тамак–ашка болгон чыгашаларын да камсыздай албайт.

МККД аракетке киргизилген убакытта КР нын Улуттук статистика комитети тарабынан үй–бүлө чарбаларын тандоо жолу менен изилдөөнүн жыйынтыктары боюнча жакырчылыктын эң жеткен чеги 216 сом болгон, же бул жакыр үй–бүлөлөрдүн бир адамга болгон орточо чыгашаларынын көлөмү болду (акчалай жана натуралай формада). Чындыгында жакыр үй–бүлөлөрдүн бир айда бир адамга сарптаган каражаттары (акчалай) 97 сомду түзгөн жана ошондуктан МККД нын социалдык стандарты 100 сом болуп аныкталган.

МККДнын өлчөмү экономиканын абалына жараша жыл сайын кайра каралып туруучу табигый көрүнүш. Анын өлчөмдөрү эки жолу көтөрүлдү: 2002– жана 2003–жылдары тиешелүү түрдө 120 жана 140 сом болду, бирок бул жылдардагы жакырчылыктын эң төмөн чеги 383,7 жана 475,5 сомду түзгөн. Эгерде МККДнын өлчөмү жакырчылыктын эң төмөн чегинин 45%нан кем болбошу керек деп эсептесек, анда тиешелүү түрдө 173 жана 214 сом болмок.

2013–жылы мамлекеттик бюджеттен пособие алган аз камсыз болгондордун саны 414,7 миң адам болду, же 2008–жылга салыштырмалуу пособие алуучулардын саны 7,7 миң адамга, же 1,9%га кыскарган. Пособиялардын жалпы суммасы бул убакыт аралыгында тиешелүү түрдө 5632,6 млн. сомдон 2012–ж.–32800,4 сомго, же 5,8 эсеге өстү, мунун ичинен мамлекеттик бюджеттен берилгени 1500,7 млн.сомдон 17498,5 млн.сомго, же 11,6 эсеге өстү (115–табл.).

115– Таблица. **Айлык мамлекеттик пособиелердин түрлөрү боюнча орточо өлчөмдөрү**

| | 2002 | 2005 | 2009 | 2010 | 2011 | 2012 | 2013 |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **Алуучулардын саны, миң адам** | 576,7 | 510,5 | 433,9 | 429,6 | 447,3 | 414,7 | 411,0 |
| **Бирдиктүү айлык пособие, сом** | 96,7 | 87,9 | 171,7 | 235,2 | 303,2 | 463,5 | 487,4 |
| **Жалпы калкка, % менен** | – | 9,9 | 6,8 | 6,6 | 6,8 | 7,3 | 7,1 |
| **Социалдык пособиялар, сом** | 312,1 | 364,7 | 826,9 | 1410,8 | 1872,2 | 2403,7 | 2405,7 |
| **а. и.: Бала чагынан майыптар** | 334,8 | 394,9 | 898,4 | 1471,8 | 1470,0 | 2355,0 | 2345,0 |
| **Жалпы оорудан майып болгондор** | 217,0 | 245,4 | 569,0 | 1450,5 | 1438,3 | 1421,5 | 1428,2 |
| **Багуучусун жоготуу учурлары боюнча (үй–бүлөнүн ар бир эмгекке жараксыз мүчөсүнө)** | 217,3 | – | 577,0 | 1040,0 | 1040,0 | 1042,0 | 1500,0 |
| **Социалдык камсыздандырууга жана камсыздоого кеткен чыгымдар, млн.сом** | 5632,6 | 7533,8 | 13414,3 | 19001,4 | 25442,5 | 32800,4 | – |
| **а.и. мамлекеттик бюджеттен кеткен чыгымдар** | 1500,7 | 2858,2 | 5599,1 | 11001,4 | 14272,3 | 17498,5 | – |
| **ИДП, % менен** | – | 12,9 | 12,8 | 5,0 | 5,0 | 5,6 | – |

Статистикалык маалыматы. “КР нын калкынын жашоо деңгээли”. 2001–2014.

2002–2013–жылдар аралыгында социалдык пособиялар 312,1ден 2405,7 сомго, же 7,7 эсеге өстү, анын ичинен балачагынан майыптарга берилгени 334,8ден 2345,0 сомго, же 7,0 эсеге, жалпы оорудан инвалид болгондорго 217,0дөн 1428,2 сомго, же 6,5 эсеге өстү.

Эмгек жана социалдык коргоо министрлигинин негизги милдети калктын эң начар коргоосуз катмарына жардам берүү жана аз камсыз үй–бүлөлөргө, жетим балдарга, инвалиддерге, жумушсуздарга жана башка жарандарга социалдык колдоо көрсөтүү болуп саналат.

Ушуну менен бирге, калктын төмөн эсгек акыларын аз да болсо компенсациялоого багытталган, калктын тигил же бул тобунун өзгөчөкөрсөткөн кызматтарыаркылуу мамлекеттик жеңилдиктердин тутуму да бар. Республикада жеңилдиктерди алуучу жарандардын 38 категориясы бар эле, бүгүнкү күндө булар 25ке чейин кыскарган. Жеңилдиктерди каржылоонун булактары болуп республикалык жана жергиликтүү бюджеттер эсептелет жана бул жеңилдиктер калкка кыскартуу (скидка) түрүндө накталай эмес формада, кандайдыр бир бөлүгү акчалай формада (жалпы көлөмдүн 43,3%ы) берилет. 2013–жылдын маалыматтары боюнча республикадагы жеңилдиктерге берилген каражаттар (трансферттер) 90,7 млн.сомду түзгөн.

Республиканын эмгек жана социалдык коргоо тутумунун 14 ведомство алдындагы интернат–үйлөрдө гана стационардык тейлөөдө 2,3 миңге жакын инвалиддер жана кары адамдар бар. Алар бекер кызмат көрсөтүүлөрдү алышат жана 2013–жылы аларды камсыз кылууга 68,4 млн.сом сарпталган.

Мындан сырткары, 8,7 миң адамга (жалгыз бой кары жарандарга) үйүнө бекер социалдык тейлөөлөр көрсөтүлөт (чакан ремонтторду жасоо, тамак–аш продукцияларын, дары–дармектерин жана биринчи зарылчылыктагы башка товарларын алып келип берүү, коммуналдык кызмат көрсөтүүлөрдү төлөө ж.б.

Социалдык коргоону барган сайын даректүүлүк принцибине өткөрүү мамлекеттик пособиялардын өлчөмүн да улам жогорулатуу мүмкүндүгүн берет.

Ошол эле учурда 2006–жылы Эмгек жана социалдык коргоо министрлиги 176,7 млн.сом социалдык төлөмдөрдү акча менен эмес, кум шекер, ун жана башка товарлар түрүндө беришкен, бул негативдүү жана мыйзамга каршы болуп саналат. Муну менен кошо 28 млн.сом акча бул продукттарды Бишкек шаарынан республиканын региондоруна ташуу боюнча транспорттук чыгымдарга жумшалган. 2013–жылы социалдык төлөмдөрдүн көлөмү 20,3 миң сомду түздү.

Эмгек жана социалдык коргоо Министрлиги боюнча “Социалдык жетимдикти жана балдар эмгегин эксплуатациялоонун алдын алуу” темасында конкурстар өткөрүлүп турат, буларды уюштурууга республикалык бюджеттен 6 түрдө каржылоо каралган. Түрдүү уюмдардын маалыматтары боюнча республика-

дагы кароосуз балдардын саны 5тен 15 миң адамга өзгөрүп турат. Ошондуктан республикада кароосуз балдар үчүн социалдык–реабилитациялык борборлорду түзүү зарыл. Бул көйгөйдү чечүү үчүн орчундуу мамлекеттик инвестициялар жана эл аралык уюмдардын колдоосун талап кылынат.

“Аялдарды микронасыялоо” программасы боюнча Кайрымдуулуктук Эл аралык Корпусу (МЕРСИКО ИНТЕРНЕШНЛ) “Ак–Марал Юг”, “Умай–Эне”, “Кермет–Көл”, “Ак–Пейил” ж.б. уюмдарынын түзүлүүшүнө шарт түзүлгөн. Бул программаны ишке ашырууда баштапкы этабында 38 млн.сомдук 11000 займ берилген.

Республикада ПРООНдун “жакырчылыкты жоюу үчүн потенциал түзүү” программасы иштейт. Анын максаты– калктын эң жакыр катмарына жардам берүү. Бул программа республиканын 120 алыскы айылдарында камтыйт.

**Пенсиялык камсыз кылуу.** Бүгүнкү күндө Кыргызстанда тилектештик (солидарность) принципинде базадагы бөлүштүрүүчүлүк пенсиялык тутуму иштейт. Бул ушул жылдагы чогултулган камсыздандыруу топтору ушул эле жылдагы пенсияларды төлөөгө жумшалат дегенди түшүндүрөт.

Мамлекеттик пенсиялык камсыздоодон жашы жеткендиги, майыптыгы, багуучусун жоготкондугу боюнча пенсиялар төлөнөт. Мындай пенсияларды республиканын 10% калкы алышат.

Тилектештик пенсиялык тутуму жабыркоого жакын. Камсыздоо топтомунун түшүүсү мурунку деңгээлинде калганы менен жаңыдан дайындалган пенсиялардын саны кескин жогорулады. Фермерлерди жана өз алдынча иштеген жактарды эсепке алганда бир пенсионерге туура келген камсыздоо топтомунун төлөөчүлөрдүн чыныгы саны 3,8ни түзөт. Чогултуучулук (накопительный) модель тилектештик тутумунун алсыз жерин толуктай алат деп эсептешет. Республикадагы пенсиялык тутум моделин өркүндөтүү максатында 2008–жылдын 24–сентябрында мамлекет башчысы “Кыргыз Республикасынын пенсиялык тутумуна чогултуучулук бөлүгүн киргизүү боюнча чаралар жөнүндөгү” Указга кол койгон. Бул Указ менен пенсиялык тутумга чогултуучулук бөлүгүн киргизүү Концепциясы кабыл алынган жана аны ишке ашыруу боюнча иш–чаралардын планы бекитилген.

Пенсиянын базалык жана камсыздандыруу бөлүктөрү пенсионерлердин учурдагы топтомдорунун камсыздоо взносторунун эсебинен калыптанган тилектештик пенсиялык фонддон белгиленет жана төлөнөт.

Чогултуучулук (накопительный) пенсиялар болсо кайра бөлүштүрүүдө катышпаган жана ар бир төлөөчүнүн жекече пенсиялык активдери болуп саналган каражаттар болушат.

Республикада республиканын пенсиялык тутумуна эки чогултуучулук компоненттери каралган– 15 жаштан 58 жашка чейинки иштеген аялдар жана 63 жашка чейинки иштеген эркектер эмгек акы фондунан 8% өлчөмүндө жана буга кошуп 2% максаттуу камсыздоо фондуна милдеттүү төлөмдөр жана 15% өлчөмүндө жумуш берүүчү тарабынан төлөнүүчү төлөмдөр (бары 25%).

Социалдык камсыздандыруу областында жарандардын пенсиялык камсыз болуушуна чоң маани берилет. Пенсияга кеткен чыгымдар Социалдык фонддун бюджетинин маанилүү бөлүгүн– 77,0%ды, же республиканын ИДПсынын–10,5%ын түзүшөт. 2010–жылы республика боюнча камсыздоо фондусу 12,1 млрд. сомду түзгөн болсо, 2012–жылы–18,8 млн., 2013–жылы– 21 млрд. сомго жеткен.

2012–жылы пенсиянын өлчөмү 14% жогорулатылган. 2013–жылдын 1–октябрына тартып индексациялоо боюнча пенсиянын орточо көлөмү дагы–11% жогорулап, 4554 сомду түзгөн. Акыркы үч жылдын ичинде минималдык жашоо деңгээлинен төмөн пенсия алгандардын саны 26% кыскарган. Ошого карабастан 360 миң пенсионердин көбү жашоо минимумунан төмөн пенсия алышат.

Республикада жыл сайын пенсионердин саны 10 миңге көбөйүп туруушу күтүлөт. Экономика боюнча өнүккөн мамлекеттерде пенсия жашын 62–65 жашка чейин узартылган. Кыргызстанда 2008–жылы эркектерди–63, аялдарды–58 жашынан пенсияга чыгаруу мыйзамдаштырылган.

Улуттук статкомдун маалыматы боюнча азыр республикада иштегендердин саны–1,72 млн. булардын 1,2 млн. бюджеттик мекемелеринде жана чарбачылык субъектткерде эмгектенишет. Булардан жалпы Соцфондуга түшкөн каражаттардын 97% алынат. Ал эми айыл чарбасында эмгектенген 518 миң адамдан болгону 1% гана төлөм түшөт, ошондой эле пенсиянын–40% айыл жерлеринде жашагандарга берилет.

Соцфондго төлөмдөрдүн 2% жекече ишкердик кылгандардан патентик системада иштегендерден жыйылат. Ошол эле, мезгилде республикада хан сарайлар, чет элдик кымбат баалуу автоунаалар көбөйгөн менен казынага, Соцфондуга милдеттүү төлөмдөрдүн көлөмү өспөй жатканы белгилүү.

Дүйнө өлкөлөрүнүн бардыгында пенсиялык фонддор биржалык оюндарга да катышып кирешелерин көбөйтүп турушат. Биздин республикада да Соцфонду үчүн кирешелүү баалуу кагаздарды сатып алуу артыкчылык берүү.

Республикада жалпы пенсия алуучулардын санын 19% льготтук шартта пенсияга жашына карабай эрте чыгып алгандар. Мындай пенсияны бөтөнчө оор жана зыяндуу эмгек шартында иштегендер; Чернобыль АЭС авариясына катышкандар; бийик тоолу шартта иштеп жашагандар; аялдар беш жана андан көп бала төрөп, сегиз жашка чейин багып өстүргөндөр; бала төрөгөн аялдар ден соолугу начар, бирок баланы сегиз жашка чейин багып чоңойткондор ж.б.

2013–жылы пенсия алуучулардын саны 675 миң адамга 2005–жылга салыштырмалуу, 1,4 эсеге жеткен, же болбосо 14,8% өскөн (116–табл.).

Көрсөтүлгөн убакыт аралыгында пенсиялардын орточо өлчөмү 775 сомдон 4508 сомго, же 12,9 эсеге өстү. Бирок, пенсиялык камсыздоо деңгээли минималдык керектөөчүлүк бюджетке салыштырмалуу 51,2%дан 36,6%га төмөндөдү, бул болсо пенсиялык камсыз кылуунун төмөн деңгээлин мүнөздөйт. Ошону менен бирге, пенсиянын орточо өлчөмү 2013–ж. республикадагы орточо эмгек акынын 39,7%ын гана түзөт.

116– Таблица. **Республиканын Социалдык фондуна төлөнгөн камсыздандыруу топтомдору, млн.сом.**

| | **2005** | **2009** | **2010** | **2011** | **2012** | **2013** |
|---|---|---|---|---|---|---|
| **Пенсионерлердин саны, миң адам** | 536 | 565 | 575 | 584 | 613 | 625 |
| **Социалдык фонд–бары млн.сом** | 4979,2 | 9054,2 | 10806,1 | 12209,0 | 18793,3 | 20449,1 |
| **ИДПга салыш-тыриалуу, % менен** | 5,8 | 5,4 | 5,5 | 5,7 | 6,1 | |
| **Пенсияларды төлөөгө кеткен чыгымдар, млн.сом** | 4699,7 | 11371,1 | 15336,8 | 19612,3 | 25323,6 | 28481,6 |

| | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| **ИДПга салыштырмалуу, % менен** | 4,7 | 5,7 | 7,0 | 6,9 | 8,2 | 8,1 |
| **Айлык пенсиянын орточо өлчөмү, сом** | 775 | 2131 | 2886 | 3853,0 | 4274,1 | 4508,0 |
| **Минималдуу керектөөчүлүк бюджетине салыштырмалуу % менен** | 51,9 | 27,3 | 31,8 | 38,1 | 38,9 | 36,6 |
| **Орточо айлык маянага, % менен** | 29,6 | 34,6 | 40,1 | 40,1 | 39,8 | 39,7 |

Статистикалык маалыматы: "Кыргызстан цифрада", 2005–2014

Түрдүү мамлекеттерде милдеттүү пенсиялык камсыздоого орточо эмгек акынын 25%дан 80%га чейинки үлүшү туура келет. Эмгекти уюштуруунун эл аралык Конвенциясына (МОТ) ылайык социалдык коргоонун минималдык стандарты–40%, ошол эле учурда орто америкалык 300–400 доллар өлчөмүндө мамлекеттик пенсия менен кошо жеке фонддордон 3000–4000 доллар өлчөмүндө пенсия алат, биздин пенсионерлер болсо 1460 сом (2013–жыл) алат, бул орточо эмгек акынын (5378 сом) 27,1%ын гана түзөт. Ошол эле мезгилде АКШ доллары менен эсептегенде 1995–жылы 17,9 доллар, 2005–жылы–18,9, 2010–жылы–68,4, 2012–жылы– 87,7 жана 2013–жылы–90,1 долларды түзгөн. (117–табл.).

Ошого карабастан, жыл сайын пенсиянын өсүүшү жүрүп жатат. Мисалы, 1993–жылдагы пенсиянын орточо өлчөмү 60,2 сом болгон болсо, 2005–жылы 775,0 сом, 2008–жылы–1460 сом, ал эми 2013–жылы 4508,0 сом болду, б.а. бул убакыт аралыгында пенсия 22,8 эсеге өстү.

117– Таблица. **Кыргызстанда орто эсеп менен пенсиянын айлык көлөмү**

| | **1995** | **2000** | **2005** | **2007** | **2008** | **2009** | **2010** | **2011** | **2012** | **2013** |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **Сом менен** | 197 | 462 | 775 | 1120 | 1460 | 2131 | 2886 | 3853 | 4192 | 4508,0 |
| **Доллар (США), менен** | 17,9 | 10,7 | 18,9 | 27,9 | 38,9 | 54,1 | 68,4 | 85,6 | 87,7 | 90,1 |

Статистикалык маалыматы: "Кыргызстан цифрада", 1995–2014.

Кыргызстанда камсыздандыруу пенсиясын чогултуу жана аккумуляциялоо, пенсияны дайындоо, чегерүү, кайра эсептөө жана төлөө боюнча бирдиктүү өзүн–өзү башкаруучу тутум түзүлгөн.

Бюджетти пландоонун жаңы принциптери киргизилген, каржы ресурстарынын кыймылынын аймактар боюнча электрондук маалыматтар базасына негизделген күн сайын мониторинги жүргүзүлөт. Камсыздалган жарандардын өздүк камсыздоо эсеп–счетторундагы камсыздандыруу томтору жыл сайын республикадагы орточо эмгек акынын өсүүшүнүң 75% чегинде индексацияланат. Камсыздандыруу взносторунун тарифтеринин ченеми жумуш берүүчү тарабынан төлөнүүчү үлүшү барган сайын азайтылып, жумушчу төлөй турган үлүшү көбөйтүлүп жатат.

Өткөөл мезгил шарттарында пенсиялык реформанын негизги маселелери болуп төмөнкүлор саналат:

- социалдык фонддун каржылык курамын турукташтыруу;
- пенсионерлердин турмуш деңгээлин этаптуу түрдө жогорулатуу;
- мамлекеттик социалдык камсыздандырууну башкаруу тутумун өркүндөтүү;
- чогултуучулук пенциялык тутумун киргизүүгө даярдык көрүү жана ишке ашыруу.

Коюлган бул максаттарга жетүү үчүн төмөнкү механизмдер пайдаланылат:

- жекече эмгек ишмердүүлүгү менен алектенишкен жумушчуларды камсыздандыруу взносторун төлөөгө толугураак тартуу;
- камсыздандыруу взносторун акчалай формада гана төлөөтүү;
- жумуш берүүчү тарабынан жумушчунун пайдасына төлөнгөн төлөмдөрдүн бардык түрүнө камсыздандыруу взносторунун тарифтеринин ставкасына дифференцияланган регрессиялык шкаланы киргизүү. Бир жыл үчүн бир жумушчуга камсыздандыруу томторунун ченемин жогорку чегин белгилөө;
- пенсиянын жалпы өлчөмүн индексациялоо тутумун кайра иштеп чыгуу;
- пенсионерлердин милдеттүү медициналык камсыздандырууга томторду төлөө механизмин иштеп чыгуу;
- Соцфонддун Милдеттүү медициналык камсыздоо фондунан карыздарын толук жоюу үчүн чараларды кабыл алуу;
- социалдык пособие алуу укугуна ээ болгон жактардын, толук эмес камсыздоо режиминде социалдык пособиеден аз

өлчөмдөгү эмгек пенсиясын алуучу пенсионерлердин алкагын кеңейтүү;

- орточо эмгек акынын өсүүшүнө жараша пенсиянын базалык бөлүгүнүн өлчөмүн отчеттук жылга карата мыйзамда көрсөтүлгөн республикадагы орточо эмгек акынын 12% на тең деңгээлде кармап туруу үчүн көбөйтүү жана аны каржылоону республикалык бюджетке этаптуу түрдө өткөрүү;
- Социалдык фонддун кирешелеринин жана чыгашаларынын айкындуулугун камсыз кылуу;
- айылдык товар өндүрүүчүлөрдөн камсыздандыруу чегерүүлөрүн төлөтүү тутумун иштеп чыгуу;
- жашына ылайык пенсиянын өлчөмдөрүн этаптуу түрдө жогорулатуу;
- мамлекеттик камсыздандыруу тутумун өнүктүрүү боюнча ченемдик–укуктук актыларды иштеп чыгуу;
- пенсиялык тутумга чогултуучулук элементтерин даярдоо жана киргизүү боюнча мыйзамдуулук базасын түзүү жана келечектеги пенсиялык активдердин сакталуу кепилдиктери ж.б.

Ошентип, пенсиялык тутумду реформалоонун максаты бөлүштүрүүчүлүк пенсиялык тутумдан ар бир жарандын өздүк чогултууларына негизделген пенсиялык камсыздандырууга өтүүгө болот. Пенсиялык төлөм стажына, эмгек акысына жана камсыздандыруу чегерүүлөрүнүн суммасына ылайык өзгөрүлдү жана камсыздандырылган жана юридикалык жактардын персонификацияланган эсеби киргизилди.

## §4. Республикадагы медициналык камсыздандыруунун абалы жана аны реформалоо

Саламаттыкты сактоону реформалоо калктын ден–соолугун сактоо, медициналык камсыздандыруу, бул сектордун менеджменти, эмгектик ишмердүүлүктү мотивациялоо тутуму, анын натыйжалуулугунун нормативдери жана көрсөткүчтөрү, республиканын жарандарын социалдык коргоо, ж.б. маселе көйгөйлөрдүн комплексин чечүүгө багытталган.

Экономикада реформа жүргүзүү иштери башталгандан тартып, ден соолук секторунда бир кыйла өзгөрүү болгон. 1992–ж. Кыргызстан Бүткүл дүйнөлүк ден соолук уюмуна мүчөлүккө өткөн.

Экономикалык каатчылык ден соолук тармагында түздөн–түз таасирин тийгизген. 1990–жылы ден соолук үчүн бөлүнгөн чыгым ички дүң продукциянын (ИДП)–4,2%, 1994ж.–3,3%, 1998ж.–2,6%, 2000ж.–2,1% түзгөн. Учурда мамлекеттик бюджеттен бөлүнгөн чыгым, ден соолук тармагынын керектөөсүнүн араң 50% жетүүдө.

Ден соолук тармагында милдеттүү медициналык камсыздоо, ден соолукту жакшыртуу этаптарынын бири. Ал үчүн өлкөдө "Кыргыз Республикасынын жарандарды медициналык камсыздоо" мыйзамы 1999–жылы кабыл алынган. 2001–жылы милдеттүү медициналык камсыздоо аркылуу 1,9 млн. жарандарды камтыган. Бул талапта боюнча 82 туруктуу стационар иштейт.

Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фонду мамлекеттик орган катары мамлекеттик кепилдиктер программасынын алкагында баштапкы жана стационардык деңгээлде калктын медициналык жана дары–дармек боюнча жардамдын жеткиликтүүлүгүнө кепилдик бере турган мекеме.

Демек, бул мекемени калк үчүн баштапкы деңгээлде акысыз медициналык кызмат көрсөтүү негизги милдет.

Экономикалык реформа шарттарында саламаттыкты сактоонун жана медициналык жардамдын зарыл болгон сапатын камсыз кылуунун ресурстук көйгөйлөрүнүн кардиналдык чечими табылган жок. Иштеп жаткан башкаруунун жана каржылоо тутуму ресурстарды пайдалануунун өтө төмөн натыйжалуулугун жана медициналык жардам көрсөтүү түзөмүнүн төмөндүгүн алдын ала аныктады. Бул учурда медициналык жардам көрсөтүүнүн түзөмүнүн анын баасы кымбаттап бара жаткандыгы байкалды. Саламаттыкты сактоо тутуму акырында калдык (остаточный) принциби менен каржыланып, сарптоо (затратный) принциби менен иштей баштады. Чыныгы турмушта болсо калкты жеткиликтүү, сапаттуу жана экономикалык жактан натыйжалуу медициналык жардам менен камсыз кылуу жана бүтүндөй эле ден–соолукту сактоо тутуму өтө тез темп менен төмөндөй баштады. Медиктер үчүн медициналык жардам көрсөтүү боюнча экономикалык кызыгуусу дээрлик төмөндөдү. Медициналык жардамдын өтө төмөн сапатынын жана тармактагы чоң

экономикалык жоготуулардын негизги себеби болду. Мунун бары тармакты башкаруу тутумунда, медициналык жардамды уюштурууда жана каржылоодо, саламаттыкты сактоо кызматкерлерин жогорку натыйжалуу эмгекке кызыктырууда радикалдуу өзгөртүүлөрдү талап кылды. Ошондуктан да республикада 1997–жылы "КРнын жарандарын милдеттүү медициналык камсыздандыруу жөнүндөгү" мыйзамы кабыл алынды. Бул мыйзамда медициналык камсыздандыруу калктын ден–соолукту коргоодогу кызыкчылыктарын социалдык коргоо формасы болуп саналаары баса көрсөтүлгөн.

Калктын ден–соолугунун абалы мамлекеттин социалдык–экономикалык өнүгүүсүнүн негизги көрсөткүчтөрүнүн бири болуп саналат жана жаш балдардын өлүмү сыяктуу көрсөткүч менен мүнөздөлөт. Бул көрсөткүч инфекциялык жана паразитардык оорулардын себеби менен, ошондой эле энелердин ден–соолугунун начарлашы менен байланышкан перинаталдык мезгилде жогорулады. Мисалы, ар бир 1000 адамга карата жалпы өлүм (смертность) коэффициенти 2004–жылы 6,9 дана 2012–жылда 11,5ге, 100 миң тирүү төрөлгөндөр боюнча энелердин өлүмү 50,9дан 49,0гө, 1000 тирүү төрөлгөндөр боюнча балдардын өлүмү 25,7ден 21,0го кыскарган.

Республикада инсульт менен ооругандардын саны боюнча СНГда биринчи орундарда турат. Жүрөк–кан–тамыр оорулардан жыл сайын 18,5 миң адам өлөт. Туберкулез оорусу менен ооруу жана өлүм боюнча лидерлик орундабыз. Дүйнө жүзүндө ар бир 100 миң адамдын орто эсепте бешөөсү бруцеллез оорусу менен ооруган болсо, анда бизде 1997–жылы 800дөн ашуун адам ооруган (Вечерний Бишкек газетасы, 2009–жыл, 8–апрель). Республикада бүгүнкү күндөгү шарп, кутурма, сибир жарасы, оспа, канаттуу жана чочко гриппи, ж.б. сыяктуу өзгөчө коркунучтуу инфекциялар менен иштөөчү лабораториялар эл аралык стандарттарына ылайык келбегендиги маселени курчутууда.

Адамдардын, айрыкча балдардын жана өспүрүмдөрдүн, камакта олтурушкан жактардын, мигранттардын жана анык бир жашоо турак–жайы жана иштеген иши болбогон адамдардын эхинокок, гельминтоз, гепатит жана башка инфекциялык оорулар менен ооруган учурлары өсүп баратат. Жүрөк–кан–тамыр

оорулары, шок жана стресске байланыштуу психикалык бузулуулар көбөйүүдө.

Республикада 2000–жылдардын башында Өкмөт саламаттык сактоону каржылоонун кошумча булактарынын жардамында комплекстүү реформалоого багыт алды. Милдеттүү медициналык камсыздоо киргизилди, медициналык кызматтардын реструктуризациясы жана башка чаралар өткөрүлүүдө. Саламаттыкты сактоо министрлиги калктын медперсоналга берип жаткан формалдуу эмес төлөмдөрүн кыскартуу максатында 2001–жылдан баштап кошумча төлөмдөрдү (сооплата) киргизди.

Бирок кошумча төлөмдөрдүн өлчөмдөрү көп жылдан бери өзгөрбөй келет. Саламаттыкты сактоо тутумунда кошумча төлөмгө жеңилдиктерге ээ болгон оорулуулардын 72 категориясы бар. Жыл сайын республиканын стационарларында 600 миңден ашык адам дарылануу курсунан өтүшөт. Алардын 65%на жакыны жеңилдиктерге ээ жана кошумча төлөмдөрдөн бошотулган адамдар.

Формалдуу эмес төлөмдөр Чүй жана Ысык–Көл областтарында 2004–жылы эле 2 эсеге жакын кыскарды, ал эми кошумча төлөмдөрдү төлөө 2005–жылы тиешелүү түрдө 27,1 жана 15,8 млн. сомго жетти. Кыргызстандын саламаттыкты сактоосундагы 2013–жылы жалпы чыгашалар 12,1 млрд.сомду түзөт, анын кошумча төлөмдөрдүн үлүшү 2005–жылы 8,5% жетет. Демек, кошумча төлөмдөр формалдуу эмес төлөмдөр менен күрөшүүдөгү бир механизми гана болуп саналат.

Республикада “Манас таалими” улуттук программасы кабыл алынып, иштеп жатат. Мунун алкагында донорлор медицинага АКШ 52 млн.долларын кошууга даяр. Өз тарабынан республиканын Өкмөтү чөйрөнү реформалоого кошумча 300 млн.сом бөлүп берет. Бул реформанын бардык этаптарын ишке ашыруу республиканын мамлекеттик органдары гана эмес, каражаттардын кайда сарпталганын көрүп туруууччүн грант берүүчүлөрдүн да көзөмөлүнүн астында болот.

Өткөөл мезгил шарттарында жыл сайын врачтардын кыскарышы жүрүп жатат. Эгерде 1991–жылда республикада 16,4 миң врач болгон болсо, 2013–жылы алардын саны 13,5 миңди түздү, же 17,7%га азайды, мунун ичинде ар бир 10 миң адамга тиешелүү түрдө 36дан 24 врачка, же 45,4%га кыскарган. Ошондой

эле больница орундарынын кыскарышы–54,1 миңден 27,5 миңге, же 49,2%га, анын ичинде ар бир 10 миң адамга–120дан 50кө, же 58,4%га төмөндөгөн (118–табл.).

118– Таблица. **Республиканын саламаттыкты сактоосунун негизги көрсөткүчтөрү**

| | 1991 | 1996 | 2000 | 2005 | 2010 | 2013 |
|---|---|---|---|---|---|---|
| **Врачтардын бары, миң адам**<br>**10 миң адамга** | 16,4<br>36 | 15,7<br>34 | 14,3<br>29 | 13,4<br>26 | 13,3<br>24 | 13,5<br>24 |
| **Орто билимдүү медперсоналдар, миң адам**<br>**анын ичинен 10 миң адамга** | 47,3<br>105 | 41,4<br>89 | 37,0<br>75 | 30,6<br>59 | 29,7<br>54 | 33,2<br>60 |
| **Больница мекемелеринин саны** | 331 | 349 | 361 | 159 | 184 | 179 |
| **Больницадагы орундардын саны, миң даана**<br>**анын ичинен 10 миңадамга** | 54,1<br>120 | 40,7<br>87 | 36,5<br>74 | 27,7<br>54 | 27,7<br>51 | 27,5<br>50 |
| **Амбулатордук–поликлиналык мекемелердин саны**<br>**Бир сменада тейленгени, миң адам**<br>**Үй–бүлөөлүк борборлор** | 618<br>63,4<br>– | 601<br>63,1<br>– | 621<br>59,6<br>– | –<br>–<br>– | –<br>–<br>67 | –<br>–<br>65 |

Статистикалык маалыматы. “Кыргызстан в цифрах”. Б. 1995–2014.

Республикада саламаттыкты сактоо тутумун реформалоодо “Манас” жана “Манас таалими” программалары үй–бүлөөлүк медицинаны уюштурууну жана врачтарды эркин тандоонун, каржылоонун жаңы ыкмаларын, дары–дармек менен камсыз кылуунун кошумча программаларын, милдеттүү медициналык камсыздоону уюштурууга шарт түздү. Мунун бары ЮСАИД “ЗдравПлюс”тун колдоосу жана жардамы менен болду.

2013–жылы республикада 688 үй–бүлөлүк медицина борбору, 1003 фельдшердик акушердик пунктар кызмат көрсөтүүдө. Ушул күндө 13 миң врач жана 31 миң медайым эмгектенишет. 2013–жылы ооруканаларда 850 миң адам дарыланган.

Саламаттык сактоо тармагында канча жылда реформа жүрүп келе жаткан менен, бир дагы оорукана салынбаганы айтылып келет. 2013–жылы гана улуттук госпиталдын клиникалык корпусунда Кытай өкмөтүнүн гранттык жардамы менен 150 орундуу оорукана курулган. Ошондой эле Ысык–Көл облустук бириккен оорукананын “Ак–Суу” реабилитациялык бөлүмү ремонттолуп, Ошто 4 ФАП, Жалал–Абадда 2 ФАП, Баткенде 4

ФАП курулган. Бишкек шаарында ыкчам медициналык жардам станциясында 70 миң еврого CPSнавигациясы менен радио коммуникациялык жабдууларкоюлган.

Акыркы жылдарда Саламаттык сактоо министрлиги айылдык калкка медициналык жардам көрсөтүүнү өзгөчө көзөмөлгө алууда. 2011–2013–жылдарда улуттук көчмө медициналык борбору республика боюнча айланып чыгып 40 миңден ашык адамдын ден соолугун текшерип, консультациятберишкен.

Кыргызстан Өкмөтү бөйрөк оорусу бар адамдар үчүн, акыркы эки жылда 4 жаңы гемодиализ бөлүмү ачылып, 395 адам жардам алышууда. Бирок, медицина жактан алдыңкы жылыш болгону менен, алыскы аймактарда медициналык фармацевтикалык кызмат көрсөтүүнүн сапаты тийиштүү деңгээлге жете элек. Чукул, тез жардам көрсөтүү кызматын дарегине наарazычылык алиге көп. Өзгөчө ВИЧ инфекциясынын таралышы коркунуч түзүлүүдө. Акыркы мезгилде ВИЧ инфекциясы менен оругандардын саны 5 миңге жеткен болсо, кургак учук оорусунун таралышы да элдин саламаттыгын сактоодо да көп кемчиликтер кездешет. Мисалы, 2013–жылдын 6 ай ичинде кургак учук менен ооруган адамдардын саны 3110 катталган, алардын көбү 14–30 жашка чейинки жаштар.

2007–жылы Кыргызстанда Борбордук Азияда биринчи болуп сөөк мээсин боюнча кайра салуу (пересадка) жургузулгөн. Бул үчүн Турция уюму ТИКА 96 миң долларга барабар болгон жабдууларды берген жана, республика 500 миң сомго ылайык имаратты ыйгарган. Мындан тышкары 23 млн. сом Орусия гранты Гемотология борборуна берилген, мунун ичинен 19,3 млн. сом жаңы трансплантация имараты курулмакчы. Сөөк мээсин алмаштыргандан кийин оорулуу адамдардын жашы 10–15 жылга узармакчы.

2013–жылда калктын 10000 адамына 23,5 врач жана 55 орто медицина персоналдары туура келди, бул учурда врачтар менен камсыз болуунун эң бийик деңгээли Бишкек (33), Ош (28) шаарларында, ал эми эң төмөнү Баткен (14), Жалал–Абад (14), Нарын (16), Ош (15) областтарында болду.

Реформа жылдарында жарандардын ден–соолугун коргоонун мамлекеттик тутумун сактап калууга мүмкүн болду, жыл сайын анын зарылчылыктарын каржылоо өсүүдө, киргизилген кошумча

төлөмдөр тутуму өзүн актады. Ошого карабастан, саламаттыкты сактоо тутумунда чечилүүчүү көп көйгөйлөр бар. Айыл жергесинде билимдүү жогору квалификациялуу адистердин туруктуу агымы байкалганы белгилүү. Аларды бул жерлерде кармап калуу үчүн билим берүү тутумунун тажрыйбасы жана айылдык докторлор үчүн депозиттер киргизилип жатат. Республиканын стационарлардагы врачтардын орточо эмгек акысы 9235 сомду, медициналык айымдардыкы (мээрман эжелер)– тиешелүү түрдө 4–5 миң сомду түзгөндүгүн белгилей кетүү керек. Чындыгында эмгек акынын мындай деңгээли өзүн жана үй–бүлөсүн багууга эч бир жеткиликсиз. Ошондуктан да айыл жергесин врачтар менен камсыз кылуу үчүн КРнын Өкмөтү ар бир каалоочуга эмгек акыдан сырткары ай сайын депозиттик эсебине 3000 сомдон төлөп турууну белгиледи. Бул тутум 2006–жылдан бери иштеп жатат.

Эмгек акынын өтө төмөндүгүнөн биздин врачтар Орусия жана Казакстанга, ошондой эле алыскы чет өлкөлөргө чыгып кетип жатышат. Азыркы учурда 150 врачка, негизинен медициналык ЖОЖдордун азыркы бүтүрүүчүлөрүнө квота бөлүнгөн. Бюджеттин жалпы чыгымдарында саламаттыкты сактоонун үлүшү туруктуу көбөйүүдө: 1993–жылдагы 137,4 млн.сомдон 2013–жылда–12,3 млрд.сомго өскөн. Бирок ИДПга салыштырмалуу бул анча маанилүү эмес өсүү–2,6–3,9%, анткени, Бүткүл дүйнөлүк ден–соолукту сактоонун (ВОЗ) сунушуна ылайык, саламаттыкты сактоого болгон чыгымдар ИДПнын 5% дан кем эмес бөлүгүн түзүүшү керек (119–табл.).

АКШда саламаттыкты сактоого 2,5 трлл. доллар, же 1 адамга бир жылда болжолдуу 8 миң доллар сарпталат, ал эми Кыргызстанда болсо болгону 50 доллар, же болбосо 150 эсе аз (Вечерний Бишкек, 2009–жыл, 12–ноябрь).

119– Таблица. **Республикадагы саламаттыкты сактоого кеткен жалпы каржылык чыгымдар**

| | **1993** | **1995** | **2000** | **2005** | **2010** | **2013** |
|---|---|---|---|---|---|---|
| **Республиканын мамлекеттик бюджети, млн.сом** | 1255,6 | 4610,5 | 11308,2 | 20368,1 | 36696,7 | 64439,2 |
| **Саламаттыкты сактоого кеткен чыгымдар, млн.сом** | 137,4 | 627,4 | 1259,9 | 2283,3 | 6910,8 | 12319,0 |

| | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| **Чыгымдардын орто салмагы ИДП га карата % менен** | 2,6 | 3,9 | 1,9 | 2,3 | 2,4 | 3,9 |
| **1 жашоочуга кеткен чыгымдар** | 31,0 | 138,6 | 258,8 | 444,3 | 879,9 | 2239,2 |

Статистикалык маалыматы. “Кыргызстандын социалдык өнүгүүсү”. 1995–2014.

Мамлекеттеги татаал экономикалык жана социалдык–саясий абалга карабай, саламаттыкты сактоонун консолидацияланган бюджети жыл сайын өсүүдө. Бул өсүүнүн 40%ы республикалык бюджеттин эсебинен болуп жатат. Жергиликтүү бюджеттердин каражаттарынан жыл сайын областтардагы көптөгөн медициналык мекемелердин имараттарынын жалпы суммасы болжолдуу түрдө 18–20 млн.сомдук капиталдык ремонттору жана реконструкциялары жүргүзүлөт. ОМСтин эсебинен 33 млн.сомдук медициналык жабдуулар сатылып алынды.

Саламаттыкты сактоо тутумунун реформасы насыялар, гранттар жана гуманитардык жардамдар түрүндөгү каржылоонун кошумча булактарын издөөнү да карайт. Бүткүл дүйнөлүк банктан АКШ нын 58,9 миң доллары өлчөмүндөгү насыялар, КНР ден 14 млн.сомдук техникалык грант, Япониядан, Даниядан, АКШдан, Кызыл крест коомунан, ж.б. гуманитардык жардамдар алынды. Ошону менен бирге, калк дары–дармек каражаттарын жогору баада сатып алып жатат.

Түрк өкмөтү менен кызматташуунун негизинде республикадагы сөөк чучугунун (костный мозг) гематологиясы жана трансплантациясы өнүгүү үчүн жакшы импульс алды. Турция 60 миң АКШ долларлык медициналык жабдууларды жана сөөк чучуктарын трансплантациялоо ыкмасын киргизүүгө 40 миң доллар бөлүп берди. Бул борбор Борбор Азия регионундагы процедуранын баасы АКШнын 20–25 миң долларына барабар, же чет мамлекеттерге салыштырмалуу бир канча эсеге аз.

Саламаттыкты сактоо областындагы орчундуу көйгөй болуп калкты жеткиликтүү жана сапаттуу дары–дармек менен камсыз кылуу саналат. Мындагы өзгөчө роль 1994–жылдын аягында Улуттук дары–дармек саясаты кабыл алынган, бирок 1998–жылы гана толук ишке ашырылган. Учурда республикада 2968 аталыштагы дары–дармек каржаттары жана медициналык маанидеги 417

буюм (изделие) катоодон өткөн жана медициналык практикада пайдаланууга уруксат берилген. Бирок, али деле аптекасы жок алыскы айылдар бар.

Дары–дармек менен камсыздандыруунун кошумча программалары боюнча 2009–жылга камсыздандырылган жарандар үчүн Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фондунан 120 млн.сом каралган. ММК фонду гемофилия оорусу менен ооруган 16 жашка чейинки балдарды да бекер дары–дармек менен камсыз кылат. Мамлекеттик кепилдиктер программасы боюнча республиканын бюджетинен хроникалык оорулууларды (туберкулез, кант диабети, бронха астмасы ж.б.) дарылоо үчүн да каражаттар каралган.

Республикада кийинки жылдарда медициналык тез жардам менен калкты тейлөө иштери жакшы жагына багытталган. Мисалы, акыркы беш жылдын (2009–2013–жж.) аралыгында медициналык тез жардамдын саны 73 чейин өскөн. Алар аркылуу жардам көрсөтүлгөн адамдардын саны 643,2 миңден 776,6 миңге чейин жетти, же болбосо 1000 калкка эсептегенде–118,7ден 134,4 чейин жогорулаган (120–табл.).

120– Таблица. **Медициналык тез жардам менен калкты тейлөө**

| | 2009 | 2010 | 2011 | 2012 | 2013 |
|---|---|---|---|---|---|
| **Медициналык тез жардам станцияларынын (бөлүмдөрдүн) саны (жылдын аягына карата)** | 73 | 108 | 106 | 122 | 121 |
| **Анын ичинде Өз алдынча** | 4 | 4 | 4 | 3 | 3 |
| **Амбулаториялык жана чакырылган жерден жардам көрсөтүлгөн адамдардын саны:** | | | | | |
| **Бардыгы, миң адам** | 643,2 | 499,1 | 682,0 | 693,6 | 776,6 |
| **Калктын 1000ине** | 118,7 | 91,1 | 122,8 | 122,5 | 134,4 |

Статистикалык маалыматы: “КР жыл жылдыгы”, 2014.

Ата мекендик дары–дармек чыгаруучу өндүрүш республикада жокко эсе. Ошондуктан дары–дармектин дээрлик 98 пайызы сырттан келет.

2013–жылы ден–соолук министирлигинин астында 201 фармацефтикалык мекеме иштейт. Жылына 6866 атындагы фармацевтикалык продукцияны камсыз кылат. Учурда республика

боюнча 976 дарыкана жана 1409 дарыкана пункту, 65 дарылоо–профилактикалык уюму, анын ичинен дары даярдоо укугу бары–57, дары даярдоо укугу жогу–81, 261–дарыкана киоскалары, 42–оптика дүкөнү, 24–медициналык жабдууларды сатуу, 253–дары дармек жалпы сактоо жайы, 128–ден соолук жабдууларды сактоо жайы жана 43–фармацевтикалык өндүрүш мекемеси.

Кыргызстанда 3031 фармацевтикалык компания иштейт. 2013 жылы 9 айында жалпысынан 24859 аталыштагы фармацевтикалык продукцияга, анын ичинен 16894 дары–дармекке 6874 медициналык каражатка, 414 ветеринардык дарыларга сертификат берилген. Ошол эле убакта 50 аталыштагы 17937 миң сом дары–дармек каражаттары талапка жооп бербейт деп табылган. (К.туусу 29 ноябрь 2013–ж. №89 (23780)).

Фармацевтикалык рынокто фармацевтикалык продукциянын көлөмү 2003–2012–жылы 32% өскөн, же болбосо 9,6 млрд. сомду түзгөн. Акыркы беш жылдын ичинде дары–дармектин импорттук көлөмү 67% жогорулаган. Ал эми биздин республикада өндүрүлгөн дары–дармектин көлөмү 283,4 млн сом болгон.

Азыркы учурда дары–дармек каражаттарын камсыз кылуу үчүн Кыргыз Мамлекеттик Медициналык академиясынын фармация институтунун базасында жүздөгөн медиктерди окутуу жүргүзүп жана айыл жерлеринде дары–дармек каражаттарын жана медициналык маанидеги буюмдарды сатуу жана сактоо менен байланышкан ишмердүүлүккө уруксат берилген. Алар аптека пункттарын, үй–бүлөөлүк врачтар тобун ачуу укугуна ээ. Бүгүнкү күндө айыл жергесинде 684 аптека мекемелери иштеп жатышат, анын ичинен Чүй областында–180, Жалал–Абад областында–162, Ош областында–132, Нарын областында–65, Ысык–Көл областында–64, Талас областында–56 жана Баткен областында–25 пункт бар.

Азия өнүктүрүү банкынын жана кызматташтык боюнча Швейцария бюросунун эсебинен Жумгал, Токтогул, Алай, Кочкор, Ат–Башы, Чаткал, Тогуз–Торо райондорунун айылдарында аптекалар ачылды. АБР аптекаларды керектүү соода буюмдары (оборудование) менен камсыздоого жардам берет. Аптекалардын кызматкерлери– негизинен атайын курстарды өтүшкөн үй–бүлөлүк врачтар.

Мунун бары айылдыктарды дары–дармек менен камсыз кылууда оң жактуу натыйжаларга алып келди. Бул аптека пункттарында негизги ооруларды дарылоо жана алдын алуу үчүн зарыл болгон 142 аталыштагы дары–дармек каражаттары жана медициналык маанидеги буюмдар (изделия) болуусу керек. Саламаттыкты сактоо министрлигинин Департаменти дары–дармек каражаттарынын милдеттүү ассортиментинин болуушун катуу көзөмөлдөйт.

Дары–дармекти дүңүнөн сатуучулар өздөрүнүн ассортиментин негизинен россиялык препараттардын эсебинен кеңейтип жатышканын белгилей кетүү керек. Ири фармацевтикалык складдарда бүгүнкү күндө дары–дармек каражаттарынын ассортименти 1000ден ашты. Мындан сырткары, республиканын Саламаттыкты сактоо министрлиги көп жылдан бери оорулууларды бекер камсыз кылуу максатында борборлоштурулган түрдө диабетке каршы дарыларды, онкологиялык ооруларды дарылоодо колдонулган наркотикалык анальгетиктерди, түрдүү вакциналарды, сывороткаларды сатып алып жатат. Сатып алууларда биринчи кезекте дары–дармек каражаттарынын коопсуздугуна, натыйжалуулугуна жана сапатына көңүл бурулат.

Республикадагы рынок мамилелеринин калыптануу шарттарында республиканын саламаттыкты сактоо областында “Кыргыз Республикасындагы саламаттыкты сактоо чөйрөсүндөгү биринчи интерактивдүү электрондук мамлекеттик кызмат көрсөтүүлөр” уникалдуу проекти өз ишин баштаган. Ал эң алыскы аймак– Баткен областынын оорулууларына маалыматтык технологиялардын жардамында, Бишкектик адистердин консультацияларын жана дайындоолорун алууга мүмкүнчүлүк берет. Бул проект Кыргызстандагы ПРООНдун жана ООНдун Демократиялык башкаруунун тематикалык трасттык фондунун жардамында ишке ашырылып жатат. Мындай технология адамдарга борборго барууга кеткен чыгымын жана эң негизгиси– убактысын үнөмдөөгө жардам берет. Жүздөгөн пациенттер борбордогу адистердин байкоосу астында болушат.

Ошентип, саламаттыкты сактоо тутумунун кызматтары бүгүнкү күндө өзгөчө социалдык жактан корголбогон калк катмарлары үчүн толук жеткиликтүү эмес. Адамдардын ден–соолуктарынын чындап начарлап жаткандыгы жөнүндөгү

факторду эске алуу менен социалдык коргоо тутуму калктын ден–соолугун жакшыртууга жана жашоонун дени сак образын калыптандырууга багытталат. Бул болсо төмөнкүдөй өзгөчө маанилүү маселелерди чечүүнү эске алат: медициналык кызмат көрсөтүүлөрдү жеткиликтүүлүгүн жана сапатын камсыз кылуу; саламаттыкты сактоо боюнча каржылоонун жаңы ыкмаларын киргизүү жана бекемдөө, медицина кызматкерлеринин эмгек акыларын жогорулатуу жана алардын эмгек шарттарын жакшыртуу; калктын ден–соолугун чыңдоо жана коомдук саламаттыкты сактоонун ролун күчөтүү.

## §5. Өткөөл мезгил шарттарында Кыргызстандын билим берүү тутумун реформалоо

Кыргызстанда билим берүү чөйрөсүндө рынок мамилелерине өтүү, дүйнөлүк билим берүү мейкиндигине интеграциялануу үчүн кардиналдуу өзгөрүүлөр болуп жатат. Билим берүү тутумунун реформаларынын уюштуруучулук жана укуктук негизин КРнын “Билим берүү жөнүндөгү” Мыйзамы (1997–жыл), “Билим” жана “XXI кылым адистери” (1996–жыл) улуттук билим берүү программалары түзүштү.

Республикада жумушчу күчтүн калыптануусунда негизги критериясы болуп билим деңгээли, б.а. алар школго чейинки, жалпы билим берүүчү школдорунун, гимназиялардын, лицейлердин, орто жана жогорку профессионалдык окуу мекемелердин сапаттуу иштерине байланыштуу. Бирок, 25–жылдык реформанын убагында билим берүү тутумунда кээ бир гана фрагментардык ийгиликтер болгону менен жалпысынан алганда билим системасында көп жетишкендиктер болгон жок. Бул эң баалу тутумунда мамлекет административдик башкаруу стилди киргизүүнүн үстүндө. Билим министрлигинин карамагында 2200 школ, 110–колледж, жүздөгөн школго чейинки уюмдар жана 54 жогорку окуу жайы бар. Кыргызстанда 90% жарандар окуп жана жаза алат. Бирок, накта билимдүү интеллектуалдуу адамдар болгону 12–15% түзөт.

Өлкөнүн өнүгүүшү, мамлекеттин экономикалык өсүшү, элдин жашоо турмушунун оңолушу–таланттуу, билимдүү, ар

намыстуу, ар түрдүү кесиптерге ээ болгон кадрларга тыгыз байланыштуу.

Азыркы учурда, республиканын жогорку окуу жайларында америкалык модулдук тутуму: бакалавр, магистратура ишке киргизилүүдө. Бирок, чындыгында Кыргызстан алар үчүн адистерди даярдап жаткан жерибиз жок да, биз өзүбүздүн менталитетибизге ылайыктуу модул–тутумун, биздин экономикабызга, социалдык тармакка керек адистерди даярдашыбыз керек. Ошого карабастан, чет өнүккөн мамлекеттер насыя жана грант каражаттарын бөлүп берип, биздин мурунтадан туруктуу орун алган билим тутумун бузуу жолунда деп айтууга туура келет.

Интеллектуалдык ресурстар үчүн рынок мамилелеринин шарттарында билим берүү чөйрөсүнө мамлекеттин кийлигишүү даражасы дагы да өстү. Билим берүү ИТП тутумунда илимий техникалык прогресстен өнүгүүшүнө жана экономикада ИДП өсүү темпине тыгыз байланыштуу.

Америкалык окумуштуу Э.Денисон белгилегендей, улуттук кирешенин өсүүшүнүн ар бир пайызында билим берүүнүн эсебинен жумушчу күчүнүн сапатынын жогорулашына 0,14% туура келет, ал эми өсүүнүн калган факторлору кыйыр түрдө билим берүү менен байланышкан: 0,1%–жетишсиз ресурстарды оптималдуу бөлүштүрүүнүн эсебинен, 0,37%–технологиядагы, башкаруучулук жана уюштуруучулук билимдердеги прогресске байланыштуу[5].

Чет өлкөлүк экономист–окумуштуулардын изилдөөлөрү боюнча экономикалык өсүш билим берүүнүн таасиринин орточо натыйжалары 15–20%дын айланасында болот. Белгилүү америкалык окумуштуу Кендрик өзүнүн изилдөөлөрүндө белгилегендей, экономикалык өсүү үчүн өзгөчө маанилүү болгон изилдөөлөргө, өнүгүүгө жана билим берүүгө кеткен инвестицияларга таандык[6].

Өнүккөн мамлекеттерде билим берүүнү каржылоо рыноктук мамилелердин негизинде жүргүзүлөт, б.а. мамлекет, жеке жана өзүн–өзү каржылоо сыяктуу түрдүү булактардан каржыланат. Чыгашалардын маанилүү бөлүгү мамлекет тарабынан камсыз-

---

[1]St.Smitn. Op.Cit.p91

[2] L.Leslie., P.Brinkman. The Economic Value of Higher Education. MPC, № 1499.p.84.

далат. Кыргызстанда жогорку мектепти реформалоо областында алгачкы кадамдардан болуп алардын көбү жыл өткөн сайын таза бюджеттик уюмдардан аралаш каржылоо субъекттерине айланышты. Мамлекеттик Жогорку окуу жайлар менен катар жекече окуу мекемелери түзүлүп төлөмдүн негизинде окугандардын контингентин кеңейтти.

Жыл сайын мамлекет тарабынан билим берүү тутумдарын каржылоо көбөйүүдө. Мисалы, 2002–жылы мамлекеттик бюджеттен 3,3 млрд.сом чыгымдалса, ал эми 2013–жылы–24,0 млрд.сомго, же 7,9 эсеге өскөн, анын ичинен школго чейинки жана жалпы билим үчүн– 1,6 млрд. сомдон 15,6 млрд сомго чейин, же 9,7 эсеге, орто башталгыч жана орто техникалык билим үчүн млрд. сомдон 1,7 млрд. сомго чейин, же эсеге, жана жогорку окуу жайлары үчүн–0,6 млрд. сомдон 3,0 млрд.сомго чейин же эсеге өскөн (121–табл.).

Белгилүү болгондой, билим берүү– бул өндүрүштүк процесс, чыгымдардын минимумун талап кылат, бул тартип сакталбаса, анда окутуу натыйжалуу болбой калышы мүмкүн. Калктын жан башына эсептелген билим берүүгө кеткен чыгымдар, мисалы, АКШ жана Батыш Европада 496 долларды, ал эми Кыргызстанда 2013–жыл үчүн 8,5 долларды түзгөн.

121– Таблица. **Республикада билим берүү боюнча бюджеттик жана социалдык чыгымдар, млн. сом**

| | 2002 | 2003 | 2004 | 2005 | 2009 | 2010 | 2011 | 2012 | 2013 |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **Чыгымдын бардыгы** | 3350,4 | 3753,6 | 4361,3 | 4917,7 | 12541,6 | 12822,9 | 19420,4 | 22925,9 | 24089,7 |
| **ИДП, %, менен** | 3,9 | 4,2 | 4,4 | 4,9 | 6,2 | 5,8 | 6,8 | 7,3 | 6,7 |
| **а.и.: школго чейинки– жалпы билим үчүн** | 1680,2 | 1823,3 | 2077,2 | 7330,1 | 7307,5 | 7893,7 | 12692,3 | 15385,9 | 15623,9 |

| | | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **Орто билим–башталгыч жана орто прогресс. Билимге** | | | | | 770,1 | 692,1 | 929,2 | 1092,3 | 1782,3 |
| **Орто техник. Билимге** | | | | | 343,2 | 381,2 | 600,7 | 635,5 | 22,5 |
| **Жогорку билим** | 548,1 | 673,1 | 762,4 | 878,4 | 1959,2 | 1989,9 | 2242,4 | 2745,7 | 3078,1 |

Статистикалык маалыматы: “КР жыл жыйынтыгы”, 2005–2014.

**Мектепке чейинки билим берүү.** Республиканын экономикалык турмушунда акыркы жылдарда болуп жаткан терең өзгөрүүлөр билим берүү тутумун реформалоого алып келди. Бул шарттарда мектепке чейинки билим берүү өзгөчө алсыз звено экендиги аныкталды.

Экономиканын төмөндөшү жана бюджеттик каржылоонун чектелүүсү республиканын бардык аймактарында мектепке чейинки мекемелердин санынын массалык түрдө кыскарышынаа түздөн–түз таасир берди. Бул үй–бүлөөлөрдүн кирешесинин төмөндөшү жана окутууга кеткен түз чыгымдардын өсүш менен байланыштуу болду. Булар болсо, биринчи кезекте айрыкча айыл жергесиндеги аз камсыз болгон үй–бүлөөлөрдүн балдарына өзгөчө катуу терс таасирин тийгизди.

Реформа жылдары аралыгында (1991–2013–жж.) республикада балдар бакчасынын саны 4,0 эсе азайды. Эгерде 1990–жылдын башында республикада 1696 мектепке чейинки мекеме бар болгон болсо, ал эми 2013–жылы алардан 1193–калган, же 503 кө (70,4%) кыскарган.

Акыркы экономикалык реформа жылдарында көп бала бакчалар сатылып, менчиктештирилип кеткендиктен, учурда миңдеген бөбөктөр бала бакчага барышпай калган. Рынокко өтүү мезгилинде 483 бала бакча менчиктелип,башка мекемелерге айланган. Алардын 76 сында мамлекеттик органдар, 139 унда фельдшерлик акушердик пункттар, китепканалар, айыл өкмөттөрү жайгашкан. Республикада бардыгы болгон 1,6 миң бала бакчадан 819 га өз иштерин улантууга мүмкүн болгон. Билим берүү министирлигинин маалыматы боюнча, мектепке чейинки билим

берүү мекемелерине балдарды камтуу болгону 15% түзөт. Ал эми 2020–жылга чейин мектепке чейинки билим берүүгө балдардын 20% тартуу каралган. 2013–жылы 39 бала бакчаны артка кайтаруу чечими чыккан.

Акыркы жылдарда, жергиликтүү өзүн–өзү башкаруу айылдык органдардын жана жашаган элдин жардамы менен бала–бакчалар, бюджеттен акча сарп кылынбай ишке киргизилүүдө.

Мисалы, Ош шаарында Ага–Хан фондусу аркылуу 14 бала бакча уюштурулган. 2005–жылдан баштап Ош жана Нарын областтарында 150 бала–бакча Ага–Ханфондусу аркылуу жана алардын инфраструктурасын жакшыртуу жана билим берүү боюнча альтернативдик модели ишке киргизилген. Ошондой эле 20 бала–бакча жайлоодо боз–үйлөрдө жана 66 кичи китепкана ачылган. Чоң–Алай жана Алай районунда 2005–2012–жылдардын ичинде сапаттуу школго чейинки билим берүү 8 эсеге өскөндүгүн статистика маалыматы тастыктаган.

Баткен районунда 24 жамааттык балдар бакчасын, 20–орто мектептин базасын даярдоодо жана Кадамжай районунда 6 бала бакчасынын ачылышы “Айжан” коомдук ЮСАИД уюмунун каржылоосу менен, ошондой эле 18– бала бакчага стандарттуу жылытуу системасы ишке киргизилген.

Баткен районунда 4–балдар бакчасынын базасында ресурстук борбор түзүлгөн, алар заманбап оргтехника менен жабдылган.

Япониянын грантанын алкагында “Айжан” фондунун көмөгү менен Баткен жана Кадамжай райондорунда 9 мектеп, 7 балдар бакчалары капиталдык оңдоодон өткөрүлүп, алар тийешелүү эмеректер менен жабдылган.

Акыркы беш жылда эле (2008–2013–жж.) мектепке чейинки мекемелердин саны 503төн 927ге чейин көбөйдү, анын ичинен шаар жерлеринде 273төн 348ге, айылдарда 230тан 612ге, алардын ичинен бала–бакчалар 374, балдар бакчалары 276дан 487ге өстү (122–табл.).

122– Таблица. **Республикада мектепке чейинки билим берүүчү уюмдар.**

| | 2008 | 2009 | 2010 | 2011 | 2012 | 2013 |
|---|---|---|---|---|---|---|
| **Мектепке чейинки билим берүүчү уюмдардын саны– бардыгы** | 503 | 594 | 691 | 741 | 819 | 927 |
| **Анын ичинде:** | | | | | | |
| **Шаар жерлеринде** | 273 | 282 | 301 | 308 | 307 | 318 |
| **Айыл жерлеринде** | 230 | 312 | 390 | 433 | 512 | 612 |
| **Мектепке чейинки билим берүүчү уюмдардагы балдардын саны– бардыгы, миң адам** | 68,0 | 76,0 | 85,2 | 98,7 | 115,8 | 132,5 |
| **Анын ичинде:** | | | | | | |
| **Шаар жерлеринде** | 48,7 | 52,1 | 56,5 | 63,8 | 72,2 | 77,1 |
| **Айыл жерлеринде** | 19,3 | 23,9 | 28,7 | 34,9 | 43,6 | 55,4 |
| **Мектепке чейинки билим берүүчү уюмдарда 100 орунга туура келген балдардын саны, адам** | 104 | 106 | 106 | 112 | 115 | 118 |

Статистикалык маалыматы: “КР жыл жыйынтыгы”, 2013–2014.

Республикада 2009–2013–жылдарда иштеген мектепке чейинки мекемелербалдарды тейлөө саны 76,0 миңден 132,5 миң балага көбөйдү, анын ичинен ясли–бакчалар–49,8 миңден 74,3 миңге, балдар бакчалары–25,0 миңден 52,4 миңге чейин жана мектеп–балдар бакчасы–0,4 миңден 1,8 миңге чейин өстү. Мектепке чейинки мекемелерге баруучу 1–6 жаштагы балдардын саны болгону 14,5%ды түзөт, анын ичинде шаар жерлеринде 20–25%. Бул мектепке чейинки билим берүүнүн өзгөчө төмөн деңгээлин мүнөздөйт.

Республикада орто эсеп менен школго чейинки билим берүү мектебинде 100 балалык орунга 116 бала туура келсе, ал эми Талас областында– 180 бала, Нарын областында–127, Ыссык–Көлдө–149, Баткенде–131, Ошто–154 бала туура келет. Албеттке, мындай оптималдуу орундан балдардын көп болушу алардын тез ооруп калышына алып келүүдө.

Акыркы жылдарда мектепке чейинки мекемелерде тарбия-чылардын санынын өсүү тенденциясы байкалууда. 2013–жылдын аягына республиканын бул тутумунда 5,4 миң педагогдор иштеген, булардын саны 2007–жылга салыштырмалуу 1,5 эсеге көбөйгөн.

Булардын арасында башчылар, методисттер, тарбиячылар, музыкалык жетекчилер, дефектологдор, логопед–мугалимдер ж.б. педагогдор иштешет. Алардын ичинен 32,0%дан көбүрөөгү орто кесиптик билимге ээ.

Ошого карабастан, республикада мектепке чейинки билим берүү тутуму төмөн деңгэлде,мындай жагдай балдардын мектепке даярдыгынын сапаттык билим көрсөткүчтөрүн төмөндөтөт.Демек, республикада мектепке чейинки кызмат жеткиликсиз экендигин күбөлөндүрөт. Мектепке чейинки билимге болгон зарылчылык мамлекеттик эмес сектордун эсебинен жакшы болот деген үмүттөр акталбай калды ушул кезде. Жеке менчик мектепке чейинки мекемелер аздап гана саналууда.

**Мектеп билим берүү тутуму.** Жалпы мектептик билим берүү татаал экономикалык шарттарда реформаланууда. Бүгүнкү күндө республикада 2224 жалпы билим берүү мектептери бар, анын ичинен мамлекеттик мектептер–2136 жана жеке мектептер–65. Окуучулардын жалпы саны 1012,3 миңге барабар (123–табл.).

Бүгүнкү күндө өлкөдө гимназиялар, лицейлер, колледжтер, автордук мектептер, эксперименталдык мектеп–аянтчалар сыяктуу жаңы типтеги 400 дөн ашык мектептер иштешет. Алар жалпы билим берүү мектептеринде жаңы инновациялык идеяларды таратууга багытталган.

123– Таблица. **Республикадагы жалпы билим берүүчү мектептердин жана окуучулардын саны**

| | **1991–92** | **2000–01** | **2008–09** | **2009–10** | **2010–11** | **2011–12** | **2012–13** |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **Жалпы билим берүүчү мекемелердин саны** | 1796 | 2009 | 2204 | 2212 | 2237 | 2237 | 2224 |
| **анын ичинен:** | | | | | | | |
| **мамлекеттик** | 1796 | 1978 | 2133 | 2137 | 2144 | 2144 | 2136 |
| **мамлекеттик эмес** | – | 27 | 55 | 54 | 53 | 60 | 65 |
| **Окуучулардын саны, миң адам** | 949,4 | 1122,8 | 1057,2 | 1036,8 | 1018,9 | 1015,2 | 1012,3 |
| **Анын ичинен:** | | | | | | | |
| **мамлекеттик** | 949,4 | 1115,6 | 1041,6 | 1025,2 | 1008,2 | 1001,5 | 997,3 |
| **мамлекеттик эмес** | – | 4,9 | 12,1 | 11,6 | 10,7 | 13,7 | 15,0 |
| **Окутуучулардын саны, миң адам Анын ичинен:** | 77,4 | 71,9 | 70,8 | 71,2 | 69,1 | 75,5 | 75,6 |

| | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **мамлекеттик** | – | 71,4 | 69,5 | 69,9 | 67,8 | 74,0 | 74,0 |
| **мамлекеттик эмес** | – | 0,5 | 1,3 | 1,3 | 1,3 | 1,5 | 1,6 |

Статистикалык маалыматы: “Кыргызстан цифрада”. Б. 1995, 2001, 2005, 2009, 2014.

Республикадагы мектептик билим берүүнүн жеткиликтүүлүгү жана абалы өткөөл мезгилдин орчундуу көйгөйү болуп калды. Эркиндик ээ болгон жылдар аралыгында мектептик билим берүүдө жетишээрлик жогору болгону менен мектеп жашындагы балдар жана өспүрүмдөр окууга дагы деле толук тартыла элек. Практика көрсөткөндөй, мектеп тутуму менен тартылбаган балдардын саны жыл сайын өсүүдө, өзгөчө аларды көп убакытта окууга катышпаганын (мектепти көп убакытка чейин калтыруу) эсепке алуу мүмкүн эмес. Айрыкча, мындай көрүнүш окуу китептери, жазуу каражаттары, мектеп формасы ж.б. менен камсыз кыла албаган жана окуусуна жардам бере албаган кирешеси төмөн болгон үй–бүлөөлөрдө байкалат.

Базалык орто билим берүү чөйрөсүндө окуучулардын саны боюнча жогорку көрсөткүчтөрү кармалып турганы менен, айрыкча, айыл жерлериндеги билим берүүнүн сапатынын начарлашы курч көйгөй болуп калууда. Бизге белгилүү болгондой, социализм тутумунда жогорку сапаттагы билим берүү деңнели, өткөөл мезгилде акырындык менен деградация болууда. Окуучуларды даярдоо сапат деңгээли жыл сайын төмөндөгөн салтка айланды. Эл аралык окуучулардын билимин баало программасы PISA 2009–жылы Кыргызстан 65 орунда калган (Кутбилим, 2010, 17 апрель, №47).

Кийинки жылдарда деле жакшы болуп кеткени анчалык деле билинбейт. Жыл өткөн сайын мектеп инфраструктурасын колдоо жана өнүктүрүү чоң актуалдуулукка айланган. Түрдүү маалыматтар боюнча, кароосуз калган балдардын саны көбөйүүдө. Окуу жашы дагы,иштеп жаткан балдардын саны 25 миңдин айланасында болсо, мектепке барбай калган дарынын саны 20 миңге жетти. Бул өтө кооптонууну пайда кылуучу факт. Демек жалпы түрдө республикада дээрлик 40–45 миң бала мектептерге барышпайт.Ал эми республикабыздын Өкмөтү жалпы мектептик билим берүүнү жана ар бир адамдын сабаттуулугун негизги принциптери катары жарыялаган. Мындай маалыматты КРнын Билим берүү жана илим

министрлигинин тапшырмасы менен жана ЮНИСЕФтин колдоосу менен “Эл–Пикир” борбору берди. “Эл–Пикирдин” социологдору 27 мектепти изилдешип, окуу жыл ичинде окуучулардын 15%ы сабактарга катышпаганын белгилешкен. Алардын изилдөөлөрү боюнча Кыргызстанда 700 миң бала кирешеси жакырчылыктын чегинен ашпаган үй–бүлөлөрдө жашашат, ал эми 45 миң кичинекей жарандар атасы жок жана турмуштун бардык оорчулугун апалар тарткан үй–бүлөлөр.

Билим берүүдө республиканын мектеп окуучулары окуу китептери менен 50–60% камсыз болгон. Жыл сайын окуу китептерин чыгарууга республикалык бюджеттен 100 млн. сомдон көп каражат каралат. Бул жөнүндө айрым эл аралык уюмдар да колдоо жүргүзүшөт. Мисалы, 2011–жылы Бүткүл дүйнөлүк банктын долбоорунун алкагында 200 млн. сом бөлүнгөн.

Китептер, окуу пособиелери жана башка дидактикалык материалдар көп убакыт бою жаңыланган эмес. Вариативдик китептерге болгон суроо–талаптар канааттандырылбай жатат. Мектепке чейинки жана орто билим берүү мекемелеринин материалдык–техникалык базасы төмөн деңгээлде калууда.

Бүткүл дүйнөлүк банктын маалыматтары боюнча бүгүнкү күндө Кыргызстандын ар бир бешинчи мектебинин башталгыч класстарында беш окуучуга бир китеп туура келет. Жалпысынан алганда республикада окуучулардын 83,3% ы китептердин толук комплектине ээ эмес. Айрыкча айыл мектептеринде китептер аз камсыз болгондугу байкалат.

Мамлекет тарабынан окуу китептерин сатып алууга бөлүнгөн акча 30% ды гана, же 80–100 млн. сомду түздү. Чындыгында бул үчүн 245 млн. сом керек. (“Вечерний Бишкек” газетасы, 2009–жыл, 11–март).

Бирок бөлүнгөн акча бул көйгөйдү толук чечүү үчүн жетишсиз, анткени мектептерде миллиондон ашуун балдар окуйт жана окутуу 4 тилде окутулат, 134 аталыштагы китептер талап кылынат. Мындан сырткары, учурда окутуунун жаңы стандарттарын иштеп чыгууга көп көңүл бурулуп жатат. Мындай стандарттар азыркы күндө иштелип чыгылып, башталгыч класстар үчүн сыноодон өткөрүлдү. 2010–жылы Билим жана илим министрлиги биринчи класстын окуучулары үчүн жаңы китептерди чыгарууну пландаштырган.

Биздин республикада окуу китептеринин жетишсиздиги дайыма болуп келген, бирок 2006–жылы мектеп китептеринин ижарасы үчүн төлөмдөрдү алып салуу жөнүндөгү өкмөттүн токтомунан кийин бул көйгөй дагы да курчуду. Ошондуктан, республиканын мектептерин окуу китептери менен камсыз кылуунун жалгыз ыкмасы– бул Азия өнүктүрүү банкынын “Билим берүүнүн экинчи долбоорунун” адистери тынбай сунуштап жатышкан ижара тутумун киргизүү болуп саналат. Бул окуучуларды окуу китептерине аяр мамиле жасоого тарбиялмак.

Акыркы учурда мектептердин 86%, бала–бакчалардын 89% имарат жагынан кооптуу болуп эсептелинет жана кайра жаңылоого муктаж. Мектептердин көбү 1950–жылдарда курулгандыктан, алар капиталдык ремонтко же кайра курууга туура келет. Республиканын бюджети аркылуу жыл сайын жаңы мектептер салынып, көптөгөн мектептер кайра жаңылануууда. Бул жагдайда эл аралык уюмдары жардам көрсөтүшүүдө. Мисалы, АРИС уюмунун жардамы аркылуу 1700 айылда школдор курулуп же ремонттон чыккан, ошондой фельдшер акушердик пункттар, жолдор, көпүрөлөр, сугат системалары, электр чордондору жана башка иштер аткарылган. Ушунун негизинде Германиядан алынган 5 млн. евро карызы 45%; же болбосо–2,25 млн. евро кечүүгө мүмкүнчүлүк түзүлүүдө.

Долбоордун алкагындагы 13 социалдык объекттин 8–объектти ишке берилген. Буга мисалы, Чүй районундагы Чапаев атындагы, Кочкор районундагы Комсомол, Кадамжайдагы Миң–Чынар айылындагы, Кара кулжанын Кара– Булак айылындагы, Ысык–Көл районунда Кара–Ой айылындагы жүз орунду башталгыч мектептер, Ноокен районун Бирдик, Панфилов районун Курама айылындагы ФАПтардын курулушу, Ала–Бука районунун Көк–Таш айылында, Жумгал районунун Чоң–Дөбө, Жети–Өгүз районунун Ак–Дөбө жана башка райондугы абдан зарыл болгон ФАП тардын курулушу ишке ашырылат. Мындан тышкары, бул долбоор боюнча спорт залдар, бала бакчалар, энерго натыйжалуу технологияларды пайдалануу курулуштарды курууга сарпталса, анда Германия жалпы карызды толугу менен кечүүгө мүмкүн.

Рынок реформалары мамлекеттин бардык жалпы билим берүүчү мектептеринин 80%нан көбүрөөк бөлүгүн түзгөн айыл мектептеринин ишмердүүлүгүнө кардиналдуу өзгөрүүлөрдү

киргизди. Аймактык жана жергиликтүү бюджеттер көп учурларда билим берүү тутуму боюнча оор жүктүү көтөрүүгө алсыз болушууда. Ушуга байланыштуу билим берүүдө болгон чыгашалардын кандайдыр бир бөлүгү окуучулардын үй–бүлөөлөрүнө өткөрүлдү. Бул калктын жакыр катмарына терс таасирин тийгизди, б.а., көп жаштар мектеп тутумунда сапаттуу билим алууга мүмкүнчүлүк ала алышпайт.

2013–жылы республиканын 620 мектептеринде камкорчулар кеңештери түзүлгөн жана бюджеттик эмес каражаттарды мектептин инфраструктурасын жакшыртууга, компьютердик класстарды ачууга жана башка социалдык иштерге жумшалат. Негизинен камкордук тутуму Чүй жана Баткен областтарында кеңири колдонууда.

Республикадагы мектептик билим берүүдө 74,0 миң мугалимдер эмгектенишет (2013–жыл). Педагогикалык адистер менен камсыз кылууда чоң көйгөйлөр бар, б.а. жетишпөөчүлүк, дээрлик 30%ды түзөт, айрыкча бул көйгөй айыл мектептеринде курч байкалат. Негизги себеби болуп, социалдык эмгек акынын төмөн деңгээли саналат. Мунун бары окуучулардын сапаттуу билим алышына терс таасир берди.

Жалпы билим берүүчү мектептердин педагогикалык адистер менен толукталышы керектөөнүн 95%ын түзөт. Кыргызстандын мектептеринде 2319 мугалим жетишпейт. Көп мугалимдер мектептерде иштегендер пенсионерлер. Мугалимдер өзгөчө Талас, Чүй областтарында, Бишкек жана Ош шаарларында жетишпейт. Республиканын Жогорку окуу жайларынан жыл сайын 1900–2600 жаш мугалимдерди бүтүрүп чыгарышканы менен, өз адистиктери боюнча алардын жарымы гана иштешет. Көпчүлүк жаш мугалимдер Казакстан жана Орусияга иштегени кетип жатышат. Жаш педагогикалык адистердин жетишсиздиги башталгыч класстарда өзгөчө байкалууда.

Мектептердин башталгыч класстарында 12% гана жаш мугалимдер иштешет жана 77% педагогдор 20 жылдан ашык стажга ээ. Эреже катары, булардын бары өтө оор окуу жүгү менен иштешет, анткени аз эмгек акынын айынан бир жарым–эки, атүгүл үч ставка менен иштөөгө мажбур болушат.

Республиканын ар бир бешинчи мектебинде 10 предметчи мугалим жетишпейт. Өзгөчө курч жетишсиздик математика (498)

жана физика (386) мугалимдеринде байкалат (“Вечерний Бишкек” газетасы, 2009–жыл, 2–март).

Бюджеттик бөлүмдөргө тапшырган көптөгөн абитуриенттер окууну бүткөндөн кийин бир нече жыл милдеттүү түрдө мамлекеттин берген багыты боюнча иштеп, кайтаруусуна туура келээрин билгенден кийин, мамлекеттик гранттан баш тартышат. Вакансиялардын эң көбү (250гө жакын) педагогикалык багыт боюнча болду (“Вечерний Бишкек” газетасы, 2009–жыл, 17–март).

2013–окуу жылынын башында республикада 75,6 миң мугалим болгон, анын ичинен жогорку билимдүүсү–79%, орто кесиптик билимдүүлөрү–9,0%, толук эмес жогорку билимге ээ болгондору 8,0%, орто билими менен–2,0%. Мамлекеттик мектептерде бир мугалимге 15 окуучу, ал эми жеке мектептерде–9 окуучу туура келет.

Бүткүл дүйнөлүк банктын колдоосу менен КРнын Билим берүү жана илим министрлиги тарабынан Ыссык–Көл жана Талас областтарында “Айылдык билим берүү” пилоттук программасы ишке ашырылган. Бул областтардын окуу мекемелерине 700 миң доллар каражат жабдыктарга, компьютердик класстарга, ресурстук борборлорго, спортзалдарга, өнөрканаларга, библиотекаларга жана ашканаларга багытталды. Бардык мектептер тил багытында окутууга жалпы суммасы АКШнын 920 миң долларын түзгөн, а.и. 300 миң доллар, китеп алышкан, жалпы тиражы 700 экземпляр болгон жети аталыштагы жаңы китептерге жана методичкаларга 1 млн.доллардан ашык каражат бөлүнгөн.

Жалпы алганда, “Айылдык билим берүү” долбоорунун алкагында Ысык–Көл областынын 191 мектеби жалпы суммасы 28,4 млн. сом болгон 283 микро долбоорлорду ишке ашырууга гранттарды алышкан жана 9,8 млн.сомдук окуу–методикалык материалдар берилген. Аймактын жалпы билим берүү мекемелерине кыргыз жана орус тилдериндеги 16450 экземпляр окуу китептери, ошондой эле 64275 экземпляр 7 аталыштагы жаңы окуу китептери жана мугалимдер үчүн пособиялар каралган.

2008–2009–окуу жылында окутууну жана тарбиялоону жакшыртуу пландарында коюлган маселелерди ишке ашыруу жыйынтыктары боюнча Ысык–Көл областынын 49 мектеби жалпы суммасы 100 миң АКШдоллары болгон гранттарына сертификаттарды алышты. Эң мыкты 16 мектептердин ар бири 2

миң АКШ доллары өлчөмүндөгү жалпы мектептик сыйлык алышты. Жекече сыйлыктар менен 2057 мугалимдер сыйланышкан.

"Айылдык билим берүү" долбоорунда мектеп, ата–энелер, мамлекет жана донорлордун арасындагы милдеттенмелердин бөлүнүүшү так анык белгиленген, чындыкка ылайык мөөнөттөрү жана жыйынтыка индикаторлору чектелген.

2006–жылдан баштап республикада Азия өнүктүрүү банкы тарабынан уюштурулган Билим берүүнүн экинчи долбоору ишке ашырыла баштаган. Бул программага ылайык мектептик билим берүүнү модернизациялоо үчүн 15,5 млн. АКШ доллары өлчөмүндөгү грант берилди. КР нын Өкмөтү бул долбоорду ишке ашырууга 6,35 млн. АКШ доллары өлчөмүндөгү өз салымын кошту. Бул долбоорду ишке ашыруунун мөөнөтү беш жыл деп койулган.

Аталган долбоордун максаты– капиталдык оңдоп–түзөө (ремонт), эмеректерди алуу, жабдыктар (анын ичинде компьютердик класстар, лингафондук кабинеттер ж.у.с.), жаңы окуу китептерине жардам берүү. Долбоор Чүй, Талас областтарында жана Бишкек шаарында ишке ашырылган. Долбоордо педагогикалык адистерди, б.а. 6000 ден ашуун мектеп мугалимдерин окутуу тартылган. Бул долбоорду ишке ашыруунун натыйжасында мектептик билим берүүнүң стратегиясы, окуу пландары жана окутуунун сапатын баалоо иштери каралган. Айыл мектептеринде 300дөн ашык мугалимдер "Жаш мугалимдин депозити" боюнча иштешет, Чүй, Талас областтарынын жана Бишкек шаарынын 90 приоритеттүү мектептери өздөрүнүн мектебинин инфраструктурасын жакшыртышат, окуу жабдыктарынын комплекттерин (көрсөтмө куралдар) алышат, 22 мектепте капиталдуу оңдоп–түзөө өткөрүлөт.

Ош шаарынын ортосунда Ага–Хан атындагы школ бар. Бул школ 11–12жылдан бери иштейт, балдарды 5–класстан алышат. Сабак негизинен англисжана немис тилинде өтөт. 2013–жылы 43. бүтүрүүчүлөрдүн бары жогоркуокуу жайларына өтүшкөн. Кээ бир окучулар Россия, Япония, Кытайга,Түштүк Кореяга окууга кетишет. Алыскы райондордон келген окуучуларга стипендия берилет.

**Мектепке чейинки билим берүүдө–** келечеке жүргүзүлүүчү чаралардын саясаты төмөнкү багыттарда болмокчу:

- мектепке чейинки билим берүүнүн альтернативдүү формаларыболгон коомчулугун, жергиликтүү биримдиктердин, социалдык шериктештердин, ата–энелердин, демөөрчүлөрдүн, эл–аралык уюмдардын каражаттарын тартуу жолу менен өнүктүрүү;
- мектепке чейинки билим берүүнүн мамлекеттик стандарттарын жакшыртуу;
- мектепке чейинки даярдоо тутуму тарабынан балдарды тартууну көбөйтүү.

**Жалпы орто билим берүү:**

- билим берүүнү колдоо фонддору аркылуу, жергиликтүү биримдиктердин, демөөрчүлөрдүн каражаттарын тартуунун эсебинен калктын социалдык корголбогон катмарында болгон окуучуларды даректүү колдоо жолу менен базалык билимдин жеткиликтүүлүгүн камсыз кылуу;
- мектептик билим берүүнүн альтернативдүү мекемелерин түзүү, атайын зарылчылыгы бар балдарды жашаган жери боюнча массалык мектептерге кабыл алууну камсыз кылуу жолу менен инклюзивдүү билим берүүнү кеңейтүү;
- мектептердин инфраструктурасынын өнүгүүсүн колдоо;
- билим берүүнүн мамлекеттик стандарттарын билимге жана машыгуу багытында тереңирээк билим берүү жана өркүндөтүү;
- мектептердеги бүтүрүү экзамендери менен ЖОЖ дорго кирүү экзаменин айкалыштырган жалпы республикалык тестирлөөнү киргизүү;
- жалпы орто жана кесиптик билим берүүнү барган сайын интеграциялоо ж.б.

Билим берүү өлкөбүздүн мамлекеттик саясатынын артыкчылык берилген стратегиялык багыты болуп саналат. Анын өнүгүүсү негизинен каржылык туруктуулукка байланыштуу. 2011–жылдын 1–майынан баштап мугалимдердин айлыгы жогорулашына байланыштуу 2012–жылы билим берүү тармакты каржылоо 12,5 млрд. сомдон 18,6млрд сомго чейинөскөн.

**Кесиптик–техникалык билим берүү.** 1991–жылдан республиканын өкмөтүнүн алдында мамлекеттик комитет уюштурулган,

ал эми 1994–жылдан баштап кесиптик–техникалык билим берүү (КТББ) тутуму Эмгек жана социалдык коргоо Министрлигинин курамына кошулган.

Кыргызстандагы кесиптик техникалык билим берүү социалдык–экономикалык өнүгүүнүн негиздеринин бири, үзгүлтүксүз билим берүү тутумунун ажыралгыс бөлүгү, ошондой эле өлкөбүздөгү жакырчылыкты төмөндөтүүнүн басымдуу фактору болуп саналат. Өнүккөн мамлекеттердин тажрыйбасы көрсөткөндөй, жакшы иштеген КТББ тутуму– экономикалык жана социалдык өнүгүүнүн маанилүү элементи. Учурда эл чарбачылыгынын көптөгөн тармактары кайрадан жаралууда, ушул себептүү да кирпич–таш коючулар, шлифовкалоочулар, фрезерчилер, электроширеткичтер, токарлар, кафельчилер, плита коюучулар, жыгач усталар жана көптөгөн башка адистер талап кылынууда.

Аркеттеги кесиптик–техникалык окуу жайлардын, лицейлердин келечектеги адистер жакшы билим жана практикалык билим алуусуна шарт түзүүчү тиешелүү окуу–өндүрүштүк базалары жок. Бирок, рынок мындай адистерди болушунча тезирээк даярдоону талап кылууда, б.а. жогорку окуу жайларынын бүтүрүүчүлөрү үчүн да мүмкүн болушунча кыска мөөнөттүү курстарды да уюштуруу зарыл.

Республикада башталгыч жана орто кесиптик окуу жайлардын саны акыркы 20 жылдын ичинде өзгөрүш болгон жок. Мисалы, 1991–1992 окуу жылында алардын саны 101 түзгөн болсо, андан кийинки жана акыркы окуу жылдарында (2012–2013жж.) 110 түзгөн (124–табл.)

Жалпысына бардык кесипкөйлүк окуу жайында 90 кесиптик лицейлер, 14–кесиптик–техникалык окуу жайлары, 7–окуу жайы, кармоонун өзгөчө шарттарына муктаж.Жашы жете электер үчүн Беловодское айылындагы атайын кесиптик–техникалык окуу жайы (КТОЖ, же орусча ПТУ) аракетте. КТОЖ тутумуна Токмок шаарындагы индустриалык–педагогикалык техникум да кирет.

124– Таблица. **Республикада башталгыч жана орто кесиптик окуу жайларынын жана окуучулардын саны**

| | 1991–1992 | 2000–2001 | 2006–2007 | 2007–2008 | 2008–2009 | 2009–2010 | 2010–2011 | 2011–2012 | 2012–2013 |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **Бардыгы кесипкөйлүк окуу жайы** | 111 | 113 | 111 | 111 | 110 | 109 | 109 | 109 | 110 |
| **Орто кесипкөйлүк окуу жайы** | 48 | 53 | 80 | 82 | 90 | 111 | 122 | 126 | 132 |
| **Башталгыч кесипкөйлүк окуу жайы- на окуган студенттер** | 49531 | 26541 | 29319 | 28835 | 29993 | 31010 | 31225 | 31032 | 31041 |
| **Орто кесипкөйлүк окуу жайын окуган студенттер** | 42674 | 26415 | 40254 | 43413 | 48991 | 59555 | 64287 | 72323 | 83340 |

Статистикалык маалымат: “КР цифрада”, 2014.

Окуучулардын жалпы саны 39,0 миңдин айланасында. Бюджеттин эсебинен 26,7 миң жана бюджеттен сырткары булактардан–2,4 миң балдар окушат. Баштапкы кесиптик мекемелердеги окутуу мугалимдеринин арасында өндүрүштүк окутуунун мастерлери, тарбиячылар жана окутуучулар бар жана 3,5 миң жетектөөчү, инженердик–педагогикалык кызматкерлер кызматкерлер кызмат көрсөтүшөт.

Республиканын өкмөтү 2009–жылы КТББ тутумуна 2008–жылкыга караганда 144 млн.сомго көп акча каражатын бөлгөн. КТББны өнүктүрүү үчүн эл аралык донордук уюмдар чоң колдоо көрсөтүп жатышат. Мисалы, Азия өнүктүрүү банкы лицейлерди техникалык жабдуу үчүн 10 млн. АКШ доллары өлчөмүндөгү грант бөлгөн. Бир нече жылдан бери техникалык кызматташуу боюнча GTZ Германия коому да колдоо берип келет.

Кесипкөйлүк Техникалык училищада жатакана жана үч маалдык тамак менен камсыз болгон. Алардын тамагына күнүнө 30 сомдон бөлүнөт, ал эми башкалар үчүн бул көрсөткүч 21 сомду

түзөт. Мамлекет бул максатта 50 млн. сом бөлөт. Бардыгы болуп КТОЖ камсыздоо үчүн мамлекет жана жергиликтүү бийликтер окутуучулардын эмгек акысы менен окуучулардын стипендиясын кошкондо 220 млн. сом акча каражатын каралат. Аз камсыз болгон үй–бүлөөрлөрдүн балдарынын стипендиясы 208 сомду түзөт. Башкалары жашоо турмуштарына жараша 80 сомдон 150 сомго чейин стипендия алышат.

Жакынкы жылдарда КТББнүн базасын модернизациялоо жүргүзүлөт. Бул окуу жайларынын бүтүрүүчүлөрү рынокто талап кылынган адистиктерге ээ болушу үчүн жумуш берүүчүлөр жана жумуш менен камсыз кылуу кызматтары менен эмгек рыногунун талабына ылайык квалификациялуу жумушчу адистерди камсыз кылуу боюнча кызматташтык жүрүүдө. Эл аралык каржы уюмдарынын колдоосу менен каржылануучу кесиптик билим берүү тутумундагы инвестициялык долбоорлорду ишке ашыруунун натыйжалуулугун жогорулатууга багытталган иштер жакшыртылууда. Мисалы, КТББ тутуму Азия өнүктүрүү банкынан гранттык жардам түрүндө 10 млн. АКШ доллары каралган. Мунун биринчи фазасы 300 миң доллар өлчөмүндөгү техникалык жардам түрүндө болгон. Калганы тиешелүү программанын аткарылышына жараша, айтылган каражаттардын суммалары берилет.

Республикада №28–Кыргыз–Россия кесиптик лицейинин базасында жумушчу адистерди даярдоо жана квалификациясын жогорулатуу боюнча ресурстук борбор ачылган. Кыргызстанда 20 ушундай борборлор иштеп жатышат, бирок алардан айырмаланып, Беловоддогу ресурстук борбор көп функциялуу болуп саналат. Бул жерде бир канча цехтер ачылган–тигүүчүлүк, слесардык, макарон чыгаруучу ж.б. Өздөрүнүн чач–тарач бөлүмү, ландшафттык дизайн боюнча өнөрканасы, компьютерлер, видеокамера, кинопректор, цифралуу фотоаппарат менен жабдылган мультимедиа кабинети бар. Анын үстүнө, бардык бөлүмдөр заманбап техника менен жабдылган.

Ар бир профиль боюнча борбор үч айда 150 гө чейин адистерди чыгара алышат. №28–кесиптик лицей райондун өндүрүштүк жана айыл чарба ишканалары менен жумушчу адистерди толуктоо боюнча активдүү кызматташат.

Кыргыз–Корея маданий–билим берүү борбору аркылуу №3–лицей тарабынан кызматташу боюнча үч тараптуу келишим

(контракт) түзүлгөн. Жылына бул контракт боюнча 165 полиграфисттер ж.б. даярдалууда. Бул борбор тарабынан Бишкек жана Ош шаарларында курулушчулар, газ менен ширеткичтер, автослесарлар, муздаткыч техникаларды ондоп–түзөөчү мастерлер, ошондой эле банктык кичи менеджерлер жана насыялык кооперативдердин менеджерлери жана бухгалтерлер даярдалат.

Канада менен биргеликте Каракол шаарындагы №14 жана Бишкек шаарындагы №27–лицейлеринде окуучулук программалары киргизилген.

Ошентип, КТББ нын тутуму азырынча өндүрүш тармагын боюнча жакшы даярдалган жумушчу адистер менен камсыз кылуу жетиштүү абалда эмес. Өнүккөн мамлекеттерде окутуунун жаңы методикасы керек. Ал Окуучулук программа тутуму деп аталат жана рыноктун талаптарына жооп берген билимди жана машыгуу алууга мүмкүндүк берет.

Ошондой эле Чехиянын кесиптик билим берүү тажрыйбасын алсак болот. Бул өлкөдө кесиптик билим берүү тутуму жакшы деңгээлде өнүккөн жана мамлекет тарабынан дайыма колдоо жүргүзүлөт. Мисалы, 1 окуучуга 38 миңден 55 миңге чейин чех крону, же биздин сом менен 144–146 миң сом бөлүнөт. Чехияда мектеп окуучулары 5–класстан баштап 9 класска чейин жылына ишканаларга барышып, өздөрүнө кесип тандашат.

Ошентип, КТББнын тутуму азырынча өндүрүштү жакшы окутулган жумушчу адистер менен камсыз кыла турган жетиштүү абалда эмес. Батыштагы окшогон окутуунун жаңы методикасы керек. Ал окуучулук программасы же дуал тутуму деп аталат жана рыноктун талаптарына жооп берген билимди жана машыгуу алууга мүмкүндүк берет.

Ошондой эле Чехиянын кесиптик билим берүү тажрыйбасын алсак болот. Бул өлкөдө кесиптик билим берүү системасы жакшы деңгээлде өнүккөн жана мамлекет тарабынан дайыма колдоо жүргүзүлөт. Мисалы, 1 окуучуга 38 миңден 55 миңге чейин чех крону, же биздин сом менен 144–146 миң сом бөлүнөт. Чехияда мектеп окуучулары 5–класстан баштап 9 класска чейин жылына ишканаларга барышып, өздөрүнө кесип тандашат.

Кыргызстанда Т а л а с айыл чарба техникуму ушул күндөр да үзүлүү эмгектенип, айыл чарбасына керектүү адистери даярдап келет. Кийинки жылдарда бул техникум “Талас агрардык жана

экономикалык колледжи” болуп аталган. Бул техникумда алгачкы эле жылдарда, рыноктун суроо талабына жараша сут азыктарынын технологиясы”, “Арычылык”, “Тери иштетүү”, “Энергетика” адистеги боюнча иш алып барган.

1993–жылдан тартып техникум ТАСИС менен биргелешип иш жүргүзгөн. Ошонун негизинде агрардык кадрларды даярдоо учун техникум 20 адамды Англиядан, Шотландиядан, Туркиядан билим алышты. Ошондон бери окуу жайы 3500 ашык адистерди даярдап чыгарды.

**Жогорку билим берүү тутуму.** Коомдун мүчөлөрүнүн билимдүүлүк деңгээли экономиканын өнүгүүсүнүн негизги факторлорунун бири болуп саналат. Билим берүүнүн натыйжасы болуп өз кезегинде өлкөнүн улуттук кирешесинин өсүүшүнө таасир берүүчү жогорку билимге ээ болгон адамдар, даярдалган квалификациялуу адистер саналат.

ЮНЕСКОнун маалыматтарына жараша, жогорку билим берүү тутумунда студенттердин саны 1960–жылдагы 13 миллиондон 1970–жылы–28 миллионго, 1980–жылы–46 миллионго жана 1991–жылы–65 миллионго көбөйдү. Башкача айтканда, 1960–1990–жылдар аралыгында студенттердин саны 5,0 эсеге көбөйгөн, божомолдоолор боюнча 2015–жылда 97 миллион жана 2025–жылда 100 миллион болмокчу.

Кыргызстанда билим берүү областында реформаны өткөрүү жана аны андан ары өнүктүрүү үчүн эл аралык каржы институттары тарабынан карыз жана гранттар формасында 27,3 млн. АКШ доллары бөлүнгөн, мунун ичинен ЮСАИД багыты боюнча–25,7%, Германия–18,5%, “Сорос–Кыргызстан” фондунан–17,3%, Европа биримдиги (сообщество) тарабынан–14,2%, Азия өнүктүрүү банкынан–12,5% жана ПРООНдон–5,1%. Мындан сырткары Евразия Америкалык фонду тарабынан 1993–1997–жылдар аралыгында 585,9 миң АКШ доллары суммасындагы каржылык жардам көрсөтүлдү.

2013–жылы Республикада 52 ЖОЖ бар болду, анын ичинен 33 мамлекеттик жана 19 жеке, 8 и КМШ мамлекеттеринин филиалдары.

Жогорку окуу жайларында 233,6 миң студент окушууда, анын ичинен мамлекеттик ЖОЖдордо–204,0 миң жана мамлекет-

тик эмес ЖОЖдордо жана КМШ мамлекеттеринин ЖОЖдорунун филиалдарында 10,5% же 27,6 миң студенттер окушат (125–табл.).

125– Таблица. **Кыргызстанда жогорку окуу жайлары жана студенттердин саны**

| Окуу жылдары | ЖОЖ саны | Мамлекет тик | Менчик | Студентте рдин Саны | Анын ичинен | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | | | Мамлекет–тик | Менчик |
| **2006/2007** | 47 | 32 | 15 | 236629 | 216126 | 20803 |
| **2007/2008** | 49 | 33 | 16 | 250460 | 225577 | 24883 |
| **2008/2009** | 50 | 31 | 19 | 243028 | 217403 | 25625 |
| **2009/2010** | 54 | 32 | 22 | 233605 | 207281 | 26324 |
| **2010/2011** | 56 | 33 | 23 | 230379 | 202531 | 27848 |
| **2011/2012** | 54 | 33 | 21 | 239200 | 209400 | 298 |
| **2012/2013** | 52 | 31 | 21 | 231600 | 204000 | 27600 |

Статистикалык маалыматы: Кыргыз Республикасынын билим жана илим министирлиги, 2014-ж.

Экономикалык реформа убагында Кыргызстанда жогорку окуу жайлардын саны 12 (1990–ж.) ден 54 (2012–ж.) чейин жеткен. Ошондой эле мамлекет тарабынан бюджеттен бөлүнгөн каражат 4,9% ИДП (1998–ж), 2005–ж.–4,8%, 2012–ж–7,4% түзгөн. Негизинен жогоркуокуу жайлардын саны боюнча, Бишкек шаарында 68%, Ош шаарында 17%, Жалал–Абад шаарында 9% жайгашкан.

Жогорку окуу жайларын тескөө механизминде окуу сапатын жакшыртуу боюнча мамлекеттик билим берүү стандарты бекитилген.

Өнүккөн мамлекеттерде 2/3 бөлүгү студенттер мамлекеттик окуу жайларында, ал эми кээ биринде 90% чейин окушат. Ал эми АКШуниверситеттерин 3/4 бөлүгү менчик, ошондой эле бир катар Азия өлкөлөрүндө менчиктер–80% түзөт. Мисалы, Японияда 2010–жылы менчикокуу жайында студенттердин үлүшү 77%, Филипинде–2008–жылда–76%, Кытайда–89% туура келет.

Реформага чейинки убакытка салыштырмалуу жогорку билимдүү адистерди даярдоо жүргүзүлүп жпткан адистиктердин

саны эки эсеге (азыр алардын саны 200 дөн ашуун) көбөйдү. Бакалаврларды даярдоо программасы боюнча 16, ал эми магистрлик программасы–5 ЖОЖлары иштешүүдө.

Кыргызстан дүйнөлүк билим берүү биримдигинин чөйрөсүнө кирди, бул Кыргыз–Түрк, Кыргыз эл аралык, Кыргыз–Россия славян университеттери, Кыргыз–Түрк колледжи ж.б. сыяктуу биргелешкен окуу жайлардын ачылышына шарт түздү. Ж.Баласагын атындагы Улуттук университеттин алдында кыргыз–европа факультети, япон жана чыгыш тилдерин окуп–үйрөнүү боюнча чыгыш факультети ачылган. 2008–жылы Кыргыз–америка факультетинин базасында Борбордук Азиянын Америка университети түзүлгөн. Бул биргелешкен жогорку окуу жайларында 4,2 миң студенттер билим алышат.

Экономикалык реформа шарттарында билим берүү боюнча кызмат көрсөтүү рыногунда жогорку окуу жайлардын атаандаштыгы үчүн шарттар түзүлгөн. Эл аралык байланыштар кеңейүүдө, КМШнын гана эмес, алыскы чет өлкөлөрдүн 28 мамлекети менен тыгыз байланыштар бар. “XXI кылымдын адистери” президенттик программасынын жана эл аралык келишимдердин мүмкүнчүлүктөрүн пайдалануу менен 3 миңге жакын жаш кыргызстандыктар чет өлкөлөрдө окуп жатышат.

Жогорку окуу жайыларында (ЖОЖ) адистерди рыноктун талабына ылайыктуу даярдоо болбой жаткандыктан, орточо эсеп менен 30% кана жумуш менен камсыз болууда. Ошондуктан 2013–жылы 15–жогорку өнүү жайында дал келбегендиги үчүн 72 багыттагы адистиктер боюнча лицензияны министирлик аркылуу алып салынган. Учурда билим берүү тутуму бүгүнкү күндүн талаптарында толук жооп бербей жатат. Мурда жогорку окуу жайларында 120 бал менен өтүшсө, азыркы убакта 80–90 бал менен өтүп жатат. Ошого жараша студенттердин билим алуу сапаты төмөндөп кетүүдө.

Республикада жогорку окуу жайлардын саны көп болгону менен, студенттерди окутуучулардын сапаты кыйла төмөн. Көп жогорку окуу жайлар тийиштүү, сапаттуу, билимдүү мугалим–профессорлор менен толукталган эмес. Мунун бирден бир себеби алардын квалификациясына туура келбеген айлык майанасы.

Бюджеттик жана контрактын каражаттардын эсебинен профессордук–окутуучулук курамы орточо эсеп менен 5,0 миңден

15,0 миң сомго чейинки өлчөмдөгү кепилденген мамлекеттик эмгек акы төлөнүп жатат. Албетте, мындай төмөн эмгек акы менен профессордук–окутуучулук курамы жогорку квалификациялуу адистердидаярдоодо чоң көйгөйдү жаратууда. Союз убагындагы тутумда илимдин кандидаты министлердин, ал илимдин докторлору–профессорлор республиканын коммунисттик партиясынын жогорку деңгээлиндеги эмгек акыны алышчу. Учурда бул катыш тиешелүү түрдө министрлердин ж.б. эмгек акысынын 10–15%ын гана түзөт. Ал эми коммуналдык жөнөкөй жумушчусу айына 10–15 миң сом алат. Мындай шартта сапаттуу адистерди окутуп даярдоо мүмкүн эмес.

2006–жылы Билим берүү жана илим министрлиги тарабынан жогорку билим берүү тутумунда окутуунун сапаты үчүн, болочок адистердин рынок шартында жоопкерчилигин жогорулатуу максатында реформа башталган. Жогорку окуу жайлардын ишмердүүлүгүнө комплекстүү баа берүү үчүн республикалык министирлиги аркылуу аттестациялоо өткөрүлүүдө.

Билим берүүнүн деңгээли жана сапаты боюнча Кыргызстан 57 мамлекеттин арасындагы рейтингде акыркы орунду элеген. Дипломдолгон адистерди конвейердик түрдө өндүрүү аз сабатту адистерди массалык түрдө фабрикациялоого алып келди (“Вечерний Бишкек” газетасы, 2009–жыл, 8–апрель).

Билим берүүнүн деңгээли, азарынча рынок менен мамлекеттин керектөөлөрүн канааттандыра албай жатат. Совет бийлиги учурундагы беш жылдык билим берүү бүгүнкү күндүн талаптарына жооп бербегендиктен, адистерди даярдоодо ЖОЖ эл аралык интеграцияга өтүшүүдө. 1993–жылы европанын 33 мамлекетинин билим берүү министрлери Болон декларациясына кол коюшган. Анын максаты жогорку билим берүүнүн европа зонасын түзүү, ошондой эле европанын билим берүү тутумун дүйнөлүк масштабда киргизүү болуп саналат. 2006–жылы бул декларацияга дагы 45 мамлекет, алардын арасында Кыргызстан да кошулду.

Эки деңгээлдүү билим берүүгө өтүү, кредит–сааттарды киргизүү жана студенттер тарабынан бул билим берүү тутумун өздөштүрүү жанаалардын сапатын жакшыртуу да убакытты, материалдык–техникалык жабдуунун базасын талап кылат. Бирок, бүгүнкү күнгө чейин баклавр менен магистрдин дипломун жана

алардын эмгегин колдонуу чөйрөсү аныктала элек. Бакалавр жана магистр даражасына ээ болгон кызматкерлердин карьералык өсүүсүн камсыз кылуучу механизмдер алиге түзүлө элек.

Рынок мамилелерине өтүү шарттарында жогорку билим берүү тутумунда дээрлик башка сапаттык деңгээлдеги олуттуу интеграциялык өзгөрүүлөр болуп өтүүдө. Мисалы, Кыргызстанда Академиялык алмашуулардын Германиялык кызматы (ДААД) иштеп жатат (1925–жылы түзүлгөн). Биздин республикада 1991–жылдан бери бул кызматтын алкагында студенттер, аспиранттар жана окумуштуулар үчүн стипендиялык программалардын 10 түрү аракетте. Бул убакыт аралыгында чет мамлекеттерде окуп жатышкан 1400 дөн ашуун кыргызстандыктарга колдоо көрсөтүл-дү.

2008–жылы абитуриенттер үчүн 1–курсунан баштап Германия ЖОЖда окуусун баштоого мүмкүндүк берүүчү программа өз ишин баштаган. Аспиранттар үчүн 3–4 жылдык программа каралган. ДААДдын стипендиясы жол киреге, камсыздандырууга жана жашоого болгон чыгашаларды толук жабууга мүмкүндүк берет.

2000–жылы Казакстандын, Кыргызстандын, Тажикистандын өкмөттөрү жана Ага–Хандын өзү тарабынан Борбор Азия университети (УЦА) түзүлгөн. Университеттин келишими жана уставы үч республиканын парламенттери тарабынан ратификация-ланган жана БУУда катталган.

УЦА долбоору дүйнө жүзүндө өзүнүн камтуусу боюнча да, анын негизине коюлган депрессивдүү тоолуу аймактарды өнүктүрүү философиясы боюнча да өзүнө окшошу жок долбоор.

УЦА Нарында, Текелиде (Казакстан) жана Хорогдо (Тажикстан) университеттик шаарчалардын курулушу менен алектенет. Нарындагы студшаарчанын аймагында заманбап окуу имараттары, лабораториялар, жатаканалар, ашканалар, спорттук–маданий объекттер жана лекториялар жайгашат. 2014–жылдантартып 252га болгон курулуштун биринчи этабында имараттары курула башталмакчы.

УЦА да бир эле мезгилде 300 окутуучунун жетекчилиги астында 3 миңге жакын студенттер билим алышат. Университетке тапшыргысы келгендер катуу конкурстук талдоодон өтүшөт. Бул студенттердин сапаттуу даярданышына түздөн–түз таасири бар.

Кыргызстандын аймактарынан келищкен жаштарга жеңилдиктер каралган, бирок коңшулаш мамлекеттердин жарандары да окуй алышат.

УЦА кесиптик жана үзгүлтүксүз билим берүү мектеби (КҮББМ) тездетилген кесиптик–техникалык билим берүү программаларын сунуштайт. КҮББМ программасы боюнча 2006–жылдын октябрь айында ачылгандан бери эки миң студент окуп билим алышты.

УЦА кесиптик жана үзгүлтүксүз билим берүү мектеби УЦАнын бөлүмү катары Нарын шаарында 23 адамды окутуп чыгарышты, алар 2007–жылдын июн айында сертификаттар менен сыйланышкан. Алардын бары "Бухгалтердик эсептин технологиясы" жана "Ишкер англис тили" адистиктери боюнча каржылык мекемелерге ийгиликтүү ишке орношушту. КҮББМ да окугандардын саны 2006–жылдагы 600 адамдан 2007–жылы 2950 адамга өстү. 2008–жылдын ноябрь айында УЦА 98 курулушчуларды бүтүрдү.

"Microsoftтун сертификацияланган системалык администратору" программасы боюнча окугандар жана аны ийгиликтүү аяктагандар бул ири компаниянын базасында катталышат. Дүйнөнүн түрдүү мамлекеттеринин ири жумуш берүүчүлөрү анын каталогуна кирүү уруксатына ээ. Дал ушул авторитеттүү каталогдон алар дүйнө жүзү боюнча өздөрүнө кызматкерлерди тандашат. Андыктан мындай тесттен өтүү, айрыкча жаш адистер үчүн, чоң ийгилик.

Борбордук Азиядагы ЮСАИД Миссиясы Бишкекте эки кыргызстандын каржылык мекемелери, микронасыялык компания (КИКБ) менен насыялык кепилидиктерди берүүгө келишим түздү. Билим берүүдөгү студенттик насыяларды каржылоо үчүн багытталган ЮСАИДдин кепилдиги студенттер үчүн жогорку жана кесиптик–техникалык билимге болгон жеткиликтүүлүктү жогорулатууга мүмкүндүк түзүп, билим берүү чөйрөсүн каржылоонун кыргыз рыноктук моделин түзүүгө жана таратууга жардам берет. ЮСАИДдин кепилдиги 7 жылга эсептелген, ал "Компаньон" микронасыялык компаниясы жана КИКБ тарабынан ЖОЖда, кесиптик лицейлерде жана колледждерде окуган студенттерге берилген студенттик насыялар боюнча жоготууларды 50%га чейин жабат. Насыялык портфелдин жалпы өлчөмү

АКШнын 1 млн.долларын түзөт. Ошондой эле бул программа айылдарда жашаган, кирешеси аз болгон жаштарга да багытталган, анткени ал бул жаштарга жагымдуу шарттардагы насыялардын эсебинен техникалык билимге жол ачып берүүсү керек.

2013–жылы Орусия Кыргызстан үчүн жогорку окуу жайларында өнүктүрүү үчүн студенттерге 120 бюджеттик орун бөлүп берген. Негизин бул орундар Москва, Санкт–Петербург жогорку окуу мекемелеринен берилген. Биздин студенттер Москвадагы Ломоносов артындагы, Москва мамлекеттик эл аралык катнаштуу. Бауман атындагы Москва мамлекеттик техникалык, Улуттук изилдөө университеттери, Жогорку экономикалык школу ж.б. окуу жайларында билим алышууда. Студенттердин бардык чыгымын: жашоо, окуу иштери Орусия мамлекетинин бюджеттик каражатынан каралган.

Кыргызстан менен Туркиянын ортосунда билим берүү багытында кызматташуу көптөн бери уланууда. 1996–жылдан бери Туркия өкмөтү тарабынан жыл сайын Кыргызстандык студенттер үчүн окуу жайларынан 150 оорун, анын ичинен 80–оорун бакалаврга, 70–оорун магистратура– докторантурада берилген. 2013–жылга чейин Туркиядан 3 миңден ашык Кыргыз студенттери билим алышкан. Булардын көпчүлүгү Европада, Орусияда жана Бишкекте иштешүүдө. Азыркы кезде Туркияда 2500 жакын студент билим алышууда, анын ичинен 700 бюджеттин эсебинен, калганы– контракттык негизинде окушат. Ал эми Кыргызстандын окуу жайларында 700дөн ашык Туркиянын жаштары билим алышууда.

Жогорку билим берүү тутумун реформалоо 2010–жылдыкы КРда билим берүүнү өнүктүрүү боюнча Концепциянын алкагында да жүргүзүлөт, анда ЖОЖдын материалдык–техникалык базасын чыңдоо каралган.

Бирок, билим берүү кызматтарынын тутуму үчүн мамлекет жумушчулардын эмгегин стимулдаштыруусу, б.а. бул тутумда мектептик билим берүүнүн мугалимдеринин, мамлекеттин жогорку окуу жайларынын профессордук–окутуучулук курамынын эмгек мотивациясы жогорку деңгээлде болуушу зарыл. Жумушчулардын бул категориясына социалдык коргоону жакшыртуу зарыл, анткени алардын адистик потенциалын даярдоо

деңгээли жана сапаты да, биздин өлкөбүздүн экономикалык реформаларынын ийгиликтери да ушулардан көз–каранды.

Кыргыз Республикасында 2012–2020–жылдары Кыргыз Республикасында билим берүү стратегиясы кабыл алынып билим берүү тутумунда профессионалдык жактан жогорку деңгээлге көтөрүү иштери каралган.

Билим берүү тутумунда мамлекеттик бюджеттен каражат каралган, бирок анын жалпы суммасы жогорку профессионалдык сапатын өркүндөтүүдө толугу менен жооп бербейт. Ошондуктан жогорку билим берүү тутумунда студенттерди окутуу үчүн жекече акы төлөө (жекече инвестиция) кеңири орун алган.

Биринчи жолу үч жылдык 2012–2014–жылдары Кыргыз Республикасында билим берүү стратегия планы ишке ашырылган. Кыргыз Өкмөтүнүн 2012–жылдын 23–мартындагы №201 билим берүү тутумунун планы жөнүндө токтом кабыл алынган.

Билим берүү жана илимий министрлиги тарабынан 2020–жылга чейинки билим берүүнү өнүктүрүүнүн стратегиясы түзүлгөн жана 2012–2014 жылдарга карата иш планы иштелип чыккан. 2013–жылы 159 көрсөткүчтөн турган иш пландын 112, же болбосо 70,4% аткарылган. Ошондой эле 2015– 2017 жылдарга иш планы даярдалган.

# МАЗМУНУ


Кириш сөз........................................................................................... 3

БАП I
ӨТКӨӨЛ МЕЗГИЛДЕ МЕНЧИКТИН ӨЗГӨРҮШҮ
(ТРАНСФОРМАЦИЯСЫ)

§1. Экономикалык катнаш тутумунда менчик жөнүндө................................ 4
§2. Менчикти трансформациялоо – экономикалык
реформанын өзөгү.................................................................................. 6
§3. Мамлекеттик менчикти приватташтыруу – экономиканы
трансформациялоодогу негизги шарты................................................ 8

БАП II
УЛУТТУК ЭКОНОМИКА ЖАНА ӨТКӨӨЛ МЕЗГИЛДЕ
АНЫН МАКРОЭКОНОМИКАЛЫК КӨРСӨТКҮЧТӨРҮ

§1. Өткөөл мезгил шартында улуттук экономиканын өнүгүүсү
жана анын динамикасы......................................................................... 20
§2. Өткөөл мезгилдин шартында экономика секторлорунун
өнүгүшү.................................................................................................. 30
§3. Экономиканын азыркы абалы жана анын өсүшүнүн
проблемалары....................................................................................... 41
§4. Экономикалык өсүштүн проблемаларын чечүүдө
мамлекеттин ролу.................................................................................. 51

БАП III
ӨТКӨӨЛ МЕЗГИЛ ШАРТЫНДА ӨНДҮРҮШТҮК
СЕКТОРДУН ЭКОНОМИКАСЫ

§1. Өнөр жай комплекси– өндүрүштүн экономикалык
эффективдүүлүгүнүн өнүгүүнүн негизи.............................................. 58
§2. Машина куруу жана кайра иштетүү өнөр–жайын өнүгүүсү
жана экономикасы................................................................................ 70
§3. Эркин экономикалык аймак–өнөр–жайын модернизациялоодо
бирден бир негизги багыт.................................................................... 78

БАП IV
КЫРГЫЗСТАНДЫН ЭЛЕКТРОЭНЕРГЕТИКАЛЫК
КОМПЛЕКСИНИН ЭКОНОМИКАСЫ................................. 88

§1. Электроэнергетикалык ресурстардын өнүгүүсү жана
эффективдүүлүгү.................................................................................. 89
§2. Кыргызстандын Улуттук энергетикалык тармагы жана
өндүрүлгөн электр энергиясын пайдалануу....................................... 93
§3. Кыргызстандын суу энергетика ресурстары жана
аларды пайдалануу.............................................................................. 104
§4. Кыргызстанда от энергетикалык ресурстары жана
аларды пайдалануу.............................................................................. 113
§5. Электр энергетикалык комплекстинин келечекте өнүгүүсү.................... 121

БАП V
ОТУН–ЭНЕРГЕТИКАЛЫК КОМПЛЕКСИНИН
ЭКОНОМИКАЛЫК АБАЛЫ.
§1. Өткөөл мезгилде көмүр өнөр–жайынын абалы жана экономикасы........ 125
§2. Мунай газ өнөр жайынын экономикасынын өнүгүүсү........ 134
БАП VI
ТОО–КЕН ӨНӨР ЖАЙЫНЫН ӨНҮГҮҮШҮ ЖАНА
ЭКОНОМИКАСЫ........ 143
§1. Алтын өнөр жайынын өнүгүүсү жана экономикасы........ 149
§2. Түстүү өнөр жай өндүрүшүнүнүн өнүгүүсү жана экономикасы........ 159
БАП VII
ЖЕҢИЛ ӨНӨР ЖАЙЫНЫН ЭКОНОМИКАСЫ
§1. Жеңил өнөр жайынын абалы жана экономикасы........ 165
§2. Жеңил өнөр жайынын өндүрүштүк жана экономикалык көрсөткүчтөрү........ 172
Жеңил өнөр жайы........ 180
БАП VIII
ТАМАК–АШ ӨНӨР ЖАЙЫНЫН ӨНҮГҮҮСҮ
ЖАНА ЭКОНОМИКАСЫ
§1. Тамак–аш өнөр жайынын рынокко өткөөл шартта өнүгүүсү........ 186
§2. Тамак–аш өнөр жайынын абалы жана экономикасы........ 199
БАП IX
КУРУЛУШ ИНДУСТРИЯСЫНЫН ӨНҮГҮҮСҮ ЖАНА
ЭФФЕКТИВДҮҮЛҮГҮ
§1. Курулуштун өнүгүүсү жана эффективдүүлүгү........ 211
§2. Жогорку эффективдүү индустриялык базаны жана курулуш материалдарын өнүктүрүү........ 224
БАП X
ТРАНСПОРТТУК ЖАНА БАЙЛАНЫШ КАРАЖАТТАРЫНЫН
ӨНҮГҮҮСҮ ЖАНА ЭКОНОМИКАЛЫК МААНИСИ
§1. Заманбап экономикада транспорттун түзөмү жана орду........ 232
§2. Жол коммуникацияларынын абалы жана өнүгүүсү........ 253
§3. Телекоммуникациялык рыноктун абалы жана өнүгүүсү........ 259
БАП XI
ӨТКӨӨЛ МЕЗГИЛ ШАРТЫНДАГЫ АГРАРДЫК РЕФОРМА
ЖАНА РЫНОКТУК МАМИЛЕЛЕРДИН КАЛЫПТАНУУСУ
§1. Экономиканын агрардык секторунда рынок мамилелерин реформалоо жана анын калыптануусу........ 271
§2. Экономикалык реформа жана анын агрардык сектордун эффективдүүлүгүнө тийгизген таасири........ 279
§3. Айыл чарба тармактарынын экономикалык өнүгүүсүнө агрардык реформанын таасири........ 285
§4. Агрардык реформа шартында айыл чарба өндүрүшүнө мамлекеттик колдоо........ 307

БАП XII
КЫРГЫЗСТАНДЫН ЭКОНОМИКАСЫНДА СУУ
РЕСУРСТАРЫ ЖАНА АНЫН МААНИСИ
§1. Кыргызстандын суу ресурстарынын мүнөздөмөсү.................................. 314
§2. Кыргызстанда суу ресурстарын пайдалануу проблемалары.................. 324
БАП XIII
КУРОРТТУК– ТУРИСТИК ИНДУСТРИЯ:
ӨНҮГҮҮНҮН КӨЙГӨЙЛӨРҮ ЖАНА ПЕРСПЕКТИВАСЫ
§1. Курорттук индустриянын мүнөзү жана анын экономикалык
мааниси.......................................................................................................... 333
§2. Туризм – экономиканын натыйжалуу тармагы....................................... 336
§3. Туризмдин түрлөрү, түзүлүшү жана инфраструктуралары……………. 343
§4. Туризмдин регионалдык өнүгүүсү........................................................... 349
§5. Кыргызстанда туризм тармагын өнүктүрүүнүн мүмкүнчүлүктөрү
жана келечеги............................................................................................... 356
БАП XIV
ӨТКӨӨЛ МЕЗГИЛИНИН ШАРТТАРЫНДА БЮДЖЕТ ЖАНА
КАРЖЫ САЯСАТЫ ЖАНА АНЫН МААНИСИ.
§1. Рынок мамилелеринин шарттарында мамлекеттик бюджеттик
саясаты жана анын экономикадагы ролу(мааниси)………………………… 362
§2. Мамлекеттик бюджеттин таңсыктыгы. Бюджеттик таңсыктык
жөнүндө түшүнүк жана ага теориялык ой жүгүртүү.................................... 378
§3. Мамлекеттик карыз жана аны кыскартуунун методдору........................ 388
§4. Жергиликтүү бюджеттер............................................................................ 394
§5. Бюджеттик эмес фондулар......................................................................... 398
§6. Бюджет аралык мамилелер– учурдагы кырдаал, көйгөйлөр
жана аларды чечүүнүн жолдору.................................................................... 402
БАП XV
ФИСКАЛДЫК САЯСАТ ЖАНА АНЫН МЕХАНИЗМДЕРИ
§1. Фискалдык саясат боюнча түшүнүк……………………………………… 405
§2. Салыктар фискалдык саясаттын инструменти………………………….. 410
§3. Кыргыз Республикасындагы салык салуунун тутуму............................ 413
§4. Фискалдык саясатты реформалоонун жана башкаруунун
көйгөйлөрү...................................................................................................... 425
XVI БАП
ӨТКӨӨЛ ЭТАПТАГЫ МАМЛЕКЕТТИК БАШКАРУУНУН
МААНИСИ (РОЛУ)
§1. Мамлекеттик башкарууну реформалоо.................................................... 432
§2.Мамлекеттик чектөө методдору жана инструменттери........................... 439
§3.Улуттук экономиканы чектөөдө мамлекеттин орду ............................... 443
§4.Социалдык саясат чөйрөсүндө мамлекеттин ролу.................................. 446
§5. Экономиканын регионалдык өнүгүүсүндө мамлекеттик
чектөө жүргүзүү............................................................................................. 449

## БАП XVII
## ЭМГЕК РЫНОГУ: ӨТКӨӨЛ МЕЗГИЛДИН ШАРТЫНДА КАЛЫПТАНУУ ЖАНА ЖАҢЫЛАНУУ

§1. Эмгек ресурстары экономикалык категория катарында түшүнүк.......... 455
§2. Эмгек рыногунун маңызы, түзүмү жана өзгөчөлүгү.............................. 460
§3. Тышкы жана ички эмгек рыногунун түзүлүшү жана калыптанышы........................................................................................ 464
§4. Эмгек рыногунун калыптануусунун негизги булактары........................ 467
§5. Эмгек рыногунун азыркы абалы жана калктын жумуш менен камсыз болушу.............................................................................................. 468
§6. Трансформациялык экономиканын шартында эмгек рыногун жакшыртуу проблемалары...................................................................... 481

## БАП XVIII.
## ЖУМУШСУЗДУК ЖАНА КАЛКТЫ ЖУМУШ МЕНЕН КАМСЫЗ КЫЛУУДАГЫ МАМЛЕКЕТТИН СОЦИАЛДЫК САЯСАТЫ

§1. Жумушсуздук– өткөөл мезгилдин шарттарында социалдык– экономикалык көрүнүш.......................................................................... 488
§2. Жумушсуздарды жумуш менен камсыз кылуу кызматы жана жеке ортомчу фирмалар аркылуу жумушка орноштуруу.................................... 493
§3. Эмгекчил калктын миграциясы – эмгек рыногунун туруктуу Спутниги................................................................................................ 499
§4. Калкты жумуш менен камсыз кылуунун мамлекеттик социалдык жана жумушсуздук саясаты.................................................................. 513

## БАП XIX
## ӨТКӨӨЛ МЕЗГИЛДЕ ИШКЕРЧИЛИКТИН ТҮЗҮЛҮШҮ ЖАНА ӨНҮГҮҮШҮ

§1. Ишкерчилик экономикалык активдүүлүктүн өзгөчө формасы.............. 518
§2. Ишмердүүлүк– өткөөл мезгилде республиканын социалдык– экономикалык өнүгүүсүнүн негизи...................................................... 528
§3. Ишкерчиликти өнүктүрүүдө мамлекеттик колдоо................................ 538

## XX БАП
## КЫРГЫЗСТАНДЫН ЭКОНОМИКАСЫНДАГЫ БАНК ТУТУМУНУН РОЛУ

§1. Реформа шартында банк тутумун реформалоо...................................... 542
§2. Улуттук банк – мамлекеттин акча– насыялык тутумунда башкы чектөөчү................................................................................................ 550
§3. Коммерциялык банктар жана реформа шарттарында акча–насыя саясатын ишке ашыруу.......................................................................... 561
§4. Республикадагы банктык эмес каржы–насыялык мекемелеринин өнүгүүшү жана абалы.............................................................................. 586

## БАП XXI.
## АКЧА РЫНОГУНУН КАЛЫПТАНДЫРУУ ЖАНА ӨНҮКТҮРҮҮ

§1. Акчанын пайда болушу жана мааниси. Акчанын түрлөрү..................... 606
§2. Акча тутумунун түшүнүгү жана тиби.................................................... 611

§3. Кыргызстанда улуттук валютаны киргизүүнүн өбөлгөлөрү жана зарылдыгы........................................................................................ 618
§4. Рынок мамилелеринин шарттарындагы валюталык мамилелер............. 630
БАП XXII
СОЦИАЛДЫК–ЭКОНОМИКАЛЫК КАЙРА КУРУУ ШАРТТАРЫНДА ТЫШКЫ СООДАНЫН ӨНҮГҮҮШҮ
§1. Рынок экономикасына өтүү мезгилинде Кыргызстандын тышкы соода саясаты........................................................................................ 641
§2. Жакынкы жана алыскы чет өлкөлүк мамлекеттер менен Кыргызстандын эл аралык соода катнашы................................................... 647
§3. Кыргызстандын Бүткүл дүйнөлүк соода уюмуна кирүүсү (БДСУ)........ 657
БАП XXIII
МАМЛЕКЕТТИН ӨТКӨӨЛ МЕЗГИЛДЕГИ СОЦИАЛДЫК САЯСАТЫ
§1. Экономиканын трансформациясы жана рынокко өтүү шарттарындагы мамлекеттин социалдык саясаты........................................ 664
§2. Жакырчылыкты азайтуу – мамлекеттин социалдык саясатынын негизги маселеси........................................................................................ 674
§3. Калкты социалдык камсыздандыруу–мамлекеттин социалдык саясатынын эң маанилүү багыты.................................................................. 687
§4. Республикадагы медициналык камсыздандыруунун абалы жана аны реформалоо........................................................................................ 699
§5. Өткөөл мезгил шарттарында Кыргызстандын билим берүү тутумун реформалоо........................................................................................ 710

**Абдымаликов Кыдыр**

**Кыргызстандын экономикасы
(өткөөл мезгилде)**

**Окуу китеби**

Редактору: Абдилайып уулу Өмүрбек
Тех.редактору: Тойчубаев Акылбек Аскарбекович
Корректору: Эсенали кызы Гүлзина

Басууга берилди 09.10.2016-ж. Кол коюлду 27.11.2016-ж.
Кагаздын форматы 84х60 1/16. 9,75 б.т. Буюртма № 1, Нускасы 200

«Улуу тоолор» Басмаканасы, Бишкек шаары, Совет көчөсү
Тел: 62-02-14